ЫҢЫК

КУРАН

ЫЙЫК КУРАН

Арабчадан которгон Темиралы Кунашов

«Турар»
Бишкек 2020

УДК 297.18
ББК 86.38
Ы 99

Ы 99 **Ыйык Куран.**/Котор. *Т. Кунашов* – Б.: Турар, 2020 – 576 б.

ISBN 978-9967-35-010-6

Темиралы Кунашов тарабынан араб тилинен түз которулган бул «Ыйык Куран» өтө зор эмгекти, изденүүнү, чоң жоопкерчиликтүү милдетти жаратканын ар бир окурман өзү аңдап, баамдап окуйт деген ойдобуз.

Котормону окуп, редакциялап чыккан Аалы Молдоканов агай көзү өтүп кетти, китептин жарык көргөнүн өз көзү менен көрбөй калды, өтө өкүнүчтүү...

Аалы Молдоканов: «Бир сөз менен айта турган болсом, Темиралы Курандын кыргызча которулушу боюнча жаңы мектебин ачты дегим келет. Ал Курандын котормосуна абдан этияттык менен маданияттуу мамиле жасаптыр. Ошентип, башка тилдерге которулушу абдан кыйын деп айтылып келе жаткан Ыйык Курандын тексти түп нускасынан которулуп биздин колубузга да жетип отурат. Замандын таразасы менен карасак, бул котормо кылымдарда жаралчу чоң ийгиликтердин бири болуп, жалпы окурмандардын талабын канааттандырган дурус котормо болду деп баа берер элем», – дейт.

«Ыйык Куран» жалпы окурмандар чөйрөсүнө, дин илимине кызыккандарга сунушталат.

УДК 297.18
ББК 86.38

ISBN 978-9967-978-9967-35-010-6

© Котор. Кунашов Т., 2020

Бисмиллахиррахманиррахим

РЕДАКТОРДОН

Бүгүнкү күндүн адамына Ыйык Куранды тааныштырып отуруштун деле зарылчылыгы жок. Мисалы, ал акыркы чейрек кылымда эле кыргыз тилине бир нече жолу которулду, окурмандар окуп жатышат. Мына, сиздин колуңузга анын дагы бир жаңы котормосу тийип, аны азыр ачып окуганы турасыз. Котормо демекчи, бир эле китептин аз убакытын ичинда ар кайсы котормочулар тарабынан кайра-кайра которулушу эмнени билдирет? Мурдагы котормолордо өксүктөр барбы, же кандай? Окурмандар ушундай ойго да келиши мүмкүн. Жеке мен диний билимге ээ адис болбогонум үчүн мындай суроого жооп кайтарышка деле даяр эмесмин. А балким, акым деле жок. Ошого карабай бул котормонун кыргызча текстинин редактору катары пикир жазышка тикеден тике милдеттүү болуп калганым да кызык. Анткени, бул котормочунун, Темиралы Кунашовдун «Эзотерические вопросы Священного Корана» (кийинки басылышында «Священный Коран: три периода человечества») деген илимий эмгеги бизден, Кыргыз Республикасынын президентине караштуу Мамлекеттик тил комиссиясы тарабынан 2016-жылы жакшы илимий эмгек катары жактырылып басылган болчу.

Ошол учурдагы төрага Э.Эрматов Темиралынын эмгегине абдан чоң баа берип, толкундануу менен эмгекке баш сөздү да өзү жазган. Төмөндө ошол баш сөздөн бир аз үзүндү да бере кетейин. Э.Эрматов ушундай деп жазып жатат: *«...Темиралы Куран түшкөндөн 14 кылымдан кийин Ыйык Куранды окуп үйрөнүүнүн жаңы доорун ачып, талашсыз гениалдуу эмгек жазыптыр! Ал Курандын өзүнөн Курандын өзүнө гана мүнөздүү болгон бир усулун (Курандын сырын ача турган ачкычын) тапканын белгилесек, азыр эми бул усулдун шарапаты менен Курандын окурмандарынын баарысы эле Курандагы айтылып келген маалыматтарды (касас), Адамдан тартып Мухаммедге чейинки өткөн байыркы пайгамбарлар менен элдердин тарыхын жана адамзаттын келечегин тартип менен бир системада жеңил окуп үйрөнө алышат. Көрсө, Куран ашык-кеми жок 19 аяттан так маалымат берген информацияга ээ экен! Муну 14 кылымдан кийин бир киши, «Ыйык Курандын эзотерикалык маселелери» деген эмгектин автору таап отурат. Ал бул усулду абдан тыкыр колдонуп, Курандын негизинде бүтүндөй адамзаттын эволюциясы тууралуу так жана кыска мыкты илимий эмгек жазыптыр! Кандай ал бактылуу!»*

Балким, окурмандар жогорку саптарды окуганда, кантсе да Э. Эрматов акындык эмоциясы менен Темиралынын эмгегине артыкча баа берсе керек деп да ойлошор. Балким, ушундайдыр. Бирок, сөз азыр башка маселеде болуп жатат. Ачыгын айтсам, Ыйык Куранды 30 жылдан ашык изилдеп, анын ачылбай келген сырларына терең сүңгүп кирген окумуштуунун котормосу тууралуу, же болбосо дүйнөлүк практикада абдан татаал деп саналган Ыйык Курандын (арабча) текстинин тикеден тике кыргыз тилине которулушу тууралуу сөз болмокчу. Ошентип, жаңы котормо жалпы журтубуздун, жалпы окурмандардын сынына түшкөнү турат. Мен болсо аны басмадан чыга элек кол жазмасынан окуп, пикир айтканы турам. Мага да бул милдет жеңил болгон жок. Темиралы котормосун алгач мага берип жатып ушундай дейт: «Араб тилин билбейм деп шылтоо кылбайсыз. Кыргыз тили деген да бар. Курандын кыргыз тилиндеги котормолору жакшы болбой жатат, аксап жатат. Мен да Куранды котормок эмесмин. Бирок, элге Курандын дурус деген кыргызча бир котормосу качан да болсо зарыл, муну кечиктирбешибиз керек. Илим үчүн бул абдан зарыл, абдан керек. Ушундан улам, мен да айласыз котордум». Көздүү – каректуу, мусулманчылыктын илим-билимине өмүрүн сайып окуган окумал аалымдарга каратсаң жакшы болор эле – деген сөзүмө Темиралы да көшөрүп көнгөн жок. Ал мага ушуну бекем айтып туруп алды: «Кыргыз тили деген бар да! Араб тилин суудай билген, бирок кыргызча дурус жаза билбеген адамдын жазганына эмне дейсиз? Ушундай адам Куранды кыргызча которсо боло бereби? Алла Таала Куранда (14/4) «Биз ар бир элге ачык түшүндүрүп бериш үчүн алардын өз тилинде сүйлөгөн элчи-пайгамбарларды жөнөттүк» дейт. Демек Куран кайсы тилге которулса, алды менен ошол тилдин эреже-мыйзамын жакшы билген адам которбосо да болбойт. Котормонун кыргызча жагын карай бериңиз, арабчасына баш оорутпаңыз. Арабчасын карай турган адам бар. Жок дебеңиз!»

Кыргыз тили дегенде өзүм Кыргыз тил комиссиясында иштеп жаткандан кийин жок дей албадым. Кызыктын баары котормону окугандан башталды! Темиралы Курандын терминологиясына бекем басым жасаптыр. Ал өзүнүн котормосунун башында жазган «Котормочудан» деген макаласында *«алды менен Курандын терминдерин тактабасак, анда Куранды бу заманда илим катары изилдеш да, окуп үйрөнүш да, которуш да мүшкүл болуп тура берет»* деп жазыптыр. Таамай айткан экен. Антке ни, ар кандай илим алды менен терминологиясын тактайт, ансыз андан билим алышка деле болбойт. Бул эле эмес, ал Куранды которуштун алдында анын стилин да кылдат караптыр. Мына ушул негизги эки маселени так ажырата белгилеген котормочунун котормосу мени тез эле арбаптакыр башкача карап калдым, таптакыр өзгөрдүм. «Миң уккандан

бир көргөн» деп коёбуз. Эми, бул котормодон улам, Курандын котормосунун мага тийгизген таасирин аз да болсо айпасам болбойт.

Куран баштан-аяк Кудай менен Пайгамбардын ортосундагы жандуу диалог экен, же болбосо пайгамбар субъект катары, ал эми бүтүндөй аалам менен адамзат объект катары анын акыл-эсинен, жан дүйнөсүнөн чагылып өтөт экен. Ушундан улам, Куранды окуган адам пайгамбар деген феноменге, пайгамбар деген личностко өзгөчө маани бербей да коё албайт.

Демократиянын доору башталгандан бери карай биз көп эле өзгөрүүгө учурадык, эгемендүүлүккө жетишип, улуттук нарк-насилибизди колдон чыгарбай кармап калдык деп жатабыз. Мунун ичинде дин маселеси да бар. Жүздөгөн мечиттер курулуп, ондогон медреселер ачылды. Бул эле эмес, быйыл Ислам академиясы да ачылып жатат. Кыргызстанды түгөл түрө кыдырган дааватчылар да тынбай кезип жүрүшөт. Иши кылып Кыргызстандагыдай дин эркиндиги башка өлкөлөрдө биздегидей деңгээлде барбы, же жокпу, айта албайм. Ушундай экенине карабай, бизде эмнегедир «ислам интеллигенциясы» деген калыптанбай жаткандай... Азыр ислам боюнча жазылган китептер көп, бирок ачып окусаң эле сабатсыз авторлордун эмгектери экенин көрөсүң, китебин жабышка туура келет. Окурмандын табити деген бар.

Ырас, биз коммунисттик режимдин залакасы менен бир кылымга жакын динден жолубуз тосулуп, атеизмдин көлөкөсүндө калдык. Бирок, акыркы чейрек кылым ашуун мезгилде, дин эркиндиги колубузга тийгенде эмне иш жасадык? Отуз жыл деген аз убакыт эмес! Дин деген эмне? Динди эмнеден баштап окушубуз керек? Ушул суроолорго жооп алдыкпы? Ушул багытта системалуу иш жолго коюлдубу? Ар бир адам алды менен Курандан эмнени окуп үйрөнүш керек? Азыркы жазылып жаткан китептерге карасак, канаатандырарлык жооп айтышка али эрте. А бирок, Куранда буга эчак эле жооп айтылган экен, Куран бул маселени эчак эле чечиптир. Куран баш-аягы жок китеп жазган авторлордун китебиндей, башаламан сүйлөгөн дааватчылардын сөзүндөй эмес экен. Төмөндө Темиралы Кунашовдун 2016-жылы бизден басылып чыккан китебинин башында берилген «Ыйык Куран осуяты» деген 19 аятты келтирсем, окурмандар жогорку суроолорго тагыраак жооп алат го деген үмүтүм бар.

ЫЙЫК КУРАН ОСУЯТЫ

1. «Алардын кээ бирлерине караганда башка бирөөлөрүнө кандай артыкчылыктарды бергенибизге назар кыл! Акыретте да (ушундай эле) улук даражалар жана артыкчылыктар бар.

2. Жек көрүнүп өкүттө отуруп калбайын десең, Алладан башканы Кудай кылып алба!

3. Сенин Эгең бир Өзүнөн башкага кулдук кылбашыңарды жана ата-энеңерди жакшылап карашыңарды өкүм кылды. Эгерде алардын бирине, же экөөнө тең эле сенин колуңда карылыгы жетсе, ал экөөнө «уф-ф» деп үшкүрбө, кыйкырба! Аларга сылык сүйлө!

4. Ал экөөнө мээримиң менен эки канатыңды жайып, айт: «Эгем! Булар мени кичинемден (бөпөлөп) өстүргөндөй, Сен да бул экөөнө ырайым кыл!»

5. Эгеңер силердин көөнүңөрдө эмне бар экенин жакшы билет. Эгер силер жакшылык кылып жаткан болсоңор, (анда) Өзүнө тоба кылгандарга ал Кечиримдүү (Кудай).

6. Жакын туугандарыңарга, жардыларга, жолоочуларга ысырап кылбай (тийиштүү гана) акысын бергиле!

7. Ысырапкорлор – шайтандардын туугандары. А шайтан Өз Эгесине (эчак эле) капыр болгон.

8. Эгер сен аларга (жардылыгыңа байланыштуу) беттей албай, Эгеңдин ырайымын үмүт кылып (күтүп жүргөн болсоң), анда сен аларга (ак милдетиң катары) жылуу сөз айт!

9. Жеме сөзгө, өкүнүчкө калбайын десең, (сарандык кылып) колуңду мойнуңа асып да алба, (ысырапкорчулук кылып) болушунча ачып да салба!

10. Ырыскыны Эгең ченейт. Кимдир бирөөгө кааласа кенен-кесир берет. Пенделеринен Кабардар да, Көрүүчү да Өзү!

11. Жардылыктан коркуп балдарыңарды өлтүрбөгүлө! Аларга да, силерге да ырыскыны Биз беребиз. Аларды өлтүрүү – зор күнөө!

12. Зынага жакын жолобогула! Ал деген сойкулук – жаман жол!

13. Алла тыюу салган (ар бир) жанды укук жол бербесе (падышадан өкүм болбосо) өлтүрбөгүлө! Ким зулумдук менен (атайын) өлтүрүлгөн болсо, Биз анын жакынына бийликти (касас алуу укугун) бергенбиз. Бул

ага (укук тарабынан) берилген жардам. Өлтүрүп жаткан учурда ал чектен чыкпасын!

14. Балакат курагына мыктап жетиле элек жетимдердин мүлкүнө жакшы пайда келтирүү зарылчылыгы болбосо тийбегиле! Келишимиңерди аткаргыла! Келишим боюнча сурак бар.

15. Өлчөсөңөр туура ченеген тараза менен так өлчөп тарткыла! Мындай (кылганыңар) жакшы. (Мунун) натыйжасы да өтө жакшы.

16. Өзүң билбеген нерсеге ээрчибе! Уккан, көргөн, ойлогон нерселердин ар биринен сурак бар.

17. Жер үстүндө оюн салып жүрө бербе! Сен эч качан жерди көзөп өтө да албайсың, узарып тоого жете да албайсың!

18. Булардын баарысы Эгеңе жакпаган жаман нерселер.

19. Булар Эгеңдин даанышмандыктан сага берген маалыматтары. Аллага теңеп башка бир кудайды (бутпарастар сыяктуу) жасап алба! Анда (бул дүйнөдө) эскертилгениңе карабай кор болуп, (акыретте) тозокко ташталасың!»

(С.17,а. 21-39)

Кандай жакшы айтылган осуят! Мына мыйзам, мына даанышмандык! 14 кылым өзгөрбөй келе жаткан мыйзам! Ар бир пенденин жарык дүйнөдө кыла турган милдетин Ыйык Куран баштан-аяк даана белгилеп айтып коюптур! Учурдан пайдаланып, окурмандарга суроо берип кетким келет. Ушул осуят мектептен тартып университеттерге чейин, бул эле эмес Ак үйгө чейин илинип турса болор беле? Ар бирибиз жаттап алсак болобу? Буга оюңуз кандай? Мисалы, Библияны баштан-аяк окубагандар деле «Библиянын 10 осуяты» дегенди жатка билишет.

Эгер мен жалпы Курандын мазмуну боюнча жана анын котормосу тууралуу сөз кылсам, анда бир китеп жазышка да туура келет экен. Ошондуктан Курандын котормосун окуган окурмандар Курандын өзүндөгү «Акыл жүгүртпөйсүңөрбү» деген насаатын эске алып, Куран боюнча өздөрү ой жүгүрткөнү жакшы болор эле дегим келет. Кантсе да биздин колубузга Курандын мурдагы котормолоруна салыштырмалуу бир топ дурус деңгээлдеги котормосу колубузга тийип жатат. Асман – жердин жаралышынан тартып акыр кыяматка чейинки боло турган окуялар, же болбосо чөлдө жашаган бедуиндердин турмушунан баштап бүгүнкү туш тарапка ондогон миллиард жарык жылына созулган ааламдын сырларын, периште менен жиндин, адам менен шайтандын табиятын, өтмүшү менен келечегин айткан Ыйык Куран жөнүндө айта берсең сөз бүтпөйт, жазсаң кагаз түтпөйт экен! Эң негизгиси, биз Куранды тек гана жаттаганга маш болбой, алды менен илим катары, даанышмандык катары окуп үйрөнүп, сабак алышыбыз керек экен. Анда ачыла

элек акылдын казыналары көп экен! Эми, бул котормонун дагы бир өзгөчө артыкчылыгын кыскача айтпасам болбостур.

Бардык эле котормочулар кээ бир аяттарга атайын комментарий беришке аргасыз болушат. Ансыз Куранды түшүнүшкө такыр эле мүмкүн эмес, буга талаш жок. Ушул себептен Куранга кылымдар бою ондогон аалымдардын түшүндүрмө (тапсир) жазгандары да бекер эмес. Темиралы да кээ бир аяттарга комментарий бериптир. Бирок, ал буга чейин Куранга түшүндүрмө жазып келишкен аалымдардан да, котормочулардан да, изилдөөчү окумуштуулардан да кескин айырмаланат экен! Бул жагынан маркум Э. Эрматовдун *«...Темиралы Куран түшкөндөн 14 кылымдан кийин Ыйык Куранды окуп үйрөнүүнүн жаңы доорун ачып, талашсыз гениалдуу эмгек жазыптыр!»* деген баасына каршы чыгышка болбойт. Бир эле мисал дейли, биз алиге дейре эле Homo sapiens – «Акылдуу адам» деген теориядан арыла албай келе жатабыз. Бул теориянын тарапкерлери болжол менен адам мындан 40 миң жылдай мурун маймылдан бөлүнүп чыккан деп таңуулашып, адамзаттын эволюциясын ошондон бери карай эсептеп келе жатышат. А диний китептердин баарысы эле буга караманча каршы чыгат. Куранда болсо адамзаттын эволюциясы 450 миллион жылдан да ары карай ашып кетет экен! Темиралы Куранды изилдеген окумуштуу катары адамзаттын эволюциясына эле эмес, ааламдын эволюциясына да абдан мыкты илимий комментарийлерди бериптир.

Аалам демекчи, Куранда Арш, Күрсү, Жети асман, Төмөнкү асман, Бейиш, Тозок деген ааламдар эскерилет. Ушундан улам, азыркы дүйнөнүн адамы Куранды таалим берип жаткан аалымдарга ушундай суроо бербей койбойт. Мисалы, Арш кайда турат, Күрсү кайда турат? Жети асман кайда турат, Төмөнкү асман кайда турат? Бейиш кайда турат, Тозок кайда турат? Бул ааламдардын «убакыт – мейкиндик» өлчөмдөрү кандай? Бири бирине салыштырмалуу булар мейкиндикте кандай жай алып турат?

Ыйык Куран 14 кылым бою күндүр-түндүр окулуп келе жатканына карабай, биз алиге дейре мындай суроолорго таптакыр эле жооп алган эмеспиз, же болбосо муну сөз кылган деле аалым болгон эмес. Бул суроолорго окурмандар бул котормонун түшүндүрмөсүнөн жооп ала алышат. Ушул жагынан алып караганда бул котормо Курандын бардык котормолорунан, же болбосо жалгыз эле кыргыз тилиндеги котормолордон эмес, дүйнөнүн бардык тилдериндеги котормолордон комментарийи менен алдыга озуп жатат! Бул котормо ушунусу менен да абдан таң калычтуу, укмуштуудай чоң жаңылыкты ортого алып чыкканы кызык. Ошондой эле окурмандар бул котормонун түшүндүрмөсүнөн бүгүнкү илим дүйнөсү кызуу талкуу кылып жаткан «Пайгамбарчылыктын хронологиясы», «Жер алдындагы дүйнө», «Сомати – үңкүрлөр», «Саламат шаар» (Шамбала), «Ааламдын кеңейиши жана жыйрылышы» деген феномендер

тууралуу абдан кызык маалыматтарды окуйт. Мунун баарысы Куранда эчак эле айтылганы кимди да болсо таң калтырбай койбойт. Ушул абдан кызык болуп жатат! Учурунда мындан элүү жылдай мурун француз окумуштуусу Морис Бюкайдын айтканына Темиралынын комментарийи дал келгени кызык. М. Бюкай ушундай дейт: *«Мухаммеддин учурундагы адамдын билимин эске алганда, тигил же бул илимдин аспектисине тийиштүү Курандагы бир топ жоболорду адам эмгегинин жыйынтыктары деп эсептешке мүмкүн эмес. Ошентип Куранды Кудайдын Ачылыштары катары караш толук негиздүү жана мыйзамдуу эле эмес, ага өзгөчө орун да беришке туура келет. Куран буга эч бир шексиз толук акылуу. Ошондой эле андагы орун алган илимий жоболор бүгүндөн баштап келечекте окулуп үйрөнүлгөндө биз жаңы сапаттагы түшүнүккө да ээ болобуз. Курандагы ушундай жоболор адам акыл-эсинин позициясы менен түшүндүрө турган феномен да болбой жатат».* Ошентип, Морис Бюкайдын Куран жөнүндөгү *«бүгүндөн баштап келечекте окулуп үйрөнгөндө биз жаңы сапаттагы түшүнүккө да ээ болобуз»* деген пикирине бул котормону комментариясы менен бирге окуган ар бир окурман өзү да сөзсүз күбө болот десем болот. Ушундай эмгек биринчи жолу биздин элибизде, биздин тилибизде жаралып жарык көрүп жатышына кантип кубанбай коёбуз! Буга жалпы окурмандар өз баасын берип, эмгекти чоң сүйүнүч менен кабыл алат деп ойлойм.

Дагы ушундай бир ойду баса белгилеп айтышым керек. Менин колума тийген бул котормодон улам, Куран боюнча бир нерсени даана байкадым десем болот. Курандын арабча текстинде эч бир мүшкүл маселе жок экен, болушу да мүмкүн эмес! Анткени, анын текстинин бир тыбышы да, бир тамгасы да пайгамбардан бери карай эч бир өзгөрүүсүз окулуп да, жазылып да келе жатат. Буга Жер бетиндеги пенденин биринин да башы оорубайт. Мүшкүл маселе эле аны башка тилге которгондо ортого чыга келет экен. Ушунда котормочу араб тили менен эле эмес, аны которуп жаткан тилдин да толгон токой эреже – мыйзамы (орфографиясы, пунктуациясы жана морфологиясы менен синтаксиси) менен бирге ошол тилдин ойлом – түшүнүгү (метафора, метанимия, аллегория, фразеология, семантика, ж.б.) эсептешпей коё албайт. Котормонун адекваттуулугу да ушундан билинет, аныкталат. Бирок Курандын котормочусу мындан башка да, тактап айта турган болсом, ал логика менен философияны, филология менен физиканы, геология менен палеонтологияны, математика менен астрономияны, поэзия менен музыканы, бул эле эмес метафизика менен эзотериканы да аңдай албаса, анда бу заманда Куранды которуш, ага керектүү комментарий бериш да абдан эле, абдан эле кыйындай беришине менин эч бир күмөнүм калган жок. Мисалы, поэзия менен музыкадан таптакыр түшүнүгүңүз болбосо, анда аяттарды окуганда да, которгондо

да кыйнала бересиз, аксай бересиз. Муну тилде (тил илиминде) тексттин метрикасы, ал эми адабиятта тексттин музыкалуулугу деп коёбуз. Эгер сиз «Курандын тексти» деп сүйлөп жатсаңыз, анда анын текстине поэзия менен музыкадан билим түшүнүгүңүз болбосо, котормодон кемчилик кетирбей коё албайсыз. Тилекке каршы котормочулардын көпчүлүгүндө эле чар тараптуу билим деңгээли жок экени өкүнүчтүү. Буга бир мисал катары төмөндө Т. Кунашовдун котормосунун комментарийинен үзүндү да келтирейин. Ал бир аятка мындай деп комментарий берип жатат:

«Ал Күндү жарык чача турган, Айды нур чача турган кылды. Анын турган орундарын да силерди жылдардын эсебин эсептеп билишиңер үчүн өлчөп койду. Алланын ушундай кылып жаратканы ак! Билгиси келген калайыкка аяттарды бөлүштүрүп (түшүрүп) жатат».

(Йунус сүрөөсү, 5-аяты)

Бул аяттын мааниси ушундай: Ай (Жер менен бирге) Күнгө болжол менен секундасына 30км/секунд ылдамдык менен бир «жылда» бир жолу айланып чыгат. Эгер анын 360° айланып басып өткөн жолун «жыл» деп кабыл алсак, анда «жыл» дегенибиз анын мейкиндикте басып өткөн эле (бир өлчөмдүү) бир жылдык жолун билдирет. Анда «Ай» дегенибиз анын басып өткөн жолунун 12 ден бир бөлүгүн – 30° ту (360°:12=30°), а «Күн» дегенибиз ал жолдун 360 тан бир бөлүгүн (1° ту) билдирет. Андай болсо «жыл» дегенибиз 360° асман сферасынын чоң алкагын, «ай» дегенибиз жогоруда белгилегенибиздей (чоң алкактын) 12 ден бир бөлүгүн (30°ту), а «күн» болсо (чоң алкактын) 360 тан бир бөлүгүн (1° ту) билдирет десек болот. Бул жерде дагы бир маанилүү нерсени белгилей кетишибиз керек. Бир «күн» убакыт боюнча алып караганда 86400 секундага барабар болсо, анда жыл – 31104000 секундага (86400×360=31104000) барабар. Ошентип, бир жылда өткөн секунданын санын 30 км ге (Айдын Жер менен бирге Күнгө айланган ылдамдыгына) көбөйтсөк, анда биздин жылдын (мейкиндиктеги бир өлчөмдүү) сандык маанисин аныктайбыз. Көбөйтөбүз:

31 104 000сек. х 30км= 933 120 000 км;

Күндөн Жерге чейинки аралык 150 000 000 км ге барабар. 933 120 000 км ди 150 000 000 км ге бөлүп (чоң алкактан радиусту, же болбосо) коэффициентти аныктайбыз».

933 120 000 км : 150 000 000 км = 6,2208;

Албетте, окурмандар Темиралы Кунашов бул сандар менен эмнени айткысы келип жатат дебей коюшпайт. Мында алиге дейре математикада чечилбей келе жаткан бир сандын табышмагы айтылып жатканы кызык болуп жатат. Математикада Пи саны калдыксыз чыкпайт, жакындатылып кабыл алынат. Мында болсо калдыксыз бөлүнүп чыгып жатат! 14 кылым бою ачылбай келген бир аяттын табышмагы! Т. Кунашов ушул аяттын табышмагын таап, андан кийин Жети асмандын

да, Жылдыздар асманынын да радиустарын калдыксыз так эсептептир. Бул эмнени айтат? Бул деген Куран так илим экен дегенди айтып жатат. Эгер чындыкты таамай айтышыбыз керек болсо, анда ушуну да айтып коюшубуз керек экен. Т. Кунашов Курандын космологиясына биринчи жолу так илим катары чыйыр салганына таң калбай коё да албайбыз.

Котормо демекчи, Курандын тексти менен жакшы тааныш окумуштуулар анын тексти «ташка чегилген жазуудай» экенин баса белгилеп көп айтышат. Же болбосо муну «лапидардуу» деп коюшат. Бул сөздүн этимологиясы латын тилиндеги «лапидариус» деген сөздөн чыгып, «ташка чегилген» дегенди билдирет. Бизде «кыска-нуска» дегендей. Адатта мындай тексттердин көлөмү мүмкүн болушунча кыска жазылып, а мааниси болсо абдан эле терең болот да, мындай тексттер бир тилден башка бир тилге которулганда котормочуларга абдан чоң кыйынчылык жаратат. Курандын тексти так ушундай, абдан оор! Ошондон улам ал акыркы кылымда бир эле тилге кайра-кайра которулуп жатат. Бизде да ал чейрек кылымдын ичинде бир нече жолу которулду. Бирок, кандай которулду? Эми, ушул тууралуу анча – мынча айтпасам да болбойт.

Бул котормодон улам, окурмандарга мисал катары Курандын бир-эки аятын төмөндө келтирейин. Мисалы, «Кабар» сүрөөсүнүн 39-аятын Темиралы ушундай деп которуп жатат: «Ушул күн ак!» Сөз кыямат күндүн келиши тууралуу айтылып жаткан экен. Бул аятты башка котормочулар, мисалы, А. Мансур «Бул чыныгы Акыйкат күн» деп, Ш. Абдыкалык уулу «Бул – чындап болуучу күн» деп, Н. Алымбеков «Бул күн – чындык» деп, ал эми «ашарчылар» (А. Исмаилов, Д. Абдылдаев, С. Доолов, С. Гавай) «Бул – Чындык күн» деп которушуптур. Мына, жогоруда белгилегенибиздей, «кыска-нуска» текстти котормочулар кыйналып ар кандай которуп жатышканын окуп жатабыз. Булардын кимисин туура которгон? Эзелден эле элибиз «ак» деген сөзгө чоң маани берип келген. Бул сөздү элибиз чындыктын, тууралыктын, тазалыктын туу чокусу катары колдонуп сүйлөйт. Мисалы, «өлүм ак», «кыямат ак», же «ак сөз», «ак нике», «ак ниет» дегендей, толгон-токой мисалдар бар. Эми, биринчиден, Курандагы «хак» (ак) деген даяр сөздү «чындык», «акыйкат» деп булдуруктай бериштин кереги бар беле? Экинчиден, эзелтен элиң «кыямат – ак!» деп какшап келе жаткан сөздү көркөмдөп эмне кыласың? Билсең, сен көркөм чыгарма которуп жаткан жоксуң. Куранды которуп жатасың. Чынын айтсам буга чейинки котормолор кыргыз тилинде жаны жок, элдир-селдир эле бирдеме болчу. Алар Кудайдын биринчи түшүргөн «Алак» сүрөөсүндөгү *«Оку! Сенин Эгең Улук. Ал калем менен таалим берди. Инсанга билбегенин таалим берди»* деген осуятына канчалык маани бериштн экен? Колго калем алып котором дегенден кийин Куранды да, тилди да, окурманды да сыйлаш керек, жоопкерчилик деген бар.

Эмне дейбиз? Бул аятты Т. Кунашов абдан так, туура которуптур. Курандын текстине карап, жогорудагы аяттын арабча ар бир сөзүн сөзмө-сөз которуп, салыштырып карап көрсөк деле буга эч бир күмөн калбайт. Карайлы: *заалика* – ушул, *аль-йауму* – күн, *хакк* – *ак;* эми которулган ар бир кыргызча сөздү кыйналбай эле катары менен эле окусак, *«Ушул күн – ак!»* деп окуйбуз. Буга окурман журту өзү кара кылды как жарган калыс болсун, ак сөзгө өзү күбө болсун!

Дагы бир мисал келтирейин. «Күн» сүрөөсүнүн биринчи аятын Т. Кунашов ушундай деп которгон экен: ***«Күндү да, анын жарыгын да (күбө кылып) касам берем!»***

Эми, буга салыштырмалуу башка котормочулар жогорудагы аятты кандай которгонуна көңүл буралы.

1. «Күн жана анын шоола – жарыктыгына ант»; (Которгон: А. Мансур, 2004)

2. «Күнгө жана анын жарыгына ант...» (Которгондор: А. Исмаилов, Д. Абдылдаев, С. Доолов, С. Гавай, 2006). (*Котормо демекчи, бул жогорудагы төрт котормочунун кимиси кайсы сүрөөдөн кайсы сүрөөгө чейин которгондорун да көрсөтүшпөптүр. Жоопкерчиликтен качып жатышабы? Ушул себептен бул котормону «ашар котормо» дебешке да болбой жатат*).

3. «Күн жана анын жарыгына ант!» (Которгон: Ш. Абдыкалык уулу, 2010).

4. «Күнгө ант кылам! Таң эртелеп ак шооласы кубулган». (Которгон: Н. Алымбеков, 2014)

Дагы деле ушул жогорудагы бир эле аяттын котормочулар тарабынан ар башка мааниде которулуп жатканын окуганыбызда ар кандай табышмактуу маселе ортого чыгат. Темиралы бул аятты эмнеге *«Күндү да, анын жарыгын да (күбө кылып) касам берем!»* деп которгону тууралуу ушундай түшүнүк бериптир: «Куранда 80 дей касам аяттары бар. Бул аяттарда Алла Таала кайсы бир болуп өткөн, же боло турган окуялардын чындыгы тууралуу жаратылыштын кээ бир кубулуштарын күбөгө тартып касам берген. Бул болсо Куран аяттарынын биз үчүн өзгөчө мааниге ээ, өз алдынча бир топко таандык болгон маалыматтары десек болот. Бул аяттар туурасында Алла Таала мындай деп түшүнүк берет:

«Же, силердин Бизге кыямат күнгө чейин жете турган антыңар барбы?»
(Калем сүрөөсү, 39-аят)

Демек, касам аяттары дегенибиз Алла Тааланын Куран аяттары аркылуу бизге берген убадасы. Ал кыяматка чейин такай аткарыла берет, аткарылбай калбайт, же келечекте сөзсүз болот. Ошондуктан Курандагы Алла Таала тарабынан тилге алынган нерселер (кубулуштар) кайсы бир окуя-кубулуштун чындыгына кыяматка чейин адамзатка күбө катары эч качан жоголбой ар дайым тура турган нерсе (кубулуш) экен деп билишиз керек. Мисалы, «Күн» сүрөөсүнүн оболку биринчи аятында ушундай деп айтылат: *«Күндү да, анын жарыгын да (күбө кылып) касам берем!»* Бул аяттардын маанисинен ушуну көрөбүз. Кыяматка чейин Күн да, анын жарыгы да эч качан жоголбойт да, өчпөйт да экен. Эгер, кимдир бирөө буга каршы келген теорияны айтса, албетте анын пикири жаңылыш, суу кечпеген сөз».

Эми, Темиралынын жогорудагы сөзүнөн улам, Курандын дагы бир өз алдынча мааниге ээ кызык бир информациясын билип жатабыз. Кудай жалпы пендесине кайсы бир окуя-кубулушту айтса, анда ал анын *«чындыгына кыяматка чейин күбө катары эч качан жоголбой ар дайым тура турган нерсени...»* адамзатка күбө кылат экен! Жок, мындай болбой, эгер Кудай кайсы бир пайгамбарды күбө кылган болсо, анда ал пайгамбар деле ажалы жеткен күнү дүйнө салып, кыяматка чейин ал күбө болуп тирүү тура алмак эмес экен. Эмне дейбиз? Темиралы туура которуп жатат. Ал Куранды окуган, Куранды тек гана которгон котормочу эмес, Куранды 40 жылдай окуп, учурунда улук аалымдардан таалим алып, кийинчерээк аны күндүр-түндүр талыкпай изилдеп, анын контексттин абдан жакшы билген окумуштуу да болуп жатат. Анын жогорудагы аргументинен кийин башка котормочулардын *«Күнгө жана анын жарыгына ант...»* деген котормолору таптакыр эле туура эмес болуп жатат. Кудай күнгө эмнеге ант (касам) бериш керек? *«Күнгө жана анын жарыгына ант...»* деген сөздөн ушундай суроо жаралат. Буга котормочулар маани деле беришпептир. Мындай дегеним, аятта Кудайдын Күнгө ант бериши тууралуу эмес, Кудайдын аларды кыяматка чейин адамзатка күбө катары турган нерсе (кубулуш) катары тилге алганы тууралуу сөз болуп жатыптыр. Бул толук эле чындык болуп жатат. Бул котормо ушунусу менен да абдан жеңил окулуп, окурманга артыкча түйшүк жаратпайт экен. Албетте, мындай котормо бир топ мезгилге чейин окула берет, жашай берет, унутулуп да кетпейт.

Темиралынын «Котормочудан» деген бул котормонун башындагы макаласы да абдан кызык экен. Ал Курандын кыргызча котормолору эмес, орусча котормолорунда да терминологиялык жактан абдан чоң кемчиликтери бар экенин таамай белгилептир. Ушундан улам, мен алды менен Куранды бу заманда илимий кызыкчылык үчүн окумуштуулар окуп үйрөнүш керек экен деген ойго да келдим. Ушул жааттан алып караганда да Темиралынын котормосу учурдагы эң бир зарыл котормо, мыкты эмгек экенин айтпай коюшка да болбойт. Анын Курандын мазмунун да, стилин да жакшы билгени окуганыбызда ар бирибизге ачык эле көрүнөт. Ушундай болуш керек болчу! Котормо чыны менен эле кыргыз тилине мүмкүн болушунча адекваттуу дегендей, бул эле эмес, ал мындан ары да Куранды кыргыз тилине которгондорго эң сонун негиз болушуна да эч бир күмөн

жок. Буга келечекте окумуштуулар да, окурмандар да баа берет, жеке пикирлерин айтат деген үмүтүм бар. Албетте, алдыда бул котормо тууралуу арбын сөз айтылбай койбойт. Бир сөз менен айта турган болсом, Темиралы Курандын кыргызча которулушу боюнча жаңы мектебин ачты дегим келет. Ал Курандын котормосуна абдан этияттык менен маданияттуу мамиле жасаптыр. Ошентип, башка тилдерге которулушу абдан кыйын деп айтылып келе жаткан Ыйык Курандын тексти түп нускасынан которулуп биздин колубузга да жетип олтурат. Замандын таразасы менен карасак, бул котормо кылымдарда жаралчу чоң ийгиликтердин бири болуп, жалпы окурмандардын талабын канааттандырган дурус котормо болду деп баа берер элем.

Темиралы жаш убагында айтылуу Бухаранын Мири Араб медресесин 22 жыл бою окуган, өмүр бою суфизмди (сопучулукту) практикалаган Касан-Сайлык чоң окумал аалым Молдо Жоро Акун Дамбылда менен Фергана өрөөнүндөгү мыкты мударистердин бири Ала-Букалык Мавлян Карыдан 9 жылдай мусулманчылык боюнча окуп таалим алыптыр. Ошондон кийин доорубуздун залкар жазуучусу Ч. Айтматовдун тикеден тике кийлигишүүсү менен борбор калаабызга келип Академиянын кол жазмалар фондусунда бир топ жылдар иштейт, Ч. Айтматов менен абдан жакын мамиледе болуп калат, көп сүйлөшөт. Болжолу, ошондо эле даанышман жазуучу Темиралыдан чоң ийгиликти күткөн болсо керек. Ал бир нече жолу «Куранды кыргызча которуп көрбөйсүңбү» – деген экен. Темиралы болсо, өзүн Куранды изилдөөчү катары санап, которушка макул болбоптур. А бирок, акыр аягында келечекти көрө билген жазуучунун сөзү ишке ашып отурат! Эмне дейбиз? Ийгиликтин эрте-кечи жок. Менин жеке пикиримде жогорудагы үч улук устаттын Темиралыга берген таалим-тарбиясы, кылган жардамы бекер эмес, Улуу Кудайдын жазмышы деп эсептейм. Болбосо, Темиралы Куранды котормок эмес, бизге суна алмак эмес. Эмесе, Темиралынын үч улук устатына Жараткан Эгебиздин о дүйнөдө ырайымы болсун деп тилейли. Жерибизге да, элибизге да Курандын жарыгы тийип, Жараткан Алла Өзү колдосун! Котормону Сизге кош колдоп сунабыз! Бар болуңуз азиз окурман!

Аалы Молдоканов,
Кыргыз Республикасынын президентине караштуу
Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын
бөлүм башчысы.

АЛЛАНЫН ТУРУКТУУ ЖОЛУНДА, ТУУРА ЖОЛУНДА БИРГЕ БОЛОЛУ!

Ыйык Куранды которуш – түшүмө кирбеген иш болчу. Биринчиден, мен көз карандысыз Куран изилдөөчү катары 40 жыл бою (араб тилин билгениме байланыштуу) анын арабча текстинен мени кызыктырган аяттарын эч бир котормолоруна карабай эле изилдеп келе жатам. Анын үстүнө акыркы чейрек кылымдай мезгилдин ичинде Куран кыргыз тилине бир нече жолу которулду. Бир караганда Курандын дагы башка жаңы бир котормосуна окурмандардын азырынча талабы деле жоктой көрүнөт. Эгер мен буга чейин эле аны которушум керек деген оюм болсо, анда мурун эле бул ишке киришет элем. Бирок, буга мындан отуз жылдай мурун *Курандын аалам жана адамзаттын эволюциясы тууралуу окуусу* боюнча киришкен изилдөөлөрүм бүтпөгөнүнө байланыштуу муну ойлогонго деле убакыт жок болчу. Анткени, орус тилинде жазылган «Священный Коран: три периода человечества» деген эмгегим 28 жыл дегенде араң зорго бүттү. Куранды окуп үйрөнүш ушундай чоң машакаттуу түйшүк иш экен!

Жогорудагы аты аталган эмгекти бүткөндөн кийин *Курандын адам жана коом тууралуу окуусун* изилдөөнү максат кылып, мындай эмгекти кыргыз тилинде жазышты ойлогон элем. Алды менен мындай эмгекке киришиш үчүн Курандын кыргыз тилине мүмкүн болушунча жалпы окурмандарга кеңири белгилүү, дурус деп таанылган котормосун негиз кылып алышым керек болчу. Илим дүйнөсүнүн мыйзамы ушундай. Ошентип, Курандын кыргыз тилиндеги бир нече котормолорун карап көргөнүмдө жандүйнөм бир чайпалды, заманам куурулду! Котормолор абдан начар экен! Ушуну күткөн эмесмин. Буга алдыда бир аз токтолбосом да болбойт.

Окурмандарга эскерте кете турган болсом, мен өзүмдү котормого эч бир даярдыксыз, кокусунан келдим деп эсептебейм. Анткени, Куранды которгон ар бир котормочу оболу салттуу ислам окуусун мыкты устаттардан таалим алып окуп, муну менен бирге азыркы илим-билимден да жакшы маалыматы болбосо болбойт. Мен муну бекер айтып жатканым жок. Учурунда үч чоң устаттан таалим алдым эле. Куранды которуп

жатканымда алардын мага берген таалим-тарбиясынын абдан чоң жардамы тийди. Эми, бул үч устатым жөнүндө айтпай коё албайм.

1. Молдо Жоро Акун Дамбылда (1884–1985). Атагы ааламга жайылган Касан-Сайлык молдо Жоро Акун Дамбылданы он жылга жакын зыярат кылып, үйүнө көп бардым, көп сүйлөштүм. Дамбылданын кабарын угуп-көрүп билгендер аны бүтүндөй мусулман дүйнөсүндөгү бирден бир чоң аалымы деп билишчү. Пирге кол берип, тарикатка да өткөн кереметкөй (илми халдан кабардар) аалым болчу. Түштүк аймагы ал кишини «олуя» деп да ишенишчү. Мен да буга ишенем. Анткени, эки-үч жолу мага да кереметин көрсөттү.

Дамбылда бирөөнү окуткан да, китеп ачып далил катары бирөөгө окуп да берген эмес. Анткени, кайсы бир маселеге жооп айтса, «бул маселе ушул китептерде бар» деп, китептердин атын да, авторун да кошо айтып коёр эле. Эс тутуму таң каларлыктай укмуш болчу! Мен ал кишиге учурап, он жылдай зыярат кылып барып жүргөнүмө алиге дейре сүйүнөм.

Дамбылдага «Акун» деген наамды Бухарадагы Мири Араб медресесинде дарс окуган аалымдар беришиптир. «Акун» деген сөз, биздин акын деген эле сөз экен деп калдым. Бизде элдик акындар китеп карабай эле төгүп ырдап жаткандай, Дамбылда деле окуган китептерин жат билчү. Мири Араб медресесиндеги мударистер учурунда «Бухаранын илими Касан-Сайлык бир аалымга кетти!» деген сөздү айтышканы да бекер эмес. Өкүнүчтүүсү, 1920-жылы Бухараны орустар алган учурда, Дамбылданын медресени 22 жыл бою окуп, эмир Алимханга муфти болуп иштегенине үч эле күн болгон экен. Эмир Ооганстанга жан-жөкөрлөрү менен качып жөнөгөндө, бечара Дамбылда колго түшүп калат. Баш-аягы алтымыштай аалымдар Ташкенттин түрмөсүнө камалып, алты ай жатып калышат. Алардын ичинде эң жашы Дамбылда болуптур. Эң кызыгы бул аалымдардын баарысына өлүм жазасы берилип, жалгыз гана биздин Дамбылдага өлүм жазасы 25 жылдык түрмө менен алмашылат. Ошол Ташкенттин түрмөсүндө жаткан күндөрдүн биринде аалымдардан бири Дамбылдага айтат: «Бизди эки-үч күндүн ичинде бул жерден алып кетип жок кылат. Биз сага дуба кылдык, сен аман каласың. Диндин иши сенин мойнуңда калды. Эми, кыяматта дидар көрүшөбүз! Кайыр кош!»

Чын эле ошондон кийин Дамбылда Караганда шаарына жөнөтүлөт. Карагандынын түрмөсүндө 16 жыл жаткандан кийин амнистияга илинет да, туулган жери Касан-Сайга кайтып келет. Кайтып келгенден кийин да КГБнын катуу көзөмөлүнө алынып, мусулманчылык боюнча коомчулукта сөз сүйлөгөнгө тыюу салынат. Үйүнө тез-тез эле милициялар келишип, бир да мусулманча китептердин турушу мүмкүн эмес деп аңтарып турушчу экен. Ушул себептен ал киши окутуп шакирт чыгара албаптыр.

Касан-Сайлыктар өмүрү өткөнчө Дамбылданы туу тутуп сыйлашты. Алардын ар бири, мусулман дүйнөсүнүн эң чоң аалымы Касан-Сайдын тургуну экенин жакшы билишип, муну менен алар төбөсү көккө жеткендей сыймыктанышар эле. Дамбылданын ар бир сөзү алар үчүн кагазга чийилбеген мыйзам болчу. «Дамбылда айтыптыр!» дегенде мейли карысы, мейли жашы болсун, ал сөзгө эч ким каршы турчу эмес. Кынтыксыз жасаганга аракет кылышчу. Муну билген Дамбылда да ар бир сөзүн, ар бир кадамын кылдат эсепке алчу.

Дамбылда бир күнү өткөн бир окуяны ушинтип эскерген:

«Мен Карагандынын түрмөсүнөн 16 жыл жатып бошонуп келгенден кийин деле тынчтык болбоду. Менин үйүмө кимдер келет, кимдер менен сүйлөшөм, мунун баарына жооптуу болуп турдум. Кээде милийсалар үйгө кирип, үйдүн ичин да аңтарып чыгышат. Шектүү эч нерсе деле табышпайт. Ошондой болсо деле ара-чолодо келе беришет. Көрсө, милийсалар деле аргасы жок, жогору жактын берген буйругу менен келишет экен.

Бир күнү үйгө бир киши салам айтып кирип келди. Ташкенден самолет менен шашылыш мага атайын келгенин айтты. Мен түшүнө бербей, «кандай жумуш менен келди экен?» деп, кооптонуп калдым. Ал папкесинен бир нече барак кагаздарды алып чыгып алдыма койду да, ушул кагаздагы жазылган суроолорго тезинен жооп жазылышы керек экендигин менден суранып, ушул иш боюнча Ташкенден өкмөттүн буйругу менен келгенин жашырган жок. Кагаздарга көз жүгүртсөм, «илмул – фарайз» маселелерине тийиштүү арабча жазылган оор суроолор экен. Ошондо мен ал кишиге айттым:

– Бул маселе боюнча Ташкендеги муфтиятка кайрылсаңар туура болмок экен.

Тиги киши жаап-жашырбай эле болгон окуяны мага түшүндүрүп кирди.

– Бул кагаздардагы суроолор Татарстан менен Кавказда да, Орто Азия жана Казакстан мусулмандар муфтияты тарабынан да толук каралып чыккан. Жоопторун эч бир аалым жаза албай, бул оор маселе ушул күнгө чейин чоң мүшкүл иш бойдон калып отурат. Ташкендеги уламалар бир ооздон Шараф Рашидовго: «Бул маселени чече турган Касан-Сайлык бир эле аалым бар» – деп, сизди көрсөтүшүптүр. А Шараф Рашидовго бул иш боюнча Москвадан атайын тапшырма берилиптир. Сиз чочубай эле коюңуз. Мен КГБнын полковнигимин. Атайын сизге өкмөттүн буйругу менен келип отурам.

Ошондо мен ал кишиге айттым:

– Сен анда эки-үч саат күтүшүң керек.

Ал киши сүйүнүп кетти.

– Рахмат сизге! Мен канча убакыт болсо да күтөм! Менден кам санабаңыз!

Сиражкан аш кылганга киришти. Бул арада мен да кагаздардагы суроолордун жообун толук жазып бүтүрдүм. Ал киши биз менен аш жеп, чай ичкенден кийин колуна кагаздарды карматтым. Сүйүнгөн бойдон алып кетти. Ошондон бир ай өтпөй эле ал киши дагы келди. Сиздин дасторконуңузга деп ар кыл жер-жемиштерден ала келиптир. Чайга отурганывызда эле сүйлөп кирди.

– Сиз Совет мамлекетинин намысын коргодуңуз! Өткөндөгү кагаздар Сауд Аравиясынан келген кагаздар болчу. Сауд Аравиясына Москвадан расмий адамдар барып, эки тараптуу сүйлөшүү учурунда алар Совет өкмөтү тарабынан мусулманчылыкка эркин жол берилбей кысымчылыкка алынып жатканын баса белгилешиптир. Анда бизден баргандар андай эмес экенин айтышып, мусулман элдер жашаган аймактарда муфтияттардын кадимкидей иштеп жаткандыгын, атайын билим бере турган окуу жайлардын да бар экенин айтып өтүшөт. «Мусулманчылыкты окутуп жатсаңар жакшы экен» дейт да, өткөндөгү сизге берилген кагаздарды Москвадан барган адамдарга расмий түрдө тапшырышат. Совет мамлекетинин намысына доо кетире турган маселе ошол кагаз берилгенүндөн башталат. Ал кагаздар ары айланып, бери айланып жүрүп акыры сиздин колуңузга келип түштү. Сиздин жазган жоопторуңуз Саудиялык аалымдарга тийгенде аябай таң калышыптыр. Бул маселелердин жообун Совет мамлекетинде жашаган бир да аалым чече албайт деп бекем ишенишкен экен. Алар таң калып эле жөн калбай, сиз тууралуу толук маалымат сурашыптыр. Биз алардын өтүнүчүн аткардык. Сизге Саудия мамлекетинен да, ал мамлекеттеги мусулман аалымдарынын да терең ыраазычылыгы бар! Азыр сизди бизге караганда да, алар жакшы билишет. Бүгүндөн баштап сиздин үйүңүзгө бир да милиция келбейт. Кадырыңыз жам болсун! Сизге рахмат! Сиз Совет мамлекетинин да, Советтик мусулмандардын да намысын коргодуңуз! Бар болуңуз!

Дамбылда Кудайга шүгүрчүлүк келтирип койду.

– Алла табаарака ва таалага бей эсеби шүгүр! Мени такай эле асырап келе жатат. Жанагы КГБнын полковниги кеткенден кийин чын эле бир да милийса үйүмө келген жок. Алла пендесин асырайм десе ар кандай жол менен асырай берет. Кырк жыл кыямат болсо да бейажал чымын өлбөйт.

Дамбылда сөзүн дагы улады:

– Азыр «илмул – фараизди» билген аалымдар калбай калды. Мен Бухарада окуп жүргөндө акыркы жылдарды күнү-түнү уйку көрбөй эсеп чыгарыш менен өткөрдүм. Эр кишиден калган мүлктүн анын балдары менен кыздарына, ар бир аялына жана тууган-туушкандарына тийиштүү үлүшүн так эсептеп чыгарып бериш кандай кыйын! Вай, вай! Бу илимге мен өмүрүмдү сайдым эле!»

Дамбылда мага ушунусун айтып бир чечилген. Көрсө, мени этият болуп жүр, дегендей айткан экен.

Молдо Жоро Акун Дамбылдага Өзбекстан менен Кыргызстандан зыяратчылар суудай агылып келип турчу. Бош убактысы деле жок эле. Ошентсе деле мусулманчылык боюнча окуган шакирттер (негизинен Касан-Сайлыктар) ыңгайлуу убактысын таап көп барчубуз. Балким, мойнундагы карызынан кутулгусу келеби, же биздин талабыбызды эске алабы, сөзгө сараң экенине карабай, бизге Курандын бирден аятын бөлүп – бөлүп (же фразаларга так ажыратып), тапсирлеп түшүндүрчү. Мисалы: *«Аллага кулдук кылгыла... Намазды аткаргыла... Зекетти бергиле... Алла сооданы адал кылды... Сүткорлукту арам кылды... (Карызды) төлөй турган өз оозу менен айтып жаздырсын... (Жазып жаткан) өз Эгеси Алладан корксун... Эч нерсени андан (карыздан) кемитпесин... Эркек кишилериңерден экөөнү (буга) күбө кылгыла...»* дегендей. Чын эле аяттар ушундай усулда тапсир кылынса, угарманга да жакшы жеткиликтүү, угумдуулугу да артат экен. Мен котормого так ушул усулду негиз кылып алдым! Дамбылдага мени Кудай бир жеткирген экен!

1976-жылдан тартып 1985-жылга чейин тогуз жыл аралыгында Дамбылданын бир ооз сөзү менен анын белгилүү шакирти Мавлян Карыдан ислам окуусунун негизги булагы болгон Ыйык Куранды (тапсирлери менен) баш кылып, (бир топ) хадис китептерин да, фикх китептерин да окуганга жетиштим эле. Өмүр бою мусулманчылык илимин таратууну көздөгөн Кары аке мени бүтүндөй Ала-Бука районунун борборуна мударис кылгысы келгенин билип, мен деле буга каршы эмес элем. Бирок, 1985-жылы мага КГБ илешип калды. Мен Ала-Букадан тез кетишим керек болду. Совет доорунда КГБнын таман тузагына түшкөн адам оңой менен кутула алчу эмес. Мындай адамдардын барар жери түз эле түрмө болчу. Ошондон улам мурдагы жашоомду, мурдагы максатымды тез өзгөртүшкө аргасыз болдум.

Ал учурда Дамбылданын жашы 101ге кирип, намазды да отуруп окуп калган. Анткени Карагандынын түрмөсүндө 16 жыл жатып, ошондон улам бутунун каруусу кетип калганы эле болбосо, ичкен-жегени деле, сөзү деле жайында болчу. Эмне болсо да Дамбылданын алдына бир барайын деп чечтим. Салам айтып, кирип отурдум. Колун жаңсап, отур, чай ич дегендей, кайра көзүн жумуп муракабага кетти. Беш-алты мүнөт жымжырттык кенен-кесир эле өттү. Буга биз көнүп калганбыз. Эми кетсем деле болот го деген ойго келип тургам. Дамбылда көзүн ачып мага бир карап сүйлөп кирди.

– Сага эч нерсе деле болбойт. Мунун убактысы деле бүттү. Аз эле калды. Сен бир-эки жылга жер которуп кетсең да болот. Алла табарака ва Таала пендесин өзү асырап алат.

Сөзүн токтотту.

– Мага дуба кылып койсоңуз, мен турайын, – дедим мен.

Эки колун көтөрүп ичинен бирдемелерди күбүрөнүп, акырында «фаллаху хайран хафизан» («Алла жакшы асыроочу» деген мааниде) деп дуба кылды. Кайырлашып чыгып кеттим. Ушул акыркы жолу көрүшүм экен. Көңүлүм ачылып анча деле сыгылбай калдым. Анткени, «мунун убактысы деле бүттү. Аз эле калды» деген сөзүнөн, коммунисттик доордун күнү бүтүп баратканын дароо эле түшүндүм. Демек, бир-эки жылга башка жакка кетип калсам, эч нерсе деле болбойт экенмин! Кутулат экенмин! Дамбылда олуялык керемети менен менин абалымды ачык эле билип турат! Ушул ой көңүлүмө бекем орноду. Чын эле менин жашоом Дамбылда айткандай эки жылдан кийин жакшы жагына ооду. Чыңгыз Төрөкуловичке келип учурадым. Баары өзгөрдү!

Дамбылдага мени биринчи жолу 19 жашымда кайненем (Анаркулова Оңолбүбү) ээрчитип барган. Ошентип жогоруда айтканымдай, Дамбылданын бир ооз сөзү менен Ала-Буканын Биринчи Май кыштагында жашаган Мавлян Кары деген аалымда 9 жылдай окудум.

Мавлян Кары (1905–1992). Кары аке Фергана өрөөнүндөгү мыкты мударистердин бири болчу. Ала-Букалыктардын баарысы эле ал кишини Кары аке дешет экен. Кары акеден мусулманчылыкка байланышкан көп эле китептерди окудум. Ар ай сайын өз чөнтөгүнөн 25-30 рубль берип окуткан. Мени чоң үмүт менен окутту эле! «Өлбөсөм сен чоң аалым болгонуңда окуй албай калгандарымды сенден сабак алып окуйм» деп жылмайып коёр эле.

Кары акенин (Мавлян кары) эмнеси көп десе, шакирти көп дейт элем. Андан ары жагы Чаткалдан, бери жагы Кокондон бери келип окушкандар бар. Улуту тажик болсо да, жаштайынан Ала-Буканын Өзбекстан меменен чектешкен Биринчи Май деген кыштагында 50 жылдай кыргыздар менен жашаганы үчүн болуш керек, баскан-турганы кыргыз аксакалдарынан такыр айырмаланчу эмес. Төрт тилде (араб, тажик, кыргыз, өзбек тилинде) сүйлөп, эркин окуган аалым болчу. Бир жолу сабакта экенибизде бир өзбек шакиртине айтып жатат: «Эгер сен бу окугандарыңды кокус кыргыздарга айтып түшүндүрүп калсаң, анда «диндин амалы» дегенди «диндин иши» деп айт. Кыргыз тилинде «амал» деген «айлакердик аракетти», же «мансап» деген түшүнүктү билдирет. Ишенбесең, бу эки кыргыздан сура», – деп, Өскөмбай аке экөөбүздү көрсөтүп жылмайып койду.

Кары акенин сөзү бекер эмес. Курандын таасири менен бизге өткөн кээ бир сөздөрдү чын эле биз ошол бойдон колдоно албайт экенбиз. Мисалы, «му,мин» (же момун) деген сөз Куранда «ишенүүчү» (Аллага ишенүүчү) дегенди билдирет. А биз болсо бул сөздү азыр алды менен кой оозунан чөп албаган, жоош, куулганды, кара ниеттикти билбеген адамга карата колдонуп сүйлөйбүз. Сөздүктөрдө да алды менен бу сөзгө ушундай түшүнүк берилип жазылып келе жатат. Ушундан улам, Курандагы «му,мин» деген сөздү «ыймандуу пенде» деп которушка аргасыз болдум.

Чыңгыз Айтматов (1928–2008). Азыр деле күнү күнкүсүндөй эсимде. 1987-жылдын 11-декабрында мамлекеттик резиденциянын күн чыгыш тарабындагы Чыңгыз Төрөкуловичтин үйүндө жазуучу экөөбүз бир бөлмөдө бет маңдай отуруп сүйлөшкөнбүз. «Кара эчкиге жан кайгы» дегендей, КГБ дан качып жүргөн жаным, авазасы ааламга жайылган залкар жазуучунун мага бир жардамы тийсе экен деп Алла Тааладан тилеп, ар бир сөзгө колдон келишинче туура жооп берсем экен деп ичим тызылдайт. Жазуучу шашкан жок. Жандуу сукбатка маш болуп бүткөн даанышман экен. Менин кантип окуп калганымды сурап жатат. «Жакшы комузчу устатын мактап чертет, укkан күүсүн тактап чертет» дегендей, чү дегенде эле сөздү молдо Жоро Акун Дамбылдадан баштадым. Жазуучу Дамбылдага кызыгып, сукбатыбыз эки саатка чукул созулган. «Контрольный вопрос» деген да бар экен. Жазуучу акыркы суроосун мага берип жатат:

– Адамзаттын келечек тагдыры мурда болуп көрбөгөндөй табышмактуу кырдаалга келди деп жатабыз. Мындан жүз жыл мурун эле экология деген маселеге эч ким көңүл бурчу эмес. Жана сенин кат таанып баган, китеп окуй албаган кайын энең деле жаратылыштын жылдан жылга тозуп, жан-жаныбарлардын калбай жоголуп кетип жатканын айтып өттү. Убакыт өткөн сайын бул көрүнүш өсүп жатат. Бир эле бул эмес, жарыша куралдануунун келечеги ядролук согушка түртүшү да мүмкүн. Андай болгондо дүйнө тыптыйпыл болуп кыйраган урандыга айланат. Бир сөз менен айтканда дүйнөнүн келечеги азыр чоң табышмакка айланды. Акыр заман келдиби? Кыяматтын учуру жакын келип калдыбы? Ар кандай эле диний китептерде адамзаттын келечеги жөнүндө айтылып келген деп жүрүшөт. Куранда адамзаттын келечеги жөнүндө эмне деп айтылган? Сен Куран боюнча окуган адис катары муну жакшы билесиң да.

Менин жообумду күтүп калды. «Адам сүйлөшкөнчө, жылкы кишинешкенче» деген сөз бар. Мен жазуучуга бир топ үйүр алып, коркпой-үркпөй сүйлөшүп жатканым үчүнбү, шерденип кеттим. Кийин билсем, жазуучу адамзаттын келечеги кандай болот деген ой менен дайыма түйшөлгөн адам экен. А кыямат деген түшүнүктү ал экологиянын тегерегин-

де эле кабылдап, менин ага алдыда айта турган сөзүм анын ою-түшүнө кирбеген шумдук болуптур. Кызыктын баары кыяматтын чоо-жайынан башталды. Мен сөзгө кирдим.

– Чыңгыз Төрөкулович сиз кыямат деген сөздү айтып калдыңыз. Бул түшүнүк Курандын эң негизги темасы. Кыямат жөнүндө Куранда тез-тез эле айтыла берет. Куран боюнча алып караганда кыямат деген түшүнүктүн түбүндө философия менен физика караган убакыт жана мейкиндик деген түшүнүк жатат. Курандагы кыямат деген кубулуш азыркы физикадагы убакыт-мейкиндик деген түшүнүккө шайкеш келет. Куранда убакыт да, мейкиндик да философияда каралгандай түбөлүк жана чексиз эмес, тескерисинче алар ааламдын ажырагыс атрибуттары катары айтылган. Кыяматтын сааты жеткенде бүтүндөй жети кабат асман да, алардын ортосунан орун алган миллиарддаган эсепсиз галактикалар, же болбосо бүткүл Жылдыздар Асманы тыптыйпыл талкаланат экен. Анткени жарыктын ылдамдыгы менен үйлөнгөн шардай тынымсыз кеңейип бара жаткан эбегейсиз зор аалам кайра жыйрылып, мунун натыйжасында бүткүл космос телолору талкалануга дуушар болот, миллиарддаган галактикалар бир чекитке топтолот.

Жазуучу чыдабай кетти.

– Куранда ааламдын кеңейиши да, жыйрылышы да айтылганбы?

– Ооба.

Жазуучу бүткүл дити менен таң калып, өзгөчө кызыгуу менен чыдамы кетип суроо узатканын ачык көрүп турам. Буга чейин сөзүм бүткөнчө шашпай эле угуп жаткан. Сөзүм таасирдүүрөөк болсун деп, Курандын бир аятын арабча айтып, андан кийин которуп түшүндүрөйүн да, азыркы илимдин аныктаган фактыларын да далил катары айта кетейин деген ойго келдим.

– Курандын 51-сүрөөсүнүн 47-аятында «вас-сама-а банайнаха бийдин ва инна ламуусиуун» деп айтылат. Мунун түшүнүгү «Биз асманды Өз кудуретибиз менен жаратканбыз. Аны тынымсыз кеңейтирип турабыз» деген мааниде. Жыйырманчы кылымдын башында физиктер мурда айтылып келгендей аалам стационардуу эмес, анын дайыма кыймылда экенин аныкташты. Биринчилерден болуп Советтик окумуштуу Александр Фридман аалам бардык тарапка кеңейип жатат деген ойду айткан. Ошондон көп өтпөй эле америкалык астроном Эдвин Хаббл 1929-жылы кубаттуу телескоптун жардамы менен галактикалардын бири биринен алыстап кеңейип жаткандыгын аныктады. Бул болсо, миллиардаган жылдар мурун галактикалар бири-бирине өтө жакын болгондугунан, а түгүл болжол менен мындан 13–14 миллиард жыл мурун аалам бир эле чекитте, же болбосо коллапс абалында болгон деген түшүнүк пайда болду. Муну физикада «сингулярдуулук» деп айтат. Аалам мына ушул чексиздикке жеткен тыгыз абалында турганда, азыркы физиканын тили менен айтканда «Улуу жарылыш» болуп, окумуштуулар Улуу жарылышты ааламдагы убакыттын башталышы болду деп эсептейт. Бул туурасында Курандын «Пайгамбарлар» деген сүрөөсүнүн 33-аятында *«Биз асман менен жерди бөлүп ажыраттык»* деп айтылат. Бул аяттагы асман деген түшүнүк азыркы физиканын тили менен айтканда «талаа» дегендей түшүнүккө ээ, же болбосо «эфир» деген түшүнүккө туура келет. Азыркы физика «эфир» дегенди аныктай албай жатат. Бирок физиктер эфир деген түшүнүктүн ордуна орусча айтсак, «темная материя» деген сөздү колдонушуп жатышат. «Темная материя» деп аты айтып тургандай физика аны аныктай элек болсо да, мына ушул «темная материянын» түздөн түз таасири менен гравитациялык тартылуу күчү пайда болуп, жылдыздар өз орбитасында чачылып кетпей айланат деп түшүндүрүшөт. Дагы бир кызык нерсе, ааламдын кеңейиши мейкиндикте чексиз, убакытта түбөлүк улана береби деген суроону да жаратты. Окумуштуулардын ичинде ондогон миллиард жылдардан кийин аалам кайра аркасына жыйрылат дегендери, алардын ичинен айрымдары түбөлүккө кеңейип кете берет дегендери да бар. Куранда болсо ааламдын келечек бир заманда тынымсыз кеңейиши токтоп, асман кайра аркасына баратарды түрмөктөгөнүбүздөй жыйрылары айтылат. Таха сүрөөсүнүн 104-аятында *«Бир күнү Биз Асманды жазуучу баратарын түрмөктөгөндөй түрмөктөйбүз. Оболку жаратканыбыздагыдай кайталайбыз»* деп айтылган. Бул аяттын маанисинде аалам эң эле алгачкы учурундагыдай кайра жыйрылып сингулярдуулук абалына келери кабар берилген.

Сөзүмдү бүттүм.

– Ой, Темиралы! Сен мага өтө кызык нерсени айтып берип жатасың. Сен мени чыны менен эле аябай кызыктырып койдуң. Куранда ушундай кызыктар жазылган экен деп эч качан ойлогон эмесмин! – деди, жазуучу таң калганын жашырбай.

– Демек, биздин кыямат жөнүндөгү түшүнүгүбүз өзүбүзгө жараша эле кичинекей түшүнүк экен.

Толкунданып алыптыр.

– Мага сен аябай кызык нерселерди айтып берип жатасың! Бул мага абдан чоң жаңылык болду. Буга таң калбай коюшка болбойт. Сен чын эле Куранды мыкты окуп үйрөнүпсүң! Мени аябай таң калтырып койдуң.

Кийин билсем, жазуучунун кыямат жөнүндөгү түшүнүгү өтө эле жөнөкөй, тагыраак айтсам бул боюнча ал экологиянын тегерегинде эле ойлонуп жүргөн экен. Айылдан чыкпай жүргөн мендей жөнөкөй бир жи-

гиттен таптакыр эле мындай сөздү угам деп күтпөптүр. Бул ага чагылган жарк эткендей таасир кылганын көрүп турам.

– Сенин ишиңди эртең бүтүрөлү! – деди жазуучу.

Эртеси эле тикеден тике жазуучунун кийлигишүүсү менен Академиянын кол жазмалар фондусуна (араб тили адистиги боюнча) ишке кирип калдым. Кызык жери жазуучунун туулган күнүнө, 12-декабрга туш келиптир. Ошондон кийин он жылга чейин жолуга алганым жок. Москвага кетип, андан ары Европада элчилик кызматтарда жүрдү. Экинчи жолу 1997-жылы жолуктум. Колуна «Космологические вопросы Священного Корана» деген трактатымды бердим. Буга аябай сүйүндү. Ушундан кийин өмүрүнүн акырына чейин такай байланышта болдум. Бирге сапар кезип, конок болуп, Бишкек, Алматы, Стамбул, Анкара, Брюсселге чейин жандап жүрүп калдым. Дин, философия, тарых, искусство жаатында, бирок айланып келип эле Курандын тегерегинде көп сүйлөштүк. Жогорудагы аты аталган «Священный Коран: три периода человечества» деген эмгегимдин бүтүшүн көзү тирмилип күттү эле. Көзү тирүүсүндө бүтүрүп колуна бере албадым. Ушунум арман болуп калды. Такай эле мага жардам бергиси келчү. Бул жагынан ал даанышман, келечекти жазбай байкаган мыкты устат эле.

2000-жылы Чыңгыз Төрөкулович «Барып таанышып, пикир алмашып келсең өзүңө жакшы болот» деп кайра-кайра кулагыма куюп жатып, Куранды которгон В.М.Пороховага телефондон он мүнөттөй менин барышымды бекем дайын кылып жатып Москвага жөнөткөн. В.М. Пороованын үйүндө он бир күн туруп келгем. Ушунун баарысы бекер эмес экен! Чыңгыз Төрөкуловичке алгач жолукканымда мага айткан сөздөрү али деле кулагымда жаңырып турат. Ушинтип айткан: «Эми сен мен айткандарды көңүлүңө бекем сактап ал. Айылда бир топ жыл окуйм деп канча мээнетиң кетиптир. Анын баарына убакыт жумшадың, бир топ жылдар бою түйшүк тартып окудуң да. Бирок жакшы иш кылдың да, билим алдың. Сен ойлогонду, сен билгенди азыр ойлогон деле, билген деле эч ким жок. Муну сен өзүң жакшы түшүнөсүң, жакшы билесиң. Эми мурдагыдай түйшүк тартпай бир эле жерде иштей да, окуй да бересиң. Академия деген ошондой жер. Жазам дегениңди жаза бер. Жанагы мага айткан кызык нерселерди жазсаң эле кандай кызык китеп болот эле. Жазсаң сеникин да окуй тургандар табылат. Сен оболу жаз. Жазылган китепти чыгарыш оңой. Эмне жардам керек болсо, каалаган учурда үйгө деле, жумушка деле келип мага кайрылсаң болот. Үйдүн да, жумуштун да телефондорун сага жазып берип жатам. Жазгандарыңды мага алып келсең да болот. Жазылган эмгекти чыгарыш оңой. Кел эми, сага ийгилик! Эми жакшылап ишиңди жасай бер!»

Ошондо бул турмуштун ачуу-таттуу, азап-тозогун калем менен кагазга сүрөтүн чийген жазуучунун алдына ташыркаган аттай араң зорго жетип келгенимди айттырбай эле билгенин билдим. «Бир топ жылдар бою түйшүк тартып окудуң да. Бирок жакшы иш кылдың да, билим алдың» деген сөзү ташка тамга баскандай көкүрөгүмдө калды. Андан бери 30 жылдан ашык мезгил өттү! Далай суулар акты, күн-түн алмашты. Мен болсо пайгамбар жашына киргенде ойдо – түштө жок жерден Куранды котормокчу болуп жатам!

Жыйырманчы кылымдын залкар жазуучусу Ч. Айтматов «маңкурт» деген бир сөздүн идеясынан улам «Кылым карытар бир күн» деген мыкты бир роман жазды. Жазуучунун жазган романынан улам жалпы адамзаттын акыл-эсине «манкуртизм» деген философиялык термин кирди. Сөздүн күчү, сөздүн касиети! Бирок, жеке мен үчүн анын жазуучулугуна караганда да, жандуу аңгеме айтып бергенинде асман менен жердей айырма бар болчу. Бай салабаттуу отурушу, айтылган ар бир сөздүн жаны, каргылданган үнү, анча-мынча колу менен кылган ишарасы... мунун баары шумдук болчу! Тоо сүйлөп жаткандай... Балким, ушул учурда канаттуу да учпай тыңшайт беле, билбейм. Кичинекей окуяны деле айткысы келсе мыкты айтчу. Кыска-нуска айтар эле. Дагы айтса экен дейт элең. Алла Таала билим берген, талант берген кишилер таптакыр башкача болот экен. Бирок, «баатырдын даңкын алыстан ук, жанына келсең бир киши» деп коёбуз.

Бир жолу Чыңгыз Төрөкулович мага ушундай дейт: «Дин» деген сөздү Куран эмне деп түшүндүрөт? Муну «Ислам дини» деген сөздөн өз алдынча термин катары бөлүп карасак, анда бул термин эмнени билдирет? Куран деле «дин» деген сөздү өз алдынча түшүндүрөт болуш керек деп ойлойм? Буга кандай жооп айтасың?»

Жазуучунун бул суроосуна жооп кайтара албай калдым. Ушул суроодон улам, Куранды үч жыл бою кайра-кайра окуп жатып, бу суроонун жообун араң таптым. Жазуучунун мага пайдасы ушул болду. Курандын негизинде «Дин деген эмне?» деген бир кичинекей трактат жаздым. Бу маселе Курандын негизинде алиге дейре эле изилдене элек экен.

Чыңгыз Төрөкулович дин темасына кайрылган ойчул адам катары, бирден бир жазуучу катары бир жолу мага ушундай дейт: «Эзелден эле адам баласы ушул эки суроону өзүнө өзү тынбай берип келет. Дүйнө кантип жаралды? Адам качан жаралды? Буга кыска эле диний китептерде айтылгандай «Кудай жараткан» деп айтпасаң көөнүң тынчтык таппайт, санааң тынчыбай кыйнала бересиң. Андыктан, жарык дүйнөгө келген адам ар бир күнүн Кудайсыз өткөрө албаса керек деп ойлойм мен. Ушундан улам диний ыйык китептер кайсы мезгилде болбосун колдон түшкөн

жок, тынымсыз окулат. Демек, Кудай менен Адамдын ортосуна ыйык китеп көпүрө деп айтпасак да болбойт. Бар болгону, ыйык китептеги даанышмандыкты аңдап, аны жашообузга, акыл эсибизге сиңире алдыкпы? Ушуну бүгүн биз ойлонобузбу? Дин бизден кайсы доордо болбосун ушуну талап кылат...»

Учурунда Чыңгыз Төрөкулович мага үч-төрт курдай «Сен Куранды которуп көрбөйсүңбү» деген да сунушун айткан. Муну бекер айтпаптыр. Бирок, анын бул сунушуна учурунда макул болгон эмес элем. Мына, азыр которушка аргасыз болуп отурам! Азыр билсем, ал менин эртедир-кечтир буга кайрылышымды билген экен. Балким, сөзүнө периште «Ооминйин!» дегендир. Иши кылып мен бул адамдын жакшылыгын, жардамын көп көрдүм, тарбиясын алдым, сөзүн көп уктум. Ким билет, эгер Чыңгыз Төрөкуловичке учурабасам, анда Куранды деле которбосом керек эле. Албетте, менин Куранды которушума тикеден тике анын абдан чоң салымы бар деп эсептейм. Ар бир иштин сааты келбесе болбойт деген сөз да бекер айтылбаса керек. Омор Хаям туура айтат:

«Жүрөгүңө чындык өзүн жашырат,
Керек маалда ойду ишке ашырат.
Бермет дагы толмоюнча көркүнө,
Көл түбүндө, кутусунда жашынат.

Жашоо эмне? – Ачайын деп капкагын,
Жылдап ойлоп, кирпигимди какпадым.
Көп нерсеге көзүм жетет деп жүрсөм,
Акылымдан эч нерсени таппадым».

* * *

Алды менен Курандын орус тилиндеги котормолоруна учкай токтоло кетейин. Анткени, совет доорунда деле, андан бери деле биз орус тилиндеги котормолордон кол үзө элекпиз. Чынын айтышым керек, Куранды окуп үйрөнүш боюнча орустар, же орус тилдүү окурмандар бизден алда канча алдыга озуп кетишкени эч кимге деле азыр жашыруун эмес. Себеби дегенде, алгач 18-кылымдан бери карай Курандын орус тилине которула башташы, аны которууда бир топ ийгиликти да, тажырыйбаны да жаратпай койгон жок. Акыры академик И.Ю.Крачковскийдин (сөзмө сөз) котормосу совет доорунда 1963-жылы жарык көргөндө орус тилдүү окурмандар эле эмес, ага Батыш дүйнөсүнүн окумуштуулары да, окурмандары да, негизинен котормонун деңгээли дурус деп баа беришти. Бир сөз менен айтканда И.Ю.Крачковский Курандын орус тилине жакшы деп которулган үлгүсүн да, мектебин да жолго койду. Андан кийинки орус тилдүү котормочулардын баарысы эле И.Ю.Крачковскийдин котормосунан пайдаланышпай коюшпайт. Муну учурунда эле котормонун баш сөзүн жазган П. Грязневич туура байкап ушундай деген: *«Принадлежащий выдающемуся знатоку арабского языка и литературы, этот перевод является и будет надежной опорой для всех будущих русских переводов Корана».*

Акыркы мезгилдеги демократиянын келиши мурдагы коммунисттик идеологиянын терс жактарын, өзгөчө диний булактарды окуп үйрөнүшкө бут тоскон каршылыгын жок кылды. Ошондон улам азыркы орус тилдүү окурмандарга Курандын бир нече варианттагы котормолору, мисалы, «смысловый», «поэтический», «богословский» деген котормолору жарык көрүп жатат. Кимге кандай билбейм, жеке мен үчүн Курандын орус тилиндеги котормолорунан (сөзмө сөз которулган) академик И.Ю. Крачковскийдики көбүрөөк жагат. Анткени, Куран катардагы бир китеп эмес. Анын ар бир аятында, ар бир сөзүндө баалуу маалымат, тек эле маалымат эле эмес, али бизге ачыла элек сырлар да жок эмес. А эгер биз аны азыркы учурдун термини менен карай берсек, аны эркин которууга жол берсек, анда ката кетирбей койбойбуз. Мунун ачык бир мисалы катары анын 84-сүрөөсүнүн 19-аяты орус тилиндеги котормолорунда кандай которулганын карап көрөлү.

1. «Действительно, будете переходить из одного положения в другое положение». (Саблуков)

2. «Вы будете переходить из слоя в слой!» (Крачковский);

3. «Вы перходите из одного состояния в другое». (Кулиев);

4. «Вам предстоит ступени все пройти – (И жизнь, и смерть, и Воскресенье)». (Порохова);

5. «что вы будете переходить из одного состояния в другое». (Османов);

6. «И жизнь, и смерть, и воскрешенье – вам! Любой из вас предстанет предо Мною». (Шумовский)

7. «вы (о, люди) непременно переходите из одного состояния в другое» (из капли в сгусток, из сгустка в кусочек плоти, затем вдувается в вас дух, потом вы рождаетесь, затем растёте,... и затем умираете, затем будете воскрешены)!» (Абу Адель)

Жогорудагы Курандын бир эле аятынын ар бир котормочу тарабынан ар кыл мааниде которулганын окуган окурман өзүнө өзү суроо берет: «Булардын кимиси туура которгон?» А эгер биз Курандын оригиналына

карап, жогорудагы аяттын Курандын өзүндө *«Силер кабаттан кабатка өтөсүңөр»* деп турганын окуганыбызда, жогорудагы котормолордун ичинен И.Ю. Крачковскийдики туура экенине күбө болобуз. Бирок, адам баласынын *«кабаттан кабатка»* өтүшү бизге дагы деле болсо табышмак калат. Ушундан болуш керек, аяттын табышмагын окурмандарга жеңилдетиш максатында котормочулар өздөрүнүн акылы жетишинче коорушканын көрбөй коё албайбыз. Бул аят Курандын космологиясына тиешелүү экенин бир да орус котормочулары билген эмес. Эми, бул аяттын түшүнүгүн Курандын өзүнөн карап көрөлү. Анда асмандар туурасында ушундай деп айтылат.

1. «... Ал (Алла) жети кат Асмандарды жаратты...»

(Бийлик сүрөөсү, 3-аяты)

2. «...Биз Төмөнкү Асманды гана чырактар (жылдыздар) менен кооздодук...»

(Бийлик сүрөөсү, 5-аяты)

Буга чейин биз кылымдар бою Куранда «жети кат» асмандардын бар экени айтылган деп келгенбиз. Андай эмес экен! Жогорудагы биринчи аятта «жети кат» асмандардын бар экени өз алдынча , ал эми экинчи аятта алардан башка да жылдыздар жай алган «Төмөнкү Асмандын» бар экени да өз алдынча айтылганын окуп жатабыз. Демек, Куран сегиз асмандын бар экенин айтып жатат! «Төмөнкү» деген сөздөн жылдыздар жай алган асман борбордон жай алып, анын сыртынан «жети кат» асмандар курчап турганын билсек болот. Ошону үчүн жылдыздар жай алган асман «Төмөнкү» деп айтылып жатат. Муну салыштырып карасак, Жер шарын сыртынан жети катмар атмосфера курчап тургандай элестетишибиз керек. А эгер бул маселеге дагы бүгүнкү илимий көз караш менен тереңирээк назар таштасак, анда биз алиге дейре Курандын космологиясы тууралуу эч нерсе билбегенибизди эле моюндап кала бербей, «жети кат» асман менен «Төмөнкү Асмандын» бири-бирине салыштырмалуу «Убакыт – Мейкиндик өлчөмү кандай?» деген оор суроого да жооп издешке аргасыз болобуз. А бул суроонун жообу тууралуу катардагы окурмандар менен карапайым калкты мындай коёлу, бүткүл өмүрүн Куранды окуп үйрөнүшкө жумшап келе жаткан окумал аалымдардын деле түшүнө кире элек десем болот. Буга 14 кылымдан бери карай Курандагы сегиз асмандын бар экени алиге дейре ачылбай келе жатканы эле ачык мисал, талашсыз ачык далил.

(«Сегиз Асман» тууралуу окурмандар «Уй» сүрөөсүнүн 255-аятынын түшүндүрмөсүнан толугураак маалыматты окуй алышат).

Ошентип, Курандын жогорудагы орусча котормолорунун ичинен биз мисал катары алып караган 84-сүрөөнүн 19-аятынын котормосун бир гана академик И.Ю. Крачковский туура которгонун Курандын өзүнүн жардамы менен далилдеп жатабыз. Бирок, суроонун жообуна дагы деле жете элекпиз. Алла Таала *«Силер кабаттан кабатка өтөсүңөр»* деген аятта бизге эмнени кабар берип жатат? Мунун туура жообун дагы деле Курандын өзүнөн табабыз. Анда ушундай деп айтылат.

***1.** «Айдын толук эсебин(күбөгө тартып) касам берем,*

***2.** Силер кабаттан кабатка өтөсүңөр».*

(Иншикак сүрөөсү, 18-19-аяттары)

Алла Таала мындан 14 кылым мурун эле адамзат келечек бир заманда «жети кат» асмандардай кабат-кабат турган Жылдыздар Асманына («Төмөнкү Асманга») кыяматтын учуру келгенге чейин таралып кете беришин кабар кылган экен! Бул туурасында Алла Таала «Рахман» сүрөөсүнүн 33-аятында ушундай дейт: *«Эй, инсан менен жин жамааты! Асмандар менен жердин чегинен өтүшкө чамаңар жетсе өткүлө. Биз бийлик бербесек өтө албайсыңар».*

Бул маселени адамзат биздин учурда гана ойлоно баштаганын азыр көпчүлүгүбүз эле билебиз. Эми, дагы бир суроого жооп табышыбыз керек. Жылдыздар Асманы («Төмөнкү Асман») жалпысынан канча кабаттан турат? Бул суроонун жообу деле жогорудагы биринчи аятта ачык айтылыптыр. Болгону, биз аны туура чечмелешибиз керек. Алла Таала адамзатка *«Айдын толук эсебин (күбөгө тартып касам) берем»* деп убада кылып, касам берип жатат. Бир айдын толук фазасы 29 суткадан турушун билебиз. Бул болсо, Жылдыздар Асманы («Төмөнкү Асман») 29 кабаттан турганынан да кабар берип жатат. Албетте, мен бул саптарды бекер жазып жатканым жок. Жогоруда мен 28 жыл бою Куранды изилдеп, ошондон кийин «Священный Коран: три периода человечества» деген эмгек жазганымды айттып өттүм. Тилекке каршы, анда изилденген Курандын космологиясы тууралуу маалыматтардын баарысын бул жерде жазышка мүмкүн эмес. Мен кыска гана ушуну айта кетсем болот.

Жылдыздар Асманы («Төмөнкү Асман») дегенибизде, так борбордо (Биздин Жер планетабыз ушунда турат) Жылдыздар Асманынын биринчи кабаты (шар формасында) турат. Мунун радиусу кыяматтын учуру келгенде 20 миллиард жарык жылына өсүп жетет. Азыркы астрофизика ушул кабатты эле элдир-селдир изилдеген болуп жатат! Биринчи кабаттын сыртынан шардын сыртынан шар курчап тургандай, же Жер шарын жети кат атмосфера курчагандай жети кат алкак дагы курчайт. Ушул көрүнүштө андан кийин да ар бири жети каттан турган үч алкак (21 кабат) улам бири би-

ринин сыртынан курчап, ушуну менен 29 кабатка жеткенде (же эсеби бир айдын толук эсебине туура келген) Жылдыздар Асманынын («Төмөнкү Асмандын») чеги (кабаттары) бүтөт. Жогорудагы бир эле аяттын түшүнүгү ушундай! Демек, бир эле аятты дурусураак түшүнүш үчүн башка аяттарга да кайрылышыбыздын зарылдыгы бар. *(Бул боюнча толугураак маалыматты Бакара сүрөөсүндөгү 255-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз).*

Дагы бир кызык маселе ушундай. Куран кыяматтын келишин кээ бир аяттарда «күн келет» десе, кээ бир аяттарда «саат келет» деп айтат. Албетте, күн менен сааттын убакыт бирдиги катары бири биринен айрымасы бар, бирдей эмес. Сокур ишеним менен өмүр өткөрүп, мындай аяттарга көңүл бөлбөсөк деле боло береби? Же, кандай? А илим-билим дегенди, акыл-эс (интеллект) дегенди кайда катабыз? «Ыйманды илим бекемдейт, дин илим менен жоголбой турат» деген сөзгө эмне дейбиз?

Ошентип, Курандын кыямат тууралуу маалымат берген аяттарында айтылган «күн» менен «саат» деген түшүнүк бүгүнгө чейин табышмак болуп турат. Кантип күн менен саат тең болсун?! Бирок... Мен жогоруда аты аталган «Священный Коран: три периода человечества» деген эмгегимде мунун да табышмагын изилдедим. Көрсө, кыяматтын учуру келгенде асмандын бир күнү Арштын бир саатына теңелип жетип барат экен! Куран ушуну айтып жатыптыр. Анткени, Куранда асмандын тынымсыз кеңейиши (үйлөнүп жаткан шардай, кара. 51-сүрөө, 47-аят) айтылат. Бул деген асмандын убакыт-мейкиндик өлчөмү тынымсыз өсүп жатат дегенди билдирет.

Чечилбеген суроолор дагы деле көп. Мисалы:

1. *«Куранды сага бактысыз болсун деп түшүргөн эмеспиз.*
2. *Ким коркso, ага эскертүү кылдык.*
3. *Улук Асмандар менен жердин Жаратуучусунан түштү.*
4. *Рахман (ал Улук Асмандарды) Аршка жайгарды».*

(Таха сүрөөсү, 2-5-аяттары)

Жогорудагы аяттардын түшүнүгү 14 кылымдан бери карай чечилбей келе жатат. Анткени, Арш Алланын тактысы деп айтылат. Мында чатак деле жок. Же болбосо, Кааба - Алланын үйү дегендей эле сөз. Мисалы, тилде метонимия (каймана түшүнүк) деген бар. «Колуңдан келсе айт» деп коёбуз. А чындыгында тилибиз менен айтабыз. Ушул эле учурда «Тилиңден келсе айт» деп сүйлөбөйбүз. Анткени, сөз туура болбой калат. Бирок, мындай нерсени эске албай, жакшы түшүнбөстөн тике мааниде кабыл алып, учурунда «Алла Таала Өзүнүн тагы болгон Аршта жай алып турат экен» деген сөздөрдү айткандар да болгон. Мусулман аалымдары мындай аяттарга түшүнүк бериштен баш тартышкан. Анткени, кайсы

бир аятка түшүнүк беришке чама жетпеген учурда анын жөн калганы жакшы. Биринчиден, аяттын түшүнүгүн туура эмес чечмелеген адам чоң күнөөкөр болот, капыр болуп калышы да мүмкүн. Жеке эле өзүн эмес, өзү адашканы аз келгенсип бир топ адамдардын башын айлантып динден чыгарышы да турган иш.

Мен жогорудагы 4-аятты *«Рахман (ал Улук Асмандарды) Аршка жайгарды»* деп котордум. Эмне үчүн? 30 жылдай Куранды изилдеп, ошол изилдөөлөрүмдүн жыйынтыгынан кийин компьютерден Арш менен бирге Жети асмандын да, Төмөнкү Асмандын да моделин чыгардым. Анда асмандар Арштын ичинде жай алып турат. Куранда да (Аят аль-Курсиде, Уй сүрөөсүнүн 255-аятында) дал ушундай айтылат. Эсептегенимде Арш бүткүл асмандардан 200 миң эсе чоң экен! Алла Тааланын Аршты асмандарга салыштырмалуу «Улук Арш» дегени да бекер эмес экен.

Терминология деген да түйшүктүү маселе бар. Мисалы, ошол эле мыкты арабист окумуштуу, академик И.Ю. Крачковский айрым бир аяттардагы *«...Атау-з-закята»* («зекетти бергиле») дегенди *«...Приносите очищение»* деп сөзмө сөз которуп, «зекет» деген Курандын терминин түшүнүгүн аныктай алган эмес. Муну Э, Кулиев «...Выплачивайте закят» деп туура которгон. Кантсе да улуту азербайжан, мусулман котормочуга муну которуш эч бир кыйынга турган эмес. Анткени, мусулман элдерине «зекет» деген түшүнүк кылымдар бою каны-жанына сиңип, ар бир мусулман баласы аны эч кимден сурабай эле билет. Ушул айтылган мисалдай эле, И.Ю. Крачковский Курандын «аят» деген терминин дагы деле сөзмө сөз «знамение», «стих» деп которгон болсо, Э, Кулиев «аят» деген бойдон калтырып, терминди туура сактаган. Демек, медреседеги чоң мударистерден салттуу ислам окуусун сабак алып окубаган академик Курандын карапайым эле мусулман калкына жеңил түшүнүктүү терминдерин котором деп жаңылыштык кетирип жатат. «Устат көрбөгөн» деген сөз да бекер эмес.

Жалпысынан алганда Курандын орус тилиндеги котормолорунда терминология боюнча олуттуу катачылыктар учурайт. Мисалы, Курандын «саббих» (тасбих айт), «заккир» (зикир кыл) деген сөздөрүн орус тилине которгондордун баарысы эле эч кандай маани беришпей, «славь», «хвали», «вспомни» деп которушуп, жоопкерчиликсиз мамиле жасашкан. Анткени, бул аяттарда Алла Таалага карата жасала турган расмий ибадаттар тууралуу сөз болуп жатат. Курандын өзүндө да, хадисте да тасбихтер менен зикирлердин эртели – кеч кайра – кайра 33 жолу, 70, 100, 500, 1000 жолу, ушул тартипте 70 миң жолу, 100 миңге чейин кайталап айта турган ар кыл тасбихтер менен зикирлердин формулалары бар. А жөн эле «славь», «хвали», «вспомни» деп окуганыбызда Куран аяттарынын түшүнүгү абдан эле өксүйт. Бул жааттан алып караганда орустун Куран-

тааануу илими жакшы ийгиликке жетише элек. Салыштырып карай турган болсок, Россияда исламга салыштырмалуу буддизм менен индуизмди окуп үйрөнүшүп жаткан окумуштуулар бир топ эле илгерилеп кетишкенин көрө алабыз. Алар терминдерге абдан этият мамиле жасашат. Менин оюмча, жакынкы мезгилдерде Куранды орус тилине которгондор да, изилдегендер да терминология маселесине чоң көңүл бөлүп, ийгиликтүү жолго койбосо болбойт деп ойлойм. Ансыз көп маселелер илгери жылбай тура бериши айдан ачык иш десем да болот.

* * *

Ошентип Ыйык Куран акыркы чейрек кылымдын ичинде кыргыз тилине да которула баштады. Булардын ичинен Э. Турсунов менен Н. Алымбековдукун котормо деп айтышка болбойт. Анткени, алар тикеден тике араб тилинен которушкан эмес. Жогоруда белгилегенимдей, котормолорду *(Алауддин Мансур - 2004, биргелешип которгон төрт котормочу – Абдышүкүр Исмаилов, Дүйшөн Абдылдаев, Садыбакас Доолов, Садык Гавай, - 2006, Шамсуддин Абдыкалык уулу – 2010)* карап көрүп, чынын айтышым керек, бир да котормо көөнүмө отурбады. Анын үстүнө котормочулар абдан одоно ката кетиришиптир! Мында эң негизги маселе, котормочулардын кыргыз тилин дурустап билбегени, кыргыз тилинде ой жүгүртө албаганы болуп, бул эле эмес алардын кыргыз тилине болгон түшүнүгү да, сый-урматы да жок окшойт. Мисалы, А.Мансур котормосунун башында ушундай деп жазып жатат: *«...Ыйык Куранды түз араб тилинен кыргыз тилине да которуп, элибизге жеткирүүнү Жараткан алдындагы жана бир туугган кыргыз эли алдындагы ыйык милдетим деп ага даярдык катары кыргыз тилин жана адабиятын тереңирээк үйрөнүүгө аракет жасап жүргөн элем».* Котормочунун тилеги жакшы экен. Бирок, өзбек улутундагы котормочунун бул сөзүнө ишениш кыйын. Котормосун окуп көргөнүбүздө, котормочу кыргыз тилинде бир деле китеп окубаганы, кыргыз тилин билбегени кашкайып эле көрүнөт. Муну бекер айтып жатканым жок. Анткени, кыргыз тили абдан байыркы тил, а байыркы тилди тез эле үйрөнө коюш оңой эмес. Ушундан улам болуш керек, 1969-жылы Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын Кыргыз тили жана адабияты институту тарабынан колго алынган «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү» араң зорго 2011-жылы толук жарык көрдү. 40 жылдай мезгилде араң жарык көргөн сөздүктүн жүгү тилчи окумуштууларыбызга жеңил болгон жок. Анткени, сөздүктү түзүш үчүн тилчи окумуштууларыбыз алды менен 500 миң сапка чамалаган байыркы эпос Манасты баш кылып ондогон эпосторду, жалпы эле бизге жетип келген оозеки адабиятыбызды көздөн бир өткөрүшү керек болчу. Ансыз сөздүк максатына жетмек эмес.

Байыркы тилди тез эле үйрөнө коюш оңой эмес деп бекер айтканым жок. Кылым карытып келген кыргыз тилинин тамыры байыркы Энисейге да, байыркы шумерлерге да (Вавилон, Ур шаарлары) барып такалат. Демек, кыргыз тилинде али ачыла элек сырлар да жок эмес. Куранды кыргыз тилине которгон ар бир котормочу муну эске албаса да болбойт. Эми кеп оролун ушуга да буралы.

Куран дин тууралуу да, пайгамбарлар тууралуу да көп эскерет. Мисалы:

«Ал (Алла) Өзүнүн элчи – пайгамбарын Туура жол менен ***Ак динди*** *(Дин ал хакк) мүшүрүктөрдүн (бутпарастардын) жек көргөнүнө карабай бардык диндердин үстүнөн бийик көрсөтүш үчүн жиберди. Алла (буга) жетиштүү Күбө!»*

(С.48,а.28)

Аяттагы «ак» деген сөздүн түшүнүгүнө кайрылсак, биздеги «ак» деген сөздү араб тилинде сүйлөгөндөр «хак» деп сүйлөшөт. Айырмасы эле ушул. Бизде деле, арабдарда деле «Ак» деген түшүнүк оболдо Кудайдын атын билдирет. Дагы бир таң каларлык нерсе, качандыр бир байыркы замандан бери карай пайгамбарлар таратып келе жаткан Ак диндин Маната айтылганы кызык! Анда (Сагымбай Орозбаковдун вариантында) ушундай маалымат бар: *«Анда бата билбеген,* ***Ак динине*** *кирбеген»* деп айтылат. Байыркы эпостун бул ыр саптары байыркы кыргыздын дини кытай менен калмактын дининен айырмаланып Ак дин экенин ачык эле белгилеп жатат. Демек, кыргыз эли кылымдар бою кайда болбосун, элчи-пайгамбарлар таратып келген Ак динден тайбай келген экен! Мындай болбосо байыркы эпосто айтылып калмак эмес. А эгер эзелтен кыргыз эли бутпарас болбой бир Кудайга сыйынып келгенин эске алсак, «мындай билимди (окууну) ал кайдан алган?» деген суроого да жооп издешибиз керек. Куранда болсо бул окууну такай эле элчи-пайгамбарлар жайылтканы айтылат.

Онунчу кылымда жашаган Жусуп Баласагын өзүнүн «Куттуу билим» деген белгилүү дастанында ушундай деп жазат:

«Да бири теңдеши жок Фарук болду
Сөзгө бек , ишке тыкан асыл ойлуу.
Арттырып Ак дин үчүн сунган колун,
Кеңейтти шариаттын ыйык жолун».

Онунчу кылымда жазылган бул маалымат деле элибизде «Ак дин» деген түшүнүк такай эле болгонуна күбө десек болот экен.

Кыргыздын чоо-жайын изилдеп жаткан азыркы кээ бир окумуштуулар Кыргыздын байыркы дини «Теңирчилик» экен деп божомолдой беришпей, Манаста айтылган, Куранда айтылган «Ак диндин» тамырына саресеп салып изилдешсе жакшы болор эле. «Теңир+чилик» деген сөз акыркы 30 жылдай мезгилдин ичинде, демократиянын учурунда эле орусча «Тенгрианство» деген сөздөн которулуп пайда боло калды. Манас эпосун баш кылып оозеки адабиятыбыздын баарысын тытып чыксак деле *«Теңир+чилик» деген сөз* таптакыр учурабайт. Жок! Жок болгондон кийин ал жок, жокту бар кыла албайбыз.

Мусулман аалымдары күнү бүгүнгө чейин эле «Ак дин» дегенди ойлонбой туруп эле «Ислам дини» дешип жазып келе жатышат. Бул туура эмес. Анткени биз Курандагы эки башка түшүнүктү (терминди) бири-бирине чаташтырып албашыбыз керек. Биздин котормочулар да муну ойлошпой эле «Ак дин» дегенди «Акыйкат дин», «Чыныгы дин» дей беришиптир. Мындай болгондо, ар биринен «акыйкаты» кандай, «чыныгысы» кандай деп бирден сурап чыгышыбыз керекпи? Биздикилер эмес орустун котормочулары да Ак дин дегенди «Религия истины», «Вера истины», «Истинный вероустав» деп которуша берген. Эмне үчүн Куран Ислам дини дегенди эч бир айрымасы деле жок дегендей Мусулман дини деп өзгөртүп айтпайт? Демек, терминди чаташтырып албай туура аташ үчүн алды менен Ак дин дегенди да, Ислам дини дегенди да токтото туруп, оболу Курандын жардамы менен «дин» деген түшүнүктү такташыбыз керек болот. Бирок, «дин» деген Курандын сөзү (термини) ислам оболунан ушул күнгө чейин эле Курандын негизинде алиге дейре так изилденбей, бир дагы аалым буга тыкыр карай элек. Дин деген эмне? Мына ушул маселе чечилсе, анда Курандагы «Динул Хакк» (Ак дин), «Динул Каййима» (Туруктуу дин), «Динул Ислам» (Ислам дини) жана «Ад-дин аль-Халис» (Калыс дин) деген терминдердин мааниси бизге түшүнүктүү болот эле. Андай болгондо мазмуну башаламан Курандын өзүн да системалуу окуп үйрөнүштү жолго коёт элек. Менин бул боюнча изилдеген «Дин деген эмне?» деген кичинекей трактатым жазылып бүтсө да, али басмадан жарык көргөн жок. Бастырып чыгарышка бир аз эртерээк деп эсептейм. Анткени, Курандын терминдери бузулбай сакталган котормосун жасай элекпиз. Бардык иште токтотуп Куранды которуп жатканымдын бирден бир себеби да ушул.

Эми, Курандын дагы бир сөзүнө көңүл буралы. Ислам динининын ыйык ордосу Меккенин атын билбеген азыр бир деле адам жок болуш керек. Бирок, Куранда Меккенин бир аты «Бэккэт» деп да эскерилет. Бул тууралсындагы аяттарды окуйлу.

1. «Ал силерден Меккенин ичинде да алардын колун (силерге жеткирбей) тосту. Ошондон кийин силер аларды жеңдиңер. Алла силердин эмне кылып жатканыңарды көрүп турат».

(Жеңиш сүрөөсү, 24-аяты).

2. «Калайык үчүн биринчи Ыйык Үй Бэккэтте курулду. Ал ааламдагылар үчүн Туура жолдун да (ордосу) болду».

(Али Имран сүрөөсү, 96-аяты).

Биринчи аятта Меккенин аты Мухаммед пайгамбардын учурундагы мезгилде аталган аты менен эскерилип жатканына талаш жок. Экинчи аятта болжолу, Ибрахим пайгамбардын учурундагы аталышы менен аталып жатса керек. Анткени, Меккеде биринчи жолу Каабаны - *Биринчи Ыйык Үйдү* негиздеген Ибрахим пайгамбар менен анын уулу Исмаил пайгамбар болгонун жакшы билебиз. Эми, «Бэккэт» деген сөздүн этимологиясына кайрылсак, Ибрахим пайгамбардын мезгилине сүңгүп кирбесек да болбойт.

Байыркы доордо эле Сирия менен Йемендин ортосундагы соода жолу Мекке аркылуу өтпөсө болбойт эле. Анткени, ал аймакта бир гана Каабадагы Замзам кудугунан башка жерде такыр суу жок болчу. Ошондуктан эки тараптан жүргөн кербен Меккеде токтоп, түнөбөй койбогон. Бир сөз менен айтсак, Мекке байыркы доордо эле кербендер токтой турган «бекеттин» милдетин аткарган. Болжолу, «Бэккэт» деген сөз «бек» жана «кет» деген эки сөздөн куралган сөз болуш керек. Кийинчерээк бул сөз бизде кыскарып бекет болуп кеткен сыяктанат. Эгер мындай болсо, Куран бекет деген сөздүн түпкү аталышын бузбай так эскерип жатат! Эгер бул чындыкка туура келсе, байыркы тарыхтын изи – көзү менен карасак, анда Ибрахим пайгамбардын өзү да байыркы Алтайданбы, же Ала-Тоодонбу, алты-жети миң жылдай мурун шумерлерге кеткен түрк тилдүү (кыргыз?) адам болушу да мүмкүнбү деген суроо туулат. Шумер тили түрк тилдеринин ичинен кыргыз тилине өтө жакын экенин да бекем эстеп коюшубуз керек.

Белгилүү хадис жыйнагы «Сахих аль-Бухариде» (кара. Хадис № 1351) Мухаммед пайгамбар Исмаил пайгамбар тууралуу ушундай дейт: *«...Ошондо алар ал жерге (Замзам кудугунун жанына) токтоп, үй-бүлөлөрүн алдырып келишти. Алардын айрымдары ал жерде (арабдардагы журхум уруусу) такай жашап калышты. Бала (Исмаил) чоңоюп алардан араб тилин үйрөндү, алар болсо (анын жакшы сапаттарына) суктанышып, жогору баалашкан. Ал балакатка жеткенде аны өздөрүнүн кыздарынын бирине үйлөндүрүштү...».* Бул хадистен Исмаил пайгамбардын жашында араб ти-

линде сүйлөбөгөнүн окуп жатабыз. Андай болсо ал кайсы тилде сүйлөгөн, улуту ким болгон?

Курандын тегерегинде айтылган жогорудагы сөздөр мейли окурмандарга болсун, мейли котормочуларга болсун, мейли изилдөөчүлөргө болобу, Курандын ар бир аятына, ар бир сөзүнө алардын кылдаттык менен акыл жүгүртүп, абдан этият мамиле жасаш керек экенин эскерткендей болду го деп ойлойм. Бирок, биздин котормочулардын кээ бир Куран аяттарын которгонун окусаң төбө чачың тик турат, Жараткан Алладан коркуп келме келтиресиң, жакаңды кармайсың! Мисалы, А. Мансурдун котормосун ачып, анын Фатиха сүрөөсүн кандай которгонун окуп баштаганыбызда эле, биринчиден, бул котормочунун кыргыз тилин таптакыр билбегенин даана көрөбүз, экинчиден, котормону баштан-аяк көз жүгүрткөнүбүздө, котормо өзбек – кыргыз аралашкан башаламан базардын тилин да эске салбай койбойт. Котормочу Фатиха сүрөөсүнүн экинчи аятын *«Алкоо - мактоо бүткүл ааламдардын кожосу болгон Алла үчүн»* деп которуп жатат. Муну окуган кыргыз окурманы эмне деп түшүнөт, кандай ойдо калат? «Кожо» дегенди кыргыз кандай түшүнөт? Сөздүктөргө карап көрөлү.

КОЖО Мухаммед пайгамбардын же алгачкы халифтердин тукуму; бүткүл мусулмандардын диний башчыларына берилүүчү наам.

Азирети кожом тил алса («Манас» С.О.) *Кожо, молдо, эшенге Орозо, намаз, дин кызык* (Токтогул) *Кожо келсе кой союп, Сыйлагандан болбогун* (Барпы) *Тоого да, түзгө да кожо бир өзүбүз* (Сыдыкбеков) *Кой дээр кожо жок, ай дээр ажо жок* (макал). *(Кыргыз тилинин сөздүгү, 2011. 1-том, 864-бет).*

Котормочу кыргыз тилин билбей туруп эмнеге Куранды кыргызчага котором деп далалат кылганын кантип түшүнсөк болот? Же кыргыз окурмандарына ушундай котормо деле боло берет ойлоду бекен? Котормочунун *«Алла... ааламдардын кожосу»* дегени таптакыр эле акылга сыйбайт экен! Курандын тикеден тике араб тилинен кыргыз тилине биринчи жолу которулуп жатат деген бул котормосу кийинки котормочулардын кээ бирине да терс таасирин тийгизбей койбоптур. Мисалы:

1. «...Алар Биздин аяттарыбызды жалган дешкен соң, Алла аларды күнөөлөрү (капырлыктары) менен кармап азапка салган. Алла азабы каатуу Зат». (Али Имран сүрөөсү, 11-аяты, Алауддин Мансур,2004)

2. «(О, Мухаммад!) Ал сага (теңдешсиз) Китеп (Куран) түшүргөн Зат...» (Али Имран сүрөөсү, 7-аяты, Шамсуддин Абдыкалык уулу, 2010)

Кыргыз эли эзелтен күнү бүгүнгө чейин эле зат деп буюмду айтат. Адамга карата да колдонулат. «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүн» ачалы. Окуйлу.

1. ЗАТ Кармап же көрүп билүүгө, сезүү органдары аркылуу туюп-билүүгө боло турган нерселер жана алардын жалпы аталышы, жалпы эле нерсе, буюм. *Билбейм, кантем, жүз жашаган Нурбайга, Кайсы заттан кандай болот белегим* (Аалы). *Балда алтымыштан ашык түрдүү заттар бар* («Ден соолук»). *Биз кара күрөң түстүү затты кызыккандык менен карап чыктык* («Ден соолук»).

2. Көбүнчө башка сөз менен айкалыша айтылып бир нерсенин тегин, эмнелердин катарына жата тургандыгын, кайсы топтон экендигин билдирип, жалпылаштырып көрсөтүүдө колдонулат.

Адамзаттан мен жалгыз, Канаттуудан сен жалгыз («Эр Төштүк). *Айдай сулуу Айсалкын Пери заттын өзү экен* («Эр Төштүк»). *Журт энеси зайып заттын тазасы Гүлайым байбиченин тарбиясын көргөнсүң* (Сыдыкбеков). *(Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү, Кырг. ССР Илимдер Академиясы, Тил жана адабият институту, Мектеп басмасы, 1984. 1-том, 388-бет).*

Мектеп деген да бар. Кудайдын куттуу күнү анда эркек бала, кыз бала дебей, аларга тил менен тарыхтан, физикадан музыкага чейин дарс окулат дегендей... Башталгыч класстарда эле физика сабагында окуучулар «зат» тууралуу ушинтип окушат. *Заттын үч абалы бар: катуу, суюк жана газ. Сууну кайнатсаң буулануп газга айланат, муздатсаң тоңуп муз болот. Кайра ысытсаң эрип суюк суу болот. Зат ар кандай абалга өтө берет... өтө берет... бузула берет... ж.б.*

Ал эми жогорку класстагы окуучуларга зат деген түшүнүк дагы тереңирээк төмөндөгүдөй мааниде окутулат. *Зат – материянын физикалык талаадан (поле) айырмаланып, тынч абалдагы, массага ээ болгон түрү. Заттын тынч абалдагы массасы нөлгө барабар болгон элементардык бөлүкчөлөрдөн (негизинен электрон, протон, нейтрон) турат. «Материя» – философиялык, ал эми Зат физика жана химиялык мааниде колдонулат. Жөнөкөй зат бир эле химиялык элементтин атомдорунан, татаал заттар эки же андан көп элементтин атомдорунан түзүлөт. 17–18-кылымдарда илимде атомдук багыт пайда болгондо зат дегенди материя менен бирдей касиетке ээ болгон «материал» дешип, андан жаратылыштагы бардык нерселер келип чыккан деп түшүнүшкөн. Заттын 4 түрдүү абалы белгилүү: газ, суюктук, катуу нерсе, плазма.*

Ошентип, жогорудагы эки котормочунун абдан чоң кемчилик кетиргенин айтпай коё албайбыз.

Эми, «ашар котормого» да бир назар таштайлы. «Ашар котормо» дегеним да бекер эмес. Ашарчылар төрт киши экен: *Абдышүкүр Исмаилов, Дүйшөн Абдылдаев, Садыбакас Доолов, Садык Гавай.* Негизинен котормону бир эле киши ишке ашырыш керек. Андай болбой жатат, ким кайсы сүрөөнү которгону белгисиз. Бул эмне? Жоопкерчиликтен качышпы, же

кандай? Бирок, ашар менен бүткөн иш да жакшы болчу эмес эле. Анда ашар котормодон окуйлу.

«Ааламдардын Эгеси болгон Аллахка мактоо!»

(Фатиха сүрөөсү, 2-аяты).

«Алхамду лилла» дегенди «Аллахка мактоо» деп которушкан экен. (А. Мансур *«хамду» деген сөздү* «алкоо-мактоо» деп, Ш. Абдыкалык уулу «алкыш-мактоо» деп которот. Бул эми «эки бутун бир кончуна тыгып» дегендей...). Эмне дейбиз? Эзелден кыргыз Аллага мактоо, Кудайга мактоо, Теңирге мактоо деп сүйлөгөн эмес, мындай түшүнүк биздин элде, биздин тилде жок. Анда кандай кылдык? Базарга барып кеп тыңшайлы. Базарда эки кыргыз бири бирин көргөндө эле саламдашып, ушинтип ал – акыбал сурашат.

– Ассаламу алэйкум! –Ва алэйкум салам! – Кандайсың? – Алхамду лилла! Жакшымын! – Сен өзүң кандайсың? – Аллага шүгүр, мен да жакшымын!

Мына, элибиз эчак эле «Алхамду лилла» дегенди «Аллага шүгүр» деп которуп алган. Ата-теги миң жылдан бери Куран окуган кыргыз кантип эле оозунан түшпөгөн «Алхамду лилласын» аңдап билбей калсын. Буга талашсыз чындык катары Куранда Ибрахим пайгамбардын ушундай дубасы да бар: *«Аллага шүгүр! Ал мага карылыгымда Исмаил менен Исхакты берди!»* (Ибрахим сүрөөсү, 39-аяты). Муну *«Аллага мактоо! Ал мага карылыгымда Исмаил менен Исхакты берди!»* деп которсок туура болобу? Мунун жообун окурмандарга алды менен калыстык кылып котормочулардын өздөрү айтсын. Сөздүктү дагы ачалы.

ШҮГҮР кудая шүгүр Кудайга ыраазымын деп, колунда болгонго, бар нерсеге же болгон шартына, ал абалына алымсынгандык, канааттангандык, тобо кылгандык. *Шүгүр кылып кудайга* («Манас» С.О). *Миң шүгүрлүк бир кылдым* («Манас» С.О). (Кыргыз тилинин сөздүгү, 2011. 2-том, 800-бет).

Жолубузду ачкан Кудайга миң мертебе шүгүр (Т. Касымбеков). (Өздөштүрүлгөн сөздөр, КСЭ, 1986, 292-бет. Х. Карасаев).

«Мактоо» деген түшүнүктүн менин байкашыма караганда бизде үч-төрт түрү бар. Мисалы, илгертен эле жарды-жалчы акындар бай-манаптарды аш-тойлордо мактап ырдашып, акысына алган мал-мүлк менен жан сактап күн өткөрүшчү экен. Кийинчерээк совет доорунда коммунистер чор таман малчылар менен кетменчилерге, маданият тармагындагы ырчы-чоорчуларга, маскарапоздорго салтанаттуу чоң чогулуштарда шатыра-шатман кол чабуулар, күрсүлдөтө кагылган добулбастар, тартылган керней-сурнайлардын коштоосунда мактоо грамоталарды (баракчаларды) берип жүрүштү. Адабиятта ода деген (көбүнчө көзү өтүп кеткен атактуу маркумдун юбилейине карата жазылган мактоо ырлары деген-

дей) жанр бар. Дагы кандайы бар? Кошоматчылыкпы? Бул эми официалдуу эмес, жең ичинен дегендей. Салтыбызга расмий кире элек.

Эми, Куранды да карайлы.

1. *«Мени эстеп зикир кылгыла, Мен да силерди эстейин. Мага шүгүр кылгыла, Мага ишенбей (капыр) болбогула!»* (Уй сүрөөсү, 152-аяты).

2. *«...Ибрахимди да (жөнөттүк). Бир убакта ал калкына айтты: «Аллага кулдук кылгыла! Андан корккула! Эгер билгиңер келсе, бул – силер үчүн жакшы.*

Силер Алланы таштап (өзүңөр) жасап алган буркан таштарыңарга кулдук кылып жатасыңар. Силердин жаратканыңар жалган. Алланы таштап кулдук кылып жатканыңардын силерге ырыскы беришке бийлиги да жок. Ырыскыңарды Алладан тилегиле. Ага кулдук кылгыла. Ага шүгүр кылгыла! Ага кайрылып барасыңар!» (Жөргөмүш сүрөөсү, 16–17-аятары).

3. *«Аны жети асман менен жердегилердин бүт баарысы даңкташып тасбих айтып турушат. Аны даңктап тасбих айтып турбаган бир да нерсе жок. Бирок, силер алардын даңктаганын түшүнө албайсыңар. Күйөрман да, Кечиримдүү да Ал Өзү!»* (Түнкү саякат сүрөөсү, 16–17-аятары).

4. *«...Анын улуктугун улукта!»* (Түнкү саякат сүрөөсү, 111-аяты).

5. *«Эгеңди даңктап тасбих айт! Андан кечирим тиле...»* (Жардам сүрөөсү, 3-аяты).

Жогорудагы аяттардан ар бир пенде Алла Тааладан коркуп кулдук кылышы, Ага шүгүр кылышы, Анын улуктугун эстеп зикир кылышы, тасбих айтышы, Андан кечирим сурашы керек экенин эле окуп жатабыз. Курандын бир да аятында Алла Таала мейли периште болсун, мейли жин болсун, мейли адам болсун, аларга «Мени мактагыла!» деп айткан эмес, буйрук берген эмес! Туура, мойнубузга алышыбыз керек. Арабдын «хамду» деген сөзүн кыргыз тилине сөзмө сөз которсок «мактоо» дегенди билдирет. Бирок, башка тилден кабыл алынган ар бир *өздөштүрүлгөн сөз* кабыл алган элдин аң сезимине, ой-туюмуна ылайык түшүнүк менен өтөт. Мисалы, «шүгүр» (шүкүр) деген сөз да, «рахмат» деген сөз да бизге араб тилинен Куран аркылуу кирген. Арабдар бирөөгө рахмат айткысы келсе шүкүр деген сөздү колдонушуп «шукран» дешет. Бул эми араб адамынын, араб тилинин түшүнүгү. Бизге бул сөз кандай мааниде өткөн? Биз кандай мааниде колдонобуз? Биз, кыргыздар, пендеге шүгүр айтпайбыз. Шүкүр (шүгүр) деген сөздү бир гана Алла Таалага карата айтабыз. Ошентип, котормочулардын баарысы эле «Тил жана ой» деген категорияны билишпесе деле, «Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө», «Буттан чалынган турат, ооздон чалынган турбайт» деген кыргыздын кылым карытып келген макалын бир эстешип коюшса жакшы болмок экен. Мейли, «макал

менен иш бүтпөйт, сакал менен иш бүтпөйт» дейли. Анда Куранды дагы ачалы. Алла Таала Кадыр түн сүрөөсүндө айтып жатат:

«Биз аны (Куранды) Кадыр түндө түшүрдүк!

Ал сага эмнени билдирди? Кадыр түн деген эмне?

Кадыр түн миң айдан жакшы.

Ал түндө Эгесинин уруксаты менен периштелер да, Рух да ар кандай буйрук менен түшүп келишет.

Ал түндө таң атканча тынчтык болот!»

Арабдар Куран түшүп жаткан учурда Кадыр түн деген эмне экенин билбейт эле. Алла Таала бу сүрөөдө Кадыр түн деген сөздү чечмелеп түшүндүрүп берип жатат. Бул деген ар бир сөздүн түшүнүгүнө маани бер дегенди да айтып турат. Мынча болду котормодон дагы окуп көрөлү.

29. *«Ал силер үчүн Жер үстүндөгүлөрдүн баарын жаратты, андан соң асманга максат кылды , аларды жети асман кылып орноштурду. Ал - бардык нерселерди Билүүчү!*

30. *Ошондо Эгең өзүнүн периштелерине: «Мен Жер үстүнө орун басар жаратамын», – деди. Алар: «Анда (жерде) бузукулук жасай турган жана кан төгө турганды жаратасыңбы? Биз сени мактоо менен аруулайбыз жана Сени улуулайбыз», – дешти. «Акыйкатта, Мен силер билбеген нерселерди билемин» (деди Алла).* (Уй сүрөөсү, 29–30-аяттары)

Субханалла! Жогорудагы аяттардан биринчи аяттын котормосун окуганыбызда ушундай суроо ортого чыгат. Алла Таала пендеге окшоп максат кылабы? Ойлонобу? Пикир жүргүзөбү? План түзөбү? Максат ишке ашат, же ишке ашпайт. Аятта максат тууралуу эч кандай сөз да жок. Аяттын оригиналында (арабчасында) *«...андан кийин асманга (жерди) жайгаштырды...»* деп турат. Алла ойлонбойт, чарчабайт, уктабайт... Ал эмнени кааласа «Бол!» дейт, заматта болот. Бул туурасында Куранда айтылат:

«Ал бир нерсени (жаратышты) кааласа буйрук кылып «Бол!» десе, заматта болот». (Йасин сүрөөсү, 82-аяты)

Экинчи аятты котормочулар *«... Биз сени мактоо менен аруулайбыз жана Сени улуулайбыз», – дешти»* деп которушуптур. Дагы туура эмес которулуптур. Аяттын оригиналында (арабчасында) *«...Биз Сени даңктап тасбих айтабыз. Биз Сени урматтайбыз...»* деп турат. Элибизде «Кудайга шүгүр кылсаң боло, Кудайдан корксоң боло, Кудайдан уялсаң боло, Кудайды сыйласаң боло, Кудайды урмат кылсаң боло...» деп илгертен эле айтылып келе жатат. «Кудайды аруула» деп эч качан айтылган эмес, мындан ары деле айтылбайт. «Аруу» деген сөз элибизде жуун-тазалоо маанисинде адам менен буюмга карата колдонулуп келген болсо да, азыркы учурда анча-мынча эле калем кармап жазган акын-жазуучулардын китептеринде учурайт, жандуу сөздө анча колдонула бербейт. Дагы сөздүктү ачалы.

АРУУ Таза. Тазалап аруу кылуу, жуун тазалоо. *Ак кепинден аруу жуун, көмөөр киши болсочу* («Курманбек»). *Аруулап таза жуудуруп, Ак кепинден көмүңүз* («Саринжи – Бөкөй»). (Кыргыз тилинин сөздүгү, 2011. 1-том, 144-бет).

Ат жаныбар ич күйдүлүктөн аруу жаралган (Ч. Айтматов). (Өздөштүрүлгөн сөздөр, КСЭ, 1986, 43-бет. Х. Карасаев).

Котормочулардын дагы бир аятты которгонуна көңүл буралы.

«Бул Аллах – силердин чыныгы укуктуу Эгеңер... «(Йунус сүрөөсү, 32-аяты).

Тобо! Астагфирулла! *«Аллах – силердин чыныгы укуктуу Эгеңер...»* дегени эмнеси?! Котормочуларга ушундай суроо беришке туура келет. Алланын Кудай экенине, Алланын ааламдардын Эгеси экенине, Алланын периштелердин, жиндердин, инсан атпайдын Эгеси экенине кимдир бирөө укук бериш керекпи?! Бул аяттын оригиналына карап, сөзмө сөз да, маанисине карай да которолу.

1. *«Силердин Аллаңар ушундай, силердин акыйкат Эгеңер!»* (сөзмө сөз);

2. *«Силерге ушундай! Алла – силердин акыйкат Эгеңер!»* (мааниси).

Эми бул аяттын кыргызча да, орусча да котормолорун мисал катары төмөндө окуп көрөлү. Жогорудагы ашар котормодон башка бир да котормочу Алланы «укуктуу Эгеңер» деп которгон эмес. Окуйлу:

1. *«Демек, мына ушул Алла – чыныгы Раббиңер».* (А. Мансур)

2. *«Ушул Аллах силердин чыныгы Раббиңер».* (Ш. Абдыкалык уулу).

3. *«Вот вам Аллах, Господь ваш истинный!»* (Крачковский).

4. *«Это Бог и есть истинный Господь ваш;» (Саблуков).*

5. *«Таков Аллах, наш истинный Господь!»* (Порохова).

6. *«Ведь Он – Аллах, ваш истинный Господь!»* (Османов).

7. *«Таков Аллах, ваш Истинный Господь!»* (Кулиев).

8. *«Вот таков Он вам Аллах, Господь ваш, Истинный!»* (Абу Адель).

Мурдагы эки котормочунун (А.Мансур менен Ш.Абдыкалык уулу) белгилүү бир деңгээлде араб тилин билгени да, Куран тапсирлерин окушкандары да байкалат. Бирок, алардын кыргыз тилин мектеп окуучуларынын деңээлинде да билбегендери ачык байкалып турат. Ал эми «ашар котормону» ишке ашыргандардын баарысы эле араб тилин билгени абдан эле күмөн жаратат. Балким, алардын ичинен бир-экөөсү билсе керек. Бирок, баягы эле кыргыз тили деген маселе ортого чыкканда котормо талапка ылайык келбейт экен. Ошентип, араб тилин билиш менен эле чектелип, алеки саатта эле Куранды кыргызчага которуп салам деген да чоң жаңылыштык болуп жатат. Котормочулар өздөрүнүн котормолорун «Ыйык Куран маанилеринин кыргызча котормосу» деп

сунуш кылышыптыр. Кимге кандай билбейм, мага «маанилеринин» дегени жага бербеди. Бир караганда туура көрүнгөндөй болсо да, «маани» деген сөздө мандем бар, чоң жоопкерчилик бар. Мисалы, тил жаатында иштеген окумуштуулар мурда (орусча, кыргызча түшүндүрмө) сөздүктөрдү «Толковый словарь русского языка», «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү» деген ат менен чыгарып келишкен болчу. Азыр болсо, аты аталган сөздүктөр «Словарь русского языка», «Кыргыз тилинин сөздүгү» деген ат менен эле чыгып жатат. Эмнеге мындай? Көрсө, «түшүндүрмө» дегенде эле ар бир сөздүн «мааниси» чар тараптуу өсүп кетип, мунун акыры энциклопедиялык сөздүккө чейин өсө баштайт экен. Буга мисал катары жогоруда эле «Зат» деген сөзгө берилген түшүнүктү окудук. Ушундан улам, Курандын мейли орусча которулган «смысловый перевод» деген аталышы да, ушундай эле кыргызчасындагы «Маанилеринин кыргызча котормосу» деп аталганы да туура болбой жатат. «Котормо» деп эле (азырынча лексикалык сөздүктүн дегээлинде) которулса, орусчасы да, кыргызчасы да туура эле болор эле. А «мааниси» дегенибизде эле маселе абдан, абдан эле татаалдашып кетет. Мисалы, кээ бир аяттардын маанисин колдон келишинче түшүндүрүп жазыш үчүн эле бир трактат жазыш керек! Буга бир аз да болсо, жогоруда (84/19) *«Силер кабаттан кабатка өтөсүңөр»* деген аят тууралуу сөз болгондо айтылды десем болот. А эгер «мааниси» дей турган болсок, анда Курандын мурдатан эле аалымдар тарабынан салттуу жазылып келе жаткандай тапсирин (түшүндүрмөсүн) жазышыбыз керек болот.

Тикеден тике Курандын араб тилинен кыргызчага которулду деген үч котормосуна ары-бери көз жүгүртүп карап көрүп, өзүмө өзүм ушундай суроо беришке аргасыз болдум. Котормочулар эмнеден кыйналышкан, эмнеден өксүшкөн? Аларга эмне жетпейт? Көрсө, котормочулар араб тилин жакшы билсе деле, кыргыз тилин жакшы билсе деле баары бир котормодон кемчилик кетирбей коюшмак эмес экен. Алды менен бир аяттын котормосуна көңүл буралы.

1. *«Алла асмандар менен Жерди жараткан жана асмандан суу (кар-жамгыр) жаадырып, анын жардамында силерге ырыскы боло турган мөмөлөрдү чыгарган Зат. Ал Өз амири менен деңизде сүзүп жүрүшү үчүн кемелерди силерге моюн сундурду. Ошондой эле дарыйаларды да силерге моюн сундурду. (С.14, а.32).* (А.Мансур, 2004)

2. *«Аллах асмандар менен жерди жаратып, асмандан жамгыр жаадырат жана аны менен силерди азыктануунар үчүн мөмө-жемиштерди чыгарды. Деңизде анын уруксаты менен сүзүп жүрсүн үчүн силерге кемени башкартты. Ошондой эле дарыйаларды да силерге баш ийдирди». (С.14, а.32).* (А. Исмаилов, Д. Абдылдаев, С. Доолов, С. Гавай, 2006).

3. *«Аллах асмандар менен жерди (алты күндө) жаратып, асмандан сууну түшүрдү. Кийин аны менен силерге ырыскы болсун деп мөмөлөрдү чыгарды. Жана Өз амири менен деңизде жүрүшүңөр үчүн силерге кемени моюн сундурду. Дарыяларды да силер үчүн кызмат кылдырып койду». (С.14, а.32).* (Ш. Абдыкалык уулу)

4. *«Алла (жети кат) асман менен жерди жаратты. Асмандан сууну түшүрдү. Аны менен силерге ырыскы кылып жемиштерди өстүрүп чыгарды. Анын уруксаты менен деңизде (сүзүп) жүрүш үчүн силерге кемени баш ийдирди. Ал дарыяларды да силерге баш ийдирди».* (С.14, а.32) (Т. Кунашов, 2020).

Алдыңкы эки котормону ишке ашыргандар *суу* менен *жамгырдын* айрымасын деле билишпей жатат. Эгер алардын оюна макул болуп, асмандан такай жааган жамгырдын эсебинен деңиздер соолубай, дарыялардын токтобой агып турушун элестетсек, анда Жер бетинде Нух пайгамбардын учурундагыдай Топон суу жүрөт! Кудай сактай көр! Аятта Алла Талланын жамгырды эмес сууну түшүргөнү айтылып жатат. Же болбосо жаратылыштын эволюциясы менен бирге адамзат жашоосунун тиричилиги да тартип менен баяндалып жатат.

Үчүнчү котормо дурусураак болгонуна карабай Курандын стилистикасына ылайык которулбай жатканы ачык эле байкалат. Даана ажыратылган тактык жок.

Жыйынтыктап айта турган болсок, котормочулардын баарысы эле логика менен философиядан кабарсыз пенделер экен. А логика менен философияны аңдай албасаң, анда Куранды түшүнө албайсың. Муну Курандын өзү айтат!

1. Куранда эки жолу Алла Таала «Окугула!» (С.73, а.20) дейт. Демек, адамдагы акыл-эсти 100 пайыз деп ала турган болсок, анда мунун эки пайызы тилге (филология илимине) таандык. Же болбосо бир жолу чымырканып окусаңыз арабча окушту үйрөнөсүз. Экинчи жолу чымырканып окусаңыз араб тилин үйрөнүп аласыз да Куранды түшүнө баштайсыз.

2. Куранда 46 жолу Алла Таала *«Балким, акыл жүгүртөөрсүңөр»* (Ла,аллакум та,килуун) деген. Эзелден бери эле логика «акылдын илими» деп окутулуп келген. Мусулман дүйнөсүндө бул илим «илмул мантык» деп кылымдар бою окулуп келген болсо да, акыркы мезгилде анча жакшы окутулбай калды. Демек, адамдагы 100 пайыз акыл-эстин 46 пайызы логикага таандык экен!

3. Куранда 27 жолу *«пикир жүргүзүш»* (ла,аллакум татафаккарун) тууралуу айтылат. «Пикир жүргүзүү» деген философия деген сөз, башка эмес. Башкасын айтпасак да, Араб Халифаты гүлдөгөн халиф аль-Мамундун тушунда (тогузунчу кылымдын башында) Багдадда «Даанышмандар үйү» (ошол доордун илимдер академиясы) ачылып, байыркы грек (философ-

тору) окумуштууларынан Платон менен Аристотель баш болгон ондогон ойчулдардын эмгектери араб тилине которулуп, ошондон кийин билим Чыгышта да, Батышта да өнүккөн болчу. Халифтин түшүнө Аристотель кирген, ошондон кийин ал грек окумуштууларынын эмгектерин 200 жүз миң алтын дирхемге (азыркы учурда бул 7 миллион доллар!) кербен менен алдырткан. Аларды араб тилине которушка буйрук берген болчу... Ошентип, Курандын жардамы менен адамдагы 100 пайыз акыл эстин 75 пайызын (2+46+27=75), же болбосо төрттөн үч пайызын филология, логика жана философия түзөт экен десек, калган 25 пайызын дагы Куранды кылдат карап такташыбыз керек болот.

Куран ыйман менен илимди көп айтат. Эгер сиз наристедей тазалык менен Куранга ишенсеңиз, анда Куран да сизге ошондой мамиле кылат, жарыгын чачат. А эгер андан билим алайын десеңиз, анда «ийне менен кудук казгандай» дегендей күч жумшашыңыз керек. Андай кылбасаңыз, Куран да сизге ишенбей, сырын ачпай тура берет. Ошентип ушул китеп менен сүйлөшөлү, сырдаш бололу деген тилекти кылып жатабыз.

* * *

Эми, бул котормонун максаты тууралуу окурмандарга айтпасам да болбойт. Котормону мен Курандын арабча текстинен тике эле кыргызчага котордум. Бул котормо мурдагы котормолордон кескин айырмаланып, биринчиден, кыргыз тилинин азыркы учурдагы карапайым калк сүйлөгөн жөнөкөй, жатык, жандуу тилине ылайык, экинчиден, жалпы эле кыргыз интеллигенциясынын (окумуштууларга, илим-билим тармагында эмгектенген мугалимдерге, студенттерге, жалпы эле окурмандарга) багышталып которулду десем да болот. Анткени, буга азыр чоң зарылдык да бар. Себеби дегенде мурунтан Куранды салттуу окуп үйрөнүп келе жаткан мектебибиздин эшиги элибиздин тарыхында мындан бир кылымдай мурун жабылганын айтып отурушубуздун деле кереги жок. Мындан чейрек кылымдай мурун кайрадан демократиянын доорунда Куранды окуп үйрөнүү колго алынса да, алиге чейин биз Курандын адекваттуу дегендей котормосун ишке ашыра албай келдик. Албетте мунун жүйөөлүү себептери да жок эмес. Анткени, адекваттуу котормо, болгондо да Курандын бир тилден экинчи бир тилге которулушу тууралуу сөз болгондо, бизге эки чоң мүшкүл маселе ортого чыгат. Биринчиси – Курандын терминологиясы, а экинчиси – Курандын стили. Мына ушул эки маселе бизде эле эмес, жалпы эле билим дүйнөсүндө (мейли диний болсун, мейли светтик болсун) алиге дейре мыкты деңгээлге көтөрүлө элек. Бул туурасында төмөндө токтоло кетейин.

Курандын терминологиясы. Курандын терминологиясы боюнча билим дүйнөсүндө мындан бир кылымдай мурун эле маселе көтөрүлгөн болсо да, алиге дейре окумуштуулар тарабынан Курандын терминдерин анын текстинен алфавиттик тартипте жыйналган, ошондон кийин ал терминдерге кайрадан алды менен Курандын өзүнүн жардамы менен түшүнүк берген илимий эмгектер деле жок. Эгер андай эмгектер бирин-серин болгон болсо да, ал эмгектерде негизинен анчалык деле көп эмес саналуу эле терминдер туурасында учкай эле сөз болуп келе жатат. Мисалы дейли, Курандын «Худа» – «Туура жол» жана «Сиратун мустаким» – «Туруктуу жол» деген термини бир эле маанидеги термин катары каралып, бул туурасында эч кандай сөз деле жок. Ушундай эле «ыйман» жана «дин» деген сөздөр да кээде котормочулар тарабынан «ыйман» маанисинде колдонулган учурлар кездешет. Албетте, мындан котормонун адекваттулугу да, Куран окуусунун илимий деңгээли да төмөндөбөй койбойт. А эгер бул эки терминди Курандын текстинен орун алганына назар салсак, анда «ыйман» деген термин «дин» деген терминге салыштырмалуу өз алдынча көп учурайт. Ушул эле учурда «дин» деген термин аз учураганына карабай, башка сөздөр менен айкашып, жаңы терминди да пайда кылганын көрөбүз. Мисалы, «Йаумуд –дин» (1/4) – «Жаза күнү», «Дину-Алла» (110/2) – «Алланын дини», «Дину аль-хакк» (48/28) – «Ак дин», «Дину аль – каййима» (98/5) – «Туруктуу дин», «Ад – Дину аль – Халис» (39/3) – «Калыс дин» деген терминдердин ар бири котормолордо да, илимий эмгектерде да өз алдынча каралбай келе жатат. Ушундай себептерден улам, котормонун акырындагы комментарийде илимий кызыкчылыкты эске алып, мындай терминдерге аз да болсо түшүнүк беришке аракет кылдык. Жыйынтыктап айта турган болсом, алды менен Курандын терминдерин тактабасак, анда Куранды илим катары бу заманда изилдеш да, окуп үйрөнүш да, которуш да мүшкүл болуп тура берет.

Курандын стили. Курандын стили тууралуу сөз болгондо бир маселени алдын ала так ажыратып билип албасак болбойт. Батыш дүйнөсүндө Курандын окумуштуулар тарабынан изилдениши да, жогорку окуу жайларында окутулушу да таптакыр эле туура эмес багыт менен башталган болчу, Анткени, Батыш дүйнөсү бир топ мезгилге чейин Куранды Библиядан келип чыккан Жазуу катары карашып, аны Библиянын «көз айнеги» менен карашка аракет кылышкан. Бул болсо, Куранды алгачкы которгон Батыштагы котормочуларды да катуу жаңылдырган эле. Батыш дүйнөсүнүн чоң жаңылыштыгын биринчилерден болуп франциялык хирург Морис Бюкай Куран Библиядан таптакыр кескин айырмаланышын, а Куран болсо азыркы Библияны Моисей окуган Тоорат эмес экенин, азыркы

Тоорат ар кыл жанрдагы диний китептерден чогулуп жамдалган жыйнак экенин жарыя кылган болчу. Морис Бюкайдын 1976-жылы басылып чыккан эмгеги Батыш дүйнөсүн катуу толкуткан. Ал өзүнүн «Библия, Куран жана илим» деген эмгегинин акырында ушундай дейт:

«Курандын ачылыш тарыхы мурдагы эки Жазуунун тарыхынан таптакыр эле айырмаланат. Анын түшүшү 23 жылга созулган. Ал архангел Гавриил (Жабираил) аркылуу Мухаммедге түшкөндө эле аны мусулмандар жат алып турушкан. Пайгамбар көз жумгандан кийин кечиктирбей эле аны өз алдынча бир китеп кылып жазышкан болчу. Бул процесске Куран аяттары түшүп жаткан мезгилде эле жатташып, ошондон кийин да такай кайталап окуп жүрүшкөн мусулмандардын тикеден тике катышуусу жардам берген. Ошондон бери карай Куран этият сакталып келе жатканы да бизге жакшы белгилүү. Анын бузулбай сакталып келе жатканына эч кандай деле күмөн санай турган проблема жок. Куран эки Жазуудан кийин түшкөнүнө карабай, андагы айтылгандарга адамдардын ойлоп тапкан алымча-кошумчаларын кошконго эч кандай жол берилген эмес. Аны илимий критерийлердин жетеги менен объективдүү анализ кылганда, ал азыр деле акылга сыйбай таң каларлык көрүнүп, азыркы илимдин далилдери менен толук дал келип жатат. Куранда илимий пландагы маселелер учурап, анын автору он төрт кылым мурда жашаган жөнөкөй киши болгону таптакыр эле чындыкка жатпайт. Анын кээ бир аяттарын азыркы илим гана түшүндүрүп бербесе, мурда аларды түшүнүш такыр эле мүмкүн эмес болчу.

...Бир топ маселелерде Куран Библиядан кескин айрымаланат. Бул болсо, Мухаммед Куранды Библиядан көчүрүп алып, ошондон кийин Курандын тексти пайда болгон дегенди толугу менен жокко чыгарат. Мухаммеддин учурундагы билимдин деңгээли эске алынганда эле, Куранда айтылган азыркы илимдин кээ бир аспектилери кайсы бир адамдын эмгеги деген ишеничти четке кагат. Ушундан улам, Куранды Кудайдын Жазуусу дегенибиз толук негиздүү да, мыйзамдуу да деп эле калбай, ага таптакыр эле өзгөчө орун берилиши керек. Куран буга эч кандай шексиз, толук акылуу, муну менен бирге андагы илимий маалыматтар бүгүндөн баштап келечекте окуп үйрөнүлгөндө, ал жөнүндө биз жаңы сапаттагы түшүнүккө да ээ болобуз. Курандагы мындай маселелерден улам феномен катары аны адам акылы түшүндүрүп да бере албай жатат».

Белгилүү мусулман аалымы, коомдук ишмер Абуль-Ала Маудиди (Пакистан) учурунда Курандын жалпы мазмуну тууралуу ушундай деп жазган: *«Куранды окуп үйрөнүүгө киришкен окурман алды менен бул уникалдуу Китеп катардагы эле китептердин бири эмес экенин билүүгө тийиш. Куран башка китептерден айырмаланып конкреттүү бир темага таан-*

дык информацияларды жана идеялар менен аргументтерди ыраатуу так баяндап отурбайт. Ушундан улам Куран менен таанышпыгы жок адам аны менен биринчи таанышканда анын мазмунунан жашоого байланышкан ар кандай маселелерге тикеден тике ырааты менен ишарат кылган главалар менен бөлүмдөрдү таба албай кыйналат. Тескерисинче ал ага мурда учурабаган, буга чейинки китептер жөнүндөгү түшүнүгүнө дал келе бербеген китеп экенин көрөт.

...Кээде жаңы тема эч кандай байланышкан ачык себеби болбой эле баштала берет.

Баяндоочу, ошондой эле кимдир-бирөвгө айтылган сөз да эскертилбей эле өзгөрүп кетет.

...Ошентип, буга даяр эмес окурман түшүнө албай айран калып, бул болсо анын китептер жөнүндөгү мурдагы түшүнүгүнө караманча каршы келгенин көрөт. Ушундан улам ага Курандын аяттары бири-бирине тартип менен өз ара байланышы жок башаламан, ар кандай темалар анда баштан-аяк ырааты жок жай алып, анын кадыресе китеп экенине карабай, жалпы кабыл алынган китеп деген мааниге жооп бериши кыйын экенин да көрөт».

Демек, Курандын стили ушундай болсо, анда биз анын колдон келишинче ар бир сүрөөсүнүн, ар бир аятынын стилдик өзгөчөлүгүнө маани беришибиз керек. Муну бекем эске албасак болбойт.

* * *

Окурмандар бул котормодо ушул нерселерди эске алышы керек. Кудайдын аттарын (Өздүк сыпаттарын, мисалы, Алла, Рахман, Угуучу, Көрүүчү, Билүүчү, ж.б.) чоң тамга менен бердик. Айрым бир аяттарда Кудай үч жактын биринде (Мен,Сен, Ал) айтылып жаткан болсо да чоң тамгалар менен берилди. Энчилүү аттар Куранда кандай окулса, ошондой беришке аракет кылдык. Мисалы: Адну (бир Бейиштин аты), Сакар (Тозоктун бир аты), Инжил (Иса пайгамбарга түшкөн Жазуунун аты), Йусуф (Жусуп пайгамбар), Марйам (Иса пайгамбардын энеси), Жибриил (Жабраил, элчи периште), Самуд (байыркы калк), Бэккэт (Меккенин байыркы аты), Ифрит (жин), Баабил (шаар, байыркы Вавилон), Сайна (тоонун аты), Йагус (буркан таш), ж.б.

Аяттардын котормосундагы кашаанын ичинде берилген сөздөр Курандын текстинде жок. Аларды окурмандарга түшүнүктүү болсун деген максатта киргиздик. Мисалы: *«Ал (Исанын кайра келиши) – сааттын (кыяматтын бир) белгиси».*

(С.43, а.61).

Котормонун жүрүшүндө кыргыз тили жана котормо боюнча тажырыйбасы чоң (редактор катары) Аалы Молдоканов менен жандуу байланыш кармадым. Биринчиден, Аалыкеге (кыргыз тилиндеги жазылган текстке) редактор катары баштан-аяк карап беришин, мүмкүн болушунча сын көз менен караш милдетин арттым. Анткени, мен билген кишилерден Аалыке, билген сөзүн деле сөздүктөргө тыкыр карап, ар бир сөзгө терең маани берген адам. Мага ушундай редактор керек эле. Албетте, мындай редактордун көз алдынан өткөн котормо кыргыз тилинде сүйлөгөн, кыргыз тилинде ойлонгон окурмандарга түшүнүктүү болбой койбойт. Экинчиден, Курандын кыргызча котормосуна редактор болгон киши арабча билбесе, мындай адам жеке менин пикиримде жакшы редакторлук кылат деп да эсептедим. Анткени, арабча билген адамдар кээ бир бизге өткөн арабизмдерди, мисалы, «Рабб» – Эге, «Китаб» (Китеп) - Жазуу, «Амал» – Иш деген сыяктуу сөздөрдү (которбой эле, же кулакка тааныш сөз катары ойлонбой туруп эле), кыргыз тилине которгондо туура маанисинде пайдаланышка маани деле беришпей дегендей көз жаздымда калтырып келе жатышат. Куранды кыргызча которуштан максат арабча билбеген окурмандар түшүнсүн деген аракетибиз экени баарыбызга эле белгилүү иш. Бул эле эмес, котормонун кыргызча текстин басмага тапшырган учурда басманын корректору тарабынан айтылган баалуу сунуштарды да четке какканым жок, түзөтүү киргиздим. Мунун баары котормого оң таасирин тийгизип, сапатын жакшыртты дешим керек. Ушундан кийин китептин көркөм жасалгасы (дизайн) боюнча мыкты адис Гүлжан Ирешке кайрылдым. Мукабасы менен ички беттеги жасалгасына улуттук туш кийиздерибизден алынган орнаменттер киргизилди. Мага чын ыкыласы менен жардам көрсөткөн редакторго да, корректорго да, дизайнерге да терең ыраазылыгым бар. Аллага шүгүр! Ошентип, калганы окурмандардын калыс пикиринде калды десем болот.

Котормочудан



ЫЙЫК КУРАН

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ ﴿١﴾

الْحَمْدُ لِلَّهِ رَبِّ الْعَالَمِينَ ﴿٢﴾ الرَّحْمَٰنِ

الرَّحِيمِ ﴿٣﴾ مَالِكِ يَوْمِ الدِّينِ ﴿٤﴾

إِيَّاكَ نَعْبُدُ وَإِيَّاكَ نَسْتَعِينُ ﴿٥﴾

اهْدِنَا الصِّرَاطَ الْمُسْتَقِيمَ ﴿٦﴾ صِرَاطَ

الَّذِينَ أَنْعَمْتَ عَلَيْهِمْ غَيْرِ الْمَغْضُوبِ

عَلَيْهِمْ وَلَا الضَّالِّينَ ﴿٧﴾

1. ФАТИХА СҮРӨӨСҮ[1]

БЕТ АЧАР

1. Ырайымдуу, Мээримдүү, Алланын аты менен!
2. Аллага шүгүр, – Ааламдардын Эгесине,
3. Ырайымдуу, Мээримдүү,
4. Жаза күндүн[2] Падышасына!
5. Бир гана Сага кулдук кылабыз, бир гана Сенден жардам сурайбыз.
6. Туруктуу жолго[3] Бизди Сен туура жолдо.
7. Адаштырбай аларды, касап кылбай аларга, бак-таалайың бергендердин жолуна[4].

2. БАКАРА СҮРӨӨСҮ[1]

УЙ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алиф, Лам, Мим[2].
2. Бул Жазууда[3] шек жок. Анда такыбалар[4] үчүн Туура жол[5] бар.
3. Алар кайып (ааламдарга)[6] ишенишет. Намазды да аткарышат[7]. Аларга берген ырыскыбыздан каржылашат.
4. Алар сага түшүрүлгөн (Жазууга) да, сага чейин түшүрүлгөн (Жазууга) да ишенишет. Акыретке да бекем ишенишет[8].
5. Булар – Эгесинин Туура жолунда (жүргөндөр). Бак тапкандар да ушулар.
6. Капырларга эскерттиңби, же эскертпединбби, баары бир ишенишпейт.
7. Алла алардын жүрөктөрүнө да, уга турган (кулагына) да, көрө турган (көздөрүнө) да парда тартып жаап салган. Алар үчүн чоң азап бар.
8. Калайыктан кимдир бирөөлөр «Аллага да, акырет күнгө да ишендик» деп жатышат. Алар ишенишкен жок.
9. Алланы да, ыймандуу пенделерди да алдагылары келишет. Өздөрүнөн башкаларды алдай алышпайт. Алар (муну) сезишкен жок.

10. (Анткени) Жүрөктөрүндө арамдыгы бар. Алла алардын арамдыгын дагы көбөйтүп салды. Жалган сүйлөгөндөрү үчүн аларга оор азап да бар.

11. Аларга «Жер бетинде бузукулук таратпагыла!» деп айтылса: «Биз түзөтүп жатабыз», – деп айтышат.

12. Ырас! Бузуп жаткандар ошолор. Бирок (муну) сезбей жатышат.

13. Аларга «Калайыктан ишенгендер сыяктуу силер да ишенгиле» деп айтылса: «Келесоолор ишенгендей ишенебизби?» – деп айтышат. Ырас! Алар өздөрү келесоолор. Бирок (муну) билбей жатышат.

14. Ыймандуу пенделерге жолугушса «Ишендик!» дешет да, шайтандары менен калышса: «Биз силер менен биргебиз. (Аларды) шылдыңдап жүрөбүз», – деп айтышат.

15. Алла аларды шылдың кылат да, адашкан бойдон темселетип таштап коёт.

16. Булар адашкан жолду Туура жолго айырбаштап алышты. Алардын (өмүр) соодасы да пайда берген жок. Туура жолдо да болушкан жок.

17. Алардын мисалы от жаккан бирөөгө окшош. Анын айланасы жарык болгон кезде Алла алардан (жарык) нурду алып салат. Аларды караңгылыктардын[9] арасына таштап коёт. Көрбөй калышат.

18. Дүлөй, дудук, сокур (болуп калышат) да, (Туура жолго) кайта алышпайт.

19. ...Же асмандан жамгыр төккөн булуттай. Анда караңгылыктар да, мамакалдырак[10] да, чагылган да бар. Өлүм жетип келгендей чагылгандардын үнүнөн бармактары менен кулактарын жабышат. Алла капырларды туш тарабынан Курчоочу (Кудай)!

20. Чагылган алардын көрө турган (көздөрүн) алышка жакын. Аларга жарык боло түшсө басып калышат. Аларга караңгы боло калса, туруп калышат. Эгер Алла каалаган болсо, уга турган (кулактарын) да, көрө турган (көздөрүн) да жок кылат болчу. Бардык нерсеге Кудуретүү Алла Өзү.

21. Эй, калайык! Эгеңерге кулдук кылгыла! Ал силерди да, силерден мурункуларды да жаратты. Балким, силер коркоорсуңар!

22. Ал силерге жерди төшөп, асманды тиреп койду. Асмандан сууну түшүрдү. Аны менен силер үчүн ырыскы кылып жемиштерди өстүрүп чыгарды. Аллага теңеп (буркандарды) жасабагыла! Силер (муну) билесиңер.

23. Эгер кулубузга түшүргөндөн күмөндө болсоңор анын мисалына окшош бир сүрөө келтиргилечи! Эгер туура болсоңор Алладан башка күбөлөрүңөрдү чакыра бергиле!

24. Эгер кыла албасаңар... эч качан кыла албайсыңар! Тозок отунан корккула! Анын отуну – таштар менен адамдар. (Ал) капырлар үчүн даярдалган.

25. Ыймандуу пенделер менен жакшы иш жасагандарга сүйүнчүлө! Алар үчүн алдынан дарыялары аккан Бейиш бактары бар. Ар дайым андагы жемиштерден ырыскы кылып берилсе, айтышат: «Мындан мурун да бизге ушуга окшош ырыскы берилген эле». Алар үчүн анда таптаза жубайлар да бар. Алар анда түбөлүк калышат.

26. Алла чиркейди, же андан чоңураак (макулукту) мисал келтиргенден уялбайт. Ыймандуу пенделер ал акыйкат (мисал) Эгесинен экенин билишет. Ал эми капырлар айтышат: «Бу мисал менен Алла эмнени каалады экен?» Ал аны менен көпчүлүгүн адаштырат да, көпчүлүгүн Туура жолго салат. Андан бузукулардан башкалар адашпайт.

27. Алар Алланын келишимине убада бергенден кийин да аны буза беришет. Алла буйрук кылган иштердин уланышын да токтотуп салышат. Жер бетинде бузукулук да кыла беришет. Булар – кусур ургандар.

28. Аллага кантип ишенбей жатасыңар? Силерди өлүк элеңер тирилтти. Андан кийин силерди өлтүрөт. Андан кийин силерди тирилтет. Андан кийин Ага кайтарылып барасыңар.

29. Ал силер үчүн Жер бетинде баарысын жаратты. Ошондон кийин (ал) асманга жай алды. Аларды жети асман кылып барабар койгон болчу. Ал баарысын Билүүчү (Кудай).

30. ...Бир убакта сенин Эгең периштелерге айтты: «Мен Жер үстүндө бир халиф (орунбасар) жаратам». Алар айтышты: «Сен анда бузукулук кылып кан төгө турган бирөөнү жаратасыңбы?

Сени биз даңктап тасбих айтып жатабыз. Сени биз урмат кылабыз». Ал айтты: «Мен билгенди силер билбейсиңер».

31. Ал Адамга бүткүл нерселердин аттарын үйрөттү. Андан кийин периштелерге беттештирди да, айтты: «Эгер туурасын билчү болсоңор булардын аттарын Мага атагыла!»

32. (Периштелер) айтышты: «Субханака![11] Бизде Өзүң үйрөткөндөн башка илим жок. Даанышман да, Билүүчү да Сен Өзүңсүң!»

33. Ал айтты: «Эй, Адам! Аларга булардын аттарын ата!» Алардын аттарын аларга атап айтканда, айтты: «Асмандар менен Жердин кайып сырларын Мен гана билем деп силерге айтпадым беле? Мен эмнени жашырып бекиткениңерди да билип турам».

34. ...Бир убакта периштелерге айттык: «Адамга сажда кылгыла!» Иблистен[12] башкасы сажда кылышты. Ал менменсинди. Текеберлик кылды да, капыр болду.

35. Биз айттык: «Эй, Адам! Жубайың экөөң бактан[13] жай ал! Экөөң анын жемиштеринен каалаганыңарды жей бергиле. Бу даракка экөөң тең жолобогула! Экөөң залимдерден болуп калбагыла!»

36. Шайтан ал экөөсүн андан азгырды да, андагы турган жайынан чыгарды. Биз айттык: «Төмөн түшкүлө! Бири бириңерге душман болдуңар! Бир мезгилге чейин силерге Жер үстү пайдалана турган мекениңер болот».

37. Адам Эгесинин Сөздөрүн[14] кабыл алды. Ага тобо кылды. Ырайымдуу да, Тобону кабыл алуучу да Ал – Өзү.

38. Биз айтканбыз: «Баарыңар андан төмөн түшкүлө! Менден кимиңерге Туура жол берилсе, кимдер Менин Туура жолума жүрсө, аларга коркунуч жок. Аларга кайгы да жетпейт».

39. Капыр болуп кеткендер да, аяттарыбызды жалганга чыгаргандар да бар. Булар – Тозоктун тургундары. Алар анда түбөлүк калышат.

40. Эй, Исраил урпактары! Менин силерге берген бак-таалайымды эстегиле! Менин осуятымды кармангыла! Мен да силерге айткан осуятыма турайын. Бир гана Менден корккула!

41. Менин силерге түшүргөнүмө ишенгиле! Өзүңөрдөгүнү тастык кылып, ага биринчи капыр болбогула! Менин аяттарымды арзыбаган баага сатпагыла! Бир гана менден корккула!

42. Акыйкатты жалган деп жаппагыла! Акыйкатты бекитип жатасыңар. Силер (муну) билесиңер.

43. Намазды аткаргыла! Зекетти бергиле! Руку кылгандар менен бирге руку кылгыла!

44. Калайыкка жакшылыкты буйруйсуңар да, өзүңөрдү унутуп коёсуңарбы? Силер Жазууну окуп жатасыңар. Акыл жүгүртпөйсүңөрбү?!

45. Сабыр кылып намаз менен жардам сурагыла! Ал корккондордон башкаларга оор.

46. Алар өз Эгесине жолугарын ойлошот. Алар Ага кайтып барышат.

47. Эй, Исраил урпактары! Менин силерге берген бак-таалайымды эстегиле! Мен силерге ааламдагылардан артыкчылык бердим.

48. Бирөө бирөөдөн бир нерсени ала албаган күндөн корккула! (Ал күнү) бирөөдөн колдоо да кабыл алынбайт, бирөөдөн адилдик да алынбайт. Аларга жардам да кылынбайт.

49. ...Бир убакта Биз силерди Фараондун калкынан куткардык. Алар силерге жаман азап беришет эле. Балдарыңарды мууздайт эле да, аялдарыңарды тирүү калтырышчу. Силерге бул Эгеңерден улуу сыноо болчу.

50. ...Бир убакта силер үчүн деңизди бөлүп ажыраттык. Силерди куткардык да, Фараондун калкын чөктүрүп жибердик. Силер карап тургансыңар.

51. ...Бир убакта Мусага кырк түндү убада кылдык. Ошондон кийин силер музоого сыйынып алдыңар. Силер – залимсиңер!

52. Ошондон кийин да күнөөңөрдү кечирдик. Балким, шүгүр кылсыңар!

53. ...Бир убакта Мусага Жазуу менен Ажырымды[15] да бердик. Балким, Туура жолго жүрөөрсүңөр!

54. ...Бир убакта Муса калкына айтты: «Эй, калкым! Силер музоого сыйынып кетип өзүңөргө зулумдук кылдыңар! Эми Жаратканыңарга тобо кылгыла да, андан кийин өзүңөрдү өлтүргүлө! Мунуңар Жаратканыңардын алдында өзүңөр үчүн жакшы. ...Ал силердин тобоңорду кабыл кылды. Ырайымдуу да, Тобону кабыл алуучу да Ал Өзү.

55. ...Бир убакта айттыңар: «Эй, Муса! Алланы ачык көрмөйүнчө сага ишенбейбиз!» Ошондон кийин силерге чагылган тийди. Силер карап тургансыңар.

56. Өлгөнүңөрдөн кийин да Биз силерди тирилттик. Балким, шүгүр кыларсыңар!

57. Үстүңөргө булуттун көлөкөсүн түшүрдүк. Манна[16] менен бөдөнөнү да түшүрүп турдук. Силерге берген таза (адал) ырыскыларыбыздан жегиле! Бизге зулумдук кыла алышкан жок. Бирок, өздөрүнө өздөрү зулумдук кылышкан.

58. ...Бир убакта Биз айттык: «Бул калаага киргиле! Андан каалаганыңарды жегиле! Эшигинен сажда кылып киргиле! «Кечир!» дегиле! Силердин күнөөлөрүңөрдү Биз кечиребиз. Жакшылык кылуучулардын (акыбетин да) Биз арттырабыз.

59. Залимдер өздөрүнө айтылган сөздү өзгөртүп бурмалашты. Ошондо ыпыластык кылгандары үчүн залимдерге асмандан балээ түшүрдүк.

60. ...Бир убакта Муса калкына иче турган суу сурады. Биз «аса таягың менен ташты чап!» деп айттык. Андан он эки булак атылып чыкты. Ар бир уруу иче турган булагын билди. Алланын берген ырыскысынан ичкиле, жегиле! Жер үстүндө бузукулукту жайылтпагыла!

61. ...Бир убакта силер айттыңар: «Эй, Муса! Биз бир кыл даамга сабыр кыла албайбыз. Биз үчүн Эгеңе дуба кыл! Бизге жерден өнгөн жашылчалардан бадыраң, сарымсак, буурчак, пияз чыгарсын». Ал айтты: «Жакшыны начарга алмаштырасыңарбы? Мисирге[17] түшкүлө! Эмне сураган болсоңор анда бар. Аларга Алланын каары менен кордук да, жардылык да, жабыр да жетти. Алар Алланын аяттарына ишенишпей, пайгамбарларды акыйкатсыз өлтүрө беришкенинен ушундай болду. Алар күнөөкөр болуп, чектен чыгып кетишкени үчүн ушундай болду.

62. Ыймандуу пенделер да, жөөттөр да, христиандар да, сабийлер[18] да, ким Аллага жана акырет күнгө ишенсе, жакшы иш жасаган болсо, алар үчүн Эгесинин энчиси бар. Аларга коркунуч да жок. Аларга кайгы да болбойт.

63. ...Бир убакта Биз силердин антыңарды алдык. Үстүңөрдө тоону да көтөрүп турдук. Биз силерге бергенди бекем кармагыла! Анын ичиндегисин эстеп жүргүлө! Балким, коркоорсуңар!

64. Ошондон кийин да жүз үйрүп кеттиңер. Эгер Алланын ырайымы менен артыкча жакшылыгы болбосо кусур ургандардан болот элеңер.

65. Силерден ишембини бузгандарды билдиңер. Биз аларга айттык: «Жек көрүндү маймыл болуп калгыла!»

66. Биз муну алардын алдындагыларга да, аркасындагы (муундарга) да үлгү кылдык. Такыба пенделерге да насаат болсун.

91. Аларга «Алла түшүргөнгө ишенгиле!» – деп айтылса: «Бизге түшүрүлгөнгө ишенебиз», – деп айтып жатышат. Алардагыны тастыктап, анын аркасынан келген акыйкатка ишенбей жатышат. Айт: «Ыймандуу пенделерден болсоңор, анда эмне үчүн Алланын пайгамбарларын мурда өлтүрө бердиңер эле?

92. Муса силерге ачык далилдер менен келген болчу. Андан кийин деле музоого сыйынып кеттиңер. Силер – залимсиңер!»

93. ...Бир убакта биз силердин антыңарды алдык. Үстүңөрдө тоону да көтөрүп турдук: «Биз силерге бергенди бекем кармагыла да, укку!а! «Уктук, баш ийбедик» деп айтышкан. Аларга капырлыктарынан улам жүрөктөрүнө музоонун ышкысы сиңди. Айт: «Ыймандуу болсоңор деле ыйманыңар силерди жамандыкка буйруйт экен».

94. Айт: «Эгер чын айтып жаткан болсоңор, эгер акырет жайы Алланын калыстыгы менен силерден башкалар үчүн эмес болсо, анда өлүм тилегиле!».

95. Алар өз колдору менен кылган (иштеринен улам) эч качан муну тилешпейт! Алла залимдерди билет.

96. Сен алардан жашоого тойбогон адамдардын (ышкысын) табасың. Алардын ар бири миң жыл өмүр сүргүсү келет! Узак жашаган өмүрү деле азаптан куткара албайт. Эмне кылып жаткандарын Көрүүчү Алла – Өзү.

97. Айт: «Ким Жибриилге (Жабраилге) душман болсо... Алланын уруксаты менен ал аны (Куранды) өзүнөн алдыңкыны тастыктап, ыймандуу пенделерге Туура жол, сүйүнүчтүү кабар бериш үчүн сенин жүрөгүңө түшүрдү.

98. Ким Аллага, Анын периштелерине, Анын пайгамбарларына, Жибриилге (Жабраилге), Микаалга (Микаилге)[19] душман болсо, анда Алла да (душман болгон мындай) капырларга душман».

99. Биз сага далилдүү аяттарды түшүрдүк. Ага ыпылас пенделер эле ишенбейт.

100. Ар дайым келишим түзгөндөн кийин алардын бир бөлүгү келишимди таштап салабы? Ырас! Алардын көпчүлүгү эле ишенбейт.

101. Алладан алардагыны тастык кылуучу бир элчи-пайгамбар келгенде Жазуу берилгендерден бир бөлүгү Алланын Жазуусун билишпегендей аркасына таштап салды.

102. Алар Сулаймандын бийлигинде шайтандардын окуусун ээрчип кетишкен. Сулайман капыр болгон жок, шайтандар капыр болушту. (Антикени) алар калайыкка сыйкырчылыкты үйрөтүшөт эле. Ал (сыйкырчылык окуу) Баабилдеги[20] эки периштеге түшүрүлгөн болчу. Ал экөөсү эч бирөөнү «биздики азгырык, капыр болбо!» деп айтпай туруп үйрөткөн эмес. Ал экөөсүнөн эрди-катынды ажыратышты үйрөнүшөр эле. Бирок, Алланын уруксаты болбой бирөөгө да аны менен зыян кыла алышкан жок.

Өздөрүнө зыяндан башка пайдасы жок нерсени үйрөнүшкөн. Ким муну кылса акыретте ал үчүн эч бир энчи жок экенин да билишти. Эгер билгиси келсе, өздөрүнө жамандыкты сатып алышты!

103. Эгер алар ишенишкен болсо, коркушкан болсо, эгер билген болсо, Алланын аларга жакшы акысы да бар болчу!

104. Эй, ыймандуу пенделер! «Уккула! Бизге кара («Роийна»)[21] дебегиле! Бизге назар кыл дегиле!» Капырлар үчүн оор азап бар.

105. Мүшүрүктөр менен Жазуу ээлеринен капыр болуп кеткендерге силер үчүн жакшылыктын түшүрүлгөнү жакпайт. Алла ырайымын кимге кааласа багыштайт. Алла – мээрими чексиз Кудай!

106. Биз бир аятты жокко чыгарсак, же аны унуттурсак, (анда анын ордуна) жакшысын, же ага окшош бирин келтиребиз. Бардык нерсеге Кудуретүү Алла Өзү экенин билбединби?

107. Асмандар менен Жердин бийлиги Алланыкы экенин билбединби? Алладан башка силерге Жардам берүүчү да, Жакын да жок.

108. Илгери Мусага суроо берилгендей силер да элчи-пайгамбарыңарга суроо беришти каалап жатасыңарбы? Ким ыйманды капырлыкка алмаштырса, анда түз жолдон адашат.

109. Жазуу ээлеринин көпчүлүгү силерди ыйманга киргениңерден кийин да (кайра) капырлыкка кайтарышты эңсешти. Аларга акыйкат баян болгондон кийин деле ичтери күйүп... Кечире тургула. Алланын жардамы келгенге чейин (алардан) жүз үйрүгүлө! Бардык нерсеге Кудуретүү Алла Өзү!

110. Намазды аткаргыла, зекетти бергиле! Өзүңөр үчүн (акыретке) өткөргөн жакшылыгыңарды Алланын алдынан табасыңар. Кылып жатканыңарды Көрүүчү Алла – Өзү.

111. Алар айтып жатышат: «Ким жөөт болбосо, христиан болбосо, Бейишке кире албайт». Бул – алардын ою. Айт: «Эгер чын айтып жаткан болсоңор, анда далилиңерди келтиргиле!».

112. Ырас! Ким Аллага жүзүн буруп моюн сунса, ал – жакшы пенде, анын акысы – Эгесинде. Аларга коркунуч жок, аларга кайгы да болбойт.

113. Жөөттөр «христиандар эч нерсеге ээ эмес!» – деп жатышат. Христиандар да «жөөттөр эч нерсеге ээ эмес!» – деп жатышат. Алар Жазууну окуп жатышат. Ушундай эле (Жазууну) билбегендер да алардын айткан мисалын айтып жатышат. Кыямат күнү Алла алардын арасында болгон талаш-тартыштын өкүмүн чыгарат.

114. Алланын мечиттерин бузушка аракет кылса, Анын аты анда зикир кылынышына каршы турса, мындан артык залим болгон ким бар? Алар ага коркуп кириши керек болчу. Алар үчүн дүнүйөдө шермендечилик, акыретте да аларга улук азап бар.

115. Күн чыгыш да, күн батыш да Алланыкы. Кайда бурулсаңар да Алланын жүзү бар. Алла – Парбардигер[22], Билүүчү Кудай.

116. «Алланын баласы бар» деп жатышат. Субхана! Ырас! Жети кат Асман менен Жердегилер Аныкы! (Андагылардын) ар бири Ага баш ийет.

117. Ал – (жети кат) асман менен жердин Жаратуучусу. Ал бир ишти кылгысы келсе «Бол!» дейт, болот.

118. Билими жоктор: «Алла биз менен сүйлөшкөн да жок, бизге аят да келтирген жок» – деп жатышат. Мурдагылар да алардын сөзүнө окшош (сөздү) айтышкан. Алардын жүрөктөрү да окшошту. Бекем ишенген калайыкка аяттарыбызды баян кылдык.

119. Биздин сени кабарчы (пайгамбар), эскертүүчү (пайгамбар) кылып жибергенибиз ак! Сен Тозок тургундары үчүн сурак бербейсиң.

120. Жөөттөр да, христиандар да, алардын динине кирбесең сенден ыраазы болбойт. Айт: «Алланын Туура жолу – Туура жол!» Сага илим келгенден кийин сен алардын азгырыгына ээрчип кетсең, анда сага Алладан жардам да, жакындык да жок.

121. Жазууну бергендеribиздин аны окуп жатышканы ак. Алар ага ишенишет. Ким ага ишенбесе, анда алар – кусур ургандар.

122. Эй, Исраил урпактары! Менин силерге берген бак-таалайымды эстегиле! Мен силерге ааламдагылардан артыкчылык бердим.

123. Бирөө бирөөдөн бир нерсени ала албаган күндөн коркkула! (Ал күнү) Бирөөдөн бирөөгө адилдик да алынбайт. Бирөөнүн колдоосу да пайда бербейт. Аларга жардам да кылынбайт.

124. ...Бир убакта Ибрахимди Эгеси (эскертилген) сөздөрдөн улам сынады да, аларды акырына чыгарды. «Мен сени калайыкка имам кылам», – деди. Ал айтты: «Менин урпактарымданчы?» Ал айтты: «Залимдер Менин осуятыма татыктуу боло албайт».

125. ...Бир убакта Үйдү (Каабаны) калайык чогула турган тынч жай кылганбыз: «Ибрахимдин турган ордун намазкана кылгыла!»Ибрахим менен Исмаилге осуят кылдык: «Экөөң Менин үйүмдү айланып тооп кылуучулар, акифтер[23], руку-сажда кылуучулар үчүн тазалагыла!»

126. ...Бир убакта Ибрахим айтты: «Эгем! Бу шаарды аман асыра! Анын Аллага жана акырет күнүнө ишенген тургундарына жемиштерден ырыскы бер!» Ал айтты: «Кимиси капыр болуп кетсе, Мен ага (жашоонун) бир аз пайдасын берем. Андан кийин Тозок отунда азабын берем. Кайтар жери жаман!»

127. ...Бир убакта Ибрахим менен Исмаил Үйдүн (Каабанын) пайдубалын көтөрүшүп жатып (айтты): «Эгебиз! Биздин (дубабызды) кабыл кыл! Угуучу да, Билүүчү да Сен Өзүңсүң!

128. Эгебиз! Биз экөөбүздү Өзүңө (моюн сунган) мусулман кыл! Биздин урпактарыбызды да Өзүңдүн мусулман үмөтүңдөн кыл! Бизге жол-жобоңду көрсөт! Биздин тобобузду кабыл кыл! Ырайымдуу да, Тообону кабыл алуучу да Сен – Өзүңсүң!

129. Эгебиз! Аларга Сенин аяттарыңды окуй турган, Жазуу менен Даанышмандыкты таалим бере турган, (агартып) тазалай турган элчи-пайгамбарды өздөрүнөн жибер! Бийик да, Даанышман да Сен Өзүңсүң».

130. Ибрахимдин дининен макоодон башка ким баш тартат? Биз аны (бу) дүйнөдө тандап алганбыз. Ал акыретте да жакшылардын бири.

131. ...Бир убакта Эгеси ага айтты: «Моюн сун!»Ал айтты: «Мен ааламдардын Эгесине моюн сундум!»

132. Муну Ибрахим да, Йакуб да уулдарына осуят кылган: «Эй, уулдарым! Алла силер үчүн бир динди тандады. Эч качан мусулман болбой туруп өлүп кетпегиле!»

133. Же силер Йакубга ажал келгенде күбө болуп турдуңарбы? Ошондо ал балдарына айтты: «Менден кийин кимге кулдук кыласыңар?» Алар айтышты: «Сенин Кудайыңа – сенин аталарың Ибрахимдин, Исмаилдин, Исхактын Кудайына – бир гана Кудайга кулдук кылабыз! Биз Ага моюн сунабыз!»

134. Бул эчак өтүп кеткен бир үмөт. Алардын кылганы – өзүнө, силердин кылганыңар – өзүңөргө. Алардын кылгандарына сурак бербейсиңер.

135. Алар айтып жатышат: «Жөөт, же христиан болгула, Туура жол табасыңар!» Айт: «Жок! Ибрахимдин дини туура! Ал мүшүрүктөрдөн болгон эмес».

136. Айткыла: «Аллага да, бизге түшүрүлгөнгө да, Ибрахимге да, Исмаилге да, Исхакка да, Йакубка да, неберелерине түшүрүлгөнгө да, Муса менен Исага берилгенге да, Эгесинен пайгамбарларга берилгенге да ишендик. Алардан бирин да бөлүп салбайбыз. Биз Ага баш ийебиз».

137. Эгер силер ишенгендерге силердей ишенишсе, анда (алар да) Туура жол табышат. Эгер баш тартышса, анда алар бөлүндү. Сени алардан (куткарышка) Алланын Өзү жетет. Угуучу да, Билүүчү да Алла Өзү!

138. Алланын дини! Алладан берилген динде ким жакшы?! Биз Ага кулдук кылабыз.

139. Айт: «Алла туурасында биз менен талашасыңарбы? Ал биздин да Эгебиз, силердин да Эгеңер. Силердин кылганыңар – өзүңөргө, биздин кылганыбыз – өзүбүзгө. Биз Ага калыспыз».

140. Же Ибрахим да, Исмаил да, Исхак да, Йакуб да, неберелери да жөөт, же христиан болгон дейсиңерби? Айт: «Силер билесиңерби, же Аллабы? Алладан өзүнүн алдындагы күбөлүктү жашыргандан да залим ким бар? Алла кылып жатканыңардан кабарсыз эмес.

141. Бул эчак өтүп кеткен бир үмөт. Алардын кылганы өзүнө, силердин кылганыңар өзүңөргө. Алардын кылгандарына сурак бербейсиңер».

142. Калайыктан келесоолору айтып жатышат: «Мурдагы кыбыласынан аларды башка тарапка андан эмне бурду?» Айт: «Күн чыгыш да, күн батыш да Алланыкы. Ал кимди кааласа Туура жол менен Туруктуу жолго салат».

143. Ошентип, силерди калайыкка күбө болушуңар үчүн, а элчи-пайгамбарды силерге күбө болуш үчүн ортодогу бир үмөт кылдык. Биз сенин кыбылаңды аркасына кайтып кеткендерден кимиси элчи-пайгамбарга ээрчишин билишибиз үчүн кылдык. Алла Туура жолго салгандардан башкаларга бул абдан оор болду. Алла ыйманыңарды жок кылгысы келген жок. Калайык үчүн Боорукер да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

144. Биз кээде сенин асманга жүз буруп жатканыңды көрүп жатабыз. Биз (эми) сени ыраазы боло турган кыбылага бурабыз. Жүзүңдү Харам Мечити тарапка бур! Кайда болсоңор да жүзүңөрдү ал тарапка бургула! Жазуу берилгендер анын акыйкат экенин Эгесинен деп билишет. Алардын кылгандарынан Алла кабарсыз эмес.

145. Жазуу берилгендерге ар кандай аят келтирсең деле сенин кыбылаңа ээрчибейт. Сен дагы алардын кыбыласына ээрчибейсиң. Бириңердин кыбылаңарга бириңер ээрчибейсиңер. Сага илим келгенден кийин алардын азгырыгына ээрчип кетсең, андай кылсаң залимдерден болосуң.

146. Бизден Жазуу берилгендер аны өздөрүнүн балдарын билишкендей билишчү. Алардан бир бөлүгү акыйкатты жашырып жатышат. Алар (муну) билишет.

147. Акыйкат Эгеңден келди. Эч качан күмөн кылгандардан болбо!

148. Ар бирөөнүн багыты бар. Ал ага бурулат. Жакшылыкка жарышкыла! Кайда болсоңор да силерди (бир күнү) Алла жыйнап келет. Бардык нерсеге Кудуретүү Алла Өзү.

149. Кайдан чыксаң да жүзүңдү Харам Мечити тарапка бур! Ал Эгеңден (келген) акыйкат. Силердин кылган ишиңерден Алла кабарсыз эмес.

150. Кайдан чыксаң да жүзүңдү Харам Мечити тарапка бур! Калайыктын арасындагы залимдерден башкалардын силерге каршы далили болбошу үчүн кайда болсоңор да жүзүңөрдү ал тарапка бургула! Силерге бак-таалайымды толук беришим үчүн алардан коркпогула, Менден коркгула! Балким, Туура жол табаарсыңар.

151. Силердин ичиңерден силерге элчи-пайгамбар жибердик. Ал Биздин аяттарыбызды окуп берип силерди тазалап (агартып) жатат. Силерге Жазуу менен Даанышмандыкты үйрөтүп жатат. Билбегениңерди билдирип үйрөтүп жатат.

152. Мени эстеп зикир кылгыла, Мен да силерди эстейин. Мага шүгүр кылгыла, мага (ишенбей) каапыр болбогула!

153. Эй, ыймандуу пенделер! Сабыр кылып намаз менен жардам сурагыла! Алла сабыр кылгандар менен бирге!

154. Ким Алла жолунда өлтүрүлгөн болсо «өлгөн!» дебегиле! Жок, (алар) тирүү! Силер (аны) сезбейсиңер.

155. Биз силерди коркунуч, ачарчылык, жетишпеген байлык, өзүңөр аркылуу, жер-жемиштер (сыяктуу) нерселер менен сынайбыз. Сабыр кылгандарга (муну) кабар бер!

156. Аларга түйшүк түшсө «Биз Алланыкыбыз, биз Ага кайрылып барабыз!» дешет.

157. Буларга Алланын салаваты[24] менен ырайымы бар. Булар – Туура жол тапкандар.

158. Сафа менен Марва – Алланын (койгон) белгилеринин бири. Ким Үйгө (Каабага) ажы, же умра кылыш үчүн барганда экөөсүн тең айланса деле күнөө эмес. Ким ыктыярдуу кылса, (бул деле) жакшы. Шүгүрдү кабыл алуучу да, Билүүчү да Алла Өзү!

159. Биз Жазууда түшүргөн далилдер менен Туура жолду калайыкка баян кылганыбыздан кийин да аны жашыргандар бар. Аларды Алла да, каргыш кылуучулар да каргайт.

160. Алардан башка тобо кылгандар, (өздөрүн) түзөтүп жаткандар жана баян кылгандар бар. Булардын тобосун кабыл кылам. Тобону кабыл кылуучу да, Ырайымдуу да Менмин!

161. Капыр өлгөндөр – капыр. Аларга Алланын да, периштелердин да, жалпы калайыктын да каргышы бар.

162. (Алар) түбөлүк каргышта калышат. Алардын азабы да жеңилдебейт. Аларга мөөнөт да берилбейт.

163. Силердин кудайыңар бир гана Кудай. Андан башка Мээримдүү да, Ырайымдуу да Кудай жок.

164. Акылдуу калайык үчүн асман-жердин жаралышында, күн-түндүн алмашышында, калайыкка пайда жеткирген кеменин деңизде сүзүшүндө, (куураган) өлүк жерге кийин да Алланын асмандан сууну түшүрүп аны жандандырышында, анда ар кандай жан-жаныбарларды таратышында, шамалдардын алмашышында, асман – жердин ортосунда (Ага) баш ийген булутта аяттар бар.

165. Калайыктан Аллага (буркандарды) теңдештирип алгандар бар. Аларды Алланы сүйгөндөй сүйүшөт. Ыймандуу пенделердин Аллага сүйүүсү (алардыкынан да) бекем. Эгер залимдер (кыяматтын) учурундагы азапты көрүшкөн болсо, бүткүл күч-кубат Аллада экенин көрүшмөк! Алла азабы катуу – Кудай!

166. Ээрчигендер ээрчиткендерден айрылган кезде азапты көрүшөт. Алар менен байланышы үзүлөт.

167. (Ошондо) ээрчигендер айтышат: «Эгер бизге (кайра жашоого) кайтыш мүмкүн болсо, анда биз да алардан бизди таштап айрылгандай айрылат элек!» Алла аларга жасаган өкүнүчтүү иштерин ушундай кылып көрсөтөт. Алар Тозок отунан чыга алышпайт.

168. Эй, калайык! Жер бетиндеги адал, таза (ырыскылардан) жегиле! Шайтандын жолдоруна ээрчибегиле! Ал силердин ачык душманыңар.

169. Ал силерди жамандыкка, ыпыластыкка, Аллага билбей туруп (жалган) айтышка буйруйт.

170. Аларга «Алла түшүргөнгө ээрчигиле» деп айтылса: «Жок, биз аталарыбызды кайсы жолдо тапкан болсок, ошого ээрчийбиз», – деп айтышат. А эгер аталары эч нерсеге акылы жетпеген, Туура жолду таппаган болсочу?

171. Капырлардын мисалы, чакырганда добуш менен кыйкырыктан башка эч нерсени (аңдап) укпаган бирөөгө окшойт: дүлөй, дудук, көр (сыяктуу) акыл жүгүртүшпөйт.

172. Эй, ыймандуу пенделер! Биз силерге берген таза ырыскылардан жегиле! Эгер бир гана Анын Өзүнө кулдук кылып жатсаңар, анда Аллага шүгүр кылгыла!

173. Силерге өлүмтүктү, канды, чочконун этин жана Алланын (жолунан башкага) багышталгандарды – арам кылды.

Ким залимдик кылбай, чектен ашпай, а бирок (жан аргасы үчүн жегенге) аргасыз болсо, (мындай учурда) ага күнөө эмес. Кечирүүчү да, Ырайымдуу да Алла Өзү.

174. Алланын Жазуудан түшүргөндөрүн жашырышып, аны арзыбаган баага сатышкандар бар. Булардын курсактарына жегени от болот. Кыямат күнү Алла аларга сүйлөбөйт, (күнөөсүнөн да) тазалабайт. Алар үчүн оор азап бар.

175. Булар адашкан жолду Туура жолго айырбаштап алышты. Кечиримди да азапка (айырбаштап алышты). Тозок отуна кантип чыдашаар экен?!

176. Мунун себеби, Алла Жазууну акыйкат кылып түшүргөн болчу. Алар Жазуу туурасында талаш-тартышка түшүштү да, (акыйкаттан) алыстап ыдырашты.

177. Жүзүңөрдү күн чыгыш менен күн батышка бурганыңар эле жакшылык (болуп саналбайт). Ким (болбосун), Аллага, акырет күнгө, периштелерге, Жазууга, пайгамбарларга ишенгендер, жакшы көргөнүнө карабай мал-мүлкүнөн жакын туугандарына, жетимдерге, жардыларга, жолоочуларга, (карыз) сурагандарга, азаттык издегендерге (жардам) бергендер жана намазды такай аткаргандар, зекетти бергендер, убада кылган келишимдерин аткаргандар, оор түйшүк менен кырсык келген учурда сабыр кылгандар – жакшылык жасагандарга (кирет). Булар – туура жүргөндөр, булар – такыба пенделер.

178. Эй, ыймандуу пенделер! Силер үчүн (кимдир бирөө тарабынан) өлтүрүлгөндө кысас (өч) алуу жазылды: азатка – азат, кулга – кул, аялга – аял. Кимге (өлтүрүлгөндүн өч алуучу) тууганынан кечирим берилсе, (өлтүрүүчү да) жакшылык менен (кунун) төлөшү керек. Силерге бул Эгеңердин жакшылыгы менен ырайымы; ким ушундан кийин да чектен ашса, анда ага оор азап бар.

179. Силер үчүн кысаста өмүр (коркунучу) бар. Эй, акыл ээлери! Балким, силер коркоорсуңар.

180. Силерге жазылды: силерге өлүм (сааты) жакындап келген болсо, ал (дүнүйө мүлкүн) жакшылык (ниети менен) таштагысы келсе, анда ата-энесине, жакын туугандарына осуят (кылсын). Бул – такыбалар үчүн ак милдет.

181. Ким (осуятты) уккандан кийин бурмаласа, анда анын күнөөсү бурмалагандарга болот. Угуучу да, Билүүчү да Алла Өзү!

182. Ким осуят кылуучунун катасынан, же күнөөсүнөн коркуп алардын (осуят кылуучу менен мураскордун) арасындагы (сөздү) оңдоп койсо, анда ага күнөө эмес. Кечирүүчү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

183. Эй, ыймандуу пенделер! Силерден мурдагыларга жазылганга окшош силерге да орозо жазылды. Балким, силер коркоорсуңар.

184. (Орозо толук) эсептелген күндөрдөн (турат). Силерден ким (орозодо) ооруп калса, же сапарда болсо, анда эсебин башка күндөрү (орозо кармап толтурсун). Чамасы жеткендер бир жардыга пидия[25] (төлөм) берсин. Ким ыктыярдуу (орозо кармаса) жакшы. Бул анын өзүнө жакшы. Эгер билгиңер келсе, орозо кармаганыңар өзүңөргө жакшы.

185. Рамазан айында Туура жолду – Туура жолдун далилдери менен ажырымдарын (көрсөткөн) Куран түштү. Ким силерден бул айга күбө болсо, орозо кармасын. Ким ооруп калса, же сапарда болсо, анда башка айда эсебин (толтуруп кармасын). Алла силерге жеңилдикти каалайт. Кыйынчылыкты силерге каалабайт. (Орозонун) эсебин толук жеткиргиле! Силерди Туура жолго салган Алланын Улуктугун (эстеп) зикир кылгыла. Балким, шүгүр кылаарсыңар.

186. Менин кулдарым Мен тууралуу сага суроо беришсе (айт): «Мен (аларга) Жакынмын. Мага дуба кылса, дуба кылуучуга жооп кайтарам. (Алар да) Мага жооп кайтарышсын, мага ишенишсин. Балким, Туура жолдо кетишээр».

187. Силерге орозонун түнүндө аялдарыңарга жакындык кылыш адал болду. Алар – силердин кийимиңер, силер дагы алардын кийимисиңер. Силердин өзүңөргө кылган кыянатчылыгыңарды Алла билди. Андан кийин тобоңорду кабыл кылды да, күнөөңөрдү кечти. Эми алар менен жакындык кыла бергиле. Каалооңорду Алланын жазганына ылайык жасагыла. Кара жиптен ак жиптин айырмасы ачык байкалып таң жарганга чейин иче бергиле, жей бергиле. Андан кийин орозону кечке чейин кармагыла. Этикаф[26] үчүн мечиттерде турганыңарда аларга (аялдарыңарга) жакындашпагыла. Алланын (силер үчүн көрсөткөн) чектери ушундай. Бул (чектерди бузушка) жакындабагыла. Алла аяттарын калайыкка ушундай кылып ачык баяндап берип жатат. Балким, алар коркушаар.

188. Бири бириңердин мүлкүңөрдү арамдык менен жебегиле. Өкүмдарлардын да калайыктын мал-мүлкүнөн бир бөлүгүн күнөө кылып жеп кетишине билип туруп (жол) бербегиле.

189. Сенден жаңы туулган айлар жөнүндө сурап жатышат. Айт: «Алар калайык үчүн убакыттарды жана ажыны аныктайт. Үйлөргө арка тарабынан киргениңер жакшылык эмес. А бирок, ким такыба жүрсө, (өзүнө жакшы болот болчу). Үйлөрүңөргө эшигинен киргиле! Алладан корккула! Балким, бак табаарсыңар.

190. Силерге согуш кылгандарга Алла жолунда силер да согушкула! Чектен чыгып кетпегиле! Алла чектен чыккандарды сүйбөйт.

191. Аларды тапкан жериңерде өлтүргүлө. Силерди кууп чыккан жерден аларды кууп чыгаргыла. Козголоң кылыш өлтүргөндөн да жаман. Алар Харам Мечитине чейин силерге согуш кылып кирип келбесе, силер да согуш кылбай тургула. Эгер согуш кылып кирип келсе, анда аларды өлтүргүлө. Капырларга жаза ушундай!

192. Эгер алар (согуш кылып келбей) токтоп калышса... Кечирүүчү да, Ырайымдуу да Алла Өзү.

193. Алар менен козголоң жок болгуча, Алланын дини орногунча согушкула. А эгер алар согуштан баш тартышса, анда (силерге) залимдерден башка душман деле жок.

194. Тыюу салынган айлар[27] – (согушка) тыюу салынган айлар. Тыюу салынган (иштер жасалса, андан) өч алуу да бар. Ким силерге чектен ашып каршы турса, силер да алардай эле аларга каршы тургула. Алладан корккула! Билип жүргүлө! Алла Өзүнөн корккондор менен бирге.

195. Алла жолуна каржы кылгыла! Өзүңөрдү өзүңөр өлүмгө таштабагыла. Жакшылык жасагыла! Алла жакшылык кылгандарды сүйөт.

196. Ажыны да, умраны да Алла үчүн толук аткаргыла. Эгер түйшүккө кабылып (жолдо кармалып) жатсаңар, анда курмандыктан эмне жеңил болсо (жөнөтсөңөр) болот. Курмандык жете турган жерине жетмейинче башыңарды кырдырбагыла. Силерден кимдир бирөө ооруп калса, же башынан жапа чегип жатса (ошондон улам чачын алдырган болсо), анда ал пидия катары орозо кармасын, же садака берсин, же курмандык кылсын. Аманчылык таап (түйшүктөн кутулганыңарда) ажыга чейин умраны кылган болсоңор, анда курмандыктан жеңилин кылсаңар болот. Ким курман чалганга жарай албаса, анда үч күн ажыда, жети күн кайтып келгенде орозо кармасын. Ушуну менен он күн толук болот. Үй-бүлөсү Харам Мечитинде (Меккеде) жашабагандар буга милдеттүү. Алладан корккула! Билип жүргүлө! Алла жазасы катуу – Кудай!

197. Ажынын белгиленген айлары бар. Кимге анда парз болгон болсо, ажы кылып жаткан учурда ал (аялына) жакындык кылбасын, күнөө (иштерди) кылбасын, (бирөө менен) талаш-тартыш кылбасын. Жакшылык жасап жатканыңарды Алла билип турат. Азыгыңарды (жолго) камдап алгыла. Такыбалык – азыктын жакшысы. Эй, акыл ээлери, Менден корккула!

198. Силерге Эгеңердин ырайымын издеп жатканыңар үчүн (ажыда) күнөө жок. Арафаттан түшүп Машар ал-Харамга (Каабага) келгенде Алланы зикир менен эстегиле! Анын силерди буга чейин адашып жүргөн болсоңор да ошого карабай Туура жолго салганын эстегиле!

199. Андан кийин калайык түшкөн жактан түшкүлө да Алладан кечирим тилегиле! Кечирүүчү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

200. Ажынын милдеттерин аткарып бүткөнүңөрдө аталарыңарды эстегендей, же андан да катуу Алланы эстеп зикир кылгыла. Калайыктан ким «Эгебиз! Бизге бу дүйнөдө жакшылык бер» деген болсо, ага акыреттин энчиси жок.

201. Алардан «Эгебиз! Бизге бу дүйнөдө жакшылык бер, акыретте да жакшылык бер. Тозок отунун азабынан сакта!» дегендери бар.

202. Аларга кылган иштеринин акыбети бар. Алла – тез эсептөөчү Кудай.

203. «Саналуу күндөрдө»[28] Алланы эстеп зикир кылгыла! Ким эки күндө шашып бүтүрсө, ал үчүн күнөө эмес. А ким эки күн кечиктирип бүтүрсө, ага да күнөө эмес. Ким корккон болсо... Алладан корккула! Билип жүргүлө! Силер Алланын сурагына жыйналасыңар.

204. Калайыктын ичинен сени дүнүйө сөзү менен таң калтырганы да бар. Ал көңүлүндөгүсүнө деле Алланы күбөгө тарта берет. Ал – каражаак.

205. (Сенден) бурулуп чыгып кеткенден кийин жер бетинде бузукулук кылышка аракет кылып, эгинди да, малды да кыйрата берет. Алла бузукуларды сүйбөйт.

206. Ага «Алладан корк!» – деп айтылса, анда аны күнөөгө тарткан текеберлиги кармайт. Анын жазасы – Тозок! Ал кандай жаман турак жай!

207. Калайыктын ичинде Алланын ыраазычылыгын эңсеп жанын садага чапкандар бар. Алла пенделери үчүн Боорукер Кудай.

208. Эй, ыймандуу пенделер! Исламга толук киргиле! Шайтандын жолдоруна ээрчибегиле! Ал силердин ачык душманыңар.

209. Эгер силерге ачык далилдер келгенден кийин да жолдон тайсаңар... Билип койгула! Бийик да, Даанышман да Алла Өзү.

210. Алар үчүн Алла менен периштелер булуттун көлөкөсүндө келишип, (ошондо) иш бүтөт деп карап отурушабы? Иштер Аллага кайтарылат.

211. Исраил урпактарынан сура! Биз аларга ачык далилдүү аяттардан канчаны бердик экен? Кимге Алланын бак-таалайы келгенден кийин да аны (танып) бурмаласа... Алла – жазасы катуу Кудай!

212. Капырлар үчүн дүнүйөлүк жашоонун көркү ажайып кооз көрүндү. Алар ыймандуу пенделерди маскара кылышат. А кыямат күнү такыба пенделер алардан бийикте турушат. Алла кимге кааласа эсепсиз ырыскы берет.

213. Калайык бир эле – үмөт болчу. Аларга Алла куш кабар жеткирүүчү жана эскертүүчү пайгамбарларды жиберди. Калайыктын ортосун-

да көтөрүлгөн талаш-тартыштардын акыйкат өкүмдөрүн чыгарыш үчүн Жазууну да түшүрдү. Аларга далилдер келгенден кийин да өз ара касташуудан улам ыдырап кетишкен болчу. Анын уруксаты менен акыйкатты талаш-тартыш кылышканда ыймандуу пенделерди Алла Өзү Туура жолго салган болчу. Алла кимди кааласа Туура жолдон Туруктуу жолго салат.

214. Силерден мурдагылардын башынан өткөн (сыноолордун) мисалы келбей туруп эле Бейишке кирип кетебиз деп эсептейсиңерби? Алар кырсыкка да, каатчылыкка да, жер титирөөгө да кабылышкан. Ошондо элчи-пайгамбар да, аны менен бирге жүргөн ыймандуу пенделер да «Алланын жардамы качан (келет)?» – дегенге чейин жетишкен. Ооба де! Алланын жардамы жакын!

215. Алар сенден кандай каржы кылышты сурап жатышат. Айт: «Ата-энелерге, жакын туугандарга, жетимдерге, жардыларга, жолоочуларга кайыр кылып каржы берсеңер болот. Эмнени кайыр кылган болсоңор, аны Билүүчү Алла Өзү».

216. Силерге жакпаса да, силер үчүн согуш жазылды. Силерге жакпаган нерсе силер үчүн жакшы болушу да мүмкүн. Силерге жаккан нерсе силер үчүн жаман болушу да мүмкүн. (Муну) Алла билет, силер билбейсиңер.

217. Алар сенден тыюу салынган айдагы согуш туурасында сурашып жатат. Айт: «Анын учурунда согушкан чоң күнөө. А бирок, Алланын жолунан тосуу, Ага капыр болуу, Харам Мечитинен тосуу, анын тургундарын андан кууп чыгуу, Алланын алдында абдан чоң күнөө. Козголоң чыгаруу өлтүргөндөн да чоң күнөө. Алар силерди диниңерден кайтармайынча силер менен алы жетишинче согуша беришет. Ким силерден дининен кайтса, ошол бойдон өлсө, анда ал – капыр. Мындайлардын (соопчулук) иштери дүнүйөдө да, акыретте да текке кетти. Булар Тозок отунун тургундары. Алар анда түбөлүк калышат».

218. Ыйман келтирген пенделер, Алла жолунда көчүп баргандар, күрөш кылгандар бар. Булар Алланын ырайымын үмүт кылышат. Кечирүүчү да, Ырайымдуу да Алланын Өзү.

219. Алар сенден арак жана кумар тууралуу сурап жатышат. Айт: «Экөөсүндө тең чоң күнөө бар. Бир азыраак пайдасы да бар. Экөөсүнүн пайдасынан күнөөсү абдан эле чоң». Сенден эмнени каржы кылышты сурап жатышат. Айт: «Ашыкчасын». Алла силерге аяттарды ушундай кылып баяндап жатат. Балким, пикир кыларсыңар.

220. Дүнүйө жана акырет туурасында, жетимдер туурасында да сенден сурап жатышат. Айт: «Аларга (жардам берип) түзөтүп турганыңар жакшы. А эгер аралашып калсаңар (багып алсаңар), анда алар – туугандыйнайт болчу. Улук да, Даанышман да Алла Өзү.

221. Мүшүрүк аялдарга ыйманга кирмейинче нике кыйып албагыла. Мүшүрүк аял силерге жаккан болсо да, андан ыймандуу күң жак-

шы. Ыйманга кирмейинче мүшүрүк эркектердин никесине кирбегиле. Мүшүрүк эркек силерге жаккан болсо да, андан ыймандуу кул жакшы. Алар (мүшүрүктөр) Тозок отуна чакырат. Алла Өзү ыраа көргөнүн кечирим тилегенге, Бейишке чакырат. Ал аяттарын калайыкка түшүндүрүп берип жатат. Балким, алар эстеп жүрүшөөр.

222. Алар сенден айыз тууралуу сурашып жатат. Айт: «Ал – жабыр. Айыз учурунда аялдарыңардан оолак болгула да, таза болушканга чейин аларга жакындашпагыла. Таза болушканда аларга Алла буйруган жагынан кире бергиле. Алла тобо кылуучуларды сүйөт, тазалануучуларды да сүйөт».

223. Аялдарыңар – силердин шүдүгөрүңөр. Шүдүгөрүңөргө качан кааласаңар бара бергиле. Өзүңөргө алдын ала кам көргүлө. Алладан корккула! Билип жүргүлө! Силер Ага жолугасыңар. Ыймандуу пенделерге сүйүнчүлө!

224. Өзүңөрдүн жакшылыгыңарды, такыбалыгыңарды, калайыкты ынтымакка келтиргениңерди айтып, буга ант ичип Алланы бетиңерге кармабагыла. Угуучу да, Билүүчү да Алла Өзү.

225. Алла антыңардагы куру сөзүңөр үчүн жазага тартпайт. Ал жүрөгүңөр менен жасаганыңарды жазага тартат. Күйөрман да, Кечиримдүү да Алла Өзү.

226. Аялдарына (жакындык кылуудан ант ичип) баш тарткан эркектер төрт ай күтүшү керек. А эгер (төрт айдын ичинде) кайтышса... Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

227. Эгер алар талак беришти ниет кылышса... (төрт ай өтүп кетсе ажырашышат). Угуучу да, Билүүчү да Алла Өзү!

228. Талак берилген аялдар өздөрүнүн үч айыз мөөнөтү өтүшүн күтүшөт. Ал аялдар Аллага, акырет күнүнө ишенишсе, (бу мезгилдин ичинде) Алланын алардын жатынында жаратканын жашырып коюшу адал болбойт. Эгер алардын эрлери бу (мөөнөттүн ичинде кайра) жарашууну каалашса, анда алардан талакты кайтарып алышка укугу бар. Эркектердикине окшош аялдардын да белгиленген укугу бар. Эркектердики алардан бир даража артык. Улук да, Даанышман да Алла Өзү!

229. Талак – эки мертебе (сөз менен айтылат); андан кийин (эркек аялды) белгиленген чекке чейин кармап турушу керек, же жакшылык менен ажырашып узатышы керек. Алланын белгилеген чектери эки тараптан (аял менен эркектен) тең бузулуш коркунучу жок болсо, анда силер үчүн аялдарга берген (калыңдан) бир нерсени алып калуу адал болбойт. А эгер Алланын (белгилеген) чектери эки тараптан тең бузулушунан коркуп жаткан болсоңор, анда (башын ажыратып алыш үчүн) аялдын эркекке берген төлөмүндө күнөө жок. Алланын (белгилеген) чекте-

ри ушулар. Мындан аша чаппагыла! Ким Алланын (белгилеген) чектерин бузса, алар – залимдер.

230. Эгер эркек (аялга үчүнчү ирет) талак берген болсо, анда аял башка эркектин никесине кирмейинче (жана ал ага талак бермейинче) кайра ага (мурунку талак берген эрине) адал болбойт. А эгер аялга (кийинки эркек) талак берген болсо, (мындай учурда) Алланын (белгилеген) чектерин сакташын ойлоп экөөсүнүн кайра (никеге) турушу күнөө эмес. Алланын (белгилеген) чектери ушулар. Ал муну билгиси келген калайыкка түшүндүрүп берип жатат.

231. Аялдарга талак берген болсоңор, алардын мөөнөтү жеткен болсо, аларды белгиленген (чек) боюнча ажырашып узаткыла. Чектен чыгып аларга зыян жеткирген абалда кармап турбагыла! Ким мындай кылса, анда ал өзүнө толук зулумдук кылат. Алланын аяттарын тамаша көрбөгүлө! Алланын силерге берген бак-таалайын, Анын Жазуудан да, Даанышмандыктан да силер үчүн түшүргөнүн, аларды силерге насаат кылып жатканын эстеп жүргүлө! Алладан корккула! Билип жүргүлө! Алла бардык нерсени Билүүчү Кудай.

232. Аялдарга талак берген болсоңор, алардын мөөнөтү жеткен болсо, алардын (жуучу) эркектерге өз ара белгиленген (чек) боюнча ыраазычылык менен никелешүүсүнө каршы турбагыла. Силерден ким Аллага жана акырет күнүнө ишенген болсо, анда бул осуят ага багышталды. Ушундай кылганыңар силерге таза да, адал да (болот). Мында силер үчүн туура жана ачык осуят бар. (Силер үчүн жакшы-жаманды) Алла билет, силер билбейсиңер.

233. Балдарын акырына чейин толук эмизүүнү каалаган энелер толук эки жыл эмизишет. Энелердин кийим-кечеси менен тамак-ашы белгиленген чек боюнча баланын атасынын милдети. Ар бирине чамасы жетпеген милдет жүктөлбөйт. Энеси дагы баласы үчүн, атасы дагы баласы үчүн запкы тартпасын. Мураскордун милдети дагы ушундай. Эгер экөө (ата-эне) өз ара кеңешип ыраазычылык менен (баланы) сүттөн чыгарышса, анда экөөнө тең күнөө эмес. А эгер балдарыңарды (бөлөк аялга) эмизишти каалап, белгиленген акысын төлөп тапшырган болсоңор, анда силерге күнөө эмес. Алладан корккула! Билип жүргүлө! Эмне кылып жатканыңарды Көрүүчү Алла Өзү!

234. Силердин ичиңерден өлүп кеткендердин (артында калган) аялдары өз алдынча төрт ай он күн күтүшөт. Алар (бул) мөөнөттү акырына жеткиришсе, андан кийин өздөрү үчүн белгиленген (чек) боюнча жасаган иштеринде силер үчүн күнөө жок. Эмне кылып жатканыңардан Кабардар – Алла Өзү.

235. Силердин (мындай) аялдарга жуучулугуңарды сунуш кылганыңар, же көкүрөгүңөрдө бекитип сактаганыңар күнөө эмес. Алла силердин алар жөнүндө ойлогонуңарды билет. Алар менен жашыруун убадалашпагыла! Белгиленген чектен чыкпай жакшы сүйлөшүңөр керек. Жазууда көрсөтүлгөн мөөнөт бүткөнгө чейин никеге кыюну ойлобогула. Билип жүргүлө! Алла силердин көкүрөгүңөрдөгүнү билет. Ага (күнөөкөр болуштан) сактангыла! Күйөрман да, Кечиримдүү да Алла Өзү!

236. Эгер (силерге никеге кыйылган) аялдарга жакындык кылбай, калың бербей туруп талак берген болсоңор күнөө эмес. Аларга (никени бузганыңар үчүн) белгиленген чекте, бай байлыгына, кембагал алына жараша берип ыраазы кылсын. Жакшылык кылуучулардын ак (милдети ушундай).

237. Эгер аларга калыңды белгилегенден кийин да талак берген болсоңор, анда аларга (белгиленген калыңдын) жарымын (бересиңер). А бирок, (белгиленген калыңдын) жарымын аял да, никеге келишими колунда болгон эркек да (албай) кечип жиберишке ыктыяры бар. Силердин кечип жибергениңер такыбалыкка жакыныраак иш. Өз ара урмат-сый менен (ажырашып кетишти) унутпагыла! Эмне кылып жатканыңарды Көрүүчү Алла Өзү!

238. Намаздарды жана ортоңку намазды[29] сактагыла. Аллага дайым даяр тургула!

239. Эгер (душмандан же жырткычтан) корксоңор... (анда намазды) жөө, же унааны минип бара жатканда деле (окуй бергиле). Тынч болгонуңарда Алланы силердин билбегениңерди үйрөтүп жаткандай зикир кылып эстегиле!

240. Силерден аялдарын (артында жесир) калтырып өлө тургандар аялдарына бир жылга чейин кууп чыгарбагыдай пайдалана турган (кем-каржысын дайындап) осуят кылсын. Алар (жесирлер) белгиленген (чек) боюнча өздөрү жасаган иштеринен улам (бир жылга жетпей) чыгып кетишсе, силер үчүн күнөө эмес. Улук да, Даанышман да Алла Өзү!

241. Талакка ээ болгон аялдарга белгиленген кем-каржы берилиши керек. (Бул) – такыба пенделердин ак милдети.

242. Алла аяттарын ушундай кылып баяндап берип жатат. Балким, акыл жүгүртөөрсүңөр.

243. Өлүм жетип келгендей турак жайларынан чыккандарды көрбөдүңбү? Алар миңдеген болчу. Алла аларга «Өлө бергиле!» – деди. Андан кийин аларды тирилтет. Алланын калайыкка ырайымы бар. Калайыктын көпчүлүгү эле шүгүр кылбайт.

244. Алла жолунда согушкула. Билип жүргүлө! Угуучу да, Билүүчү да Алла Өзү.

245. Ким Аллага жакшылап карыз берсе, Ал ага эселеп көбөйтүп берет. Алла азайта да, көбөйтө да берет. Силер ага кайтарылып барасыңар.

246. Мусадан кийинки Исраил урпактарынын төбөлдөрүн көрбөдүңбү? Бир убакта алар өздөрүнүн пайгамбарына айтышты: «Бизге бир падыша жибер. Биз Алла жолунда согуш кылалы». Ал айтты: «Си-

лерге согуш жазылгандан кийин согушпай койсоңорчу?» Алар айтышты: «Эмне үчүн биз Алла жолунда согушпайбыз? Биз турак жайларыбыздан да, бала-чакабыздан да куулуп чыкпадыкпы?» Аларга согуш жазылганда бир азыраагынан башкалары баш тартышты. Залимдерди Билүүчү Алланын Өзү!

247. Аларга пайгамбары айтты: «Алла силерге Талутту падыша кылып жиберди». Алар айтышты: «Ал бизге кантип бийлик кылат? Анын ашкан-ташкан байлыгы да жок. Бийликке ага карганда биз акылуу болуп жатпайбызбы?» (Пайгамбар) айтты: «Силерге аны Алла тандады. Анын бой келбетин да, билимин да артык кылды. Алла бийлигин кимге кааласа, (ошого) берет». Билүүчү – Парбардигер Алла Өзү!

248. Аларга пайгамбары (дагы) айтты: «Силерге сандыктын келиши анын бийлигинин бир белгиси. Анын ичинде Эгеңерден (берилген) сакина[30] менен бирге Муса менен Харундун үй-бүлөсү сактап калтырган эстелик да бар. Аны периштелер көтөрүп келишет. Эгер ыймандуу пенделер болсоңор, мында силерге бир аят бар!»

249. Аскерлери менен бөлүнүп чыкканда Талут айтты: «Алла силерди дарыяда сынайт. Андан ким ичсе, анда ал мени менен бирге эмес. А ким андан ичпесе, же бир аз колу менен ичсе да, анда ал мени менен бирге». Алардан бир азынан башкасы ичкен жок. Ал андан өзү менен бирге жүргөн ыймандуу пенделер менен өткөн кезде, алар айтышты: «Биз бүгүн Жалут менен анын аскерине туруштук бере албайбыз». Алла менен жолугушууну ойлогондор айтышты: «Алланын уруксаты менен аз аскерден турган топ деле көп аскерден турган топту жеңип кеткен!» Алла сабыр кылгандар менен бирге!

250. Алар Жалут менен анын аскерине бет келишкенде айтышты: «Эгебиз! Бизге сабыр менен (рахматыңды) төк! Кадамыбызды бекем кыл! Бизге капырларга каршы жардам бер!»

251. Алар Алланын уруксаты менен аларды куып качырышты. Дауд Жалутту өлтүрдү. Ага Алла бийлик менен даанышмандыкты берди, каалаганын үйрөттү. Эгер Алла калайыкты бирине бирин кагыштырып турбаса, анда Жер бети бузулуп кетет болчу. Алланын ааламдарга ырайымы бар.

252. Алланын аяттары ушундай. Биздин аларды сага окуп жатканыбыз ак! Сен элчи-пайгамбарлардын бирисиң!

253. Ушундай элчи-пагамбарлар бар! Алардын кээ бирине башка биринен артыкчылык да бердик. Алардан кимдир бирөөсү Алла менен сүйлөштү. Алардан кээ бирөөлөрүнүн даражаларын бийик көтөрдүк. Марйам уулу Исага ачык далилдерди бердик да, ага Ыйык Рухту колдой турган кылдык. Эгер Алла кааласа, алардан (пайгамбарлардан) кийин, далилдер (аяттар) келгенден кийин согушушпайт болчу. Бирок, алар ыдырап бөлүнүштү. (Анткени), алардан ыймандуулары да, капырлары

да бар болчу. А эгер Алла каалаган болсо, анда алар согушушпайт эле. А бирок, Алла каалаганын кылат.

254. Эй, ыймандуу пенделер! Биз силерге берген ырыскылардан (кыямат) күн келгиче каржы кылгыла! (Ал күнү) соода да жок, достук да жок, колдоо да жок. Капырлар – залим пенделер!

255. Алладан башка Кудай жок. Ал – Түбөлүк Бар, түбөлүк Тирүү. Аны уйку да албайт, үргүлөбөйт. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Аныкы. Анын уруксаты болбой ким коргой алат? Ал аларга чейинкини да, алардан кийинкини да билет. Алар Анын билгендеринен аларга каалаганын гана биле алышат. Анын Күрсүсү (жети асман) менен жерди чүмкөп турат[31]. Ал экөөсүн сактагандан Ага эч бир оорчулук жетпейт. Улуу да, Бийик да Ал Өзү!

256. Динде зордук жок. Адашпай турган Туура жол ачык баян болду. Ким бутпарастыкка (буркандарга) ишенбей Аллага ишенсе, анда ал бекем тиректи кармайт. Ал сынбайт. Угуучу да, Билүүчү да Алла Өзү!

257. Алла – ыймандуу пенделердин Досу. Ал аларды караңгылыктардан (жарык) нурга чыгарат. Капырлардын достору – буркандар. Алар (жарык) нурдан аларды караңгылыктарга чыгарат. Алар – Тозок отунун тургундары. Алар анда түбөлүк калышат.

258. Сен Алла бийлик берген бирөөнүн Ибрахим менен анын Эгеси туурасында талаш кылганын көрбөдүңбү? Ошондо Ибрахим (ага) айтты: «Менин Эгем тирилтет, өлтүрөт». Ал айтты: «Мен дагы өлтүрө алам, тирилте алам». Ибрахим айтты: «Алла Күндү күн чыгыштан чыгарат. Сен аны күн батыштан чыгарып бер». Тиги капыр айран болду. Залим калайыкты Алла Туура жолго салбайт.

259. ...Же калаанын жанынан өткөн бирөөгө окшош. Ал тыптыйпыл орду-түбү менен кыйраган болчу. Ал айтты: «Алла буларды өлгөндөн кийин кантип тирилтет болду экен?» Алла анын өзүн жүз жылга өлтүрдү. Андан кийин тирилтти. (Алла) айтты: «Канча жатып калдың?» Ал айтты: «Бир күн, же жарым күн жаттым бейм».

(Алла) айтты: «Жок, сен жүз жыл жатып калдың! Тамак-ашыңды, сууңду карап көрчү. Алар айныбаптыр. Биз сени калайыкка бир аят кылыш үчүн (тирилттик, эми) эшегиңе кара! Биз (эшегиңдин) сөөктөрүн кантип кураштырабыз, андан кийин аларга этти кантип кийгизебиз, карап тур. Ага (мунун баарысы) ачык болгондо, айтты: «Мен Алланын бардык нерсеге Кудурети жетишин билип алдым!»

260. ...Бир убакта Ибрахим айтты: «Эгем! Өлүктү кантип тирилтесиң, мага көрсөтчү? Ал айтты: «Сен ишенбей жүрдүң беле?» Ал айтты: «Жок! Бирок, мен жүрөгүм (тастык кылып) тынч алса дейм». Ал айтты: «Канат-туу куштан төрттү карма да, өзүңө байыр кыл. Ошондон кийин (аларды союп) ар кайсы тоого бөлөк-салак кылып ташта да, андан кийин аларды

өзүңө чакыр. Алар сага (учуп) келишет. Билип жүр! Бийик да, Даанышман да Алла Өзү.

261. Алла жолунда мал-мүлкүн каржы кылгандардын мисалы, ар бир сабагында жүздөн дан алып, жети сабактуу өсүп чыккан дандын уругуна окшойт. Алла каалаганына эселеп көбөйтүп берет. Алла Парбардигер – Билүүчү Кудай!

262. Алла жолунда мал-мүлкүн каржы кылышкандан кийин аркасынан каржы кылгандарына милдет кылып кекетпей, (кейип-кепчип) иренжитпей жүргөн пенделер бар. Аларга (мунун) акыбети Эгесинен берилет. Аларга коркунуч да жок, аларга кайгы да болбойт.

263. Жакшы сөз да, кечиримдүү болуш да аркасынан (кейип-кепчип) иренжиткен садакадан жакшы. Күйөрман да, түгөнбөс байлыктын Эзси да Алла Өзү!

264. Эй, ыймандуу пенделер! Аллага да, акырет күнүнө да ишенбей, калайыкка (мактанып) көрсөтүш үчүн эле мал-мүлкүн каржы кылып жаткандарга окшоп, кылган садакаларыңарды (милдет кылып) кекетип, (кейип-кепчип) иренжитип жок кылып албагыла! Мунун мисалы, үстүн топурак баскан ташка окшош. Ага нөшөр куюп жетсе эле (эч нерсесин калтырбай) сыпсыйдам кылып (жууп) кетет. Алардын кылгандарынын акыбети кайтпайт. Капыр калайыкты Алла Туура жолго салбайт.

265. Мал-мүлкүн Алланын ыраазычылыгын издөө менен өздөрүнүн да чын көңүлдөн (ыймanын) бекемдеш үчүн каржы кылгандар адырдагы бакка окшош. Ага нөшөр жаап жетсе эле эки эсе түшүм берет. А эгер ага нөшөр жетпесе шүүдүрүм деле (жетишет). Силердин эмне кылып жаткаңыңарды Көрүүчү Алла Өзү.

266. Силерден биригерде алдынан аккан дарыясы бар, курма менен жүзүмдөрдөн, ар кайсы жемиштерден багы болуп, анан бала-чакасы жетиле элек болуп, өзү карыган кезинде чагылган түшүп жемиш багын күйдүрүп кетишин каалайбы? Алла силерге аяттарды ушундай кылып ачык баяндап жатат. Балким, пикир кылаарсыңар.

267. Эй, ыймандуу пенделер! Өзүңөр иштеп тапканыңардын да, Биз силерге жерден өндүрүп чыгарып бергендердин да жакшысынан каржы кылгыла. Алардан көзүңөрдү жумбай караганыңарда өзүңөр да (иренжип) албай турган жамандарын тандап алып каржы кылбагыла.

Билип жүргүлө! Алла – Даңктуу Кудай, чексиз байлыктын Ээси.

268. Шайтан силерге жардылыкты убада кылат, силерди ыпыластыкка буйруйт. Алла силерге кечирими менен ырайымын убада кылат. Алла Парбардигер – Билүүчү Кудай.

269. Ал кимге кааласа даанышмандыкты берет. Кимге даанышмандык берилсе, анда ага көп жакшылык берилет. Муну акыл ээлери гана эстеп жүрө алат.

270. Эмнени каржы кылган болсоңор, же эмнени назр[32] кылып берген болсоңор, Алла аны билет. Залимдерге жардам бергендер болбойт.

271. Эгер садакаларды ашкере берген болсоңор, бул деле кандай жакшы! А эгер аны жардыларга купуя берип жатсаңар, анда бул өзүңөр үчүн жакшы. (Садакалар) силердин жамандыгыңарды (жууп) кетирет. Алла кылып жатканыңардан Кабардар.

272. Алардын Туура жолдо кетишине сен кепил эмессиң. Анткени, Туура жолго Алла кимисин кааласа Өзү салат. Жакшылыктан эмнени каржы кылсаңар, ал өзүңөр үчүн (жакшы). Алланын ыраазычылыгына ниет кылып каржы кылгыла. Жакшылыктан эмнени каржы кылган болсоңор, анын акыбети өзүңөргө толук кайтат. Силерге зулумдук да кылынбайт.

273. Алланын жолунда жер кезип бара жатып сапарын улай албай калган жардыларга (каржы кылгыла). Наадандар алардын канагат кылган табитинен улам бай экен деп санашат. Сен аларды (ушундай) белгисинен эле тааныйсың. Алар калайыкка жабышып сурай беришпейт. Жакшылыктан эмнени каржы кылып жатсаңар, (аны) Билүүчү – Алла Өзү.

274. Күнү-түнү мал-мүлкүнөн ашкере да, купуя да каржы кылып жаткандар бар. Аларга (мунун) акыбети Эгесинен берилет. Аларга коркунуч жок. Аларга кайгы да жетпейт.

275. Сүткорлуктун пайдасын жегендер (кабырларынан) шайтан уруп жинди болгон кишидей турушат. Анткени, алар «соода деле сүткорлуктун бир мисалы» дешкен. Алла сооданы адал кылды. Сүткорлукту арам кылды. Кимге Эгесинен насаат келген болсо (ошондо), ал (тобо кылып) токтотсо, анда ага (мурдагы иштери кайтарылып кылбай турган) өткөн (ишине) айланат. Анын иши Аллага (кайтарылат). А ким кайра кайталап (жамандыкты) жасай берсе, андайлар түбөлүк Тозок отунда кала беришет.

276. Алла сүткорлукту (береке бербей) жок кылат, садаканын (берекесин) арттырат. Алла ар кандай күнөөкөр капырды сүйбөйт.

277. Ыймандуу пенделерге, жакшылыктарды жасагандарга, намазды аткаргандарга, зекетти бергендерге Эгесинен алар үчүн акылары бар. Алар үчүн коркунуч жок, алар кор да болбойт.

278. Эй, ыймандуу пенделер! Алладан корккула! Эгер ыймандуу пенделерден болсоңор, анда сүткорлуктан калган (пайданы) таштагыла!

279. Эгер муну кылбасаңар, анда Алла менен Анын элчи-пайгамбарынын (буга каршы) согуш кылышын уккула! А эгер тобо кылган болсоңор, анда (сүткорлукка иштетилбеген) баштапкы мүлкүңөр өзүңөргө (арам эмес). Зулумдук кылбагыла, зулумдукка кабылбайсыңар.

280. Эгер (бирөө карызды бере албай) кыйналып турса, анда (ага) жеңилдик болгуча күтүш керек. Эгер билгиңер келсе, садака бергениңер өзүңөр үчүн жакшы.

281. Аллага кайрылып бара турган күнүңөрдөн корккула! Ошондон кийин ар бир жан кылган ишинин акыбетин алат. Аларга зулумдук кылынбайт.

282. Эй, ыймандуу пенделер! Эгер силер белгилүү бир мөөнөткө чейин өз ара бири бириңерден карыз алып жатсаңар, анда (муну) жазгыла! Силердин араңардан жаза турган бирөө (муну) адилеттүүлүк менен жазсын! Ал (жазуучу) Алла ага үйрөткөндөй жазыштан баш тартпасын! (Карызды) төлөй турган өз оозу менен айтып жаздырсын. (Жазып жаткан) өз Эгеси Алладан корксун. Эч нерсени андан (карыздан) кемитпесин! А эгер карыз алуучу (же төлөөчү) акылы кем, же алсыз, же өз оозу менен айтып жаздыра албай турган (сакоо) болсо, анда анын (алардын) өкүлү адилеттүүлүк менен жаздырсын! Эркек кишилериңерден экөөнү (буга) күбө кылгыла! Эгер эки эркек жок болсо, анда бир эркек жана күбө болушуна өзүңөр ыраазы болгон, – бири жаңылса экинчиси ага эскерткидей, эки аял болсун! Чакырылган убакта күбөлөр баш тартпасын! (Карызды) аз же көп экенине карабай мөөнөтүнө чейин жазып коюштан эринбегиле! Мындай кылганыңар Алланын алдында адилеттүүрөөк, күбөлүк үчүн бекемирээк, күмөн кылбашыңарга жакыныраак болот. Өз ара ортоңордо (башма-баш, же накталай алыш-бериш менен) айландырып жаткан соодаңарды жазбасаңар деле силер үчүн күнөө эмес. Өз ара (келишим менен) соода кылып жатсаңар, күбөлөрдү катыштыргыла! Жазган да, күбө болгон да (силерден) зыян көрбөсүн! Эгер (аларга зыян) кылсаңар, анда ал – силердин ыпыластыгыңар. Алладан корккула! Алла силерге таалим берип жатат. Бардык нерсени Билүүчү – Алла Өзү!

283. Эгер сапарда болсоңор, жаза турган (бирөөнү) таба албасаңар, анда күрөө алынышы керек. А эгер бири бириңерге ишенич болуп (аманат коюлса), анда аманатты (алган) аманатын кайтарып берсин. Күбө болгонуңарды жашырбагыла! Ким аны жашырса, анда анын жүрөгү күнөөкөр. Эмне жасап жаткаңарды Билүүчү – Алла Өзү!

284. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Алланыкы. Силер көкүрөгүңөрдөгүнү ашкере кылсаңар да, жашырсаңар да, Алла мунун эсеп-кысабын силерден сурайт. Ал кимди кааласа кечирет, кимди кааласа азапка салат. Алла бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

285. Элчи – пайгамбар да, ыймандуу пенделер да Эгесинен ага түшүрүлгөнгө ишенди. Баарысы Аллага, Анын периштелерине, Анын Жазууларына, Анын элчи-пайгамбарларына ишенди. (Алар айтышты): «Анын элчи-пайгамбарларынын бирин да бөлүп салбайбыз!» Алар (дагы) айтышты: «Биз уктук, баш ийдик! Эгебиз! Бизге Сенин кечиримиң керек! Биз сага кайрылып барабыз!»

286. Алла ар бир жанга чамасы жеткенди гана жүктөйт. (Ар биринин) жасаган жакшылыгы өзүнө тийет, (ар биринин) жасаган жамандыгы

өзүнө тийет. «Эгебиз! Эгер биз унуткан болсок, же ката кетирген болсок, жазалай көрбө! Эгебиз! Бизден мурдагыларга оор (милдет) жүктөлгөндөй, бизге да оор (милдет) жүктөй көрбө! Эгебиз! Бизге чамабыз келбей турганды жүктөй көрбө. Бизди куткар, бизди кечир, бизге ырайым кыл! Сен – биздин Эгебизсиң! Капыр калайыкка каршы бизге жардам бер!»

3. АЛ ИМРАН СҮРӨӨСҮ[1]

ИМРАН УРУГУ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алиф, Лам, Мим.

2. Алладан башка Кудай жок! Ал – (түбөлүк) Тирүү, Бар (Кудай)!

3. Ал сага андан алдыңкы (Жазууларды) тастыкташ үчүн Жазууну (Куранды) түшүрүп жатканы ак. (Курандан алдын) Тоорат менен Инжилди түшүргөн болчу.

4. Мурдатан эле Ал калайыкка Туура жолду да, Ажырымды да (үзгүлтүксүз) түшүрүп турган. Алланын аяттарына ишенбеген капырлар үчүн катуу азап бар. Бийик да, Жазалоочу да Алла – Өзү!

5. Аллага асман менен жердегилерден эч бири купуя калбайт.

6. Ал силердин келбетиңерди (энелериңердин) жатынында кандай кааласа (ошондой) берет. Андан башка Кудай жок. Бийик да, Даанышман да Алла – Өзү!

7. Ал сага Жазууну түшүрдү. Анда өкүмү ачык аяттар бар. Алар Түпкү Жазууда (да бар болчу). Башкалары – окшош (маанидеги сырдуу) аяттар. Жүрөгүндө арамы барлар андагы окшош аяттарга ээрчишет да, көңүл аздыгы менен түшүнгүсү келишет. Алардын түшүнүгүн Алладан башка эч ким билбейт. Илимге бекем тургандар айтышат: «Биз ага ишендик. Баарысы Эгебиздин Өзүнөн!» (Муну) акыл ээлери гана эстеп жүрө алышат.

8. Эгебиз! Бизди туура жолго салганыңдан кийин жүрөктөрүбүздү кайрытпа! Бизге Өз рахматыңдан бер! Берүүчү (Кудай) Сен Өзүсүң!

9. Эгебиз! Бир күнү калайыкты жыйнайсың. Буга шек жок. Алла убадасын өзгөртпөйт.

10. Капырларды Алланын (жазасынан) балдары да, мал-мүлкү да, эч нерсе кылып куткара албайт. Алар – Тозок отунун отундары.

11. (Капырлардын) адаты Фараондун үй-бүлөсү жана андан мурдагылардай болчу. Алар биздин аяттарыбызды жалганга чыгарышкан. Ошондо Алла күнөөсүнөн улам аларды кармап жатты. Алла – Жазасы катуу Кудай!

12. Капырларга айт: «Жакында силер жеңилесиңер. (Андан кийин) Тозокко жыйналасыңар. Кандай жаман турак жай!»

13. Силер үчүн эки (аскер) тобу жолукканда бир аят болду. Топтун бири Алла жолунда согушуп жатты. Башка (бир тобу) капыр болчу. Көз жүгүртүп аларга карашканда (өздөрүнөн) эки эсе көп экенин көрүшкөн. Алла кимге кааласа жардамын берип колдойт. Мында көзү барлар үчүн ибрет да бар.

14. Кишилерге аялдар менен балдардын, алтын менен күмүштөн жыйналган казыналардын, мыкты аттардын, мал менен эгин талаалардын кумар арттырган ышкысы бар. Булар – дүнүйөлүк жашоонун пайдасы. Алланын алдында (мындан да) жакшы турак жай бар.

15. Айт: «Силерге ушунуңардан да жакшысынын кабарын берейинби? Такыба пенделер үчүн алдынан дарыялар агып турган Алланын Бейиши (бактары) бар. Алар анда таптаза жубайлар менен (бирге) түбөлүк калышат. Алар үчүн (ар дайым) Алланын ыраазылыгы бар. Кулдарын Көрүүчү Алла – Өзү!»

16. Алар айтышат: «Эгебиз! Биз ишендик! Биздин күнөөлөрүбүздү кечир! Бизди оттун азабынан сакта!

17. Сабыр кылгандарды, Туура жолдо жүргөндөрдү, Баш ийүүчүлөрдү, (Алла жолуна) каржы кылуучуларды, таң эртеден кечирим суроочуларды (*сакта*)!»

18. Өзүнөн башка Кудай жок Алла да, периштелер да, такай адилеттүүлүктө турган илим ээлери да күбө[2] болду: «Андан башка Бийик да, Даанышман да Кудай жок!»

19. Ислам[3] – Алланын Өзүнөн берилген дин. Жазуу берилгендерге илим келгенден кийин деле өз ара бири - бири менен кастык кылышып ыдырап кетишкен. Алланын аяттарына ким ишенбей каршы болсо... Алла – Тез эсептөөчү Кудай!

20. Эгер сени менен алар талаш кылса, айт: «Өзүмдү да, мага ээрчигендерди да Аллага тапшырдым». Жазуу берилгендерге да, сабатсыздарга да айт: «Исламды кабыл кылдыңарбы?» Эгер исламды кабыл кылышкан болсо, анда Туура жолго киришет. А эгер жүз буруп кетишсе... сенин (милдетиң) – жеткириш. Кулдарын Көрүүчү – Алла Өзү!

21. Алланын аяттарына ишенбегендерге, ак жеринен пайгамбарларды өлтүргөндөргө, калайыкка адилеттүүлүктү буйруп жаткандарды өлтүргөндөргө оор азап бар экенин сүйүнчүлө!

22. Булардын эмгектери дүнүйөдө да, акыретте да текке кетти. Аларга жардам берүүчү да жок!

23. Жазуудан бир бөлүгүн алгандардын ортосундагы өкүмдү чыгарыш үчүн алардын Алланын Жазуусуна чакырылганын көрбөдүңбү? Ошондон кийин алардын бир бөлүгү бурулуп кайтып кетти. Алар – баш тарткандар.

24. Анткени, алар айтышкан эле: «Бизди Тозоктун оту бир нече күндөн ашык күйгүзбөйт экен». Алардын жалгандан ойлоп тапкандары дининен азгырып кетти.

25. Биз аларды күмөнсүз келе турган бир күнгө жыйнасак, ар бир жан кылган ишине жараша жаза алып жатса, (анан) аларга зулумдук кылынбай (жазасыз кала берсе) кандай болот!?

26. Айт: «Оо, Алла Таала, падышалардын Падышасы! Сен кимге кааласаң бийлик бересиң, кимден кааласаң бийликти аласың! Сен кимге кааласаң сый бересиң, кимди кааласан кор кыласың! Жакшылык сенин колуңда! Бардык нерсеге Кудуреттүү Сен Өзүңсүң!

27. Түнгө күндү киргизесиң, күнгө түндү киргизесиң! Өлүктөн тирикти чыгарасың, тириктен өлүктү чыгарасың! Кимге кааласаң эсепсиз ырыскы бересиң».

28. Ыйманы барлар ыйманы барларды таштап капырларды дос кылбасын. Ким силерден муну алардан коркунуч болбой кылса, анда анын Алла менен иши жок. Алла Өзүнөн сак болушуңарды эскертип жатат. Аллага кайтып барыш бар.

29. Айт: «Көкүрөгүңөрдөгүнү жашырсаңар деле, же ашкере кылсаңар деле аны Алла билет. Ал (жети кат) асмандагыларды да, жердегилерди да билет. Бардык нерсеге Кудуреттүү Алла – Өзү!»

30. Ал күнү ар бир жан кылган жакшылыгын да, кылган жамандыгын да алдынан табат. (Ошондо кылган) жамандыгы менен өзүнүн арасы узак болушу ага жагаар эле. Алла силерди Өзүнөн сак болушуңарды эскертип жатат. Алла кулдарына Боорукер Кудай!

31. Айт: «Эгер Алланы сүйгөн болсоңор, анда мени ээрчигиле, ошондо Алла да силерди сүйөт, силердин күнөөңөрдү кечирет. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!»

32. Айт: «Аллага да, элчи-пайгамбарга да баш ийгиле!». Эгер баш тартып бурулуп кетишсе (андай), капырларды Алла сүйбөйт.

33. Алла Адамды да, Нухту да, Ибрахимдин уругунан да, Имрандын уругунан да ааламдарга тандап алды.

34. Булардын кээси бири биринин урпактары. Угуучу да, Билүүчү да Алла Өзү!

35. ...Бир убакта Имрандын аялы айтты: «Эгем! Мен сага ичимдегини азаттыкка чыгарып Өзүңө назр кылдым. Муну менден кабыл кыл. Угуучу да, Билүүчү да Өзүңсүң!»

36. Качан ал (андан бошонуп) койгон кезде айтты: «Эгем! Мына, мен аны койдум, кыз экен». Кимди койгонун Алла Өзү жакшы билет. «Эркек бала кыздай эмес. Мен анын атын Марйам койдум. Мен Сага ал үчүн да, анын урпактары үчүн да ташбараңга калып куулган шайтандан сактаташыңа сыйынам».

37. Эгеси муну жакшы кабыл алды да, жакшы өстүрүп чоңойтту. Аны тарбия кылышты Закарийага тапшырган эле. Ар дайым Закарийа ага кирип мээрепке жеткенде анын алдынан ырыскыларды көрчү. (Ошондо) айтар эле : «Эй Марйам! Булар сага кайдан?» Ал жооп айтчу: «Алар – Алланын Өзүнөн. Алла кимге кааласа эсепсиз ырыскы берет».

38. Ошо жерде Закарийа Эгесине дуба кылды: «Эгем! Өзүң мага (тукум улай турган) асыл перзент бер! Дубаны Угуучу Өзүңсүң!»

39. Ал мээрепте намазда турган кезде периштелер кыйкырды: «Алла сага Алланын сөзүн тастыктоочу, таза табит жол башчы, жакшы бир пайгамбарды – Йахйаны сүйүнчүлөп жатат».

40. Ал айтты: «Эгем! Менден кантип бала болот? Менин карылыгым деле жетти. Аялым да төрөттөн калды».

Ал (Алла) айтты: «Алла ушундай! Эмнени кааласа, кыла берет».

41. Ал айтты: «Эгем! Анда мага бир белги бер». Ал (Алла) айтты: «Сенин белгиң (ушул). Үч күн калайык менен ымдашып сүйлөшпөй каласың. Эгеңди көп эстеп зикир кыл! Эртели-кеч таспи айт!»

42. ...Бир убакта периштелер айтты: «Эй Марйам! Алла сени тандады, (күнөөңдү кечип) тазалады. Сени ааламдардагы аялдардан тандап алды.

43. Эй, Марйам! Эгеңе моюн сун! Сажда кыл! Жамаат менен ийилип намаз оку!»

44. Бул кайып кабарлардын бири. Аны сага жашыруун кабар берип жатабыз. Алар калемдерин ыргытышып жатканда сен алардын жанында эмес элең. Алардын кайсынысы Марйамды тарбиялай алышат? Алар (муну) жаңжалдашып жатканда сен алардын жанында эмес элең.

45. ...Бир убакта периштелер айтты: «Эй, Марйам! Алла Өзүнүн бир сөзүн сага сүйүнчүлөп жатат. Анын аты – Масих, Марйам уулу Иса. Ал дүнүйөдө да, акыретте да сый-урматтуу, жакындардын бири.

46. Ал бешикте эле калайыкка сүйлөйт. Эр жетип, жакшылардын бири болот».

47. Ал (Марйам) айтты: «Эгем! Кантип менден бала болот? Мага бир да эркек тийишкен жок. Ал (Алла) айтты: «Алла ушундай! Эмнени кааласа жасай берет». Ал бир ишти кылгысы келсе «Бол!» дейт, болот.

48. (Алла) ага Жазууну да, Даанышмандыкты да, Тооратты да, Инжилди да үйрөтөт.

49. Аны Исраил урпактарына элчи-пайгамбар кылат. (Ошондо айтат): «Мен силерге Эгеңердин аяттары менен келдим. Мен силерге ылайдан бир куштун борумун жасаймын да, андан кийин ага (дем салып) үйлөйм. Ошондо ал Алланын уруксаты менен (тирүү) кушка айланат. Алланын уруксаты менен көргө дагы, ала болгонго дагы шыпаа жеткирем, өлүктү да тирилтем. Мен силерге үйүңөрдө эмне жеп жатканыңарды да, сактаганыңарды да айтып берем. Эгер силер ыймандуу пенделер болсоңор, мында силер үчүн аят бар.

50. Мага чейин түшкөн Тооратты тастыктап, кээ бир тыюу салынган нерселерди силерге чечип бермекчимин. Мен силерге Эгеңердин аяттары менен келдим. Алладан корккула, мага баш ийгиле!

51. Алла менин да Эгем, силердин да Эгеңер. Ага кулдук кылгыла! Ушул – Туруктуу жол!»

52. Качан Иса алардан капырлыкты сезгенде, айтты: «Аллага (кулдук кылып) киминер мага жардамчы болосуңар?» Шакирттер айтышты: «Биз – Алланын (динине жардам берген) жардамчылардан (бололу)! Биз Аллага ишендик. Күбө бол, биз мусулман болдук!

53. Эгебиз! Биз Сенин түшүргөндөрүңө ишендик. Элчи-пайгамбарга да ээрчидик. Бизди күбөлүк бергендердин катарына жаз!»

54. ...Алар (капырлар) куулук кылышты эле, Алла да куулук кылды. Куулук кылуучулардын жакшысы да Алла Өзү!

55. ... Бир убакта Алла айтты: «Эй, Иса! Сенин жаныңды алуучу да, көтөрүп алуучу да, капырлардан тазалоочу да Менмин! Сага ээрчигендерди кыяматка чейин капырлардан бийик кылам. Андан кийин Мага кайтып келишиңер бар. Ортоңордо кылган талашыңардын өкүмүн (ошондо) чыгарам.

56. Капырларга дүнүйөдө да, акыретте да катуу азап берем. Аларга жардам берүүчү да жок!»

57. Ал эми ыймандуу пенделерге, жакшылык жасагандарга Ал толук акыбетин берет. Алла залимдерди сүйбөйт.

58. Биз сага ушундай даанышмандык менен эскерткен аяттарды окуп берип жатабыз.

59. Алланын алдында Иса Адамга окшош. Аны топурактан жаратты. Андан кийин «Бол!» деди эле, (заматта) болду.

60. (Бул аяттардын) Эгеңден (түшкөнү) ак! Күмөн кылгандардын бири болбо!

61. Ким сени менен бул туурасында сага илим келгенден кийин талаш кылса, айт: «Келгиле, биздин балдарыбызды да, силердин балдарыңарды да, биздин аялдарыбызды да, силердин аялдарыңарды да, биз да өзүбүздүн топту, силердин тобуңарды да чакыралы! Андан кийин жалбарып дуба кылалы да, жалганга чыгаргандарды Алланын каргышына тапшыралы!

62. Бул кысса – ак! Алладан башка эч бир Кудай жок. Бийик да, Даанышман да Алла – Өзү!

63. А эгер жүз буруп кайтып кетишсе... Алла – бузукуларды Билүүчү Кудай!

64. Айт: «Эй, Жазуу ээлери! Алладан башкага кулдук кылбай, Ага эч нерсени шерик келтирбей, Алланы таштап бири бирибизди Эге кылып албай, бизге да, силерге да тең бир сөзгө келели!» Эгер жүз буруп кайтып кетишсе, анда айткыла: «Күбө болгула! Биз – мусулманбыз!»

65. Эй, Жазуу ээлери! Ибрахим туурасында эмнеге талашып жатасыңар? Тоорат да, Инжил да андан кийин түшүрүлдү эле го! Акыл жүгүртпөйсүңөрбү?

66. Эй! Силер өзүңөрдөгү бар билим туурасында эле талашып жатасыңар. А эмне үчүн силерде жок билим туурасында талаш кылып жатасыңар? Алла билет, силер билбейсиңер.

67. Ибрахим жөөт да, христиан да эмес болчу. Ал – ханиф, мусулман болчу. Ал мүшүрүк болгон эмес.

68. Ибрахимге эң жакын адамдар аны ээрчигендер, ушул элчи-пайгамбар менен (аны ээрчиген) ыймандуу пенделер (болуп жатат). Алла - ыймандуу пенделердин Досу.

69. Жазуу ээлеринен бир тайпасы силерди эптеп адаштырышка куштар болуп жатат. Өздөрүнөн башкаларды адаштыра алышпайт. (Муну) сезбей жатышат.

70. Эй, Жазуу ээлери! Эмне үчүн Алланын аяттарына ишенбей жатасыңар? Силер (буга) күбө болуп жатасыңар.

71. Эй, Жазуу ээлери! Эмне үчүн акыйкатты жалган деп жашырып жатасыңар. Акыйкатты бекитип жатасыңар! Силер (муну) билип турасыңар.

72. Жазуу ээлеринен бир тайпасы айтты: «Ыймандуу пенделерге түшүрүлгөнгө күндүн башталышында ишенгиле да, анын акырында ишенбей койгула! Балким, алар да кайтышаар.

73. Ким силердин диниңерге ээрчибесе, ага ишенбегиле! Силерге берилгендей эле ал (дин башка) бирөөлөргө да берилген. Же (муну) силер менен Эгеңердин алдында талашабы? Айт: «Алланын Туура жолу – Туура жол!» Айт: «Ырайым – Алланын колунда! Аны кимге кааласа берет. Алла – Парбардигер, Билүүчү Кудай!

74. Ал өз рахматын кимге кааласа багыштайт. Алла – Ырайымдуу Улуу Кудай».

75. Жазуу ээлеринен кимдир бирөөсүнө казынаны аманатка койсоң да кайтарып сага бере турганы бар. Алардан кимдир бирөөсүнө бир динарды аманатка койсоң, анын аркасынан сая түшүп турбасаң, сага кайтарып бербей турганы да бар. Анткени, алар ушинтип айтышат эле: «Сабатсыздарга биздин үстүбүздөн (өкүм кылышка) жол жок». Алар Аллага да жалган сүйлөшөт. Алар (муну өздөрү деле) билишет.

76. Жок! Ким убадасын аткарса, (Алладан) корксо... Алла такыба пенделерди сүйөт.

77. Аллага берген убадасын да, өздөрүнүн берген анттарын да арзыбаган баага саткандар бар. Алар үчүн акыретте эч кандай энчи жок. Алла алар менен сүйлөшпөйт. Кыямат күнү аларга назар кылбайт, (күнөөлөрүн да) тазалабайт. Алар үчүн оор азап бар.

78. Алардан Жазуудан эмес болсо да Жазуудан экен деп эсептешиңер үчүн тилдери менен Жазууну бурмалашып жаткан бир бөлүгү бар. Алар айтышат: «Бул Алланын Өзүнөн (түшкөн)!» Ал Алланын Өзүнөн түшкөн эмес! Алар Аллага жалган айтып жатышат. Алар (муну) билишет.

79. Алла бир адамга Жазууну да, даанышмандыкты да, пайгамбарлыкты да бергенден кийин, ал эч качан калайыкка «Аллага эмес, мага кул болгула!» деген эмес. А бирок, Жазууну үйрөтүп жатканыңар үчүн, дарс берип жатканыңар үчүн «мударистерден болгула!» деген болчу.

80. Ал эч качан силерге периштелерди да, пайгамбарларды да өзүңөргө эге (Кудай) кылып алышыңарды буйрук кылган эмес. Силерди мусулман болгонуңардан кийин да кайра капырлыкка буйруйбу!?

81. ...Бир убакта Алла пайгамбарлардын антын алды: «Мен силерге Жазуудан да, даанышмандыктан да бердим. Ушундан кийин силердегини тастыктоочу бир элчи-пайгамбар (Мухаммед) силерге келгенде силер ага сөзсүз ишенишиңер керек, жардам да беришиңер керек!» Ал айтты: «Макулсуңарбы? Силерге жүктөгөн ушул оор милдетимди кабыл алдыңарбы?» Алар айтышты: «Биз макулбуз». Ал (Алла) айтты: «Күбө болгула![4] Мен да силер менен бирге Күбөмүн!»

82. Кимдер ушундан кийин бурулуп кайтып кетсе, анда алар ыпылас пенделер.

83. Алланын дининен башканы издеп жатышабы? Асманда да, жерде да ага өз ыктыяры, же зордук менен моюн сунуп жатышат. Ага кайтарылып барышат.

84. Айт: «Биз Аллага, бизге түшүрүлгөнгө, Ибрахимге, Исмаилге, Исхакка, Йакубка жана неберелерине түшүрүлгөндөргө, Муса менен Исага берилгенге да, Эгесинен пайгамбарларга түшүрүлгөндөргө да ишендик. Биз алардан бирөөсүн да бөлүп салбайбыз. Биз Анын Өзүнө моюн сунабыз».

85. Ким исламдан башка динди издеген болсо, эч качан аныкы кабыл алынбайт. Акырет күнү ал кусур ургандардын бири.

86. Аларга ачык далилдер келип, элчи пайгамбарды ак деп күбөлүк беришип ыйманга киргенден кийин дагы, (кайра) капыр болуп кеткен калайыкты Алла кантип Туура жолго салат? Алла залим калайыкты Туура жолго салбайт!

87. Алардын жазасы ушундай: аларга Алланын да, периштелердин да жана жалпы калайыктын каргышы бар.

88. Алар анда (каргышта) түбөлүк калышат. Алардын азабы да жеңилдетилбейт. Аларга мөөнөт да берилбейт.

89. (Мунун) тескерисинче, тобо кылгандар бар. Булар ушундан кийин кылган иштерин түзөтүп улай беришсе, анда (алар үчүн) Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

90. Ыйманга киргенден кийин да кайра кайтып капыр болгондор бар. Ушундан кийин да алар капырлыгын күчөтүп уланта беришсе, анда алардын тобосу эч качан кабыл алынбайт. Булар – Туура жолдон адашкандар.

91. Капыр болуп өлүп кеткендер бар. Алар – капыр. Булардан ар бири жер бетин толтура алтын менен пидия (төлөм) берсе да кабыл алынбайт. Булар үчүн оор азап бар. Алар үчүн жардам кыла турган бирөө да жок!

92. Өзүңөрдүн жакшы көргөндөрүңөрдөн каржы кылмайынча, эч качан жакшылыкка ээ болбойсуңар. Кандай нерсени каржы кылып жаткаңыңарды Билүүчү – Алла Өзү!

93. Исраил (Йакуб) жеке өзүнө арам кылган тамактан башкасынын баарысы Тоорат түшүрүлгөнгө чейин Исраил урпактарына адал болчу. Айт: «Эгер чын айтып жатсаңар, Тооратты алып келгиле да андан окуп көргүлө!»

94. Ушундан кийин да ким Аллага жалган доомат кылса, анда алар - залим пенделер.

95. Айт: «Алла туура айтат! Ханиф Ибрахимдин динин ээрчигиле! Ал мүшүрүк эмес болчу!

96. Калайык үчүн биринчи Ыйык Үй Бэккэтте[5] курулду. Ал ааламдагылар үчүн Туура жолдун да (ордосу) болду.

97. Анда ачык далилге ээ белгилер бар. (Алардан бири) Ибрахимдин турган орду. Ким ага кирсе аманчылык табат. Калайыктан ким Алла үчүн Үйгө ажы кылып бармак болсо, анын жолуна чамасы жетсе (парз болду). Ким капыр болсо... ааламдагылардан (артык, чексиз) байлык Ээси – Алла Өзү!

98. Айт: «Эй, Жазуу ээлери! Эмнеге Алланын аяттарына ишенбей жатасыңар? Эмне кылып жатканыңарга Алла Өзү Күбө!»

99. Айт: «Эй, Жазуу ээлери! Эмне үчүн ким эле ыйманга кирсе, аны жолдон урушка аракет кылып Алланын жолунан тосуп жатасыңар? Силер (буга) күбөсүңөр. Алла силердин эмне кылып жатканыңардан кабарсыз эмес!»

100. Эй, ыймандуу пенделер! Эгер силер Жазуу берилгендердин айрым бир тобуна баш ийсеңер, алар силерди ыйманга киргениңерден кийин деле капырлыкка кайтарат.

101. Силерге Алланын аяттары окулуп жатса, Анын элчи-пайгамбары араңарда жүрсө, анан кантип ишенбейсиңер? Ким Алланы бекем кармаса, анда ал Туура жолго – Туруктуу жолго салынды.

102. Эй, ыймандуу пенделер! Алладан корккула! Коркконуңар ак болсун! Мусулман болбой туруп өлүп кетпегиле!

103. Бир жамаат болуп Алланын жибин (динин) бекем кармагыла! Ыдырап бөлүнбөгүлө! Алланын силерге берген бак-таалайын эстегиле! Бир убакта өз ара душман экениңерде Ал жүрөктөрүңөрдү бириктирди. Анын (берген) бак-таалайы менен бир тууган болдуңар. (Ага чейин) силер от күйгөн аңдын жээгине жеткен болчусуңар. Андан силерди сактады.

Алла силерге ушундай кылып аяттарын ачык баяндап берип жатат. Балким, Туура жолго жүрөөрсүңөр.

104. Силерден жакшылыкка чакырган, жакшылыкка буйруган жана жамандыктан кайтарган бир үмөт болсун. Булар – бак тапкан пенделер.

105. Ачык далилдер келгенден кийин деле өз ара бөлүнүп-жарылгандарга, ыдырап кеткендерге окшош болбогула! Мындайлар үчүн чоң азап бар.

106. Бир күнү жүздөр агарат, жүздөр караят. Жүздөрү карайгандарга (айтылат): «Ыйманга киргениңерден кийин да кайра капыр болдуңарбы!? Капыр болгонуңар үчүн азап жегиле!»

107. Жүздөрү агаргандар Алланын рахматында болуп, түбөлүк анда калышат.

108. Булар – Алланын аяттары. Аларды Биздин сага окуп берип жатканыбыз ак. Ааламдарга Алла зулумдукту каалабайт.

109. (Жети кат) асмандагы жана жердеги нерселер да Алланыкы. Иштер Аллага кайтарылат.

110. Силер калайык үчүн жакшылыкты буйруган, жамандыктан кайтарган, Аллага ишенген бир жакшы үмөт болуп чыгарылган элеңер. Эгер Жазуу ээлери да ыйманга киришсе, анда алар үчүн да жакшы болот эле. Алардан ыймандуулары да бар, а бирок көпчүлүгү эле ыпылас пенделер.

111. Алар силерге ызалыктан башка эч кандай зыян жеткире алышпайт. А эгер силерге согуш кылса, анда аркаларына бурулуп качышат. Андан кийин аларга жардам да берилбейт.

112. Аларга Алланын колдоосу менен калайыктын колдоосу болбосо, кайда барса да кордукка уруна берди. Алар Алланын кааарына урунду, алар жардылыкка урунду. Мунун себеби, алар Алланын аяттарына ишенишпейт эле. Пайгамбарларды ак жеринен өлтүрөшөр эле. Бул (кордук) аларга күнөө кылышканынан, баш ийбей чектен чыгып кетишкенинен болду.

113. Баарысы эле барабар эмес. Жазуу ээлеринин ичинен да бир туруктуу үмөт бар болчу. Алар Алланын аяттарын түнү бою окушар эле, сажда да кылышар эле.

114. Алар Аллага да, акырет күнүнө да ишенишет болчу. Жакшылыкка буйрушчу, жамандыктан кайтарышчу. Жакшылыктарды жасаганга шашышар эле. Булары – алардын ичинен жакшылары болчу.

115. Жакшылыктан алар эмне жасашкан болсо, анысы эч качан тосулуп калбайт. Такыба пенделерди Билүүчү Алла Өзү!

116. Капырларды Алланын (жазасынан) балдары да, мал-мүлкү да, эч нерсе кылып куткара албайт. Алар – Тозок отунун отундары. Анда түбөлүк калышат.

117. Бул дүйнөнүн иши үчүн каржы кылгандардын мисалы эгиндерин ызгаардуу шамал кыйраткандарга окшойт. Алар өздөрүнө зулумдук кылышты. Анысы (эгиндери) да кыйрады. Аларга Алла деле зулумдук кылган жок. Тескерисинче, алар өздөрүнө зулумдук кылып жатышат.

118. Эй! Силер өзүңөрдөн башкаларды дос кылбагыла! Алар силерге зыян жеткириштен да кайра тартпайт. Аларга силердин кыйналганыңар жагат. (Силерге болгон) жек көрүүсү ооздорунан да чыгып кетти. А көкүрөктөрүндө жашыргандары (андан да) чоң. Эгер акыл жүгүртө турган болсоңор, силерге Биз аяттарыбызды ачык баян кылдык.

119. Эй! Силер аларды жакшы көрүп жатасыңар. Алар силерди жакшы көрбөйт. Силер Жазуунун баарысына толук ишенесиңер. Алар силерге жолукса айтышат: «Биз ишендик!» Өздөрүнчө калышканда силерге болгон ачуусунан бармактарын тиштешет. Айт: «Ачууңар менен өлүп кеткиле!» Көкүрөк сырларды Билүүчү – Алла Өзү!

120. Эгер силерге бир жакшылык жетсе, аларга жаман тийет. А эгер силерге жамандык жетсе, алар буга сүйүнөт. Эгер силер сабыр кылсаңар, (Алладан) корксоңор, алардын шумдугунан силерге эч кандай зыян жетпейт. Алла алардын кылгандарын туш тарабынан Курчоочу Кудай!

121. Бир убакта эртең менен үй-бүлөңдөн чыктың да ыймандуу пенделерди согуш талаасына жайгаштырып жаттың. Угуучу да, Билүүчү да Алла Өзү!

122. ... Бир маалда силерден эки топтун тең шайы ооп, ой басты. Экөөсүнүн тең Өкүмдары – Алла Өзү болчу. Ыймандуу пенделер Аллага тобокел кылышсын!

123. Бадр[6] (согушунда) начарлай баштаганыңарда Алла силерге жардам берген. Алладан корккула! Балким, шүгүр кылаарсыңар.

124. Ошондо сен ыймандуу пенделерге айтып жаттың: «Силерге Эгеңерден жардам болуп үч миң периштенин түшкөнү жетпейби?»

125. Ооба да! Эгер силер сабыр кылсаңар, такыбалык кылсаңар, алар силерге ушу тапта кол салса деле, Эгеңер атайын белгилеп бөлгөн беш миң периште менен жардам бергени турат.

126. Алла силерге муну жүрөгүңөр тынчтык табыш үчүн сүйүнчүлөдү. Жардам – Улук, Даанышман Алланын Өзүнөн!

127. Анткени, капырлардан бир тарабы (жолу) кесилип, же кыйраш керек болчу. Ошентип, ийгиликсиз кайтып кетип жатышат.

128. Бул ишке сенин катышың жок. Ал аларды тобосуна кайтарат, же азапка салат. Алар – залим пенделер.

129. (Жети кат) асмандагылар да, жердегилер да Алланыкы. Ал кимге кааласа кечирим берет, кимге кааласа азап берет. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

130. Эй, ыймандуу пенделер! Сүткорлук менен кошумчалап көбөйтүп ырыскы жебегиле! Алладан корккула! Балким, бак табаарсыңар.

131. Капырларга даярдалган Тозоктун отунан корккула!

132. Аллага да, элчи-пайгамбарга да баш ийгиле! Балким, ырайым табаарсыңар.

133. Эгеңердин кечиримине жана такыбалар үчүн даярдалган (жети кат) асман менен жердин кеңдигиндей болгон Бейишке (киришке) шашылгыла!

134. Алар (такыбалар) шаттыкта да, кайгы-капада да (Алла жолуна) каржы кылышат. Алар ачуусун да баса алышат, адамдарды да кечире алышат. Алла жакшылык кылуучуларды сүйөт.

135. Алардын (ичинен) ыпылас иштерди кылышса да, же өздөрүнө зулумдук кылышкан болсо да Алланы эстеп, өз күнөөлөрү үчүн жалбарып кечирим тилегендер бар. Алладан башка күнөөнү ким кечет?! Алар (мурдагы) кылгандарына кайтышпаса (муну) билишет.

136. Алар үчүн Эгесинен кечирим да, алдынан дарыялары аккан Бейиш бактары да бар. Алар анда түбөлүк калышат. (Акырет үчүн) иштегендердин бак-таалайы кандай жакшы!

137. Силерге чейин эле мисалдар өткөн. Жер жүзүн айлангыла да, жалганга чыгаргандардын акыбети кандай болгонун карап көргүлө!

138. Бул – калайык үчүн баян, такыба пенделер үчүн Туура жол жана насаат.

139. Эгер ыймандуу пенделер болсоңор мүңкүрөбөгүлө! Кайгырбагыла! Силер – бийиксиңер!

140. Эгер силер жаракат алган болсоңор, (тигил капыр) калк да ушундай эле жаракат алды. Мындай күндөрдө (жакшылык-жамандыкты) калайыктын ортосунда алмаштырып турабыз. Анткени, Алла ыймандуу пенделерди билиши керек. Алардын ичинен Ал шейиттерди (күбөлөрдү) тандап алгысы келет. Алла залим пенделерди сүйбөйт.

141. Алла ыймандуу пенделерди күнөөсүнөн тазалагысы келет, а капырларды кырып жоготкусу келет.

142. Же силерден согушкандар менен сабыр кылуучуларды Алла сынап билбей туруп эле Бейишке кирип кетебиз деп эсептедиңерби?

143. Мындан мурун өлүмгө жолукканга чейин аны (шейиттикти) эңсеп келгенсиңер. Силер аны эми көрдүңөр, карап да турасыңар.

144. Мухаммед – элчи-пайгамбарлардын бири. Ага чейин да элчи-пайгамбарлар болгон. Эгер ал өлсө, же өлтүрүлсө, силер артыңарга кайра

кайтып кетесиңерби? Ким артына кайра кайтса деле, ал Аллага эч кандай зыян жеткире албайт. Алла шүгүр кылуучулардын акыбетин берет.

145. Алланын жазган сааты жетип, Анын уруксаты болбой бир да жан өлбөйт. Ким дүнүйөнүн сообун кааласа, ага аны беребиз. Ким акыреттин сообун кааласа, ага да аны беребиз. Шүгүр кылуучулардын да акыбетин беребиз.

146. Нечендеген пайгамбарлар согуш кылган. Алар менен көп сандаган тарапкерлери бирге согушту. Алла жолунда жеткен кыйынчылыкка алар мүңкүрөшкөн эмес. Алар алсырашкан да эмес, баш ийишкен да эмес. Алла сабыр кылуучуларды сүйөт.

147. Алар: «Эгебиз! Биздин күнөөлөрүбүздү кечир! Кылган ишибиздеги ысырапкорчулугубузду кечир! Кадамыбызды тайбас кыл! Капыр калайыкка каршы Өзүң бизге жардам бер!», – деген сөздөн башканы айтышкан эмес.

148. Алла аларга дүнүйөнүн сообун да, акыреттин жакшы сообун да берди. Алла жакшылык кылуучуларды сүйөт.

149. Эй, ыймандуу пенделер! Эгер силер капырларга баш ийсеңер, алар силерди артыңарга кайра кайтарат. Анда силер аркасына кайтып кусур урган пенделерден болосуңар.

150. Ооба де! Силердин Өкүмдарыңар – Алла! Жардам берүүчүлөрдүн эң жакшысы да Ал Өзү!

151. Эч кандай бийлик түшүрүлбөгөн (буркандарды) Аллага шерик кылышканы үчүн жакында капырлардын жүрөгүнө коркунуч салабыз. Алардын турар жайы – Тозоктун оту. Залим пенделердин турак жайы кандай жаман!

152. Алланын силерге берген убадасы туура чыкты. Бир убакта шайыңар ооп буйрукка баш бербей койгонго чейин, Анын уруксаты менен аларды силер кырып жаткан элеңер. Андан кийин силерге жакканды көргөнүңөрдө баш бербей кеттиңер. Силерден дүнүйөнү каалагандар да, акыретти каалагандар да бар. Ошондон кийин Ал силерди сынаш үчүн алардан бурулуп качышка аргасыз кылды. Кийин Ал силерди кечирди. Алла ыймандуу пенделерге ырайымы артык Кудай.

153. ...Бир маалда эч бирөөнү карабай (тоону көздөй) качтыңар. Пайгамбардын башка бир тобуңардан туруп чакырганын да укпадыңар. Силерден кеткен (олжого) жана силерге жеткен (жаракатка) өкүнбөшүңөр үчүн, Ал (Алла) силерге кайгы үстүнө кайгы берди. Кылып жаткан ишиңерден Кабардар – Алла Өзү!

154. Кайгыдан кийин Ал силерди тынч алдырып мүргүткөн уйку жиберди. Силердин бир тайпаңар көшүдү. А дагы бир тайпа өз жандарын ойлоп, Алла жөнүндө ак ойлобой арам ойго түшүшүп айтып жатышат: «Бизге бул иштен бир нерсе барбы?» Айт: «Бардык иш Алладан!».

Алар көңүлүндө жашыргандарын сага ашкере кылбайт. Алар айтып жатышат: «Эгер бизге бул иштен бир нерсе болсо, анда биз бул жерде өлтүрүлбөйт элек». Айт: «Эгер силер үйүңөрдө болсоңор деле, кимге өлүм жазылган болсо, алар өлө турган жерине көрүнүп чыгып келишер эле». Алла көкүрөгүңөрдөгү (ыймандыгы) сынагысы келет, жүрөгүңөрдөгү (арам ойду) тазалагысы келет. Көкүрөк сырларды Билүүчү Алла Өзү!

155. Эки (аскер) жамааты беттешкен күнү силерден аркасына бурулуп кайтып кеткендер бар болчу. Кээ бир кылган иштеринен улам шайтан аларды азгырып кетти. Алла аларды (кийин) кечирди. Кечиримдүү да, Күйөрман да Алла Өзү!

156. Эй, ыймандуу пенделер! Капырлардай болбогула! Алар бир туугандары жер кезе турганда, же казатка чыгарда айтышты: «Эгер алар биздин алдыбызда болгондо өлмөк да эмес, өлтүрүлмөк да эмес». Алла алардын жүрөгүнө муну өкүнүч кылгысы келет. Алла өлтүрөт, тирилтет. Эмне кылып жатканыңарды Көрүүчү – Алла Өзү!

157. Эгер силер Алла жолунда өлсөңөр, же өлтүрүлсөңөр, анда Алланын (силер үчүн) кечирими да, (алардын) жыйган-тергендеринен жакшы рахматы да бар.

158. Эгер силер өлсөңөр деле, же өлтүрүлсөңөр деле Алланын (сурагына) жыйналасыңар.

159. Алланын ырайымы менен сен аларга жумшак мамиле кылдың. Эгер сен орой, таш жүрөк болсоң, алар сенин жаныңдан таркап кетишет болчу. Аларды кечир, алар үчүн кечирим тиле. Алар менен иш боюнча кеңешип тур. Чечим кабыл алган болсоң, анда Аллага тобокел кыл! Алла тобокел кылуучуларды сүйөт.

160. Эгер силерге Алла жардам берсе, анда силерди жеңүүчү да жок. А эгер силерди Ал таштап койсо, анда силерге ошондон кийин ким жардам берет? Ыймандуу пенделер Аллага тобокел кылышсын!

161. Бир да пайгамбар (олжого) кыянаттык кылган эмес. Ким кыянаттык кылса, ал кыямат күнү кылган кыянаттыгы менен кошо келет. Андан кийин ар бир жанга кылган ишинин акыбети берилет. Аларга зулумдук кылынбайт.

162. Ким Алланын ыраазылыгына ээрчиген болсо, ал Алланын каарына калып кайткан адамга окшойбу? Анын барар жери Тозок! Ал кандай жаман турак жай!

163. Алланын Өзүнөн алар үчүн даражалар бар. Алардын эмне кылып жатканын Көрүүчү Алла Өзү!

164. Алла ыймандуу пенделерге өздөрүнүн ичинен бир элчи-пайгамбарды жиберип камкордук кылды. Ал аларга Анын аяттарын окуп берип жатат, аларды (күнөөдөн да) тазалап жатат. Эгер алар мурда анык адашкан жолдо болсо деле, аларды Жазууга да, даанышмандыккка да үйрөтүп жатат.

165. Силер аларга өзүңөргө жеткен зыяндан эки эсе көп жеткиргениңерден кийин да «Бул (бизге) кантип жетти?» деп жатасыңарбы? Айт: «Силердин өзүңөрдөн». Бардык нерсеге кудуреттүү Алла Өзү!

166. Ыймандуу пенделерди (сынап) билгиси келгени үчүн Алланын уруксаты менен эки аскер тобу беттешкен күнү силерге зыян жетти.

167. Эки жүздүү пенделерди да Анын билгиси келди. Аларга да айтылды: «Келгиле! Алла жолунда согушкула же душмандарды кайтаргыла!» Алар айтышты: «Эгер согуш болорун билгенибизде силерди ээрчимек экенбиз». Алар ал күнү ыйманга караганда капырлыкка жакыныраак болчу. Алар жүрөгүндө (ыйманы) жок эле ооздору менен айта беришет. Алардын эмнени бекитип жатканын Билүүчү Алла Өзү!

168. Отуруп алып өз бир туугандарына айткандар бар: «Эгер алар бизге баш ийген болушса, өлтүрүлүшмөк эмес». Айт: «Эгер туура сүйлөгөндөрдөн болсоңор, анда өзүңөргө өлүмдү жолотпой көргүлөчү!»

169. Алла жолунда өлгөндөрдү эч качан «өлгөндөр» деп санабагыла! Жок! Алар – тирүү! Алар Эгесинен (берилчү) ырыскыга бөлөнүп эле турушат.

170. Алланын ырайымы менен аларга берилген (бак-таалайга) сүйүнүп эле жүрүшөт. Алардын аркасынан али келип кошула электер үчүн да «(Мында) аларга коркунуч жок, эч качан кайгы тартышпайт!» деп сүйүнүп жатышат.

171. Алар Алланын ырайым кылып берген бак-таалайына сүйүнүп жатышат. Ыймандуу пенделердин (акыреттик) акыбетин Алла жок кылбайт.

172. Жарадар болгондон кийин деле Аллага да, элчи-пайгамбарга да (астейдил) жооп кайтаргандар бар. Алардан жакшылыктарды жасап такыбалык кылгандарга (акыретте) улук энчиси бар!

173. Аларга калайык айтып жатты: «Силерге каршы калайык чогулду. Алардан корккула!» Ошондо алардын ыймандары дагы да күч алып айтышты: «Бизге Алланын Өзү жетет! Эң жакшы Колдоочу да Өзү!»

174. Алар Алланын бак-таалайына, ырайымына ээ болуп кайтып келишти. Аларга жамандык деле жеткен жок. Алар Алланын ыраазычылыгына ээрчишкен эле. Алла улук – ырайымдын Ээси!

175. Мындайда шайтан гана өзүнүн жакындарын коркутат. Алардан коркпогула! Эгер ыймандуу пенделер болсоңор, Менден гана корккула!

176. Алардын капырлыкка шашканы сени кайгыртпасын! Алар Аллага эч бир зыян жеткире алышпайт. Алла алардын акыретте энчисиз калышын каалап жатат. Алар үчүн улук азап бар.

177. Капырлыкты ыймандын ордуна сатып алгандар Аллага эч бир зыян жеткире алышпайт. Алар үчүн оор азап бар.

178. Биздин капырлар үчүн (заманды) созуп жатканыбызды эч качан өздөрүнө жакшылык деп санабасын! Күнөөлөрдү көбөйтсүн деп Биз (заманды) алар үчүн созуп жатабыз. Алар үчүн кор кылуучу азап бар!

179. Алла ыймандуу пенделерди силердин (азыркы) абалыңардай, (калтырып) жакшыдан жаманды ажыратканга чейин таштап койгон эмес. Алла силерге кайып сырларды да билдирген эмес. А бирок, Алла элчи-пайгамбарларынан кимисин кааласа тандайт. Аллага да, Анын элчи-пайгамбарларына да ишенгиле! Эгер ишенсеңер, такыбалык кылсаңар, анда силер үчүн улук энчилер бар!

180. Алланын ырайымы менен берилген нерселерге сараңдык кылгандар бар. Муну алар өздөрү үчүн эч качан жакшы деп санашпасын! Жок! Алар үчүн ал жаман! Алар эмнеге сараңдык кылышкан болсо, анысы кыямат күнү ага (чамбар болуп) оролот. (Жети кат) асмандын да, жердин да мурасы Алланыкы. Эмне кылып жатканыңардан Кабардар Алла Өзү!

181. Алардын сөзүн Алла укту. Алар айтышты: «Алла кедей, биз байбыз». Биз алардын айткандарын да, ак жеринен пайгамбарларды өлтүргөндөрүн да (келечекке) жазып коёбуз да, кийин айтабыз: «Оттун (азабынын) даамын таткыла!

182. Буларды силердин колуңар даярдаган. Алла кулдары үчүн залим деле эмес».

183. Алар айтышты: «Алла эч бир элчи-пайгамбарга, ал бизге от (түшүп) күйдүрө турган курмандык менен келмейинче, ишенбешибизге бизден убада алган». Айт: «Мага чейин эле силерге ачык далилдерди, силердин айтканыңарды да келтирген элчи-пайгамбарлар келишкен болчу. Эгер туура сүйлөгөндөрдөн болсоңор, анда эмне үчүн аларды өлтүрө бердиңер эле?»

184. Эгер алар сени жалганчы кылып жатышса, сенден мурун деле ачык далилдер, жазылган китептер, жарык (жолду көрсөткөн) Жазуулар менен келишкен элчи-пайгамбарлар деле жалганчыга чыгарылган.

185. Ар бир жан өлүм даамын татат. Кыяматта (акыреттик) акыбетиңер берилет. Ким Тозок отунан куткарылса, ал Бейишке кирет, (чыныгы) бактысын табат. Дүнүйө жашоосу – пайда табыштын азгырыгы.

186. Силер мал-мүлкүңөр менен да, напсиңер менен да сындан өтөсүңөр. Силерден мурда Жазуу берилгендерден да, мүшүрүктөрдөн да көп ыза (алчу сөздөрдү) угасыңар. Эгер сабыр кылсаңар, такыбалык кылсаңар, бул – (силердин) ишиңердин максаты.

187. ...Бир убакта Алла Жазуу ээлеринин убадасын алды: «Калайыкка (Жазуудан) ачык-айкын баян кыласыңар! Аны жашырбайсыңар! Ошондо деле алар аны аркаларын көздөй ыргытып салды. Арзыбаган баага да сатышты. Сатып жибергендери кандай жаман!

188. Кылган иштерине сүйүнгөндөрдү, кылбаган иштерине мактаса сүйүнгөндөрдү эсепке алба! Аларды эч качан азаптан кутулду деп да санаба! Алар үчүн оор азап бар.

189. (Жети кат) Асмандын да, жердин да бийлиги Алланыкы. Бардык нерсеге кудуреттүү – Алла Өзү!

190. (Жети кат) Асмандар менен жердин жаралышында, күн менен түндүн алмашышында акыл ээлери үчүн аяттар бар.

191. Алланы тике туруп да, отуруп да, жамбаштап жатып да эстеп зикир кылгандар бар.

Алар (Жети кат) асмандар менен жердин жаралышы туурасында пикир кылышат: «Эгебиз! Муну сен бекер жараткан жоксуң! Субханака! Тозок отунан Бизди Өзүң сакта!

192. Эгебиз! Сен кимди Тозок отуна киргизсең, анда аны анык кор кыласың. Залимдерге эч бир жардамчы жок!

193. Эгебиз! Биз ыйманга чакырып жаткан бир чакыруучуну уктук: «Эгеңерге ишенгиле!» (дейт). Биз ишендик. Эгебиз! Биздин күнөөлөрүбүздү кечир! Биздин жамандыктарыбызды жашыр! Бизди жакшылардын катарында жан бергендерден кыл!

194. Эгебиз! Элчи-пайгамбарларыңа убада кылганыңдан бизге да бер! Кыямат күнү бизди кор кылба! Сен убадаңды бузбайсың!»

195. Эгеси аларга жооп кылып айтты: «Мен силердин ичиңерден эмгек кылгандар эркек болсун, аял болсун, алардын эмгектерин текке кетирбейм. Бирөөлөрүңөр башкаларыңардан (туулгансыңар). Менин жолума журтунан көчүп чыккандардын, куулгандардын, ыза чеккендердин, согушкандардын, өлтүрүлгөндөрдүн жамандыктарын Мен жашырам. Аларды алдынан дарыялар агып турган Бейиш бактарына киргизем». Аларга Алладан жакшы акысы бар. Эң жакшы акы Алланын Өзүндө.

196. Шаарларды (сайрандап) кезип жүргөн капырлар сени азгырып жүрбөсүн!

197. (Бул дүйнөдө алардын) жашоосу кыска. Андан кийин барар жайы Тозок. Ал кандай жаман турак жай!

198. Тескерисинче, Эгесинен корккондор бар. Алар үчүн алдынан дарыялары агып турган Бейиш бактары бар. Алар анда Алланын (ырайымы менен) жай алып түбөлүк калышат. Алланын алдындагы ар кандай жакшылыктар – жакшылардын энчиси.

199. Жазуу ээлеринен ким Аллага, силерге түшүрүлгөн (Жазууга) жана алардын өздөрүнө түшүрүлгөн (Жазууга) ишенип Алладан коркпо, Алланын аяттарын арзыбаган баага сатышпаган болсо, анда алардын (акыреттик) акысы Эгесинин алдында бар. Алла – Тез эсептөөчү.Кудай!

200. Эй, ыймандуу пенделер! Сабыр кылгыла! Сабыр кылуучулардан болгула! Даяр тургула! Алладан корккула! Балким, бак табаарсыңар.

4. НИСА СҮРӨӨСҮ[1]

АЯЛДАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Эй, калайык! Эгеңерден корккула! Ал силерди бир жандан жаратты. Анын өзүнөн жубайын жаратты. (Андан кийин) ал экөөсүнөн көп эркектер менен аялдарды жаратты. Бири бириңер менен сурашканда (атын айткан) Алладан жана туугандар (арасында араздашуудан) корккула! Силерди Күзөтүүчү Алла Өзү!

2. Жетимдердин мал-мүлкүн өзүнө бергиле! Ыпыласты тазага (арамды адалга) алмаштырбагыла! Алардын мал-мүлкүн өзүңөрдүн мал-мүлкүңөргө кошуп жебегиле! Бул – өтө чоң күнөө!

3. Эгер силер жетим кыздарга (үйлөнүп, аларга) адилетсиздик кылыштан корксоңор, анда өзүңөргө жаккан аялдардан экөөнү, үчөөнү, төртөөнү никелеп алгыла! А эгер (алардын ортосунда адилеттүүлүктү туура сакташтан) корксоңор, анда бирөөнө гана, же кол алдыңардагы (күңдөрүңөрдөн никелеп алгыла). Ушундай (кылсаңар) адилетсиздикке жакын болбойсуңар.

4. Аялдардын махрын (калыңын чын көңүлдөн) алардын өздөрүнө бергиле! А эгер алар анын (айрым бир) бөлүгүн силерге жакшылык менен өздөрү берсе, анда аны адал ырыскы деп жей бергиле.

5. Алла силерге насип кылган мал-мүлкүңөрдү (кол алдыңардагы) акылсыздарга бербегиле! Аларга андан ырыскы бергиле, кийиндиргиле! Аларга жакшы сөз сүйлөгүлө!

6. Жетимдерди никелеше турган курагына жеткенге чейин сыноо менен (күзөтүп) тургула! Алардын үйлөнө турган баралына жеткенин байкасаңар, (силердеги) мал-мүлкүн өздөрүнө тапшыргыла! Алардын мал-мүлкүн (бейжоп) ысырап кылып, (чоңоюшунан чочуп) шашылыш жеп жибербегиле! Ким бай болсо, анда (жетимдин мал-мүлкүн жегенден) өзүн кармасын! А ким кедей болсо, анда (нысап кылып) жакшылык менен жесин! Качан (алар жетилип), силер алардын мал-мүлкүн өздөрүнө тапшырып жатсаңар, анда күбөлөрдү катыштыргыла! Алла (мунун)эсебин толук алат!

7. Эркектерге ата-энеси жана туугандары калтырган (мурастан) үлүш бар. Аялдарга да ата-энеси жана туугандары калтырган (мурастан) үлүш бар. Калтырылган (мурастан) аз болсо да, көп болсо да (мурас алуучуга тийиштүү, берилиши) парз болгон үлүш бар.

8. (Мурасты) бөлүп жатканда, (узагыраак) туугандарынан, жетимдерден, кедейлерден болсо, алар үчүн да андан бөлүштүрүп бергиле. Аларга жакшы сөз сүйлөгүлө!

9. (Мурас калтыруучу) артында али жаш жетиле элек бала-чакасынан коркуп калтырып жаткандай алардан да (кол алдындагы жетимдердин акысынан) корксун! Алар Алладан корксун! Сөзүн бекем (дайындап) айтып кетсин!

10. Жетимдердин мал-мүлкүн зулумдук кылып жеп жаткандардын курсактарына жегени от болот. Алар жакында алоолонгон жалынга куйкаланышат!

11. Алла силердин балдарыңардын (мурасы) боюнча осуят кылат: бир уул баланын үлүшү эки кыздыкына барабар (берилсин). Эгер (мураскор) аялдар (кыздар)экиден ашык болсо, анда калтырылган мурастан аларга үчтөн экиси (берилсин); а эгер (мураскор) бир эле аял (кыз) болсо, анда ага (калтырылган мурастын) жарымы (берилсин). Эгер (мурас калтыруучу маркумдун) баласы болсо, анда анын ата-энесинин ар бирине (атасына да, энесине да бөлөк-бөлөк) калтырылган мурастан алтыдан бир үлүшү, (а калганы) баласына (берилсин). А эгер (мурас калтыруучу маркумдун) баласы болбосо, анда ага ата-энеси мураскор болуп, анын энесине (калтырылган мурастын) үчтөн бир үлүшү, (берилсин). А эгер (мурас калтыруучу маркумдун) бир тууганы болсо, анда (маркумдун) айткан осуятынан кийин, же (дагы) карызы болуп, (анысы төлөнгөндөн кийин), анын энесине алтыдан бир үлүш (берилсин). Ата-энеңер менен балдарыңардын кайсы бирлеринин силерге жакын пайдасы бар экенин силер билбейсиңер. (Ошондуктан) Алла (силерге мурасты) парз кылды. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

12. Силерге жубайларыңар (аялдарыңар) калтырган мурастан, эгерде алардын баласы болбосо, жарымы (берилет). А эгер алардын баласы болсо, анда (маркум аялдарыңардын) айткан осуятынан кийин, же (дагы) карызы болуп, (анысы төлөнгөндөн кийин), алар калтырган (мурастан) силерге төрттөн бир үлүшү (берилет). Аларга да (жесир калган аялдарыңарга) силердин калтырган (мурасыңардан) эгер балаңар болбосо, төрттөн бир үлүшү (берилет). А эгер силердин балаңар болсо, анда силер калтырган (мурастан), силердин айткан осуяатыңардан кийин, же (дагы) карызыңар болуп, (аныңар төлөнгөндөн кийин), аларга сегизден бир үлүшү (берилет). Эгерде эркектин да, аялдын да мураскору (ата-энеси, балдары) болбосо, а бирок бир кыз, же бир эркек бир тууганы (акеси, үкөсү, карындашы, эжеси, сиңдиси) болсо, анда бул экөөсүнүн ар бирине (мурастын) алтыдан бир үлүшү (берилет). А эгер алар мындан көп болсо, анда (мурас калтыруучу маркумдун) айткан осуятынан кийин, же (дагы) карызы болуп, (анысы төлөнгөндөн кийин), алар (мурастын) үчтөн бирине Алланын насаатына ылайык (бири бирине) зыян жеткирбей (бааарысы) шерик (болушат). Кечиримдүү да, Күйөрман да Алла Өзү!

13. Алланын (белгилеген) чектери ушундай. Ким Аллага жана анын элчи-пайгамбарына баш ийсе, Ал аны алдынан дарыялары агып турган Бейиш бактарына киргизет. Алар анда түбөлүк калышат. Бул – улуу бакыт.

14. Ким Аллага жана анын элчи-пайгамбарына баш ийбесе, Анын (белгилеген) чектерин бузса, анда Ал аны Тозок отуна киргизет. Ал анда түбөлүк калат. Ал үчүн (анда) кор кылуучу азап бар.

15. Сойкулук кылган аялдарыңарга өзүңөрдөн төрт (эркек) күбөнү алар үчүн күбөлүккө тарткыла. Эгер алар (чындыгын аныктап) күбөлүккө өтүшсө, анда аларга (ал аялдарга) өлүм жеткиче, же Алла алардын бир жолун (ачык) кылгыча үйдө кармагыла.

16. Силерден муну кылган эки эркекке да (уруп-согуп) жаза бергиле! Эгер алар тобо кылышса, түзөлүшсө, анда ал экөөсүнөн (жазаны токтотуп) баш тарткыла. Тобону кабыл кылуучу да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

17. Аллага гана тобо кылынат. Өздөрүнүн (наадан) билимсиздигинен улам жаман иштерди кылышып, андан кийин тез арада тобо кылгандар бар. Мындайлардын тобосун Алла кабыл кылат. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

18. Жаман иштерди токтотпой жасай беришкендер бар. Алардын бирине өлүм келген учурда айтат: «Мен азыр тобо кылдым!» Мунусу тобо деле эмес! (Ушинтип) капыр өлүп кеткендер бар. Буларга Биз оор азапты даярдап койдук.

19. Эй, ыймандуу пенделер! Аялдарды зордук менен мураска алышыңар силер үчүн адал эмес. Алар ачыктан ачык ыпыластык кылышпаган жагдайда, аларга берген калыңыңардын бир бөлүгүн алып кетишине тоскоолдук кылбагыла! Алар менен жакшы мамиледе жашагыла. Эгер аларды жек көрсөңөр да (сабыр кыла бергиле). Мүмкүн силерге жек көрүнгөн нерсеге (сабыр кылсаңар) Алла көп жакшылыктарды кылат.

20. Эгер силер бир аялдын ордуна башкасын алмаштырып (үйлөнгөнү) жатсаңар, алардын бирине (мурунтан) калың үчүн байлык берип койгон болсоңор, (ушундай жагдайда деле) андан эч нерсе (кайтарып) албагыла! Ага жалган айтып, ачык күнөө кылып деле (кайтарып) ала бересиңерби?

21. Кантип аны аласыңар? Бири бириңерге (жакындык кылып) кошулдуңар эле. Алар силердин бекем антыңарды да алды эле го!

22. Атаңар үйлөнгөн аялдарды никеңерге албагыла! Мындай нерсе (исламга чейин, мурда) болгон. Бул ыпылас, жийиркеничтүү жаман жол болчу!

23. Силердин никеңерге арам болду: энеңер, кыздарыңар, эже-карындаштарыңар, ата жана эне тарабынан кошулган эже-карындаштарыңар, бир тууган ага-иниңердин кыздары, бир тууган эже-карындаштарыңардын кыздары, эмчек эмизген энеңер, эмчектеш эже-карындаштарыңар, аялдарыңардын энелери, жыныстык катнашка кирген аялдарыңардан

(ээрчинди болуп) силердин тарбияңарга өткөн өгөй кыздарыңар; а эгер алардын энелерине кирбеген болсоңор (же кирбей туруп талак берип, ошондон кийин никеңерге алып калган болсоңор), анда күнөө эмес; дагы (силердин никеңерге арам болду): өзүңөрдүн каныңардан бүткөн балдарыңардын аялдары (келиндериңер); бир тууган эже-сиңдини кошуп (бирөөсүн талак кылбай туруп, бир эле мезгилде экөөсүн тең) никеңерде алып турушуңар; мындай нерсе (исламга чейин, мурда) болгон. Ырайымдуу да, Кечиримдүү да Алла Өзү!

24. Күйөөсү бар аялдар (силердин никеңерге арам болду). Колуңардагы өзүңөр эзлик кылган күңдөрүңөр силерге адал болду. Силер үчүн Алланын Жазуусунда ушундай. Мына ушулардан башка (аялдарга) дене кумарын кандыруучулардан болбой, арзууңар менен абийир сактап, мал-мүлкүңөрдөн (калыңын берип никелешкениңер) адал болду. Аларга (никелешип) пайдасын көрө баштаганыңарда, силер үчүн (белгиленип) парз болгон алардын акыларын (калыңын) бергиле! А эгер (белгиленип) парз болгон калыңдын (аз же көп экенине) өз ара ыраазычылык кылсаңар, анда силерге күнөө эмес. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

25. Силердин ыймандуу башы азат аялдардан никелеп алганга алыңар жетпесе, анда кол алдыңардагы ыймандуу күңдөрүңөрдөн (никелеп алсаңар болот). Силердин ыйманыңарды Алла билет. (Түпкүлүгүндө) бириңерден бириңер (туулуп келгенсиңер). Алардан (күңдөрүңөрдөн) абийирин сактап сойкулук кылбай, көңүлдөш ойноштору болбогондоруна үй-бүлөсүнүн уруксаты менен никелеп алгыла. Акысын жакшылап бергиле. А эгер алар (күңдөр) турмушка чыгышса, (ошондон кийин да) сойкулук кылса, анда аларга азап (жаза) башы азат аялдардын (жазасынын) жарымынча берилет. Силердин ичиңерден кимиңерге (зына кылышка) чоң коркунуч болсо, мындайда (күңдөрдөн никелеп алганыңар жакшы). Силерге сабыр кылганыңар да жакшы. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

26. Алла силерге ачык баян кылышты, силерди силерден мурунку Туура жолдо кеткендердин жолуна салышты да, тобоңорду кабыл кылышты да каалайт. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

27. Алла силердин тобоңорду кабыл кылышты каалайт. А өздөрүнүн (азгырган) ышкысына ээрчигендер силердин (Туура жолдон) катуу четтеп ооп кетишиңерди каалайт.

28. Алла силерге жеңилдикти каалайт. Анткени, инсан алсыз болуп жаратылган.

29. Эй, ыймандуу пенделер! Эгерде ыраазычылык менен ортоңордо соодаңар болбогон учурда деле (өз ара дүнүйөлүк жашоодо алыш-бериш катыш бар үчүн) бири бириңердин мүлкүңөрдү акыйкатсыз жол менен жебегиле! Өзүңөрдү өлтүрбөгүлө! Силерге Ырайымдуу – Алла Өзү!

30. Ким мындайды зулумдук менен, душмандык менен жасаса, Биз аны жакында Тозок отуна куйкалайбыз. Бул – Аллага жеңил.

31. Эгер силер тыюу салынган чоң күнөөлөрдөн сактансаңар, анда Биз силердин жамандыгыңарды жашырабыз да, өзүңөрдү сый-урматтуу жайга киргизебиз.

32. Алла бириңерден бириңерди артык кылып койсо, (ич күйдүлүк кылып) аны эңсебегиле! Эркектердин да кылган ишинин акысы бар, аялдардын да кылган ишинин акысы бар. Алладан ырайым сурагыла! Бардык нерсени Билүүчү – Алла Өзү!

33. Ар бирөөнү ата-энеси жана жакын туугандары калтырган мүлккө эгедер (мураскор) кылдык. Ант берип келишим кылган (өз ара ишиңердин) акысын өз-өзүнө бергиле! Ар бир нерсеге Алла Өзү Күбө болот!

34. Эркектер – аялдарга башчы. Алла алардын айрымдарын айрым биринен артыкчылыкка ээ кылды. Ошонусуна жараша алар мал-мүлкүнөн каржы кылышат. Жакшы аялдар: (булар эркектерине) баш ийишет; Алланын сакта деген буйруктарын көмүскө учурда деле сакташат. Аялдарыңардын баш ийбестигинен корксоңор, анда аларга (оболу) насаат кылгыла. (Буга да көнбөсө, анда аларды) төшөгүндө (бирге жатпай жалгыз) калтыргыла. (Мында да оңолбосо, анда аларды бир) чапкыла. А эгер (ушундан кийин) силерге баш ийип калышса, анда аларга карата (башка) жол издебегиле! Улук да, Бийик да Алла Өзү!

35. Эгер силер (эрди-катын) экөөсүнүн ортосунда жарака кетишинен корксоңор, анда эркектин туугандарынан бир калыс эркекти, аялдын туугандарынан да калыс бир эркекти (алардын ишин тескеш боюнча) жөнөткүлө! Экөө жарашууну кааласа, анда Алла ал экөөнүн ортосуна ынтымак берет. Кабардар да, Билүүчү да Алла Өзү!

36. Аллага кулдук кылгыла! Эч бир нерсени Ага шерик кылбагыла! Ата-энеңерге жакшылык кылгыла! Дагы туугандарыңарга, жетимдерге, кедейлерге, жакын коңшу болуп калган туугандарыңарга, тууганыңар болбогон коңшуларыңарга, жаныңардагы жолдошуңарга, жолоочуга, кол алдыңардагыларга (кулдарыңар менен күндөрүңөргө жакшылык кылгыла). Алла текеберлик кылып мактангандарды сүйбөйт.

37. (Анткени), алар сараңдык кылышат. Калайыкка да сараңдык кылышты буйрушат. Алла Өз ырайымы менен аларга бергендерди жашырышат. Биз капырлар үчүн кор кылуучу азапты даярдап койдук.

38. Өзүнүн мал-мүлкүн калайык көрсүн деп каржы кылгандар бар. Булар Аллага да, акырет күнгө да ишенишпейт. Кимге шайтан жолдош болсо, анда жолдошу жаман экен.

39. Алар Аллага да, акырет күнүнө да ишенишсе, Алла аларга берген ырыскыдан каржы кылышса эмне болот эле? Аларды Билүүчү да Алла Өзү!

40. Алла кыпындай да зулумдук кылбайт. Эгер бир жакшылык болсо, Ал аны эселеп көбөйтөт да, Өзү тарабынан акысын өтө чоң кылып берет.

41. Биз ар бир үмөттөн бир күбө алып келсек, а буларга сени күбө кылып алып келсек кандай болот?

42. Ал күндө капырлар да, элчи-пайгамбарга баш ийбей койгондор да жер менен жексен болуп (житип) кетишти каалашар эле. Алар Алладан бир да сөздү жашыра алышпайт!

43. Эй, ыймандуу пенделер! Силер мастыгыңар тарап, өзүңөрдүн эмне сүйлөп жатканыңарды аңдап билгенге чейин, жана да сапарда эмес экениңерде жунуб[2] болгон абалда жүрүп гусул кылганга чейин намазга жолобогула! А эгер ооруп калсаңар, же сапарда жүрсөңөр, же ажатыңар келип андан бошонсоңор, же аялдарга кошулсаңар, (ушундай учурда) суу таппасаңар, анда таза топурак менен тайаммум кылгыла! Жүзүңөргө да, колуңарга да масх тарткыла! Кечиримдүү да, Кечирүүчү да Алла Өзү!

44. Жазуунун бир бөлүгү берилгендердин адашкан жолду сатып алып жатышкандарын жана силердин да жолдон адашып кетишиңерди каалашарын көрбөдүңбү?

45. Силердин душмандарыңарды Алла абдан жакшы билет. Алла Өзү жетиштүү Колдоочу! Алла Өзү жетиштүү Көрүүчү!

46. Жөөттөрдүн арасында турган жеринде эле сөздү бурмалагандар бар. Алар айтышат: «Уктук, баш ийбедик. Укпай турганды ук. Бизге кам көр». Тили менен бурмалашып, динге каршы турушат. А эгер алар: «Уктук, баш ийдик! Ук! Бизге назар кыл!» – деп айтышса, алар үчүн жакшы да, абдан туура да болот болчу. (Ошентип), капырлык кылгандары үчүн аларды Алла каргады. Алардын бир азынан башкасы ишенбейт.

47. Эй, Жазуу берилгендер! Биз жүздөрдү курутуп (моюндарын) аркасына бураганга чейин, же ишембини бузгандарды каргаганыбыздай силерди да каргай элегибизге чейин силердегини тастыктоочуну түшүргөнүбүзгө ишенгиле! Алланын буйругу аткарылат!

48. Алла Өзүнө шерик келтиргенди эч качан кечирбейт! Мындан башкасын кимдир бирөөгө кааласа кечирет. Ким Аллага шерик келтирсе, ал өзүнө өтө чоң күнөөнү ойлоп таап алды.

49. Өздөрүн (күнөөдөн) тазаландык дегендерди көрбөдүңбү? Жок! Кимди кааласа Алла гана (күнөөдөн) тазалайт. (Анда) аларга курма данегинин чел кабыгынча да зулумдук кылынбайт!

50. Алардын Аллага кандай жалгандарды ойлоп таап жаткандарына назар кыл! Анык күнөө экенине ушул эле жетет!

51. Жазуунун бир бөлүгү берилгендерди көрбөдүңбү? Алар жибт[3] менен тагутка[4] ишенишет да, капырлар туурасында айтышат: «Ыйманга кирген пенделерден көрө булардын жолу туура экен».

52. Буларга Алланын каргышы тийди. Кимди Алла каргаса, ага бир да жардам берүүчүнү таба албайсың!

53. Же аларга бөлүнгөн бийлик барбы? Андай болсо алар калайыкка курма данегиндеги сызыкты да ыраа көрмөк эмес.

54. Же Алланын калайыкка Өз ырайымы менен бергендерине алардын ичи күйөбү? Биз Ибрахимдин уругуна Жазууну да, даанышмандыкты да бергенбиз. Аларга бийликтин улуу салтанатын да бердик.

55. Алардан Ага ишенгендери да болду, алардан Андан жүз үйрүгөндөрү да болду. Аларга алоолонгон Тозок жетишет!

56. Биздин аяттарыбызга ишенбегендерди жакында Тозок отуна куйкалайбыз. Ар дайым алардын териси куйкаланып бүтсө, азаптын даамын татышы үчүн Биз алардын терисин кайрадан өстүрүп алмаштырып турабыз. Бийик да, Даанышман да Алла Өзү!

57. Жакында Биз ыймандуу пенделер менен жакшы иштерди жасагандарды алдынан дарыялары агып турган Бейиш бактарына киргизебиз. Алар анда түбөлүк калышат. Алар үчүн анда таптаза жубайлар да бар. Аларды калың көлөкөгө киргизебиз.

58. Алла силерге аманаттарды ээсине кайра тапшырышыңарды жана калайыктын ортосунда өкүм чыгарсаңар адилеттүү өкүм кылышыңарды буйруп жатат. Алла силерге кандай жакшы насаат берип жатат! Угуучу да, Көрүүчү да Алла Өзү!

59. Эй, ыймандуу пенделер! Аллага да, элчи-пайгамбарга да, өзүңөрдөн (чыккан) буйрук ээсине да баш ийгиле! Эгер силер бир нерсе туурасында өз ара талашып калсаңар, анда аны Алла менен элчи-пайгамбардын (өкүмүнө) кайтаргыла! Силер Аллага да, акырет күнүнө да ишенген пенделерден болсоңор, ушундай (кылганыңар) жакшы. Мунун натыйжасы да өтө жакшы!

60. Өздөрүн сага түшүрүлгөнгө жана сага чейин түшүрүлгөнгө ишенгендербиз деп ойлогондордун өкүм чыгарарда тагутту каалагандарын көрбөдүңбү? Аларга ага ишенбешке буйрук да болгон. Шайтан аларды катуу азгырып адаштырышты каалайт.

61. Аларга: «Алланын түшүргөнүнө жана элчи-пайгамбарга келгиле!», – деп айтылса, мунапыктардын сенден шашылыш бурулуп кайтып кеткенин көрөсүң.

62. Аларга өз колдору менен мурдатан жасагандары балээ болуп жеткенден кийин Алланын аты менен касам ичип: «Биз жакшылык менен (тынчтык) келишимди гана каалаган элек», – деп сага келишсе кандай болот?

63. Алардын жүрөктөрүндө эмне бар экенин Алла билет. Алардан жүз бур. Аларга насаат кыл. Алар менен турганыңда аларга жетик сөздү айт.

64. Биз элчи-пайгамбарды Алланын уруксаты менен (калкы ага) баш ийсин деп жөнөттүк. Эгер алар өздөрүнө залимдик кылышкандан кийин да сага келишсе, Алладан кечирим тилешсе, (ошондо) элчи-пайгамбар да алар үчүн кечирим тилесе, андай болсо алар Алладан тоболорун кабыл алганын да, ырайымын да табышат болчу.

65. Жок! Сенин Эгеңди күбө кылып касам берем! Алар ортолорундагы бутактап чаташкан талаш-тартышка сени калыс өкүмдар кылышмайынча ыйманга кире алышпайт. Сенин чечиминден кийин өздөрү да көөнү кыйналбастан толук моюн сунушат болчу.

66. Биз аларга «Өзүңөрдү өлтүргүлө, же журтуңардан чыгып кеткиле!» деп жазган болсок, анда булардын бир азынан башкасы муну кылмак эмес. Эгер алар айтылган насааттарды кылышкан болсо, анда алар үчүн жакшы болор эле. (Ыймандары) да абдан бекем болот болчу.

67. Андай болсо Биз аларга Өзүбүздүн улук энчилеribизден берет элек.

68. Аларды Туруктуу жолго да салат болчубуз.

69. Ким Аллага жана анын элчи-пайгамбарына баш ийсе, анда булар Алла бак-таалай берген пайгамбарлар, туура жүргөндөр, шейиттер, жакшы иш жасаган пенделер менен бирге болушат. Булар кандай жакшы жолдоштор!

70. (Аларга) Алланын ырайымы ушундай. Билүүчү Алла Өзү жетишет!

71. Эй, ыймандуу пенделер! Этият болгула! Топ-топ болуп жүргүлө, же бүт баарыңар чогуу жүрүш кылгыла!

72. Силерден (согушка барбай) калып калгандар да бар. Эгер силерге бир кырсык жетсе, алардын бири айтат: «Алла мага бак-таалай берген экен, алар менен мен бирге катышпадым».

73. А эгер силерге Алладан ырайым жетсе, анда аны менен силердин ортоңордо эч бир достук (байланыш) болбогондой айтып калат: «Атаганат! Мен да (алар менен) бирге болсомчу! Чоң бакытка жетмек экенмин!»

74. Алла жолунда дүнүйөлүк жашоонун ордуна акыретти сатып ала тургандар согушсун! Ким Алла жолунда согушуп өлтүрүлгөн болсун, же жеңип чыккан болсун, Биз ага жакында чоң энчи беребиз.

75. Эмне үчүн силер Алла жолунда: «Эгебиз! Бизди тургундары залим болгон бул шаардан чыгарып кет! Бизге Өзүңдөн бир колдоочуну жеткире көр! Бизге Өзүңдөн бир жардам кылуучуну жеткире көр!» – деп айтып жаткан алсыз эркектер, аялдар, балдар үчүн согуш кылбайсыңар?

76. Алла жолунда согушуп жаткан ыймандуу пенделер бар. Тагуттун жолунда согушуп жаткан капыр пенделер да бар. Шайтандын досторуна каршы согушкула! Шайтандын шумдугунун алы деле жок.

77. «Колуңарды (согуштан) тарткыла! Намазды аткаргыла! Зекетти бергиле!» – деп айтылгандарга назар кылбадыңбы? Аларга согуш жазылган учурда, алардын бир бөлүгү Алладан корккондой, же андан да катуурак калайыктан корко башташты. Алар айта башташты: «Эгебиз! Эмне үчүн бизге согушту жаздың? Сен (аны) бизге бир азга кечиктирип турсаң да болот эле да!» Айт: «Дүнүйө жашоосунун пайдасы аз. Акырет такыбалар үчүн жакшы. (Силер) курма данегинин чел кабыгынча зулумдукка деле кабылбайсыңар».

78. Кайда болсоңор да силерге өлүм жетет. Эгер силер бийик көтөрүлгөн мунаралардын башында болсоңор деле (жетет). Эгер аларга жакшылык жетсе айтышат: «Бул – Алланын Өзүнөн». А эгер аларга жамандык жетсе айтышат: «Бул – сенин кесепетиңден». Айт: «Бүт баарысы – Алланын Өзүнөн». Бул эмне болгон калайык? Сөздү түшүнгөнгө жакын жологусу да келбейт!

79. Жакшылыктан сага эмне жетсе, анда ал – Алланын Өзүнөн. А жамандыктан сага эмне жетсе, анда ал – сенин өзүңдөн. Сени Биз калайыкка элчи-пайгамбар кылып жөнөттүк. Алла буга жетиштүү Күбө.

80. Ким элчи-пайгамбарга баш ийсе, анда ал Аллага баш ийет. А ким баш тартса, (ага кайгырба). Биз сени алардын үстүнөн кайтаруучу кылып жөнөткөн эмеспиз.

81. Алар айтышат: «Баш ийиш керек!» А сенин алдыңдан чыккандан кийин алардын бир тайпасы түн ичинде сен айтканды башкача ойлошот. Алла алардын түнкү ойлогондорун жазып коёт. Алардан баш тарт! Аллага тобокел кыл! Алла Өзү жетиштүү Өкүл!

82. Алар Куран жөнүндө ой жүгүртүшпөйбү? Эгер ал Алланын Өзүнөн түшүрүлбөгөн болсо, алар андан көптөгөн карама-каршылыктарды табышат эле да!

83. Аларга коркунучтуу же аманчылык иштин (кабары) келсе, аны (аныктабай туруп эле) жайып жиберишет. Эгер алар муну элчи-пайгамбарга жана өздөрүнөн чыккан (билерман) бийлик ээлерине кайтарышкан болсо, анда (мунун) жөнү жайын билгендер катары алардан билип алышар эле. Эгер силерге Алланын жакшылыгы жана ырайымы болбогондо, бир азыңардан башкаларыңар шайтанга ээрчип кетмексиңер.

84. Алла жолунда согуш кыл! Сен өзүңдөн башкага жооптуу эмессиң. Ыймандуу пенделерди үгүттөп тур! Балким, Алла капырлардын жамандыгын (силерге) токтотуп коёр. Алланын каары да катуу, жазасы да катуу!

85. Ким жакшылыкты колдосо, андан ага энчи тийет. А ким жамандыкты колдосо, ага да андан энчи тийет. Алла бардык нерсеге кубаты жеткен Кудай!

86. Силерге салам берилсе, силер андан да жакшыраак алик алгыла, же өзүндөй кылып жооп кайтаргыла! Алла бардык нерсени Эсептөөчү Кудай!

87. Алладан башка Кудай жок! Ал силерди күмөнсүз (келе турган) кыямат күнгө жыйнайт. Алладан да артык чындыкты айткан ким бар?

88. Силерге эмне болду? Мунапыктар туурасында эки топко (бөлүнүпсүңөр). Алла аларды кылган иштерине жараша аркасына кайтарды эле го. Алла кимдерди жолдон адаштырса, аларды Туура жолго салышты каалап жатасыңарбы? Кимди Алла жолдон адаштырса, ага эч качан жол таап бере албайсың!

89. Алар өздөрү ишенбей капыр болгону үчүн силерди да капыр болуп (алар менен) бирдей болушуңарды каалайт. Алланын жолуна жүрмөйүнчө

алардан дос күтпөгүлө! Эгер баш тартышса, кайсы жерден тапсаңар кармап алып өлтүргүлө! Аларды дос да, жардамчы да кылбагыла!

90. Булардан башка да силер менен келишими болгондор менен кошулуп кеткен, же көңүлдөрү кысылып силер менен да, өздөрүнүн калкы менен да согушкусу келбей силерге келген калайыктар бар. Эгер Алла кааласа, буларга силердин үстүңөрдөн бийлик берип коёт болчу. Анда силерге согуш кылат болчу. Эгер булар силерден чегинип согуш кылбай тынчтык (келишимди) сунуш кылса, анда Алла буларга каршы силер үчүн эч кандай жол бербейт.

91. Жакында силерден да тынч, өздөрүнүн калкынан да тынч болушту каалаган башка бирөөлөрүн учуратасыңар. Ар дайым алар бузукулукка кайтарылып барды дегиче, ага баш-оту менен кирип кетишет. Эгер алар силерден чегинбей, силерге тынчтык келишимин сунуш кылбай, силерге (согуш кылыштан) колдорун тартышпаса, анда аларды кайсы жерден тапсаңар кармагыла да, өлтүргүлө! Мындайлардын үстүнөн силерге ачык бийлик бердик.

92. Ыймандуу пенде ыймандуу пендени катачылык (кетирбей), эч качан өлтүргөн эмес. Ким ыймандуу пендени (силерден бирөө кокусунан) катачылык кетирип өлтүргөн болсо, анда бир ыймандуу кулду азат кылып, үй-бүлөсүнө кунун кечпесе төлөп бериши керек. А эгер (катачылык менен өлтүрүлгөн) ыймандуу пенде силерге душман калайыктан болсо, анда бир ыймандуу кулду азат (кылышыңар керек). А эгер (катачылык менен өлтүрүлгөн ыймандуу пенде) силер менен келишим түзгөн калайыктан болсо, анда бир ыймандуу кулду азат кылып, үй-бүлөсүнө кун (төлөшүңөр керек). Ким (кун төлөгөнгө) эч нерсе таба албаса, анда Алладан тобосунун кабыл болушун тилеп үзгүлтүксүз эки ай орозо кармашы керек. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

93. Ким ыймандуу пендени атайын өлтүрсө, анын жазасы – Тозок. Ал анда түбөлүк калып, Алла аны каарына алат, аны каргайт. Ага өтө чоң азапты да даярдап койду.

94. Эй, ыймандуу пенделер! Алла жолунда кетип жатканыңарда (муну) ачык билип алгыла! Кимдир бирөө силердин алдыңардан жолугуп салам берсе, дүнүйөлүк жашоонун пайдасын көздөп, ага: «Сен ыймандуу пенде эмес экенсиң!», – деп айтпагыла! Алланын өтө көп байлыктары бар. Силер деле мурда ошолордой эле болчусуңар. Кийинчерээк Алла силерге жакшылык кылды. (Муну) ачык билип алгыла! Эмне кылып жатканыңардан Кабардар Алла Өзү!

95. Ыймандуу пенделердин ичинен Алла жолунда (үзүрсүз күрөш кылбай) отуруп калгандар менен өзүнүн мал-мүлкү жана каны-жаны менен зыян тартпагандар тең эмес. Алла мал-мүлкү жана каны-жаны менен күрөш кылгандардын даражасын отуруп калгандардан артык кылды.

Алла жакшылыкты баарысына убада кылган. Алла күрөш кылгандарга улук энчи берип, (аларды) отуруп калгандардан артык кылды.

96. Анын кечиримди жана рахматы менен бирге (көп) даражалары да бар. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

97. Өздөрүнө залимдик кылгандардын жанын алганда периштелер айтышат: «Силер кайда элеңер?» Алар айтышат: «Биз жер үстүндө алсыз болчубуз». Алар айтышат: «Ары-бери көчүп-конуп жүргөнгө Алланын жери кең эмес бекен?» Булардын жайы – Тозок. Кандай жаман турак жай!

98. Булардан башка да (эптеп) бир айласын кылып Туура жолго жете албаган алсыз эркектер, аялдар, балдар бар.

99. Буларга балким, Алланын кечиримди болуп калаар. Кечирүүчү да, Кечиримдүү да Алла Өзү!

100. Ким Алла жолуна жүрсө, ал өзүнө жер үстүндө көптөгөн баш калкалаар кенен-кесир жай таба алат. Ким үйүнөн чыгып Аллага жана Анын элчи-пайгамбарын көздөй жүрсө, андан кийин ага өлүм жеткен болсо, анда (мунун) акыбети Алланын Өзүндө ага бар. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

101. Жер үстүндө сапар тартып жүргөнүңөрдө, капырлардын силерге кол салышынан корксоңор, намаздын (рекеттерин) кыскартып окусаңар силерге күнөө эмес. Силердин ачык душманыңар – капырлар.

102. (Согуш учурунда) сен алардын арасында имам болуп намазда турсаң, анда алардан бир тайпасы сени менен куралдарын алып алышсын да, (намаздын) сабында турушсун. Качан алар (биринчи рекетке) сажда кылышкандан кийин (туруп кетип) аркаңардан коргоп турушсун! (Ушул учурда) намазга турбаган башка бир тайпасы куралдарын алышсын да, сени менен (согушка даяр абалында эле сап тартып) намазга турушсун! Капырлар силерге курал-жарактарыңардан да, буюмдарыңардан да бейкапар турганыңарда бир секирик менен кол салганды эңсешет. Эгер жамгырдан жапа чексеңер, же ооруп турсаңар, анда курал-жарагыңарды чечип коюп койсоңор, силерге күнөө эмес. (Ошентсе да) дайым даяр тургула! Капырлар үчүн Алла кор кылуучу азапты даярдап койгон.

103. Намазды аткарып бүткөндөн кийин тике турсаңар да, отурсаңар да, жамбаштап жатсаңар да Алланы эстеп зикир кылгыла! (Согуш бүтүп) тынчтык учурга жеткениңерде намазды (кыскартпай) толук аткаргыла! Ыймандуу пенделер үчүн намаздын (убактысы) так белгиленип жазылган.

104. (Капыр) калкын (согушта) издеп табыштан алсырабагыла. Силер кыйналып жаткан болсоңор, алар да силердей эле кыйналып жатышат. Алар үмүт кылбаган нерсени Алладан силер үмүт кылып жатасыңар. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

105. Калайыктын арасында Алла сага көрсөткөндөй өкүм кылышың үчүн Биздин сага Жазууну түшүрүп жатканыбыз ак. Кыянат кылуучуларды коргоочу болбо!

106. Алладан кечирим тиле! Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

107. Өз ара бири-бирине кыянаттык кылгандар менен талаш-тартыш кылба. Ким кыянат кылуучу күнөөкөр болсо, Алла (андайларды) сүйбөйт.

108. Алар калайыктан жашырынышса да, Алладан жашырына алышпайт. Алар түн ичинде Ал ыраазы болбогон сөздөрдү айтып жатышканда да Ал алар менен бирге. Алла алардын кылган иштерин туш тарабынан Курчоочу Кудай!

109. Эй, силер! Силер алардын таламын бул дүнүйөлүк жашоосунда талашып жатасыңар. А кыямат күнү алардын таламын Алла менен ким талаша алат? Же, алар үчүн ким (коргоочу) өкүл боло алат?

110. Ким жаман иш кылса, же өзүнө зулумдук кылса, ошондон кийин Алладан кечирим тилесе, анда Алланын Ырайымдуу, Кечиримдүү экенин табат.

111. Ким күнөө кылса, ал муну өзү үчүн гана кылат. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

112. Ким бир катачылыкты же күнөөнү жасаган болсо, андан кийин муну (кылбаган) күнөөсү жок бирөөгө оодарса, анда ал дооматты да, ачык (жасалган) күнөөнү да көтөрөт.

113. Эгер сага Алланын жакшылыгы менен рахматы болбосо, алардан бир тайпасы сени жолдон азгырышты ойлоп жаткан болчу. Алар өздөрүнөн башкаларды жолдон адаштыра алышпайт. Сага да эч бир зыян жеткире алышпайт. Алла сага Жазуу менен даанышмандыкты түшүрдү. Сага билбегениңди билдирди. Алланын жакшылыгы сага өтө чоң болду.

114. Калайыктын арасында садака беришти, жакшылыкка чакырышты, бузулганды түзөтүштү буйрук кылгандан башка, жашыруун сүйлөгөн сөздөрүнүн көпчүлүгүндө жакшылык деле жок. Ким бул иштерди Алланын ыраазычылыгы үчүн кылса, анда Биз ага жакында (акыреттин) улук акыбетин да беребиз.

115. Ким элчи-пайгамбарга Туура жол ачык баян болгондон кийин да ага каршы чыкса, ыймандуу пенделердин жолунан башканы ээрчисе, анда аны бурулган жагына бурабыз да, Тозокко киргизебиз. Ал кандай жаман турак жай!

116. Алла Өзүнө шерик келтиргенди эч качан кечирбейт! Мындан башкасын кимдир бирөөгө кааласа кечирет. Ким Аллага шерик келтирсе, ал адашканда да катуу адашты.

117. Алар Аны таштап аялдардын (атын коюп алышкан буркандарына да) жалбарыша беришет. Алар эсирген шайтанга да жалбарыша берет.

118. Алла аны каргаган. Ал (шайтан) айткан: «Мен сенин кулдарыңдын энчисинен алып турам.

119. Аларды жолдон адаштырам, куру кыялга жетелейм, малдарынын кулагын (ырымдап) кескенге буйрук кылам. Алланын жасаган кел-

бетин өзгөрткөнгө буйрук кылам!» Ким Алланы таштап шайтанды дос тутса, аны ачык кусур урду!

120. (Шайтан) аларды куру кыялга жетелейт, убада бере берет. Шайтандын аларга берип жаткан убадасы азгырыктан бөлөк эч нерсе эмес.

121. Булардын жайы – Тозок. Алар андан кутула да алышпайт!

122. Жакында Биз, ыймандуу пенделерди да, жакшы иш кылгандарды да алдынан дарыялары агып турган Бейиш бактарына киргизебиз. Алар анда түбөлүк кала беришет. Алланын убадасы ак! Туура сөздү Алладан да артык айткан ким бар?

123. Силердин куру кыялыңар да, Жазуу ээлеринин куру кыялдары да (акыйкат) эмес. Ким жамандыкты жасаса, ал анысы менен жазаланат. Ал өзүнө Алладан башка Колдоочуну да, Жардам берүүчүнү да таппайт.

124. Ким жакшылыктарды жасаса, мейли ал эркек же аял болсун, анда ал ыймандуу пенде болду. Булар Бейишке киришет. Буларга курма данегинин (боорундагы) сызыгынча да зулумдук кылынбайт.

125. Дини жагынан Аллага жүзүн буруп моюн сунгандан да жакшы ким бар? Мындай пенде – жакшы пенде. Ал Ибрахимдин калкына ээрчиген ханифтердин бири болду. Ибрахимди Алла дос туткан.

126. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Алланыкы. Алла бардык нерсени туш тараптан Курчоочу Кудай!

127. Алар сенин аялдар туурасындагы чечиминди билгиси келип жатышат. Айт: «Алла силерге алар туурасында чечим кылып жатат. Жазууда жетим кыздар туурасында силерге аяттар окулуп жатат. Алар үчүн жазылганды аларга бербей жатасыңар. (Бирок), силер аларды никелеп алганга кызыгасыңар. Алсыз балдар үчүн да (бербей жатасыңар). Жетимдерге да адилет турушуңарга (чечим болуп жатат). Жакшылыктан эмне кылып жатканыңарды Билүүчү Алла Өзү!»

128. Эгер бир аял эринин көңүлү сууп, же чанып кетишинен корксо, анда ал экөөнүн өз ара бир келишимге келиши күнөө эмес. Келишим – жакшы (иш). Көңүлдөрдү сараңдык ээлеп турат. Эгер жакшылык кылып жатсаңар да, такыбалык кылып жатсаңар да, эмне кылып жатканыңардын (баарысынан) Кабардар Алла Өзү!

129. Силер каалаган болсоңор деле, аялдардын ортосунда адилеттүүлүк кылышка эч качан күчүңөр жетпейт. Эгер (бирөөсүн) жактырсаңар, (ага) толук ыктап кетпегиле! (Башкасын) асылып тургандай бош коюп (таштабагыла). Өзүңөрдү оңдоп жатсаңар, такыбалык кылып жатсаңар, анда (силер үчүн) Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

130. Эгер экөөсү ажырашып кетишкенде деле, Алла Өзүнүн чексиз байлыгынан ар бирине (ырыскы катары) берип байыта берет. Парбардигер Алла Өзү Даанышман!

131. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Алланыкы. Биз силерге да, силерден мурдагы Жазуу берилгендерге да «Алладан корккула!» деп осуят кылдык. А эгер силер ишенбесеңер деле (эч нерсе кыла албайсыңар). Асмандагылар да, жердегилер да Алланыкы. Түгөнбөс байлык Ээси да, Даңктуу да Алла Өзү!

132. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Алланыкы. Алла Өзү жетиштүү Өкүл!

133. Эй, калайык! Эгер Алла кааласа силерди кетирет да, башкаларды (силердин ордуңарга) келтирет. Буга толук Кудуреттүү (Алла Өзү)!

134. Ким бул дүнүйөнүн сообун кааласа (билип койсун). Дүнүйөнүн сообу да, акыреттики да Алланын Өзүндө. Угуучу да, Көрүүчү да Алла Өзү!

135. Эй, ыймандуу пенделер! Өзүңөр үчүн, же ата-энеңер үчүн, же жакын туугандарыңар үчүн болсо да Аллага күбөлүк берип, адилеттүүлүк үчүн туура тургандардан болгула! Бай болобу же кедей болобу, Алла экөөнө тең эле жакын. Адилеттүүлүк кылчу болсоңор куру кыялга ээрчибегиле! А эгер (чындыкты) бурмалап айтсаңар же (күбөлүк бериштен) баш тартсаңар, (анда билип койгула). Эмне кылып жатканыңардан Кабардар Алла Өзү!

136. Эй, ыймандуу пенделер! Аллага да, Анын элчи-пайгамбарына да, Анын элчи-пайгамбарына түшүргөн Жазуусуна да, (андан) мурунку түшүргөн Жазуусуна да ишенгиле! Ким Аллага, Анын периштелерине, Анын Жазууларына, Анын элчи-пайгамбарларына, акырет күнгө ишенбесе, анда толук адашып, (Туура жолдон) алыстайт.

137. Ыйманга киргенден кийин капыр болуп, андан кийин кайра ыйманга кирип, андан кийин кайрадан капыр болуп, ошондон кийин да капырлыгын уланта бергендерге Алла кечирим кылбайт. Аларды Туура жолго да салбайт.

138. Мунапыктарга сүйүнчүлө! Алар үчүн оор азап бар.

139. Ыймандуу пенделердин ордуна капырларды дос туткандарга да (оор азапты сүйүнчүлө)! Алар ызат-урматты ошолордон издеп жүрүшөбү? Ызат-урматтын баарысы Алланын Өзүнө эле го!

140. Силерге түшүргөн Жазуудагы Алланын аяттарын угуп жатсаңар, аларга ишенбей шылдыңдап жатышкан болушса, алар менен башка сөзгө өтүшмөйүнчө бирге отурбагыла! (Бирге отурсаңар) силер да аларга окшойсуңар. Мунапыктарды да, капырларды да, баарын бирге Тозокко Жыйноочу Алла Өзү!

141. Силерди күтүп тургандар бар. Эгер силерге Алладан (жардам болуп) жеңиш болсо айтышат: «Биз силер менен эмес белек?» А эгер капырларга (жеңиш) насип кылса, айтышат: «Биз силерге жардам бериштин аракетинде болуп, ыймандуу пенделерден силерди тосуп турбадыкпы?» Алла силердин ортоңордогу (талашка) кыямат күнү өкүмүн чыгарат.

Алла эч качан ыймандуу пенделердин үстүнөн капырлардын (жеңишке жетишине) жол бербейт.

142. Мунапыктар Алланы алдагылары келишет. (Тескерисинче), Ал аларды алдап коёт. Качан алар намазга турушса, калайыкка көрүнөлү дегендей ыңгыранып турушат. Алланы да анда-санда эле эстешет.

143. Буларда да (ыймандуу пенделердин арасында да) жок, тигилерде да (капырлардын арасында да) жок, ушулардын арасында арабөк калышат. Алла кимди адаштырган болсо, эч качан ага жол таап бере албайсың.

144. Эй, ыймандуу пенделер! Ыймандуу пенделерди таштап капырларды дос тутпагыла! Аллага (жакпаган) иш кылып, силерге ачык бийлик түшүрүшүн каалап жатасыңарбы?

145. Мунапыктар Тозок отунун эң түпкү катмарында калышат. Алар үчүн эч бир жардам берүүчүнү таба албайсың!

146. Булардан башка тобо кылгандар, (өздөрүн) оңдогондор, Аллага бекем таянгандар, Алла үчүн дининде калыс тургандар бар. Булар ыймандуу пенделер менен бирге. Алла жакында ыймандуу пенделердин улук энчисин берет.

147. Эгер силер шүгүр кылсаңар, ыйманга кирсеңер, эмне үчүн Алла силерге азап кылыш керек? Шүгүрдү кабыл алуучу да, Билүүчү да Алла Өзү!

148. Ким зулумдукка кабылбай туруп жаман сөздү жарыя айтса, (мындайды) Алла сүйбөйт. Угуучу да, Билүүчү да Алла Өзү!

149. Эгер силер жакшылыкты ачык кылсаңар, же жашырып кылсаңар, же жамандыкты кечирсеңер (өзүңөргө жакшы). Кечирүүчү да, Кудуреттүү да Алла Өзү!

150. Аллага да, Анын элчи-пайгамбарларына да ишенбегендер, Алла менен Анын элчи-пайгамбарларынын арасын ажыратууну каалагандар бар. Алар айтышат: «Биз кээ бирине ишенебиз, кээ бирине ишенбейбиз». Булар (ыйман менен капырлыктын) ушунун ортосунан бир жол таап алышты каалашат.

151. Булардын капыр экени ак! Капырлар үчүн Биз кор кылуучу азапты даярдап койдук.

152. Аллага да, Анын элчи-пайгамбарларына да ишенгендер бар. Алар эч качан алардын биринин дагы арасын ажыратып бөлүшкөн эмес. (Алла) жакында булардын акыбетин берет. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

153. Жазуу ээлери асмандан Жазууну аларга түшүрүп беришиңди сенден сурап жатышат. Мусадан мындан да чоңуураакты сурашкан эле. Алар айтышкан: «Алланы бизге ашкере көрсөт!» Алардын мындай зулумдугунан улам чагылган урган болчу. Ошондон кийин ачык далилдер келсе деле, алар музоого сыйынып кетишкен. Ошондон кийин да Биз аларды кечирдик. Мусага Биз ачык бийлик бергенбиз.

154. Биз антын алып жатканыбызда алардын үстүнө тоону көтөрүп турдук. Аларга айттык: «(Шаардын) дарбазасынан сажда кылып кирги-

ле!» Ишемби туурасында аларга айттык: «Чектен чыкпагыла!» Алардын бекем убадасын алганбыз.

155. Убадаларын бузгандары, Алланын аяттарына ишенбегендери, ак жеринен пайгамбарларды өлтүргөндөрү үчүн айтышкан: «Жүрөктөрүбүз кулпуланган!» Жок! Алардын капырлыгынан улам, Алла жүрөктөрүн жаап салган болчу. Бир азынан башкасы ыйманга кирбейт.

156. Дагы ишенбеген капырлыктары, Марйамга чоң жалаа жаап тараткан (ушак) сөздөрү үчүн (каргышка калтырганбыз).

157. Дагы алардын «Биз Масихти – Марйам уулу Исаны – Алланын элчисин өлтүрдүк» деген сөздөрү үчүн (каргышка калтырганбыз). Алар аны (Исаны) өлтүрүшкөн да, асышкан да эмес. Аларга (Исага) окшош (болуп башка бирөө) көрүнгөн. Алар бул туурасында өтө шектүү талаш пикирде калышты. Алардын биринде дагы бул туурасында бүдөмүк божомолдон башка билими жок. Алардын аны өлтүрбөгөнү аныкчындык.

158. Жок! Алла аны Өзү (каалаган жайга) көтөрүп алып кеткен. Улук да, Даанышман да Алла Өзү!

159. Жазуу ээлеринин ичинен өлбөстөн мурун ага ишенбеген эч ким болбойт. Кыямат күнү ал аларга күбөлүккө өтөт.

160. Жөөт дининдегилердин зулумдугу үчүн (мурун аларга) адал болгон нерселерди арам кылдык. (Мунун себеби), Алланын жолунан көпчүлүктү тосуп жатышканы үчүн болду.

161. Тыюу салынганына да болбой сүткорлуктан пайда алгандары үчүн, калайыктын мал-мүлкүн арамдык менен жегендери үчүн болду. Алардын ичинен капыр болуп кеткендерине Биз оор азапты даярдап койдук.

162. Бирок, алардын ичинде да илимде бекем тургандары, сага түшүрүлгөнгө жана сага чейин түшүрүлгөнгө ишенген ыймандуулары, намазды аткаргандары, зекетти берип тургандары, Аллага жана акырет күнгө ишенгендери бар. Буларына Биз жакында улук энчисин беребиз.

163. Биз сага Нухка жана андан кийинки пайгамбарларга вахий жибергендей жашыруун кабар жибердик. Биз Ибрахимге да, Исмаилге да, Исхакка да, Йакубка да, неберелерине да, Исага да, Аййубка да, Йунуска да, Харунга да, Сулайманга да, жашыруун кабар жибергенбиз. Биз Даудка Забурду бердик.

164. Мурда (жөнөтүлгөн) элчи-пайгамбарлардан сага айткандарыбыз да бар, ал элчи-пайгамбарлардан сага айтпагандарыбыз да бар. Алла Мусаны сөзгө тартып сүйлөшкөн.

165. Калайыктын элчи-пайгамбарлардан кийин Аллага каршы дали-ли болбошу үчүн элчи-пайгамбарларды куш кабар жеткирүүчүлөр жана эскертүүчүлөр кылып жөнөткөнбүз. Улук да, Даанышман да Алла Өзү!

166. Сага түшүргөнүнө – сага түшүргөн илимине Алла Өзү күбөлүк берет. Периштелер да күбөлүк беришет. Алланын Өзү жетиштүү Күбө!

167. Капырлар да, Алланын жолунан тоскондор да, туура жолдон узактап катуу адашышты.

168. (Калайыктын ичинде) капырлар да, зулумдук кылгандар да бар. Буларга Алла кечирим да кылбайт, эч кандай жол менен Туура жолго да салбайт.

169. Тескерисинче, аларды Тозоктун жолуна (салат). Алар анда түбөлүк калышат. Бул – Аллага жеңил .

170. Эй, калайык! Силерге Эгеңерден бир элчи-пайгамбардын келгени ак! Ыйманга киргиле! Силерге жакшы болот. Эгер ишенбесеңер, анда (өзүңөргө жаман).

(Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Алланыкы. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

171. Эй, Жазуу ээлери! Диниңерден чыгып кетпегиле! Аллага ак сөздөн башканы айтпагыла! Масих - Иса Марйам уулу, Алланын элчи-пайгамбары, Анын сөзү. Ал аны Марйамга таштады. Өзү тарабынан берилген бир руху. Аллага да, элчи пайгамбарларга да ишенгиле! Үч (кудай бар деп) айтпагыла! (Муну) токтоткула, өзүңөргө жакшы болот. Алла – жалгыз Кудай! Субхана! Анын эч кандай баласы жок! (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Алланыкы. Алла Өзү жетиштүү Өкүл!

172. Масих да, Аллага жакын периштелер да эч качан Алланын кулу экенинен арданышпайт. Ким Ага кулдук кылыштан арданса, бой көтөрсө, алардын баарысын жакында Ал Өзүнүн (сурагына) жыйнайт.

173. Ал эми ыймандуу пенделердин, жакшы иштерди жасагандардын акысын акыбетине жараша Ал толук берет. Аларга Өзүнүн ырайымы менен көбөйтүп берет. Ал эми (Ага кулдук кылганга) ардангандарды жана бой көтөргөндөрдү оор азапка салып кыйнайт. Алар (ошондо) Алладан башка коргоочуну да, жардам берүүчүнү да таба алышпайт.

174. Эй, калайык! Силерге Эгеңерден далил келди. Биз силерге (жарык) нурду түшүрдүк.

175. Аллага ишенген ыймандуу пенделер, Аны бекем кармангандар бар. Ал аларды Өз ырайымы менен жакында рахматына киргизет. Аларды Туура жол менен Туруктуу жолуна (салат).

176. Сенден чечим тууралуу сурап жатышат. Айт: «Алла силерге баласы жоктор туурасында чечим кылып жатат. Эгер бир киши өлсө, анын баласы жок, эжеси эле болсо, анда ага (инисинен) калган мурастын жарымы тийет. Ал (өлгөн эркектин) эжесинин баласы жок болсо, (эжеси андан калган) мурасты толук алат. Эгер эки кыз (бир тууганы) болсо, анда аларга калган мурастан үчтөн экиси тийет. Эгер (мураскорлор) бир туугандан эркектер жана аялдар болушса, анда бир эркекке эки аялдын үлүшүнчө тийет. Силерге адашпашыңар үчүн Алла ачык түшүндүрүп берип жатат. Бардык нерсени Билүүчү Алла Өзү!»

5. МАИДА СҮРӨӨСҮ[1]

ДАСТОРКОН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Эй, ыймандуу пенделер! Келишимдериңерди аткаргыла! Силерге (үйдөгү) баккан малыңар адал болду. Мындан башка да силерге (мурда эле) окулгандай, ихрамда[2] болсоңор силер үчүн аңчылык адал болгон жок. Алла каалаганын өкүм кылат.

2. Эй, ыймандуу пенделер! Алла тарабынан белгиленгендей тыюу салынган айларда (согушушту), курмандыкка аталган жаныбарды (өлтүрүштү) жана (алардын мойнуна) тагылган белгилерин (үзүп салышты), өз Эгесинин жакшылыгы менен ырааздылыгын тилеп Ыйык Үйгө (Каабага) бара жаткандарды (жолдон тосушту өзүңөргө) адал деп санабагыла! Ихрамдан чыксаңар аңчылык кыла бергиле. Харам Мечитинен (Каабадан) тоскон калайыкка карата болгон жек көрүү сезимиңер силерди чектен чыгышка түртпөсүн. Бири бириңерге жакшылык менен такыбалыкта көмөк көрсөткүлө! Бири бириңерге күнөө менен кастык кылышта көмөк көрсөтпөгүлө! Алладан корккула! Алла – Азабы катуу Кудай!

3. Силерге арам болду: өлүмтүк, кан, чочконун эти, Алладан башкага аталып союлган малдын эти, муунуп өлгөн, уруп өлтүрүлгөн, кулап өлгөн, бирин бири сүзүп өлтүргөн, жырткыч айбан тиштеп өлтүргөн жаныбарлардын эти, – (эгер аларды) жаны чыга электе адалдап союшка үлгүрбөй калган болсоңор, – жана бурканга атап союлган малдын эти, жебе менен төлгө салган ырымыңар. Ушундай (иштериңер) – ыпыластык. Бүгүн капырлардын диниңерден (силерди кайтарыштан) үмүтү өчтү. Алардан коркпогула! Менден корккула! Бүгүн силерге диниңерди толук жеткирдим. Силерге бак-таалайымды толук бердим. Силерден исламды дин тутсаңар ыраазы болдум. Ким ачарчылыкта күнөөгө ыктабай туруп (жегенге) аргасыз болсо, (ага кечирим бар). Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

4. Аларга эмне адал болгону тууралуу сага суроо берип жатышат. Айт: «Силерге таза (тамак аштар) адал болду. Алла силерге үйрөткөндөй, иттер сыяктуу жырткыч куштарды үйрөтүп алган болсоңор, алардын кармагандарынан жей бергиле. Аларды (аңга) салганда Алланын атын айткыла! Алладан корккула! Алла – Тез эсептөөчү Кудай!

5. Бүгүн силерге таза (тамак-аштар) адал болду. Жазуу берилгендердин жеген даамдары силер үчүн адал, а силердин жеген даамдарыңар да аларга адал болду. Дене кумарын кандыруучулардан болбой, ойнош кылып албай, өз абийирин сактаган ыймандуу аялдарга жана силерден мурун Жазуу берилгендердин арасындагы өз абийирин сактаган аялдарга акыларын (калыңын) берип (никеңерге алсаңар адал болду). Ким ыймандуулукка каршы турса, анда анын кылган амалы текке кетти. Ал акыретте кусур ургандардын бири болду.

6. Эй, ыймандуу пенделер! Силер намаз үчүн турсаңар, анда бетиңерди, (андан кийин) эки колуңарды чыканагына чейин жуугула. Башыңарга масх тарткыла. Бутуңарды кызыл ашыгына чейин жуугула. Эгер жунуб болуп калсаңар (гусул кылып жуунуп) тазалангыла! Эгер ооруп калсаңар, же сапарда жүрсөңөр, же даарат ушаткан болсоңор, же аялдарга жакындык кылган болсоңор, (ушул абалда) суу таба албасаңар, анда таза топурак менен тайаммум кылгыла. Жүзүңөр менен колуңарга масх тарткыла. Алла силерге кыйынчылык кылышты каалабайт. Тескерисинче, силерди (күнөөдөн) тазалашты жана бак-таалайын силерге толук беришти каалайт. Балким, силер шүгүр кыларсыңар.

7. Алланын силерге берген бак-таалайы менен убадасын эстеп жүргүлө! Силер бир убакта, Ал силер менен келишим түзгөндө: «Уктук, баш ийдик!», – дегенсиңер. Алладан корккула! Алла көкүрөктөгү сырларды Билүүчү Кудай!

8. Эй, ыймандуу пенделер! Адилеттүүлүккө күбө болуп, Алла үчүн түз тургандардан болгула! Бир калайыкты жек көрүшүңөр силерди күнөө кылышка, адилетсиздикке түртүп жүрбөсүн! Адилет болгула! Бул – такыбалыкка жакын. Алла силердин кылып жаткан ишиңерден Кабардар!

9. Алла ыйманга кирген пенделерге жана жакшы иштерди жасагандарга кечирим менен улук энчини убада кылды.

10. Биздин аяттарыбызга ишенбегендер, аларды жалганга чыгаргандар бар. Булар – Тозоктун тургундары.

11. Эй, ыймандуу пенделер! Алланын силерге берген бак-таалайын эстегиле! Бир убакта силерге бир калайык кол салмакка кас кылганда, Ал алардын колун силерден кайтарды. Алладан корккула! Ыймандуу пенделер Аллага тобокел кылышсын!

12. Алла Исраил урпактарынын антын алды. Аларга он эки башчыны жибердик. Алла айтты: «Мен силер менен биргемин! Эгер намазды аткарсаңар, зекетти берсеңер, Менин элчи-пайгамбарларыма ишенсеңер, аларды урмат кылсаңар, Алланы карыздар кылып жакшы карыз берсеңер, (анда) жамандыктарыңарды жашырамын да, алдынан дарыялары агып турган Бейиш бактарына киргизем. Ким ушундан кийин да капыр болсо, анда ал түз жолдон адашты.

13. Биз аларды өздөрүнүн берген антын бузганы үчүн каргышка калтырдык, алардын жүрөктөрүн катырып таштадык. Алар (Тооратын) сөздөрүн бурмалап орундарынан алмаштырышты. (Ушундан улам) аларга эскертилген насааттардын бир бөлүгүн унутуп да калышты. (Мындан ары) сен алардын бир азынан башкасынын такай эле кыянаттык кылганын учуратпай коё албайсың. Аларга кечирим кыл, кечирип коё бер. Алла жакшылык кылгандарды сүйөт.

14. «Биз христиандарбыз!» дегендердин да антын алганбыз. Алар (деле) аларга эскертилген насааттардын бир бөлүгүн унутушту. Биз алардын ортосуна кыяматка чейин душмандык менен жек көрүндүлүктү салып койдук. Алла аларга эмне жасагандарын жакында кабар берет.

15. Эй, Жазуу ээлери! Жазуудан көп нерселерди бекиткениңерди ачык түшүндүрүп бериш үчүн Биздин бир элчи-пайгамбарыбыз силерге келди. Көп жерлерине ал тийишкен да жок. Алладан силерге (жарык) нур, ачык түшүндүрүп баян кылуучу – Жазуу келди.

16. Ким Алланын ыраазылыгына ээрчисе, Ал аны Туура жолго салат, тынч кете турган жолдордун бирине салат да, аларды караңгылыктардан жарыкка чыгарат. Өзүнүн уруксаты менен Ал аларды Туура жол менен Туруктуу жолго салат.

17. «Алла – Масих Марйам уулу экен!» дегендер аныk капыр болушту. Айт: «Эгер Ал Масих Марйам уулун да, анын энесин да, жер бетиндегилердин да бүт баарысын өлтүргүсү келсе, (буга каршы) Алладан башка ким бийлик жүргүзө алат? Асмандар менен жердин бийлиги да, ал экөөсүнүн арасындагылар да Алланыкы. Ал эмнени кааласа жаратат. Алла бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!»

18. Жөөттөр да, христиандар да: «Биз Алланын сүйүктүү уулдарыбыз!» дешти. Айт: «Анда эмнеге күнөөңөр үчүн силерге азап берип жатат?» Жок! Силер деле Анын жараткан калкынын бирисиңер. Ал кимди кааласа кечирет, кимге кааласа азап берет. (Жети кат) Асман менен жердин бийлиги да, ал экөөнүн арасындагылар да Алланыкы. Ага кайрылып барыш бар.

19. Эй, Жазуу ээлери! Элчи-пайгамбарлардын келиши убактылуу токтогондон кийин да силерге ачык баян кыла турган бир элчи-пайгамбарыбыз келди. «Бизге (Бейишти) сүйүнчүлөгөн жана (Тозокту) эскерткен келбеди» деп айтпашыңар үчүн силерге сүйүнчү кабар берүүчү жана эскертүүчү адам келди. Алла бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

20. ...Бир убакта Муса калкына айтты: «Эй калкым! Алланын силерге берген бак-таалайын эстегиле! Ал силердин ичиңерден пайгамбарларды да, падышаларды да чыгарды. Ал силерге ааламдагылардан эч бирине бербегенди берди.

21. Эй, калкым! Ыйык жерге киргиле! Алла аны силерге (берген убадасында) жазган. Артыңарга кайтпагыла! Кусур ургандардан болуп калбагыла!»

22. Алар айтышты: «Эй, Муса! Ал жерде алп адамдар бар экен. Алар андан чыгып кетмейинче, биз эч качан ал жерге кирбейбиз! Эгер андан чыгып кетишсе, анда биз кирет элек.

23. Алардын арасында Алла бак-таалай берген, (Андан) корккон эки киши бар болчу. Ал экөөсү айтты: «Аларга эшигинен эле кирип баргыла.

Ага киргениңерде эле жеңишке жетишесиңер. Эгер ыймандуу пенделерден болсоңор, Аллага гана тобокел кылгыла!»

24. Алар айтышты: «Эй, Муса! Алар ал жерде турса, биз эч качан ал жерге кирбейбиз! Сен Эгең экөөң бар да, (аларга каршы) согуш! Биз бул жерде отуруп туралы».

25. Ал (Муса) айтты: «Эгем! Менин бийлигим өзүм менен бир тууганымдан башкага өтпөйт экен. Биздин арабызды бул ыпылас калайыктан ажырата көр!»

26. (Алла) айтты: «Алар үчүн (эми) ал (Ыйык) жерге кырк жылга чейин кириш арам болду. Жер бетинде (эми) тентип жүрө беришет. Ыпылас калайыкка кейибе».

27. ...Аларга Адамдын эки уулу жөнүндөгү ак сөздүн кабарын оку! Бир убакта экөөсү тең курмандык кылганда, экөөсүнүн бириники кабыл болду да, башка бирөөсүнүкү кабыл болбоду. Ал айтты: «Мен сени сөзсүз өлтүрөм!» (Анда беркиси) айтты: «Алла такыбалардыкын гана кабыл кылат.

28. Эгер сен мени өлтүрүш үчүн кол көтөрсөң да, мен сени өлтүрүш үчүн кол көтөрбөйм. Мен ааламдардын Эгесинен корком!

29. Өзүңдүн күнөөңдү да, менин күнөөмдү да сен көтөрүп, сенин тозоку болушуңду каалайм. Залимдердин жазасы ушундай!»

30. Анын көңүлү бир тууганын өлтүрүшкө оop туруп алды. Ал аны өлтүрдү. Кусур ургандардын бири болду.

31. Бир тууганына кылган жамандыгын (жашырышты билбей турганда), Алла ага кантип жерди оюп көмүштү көрсөтүш үчүн жер чокулаган бир карганы жиберди. (Ошондо) айтты: «Ох, аттиң мага! Бир тууганыма кылган жамандыгымды жашырганга алым келбей, ушул каргача да боло албадым!» Ал өкүттө калгандардын бири болду.

32. Ушул себептен улам Биз Исраил урпактары үчүн жаздык: ким башка бирөөнү (ак жеринен) өлтүрсө, же жер үстүндө бузукулук таратса, анда ал бүткүл калайыкты өлтүргөнгө окшойт. Ким бирөөнү (өлүмдөн) тирүү сактап калса, анда ал бүткүл калайыктын өмүрүн сактаганга окшойт. Биздин элчи-пайгамбарларыбыз аларга ачык далилдер менен келип жатышты. Ошондон кийин деле алардын көпчүлүгү жер үстүндө ысырапкерчилик кыла беришти.

33. Алла менен Анын элчи-пайгамбарына согуш кылгандардын жана жер бетинде бузукулукту жайылтууга аракет жүргүзгөндөрдүн жазасы ушул: алар же өлтүрүлүшү, же дарга асылышы, же колу-буттары алмак-салмак кесилиши, же жеринен куулушу керек. Алар үчүн дүнүйөдө ушундай кордук бар. Акыретте да алар үчүн улук азап бар.

34. Тескерисинче, алардын үстүнөн силерге бийлик жеткенге чейин тобо кылгандар бар. Билип койгула! Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

35. Эй, ыймандуу пенделер! Алладан корккула! Ага жакын болушту издегиле! Анын жолунда күрөш кылгыла. Балким, бак табаарсыңар.

36. Эгер жер үстүндөгү бүткүл байлык капырлардыкы болуп, дагы ошончо байлык менен кыямат күндүн азабынан кутулуш үчүн пидия (төлөм) төлөгөн болсун, анысы (ошондо деле) кабыл алынбайт болчу. Алар үчүн оор азап бар.

37. Алар Тозок отунан (эптеп) чыгып кетишти каалашат. Алар андан чыгып кете алышпайт. Алар үчүн анда туруктуу (түбөлүк) азап бар.

38. Ууру эркекти да, ууру аялды да, экөөнүн кылган кылмышына Алладан берилген жаза катары колун кескиле! Улук да, Даанышман да Алла Өзү!

39. Ким залимдигин токтотуп тобо кылса, өзүн түзөтсө, анда Алла анын тобосун кабыл кылат. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

40. Асмандын да, жердин да бийлиги Алланыкы экенин билбедиңби? Ал кимге каласа азап берет, кимди каласа кечирет. Алла бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

41. Эй, элчи-пайгамбар! Алардан капырлыкка аракет кылгандардын жүрөктөрү ишенбеген болсо да ооздору менен «Биз ишендик!» дегендери сени капа кылбай эле койсун. Жөөттөрдөн жалганды уккандар да, башка калайыктан уккандар да бар. Булар сага келишкен жок. Алар (Жазуудагы) сөздү бурмалап орундарынан алмаштырышат. Алар айтышат: «Эгер бул (өкүм) силерге берилген болсо, аны кабыл алгыла. А эгер берилбеген болсо, андан сактангыла. Алла кимдин жолдон адаштырышты кааласа, анда Алладан аны коргоп калышка сенин эч кандай бийлигиң жок. Мындайлардын жүрөктөрүн (ыйман нуру менен) тазалашты Алла каалаган жок. Алар үчүн дүнүйөдө кордук бар. Акыретте да алар үчүн чоң азап бар.

42. Алар – жалганга кулак төшөгөндөр, арамды жегендер. Эгер алар сага келишсе, анда алардын ортосундагы талашка өкүм бер, же алардан баш тарт! Эгер алардан баш тартсаң деле сага эч кандай зыян жеткире алышпайт. Эгер алардын ортосундагы талашка өкүм берсең, анда адилет өкүм бер. Алла адилеттүүлүк кылгандарды сүйөт.

43. Алардын алдында Тоорат турса, кантип сени өкүмдар шайлашат? Анда Алланын өкүмдөрү бар эмеспи! Ушундан кийин деле алар (моюн сунбай) баш тартып жатышат. Булар – ыймансыз пенделер!

44. Биз Тооратты түшүргөнбүз. Анда Туура жол да, (жарык) нур да бар болчу. (Аллага) моюн сунган пайгамбарлар аны менен жөөт динин туткандарга өкүм жүргүзүшкөн. А Алладан (аларга түшүрүлгөн) Жазууну коргоого милдеттүү болгон, (аны менен өкүм жүргүзүп келишкен). Устаттары менен китепкөй аалымдары буга күбө болушкан. Калайыктан коркпогула! Менден корккула! Менин аяттарымды арзыбаган баага сатпагыла! Ким Алла түшүргөн (Жазууга) ылайык өкүм жүргүзбөсө, анда алар – капыр пенделер!

45. Биз алар үчүн анда жазганбыз: жанга – жан, көзгө – көз, мурунга – мурун, кулакка – кулак, тишке – тиш; жаракатка (жараша) өч (алынат). Ким (өчтү) кечип жиберсе, анда анын күнөөлөрү өчүрүлөт. Ким Алла түшүргөн (Жазууга) ылайык өкүм жүргүзбөсө, анда алар – залим пенделер!

46. Алардын кол алдындагы Тооратты тастык кылыш үчүн алардын аркасынан Марйам уулу Исаны жибердик. Ага Инжилди бергенбиз. Анда Туура жол да, (жарык) нур да бар болчу. Ал (Инжил) алардын кол алдындагы Тоорат Туура жол, такыбаларга (анын) насаат экенин да тастыктаган болчу.

47. Инжил ээлери (христиандар) андагы түшкөн (аяттарга) ылайык өкүм жүргүзүшсүн! Ким Алла түшүргөн (Жазууга) ылайык өкүм жүргүзбөсө, анда алар – ыпылас пенделер!

48. Өзүнөн мурдагы Жазууну тастыкташ жана аны коргош үчүн сага да Жазууну түшүрүп жатканыбыз ак! Алардын ортосунда Алла түшүргөн Жазууга ылайык өкүм жүргүз! Өзүңө келген акыйкаттан алардын көңүл азгырыгына ээрчип кетпе! Силердин ар бириңерге (өз алдынча) бир жол-жобо, мыйзам кылдык. Эгер Алла кааласа, силердин баарыңарды Ал бир эле үмөт кылат болчу. Андай (кылбаган себеби), Ал силерди Өзүнүн бергенине (жол-жобосуна) ылайык сынагысы келет. Жакшылык иштерди жарышып жасагыла! Баарыңар үчүн Аллага кайтыш бар. Ошондо Ал эмнени талаш-тартыш кылган болсоңор, аны ачык түшүндүрүп берет.

49. Алардын ортосунда Алла түшүргөн (Жазуу) менен өкүм жүргүз! Алардын көңүл азгырыгына ээрчип кетпе! Алланын сага түшүргөн кээ бир (өкүмдөрүнөн) сени азгырып кетишинен сак бол! Эгер алар баш тартып кетишсе, анда айрым бир күнөөлөрү үчүн аларга Алла кыйынчылыкты каалап жатат деп бил. Калайыктын көпчүлүгү эле ыпылас пенделер.

50. Наадандык доордун өкүмдөрүн эңсешип жатышабы? Ыйманы бекем калайык үчүн Алладан да жакшы өкүм кылчу ким бар?

51. Эй, ыймандуу пенделер! Жөөттөрдү да, христиандарды дос тутпагыла! Алар бири-бирине дос. Силерден ким баш тартып кетсе, анда ал деле ошолордун бири. Залим калайыкты Алла туура жолго салбайт.

52. Жүрөгүндө арамдыгы барлардын алардын арасында шашып жүргөндөрүн көрөсүң. Алар айтышат: «Бизге бир кырсык келишинен коркуп жатабыз!» Балким, Алланын Өзүнөн (силерге) жеңиш, же бир (жакшылык) иш келиши да мүмкүн. (Ошондо) алар ичтеринде бекиткен сырларына өкүнүшөт.

53. Ыймандуу пенделер айтышат: «Алланын аты менен касам ичишип «Силер менен биргебиз!» деп бекем ант бергендер булар эмес беле?» Алардын амалдары текке кетти. Алар кусур ургандардан болду.

54. Эй, ыймандуу пенделер! Силерден ким дининен кайтса, анда (алардын ордуна) Алла Өзү сүйгөн, Алланы сүйгөн, ыймандуу пенделерге кичипейил, капырларга ийилбеген бир калайыкты келтирет. Алар жеме-

легендердин жемесинен коркпой Алла жолунда күрөшө беришет. Алланын ырайымы ушундай. Ал аны кимге кааласа берет. Алла – Парбардигер Билүүчү Кудай!

55. Силердин досуңар – Алла менен Анын элчи-пайгамбары жана ыймандуу пенделер. Алар намазды аткарышат, зекетти беришет. Алар - руку кылышат.

56. Ким Алланы, Анын элчи-пайгамбарын жана ыймандуу пенделерди дос тутса (жеңишке жетет). Анткени, Алланын тобу (дайыма) жеңет.

57. Эй, ыймандуу пенделер! Силерден мурун Жазуу берилгендерден силердин диниңерди маскаралап оюн кылгандарды жана капырларды дос тутпагыла! Эгер ыймандуу пенделерден болсоңор Алладан корккула!

58. Силер намазга азан чакырганыңарда алар аны маскаралап, оюн көрүшөт. Анткени, акылы жок калайык ушинтет.

59. Айт: «Эй, Жазуу ээлери! Бизди Аллага, бизге түшүрүлгөн (Жазууга), мурдагы түшүрүлгөн (Жазууга) ишенгенибиз үчүн эле жек көрүп жатасыңарбы? Көпчүлүгүңөр ыпылас пенделерден экенсиңер».

60. Айт: «Силерге Алланын мындан да жаман жазасы бар экенинен кабар берейинби? Кимди Алла каргаса, ага Анын каары келет. Алардан Анын маймылга айландырганы да, чочкого айландырганы да, тагутка кул болгону да бар. Алардын турган орду да жаман, түз жолдон да адашты.

61. Алар силерге келишкенде айтышат: «Биз ишендик!» Алар капыр бойдон кирип келишет да, кайра эле капыр бойдон чыгып кетишет. Алардын эмнени жашырып жатканын Билүүчү Алла Өзү!

62. Алардын көпчүлүгүнөн эле күнөөгө, душмандыкка, арамды жегенге шашылып жаткандарын көрүп жатасың. Алардын кылган иштери кандай жаман!

63. Устаттары менен китепкөй аалымдары аларды күнөөгө баткан сөздөрүнөн, арам ырыскыны жегендеринен кайтарышпайбы! Алардын жасаган иштери кандай жаман!

64. Жөөттөр айтышты: «Алланын колу байлануу!» Муну айткандары үчүн өздөрүнүн колдору байланды да, каргышка калышты. Жок! Анын колдору бош! Өзү кандай кааласа (ырыскыларды) берип жатат. Эгеңден сага түшүрүлгөн (Жазуудан) улам, алардын көпчүлүгүнүн капырлыгы да, залимдиги да күч ала бермей болду. Биз алардын арасына кыямат-ка чейин душмандык менен жек көрүндүлүктү таштап койдук. Алар согуш отун тутандыралы дегенде эле анысын Алла өчүрүп коёт. Алар жер үстүндө бузукулукту таратышат. Алла бузукуларды сүйбөйт.

65. Эгер Жазуу ээлери ыйманга киришкен болсо, такыбалык кылышса, алардын жамандыктарын өчүрөт элек. Аларды Наим (Бак-таалай) бейишине киргизет элек.

66. Эгер алар Тоорат менен Инжилди жана Эгесинен аларга түшүрүлгөндү бекем карманышса, анда алар төбөлөрүнөн да, таман алдыларынан да ырыскы жешкен болор эле. Алардын ичинде ортодо (калыс) турган бир гана бөлүгү бар. А бирок көпчүлүгү эле жаман иштерди жасашат.

67. Эй, элчи-пайгамбар! Эгеңден сага түшүрүлгөндү жеткир! Эгер сен муну кылбасан, анда Анын кабарын жеткирбеген болосуң. Калайыктан сени Алла коргойт. Капыр калайыкты Алла Туура жолго салбайт.

68. Айт: «Эй, Жазуу ээлери! Силер Тоорат менен Инжилди жана силерге Эгеңерден түшүрүлгөндү бекем карманмайынча эч нерсеге ээ болбойсуңар». Эгеңден сага түшүрүлгөн (Жазуудан) улам, алардын көпчүлүгүнүн капырлыгы да, адашуусу да күч ала бермей болду. Капыр калайыкка өкүнбөй эле кой.

69. Ыймандуу пенделер, жөөттөр, сабийлер, христиандар (болсун), (алардан) кимиси Аллага жана акырет күнгө ишенсе, жакшы иштерди жасаса, аларга коркунуч да жок, аларга кайгы да жетпейт.

70. Биз Исраил урпактарынын антын алдык. Аларга элчи-пайгамбарларды жөнөтүп турдук. Ар дайым бир элчи-пайгамбар алардын көөнүнө куш келбеген нерсе (өкүм) менен аларга келген болсо, анда алардын кээ бирлерин жалганга чыгарышчу, кээ бирлерин өлтүрүшөр эле.

71. Алар (мында күнөөгө түрткөн) азгырык жок деп эсептегендеринен улам, көр да болушту, дүлөй да болушту. Кийинчерээк Алла алардын тобосун кабыл кылган эле. Ошондон кийин деле алардын көпчүлүгү (кайра эле мурдагыдай) сокур болду, дүлөй болду.

72. Капырлар айтышты: «Алла – Марйам уулу Масих экен». А Масихтин (өзү) айтты: «Эй, Исраил урпактары! (Алла) – Менин да Эгем, силердин да Эгеңер! Аллага кулдук кылгыла! Аллага ким шерик келтирсе, ага Алла Бейишти арам кылды. Анын барар жери – Тозок! Залим пенделерге жардам бере тургандар да жок».

73. «Алла – үч кудайдын үчүнчүсү» дегендер анык капыр болду. Бир кудайдан башка эч бир башка Кудай жок! Эгер айтып жаткан сөздөрүн токтотушпаса, алардан капыр болуп кеткендерине оор азап жетет.

74. Аллага тобо кылышпайбы, Андан жалбарып кечирим тилешпейби? Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

75. Марйам уулу Масих деле элчи-пайгамбар. Ага чейин да элчи-пайгамбарлар өткөн. Анын энеси да туура жүргөн бир аял. Экөөсү тең эле тамак жешчү. Аяттарды аларга кантип ачык түшүндүрүп берип жатканыбызга назар кыл! Ушундан кийин да кантип баш тарткандарын карачы!

76. Айт: «Алланын ордуна силерге бийлик кыла албаган, зыяны да, пайдасы да жок (буркандарга) кулдук кылып жатасыңарбы? Угуучу да, Билүүчү да Алла Өзү!

77. Айт: «Эй Жазуу ээлери! Ак диниңерден тайып чектен чыгып кетпегиле! Мурда эле жолдон адашкан калайыктын көңүл азгырыгына ээрчибегиле! Алар көпчүлүктү жолдон адаштырган, өздөрү да түз жолдон адашкандар болчу.

78. Исраил урпактарынан капыр болгондору Дауд менен Марйам уулу Исанын тили менен каргышка калышкан. Алар баш ийбей чектен чыгып кеткендери үчүн ушундай болду.

79. Алар тыюу салынган иштерден бири бирин кайтарбай жасай беришчү. Кылган иштери кандай жаман!

80. Алардын көпчүлүгүнүн эле капырларды дос тутканын көрөсүң. Өздөрү үчүн алдын ала даярдагандары кандай жаман! (Ошондон улам) аларга Алланын каары келди. Алар азапта түбөлүк калышат.

81. Эгер алар Аллага, пайгамбарга жана ага түшүрүлгөн (Жазууга) ишенишкен болсо, анда аларды дос тутушпайт болчу. А бирок, алардын көпчүлүгү эле ыпылас пенделер.

82. Калайыктын ичинде ыймандуу пенделерге катуу душмандык кылганы жөөттөр менен мүшүрүктөрдөн экенин табасың. Ыймандуу пенделерди жакшы көрүп, «Биз христиандарбыз!» деп, аларга өтө жакын болгондорду да табасың. Анткени, алардын ичинде аалымдары да, кечилдери да бар. Алар текеберлик кылышпайт.

83. Алар элчи-пайгамбарга түшүрүлгөн (аяттарды) угушканда, акыйкатты билишкенинен улам көздөрүнө жаш толгонун көрөсүң. (Ошондо) айтышат: «Эгебиз! Биз ишендик! Бизди күбөлүк берүүчүлөрдүн катарына жаз!

84. Биз эмне үчүн Аллага, бизге келген акыйкатка ишенбейбиз!? Эгебиз бизди жакшы калайык менен бирге (Бейишке) киргизишин эңсейбиз!»

85. Алла аларга өздөрү айткандай эле алдынан дарыялары агып турган Бейиш бактарын энчи кылып берди. Алар анда түбөлүк калышат. Жакшылык кылуучулардын жазасы ушундай.

86. Биздин аяттарыбызга ишенбегендер да, жалганга чыгаргандар да бар. Алар – Тозоктун тургундары.

87. Эй, ыймандуу пенделер! Алла силерге адал кылган таза ырыскыларды арамга чыгарбагыла! Чектен чыкпагыла! Алла чектен чыккандарды сүйбөйт.

88. Алла силерге таза кылып, адал кылып берген ырыскылардан жегиле! Өзүңөр ишенген Алладан корккула!

89. Алла силердин бейчеки сөзүңөрдөгү антыңар үчүн жазалабайт. А бирок, бекем (ниет кылып айтып, андан кийин бузган) антыңар үчүн жазага тартат. (Бузган антыңардын) кеперети үчүн өз үй-бүлөңөргө берген тамагыңардын орто (эсеби менен алганда) он кембагалга тамак, же кийим-кечек берип, же бир кулду азат кылышыңар керек. Ким (муну) таба

албаса, анда үч күн орозо тутсун. Антыңарды бузган болсоңор, анын кепереti ушундай. Антыңарды (жол-жобосу менен) сактагыла! Алла Өзүнүн аяттарын ушундай кылып ачык түшүндүрүп берип жатат. Балким, шүгүр кылаарсыңар.

90. Эй, ыймандуу пенделер! Бу нерселер шайтандын ыпылас иштери: арак, кумар, буркан таштар, жебелер (менен төлгө салуу). Булардан сактангыла! Балким, бак табаарсыңар.

91. Шайтан арак менен, кумар менен силердин араңарга душмандык менен жек көрүүчүлүктү пайда кылышты каалап, силерди Алланы эстештен да, намаздан да тосот. Силер токтотосуңарбы?

92. Аллага баш ийгиле! Элчи-пайгамбарга да баш ийгиле! Этият болгула! Эгер баш тартып кетсеңер деле билип койгула! Элчи-пайгамбарыбыздын ачык жеткиришке эле милдети бар.

93. Ыймандуу пенделер жана жакшы иштерди жасагандар (исламга кирген учурдан баштап) такыбалык кылышкан болсо, ыйманга киришкен болсо, жакшы иштерди жасашкан болсо, ошондон кийин да такыбалык кыла беришсе, ыймандарын сакташса, анда булардын (исламга чейинки) жеген-ичкендери күнөө эмес. Алла жакшылык кылуучуларды сүйөт.

94. Эй, ыймандуу пенделер! Алла силерди Өзүнөн корккончуңарды жашыруун жерде билгиси келип, силердин колуңар менен найзаларыңар жете турган аңдар аркылуу да сынайт. Ким ушундан кийин да чектен чыгып кетсе, ал үчүн оор азап бар.

95. Эй, ыймандуу пенделер! Силер ихрамда болгонуңарда аң өлтүрбөгүлө! Ким силерден атайылап (ихрамда) аң өлтүргөн болсо, анда өлтүргөнүнө жараша малы менен жаза өтөйт. Буга өзүңөрдөн эки адилеттүү киши өкүм чыгарат: Каабага (өкүм кылынган) курмандыгын жеткириши керек; же кеперет үчүн жардыларга (өкүм кылынган) тамакты бериши керек; же ушуга барабар (өкүм кылынган) орозону кармашы керек. Жаман ишинин акыбетин тартсын! Алла (исламга чейинки) өткөндү кечирди. Ким (кайра) кайтса, Алла андан өч алат. Улук да, Жазалоочу да Алла Өзү!

96. Силер үчүн да, саякатчылар үчүн да деңиз аңчылыгынан пайдаланыш жана андан алынган тамактар адал болду. Силерге ихрамда экеңиерде кургактыкта аңчылык кылышыңар арам болду. Алладан коркгула! Анын (сурагына) чогуласыңар.

97. Алла Каабаны – Ыйык Үйдү калайык үчүн туруктуу жай кылды. Тыюу салынган айдын да, курмандыктын да, (аларга тагылган) белгилердин да (жол-жобосун сактагыла). Муну билип коюшуңар керек. Алла (жети кат) асмандагыларды да, жердегилерди да билет. Бардык нерсени Билүүчү Алла Өзү!

98. Билип койгула! Алла – жазасы катуу Кудай! Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

118. Эгер аларга азап берем десең (бересиң), анткени алар Өзүңдүн кулдарың. Аларга кечирим берем десең (бересиң). Улук да, Даанышман да Сен Өзүңсүң!»

119. Алла айтат: «Туура жүргөндөр бүгүн тууралыгынын пайдасын табат». Алар үчүн алдынан дарыялары агып турган Бейиш бактары бар. Алар анда түбөлүк калышат. Алар Алладан ыраазы, Алла дагы алардан ыраазы болот. (Акыреттин) улук бактысы ушундай.

120. (Жети кат) Асмандагылардын да, жердин да, алардын ичиндегилердин да бийлиги Алланыкы! Ал бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

6. АНАМ СҮРӨӨСҮ[1]

МАЛ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. (Жети кат) Асман менен жерди жараткан Аллага шүгүр! Ал караңгылыктарды да, (жарык) нурду да пайда кылды. Ошондон кийин деле капырлар өздөрүнүн Эгесине (буркандарды) теңештирип жатышат.

2. Ал силерди ылайдан жаратты да, андан кийин (ар биригерге) ажалдын (мөөнөтүн) койду. Белгиленген мөөнөттү да Өзү (тактап) койгон. Ушундан кийин деле күмөн кылып жатасыңар.

3. Ал – асмандарда да, жерде да Алла! Ал жашырган сырыңарды да, ашкереңерди да, эмне кылып жатканыңарды да билип турат.

4. Аларга Эгесинин аяттарынан кандай аят келсе деле андан баш тартыша турган болушту.

5. Аларга акыйкат келгенде аны жалганга чыгарышты. Жакында аларга эмнени шылдың кылгандары тууралуу кабарлар келет.

6. Аларга чейин нечендеген муундарды кыйратканыбызды көрүшпөдүбү? Биз жер үстүндө силерге бербеген күч-кубатты аларга бергенбиз. Алар үчүн асмандан арбын жамгыр жаадырдык, алдыларынан дарыяларды агыздык. (Акырында) күнөөлөрүнө ылайык аларды кырып жок кылдык да, алардан кийин башка бир муунду өстүрүп чыгардык.

7. Эгер Биз Жазууну баракгарда жазылгандай түшүрсөк, аны капырлар колдору менен кармалап көрүшсө деле айтышар эле: «Бул – даана сыйкыр экен».

8. Алар айтышты: «Эгер ага периште түшкөн болсочу!» Эгер периште түшкөн болсо, анда эле иш чечилет болчу. Анда аларга мөөнөт да берилбейт эле.

9. Эгер аны (элчи-пайгамбарды) периште кылсак, анда аны киши кылат элек. Биз аны аларга (баары бир) көрүнбөй турган кылмакпыз, алар көрө алышмак эмес.

10. Сага чейинки элчи-пайгамбарларды деле шылдыңдашкан. Алардын мазактап күлгөндөрү өздөрүнө кайтты. Шылдың болуп кала бериштн.

11. Айт: «Жер жүзүн кыдыргыла! Андан кийин жалганга чыгарган-дардын акыры кандай болгонун карап көргүлө!»

12. Айт: «(Жети кат) Асмандагы жана жердеги нерселер кимдики? Айт: «Алланыкы». Ырайым кылыш да Өзүнөн болорун жазып койгон. Ал силерди кыямат күнү топтойт. Ал күнгө шек жок. Кусур ургандардын кусуру өздөрүнө тийет. Алар ыйманга кирбейт.

13. Түнү жашагандар да, күндүзү жашагандар да Аныкы. Угуучу да, Билүүчү да Ал Өзү!

14. Айт: «(Жети кат) Асман менен жерди жараткан Алладан башка кимди Куткаруучу кылып алмак элем? Тамакты ал берет, Ага тамак берилбейт». Айт: «Мен биринчилерден болуп Ага моюн сунушка буйрук алдым. Эч качан мүшүрүктөрдөн болбогула!»

15. Айт: «Мен Эгеме баш ийбей коюштан, улуу күндүн азабынан коркам!»

16. Ал күнү ким азаптан четтетилсе, Ал ага толук ырайым кылат. Мына ушул даана жеңиш!

17. Эгер сени Алла бир жамандыкка кириптер кылса, анда сени Анын Өзүнөн башка эч ким куткара албайт. А эгер сени бир жакшылыкка Ал Өзү кириптер кылса, (аны сенден эч ким тартып ала албайт). Ал бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

18. Кулдарынын үстүнөн Бийлик жүргүзүүчү Ал Өзү. Даанышман да, Кабардар да Ал Өзү!

19. Айт: «Күбөлүккө баарысынан чоңу кайсы?» Айт: «Силер менен менин ортомо Алла Күбө. Мага бул Куран силерди да жана ал кимдерге жетсе, аларды да эскертиш үчүн жашыруун түшүрүлдү. Силер Алла менен бирге башка кудайлар да бар деп күбөлүк бересиңерби?» Айт: «Мен буга күбөлүк бербейм». Айт: «Бир эле Кудай бар! Силердин Ага шерик кошуп жатканыңарга менин катышым жок!»

20. Бизден Жазуу берилгендер аны өздөрүнүн балдарын билишкендей билишет болчу. Кусур ургандардын кусуру өздөрүнө тийди. Алар ыйманга кирбейт.

21. Аллага жалганды ойлоп тапкан, же Анын аяттарын жалганга чыгарган жалганчыдан да залим ким бар? Залим пенделер бак таба алышпайт!

22. Биз (кыямат) күнү алардын баарысын жыйнайбыз. Андан кийин шерик кошкондорго айтабыз: «Силердин өзүңөрчө ойлоп таап (Аллага) кошкон шериктериңер кайда?»

23. Ошондон кийин алардын эч айласы болбой айтышат: «Эгебиз Аллага касам! Биз мүшүрүк болгон эмеспиз!»

24. Өздөрүнө өздөрү кантип жалган айтып жатышкандарына кара! Ойлоп тапкандары да алардан адашты!

25. Алардан сени угуп жатышкандары да бар. Алардын жүрөктөрүнө түшүнбөгүдөй кылып пардаларды жаап салдык. Кулактарын да дүлөй кылдык. Алар ар кандай аяттарды көрүшсө деле ишенишмек эмес. Капырлар сага келип талаш-тартыш кылгандан кийин айтып жатышат: «Бул илгеркилердин эле жомоктору экен!»

26. Алар башкаларды да андан тосуп жатышат. Өздөрү да андан четтеп жатышат. (Муну менен) алар өздөрүн өлтүрүп жатканын да сезбей жатышат.

27. Эгер сен алардын Тозок отуна алынып келгенин көрсөң, алар (ушинтип) айтышат эле: «Аттиң! Биз кайра (жашоого) кайрылсак, анда Эгебиздин аяттарын эч качан жалганга чыгарбайт болчубуз! Ыймандуу пенделерден болот элек!»

28. Жок! Аларга мурда (айтылгандарды) бекиткендери ачылды. Алар (дүнүйөгө) кайра келишсе деле, тыюу салынган иштерин кайтып жасай беришет болчу. Алар – жалганчы пенделер!

29. Алар айтышкан: «Биздин дүнүйөлүк жашообуз эле бар. Эч качан биз тирилбейбиз!»

30. Эгер сен алардын Эгесинин алдында турганын көргөн болсоң, Ал (ошондо) айтат эле: «Бул ак эмес бекен!?» Алар айтышат: «Ооба! Эгебизге касам, (ак экен)! Ал айтат: «Ишенбей койдуңар эле, эми азапты жегиле!»

31. Алла менен жолугушту жалганга чыгаргандарды кусур урду. Аларга капыстан саат (кыямат) жетип келсе айтышат: «Аттиң арман! Биз (өмүрдү) бекер өткөрүппүз!» Алар жондоруна күнөөлөрүн көтөрүп турушат. Көтөргөндөрү кандай жаман!

32. Дүнүйөлүк жашоо оюн-күлкү жана азгырыктан бөлөк нерсе эмес. А такыба пенделер үчүн акырет жайы жакшы. Акыл жүгүртпөйсүңөрбү?

33. Алардын айткандары сени кайгыртып жатканын Биз билебиз. Алар сени жалганчы деп жатышкан жок. Тескерисинче, залим пенделер Алланын аяттарына каршы туруп жатышат.

34. Сенден мурдагы элчи-пайгамбарларды да жалганчы деп санашкан. Аларга Биздин жардамыбыз келгенге чейин жалганчы деп ыза беришкен болсо да сабыр кылышкан. Эч ким Алланын сөздөрүн өзгөртө албайт! Сага элчи-пайгамбарлардын кабары келди.

35. Эгер сага алардын баш тартып жаткандары оор болуп жатса, анда колуңдан келсе каалаган жериңден тешик таап, же асманга шаты менен чыгып барып, аларга бир аят келтир. Эгер Алла кааласа, алардын баарын топтоп Туура жолго салып коёт болчу. Наадандардын бири болбо!

36. Угуп жаткандар гана жооп бере алышат. Өлүктөрдү Алла тирилтет. Ошондон кийин Ага кайтарылып барышат.

37. Алар айтып жатышат: «Эгер ага Эгесинен бир аят түшүрүлгөн болсочу!» Айт: «Аят түшүргөнгө Алланын Кудурети бар! (Түшүп жатканын) алардын көпчүлүгү билбей жатышат.

38. Жер үстүндөгү жаныбар да, учуп жүргөн эки канаттуу куш да (баарысы эле) силер сыяктуу топ-топ болуп жашайт. Биз Жазууда эч нерсени (жазбай) калтырганыбыз жок. Кийин алар Эгесине топтолуп барышат.

39. Биздин аяттарыбызды жалганга чыгаргандар дүлөй (болуп), дудук (болуп) караңгылыктарда калышты. Алла кимди кааласа адаштырат. Ал кимди кааласа, аны Туруктуу жолдо кылат.

40. Айт: «Эгер туура сүйлөсөңөр айткыла. Эгер силерге Алланын азабы келсе, же саат (кыямат) келсе, ошондо Алладан бөлөк кимди чакырышыңарды карап көрбөдүңөрбү?»

41. Жок! Силер (дүнүйөдө силерге жеткен кырсыктан кутулушту издеп) Аны гана (жардамга) чакырып жатасыңар. Ал кааласа силер суранган кырсыктан куткарып жатат. (Акыретте) Ага кошкон шериктериңерди унутасыңар».

42. Биз сенден мурунку калайыктарга да (элчи-пайгамбарларды) жөнөткөнбүз. Аларды жардылыкта да, кырсыкта да кармап турганбыз. Балким, жалбарып кечирим сурашаар.

43. Эгер Биздин жиберген кырсыгыбыз келген болсо жалбарышат эле. (Кайра эле) алардын жүрөктөрү катып калчу. Кылган иштерине (жасап-түзөп) шайтан жасалга берет эле!

44. Аларга эскерткендерибизди унутушканда Биз бардык нерсенин эшигин аларга ачып салдык. Биз аларды капысынан кармаганга чейин өздөрүнө берилген нерселерге сүйүнүп жүрө беришти. Бир убакта үмүттөрү (жалп) өчтү.

45. (Ошентип), залим калайыктар акыркысына чейин тукум курут болуп келди. Ааламдардын Эгеси Аллага шүгүр!

46. Айт: «Карап көрдүңөрбү? Эгер Алла силердин уга турган (кулагыңарды), көрө турган (көзүңөрдү) алып койсо, жүрөгүңөрдү да жаап бекитсе, анда силерге аларды Алладан башка ким кайрып берет? Биздин аяттарыбызды кандай бөлүштүрүп жатканыбызга кара! Алар баш тартып жатышат.

47. Айт: «Карап көрдүңөрбү? Эгер Алланын азабы силерге капысынан, же ачык келсе, залим калайыктан башкалар да кыйрайбы?

48. Биз куш кабар жеткирүүчү жана эскертүүчү элчи-пайгамбарларды жөнөтүп турдук. Ким ыйманга кирсе, жакшы иштерди жасаса, аларга коркунуч да жок, аларга кайгы да жетпейт.

49. Алар Биздин аяттарыбызды жалганга чыгарышты. Ыпыластык кылгандары үчүн аларга азап жетет эле!

50. Айт: «Менде Алланын казыналары бар деп силерге айтып жатканым жок. Мен кайып (сырларды) да билбейм. Мен периштемин деп да

силерге айтканым жок. Мага кандай жашыруун кабар келсе, ошого гана ээрчийм». Айт: «Сокур менен көзү соо теңби? Пикир жүгүртпөйсүңөрбү?»

51. Муну менен корко тургандарды Эгесине чогулушаарын (айтып) эскерт! Алар үчүн Андан башка Коргоочу да, Колдоочу да жок. Балким, алар коркушаар.

52. Эртели-кеч Эгесине жалынып, Ага жолугушту каалагандарды куу-ба! Алардын (кылган) нерсесинин эсеби сенде эмес, сенин да (кылган) нерседеги эсебиң аларда эмес. Аларды куусаң залимдердин бири болосуң.

53. Ушинтип Биз «Алла биздин арабыздан жакшылыкты ушуларга бердиби?» деп айтсын үчүн аларды өз ара бирин бири азгыра турган кылып койдук. Алла шүгүр кылуучуларды билбейт бекен?

54. Биздин аяттарыбызга ишенген ыймандуу пенделер сага келсе, аларга «Салам алэйкум!» деп айт. Эгеңер силерге ырайым кылышты Өзүнө жазып койду. Силерден ким наадандык кылып жаман иштерди жасаган болсо, андан кийин тобо кылса, өзүн оңдосо, (анда ага) Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

55. Күнөөкөрлөрдүн жолу ачык болсун деп аяттарыбызды бөлүп-бөлүп түшүндүрүп жатабыз.

56. Айт: «Мен силер кулдук кылганды таштап Аллага гана кулдук кылышка буйрук алдым». Айт: «Силердин азгырыгыңарга ээрчибейм. Андай кылсам эле адашам, Туура жолдо болбой калам».

57. Айт: «Менде Эгемдин ачык далилдери бар. Силер аны жалганга чыгардыңар. Силер шаштырганга менин (чечимим) жок. Өкүм Алланын Өзүндө. Ак сөздү Ал Өзү айтат. Чечим чыгаруучулардын жакшысы да Ал Өзү!

58. Айт: «Эгер силердин шаштырганыңар менде болсо, анда силер менен менин ортомдогу иш толук чечилет болчу. Залимдерди Билүүчү Алла Өзү!

59. Кайып (сырлардын) ачкычтары Анын Өзүндө. Аны Андан башка эч бирөө билбейт. Ал кургак жердегини да, деңиздегини да билет. Бир да жалбырак (Анын буйругусуз түшпөйт), Ал аны билип турат. Топурак алдындагы караңгылыктарда жаткан бир даана дан мейли нымда болсун, же кургак жерде болсун, (мунун баары) Түпкү Жазууда бар.

60. Ал түн ичинде силердин жаныңарды алат. Күндүзү эмне кылганыңарды да билип турат. Андан кийин да Ал силерди белгиленген мөөнөт бүткөнчө тирилтип турат. Андан кийин Ага кайрылып барышыңар бар. Ошондон кийин эмне жасаган болсоңор силерге билдирет.

61. Кулдарынын үстүнөн Бийлик жүргүзүүчү Ал Өзү. Ал силердин үстүңөрдөн Өзүнүн сакчы (периштелерин) жөнөтүп турат. Качан силердин бириңерге өлүм келсе, Биздин элчи (периштелерибиз) анын жанын алат. Алар кемчилик кетирбейт.

62. Ошондон кийин алар өздөрүнүн Акыйкат Өкүмдары Аллага кайтарылып барышат. Өкүмдү Ал чыгарат эмеспи! Ал (бардык) эсептөөчүлөрдөн тез эсептөөчү Кудай!

63. Айт: «Силерди кургак жердеги жана деңиздеги караңгылыктардан ким сактайт? Силер Ага жалынып дуба кылып, «Эгер Ал бизди ушундан сактаса, биз сөзсүз шүгүр кылуучулардан болот элек» – деп, купуя да жалбарып жатасыңар.

64. Айт: «Алла силерди андан да, бардык эле кайгы-кападан да сактап келе жатат. Ошондон кийин деле силер (Ага) шерик кошуп жатасыңар».

65. Айт: «Ал – Кудуреттүү Кудай! Силерге үстүңөрдөн да, таман алдыңардан да азап жиберишке, же силерди ар кандай топторго курчатып (туткун кылышка), бириңерден бириңерге азап жедиртишке кудурети жетет». Аяттарыбызды кандай бөлүштүрүп жатканыбызга кара! Балким, алар түшүнүшөөр.

66. Ал (Куран) акыйкат болсо да, сенин калкың аны жалганга чыгарды. Айт: «Мен силерге өкүл эмесмин».

67. Ар бир маалыматтын орду бар. Жакында (аны) билесиңер.

68. Кайсы учурда алардын Биздин аяттарыбыз туурасында бейчеки сүйлөгөндөрүн көрсөң, анда алар башка сөзгө өткөнчө алардан жүзүңдү бур. А эгер сени шайтан унуттуруп койгон болсо, анда эсиңе түшөр замат (андай) залим калайык менен бирге отурба.

69. Такыба пенделерге алардын айткан нерсесинен эсеп-кысап жок. Бирок аларга эскертүү керек. Балким, алар коркушаар.

70. Өздөрүнүн динин оюн-күлкүгө айландырып алгандарды ташта. Аларды дүнүйөлүк жашоо азгырды. Аларга аны (Куран) аркылуу эскерт! Ар бир жан кылган ишинин (жазасын алыш үчүн) өлөт. Ага Алладан башка Дос да, Колдоочу да жок. Эгер ал (күнөөсүнүн жазасына) ар кандай төлөм берсе да кабыл алынбайт. Алар кылган иштеринин (жазасы үчүн) өлүшкөн. Капыр болушканы үчүн аларга кайнаган ысык ичимдиктер да, оор азап да бар.

71. Айт: «Алланы таштап бизге эч кандай пайда да бере албаган, зыян да жеткире албаган нерсеге сыйынабызбы? Алла бизди Туура жолго салгандан кийин да аркабызга кайтып, жер үстүндө шайтандар азгырып айран калган пендеге окшоп калабызбы? Анын «Биздин жолго кел!» деп чакырган достору да бар. Айт: «Алланын жолу – Туура жол. Бизге Аалямдардын Эгесине моюн сунушубузга буйрук берилди.

72. Намазды аткаргыла! Андан корккула! Анын (сурагына) топтолуп барасыңар».

73. Анын (жети кат) асманды да, жерди да жаратканы ак. Кайсы күнү Ал «Бол!» деп айтса, (айтканы заматта) болот. Анын сөзү – ак, бийлик да Өзүнүкү. Бир күнү сурнай да тартылат. Кайып сырларды Билүүчү да, ашкерени Билүүчү да, Даанышман да, Кабардар да Ал Өзү!»

74. ...Бир убакта Ибрахим атасы Азарга айтты: «Буркан таштарды кудайлар деп жүрөсүңбү? Мен сенин да, сенин калкыңдын да анык адашканын көрүп турам».

75. Биз Ибрахимге бекем ишенгендердин бири болсун деп асман менен жердин бийлигин ушинтип көрсөтүп жатабыз.

76. Ага түн карангылыгы каптап келген кезде жылдызды көрдү да, айтты: «Менин Эгем ушул экен!» Ал батып кеткенде айтты: «Батып кеткендерди сүйбөйм».

77. Чыгып келе жаткан Айды көргөн кезде айтты: «Менин Эгем ушул экен!» Ал да батып кеткенде айтты: «Эгер менин эгем мени Туура жолго сала албаса, анда мен деле жолдон адашкандардын бири болом».

78. Ал чыгып келе жаткан Күндү көргөн кезде айтты: «Менин Эгем ушул экен! Өзү да чоң экен!» Ал батып кеткен кезде айтты: «Эй калкым! Мен силердин шерик кошуп жатканыңарга кошулган жокмун.

79. Мен жүзүмдү (жети кат) асман менен жерди жаратканга чын ыкласым менен бурдум! Мен мүшүрүктөрдөн эмесмин!»

80. Аны менен калкы талашка түштү. Ал айтты: «Мени менен Алла тууралсында талаш кылаасыңарбы? Туура жолго мени Ал Өзү салды. Мен силердин Ага шерик кошконуңардан коркпойм. Ар кандай нерсе Эгемдин каалаганындай (болот). Менин Эгем бардык нерсени толук билет. Эсиңерге келбейсиңерби?

81. Силер Аллага шерик кошкондон коркпой жатсаңар, анда силердин шерик кылып кошуп жаткандарыңардан мен эмнеге коркушум керек? Ал силердин (буркандарыңарга) эч кандай бийлик да түшүргөн эмес. Эгер билсеңер (айткыла)! Бул эки топтун кайсынысы аман калышка акылуу?»

82. Ыймандуу пенделер ыйманына зулумдукту жолотушпайт. Аларга тынчтык бар. Алар Туура жолдо кеткен пенделер.

83. Биздин Ибрахимге, анын калкына берген далилдерибиз ушундай. Биз кимдерге кааласак, алардын даражаларын көтөрөбүз. Билүүчү да, Даанышман да сенин Эгең Өзү!

84. Биз ага Исхак менен Йакубду бердик. Биз алардын экөөсүн тең Туура жолго салдык. (Булардан) илгери Нухту, андан кийин анын (Ибрахимдин) урпактарынан Даудду да, Сулайманды да, Аййубду да, Йусуфту да, Мусаны да, Харунду да Туура жолго салганбыз. Жакшылык кылуучуларды ушинтип сыйлайбыз.

85. Закарийа да, Йахйа да, Иса да, Илйас да (анын урпактарынан чыккан). Баарысы жакшы иштерди жасаган (пайгамбарлардан) болчу.

86. Исмаил да, Аль-Йаса да, Йунус да, Лут да (пайгамбар эле). Булардын баарысына аалымдарга артык сыйы бар (даражаларды) бердик.

87. Булардын аталарынан да, урпактарынан да, туугандарынан да тандап алганбыз. Аларды Туура жолго, Туруктуу жолго салганбыз.

88. Бул жол Алланын Туура жолу болчу. Кулдарынын ичинен кимди кааласа, Ал аны Туура жолго салат. А эгер алар мүшүрүктөрдүн жолуна түшкөн болсо, анда алардын кылган амалдары текке кетет болчу.

89. Биз буларга Жазууну да, даанышмандыкты да, пайгамбарлыкты да бердик. Эгер ага (пайгамбарлыкка) ишенбей коюшкан болсо, анда аны каршы турбаган башка калайыкка тапшырганбыз.

90. Буларды Туура жолго Алла салган. Сен дагы алардын Туура жолуна түш! Айт: «Мен силерден буга акы албайм. Бул эскертүү аалямдагылар үчүн келди».

91. Алар Алланын кудуретин ак деп баалаша алган жок. «Алла адам баласына эч нерсе түшүргөн жок» деп жатышат. Айт: «Калайыкка жарык нур (берген), Туура жол көрсөткөн жана Муса алып келген Жазууну ким түшүрдү эле? Силер аны баракtарга жазып алып бекитип жатасыңар. Көп жерин (айтпай) жашырып да жүрөсүңөр. Силер (андан) өзүңөр да, аталарыңар да билбегенди үйрөндүңөр». Айт: «Алла (силерге Жазууну түшүрдү)». Эми, аларды ташта! Бейчеки сөздөрү менен ойной беришсин.

92. Бул Ыйык Жазууну сага Биз түшүрдүк. Ал өзүнө чейинки (түшкөн Жазууларды) тастыктайт. Сен Баш Калаадагыларды (Мекке) жана анын айланасындагыларды эскертишиң керек. Акыретке ишенген ыймандуу пенделер ага (Куранга) ишенишет, намаздарын да таштабай окушат.

93. Аллага жалганды ойлоп таап айткан же эч кандай жашыруун кабар келбесе деле «Мага жашыруун кабар келди» деген, же «Алла түшүргөнгө окшош мен деле жакында түшүрөм» дегенден да залим ким бар? Эгер сен залимдердин өлүм алдындагы абалын көрсөң эле! Периштелер аларга колдорун сунушат (да, айтышат): «Жаныңарды (чыгарып) бергиле! Аллага ак сөздү сүйлөбөй, Анын аяттарына ишенбей текеберлик кылып келгенсиңер. Бүгүн кор (кылган) азапты – жазаңарды аласыңар!»

94. Силер Биздин алдыбызга биринчи жолу жаратканыбыздай эле бир-бирден келипсиңер. Силерге бергендерибизди да артыңарга таштап калтырыпсыңар. Колдоочуларыңардын да силер менен бирге эмес экенин көрүп турабыз. Аларды бирге жүрө турган шериктериңердей ойлонсуңар. Араңарда байланышыңар да үзүлүптүр. Алар силерден адашыптыр. Силердин ойлогонуңардай болбоптур.

95. Алла эгинди да, данекти да (өстүрүп) чыгарат. Өлүктү тирүүдөн чыгарат, тирүүнү өлүктөн чыгарат. Силердин Аллаңар ушундай! Кантип эми баш тартып кетесиңер!?

96. Ал таңды атырат. Түндү эс алууга, а Күн менен Айды (убакыттын) эсеби үчүн койду. Булардын чен-өлчөмүн Улуу Даанышман (Алла) Өзү койгон.

97. Ал силерге кургактыкта жана деңизде караңгылык болгондо туура жол табышыңар үчүн жылдыздарды жайгаштырып койду. Биз билгиси келген калайык үчүн аяттарды бөлүштүрүп койдук.

98. Ал силерди бир жандан өстүрүп чыгарды. (Силердин ар бириңер үчүн зненин жатынын ишеничтүү) тура турган жай, а (атанын белин) сактай турган жай кылды. Биз түшүнгүсү келген калайык үчүн аяттарды бөлүштүрүп койдук.

99. Ал асмандан сууну түшүрдү. Аны менен ар кандай өсүмдүктөрдү өстүрүп чыгардык. Андан Биз көк чөптү өстүрдүк; катар-катар тизилген дан эгиндерди өстүрүп жатабыз; мөмөсү менен баштары төмөн карай ийилген курма (жемиши) да бар; жемиш бактарынан жүзүмдөр да, зайтун да, анар да бар; (алардан) бири-бирине окшогону да, окшобогону да бар. Алар түшүм берип бышып турганда мөмөлөрүнө карагыла! Ыйман-дуу калайык үчүн мында аяттар бар!

100. Алар Аллага жиндерди да шерик кылышты. Аларды Ал жараткан. Билишпей туруп эле Анын уулдары да, кыздары да бар деп ойлоп таба беришет. Субхана! Ал алар сыпат кылгандан бийик!

101. (Жети кат) Асмандын да, жердин да Жаратуучусу Ал Өзү! Анын жубайы болбосо, баласы кантип болот? Бардык нерсени Ал жараткан. Бардык нерсени Билүүчү да Ал Өзү.

102. Силердин Эгеңер Алла ушундай. Андан башка Кудай жок! Ал баарысынын Жаратуучусу. Ага кулдук кылгыла! Бардык нерсеге Өкүл да Ал Өзү!

103. Ага көздөр жетпейт, Ал көздөргө жетет. Кайрымдуу да, Кабардар да Ал Өзү!

104. Силерге Эгеңерден көрүнөө далилдер келди. Ким аларды көрсө, өзү үчүн көрөт. Ким көр болсо, өзүнө жаман. Мен силерге сакчы эмесмин.

105. Биз аяттарды ушундай кылып бөлүштүрүп жатабыз. Анткени алар «Сен окупсуң» деп айтышы керек болчу. Билгиси келген калайыкка Биз аны түшүндүрүп берип жатабыз.

106. Эгеңден сага келген жашыруун кабарга карап ээрчи. Андан башка Кудай жок. Мүшүрүктөрдөн баш тарт.

107. Эгер Алла кааласа, алар деле (Ага) шерик кошмок эмес. Биз сени аларга сакчы кылган эмеспиз. Сен аларга өкүл да эмессиң.

108. Алладан башкага сыйынгандарды тилдебегиле! (Андай кылсаңар) алар дагы билбестен душман болуп Аллага тил тийгизишет. Ушинтип Биз ар бир үмөттүн кылган ишин өзүнө ажайып кооз кылып көрсөтүп койдук. Андан кийин алардын Эгесине кайтарылып барышы бар. Ошондо кылган иштерин Ал аларга ачык түшүндүрөт.

109. Аларга эгер бир аят келсе эле ага ишенише турган болуп, Алланын аты менен касам ичишип, бекем ант беришти. Айт: «Алланын аяттары бар. Силер аларды билбей жатасыңар. Аларга (аят) келсе деле ишенишпейт болчу».

110. Биз аларды биринчи жолку ишенишпей койгондорундай эле, көңүлдөрүн да, көрө турган (көздөрүн) да тескери бурабыз да, (аларды) таштап коёбуз. Алар адашкан боюнча темселеп жүрө беришет.

111. Эгер Биз аларга периштелерди түшүрсөк деле, аларга өлүктөр сүйлөгөн болсо деле, бардык нерсени алдыларына жыйнап келсек деле, Алла каалабаса алар эч качан ишенишпейт болчу. Анткени, алардын көпчүлүгү эле наадандык кылышат.

112. Ушинтип, Биз ар бир пайгамбарга адамдардын шайтандарынан да, жиндердин шайтандарынан да душман кылдык. Алар бири бирин кооз сөз менен азгырышып жашыруун сүйлөшөт. Эгер Эгең каалабаса, алар муну кыла алышмак эмес. Аларды да, алардын жалган азгырыктарын да ташта!

113. Андай (сөзгө) акыретке ишенбегендердин көңүлү бурула берсин, ага ыраазы болуша беришсин. Алар кыла турган (күнөө) иштерин кыла беришсин.

114. Мен Алладан башка өкүмдарды издешим керекпи? Ал силерге тартипке келтирилген Жазууну түшүрдү. Бизден Жазуу берилгендер анын (Курандын) Эгеңден сага түшүрүлгөнү ак экенин билишет. Күмөн кылуучулардан болбогула!

115. Эгеңдин сөздөрү сага толугу менен туура жана адилет жетти. Анын сөздөрүн эч ким өзгөртө албайт! Угуучу да, Билүүчү да Ал Өзү!

116. Эгер сен жер бетиндегилердин көпчүлүгүнө баш ийе берсең, анда алар сени Алланын жолунан адаштырат. Алар божомол ойлоруна ээрчип жүрө беришет. Алар жалганды да ойлоп таап алышат.

117. Сенин Эгең Өзүнүн жолунан ким адашып жүргөнүн жакшы билет. Ал Туура жолдо жүргөндөрдү да жакшы билет.

118. Эгер Анын аяттарына ишенсеңер, (анда) Алланын атына багышталгандарды гана жегиле!

119. Силерге эмне болду? Алланын атына багышталгандарды да жебей жатасыңарбы? Ал силерге аргасыз болбогон жагдайда гана эмне тыюу салынганын ажыратып бербедиби! (Калайыктан) көпчүлүгү эле эч кандай билими жок, өздөрүнүн көңүл азгырыгына ооп адашып жүрүшөт. Сенин Эгең чектен чыккандарды да жакшы билет.

120. Ашкере күнөөнү да, купуя күнөөнү да таштагыла! Күнөө жасап жаткандар жакында жасаган (жаман иштери үчүн) жаза алышат.

121. Алланын аты айтылбай (союлгандарды) жебегиле! Алар – ыпыластар! Шайтандар өздөрүнүн досторуна силер менен жаңжал кылышты куласың! Шайтандар өздөрүнүн досторуна силер менен жаңжал кылышты купуя кабар кылышат. А эгер силер аларга баш ийсеңер, анда силер дагы мүшүрүксүңөр.

122. Ким өлгөн болсо, кайра Биз аны тирилтип жарыкка чыгарсак, калайыктын арасында жүргүзүп койсок, анда ал караңгылыктардан ка-

лып чыга албай жүргөн бирөөгө окшойбу? Ушуга окшоп капырлардын кылган иштери өздөрүнө укмуштай кооз көрүндү.

123. Ушинтип, Биз ар бир калаага куулук кылышсын деп анда күнөөкөр башчыларды да койдук. Алар куулугу менен өздөрүн эле алдашат. Алар (муну) сезишпейт.

124. Аларга бир аят келсе айтышат: «Алланын элчи-пайгамбарларына берилгенге окшош бизге да берилмейинче биз эч качан ишенбейбиз». Алла Өзүнүн элчилигин кайсы жерге жайгаштырышын жакшы билет. Жакында күнөө жасагандарга Алланын каары жетет. Кылган куулуктары үчүн катуу азап да бар.

125. Алла кимди Туура жолго салышты кааласа, анын көңүлүн ислам үчүн кеңири ачып коёт. А кимди жолдон адаштырышты кааласа, анын көңүлүн асманга көтөрүлүп чыгып бара жатканга окшош тар кылып кысып коёт. Ыймансыздарга Алла ушундай балээни берет.

126. Бул – сенин Эгеңдин Туруктуу жолу. Эстей турган калайыкка аяттарды иреттеп бөлүштүрүп койдук.

127. Аларга кылган иштери үчүн Алланын Дарус – Салам (Тынчтык Мекени) Бейиши бар. Алардын Колдоочусу да Ал Өзү!

128. (Кыямат) күнү Ал баарысын жыйнайт (да, айтат): «Эй жин жамааты! Силер инсан тукумунан көпчүлүгүн (азгырдыңар). Алардын инсан тукумунан болгон достору айтышат: «Эгебиз! Биз биребизден биребиз пайдаландык. Сенин бизге койгон мөөнөтүңдүн да акырына жетип келдик». Ал айтат: «Силердин ордуңар Тозок отунда! Алла (силерге мында) башканы каалабаса, силер анда түбөлүк каласыңар!» Билүүчү да, Даанышман да Эгең Өзү!

129. Ушинтип, кылган иштерине ылайык залимдерди бири бири менен достоштурабыз.

130. Эй, жин менен инсан жамааты! Силерге өзүңөрдөн элчи-пайгамбарлар келбеди беле? Алар Менин аяттарымды силерге айтып, бул жолугушар күнүңөр туурасында эскертишкен жок беле? Алар айтышат: «Биз өзүбүзгө (каршы) күбөлүк беребиз».

Аларды дүнүйөлүк жашоо азгырып кеткен. Алар өздөрүнүн капыр болуп кеткендерине да өздөрү күбөлүк беришет.

131. Ушинтип, сенин Эгең калкы капылет калган калааны адилетсиз кыйраткан эмес.

132. Ар бирөөнүн кылган иштерине жараша даражалары да бар. Сенин Эгең алардын кылып жаткан иштеринен кабарсыз эмес.

133. Сенин Эгең түгөнбөс байлыктын да, рахматтын да Ээси. Эгер Ал кааласа, силерди кетирет. Кааласа силерден кийин башка калайыктын урпактарынан силерди өстүргөндөй ордуңарга орун басар кылып коёт.

134. Силерге убада кылынган (кыямат күн) келет. Силер аны тосо албайсыңар.

135. Айт: «Эй, калкым! Силер да чамаңардын жетишинче кыла бергиле, мен да кыла берем. Акыреттин акыбети кимдики болорун жакында билесиңер. Залим пенделер бак таппайт!»

136. Алар Алла өстүргөн эгинден да, малдан да бөлүп алышып, Аллага багышташып айтышты: «Бул – Аллага, а мунусу – буркандарыбызга», – деген ниеттери да бар. Алардын буркандарына дегендери Аллага жетпейт, а Аллага дегендери буркандарына жетет. Алар жаман өкүм кылып жатышат!

137. Ушинтип, көпчүлүк мүшүрүктөргө алардын буркандары өз балдарын өлтүрүштү ажайып кооз көрсөттү. Алар (муну менен) аларды өлтүргүсү, динин жоготкусу келет. Эгер Алла кааласа, алар муну кылышпайт эле. Аларды да, алардын ойлоп тапкандарын да ташта!

138. Алар өз ойлоруна таянып айтышты: «Бул мал менен эгин биз каалабагандардан башкалар үчүн арам, аларды жегенге болбойт». Андай малдарга миништи, (жүк жүктөштү) арамга чыгарышкан. Аларды (сойгон учурда) Алланын атын айтышпай, Ага жалганды ойлоп табышкан болчу. Ал жакында жалганды ойлоп тапкандары үчүн аларга жаза берет.

139. Алар: «Бул малдардын курсагындагысы эркектерибизге адал, а аялдарыбыз үчүн арам», – деп да айтышты». Эгер (курсагындагысы) өлүк болсо, анда (эркек-аял) шерик (болуп жей бермей болушту). Ал жакында булардын аныктаган (өкүмдөрү) үчүн жаза берет. Даанышман да, Билүүчү да Ал – Өзү!

140. Билимсиз келесоолук менен өз балдарын өлтүргөндөрдү да, Алладан өздөрүнө берилген (адал) ырыскыны Аллага жалганды ойлоп таап арамга чыгаргандарды да кусур урду. Булар адашты, Туура жолдо болушкан жок.

141. Ал өз алдынча көтөрүлүп өсө турган жана тиреөч менен өсө турган бактардан курманы жана түрдүү даамы бар эгиндерди, зайтунду, анарды, бири-бирине окшогонун да, окшобогонун да өстүрүп чыгарды. Алар түшүм бере баштаганда алардын мөмөлөрүнөн жегиле. Жыйым-терим учурунда анын (тийиштүү) акысын (жардыларга да) бергиле. Бирок, ысырап кылбагыла! Ал ысырап кылуучуларды сүйбөйт.

142. Айбан малдардан жүк ташый турганын да, (жүн бере турган) майда жандыктарын да (жаратты). Алланын силерге берген ырыскысынан жегиле. Шайтандын жолдорунан ээрчибегиле! Ал силердин анык душманыңар.

143. «Жубу менен (баарысы) сегиз туяк[2]: койдон – экөө, эчкиден – экөө. Айт: «Эки эркегин арам кылдыбы, же эки ургаачысынбы? Ага эки ургаачысынын жатынындагысы да кошулабы? Эгер чын айтып жатсаңар, (анда муну) мага илими менен кабар бергиле».

144. Төөдөн да экөө, уйдан да экөө. Айт: «Эки эркегин арам кылдыбы, же эки ургаачысынбы? Ага эки ургаачысынын жатынындагысы да кошулабы? Же Алла осуят кылып жатканда силер буга күбө болдуңар беле?

Илими жок туруп калайыкты азгырыш үчүн Аллага жалганды ойлоп тапкандан да залим ким бар? Залим калайыкты Алла Туура жолго салбайт.

145. Айт: «Мага келген жашыруун кабарда тамак кылып жегенге өлүмтүктү, же (союлганда) төгүлгөн канды, балит, же дагы ыпыластыгы үчүн чочконун этин, Аллага багышталбай (союлгандардын) арам экенинен башкасын таба албай жатам». Ким залимдик да, чектен ашкан да абалда эмес, (тек гана жан аргасы үчүн жегенге) аргасыз болсо, (анда ага ошондой учурда жесе күнөө эмес). Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла-Өзү!

146. Жөөттөргө бардык эле (ача туяктуу эмес) туяктууларды арам кылдык. Уй менен койдун кабырга үстүндөгү, ич этиндеги, сөөгүндөгү жабышкан майларынан башка чулу майларын жегенди арам кылганбыз. Алардын бузукулугунан улам ушундай жаза кылдык. Биз туура айтып жатабыз.

147. Эгер сени жалганчыга чыгарышса, анда айт: «Силердин Эгеңер чексиз рахматтын Ээси! Анын балээси күнөөкөр калайыктан артка кайтарылбайт».

148. Мүшүрүктөр айтып жатышат: «Эгер Алла кааласа, анда биз да, аталарыбыз да (Ага) шерик кошпогон болор элек, эч нерсени арамга да чыгарбайт болчубуз». Аларга чейинки жалганга чыгаргандар да ушундай дешкен. Айт: «(Муну тастыктаган) силердин илимиңер барбы? Аны бизге (далилдеп) чыгара аласыңарбы? Божомолуңарга ээрчийсиңер да, жалганды ойлоп таап жатасыңар».

149. Айт: «Алланын жеткиликтүү далили бар. Эгер Ал кааласа, баарыңарды Туура жолго салат эле».

150. Айт: «Алла муну арам кылды деген күбөлөрүңөрдү бу жерге алып келгилечи!» Эгер алар күбөлүк беришсе да, сен алар менен бирге күбөлүк бербе! Биздин аяттарыбызды жалганга чыгаргандардын көңүл азгырыгына ээрчибе! Алар акыретке да ишенишпейт, Эгелерине (буркандарды) да теңдештире беришет.

151. Айт: «Келгиле! Мен Эгеңер силерге эмнени арам кылганын окуп берейин: Ага шерик кошпогула! Ата-энеңерге жакшылык (кылгыла)! Жардылыктан (коркуп) балдарыңарды өлтүрбөгүлө! Силерге да, аларга да ырыскыны Биз беребиз! Ашкере да, купуя да ыпылас иштерге жакындашпагыла! Ак жеринен (өлүмгө өкүмү анык болбогон) жанды өлтүрбөгүлө! Алла муну силерге арам кылды. Ал силерге ушуларды осуят кылган. Балким, акыл жүгүртөөрсүңөр!

152. Жетимдердин мал-мүлкүнө алар эс тартып баралына жеткенге чейин жакшы ниетиңер болбосо, жакындашпагыла! Ченегенде да, тартканда да туура (адилет) өлчөгөндү сактагыла! Ар бир жанга чамасы жеткенден башканы милдет кылган жокпуз. Сүйлөсөңөр, туугандарыңар болсо да адилет (сөз айта турган) болгула! Алла менен кылган келишиң-

миңерди аткаргыла! Ал силерге ушуларды осуят кылган. Балким, силер (бул осуятты) эстээрсиңер!

153. Бул менин Туруктуу жолум. Буга ээрчигиле! Силерди Анын жолунан бөлүп-жара турган башка жолго ээрчибегиле! Ал силерге ушуларды осуят кылган. Балким, коркоорсуңар!

154. Ошондон кийин Биз (ар бир) жакшылык кылуучу үчүн ар бир нерсени ирети менен толук түшүндүргөн, Туура жолго жана рахматка (жетелеген) Жазууну Мусага бергенбиз. Балким, алар өздөрүнүн Эгесине жолугушарына ишенишээр.

155. Бул Ыйык Жазууну Биз түшүрдүк. Ага ээрчигиле! (Алладан) корккула! Балким, ырайым табаарсыңар.

156. «Бизге чейин эки эле элге Жазуу түшүрүлүптүр. Биз алардын аны окуп билишкенинен да кабарыбыз жок экен», – деп айтпашыңар керек болчу.

157. Же силер: «Эгер бизге да Жазуу түшүрүлсө, алардан көрө Туура жолду биз тапкан болор элек!», – деп айтпашыңар керек болчу. Силерге Эгеңерден ачык далил да, Туура жол да, рахмат да келди. Алланын аяттарын жалганга чыгарган жана андан жүз үйрүгөндөн да залим ким бар? Жакында Биздин аяттарыбыздан жүз үйрүгөндөргө жүз үйрүгөндөрү үчүн өтө жаман жаза беребиз.

158. Алар периштелердин, же Эгеңдин, же Эгеңдин кандайдыр бир аяттарынын келишин күтүп жатышабы? (Кыямат) күнү Эгеңдин айрым бир аяттары келет. (Ошондо ар бир) жанга мурун ыйманга кирбегени, же ыйманы үчүн жакшы иштерди кылбаганы үчүн (ал) жанга ыйманынын пайдасы тийбейт. Айт: «Күткүлө, Биз да күтөлү!»

159. Динин бөлүп жаргандар, (ошондон кийин) топ-топко бөлүнүп кеткендер бар. Сен алардан эмессиң. Алардын иштери Аллага (кайрылып барат). Андан кийин Ал аларга эмне кылган иштеринин кабарын билдирет.

160. Ким жакшылык менен келсе, ага ошондой он жакшылыктын (акыбети) бар. А ким жамандык менен келсе, ошонусуна гана (жаза) алат. Аларга зулумдук кылынбайт.

161. Айт: «Мени Эгем Туура жолго, – ханиф Ибрахимдин калкынын Туруктуу динине, - Туруктуу жолго салды. Ал мүшүрүк эмес болчу».

162. Айт: «Мен намазымды да, курмандыгымды да, жашоомду да, өлүмүмдү да ааламдардын Эгеси Аллага (тапшырдым).

163. Анын шериги жок!» Мен (Андан) ушундай буйрук алдым. Мусулмандардын биринчиси да менмин!

164. Айт: «Алладан башка Эгени издейминби?» Баарысынын Эгеси Ал – Өзү. Ар бир жан өз ишин жасайт. Ар бири өзүнөн башканын жүгүн көтөрбөйт. Андан кийин Эгеңерге кайрылып барышыңар бар. (Ошондо) Ал эмнени талашкан болсоңор, силерге анын кабарын билдирет.

165. Ал силерди жерге орунбасар кылды. Силерге бергендерин сынаш үчүн кээ бириңердин даражаларыңарды башка бириңердикинен жогору көтөрүп да койду. Сенин Эгең – Тез азап берүүчү Кудай! Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Ал Өзү!

7. ААРАФ СҮРӨӨСҮ[1]

ААРАФ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алиф. Лам, Мим, Сад.

2. Сага Жазуу түшүрүлдү. Андан көңүлүңдө күмөн болбосун! Ыйман-дуу пенделерге аны эскертип насаат кылышың керек.

3. Эгеңерден силерге түшүрүлгөнгө ээрчигиле! Андан башка дос бол-гондорго ээрчибегиле! Аны аз эстеп жатасыңар.

4. Биз нечендеген калааларды кыйраттык! Аларга Биздин апаатыбыз түн ичинде, же түштө эс алып жатышканда келет эле.

5. Биздин апаатыбыз аларга келгенде чуу түшүп айтышчу: «Залим болгон экенбиз го!»

6. Элчи-пайгамбарлар жиберилген калайыкты да суракка алабыз, эл-чи-пайгамбарлардын өздөрүн да суракка алабыз.

7. Биз аларга кылган иштерин билген үчүн айтып жатабыз. Биз жашырынган эмеспиз.

8. (Кыямат) күнү (таразага) тартыш ак. Кимдин таразада (жакшылы-гы) оор болсо, алар бак табат.

9. Кимдин таразада (жакшылыгы) жеңил болсо, анда алардын өздөрүн кусур урду. Булар Биздин аяттарыбызга (ишенбей) залимдик кылышат эле.

10. Биз силерди жер үстүнө жайгаштырдык. Анда силердин жашоо тиричилигиңерди (камсыз) кылдык. Силер аз шүгүр кылып жатасыңар.

11. Биз силерди жараттык. Андан кийин келбетиңерди жасадык. Ан-дан кийин периштелерге айттык: «Адамга сажда кылгыла!» Иблистен башкасы сажда кылышты. Ал сажда кылгандардын (бири) болгон жок.

12. Ал айтты: «Мен сага буйрук кылганымда сажда кылбашыңа эмне тоскоолдук кылды?» Ал айтты: «Мен андан жакшымын. Сен мени оттон жараттың, аны ылайдан жараттың».

13. Ал айтты: «Андан төмөн түш! Сенин анда текеберлик кылып жүр-гөнүң болбойт. Чык! Сен кор болгондордун бирисиң!»

14. Ал айтты: «Алар тирилген күнгө чейин мага мөөнөт бер?»

15. Ал айтты: «Сен мөөнөт берилгендердин бирисиң».

16. Ал айтты: «Сен мени адаштырганың үчүн, мен аларды Сенин Ту-руктуу жолуңа жүргүзбөй тосуп отуруп алам.

17. Андан кийин мен аларга алдынан да, аркасынан да, оң жагынан да, сол жагынан да келе берем. Сен алардын көпчүлүгүнөн шүгүр кылуу-чуларды таппайсың».

18. Ал айтты: «Андан жек көрүндү шерменде болуп чык! Алардан ки-миси сени ээрчисе, баарыңарды жыйнап Тозокту толтурам!

19. Эй, Адам! Сен жубайың менен (бул) бактан жай ал! Экөөң анын (жемиштеринен) каалагандай жегиле. А мына бул даракка экөөң тең жакын жолобо! Залимдерден болуп калып жүрбөгүлө!

20. Шайтан ал экөөнүн жабылуу турган уяттуу жерлеринин ачылышын көздөп азгырды да, айтты: «Эгеңер экөөңөрдүн бул даректын (жемишинен жеп) периштеге айланып, мында түбөлүккө калбашыңар үчүн силерге (муну) тыюу салган.

21. Мен экөөңөргө жакшы насаат кылуучулардын биримин», – деп ка-сам да ичти.

22. Ал экөөсүн тең азгырышка далалат кылды. (Экөө) даректын же-мишинен даам таткан учурда, уяттуу жерлери ачылды. Экөө тең бактын жалбыректары менен үстүлөрүн жаба башташты. Эгесинен экөөнө кый-кырган добуш жетти: «Мен силерди бул даректан кайтарган жок белем? Шайтан ачык душманыңар деп экөөңөргө айтпадымбы?»

23. Экөө айтты: «Эгебиз! Биз өзүбүзгө өзүбүз зулумдук кылдык. Эгер Сен бизди кечирбесең, бизге ырайым кылбасаң, биз кусурга калгандар-дан болобуз».

24. Ал айтты: «Төмөн түшкүлө! Бириңерге бириңер душмансыңар! Жер үстү силер үчүн бир мезгилге чейин пайдалана турган мекениңер болот».

25. Ал (дагы) айтты: «Анда жашайсыңар, анда өлөсүңөр, андан (тири-лип) чыгасыңар.

26. Эй, Адам перзенттери! Биз силердин уяттуу жериңерди, үстү-башыңарды жаба турган кийимдерди түшүрдүк. Такыбалыктын кийими мындан да жакшы. Бул (айтылгандар) – Алланын аяттарынан бири. Балким, эстеп жүрөөрсүңөр.

27. Эй, Адам перзенттери! Шайтан ата-энеңердин уяттуу жерлерин ачып бактан чыгарганга окшош силерди да азгырып кетпесин. Ал дагы, анын тобу дагы силерди турган жериңерден көрүп турат. Силер аларды көрбөйсүңөр. Биз шайтандарды ыймансыздарга дос кылдык.

28. Алар ыпыластык кылышса айтышат: «Муну аталарыбыздын (жо-лунан) таптык. Бизге муну Алла буйрук кылган». Айт: «Алла эч качан ыпыластыкты буйрубайт! Билбегениңерге деле Алланы (күбө кылып) айта бересиңерби?»

29. Айт: «Менин Эгем адилеттүүлүктү буйрук кылды. Ар бир сажда кылган жерде жүзүңөрдү (ниетиңерди) түздөгүлө. Андан (Алладан) ти-кылган жерде жүзүңөрдү

легиле. Анын (берген) дининде калыс жүргүлө. Оболку жаратканындай эле кайра дагы Ага кайтасыңар».

30. Ал алардын бир бөлүгүн туура жолго салды. Дагы бир бөлүгүнүн туура жолдон адашканы ак болду. (Анткени), алар шайтандарды Алланын ордуна дос тутушту. Алар туура жолго түштүк деп санап жатышат.

31. Эй, Адам перзенттери! Ар бир мечитте (жарашыктуу) көркүңөрдү кармангыла! Жегиле, ичкиле! Ысырап кылбагыла! Ал ысырап кылуучуларды сүйбөйт!

32. Айт: «Алланын Өзүнүн кулдары үчүн чыгарган жарашыктуу (кийимдерин) жана таза ырыскыларын ким арам кыла алат?» Алар дүнүйөлүк жашоодо ыймандуу пенделер үчүн болчу. Кыямат күнү аларга гана (берилет). Билгиси келген калайыкка аяттарды ушинтип бөлүп түшүндүрүп берип жатабыз.

33. Айт: «Эгем ашкере да, купуя да жасалган ыпылас иштерди, (бардык эле) күнөөнү, акыйкатсыз залимдикти, эч кандай бийлик түшүрүлбөгөн буркандарды Аллага шерик кылышыңарды жана билбегениңерди (далил кылып) Аллага сүйлөй беришиңерди арам кылды».

34. Ар бир элге (берилген) мөөнөт бар. Алардын мөөнөтү (акырына) жетип келсе, аны бир саатка аркага да кечиктире алышпайт, алдыга да жылдыра алышпайт.

35. Эй, Адам перзенттери! Өзүңөрдөн чыккан элчи-пайгамбарлар Менин аяттарымды силерге түшүндүрүп айтып келишсе, ошондо ким коркуп өзүн оңдосо, анда аларга коркунуч да жок, аларга кайгы да жетпейт.

36. Биздин аяттарыбызды жалганга чыгаргандар да, өздөрүн андан бийик санап текеберлик кылгандар да бар. Булар – Тозок отунун тургундары. Алар анда түбөлүк калышат.

37. Аллага жалганды ойлоп таап айткан, же Анын аяттарын жалганга чыгаргандан да залим ким бар? Аларга Жазуудан ээ болгон энчилери (ырыскысы, өмүрлөрү) бүткөн кезде элчи (периштелерибиз) келип жандарын алышат. Ошондо алар айтышат: «Алланын ордуна сыйынып дуба кылгандарыңар кайда? Алар айтышат: «Алар бизден адашты». Алар капыр болушканына өздөрү да күбөлүк беришет.

38. Ал айтат: «Силерден мурда жашап өткөн инсан жана жин калкынын катарында Тозок отуна киргиле! Ар бир калайык Тозокко кирип бара жатканда бири-бирине наалат айтат. Алардын баарысы анда чогулганда биринчилерине башкалары айтат: «Эгебиз! Булар бизди жолдон азгырышкан. Буларга оттун азабынан эки эсе бер!» Ал айтат: «Ар бирине эки эсе! Бирок, аны силер билбейсиңер».

39. Алардын биринчилери башкаларына айтат: «Силер деле бизден артык эмес экенсиңер. Кылган ишиңерге ылайык силер да азаптын даамын таткыла!»

40. Биздин аяттарыбызды жалганга чыгаргандар да, өздөрүн андан бийик санап текеберлик кылгандар да бар. Алар үчүн асман эшиктери ачылбайт. Алар Бейишке төө ийненин көзүнөн өтө албаган сыяктуу кире алышпайт. Күнөөкөрлөргө ушундай жаза беребиз.

41. Алардын төшөнчүсү да, жамынчысы да Тозок. Залимдерге ушундай жаза беребиз.

42. Ыйманга киргендер, жакшылык жасагандар бар. Биз ар бир жанга чамасы жетпегенди жүктөбөйбүз. Булар – Бейиштин тургундары. Алар анда түбөлүк калышат.

43. Биз алардын көңүлдөрүнөн кайгы-капаны алып салабыз. Алардын алдыларынан дарыялар агып турат. Алар айтышат: «Аллага шүгүр! Бизди ушул Туура жолго Ал Өзү салган! Эгер Алла бизди Туура жолго Өзү салбаганда биз Туура жолду өзүбүз таба албайт элек. Эгебиздин элчи-пайгамбарларынын келишкендери ак болчу. ...(Ошондо) кыйкырган үн чыгат: «Кылган ишиңер үчүн бул Бейишке мураскор болдуңар».

44. Бейиштин тургундары Тозоктун тургундарына кыйкырышат: «Эгебиз бизге эмнени убада кылган болсо, анын ак экенин таптык. Силер дагы Эгеңер эмнени убада кылган болсо, анын ак экенин таптыңарбы?» Алар айтышат: «Ооба!» Ошондо алардын арасынан бирөөсү сүйлөйт: «Алланын каргышы залимдерге болсун!»

45. Алар Алланын жолунан (калайыкты) тосушат эле. Аны бурмалашат болчу. Акыретке да ишенишчү эмес!

46. Алардын ортосун (Бейиш менен Тозоктун) тосуп турган парда да бар. (Ошол) Аарафта[2] кишилер бар. Алар баарысын белгилерине карап таанышат. Алар Бейиштин тургундарына кыйкырышат: «Салам алэйкум!» Өздөрү ал жакка кириштү үмүт кылганы менен кире алышпайт.

47. Алардын назары Тозоктун тургундарына бурулса айтышат: «Эгебиз! Бизди залим калайык менен бирге кылба!»

48. Аарафтын тургундары белгилеринен карап тааныган кишилерге кыйкырып айтышат: «Жыйган-тергениңер менен текеберлигиңер силерди куткара албаптыр.

49. Силер белеңер? Алла рахматын аларга жеткирбейт деп касам ичтиңер эле». (Ошондо Алланын буйругу келет): «Бейишке киргиле! Силерге (анда) коркунуч жок, силерге (анда) кайгы да жетпейт».

50. Тозоктун тургундары Бейиштин тургундарына кыйкырышат: «Бизге сууңардан куюп бергиле! Же Алла силерге берген ырыскылардан берсеңер да болот!» Алар (жооп) айтышат: «Алла экөөсүн тең капырларга арам кылыптыр!»

51. Алар динин оюн-күлкүгө айландырышкан, дүнүйөлүк жашоого азгырылышып кетишкен. Бүгүнкү жолугушар күнүн алар кандай уну-

тушкан болсо, бүгүн биз дагы аларды унутабыз! Алар Биздин аяттарыбызды четке кагышат эле.

52. Биз аларга Жазуу менен келгенбиз. Биз аны ыймандуу калайыкка туура жол, рахмат (жеткириш үчүн) ар кыл илимден (турган Жазууну ирети менен) бөлүп-бөлүп түшүндүргөнбүз.

53. Алар анын түшүнүгүн күтүп жатышабы? (Кыямат) күнү анын түшүнүгү да келет. Мурда эле аны унуткандар (ошондо) айтышат: «Эгебиздин элчи-пайгамбарларынын келгени ак болчу. Колдоочулардан (бүгүн) бизди колдой тургандары барбы? Же (дүнүйөгө) кайтарылабызбы? Анда мурдагыдай иш кылбай башкача иш кылат элек». Алардын өздөрүн кусур урду. Алардын ойлоп тапкандары да алардан адашты.

54. Алла – силердин Эгеңер. Ал (жети кат) асман менен жерди алты күндө жаратты. Андан кийин (алар) Аршка жай алды. Ал күндү түн каптай турган кылды. Аны кууп ээрчийт. Күн да, Ай да, жылдыздар да Анын буйругуна баш ийди. Жаратыш да, буйруш да Анын иши! Ааламдардын Эгеси – бак берген Алла Өзү!

55. Эгеңерден купуя жалбарып тилегиле! Ал чектен чыккандарды сүйбөйт.

56. Жер үстүндө түз жолго коюлган (иштерди) бузбагыла! Андан коркуп, үмүт кылып дуба кылгыла. Алланын рахматтары жакшылык кылуучулар үчүн жакын.

57. Ал сүйүнүч тартуулаган рахматтарынын бири катары шамалдарды жиберип турат. Алар оор булуттарды көтөргөн кезде, Биз аны какшып кууган өлкөгө айдап, андан жамгыр жаадырабыз да, ар түрдүү жемиштерди өстүрүп чыгарабыз. Өлгөндөрдү да ушинтип (тирилтип) чыгарабыз. Балким, (муну) эсиңерге аларсыңар.

58. Жакшы өлкөнүн өсүмдүктөрү Эгесинин уруксаты менен (дүркүрөп) өсүп чыгат. А жаман (өлкөнүкү) кыйынчылык менен (берекесиз) өсүп чыгат. Шүгүр кылган калайыкка аяттарды ушундай кылып бөлүштүрүп жатабыз.

59. ...Биз Нухту калкына жөнөттүк[3]. Ал айтты: «Эй, калкым! Аллага кулдук кылгыла! Силер үчүн Андан башка Кудай жок! Мен силерге (келе турган) улуу күндүн азабынан корком!

60. Анын калкынан улуктары айтышты: «Биз сенин анык адашкан жолдо жүргөнүңдү көрүп турабыз.

61. Ал айтты: «Эй, калкым! Мен адашканым жок. Анткени, мен ааламдардын Эгесинин элчи-пайгамбарымын.

62. Силерге Эгемдин кабарын жеткирип жатам. Силерге кеңешимди да берип жатам. Алладан мага келген (кабардан улам) силердин билбегениңерди да билем.

63. Ичиңерден бир киши аркылуу Эгеңерден силерге эскертүү келип, Ал силерди эскертип, силерди коркутуп жатканы үчүн таң калып жатасыңарбы? Балким, ырайым табаарсыңар.

64. Алар аны жалганчы кылышты. Андан кийин Биз аны да, аны менен кемеде бирге болгондорду да куткардык. А Биздин аяттарыбызды жалганга чыгаргандарды чөктүрүп жибердик. Алар (көкүрөгү) көр калайык болчу.

65. ...Ад калкына алардын бир тууганы Худду (жөнөттүк). Ал айтты: «Эй, калкым! Аллага кулдук кылгыла! Силер үчүн Андан башка Кудай жок! Коркпойсуңарбы?»

66. Анын калкындагы капырлардын улуктары айтышты: «Биз сенин келесоо экениңди көрүп турабыз. Сенин жалганчылардан экен деп да ойлоп жатабыз».

67. Ал айтты: «Эй, калкым! Мен келесоо эмесмин! Анткени, мен ааламдардын Эгесинин элчи – пайгамбарымын.

68. Силерге Эгемдин кабарларын жеткирип жатам. Мен силерге ишеничтүү насаатчымын.

69. Силердин ичиңердеги бир киши аркылуу Эгеңерден силерге эскертүү келип, ал силерди эскертип жатканы үчүн таң калып жатасыңарбы? Эстегиле! Ал Силерди Нухтун калкынан кийин (Жер жүзүнө) орун басар кылды. Силердин тулку боюңарды узартып чоңойтту[4]. Алланын жакшылыктарын эстегиле! Балким, бактыңарды табаарсыңар!»

70. (Алар) айтышты: «Сен бизге аталарыбыз кулдук кылып келген буркандарды таштап, бир гана Алланын Өзүнө кулдук кылышыңар керек деп келдиңби? Эгер чын сүйлөгөндөрдүн бири болсоң, бизге убада кылганыңды келтир!»

71. Ал айтты: «Силерге Эгеңердин каары да, балээси да келип калды. Силер өзүңөр жана аталарыңар атын атап, Алла эч кандай бийлик түшүргөн буркандарыңардын аттары туурасында мени менен талашасыңарбы? (Анда) күткүлө, мен да силер менен бирге күтөйүн!»

72. Биз аны да, аны менен бирге болгондорду да Өзүбүз ырайым кылып куткардык. А биздин аяттарыбызга ишенишпей жалганга чыгаргандардын эң акыркысына чейин кырып жоготтук![5]

73. ...Самуд калкына бир тууганы Салихти (жөнөттүк). Ал айтты: «Эй, калкым! Аллага кулдук кылгыла! Силер үчүн Андан башка Кудай жок! Силерге Эгеңерден анык далил келди; бул – Алланын ингени, силерге – бир аят. Ага тийбегиле! Алланын жеринде оттоп жүрө берсин. Ага бир жаман дык жеткире көрбөгүлө! (Антсеңер эле) силерге оор азап келет.

74. Анын силерди Ад калкынан кийин Жер жүзүнө орун басар кылганын жана жайгаштырганын эстегиле![6] Өрөөндөрдө ордо сарайларды салып жатасыңар. Тоолорду үйдөй кылып кыркып жатасыңар[7]. Алланын

жакшылыктарын эстегиле! Жер үстүндө бузукулукту таратып жүрө бергиле!

75. Анын калкынан менменсинген улуктары калайыктын ичинен ыймanга кирген бечара пенделерден сурашты: «Салих Эгесинен жөнөтүлгөн элчи-пайгамбар экенин билесиңерби? (Алар) айтышты: «Ал эмнеге жөнөтүлүп келсе, биз ага ишенебиз».

76. Ал менменсингендер айтышты: «Силер ишенгенге биз ишенбейбиз».

77. Алар ингенди мууздап салышты, Эгелеринин буйругуна кулак салышкан жок. (Андан кийин) айтышты: «Эй Салих! Эгер элчи-пайгамбар болсоң, бизге убада кылганыңды келтир!»

78. Алар үчүн бир жолу (жер) силкинди[8]. Таң заарда эле үйлөрүндө кыйрап жатып калышты[9].

79. Алардан ал жүзүн буруп кетти да, айтты: «Эй, калкым! Мен Эгемдин кабарларын силерге толук жеткирдим. Силерге насаат да бердим. Бирок, насаатчыларды силер сүйбөйт экенсиңер».

80. ...Лутту да (жөнөттүк)[10]. Бир убакта ал калкына айтты: «Силерге чейин ааламдарда эч бирөөнүн башынан өтпөгөн ыпыластыкка силер бара бересиңерби?

81. Силер аялдардын ордуна эркектерге напсиңерди агытып барасыңарбы? Силер чектен чыккан калайык экенсиңер!»

82. Калкынын айткан жообу ушул болду: «Аларды калааңардан чыгарып жибергиле! Алар тазалыкка баш койгон адамдар экен!»

83. Биз аны да, аялынан башка үй-бүлөсүн да куткардык. Ал аял (кутулбай) калгандардын бири болду.

84. Биз аларга (кесек таштан) жамгыр жаадырдык. Күнөөкөрлөрдүн акыбети кандай болгонуна назар кыл!

85. ...Мадйандыктарга бир тууганы Шуайбды (жөнөттүк)[11]. Ал айтты: «Эй, калкым! Аллага кулдук кылгыла! Силер үчүн Андан башка Кудай жок! Эгеңерден силерге ачык далил келди. Ченегенде да, тартканда да туура өлчөгөндү сактагыла! Адамдардын буюм-тайымдарынан кымтып уурдап калбагыла! Жер бетинде түзөтүлгөн иштерди бузбагыла! Эгер ыймандуу пенделерден болсоңор, силерге ушул жакшы.

86. Ар кайсы жолдорго отуруп албагыла! Ким (Аллага) ыйман келтирген болсо эле (тосуп алып) коркутасыңар да, Алланын жолунан кайтарып жатасыңар. Аны бурушка аракет кыласыңар. Эстегиле! Бир убакта аз болчусуңар. Ал (силерди) көбөйттү. Бузукулардын акыбети кандай болгонуна назар салгыла!

87. Силерден бир тайпаңар менин эмнеге жөнөтүлүп келгениме ишенишкен болсо да, а экинчи бир тайпаңар ишенишкен жок. Анда бизге Алланын өкүмү келгенге чейин сабыр кылып тургула! Өкүмдарлардын жакшысы да Алла Өзү!»

88. Анын калкынын арасынан, менменсинген улуктары айтышты: «Эй Шуайб! Биз сени да, сени менен бирге ыйманга киргендерди да калаабыздан куып чыгабыз, же силер биздин динибизге кайтасыңар!» Ал айтты: «А биз аны жек көрсөкчү?

89. Эгер бизди силердин диниңерден Алла куткаргандан кийин кайра ага кайтсак, анда биз Аллага жалганды ойлоп тапкан болобуз. Биздин Эгебиз Алланын каалоосу болбой туруп, биз ага эч качан кайтпайбыз. Биздин Эгебиз бардык илимдин Ээси! Биз Аллага тобокел кылдык! Эгебиз! Биз менен биздин калайыктын ортосунда акыйкатты ач! Ачык кылуучулардын жакшысы да Сен Өзүңсүң!»

90. Анын калкынын арасынан капырлардын улуктары айтышты: «Эгер силер Шуайбды ээрчисеңер, анда кусурга каласыңар».

91. Алар үчүн бир жолу (жер) силкинди. Таң эртеде үйлөрүндө кыйрап жатып калышты.

92. Шуайбды жалганчы кылгандар мурда анда жашашпагандай жок болду! Шуайбды жалганчы кылгандарды кусур урган болчу!

93. Ал алардан бурулуп кетти да, айтты: «Эй калкым! Мен силерге Эгемдин кабарларын да жеткирдим, өзүм да насаат кылдым. (Эми), капыр калайыкка кантип өкүнмөк элем!?

94. Биз (ар кайсы) калаага пайгамбар жөнөттүк. (Ошондо) анын тургундарын жардылык менен кырсыкта кармап турдук. Балким, алар (тобо кылып) жалбарышаар.

95. Андан кийин Биз аларга кечирим кылып жамандыктын ордун жакшылык менен алмаштырып турганыбызда айтып жатышты: «Ата-бабаларыбызга да бирде кырсык, бирде шаттык жеткен экен». Биз аларды күтүүсүздөн кармайт элек. Алар (муну) билишпейт эле!

96. Эгер калаалардын тургундары ыйманга киришсе, коркушкан болсо, анда Биз аларга асман-жердин берекетин ачмакпыз. Тескерисинче, (алар аяттарыбызды) жалганга чыгарышты. Биз да кылган иштерине ылайык кармап (жазаладык)!

97. Калаалардын тургундары Биздин кырсыгыбыз аларга түн ичинде уктап жатышканда келбейт деп ишеништиби?

98. Же калаалардын тургундары Биздин кырсыгыбыз аларга күндүзү ойноп-күлүп жүрүшкөндө келбейт деп ишеништиби?

99. Алланын куулугунан аман калышабы? Кусур урган калайык Алланын куулугунан аман калбайт!

100. Ал жер үстүн ээлегендердин (ордуна келип, алардан) кийин мураскор болгондорго маалым кылбадыбы? Эгер Биз кааласак, (калайыкка) күнөөлөрүнө ылайык балээ жеткиребиз. Алардын жүрөктөрүн жаап бекитебиз. Алар укпай да калышат.

101. Бул (кыйраган) калаалардын кабарларын Биз сага сөз кылып жатабыз. Аларга элчи-пайгамбарлары ачык далилдер менен келишкен болчу. Мурдагылар жалганга чыгарышкандай (кийинкилер деле) ишенбей коюшту. Капырлардын жүрөктөрүн Алла ушинтип жаап таштайт!

102. Биз алардын көпчүлүгүнөн убадасын (аткаргандарын) таппадык. Эгер тапкан болсок, алардын көпчүлүгү эле ыпылас пенделер болчу.

103. ...Андан кийин Өзүбүздүн аяттарыбыз менен Мусаны Фараон менен анын жан-жөкөрлөрүнө жөнөттүк. Алар ага зулумдук кылышты. Бузукулардын акыбети кандай болгонуна назар кыл!

104. Муса айтты: «Эй, Фараон! Мен ааламдардын Эгесинен келген элчи-пайгамбармын.

105. Мен акыйкатты Аллага ак деп айтышым керек. Мен силерге Эгеңердин ачык далилдери менен келдим. Исраил урпактарын (бошотуп) мени менен жөнөт».

106. Ал айтты: «Чын сүйлөгөндөрдөн болсоң, эгер бир аят менен келген болсоң, анда аны келтир».

107. Ал асасын таштады. Ошондо ал анык бир ажыдаарга айланды.

108. Колун (жеңинен) чыгарганда карап тургандарга аппак болуп көрүндү.

109. Фараондун жан-жөкөрлөрү айтышты: «Бул даана илимдүү сыйкырчы экен.

110. Ал силерди жериңерден чыгарышты каалайт. Силер эмне чечим кабыл аласынар?»

111. Алар айтышты: «Ага да, агасына да мөөнөт бер. Шаарларга жыйнап келе тургандарды жөнөт.

112. Сага сыйкыр илимин билгендердин баарысын алып келишсин».

113. Фараонго сыйкырчылар (топтолуп) келишти да, айтышты: «Эгер биз жеңсек, бизге акыбыз да болсун».

114. Ал айтты: «Мейли! Силер (анда мага) жакындардан да болосунар».

115. Алар айтышты: «Эй Муса! Же сен ташташың керек, же биз ташташыбыз керек болот».

116. Ал айтты: «Таштагыла!» Качан алар таштаган учурда калайыктын көзүн боёп сыйкырлап, коркутуп да салышты. Алар чоң сыйкырды көрсөтүштү.

117. Биз Мусага жашыруун кабар жибердик: «Асаңды ташта!» Ошондо ал (ажыдаарга айланып) тигилердин жалгандан көрсөткөндөрүн жута баштады.

118. Акыйкат жүзөгө чыкты. Алардын кылгандары жалганга чыккан болчу.

119. Ошол жерде алар жеңилишти. Шерменде болушкан эле.

120. Сыйкырчылар (өздөрүн) сажданга ташташтты.

121. Алар айтышты: «Биз Ааламдардын Эгесине ишендик!

122. Муса менен Харундун Эгесине (ишендик)!»

123. Фараон айтты: «Мен силерге уруксат бере электен мурун ишенип жатасыңар. Бул – силердин эле шаар (калкына) жасаган куулугуңар. Анын тургундарын андан чыгарганы жүрөсүңөр. Жакында билесиңер.

124. Мен силердин колу-бутуңарды кайчылаштырып туруп кесем! Андан кийин баарыңарды асып таштайм!»

125. Алар айтышты: «Биз Эгебизге кайттык!

126. Сен бизге келген Эгебиздин аяттары үчүн бизден өч аласыңбы? Эгебиз! Бизге сабыр түшүр! Бизди мусулман боюнча жаныбызды ал!»

127. Фараондун калкынын төбөлдөрү ага айтышты: «Сен Муса менен анын калкынын жер үстүндө бузукулук таратышына, сенин кудайларыңды ташташына (каршы турбай) жөн коёсуңбу?» Ал айтты: «Биз жакында алардын эркек балдарын өлтүрөбүз да, аялдарын тирүү калтырабыз. Биз алардын үстүнөн бийлик жүргүзөбүз».

128. Муса калкына айтты: «Алладан жардам тилегиле! Сабыр кылгыла! Жердин Ээси Алла! Кулдарынын ичинен кимге кааласа, аны ага мураскор кылат. Такыбалар үчүн акыбети да бар.

129. Алар айтышты: «Биз сен келе электен мурун да, сен келгенден кийин да кыйналдык». Ал айтты: «Эгеңер душманыңарды кыйратып, силерди да жер бетине орун басар кылышы мүмкүн. (Ошондо) силердин да кандай иш кылганыңарды көрөт».

130. Фараондун калкына бир нече жыл каатчылык бердик, жер-жемиштерин да азайттык. Балким, алар эсине келишээр.

131. Аларга бир жакшылык келсе айтышат эле: «Бул бизге (жакшылык жышаанабыздан) болду». А эгер жамандык келсе, анда Муса жана аны менен бирге жүргөндөрдүн (жамандык) жышаанасынан болуп жатат». Ооба! Аларга жамандык Алланын Өзүнөн! Алардын көпчүлүгү (муну) билишпейт.

132. Алар айтып жатышты: «Мейли, сен бизди сыйкырлагың келип канча аят келтирсең деле биз эч качан сага ишенбейбиз!»

133. Биз аларга ар кыл аяттарды, – суу ташкынын, чегирткени, курт-кумурскаларды, бакаларды (каптатып), канды (агызып) жибердик. Текеберлик кыла беришти. Алар күнөөкөр калайык болчу.

134. Аларга балээ пайда болсо айтышчу: «Эй Муса! Эгеңе сени менен болгон келишимге ылайык биз үчүн дуба кыл. Эгер сен бизден (бул) балээни жок кылсаң, анда биз сага ишенели да, сени менен бирге Исраил урпактарын жөнөтөлү».

135. Биз аларга жеткен балээни бир мезгилге чейин кетирсек (ошондон кийин да), алар убадасын буза беришет эле.

136. Ошондо Биз алардан өч алдык. Аларды Биздин аяттарыбызды жалганга чыгарышканы, аларга көңүл бурбагандары үчүн деңизге чөктүрүп жибердик.

137. Начар абалда калган калайыкты береке берген жерибиздин күн чыгыш тараптарына да, күн батыш тараптарына да мураскор кылдык. Сабыр кылгандары үчүн Исраил урпактарына Эгеңдин жакшы сөздөрү (убадасы) толук аткарылды. Фараондун жана анын калкынын жасагандарын, бийик көтөрүп тургузган (имараттарын) тыптыйпыл талкалаДык.

138. Биз Исраил урпактарын деңизден өткөрдүк. Алар өздөрүнүн буркан таштарына сыйынган бир калайыкка келишти. Алар айтышты: «Эй, Муса! Тигилердин кудайларына окшош бизге да бир кудайды жаса!» Ал айтты: «Силер наадан калайыксыңар!

139. Булардын карманганы (дини) жоголот. Кылган иштери да пайдасыз».

140. Ал айтты: «Силерге Алланы таштап башка Кудай издешим керекпи? Ал силерди ааламдардагылардан артык кылбады беле!»

141. ...Бир убакта Биз силерди Фараондун калкынан куткардык. Алар силерге жаман азап беришет эле. Балдарыңарды өлтүрөт эле да, аялдарыңарды тирүү калтырышчу. Силерге бул Эгеңерден улук сыноо болчу.

142. Мусага отуз түндү убада кылдык да, ага онду кошуп бүтүрдүк. Эгесинин (белгилеген) убактысы кырк түн менен толук бүттү. Муса бир тууганы Харунга айтты: «Менин калкыма орунбасарым болуп тур. Түзөтүп (көз салып) тур. Бузукулардын жолуна ээрчибе.

143. Муса Биз белгилеген убакка келгенде Эгеси аны менен сүйлөштү. Ал айтты: «Эгем! Мага Өзүңдү көрсөтчү! Сени көрөйүн!» Ал айтты: «Мени көрө албайсың. Бирок, тоого карап тур! Эгер ал ордунда турса, (ошондо гана) көрө аласың. Эгеси тоого көрүнгөндө эле аны (майдалап) чаң кылып таштады. Муса эстен танып жыгылды. Эсине келгенде айтты: «Субханака! Сага тобо кылдым! Ыймандуулардан биринчиси менмин!»

144. Ал айтты: «Эй, Муса! Сени калайыкка Менин кабарларымды, сөздөрүмдү жеткире турган (элчи-пайгамбар кылып) тандап алдым. Менин сага бергенимди ал! Шүгүр кылуучулардан бол!»

145. Биз ага ар кыл насаттарды, ар кандай (диний иштердин жолжоболорун) ирети менен тактайларга жазып бердик. (Ошондо айттык): «Муну бекем карма! Калкыңа (мында жазылгандарды) жакшы карманышын буйрук кыл! Жакында силерге ыпылас калайыктын журтун көрсөтөм.

146. Акысы жок экенине карабай Жер үстүндө текеберлик кылып жүргөндөрдү Өзүмдүн аяттарымдан тескери буруп салам. Эгер алар ар кандай аяттарды көрүшсө деле ишенишмек эмес. А эгер алар түз жолду көрүшсө деле ал жолду кармашмак эмес. А эгер алар тескери жолду

көрүшсө, анда ал жолду кармашат болчу. Анткени, Биздин аяттарыбызды жалганга чыгарышты. Андан капылет калышты.

147. Биздин аяттарыбызды да, акыреттик жолугушууну да жалганга чыгаргандар бар. Алардын кылган иштери текке кетти. Кылган иштерине ылайык жазаланышабы?

148. Мусадан кийин анын калкы өкүрүп турган музоонун жасалганган айкелине сыйынып алышты. Анын аларга сүйлөй албаганын, аларды Туура жолго сала албаганын көрүшпөдүбү? Ага сыйынып алышты. Залим болушту.

149. Качан гана өздөрүнүн колдорундагы (музоо) жаңылыштык экенин көрүшкөндө адашканын билишти да, айтышты: «Эгер Эгебиз бизге ырайым кылып кечирим бербесе, анда биз кусур ургандардан болдук!»

150. Муса калкына кайтып келгенде каары келип, кайгырып айтты: «Менден (бөлүнүп) калгандан кийин жаман иш кылыпсыңар! Эгеңердин буйругун шаштырып жатасыңарбы?» (Жазылуу) тактайларды таштады да, бир тууганынын башынан кармап өзүнө карай тартты. Ал (Харун) айтты: «Эй, энемдин уулу! Калайык мени алдан тайдырды. А түгүл өлтүрүп коё жаздашты. Мени душмандарга таба кылба! Мени залим калайыкка кошпо!»

151. Ал айтты: «Эгем! Мени да, бир тууганымды да кечир! Бизди Өз рахматыңа киргизе көр! Сен ырайымдуулардын Ырайымдуусусуң!»

152. Музоого сыйынгандарга жакында Эгесинин каары жетет. Дүнүйөлүк жашоосунда аларга кордук да бар. Жалганды ойлоп тапкандарды ушинтип жазалайбыз.

153. Жаман иштерди жасашкандан кийин тобо кылгандар, андан кийин ыйманга киргендер бар. Ушундан кийин да сенин Эгең Кечиримдуу, Ырайымдуу Кудай!

154. Муса ачуусу басылган кезде тактайларды алды. Анын нускасында Эгесинен коркконДор үчүн (жазылган) Туура жол да, рахмат да бар болчу.

155. Биз белгилеген убакка Муса өзүнүн калкынан жетимиш кишини тандап алды. Алар үчүн жер (титиреп) бир силкингенде ал айтты: «Эгем! Эгер Сен кааласаң буларды да, мени да, мурун эле өлтүрүп салат элең. Биздин арабыздагы келесоолор кылган иш үчүн бизди өлтүрөсүңбү? Бул Сенин сыноолоруңдун бири. Сен кимди кааласаң адаштырасың, кимди кааласаң Туура жолго саласың. Сен биздин Колдоочубузсуң! Бизди кечир, бизге ырайым кыл! Кечирим берүүчүлөрдүн Эң жакшысы Сен Өзүңсүң!

156. Бизге бул дүйнөдө да, акыретте да жакшылыкты жаз! Биз Өзүңө тобо кылдык!» (Алла) айтты: «Азабымды Мен кимге кааласам жеткирем. Рахматым бүткүл нерсени каптайт. Аны Мен такыбалык кылгандарга, зекет бергендерге, Биздин аяттарыбызга ишенгендерге жазам!»

157. Алар жөнөкөй элчи-пайгамбарды ээрчип жатышат. Ал жөнүндө жазылганын алар өздөрүнүн алдындагы Тооратган да, Инжилден да табышат. Ал аларды жакшылыкка буйруйт, жамандыктан кайтарат. Аларга таза нерселерди адал кылат, таза эместерин аларга арам кылат. Алардан оорчулук келтирген кишендерди да чечип алып салат. Ага ишенгендер, ага колдоо көрсөткөндөр, ага жардам бергендер, ага түшкөн жарык нурга ээрчигендер бар. Булар – бак тапкан пенделер!

158. Айт: «Эй калайык! Мен силердин баарыңар үчүн (жиберилген) Алланын элчи-пайгамбарымын. (Жети кат) Асмандын да, жердин да бийлиги Аныкы! Андан башка Кудай жок! Ал өлтүрөт, тирилтет. Аллага да, Анын жөнөкөй элчи-пайгамбарына да ишенгиле. Ал Аллага да, Анын сөздөрүнө да ишенет. Аны ээрчигиле. Балким, Туура жолго түшүп кетээрсиңер».

159. Мусанын калкынан (бир гана бөлүгү) үмөтү бар. Алар акыйкаттан (тайбай) Туура жолдо кетип жатышат. Аны менен бирге адилеттүүлүктү да кармашат.

160. Биз аларды он эки урууга бөлүп эл кылдык. Бир убакта анын калкы андан иче турган суу сураганда Биз ага жашыруун кабар жибердик: «Асаң менен ташты чап!» Андан он эки булак атылып чыкты. Ар бири (уруу) иче турган булагын билди. Биз аларга булутту көлөкө кылдык. Манна менен бөдөнө түшүрүп берип турдук: «Силерге берген таза ырыскыларыбыздан жегиле!» Бизге зулумдук кыла алышкан жок. Бирок, өздөрү үчүн зулумдук кылышкан болчу.

161. ...Бир убакта аларга айтылды: «Бул калаадан жай алгыла! Анда каалаганыңардай жегиле! Эшигинен сажда кылып киргиле! «Кечир!» дегиле! Силердин күнөөлөрүңөрдү Биз кечиребиз. Жакшылык кылуучулардын акыбетин да Биз арттырабыз.

162. Алардын ичинен залимдери өздөрүнө айтылган сөздү өзгөртүп бурмалашты. Ошондо ыпыластык кылгандары үчүн залимдерге асмандан балээ жибердик.

163. Алардан деңиз жээгиндеги калаа туурасында сура! Ишемби күнү чектен чыгып (балык уулаганы) деңизге келишчү. Аларга балыктар ишемби күнү ачык эле (сүзүп) келишет эле. Ишембиден башка күнү аларга келишчү эмес. Ыпыластык кылгандары үчүн аларды ушундай кылып сынадык.

164. Алардын үмөтүнөн кээ бирлери айтышат эле: «Алла кыйрата турган, же катуу азап бере турган калайыкка насаат кылганыңардын эмне кереги бар?» Алар айтышты: «Эгеңерден үзүр (сурай берели). Балким, алар коркушаар».

165. Эскертилген (насааттарды) унутушкан кезде, жамандыктан кайтаргандарды куткардык. Ыпыластык кылгандары үчүн залимдерди жаман азапка салдык.

166. Алар тыюу салынган иштерди жасап чектен аша чапканда Биз аларга айттык: «Жек көрүндү маймыл болуп калгыла!»

167. Эгең кабар кылды: «Аларга кыямат күнгө чейин жаман азап бере тургандарды жибере берет». Сенин Эгең Тез азап берүүчү Кудай! Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Ал Өзү!

168. Аларды жер жүзүндө (ар башка) үмөт кылып бөлдүк. Алардан жакшылары да, жакшы эместери да бар. Аларды жакшылык менен да, жамандык менен да сынадык. Балким, алар (Туура жолго) кайтышаар.

169. Алардан кийин орунбасар болуп Жазууга мураскор болгон муундар калышты. Алары бул дүйнөнүн пайдасы менен алек болуп, айтып жатышат: «Бизге жакында кечирим берилет!» Эгер аларга ушул өңдүү пайда чыга берсе, алар аны (кууп жүрүп) ала беришет экен да! Жазуудагы келишимде алардан Аллага ак сөздү айтышка убада алынбады беле? Алар муну (Жазуудан) окуп билишкен болчу. Такыба пенделер үчүн акырет жайы жакшы. Акыл жүгүртпөйсүңөрбү?

170. Жазууну бекем кармагандар, намазды аткаргандар бар. Өздөрүн түзөтүп жаткандардын акыбетин Биз жок кылбайбыз.

171. Биз алардын үстүнө тоону булуттун көлөкөсү сыяктуу көтөрүп турдук. Алар аны үстүлөрүнө түшүп кетеби деп да ойлошту: «Биздин бергенибизди бекем кармагыла! Ичиндеги (насааттарын) эстеп жүргүлө! Балким, силер коркоорсуңар!»

172. ...Бир убакта Эгең Адам уулдарынын белинен (кыяматка чейин дүнүйөгө туулуп келе турган) урпактарын алды (да, алардын күбөлүгүн сурады): «Мен силердин Эгеңерминби?» Алар (жооп) айтышты: «Ооба! Биз (буга) күбөлүк бердик!» (Анткени), «Биздин мындан (эч кандай) кабарыбыз болбогон экен деп кыямат күнү айтпашыңар керек болчу».

173. Же дагы: «Бизден мурунку аталарыбыз мүшүрүк болушуптур. Биз алардан кийин келген урпактары экенбиз. Бизди (мурдагы) күнөөкөрлөрдүн кылган иши үчүн жок кыласыңбы?» – деп, айтпашыңар керек болчу.

174. Аяттарды ушундай кылып (ирети менен) бөлүштүрүп жатабыз. Балким, алар (ыйманга) кайтышаар.

175. Бирөөгө берген Биздин аяттарыбыз жөнүндө окуп бер! Ал алардан четтегенде, шайтан аны ээрчитип кетти. Ал жолдон азгандардын бири болду.

176. Эгер Биз кааласак, анын (даражасын) көтөрөт элек. Бирок, ал өзү жердеги (жашоонун кызыгы менен) кала берди. Анын ышкысына ээрчип кетти. Анын мисалы иттин мисалына окшойт. Аны айдасаң да тилин салаңдатып жүрө берет, жөн койсоң да тилин салаңдатып жүрө берет. Биздин аяттарыбызды жалганга чыгарган калайыктардын мисалы ушундай. (Аларга) бул кыссаны айтып бер! Балким, пикир кылышаар.

177. Биздин аяттарыбызды жалганга чыгарган калайыктын мисалы кандай жаман! Алар өздөрүнө зулумдук кылышкан болчу.

8. АНФАЛ СҮРӨӨСҮ[1]

ОЛЖОЛОР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Сага (согушта түшкөн) олжолор тууралуу суроо берип жатышат. Айт: «Олжолор Алла менен элчи пайгамбардыкы. Алладан корккула! Ортоңордогу адамгерчилик (мамилеңерди) оңдогула! Ыймандуу пенделерден болсоңор, Аллага да, Анын пайгамбарына да баш ийгиле!

2. Алла эскерилгенде ыймандуу пенделердин жүрөктөрү коркунучка түшөт. Аларга анын аяттары окулганда алардын ыймандары күч алат. Алар Эгесине тобокел кылышат.

3. Алар намазды аткарышат. Биз берген ырыскылардан каржы кылышат.

4. Булардын ыймандуу пенделер экени ак! Эгесинин алдында алардын ар биринин даражалары да, кечирими да, сый-урматка ээ ырыскылары да бар.

5. Эгеңдин сени үйүңдөн (согуш үчүн) чыгарганы ак экенине карабай ыймандуу пенделердин бир тобу (буга) каршы болуп жатышат.

6. Согуш туурасында келген кабардын сага ак экени аларга түшүнүктүү айтылгандан кийин деле өлүмгө айдалып жаткандай сени менен талаш-тартыш кылып жатышат. Алар (муну) көрүп турушат.

7. Ошол учурда эки топтун бири силерге болушун Алла убада кылып жатат. Алардан куралсыздарынын силерге болушун каалап жаттыңар. Алла болсо сөзүнүн ак экенин акыйкатка чыгарышты да, капырлардын (жолун) акырына чейин кесишти да каалап жатат.

8. Күнөөкөрлөрдүн жек көргөнүнө карабай, Ал акты ак, жалганды жалган кылгысы келет.

9. Эгеңерден жардам сурап жатканыңарда Ал силерге жооп айтты: «Мен силерге удаа келе турган миң периште менен колдоо көрсөтөм».

10. Алла муну силердин жүрөгүңөргө тынчтык бериш үчүн кабарлады. Жардам бир гана Алланын Өзүнөн! Улук да, Даанышман да Алла Өзү!

11. Ал силерге тынч алдыртып мүргүткөн уйку берди. Силерден шайтандын ыпыластыгын тазалап кетириш үчүн жүрөгүңөрдү (бир ниетке) бириктирип, кадамыңарды бек кылыш үчүн асмандан силерге жамгыр да жаадырды.

12. Бир убакта Эгең периштелерге жашыруун кабар кылды: «Мен силер менен биргемин! Ыймандуу пенделерге бекем колдоо көрсөткүлө! Капырлардын жүрөгүнө коркунуч салам. Алардын мойнунан жогору карай ургула! Алардын бардык манжаларына ургула!»

13. Аллага жана Анын элчи-пайгамбарына каршы чыккандары үчүн аларга ушундай болду. Ким Аллага жана Анын элчи-пайгамбарына каршы турса, (алар үчүн анда) Алла – азабы катуу Кудай!

14. Силер ушуну да таткыла! Капырлар үчүн Тозоктун оту бар.

15. Эй, ыймандуу пенделер! Капырларга чабуул кылып беттешкенде артыңарга чегинбегиле!

16. Ким согушуп жаткан күнү согуш майданын өзгөртүштү, же өзүнүн башка бир тобуна кошулуш максатын көздөбөй туруп капырлардан бурулуп качып кетсе, анда ал Алланын каарына калат. Анын орду – Тозок. Кандай жаман турук жай!

17. Аларды силер өлтүргөн жоксуңар, аларды Алла өлтүрдү. Атканда силер атпадыңар, Алла атты. Ал ыймандуу пенделерди жакшылап сынагысы келет. Билүүчү да, Угуучу да Алла Өзү!

18. Силерге ушундай! Алла капырлардын айласын кетирүүчү Кудай!

19. Эгер силер жеңишти сурап жатсаңар, анда силерге жеңиш келди. Эгер (согушту) токтотсоңор, анда ал силер үчүн жакшы. А эгер (согушка) кайтсаңар, биз да кайтабыз. Силердин тобуңар көп болсо деле силерди куткарып кала албайт. Алла ыймандуу пенделер менен бирге!

20. Эй, ыймандуу пенделер! Аллага жана Анын элчи-пайгамбарына баш ийгиле! Силер андан баш тартып кетпегиле! Силер аны (Куранды) угуп жатасыңар.

21. «Уктук!» – деп айткандардай болбогула! Алар угушкан эмес.

22. Алланын дүлөй, дудук (кылып жараткан) жаман жаныбарлары бар. Алар акыл жүгүртүшө албайт.

23. Эгер Алла алардан бир жакшылыкты билсе, анда аларды уга тургандай кылат эле. А эгер аларды уга турган кылса, анда деле алар баш тартып кетишет болчу.

24. Эй, ыймандуу пенделер! Алла менен Алланын элчи-пайгамбары силерди (дилиңерди ойготуп) тирилтиш үчүн чакырса ага жооп кайтаргыла! Билип койгула! Алла адам менен анын жүрөгүнүн арасында турат. Силер Ага чогулуп барасыңар.

25. Ичиңердеги залим пенделерге жетпей турган (болсо деле ар кандай) азгырыктан корккула! Билип койгула! Алла – Азабы катуу Кудай!

26. Эстегиле! Бир убакта силер (жер бетинде) аз жана күчсүз болчусуңар. Калайыктын силерди багынтып алышынан да коркот элеңер. Ошондо Ал силерге тура турган жай берди, жардам берип да колдоду. Силерге таза ырыскыларды да берди. Балким, силер шүгүр кыларсыңар.

27. Эй, ыймандуу пенделер! Аллага да, Анын элчи пайгамбарына да кыянаттык кылбагыла! Билип туруп (алган) аманаттарыңарга да кыянаттык кылбагыла!

28. Билип жүргүлө! Мал-мүлкүңөр да, балдарыңар да (силер үчүн) сыноо. Алланын Өзүндө улук энчи бар.

29. Эй, ыймандуу пенделер! Эгер Алладан корксоңор, Ал силерди (жакшы-жаманды) ажырата турган кылат. Дагы силердин жамандыгыңарды жашырат, силерге кечирим да кылат. Алла – улук рахматтын Ээси!

30. Капырлар сени кармап алгысы, же өлтүргүсү, же куулп чыгаргысы келет. Айлакерлик амалдарын кылып жатышат. Айлакерлердин эң жакшысы – Алла Өзү!

31. Аларга Биздин аяттарыбыз окулса, айтышат: «Биз уктук! Эгер кааласак биз деле мындайды айта алабыз. Бул – илгеркилердин эле жомогу экен».

32. ...Бир убакта алар айтышты: «Оо, Алла Таала! Эгер бул Сенин Өзүңдөн (келгени) ак болсо, анда бизге асмандан таш жаадыр, же оор азап жибер!»

33. Сен алардын ичинде турганың үчүн, Алланын аларга азап жибергиси келген жок. (Алардын ичинде) кечирим тилегендер бар үчүн да Алла азап жибербейт.

34. Алар Харам Мечитинин (Каабанын) корукчулары болбой туруп анын жолунан (ыймандуу пенделерди) тосуп жатышса, анда эмнеге Алла аларга азап кылбашы керек? Анын корукчулары – такыба пенделер. Бирок (муну) алардын көпчүлүгү билишпейт.

35. Алардын Үйдүн (Каабанын) алдындагы намазы жалаң эле ышкырык менен алакан чабыш болчу. Капыр болгонуңар үчүн (эми) азаптын даамын таткыла!

36. Капырлар мал-мүлкүн (калайыкты) Алланын жолунан тосуш үчүн жумшап жатышат. Дагы деле жумшап эле жатышат! Мунун артынан аларга бир өкүнүч болот да, андан кийин жеңилишет. Капырлар Тозокко чогулушат.

37. Анткени, Алла ыпыласты тазадан бөлүш үчүн ыпыластарды биринин үстүнө бирин коюп, баарын топтоп туруп Тозокко салышы керек болчу. Булар – кусур ургандар!

38. Айт: «Эгер капырлар (капырлыгын) токтотушса, анда алардын мурдагы өткөндөрү кечирилет. А эгер (болбой эле капырлыгына) кайта беришсе, анда оболкулардын өткөн мисалы бар.

39. Аларга бузукулугу токтоп, Алланын дини толук орногуча согуш кылгыла! А эгер (капырлыгын) токтотушса, (силер да согушту токтоткула). Эмне кылып жатканыңарды көрүүчү Алла Өзү!

40. Эгер алар аркасына кайтып кетсе, анда билип жүргүлө, силердин Коргоочуңар Алла Өзү! Ал кандай жакшы Коргоочу, кандай жакшы Жардам берүүчү!

41. Билгиле! Эгер силер Аллага ишенсеңер, ажырашкан күнкү – эки топ (аскер) кагылышкан күнкү кулубузга түшүргөн аяттарга ишенсеңер, анда (олжо кылып) алган байлыгыңардын бештен бир бөлүгү Аллага, элчи-

пайгамбарга жана анын жакын туугандарына, жетимдерге, кедейлерге, жолоочуларга (берилиши керек). Алла бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

42. Ошондо силер жакыныраак тарабында, алар – алысыраак тарабында, а жолоочулар (кербен) силерден төмөнүрөөк жакта эле. Эгер силер өз ара убадалашсаңар деле белгиленген убакта (ушинтип) жолуга алмак эмессиңер. А бирок Алланын буйругу менен чечилген иш жасалган болчу. Ким өлүшү керек болсо ачык өлдү, ким тирүү кала турган болсо ачык тирүү калды. Угуучу да, Билүүчү да Алла Өзү!

43. Ошол убакта Алла сенин түшүңдө да аларды аз эле кылып көрсөттү. Эгер сага көп кылып көрсөтчү болсо коркот элеңер да, апкаарыйт болчусуңар. (Бул) иш боюнча талаш-тартышка түшмөксүңөр. Алла (силерге мындан) тынчтык берди. Ал көңүл сырларын Билүүчү Кудай.

44. Аларга жолукканыңарда силердин көзүңөргө аларды (Ал) аз кылып көрсөттү. Силерди да аларга аз кылып көрсөткөн эле. Алланын буйругу менен чечилген иш жасалган болчу. Бардык иштер Аллага кайтарылат.

45. Эй, ыймандуу пенделер! Силер (капыр аскер) тобу менен жолуксаңар, анда тайбай бекем тургула! Алланы көп эстеп зикир кылгыла! Балким, бак табаарсыңар.

46. Аллага да, Анын элчи-пайгамбарына да баш ийгиле! Өз ара талаш-тартыш кылбагыла! (Антсеңер) кубатыңар таят, кайратыңар кетет. Сабыр кылгыла! Алла сабыр кылуучулар менен бирге!

47. Өз журтунан калайыктын көзүнчө менменсинип чыккандарга жана Алланын жолунан тоскондорго окшобогула! Алла алардын кылып жаткан иштерин туш тараптан Курчоочу Кудай!

48. Ошондо шайтан кылган иштерин аларга ажайып кооз кылып көрсөттү да, айтты: «Бүгүн силерди эч бир калайык жеңе албайт. Мен силердин жаныңардамын». Эки топ (аскер) беттешкенде ал терс бурулду да, айтты: «Мен силердин араңарда жокмун. Мен силер көрбөгөндү көрүп турам. Мен Алладан корком! Алла – Азабы катуу Кудай!»

49. Ошондо жүрөгүндө арамы бар мунапыктар айтты: «Аларды дини азгырып (көп аскерге каршы майданга коркпой киришип) кетти». Ким Аллага тобокел кылса... Улук да, Даанышман да Алла Өзү!

50. Эгер сен капырлардын жан берип жаткан учурун көрсөң эле! Периштелер алардын беттерине жана аркаларына урушат (да, айтышат): «Тозок отунун азабын таткыла!»

51. Муну силер өз колуңар менен даярдагансыңар! Алла кулдарына зулумдук кылбайт!

52. (Жасаган иштери) Фараондун үй-бүлөсү жана алардан мурункуларга окшош болчу. Алар Алланын аяттарына ишенбей коюшкан. Ошондо Алла күнөөсүнөн улам аларды кармап жатты. Алла – азабы катуу Күчтүү Кудай!

53. Анткени, Алла бир калайыкка бак-таалайын берген болсо, муну алардын өздөрү өзгөртмөйүнчө Ал аны өзгөртпөйт. Билүүчү да, Угуучу да Алла Өзү!

54. (Жасаган иштери) Фараондун үй-бүлөсү жана алардан мурункуларга окшош болчу. Алар Эгесинин аяттарын жалганга чыгарышкан. Ошондо Биз аларды кылган күнөөлөрү үчүн кыйратканбыз. Фараонду аскери менен сууга чөктүрдүк. Баарысы эле залим калайык болчу.

55. Алла үчүн (жараткан) жандарынын ичинен эң жаманы капырлар. (Анткени), алар ыйманга киришпейт!

56. Алар келишим түзөт да, кайра эле түзгөн келишимдерин буза беришет. Алар (мындан) коркушпайт.

57. Эгер сен аларды согушта учураткан болсоң, анда аларды аркасындагылары менен кошо коркутуп кууп жибер! Балким, эсине келишээр.

58. Эгер сен бир калайыктын кыянаттык кылышынан корксоң, анда (эки тарапка) тең (зыяны тийбегидей кылып) алар менен (келишимди) токтот! Алла кыянат кылуучуларды сүйбөйт.

59. Капырлар эч качан (азап бизден) өтүп кетти деп эсептешпесин! Алар (муну токтотуп) алсырата алышпайт.

60. Аларга каршы күч-кубатыңардын жетишинче ат кошуунуңарды даярдап койгула! Муну менен Алланын душмандарын да, өзүңөрдүн душмандарыңарды да, алардан башка да Алла билип, силер өзүңөр билбегендерди коркунучта кармап турасыңар. Алла жолуна каржы кылганыңар өзүңөргө толук кайтарылат. Силерге зулумдук да кылынбайт.

61. Эгер алар тынчтык келишимге ийилсе, сен дагы ийил! Аллага тобокел кыл! Билүүчү да, Угуучу да Ал Өзү!

62. Эгер сени алардын алдагысы келип жатса, анда сага Алланын Өзү жетиштүү. Ал сени Өзүнүн жардамы менен да, ыймандуу пенделерди (бирге кылып) да колдоду.

63. Ал алардын жүрөктөрүн бириктирди. Эгер сен жер бетиндегинин баарын жыйнап берсең да алардын жүрөктөрүн бириктире албайт элең. Бирок, Ал алардыкын бириктирди. Улук да, Даанышман да Ал Өзү!

64. Эй, пайгамбар! Сага Алла менен сени ээрчиген ыймандуу пенделер эле жетиштүү.

65. Эй, пайгамбар! Ыймандуу пенделерди согушка үндө! Эгер силерден жыйырма сабырдуу киши болсо эки жүздү жеңет. А эгер силерден жүз киши болсо, капырдан миңин жеңет. Анткени, алар түшүнбөгөн калк.

66. Азыр силерге Алла жеңил кылды. Ал силердин алсыз экениңерди билди. Эгер силерден сабырдуу жүз киши болсо эки жүздү жеңет. А эгер силерден сабырдуу миң киши болсо, Алланын уруксаты менен эки миңди жеңет. Алла сабыр кылуучулар менен бирге!

67. Бир да пайгамбар жер бетинде согуш кылганга чейин туткун кармаган эмес. Силер дүнүйөлүк пайданы каалап жатасыңар. Алла акыретти каалайт. Улук да, Даанышман да Алла Өзү!

68. Эгер силерге келген Алланын Жазуусу жок болсо, анда (олжодон) алганыңар үчүн чоң азап жетет болчу.

69. Олжодон түшкөндүн тазасы менен адалынан жей бергиле! Алладан корккула! Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

70. Эй, пайгамбар! Силерге колго түшкөн туткундарга айт: «Эгер силердин жүрөгүңөрдө жакшылыктын бар экенин Алла билсе, анда Ал силерге силерден алынгандан да жакшысын берет, силерге кечирим да кылат. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!»

71. Эгер алар сага кыянаттык кылышты каалаган болсо, буга чейин деле алар Аллага кыянаттык кылышкан. (Ушундан улам Алла) алардын үстүнөн (сага бийлик) берди. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

72. (Калайыктын ичинде) ыйманга киргендер, хижрат[2] кылгандар, Алла жолунда мал-мүлкү менен да, жаны менен да күрөш кылгандар, (хижрат кылып келгендерге) үй-жай бергендер, жардам бергендер бар. Булар өз ара бирине бири дос. Ыйманга киришкени менен хижрат кылышпаган болсо, хижрат кылып келишмейинче алардын силерге жакындыгы деле жок. А эгер алар силерден дин жолунда жардам сурашса, анда аларга силер менен (тынчтык) келишими бар калайыктарга зыян кылбай жардам беришиңөр керек. Эмне кылып жатканыңарды Көрүүчү Алла Өзү!

73. Капырлар бирине бири дос. Эгер силер (бири бириңерге жардам) кылбасаңар, анда жер бетинде бузукулук, чоң-чоң ыпылас иштер боло берет.

74. Ыйманга киргендер, хижрат кылгандар, Алла жолунда күрөшкөндөр, (хижрат кылгандарга) үй-жай берип жардам кылгандар бар. Булардын ыймандуу пенделер экени ак! Булар үчүн кечирим да, сый-урматтуу ырыскылар да бар.

75. Кийин болсо да ыйманга киргендер, хижрат кылгандар, силер менен бирге согушка баргандар бар. Булар – силерден. Алланын Жазуусунда жатындаш туугандар бири-бирине жакын. Бардык нерсени Билүүчү Алла Өзү!

9. ТАУБА СҮРӨӨСҮ[1]

ТОБО

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Силердин мүшүрүктөр менен түзгөн келишимиңерде Алланын да, Анын элчи-пайгамбарынын да эч катышы жок.

2. (Эй, мүшүрүктөр)! Жер жүзүн төрт ай кезгиле! Билип жүргүлө! Алланы алсырата албайсыңар! Алла капырларды шерменде кылат!

3. Улуу ажы күнүндө Алла менен Анын элчи-пайгамбарынан калайыкка жарыя! Алланын да, Анын элчи-пайгамбарынын да мүшүрүктөргө эч катышы жок! Эгер тобо кылсаңар, анда бул өзүңөр үчүн жакшы! А эгер артыңарга кайтсаңар, анда билип койгула, Алланы силер алсырата албайсыңар! Капырларга оор азап бар экенин сүйүнчүлө!

4. А бирок силер менен келишим түзгөн мүшүрүктөр силерге бир кемчилик кетирбей, силерге каршы болгондорго жардам бербесе, анда алар менен түзгөн келишимиңерди мөөнөтүнө жеткирип бүтүргүлө! Алла такыба пенделерди сүйөт.

5. Тыюу салынган айлар бүткөндөн кийин мүшүрүктөрдү кайдан тапсаңар кармагыла да, өлтүргүлө! Ар кайсы буктурмада (аңдып) тосуп отургула. Колго түшүргүлө да, камагыла! Эгер алар тобо кылышса, намазды аткарышса, зекетти беришсе, анда алардын жолун бош койгула! Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

6. Эгер сенден мүшүрүктөрдүн бири баш калкалаар жай сураса, анда Алланын сөздөрүн укканга чейин ага жай бер! Андан кийин аны тынч орунга жеткирип кой! Анткени, булар билимсиз калк.

7. Харам Мечитинин алдында силер менен келишим түзгөн мүшүрүктөрдөн башкасы менен Алланын жана Анын элчи-пайгамбарынын кандай келишими бар болушу мүмкүн? Алар келишимине туура турса, силер да туура тургула! Алла такыба пенделерди сүйөт.

8. Кантип (келишим түзүшөт)? Эгер алар силерге үстөмдүк кылган болсо, силер менен (туугандык) катышын да, убадаларын да сакташмак эмес. Силерди ооздору менен ыраазы кылышмак да, көкүрөктөрүн көтөрүп турушат болчу. Алардын көпчүлүгү эле ыпылас пенделер.

9. Алар Алланын аяттарын арзыбаган баага сатып алышты. Анын жолунан (калайыкты) да тосушту. Алардын кылган иштери эле жамандык болду.

10. Алар ыймандуу пенделер менен кылган келишимин да, милдеттерин да сакташпайт. Булар – чектен чыккан пенделер.

11. Эгер алар тобо кылышкан болсо, намазды аткарышса, зекетти беришсе, анда дин жолунда – бир тууганыңар. Билгиси келген калайыкка аяттарды ирети менен түшүндүрүп берип жатабыз.

12. Алар келишим түзгөндөн кийин да берген анттарын бузушса, диниңерге акаарат кылышса, анда капырлардын жол башчылары менен согушкула! Алардын анты деле ант эмес. Балким, алар токтотушаар.

13. Өздөрүнүн антын бузган, элчи-пайгамбарды кууп чыгарышты ойлоп жаткан калайык менен согушпайсыңарбы? Алар силерге (согушту) биринчи башташты. Алардан коркосуңарбы? Эгер ыймандуу пенделерден болсоңор, (анда) Алладан коркконуңар туура.

14. Алар менен согушкула! Алла аларга силердин колуңар аркылуу азап берет, шерменде кылат. Аларга каршы (согушсаңар Алла) силерге жардам берет. Ал ыймандуу калайыктын көңүлүнө шыпаасын да жеткирет.

15. Алардын жүрөгүнөн ачуусун да кетирет. Алла кимге кааласа тобосун кабыл кылат. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

16. Же силерден жихат[2] кылгандарды, Алланы жана Анын элчи-пайгамбары менен ыймандуу пенделерди дос тутпай таштагандарды Алла Өзү (сындан өткөрүп) билмейинче калтырып коёт деп эсептейсиңерби? Эмне кылып жатканыңардан Кабардар Алла Өзү!

17. Мүшүрүктөр капыр экенине өздөрү күбө болуп туруп, Алланын мечиттерин жандандырышы мүмкүн эмес. Алардын кылган иштери текке кеткен. Алар Тозок отунда түбөлүк калышат.

18. Ким Аллага жана акырет күнүнө ишенсе, намазды аткарса, зекетти берсе, Алладан корксо, Алланын мечиттерин жандандыра алат. Ушулар гана туура жолдо кетиши мүмкүн.

19. Ажыларга суу бергенди, Харам Мечитин оңдогонго катышканды эле Аллага жана акырет күнүнө ишенген, Алла жолунда жихат кылган адамдай кылып коёсуңарбы? Булар Алланын алдында (бири-бири менен) тең боло алышпайт. Алла залим калайыкты Туура жолго салбайт.

20. Ыйманга киргендер, хижрат кылгандар, Алла жолунда мал-мүлкү менен да, жандары менен да жихат кылгандар үчүн Алланын бийик даражасы бар. Булар – жеңишке жеткен пенделер.

21. Эгеси аларга Өзүнүн рахматы менен ыраазылыгын жана Бейиш бактарын сүйүнчүлөп жатат. Алар анын бак-таалайлуу тургундары болушат.

22. Алар анда түбөлүк калышат. Алланын алдында алардын акыреттик улук энчиси бар.

23. Эй, ыймандуу пенделер! Эгер аталарыңар менен бир тууганларыңар ыймандын ордуна капырлыкты көбүрөөк жактырышса, анда аларды дос тутпагыла! Ким силерден аларды дос тутса, анда алар – залим пенделер.

24. Айт: «Эгер атаңар, бала - чакаңар, ага-инилериңер, жубайларыңар, тууган-туушканыңар, иштеп тапкан мал-мүлкүңөр, токтоп калышынан корккон соодаңар, жактырган үй-жайларыңар силер үчүн Алладан да, Анын элчи-пайгамбарынан да, Анын жолунда жихат кылгандардан да сүйүктүү болсо, анда Алла Өзүнүн буйругу менен келгиче күткүлө! Алла ыпылас калайыкты туура жолго салбайт.

25. Алла силерге көп эле жерлерде жардам берди. Хунайндагы[3] (согуш) күнү да (жардам берди). Ошондо силер көптүгүңөргө ажайып калдыңар. Силерди мунуңар куткара да алган жок. Силерге кеңири жер тарыды. Ошондон кийин аркаңарга бурулуп качтыңар.

26. Андан кийин Алла элчи-пайгамбарына да, ыймандуу пенделерге да сакинасын[4] түшүрдү. Силерге көрүнбөгөн аскерди түшүрдү да, капырларды азапка салды. Капырлардын жазасы ушундай!

27. Мына ушундан кийин да Алла кимге каалаган болсо тобосун кабыл кылат. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

28. Эй, ыймандуу пенделер! Мүшүрүктөр – ыпылас пенделер! Ушул жылдан кийин алар Харам Мечитине (Каабага) жакындашпасын! Эгер жардылыктан корксоңор, Алла кааласа Өз ырайымы менен жакында силерди байытат. Даанышман да, Билүүчү да Алла Өзү!

29. Аллага жана акырет күнүнө ишенбегендерге, Алла менен Анын элчи пайгамбары арам кылгандарды арам деп кабыл албагандарга, Жазуу берилгендердин ичинен Ак динге[5] баш ийбегендердин өздөрү баш ийип келип колдору менен жизия[6] беришмейинче согуш кылгыла!

30. Жөөттөр: «Узайр – Алланын баласы», – дешти. Христиандар: «Масих – Алланын баласы», – дешти. Алардын ооздорунан чыккан мындай сөздөрү мурдагы эле капырлардын сөзүнө окшошуп жатат. Буларды Алла жок кылсын! Кантип кайтып жатышат!

31. Алар (жөөттөр менен христиандар) Алланын ордуна өздөрүнүн китепкөй аалымдары менен кечилдерине да, Марйам уулу Исага да Кудай деп сыйынып алышты. Аларга бир гана Кудайга кулдук кылышка буйрук болгон: «Андан (Алладан) башка Кудай жок!» Субхана! Алардын кошкон шериктерине (Анын катышы жок!)

32. Алар Алланын нурун (Куранды) ооздору менен (айтып) өчүрүштү каалап жатышат. Алла болсо мүшүрүктөрдүн жек көргөнүнө карабай Өзүнүн нурун толук жеткирип жатат.

33. Ал Өзүнүн элчи-пайгамбарын Туура жол жана Ак дин[7] менен мүшүрүктөрдүн жек көргөнүнө карабай, аны бүткүл диндерге үстөмдүк кылыш үчүн жиберди.

34. Эй, ыймандуу пенделер! (Жөөт) устаттары менен (христиан) кечилдеринин көбү эле калайыктын мал-мүлкүн арамдык менен жеп жатышат. Алланын жолунан да тосуп жатышат. Алтын менен күмүштөн байлык топтогондор, Алла жолуна каржы кылбай жаткандар бар. Буларга оор азап бар экенин сүйүнчүлө!

35. (Кыямат) күнү алар Тозок отуна куйкаланат. Алардын маңдайларына, капталдарына, жондоруна тамга басылат (да, айтылат): «Мына, өзүңөр үчүн топтогон байлыгыңар! Ушуну топтогон болсоңор, (бүгүн) анын даамын таткыла!»

36. Алланын эсебинде, Асман менен жерди жараткан күндөгү Алланын Жазуусунда он эки ай бар. Алардан төртөөсү – тыюу салынган айлар. Туруктуу диндин[8] (эсебинде да) ушундай. Ал айлардын ичинде өзүңөргө зулумдук кылбагыла! Мүшүрүктөр силер менен тегиз согушкандай, силер да алар менен тегиз согушкула! Билип жүргүлө! Алла такыба пенделер менен бирге!

37. Тыюу салынган айды жылдыруу аша чапкан капырлык. Муну менен капырлар жолдон адашып жатышат. Алар аны бир жылы адал кылышат да, (башка) жылы (жылдырып) арам кылышат. (Муну менен) алар Алла тыюу салган айдын эсебин толтургусу келишет. Ошентип, Алла арам кылганды адал кылып жатышат. Кылган жаман иштери өздөрүнө ажайып кооз көрсөтүлдү. Алла капыр калайыкты Туура жолго салбайт.

38. Эй, ыймандуу пенделер! Силерге эмне болду? «Алла жолунда жүрүшкө чыккыла!» – деп айтылса эле, жерге салмагыңарды салып жатып калдыңар. Акыреттен көрө дүнүйөлүк жашоого ыраазы болуп калдыңарбы? Дүнүйөлүк жашоонун пайдасы акыреттикинен аз.

39. Эгер жүрүшкө чыкпасаңар, анда Алла силерди оор азапка дуушар кылат. Башка калайыкты ордуңарга алмаштырып деле коёт. Силер Ага эч кандай зыян жеткире албайсыңар. Алла бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

40. Силер ага (пайгамбарга) жардам бербедиңер. Алла ага жардам берген эле. Бир убакта капырлар аны (Меккеден) чыгарышканда, ал үңкүрдөгү эки (кишинин) бири болчу. Ошондо ал жолдошуна айтты: «Кайгырба, Алла биз менен бирге!» Алла ага сакинасын[9] түшүрдү. Аны ага көрүнбөгөн аскерлер (периштелер) колдоп жүрүшкөн болчу. Капырлардын сөзүн (Алла) төмөн кылды. Алланын сөзү – улуу сөз. Улук да, Даанышман да Алла Өзү!

41. Жеңил болсо да, оор болсо да жүрүшкө чыккыла! Алланын жолунда мал-мүлкүңөр менен да, жаныңар менен да жихат кылгыла! Эгер билгиңер келсе, мындай кылганыңар өзүңөр үчүн жакшы.

42. Эгер алар жакын жердеги жеңил сапарга бет алышса, анда сени ээрчишет эле. Бирок, аларга аралык узак көрүнүп туруп алды. Жакында алар Алланын аты менен: «Эгер чамабыз болсо кана, силер менен кошо чыгат элек!», – деп касам ичишет. Алар (ушинтип) өздөрүн жок кылып жатышат. Алла алардын жалганчылар экенин билет.

43. Алла сени кечирсин! Сага чын айткандары ачык болбой жатып жалганчылыгын билмейинче эмнеге аларга уруксат бердиң?

44. Аллага жана акырет күнүнө ишенгендер өздөрүнүн мал-мүлкү менен да, жандары менен да жихат кылгысы келишип, сенден (шылтоо таап) уруксат сурашпайт. Такыба пенделерди Билүүчү Алла Өзү!

45. Сенден Аллага да, акырет күнүнө да ишенбегендер гана уруксат сурашат. Алардын жүрөктөрү күмөн кылды. Алар күмөн ойдо эки анжы болуп жүрө беришет.

46. А эгер алар жүрүшкө чыгышты каалашкан болсо, анда ага даярдык көрүп камданышат эле да! Бирок, Алла алардын жүрүшкө барышын

жек көрдү да жылдырбай койду. Аларга айтылды: «Отургандар менен бирге отура бергиле!»

47. А эгер силер менен жүрүшкө чыгып калышса, ичиңерде бузукулукту көбөйтүшөт болчу. Желип-жортуп дурбөлөң салышка да ашыгышат эле. Силердин арааларда аларды уга тургандар да бар. Залимдерди Билүүчү Алла Өзү!

48. Булар мурун эле азгырышты каалашкан болчу. Акыйкат келгенге чейин сенин иштериңди тескери бурушту. Алар жаман көрүшсө деле Алланын буйругу ачыкка чыкты.

49. Алардын арасынан кимдир бирөөсү айтат: «Мага (согуштан калышка) уруксат бер. Мени азгырбай эле койчу». А өздөрү азгырыкка түшүштү го! Капырларды орой турган Тозок бар.

50. Эгер сага бир жакшылык жетсе, аларга (мындан) кайгы жетет. А эгер сага бир кыйынчылык жетсе, «Ишибизди мурда эле туура кылган экенбиз» дешет. Сүйүнүшүп, кайтып кетишет.

51. Айт: «Бизге Алланын жазганынан башка эч кандай кыйынчылык жетпейт! Ал – биздин Колдоочубуз! Ыймандуу пенделер Аллага тобокел кылышсын!»

52. Айт: «Силер бизге келе турган эки жакшылыктын бирин күтүп жатасыңарбы? А биз бир азаптын силерге Алланын Өзүнөн, же биздин колубуз менен жеткиришин күтүп жатабыз. Анда, силер да күткүлө, силер менен бирге биз да күтөлү».

53. Айт: «Ыктыярыңар менен, же айласыз каржы кылгыла! Силердики эч качан кабыл алынбайт! Анткени, силер ыпылас калайык экенсиңер!»

54. Алардын Аллага да, Анын элчи пайгамбарына да ишенишпей, намазга да жалкоолук менен келишкендери, берген каржыларын да жек көрүү менен кылгандары үчүн каржылары кабыл болбой тосулуп жатат.

55. Алардын мал-мүлкү да, балдары да сени таң калтырбай эле койсун. Алла аларга дүнүйөлүк жашоосунда ошолор аркылуу азап берип, капыр боюнча жаны чыгышын каалап жатат.

56. Алар «силерденбиз!» – деп Алланын аты менен ант бере беришет. Алар силерден эмес. Анткени, алар – коркок калайык.

57. Эгер алар баш калкалаар жай табышса, мейли үңкүрлөр болсун, мейли кире турган тешик болсун, алар шарт бурулуп ошол жакка шашат болчу.

58. Алардын ичинде берилген садакалар туурасында сага жалаа жапкандары да бар. Эгер аларга андан берилсе ыраазы болуп калышат. А эгер берилбей калса, андай болгондо алардын ачуусу келе баштайт.

59. Эгер алар Алла менен Анын элчи-пайгамбарынын бергенине ыраазы болушуп: «Алланын Өзү бизге жетет! Жакында Алланын ыраайымы менен бергенин Анын элчи-пайгамбары бизге берет. Биз Алланын ыраазылыгын каалайбыз», – деп айтышса (жакшы болот эле).

60. Садакалар букараларга, жардыларга, садака жыйноочуларга, жүрөктөрү ыйманга жибий баштагандарга, азаттык издеген кулдарга, карыздарларга, Алла жолунда жүрүшкө чыккандарга жана жолоочуларга Алланын парзы катары берилиши керек. Даанышман да, Билүүчү да Алла Өзү!

61. Алардын ичинде пайгамбарды «Ал – узун кулак» деп ыза кылгандары да бар. Айт: «Силер үчүн ал жакшы кулак. Ал Аллага да, ыймандуу пенделерге да ишенет. Ал арааларды ыймандуу пенделерге (Алланын) рахматын да жеткирип жатат. Алланын элчи-пайгамбарын ыза кылгандарга оор азап бар.

62. Алар силерди ыраазы кылыш үчүн Алланын аты менен ант беришет. Эгер алар ыймандуу пенделерден болушса, анда Алла менен Анын элчи-пайгамбарын ыраазы кылыш керек болчу.

63. Ким Алла менен Анын элчи пайгамбарына каршы турса, ал үчүн түбөлүк кала турган Тозок оту бар экенин алар билишпедиби? (Алар үчүн) ушундай чоң шермендечилик бар.

64. Мунапыктар жүрөктөрүндөгү нерселерден кабар бере турган бир сүрөө түшүрүлүшүнөн чочушат. Айт: «Шылдыңдай бергиле! Алла коркконуңарды ачыкка чыгарат».

65. Эгер сен аларга суроо берсең, анда: «Биз жөн эле, ойноп айткан элек», – дешет. Айт: «Алланы, Анын элчи пайгамбарын, Анын аяттарын шылдыңдап жатасыңарбы?»

66. Үзүр сурабагыла! Ыйманга киргенден кийин да кайра эле капыр болуп жатасыңар. Силерден бир тобуңарды кечирсек да, башка бир тобун күнөө кылгандары үчүн азап беребиз.

67. Мунапык эркектер менен мунапык аялдар бири биринен айырмасы жок. Алар (калайыкты) жамандыкка үндөшөт да, жакшылыктан тосушат. Алардын колдору да зыкым болот. Алар Алланы унутушту, Алла да аларды унутту. Мунапыктар – ыпылас пенделер.

68. Алла мунапык эркектерге да, мунапык аялдарга да, капырларга да түбөлүк кала турган Тозок отун убада кылды. Аларга ушул жетет. Аларды Алла каргады. Аларга туруктуу (түбөлүк) азап бар!

69. Силер өзүңөрдөн мурда өткөндөргө окшойсуңар. Алар силерден да күч-кубаттуу болчу. Дүнүйө-мүлкү да, балдары да силердикинен көп эле. Алар өздөрүнүн насибинен пайда көрүштү. Силерден мурдагылар өз насибинин пайдасын көрүшкөндөй эле силер дагы өзүңөрдүн насибиңердин пайдасын көрүп жатасыңар. Алар (дүнүйөнүн кызыгына) сүңгүгөндөй, силер да сүңгүп кирип жатасыңар. Алардын дүнүйөлүк жана акыреттик иштери текке кеткен болчу. Алар кусур ургандар болчу.

70. Аларга өздөрүнөн мурун өткөн Нухтун калкы, Ад, Самуд, Ибрахимдин калкы, Мадйан тургундары жана Оодарылган калаанын[10] кабары келген жокпу? Аларга элчи-пайгамбарлары ачык далилдер менен келиш-

кен эле. Аларга Алла зулумдук кылган жок, алар өздөрүнө өздөрү зулумдук кылды.

71. Ыймандуу эркектер да, ыймандуу аялдар да (кылган иши боюнча) бири-бирине жакын. Алар (калайыкты) жакшылыкка буйрушат, жамандыктан тосушат. Намазды да аткарышат, зекетти да беришет. Аллага да, Анын элчи-пайгамбарына да баш ийишет. Буларга жакында Алла ырайым кылат. Улук да, Даанышман да Алла Өзү!

72. Алла ыймандуу эркектерге да, ыймандуу аялдарга да алдынан дарыялары агып турган Бейиш бактарын убада кылды. Алар анда, кооз турак жайлары бар Адну Бейишинде – түбөлүк калышат. Аларга Алланын чоң ыраазылыгы да бар. Бул – чоң жеңиш!

73. Эй, пайгамбар! Капырларга да, мунапыктарга да каршы жихат жүргүз! Аларга катуу тур! Тозок – алардын жайы! Кандай жаман турак жай!

74. Алар «айтпадык!» деп Алланын аты менен ант ичишет. Алар капырдын сөзүн айтышкан. Исламга киргенден кийин да кайра капыр болушкан. Колу жетпесе деле эңсей беришти. Аларды Алла ырайымы менен жана пайгамбардын (шарапаты менен) байыткан болсо да жек көрүштү. Эгер алар тобо кылышса, өздөрүнө жакшы болот. А эгер баш тартышса, анда Алла аларды дүнүйөдө да, акыретте да оор азапты берип азапка салат. Алар үчүн жер үстүндө коргоочу да, жардам берүүчү да жок.

75. Алардын ичинде: «Эгер Алла бизге ырайымы менен (байлык) берсе, биз да садакаларды берип, жакшы пенделерден болот элек», – дешип, Алла менен убадалашкандары бар.

76. Аларга Ал ырайымы менен (байлык) берген кезде алар сараңдык кылышты да (убадасынан) кайтып кетишти. Булар – баш тарткандар.

77. Алар Аллага берген убадаларын аткарбай жалганчылык кылып бузушканы үчүн Ал алардын жүрөктөрүнө Өзүнө жолуга турган (кыямат) күнгө чейин эки жүздүүлүктү салып койду.

78. Алардын сырларын, жашыруун сүйлөшкөндөрүн Алла билип турарын алар билишпедиби? Кайып сырларды Билүүчү Алла Өзү!

79. Ыймандуу пенделердин ичинен садака бериштн ыктыярдуу аракет кылгандарды жамандагандар бар. Маңдай тери менен аракет кылып тапкандарын (бергиси келгендерди) маскаралагандарды Алла маскара кылат. Алар үчүн оор азап бар.

80. Булар үчүн кечирим сурасаң да, сурабасаң да (баары бир). Эгер жетимиш жолу кечирим сурасаң да, Алла эч качан аларга кечирим кылбайт болчу! Анткени алар Аллага да, Анын элчи-пайгамбарына да ишенбей коюшту. Ыпылас калайыкты Алла туура жолго салбайт.

81. Алар Алланын элчи-пайгамбарынын артында отуруп кала бергенине (согуштан), калып калышканына сүйүнүштү. Алар Алла жолунда мал-мүлкү жана жандары менен күрөшүштү жек көрүштү. Алар: «Бул

ысыкта жүрүшкө чыкпагыла!» – дешти. Эгер алар түшүнө турган болсо айт: «Тозок оту абдан ысык!»

82. Бир аз күлө турушсун. Кылган иштеринин жазасы үчүн көп ыйлашсын!

83. Эгер Алла сени алардын тайпасына кайтарып барган болсо, ошондо алар сенден (согушка бирге) чыгышты уруксат сурашса, анда аларга айт: «Мындан ары мени менен түбөлүк бирге чыкпайсыңар! Эч качан мени менен бирге душманга согуш кыла албайсыңар! Анткени, биринчи жолкусунда (чыкпай) отуруп калганга ыраазы болгонсуңар. Эми артта калгандар менен бирге отура бергиле!»

84. Алардан бирөө өлсө, эч качан ага (жаназа) намаз окуба! Анын кабырына да барып турба! Анткени, алар Аллага да, Анын элчи-пайгамбарына да ишенишкен жок. Алар – ыпылас пенделердин (сабында) өлүштү.

85. Алардын мал-мүлкү да, балдары да сени таң калтырбай эле койсун. Алла аларга дүнүйөлүк жашоосунда ошолор аркылуу азап берип, капыр боюнча жаны чыгышын каалап жатат.

86. Аларга: «Аллага ишенгиле! Анын элчи-пайгамбары менен бирге жихатка чыккыла!», – деген сүрөө түшүрүлгөндө алардын байлары сенден суранышты да, айтышты: «Бизди таштачы! Биз отуруп калгандар менен эле бирге бололу».

87. Алар артта калгандар менен бирге болушка ыраазы болушту. Алардын жүрөктөрү жабылды. Эми алар (акыйкатты) түшүнбөйт.

88. А бирок, элчи-пайгамбар менен бирдикте ыймандуу пенделер мал-мүлкү менен да, жандары менен да жихат кылышты. Буларга көп жакшылыктар бар. Булар – бак тапкан пенделер.

89. Алла булар үчүн алдынан дарыялары агып турган Бейиш бактарын даярдап койду. Алар анда түбөлүк калышат. Бул – улуу жеңиш!

90. Бедөөлөрдөн да өздөрү үчүн сенден уруксат сураш үчүн үзүр тилегендери келишти. Алла менен Анын элчи-пайгамбарына жалган сүйлөгөндөр (уруксат сурабай эле) отуруп кала беришти. Алардын ичинен капырларына жакында оор азап жетет.

91. Аллага жана Анын элчи-пайгамбарына чын ыкыласы болгон алсыз бечараларга, оорулууларга жана (Алла жолуна) каржы кылышка мал-мүлкү болбогондорго (жихатка бара албаса) күнөө эмес. Жакшылык кылгандарды (күнөөлөгөнгө) жол жок. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

92. Сенден улоо сурашып келгендерге: «Силерге мен улоо таап бере албайм», – дегениңде, өздөрү да каржы бергенге эч нерсе таба албай көз жашын төгүп кайткандарга да күнөө жок.

93. Сенден (жихаттан калыш үчүн) уруксат сурап келген байлардын жолу – (күнөөнүн жолу). Булар (жихатка барбай) артта калгандар менен

бирге болушка ыраазы болушту. Булардын жүрөктөрүн Алла бекитип жапты. Булар эми (акыйкатты) биле алышпайт.

94. (Жихаттан) кайтып аларга келсеңер силерден үзүр сурашат. Айт: «Үзүр сурабагыла! Биз силерге эч качан ишенбейбиз. Алла силердин кабарыңардын маалыматын бизге берди. Алла да, Анын элчи-пайгамбары да силердин кылып жаткан ишиңерди көрүп турат. Кийин силер ашкерени да, купуяны да Билүүчү (Аллага) кайтарылып барасыңар. Ал силерге эмне кылганыңардын кабарын билдирет.

95. Жакында (жихаттан) кайрылып аларга келсеңер, алардан жүз үйрүбөшүңөр үчүн (силерге актанып) Алланын аты менен ант ичишет. Алардан жүз үйрүгүлө! Алар – ыпылас пенделер! Кылган иштеринин жазасы үчүн алардын барар жайы Тозок!

96. Силерди ыраазы кылыш үчүн (актанып) ант ичишет. Алардан силер ыраазы болсоңор да, андай ыпылас калайыктан Алла ыраазы болбойт.

97. Бедөөлөр капырлыкта да, эки жүздүүлүктө да абдан мыкты. Алардын Алланын элчи-пайгамбарга түшүргөн (дининин) чек араларын да билишпейт. Даанышман да, Билүүчү да Алла Өзү!

98. Бедөөлөрдүн ичинде берген каржыларын (өздөрү үчүн) зыян деп кабыл алышат да, силерге андан балээлердин айланып келишин да күтүшөт. (Ырымдаган) балээлери өздөрүнө келет. Билүүчү да, Угуучу да Алла Өзү!

99. Бедөөлөрдүн ичинде Аллага жана акырет күнүнө ишенген, кылган каржыларын Аллага болгон жакындык жана пайгамбарга салават деп кабылдагандары да бар. Мунусу алар үчүн жакындык экени ырас. Жакында аларды Алла өз рахматына киргизет. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

100. Эң алгачкы мухажирлер[11] менен ансарлардан[12] жана буларга жакшылык менен ээрчигендерден Алла ыраазы болду. Алар да Алладан ыраазы болушту. Буларга алдынан дарыялары агып турган Бейиш бактары даярдалды. Алар анда түбөлүк калышат. Бул – улуу жеңиш!

101. Айлана тегерегиңердеги бедөөлөрдө да, Медина калкынын арасында да көк бет болгон мунапыктар бар. Аларды сен билбейсиң, аларды Биз билебиз. Жакында аларга эки жолу азап беребиз. Ошондон кийин алар чоң азапка кайтарылып барышат.

102. Башкалары күнөөлөрүн мойнуна алышты да, жакшылык ишке аралашты. Башка жаман (топтор да) бар. Алардын тобосун Алла кабыл кылышы да мүмкүн. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

103. Алардын мал-мүлкүнөн садака ала бер! Муну менен аларды тазалыкка үйрөтөсүң, адал ишке жетелейсиң. Алар үчүн (дуба кылып) намаз оку! Сенин намазыңдан аларга тынчтык бар. Билүүчү да, Угуучу да Алла Өзү!

104. Алла кулдарынын тобосун да, садакаларын да кабыл кыларын алар билишпейби? Ырайымдуу да, Тоболорду кабыл кылуучу да Алла Өзү!

105. Айт: «Ишиңерди кыла бергиле! Жакында кылган ишиңерди Алла да, Анын элчи-пайгамбары да, ыймандуу пенделер да көрөт. Жакында ашкерени да, купуяны да Билүүчү (Аллага) кайтарылып барасыңар. Ал эмне кылганыңардын кабарын силерге билдирет.

106. Алланын буйругун күтүшүп жаткан (согушка барышпаган) башка топтор да бар. Аларга Ал же азап берет, же тоболорун кабыл кылат. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

107. Ыймандуу пенделердин арасын бөлүп-жарып, капырлыкты таратып зыян жеткириш үчүн мечит салгандар да бар. (Алардын арасында) мурдатан Алла менен Анын элчи-пайгамбарына каршы согушкан бирөөнү калкалап күзөтүш үчүн алар: «Биз жакшылыкты гана каалаганбыз!» – деп, ант ичишет. Алардын жалганчылар экенине Алла күбөлүк берет.

108. Андай мечитте эч качан турба! Эң алгачкы күнүнөн тартып элетакыбалыкка негизделип курулган мечит бар эмеспи. Анда турушуң ак иш, (анткени) анда тазалануусу сүйгөн кишилер да бар. Алла тазалануучуларды сүйөт.

109. Курулушту (мечитти) кимдир бирөөнүн Алладан коркуп, Анын ыраазычылыгына негизделген максат менен курганы жакшыбы? Же кимдир бирөөнүн кулай турган жардын кырына куруп, аны менен кошо Тозок отуна кулаганы жакшыбы? Залим калайыкты Алла Туура жолго салбайт.

110. Алардын курган курулуштары жүрөктөрү жарылганга чейин жүрөктөрүндө күмөн болуп кетпей тура берет. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

111. Алла ыймандуу пенделердин мал-мүлкүн да, жандарын да Бейишке алмаштырып сатып алды. Алар Алла жолунда согушушуп жатышат, өлтүрүп да жатышат, өлтүрүлүп да жатышат. (Аларга берилген) Тоораттагы, Инжилдеги, Курандагы убадалар ак! Убадасын Алладан да артык аткарган ким бар? Аны менен кылган мындай соодаңарга сүйүнгүлө! Бул – улуу жеңиш!

112. Тобо кылгандар, кулдук кылгандар, шүгүр кылгандар, орозо кармагандар, руку-сажда кылгандар, жакшылыкты буйругандар, жамандыктан тыйгандар, Алланын белгилеген чектерин сактагандар бар. (Ушундай) ыймандуу пенделерге (Бейиштин бар экенин) сүйүнчүлө!

113. Пайгамбарга да, ыймандуу пенделерге да мүшүрүктөр жакын тууганы болгон күндө деле, аларга ачык далилдер айтылгандан кийин алар үчүн кечирим сураганы туура эмес. Алар – Тозоктун тургундары.

114. Ибрахимдин атасына сураган кечирими ага берген убадасы боюнча эле калды. Анын Аллага душман экенин билгенде ал андан айрылды. Ибрахим боорукер, көөнү назик адам болчу.

115. Алла бир калайыкты Туура жолго салгандан кийин аларды эмнеден коркушун ачык баян кылмайынча аларды жолдон адаштырбайт. Бардык нерсени Билүүчү Алла Өзү!

116. (Жети кат) Асмандын да, жердин да бийлиги Алланыкы. Ал тирилтет, өлтүрөт. Силер үчүн Алладан башка Колдоочу да, Жардам берүүчү да жок!

117. Алла пайгамбардын да, мухажирлердин да, ансарлардын да тобосун кабыл кылды. (Анткени), алардын бир бөлүгү көңүлдөрү бузулушка жакындаганда да, мүшкүл жеткен саатта да ага ээрчишкен болчу. Ошондон кийин алардын тобосу кабыл болду. Ырайымдуу да, Күйөрман да Ал Өзү!

118. (Согуштан) калып калган үчөөсүнүн да (тобосу кабыл болду). Аларга кеңири жер тарыды, жандары жай таппай сыгылды. Алланын Өзү гана куткарышын түшүнүштү. Ошондон кийин Ал алардын тобосун кабыл кылды. Ырайымдуу да, Тоболорду кабыл кылуучу да Алла Өзү!

119. Эй, ыймандуу пенделер! Алладан корккула! Туура жүргөндөр менен бирге болгула!

120. Мединалыктар менен алардын айлана-тегерегиндеги бедөөлөрдүн Алланын элчи-пайгамбарына (ээрчибей) артта калышы, андан өздөрүн артык көрүшү туура болбойт. Анткени, Алла жолунда (суусуз калып) чаңкабай, чарчашпай, ач калышпай, капырлардын ачуусуна тийгидей жүрүш кылып басып өтүшпөй, душмандын үстүнөн жеңишке жетишпей туруп жакшы иштер алар үчүн жазылмак эмес. Алла жакшылык кылуучулардын акысын жок кылбайт.

121. Алар (Алла жолунда) мейли аз, мейли көп каржы кылышса, же бир өрөөндү басып өтүшсө, анда алардын жасаган мындай иштеринин жазасын Алла абдан жакшы кылып берет болчу.

122. Ыймандуу пенделердин баарысы эле жүрүшкө аттанышка милдеттүү эмес. Эгерде кайсы бир топтун бир тайпасы жүрүшкө чыкпай динди окуп үйрөнүш үчүн калып, (жүрүшкө чыккандар) кайтып келген кезде (окуп үйрөнгөндөрүн) аларга эскертишсе болбойбу? Балким, алар сактанышаар.

123. Эй, ыймандуу пенделер! Силерге жакын турган капырлар менен согушкула! Аларга силердин айбатыңар жетип турсун! Билип жүргүлө! Алла такыбалар менен бирге!

124. Качан бир сүрөө түшүрүлгөн болсо эле, алардан кимдир бирөөсү айтат: «Кана, бул сүрөө менен кимиңердин ыйманыңар күч алды? Мындан ыймандуу пенделердин гана ыйманы күч алат. Алар (мындан) сүйүнүшөт.

125. А жүрөгүндө арам илдети барлардын илдети дагы көбөйүп, капыр боюнча өлүп кете беришет.

126. Алар жыл сайын эле бир же эки ирет сыноодон өтүп жатканын көрбөй жатышабы? Ошондон кийин деле тобо кылышып эстерине келбей жатышат.

127. Сүрөө түшүп жаткан учурда бири-бирине карашып: «Силерди (мусулмандардын) кимдир бирөөсү көрүп калган жокпу?» – дешет да, ошондон кийин тарап кетишет. Алардын жүрөгүн Алла тескери буруп койгон. Ошон үчүн алар түшүнүгү жок калайык.

128. Өзүңөрдөн силерге бир элчи-пайгамбар келди. Силердин жапа чеккениңер ага оор. Ал силерди сактагысы келет. Ыймандуу пенделер үчүн ал боорукер, ырайымдуу элчи-пайгамбар.

129. Эгер алар баш тартышса айт: «Алла мага жетиштүү! Андан башка Кудай жок! Мен Ага тобокел кылдым! Ал Улук Арштын Эгеси!»

10. ЙУНУС СҮРӨӨСҮ[1]

ЙУНУС

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алиф, Лам, Мим. Бул (тамгалар) – Даанышман Жазуунун аяттары.

2. Калайыкка өзүнүн арасынан бир кишиге: «Калайыкты эскерт! Ыймандуу пенделер үчүн Эгеси тарабынан туура жол бар экенин сүйүнчүлө!», – деп жашыруун кабар жиберсек таң калышып жатабы? Капырлар айтышат: «Бул – даана сыйкыр экен!»

3. Силердин Эгеңер – Алла. Ал асман менен жерди алты күндүн ичинде жаратты. Андан кийин (алар) Аршка жай алды. Ал ар бир ишти башкарып турат. Анын уруксатысыз эч ким колдоо көрсөтө албайт. Бул – силердин Эгеңер – Алла. Ага кулдук кылгыла! Эстебейсиңерби!?

4. Силер Ага чогуу кайрылып барасыңар. Алланын убадасы ак! Ал ар бир нерсени жаратып баштайт. Андан кийин ыйманга кирип жакшы иштерди жасагандардын адилет жазасын бериш үчүн (кыямат күнгө тирилтип) кайтарат. Капыр болуп кеткени үчүн капырларга кайнак суудан суусундуктар да, оор азап да бар.

5. Ал Күндү жарык (чача турган), Айды нур (төгө турган) кылды. Жылдын эсебин билишиңер үчүн анын (Айдын) орундарын да өлчөп койду. Алланын ушундай жаратканы – ак. Ал билгиси келген калайыкка аяттарды ирети менен түшүндүрүп жатат.

6. Күн менен түндүн алмашышында жана Алланын (жети кат) асман менен жердеги жараткандарында корккон калайык үчүн аяттар бар.

7. Биз менен жолугушууну үмүт кылбаган, тек гана дүнүйөлүк жашоого ыраазы болгон, ушуга көңүлү тынчтык тапкандар бар. Булар – Биздин аяттарыбыздан капылет калгандар.

8. Кылган иштерине ылайык булардын турак жайы Тозок болду.

9. Ыймандуу пенделерди, жакшы иштерди кылгандарды Эгеси ыйманы менен Туура жолго салат. Алар алдынан дарыялары агып турган Наим (Бак-таалай) Бейишинде болушат.

10. Алардын андагы чакырыгы «Субханака Аллахумма!» (болсо), куттуктагандары: «Салам!» (болот). Алардын акыркы чакырыгы «Алхамду лиллахи раббул ааламин!»[2] болот.

11. Алар жакшылыкка жетишти тез самагандай эле, Алла да эгер жамандыкты калайыкка тез жеткирчү болсо, анда алардын мөөнөтү да тез эле чечилет болчу. Биз менен жолугушууну үмүт кылбагандарды адашкан боюнча темселетип таштап коёбуз.

12. Инсанга бир кыйынчылык жетсе, жатып да, отуруп да, туруп да Бизге жалбарып дуба кыла берет. Андан кыйынчылыкты алып өткөрүп жибергенибизде, ал кыйынчылык жеткен (учурдагыдай болбой) Бизге жалбарып дуба кылбай жүрүп калат. Чектен чыккандарга кылган иштери ушундай ажайып кооз көрсөтүлдү.

13. Силерге чейинки муундарды өздөрүнүн элчи-пайгамбарлары ачык далилдер менен келишсе да ишенбей залимдик кылышкандары үчүн кыйратканбыз. Күнөөкөр калайыкты ушинтип жазалайбыз.

14. Андан кийин кандай иш кылышыңарды күзөтүшүбүз үчүн силерди жер үстүнө орунбасар кылдык.

15. Биз менен жолугушууну үмүт кылбагандарга Биздин ачык далилдүү аяттарыбыз окулса айтышат: «Бизге мындан башка Куран келтир, же аны өзгөрт!» Айт: «Мен аны өзүм каалагандай өзгөртө албайм. Мен мага келген жашыруун кабарга гана ээрчийм. Эгер мен Эгеме күнөө кылчу болсом улуу (кыямат) күндүн азабынан корком».

16. Айт: «Эгер Алла каалабаса, мен аны (Куранды) силерге окубайт болчумун. Аны силерге билдире албайт элем. Ал (түшүрүлгөнгө) чейин өмүр бою силердин арааңарда эле турбадымбы! Акыл жүгүртпөйсүңөрбү?»

17. Аллага жалганды ойлоп тапкан же Анын аяттарын жалганга чыгаргандан да залим ким бар? Күнөөкөрлөр эч качан бак таппайт.

18. Алланын ордуна өздөрү үчүн зыян да, пайда да жеткирбегендерге кулдук кылгандар айтышат: «Булар Бизди Алланын алдында коргойт». Айт: «Силер Аллага (жети кат) асман менен жерде Анын билбеген бир нерсесин кабар берип жатасыңарбы? Субхана! Ал силердин шерик кылып жатканыңардын баарысынан бийик!»

19. Калайык (түпкүлүгүндө) бир эле үмөт болчу. Кийин ыдырап бөлүнүп кетишкен. Эгер Эгеңден мурун айтылып өткөн (убада) сөз болбосо, алардын ортосундагы талаш-тартыштары чечилет болчу.

20. Алар айтып жатышат: «Эгесинен ага бир аят түшүрүлгөн болсочу?» Айт: «Кайып сырлар Алланын иши. Күткүлө! Мен да силер менен күткөндөрдүн биримин!»

21. Калайыкка бир зыян жеткенден кийин аларга ырайым жеткирсек, анда алар Биздин аяттарыбызга (ишенбей) куулук кыла баштайт. Айт: «Алланын куулугу тез! Биздин элчилерибиз (периштелерибиз) силердин кылып жаткан куулугуңарды жазып турушат».

22. Ал силерди кургактыкта да, деңизде да, кемеде болсоңор да кездирип алып жүрөт. Аларга келген жагымдуу шамалдын таасири менен сүйүнүп сүзүшөт. Аларга катуу бир шамал ар тараптан толкунду айдап келгенде айлана тегерегибиз бүт бойдон курчалган экен деп ойлошот да чын ыкыласы менен Аллага жалбарышат: «Эгер ушундан бизди куткарсаң шүгүр кылгандардан болот элек».

23. Аларды Ал куткарса деле жер үстүндө ак жүрбөй зулумдук кыла башташат. Эй, калайык! Силердин дүнүйөлүк жашоонун пайдасы (үчүн кылган) зулумдугуңар өзүңөргө (зыян). Кийин Бизге кайтып келишиңер бар. Ошондо силерге эмне кылганыңардын кабарын билдиребиз.

24. Дүнүйөлүк жашоонун мисалы Биз асмандан жаадырган жамгырга окшош. Аны менен жердеги өсүмдүктөр аралашканда (өсүп чыгат). Андан калайык да, мал да жей баштайт. Жер бети кооз болуп кулпурган кезде, анын тургундары ага биз ээлик кылабыз деп ойлошот. Аларга түнү, же күндүзү буйругубуз келгенде, Биз ал (береке байлыкты) кечээ эле жок болбогон сыяктуу, орулган (эгин талаасындай тегиздеп) таштайбыз. Пикир жүгүрткөн калайыкка аяттарыбызды ирети менен түшүндүрүп жатабыз.

25. Алла Дар ус-Саламга (Тынчтык Мекени болгон Бейишине) чакырат. Ал кимди кааласа Туура жолдон Туруктуу жолго салат.

26. Жакшылык кылгандарга жакшылык да, артыкчылык да бар. Алардын жүзүн чаң да каптабайт, кордук да жок. Булар – Бейиштин тургундары. Алар анда түбөлүк калышат.

27. Жамандык кылгандарга жамандыгына жараша жаза бар. Аларды кордук чырмайт. Аларды Алладан эч ким коргоп кала албайт. Алардын жүзү караңгы түн каптагандай караят. Булар – Тозок отунун тургундары. Алар анда түбөлүк калышат.

28. Алардын баарысын (кыямат) күнү жыйнайбыз. Ошондон кийин мүшүрүктөргө айтабыз: «Силердин да, силер шерик кылган буркандарыңардын да өз орду бар!» Биз аларды бири биринен ажыратабыз. Ошондо алардын буркандары айтышат: «Силер бизге кулдук кылган жоксуңар.

29. Силер менен Биздин ортобузга Алла жетиштүү күбө. Силердин бизге кулдук кылганыңардан деле кабарыбыз болбоптур».

30. Ошол жерде ар бир жан мурдагы жасаган ишинин сыноосунан өтөт. Алар өздөрүнүн акыйкат Эгеси Аллага кайтарылып барышат. Алардын ойлоп тапкандары (буркандары) да алардан адашат.

31. Айт: «Силерге асмандан (түшкөн), жерден (чыккан) ырыскыны ким берет? Уга турган кулакты, көрө турган көздү ким башкарат? Өлүктөн тирүүнү ким чыгарат? Тирүүдөн өлүктү ким чыгарат? Ар кандай

иштн ким башкарып жатат?» Алар: «Алла!» – дешет. Ошондо айт: «(Алладан) коркпойсуңарбы?»

32. Силердин Аллаңар – силердин акыйкат Эгеңер. Акыйкаттан кийин адашуудан бөлөк эмне бар? Кантип баш тартып жатасыңар?

33. Ыпыластарга Эгеңдин сөздөрү ушинтип акыйкатына чыкты. Алар ыймanга киришпейт.

34. Айт: «Силердин шерик кылган буркандарыңардан жаратып баштаганы, (өлгөндөн) кийин да (аны кайра тирилтип жашоого) кайтарган бирөөсү барбы?» Айт: «Алла жаратып баштайт да, андан кийин аны кайра (тирилтип) кайтарат. Кантип баш тартып жатасыңар?»

35. Айт: «Силердин шерик кылган буркандарыңардан бирөөсү акыйкатка туура жолдой алабы?» Айт: «Алла акыйкатка туура жолдойт. Акыйкатка бирөөнү ээрчитишке туура жолдогон акыйкатка ээби же өзү туура жол таппай туура жолдогон бирөөнү издегенби? Силерге эмне болду? Кандай өкүм чыгарып жатасыңар?»

36. Алардын көбү эле куру кыялга ээрчишет. Куру кыялда акыйкаттан бир нерсе да болбойт. Алардын эмне кылып жатканын Билүүчү Алла Өзү!

37. Бул Куран Алладан (түшкөн Жазуу), ойлоп табылган эмес. Анткени, ал өзүнөн алдыңкы Жазууну тастыктап, бөлүп-бөлүп түшүндүрүшү керек болчу. Анын ааламдардын Эгесинен (түшүрүлгөнүнө) шек жок.

38. «Же аны оюнан чыгарып алды», – деп жатышабы? Айт: «Эгер чын сүйлөгөндөрдөн болсоңор, мүмкүнчүлүгүңөр болсо, анда Алладан башка күбөлөрүңөрдү чакыргыла да анын (сүрөөлөрүнө) окшош бир сүрөө келтиргилечи!»

39. Жок! Аларга анын түшүнүгү келе элек болсо да, анын илимин чар тараптуу билбей эле жалганга чыгарышты. Алардан мурдагылар да ушинтип жалганга чыгарышкан. Залимдердин акыбети кандай болгонун карачы!

40. Алардан ага ишенгени да бар, алардан ага ишенбегени да бар. Бузукуларды сенин Эгең жакшы билет.

41. Эгер алар сени жалганчы кылышса айт: «Менин ишим – өзүмө, силердин ишиңер – өзүңөргө. Менин кылган ишиме силердин катышыңар жок. Силердин кылган иштериңерге да менин катышым жок.

42. Алардан сени угуп жатышкандары да бар. Сен дүлөйгө угуза аласыңбы? Алар акыл жүгүртө албасачы!

43. Алардан сени (сын көз менен) карап тургандары да бар. Сен сокурду туура жолго сала аласыңбы? Алар көрө албай жатышсачы!

44. Алла калайыкка эч кандай зулумдук кылбайт. Бирок, калайык өзүнө өзү зулумдук кыла берет.

45. Аларды (кыямат күнгө) Ал күндүн бир саатынча турушпагандай эле чогултат. Алар (анда) бирин бири таанышат. (Ошондо) Алла менен

жолугушууну жалганга чыгаргандарды кусур урду! Алар Туура жолдо жүрүшкөн эмес болчу.

46. Же аларга берген убадабыздан кээ бирин Биз сага көрсөтөбүз, же (ага чейин) сенин жаныңды алабыз. Алардын Бизге кайрылып келиши бар. Андан кийин алардын кылгандарына Алла Күбө!

47. Ар бир үмөттүн элчи-пайгамбары бар. (Аларга) өздөрүнүн элчи-пайгамбарлары келгенде алардын ортосундагы (иштер) адилеттүү чечилет. Аларга зулумдук кылынбайт.

48. Алар айтып жатышат: «Эгер чын айтып жатсаңар, анда бул убада качан (аткарылат)?»

49. Айт: «Мен өзүмө Алла каалагандан башка жакшылыкты да, жамандыкты да буйруй албайм. Ар бир калайыктын мөөнөтү бар. Алардын мөөнөтү жетип келсе, аны бир саат кечиктире да алышпайт, эртелете да алышпайт».

50. «Айт: «Карап көрдүңөрбү? Эгер Анын азабы силерге түндө, же күндүзү келе турган болсо, күнөөкөрлөр аны тездете алышабы?»

51. Силер ал келгенден кийин ишенесиңерби? Ошондобу? Аны шаштырып жаткан болчусуңар!

52. Андан кийин залимдерге айтылат: «Түбөлүк азабыңарды жегиле! Кылган ишиңерге жазаландыңарбы?!»

53. Алар сенден: «Бул акыйкатпы?» – деп кабарын билгиси келип жатышат. Айт: «Ооба да! Эгеме ант берем! Бул – ак! Силердин аны (токтотушка) күчүңөр жок».

54. Өзү үчүн залимдик кылган ар бир жан жер жүзүндөгүнүн баарысын төлөп кутулгусу келет. Азапты көргөндө алардын өкүнүчтөрү да ачыкка чыгат. Алардын ортосундагы (иштер) адилеттүү чечилет. Аларга зулумдук кылынбайт.

55. Ырас! (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Алланыкы. Ырас! Алланын убадасы ак! Бирок, алардын көпчүлүгү (муну) билишпейт.

56. Ал тирилтет, өлтүрөт. Силер Ага кайтып барасыңар.

57. Эй, калайык! Силерге Эгеңерден насаат да, жүрөктөрдөгүнү айыктырчу шыпаа да, ыймандуу пенделер үчүн Туура жол менен рахмат да келди.

58. Айт: «Алланын (ушундай) жакшылыгы менен ырайымына кубанышсын. Бул алардын жыйганынан да жакшы».

59. Айт: «Алланын силерге түшүргөн ырыскысын көрбөдүңөрбү? Силер андан бирин арам, бирин адал кылып жатасыңар?» Айт: «Алла силерге (муну) уруксат бердиби, же силер Аллага жалганды ойлоп таап жатасыңарбы?»

60. Аллага жалганды ойлоп тапкандардын ою кыямат күнү кандай болот? Алланын калайыкка ырайымы (чексиз болсо да), алардын көпчүлүгү эле Ага шүгүр кылышпайт.

61. Сен кандай абалда болосуң, Курандан эмнени окуйсуң жана силер алек болуп кайсы ишти кылбагыла, Биз силер жасагандын баарысында күбө болуп турабыз. Сенин Эгеңе жер үстүндө да, (жети кат) асманда да кыпындын салмагынча, же андан азыраак, же көбүрөөк болсо да жашыруун эмес. Мунун баары Түпкү Жазууда бар.

62. Ырас! Аллага жакындар кайгырышпайт, алар үчүн коркунуч да жок.

63. Ыймандуу пенделер, такыба жүргөндөр бар.

64. Алар үчүн дүнүйөлүк жашоодо да, акыретте да сүйүнүчтүү кабар бар. Алланын сөздөрү эч качан өзгөрүлгөн эмес. Бул – улуу жеңиш.

65. Алардын сөздөрү сени кайгыртпай эле койсун. Бардык урмат – Аллага! Угуучу да, Билүүчү да Ал Өзү!

66. Ырас! (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Алланыкы. Алланы таштап буркандарга сыйынгандар кимге (ишенип) ээрчип жатышат? Алар куру кыялды ээрчип жүрүшөт. Алар жалганды ойлоп таба беришет.

67. Ал түндү силерге эс алыш үчүн, күндүздү көрүшүңөр үчүн жаратты. Уга турган калайык үчүн мында аяттар да бар.

68. Алар: «Алланын баласы бар», – дешти. Субхана! Ал – чексиз байлыктын Ээси. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Аныкы. Силерде ушундай бийлик жок. Аллага эч нерсени билбей эле айта бересиңерби?

69. Айт: «Аллага жалганды ойлоп тапкандар бак таба алышпайт».

70. Бул дүйнөдө да пайда бар. Андан кийин алардын Бизге кайтып келиши да бар. Андан кийин Биз капыр болуп кетишкендери үчүн катуу азап жедиребиз.

71. ...Аларга Нухтун кабарын оку! Бир убакта ал калкына айтты: «Эй, калкым! Менин Алланын аяттарын эскертип силердин арааңарда турганым оорлук келтирип жатса, анда мен Аллага тобокел кылдым. А силер болсо ишиңерди да, буркандарыңарды да чогулта бергиле. Кийин кылган ишиңерден өкүнбөсөңөр эле болду. Эми мени күтүп отурбай мага деген өкүмүңөрдү чыгара бергиле.

72. Менден жүз үйрүп кетсеңер деле силерден акы сурабайм. Менин акым – Алланын Өзүндө. Мен мусулман болушка буйрук алгам».

73. Аны жалганчы кылышканда аны да, аны менен бирге болгондорду да кеме менен куткардык. Аларды (Жер үстүн ээлеген) орунбасар кылдык. А биздин аяттарыбызды жалганга чыгаргандарды сууга чөктүрүп жибергенбиз. Биз эскерткендердин акыбети кандай болгонуна назар кыл!

74. Ошондон кийин анын аркасынан элчи-пайгамбарларды өздөрүнүн калкына жибердик. Алар ачык далилдер менен келишти. Мурдагылар жалганчы кылышкандай эле булар да ишенишкен жок. Чектен чыккандардын жүрөктөрүн ушинтип бекитип жаап таштайбыз!

75. ...Андан кийин Муса менен Харунду аяттарыбыз менен Фараонго жана анын жан-жөкөрлөрүнө жөнөттүк. Алар текеберлик кылышты. Күнөөкөр калайыктардын бири болду.

76. Аларга Бизден акыйкат келгенде айтышты: «Бул – даана сыйкыр экен!»

77. Муса айтты: «Силерге келген акыйкатты «Бул сыйкырбы?» дейсиңерби? Сыйкырчылар (мындай) бактыга жетише албайт».

78. Алар айтышты: «Сен бизди ата-бабаларыбыздын тапкан жолунан кайтарыш үчүн, жер бетиндеги бийик даража экөөңөрдүн колуңарга тийсин деп келдиңби? Биз экөөңөргө ишенбейбиз».

79. Фараон айтты: «Мага бардык илимдүү сыйкырчыларды келтиргиле!»

80. Сыйкырчылар келгенде аларга Муса айтты: «Силер таштай тургандыңарды ташта гыла!»

81. Алар ташта ганда Муса айтты: «Силердин келтиргениңер сыйкыр экен! Алла аны жокко чыгарат. Алла бузукулардын ишин оңдобойт».

82. Күнөөкөрлөр жек көрүшсө да, Алла Өзүнүн сөздөрү менен акыйкатты акка чыгарат.

83. Мусанын калкынан (баарысы) ага (ишенбесе да) Фараон менен анын жан-жөкөрлөрүнүн жазага тартышынан корккон (жалгыз эле Исраил) урпактары ишенишкен болчу. Фараондун жер үстүндө зор бийлиги бар эле. Ал чектен чыккандардын бири болчу.

84. Муса айтты: «Эй, калкым! Эгер силер Аллага ишенсеңер, эгер мусулман болсоңор, анда Ага тобокел кылгыла!»

85. Алар айтышты: «Биз Аллага тобокел кылдык. Эгебиз! Биздин башыбызга залим калайыктын сыноосун салба.

86. Капыр калайыктан Өз ырайымың менен куткар!»

87. Биз Муса менен анын бир тууганына жашыруун кабар бердик: «Калкыңар үчүн экөөң Мисирде үйлөрдү кургула. Үйлөрүңөр үчүн бир кыбыла кылгыла да (ага карап), намаз да окугула. Ыймандуу пенделерге (Бизден айтылган) сүйүнчү кабарды жеткир».

88. Муса айтты: «Эгебиз! Сен Фараон менен анын жан-жөкөрлөрүнө дүнүйөлүк жашоодо ажайып (казына) байлыктарды бердиң. Эгебиз! (Алар башкаларды Сенин жолуңдан адаштырып жатса), Сен да аларды жолуңдан адаштыр! Эгебиз! Алардын байлыктарын жок кыл, жүрөктөрүн катырып сал! Алар оор азапты көрмөйүнчө ыйманга киришпейт».

89. Ал (Алла) айтты: «Экөөңөрдүн дубаңар кабыл болду. Экөөң туруктуу болгула, билимсиздердин жолуна ээрчибегиле!»

90. Исраил урпактарын деңизден өткөрдүк. Фараон менен анын аскерлери душмандык өчү менен алардын артынан куугунтукка түшкөн. Ал (Фараон) чөгүп жаткан кезде айтты: «Мен да Исраил урпактары ишенген Кудайга ишендим. Андан башка Кудай жок! Мен да мусулмандардын биримин!»

91. Азырбы?! Буга дейре моюн толгоп жүрдүң, бузукулукту да тараттың.

92. Бүгүн сенин денеңди сенден кийинкилерге бир аят болсун үчүн куткарып коёбуз[3]. Калайыктан көпчүлүгү эле Биздин аяттарыбыздан капылет калышкан.

93. Биз Исраил урпактарын ишеничтүү курулган калаага отурукташтырдык. Аларга таза ырыскыларды да бердик. Аларга билим келгенге чейин өз ара бөлүнүшкөн эмес болчу. Сенин Эгең кыямат күнү алардын ортосунда болгон талаш-тартыштарын Өзү чечет.

94. Эгер сага түшүргөнүбүздөн шек кылсаң, анда сенден мурун Жазууну окуп жаткандардан сура. Сага Эгеңден акыйкат келди. Күмөн кылгандардан болбо!

95. Алланын аяттарын жалганга чыгаргандардан болбо. (Антсең), кусур ургандардан болосуң.

96. Эгеңдин сөзү аларга акыйкат болчу. Ишенбей жатышат.

97. Аларга бүткүл аяттарыбыз келсе деле оор азапты көрмөйүнчө (ишенишпейт).

98. Йунустун калкынан башка ыйманы пайда берген калаа[4] болду беле? Биз алардан ыйманга киргенде дүнүйөлүк жашоосундагы шермендечилик азабын алып салдык да, бир мезгилге чейин аларга жашоонун пайдасын бердик.

99. Эгер Эгең кааласа жер жүзүндөгүлөрдүн бүт баарысы ыйманга киришет болчу. Сен ыйманга кирмейинче калайыкка зордук кыласыңбы?

100. Алланын уруксатысыз эч бир жан ыймандуу болгон эмес. Ал акыл жүгүртпөгөндөргө жапа берет.

101. Айт: «Карагыла! (Жети кат) Асман менен жерде эмнелер бар экен?» Ыймансыз калайыкка аяттар да, эскертүүлөр да пайда берген эмес.

102. Алар мурунку өткөндөрдүн башына түшкөн күндөрдүн мисалын күтүп жатышабы? Айт: «Күтүп тургула! Мен да силер менен бирге күткөндөрдүн биримин!»

103. Кийин Биз Өзүбүздүн пайгамбарларыбыз менен ыймандуу пенделерибизди куткарабыз. Ошентип ыймандууларды куткарыш Биздин акыйкат (ишибиз).

104. Айт: «Эй, калайык! Эгер силер менин дининде шек саначу болсоңор деле мен Алланы таштап силердин кулдук кылганыңарга кулдук кылбаймын. Анткени, мен Аллага гана кулдук кылам. Ал силердин жаныңарды алат. Мен ыймандуу пенде болушка буйрук алдым».

105. Жүзүңдү динге ханиф (катары) бур! Мүшүрүктөрдөн болбо!

106. Алладан башкага сыйынба! Сага пайда бере албаганды да, зыян жеткире албаганды да ташта. Эгер муну кылбасаң, анда сен залимдердин биринен болосуң.

107. Эгер сени Алла бир кырсыкка учуратса, Анын Өзүнөн башка Куткаруучу да жок. Эгер Ал сага жакшылык кааласа, Анын ырайымын кайтаруучу да жок. Ал Аны кулдарынын ичинен кимге кааласа берет. Кечирүүчү да, Ырайымдуу да Ал Өзү.

108. Эй, калайык! Силерге Эгеңерден акыйкат келди. Ким Туура жол менен кетсе, ал өзүнө Туура жолду табат. Ким адашса, адашканы – өзүнө. Мен силер үчүн өкүл эмесмин.

109. Өзүңө келген жашыруун кабарга ээрчи. Алла өкүм кылгыча сабыр кыл. Өкүмдарлардын жакшысы да Ал Өзү.

11. ХУД СҮРӨӨСҮ[1]

ХУД

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алиф, Лам, Ра. (Бул) – Өкүм кылынган аяттары бар Жазуу. Андан кийин Кабардар, Даанышман Кудайдын Өзү тарабынан ачык-айкын (аят-сүрөөлөргө) бөлүндү.

2. Алладан башкага кулдук кылбагыла. Мен силерге Ал тарабынан (жөнөтүлгөн) эскертүүчүмүн, куш кабар жеткирүүчүмүн.

3. Эгеңерден кечирим тилегиле. Андан кийин Ага тобо кылгыла! Ал силерге белгиленген бир мезгилге чейин эле жакшы (жашоону) пайдаланышка берет. Ар бир жакшылык ээсине жакшылыгын да берет. Эгер силер баш тартсаңар, силер үчүн улуу күндүн азабынан корком.

4. Аллага кайтышыңар бар. Ал бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

5. Ырас! Алар купуя сакташ үчүн Андан көкүрөгүндөгүсүн жаап-жашырышат. Жок! Алар кийимдерине оронуп алган учурда деле Ал алардын эмнени жашыруун кылып жатканын да, эмнени ашкере кылып жатканын да билет. Ал көкүрөк сырларын Билүүчү Кудай!

6. Жер бетинде ырыскысы Алладан бутпөгөн бир да жаныбар жок. Ал анын турган ордун да, кала турган (өлө турган) ордун да билет. (Мунун) баарысы Түпкү Жазууда бар[2].

7. Ал (жети кат) асман менен жерди алты күндө жаратты. Анын Аршы суунун үстүндө болчу. Силерден кимиңер жакшы иш кыласыңар? (Муну) сынаш үчүн (жаратты). Эгер сен аларга «Силер өлгөндөн кийин тирилесиңер» десең, капырлар айтышат: «Бул даана сыйкыр экен!»

8. Эгер Биз алардан белгилүү бир мезгилге чейин азапты кечиктирип турсак, анда алар айтышат: «Аны эмнеге кармап жатат?» Жок! Кыямат күн келгенде ал (азап) алардан аркага кайтарылбайт. (Ошондо) шылдың кылган (сөздөрү) алардын өзүн курчайт.

9. Эгер Биз бир инсанга рахматыбыздын даамын таттырган болсок, кийин андан аны (кайра кайтарып) алсак, анда ал үмүтсүз, шүмшүк (инсанга айланат).

10. Эгер Биз ага жамандык жеткенден кийин бак-таалайдын даамын таттырсак, анда ал айтат: «Жамандыктар менден кетти». Ал шайдоот, мактанчаак (инсанга айланат).

11. Булардан башка сабыр кылгандар да, жакшы иштерди жасагандар да бар. Алар үчүн (Бизден) кечирим да, улук акы да бар.

12. Балким, сен алардын: «Ага бир казына түшүрүлбөдү же аны менен бирге бир периште келбеди?» – деп айткандарына көөнүң сыгылып, сага түшүрүлүп жаткан кабарлардын кээ бир бөлүгүн (аларга жеткирбей) таштаганы жаткандырсың. Сен бар болгону эскертүүчүсүң. Бүт баарысына Алла Өзү Өкүл!

13. Алар (сага): «Аны (Куранды) ал оюнан чыгарып алды», – деп жатышабы? (Аларга сен да) айт: «Эгер чын сүйлөгөндөрдөн болсоңор, колуңардан келсе, анда Алладан башка (ишенгениңерди) чакыргыла. Он сүрөөгө окшош оюңардан чыгарганыңарды алып келгиле!»

14. Эгер силерге жооп айта алышпаса, анда билип жүргүлө! Ал (Куран) – Алланын түшүргөн илими. Андан башка Кудай жок. Силер мусулман болбойсуңарбы?

15.Ким дүнүйөлүк жашоону, анын жасалга кооздуктарын кааласа, Биз алардын кылган иштеринин акыбетин ушул (дүйнөдө) беребиз. Алар бул (дүйнөдө) кемибей жашашат.

16. Булар үчүн акыретте Тозок отунан башка эч нерсе жок. Бу (дүйнөдө) эмне жасаган болсо текке кетти. Кылган иштеринин (акыретте ага эч бир) пайдасы жок.

17. Эгесинен ачык далил кимдир бирөөгө болдубу? Андан келген бир күбө (Жабраил) аны окуп жатат. Андан мурун Мусанын Жазуусу жол-жобо жана рахмат болчу. Булар да ага (Куранга) ишенип жатышат. Ар кайсы топтордон ким ага ишенбесе, анын турак жайы – Тозок оту. Мындан күмөн кылба! Бул – сенин Эгеңдин акыйкат (кабары). Бирок, калайыктын көпчүлүгү эле (буга) ишенбейт.

18. Аллага жалганды ойлоп тапкандан да залим ким бар? Алар (кыямат күнү) Эгесине бет келишет. (Ошондо) күбөлөр айтышат: «Булар Эгесине жалган сүйлөгөн жалганчылар». Ырас болуптур! Залимдерге Алланын каргышы болсун!

19. Алар (калайыкты) Алланын жолунан тосушат эле. Аны бузушка аракет кылышчу. Акыретке да ишенишчү эмес.

20. Алардын жер үстүндө кубаты жок. Алар үчүн Алладан башка колдоочу да жок болчу. Алардын азабы эселеп көбөйө берет. Укпай да калышты, көрбөй да калышты.

21. Алардын өздөрүн да кусур уруп кетти. Жалгандан ойлоп тапкан (буркандары) да алардан адашты.

22. Акыретте да алардын кусур ургандардан экенине эч бир шек жок.

23. Ыймандуу пенделер, жакшы иштерди жасагандар, Эгесине моюн сунгандар бар. Булар – Бейиш тургундары. Алар анда түбөлүк калышат.

24. Бул эки топтун мисалы көр менен дүлөйгө жана көзү көргөн менен кулагы укканга окшойт. Бул эки топ бири-бирине теңби? Эс-акылыңарга келбейсиңерби?

25. ...Нухту калкына жөнөттүк. (Ал айтты): «Мен силерге ачык эскертүүчүмүн.

26. Алладан башкага кулдук кылбагыла! Мен силер үчүн оор күндүн азабынан корком!»

27. Анын калкынын арасынан, капырлардын улуктары айтышты: «Сени көрүп турабыз, бизге окшош эле адам экенсиң. Сени көрүп турабыз, сени биздин арабыздагы кор болгондор ойлонбой эле ээрчип алышыптыр. Силердин бизден артык экениңерди да көрбөй жатабыз. Силердин жалганчы экениңерди да ойлоп турабыз».

28. Ал айтты: «Эй, калкым! (Ойлоп) көрдүңөрбү? Мен Эгемден ачык далилге ээ болуп жатсам. Анын ырайымы мага берилип жатса да силерге ал көрүнбөдү. Аны силер жактырбай жатсаңар, биз аны силерге таңуулай алабызбы?

29. Эй, калкым! Бул үчүн силерден байлык да сурабайм. Менин акым Алланын Өзүндө. Ыймандуу пенделерди мен куугунтукка албайм. Алар өздөрүнүн Эгесине (бир күнү) жолугушат. А бирок мен силердин наадан калайык экениңерди көрүп турам.

30. Эй, калкым! Эгер мен аларды куугунтукка алсам, Алладан мени ким коргойт? Эсиңерге келбейсиңерби!

31. Мен силерге: «Менде Алланын казыналары бар» дегеним жок. Кайып (сырларды) да биле албайм. «Мен периштемин» дегеним да жок. Силер (адам катары) көзүңөргө илбегендерге карата «Алла эч качан аларга жакшылык бербейт» деп да айта албайм. Алардын көкүрөгүндө эмне бар экенин Алла жакшы билет. («Мен билем» десем, анда) мен залимдердин бири болуп калам».

32. (Алар) айтышты: «Эй,Нух, сен биз менен талаш-тартыш кылдың. Биз менен талаш-тартышыңды өтө эле көбөйтүп жибердиң. (Андан көрө) чын сүйлөгөндөрдөн болсоң, бизге убада кылганыңды келтир!»

33. Ал айтты: «Алла кааласа аны силерге келтирет. Силердин (ага каршы) кубатыңар жок.

34. Силерге жакшы насаат бериштi каалаган болсом да, Алла силерди жолдон адаштырышты каалап жатса, менин насаатымдын силерге пайдасы тийбей жатат. Ал – силердин Эгеңер, Ага (бир күн) кайрылып барасыңар».

35. Аны (Куранды) өз оюнан чыгарып алды деп айтып жатышабы? Айт: «Эгер мен аны өз оюмдан чыгарып айтып жатсам, (анда) күнөөм өзүмө. Силердин кылып жаткан күнөөлөрүңөргө менин катышым жок».

36. Нухка жашыруун кабар берилди: «Калкыңдан ыйманга киргендерден башка (мындан ары) эч ким ыйманга кирбейт. Жасаган иштерине кейибе!

37. Биздин көзөмөлүбүз менен, Биздин (айткан) кабарыбызга карап кеме жаса. Залимдер жөнүндө Мага кайрылба, алар сууга чөгөт!»

38. Ал кеме жасап жатты. Анын калкынын улуктары ар дайым анын жанынан өтүп бара жатканда маскара кылышчу. Ал айтчу эле: «Бизди маскара кылып жатасаңар, биз да силер бизди маскара кылгандай (бир күнү) силерди маскара кылабыз.

39. Жакында билесиңер! Кор кылган азап (бу дүйнөдө) кимге келет экен! Туруктуу азап (акыретте) кимге жетет экен!»

40. Биздин буйругубуз келгенде тандырдан[3] суу атылып чыгат. (Биз Нухка) айттык: «Үй-бүлөңдү жана (Менин) сөзүм айтылып өткөн болсо да, (ага ишенбегендери үчүн, алардан) башкаларды гана жана дагы ар бир жуптан (кемеңе) сал». Аны менен бирге болгон ыймандуу пенделер аз болчу.

41. (Нух) айтты: «(Кемеге) отургула! Анын жүрүшү да, токтошу да Алланын аты менен! Кечирүүчү да, Ырайымдуу да Эгем Өзү».

42. Алар ал кеме менен тоодой толкундардын арасында сүзүп жүрдү. (Ошонун алдында) Нух өзүнөн бөлөк жүргөн бир баласын чакырды: «Эй, уулум! Биз менен бирге кемеге отур! Капырлар менен бирге болбо!»

43. Ал айтты: «Тоого чыгып баш калкалайм! Ал мени суудан сактайт! (Нух) айтты: «Алланын буйругунан бүгүн кимге Ал Өзү ырайым кылбаса башка сактоочу жок! Толкун ал экөөсүнүн арасын ажыратты. (Баласы) суута чөккөндөрдүн бири болду.

44. (Алладан буйрук) айтылды: «Эй, Жер, сууңду жут! Эй, асман, сен да (жаабай) токто!» Суу тартылды. Буйрук аткарылды. (Кеме) Жуди тоосуна барып токтоду. Айтылды: «Залим калайык (Алланын ырайымынан) алыс!»

45. Нух Эгесине жалбарып айтты: «Эгем! Менин уулум менин үй-бүлөмдөн эле го. Сенин убадаң ак! Сен өкүмдарлардын Өкүмдарысың!»

46. (Алла) айтты: «Эй, Нух! Ал сенин үй-бүлөңдөн эмес. Анын иши жакшы эмес. Билимиң болбогон нерседен Мага суроо бербе. Мен сага наадандардан бири болушуңду (эскертип) насаат айтып жатам».

47. Ал айтты: «Эгем! Билимим болбогон нерседен Сага суроо бериштен мени сакта деп Өзүңө сыйынам! Сен мени кечирбесең, мага ырайым кылбасаң, кусур ургандардын бири болом.

48. (Нухка) айтылды: «Эй Нух! Биздин (берген) аманчылыгыбыз менен, Биздин сага жана сени менен бирге болгон кишилерге берген берекелеримиз менен (кемеден) түш! (Булардан кийин) жакында (ар кыл

үмөттөр (келет). Аларга жашоонун пайдасын беребиз. Андан кийин аларга да (учуру келгенде) Бизден оор азап жетет».

49. Бул – кайып кабарлардын бири, аны сага жашыруун билдирип жатабыз. Муну сен да билген эмессиң, сенин калкың да муну мурда билген эмес. Сабыр кыл! Такыбаларга акыбети бар.

50. ...Ад калкына алардын бир тууганы Худду[4] (жөнөттүк). Ал айтты: «Эй калкым! Аллага кулдук кылгыла! Силер үчүн Андан башка Кудай жок! Силер жалганды ойлоп таап жатасыңар!

51. Эй, калкым! Буга силерден акы да сурабайм. Менин акым мени жараткандын Өзүндө. Акылынарга келсеңер боло!?

52. Эй, калкым! Эгеңерден кечирим тилегиле! Андан кийин Ага тобо кылгыла! Ал силерге асмандан көнөктөтүп жамгыр жаадырып берет. Кубатыңарга кубат да кошот. Күнөөкөр болуп баш тартпагыла!

53. (Алар) айтышты: «Эй, Худ! Сен бизге ачык далилдер менен келген жоксуң! Сенин сөзүң менен кудайларыбызды таштабайбыз! Биз сага ишенбейбиз!

54. Биз сага кудайларыбыздын кээ биринин кусуру урган экен деп гана айтабыз». (Ал) айтты: «Мен Аллага күбөлүк берем! Күбө болгула! Силердин Ага (Аллага) шерик кошконуңарга менин катышым жок!

55. Андан (Алладан) башка (Кудай жок). Чогулуп алып мага каршы айлаңарды кыла бергиле! Андан кийин мага мөөнөт деле бербегиле!

56. Мен Аллага тобокел кылдым. (Ал) менин да Эгем, силердин да Эгеңер. Ал көкүлүнөн кармап тартпаган бир да жаныбар жок. Менин Эгем Туруктуу жолго (баштайт).

57. Эгер силер баш тарткан болсоңор деле, эмне менен силерге жөнөтүлгөн болсом, аны силерге толук жеткирдим. Эгем силерди башка калайыкка алмаштыра алат. Силер Ага эч бир зыян кыла албайсыңар! Бардык нерсени Сактоочу Эгем Өзү!»

58. Биздин буйругубуз келгенде Биз Худду да, аны менен бирге болгондорду да Өзүбүз ырайым кылып куткардык. Аларды Биз оор азаптан куткардык.

59. Ошол Ад калкы Эгесинин аяттарын четке кагышты. Элчи-пайгамбарларына моюн толгошту. Ар кандай зөөкүрлөрдүн буйругуна ооп кетишти.

60. Бу дүйнөдө да, кыяматта да алар каргышка калды. Ад калкынын өз Эгесине капыр болгону ырас! Ырас болду! Ад калкына! Худдун калкы (Алланын ырайымынан) алыс (калды)!

61. ...Самуд калкына алардын бир тууганы Салихти[5] (жөнөттүк). Ал айтты: «Эй, калкым! Аллага кулдук кылгыла! Силер үчүн Андан башка Кудай жок! Ал силерди жерден жаратты, анда силерди жайгаштырды. Андан кечирим сурагыла да, андан кийин тобо кылгыла! Жооп берүүчү да, Жакын кылуучу да Эгем Өзү!»

62. (Алар) айтышты: «Эй, Салих! Биздин ичибизде буга чейин сен биз үмүт кылгандардын бири болчусуң. (Эми) аталарыбыз кулдук кылган буркандарга кулдук кылышыбыздан артка кайтарасыңбы? Сен бизди (Кудайыңа ишен деп) чакырып жатасың. Биздин Ага абдан шегибиз бар».

63. Ал айтты: «Эй, калкым! (Ойлоп) көрдүңөрбү? Мен Эгемден ачык далилге ээ болуп жатсам. Андан мага ырайымы келсе, мен Аны укпай койсом, анда мага Алладан башка ким жардам берет? Силер мага зыяндан башканы көбөйтпөй жатасыңар!

64. Эй, калкым! Бул – Алланын ингени, силерге – бир аят. Аны жөн койгула. Алланын жеринде оттоп жүрө берсин. Ага бир жамандык жеткире көрбөгүлө! (Антсеңер эле) силерге азап жакын келет».

65. Аны мууздап салышты. (Ошондо) ал айтты: «Үйүңөрдө үч күн жашай тургула! Бул убада жалган эмес».

66. ...Биздин буйругубуз келгенде Биз Салихти да, аны менен бирге болгон ыймандуу пенделерди да Өзүбүз ырайым кылып, ошол күнү шермендечиликтен куткардык. Күчтүү да, Бийик да Эгең Өзү!

67. Залимдерге таң заарда бир чаңырык жетти. Үйлөрүндө жаткан бойдон кыйрап калышты.

68. Мурда анда жашашпагандай... Ырас! Самуд калкы өз Эгесине капыр болду. Ырас болду! Самуд калкы (Алланын ырайымынан) алыс(калды)!

69. ...Биздин элчилерибиз Ибрахимге куш кабар менен салам айтып келишти. Ал да салам айтты. Кечиктирбей эле куурулган торпоктун этин алып келди.

70. Алардын ага кол тийгизбегенин көргөндө аларга күмөн кылды. Алардан коркунучту да сезе баштады. Алар айтышты: «Коркпо, биз Луттун калкына жөнөтүлдүк».

71. Анын аялы тике турган. Биз ага Исхакты да, Исхактын артынан Йакубдун (туулушун) да сүйүнчүлөдүк. Ал аял күлүп жиберди.

72. (Ошондо) айтты: «Оо, кокуй! Мен кары кемпир болсом төрөмөк белем? Менин бу эрим да кары. Бул ажайып иш экен!»

73. Алар айтышты: «Сен Алланын буйругуна таң калып жатасыңбы? Алланын рахматы да, Анын берекети да силерге, силердин үй-бүлөңөргө болсун! Даңктуу да, Улуу да Ал Өзү!»

74. Ибрахимден коркунуч кетип сүйүнчү кабар келгенде Биз менен ал Луттун калкы туурасында талаш кылды.

75. Ибрахим токтоо, канагаттуу, тобосун жазбаган адам болчу.

76. Эй, Ибрахим! Мындан кайт! Эгеңдин буйругу келип калган. Аларга (артка) кайтпай турган азап келип калды!

77. Биздин элчилерибиз Лутка келгенде алар үчүн ал кабатырланып көкүрөгү кысылды да, айтты: «Бул – оор күн болду».

78. Ага анын калкы шашыла чуркап келди. Мурдатан жаман иштерди жасагандар болчу. Ал айтты: «Эй калкым! Мына, булар менин кыздарым. Силер үчүн алар таза. Алладан корккула! Мени конокторумдун алдында шерменде кылбагыла! Силердин ичиңерде бир да туура киши жокпу?»

79. Алар айтышты: «Сен бизди билип калдың. Биздин сенин кыздарыңда эч бир акыбыз жок. Биздин эмне каалаганыбызды сен билесиң».

80. Ал айтты: «Менин силерге жетер күчүм же бир баш калка кылар бекем жайым да болсочу!»

81. Алар (периштелер) айтышты: «Эй, Лут! Биз – Эгеңдин элчилеribиз. Алар сага жетип келе алышпайт. Түн жарымынан кийин үй-бүлөңдү алып чыгып кет! Силерден аркасына кылчайып сенин аялыңдан бөлөк эч бирөө карабасын! (Анткени), тигилерге жеткен ага да жетет. Аларга убада кылынган учур таң заары. Таң жакын эмеспи?»

82. Биздин буйругубуз келгенде (алардын калаасын) астын-үстүн кылып (оодарып) салдык. Үстүнө кызытылган кесек таштарды жаадырдык.

83. (Таштардын) ар биринде Эгеңдин баскан тамгасы (да бар болчу). Залимдер үчүн мындай нерсе алыс эмес.

84. ...Мадйандыктарга бир тууганы Шуайбды (жөнөттүк). Ал айтты: «Эй, калкым! Аллага кулдук кылгыла! Силер үчүн Андан башка Кудай жок! Ченегенде да, тартканда да кемитпегиле! Мен силердин жакшы (жашооңорду) көрүп турам. (А бирок), мен силерге азап курчай турган күндөн корком.

85. Эй, калкым! Адилетүүлүк менен туура ченегиле, туура тарткыла! Адамдардын буюм-тайымдарынан кымтып (уурдап) албагыла! Жер бетинде бузукулук таратып жүрбөгүлө!

86. Эгер силер ыймандуу пенделерден болсоңор, силерге Алланын калтырган (байлыгы) эле жакшы. Мен силерге сакчы эмесмин».

87. Алар айтышты: «Эй, Шуайб! Аталарыбыз кулдук кылып келген (буркандардан) баш тартышыбызга же мүлкүбүздү каалагандай кылып (жумшабашыбызга) сенин намазың буйрук кылып жатабы? Сен сылык, туура жүргөн адам элең го».

88. Ал айтты: «Эй, калкым! (Ойлоп) көрдүңөрбү? Мен Эгемден ачык далилге ээ болсом. Ал мага жакшы ырыскы да берип жатса, анан Анын силерге тыюу салгандарын укпай коюшуңарды каалабайм да. Мен күчүм жетишинче түзөтүштү эле каалайм. Мага Алладан гана жардам бар. Мен Ага тобокел кылдым, Ага гана жалбарам.

89. Эй, калкым! Менин (силерден) бөлүнүшүм силер үчүн күнөө болуп, силерге Нухтун калкына, же Худдун калкына, же Салихтин калкына жеткенге окшош (апааттар) жетип жүрбөсүн. Луттун калкы да силерден узак эмес болчу.

90. Эгеңерден кечирим сурагыла да, андан кийин Ага тобо кылгыла! Ырайымдуу да, Сүйүүчү да Эгем Өзү!»

91. Алар айтышты: «Эй, Шуайб! Сенин айтып жаткандарыңдын көбүнө түшүнбөй жатабыз. Биз сени арабыздагы бир байкуш экениңди да көрүп турабыз. Эгер сенин туугандарың болбогондо, биз сени ташбараңга алат элек. Сенин бизге кадырың да жок.

92. Ал айтты: «Эй, калкым! Силер үчүн Алладан да менин туугандарым кадырлуубу? Силер Ага сыртыңарды салып жүз үйүрүп жатасыңар. Эгем кылган ишиңерди курчап тосуп таштайт.

93. Эй, калкым! Мүмкүнчүлүгүңөр жетишинче амалыңарды кыла бергиле. Мен да кыла берем. Шерменде кылган азап кимге келет? Ким жалганчы? Жакында билесиңер. Күткүлө! Мен дагы силер менен бирге күтөйүн!»

94. Биздин буйругубуз келгенде Биз Салихти да, аны менен бирге болгон ыймандуу пенделерди да Өзүбүз ырайым кылып куткардык. Залимдерге таң заарда бир чаңырык жетти. Үйлөрүндө жаткан бойдон кыйрап калышты.

95. Мурда анда жашашпагандай! Ырас болду! Эчак өткөн Самуд калкына окшоп Мадйандыктар да (Алланын ырайымынан) алыс (калды)!

96. ...Биз Мусаны Өзүбүз аяттарыбыз жана ачык бийлик менен жөнөттүк.

97. Фараон менен анын улуктарына... Алар Фараондун буйругуна баш ийишет эле. А Фараондун буйругу туура эмес болчу.

98. Кыямат күнү ал (Фараон) өзүнүн калкын баштап келип (Тозок) отуна алып кирип кетет. Барган жайы кандай жаман жай!

99. Аларды бул (дүйнөдө) да, акыретте да каргыш коштоду. Берилген энчилери кандай жаман!

100. Бул (өтүп кеткен) калаалардын кабарлары. Алар туурасында сага айтып берип жатабыз. Алардан (азырга чейин) турганы да, кыйрап жоголгону да бар.

101. Биз аларга зулумдук кылган эмеспиз. Алар өздөрүнө өздөрү зулумдук кылышкан. Эгеңдин буйругу келгенде Алланын ордуна жалбарып сыйынган кудайлары аларга эч бир пайда бере албады. Аларга кыйроодон башка эч нерсени кошо алышкан жок.

102. Эгеңдин калааларды алганы ушундай болчу. Ал залимдер жашаган калааларды алганда катуу кыйнап алат.

103. Мында ким акыреттин азабынан корксо, ага аят да бар. Калайык тегиз жыйылган (кыямат) күн ушундай. Көрүнө турган (кыямат) күн ушундай.

104. Аны эсептеп коюлган мөөнөтүнөн кечиктирбейбиз.

105. Ал күн келген учурда Андан (Алладан) уруксатсыз эч бир жан сөз сүйлөбөйт. Алардан бактысызы да, бактылуусу да бар.

106. Бактысыздар Тозок отунда калышат. Аларда – чаңырык менен бакырык.

107. Алар анда асман менен жер турганда түбөлүк кала беришет. Эгең каалагандан башкача (болбойт). Сенин Эгең каалаганын Жасоочу Кудай!

108. Бактылуу болгондор Бейиште асман менен жер турганча түбөлүк кала беришет. Эгең каалагандан башкача (болбойт). Алар үчүн анда түгөнбөгөн энчилер бар.

109. Алардын кимге кулдук кылып жатканына күмөн кылба! Алар аталары мурдатан кулдук кылган буркандарга эле кулдук кылып жатышат. Биз аларга насибин (азабын) кемитпей толук кылып беребиз.

110. Биз Мусага Жазууну бердик. Ал жөнүндө карама-каршы пикирге түшүштү. Эгер мурда убада кылынган Эгеңдин сөзү болбосо, алардын ортосундагы талаш чечилет болчу. Алар ага (Куранга) абдан шектенишип, күмөн кылып жатышат.

111. Сенин Эгең алардын ар биринин кылган ишинин жазасын толук берет. Ал алардын кылып жатканынан Кабардар Кудай!

112. Туура жолго буйрук алганыңдай, сени менен бирге ким тобо кылган болсо, алар менен бирге бекем тур! Чектен чыгып кетпегиле! Ал силердин кылып жатканыңарды Көрүүчү Кудай!

113. Тозок отуна күйбөшүңөр үчүн залимдерге ыктабагыла! Силердин Алладан башка колдоочуларыңар жок. Кийин силерге (Алладан башкадан) жардам да кылынбайт.

114. Күн менен түндүн эки тарапка оогон маалында, түндүн жакынкы (оболку) маалында намаз оку! Жакшылыктар жамандыктарды кетирет. Бул эскертүү (акыретти) эстөөчүлөр үчүн!

115. Сабыр кыл! Жакшылык кылгандардын акыбетин Алла текке кетирбейт.

116. Эмне үчүн силерге чейинки жашаган муундардан Биз куткаргандардын бир азынан башкасынын жер үстүндө бузукулукту (токтотуп) кайтарышкандары болбоду? А залимдер болсо өздөрүнө берилгендердин (ышкысына түшүп) ээрчип кетишти да, күнөөкөрлөрдөн болуп кала беришти.

117. Сенин Эгең калаалардын тургундары жакшы болсо зулумдук кылып кыйратпайт болчу.

118. Эгер Эгең кааласа (бүткүл) калайыкты бир эле үмөт кылат болчу. Алар (эми токтобой) бөлүнө беришет.

119. Тескерисинче, кимдерге Алла ырайым кылса (бөлүнүшпөйт). Аларды Ал ушул үчүн жаратты. Эгеңдин: «Тозокту бүтүндөй жин жана инсан жамааты менен толтурамын», – деген сөзү толук ишке ашты.

120. Биз сага элчи-пайгамбарлар жөнүндөгү кабарлардын баарысын сенин көңүлүңдү бекемдеш үчүн айтып берип жатабыз. Мындан сага жана ыймандуу пенделерге акыйкат да, насаат да, эскертүү да келди.

121. Ишенбеген ыймансыздарга айт: «Силер да мүмкүнчүлүгүңөрдүн жетишинче кыла бергиле, биз да кыла беребиз!

122. Күткүлө, биз да күтөбүз!»

123. (Жети кат) Асман менен жердин жашыруун сырларын Алла (билет). Бардык иш Ага кайрылып барат. Ага кулдук кыл, Ага тобокел кыл! Эгең жасап жаткан ишиңерден кабарсыз эмес.

12. ЙУСУФ СҮРӨӨСҮ[1]

ЙУСУФ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алиф, Лам,Ра. Бул түшүнүктүү Жазуунун аяттары.

2. Биз аны араб (тилинде) түшүрдүк. Балким, акыл жүгүртөөрсүңөр.

3. Биз сага жакшы бир кыссаны айтып беребиз. Мындан мурун сенин андан кабарың болбосо, бул Куранды Биз сага жашыруун кабар бердик.

4. ...Бир убакта Йусуф атасына айтты: «Эй, атаке, мен түшүмдө он бир жылдызды, Күндү да, Айды да көрдүм. Алардын мага сажда кылып жатышканын көрдүм».

5. (Атасы) айтты: «Эй, уулум! Түшүңдү бир туугандарыңа айтпа. Алар сага (каршы) айлакердик кылышат. Шайтан – инсандын анык душманы».

6. Ошентип, Эгең сени тандап алды. Ал сага түш жоруганды үйрөтөт. Өзүнүн бак-таалайын сага жана Йакубдун уругуна мындан мурун ата-бабаларың Ибрахим менен Исхакка толук бергендей кылып берет. Билүүчү да, Даанышман да Эгең Өзү.

7. Сурагандар үчүн Йусуф менен анын туугандарынын (кыссасында) аяттар бар.

8. ...Бир убакта (Йусуфтун бир туугандары) айтышты: «Йусуф – атабызга (бизден да) сүйүктүү. Биз – (өз алдынча мыкты) топпуз. Атабыз (муну билбей) анык жаңылышта (жүрөт).

9. Йусуфту өлтүргүлө же (эч ким билбеген алыс) бир жерге алып барып таштагыла. (Ошондо) силерге атаңардын дидары бошойт. Ошондон кийин силер (мурдагыдан да) жакшы иштерди жасаган топ болосуңар».

10. Алардан дагы бир айтуучусу айтты: «Эгер (бу ишти) кылчу болсоңор, анда Йусуфту өлтүрбөгүлө! Аны түбү көрүнбөгөн кудукка таштап жибергиле. Жолоочулардан бири чыгарып алып кетет».

11. Алар айтышты: «Оо, атакебиз! Сага эмне болгон? Биздин Йусуфту карашыбызга ишенбей жүрөсүң. Биз ага (ар дайым) жакшы насаат айтабыз.

12. Эртең аны биз менен бирге жибер. Сейилдеп келсин, ойносун. Биз аны (жакшы) асырайбыз».

13. (Йакуб) айтты: «Силердин аны менен кеткениңер мени кайгыртып жатат. Силер андан капылет калганыңарда, аны карышкыр жеп кетишинен корком».

14. Алар айтышты: «Биз бир топ болуп турсак, анан аны карышкыр жеп кетсе, андай болсо бизди кусур урбадыбы!»

15. Алар аны менен кетишкенде, аны түбү көрүнбөгөн кудукка таштап жиберишке баарысы макул болушту. Биз ага (Йусуфка) жашыруун кабар бердик: «Бир туугандарыңдын бул иштерин алардын өздөрүнө (кийин) билдиресиң. Алар (муну азыр) сезбей жатышат».

16. Алар түн киргенде атасына келишти да, ыйлай башташты.

17. Айтышты: «Оо, атакебиз! Биз жарышып чуркап кеткенибизде Йусуфту буюмдарыбыздын жанында калтырган болчубуз. (Ошондо) аны карышкыр жеп кетиптир. Биз чындыкты айткан болсок деле (эми) сен бизге ишенбейсиң».

18. Алар анын жалгандан канга (боёлгон) көйнөгүн да, алып келишкен эле. (Йакуб ишенбей) айтты: «Силердин дилиңер ажайып бир ишти ойлоп тапкан экен го! Эми, сабыр жакшы! Силер айтып жаткан нерсеге Алладан гана жардам сураш керек!»

19. ...Жолоочулар келишти да, кызматкерди (сууга) жиберишти. Ал чакасын төмөн карай салды да, (тартып алганда) айтты: «Эй, сүйүнчү! Бу бала (чыкпадыбы)!» Алар аны соода буюмундай бекитип коюшкан болчу. Алардын кылып жатканын Билүүчү Алла Өзү.

20. Алар аны арзыбаган баада бир нече дирхемге эле сатышкан. Алар анда ушуга деле каниет кылышкан болчу.

21. Аны Мисирден сатып алган киши аялына айтты: «Жакшы жай берип, сыйла. Мүмкүн бизге пайдасы тийер же бала кылып аларбыз». Ошентип, Йусуфту (барган) жерине жайгаштырдык. Ага түш жоруганды үйрөтүшүбүз керек болчу. Алланын иши жеңип чыгат. Бирок, калайыктан көбү эле (муну) билишпейт.

22. Ага (Йусуфка) баралына жеткенде даанышмандыкты да, билимди да бердик. Жакшылык кылуучуларга акыбетин ушинтип беребиз.

23. ...Ал (Йусуф) турган үйдөгү аял аны азгырмакчы болду. Эшиктерди бекитти да, айтты: «Сен, бери кел!». Ал (Йусуф) айтты: «Алла сактасын! Ал (күйөөң) – менин кожоюнум. Мага жакшы жай да берди. Залимдер бак табыша албайт!»

24. Аял аны ойлоду. Ал да эгер (ошол учурда) Эгесинин бир далилин көрбөгөн болсо, аны ойлоп турган болчу. Ошентип, Биз Йусуфтан жаман бузукулукту жоготуш үчүн (далил да көрсөттүк). Анткени, ал (ыйманы) калыс кулдарыбыздын бири болчу.

25. Экөөсү тең эшикке карай чуркады. Аял анын көйнөгүнүн аркасынан (тартып) айрып салды. Экөөсү тең эшик алдында анын күйөөсүнө бетме-бет туш келишти. Аял эрине айтты: «Эгер сенин үй-бүлөңө кимдир

бирөө жамандык кааласа жазасы кандай? Ал абакка камалбайбы же оор азап тартпайбы?!»

26. Ал (Йусуф) айтты: «Менин көөнүмдү ал азгырмакчы болду». Аялдын үй-бүлөсүнөн бир күбө күбөлүк берди: «Эгер анын көйнөгү алдынан жыртылса, анда аял чын айтып жатат, ал (Йусуф) жалганчылардан болот.

27. А эгер анын көйнөгү аркасынан жыртылган болсо, анда аял жалган айтып жатат, ал чын сүйлөгөндөрдөн болот».

28. Анын көйнөгүн карашса аркасынан жыртылган экен. (Аялдын күйөөсү) айтты: «Силердин (аялдардын) куулугуңардан (болгон иш экен)! Силердин куулугуңар күч!

29. Йусуф, (сен) бу (иштен) кайт. А сен (аялына айтып жатат) күнөөңө (Алладан) кечирим тиле. Сен – катачылык кетиргендердин бири болдуң».

30. Шаардагы аялдар айтты: «Баш вазирдин аялы кызматкер баласын азгырып жатыптыр! Ал аялдын жандүйнөсүн ал ышкыга салган имиш. Биз ал аялдын даана адашканын көрүп турабыз!»

31. Аялдардын кууланып (ушакташканын) укканда, ал аларды чакыртып жиберди да, алар үчүн сүйөнүп отура турган отургучтарды да даярдап койду. (Отурганда) алардын ар бирине бирден бычак да берди. (Ошондо Йусуфту чакырды): «Буларга чыгып кел». Аны көргөндө улуктугуна арбалышты, колдорун да кескилей башташты. Айтып жатышты: «Алла сактасын! Бул – адам эмес, бул – бир ыйык периште экен!»

32. Ал айтты: «Силер ушактаган (жигит) ушул. Анын көөнүн азгырган мен элем. Ал өзүн бекем сактады. Эгер ал менин буйругумду кылбай турган болсо, анда абакка камалышы же кор болгондордун бири болуш керек».

33. (Йусуф жалбарып) айтты: «Эгем! Булардын айткандарынан көрө мага абак жакшы. Эгер менден булардын айла-амалдарын курутпасаң, аларга ийилип кетсем наадандардан болом».

34. Эгеси анын дубасын кабыл кылды. Алардын айла-амалдарын андан курутту. Угуучу да, Билүүчү да Ал Өзү!

35. ...Алар далилдерди ачык көрүшкөндөн кийин да, аны белгилүү бир мезгилге чейин абакка салышты.

36. Аны менен бирге эки жигит абакка кирди. Ал экөөсүнүн бири айтты: «Мен түшүмдө көрдүм. (Жүзүмдү) сыгып шарап жасап (жатыпмын)». Башка бири айтты: «Мен төбөмө нан көтөрүп жүргөнүмдү көрдүм. Аны куштар жеп жатышат. Бизге муну жоруп бер. Биз сени жакшылык кылуучулардан экениңди көрүп турабыз».

37. Ал айтты: «Экөөңөргө мен (түшүңөрдү) жоруп кабарын бергенге чейин ырыскы тамагыңар да келбейт. Экөөңөргө Эгемдин мага билдиргени ушундай. Мен Аллага ишенбеген калайыктын динин таштагам. Алар акыретке ишенбеген капырлар.

38. Мен ата-бабаларым Ибрахимдин, Исхактын, Йакубдун динин ээрчидим. Биз Аллага эч качан шерик кошкон эмеспиз. Бизге да, калайыкка да Алланын ырайымы ушул. Бирок, (буга) калайыктан көбү эле шүгүр кылышпайт.

39. Эй, менин абактагы эки курдашым! Ар башка кудайлардын болгону жакшыбы, же Кудуреттүү, Жалгыз, Аллабы?

40. Силер да, аталарыңар да Андан башка эле өзүңөр аттарын атап алган (буркандарыңарга) кулдук кылып жатасыңар. Алла аларга бийлик да түшүргөн эмес. Өкүм – бир гана Аллада бар. Ал бир гана Өзүнө кулдук кылышты буйрук кылган. Ушул – Туруктуу дин. Бирок, (муну) калайыктан көбү эле билишпейт.

41. Эй, менин абактагы эки курдашым! Экөөңдөн бириң кожоюнуна (кесегүл болуп) арак куят. Башкасы дарга асылат, башын куштар жейт. Силер сураган ал эки (суроо) да чечилди».

42. Ал экөөсүнөн (өлбөй) кутулат деп ойлогонуна (Йусуф) айтты: «Кожоюнуңдун алдында мени эсте». Шайтан аны кожоюнуна эстеп айтышты унуттурду. Ал абакта бир нече жыл кала берди.

43. ... Падыша айтты: «Мен (түшүмдө) жети семиз уй көрдүм. Аларды жети арык уй жеп жатат. Жети жашыл сабак менен жети куураган сабак да бар экен. Эй, улук билермандар! Эгер түш жоруй ала турган болсоңор, анда менин түшүмдү (жоруп) мага чечип бергиле!».

44. Алар айтышты: «Башаламан түш экен. Биз башаламан түштү жорушту билбейбиз».

45. Ал экөөсүнөн (өлбөй) кутулуп калган бирөөсү бир далайдан кийин (эсине келип) айтты: «Силерге анын түшүнүгүн мен кабар берейин. Мени жөнөткүлө».

46. «Эй, ак сүйлөгөн Йусуф! Сен бизге жети семиз уйду жети арык уй жеп жатканы туурасында да, жети жашыл сабак менен андан башка куураган сабактар туурасында да чечим бер. Балким, (сен жоруп берсең) мен калайыкка кайтып барат элем. Балким, алар да (муну) билишээр».

47. (Йусуф) айтты: «Жети жыл адаттагыдай эле эгин эге бересиңер. Оруп жыйганыңардан бир аз жегениңерден башкасын сабактары менен (сактап) калтыргыла.

48. Ошондон жети жылдан кийин катуу ачарчылык келет. Ал үчүн мурунку аз-аздан сактап келе жатканыңардан бир аз (үрөн үчүн) сактаганыңардан башкасын (ошол жылдары) жегенге боло берет.

49. Мына ошондон кийин калайыкка жамгыр жааган, (жемиштердин ширесин) сыгып ала турган жыл келет».

50. Падыша айтты: «Аны мага алып келгиле!» Чабарман ага келгенде, (Йусуф) ага айтты: «Кожоюнуңа кайтып бар да, андан сура. Колдорун кесип алган аялдардын акыбалы кандай болду экен? Менин Эгем алардын айла-амалдарын билет!»

51. Ал (Падыша) айтты: «Йусуфтун көөнүн азгырууну каалаган учурдагы ишиңер кандай болду эле?» Алар (аялдар) айтышты: «Алла сактасын! Анын бир да жамандыгын билгенибиз жок». Вазирдин аялы айтты: «Акыйкат азыр ачыкка чыкты! Анын көөнүн мен азгырдым. Ал туура жүргөн болчу».

52. (Йусуф айтты): «Менин ага (вазирге) жашыруун кыянат кылбаганымды ал билиши керек болчу. Алла кыянаттык кылгандарды Туура жолго салбайт.

53. Мен өз жанымды актай албайм. Эгем ырайым кылбаса, напси деген жамандыкты буйруйт. Кечиримдүү да, Мээримдүү да Эгем Өзү!»

54. Падыша айтты: «Аны мага алып келгиле. Аны өзүмө тандап алгандардан кылайын». (Падыша) аны менен сүйлөшүп жатканда айтты: «Сен бүгүн биздин жаныбыздагы ишеничтүү кызмат орундасың».

55. (Йусуф) айтты: «Мени жер казынасынын башына кой. Мен аны сактай билем».

56. Ошентип, Йусуфту ошол жерге жайгаштырдык. Ал каалаган жеринде жай алып турган эле. Биз кимге ырайымыбызды кааласак жеткиребиз. (Алла) жакшылык кылгандардын акыбетин текке кетирбейт.

57. Такыба болгон ыймандуу пенделердин акыреттеги акысы мындан да жакшы.

58. ... Йусуфтун бир туугандары келишкен эле. Анын алдына кириштн. Ал аларды тааныды. Алар аны тааныпкан жок.

59. Алардын жүктөрүн жүктөгөндө айтты: «Мага (эми келгенде) аталаш бир тууган иниңерди да ала келгиле. Менин силерге туура өлчөп (тартып бергенимди) да, жакшы жай бергенимди да көрдүңөр да!

60. Эгер аны мага алып келбесеңер, анда силерге өлчөп (тартып) бере турганым да жок, мага да жакындабагыла».

61. Алар айтышты: «Биз аны атасынан сурап алышка аракет кылалы. Биз муну кылабыз!»

62. (Йусуф) кызматчы жигиттерине айтты: «Алардын (бизден дан азык сатып алыш үчүн алып келген) мүлктөрүн да (кайра) жүктөрүнө кошуп койгула. Үйлөрүнө кайтып барышканда, балким, аны билишээр. Балким, кайра дагы келишээр».

63. Алар аталарына кайтып келишкенде айтышты: «Эй, атакебиз! Бизден өлчөп (сатып ала турган соода) токтотулду. Бир тууган инибизди биз менен бирге жибер. Ошондо гана өлчөп (дан азык сатып) ала алабыз. Биз аны сактайбыз!»

64. (Йакуб) айтты: «Мурда анын бир тууганын силерге ишенгенимдей муну да силерге ишенип беремби? Алла жакшы асырайт! Ырайымдуулардын Ырайымдуусу да Ал Өзү!»

65. Алар жүктөрүн ачканда өздөрүнө кайтарылган мүлктөрүн да табышты. Айтышты: «Эй, атакебиз! Эмне издеп (кыйналып) жүрмөк элек?

Мына бул мүлктөрүбүз да өзүбүзгө кайтарылыптыр. Үй-бүлөбүздү азык менен камсыз кылабыз, бир тууган инибизди да сактайбыз. (Бул мүлккө дагы) бир төөгө артыкча (дан азык) өлчөп (сатып) алабыз. Муну өлчөп алыш жеңил эле.

66. Ал (Йакуб) айтты: «Силер Алланын алдында мага ант бермейинче, мен аны силер менен бирге жөнөтпөйм. Силерди (бир кырсык эле) курчап тоорубаса, аны мага кайра алып келишиңер керек!» Алар ант беришкенде, айтты: «Айткандарыбызга Алланын Өзү Өкүл!»

67. (Дагы) айтты: «Эй, уулдарым! (Шаарга) бир дарбазасынан кирбегиле. Ар кайсы дарбазаларынан киргиле. Мен силерди эч нерсе кылып Алладан куткара албайм! Өкүм бир Аллада! Мен Аллага гана тобокел кылдым! Тобокел кылуучулар Ага тобокел кылышсын!»

68. (Шаарга) киришкенде алар аталары буйрук кылгандай ар кайсы тарабынан кириштн. Ошондо деле Алланын жазганынан аларды эч нерсе куткара албайт болчу. Йакуб деле өз дилиндеги кажатынан башка чечим кыла алган жок. Ал Биз ага үйрөткөн илимдин ээси болчу. Бирок, (муну) калайыктан көпчүлүгү эле билишпейт.

69. Алар Йусуфка кирип келишкенде, ал бир тууган инисин (Бениямин-ди) кабыл алды да, айтты: «Мен – сенин бир тууганыңмын. Алардын кылган иштерине кайгырба!»

70. Алардын жүктөрүн жүктөгөндө кесени бир тууганы (Бениямин-дин) жүгүнүн ичине (тымызын) салдырды. Ошондон кийин жарчы жар чакырды: «Эй, кербенчилер! Силер ууру экенсиңер!»

71. Алардын алдына жетип келишкенде алар айтышты: «Эмне жоготтуңар?»

72. (Беркилер) айтышты: «Падышанын кесесин жоготтук. Аны таап келген кишиге бир төө жүк (берилет). Мен ага кепилмин!».

73. Алар айтышты: «Аллага касам! Биз бул жерге бузукулук жасаш үчүн эмес, эмнеге келгенибизди да билесиңер. Биз – ууру эмеспиз!»

74. (Беркилер) айтышты: «Эгер жалганчы болсоңор, анын жазасы кандай?»

75. Алар айтышты: «Анын жазасы (ушундай болсун). Ал (кесе) кимдин жүгүнүн ичинен чыкса, жазага анын керт башы! Биз залимдерди ушинтип жазалайбыз!»

76. (Йусуф) бир тууган инисинин жүгүнөн мурун тиги бир туугандарынын жүгүн издетип баштады. Андан кийин аны өзүнүн бир тууганынын жүгүнөн издеп таап чыкты. Йусуфка ушундай айлакердикти бердик. Падышанын мыйзамы боюнча (мындай кылбаса) бир тууганын алып кала да алмак эмес. Алланын каалоосу башка эмес болчу. Биз кимге каалаасак, анын даражаларын көтөрөбүз. Ар кандай илим ээсинин үстүндө бир гана Билүүчү (Алла) бар.

77. Алар айтышты: «Эгер бул (инибиз) уурулук кылган болсо, анын бир тууганы да мурда уурулук кылган болчу». Йусуф муну көңүлүнө сыр кылып сактады, аларга сыр берген жок. Аларга айтты: «Силер (азыр) жаман жерде турасыңар. А силердин сыпаттаганыңарды Алла Өзү (силерден) жакшы билет».

78. Алар айтышты: «Эй, вазир! Анын карылыгы жеткен атасы бар. Анын ордуна (бизден) бирибизди алып кал. Биз сени жакшылык кылуучулардан экениңди көрүп турабыз».

79. (Йусуф) айтты: «Буюмубузду тапкан (уурунун) өзүнөн башкасын алып калыштан Алла сактасын! Биз андай кылсак аныкзалимдерден болуп калабыз!»

80. Алардын Йусуфтан үмүтү өчкөндө, өздөрүнчө кеңешип эркин калышкан болчу. Алардын улуусу айтты: «Атаңар силерден Алланын алдында антыңарды алганын билбейсиңерби? Мурда эле аны Йусуф үчүн өксүттүңөр. Мен (эми) атам мага уруксат бергиче, же Алла мен үчүн бир өкүм кылгыча бу жерден кетпейм! Өкүм кылуучулардын жакшысы да Ал Өзү!

81. Атаңарга кайтып баргыла да, ага айткыла: «Эй, атакебиз! Уулуң уурулук кылды. Биз билгенибизге гана күбө өттүк. Биз кайып сырларды биле да албайт экенбиз.

82. (Муну) биз болгон калаадан да, биз кошулуп барган кербенден да сура. Биз болгон чындыкты айтып жатабыз».

83. (Йакуб) айтты: «Жок! Силердин напсиңер бир ажайып ишти каалаган экен. Жакшысы, сабыр кылыш керек! Алла алардын баарын кайра мага алып келиши да мүмкүн. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!»

84. Алардан терс бурулду да, айтты: «Оо, Йусуф! Мен сен үчүн түтөдүм!» Кайгыдан эки көзүнүн каректери да агарып кеткен эле. Ал ачуусун тыйды.

85. Алар айтышты: «Аллага касам! Сен Йусуфту кубатың калбай калганча же өзүң жок болгондордун бири болгуча эстегениңди койбойт экенсиң да!»

86. (Йакуб) айтты: «Мен өзүмдүн кусалыгымды да, кайгымды да Аллага гана арыз кылам. Мен Алладан силер билбеген нерсени билем.

87. Эй, уулдарым! Жөнөгүлө! Йусуфту да, анын бир тууган инисин да сураштырып билгиле! Алланын курсантчылыгынан үмүт үзбөгүлө. Алланын курсантчылыгынан капыр калайык гана үмүтүн үзөт».

88. Алар ага (Йусуфка) киришкенде айтышты: «Эй, улук вазир! Бизге да, үй-бүлөбүзгө да кыйын (күн) жетти. Биз анчалык көп эмес мүлк менен келдик. Бизге туура өлчөп тартып бер. Бизге садака да кыл. Алла садака бергендерге акыбетин да берет».

89. (Йусуф) айтты: «Бир убакта силер наадан экениңерде Йусуф менен анын бир тууганына эмне кылганыңарды билесиңерби?»

90. Алар айтышты: «Сен чын эле Йусуфсуңбу?» (Йусуф) айтты: «Мен – Йусуфмун, а бул менин бир тууган иним. Алла бизге ырайым кылды! Ким (Андан) корксо, сабыр кылат. Алла жакшылык жасагандардын эмгегин текке кетирбейт!»

91. Алар айтышты: «Аллага касам! Алла сени бизден артык кылган экен. Биз ката кылган экенбиз».

92. (Йусуф) айтты: «Бүгүн силерге кек жок. Алла силерди кечирет. Ал – Ырайымдуулардын Ырайымдуусу!

93. Менин бу көйнөгүмдү алып баргыла да, аны атамдын бетине жапкыла. (Көзү) көрүп кетет. Бүт үй-бүлөңөр менен чогулуп мага келгиле!»

94. (Мурда эле) кербен (жолго) чыга бергенде алардын атасы айткан эле: «Эгер акылы айнып калыптыр дебесеңер, мага Йусуфтун жыты келип жатат».

95. (Балдары ошондо) айтышкан: «Аллага касам! Сен мурдагыдай эле адашып жүргөн экенсиң».

96. Сүйүнчүлөгөн кабарчы келгенде көйнөктү анын бетине жапты. Көзү кайрадан көрө баштаганда айтты: «Мен Алладан силер билбеген нерсени билемин деп айтпадым беле?»

97. (Балдары) айтышты: «Эй, атакебиз! Биздин күнөөлөрүбүздү кечир! Биз ката кетирген экенбиз!»

98. (Йакуб айтты) : «Жакында силер үчүн Эгемден кечирим сурайм. Кечирүүчү да, Ырайымдуу да Ал Өзү!»

99. Йусуфка келишкенде ал ата-энесин кабыл алды, да айтты: «Алланын каалоосу менен Мисирге аман-эсен киргиле!»

100. Ата-энесин такка чыгарды. Ага ийилип сажда кылышты. (Йусуп) айтты: «Эй, атаке! Бул мурда эле менин көргөн түшүмдүн табышмагы болду. Эгем аны акыйкатка чыгарды. Ал мага жакшылык кылды. Бир убакта мени абактан да чыгарды. Шайтан мени менен бир туугандарымдын ортосуна чаң салгандан кийин да силерди чөлдөн алып келди. Эгем каалаганын Жалгоочу Кудай! Билүүчү да, Даанышман да Ал Өзү!

101. Эй, Эгем! (Жети кат) Асман менен жердин Жаратуучусу! Сен мага өкүмдарлыкты бердиң, түштөрдүн жорулушун үйрөттүң. Сен дүнүйөдө да, акыретте да менин Эгемсиң! Мени мусулман бойдон жанымды ал! Жакшыларга жандаштыр!»

102. Бул кайып кабарларды Биз сага жашыруун билдирип жатабыз. Алар өздөрүнүн айлакердик ишине чогулушканда, сен алардын жанында эмес болчусуң.

103. Сен канчалык аракет кылсаң деле калайыктын көпчүлүгү ыйманга кирбейт.

104. Буга сен акы сурап жаткан жоксуң. Ал (Куран) – ааламдарга эскертүүдөн башка эмес.

105. (Жети кат) Асман менен жерде нечендеген аят бар болсо да, калайык андан жүз үйрүп өтүп кетип жатат.

106. Алардын көбү Аллага ишенген жок. Анткени, алар – мүшүрүктөр.

107. Алар Алланын каптап келген азабынан же сезбей турушканда капылет келчү сааттан (кыяматтан) аман калышат бекен?

108. Айт: «Бул – менин жолум! Мен Аллага (сыйынышка) чакырам. Мен да, мени ээрчигендер да ачык далилге (ээрчийбиз). Субханалла! Мен мүшүрүктөрдөн эмесмин!»

109. Биз сага чейин да шаарлардын калкына өздөрүнүн кишилеринен жашыруун кабар бергенбиз. Алардан мурдагылардын акыбети кандай бүткөнүн кыдырып көрүшпөдүбү? Такыба пенделер үчүн акырет журту жакшы. Акыл жүгүртпөйсүңөрбү?

110. Элчи-пайгамбарлардын үмүтү үзүлгөндө, аларды жалганчы деп ойлошкондо гана аларга Биздин жардамыбыз келген болчу. Биз кимди кааласак куткардык. Күнөкөр калайыктан биздин кырсыгыбыз артка кайтарылбайт.

111. Алардын (пайгамбарлардын) кыссаларында акыл ээлери үчүн ибрет бар. Ал (Куран) ойдон чыгарылган сөз эмес. Бирок, ал өзүнөн мурдагыны (Жазууну) тастыктап да, ар кандай нерсени ирети менен түшүндүрүп да (жатат). (Анда) ыймандуу калайык үчүн Туура жол да, рахмат да бар.

13. РААД СҮРӨӨСҮ[1]

МАМАКАЛДЫРАК

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алиф, Лам, Мим, Ра. Бул – Жазуунун аяттары. Анын сага Эгеңден түшүрүлгөнү ак. Бирок, калайыктын көпчүлүгү эле (буга) ишенбейт.

2. Алла асмандарды тирөөчсүз көтөрүп койгон. Аны көрүп турасыңар. Андан кийин (алар) Аршка жай алган. Күн менен Айды баш ийдирди. Ар бири белгиленген мөөнөткө чейин жылып жүрөт. Ал (ар бир) ишти башкарат, аяттарды бөлүштүрүп турат. Балким, силер өз Эгеңер менен жолугушка бекем ишенээрсиңер.

3. Ал жерди жайып койгон. Анын үстүнө тоолорду казыктай (каккан), дарыяларды (агызган). Ар кандай мөмө жемиштерди анда жуп-жуптан кылган. Күндүздү түн каптай (турган кылган). Пикир кылган калайыкка мында аяттар бар.

4. Жер бетинде катар-катар талаалар бар. (Анда өскөн) жүзүм бактары, эгиндер, тамыры бир, башка-башка да курма даректары бар. Баарысы

бир эле суудан ичет. Жегенге биринен башкасына артыкчылык беребиз. Акыл жүгүрткөн калайык үчүн мында аяттар бар.

5. Эгер сен таң калып жатсаң, алардын сөздөрү да таң калычтуу (айтылат): «Топуракка айлансак деле кайра жаңыдан жаралыш барбы?» Булар Эгесине капыр болду. Булардын моюндарына чынжыр салынат. Булар –Тозок ээлери. Алар анда түбөлүк болушат.

6. Алар сени жакшылыктан мурун жамандыкка шаштырып жатышат. Аларга чейин эле жазалангандардын мисалы болуп өткөн. Эгең калайыктын залимдигин деле кечирчү. Эгеңдин жазасы да катуу.

7. Капырлар айтып жатышат: «Эгесинен ага бир аят келсечи?» Сен эскертүүчүсүң. Ар бир элде Туура жолго баштоочу бар.

8. Алла ар бир ургаачынын боюна бүтүп көтөргөнүн да, анын жатынынын (канча) чоңойгонун да, кичирейгенин да билет. Анын алдында ар кандай нерсенин чени бар.

9. Жашыруун менен ашкерени Билүүчү да, Улук да, Бийик да Ал Өзү!

10. Ким силерден сөзүн жашырса да, ким жарыя айтса да, ким түндө жашынса да, күндүзү ачык чыкса да Ага бирдей эле.

11. Алланын буйругу менен аны (ар бирөөнү) алдынан да, артынан да ээрчип жүргөн (периштелер) бар. Алар аны Алланын буйругу менен коргойт. Калайык өзүндөгү нерсени өзү өзгөртмөйүнчө, Алла да аны өзгөртпөйт. Алла калайыкка кырсыкты каалаган болсо, анын артка кайтышы жок. Алар үчүн Андан башка Колдоочу да жок.

12. Ал силерге коркунуч менен үмүттү (пайда кылган) чагылганды көрсөтүп жатат. Ал оор булуттарды пайда кылат.

13. Мамакалдырак[2] Аны даңктап тасбих айтып жатат. Андан коркуп, периштелер да (тасбих айтып турушат). Ал чагылгандарды жиберет да, кимге кааласа тийгизет. Алар Алла туурасында талаша беришет. Анын азабы күч!

14. Акыйкат чакырык Ага гана болуш керек. Андан башканы чакыргандарга алары эч нерсени жооп да бере алышпайт. Эки алаканын сууга жеткириш үчүн созуп да оозуна жеткире албаган бирөөгө окшош. Капырлардын чакырыгы жаңылыштан өзгө эмес.

15. (Жети кат) Асман менен жерде кимдер болбосун, алардын көлөкөлөрү да Аллага ыктыярдуу да, ыктыярсыз да эртели-кеч сажда кылышат.

16. Айт: «(Жети кат) Асман менен жердин Эгеси ким?» Айт: «Алла!» Айт: «Силер Аны таштап өздөрүнө жардам да, зыян да кылышка бийлиги болбогондорду колдоочу кылып алдыңарбы?» Айт: «Сокур менен (көзү) көргөн, караңгы менен жарык теңби?» Же, алар өздөрү жасаган буркандарды Аллага шерик кылышып, жасагандары өздөрүнө Анын жаратканына окшошкондой сезилдиби? Айт: «Бардык нерсени Жаратуучу Алла! Жалгыз да, Кудуреттүү да Ал Өзү!»

17. Ал асмандан сууну түшүрдү. Андан кийин (ал) өрөөндөрдүн чөнине жараша акты. Агын суу көбүргөн көбүктү үстүнө көтөрүп жөнөдү. Алардын кооз жасалга жана буюм жасашты каалашып от жагып эриткендеринен да ушундай эле көбүк пайда болот. Алла чын менен жалганга ушундай мисал келтирет. Көбүк куругандай (жалган) жок болуп кетет. Ал эми калайыкка пайда бергендери жер бетинде кала берет. Алла ушундай мисалдарды келтирет.

18. Эгесине жооп кайтаргандар үчүн жакшылык бар. Жер бетиндегилердин баарысы Ага жооп кайтарбагандардыкы болуп, аларда дагы ошончолук бар болсо да, алардын баарысын берип кутулушкусу келгенине карабай алардын эсеп-кысабына жамандык бар. Алардын турак жайы – Тозок. Кандай жаман турак жай!

19. Кимдир бирөө сенин Эгеңден сага түшүрүлгөндүн акыйкат экенин билсе, ал көр болгон бирөөгө окшойбу? Чындыкты билген (киши чындыкты билбеген) сокур сыяктуубу? Акыл ээлери гана (муну) эстеп жүрө алышат.

20. Алар Аллага берген убадаларын аткарышат, берген анттарын бузушпайт.

21. Алар Алланын жеткириш керек деген буйруктарын жеткиришет. Алар Эгесинен да коркушат. (Өздөрүнүн мойнундагы) эсеп-кысаптын жаман болушунан да коркушат.

22. Эгесинин ыраазылыгын издеп сабыр кылгандар, намазды аткаргандар, Биз аларга берген ырыскылардан жашыруун да, ашкере да каржы кылгандар, жакшылык кылып жамандыкты кайтаргандар бар. Алар үчүн акырет жай бар.

23. Адну Бейиши бар. Ага алардын жакшылык (иштерди) жасаган ата-бабалары да, жубайлары да, урпактары да киришет. Периштелер аларга ар кайсы эшиктерден кирип келишет.

24. (Айтышат): «Сабыр кылганыңар үчүн салам алэйкум! Акырет жайдын бак-таалайы кандай жакшы!»

25. Алла менен кылган келишимине ант бергенден кийин да бузуп жаткандар, Алланын жеткириш керек деген буйруктарын тосуп жаткандар, жер бетинде (ар кандай) бузукулук кылып жаткандар бар. Булар үчүн каргыш бар. Буларга жаман турак жай да бар.

26. Алла ырыскыны чектейт, кимге кааласа кенен-кесир берет. Алар бул дүйнөдөгү жашоого кубанып жатышат. Бул дүйнөнүн жашоосу акыреттикиндей эмес, пайдасы аз.

27. Капырлар айтып жатышат: «Ага Эгесинен аят түшкөн болсочу?» Айт: «Алла кимди кааласа адаштырат, ким Ага кайтса Туура жолго салат».

28. Алланы эстеп зикир кыла бергенде ыймандуу пенделердин жүрөктөрүнө тынчтык орнойт. Ырас! Алланы эстеп зикир кылганда гана жүрөктөр тынчтык табат!

29. Ыймандуу пенделер менен жакшы иштерди жасагандарга жакшы жай да, бак-таалай да бар.

30. Ошентип, Биз сага жашыруун берген кабарды аларга окуп беришиң үчүн мурунку өткөн үмөттөрдөй эле сени да бир үмөткө элчи-пайгамбар кылып жөнөттүк. Алар Рахманга ишенишпей жатышат. Айт: «Ал – менин Эгем, Андан башка Кудай жок. Ага тобокел кылдым, Ага тобо кылдым!»

31. Эгер Куран менен бирге тоолор ордунан жылып кетсе деле, же жер жарылып кетсе деле, же өлгөндөр сүйлөшсө деле... (ишенишпейт болчу!). Ырас! Бардык бийлик Алланыкы. Эгер Алла кааласа калайыктын баарысын Туура жолго салып коюшунан ыймандуу пенделер үмүтүн үзүп жатышабы? Капырлар кылгандары үчүн сокку жебей калбайт. Же, Алланын убадасы келгенге чейин деле кырсык алардын турагына жакын тура берет. Алла убадасын эч качан бузбайт.

32. Сага чейин да элчи-пайгамбарларды шылдыңдашкан. Мен капырларга мөөнөт бердим да, андан кийин кармадым. Менин азабым кандай болду!

33. Ал ар бир жандын кылганын такай күзөтүп (билип) турабы? Алар Аллага (буркандарды) шерик кылышты. Айт: «Алардын аттарын атагыла!» Же, жер үстүндө Ал билбеген бир нерсенин кабарын Ага бере аласыңарбы? Же, ашкере сүйлөп айтасыңарбы? Ырас! Капырларга өздөрүнүн айла-амалдары ажайып кооз көрсөтүлдү. Алардын жолу да тосулду. Алла кимди Туура жолдон адаштырса, аны Туура жолго салуучу да жок!

34. Аларга дүнүйөлүк жашоосунда да азап бар. А акыреттин азабы абдан катуу. Аларды Алладан куткаруучу да жок!

35. Такыба пенделерге убада кылынган Бейиш (ушундай): анын алдында дарыялар агып турат. Анда ар дайым жемиштер да, көлөкө да бар. Бул – такыба пенделердин акыбети. А Тозок оту – капырлардын акыбети.

36. Жазуу бергендерибиз сага түшүрүлгөнгө кубанып жатышат. Ар кайсы топтордун ичинен кимдир бирөөлөрү анын бир бөлүгүн жокко чыгарып жатышат. Айт: «Мен Аллага кулдук кылышка, Ага шерик кошпошко буйрук алдым. Мен (силерди) Аллага чакырам. Мен Ага тобо кылам!

37. Ошентип, Биз аны араб тилинде өкүм (мыйзам) кылып түшүрдүк. Сага билим келгенден кийин да сен алардын көңүл азгырыгына ээрчий турган болсоң, анда сага Алладан башка жардамчы да, коргоочу да жок.

38. Сенден мурун да элчи-пайгамбарларды жөнөткөнбүз. Аларга да жубайлар менен урпактарды бергенбиз. Алланын уруксатысыз эч бир элчи-пайгамбар аят келтирген эмес. Ар бир (берилген) мөөнөт үчүн Жазуу (да берилген эле).

39. Алла каалаганын өчүрөт, (каалаганын) сактайт. (Мунун баарысы) Анын алдындагы Түпкү Жазууда бар.

40. Биз аларга (кыяматка чейин) убада кылгандардын кээ бирин сага көрсөтөбүз же (ага чейин) сенин (өмүрүң бүтсө), жаныңды алабыз. (Алланын кабарларын) жеткириш – сага, эсеби – Бизге.

41. Жерди Биз ар тарабынан кемитип келе жатканыбызды алар көрүшкөн жокпу? Алла өкүм кылат, Анын өкүмүн бузуучу да жок. Ал эсеби тез Кудай.

42. Алардан мурункулар да куулук кылышкан болчу. Куулуктун баары Аллада. Ал ар бир жандын эмне кылып жатканын билет. Капырлар акыркы жай кимдердики экенин жакында билишет.

43. Капырлар: «Сен пайгамбар эмессиң», – деп жатышат. Айт: «Силер менен менин ортомо Алла менен Жазуунун илимин билгендер жетиштүү күбө!»

14. ИБРАХИМ СҮРӨӨСҮ[1]

ИБРАХИМ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алиф, Лам, Ра. Биз сага Алланын уруксаты менен калайыкты караңгылыктардан (жарык) нурга – Даңктуу, Улук Эгеңдин жолуна чыгарышың үчүн Жазууну түшүрдүк.

2. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Алланыкы. Капырларга тозоктун катуу азабынан өкүнүч бар!

3. Алар бул дүйнөнүн жашоосун акыреттен жакшы көрүшөт. (Башкаларды) Алланын жолунан тосушат да, аны бузушка аракет кылышат. Булардын адашкан жолу да узак.

4. Биз ар бир элге ачык түшүндүрүп бериш үчүн алардын өз тилинде сүйлөгөн элчи-пайгамбарларды жөнөттүк. Алла кимди кааласа адаштырат, кимди кааласа Туура жолго салат. Улук да, Даанышман да Ал Өзү!

5. ...Биз Мусаны Өзүбүздүн аяттарыбыз менен жөнөттүк: «Элиңди караңгылыктардан (жарык) нурга чыгар! Аларга Алланын күндөрүн[2] эсине сал!» Мында ар бир сабыр кылуучуга да, шүгүр кылуучуга да аяттар бар.

6. ...Бир убакта Муса элине айтты: «Алланын силерге берген бак-таалайын эстегиле. Ал силерди бир убакта Фараондун калкынан куткарды. Алар силерге жаман азап беришет эле. Эркек балдарыңарды өлтүрөт эле да, аялдарыңарды тирүү калтырышчу. Ошондо Эгеңерден силерге чоң сыноо болгон эле».

7. Эгеңер кабар кылды: «Эгер шүгүр кылсаңар, силерге (жакшылыктарымды) көбөйтөм, а эгер капырлык кылсаңар, анда азабым да катуу».

8. Муса айтты: «Эгер силер капыр болуп кетсеңер деле жер жүзүндө ким болбосун, баарысы тең шүгүрчүлүк кылбаса деле Алла (чексиз байлыктын) Ээси, Даңктуу Кудай!»

9. Силерден мурун өткөн Нухтун калкынын, Ад менен Самуддун, алардан кийинкилердин кабары силерге келбедиби? Аларды Алладан башка (бирөө да) билбейт. Аларга элчи-пайгамбарлары ачык далилдер менен келишкен болчу. Алар колдору менен ооздорун калкалашып айтышкан: «Силер эмнеге жиберилген болсоңор деле биз ага ишенбейбиз! Силер чакырганга бизде катуу шек бар, ага күмөн кылабыз».

10. Алардын элчилери айтышкан: «Аллага шектенесиңерби? (Жети кат) Асман менен жерди Жараткангабы? Ал силерди күнөөңөрдөн кечирим сурашка да, белгиленген мөөнөтүңөрдү (узартып) кечиктиришке да чакырып жатат». Алар айтышты: «Силер деле биздей эле адам экенсиңер. Бизди ата-бабаларыбыз кулдук кылгандардан тосушту каалап жатасыңар? Бизге ачык бийлик келтиргиле».

11. Элчи-пайгамбарлар айтышты: «Биз силердей эле адамбыз. Бирок, Алла кулдарынан кимге кааласа, ага ырайым кылат. Биз Алладан буйруксуз силерге бийлик келтиришибиз да мүмкүн эмес. Ыймандуу пенделер Аллага тобокел кылышсын!

12. А эмне үчүн бизди Туура жолго салган Аллага тобокел кылбайбыз? Ал бизди өз жолубузга салган жок беле? Силер бизди ыза кылсаңар деле биз ага сабыр кыла беребиз. Тобокел кылуучулар Аллага гана тобокел кылышсын!»

13. Капырлар элчи-пайгамбарларына айтышты: «Эгер силер биздин динибизге кайтып кирбесеңер, анда силерди жеribизден кууп чыгабыз!» Эгеси аларга жашыруун кабар берди: «Биз залимдерди кырып салабыз!

14. Алардан кийин жер (бетине) силерди жайгаштырабыз. Бул (кабар) ким (кыямат күнү) Менин алдымда туруштан корксо, (ким эскертилген) коркунучтардан корксо, (алар үчүн айтылды)».

15. Алар жардам сурашты. Каршылык көрсөткөн мыкаачылардын баарысы зыян тартты.

16. Мунун аркасынан (келечекте аларга) Тозок бар. (Анда аларга) ириңге айланган суу ичиришет.

17. Ал ууртгап ичкен болот, арак зорго жутат. Ага ар жактан (улам) өлүм келе берет. Бирок, ага өлүм да жок. Анын аркасынан ага оор азап да даяр.

18. Эгесине капыр болгондордун кылган иштери бороондуу күндө катуу шамал учурган күлгө окшош. Алар жасаган иштеринин эч бирине эз боло алышпайт. Бул – (чексиз) узак адашуу!

19. Алланын (жети кат) асман менен жерди жаратканы ак экенин көрбөдүңбү? Эгер Ал кааласа силерди кетирип жок кылат да, жаңы калкты алып келет.

20. Аллага бул кыйын деле эмес.

21. Алардын баарысы Аллага (кыямат күнү сурак бергени) чыгып турушат. Алсыздар текеберлик кылгандарга айтышат: «Биз силерди ээрчиген болчубуз. Силер бизди Алланын жазасынын бир аз болсо да куткара аласыңарбы?» (Беркилер) айтышат: «Эгер Алла бизди Туура жолго салса, биз да силерди Туура жолго салат элек. Биз (эми) кайгырсак да, сабыр кылсак да баары бир. Бизге кутулуш жок».

22. Иш бүтүп чечилгенде шайтан айтат: «Алла силерге ак убаданы убада кылды. Мен да силерге убада кылдым, (бирок) силерди алдадым. Менин силерди (азгырып) чакыргандан башка үстүңөрдөн бийлигим деле жок болчу. Өзүңөр мага жооп кылдыңар. Мени жемелебегиле, өзүңөрдү жемелегиле. Мен силерге жардам бере албайм. Силер да мага жардам бере албайсыңар. Мен мурда эле силердин мени (Аллага) шерик кылганыңарга каршы болчумун». Залимдер үчүн оор азап бар.

23. Ыймандуу пенделер менен жакшы иш кылгандар Эгесинин уруксаты менен алдынан дарыялар агып турган Бейиштерге киргизилет. Алар анда түбөлүк калышат. Алар Бейиште (бирин бири) «Салам!» деп куттукташат.

24. Алла жакшы сөздү тамыры (жерде) бекем орногон, бутагы асманга жеткен ыйык дарак сымал мисал келтиргенин көрбөдүңбү?

25. Ал Эгесинин уруксаты менен ар бир учурда жемишин бере берет. Алла калайыкка мисалдарды келтирип жатат. Балким, алар эсине алып жүрүшөөр.

26. Жаман сөздүн мисалы – тамыры жерден суурулган, турган ордун жоготуп куураган даракка окшош.

27. Алла ыймандуу пенделерди орундуу сөзү менен бул дүйнөдө да, тиги дүйнөдө да бекем орунга ээ кылат. Алла залимдерди адаштырат. Алла эмнени кааласа жасайт.

28. Алланын берген бак-таалайын капырлыкка алмаштыргандарды жана өз элин кыйрай турган журтка алып баргандарды көрбөдүңбү?

29. Алар (анда) Тозокко күйүшөбү? Ал кандай жаман жай!

30. Анын (Алланын) жолунан тосуш үчүн алар Аллага (буркандарды) теңдештиришти. Айт: «(Жашоонун) пайдасын көрө тургула! Барчу жериңер Тозок оту!»

31. Менин ыймандуу кулдарыма айт: «Сатып алыш да жок, достук да жок күн жетип келгиче намазды аткарышсын, Биз берген ырыскылардан жашыруун да, ашкере да каржылашсын».

32. Алла (жети кат) асман менен жерди жаратты. Асмандан сууну түшүрдү. Аны менен силерге ырыскы кылып жемиштерди өстүрүп чыгарды. Анын уруксаты менен деңизде (сүзүп) жүрүш үчүн силерге кемени баш ийдирди. Ал дарыяларды да силерге баш ийдирди.

33. Ал силерге токтобой айланган Күн менен Айды да, түн менен күндү да баш ийдирди.

34. Ал силерге сурагандын баарысын берди. Эгер силер Алланын берген бак-таалайын эсептесеңер, санап да бүтө албайсыңар. Инсан – залим, шүгүрчүл да эмес.

35. ...Бир убакта Ибрахим айтты: «Эгем! Бу шаарды[3] аман асыра! Мени да, менин балдарымды да буркан таштарга кулдук кылышыбыздан сакта!

36. Эгем! Алар калайыктын көпчүлүгүн жолдон адаштырды. Ким мени ээрчисе, ал мени менен болду. А ким мени укпаса... Ырайымдуу да, Кечирүүчү да Өзүңсүң!

37. Эгебиз! Мен эгин өспөгөн өрөөндөгү Сенин Ыйык Үйүңдүн (Каабанын) алдында перзентимди жайгаштырдым. Эгебиз! Аларды намаз окугандардан кыл! Аларга калайыктын көңүлүн бур! Аларга жемиштерден ырыскы жеткир! Балким алар шүгүр кылышаар.

38. Эгебиз! Сен биздин купуя кылганыбызды да, ашкере кылганыбызды да билесиң. Алладан Асманда да, Жерде да эч нерсе жашыруун калбайт!

39. Аллага шүгүр! Ал мага карыганда Исмаил менен Исхакты берди! Менин Эгем (кылган) дубаны угат!

40. Эгем! Мени да, менин урпактарымды да намазды аткаргандардан кыл! Эгебиз! Менин дубамды кабыл кыл!

41. Эгебиз! Мени да, менин ата-энемди да, ыймандуу пенделерди да эсеп берчү күндө кечир!»

42. Алланы залимдердин кылып жаткан иштеринен капарсыз экен деп санаба! Ал алардын (мөөнөтүн) бакырайып көздөр карай турган күнгө чейин гана узартып жатат.

43. (Кабырдан) баш көтөрүшүп эле шашып жөнөшөт. Аларга көрө турган көздөрү да кайрылып келбейт. Көкүрөктөрү да бош.

44. Калайыкка азап келе турган (ушундай) күндү эскерт. Залимдер айтышат: «Эгебиз! Бизге мөөнөтүбүздү жакындатпай кечиктире тур. Биз Сенин чакырыгыңа жооп кылабыз, пайгамбарларыңа ээрчийбиз». (Аларга айтылат): «Мындан мурун силер эч кандай өзгөрүш (тирилиш) деле жок деп касам ичкен жок белеңер?

45. Силер өздөрүнө залимдик кылгандардын журттарында жашап турдуңар. Биздин аларга кандай (азап) кылганыбыз да силерге ачык болду. Силерге Биз мисалдарды да келтирдик».

46. Алар айлакердик менен айла кылышты. Алардын айласы да Алланын алдында турат. Алардын айласы (ишке ашкан болсо) тоо да жоголот болчу.

47. Алланы пайгамбарларына берген убадасын бузат деп эсептебе. Кудуреттүү да, Каардуу да Алла Өзү!

48. Ал күнү асмандар да, (ошондой эле) жер да башка жерге алмаштырылат. Алар Жалгыз, Каардуу Алланын алдына келип турушат.

49. Ошол күнү күнөөкөрлөрдүн чынжырларга байланып турганын көрөсүң.

50. Кийим-кечеси суюк желимден (жасалган болот). Беттерин от куйкалап турат.

51. (Анткени), Алла ар бир жанды жасаган ишине ылайык жазалаш керек болчу. Алла эсеби тез Кудай.

52. Бул (кабар) калайыкка жетиш керек. Аларга эскертилсин. Анын Жалгыз Кудай экенин билишсин. Акыл ээлери эстеп жүрүшсүн.

15. ХИЖР СҮРӨӨСҮ[1]

ХИЖР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алиф, Лам, Ра. Бул – Жазуунун аяттары; түшүнүктүү Куран аяттары.

2. Капырлар деле, балким, мусулман болсок деп каалашса керек.

3. Аларды ташта! Жей беришсин, пайдалана беришсин. Үмүттөрү аларды арбай берет. Жакында (муну) билишет.

4. Бир да калааны Биз жазылган мөөнөтүнөн башка учурда кыйраткан эмеспиз.

5. Ар бир үмөт мөөнөтүн алдыга өткөрө да, аркага жылдыра да албайт.

6. Алар айтышты: «Эй, өзүнө эскертүү түшүрүлгөн! Сен жиндисиң!

7. Эгер чын сүйлөгөндөрдүн бири болсоң, бизге эмнеге периштелерди алып келбедиң?»

8. Периштелерди Биз акыйкаттан башка учурда түшүрбөйбүз. Андай болсо аларга мөөнөт да берилбейт болчу.

9. Эскертүүнү Биз түшүрдүк. Аны да Биз Өзүбүз сактайбыз.

10. Сенден мурдагыларга, оболку элдерге да (элчилерди) жөнөткөнбүз.

11. Аларга келген элчи-пайгамбарды шылдыңдашпай коюшкан эмес.

12. Биз аны күнөөкөрлөрдүн жүрөгүнө ушинтип киргизип коёбуз.

13. Алар ага ишенишпейт. Мурункулардын адаты деле ушундай болгон.

14. Эгер Биз аларга асмандан бир эшигин ачкан болсок, алар ага көтөрүлүшкөн болсо,

15. айтышат болчу: «Көргөнүбүз бизди мас кылды, биз сыйкырланып калган эл болдук».

16. Биз асманга мунараларды[2] койгонбуз. Карап тургандарга аны ажайып кооз көрсөттүк.

17. Биз аны таш бараңга алынган ар бир шайтандан сактадык.

18. Ким уурданып келип уккусу келсе, ага жарык шоола кууп жетет.

19. Биз жерди жайдык. Ага кебелбей тургандарды (тоолорду) жайгаштырып таштадык. Андан ар бир нерсени чени менен чыгардык.

20. Биз анда силерге да, силер ырыскы бербегендерге да азык-түлүк жараттык.

21. Бизде ар кандай нерсенин казынасы бар. Биз андан так эсептелген чени менен түшүрөбүз.

22. Биз чаңдаштыруучу шамалды жөнөттүк. Асмандан сууну түшүрдүк. Аны силерге ичирип жатабыз. Аны силер сактап турган эмессиңер.

23. Биз тирилтебиз, өлтүрөбүз. Биз – Ээсибиз.

24. Биз силерге чейинки өткөндөрдү да (алдын ала) билгенбиз. Кийинки келе тургандарды да (алдын ала) билгенбиз.

25. Эгең аларды (кыямат күнү) жыйнайт. Даанышман да, Билүүчү да Ал Өзү.

26. Биз инсандын тулку боюн шыңгырап кургаган ылайдан жаратканбыз.

27. Андан мурда дуулдаган оттон жиндерди жаратканбыз.

28. ...Бир убакта Эгең периштелерге айтты: «Мен адамды тулкусун шыңгырап кургаган ылайдан жаратам.

29. Мен аны (мүчөлөрүн) теңдештиргенден кийин Өз рухумдан үйлөп ага киргизгенимде, силер ага баш ийип сажда кыласыңар».

30. Периштелердин бүт баарысы топтолуп ага сажда кылышты.

31. Иблистен башкасы. Ал сажда кылгандар менен бирге болбой текеберлик кылды.

32. Ал (Алла) айтты: «Эй, Иблис! Сага эмне болду? Сажда кылгандар менен бирге болбодуң го».

33. Ал айтты: «Мен тулкусун шыңгырап кургаган ылайдан жараткан адамыңа сажда кыла албайм».

34. Ал айтты: «Сен мындан чык! Сен ташбараңга калдың.

35. Сен кыямат күнгө чейин каргышка калдың!»

36. Ал айтты: «Эгем! Алар кыямат күнү тирилгенге чейин мага мөөнөт бер».

37. Ал айтты: «Сен мөөнөт берилгендердин бирисиң.

38. Маалым болгон күнгө чейин».

39. Ал айтты: «Эгем! Мени адаштырганың үчүн мен да алардын баарысын Жер бетинде бүйүрүн кызытып арбай берем, адаштыра берем.

40. Калыс кулдарыңдан башкасын».

41. Ал айтты: «Менин ушундай Туруктуу жолум[3] бар.

42. Сени ээрчибей, адашпай жүргөн Менин кулдарыма сенин бийлигиң жок».

43. Адашкандардын баарысына убада кылынган Тозок (Жаханнам) жайы бар.

44. Анын жети дарбазасы бар. Ар бир дарбазадан бир бөлүгүнө (кирет).

45. Такыба пенделер бактар менен булактарга (Бейишке кире турган болгондо айтылат):

46. «Киргиле, тынч-аман болгула!»

47. Аларды бир тууган кылып, көкүрөктөрүнөн кыянатчылыкты да чыгарып салганбыз. Алар бири-бирине бет маңдай сөөрү үстүндө олтурушат.

48. Аларга анда эч кандай кыйынчылык жетпейт, андан эч качан чыгарылбайт.

49. Кулдарыма кабар бер! Мен Кечиримдүү, Ырайымдуу Кудаймын!

50. Менин азабым да бар. Ал – оор азап.

51. ...Аларга Ибрахимдин конокторунан кабар бер.

52. Бир убакта (периштелер) ага келишти да, салам айтышты. Ал айтты: «Биз силерден коркуп турабыз».

53. (Алар айтышты): «Коркпо! Биз сага билимдүү баланы сүйүнчүлөйбүз».

54 Ал айтты: «Мага карылык келгенде сүйүнчүлөйсүңөрбү? Эмне деп мени сүйүнтөсүңөр?»

55. (Алар айтышты): «Биз сага чындыкты сүйүнчүлөдүк. Үмүт үзгөндөрдөн болбо!»

56. (Ибрахим) айтты: «Эгесинин рахматынан адашкандардан башка ким үмүт үзмөк эле?»

57. (Дагы) айтты: «Эй, элчилер! Силерде кандай милдет бар?»

58. Алар айтышты: «Биз күнөөкөр элге жөнөтүлдүк.

59. Луттун үй-бүлөсүнө эмес. Биз (анын үй-бүлөсүндөгүлөрдүн) баарысын куткарабыз.

60. Бирок, аялынан башкасын. Биз (муну) чечип койгонбуз. Ал (аял кутулбай) калгандардын бири».

61. Элчилер Луттун үй-бүлөсүнө келгенде,

62. (Ал) айтты: «Силер бейтааныш элден экенсиңер».

63. (Алар) айтышты: «Ооба, алар күмөн кыла беришкенинен улам биз сага келдик.

64. Биздин сага келгенибиз ак. Биз чын сүйлөйбүз.

65. Түн бир оокумда үй-бүлөң менен жолго чык, алардын аркасынан ээрчий жүр. Силерден эч ким аркасын кылчайып карабасын. Буйрук болгон жерге жеткенче токтобогула».

66. Биз ага бул ишти чечтик. Таңга маал тигилердин акыркысына чейин жок болду.

67. Шаар калкы (ошондо) сүйүнүп жетип келишкен болчу.

68. Ал (Лут) айтты: «Булар менин конокторум, мени уят кылбагыла.

69. Алладан корккула! Мени шерменде кылбагыла!»

70. Алар айтышты: «Биз сага ааламдардан (келген конок болсо да коргобойсуң деп) тыйбадык беле?»

71. Ал айтты: «Мына, кыла турган ишиңер болсо, кыздарым турат».

72. Сенин өмүрүңдү (күбө кылып) касам берем! Алар мас, темселеп жүрүшөт.

73. Күн чыгарда аларга бир чаңырык жетти.

74. Биз ал (шаарды) үстүн астына каратып оодардык. Анын үстүнөн кесек таштарды жаадырдык.

75. Көз салып карагандарга мында аяттар бар.

76. Алар жол боюнда[4] турушчу.

77. Ыймандуу пенделерге да мында аяттар бар.

78. Аль-Айканын[5] тургундары да залим болчу.

79. Биз алардан өч алдык. Алардын экөөсү тең чоң жолдон көрүнүп турчу.

80. Аль-Хижрдин тургундары[6] элчи-пайгамбарларды жалганчы кылышты.

81. Биз аларга аяттарыбызды келтирдик, алар андан жүз бурушту.

82. Алар аман калыш үчүн тоолорду кыркып үй курушат эле.

83. Аларга таң заарда бир чаңырык жетти.

84. Алардын жасаган иштери аларды куткарган жок.

85. Биздин (жети кат) асман менен жерди, алардын арасындагыларды жаратканыбыз ак. Саат (кыямат) да келет. Жакшы жүз менен жүз бур.

86. Жаратуучу да, Билүүчү да Эгең Өзү.

87. Биз сага жети кайталануучуну жана Улук Куранды бердик.

88. Биздин алардын кээ бирине пайдаланыш үчүн кош-коштоп бергендерибизге көз кырыңды салба. Аларга кейибе. Ыймандуу пенделерге канатыңды кагып, ийил.

89. Айт: «Мен (силерге) ачык эскертүүчүмүн».

90. Бөлүүчүлөргө түшүргөнүбүздөй,

91. алар Куранды бөлүк-бөлүк кылышты.

92. Эгеңе ант, алардын баарысын суракка алабыз!

93. Кылган иштеринен (сурак беришет).

94. Өзүңө келген буйруктарды ачык айт. Мүшүрүктөрдөн жүз үйрү.
95. Биз сени шылдың кылгандардан куткардык.
96. Алар Алла менен бирге башка кудай да бар дешип (буркандарды) жасап жатышат. Алар (адашкандарын) жакында билишет.
97. Биз алардын айткандарына сенин көкүрөгүң кысылып жатканын да билебиз.
98. Эгеңди даңктап тасбих айт, сажда кылгандардан бол.
99. Сага йакын[7] келгиче кулдук кыл!

16. НАХЛ СҮРӨӨСҮ[1]

БАЛ ААРЫ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алланын буйругу келди. Аны шаштырбагыла. Субхана! Ал алар сыпаттагандан да бийик!
2. Өз буйругу менен Ал кулдарынан кимге кааласа, (ага) Рух менен бирге периштелерди түшүрөт: «Эскерткиле! Андан башка Кудай жок. Менден гана корккула!».
3. Анын (жети кат) асман менен жерди жаратканы ак! Алардын кошкон шериктеринен Ал бийик!
4. Ал инсанды бир тамчыдан жаратты. (Ошондой болсо да), ал – ачык душман.
5. Ал малды да жаратты. Силерге алардан жылуулук да, башка пайдалар да бар. Алардан жеп да жатасыңар.
6. Алар айдап чыкканыңарда да, айдап келе жатканыңарда (көзүңөргө) жакшы (көрүнөт).
7. Шаарларга өзүңөр кыйналып араң жеткире турган жүктөрүңөрдү алар көтөрүп жеткирип жатат. Боорукер да, Ырайымдуу да Эгеңердин Өзү!
8. Аттарды, качырларды, эшектерди минишиңер үчүн, (мындан башка) кооздук үчүн (жараткандары да бар). Ал (мындан башка) биле элегиңерди да жаратат.
9. Түз жол – Аллага (багыт алган жол). (Жолдордон) кыйыш кеткени да бар. Алла каалаган болсо баарысын Туура жолго салат болчу.
10. Ал силерге асмандан сууну түшүрдү. Андан силерге иче турганы да бар. Аны менен силердин мал жайытыңардан даректарды (да өстүрүп чыгарат).
11. Аны менен силерге эгинди, зайтунду, курманы, жүзүмдөрдү жана ар кыл жемиштерди өстүрүп жатат. Мында пикир кылган калайык үчүн аят бар.

12. Ал силерге түн менен күндү жана Күн менен Айды баш ийдирди. Жылдыздар да Анын буйругуна баш ийет. Акыл жүгүрткөн калайык үчүн мында аяттар бар.
13. Силер үчүн Ал өстүргөн жер бетинде ар кыл түскө ээ өсүмдүктөр бар. Эсине алган калайыкка мында да аят бар.
14. Алла силерге улам жаңы эт жеп турушуңар үчүн жана кооздук үчүн тага тургандарды да андан таап чыгышыңар үчүн деңизди баш ийдирди. Андан ырайым тилеп толкундарды жиреп бара жаткан кемени да көрүп жатасың. Балким, силер шүгүр кыларсыңар.
15. Ал Жер менен бирге чайпалып кетпешиңер үчүн анын үстүнө бекем турган (тоолорду) орнотуп таштады. (Анда) дарыяларды да, жолдорду да (жаратты). Балким, туура жолдо жүрөрсүңөр.
16. Ал белгилерди да (жаратты). Алар жылдызга карап да жол таап жүрө алышат.
17. Жаратканга жарата албаган окшойбу? Эс-акылыңарга келбейсиңерби?
18. Эгер Алланын берген бак-таалайын (жакшылыктарын) санасаңар деле санап бүтө албайсыңар. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!
19. Алла жашырганыңарды да, ачык жасаганыңарды да билип турат.
20. Алладан башка алардын сыйынган (буркандары) эч нерсени жаратыша албайт. Алардын өздөрү деле жаратылып жатат.
21. Алар – өлүк, тирүү эмес. Качан тирилишээрин өздөрү да билишпейт.
22. Силердин кудайыңар – Жалгыз Кудай. Акыретке алардын жүрөктөрү ишенбей (каршы болуп) жатат. Алар – текебер пенделер.
23. Күмөн жок! Алла алардын жашыргандарын да, ачык жасагандарын да билип турат. Алла текебер пенделерди сүйбөйт.
24. Аларга «Эгеңер эмне түшүрдү?» – десе, айтышат: «Мурункулардын жомоктору экен».
25. Алар кыямат күнү өздөрүнүн бардык күнөөлөрүн, дагы өздөрү билбей туруп жолдон адаштыргандардын күнөөлөрүн да көтөрүшсүн! Алардын көтөргөндөрү кандай жаман!
26. Алардан мурункулар да куулук кылышкан болчу. Алла алардын имаратын пайдубалынан кулатты. Жогору жагынан алардын өздөрүнө чатыры кулап түштү. Аларга азап күтпөгөн жактан келди.
27. Андан кийин кыямат күнү Алла аларды кор кылат. Аларга айтат: «Менин шериктерим кайда? Алар тууралуу талаш кылган болчусуңар». Илим ээлери айтат: «Бүгүн кордук менен жамандык капырларга!»
28. Өздөрүнө зулумдук кылгандардын жанын периштелер алышат. Алар моюн сунуп турушат. (Айтышат): «Жамандык жасаган эмес элек». (Периштелер айтышат): «Жок! Силердин эмне кылганыңарды Алла жакшы билет.

29. Ичинде түбөлүк калыш үчүн Тозоктун эшиктеринен киргиле!» Текебер пенделердин турган жайы кандай жаман!

30. Такыба пенделерге: «Эгеңер эмне түшүрдү?» деп айтылса, айтышат: «Жакшылык!» Бул дүйнөдө жакшылык кылгандар үчүн жакшылык бар. Акырет журту (мындан) да жакшы. Такыбалардын турган жайы кандай жакшы!

31. Алар алдыларынан агып турган дарыялары бар Адну (Бейишине) киришет. Алар үчүн анда каалагандарынын баары бар. Такыба пенделерге Алла ушундай энчи берет.

32. (Такыбалардын) жанын периштелер мээрими менен алышат. Аларга айтышат: «Салам алэйкум!»[2] Кылган ишиңер үчүн Бейишке киргиле!»

33. Алар периштелердин келишин же Эгеңдин буйругу келишин күтүп жатышабы? Алардан мурункулар да ушундай кылышкан болчу. Алла аларга зулумдук кылган жок, алар өздөрүнө өздөрү зулумдук кылышкан эле.

34. Аларга эмне жамандык кылышкан болсо өздөрүнө жетти. Шылдың кылган нерселерине да өздөрү батып калды.

35. Мүшүрүктөр Аллага айтып жатышат: «Эгер Алла каалаган болсо, анда биз да, ата-бабаларыбыз да Андан башка эч бир нерсеге кулдук кылбайт болчубуз. Анын (буйругу жок) эч нерсени арамга да чыгарбайт элек». Алардан мурункулар да ушундай кылышкан. Элчи-пайгамбарларга ачык жеткириш милдет эмес беле?

36. Ар бир үмөткө элчи-пайгамбар жибергенбиз. (Алар айтышкан): «Аллага гана кулдук кылгыла! Тагутка (буркандарга) сыйынбагыла!» Алардан кээ бирлерин Алла Туура жолго салган эле. Кээ бирлеринин адашканы да акыйкат болчу. Жер жүзүн кыдыргыла! Жалганга чыгаргандардын акыбети кандай болгонун карап көргүлө!

37. Эгер сен аларды Туура жолго тартышка тырышсаң деле Алла адаштырган бирөөнү Туура жолго сала албайсың. Алар үчүн жардам берүүчү да жок.

38. Алар: «Ким өлгөн болсо, аны Алла тирилтпейт», – дешип, Алланы айтып бекем ант ичишти. Жок! (Өлгөндү тирилтиш боюнча) Анын убадасы ак. Бирок, калайыктан көпчүлүгү (муну) билишпейт.

39. Муну талашкандарга ачык көрсөтүш үчүн жана капырлардын жалганчылыгын өздөрүнө билдириш үчүн (Алла өлгөндөрдү кайра тирилтет).

40. Кандайдыр бир нерсенин болушун кааласак, Биз «Бол!» деген сөздү айтарыбыз менен ал болот.

41. Аларга зулумдук кылышкандан кийин Алла үчүн көчкөндөрдү дүнүйөдө жакшы журтка жайгаштырабыз. Эгер билишкиси келсе, акыреттик энчи абдан чоң.

42. Анткени, алар сабыр кылышты. Аллага тобокел кылып жатышат.

43. Сенден мурун да жалаң эркек кишилерди элчи-пайгамбар кылып жөнөттүк. Аларга жашыруун кабар бергенбиз. Эгер билбесеңер, Зикир ээлеринен сурагыла.

44. (Элчи-пайгамбарларды) ачык далилдер жана Жазуулар менен (жибердик). Сага да аларга түшүрүлгөндү ачык түшүндүрүп беришиң үчүн Зикирди (Куранды) түшүрдүк. Балким, алар пикир жүргүзүшөөр.

45. Куулук менен жамандык жасагандар Алланын буйругу менен жер жутуп кетишинен, же күтпөгөн жактан аларга азап жетишинен аман калышат бекен?

46. Же, (жер кезип) айланып жүрүшкөндө апаат жетип (аргасыз) кутула алышпай калсачы?

47. Же, коркунуч курчап туруп калсачы? Боорукер да, Ырайымдуу да Эгеңердин Өзү!

48. Алар Алла жараткан нерселер тынч турса деле, көлөкөлөрү оңго, солго айланып, Аллага сажда кылып жатышканын көрүшпөдүбү?

49. (Жети кат) Асман менен жердеги ар бир жаныбар, периштелер да Аллага сажда кылып турушат . Алар текеберлик кылышпайт.

50. Өздөрүнүн үстүнөн (бийлик кылган) Эгесинен коркушат. Берилген буйруктарын жасашат.

51. Алла айтты: «Эки кудайга сыйынып албагыла. Ал – Жалгыз Кудай! Менден гана корккула!»

52. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Аныкы. Анын дини - түбөлүк. Алладан башкадан да коркосуңарбы?

53. Силерге бүткөн бак-таалай бир гана Алладан! Ошондон кийин силерге балээ жетсе, (ошондо гана) Ага жалбара баштайсыңар.

54. Кийин силерге жеткен балээни алып салса, бир бөлүгүңөр (кайрадан) Эгеңерге шерик кошуп жатасыңар.

55. Анткени, Биздин бергендерибизге алар ишенбей коюшу керек болчу. Пайдалана бергиле! Жакында билесиңер.

56. Алар Биздин берген ырыскыларыбыздан эмне экенин билбегендерге (буркандарга) насибе берип жатышат. Аллага касам! (Муну) жалгандан ойлоп тапканыңар үчүн суракка тартыласыңар!

57. Алар Алланын кыздары бар деп жатышат. Субхана! Өздөрү үчүн эмне кааласа кыла беришет.

58. Алардын бирөөсүнө кыз (туулганы) сүйүнчү айтылса, ачуусун тыйганына карабай (жаалы келип) бети карайып чыгат.

59. (Мындай) айтылган жаман сүйүнчүдөн (кийин) калайыктан жашырына баштайт. Аны (туулган кызды) кордукка салыш керекпи, же топуракка көмүш керекпи ? Алар кандай жаман өкүм чыгарып жатышат!

60. Акыретке ишенбегендердин (келтирген) мисалында жамандык бар. Алланын (келтирген) мисалы өтө бийик. Улук да, Даанышман да Ал Өзү!

61. Алла калайыкты зулумдугуна карап жазалай турган болсо, анда жер бетинде бир да жаныбар калбайт болчу. Бирок, аларды Ал белгилүү бир мөөнөткө чейин (мөөнөтүн) кечиктирип турат. Алардын мөөнөтү жетип келсе, алар аны бир саат аркага да кечиктире алышпайт, алдыга да жылдыра алышпайт.

62. Алар өздөрүнө жакпагандарды Аллага ыйгарышат. Өздөрүнө жакшылык бар деп тилдери менен жалган айтып жатышат. Шек жок, аларга Тозок оту бар. Алар (ага) сүйрөлүп барышат.

63. Аллага касам! Сенден мурунку үмөттөргө да (элчи-пайгамбарларды) жибергенбиз. Шайтан аларга кылган иштерин ажайып кооз кылып көрсөткөн эле. Бүгүн ал алардын коргоочусу. Аларга оор азап бар.

64. Биз сага Жазууну алардын талашкандарын ачык түшүндүрүп бериш үчүн жана ыймандуу калайык үчүн Туура жол жана рахмат кылып түшүрдүк.

65. Алла асмандан сууну түшүрдү. Аны менен өлгөндөн кийин да (куураган) өлүк жерди жандандырды. Мында уга турган калайыкка аят да бар.

66. Силер үчүн малда да ибрет бар. Силерден иче тургандарга малдардын курсагындагы каны менен акылетинин[3] арасынан чыккан жагымдуу, таза сүттү ичирип жатабыз.

67. Курма менен жүзүмдөрдүн жемиштеринен мас кыла турган (ичимдиктерди) да, жакшысын да ырыскы кылып алып жатасыңар. Мында акыл-эси бар калайыкка аят да бар.

68. Сенин Эгең бал аарыга кабар берди: «Тоолорго, даректарга, салынган курулуштарга үй (уюк) куруп ал.

69. Ар кыл жемиштердин (ширесинен) сор. Андан кийин Эгеңдин жеңил үйрөткөн жолдору менен жөнө». Анын ичинен чыккан (балдан) ар кыл түстө ичимдиктер чыгат. Анда калайык үчүн шыпаа бар. Мында пикир жүргүзгөн калайык үчүн аят да бар.

70. Алла силерди жаратты. Андан кийин жаныңарды да алат. Силерден кимдир бирөөлөрүңөр билгенин (да кийин) билбей калыш үчүн картайып төмөн даражада (жашай турган) өмүргө кайтарыла тургандар да бар. Билүүчү да, Кудуреттүү да Алла Өзү!

71. Алла бириңерден бириңердин ырыскысын артык кылды. Артыкча (ырыскыга) ээ болгондор кол алдындагылардыкын бербей жатышат. Алар ага барабар (тең шерик) болчу. Алар Алланын бак-таалайына каршы туруп жатышабы?

72. Алла (бири бириңерге) өзүңөрдөн жубайларды жаратты. Жубайларыңардан силерге бала-чака, неберелерди берди. Таза ырыскылардан да берди. Алар жалганга (буркандарга) ишенип жатышабы? Алланын бак-таалайына ишенбей жатышабы?

73. Алар Алланын ордуна алар үчүн асмандардан (түшүрүп), жерден (чыгарып) эч кандай ырыскы буйруп бере албаган жана жардам да бере албагандарга (буркандарга) кулдук кылып жатышат.

74. Аллага мисал келтирбегиле! Алла билет, силер билбейсиңер!

75. Алла эч нерсеге эрки жок бир кулду мисал келтирди. Анын эч нерсеге күчү жетпейт. Бизден кимдир бирөөгө жакшы ырыскы берилген болсо, ал аны жашыруун да, ашкере да каржы кылып жатат. Булар (бири-бирине) тең боло алабы? Аллага шүгүр! Бирок, алардын көбү эле (муну) билишпейт.

76. Алла эки кишини мисал келтирди. Алардын бири дудук, эч нерсеге жарабайт. Ал кожоюнуна түшкөн жүк. Аны кайда жумшаса деле жакшылап бүтүрүп келбейт. Бул (дудук) адилеттүүлүктү буйруган, Туруктуу жолдо жүргөн кимдир бирөөгө теңби?

77. (Жети кат) Асман менен жердеги сырларды Алла (билет). Сааттын (кыяматтын) буйругу көз ачып жумгуча же андан да тез келет. Алла бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

78. Алла силерди энеңердин курсагынан чыгарды. Эч нерсени билген жоксуңар. Ал силерге уга турган (кулакты) да, көрө турган (көздү) да, (сезе турган) жүрөктү да берди. Балким, шүгүр кыларсыңар.

79. Алар асмандан ободо (түшүп кетпей) баш ийип учуп бара жаткан кушту көрүшкөн жокпу? Аларды Алла гана кармап турат. Мында ыймандуу калайык үчүн аяттар да бар.

80. Алла силер үчүн үйлөрүңөрдү турук жай кылды. Силер үчүн малдын терилеринен көчүп-конуп жүргөн-турган күндөрүңөрдө жеңил ташый турган чатыр үйлөрдү берди. (Силерди) алардын жүндөрүнөн, тыбыттарынан, кылдарынан буюмдарды (жасап), бир мезгилге чейин пайдалана турган кылды.

81. Алла силер үчүн Өзү жаратканынан көлөкө берди. Силерге тоолордон башпаанек да берди. Силерге ысыктан сактай турган кийимдерди да, кырсыктуу коркунучтан сактай турган кийимдерди (курал-жарактарды) да берди. Ушинтип Өзүнүн бак-таалайын толук берип жатат. Балким, моюн сунарсыңар.

82. Эгер алар баш тартышса да... Ачык (кабар) жеткириш сенин милдетиң.

83. Алар Алланын берген бак-таалайын билишет. Андан кийин аны четке кагышат. Алардын көпчүлүгү эле капыр.

84. Кыямат күнү ар бир үмөттөн (өзүнө каршы) бир күбөнү жиберебиз. Ошондон кийин капырларга уруксат да берилбейт, аларга ырайым да кылынбайт.

85. Залимдер азапты көрүшсө, (ошондон кийин) алардын азабы жеңилдетилбейт, аларга мөөнөт да берилбейт.

86. Мүшүрүктөр буркандарын көргөн кезде айтышат: «О, Эгебиз! Биздин Сенин ордуңа сыйынган буркандарыбыз ушулар болчу!» Алар (буркандар мүшүрүктөргө) сөз ыргытышат: «Силер баарыңар жалганчысыңар!»

87. Алар (капырлар) ошол күнү Аллага моюн сунушат! Алардын ойлоп тапкан буркандары алардан адашып айрылат.

88. Капырларга жана Алланын жолунан тоскондорго бузукулук кылгандары үчүн азабынын үстүнө азап кошобуз.

89. Кыямат күнү ар бир үмөттөн бирден күбөнү алардын өздөрүнө каршы жиберебиз. Сени буларга каршы күбө кылабыз. Биз сага мусулмандар үчүн ар нерсени түшүндүргөн Жазууну түшүрдүк. (Аны аларга) Туура жол да, рахмат да, сүйүнчү кабар да (кылдык).

90. Алла адилеттүүлүктү, жакшылыкты, жакын туугандарга жакшылык кылышты, ыпылас иштерди, тыюу салынган иштерди, залимдик кылбашты буйрук кылып жатат. (Муну силерге) насаат кылып жатат. Балким, эстеп жүрөрсүңөр.

91. Аллага убада берсеңер, убадаңарды аткаргыла. Антыңарды бекиткенден кийин бузбагыла. (Анткени), Алланы өзүңөргө кепил кылгансыңар. Алла эмне кылып жатканыңарды билип турат.

92. Жибин мыктап ийиргенден кийин кайра жазып жиберген аялдай болбогула. Бул жамаат тиги жамааттан артык деп араңардагы антыңарды алдамчылыкка айлантып жатасыңар. Алла ушуну менен да сынайт. Ал талаш-тартышыңарды кыямат күнү силерге ачык түшүндүрүп берет.

93. Эгер Алла кааласа, силерди бир эле үмөт кылат эле. Бирок, Алла кимди кааласа адаштырат, кимди кааласа Туура жолго салат. Кылган иштериңерден сураласыңар.

94. Кадамыңар бекем тургандан кийин да тайып кетпеш үчүн ортоңордогу анттарыңарды алдамчылыкка айландырбагыла. Алланын жолунан (алдамчылык кылып башкаларды) тосконуңар үчүн да анын жамандыгын тартасыңар. (Андай кылсаңар) силерге чоң азап бар.

95. Алланын убадасын арзыбаган баага сатып жибербегиле. Эгер билгиңер келсе, силерге Алланын алдындагы (убада) жакшы.

96. Силердеги бар нерсе түгөнөт, Алланыкы түбөлүк (түгөнбөйт). Сабыр кылгандардын акыбетин кылганынан да жакшы кылып беребиз.

97. Ыйманга кирген эркек болсо да, аял болсо да, ал ыймандуу пенде болот. Биз аны (өлгөндөн кийин да кайра) жакшы жашоого тирилтебиз.

Алардын кылган иштеринин акыбетин кылганынан да жакшы кылып беребиз.

98. Куран окуй турган болсоң, таш бараңга калган шайтандан Алланын сакташын сура.

99. Ыймандуу пенделерге, Эгесине тобокел кылгандарга анын бийлиги деле жок.

100. Анын бийлиги аны дос кылгандарга, Ага (Аллага) шерик кошкон мүшүрүктөргө эле бар.

101. Биз бир аяттын ордун башка бир аят менен алмаштырсак, алар айтып жатышат: «Сен ойлоп таап жатасың». Жок! Алардын көпчүлүгү (муну) билбей жатышат. Алла эмнени түшүрүп жатканын жакшы билет.

102. Айт: «Аны (Куранды) ыймандуу пенделерди Туура жолго бекемдеш үчүн жана мусулмандарга сүйүнүчтүү кабарды (жеткириш үчүн) сенин Эгеңден Жабраилдин (Рух аль-Куддустун) түшүргөнү ак.

103. Биз билебиз. Алар айтып жатышат: «Куранды ага (Мухаммедге) бир адам үйрөтүп жатат». Алар башка тилдеги (адамды) көрсөтүп жатышат. А бул (Куран) даана араб тилинде (түшүп жатат).

104. Алар Алланын аяттарына ишенбей жатышат. Алла аларды Туура жолго салбайт. Алар үчүн оор азап бар.

105. Алар Алланын аяттарына ишенбей өз ойлорунан жалгандарды да ойлоп таап жатышат. Булар – жалганчылар.

106. ...Кимдир бирөө жүрөгүнө зордук жасалбаса деле жүрөгүнө ыйман орноп тынчтык тапкандан кийин кайра көкүрөгүн капырлыкка ачса, андайларга Алланын каары бар. Аларга чоң азап да бар.

107. Анткени, булар акыреттин ордуна бул дүнүйөлүк жашоону сүйүштү. Капыр калайыкты Алла Туура жолго салбайт.

108. Булардын жүрөктөрүн да, уга турган (кулактарын) да, (көрө турган) көздөрүн да Алла бекитип жаап салган болчу. Булар – капылет калгандар.

109. Алардын акыретте да кусур ургандар экенине шек жок!

110. ...Сенин Эгеңдин жапа тартышкандан да кийин көчүп барышкан, согушка барышкан, сабыр кылышкан (кулдары бар болчу). Андан кийин (аларга) сенин Кечиримдүү, Ырайымдуу Эгеңдин (ырайымы болду).

111. Кыямат күнгө ар бир жан өзүн куткарыш үчүн келет. Ар бир жанга өзү жасаган иштеринин жазасы берилет. Аларга зулумдук кылынбайт.

112. Алла аман-эсен тынч турган кыштакты мисал келтирди. Ага ырыскысы ар кайсы жерден кенен-кесир келип жатат эле. Ошондо Алланын берген бак-таалайына (калаанын тургундары) капырлык кылышты. Алла аларга жасаган иштери үчүн ачтык менен коркунучтун тонун (жаап азап) жегизди.

113. Аларга өздөрүнөн элчи-пайгамбар келди. Аны жалганчы кылышты. Ошондо аларды азап чырмаган. Алар залим пенделер болчу.

114. Алланын силерге берген адал жана таза ырыскысынан жегиле. Эгер Анын бир Өзүнө гана кулдук кыла турган болсоңор, анда Алланын берген бак-таалайына шүгүр кылгыла.

115. Силерге өлүмтүктү, канды, чочконун этин жана Алланын (жолунан башкага) багышталгандарды арам кылды. Ким залимдик кылбай, чектен ашпай, (а бирок жан аргасы үчүн жегенге аргасыз болсо, мындай учурда ага күнөө эмес). Кечирүүчү да, Ырайымдуу да Алла Өзү.

116. Аллага жалганды ойлоп табыш үчүн жалганды сайрап жаткан тилиңер менен «Бул – арам, а бул – адал» деп айта бербегиле. Аллага жалганды ойлоп тапкандар бак таба алышпайт.

117. (Дүнүйөлүк жашоонун) пайдасы аз. (Жалганды ойлоп тапкандар үчүн) оор азап бар.

118. Жөөттөргө арам кылынган нерселерди мурун эле сага баян кылганбыз. Биз аларга зулумдук кылган эмеспиз. Алар өздөрүнө өздөрү зулумдук кылышты.

119. Кийин да сенин Эгең наадандык менен жамандык жасагандарга, ошондон кийин тобо кылгандарга, ошондон кийин кылган иштерин түзөткөндөргө Эгең Кечиримдүү, Ырайымдуу Кудай!

120. Ибрахим Алланын дининде түз жүргөн ханиф болчу. Ал мүшүрүктөрдөн да эмес эле.

121. Анын берген бак-таалайына шүгүр кылган пенде болчу. Ал аны тандап алды да, Туруктуу жолго карай Туура жолго салды.

122. Биз ага дүнүйөдө жакшылык бердик. Акыретте да ал жакшылардын бири.

123. Ушундан кийин сага жашыруун кабар бердик: «Ханиф Ибрахимдин жолуна ээрчи!» Ал мүшүрүктөрдөн эмес болчу.

124. Ишемби тууралуу талашкандарга гана ал (өзгөчө) күн саналган. Эгең Өзү кыямат күнү алардын талаш-тартышына өкүмүн чыгарат.

125. Эгеңдин жолуна калайыкты даанышмандык менен, жакшы насаат менен чакыр. Алар менен эң жакшы маанайда алым-сабак жүргүз. Эгең Өзүнүн жолунан ким адашканын жакшы билет. Ал Туура жолдо жүргөндөрдү да жакшы билет.

126. Эгер жазаласаңар, өзүңөр жазалангандай жазалагыла. Эгер сабыр кылсаңар, сабыр кылгандар үчүн бул жакшы.

127. Сабыр кыл. Сенин сабырың, сенин Алла менен бирге болгонуң. Аларга кейибе, алардын жасаган куулугуна кысылба!

128. Алла – такыбалар менен да, жакшы иштерди жасагандар менен да бирге!

17. ИСРА СҮРӨӨСҮ[1]

ТҮНКҮ САЯКАТ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Субхана! Ал Өзүнүн кулун түн ичинде Харам Мечитинен Акса Мечитине саякат кылдырды. Анын айланасына береке бергенбиз. Ага аяттарыбызды көрсөтүшүбүз керек болчу.[2] Угуучу да, Көрүүчү да Ал Өзү!

2. Мусага Жазууну бердик. Аны Исраил урпактары үчүн жол башчы кылдык: «Менден башканы колдоочу кылып албагыла!»

3. Нух менен бирге (кемеге) салгандарыбыздын урпактарына да (Жазууну бергенбиз). Ал шүгүр кылган кул болчу.

4. Биз Жазууда Исраил урпактарына маалымат бергенбиз: «Силер жер үстүндө эки ирет бузукулук кыласыңар, бийик даражага да көтөрүлөсүңөр».

5. Эки убаданын биринчиси келгенде Биз силерге зор күчкө ээ кулдарыбызды жөнөттүк. Алар турак-жайларды аралап кирип барышты. Убада аткарылды.

6. Андан кийин Биз кезекти силерге, алардын үстүнөн (жеңишке жетишти) кайтарып бердик. Силерге дүнүйө-мүлк, бала-чака берип колдодук. Силерди топ-топ кылып саныңарды да көбөйттүк.

7. Жакшылык кылсаңар, өзүңөргө жакшылык кылган болосуңар. Жамандык кылсаңар да өзүңөргө (кыласыңар). Акыркы убада келгенде (силердин душмандарыңарды) бети-башыңарды уруп-согуп, биринчи жолкулар киргендей эле мечитке кирип, баарысын толук таш-талкан кылыш үчүн (жибердик).

8. Балким, Эгеңер силерге мээрим кылаар. А эгер кайтсаңар Биз да кайтабыз. Биз тозокту капырларга камак жайы кылдык.

9. Бул Куран Туура жолго түз жетелейт. Ыймандуу пенделерге, жакшылык иштерди жасагандарга улук энчи бар экенин кабар берип жатат.

10. Акыретке ишенбегендерге оор азапты даярдап койгонбуз.

11. Инсан жамандыкты, жакшылыкты дуба кылып тилегендей тилейт. Инсан шашма болуп жаралган.

12. Түн менен күндүздү эки аят кылдык. Түндү караңгы кылып өчүрдүк. Күндүздү көрө турган, Эгеңердин ырайымы менен (ырыскы) издей турган, жылдардын санын, (ай-күндүн) эсебин билишиңер үчүн бир аят кылдык. Ар кандай нерсени тартипке келтирип бөлүп койдук.

13. Ар бир инсандын мойнуна жазасын илип койдук. Кыямат күнү ага китепти чыгарабыз. Ал аны алдында ачылып турганын көрөт:

14. «Китебиңди оку! Бүгүн өзүңдү өзүң эсеп кылышка (убакыт) жетти».

15. Ким туура жолдо жүрсө, ал өзү үчүн туура жолго жүрөт. Ким адашса, ал өзү үчүн адашат. Бирөө башка бирөөнүн жүгүн көтөрбөйт. Биз элчи-пайгамбар жөнөтмөйүнчө азап да кылган эмеспиз.

16. Бир калааны кыйратышты кааласак, анда дөөлөтүнө эсирип бузукулук кылып жаткандарды кыйратышка буйрук бергенбиз. Ал калаада сөздүн (өкүмү) акыйкатка чыкчу. Биз аны тыптыйпыл кыйратканбыз!

17. Нухтан кийин Биз канчалаган муундарды кыйраттык. Эгең кулдарынын бардык күнөөлөрүн көрүп-билип турат.

18. Ким тез өтө турган (бу дүйнөнү) кааласа, Биз андан аны тез өткөрөбүз. Кимге эмне кааласак, (аны) беребиз. Андан кийин аны Тозокко салабыз. Анда кор болуп, айыбын тартып күйө берет.

19. Ким акыретти кааласа, ага күч-аракетин жумшап аракет кылса, анда ал – ыймандуу пенде. Булардын аракети кабыл алынат.

20. Ар бирине, аларга да, буларга да Эгеңдин бере турган (энчисин) беребиз. Эгеңдин бере турган (энчиси эч качан) түгөнүп калбайт.

21. Алардын кээ бирлерине караганда башка бирөөлөрүнө кандай артыкчылыктарды бергенибизге назар кыл! Акыретте да (ушундай эле) улук даражалар жана артыкчылыктар бар.

22. Жек көрүнүп өкүттө отуруп калбайын десең, Алладан башканы Кудай кылып алба!

23. Сенин Эгең бир Өзүнөн башкага кулдук кылбашыңарды жана ата-энеңерди жакшылап карашыңарды өкүм кылды. Эгерде алардын бирине, же экөөнө тең эле сенин колуңда карылыгы жетсе, ал экөөнө «уф» деп үшкүрбө, кыйкырба! Аларга сылык сүйлө!

24. Ал экөөнө мээримиң менен эки канатыңды жайып, айт: «Эгем! Булар мени кичинемден (бөпөлөп) өстүргөндөй, Сен да бул экөөнө ырайым кыл!»

25. Эгеңер силердин көөнүңөрдө эмне бар экенин жакшы билет. Эгер силер жакшылык кылып жаткан болсоңор, (анда) Өзүнө тобо кылгандарга ал Кечиримдүү (Кудай).

26. Жакын туугандарыңарга, жардыларга, жолоочуларга ысырап кылбай (тийиштүү гана) акысын бергиле!

27. Ысырапкорлор-шайтандардын туугандары. А шайтан Өз Эгесине (эчак эле) капыр болгон.

28. Эгер сен аларга (жардылыгыңа байланыштуу) беттей албай, Эгеңдин ырайымын үмүт кылып (күтүп жүргөн болсоң), анда сен аларга (ак милдетиң катары) жылуу сөз айт!

29. Жеме сөзгө, өкүнүчкө калбайын десең, (сараңдык кылып) колуңду мойнуңа асып да алба (ысырапкорчулук кылып), болушунча ачып да салба!

30. Ырыскыны Эгең ченейт. Кимдир бирөөгө кааласа кенен-кесир берет. Пенделеринен Кабардар да, Көрүүчү да Өзү!

31. Жардылыктан коркуп балдарыңарды өлтүрбөгүлө! Аларга да, силерге да ырыскыны Биз беребиз. Аларды өлтүрүү – зор күнөө!

32. Зынага жакын жолобогула! Ал деген сойкулук – жаман жол!

33. Алла тыюу салганы үчүн (ар бир) жанды укук жол бербесе (падышадан өкүм болбосо) өлтүрбөгүлө! Ким зулумдук менен (атайын) өлтүрүлгөн болсо, Биз анын жакынына бийликти (кысас алуу укугун) бергенбиз. Бул ага (укук тарабынан) берилген жардам. Өлтүрүп жаткан учурда ал чектен чыкпасын!

34. Балакат курагына мыктап жетиле элек жетимдердин мүлкүнө жакшы пайда келтирүү зарылчылыгы болбосо тийбегиле! Келишимиңерди аткаргыла! Келишим боюнча сурак бар.

35. Өлчөсөңөр туура ченеген тараза менен так өлчөп тарткыла! Мындай (кылганыңар) жакшы. (Мунун) натыйжасы да өтө жакшы.

36. Өзүң билбеген нерсеге ээрчибе! Уккан, көргөн, ойлогон нерселердин ар биринен сурак бар.

37. Жер үстүндө оюн салып жүрө бербе! Сен эч качан жерди көзөп өтө да албайсың, узарып тоого жете да албайсың!

38. Булардын баарысы Эгеңе жакпаган жаман нерселер.

39. Булар Эгеңдин даанышмандыктан сага берген маалыматтары. Аллага теңеп башка бир кудайды (бутпарастар сыяктуу) жасап алба! Анда (бул дүйнөдө) эскертилгениңе карабай кор болуп, (акыретте) тозокко ташталасың!

40. Эгеңер силерге эркек балдарды бердиби? Өзүнө периштелерден кыздарды алдыбы?! Силер, (күнөөсү) чоң сөздү айтып жатасыңар.

41. Биз бул Куранда эстеп жүрүшсүн деп ар кыл (мисалдарды) баян кылдык. Аларга качкандан башка эч кандай (пайда деле) көбөйбөй жатат.

42. Айт: «Эгер Аны менен бирге алар айткандай башка кудайлар болсо, андай болсо алар Арштын Эгесинин жолуна аракет кылышат болчу».

43. Субхана! Анын улуктугу алар айткандан да Бийик, Улук!

44. Аны (жети кат) асман менен жердегилердин бүт баарысы даңктташып тасбих айтып турушат. Аны даңктап тасбих айтып турбаган бир да нерсе жок. Бирок, силер алардын даңктап (айткан) таспилерин түшүнө албайсыңар. Күйөрман да, Кечиримдүү да Ал Өзү!

45. Сен Куранды окуп жатсаң сени менен акыретке ишенбегендердин ортосун бекиткен парда тартып коёбуз.

46. Алардын жүрөктөрүнө аны (Куранды) түшүнбөй турган, кулактарына (угузбай) дүлөй кылган жамынчы жаап бекиттик. Курандан Эгеңдин жалгыздыгын эскерип (окуп) жатсаң, алар иренжип артын карай бурулуп кетип жатышат.

47. Биз алардын эмнени угуп жатышканын да, сени угуп жатышканын, жашыруун сүйлөшкөндөрүн да жакшы билебиз. Залимдер айтып жатышат: «Силер сыйкырланып калган бир кишини ээрчип жатасыңар».

48. Алардын сага кандай мисалдарды келтиргенин карачы. Алар адашты, жол да таба алышпай жатат.

49. Алар айтышты: «Биздин сөөгүбүз (эле калса), майдаланып (топуракка сиңип кетсек), анан кайра жаңыдан жаралабызбы?»

50. Айт: «Таш, же темир болуп кетсеңер да!

51. Же, көңүлүңөрдө (элестеткендей) чоң жаныбарлардын бири болсоңор да!» Алар дагы айтып жатышат: «Бизди ким кайтарып келтирет?» Айт: «Силерди биринчи ирет жараткан». Сага баштарын чайкашып айтып жатат: «Бул качан?» Айт: «Мүмкүн, мунун болушуна жакын калды.

52. Силерди Ал кыямат күнү чакырат. Силер Аны даңктап жооп кайтарасыңар. Силер аз эле тургандай ойлойсуңар».

53. Кулдарыма айт: «Жакшы (сөздү) сүйлөшсүн. Шайтан алардын араларын бөлүп-жара берет. Шайтан инсандын аныk душманы».

54. Эгеңер силерди абдан жакшы билет. Эгер Ал кааласа силерге ырайым кылат, эгер кааласа азап да берет. Биз сени аларга коргоочу кылып жөнөткөн эмеспиз.

55. Эгең асмандагыларды да, жердегилерди да жакшы билет. Пайгамбарлардын кээ бирин, кээ биринен артык кылдык. Даудга Забурду бердик.

56. Айт: «Андан башка тастык кылганыңарды чакыргыла. (Алардын) силерден кырсыкты кайтара турган да, (аны башкаларга) оодара турган да бийлиги жок».

57. Чакырып (дуба кылып) жаткандардын өздөрү да, кимиси болбосун Эгесине жакын болушун каалап жол издешет. Анын ырайымынан үмүт кылышат, азабынан коркушат. Эгеңдин азабынан коркуш керек!

58. Кыямат күнүнө чейин Биз кыйратпай турган, же катуу азапка салбай турган бир да калаа болбойт. Жазууда бул чийилген болчу.

59. Биз аяттарды жибериштн токтоткон эмеспиз. Бирок, мурдагы калайыктар аны жалганга чыгарышты. Ачык көрүнгөн далил кылып Самуддарга бир ингенди жибердик. Алар ага залимдик кылышты. Биз аяттарыбызды коркутуш үчүн жөнөтөбүз.

60. ...Бир убакта Биз сага айттык: «Эгең калайыкты курчап койгон». Биз сага көрсөткөн (аятты) жана Куранда (эскерилген) каргыш дарагын калайык үчүн сыноо кылдык. Биз (муну менен) аларды коркутуп жатабыз. Тескерисинче, алардын баш ийбестиги күч алып көбөйүп жатат.

61. ...Бир убакта Биз периштелерге айттык: «Адамга сажда кылгыла!» Иблистен башкасы сажда кылышты. (Иблис) айтты: «Сен топурактан жаратканга сажда кыламбы?

62. Дагы айтты: «Менден да урматтуу кылганың ким экенин көрбөдүңбү? Эгер Сен мага кыямат күнгө чейин мөөнөт берсең, анын урпактарынан бир азынан башкасын бүт кыйратат элем».

63. (Алла) айтты: «Кет! Алардан кимиси сенин артыңдан ээрчисе, силердин жазаңар толгон-токой жазасы бар Тозок!»

64. Аларды үнүң менен да, атчан аскериң менен да, жөө аскериң менен да азгыра бер. Мал-мүлкүнө, бала-чакаларына орток бол, убада да бере бер». Шайтан курулай убада бере берет.

65. «Менин кулдарыма сенин бийлигиң жок. Эгең коргогону жетишет».

66. Анын ырайымы менен (ырыскы) табышыңар үчүн Эгеңер силер үчүн кемени деңизде сүздүрүп жатат. Ал силерге Ырайымдуу Кудай.

67. Силерге деңизде экениңерде кырсык жетсе гана Андан башка сыйынганыңар жоголот. Качан Ал силерди куткарып кургак жерге чыгарса терс бурулуп кетесиңер. Инсан шүгүрчүл эмес.

68. Ал силерди жер алдына бастырып жибербейт деп, же силерге таш учурган катуу шамалды жибербейт деп ишендиңерби? Андан кийин өзүңөргө коргоочуну да таппайсыңар.

69. Же, Анын силерди артка дагы бир жолу (жашоого) кайтарышына, силерге кыйрата турган бороонду жөнөтпөшүнө, силерди капырдыгыңар үчүн чөктүрүп жибербешине ишеничиңер барбы? Андан кийин өзүңөргө коргоочуну да таппайсыңар.

70. Биз Адамдын урпактарына артыкча сый бердик. Аларды кургак жерде да, деңизде да жүрө турган кылдык. Аларга жакшы ырыскыларды да бердик. Өзүбүздүн жараткандарыбыздын ичинен аларды көп артыкчылыктарга ээ кылдык.

71. Кыямат күнү ар бир калайыкты өздөрүнүн жол башчылары менен чакырабыз. Кимге китеби оң жагынан берилсе, алар китебин окуй алышат. Аларга курма данегинин чел кабыгынча да зулумдук кылынбайт.

72. Ким бул (дүйнөдө) сокур болсо, анда ал акыретте да сокур болот, жолдон дагы адашат.

73. Алар Биздин сага жашыруун берген кабарларыбыздан азгырып, сенин Бизге башканы ойлоп табышыңа жакындаша баштаган болчу. Эгер андай болсо, алар сени дос кылып алышат эле.

74. Эгер Биз сени бекем кылбасак, анда сен алар тарапка бир аз болсо да ыктайт элең.

75. Андай болсо сени тирүүлүгүңдө да эки эсе, өлгөнүңдөн кийин да эки эсе (азап) жедирет элек. Андан кийин сен Бизге каршы өзүңө жардам бере турганды таппайт болчусуң!

76. Алар сени (Меккенин) жеринде кысмакка алып, андан чыгарышка жакын калышкан болчу. Андай болсо алар сенден кийин аз эле турушат эле.

77. Сага чейинки жөнөткөн элчи-пайгамбарларыбыз да (ушул) жолдон (өтүшкөн). Биздин жолубуздан эч бир өзгөрүүнү таппайсың!

78. Күн жантайгандан тартып түн караңгылыгы каптаганга чейин намазды аткар. Куранды таң заарда (оку). Таңкы (намазда) окулган Курандын күбөлөрү бар.

79. Өзүң үчүн ыктыярың менен түн ичинде тахажжуд[3] оку. Балким, Эгең сени мактай турган (даражалуу) орунга жеткирет.

80. Айт: «Эгем! Мени туура чыга турган кылып киргиз, туура кире турган кылып чыгар. Өзүң тараптан мен үчүн бийлик да, жардам да бер».

81. Айт: «Акыйкат келди, жалган жоголду. Жалган жок боло берет!»

82. Биз Куранды ыймандуу пенделерге шыпаа жана рахмат кылып түшүрүп жатабыз. А залимдерге кусурдан башка нерсе көбөйбөйт.

83. Биз инсанга бак-таалай берсек эле ал жүз үйрүйт да, (бой көтөрүп) четтей байштайт. А эгер ага кырсык жетсе, анда үмүтү өчө баштайт.

84. Айт: «Ар бирөө өз жолуна ылайык иш кылат. Эгеңер кимдин жүргөн жолу Туура жолдо экенин жакшы билет».

85. Алар сенден рух туурасында сурап жатышат. Айт: «Рух Эгемдин (жасаган) иштеринен бири. Силерге (ал туурасында) аз гана илим берилген».

86. Эгер Биз кааласак сага берген жашыруун кабарыбызды алып да коёбуз. Ошондон кийин өзүң үчүн Бизге каршы коргоочуну таппайт да болчусуң.

87. Сага Эгеңден башкадан ырайым жок. Сага Анын ырайымы абдан чоң болду.

88. Айт: «Эгер адамдар менен жиндердин баарысы ушул Куранга окшогон (Жазууну) алып келишмей болушса, бири-бирине жардам кылышып чогулушканда деле ага окшогонду алып келе алышмак эмес».

89. Биз калайык үчүн бул Куранда ар кыл мисалдарды келтирдик. Калайыктан көпчүлүгү эле ишенбей моюн толгошту.

90. Алар айтышты: «Сен бизге жерден булак суу чыгарып бермейинче биз сага такыр ишенбейбиз!

91. Же, курма менен жүзүмдөн багың болуп, алардын арасынан арык-арык (сууларды) шарылдатып агызып коюшуң керек.

92. Же, өзүң айткандай асмандан бөлүк - бөлүк (таштарды) үстүбүзгө түшүрүшүң, же Алланы да, периштелерди да (биздин) алдыбызга алып келишиң керек.

93. Же, (алтындан) жасалгалуу үйүң болуш керек, же асманга (учуп) чыгышың керек. (Асманга) көтөрүлүп (учканыңа) да ишенбейбиз. Бизге

бир китеп түшүрсөң, аны окуп көрөлү». Айт: «Субхан Эгем! Мен (силерге) элчи-пайгамбар (болуп жиберилген) адам эмесминби?»

94. Калайыкка Туура жол келгенде аларды ыйманга кириштен (айткан сөздөрү) токтотту. Алар айтышты: «Алла адамды да элчи кылып жөнөтчү беле?»

95. Айт: «Эгер периштелер жер бетинде тынч эле басып жүрө турган болсо, анда Биз аларга бир периштени элчи кылып асмандан түшүрөт элек».

96. Мага да, силерге да, ортобузга Алла жетиштүү Күбө. Кулдарынан Кабардар да, Көрүүчү да Ал Өзү.

97. Алла кимди Туура жолго салса, ал Туура жолго түшкөн пенде. Ал кимди Туура жолдон адаштырса, алар үчүн Андан башка коргоочуларды таба да албайсың. Кыямат күнү алардын жүздөрүнө (карасаң), Биз аларды сокур, дүлөй, дудук кылып чогултабыз. Алардын жайы – Тозок. Биз анын жалыны өчөйүн дегенде эле күч алдыра беребиз.

98. Алардын жазасы ушундай. Алар Биздин аяттарыбызга ишенбей коюшкан болчу. Алар айтышкан: «Биздин сөөгүбүз (эле калса), майдаланып (топуракка сиңип кетсек), анан кайра жаңыдан жаралабызбы?»

99. Алар Алланын асмандар менен жерди жаратканын, аларга окшогондорду жаратышка кудуреттүү экенин, аларга Анын мөөнөт бергенин, буга эч бир шек жок экенин көрүшпөдүбү? Залимдер капырлык кылышып, (муну) четке кагышты.

100. Айт: «Эгер силер Эгемдин рахмат казынасына ээ болсоңор, ошондо деле жарды болуштан коркуп каржы кылбайт болчусуңар. Инсан сараң болуп калган».

101. Биз Мусага ачык далил болгон тогуз аят бергенбиз. Исраил урпактарынан сура. Аларга келгенде Фараон ага айтты: «Эй Муса! Мен сени сыйкырланып калгансың деп ойлоп жатам».

102. (Ал) айтты: «Көрүнүп турган бул аяттарды (Жети кат) Асман менен жердин Эгесинен түшкөнүн билдиң. Эй, Фараон, мен сени кыйроого кабыласың деп ойлоп жатам».

103. Ал (Фараон) аларды (ошол) жерде куугунтукка алышты каалаган эле. Биз аны жана аны менен бирге болгондордун бүт баарысын сууга чөктүрүп жибердик.

104. Андан кийин Биз Исраил урпактарына айттык: «Жер бетинде жашай бергиле. Акыреттин убадасы келсе, Биз силерди жыйнап келебиз».

105. Биздин аны (Куранды) түшүргөнүбүз ак. Анын түшкөнү да ак. Сени Биз куш кабар жеткирүүчү жана эскертүүчү кылып жөнөттүк.

106. Биз сага Куранды калайыкка шашпай окуп беришиң үчүн бөлүп-бөлүп түшүрүп турдук.

107. Айт: «Силер ага ишенгиле, же ишенбегиле, мурда илим берилгендерге ал окула баштаганда, алар ээктери менен төмөн карай ийилип сажда кылышат.

108. Алар айтышат: «Субхана! Эгебиз! Эгебиздин убадасы аткарылды!»

109. Алар ээктери менен төмөн карай ыйлап жыгылышат. Алардын (Алладан) коркунучу дагы да көбөйөт.

110. Айт: «Аны Алла деп да, же Рахман деп да чакырып дуба кыла бергиле. Кандай аты менен чакырсаңар да, Алланын эң сонун аттары бар!» Намаздын кыраатында үнүңдү катуу чыгарып да, акырын да эмес, экөөсүнүн орто жолундагыдай кыл.

111. Айт: «Аллага шүгүр! Анын эч кандай баласы болгон эмес. Өз бийлигине шерик да жок. Ага кор болгон коргоочу да болгон эмес». Анын улуктугун улукта!

18. КАХФ СҮРӨӨСҮ[1]

ҮҢКҮР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Аллага шүгүр! Ал Өзүнүн кулуна Жазууну түшүрдү. Анда кемчилик кетирген жок.

2. Туруктуу (Жазуу түштү)[2]. Анын катуу азабын эскертиш менен бирге жакшы иштерди жасаган ыймандуу пенделерге (акыретте) жакшы энчилердин бар экенин сүйүнчүлөш керек болчу.

3. Алар анда (Бейиште) түбөлүк турушат.

4. «Алланын баласы бар», – дегендерди да эскертиш керек болчу.

5. Алардын өздөрүндө да, ата-бабаларында да мындан билими жок. Алардын оозунан чыккан (бул) сөз абдан чоң күнөө болду. Алар жалганды айтып жатышат.

6. Балким, алардын ишенишпей айткандарынан улам кейип, сен өзүңдү өлтүргүң келип жатсаң керек.

7. Биз алардын кимиси жакшы иштерди кылар экен деп сынаш үчүн жер үстүндөгү нерселерге кооз көрк бердик.

8. Биз анын үстүндөгү бардык нерселерди какыраган кумга айлантып салабыз.

9. ...Сен Үңкүр ээлери[3] менен Ар-Раким ээлерин[4] Биздин ажайып аяттарыбыз катары санайсыңбы?

10. Бир убакта жигиттер үңкүргө бекиништи да, айтышты: «Эгебиз! Өзүң бизге ырайым кыл, ишибизди туура жолго кой».

11. Үңкүрдүн ичинде Биз алардын кулактарын бир топ жылга укпай турган кылып койдук.

12. Биз ошондон кийин алардын (үңкүрдүн ичинде) канча болгонун, бул эки топтун[5] кайсынысы жакшы эсептешин билишибиз үчүн тирилткенбиз.

13. Биз сага алардын акыйкат кабарын айтып жатабыз. Алар Өз Эгесине ишенишкен жигиттер болчу. Алардын Туура жолун узакка создук.

14. Биз алардын жүрөгүнө кубат бердик. Алар турганда айтышты: «Биздин Эгебиз – (жети кат) асман менен жердин Эгеси. Эч качан Андан башка кудайга сыйынбайбыз! Андай болсо биз чектен чыккан болобуз деп айтмакпыз».

15. Биздин калкыбыз Анын ордуна башка кудайларга ишенип алышты. Алар аларга ачык бийлиги менен деле келишкен жок. Аллага жалганды ойлоп айткандан да залим ким бар?

16. Алардан да, Алладан башка алардын кулдук кылган (буркандарынан) да бөлүнгөн болсоңор, анда үңкүргө бекингиле. Эгеңер силерге ырайымын чачат, силерди тизелеген[6] ишиңерге даярдайт.

17. Күн чыкканда алардын үңкүрүнөн оң жакка карай айланганын, батканда сол жакка өткөнүн көрөт элең. Алар болсо кеңири (үңкүрдө) жай алышкан болчу. Бул – Алланын аяттарынын бири. Алла кимди Туура жолго баштаса, ал Туура жолду тапкан пенде болду. Кимди адаштырган болсо, анда аны куткарып жолго сала турганды таба албайсың.

18. Сен аларды ойгоо деп эсептейсиң. Алар уйкуда. Биз аларды оң жагына да, сол жагына да оодарып турабыз. Алардын ити эки алдыңкы бутун астанага сунуп жатат. Эгер сен аларды көрчү болсоң катуу коркунучка батып, алардан качып чыгат болчусуң.

19. Ошентип, Биз аларды өз ара бири биринен сурашсын деп тирилттик. Алардын бир айтуучусу айтты: «Канча убакыт болдуңар?» Алар айтышты: «Бир күн, же жарым күн болдук». Алар (өз ара) айтышты: «Канча болгонуңарды Эгеңер жакшы билет. Бириңерди бу тыйыныңар менен шаарга жибергиле. Ал (барып) карап көрсүн. Кайсы тамак адал болсо, (ошондон) тамак үчүн силерге (сатып) алып келсин. Сак болсун. Силер жөнүндө эч бирөөгө (шек алдырып) сездирбесин.

20. Эгер алар силерди тапчу болсо ташбараңга алат, же силерди өздөрүнүн динине кайтарат. Андай болсо силер эч качан бак таба албайсыңар».

21. Ошентип, Биз Алланын убадасы ак экенин, саат (кыямат) шексиз экенин билсин деп, аларга (шаар калкына) билдирдик. Алар ошондо алардын иши тууралуу өз ара талаш-тартышка түшүп айтышты: «Алардын (турган жеринин) үстүнө имарат куруп салгыла. Алар жөнүндө алардын Эгеси жакшы билет». Алардын иши тууралуу сөзү бийик келгендер айтышты: «Алардын (турган жерине) мечит курабыз!»

22. Алар айтып жатышат: «Алар – үчөө эле, төртүнчүсү ит болчу!» Башкалары кайып сырды талашып айтып жатышат: «Бешөө болчу, алтынчысы ит болчу». (Дагы бир тобу) айтып жатышат: «Жетөө болчу, сегизинчиси ит болчу». Айт: «Алардын санын Эгем жакшы билет. Аларды аз гана (адамдар) билет». Алар туурасында ачык далилиң болбосо талаш кылба. Алардын эч кимисинен алар тууралуу сураба.

23. Эч бир жумушту эртең кылам деп айтпа.

24. Анткени, Алланын эмне каалап жатканын (билбейсиң). Унутуп калсаң Эгеңди эсте да, айт: «Балким, Эгем мени мындан да туура жолго салаар».

25. Алар өздөрүнүн үңкүрүндө үч жүз жыл калышкан. Дагы тогуз жыл кошулду[7].

26. Айт: «Алардын канча калганын Алла жакшы билет. Анын (жети кат) асман менен жерде (эч ким билбеген көп) кайып сырлары бар. Аларды Ал көрүп да, угуп да турат. Аларга Андан башка бир да Колдоочу жок. Ал өз өкүмүнө эч кимди шерик да кылбайт».

27. Эгеңдин Жазуусунан сага түшүрүлгөн жашыруун кабарлардан оку. Анын Сөздөрүн алмаштыруучу да жок. Андан башкадан баш калкалаганга жай да таба албайсың.

28. Эгесине эртең менен да, кечинде да Анын ыраазылыгын эңсеп (жалбарып) дуба кылгандар менен чогуу болуп, алардан дүнүйөлүк жашоонун көркүн каалаган эки көзүңдү албай, өзүң да сабыр кыл. Жүрөгүн Бизди зикир кылып эстештен капылет калтыргандарыбызга да, көңүл азгырыгына ээрчигенге да баш ийбе. Анын иши чектен ашып кеткен.

29. Айт: «Эгеңерден (силерге) акыйкат (келди): ким кааласа ишенсин, ким кааласа капыр болсун». Биз залимдерге дубалдар менен тосулган Тозок отун даярдап койдук. Эгер андагылар (суусап) жардам сурашса, эриген темирдей суу берилет. Беттерин күйгүзөт. Ал кандай жаман ичимдик, кандай жаман турак жай!

30. Биз ыйманга киргендердин, жакшы иштерди жасагандардын, жакшылык кылгандардын мээнет акысын текке кетирбейбиз.

31. Алар үчүн алдынан дарыялар агып турган Адну (Бейиши) бар. Алар анда алтындан жасалган билериктер менен жасанышат. Алар калың жана жука жашыл жибектен кийимдерди кийишет да, сөөрүлөрдө сүйөнүп олтурушат. (Алардын) тапкан бак-таалайы, турган жери кандай сонун!

32. ...Аларга эки кишинин мисалын келтир. Алардын бирине жүзүмдөн эки бак бердик. Ал эки бакты курма даректары менен курчадык. Эки бактын ортосуна эгинзар да кылганбыз.

33. Эки бак тең жемишин берди, аларга зыян жеткиргенибиз да жок. Ортолорунан суу да агызган элек.

34. Алар бышып турган болчу. Ал сүйлөшүп жатканда өзүнүн жолдошуна айтты: «Мен сенден мал-мүлк жагынан да, (мага жардам берчү) кишилер жагындан да артыкмын».

35. Ал багына кирди. Өзүнө зулумдук кылып айтты: «Муну эч качан жоголот деп ойлобойм.

36. Саатты (кыяматты) болот деп да ойлобойм. А эгер Эгеме кайтчу болсом, ал жактан мындан да жакшысын кайра эле таап алам».

37. Анда ага сүйлөшүп отурган жолдошу айтты: «Сени топурактан жараткан, андан кийин бир тамчыдан, андан кийин сенин теңдештирип киши кылган Аллага ишенбей капырлык кыласыңбы?

38. Бирок биз... Менин Эгем – Алла. Эгеме эч бирөөнү шерик кылбайм!

39. Сен Өз багыңа киргенде мени мал-мүлк менен бала-чака жагынан өзүңдөн кем көрсөң да: «Булар Алланын каалоосу, Алладан башканын күч-кубаты жок!» – дешиң керек болчу.

40. Эгем мага сенин багыңдан да жакшыраагын бериши, а (сеникинин) үстүнө асмандан эсебин (таба турган апаат) жиберип, суу (каптаган) талаага айлантышы да мүмкүн.

41. Же, ага суу келбей соолуп, аны таппай калышың да мүмкүн».

42. Анын жемиш (берген багы) кыйрады. Каржы кылган (үй-жайынын) чатырына чейин тыптыйпыл кыйраган болчу. Ал эки алаканын бири-бирине чаап айтып жатат: «Аттиң! Эгеме эч бир шерик кошпосом болмок экен!»

43. Ага Алладан башка жардам бере турган бирөөлөр да болбоду. Жардам берүүчү болгон жок.

44. Мындайда жардам Алладан гана болушу ак. Анын берген энчиси да, акыбети да жакшы.

45. Аларга бул дүйнө тиричилиги Биздин асмандан түшүргөн суудай экенин мисал келтир. Аны менен жердеги өсүмдүктөр аралашкандан (кийин чирийт да) үйүндүгө айланат. (Андан кийин) шамал учуруп кеткендей... Алла бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

46. Мал-мүлк менен бала-чака дүнүйө тиричилигинин (гана) көркү. Түбөлүк жакшылыктар, жакшы энчи да, жакшы үмүт да Эгеңдин алдында.

47. Кыямат күнү тоолорду жылдырабыз. Жердин тептегиз болгонун көрөсүң. Алардын баарысын, бирин да калтырбай жыйнайбыз.

48. Алар Эгеңе (сурак үчүн) катар-катар бет келип турушат. (Аларга айтылат): «Силер Бизге оболку жаратканыбыздай эле келген экенсиңер. Балким, силерге Биздин убада кылган мөөнөтүбүз берилген эмес деп ойлогонсуңар».

49. Китеп коюлганда күнөөкөрлөрдүн андан коркуп жатканын көрөсүң. Алар айтышат: «Ох, биздин шорубуз мына ушул китепте! Анда

кичинеси да, чоңу да калбай, эсеби толук жазылган экен!» Алар жасагандарын алдыларынан даяр табышат. Эгең эч бирөөгө зулумдук кылбайт.

50. ...Бир убакта периштелерге айттык: «Адамга сажда кылгыла!» Иблистен башкасы сажда кылышты. Ал жин тукумунан болчу. Эгесинин буйругун (аткарбай) бузган. Мени таштап, аны жана анын урпактарын дос тутасыңарбы?! Алар силерге душман! Залимдердин (буйрукту аткарбай) өзгөргөнү кандай жаман!

51. Мен асмандар менен жерди жаратканда да, алардын өздөрүн жаратканда да аларды күбө кылган эмесмин. Азгыруучуларды да жардамчы кылган эмесмин.

52. Кыямат күнү (Алла) айтат: «Мага шерик деп ойлогонуңарды чакыргыла!» Аларды чакырышат. Аларды чакырышса да жооп бергендер болбойт. Алардын ортолоруна өлүм майданын жасап койгонбуз.

53. Күнөөкөрлөр Тозоктун отун көрүштү. Ага өздөрү түшө турганын да ойлошту. Анда кутула турган жерди да таба албай коюшту.

54. Биз бул Куранда калайык үчүн ар кандай мисалды ачык келтирдик. Инсан көп нерсени талаша берет.

55. Калайыкка Туура жол келгенде алардын ыйманга киришине, Эгесинен кечирим тилешине эч нерсе жолтоо болбосо деле, аларга мурункулардын жолунда келгендей, же апаат менен ачык жеткен азаптан башка келген жок.

56. Элчи-пайгамбарларды кабар берүүчү жана эскертүүчү кылып жибердик. Капырлар жалган аркылуу акыйкатты жалганга чыгарыш үчүн аракет жасашат. Менин аяттарымды жана эскерткендеримди мыскылдап күлүшөт.

57. Эгесинин аяттары кимдир бирөөгө эскертилген болсо, ал андан жүз үйүрсө жана мурда өз колу менен жасагандарын унутса, ушундан да залим ким бар? Алардын жүрөктөрүнө аны түшүнбөй турган жамынчыны, кулактарына кереңдикти жапканбыз. Эгер мындай болсо, аларды Туура жолго чакырсаң деле эч качан Туура жолго түшпөйт.

58. Сенин Эгең – рахмат Ээси, Кечиримдүү Кудай. Эгер аларды кылган иштери үчүн жазалай турган болсо, анда аларга азапты тездеткен болор эле. Балким, алар үчүн белгиленген мөөнөт бар. Андан башкадан алар баш калкалай турган жерди деле таба алышпайт.

59. Бул калааларды алар залимдик кылышканда кыйраттык. Алардын кыйрай турган мөөнөтүн да белгилеген болчубуз.

60. ...Бир убакта Муса өзүнүн жигитине айтты: «Жылдар өтүп кетсе да эки деңиз кошулган жерге жетмейинче токтобойм».

61. Ал экөө эки деңиз кошулган жерге жетишкенде (жей турган) балыкты унутушкан эле. Ал болсо жердин асты менен деңизге карай жол алган болчу.

62. Андан өтүп бара жатканда ал жигитине айтты: «Биз бу сапарда чарчадык, тамагыбызды алып кел».

63. Ал айтты: «Биз асканын алдында отурган жерде балыкты унутуп калтырганымды көрбөдүңбү? Аны эстешимди шайтан унуттурган экен. Анын деңизге жол таап алганы да кызык!»

64. Ал айтты: «Биз каалаган иш болуптур». Ал экөө басып өткөн жерине кайра кайтышты.

65. Ал экөө анда Биздин бир кулубузду[8] табышты. Биз ага рахматыбызды берген болчубуз. Билимибизди да үйрөткөн элек.

66. Муса ага айтты: «Сага үйрөтүлгөн туура жолду үйрөтүшүң үчүн мен сени ээрчийинби?»

67. Ал айтты: «Сен мага сабыр кылып жүрө албайсың.

68. Сенин андан кабарың болбогондон кийин кантип сабыр кылмак элең?»

69. Ал айтты: «Алла кааласа сабыр кылганымды да көрөсүң. Мен сенин бир да буйругуңа баш ийбей койбойм!»

70. Ал айтты: «Эгер сен мени ээрчисең, ар бир нерсени мен сага эскертип айтмайынча аны сураба».

71. Ал экөө жөнөштү. Кемеге түшкөндө ал аны тешип салды. Ал ага айтты: «Анын ичиндегилери чөгүп кетсин деп тешип салдыңбы? Кызык иш кылганы келген экенсиң».

72. Ал айтты: «Мен сага мени менен сабыр кылып жүрө албайсың дедим беле?»

73. Ал айтты: «Менин унутуп калганымды айып көрбө. Менин ишимде мага оордук келтирбе».

74. Ал экөөсү жөнөштү. Бир балага жетип келишкенде ал аны өлтүрдү. Ал айтты: «Өч албай турган эле күнөөсүз жанды өлтүрдүңбү? Жамандык кылганы келген экенсиң».

75. Ал айтты: «Мен сага мени менен сабыр кылып жүрө албайсың дедим беле?»

76. Ал айтты: «Эгер мындан кийин дагы бир нерсени сенден сурачу болсом, анда сен мени шерик кылба. Менин үзүрүмдү алдың».

77. Ал экөөсү жөнөштү. Бир калаанын тургундарына жетип келишкенде тамак сурашса, андагылар экөөнү конок кылыштан баш тартышты. Экөөсү анда жыгылганы калган дубалды табышты. Ал аны оңдоду. Ал айтты: «Сен кааласаң буга акы алсаң да болот болчу».

78. Ал айтты: «Бул сени менен менин ортомдогу айрылышыбыз болду. Сен сабыр кыла албаган иштерди мен сага түшүндүрөйүн.

79. Кеме деңизде иштеген жардылардыкы эле. Мен ага кемчилдик жеткириштi кааладым. Анткени алардын аркасында бардык кемелерди зордук менен тартып алып келе жаткан падыша бар болчу.

80. Ал эми баланын болсо ата-энеси ыймандуу пенделер болчу. Биз болсо ал капыр болуп баш бербей, ал экөөсүн күйдүрөбү деп корктук.

81. Биз ал экөөнө Эгеси андан да жакшысын, ырайымдуулукка ыктаган, дили тазасынан беришин кааладык.

82. А дубал болсо шаардагы эки жетим баланыкы болчу. Анын алдында экөөнө (калтырылган) казына бар. Ал экөөнүн атасы жакшы адам болгон. Сенин Эгең ал экөө жетилип чоңойгондо Эгеңдин ырайымы менен казынасын таап алышын каалады. Мен муну өз алдымча чечип кылганым жок. Сен сабыр кыла албаган иштердин түшүнүгү ушундай».

83. ...Алар сенден Зулкарнайн[9] жөнүндө сурап жатышат. Айт: «Мен силерге ал тууралуу эскерүүнү окуп берейин».

84. Биз ага Жер үстүндө бекем бийлик бердик. Ага туш тарапка жол бердик.

85. Ал бир жол менен жүрдү.

86. Ал Күн баткан жерге жеткенде анын сасык булактан (саздан) ары карай батканын көрдү. Анда бир калайыкка кабылды. Биз айттык: «Эй, Зулкарнайн! Аларга азап жеткиришиң керек же жакшылык жеткиришиң керек».

87. Ал айтты: «Ким залим болсо, анда ага азап беребиз. Ошондон кийин ал Эгесине кайтарылат. Ал аны оор азапка салып азабын берет.

88. Ал эми ким ыйманга кирип жакшы иш кылса, анда анын жазасы - жакшылык. Биз ага жеңил буйругубузду айтабыз».

89. Андан кийин ал (дагы) бир жолго жүрдү.

90. Ал Күн чыккан жерге жеткенде анын калайык (турган жердин) үстүнөн чыкканын көрдү. Алар үчүн биз андан тоскон эч нерсе койгон эмеспиз.

91. Ошентип, Биз анын бардык (ишинен) кабардар болуп турдук.

92. Андан кийин ал (дагы) бир жолго жүрдү.

93. Тосуп турган эки дубалдай тоо кыркасына жеткенде сүйлөгөн сөздү түшүнбөгөн бир калайыкты көрдү.

94. Алар айтышты: «Эй, Зулкарнайн! Йажуж менен Мажуж Жер бетинде жаман иштерди кылып жатат. Сага каражатыңды төлөсөк, алар менен биздин арабызга (өтө албай турган) дубал жасай аласыңбы?»

95. Ал айтты: «Мага Эгемдин берген (бекем күч-кубаты) андан жакшы. Мага кайрат менен жардам кылгыла! Мен алар менен силердин араңарга тосмо курайын.

96. Мага темирлерден алып келгиле!» Эки тоо кыркасын бири-бирине теңеп (кыркан) кезде айтты: «Үйлөгүлө!» Ал отту жагып күйдүргөн учурда айтты: «Мага (темирлерден) алып келгиле. (Ал эригенде) эриген темирди ага куюп жиберем».

97. (Ошондо) алар (Йажуж менен Мажуж) ага тырмышып чыга алган да жок, аны тешип өтө алган да жок.

98. Ал айтты: «Бул – менин Эгемдин ырайымы. Эгемдин убадасы келгенде Ал аны күбүлүп түшө турган кылат. Эгемдин убадасы ак!»

99. Биз ал күнү аларды бири-бири менен тытыштырып таштап коёбуз. Сурнай тартылганда Биз аларды бириктирип чогултабыз.

100. Ал күнү Тозокту капырларга бет алдында ачык көрсөтөбүз.

101. Менин эскертүүлөрүмө алардын көздөрү жабык болчу, кулактары да укпай калчу.

102. Капырлар Менин ордума кулдарымды колдоочу деп санаштыбы? Тозокту капырлар үчүн даярдалган турак жай кылдык.

103. «Айт: «Силерге кылган иштеринен кусур ургандарды айтып берелиби?

104. Дүнүйөлүк жашоосунда кылган аракеттери текке кеткендер бар. Алар жакшы кылып жатабыз деп эсептешет.

105. Булар Эгесинин аяттарына да, Ага жолугушка да ишенишкен эмес. Алардын кылган иштери бекер болду. Кыямат күнү алардын эч бир ишин (таразага) тартыш үчүн койбойбуз.

106. Булардын жазасы – Тозок. Анткени, аяттарыбызды да, элчилеribизди да шылдың кылышты, (аларга) ишенишкен жок».

107. Ыйманга киргендерге, жакшы иштерди кылгандарга Фирдаус бактары (Бейиши) турак жай болот.

108. Алар анда түбөлүк калышат. Аны алмаштыргылары да келишпейт.

109. Айт: «Эгер Эгемдин сөздөрү үчүн деңиз сыяга айланса, ага дагы ошончо кошсок деле Эгемдин сөзү түгөнүштөн мурун деңиз түгөнөт болчу».

110. Айт: «Мен да силерге окшош адаммын. Мага (ушундай) жашыруун кабар келип жатат: «Силердин кудайыңар бир эле Кудай. Ким Эгесине жолугушту үмүт кылса, анда ал жакшы иштерди жасасын. Эгесине кулдук кылыш менен бирге Ага эч кимди шерик кошпосун».

19. МАРЙАМ СҮРӨӨСҮ[1]

МАРЙАМ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Каф,Ха, Йа,`Айн, Сад.

2. Эгеңдин кулу Закарииййага ырайым (кылганы тууралуу) эскерүүсү (ушундай).

3. ...Бир убакта Ал Эгесине купуя жалынып, жалбарды.

4. Ал айтты: «Эгем! Менин сөөктөрүм бошошту, башымда чачым да агарды. Эгем, мен Сага кылган дубамдан бактысыз болгон эмесмин.

5. Мен өзүмдөн кийинки жакындарымдан[2] коркуп калдым. Менин жубайым төрөбөс болду. Мага Өзүң бир мураскор бер!

6. Мага да, Йакубдун тукумуна да мураскор болот эле. Эгем! Ага Өзүңдүн ыраазылыгың болсун!»

7. Эй, Закарииййа! Биз сени уулдуу болушуңду сүйүнчүлөйбүз. Анын аты – Йахйа. Андан мурун эч бирөөнү ушинтип атаган эмеспиз.

8. Ал айтты: «Эгем! Мен кантип балалуу болмок элем? Аялым төрөбөй, өзүм да жашым улгайып карылыкка жеттим».

9. Ал (периште) айтты: «Эгең ушундай деп айтты: «Бул Мен үчүн жеңил. Мен сени мурда эле эч нерсе боло элегиңде жараткам».

10. (Закарииййа) айтты: «Эгем! Мага бир белги бер». Ал айтты: «Сенин белгиң (ушундай). Толук үч түн калайыкка сүйлөй албай каласың».

11. Ал (Закарииййа) михрабдан[3] калайыкка чыгып келди да, аларга кабар берди: «Эртең менен да, кечинде да (Алланы) эстеп зикир кылгыла!»

12. «Эй, Йахйа! Жазууну бекем карма!» Жашынан ага даанышмандыкты бердик.

13. Боорукер кылып, Өзүбүз ага тазалыкты да бердик. Такыба да болгон.

14. Ата-энесине да жакшылык кылып, баш бербеген залим да эмес болчу.

15. Туулган күнүндө да, өлөр күнүндө да, кайра тириле турган күнү да ага тынчтык болсун!

16. ...Жазуудан Марйамды да эскер. Бир убакта ал үй-бүлөсүнөн алыстады да, чыгыштагы бир жайга барды.

17. Ал алардан парда тартып жашырынды. Биз ага Рухубузду (Жабраилди) жөнөттүк. Ал анын алдына толук эле адамга айланып келди.

18. (Марйам) айтты: «Эгер сен такыба болсоң да, мен сенден Рахмандын асырашына сыйынам».

19. Ал (Жабраил) айтты: «Мен сага таза уул бериш үчүн келген сенин Эгеңдин элчисимин».

20. (Марйам) айтты: «Кантип менин уулум болот? Мени бир да эркек кармаган жок. Мен сойку да эмесмин».

21. (Жабраил) айтты: «Эгең ушундай деп айтты: «Бул Мага оңой. Биз аны (таза уулду) калайыкка Өзүбүздөн бир аят да, рахмат да кылышыбыз керек. Иш чечилип калган».

22. Марйам анда кош бойлуу болду. Аны менен алыс жерге кетти.

23. Анын толгоосу кыстады. Курма дарагынын бутагына (жетти) да, айтты: «Аттиң мага! Ушуга жетпей эле өлсөмчү! Эстен чыгып унутулуп калган болсомчу!»

24. Анын так алдынан (жаңы туулган баласынын) кыйкырган үнү угулду: «Кайгырба! Эгең сенин алдыңдан булак чыгарды.

25. Курманын бутагын өзүңө карай силк. Сага жаңы бышкан курма түшөт.

26. Жей бер, иче бер. (Кыйынчылыкка) көзүң менен салкын кара. Эгерде бирер кишини көрсөң айт: «Мен Рахманга орозо кармашка назр айткам. Бүгүн эч ким менен сүйлөшпөйм».

27. Ал аны (баласын) көтөрүп калкына келди. Алар айтышты: «Эй, Марйам! Сен кулак укпаган иш менен келдиң.

28. Эй, Харундун карындашы! Сенин атаң да жаман киши эмес болчу, апаң да сойку эмес болчу!»

29. Ал ага колу менен ишарат кылды. Алар айтышты: «Бешиктеги бөбөк менен биз кантип сүйлөшөбүз?»

30. Ал (бөбөк) айтты: «Мен Алланын кулумун. Мага Ал Жазууну берди, мени пайгамбар да кылды.

31. Ал мени кайда болсом да бактылуу кылган. Тирүү турганымда намаз окуш менен зекет беришти осуят кылды.

32. Мени энеме кайрымдуу кылып, залим да, бактысыз да кылган эмес.

33. Мага туулган күнүмдө да, өлө турган күнүмдө да, тириле турган күнүмдө да тынчтык берген».

34. Алар күмөн кылып жатышкан Марйам уулу Иса туурасындагы ак сөз ушундай.

35. Алланын эч кандай баласы жок. Субхана! Ал бир ишти кыла турган болсо «Бол!» дейт, (заматта) болот.

36. Алла менин да Эгем, силердин да Эгеңер. Ага кулдук кылгыла! Туруктуу жол ушул!

37. Алар өз ара бир нече топко бөлүнүп кетишкен. Капырларга улуу күн келгенде азап бар.

38. Бизге келген күнү алар (уга турганды) угушат, (көрө турганды) көрүшөт! Бирок, залимдер бүгүн анык адашкан жолдо жүрүшөт.

39. Аларга (бардык) иш чечиле турган, өкүнүч боло турган күндү эскерт. Алар (мындан) бейкапар калышкан. Алар (буга) ишенбей жатышат.

40. Жерге Биз ээлик кылабыз. Анда ким болбосун, (баарысы) Бизге кайтарылып келет.

41. ...Жазуудан Ибрахимди эскер. Ал туура жүргөн пайгамбар болчу.

42. Ал атасына айтты: «Эй, атаке! Сен эмнеге эч нерсени көрбөй жаткан, укпай жаткан жана эч нерседен сени куткара албай тургандарга кулдук кылып жатасың?

43. Эй, атаке! Мага илим келди. Ал сага келген жок. Сен мени ээрчи. Мен сени Туруктуу, түз жолго баштайм».

44. Эй, атаке! Шайтанга кулдук кылба. Шайтан (эчак эле) Рахманга күнөөкөр болгон».

45. Эй, атаке! Мен сага Рахмандан азап жетишинен да, шайтандын досу болуп калышыңдан да коркуп жатам».

46. (Атасы) айтты: «Эй, Ибрахим! Сен мени кудайларымдан кайтарып жатасыңбы? Эгер сен мунуңду токтотпосоң, сени мен ташбараң кылам. Бир топко чейин мага жолобой кет!»

47. Ал айтты: «Сага тынчтык болсун! Эгемден сага кечирим сурайм. Андан гана мага ырайым бар.

48. Мен силердин Алланын ордуна сыйынып жаткандарыңардан айрылам. Мен өзүмдүн Эгеме сыйынам. Балким, Эгеме кылган дубамдан бактысыз болбосом керек».

49. Ал Алладан башкага сыйынып жаткандардан айрылганда, Биз ага Исхак менен Йакубду бердик. Ар бирин пайгамбар кылдык.

50. Аларга рахматыбызды бердик. Чындыкты тил менен сүйлөгөн улуктардан кылдык.

51. ...Жазуудан Мусаны да эскер. Ал калыс элчи-пайгамбар болчу.

52. Биз аны тоонун оң тарабынан чакырганбыз. Аны менен жашыруун сүйлөшүш үчүн өзүбүзгө жакындаттык.

53. Биз ага рахматыбыздан бердик. Бир тууганы Харунду да пайгамбар кылдык.

54. ...Жазуудан Исмаилди да эскер. Ал өз убадасына бекем элчи-пайгамбар болчу.

55. Ал үй-бүлөсүнө намаз менен зекетти буйруйт эле. Ал Эгесинин ыраазылыгын да тапкан болчу.

56. ...Жазуудан Идристи да эскер. Ал туура жүргөн пайгамбар болчу.

57. Биз аны Улук Орунга[4] көтөрүп кеттик.

58. Буларга Алла бак-таалай берди. Алар Адамдын урпагынан, Нух менен бирге (кемеге) салгандарыбыздын урпагынан, Ибрахим менен Исраилдин жана Туура жолго тандалгандардын урпактарынан болчу. Аларга Рахмандын аяттары окулса ыйлашып, сажда кылып ийилишчү.

59. Алардын артынан намазды таштаган, кумар кылган азгырыктарга ээрчиген кийинки муундар келди. Жакында алар кыйрайт.

60. Булардан башка, ким тобо кылса, ыйманга кирсе, жакшылык иштерди кылса, алар Бейишке киришет. Аларга зулумдук кылынбайт.

61. (Мурун) көрбөсө да Рахмандын кулдарына убада кылган Адну Бейиши бар. Анын убадасы аткарылат!

62. Анда тынчтыктан башка куру сөздөрдү угушпайт. Алар үчүн эртели-кеч ырыскылары даяр турат.

63. Кулдарыбыздан кимиси такыба болсо, аларды ушул бейишке мураскор кылабыз.

64. Биз Эгеңдин буйругу менен түшөбүз. Биздин алдыбыздагы да, артыбыздагы да, мунун арасындагылар да Аныкы. Эгең эч нерсени унуткан эмес.

65. (Жети кат) Асман менен жердин жана алардын арасындагылардын (Жалгыз) Эгесине кулдук кыл. Ага кулдук кылышта сабырдуу бол. Ага аты тең келгенди билесиңби?

66. Инсан айтат: «Мен өлсөм, келечекте кайра тирилип чыгамбы?»

67. Инсан өзүнүн мурда жок экенинде Биздин аны жаратканыбызды эстебейби?

68. Эгеңе касам! Биз аларды да, шайтандарды да чогултабыз. Андан кийин аларды Тозоктун айланасына чөгөлөтүп алып келебиз.

69. Ар бир топтон кимдери Рахманга катуу моюн толгогон болсо, аларды бөлүп алабыз.

70. Андан кийин да анда күйүшкө алардан эң ылайыктуусу кимиси экенин Биз жакшы билебиз.

71. Силерден эч ким ал жерге келбей калбайт. Эгең (муну) толук чечип койгон.

72. Андан кийин такыбаларды куткарабыз, а залимдерди анда чөгөлөтүп таштап коёбуз.

73. (Анткени) аларга аяттарыбыз ачык окулса да, капырлары ыйманду пенделерге айткан эле: «Турган орду менен да, (ээрчиген) тарапкерлери менен да эки топтун кайсынысы жакшы?»

74. Буларга чейин да нечендеген муундарды кыйратып жок кылдык. Алардын байлыгы да, тулку көрүнүшү да булардан жакшы болчу.

75. Айт: «Кимдер адашып жүрө берсе, анда аларга убада кылынган азапты көрүшмөйүнчө, же саат (кыямат) келмейинче алардын мөөнөтүн (адашкан бонча) Рахман узартып таштап коёт. Жакында алар кимдердин абалы жаман экенин жана кимдердин аскери алсыз экенин билишет».

76. Туура жолго түшүп улантканлардын жолун Алла да (адаштырбай) улай берет. Алардын сакталган жакшылыктары да, сообу да, кайтып барган жери да Эгеңдин алдында абдан жакшы.

77. Биздин аяттарыбызга ишенбеген капырдын: «Мага байлык да, балдар да берилет», - дегенин көрдүңбү?

78. Ал кайып сырды билеби, же Рахмандын Өзүнөн алган убадасы барбы?

79. Жок! Биз анын айткандарын сөзсүз жазып коёбуз да, анын азабын токтотпой созо беребиз.

80. Ал эмнени айтып жатса, анын баарысын Биз ээлеп (тартып) алабыз. Ал Бизге жалгыз өзү келет.

81. Алар Алланын ордуна башка кудайларды өздөрүнө күч-кубат (берет деп) алышты.

82. Ырас! Жакында алары (буркандары) тигилердин кулдук кылганынан баш тартышат, аларга каршы болот.

83. Капырларды күч менен күнөөгө түртүш үчүн шайтандарды аларга Биздин жөнөтүп жатканыбызды көрбөдүңбү?

84. Аларды шаштырба. Алардын эсебин Өзүбүз эсептеп алабыз.

85. Ал күнү такыбаларды Рахмандын алдына (урмат менен) өкүл кылып жыйнайбыз.

86. Күнөөкөрлөрдү тозокко кууп-сүрүп айдайбыз!

87. Рахмандан келишим (убада) алгандан башка эч ким шапаатка ээ боло албайт.

88. Алар «Рахмандын баласы бар» дешкен.

89. Ыпылас ишти кылып келдиңер!

90. Мындан асмандар талкалангысы, жер жарылгысы, тоолор кумдай быркырагысы келет!

91. Алар Рахмандын баласы бар дешкенде...

92. Рахманга эч кандай баланын кереги жок!

93. (Жети кат) Асман менен жерде ким болбосун, Рахмандын кулу болуп келет.

94. Ал аларды эсептеген, эсебин толук эсептеп бүтүп койгон.

95. Кыямат күнү алардын баары бирден гана (суракка) келишет.

96. Ыймандуу пенделер менен жакшы иштерди кылгандарга Рахман сүйүү тартуулайт.

97. Такыбаларды кубантышың үчүн, кайсарлык кылып талашкандарга эскертишиң үчүн Биз аны (Куранды) сенин тилиңе жеңил кылдык.

98. Биз аларга чейин нечендеген муундарды кыйратып жоготтук! Сен алардан бирин сезесиңби же алардын шыбыраган дабышын уга аласыңбы?

20. ТАХА СҮРӨӨСҮ[1]

ТАХА

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Та Ха.

2. Куранды сага бактысыз болсун деп түшүргөн эмеспиз.

3. Ким корксо, ага эскертүү кылдык.

4. Улук (Жети кат) Асман менен жердин Жаратуучусунан түштү.

5. Рахман (ал Улук Жети кат Асманды), Аршка жайгарды[2].

6. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да, экөөнүн ортосундагылар да, топурак астындагылар да Аныкы.

7. Эгер сен жарыя айтсаң да, сыр сактасаң да, купуя айтсаң да Ал билип турат.

8. Алладан башка Кудай жок. Анын эң сонун аттары бар.

9. ...Сага Мусанын окуясы жеттиби?

10. Бир убакта ал бир отту көрдү да, үй-бүлөсүнө айтты: «Күтө тургула. Мен бир отту көрдүм. Балким, силерге андан чычала алып келээрмин, же отко барсам туура жол табаармын».

11. Ал отко жеткенде чакырган добуш келди: «Эй, Муса!

12. Мен – сенин Эгеңмин. Эки бут кийиминди чеч. Сен Ыйык Тува өрөөнүндөсүң[3].

13. Мен сени тандадым. Сага бериле турган жашыруун кабарды ук.

14. Мен – Алламын. Менден башка Кудай жок! Мага кулдук кыл. Мени эстеп, намазды аткар!

15. Саат (кыямат) келет. Мен аны жакын келгиче купуя сактайм. Ар бир жан аракет кылып жасаган ишинин акыбетин алыш керек.

16. Ага ишенбеген кимдир бирөөлөр, көңүл азгырыгына ээрчигендер сени андан тосуп жүрбөсүн. (Андай болсоң) оңбой каласың.

17. Эй, Муса! Бу, оң колуңдагы эмне?»

18. (Муса) айтты: «Ал менин аса таягым. Ага таянам. Аны менен койлорума жалбырак күбүп берем. Анын мага башка да пайдалары бар».

19. Ал (Алла) айтты: «Эй, Муса! Аны ташта!»

20. (Муса) аны таштады. Ошондо ал жылан болуп сойлоду.

21. Ал айтты: «Карма аны, коркпо! Оболку көрүнүшүнө кайтарабыз.

22. Колуңду койнуңа кат. Эч бир зыяны жок, аппак болуп чыга келет. (Бул да сага дагы бир) башка аят.

23. Биз сага улук аяттарыбызды көрсөтүшүбүз керек болчу.

24. Фараонго бар! Ал чектен ашып кетти».

25. (Муса) айтты: «Эгем! Менин көкүрөгүмдү ач.

26. Ишимди мага жеңил кыл.

27. Байланган тилимди чеч.

28. Алар сөзүмдү түшүнүшү керек.

29. Мага үй-бүлөмдөн бирин жардамчы кыл.

30. Бир тууганым Харунду.

31. Аны менен мага кубат бер.

32. Аны менин ишиме шерик кыл.

33. Биз Сага көп тасбих айтышыбыз керек.

34. Сени көп эстеп зикир кылышыбыз керек.

35. Сен бизди көрүп турасың».

36. (Алла) айтты: «Эй, Муса! Сураганың сага берилди!

37. Биз сага башка бир (учурда) да ырайым кылганбыз.

38. ...Бир убакта сенин энеңе жашыруун кабарды билдирдик:

39. «Аны сандыктын ичине сал да, дарыяга ташта. Дарыя аны жээкке чыгарсын. Аны Мага да, ага да душман болгон бирөө таап алат. Сени Мен Өзүм сүйгүнчүктүү кылдым. Анткени, Менин көз алдымда өсүшүң керек болчу.

40. Сенин эжең ошондо (Фараонго) келип айтып жатат: «Аны кимдин багып өстүрүшүн силерге көрсөтөйүнбү?» Биз сенин энеңдин көзү көрүп кубанып, кайгырбасын деп энеңе кайра кайтарып бергенбиз. Сен бирөөнү да өлтүргөнсүң. Ал кайгыдан да сени куткардык, (сени ар кандай) сыноолор менен сынадык. Бир топ жыл Мадйан калкында турдуң. Эй, Муса! Андан кийин сен мөөнөтүң аяктаганда келдиң.

41. Мен сени Өзүм тандап алдым.

42. Сен бир тууганың менен бирге Менин аяттарымды (көрсөтүш үчүн) жөнө. Мени эстеп зикир кылыштан чарчабагыла.

43. Экөөң Фараонго баргыла. Ал чектен ашты.

44. Ага экөөң тең жылуу сүйлө. Балким, ал эсине келер, же коркоор».

45. (Экөөсү) айтышты: «Эгебиз! Анын бизди капа кылышынан да, залимдик кылышынан да коркуп жатабыз».

46. (Алла) айтты: «Коркпогула! Мен силер менен биргемин. Угуп да, көрүп да турам.

47. Баргыла да, айткыла: «Биз сенин Эгеңдин элчи-пайгамбарларыбыз. Исраил урпактарын биз менен жөнөт. Аларга азап кылба. Биз сага Эгеңдин аяттары менен келдик. Туура жолго ээрчигенге тынчтык бар.

48. Бизге жашыруун кабар берилди. Ким жалганга чыгарса, баш тартса, (анда ага) азап да бар».

49.(Фараон) айтты: «Эй, Муса! Силердин Эгеңер ким?»

50. (Муса) айтты: «Биздин Эгебиз ар кандай нерсенин өзүн жаратып, андан кийин аны туура жолго салды».

51. (Фараон) айтты: «Алгачкы муундардын абалы кандай?»

52. (Муса) айтты: «Алардын маалыматы Эгемдин Жазуусунда бар. Эгем жаңылбайт, унутпайт».

53. Ал силер үчүн жерди бешик кылды. Анда силер үчүн жолдорду пайда кылды. Асмандан сууну түшүрдү. Аны менен түрдүү өсүмдүктөрдөн жуп-жубу менен өстүрүп чыгардык.

54. Жегиле, малыңарды жайгыла. Акыл ээлери үчүн мында аяттар бар.

55. Силерди андан (топурактан) жараттык. Ага кайтарабыз да, кайра баштан андан чыгарабыз.

56. Фараонго бардык аяттарыбызды көрсөттүк. Ал жалганга чыгарды да, баш тартты.

57. (Ал) айтты: «Эй, Муса! Сыйкырың менен бизди жерибизден чыгарыш үчүн келдиңби?

58. Сеникиндей сыйкырды биз да көрсөтө алабыз. Сени менен биздин ортобузга бир убакытты убада кыл. Баарыбызга тең майдан болуп, биз да, сен да аны бузбайлы».

59. (Муса) айтты: «Убадаңардын учуру калайык жыйналган салтанат күндүн шашкеси болсун».

60. Фараон кайтты да, амалкөйлөрүн жыйнады. Андан кийин келди.

61. Муса аларга айтты: «Силерге өкүнүч! Аллага жалганды ойлоп таппагыла! Ал силерди азапка салып жок кылат. Ким жалганды ойлоп тапса ийгилик таппайт».

62. Алар өз ара тартышты да, жашыруун кеңешишти.

63. Алар айтышты: «Бул экөө сыйкырчылар экен. Сыйкыры менен силерди жериңерден чыгарышты каалап жатышат. Силердин салттуу жолуңарды да жок кылганы жатат.

64. Бардык сыйкыр амалыңарды жыйнагыла! Андан кийин катар туруп келгиле. Бүгүн ким үстөмдүк кылса, ал ийгиликке жетет!»

65. Алар айтышты: «Эй, Муса! Же сен ташта, же биз биринчи таштаган бололу».

66. (Муса) айтты: «Жок, силер таштагыла!» Алардын сыйкыр менен таштаган жиптери менен таяктары ага карай жылып келе жатты.

67. Муса көңүлү селт этип коркунучту сезди.

68. (Биз) айттык: «Коркпо! Сен бийиксиң!

69. Оң колуңдагы (асаны) ташта! Алардын жасагандарын жутат. Алардын жасаганы сыйкырчынын амалы. А сыйкырчы кайда болсо да бак таба албайт!»

70. Сыйкырчылар саждага жыгылышты да, айтышты: «Муса менен Харундун Эгесине ыйман келтирдик!»

71. (Фараон) айтты: «Мен силерге уруксат бериштен мурда эле Ага ишендиңерби? Ал (Муса) силерге сыйкыр үйрөткөн эле улугуңар экен. Мен колу-бутуңарды кайчылаштырып туруп кесем! Силерди курма даректарынын бутактарына асам! Ошондо кимибиздин азабыбыз катуу да, туруктуу да экенин билесиңер».

72. Алар айтышты: «Бизге келген ачык далилдерден улам биз сени бизди жараткандан артык көрө албайбыз. Сен эмне өкүмүң болсо кыла бер. Сен дүнүйөлүк жашоодо эле өкүм кыласың.

73. Биз кетирген каталарыбызды жана сенин бизди кыйнаганыңдан кийин жасаган сыйкырларыбызды кечирсин деп, Эгебизге ыйман келтирдик. Түбөлүк Жакшы – Алла Өзү!»

74. Ким Эгесине күнөөкөр болуп келсе, ал үчүн Тозок бар. Анда ал өлүп да калбайт, тирүү да калбайт.

75. Кимдер Ага ыйманы менен келсе, жакшы иштерди жасашкан болсо, анда аларга улук даражалар бар.

76. Алдынан дарыялар агып турган Адну Бейиши бар. Алар анда түбөлүк калышат. Тазаланган пенделердин жазасы ушундай.

77. Биз Мусага жашыруун кабар бердик: «Кулдарымды түндө алып чыгып кет. Алар үчүн деңизден (өтө турган) кургак жол жаса. (Фараондун) кууганынан коркпо, чочуба».

78. Фараон аскерлери менен аларды кууп жетти. Алардын чөктүргөнүн чөктүрүп, деңиз жутуп алды.

79. Фараон калкын адаштырды, Туура жолго салган жок.

80. Эй, Исраил урпактары! Биз силерди душманыңардан куткардык. Тоонун оң жагында силерге (жолугушту) убада кылдык. Силерге манна менен бөдөнөнү түшүрүп турдук.

81. Биз силерге берген таза ырыскылардан жегиле. Андан аша чаппагыла. (Андай кылсаңар) силерге каарым жетет. Кимге каарым жетсе, анда ал өлөт.

82. Ким тобо кылса, ыйманга кирсе, жакшы иш кылса, андан кийин да Туура жолдо жүрсө, анда Мен аны кечирем.

83. Биз айттык: «Эй, Муса! Сени калкыңдан эмне шаштырды?»

84. Ал айтты: «Эгем! Алар менин изимден (келе жатышат). Мен сенин ыраазылыгың үчүн Сага шаштым».

85. (Алла) айтты: «Биз сенден кийин сенин калкыңды сынадык. Аларды Самириялык адаштырды».

86. Муса кейип-кепчип, калкына ачуусу келип кайтты да, айтты: «Эй, калкым! Эгеңер силерге жакшылыкты убада берип, убада кылбады беле? Силерге убада узак көрүнүп кеттиби? Же силерге Эгеңердин каары келишин каалап жатасыңарбы? Мага берген убадаңарды буздуңарбы?»

87. Алар айтышты: «Сага берген убаданы өз эркибиз менен бузганыбыз жок. Бизге (тиги) калайыктын жасалгалуу жүктөрү жүктөлгөн болчу. Аларды (эритиш үчүн) отко ыргыттык. Самириялык да отко таштаган болчу».

88. Ал (Самириялык андан) аларга өкүргөн музоонун тулкусун жасап чыгарды. Алар (тиги калайык) айтышты: «Мусанын да, силердин да кудайыңар (мурун) ушул болчу. Ал (аны) унутуп калган».

89. Алар анын сүйлөй албаганын, аларга пайда да, зыян беришке да бийлиги жок экенин көрүшпөдүбү?

90. Аларга мурун эле (Муса келгиче) Харун айткан эле: «Эй, калкым! Силер ушуну менен сынга түштүңөр. Силердин Эгеңер – Рахман. Мени ээрчигиле, менин буйругума баш ийгиле».

91. Алар айтышты: «Муса бизге кайтып келгенге чейин аны урмат кылганыбызды токтотпойбуз».

92. (Муса келгенде) айтты: «Эй, Харун! Булардын адашканын көргөнүндө сени артымдан келтирбей эмне тосту?

93. Мага жетип келбепсиң. Менин буйругума каршы чыктыңбы?»

94. (Харун) айтты: «Эй, энемдин уулу! Менин сакалыма да, башыма да асылба. Мен сенин «Исраил урпактарын бөлүп-жарыпсың, сөзүмдү сактабапсың!» – деп айтарыңдан корктум».

95. (Муса) айтты: «Эй, Самириялык! Сен эмне дейсиң?!»

96. (Самириялык) айтты: «Мен көргөндү алар көрүшкөн жок. Элчинин изинен мен бир ууч топурак алдым да, ага (музоого) чачтым. Көңүлүмө ушул ой жай алды».

97. (Муса) айтты: «Кет! Сен өмүр бою (мага) «Жолобогула!» деп (айтып, жалгыз) жүрүп өтөсүң. Сен үчүн өзгөрүлбөй турган бир мөөнөт да бар. Сен өзүңдүн урматтап сыйынган кудайыңа кара! Биз аны өрттөйбүз. Андан кийин күйдүрөбүз да, күлүн дарыяга чачып жиберебиз.

98. Силердин кудайыңар Алла! Андан башка Кудай жок! Анын илими бардык нерсени багындырат».

99. Ошентип, сага кээ бир өткөн окуяларды баяндап жатабыз. Сага өзүбүздүн Зикирди (Куранды) бердик.

100. Ким андан жүз үйүрсө, ал кыямат күнү (күнөөсүнүн) жүгүн көтөрөт.

101. Алар анда түбөлүк калышат. Алардын кыямат күнү көтөргөн жүгү жаман болду!

102. Ал күнү сурнай тартылат. Көздөрү (коркконунан) көгөрүп кеткен күнөөкөрлөрдү жыйнайбыз.

103. Алар өз ара шыбырашат: «Он күн эле калдыңар».

104. Алардын эмне айтып жаткандарын Биз жакшы билебиз. Алардан туура сүйлөгөнү айтат: «Силер бир эле күн калдыңар».

105. Алар сенден тоолор тууралуу сурап жатышат. Айт: «Эгем аларды майдалап чаңга айлантып салат».

106. Аларды тептегиз чөлгө айлантат.

107. Сен анда жогору көтөрүлүп турган, төмөн түшүп кеткен жерди көрбөйсүң.

108. Ал күнү алар чакыруучуга буйдалбай ээрчип жөнөшөт. Рахманга (сурак берээрде) үндөр өчөт. (Басып келе жаткандардын) шыбыртынан башканы укпайсың.

109. Ал күнү Рахман кимге колдошту уруксат берсе, ага гана колдоо жетет. Ал кимге ыраазы болсо, ага гана сөз тийет.

110. Ал алардын алдындагыны да, артындагыны да билет. Алар муну толук билишпейт.

111. Баарысы жүзү менен Түбөлүк Тирүү (Аллага) ийилет! Ким зулумдукту көтөрүп келген болсо, ал акталбай куру калат.

112. Ким жакшы иштерди жасаган ыймандуу пенде болсо, өзүнө зулумдук жетишинен да, кысымга алынышынан да коркпойт.

113. Ошентип, Куранды араб тилинде түшүрдүк. Анын ичинде ар кыл коркунучтарды эскерттик. Балким, алар такыбалык кылышаар. Же, аларга эскертүүнү (Куранды) эстешке түрткү берээр.

114. Алла – Улук, Акыйкат Падыша. Сага жашыруун кабар түшүп жатканда (ал) бүтө электен мурун Куранды окушка ашыкпа. Айт: «Эгем! Илимимди өстүр!»

115. ... Биз мурда эле Адам менен келишим түзгөнбүз. Ал аны унутту. Биз анын бекем турганын көрө албадык.

116. Бир убакта периштелерге айттык: «Адамга сажда кылгыла!» Иблистен башкасы сажда кылышты. Ал текебердик кылды.

117. Адамга айттык: «Эй, Адам! Бул сага да, сенин аялыңа да душман. Экөөңдү бактан чыгарып жүрбөсүн. Анда бак-таалайдан таясыңар.

118. Сен анда ач калбайсың, жылаңач да калбайсың.

119. Анда сен чаңкабайсың, күндүн ысыгына да куйкаланбайсың».

120. Шайтан аны азгырды да, айтты: «Эй, Адам! Түбөлүк Дарак менен бирге колдон кетпеген бийликти көрсөтөйүнбү?»

121. Ал экөөсү анын жемишинен жешти. (Ошондо) экөөсүнүн тең уяттуу жерлери ачылды. Экөө бактын жалбырактарынан жамынчы тигип кийе башташты. Адам Эгесине күнөөкөр болду, чектен чыкты.

122. Ошондон кийин да Эгеси аны (пайгамбар кылып) тандап алды. Тобосун кабыл кылды да, Туура жолго салды.

123. ...Ал (Алла) айтты: «Андан экөөң тең, жалпы түшкүлө! Бир-бириңерге душмансыңар. Киминерге Менден Туура жол келсе, ким Менин Туура жолума жүрсө, анда ал адашпайт, бактысыз да болбойт.

124. Ким Менин эскерткенимден баш тартса, анда анын турмушу оор. Кыяматта (андайларды) сокур калган боюнча жыйнап келебиз.

125. Ал айтат: «Эгем! Мени эмнеге жыйынга сокур кылып алып келдиң? Мен (мурда) көрчү элем».

126. (Алла) айтат: «Ушундай! Сен сага келген аяттарыбызды унуткансың. Ошентип, бүгүн сен өзүң да унутуласың».

127. Чектен чыккандарды, Эгесинин аяттарына ишенбегендерди ушундай жазалайбыз. Акыреттин азабы ары катуу, ары түбөлүктүү.

128. Аларга чейинки Биз кыйраткан нечендеген муундардын журттарында басып жүрүшкөнүнө карабай, алар Туура жолго жүрбөй жатышабы? Мында акыл эелери үчүн аяттар бар.

129. Эгер Эгең тарабынан берилген (убада) сөз өтпөгөн болсо, (аларга жаза) сөзсүз жетер эле. (А бирок), алардын мөөнөтү да (келбей койбойт).

130. Алардын айткандарына сабыр кыл. Күн чыгардан алдын да, Күн батканга чейин да Эгеңди даңктап тасбих айт. Түн ичинде да, күндүздүн эки мезгилинде да (эртели-кеч) тасбих айт. Балким, (Эгеңден) ыраазылык табаарсың.

131. Алардын кээ бирлерине пайдаланыш үчүн дүнүйөлүк жашоосунун көркү кылып, сынаш үчүн кош-коштоп бергендерибизге көз кы-

рыңды салып караба. Эгеңдин берген ырыскысы жакшы, түбөлүк (түгөнбөйт).

132. Үй-бүлөңдү намазга буйру, ага сабыр кыл. Биз сенден ырыскы сурабайбыз. Сага ырыскыны Биз беребиз. Такыбаларга акыбети бар.

133. Алар айтып жатышат: «Эгесинен ал бизге бир аят келтирбейби?» Аларга мурунку Ыйык Баракта ачык далилдер келбеди беле?

134. Эгер биз аларды ага чейин азап жиберип кыйраткан болсок, анда алар айтышар эле: «Эгебиз! Бизге бир элчи-пайгамбар жиберген болсоң, анда биз кор болуштан, шерменде болуштан мурун эле Сенин аяттарыңа зэрчимекпиз».

135. Айт: «Ар бир (пенде) күтөт. Силер да күткүлө. Жакында кимдер Туруктуу түз жолдун ээлери экенин, ким Туура жолду тапканын билесиңер».

21. АНБИА СҮРӨӨСҮ[1]

ПАЙГАМБАРЛАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Калайыкка (кыямат күнкү сурактын) эсеби жакындады. Алар (мындан) бейкапар, терс бурулуп жүрүшөт.

2. Аларга Эгесинен эч кандай жаңы эскертүү да келбейт. Алар аны угушса да, оюн көрүп жатышат.

3. Алардын жүрөктөрү да кубанычта. Бу залимдер жашыруун кеңешип жатышат: «Ал силерге окшош эле адам эмеспи? Силер аны көрүп туруп эле сыйкырланып калдыңарбы?»

4. Ал айтты: «Менин Эгем (жети кат) асман менен жерде болгон сөздүн баарын билет. Угуучу да, Билүүчү да Ал Өзү!»

5. Ырас! Алар айтышты: «Башаламан түштөй экен! Жок! Аны ал өзү ойлоп таап алыптыр! Жок! Ал акын экен! Ал бизге мурдагы жиберилген элчи-пайгамбарлардай бир аят менен келсин!»

6. Мурунку калаалардын (калкы да) ишенген эмес болчу. Биз аларды кыйраттык. Булар ишенишеби?

7. Сага чейин да Биз эркек кишилерди гана жөнөткөнбүз. Аларга жашыруун кабар бергенбиз. Эгер билбей жатсаңар, анда эскертүүгө ээ болгондордон сурагыла.

8. Биз алардын денесин тамак менен азыктанбай турган, аларды түбөлүк (өлбөй турган) да кылган эмеспиз.

9. Андан кийин Биз аларга берген убадабызды чындыкка чыгардык. Алардан кимисин кааласак куткардык. Чектен чыккандарды кыйраттык.

10. Биз силерге Жазууну түшүрдүк. Анда силер үчүн эскертүү бар. Акыл жүгүртпөйсүңөрбү?

11. Биз залим болуп кеткен нечендеген калааларды кыйраттык. Алардан кийин башка калайыкты өстүрдүк.

12. Аларды Биздин кыйрата турганыбызды ал жерде сезишсе, андан алар качып жөнөшөт эле.

13. Качпагыла! Силерге берилген берекеси мол жериңерге, андагы турак-жайыңарга кайра кайтып келгиле! Балким, силер сураласыңар.

14. Алар айтышты: «Аттиң, бизге арман! Биз залим болгон экенбиз!»

15. Биз аларды оруп таштаган эгинзардай тыптыйпыл кылганга чейин алардын (чуу түшүп) кыйкыргандары токтогон эмес.

16. Биз (жети кат) асман менен жерди жана алардын ортосундагыларды ойноп жараткан эмеспиз.

17. Эгер Биз оюн-зоокту кааласак, муну кыла турган болсок, анда Өзүбүз үчүн кылат элек.

18. Ырас! Биз акыйкат менен жалганды кыйратабыз. Ал анын талкан-ташын чыгарып жоготот. Шерик кошконуңар үчүн силерге өкүнүч бар!

19. (Жети кат) Асман менен жердегилердин баарысы Аныкы. Анын алдында кимдер болбосун Ага кулдук кылышка текеберлик кылышпайт. Мындан чарчашпайт.

20. Алар Ага түнү да, күндүзү да чарчабай тасбих айта беришет.

21. Алар өздөрү үчүн кудайларды жерде жасап алыштыбы? Алар өлүктү тирилте алышабы?

22. Эгер ал экөөндө Алладан башка кудайлар болсо, анда ал экөөсү чирип кетет болчу. Субханалла! Арштын Эгеси алар сыпат кылгандан бийик.

23. Ал (Алла) кылган ишине сурак бербейт. Алар суракка алынат.

24. Же, алар Анын ордуна башка кудайларды жасап алыштыбы? Айт: «Далилдериңерди келтиргиле! Бул (Куран) мени менен бирге болгондорго да, мага чейин болгондорго да эскертүү. Жок! Алардын көпчүлүгү акыйкатты билишпейт. Алар терс бурулуп жатышат.

25. Биз сага чейин бир да элчи-пайгамбарга (ушундай) кабар бербей туруп жөнөткөн эмеспиз: «Менден башка Кудай жок, Мага кулдук кылгыла!»

26. Алар айтышты: «Рахмандын баласы бар экен». Субхана! Жок! (Анын) сый-урмат берген кулдары (периштелери) эле бар.

27. Алар Андан алдыга өтүп сүйлөшпөйт. Анын буйругу менен иш кылышат.

28. Ал аларга чейинкилерди да, андан кийинкилерди да билет. Ал кимге ыраазы болбосо, аны алар (периштелер) да колдой алышпайт. Алар Андан коркуп турушат.

29. Алардын арасынан кимиси: «Мен Андан башка Кудаймын!» – деп айта алат? Ким антсе, аны Биз Тозокто жазалайбыз. Залимдерди Биз ушинтип жазалайбыз.

30. Капырлар (жети кат) асман менен жер бирге болгонун, а Биздин ал экөөсүн бөлгөнүбүздү көрүшпөдүбү? Биз жандуулардын баарысын суудан жаратканбыз. Алар (буга) ишенишпейби?

31. Биз Жер менен бирге алар чайпалып кетпеши үчүн бекем турган (тоолорду анда) орноттук. Анда өткөөл жолдорду кылдык. Балким, туура жолдо жүрөөрсүңөр.

32. Асманды сактай турган шып кылдык. Алар Анын аяттарынан баш тартып жатышат.

33. Ал түн менен күндүздү, Күн менен Айды жаратты. Баарысы мейкиндикте сүзүп жүрүшөт.

34. Биз сага чейин да эч бир адамды түбөлүк калтырган эмеспиз. Эгер сен өлсөң, алар деле түбөлүк калбайт.

35. Ар бир жан өлүмдүн (даамын) татат. Биз силерди жакшылык менен да, жамандык менен да сынайбыз. Бизге кайтарылып келесиңер.

36. Капырлар сени көргөндө күлүп жатышат: «Силердин кудайларыңарды эскертип жаткан ушулбу?» «Рахман» деп эскерткенде да капырлык кылып жатышат.

37. Инсан шашма болуп жаратылган. Мен силерге аяттарымды көрсөтөм. Мени шаштырбагыла!

38. Алар айтып жатышат: «Эгер чын айткандардан болсоң, анда бул убада качан аткарылат?»

39. Эгер капырлар беттерин да, аркаларын да оттон коргой албаган учурду билген болсочу! (Ошондо) аларга эч бир жардам кылынбайт.

40. Ырас! Ал аларга капысынан келет, аларды таң калтырат. Алардын аны кайтарышка чамасы да жетпейт. Аларга мөөнөт да берилбейт!

41. Сага чейинки элчи-пайгамбарларды да шылдыңдашкан. Алардын кылган шылдыңы да, маскарасы да өз баштарына жеткен.

42. Айт: «Силерди түндө да, күндүзү да Рахмандан ким сактай алат?» Ырас! Алар өз Эгесин эстегенден баш тартып жатышат.

43. Же алардын Бизден тосуп сактай турган кудайлары барбы? Алары өздөрүнө да жардам бере алышпайт, Бизден да коргоно алышпайт.

44. Ырас! Биз буларга да, булардын аталарына да канчалык узак өмүр сүргөнүнө жараша жашоонун пайдасын бергенбиз. Алар Биздин ар тарабынан жерди кыскартып келе жатканыбызды көрүшпөй жатабы? Жеңүүчүлөр алар болушабы?

45. Айт: «Мен силерге мага келген жашыруун кабарды эскертип жатам». Дүлөй эскертилген чакырыкты деле укпайт.

46. Эгер аларга Эгеңдин азабынан бир үйлөгөн ооздун желинче эле жетип келген болсо, айтышар эле: «Аттиң бизге! Биз залим болгон экенбиз!»

47. Биз кыямат күнү туура өлчөгөн таразаларды коёбуз. Бир да жанга зулумдук кылынбайт. Эгер анын сары кычынын данынын салмагындай (кылган жакшылыгы же жамандыгы) болсо да анысын келтиребиз. Биз толук эсептейбиз!

48. Биз мурун эле Муса менен Харунга Ажырымды да, (жарык) нурду да, Зикирди да такыбалар үчүн эскертүү кылып бергенбиз.

49. Алар көрбөй турса да Эгесинен коркушат, кыямат күнүнөн да коркушат.

50. Бул (Куран) – Ыйык Зикир (эскертүү). Аны Биз түшүрдүк. Силер аны четке кагасыңарбы?

51. ...Биз мурун эле Ибрахимге туура жолду берген болчубуз. Биз аны билгенбиз.

52. Ал атасына да, калкына да айтты: «Силер бул буркандарды эмнеге урмат кылып жатасыңар?»

53. Алар айтышты: «Биз аталарыбыздын аларга кулдук кылышканын билдик».

54. Ал айтты: «Силер да, силердин аталарыңар да аныk адашкан экен».

55. Алар айтышты: «Сен акыйкат менен келдиңби, же сен (бизге) оюн кылып жатасыңбы?»

56. Ал айтты: «Ырас! Силердин Эгеңер – (жети кат) асман менен жердин Эгеси. Аларды Ал жараткан. Мен буга күбөлүк берүүчүлөрдүн биримин!

57. Аллага ант! Силер аларды таштап кеткениңерден кийин буркандарыңарга каршы куулук кылам».

58. Ал алардын (буркандардын) чоңунан башкасынын баарын талкалады. Балким, алар ага (чоңуна суранып) кайрылышаар.

59. Алар айтышты: «Биздин кудайларыбызга бул ишти ким кылды? Ал залимдерден бири экен!»

60. Алар айтышты: «Биз алар тууралуу бир жаш жигит айтып жатат деп укканбыз. Аны Ибрахим дешкен».

61. Алар айтышты: «Аны калайыктын көз алдына алып келгиле! Балким, алар күбөлүккө өтүп беришээр».

62. Алар айтышты: «Эй, Ибрахим! Биздин кудайларга бул ишти сен кылдыңбы?»

63. Ал айтты: «Жок! Алардын мына бул чоңу кылды. Эгер сүйлөй алышса, алардан сурап көргүлө».

64. Алар өздөрү бири-бирине кайрылышты да, айтышты: «Силер өзүңөр адашкансыңар».

65. Андан кийин алардын башы айланды (да, айтышты): «Булардын эч нерсени сүйлөй албашын сен билесиң го».

66. (Ибрахим) айтты: «Силер Алланын ордуна силер үчүн пайда да, зыян да жеткире албагандарга кулдук кылып жүрөсүңөрбү?

67. Түү! Силерге да, Алланын ордуна кулдук кылгандарыңарга да! Акылыңарга келбейсиңерби?!»

68. Алар айтышты: «Эгер (Ибрахимдин бир чарасын) кыла турган болсоңор, анда аны отко өрттөгүлө! Кудайларыңарга жардам бергиле!»

69. Биз айттык: «Эй, от! Ибрахимге салкын бол, саламат сакта!»

70. Алар ага каршы айла кылышты каалашты. Биз аларды кусур ургандардан кылдык.

71. Биз аны да, Лутту да куткардык. Ааламдар үчүн берекелүү кылган жерге (алып келдик).

72. Ага Исхакты бердик. Йакубду кошуп (бердик). Алардын баарын жакшылардан кылдык.

73. Аларды Биздин буйругубуз менен Туура жолго жетелей турган жол башчылардан кылдык. Аларга жакшылык кылышты, намазды аткарышты жана зекетти беришти (калайыкка эскертишке) жашыруун кабар бердик. Алар Бизге кулдук кылышкан.

74. Лутка Биз даанышмандыкты да, илимди да бердик. Аны жаман иштерди жасаган калаадан куткардык. Алар жаман ыпыластыкты жасашкан калайык болчу.

75. Биз аны рахматыбызга бөлөдүк. Ал жакшы пенделеribиздин бири болчу.

76. ...Нух да мурда Бизди жардамга чакырган. Биз да ага жооп кайтардык. Анын үй-бүлөсүн чоң кайгыдан куткардык.

77. Аяттарыбызды жалганга чыгарган калайыктан (коргоп) жардам бердик. Алар жаман калайык болчу. Биз аларды чөктүрүп жибердик.

78. ...Бир убакта Дауд менен Сулайман экөөсү эгинзар туурасында өкүм чыгарып жатышты. Бир калайыктын койлору аны каптап кирип бүлүндүргөн эле. Биз алардын өкүмүнө күбө болуп турдук.

79. Мунун (өкүмүн) Сулайманга биз түшүндүрдүк. Алардын ар бирине Биз даанышмандыкты да, илимди да бердик. Алар бизге тасбих айтып (шүгүр кылсын үчүн) Даудка тоолор менен канаттуу куштарды баш ийдирдик. Муну (аларга) Биз кылдык.

80. Биз ага силерге (жеткен согуш) кырсыгынан коргонушуңар үчүн кийе турган (соот) жасашты үйрөттүк. Силер шүгүр кылдыңарбы?

81. ...Сулайманга катуу соккон шамалды (баш ийдирдик). Анын буйругу менен Биз береке чачкан жерге карай согот эле. Биз бардык нерсени билип турабыз.

82. Ага суу түбүнө сүзүп кирген, мындан башка да ар кыл иштерди кыла турган шайтандарды (жиндерди ага баш ийдирдик). Алардан (аны) Өзүбүз сактачу элек.

83. ...Бир убакта Аййуб Эгесин жалбарып чакырды: «Мени балээ чырмады. Сен ырайымдуулардын Ырайымдуусусуң!»

84. Биз ага жооп кайтардык. Андан балээни алып салдык. Биз ага үйбүлөсүн да (кайрып) бердик. Аларга кошуп Өз ырайымыбыз менен аларга окшош (перзенттерди дагы бердик). Кулдарыбызга эскертүү болсун.

85. ...Исмаил да, Идрис да, Зул-Кифл да... баарысы сабыр кылгандар болчу.

86. Аларды Биз рахматыбызга бөлөдүк. Алар жакшылардан болчу.

87. ...Бир убакта ачууланып кетип калган Зуннунду[2] да (эскер). Биздин анын (кылган ишине) күчүбүздү жетпейт деп ойлоду. Ал караңгылыктардын ичинде Бизге жалынды: «Сенден башка Кудай жок! Субханака! Мен залим экенмин!»

88. Биз ага жооп кайтардык. Аны кайгыдан куткардык. Ыймандуу пенделерди ушинтип куткарабыз.

89. ...Закариийаны да (эскер). Бир убакта ал Эгесин жалбарып чакырды: «Эгем! Мени жалгыз калтырба. Мурас берүүчүлөрдүн жакшысы Өзүңсүң!»

90. Биз ага жооп кайтардык. Ага Йахйаны бердик. Анын аялына (төрөгөнгө) жардам бердик. Алар жакшы иштерди тез жасашчу. Бизден ар дайым коркуп, үмүт үзбөй дуба кылышчу. Алар Бизге моюн сунушкан.

91. ...Ал (Марйам) өз абийирин сактайт эле. Биз ага Өз рухубуздан үйлөп киргиздик. Аны да, анын уулун да ааламдар үчүн бир аят кылдык.

92. Силердин бул үмөтүңөр бир эле үмөт. Мен силердин Эгеңермин. Мага гана кулдук кылгыла!

93. Алар өздөрүнүн ишин бөлүп-жарып салышты. Баарысы Бизге кайтарылып келет.

94. Ким жакшы иштерди жасаган болсо, анда ал – ыймандуу пенде. Анын аракети жок болбойт. Биз аны жазып турабыз.

95. Биз кыйраткан калаанын (калкына кыяматка чейин тирилип) кайра кайтышка тыюу салынды.

96. (Алар үчүн) Йажуж менен Мажуж ачылып келгиче (убакыт бар). Алар ар бир дөбөдөн (төмөн карай) агылып келет.

97. Ак убада жакын калды. Ал (келгенде) капырлардын (көздөрү) тигилип карайт: «Аттиң бизге! Мындан капылет калган экенбиз! Ырас! Биз залим болгон экенбиз!»

98. Силер да, Алланын ордуна кулдук кылгандарыңар да тозоктун отуну. Силер ага киресиңер.

99. Эгер алар кудайлар болсо, анда ага киришпейт болчу. Алардын баарысы анда түбөлүк калышат.

100. Алар анда онтоп үшкүрүшөт. Алар анда (андан башка эч нерсени) угушпайт.

101. Бизден (буга чейин) жакшылык жеткендер да бар. Алар андан алыс болушат.

102. Алар анда анын шыбыртын да угушпайт. Алар напсиси тартып каалаган нерселери менен бирге түбөлүк калышат.

103. Алар чоң коркунучка (туш болуп) кайгырышпайт. Периштелер аларды тосуп чыгышат: «Силерге убада кылынган күн ушул!»

104. Ал күнү Биз асманды жазылган баракгарды түрмөктөгөндөй түрмөктөйбүз[3]. Оболу жаратып баштагандай, Биз аны убадабызга ылайык кайталайбыз. Биз (муну) кылабыз!

105. Биз Забурда эскертүүлөрдөн кийин жазганбыз: «Менин жакшы (иш жасаган) кулдарым Жерге мураскор болушат».

106. Мында (Аллага) кулдук кылгандар үчүн кабар бар.

107. Биз сени ааламдарга ырайым кылыш үчүн жөнөттүк.

108. Айт: «Мага жашыруун кабар берилди: «Силердин кудайыңар – Жалгыз Кудай. Силер мусулман болосуңарбы?»

109. Эгер алар баш тартышса айт: «Баарыңарга тегиз жарыя кылдым. Силерге берилген убада жакынбы, же алыспы, аны билбейм.

110. Ал жарыя айтылган сөздү билип турат. Ал жашырганыңарды да билип турат.

111. Мен билбей жатам. Балким, бул (дүйнө) силер үчүн сыноо, бир мезгилге чейин эле пайдасы бардыр».

112. Ал айтты: «Эгем! Акыйкат өкүм кыл! Биздин Эгебиз – Рахман! Силер сыпаттагандарга каршы Жардам кылуучу да Ал Өзү!»

22. ХАЖ СҮРӨӨСҮ[1]

АЖЫ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Эй, калайык! Эгеңерден корккула! Кыяматтын саатындагы силкиниш улук адисе.

2. Ал күнү көрөсүң: ар бир эмизүүчү эмизгенин унутат. Боюнда бар (ургаачы) боюндагысын түшүрөт. Калайыктын мас экенин көрөсүң. Алар мас эмес... Анткени, Алланын азабы катуу!

3. Калайыктан айрымдары Алла тууралуу билбей эле талашып жатышат. Алардын баарысы козголоңчу шайтанды ээрчип жүрүшөт.

4. Алар үчүн жазылган: ким аны ээрчисе, ал аны адаштырат. Ал аны Тозок азабына жетелейт.

5. Эй, калайык! Эгер (өлгөндөн кийин) тирилишке шек кылсаңар, Биз силерди топуракган, андан кийин бир тамчыдан, андан кийин уюган кандан, бир борумга ээ, же ээ эмес бир үзүм эттен силерге (кудуретибизди) ачык билдириш үчүн жаратканбыз. Жатындардын ичинде Өзүбүз каалаган

ган белгилүү бир мөөнөткө чейин жайгаштырып коёбуз. Андан кийин силерди бөбөк кылып чыгарабыз. Ошондон кийин эрезеге жетишиңер керек болчу. Силерден кимдир бирөөлөр жан берип жатышат. Силерден кимдир бирөөлөр билгенин да билбей калыш үчүн алсыз жашоого кайтарылып келип жатат. Куураган жерди көрүп турасың. Ага сууну түшүрсөк кыймылга кирет да, көөп чыгат. Катар-катар ар кыл кооз өсүмдүктөр өнүп чыгат.

6. Алланын Ак экени ушул! Ал өлүктү да тирилтет. Ал бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

7. Саат келет. Анда эч шек жок. (Ошондо) Алла мүрзөдөгүлөрдү тирилтет.

8. Калайыктан билими жок эле Алла туурасында талашып жаткандар бар. (Алардын) Туура жолу да, (жарык) нур (берген) Жазуусу да жок.

9. Алланын жолунан адаштырыш үчүн мойнун толгойт. Ал үчүн бул дүйнөдө шермендечилик бар. Ага кыямат күнү азабын жедириш үчүн күйдүрөбүз.

10. Бул сенин эки колуң менен мурунку даярдагандарыңдын азабы! Алла кулдарына залим эмес.

11. Калайыктан Аллага ортозаар кулдук кылып жаткандар да бар. Эгер ага (Алладан) бир жакшылык жетсе көөнү тынч алат. А эгер ага бир балээ жетсе, анда ал аркасына кайтып кетет. Аны дүнүйөдө да, акыретте да кусур урду. Анык кусур урду деген ушул!

12. Алар Алланын ордуна өздөрүнө пайда да, зыян да бере албай турган буркандарга сыйынып жатышат. Терең адашуунун өзү ушул!

13. Алар пайдасынан зыяны көп кимдир бирөөгө (бир нерсеге) сыйынып жатышат. Анысы кандай жаман колдоочу, кандай жаман жолдош!

14. Алла ыймандуу пенделерди, жакшы иштерди жасагандарды алдыларынан дарыялар агып турган (Бейиш) бактарына киргизет. Алла каалаганын жасайт.

15. Ким эгер өзү тууралуу Алла бул дүйнөдө да, акыретте да жардам бербейт деп ойлой турган болсо, анда ал бир жип менен асманга асылып чыксын да, андан кийин (аны) кесип таштасын. Андан кийин карап көрсүн. Бул амалы менен ачуусун келтирген нерсени жок кыла алабы?

16. Ошентип, анын (Курандын) далилдүү аяттарын түшүрдүк. Алла кимди каалаган болсо, аны Туура жолго салат.

17. (Калайыкта) ыйманга киргендер да, жөөттөр да, сабийлер да, христиандар да, отко сыйынгандар да, мүшүрүктөр да бар. Алла кыямат күнү аларды ажыратып бөлөт. Алла бардык нерсеге Күбө.

18. Аллага (жети кат) асмандагылар да, жердегилер да, Күн да, Ай да, жылдыздар да, тоолор да, даректар да, айбанаттар да, калайыктан да көпчүлүгү сажда кылышып жатканын көрбөдүңбү? (Алардын) көпчүлүгүнө азаптын бар экени да ак. Алла кимди кор кылган болсо, анда аны урмат кылуучу да жок. Алла каалаганын жасайт.

19. Булар Эгеси тууралуу талаш кылышкан эки топ болчу. Капырларына оттон кийим тигилди. Төбөлөрүнөн ылдый кайнаган суу куюлат.

20. Муну менен алардын денесинин ичи да, терилери да эзиле берет.

21. Аларды (ура турган) темир күрсүлөр да бар.

22. Качан болбосун, алар андагы азаптан чыгышты каалашса, аларды ага кайра кайтарышат: «Азаптын даамын күйүп жатып таткыла!»

23. Алла ыймандуу пенделерди, жакшы иштерди жасагандарды, алдыларынан дарыялар агып турган (Бейиш) бактарына киргизет. Алар анда алтын менен берметтен жасалган билериктерди (тагынып) жасанышат. Алардын андагы кийимдери жибектен болот.

24. Алар ыйык сөзгө ээрчигендер, Даңктуу Кудайдын жолуна ээрчигендер болчу.

25. Капырларды да, Алланын жолунан тоскондорду да, жалпы калайыкка бирдей ыйык болгон Харам Мечитинен тоскондорду да, мейли анда тургандарды, же андан көчүп кеткендерди болсун, жана ким анда зулумдук кылышты, (динден) кайтышты каалаган болсо, Биз ага оор азаптын даамын таттырабыз.

26. ...Бир убакта Ибрахимге Үйдүн (Каабанын) ордун көрсөттүк (да, айттык): «Мага эч бир нерсени шерик кылба. (Каабаны) тоop кылуучуларга, (анда намаз окуп) тик тура тургандар үчүн, руку кыла тургандар үчүн, сажда кыла тургандар үчүн таза карма».

27. Калайыкты ажы кылышка чакыр. Алар сага жөө да, арыктаган улоолордун үстүндө да ар кайсы алыскы аймактардан келишет.

28. Алар өздөрүнө ылайык пайдаларын көрүшсүн. Аларга ырыскы кылып берилген малдардан (курмандык кылып, белгиленген) саналуу күндөрдө Алланын атын зикир кылышсын! Андан өзүңөр да жегиле, жардыларга да, муктаж болгондорго да жегизгиле.

29. Андан кийин алар кир-когун кетиришсин. Назрларын аткарышсын. Байыркы Үйдү (Каабаны) айланып тоop кылышсын.

30. (Дагы) ушундай! Ким Алланын тыюу салгандарын бийик санаса, алар үчүн Эгесинин алдында жакшылык бар. Силерге (арам экени Жазуу-да) окулгандардан башка малдар адал болду. Ыпылас буркандардан сактангыла! Жалган сөздөн да сактангыла!

31. Аллага мүшүрүктөрдөй эмес, ханифтердей болгула. Ким Аллага шерик келтирсе, анда ал асмандан кулап түшкөндөй, аны (жырткыч) куш чеңгелдеп кетип жаткандай, же шамал алыс жерге учуруп кеткендей болот.

32. (Дагы) ушундай! Ким Аллага (багышталып) белгиленген (курмандыкты) аздектесе, анда ал жүрөгү такыба болгондордун бири.

33. Курмандыктан белгилүү бир мезгилге чейин пайдаланышка акыңар бар. Андан кийин анын орду Байыркы Үйдө болушу керек.

34. Биз ар бир үмөт үчүн аларга берген малдардан Алланын атына атап (курман чалууну) жол-жобосу менен буйрудук. Силердин кудайыңар Жалгыз Кудай. Ага моюн сунгула. Баш ийгендерге сүйүнчүлө.

35. Алланын аты зикир кылынса алардын жүрөктөрү коркот. Өздөрүнө келген кыйынчылыктарга алар сабыр кылышат, намазды да аткарышат. Биздин берген ырыскыбыздан каржы да кылышат.

36. (Төөлөр сыяктуу) кара малдарды силер үчүн Аллага (багыштап) белгиленген (курмандык) катары жараттык. Мында силер үчүн жакшылык бар. Катар тургузуп (соё турган болгондо) аларга Алланын атын атагыла. Алардын жамбаштары жерге тийсе, (жаны чыккандан кийин бышырып) андан өзүңөр да жегиле. Канаат кылгандарга да, сурагандан уялгандарга да (тегиз) жедиргиле. Ошентип, аларды силерге баш ийдирдик. Балким, силер шүгүр кылаарсыңар.

37. Алардын эттери да, кандары да Аллага жетпейт. Бирок, Ага силердин такыбалыгыңар эле жетет. Ошентип, силерди Туура жолго салган Алланы улукташыңар үчүн аларды силерге багындырып баш ийдиргенбиз. Жакшылык кылгандарга сүйүнчүлө.

38. Алла ыйманга киргендерди коргойт. Алла кыянатчы капырларды сүйбөйт.

39. Зулумдукка учурагандар үчүн бастырып кирип келгендерге каршы (согушканга) уруксат берилди. Алланын аларга жардам беришке күчү жетет.

40. Алар «Эгебиз Алла!» дегендери үчүн эле ак жеринен журттарынан чыгарылгандар болчу. Эгер Алла калайыкты адамдардын кээ бирин башкасы аркылуу коргобосо, анда ибадатканалар, чиркөөлөр, синагогалар, ичинде Алланын аты көп зикир кылынган мечиттер кыйратылат болчу. Ким жардам берип жатса, Алла да ага жардам берет. Күчтүү да, Улук да Алла Өзү!

41. Эгер Биз аларды жер жүзүнө (бекем) жайгаштырсак, анда алар намазды да аткарышат эле, зекетти да беришет эле. Жакшылыкка буйрушат болчу, жамандыктан кайтарышат болчу. Иштердин акыбети – Аллада.

42. Эгер алар сени жалганчыга чыгарып жатышса, алардан мурун Нухтун калкы да, Ад калкы менен Самуд калкы да (пайгамбарларын) жалганчы кылышкан.

43. Ибрахимдин калкы да, Луттун калкы да,

44. Мадйандын тургундары да (жалганчы кылышкан); Муса да жалганчы атыккан. Мен капырларга мөөнөт бердим да, андан кийин аларды катуу кармадым. Менин каарым кандай болду!

45. Нечендеген калааларды кыйраттык. Алардын (тургундары) залим болчу. Алар орду-түбү менен кыйрады. Ээн калган кудуктар, таш-талканы чыккан ордо сарайлар!

46. Алар жер бетин кезишкен жокпу? Алар жүрөктөрү менен сезип акылга келишпейби? Уга турган кулактары бар эмеспи. Аларды көрүшөт, сокур эмес. А бирок, көкүрөгүндөгү жүрөктөрү сокур экен!

47. Алар сенден азаптын келишин шаштырып жатышат. Алла Өз убадасын бузбайт. Сенин Эгеңдин бир күнү силердин санаганыңардын миң жылына[2] тете.

48. Канчалаган калаалар залим болсо да аларга Мен мөөнөт бердим. Андан кийин кармадым. Мага кайтып келиш бар.

49. Айт: «Эй, калайык! Мен силерге ачык эскертүүчүмүн».

50. Ыйманга киргендер үчүн да, жакшы иштерди жасагандар үчүн да кечирим бар. Сый-урматтуу ырыскысы да бар.

51. Биздин аяттарыбыздын күчүн кетиришке аракет кылгандар бар. Булар – Тозоктун тургундары.

52. Сенден мурун да элчи, же пайгамбар жибербей койгон эмеспиз. Ал (пайгамбар Жазуудан окушту) каалаганда, шайтан да анын оюн азгырышка аракет кылбай койгон эмес. Алла шайтан салган ойду өчүрөт. Ошондон кийин Өзүнүн аяттарын бекемдеп таштайт. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

53. Шайтан жүрөктөрүндө арамдыгы барларды да, жүрөктөрү катып калгандарды да сынап азгырык ташташы керек болчу. (Ушундан улам) залимдер катуу ыдырашты!

54. Илим берилгендер Курандын Эгеңден келген акыйкат экенин билиши керек эле. Ага ишениши керек болчу. Алардын жүрөктөрү да Ага баш ийиши керек болчу. Ыймандуу пенделерди Туруктуу жолго Баштоочу да Алланын Өзү!

55. Капырлар кыямат капыстан келгенге чейин, же ийгиликсиз күндүн азабы келгенге чейин ага (Куранга) күмөн кылып тура беришет.

56. Ал күнү бийлик бир Алланын Өзүндө! Ал алардын ортосундагы өкүмдү чыгарат. Ыймандуу пенделер да, жакшы амалдарды жасагандар да Наим багында (Бак-таалай Бейишинде) калышат.

57. Капырлар да, аяттарыбызды жалганга чыгаргандар да бар болчу. Булар үчүн жан кыйнаган азап бар.

58. Алла жолунда көчкөндөргө, андан кийин өлтүрүлгөндөргө, же өлгөндөргө Алла жакшы ырыскысын берет. Алла ырыскы берүүчүлөрдүн жакшысы.

59. Алла аларды ыраазы боло турган жерге киргизет. Билүүчү да, Күйөрман да Алла Өзү!

60. Ушундай! Ким (бирөөнү) жазалай турган болсо, өзү андан алган жазасынча гана жазалай алат. Андан кийин да душмандык кылса, анда Алла тигиге жардам берет. Кечирүүчү да, Кечиримдүү да Алла Өзү!

61. Ушундай! Алла түндү күндүзгө киргизет, күндүздү түнгө киргизет. Угуучу да, Көрүүчү да Алла Өзү!

62. Ак – Алла Өзү! Алардын Алланын ордуна сыйынгандары жалган Кудай. Бийик да, Улук да Алла Өзү!

63. Алланын асмандан сууну түшүргөнүн көрбөдүңбү? (Ошондон кийин) жер жашарып чыга келет. Билүүчү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

64. Асмандагылар да, жердегилер да Алланыкы! Даңктуу да, чексиз байлыктын Ээси да Алла Өзү!

65. Алла Өз буйругу менен силерге жердегилерди да, деңизде сүзүп жүрүш үчүн кемелерди да баш ийдиргенин көрбөдүңбү? Ал асманды (бир калыпта) кармап турат. Анын буйругусуз асман жерге түшүп кетпейт. Калайыкка Ырайымдуу да, Боорукер да Алланын Өзү!

66. Ал силерди тирилтти, андан кийин өлтүрөт. Андан кийин (кыяматта) кайра тирилтет. Инсан шүгүрчүлүк келтирбейт.

67. Ар бир үмөт үчүн, бир жол-жобо кылдык. Алар аны аткарып жатышат. Сени менен бул ишти тартышпасын. Сен (аларды) Эгеңе үндө. Сен Туруктуу, Туура жолдосуң.

68. Эгер сени менен талаш кылышса айт: «Алла эмне жасап жаткаңарды жакшы билет».

69. Араңарда эмнени талаш-тартыш кылган болсоңор, анын өкүмүн Алла кыямат күнү чыгарат.

70. Алланын асмандагыны да, жердегини да билип турганын билбединби? Мунун (баарысы) Жазууда бар. Аллага бул жеңил эле.

71. Алар Алланын ордуна эч бир бийлик түшүрүлбөгөндөргө жана ал туурасында эч бир маалыматы болбогондорго кулдук кылып жатышат. Залимдер үчүн жардам берүүчү да жок.

72. Аларга Биздин далилдүү аяттарыбыз окулуп жатса, капырлардын жүздөрүнөн эле тастык кылбай жатканын билесиң. Биздин аяттарыбызды аларга окугандарды баса калганга жакын калышат. Айт: «Силерге мындан да жаманынан кабар берейинби? От! Алла аны капырларга убада кылды. Кандай жаман жай!»

73. Эй, калайык! Бир мисал келтирилди. Ага кулак салгыла: «Силердин Алланын ордуна кулдук кылгандарыңар чымынды да жарата алышпайт. Эгер ушул (ишке) жыйылышкан болсо деле. А эгер чымын алардын бир нерсесин алып качса, андан аны алып да кала алышпайт. Сураган да, сураган да алсыз.

74. Алар Алланын кадырын чындап кадырлаша алган жок. Улук да, Күчтүү да Алла Өзү!

75. Алла периштелерден да, адамдардан да элчи-пайгамбарларды тандап алган. Угуучу да, Көрүүчү да Алла Өзү!

76. Ал алардын алдындагыларды да, артындагыларды да билет. Бардык иштер Аллага кайтат.

77. Эй, ыймандуу пенделер! Руку кылгыла, сажда кылгыла. Эгеңерге кулдук кылгыла. Жакшылык кылгыла. Балким, бак табаарсыңар.

78. Алла үчүн Анын жихатына ак пейилиңер менен жихат кылгыла. Силерди Ал тандап алды. Силерге динде кыйынчылык жараткан жок. Атаңар Ибрахимдин дини (ушул болчу). Ал (Алла) силерди ушул (Куранда), мурункуларды деле (мурдагы Жазууларда) мусулмандар деп атады. Элчи-пайгамбар силерге күбө болушу, а силер болсо (башка) калайыкка күбө болушуңар керек болчу. Намазды аткаргыла, зекетти бергиле. Алланы бекем кармангыла. Ал – силердин Колдоочуңар. Колдоочунун эң жакшысы да, жардам берүүчүнүн эң жакшысы да Ал Өзү!

23. МУМИНУН СҮРӨӨСҮ[1]

ЫЙМАНДУУЛАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Ыймандуулар бак табат.

2. Алар намаздарында коркуп турушат.

3. Алар бейчеки сөздөн четтешет.

4. Алар зекетти беришет.

5. Алар жыныстык мүчөлөрүн (зынадан) сакташат.

6. Өздөрүнүн никесиндеги аялдары менен колундагы күңдөрүнөн башкалардан; алар жемеге да калбайт.

7. Ким мунун (зынанын) аркасынан аракет кылса, анда алар – чектен чыккандар.

8. Алар өз мойнундагы аманаттарды да, келишимдерди да сактап аткарышат.

9. Алар намаздарын да таштабай окушат.

10. Алар мураскор болушат.

11. Алар Фирдаус бейишине жай алышат. Алар анда түбөлүк калышат.

12. Биз Инсанды ийленген ылайдан жараттык[2].

13. Андан кийин аны тамчы абалында бекем орунга койдук.

14. Андан кийин тамчыдан уюган канды жараттык. Уюган кандан бир үзүм этти жараттык. Сөөккө этти каптадык. Андан кийин аны башка бир жаратылышта өстүрдүк. Жаратуучулардын эң жакшысы береке берген Алла Өзү!

15. Андан кийин силер өлөсүңөр.

16. Андан кийин кыямат күнү тирилесиңер.

17. Биз силердин үстүңөрдө Жети Жолду[3] жараттык. Жараткан макулуктарыбыздан бейкапар эмеспиз.

18. Биз асмандан сууну чени менен түшүрүп, аны Жер бетине жайгаштырдык. Биз аны (буулантып) кетире да алабыз.

19. Аны менен Биз силер үчүн курма менен жүзүм бактарын өстүрдүк. Анда силер үчүн көп жер-жемиштер бар. Силер алардан жеп жатасыңар.

20. Сайна[4] тоосунда тамак жасап жегендер үчүн май чыгарып таттуу даам берген бир дарак өсүп турган.

21. Айбан малдардан силерге сабак бар. Алардын ичинен чыккан (сүтүнөн) азык берип жатабыз. Алардан силерге көп пайда бар. Алардан азыктанып жатасыңар.

22. Аларды да, кемени да минип жүрөсүңөр.

23. ...Биз Нухту калкына жөнөттүк. Ал айтты: «Эй, калкым! Аллага кулдук кылгыла! Силердин андан башка кудайыңар жок! Коркпойсуңарбы?!»

24. Анын калкынан капыр болуп кеткен бир тобу айтты: «Бул силерге окшош эле бир киши экен. Ал силерден артык болгусу келип жатыптыр. А эгер Алла каалаган болсо, анда Ал периштелерди жөнөтөт болчу. Мындайды оболдо өткөн ата-бабаларыбыздан укkан эмес экенбиз.

25. Бул көк мээ болгон киши турбайбы. Бир мезгилге чейин силер күтө тургула».

26. Ал айтты: «Эгем! Мага жардам бер! Алар мени жалганчы кылып жатышат!»

27. Биз ага жашыруун кабар бердик: «Биздин көз алдыбызда жашыруун кабарыбызга ылайык кеме жаса! Биздин буйругубуз келгенде тандыр[5] кайнап (суу) атылып чыгат. Ошондо Менин сөзүм айтылганда кабыл албагандардан башка бардык (жаныбарлардан) жубу менен (кемеге) сал! Залимдер туурасында Мага сүйлөбө! Алар сууга чөгөт!

28. Сени менен бирге болгондор менен кемеге түшкөнүңдө айт: «Аллага шүгүр! Ал бизди залим калайыктан куткарды!»

29. Дагы айт: «Эгем, мени Ыйык Журтка[6] түшүр! Жайгаштыруучулардын жакшысы да Сен Өзүңсүң!»

30. Мында бир аят[7] да бар. Биз сынайбыз!

31. Андан кийин биз башка муундарды өстүрдүк.

32. Аларга өздөрүнөн элчи-пайгамбарларды жибердик: «Аллага кулдук кылгыла! Андан башка силердин кудайыңар жок! Корксоңор боло?!»

33. Анын калкынын арасында акыретте жолугушканга ишенбей, Биз берген дүнүйөлүк жашоого ышкы коюп капыр болуп кетишкен билермандары айтышты: «Бул силерге окшогон эле ичип-жеп жүргөн бир киши экен.

34. А эгер силер өзүңөрдөй эле бир кишиге ээрчисеңер, анда силер кусур урган болосуңар.

35. Ал силерди өлүп, сөөк менен топуракка айлангандан кийин да кайра тирилесиңер деп жатабы?

36. Силерге берилген убада өтө узак, өтө эле узак экен!

37. Биздин дүнүйөлүк жашообуз эле бар. Биз жашайбыз, өлөбүз. Эч качан тирилбейбиз!

38. Бул Аллага жалганды ойлоп таап алган бир киши экен. Биз ага ишенбейбиз!»

39. Ал айтты: «Эгем, мага жардам бер! Алар мени жалганчы кылышты».

40. Ал айтты: «Бир аз убактан кийин алар өкүнүшөт».

41. Аларга бир чаңырык[8] жетти. Биз аларды боо түшүрдүк. «Залим калайык (Алланын ырайымынан) алыс (калды)!»

42. Андан кийин алардын аркасынан башка муундарды өстүрдүк.

43. Эч бир калайык өзүнүн мөөнөтүн ашыра да, кемите да албайт!

44. Ошондон кийин Биз элчи-пайгамбарларды биринин аркасынан башкасын жөнөтүп жаттык. Калайык өзүнө келген элчи-пайгамбарды жалганчы кылып жатты. Биз ал (калайыкты) биринин аркасынан башкасын жөнөткөнбүз. Аларды өткөн окуяга айландырдык. Ыймансыз калайык (Алланын ырайымынан) алыс (калды)!

45. ...Андан кийин Муса менен бир тууганы Харунду Өзүбүздүн аяттарыбыз менен бирге ачык бийлик берип жөнөттүк.

46. Фараон менен анын жан-жөкөрлөрүнө (жиберген болсок да), алар текеберлик кылышып, менменсинген калайык бойдон калышты.

47. Алар айтышты: «Калкы бизге кызмат кылып жүргөн, бизге эле окшогон эки кишиге ишенебизби?»

48. Алар ал экөөсүн жалганчы кылышып кыйраган калайыктардын бири болуп кала беришти.

49. Биз аларды туура жолдо кетишээр бекен деп Мусага Жазууну бердик.

50. Биз Марйамдын уулун да, анын энесин да бир аят кылдык. Ал экөөнө булагы бар тынч дөбөдөн жай да бергенбиз.

51. Эй, элчи-пайгамбарлар! Адал ырыскы жегиле, жакшы иштерди жасагыла! Мен силердин кылган ишиңерди билип турам.

52. Силердин бул үмөтүңөр бир эле үмөт. Мен силердин Эгеңермин, Менден корккула!

53. Алар өздөрүнүн ишин өз ара бөлүп-жарып алышты. Ар бир топ өзүнүкүнө кубанып жатат.

54. Аларды бир мезгилге чейин башаламан адашканы боюнча ташта.

55. Бизди ар дайым аларга мал-мүлктү да, бала-чаканы да бере берет деп эсептешип жатабы?

56. Биз аларга жакшылык кылышка шашып жатабызбы? Жок! Алар сезбей жатышат.

57. Өз Эгесинин коркунучунан коркуп жатышкандар бар.

58. Алар Өз Эгесинин аяттарына ишенип жатышат.

59. Алар Өз Эгесине шерик кошушпайт.

60. Алар (Биз) бергенден (садака кылып) берип жатышат. Алардын жүрөктөрү кайрылып бара турган Эгесинен коркот.

61. Булар жакшылыктарга шашылышат. Муну (башкалардан) озунуп жасашат.

62. Биз ар бир жанга чамасы жетпеген милдетти жүктөбөйбүз. Бизде акыйкатты айтып бере турган Жазуу да бар. Аларга зулумдук да кылынбайт.

63. Ырас! Алардын жүрөктөрү мындан кабарсыз калган. Алардын мындан башка да кыла турган (күнөө) иштери бар. Алар аны кылышат.

64. Качан гана Биз алардын дөөлөтүнө эсиргендерин азапка салганыбызда өкүрө башташат.

65. Бүгүн өкүрбөгүлө! Бүгүн силер Бизден жардам ала албайсыңар.

66. Менин аяттарым силерге окулганда аркаңарга бурулуп качкан болчусуңар.

67. Ага текеберлик кылып, түнү менен адепсиз сөздөрдү сүйлөйт элеңер.

68. Алар Сөздү (Куранды) аңдап көрүшкөн жокпу? Же, алардын оболку ата-бабаларына келбеген нерсе келдиби?

69. Же, алар өздөрүнүн элчи-пайгамбарын билишкен жокпу? Аны четке кагып жатышабы?

70. Же аны жинди деп жатышабы? Жок! Аларга акыйкат келди. Алардын көпчүлүгү акыйкатты жек көрүп жатышат.

71. А эгер акыйкат алардын көңүл азгырыгына ээрчиген болсо, анда (жети кат) асман менен жер да, алардагылар да чирип кетет болчу.

Жок! Биз аларга эскерип жүрө турган Зикирин бердик. Алар өздөрүнүн Зикиринен баш тартып жатышат.

72. Же сен алардан (буга) акы сурап жатасыңбы? Эгеңдин (бере турган) акысы жакшы. Жакшы ырыскы Берүүчү да Ал Өзү.

73. Сен аларды Туруктуу жолго чакырып жатасың.

74. Акыретке ишенбегендер жолдон тайып жүрө беришет.

75. Эгер Биз аларга ырайым кылган болсок деле, аларга жеткен кыйынчылыкты алып салсак деле, алар чектен чыкканын таштабай темселеп жүрө беришер эле.

76. Биз аларга азап жеткирдик. Дагы деле алар Эгесине баш ийген жок. Ага жалбарбай жатышат.

77. Аларга Биз катуу азаптын эшигин ачканыбызда гана алардын үмүтү өчөт.

78. Ал силер үчүн уга турган (кулакты) да, көрө турган (көздү) да, жүрөктү да жараткан. Силер аз шүгүр кылып жатасыңар.

79. Ал силерди (көбөйтүп) жер бетине таратты. Ага (бир күнү) чогуласыңар.

80. Ал тирилтет, өлтүрөт. Күн менен түндү ал алмаштырат. Акыл жүгүртпөйсүңөрбү?

81. Жок! Алар оболкулар айтканга окшош айтышты.

82. Алар айтышкан: «Биз өлсөк, топурак болуп кетсек, сөөгүбүз сөпөт болсо деле кайра тирилебизби?

83. Бул бизге да, мурунку ата-бабаларыбызга да убада кылынган имиш. Бул илгеркилердин эле жомогу экен!»

84. Айт: «Эгер билсеңер жердин өзү жана андагылар кимдики?»

85. Алар дароо айтышат: «Алланыкы». Айт: «(анда Аны)Эстебейсиңерби?»

86. Айт: «Жети кат асман менен Улук Арштын Эгеси ким?»

87. Алар дароо айтышат: «Алланыкы». Айт: «(Андан) коркпойсуңарбы?»

88. Айт: «Бардык нерсенин бийлиги кимдин колунда? Эгер билсеңер, Ал коргоп турат. Эч ким Ага каршы туруп коргоно албайт».

89. Алар дароо айтышат: «Алланыкы». Айт: «Анда кантип алданып жатасыңар?»

90. Жок! Биз аларга акыйкатты алып келдик. Алар жалганга чыгарып жатышат.

91. Алланын баласы жок. Аны менен бирге (башка) Кудай да жок. Эгер андай болсо, анда ар бир Кудай өзү жаратканы менен кетер эле. Биринен бири улук болот болчу. Субхана! Алла алар сыпаттагандан да бийик.

92. Ал кайып сырларды да, ашкерени да билет. Ал алардын кошуп жаткан шериктеринен Улук.

93. Айт: «Эгем! Сен мага аларга убада кылынган азапты көрсөтө турган болсоң,

94. анда мени, Эгем, залимдердин ичинде кылба.

95. Биздин сага деле аларга убада кылган азапты көрсөтүшкө күчүбүз бар.

96. Жамандыкты жакшылык менен жок кыл. Алардын кандай сөз токуп жатканын да билебиз».

97. Айт: «Эгем! Мени шайтандардын азгырып кетишинен сакта – деп Өзүңө гана сыйынам.

98. Эгем! Алардын мени тоорушунан сакта – деп Өзүңө гана сыйынам».

99. Алардын бирине жаны алкымына келгенде айтат: «Эгем! Мени кайра (жашоого) кайтар.

100. Кылбай калган жакшы иштеримди кылсам дейм!» Мунусу айтылган сөз боюнча калат. Алар тирилгенге чейин аларды Барзах[9] курчап турат.

101. Ал күн (келип) сурнай тартылганда алардын ортосунда тууганчылык да жоголот. Бири-бири менен өз ара сурашыша да албайт.

102. Кимдин таразада (соопчулук иши) оор болсо, анда алар бак табышат.

103. Кимдики таразада жеңил болсо, анда алардын өздөрүн кусур урду! Алар Тозокто түбөлүк калышат.

104. Алардын жүздөрүн от күйдүрө берет. Кабактары тырышып тура берет.

105. Менин аяттарым силерге окулган жок беле? Аларды жалганга чыгарган жок белеңер?

106. (Ошондо) алар айтышат: «Эгебиз! Бизди шумшуктүгүбүз жеңип кеткен экен. Биз жолдон адашкан калайык болгон экенбиз.

107. Эгебиз! Бизди мындан чыгар. Эгер бизди (жашоого) кайтарсаң, (ошондо күнөө кылсак,анда чын эле) биз – залимбиз».

108. (Алла) айтат: «Анда (Тозокто) кала бергиле! Мага сүйлөбөгүлө!»

109. Менин кулдарымдан бир бөлүгү айтышат эле: «Эгебиз! Биз Сага ишендик. Бизди кечир, бизге ырайым кыл. Ырайымдуулардын жакшысы да Сен Өзүңсүң!»

110. Силердин аларды маскара кылганыңар өзүңөрдү Мени эстебей унутушка чейин жеткирди. Аларды шылдыңдап күлөт элеңер.

111. Бүгүн Мен аларга сабыр кылганы үчүн жазасын бердим. Алар жеңишке жеткендерден болду.

112. Ал айтат: «Жер бетинде канча жыл турдуңар?»

113. Алар айтышат: «Бир күн, же күндүн анча-мынча бөлүгүнчө. Эсептегендерден сура».

114. Ал айтат: «Эгер билгиңер келген болсо, аз эле турдуңар.

115. Силер Бизди ойноп жаратты деп эсептедиңерби? Бизге кайрылып келбейбиз дедиңерби?»

116. Алла Таала – Акыйкат Падыша! Андан башка Кудай жок. Ал Ыйык Арштын Эгеси.

117. Ким Алла менен бирге дагы бир башка кудайга сыйынса, анын буга эч бир далили да жок. Анын эсеп-сурагы Алланын Өзүнө. Мындай капырлар бак таба албайт.

118. Айт: «Эгем! Кечир, ырайым кыл. Ырайым кылуучулардын жакшысы да Сен Өзүңсүң!»

24. НУР СҮРӨӨСҮ[1]

НУР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Сүрөөнү Биз түшүрдүк. Андагы (өкүмдөрдү) парз кылдык. Анда далилдүү аяттарды да түшүрдүк. Балким, эстеп жүрөөрсүңөр.

2. Зына кылган аялга да, зына кылган эркекке да, алардын ар бирине жүз балак ургула. Эгер силер Аллага да, акыретке да ишенген болсоңор, анда Алланын дининде ал экөөнө боорукердик кылбагыла. Аларга (жазасынын) азабын берип жатканда бир тайпа (ыймандуу пенделер катышып) күбө болушсун.

3. Зына кылган аялга зына кылган эркек, же мүшүрүк эркек гана никелеше алат. Ыймандуу пенделерге булар (менен никелешүүгө) тыюу салынды.

4. Таза аялдарга (зына кылды деп) доомат койгондон кийин алар төрт күбөнү алып келе алышпаса, анда алардын өздөрүнө сексен балак ургула. Алардын (ошондон кийин) эч качан күбөлүгүн кабыл албагыла. Булар – ыпылас пенделер.

5. А бирок, ошондон кийин тобо кылышса, оңолушкан болсо, анда алар да (ыпылас) эмес. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

6. Өз аялдарына (зына кылды деп) доомат койгон эркектердин ар биринин өздөрүнөн башка күбөлөрү болбосо, анда алардын ар бири өздөрүнүн чын айтканына төрт жолу (өкүм ээсинин алдында) Алланын атын (айтып, ант ичип) күбөлүк бериши керек.

7. Бешинчисинде, ал эркек эгер жалган айтып жатса, анда Алланын каргышы өзүнө болушуна (ант ичиши керек).

8. Аял дагы эркектин жалган доомат койгонуна (каршы) төрт жолу (өкүм ээсинин алдында) Алланын атын (айтып, ант ичип) күбөлүк бериши менен өзүнөн азапты четтетет.

9. Бешинчисинде, эгер эркек чын айтып жаткан болсо, анда аял Алланын каары өзүнө болушуна (ант ичиши керек).

10. Эгер силерге Алланын ырайымы менен рахматы болбосо (эмне болот элеңер?). Тобону кабыл кылуучу да, Даанышман да Алла Өзү!

11. Жалган айтып келгендер өзүңөрдөн эле бир нече киши болчу. Муну силер үчүн жаман болду деп санабагыла. Жок, бул силер үчүн жакшы. Алардын ар бир кишисинин кылганына жараша күнөөсү бар. Алардан көбүнө ээ болгонуна акыретте да азаптын (ошончолук) чоңу бар.

12. Эмнеге муну укканыңарда силерден ыймандуу эркектер да, ыймандуу аялдар да көңүлдөрүндө жакшылыкты ойлошкон да жок, «бул анык жалган» деп айта алышкан да жок?

13. Алар буга төрт күбөнү алып келишсе болбойт беле? А эгер алар күбөлөрдү алып келе алышпаса, анда алар – Алланын алдында жалганчы.

14. Эгер силерге бул дүйнөдө да, акыретте да Алланын ырайымы менен рахматы болбосо, тараткан ушагыңар үчүн силерге чоң азап жетет болчу.

15. Силер тилиңердин айынан буга жолугуп жатасыңар, оозуңар менен мунун маалыматын билбей туруп эле айтып жатасыңар. Муну майда-барат нерсе деп санайсыңар. Алланын алдында мунун (эсеби) абдан чоң.

16. Эмнеге муну укканыңарда: «Муну айтыштын деле кереги жок. Субханака! Бул аябай чоң доомат экен!» – деген жоксуңар.

17. Эгер ыймандуу пенделер болсоңор, Алла силерди буга окшогон (дооматтарга) эч качан кайтпашыңарды насаат кылып жатат.

18. Алла силерге аяттарды түшүндүрүп берип жатат. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

19. Ыймандуу пенделердин арасына ыпыластыкты таратышты жакшы көргөндөр бар. Алар үчүн бул дүйнөдө да, акыретте да оор азап бар. Алла билет, силер билбейсиңер.

20. Эгер силерге Алланын ырайымы менен рахматы болбосо (эмне болот элеңер?). Боорукер да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

21. Эй, ыймандуу пенделер! Шайтандын жолдорунан ээрчип жүрбөгүлө. Ким шайтандын жолдорунан ээрчип жүрсө, ал аны ыпыластык менен ыймансыздыкка буйруйт. Эгер силерге Алланын ырайымы менен рахматы болбосо, анда силерден бирөө да (күнөөдөн) таза калмак эмес. Бирок, Алла кимди кааласа (күнөөсүнөн) тазалайт. Угуучу да, Билүүчү да Алла Өзү!

22. Силердин ичиңердеги мартабалууларыңар да, байларыңар да жакын туугандарына, жардыларга, Алла жолунда көчүп кетип жаткандарга каржы кылбашына ант ичпесин. Алар кечиримдүү болушсун, кең пейил болушсун. Алланын силерди кечиришин сүйбөйсүңөрбү? Кечирүүчү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

23. Жамандыкты ойлобой таза жүргөн аялдарды (зына кылды деп) доомат кылгандар бул дүйнөдө да, акыретте да каргышка калды. Алар үчүн чоң азап бар.

24. Ал күнү кылган иштерине алардын тилдери да, колдору да, буттары да күбөлүк берет.

25. Алла ал күнү аларга акыйкат жазасын берет. Алар билишет: Алла - Ак, анык Кудай!

26. Ыпылас аялдар – ыпылас эркектер үчүн, ыпылас эркектер – ыпылас аялдар үчүн; таза аялдар – таза эркектер үчүн, таза эркектер – таза аялдар үчүн: булар – абийирдүү пенделер, (дооматчылар) айтып жаткандай эмес. Буларга кечирим да, сый-урматтуу ырыскы да бар.

27. Эй, ыймандуу пенделер! Өз үйүңөрдөн башка үйлөргө үй ээлери уруксат бермейинче кирбегиле. (Киргениңерде) үй ээлерине салам бергиле. Ушундай (кылганыңар) силер үчүн жакшы. Балким, эстеп жүрөөрсүңөр.

28. Эгер анда үй ээлерин таба албасаңар, анда (аларды таап, алар) силерге уруксат бермейинче ага кирбегиле. А эгер силерге «кирбей кайткыла» деп айтылса, анда кайтып кеткиле. Ушул силерге таза иш. Эмне кылып жатканыңарды Билүүчү Алла Өзү!

29. Эч ким жашабаган, анда силердин буюмуңар калган ээси жок үйлөргө киргениңер күнөө эмес. Алла силердин жашырганыңарды да, бекиткениңерди да билип турат.

30. Ыймандуу пенделерге (көздөрү менен) карабай, жыныстык мүчөлөрүн (зынадан) сакташканы жакшы экенин айт. Алар үчүн ушул таза иш. Жасап жаткан ишиңерден Алла Кабардар.

31. Ыймандуу аялдарга айт: (күйөөсүнөн башка эркектерден) көздөрүн жумушсун; жыныс мүчөлөрүн (зынадан) сакташсын. Көрүнүп турган (кийиминдеги) жасалгаларынан башка жактарын жабышсын. Жоолуктары менен моюн-көкүрөктөрүн жаап жүрүшсүн. Өздөрүнүн тагынган жасалгаларынын күйөөсүнө, атасына, балдарына, күйөөсүнүн эзрчинди балдарына, өз ага-инилерине, өз ага-инилеринин балдарына, эже-сиңдилеринин балдарына, аялдарга, кол алдындагы күңдөрүнө, аялга кумары калбай калган улгайган кызматчы кишилерге, аялдын уяттуу жерин ачык аңдай албаган наристелерге жабылбай көрүнүшү (күнөө эмес). Жасалгалары купуя калбасын деп буттары менен жер тепкилебесин. Эй, ыймандуу пенделер! Аллага тегиз тобо кылгыла. Балким, бак табаарсыңар.

32. Араңардагы бойдокторду, жакшылыкка жүргөн кулдарыңар менен күңдөрүңөрдү никелеп койгула. Жарды болсо аларды Өз ырайымы менен Алла байытат. Билүүчү – Парбардигер Алла Өзү!

33. Никелешкенге мүмкүнчүлүк таба албагандар Алла Өз ырайымы менен байлык бергиче абийирин сакташсын. Колуңардагы кулдарыңар (силер менен азаттыкка) жазуу жүзүндө келишим түзүштү каалашса, алардын жакшы болуп кетишин билсеңер жазуу жүзүндө келишим түзгүлө. Алланын силерге берген мүлкүнөн аларга да бергиле. Дүнүйө кызыкчылыгын көздөп абийирин сактаган күңдөрүңөрдү сойкулукка мажбур кылбагыла. Ким аларды (айласын кетирип буга) мажбур кылса, мажбур болгондон кийин да аларга Ырайым кылуучу, Кечирүүчү Алла Өзү!

34. Биз силерге далилдүү аяттарды да, силерден мурда өткөндөрдүн мисалын да, такыбалар үчүн насаатты да түшүрдүк.

35. Алла – (Жети кат) Асман менен Жердин нуру. Анын нуру көтөрүлгөн текчеде тургансыйт; текчеде чырак турат; чырак – айнек текчеде; айнек так эле каухар жылдыздай; ал чыгыш тарапта да, батыш тарапта да эмес, касиеттүү зейтун дарагынан жанып турат; ага от тийбесе деле жанганы турат. Нур үстүнө нур! Алла кимди каалаган болсо, (аны) Өзүнүн нуруна жетелейт. Алла калайыкка мисалдарды келтирип жатат. Ар бир нерсени Билүүчү Алла Өзү!

36. Көтөрүлүп салынган үйлөрдө да Алла Өзүнүн атын зикир кылышка уруксат берди. Анда эртели-кеч тасбих айтылып жатат.

37. Алланы эстеп зикир кылганга алыш-бериш соода да, аткарчу накмаз да, берчү зекет да алагды кылбаган кишилер бар. Алар жүрөктөр да, көрө турган көздөр да аңтарыла турган күндөн коркушат.

38. Алардын кылган жакшы иштеринин жазасын Алла Өз ырайымы менен көбөйтүп бериши керек болчу. Алла кимге кааласа эсепсиз ырыскы берет.

39. Капырлардын кылган иштери чөлдөгү закымдаган элеске окшойт. Суусаган адам аны суу деп эсептейт. Ага жетип келсе эч нерсени таппайт. Ал (капыр кыямат күнү) Алланы өзү табат. Ал анын эсебин толук алат. Алланын эсеби тез!

40. Же, деңиз түбүндөгү караңгылыктарга окшойт. Анын үстү-үстүнөн толкун каптап турат. Анын үстүнөн булут каптап турат. Караңгылык да бири биринин үстүндө турат. Андан колун чыгарып сунса да аны көрө албайт. Кимге Алла нурун чачпаган болсо, ал үчүн нур жок.

41. Аллага (жети кат) асмандагылар да, жердегилер да, катар-катар учкан куштар да тасбих айтып жатышканын көрбөдүңбү? Ар бири өзүнүн намазын да, тасбисин да билет. Алардын кылып жатканын Билүүчү Алла Өзү!

42. (Жети кат) Асмандын бийлиги да, жердин бийлиги да Алланыкы. Аллага кайтып барыш бар.

43. Алланын булуттарды айдаганын, андан кийин аларды бири-бирине кошконун, андан кийин түрмөктөгөнүн көрбөдүңбү? Андан кийин араларынан жамгыр куюлуп чыкканын көрүп жатасың. Аны асмандан тоого жаадырып түшүрүп жатат. Анда мөндүр да бар. Аны менен кимге кааласа апаат да жеткирет, кимге каалабаса башка жакка буруп да жиберет. Чагылганы караган көздөрдү көр кыла жаздайт.

44. Алла күн менен түндү алмаштырып жатат. Мында көрүп тургандар үчүн ибрет бар.

45. Алла ар кандай жаныбарды суудан жараткан. Алардан боору менен сойлоп жүргөндөрү, алардан эки буту менен басып жүргөндөрү, алардан төрт буттуулары да бар. Алла кандай кааласа жарата берет. Алла бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай.

46. Биз далилдүү аяттарды түшүрдүк. Алла кимди кааласа Туруктуу жолго салат.

47. Аллага да, элчи-пайгамбарга да баш ийдик деп жатышат. Ошондон кийин да алардан бир бөлүгү кайра кайтып кетип жатышат. Булар ыймандуу пенделер эмес.

48. Алла менен Анын элчи-пайгамбарына алардын ортосундагы өкүмү тууралуу чакырылса, алардын бир бөлүгү терс бурулуп кетип жатышат.

49. А эгер акыйкат алар тарапта болсо, анда Ага баш ийип келишет эле.

50. Алардын жүрөгүндө арамы барбы? Же, күмөн кылып жатышабы? Же, Алла менен Анын элчи-пайгамбары аларга калыс өкүм чыгарбайт деп коркуп жатышабы? Жок! Алар өздөрү залим пенделер.

51. Ыймандуу пенделердин ортосундагы өкүмү тууралуу алар Алла менен Анын элчи-пайгамбарына чакырылса айтып жатышат: «Уктук, баш ийдик». Булар – бак тапкан пенделер.

52. Ким Аллага жана Анын элчи-пайгамбарына баш ийсе, Алладан коркso, такыбалык менен жүрсө, анда булар жеңишке жетишет.

53. Алар (мунапыктар) Алланын атын айтып, бекем ант берип касам ичишти. А эгер аларды (жихатка) буйрусаң «Чыгабыз!» дешет.

Айт: «Касам ичпегиле! Белгилүү баш иймей! Эмне кылып жаткандыгыңардан Алла Өзү Кабардар!»

54. Айт: «Аллага баш ийгиле! Элчи-пайгамбарга да баш ийгиле! Эгер баш ийбей бурулуп кетсеңер, анда ал (пайгамбар) өзүнө жүктөлгөн милдетке, силер да өзүңөргө жүктөлгөн милдетиңерге жооп бересиңер. А эгер ага баш ийсеңер, анда Туура жолду табасыңар». Элчи-пайгамбар (кабарды) ачык жеткириши керек.

55. Алла өзү ыраазы болуп берген диниңерди бекемдеп жана да коркунучтан кийин аманчылык бериш үчүн силердин ичиңердеги ыймандуу пенделерге жана жакшы иштерди жасагандарга Жер бетине силерден мурдагылар орун басар болуп[2] (мекендеп) калгандай кала беришиңерди убада кылды. Ким ушундан кийин да капыр болуп кетсе, анда алар – күнөөкөр пенделер.

56. Намазды аткаргыла, зекетти бергиле. Элчи-пайгамбарга баш ийгиле. Балким, ырайым табаарсыңар.

57. Капырларды Жер бетинде (Алланын жазасын) алсыратат деп санаба. Алардын турар жайы Тозок. Кайрылып барган жайы кандай жаман!

58. Эй, ыймандуу пенделер! Силерге (кириш үчүн) кол алдыңардагылар (кулдарыңар, күңдөрүңөр), балакатка жашы жетпегендериңер үч жолу уруксат сурашсын: таң намазынын алдында, кийимиңерди чечип койгон түш маалында жана түнкү намаздан кийинки учурда.

Силер үчүн (бир күндө кийим чечкен) үч аврат (мезгил) бар. Мындан башка убактарда силерге да, аларга да (кирип чыгыш) күнөө эмес; алар да силерге, (силер да) өз ара бири-бириңерге кире бересиңер. Алла силерге аяттарды ушинтип түшүндүрүп берип жатат. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

59. Наристе балдарыңар да балакатка жетсе өздөрүнөн мурдагылар уруксат сурагандай уруксат сурашсын. Алла силерге аяттарын ушинтип түшүндүрүп берип жатат. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

60. Никеден үмүтү өчкөн кары аялдар сулуулугун көрсөтпөй (сыртқы) кийимдерин чечип койгону күнөө эмес. Бирок, мындан деле этият болуп сактангандары алардын өздөрү үчүн жакшы. Угуучу да, Билүүчү да Алла Өзү!

61. (Бир үйдө силер менен бирге тамак ичиш) сокурга да күнөө эмес, чолокко да күнөө эмес, оорукчанга да күнөө эмес. Өзүңөргө да өз үй-

лөрүңөрдө, же аталарыңардын үйлөрүндө, же энелериңердин үйлөрүндө, же бир тууган ага-инилериңердин үйлөрүндө, же эже-карындаштарыңардын үйлөрүндө, же абаларыңардын үйлөрүндө, же чоң апаларыңардын үйлөрүндө, же таякелериңердин үйлөрүндө, же таяжелериңердин үйлөрүндө, же ачкычтары (ишенип) колуңарга берилген (үйлөрдө), же досуңардын (үйүндө) жеке да, чогуу да тамак ичкениңер күнөө эмес. Үйлөргө кирип келсеңер өз ара бири-бириңерге Алланын берекеси менен жакшылыгын тилеп салам бергиле. Алла силерге аяттарды ушинтип түшүндүрүп берип жатат. Балким, акыл жүгүртөөрсүңөр.

62. Ыймандуулар деген Аллага да, Анын элчи-пайгамбарына да ишенген пенделер. Алар аны (пайгамбар) менен бирге бир иште чогуу болуп калышса, ал уруксат бермейинче кетип калышпайт. Сенден уруксат сурап жатышкандар бар. Булар Аллага да, Анын элчи-пайгамбарына да ишенишет. Сенден айрым бир иштери үчүн уруксат сурагандарынын кимисине кааласаң уруксат бер. Алар үчүн Алладан кечирим тиле. Кечирүүчү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

63. Элчи-пайгамбардын чакырыгын өз ара ортоңордо бири-бириңерди чакыргандай кабылдабагыла. Араңардан жашырынып суурулуп чыгып кетип жаткандарды Алла билип турат. Анын буйругуна каршы чыгып жаткандар өздөрүнө балээ жетишинен, же оор азап жетишинен сактаныша берсин.

64. Ырас! (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Алланыкы. Силердин Ага кандай экениңерди да Ал Өзү билип турат. Ага кыямат күнү (баарысы) кайрылып барышат. (Ошондо) Ал алардын эмне жасагандарынын кабарын билдирет. Ар кандай нерсени Билүүчү Алла Өзү!

25. ФУРКАН СҮРӨӨСҮ[1]

АЖЫРЫМ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Ааламдарга эскертиш үчүн Өзүнүн кулуна береке чачкан (Алла) Ажырымды түшүрдү.

2. Асмандар менен жердин бийлиги Аныкы. Анын баласы жок. Анын Өз бийлигинде шериги да жок. Ар бир нерсени Ал жараткан. Анын ар бирине (берчүсүн) чени менен ченеп берген.

3. Анын ордуна башка кудайларга сыйынышкандар бар. Алары эч нерсени жарата алышпайт. Алар өздөрү жаратылып жатат. Алардын өздөрүнө зыян да, пайда да жеткире турган бийлиги жок. Алардын өлтүрүшкө да, жашоо беришке да, тирилтишке да бийлиги жок.

4. Капырлар айтышты: «Бул (Куран) жалган экен. Аны ал оюнан чыгарып алыптыр. Аны ага башка кишилер да жардам бериптир». Алар (ушинтип) зулумдук кылып, жалган деп келишти!

5. Алар (дагы) айтышты: «Илгеркилердин эле жомогу экен. Ал (бирөөлөргө) жазганга буйрук бериптир. Алардан эртели-кеч ага окулуп жаткан имиш».

6. Айт: «Аны (жети кат) асман менен жердин сырын билген (Алла) түшүрдү. Кечирүүчү да, Ырайымдуу да Ал Өзү!»

7. Алар (дагы) айтышты: «Бул эмне деген элчи-пайгамбар? Тамак ичет, базарларга барып жүрөт. Ага бир периште түшүрүлгөн болсочу. Ал аны менен бирге эскертип (жатса да мейли эле).

8. Же ага (асмандан) ташталган казына, же бир бак болсочу, жемишинен ал алып жегидей...

Ал залимдер (дагы) айтышты: «Силер сыйкырланган бир кишиге эле ээрчип жүрөсүңөр».

9. Кара! Алар сага кандай мисалдарды келтиришти. Алар адашты. Алар (эми) жол да таба алышпайт.

10. Ал (Алла сага) берекесин берди. Эгер Ал кааласа, сага алдынан дарыялары агып турган бактардын андан да жакшы берекелүүсүн берет болчу. Сага сарайларды да кылат эле.

11. Жок! Алар саатты (кыяматты) да жалганга чыгарышты. Ким саатты жалган десе, ага даярдалган тозок бар.

12. Аларды көргөндө узак жерден эле анын айбаттуу чаңырыгын угушат.

13. Качан алар анын бекем кыскан тар жерине ыргытылып ташталганда, ал жерде өздөрүнө (бир жолку) өлүмдү тилей башташат.

14. «Бүгүн бир жолу өлүштү тилебегиле! Көп-көп өлүштү тилегиле!»

15. Айт: «Ушул жакшыбы? Же такыбаларга убада кылынган энчиси, кайрылып барчу турак жайы болгон Түбөлүк бак (Бейиши) жакшыбы?»

16. Алар үчүн анда каалаганынын баары бар. Анда түбөлүк калышат. Эгеңден сурашкан убаданын (акыбети ушундай).

17. Ал күнү Ал аларды да, алардын Алланын ордуна кулдук кылгандарын да жыйнайт. Ал айтат: «Менин бу кулдарымды силер адаштырдыңарбы? Же алар өздөрү жолдон адаштыбы?»

18. Алар айтышат: «Субханака! Биз Сенден башка куткаруучуларды каалаган да эмеспиз. Бирок, Сен аларга да, алардын ата-бабаларына да (Сени эстеп) зикир кылышты унутканга чейин деле дүнүйөнүн пайдасын (кемитпей) бердиң. Алар өздөрү өлүмдү (тандаган) калайык болуп кетишкен».

19. (Аларга айтылат): «Алар (буркандарыңар) силердин айтканыңарды жалганга чыгарышты. Силердин (эми азапты) кайтарышка да, жар-

дам алышка да чамаңар жетпейт. Силерден ким залимдик кылган болсо, Биз ага чоң азап жедиребиз».

20. Биз сага чейин да тамак ичишкен, базарларга барышкан элчи-пайгамбарларды жибергенбиз. Биз силердин бириңерди-бириңерге сынай турган кылганбыз. Сабыр кыласыңарбы? Эгең көрүп турат.

21. Биз менен жолугушка үмүт кылбагандар айтышты: «Эгер биз-ге периштелер түшүрүлгөн болсо, же Эгебизди көргөн болсокчу!» Алар өздөрүн бийик сезишти да, чектен катуу чыгып кетишти.

22. Алар ал күнү периштелерди да көрүшөт. Күнөөкөрлөр үчүн ал күнү суйүнүчтүү кабар деле болбойт. (Периштелер аларга) айтышат: «(Силер үчүн Бейиш) таптакыр эле жабылган экен!»

23. Биз алардын ишин (караганы) келгенде алар кандай иш кылган болсо деле анысын учуп кеткен чаңга айлантып салабыз.

24. Бейиштин тургундары ал күнү жакшы жайда, эң жакшы эс ала турган жерде болушат.

25. Ал күнү асман жарылат, булут эле (калат). Периштелер түшүрүлөт.

26. Ал күнү акыйкат бийлик Рахмандын Өзүндө. Ал күн капырларга оор күн.

27. Ал күнү залим эки колун чайнап айтат: «О, аттиң арманым! Элчи-пайгамбар менен бирге жол алсамчы!

28. О, арманым! Аттиң арманым! Баланчаны дос кылбасам болмок экен!

29. Мага келген эскертүүдөн кийин да мени адаштырган экен!» Шайтан инсанды жардамсыз калтырат.

30. Элчи-пайгамбар айтты: «Эй, Эгем! Менин калкым бул Куранды таштап койду!»

31. Ушинтип, ар бир пайгамбарга күнөөкөрлөрдөн душман кылдык. Туура жолго салышка да, жардам беришке да Эгең Өзү жетишет.

32. Капырлар айтышты: «Ага Куран бир эле жолу толук түшүрүлгөн болсочу!» Ошентип, Биз сенин жүрөгүңө аны бекем жай алдырыш үчүн бөлүп-бөлүп окудук.

33. Алар Биз сага келтиргендей акыйкат мисалды жакшы тапсирлеп келтире да алышпайт.

34. Алар жүз төмөндөп тозокко жыйылышат. Алардын анда жолу да башаламан, турган орду да жаман.

35. Мусага да Жазууну бергенбиз. Ага бир тууганы Харунду жардамчы кылып кошконбуз.

36. Биз айттык: «Экөөң Биздин аяттарыбызды жалганга чыгарган калайыкка баргыла». Кийин аларды толук кыйраттык.

37. Нухтун калкы да элчи-пайгамбарларды жалганчы кылышты. Аларды (сууга) чөктүрдүк. Калайыкка аларды бир аят кылдык. Биз залимдерге оор азапты да даярдап койгонбуз.

38. Ад (калкын) да, Самуд (калкын) да, Ар-Рассанын тургундарын, алардын арасында (жашаган нечендеген) көп муундарды да кыйраттык.

39. Алардын ар бирине мисалдарды келтиргенбиз. Бүт баарысын толук кыйраттык.

40. Алар кырсыктуу жамгыр жаадырылган калаанын жанынан өтүштү. Алар аны көрүшкөн жокпу? Жок! Алар кайра тирилишке үмүт кылышпайт.

41. Алар сени көрүшсө эле шылдыңдап (айтып) күлүп жатышат: «Алла ушуну элчи-пайгамбар кылып жөнөттүбү?

42. Биз бекем турбасак, ал бизди кудайларыбыздан да адаштырып коё турган болбодубу!» Жакында азапты көрүшкөн учурда кимдин жолдон адашканын даана билишет.

43. Сен куру кыялы менен кудайын жасап алганды көрдүңбү? Сен ага колдоочу боло аласыңбы?

44. Же сен алардын көпчүлүгүн эле угуп жатышат, акыл жүгүртүп жатышат деп эсептейсиңби? Алар даана малга окшойт. Жок! Алар жолдон катуу адашты!

45. Эгеңдин (Күн чыкканда) көлөкөнү кантип узартып созгонун көрбөдүңбү? Кааласа аны (жылдырбай) токтотуп коёт болчу. Андан кийин Биз ага Күндү көрсөтүүчү кылдык.

46. Андан кийин Биз аны Өзүбүзгө карай кыскартып тартып алабыз.

47. Ал силер үчүн түндү жамынчы, а уйкуну тынчтык кылды. Күндүздү тиричилик үчүн кылды.

48. Ал шамалды Өз ырайымы менен кубанычтуу кабар кылып жөнөттү. Биз асмандан таза сууну да түшүргөнбүз.

49. Аны менен куураган аймактарды жандандырып, Өзүбүз жараткан көптөгөн калайыктар менен айбан малдарга суу ичиришибиз керек болчу.

50. Биз эстеп жүрүшсүн деп аны (сууну) алардын ортосуна тегиз бөлүштүрдүк. Калайыктан көпчүлүгү капыр болуп баш ийишкен жок.

51. Эгер Биз кааласак, ар бир калаага эскертүүчүнү жөнөтөт элек.

52. Капырларга баш ийбе. Аларга каршы аны (Куран) менен жихат кылып бекем күрөш.

53. Ал эки деңизди кошту. Мунусу – даамы таза, а тигиниси – тузу шор. Экөөсүнүн ортосун кошпой ажыратып турган бекем тосмо[2] койду.

54. Ал адамды суудан жаратты. (Калайыктын) ата тарабынан да, эне тарабынан да тегин жаратты. Сенин Эгең Кудуреттүү Кудай.

55. Алар Алланын ордуна өздөрүнө жардам да бербеген, зыян да бербегендерге кулдук кылып жатышат. Капыр өз Эгесине каршы турат, (шайтанга) жардам кылат.

56. Биз сени кабарчы да, эскертүүчү да кылып жөнөткөнбүз.

57. Айт: «Мен силерден буга акы да сурабайм. Ким Эгесинин жолуна чыккандарга (садака бериштн) кааласа (каршы эмесмин)».

58. Дайым Тирүү, эч качан өлбөй турган Кудайга тобокел кыл. Аны даңктап тасбих айт. Кулдарынын күнөөсүнөн Анын толук кабары бар.

59. Ал (жети кат) асман менен жерди жана алардын арасындагыларды алты күндүн ичинде жаратты. Андан кийин (алар) Аршка жай алды. Рахманды билгендерден сура.

60. Аларга «Рахманга сажда кылгыла!» десе, айтышат: «Рахман деген ким? Биз сен буйрук кылганга сажда кылабызбы?» Алардын капырлыгы күч алды!

61. Ал асманда береке чачкан мунараларды[3] жаратты. Анда чырак (Күн) менен нур чачкан Айды койду.

62. Ал зикир кыла тургандар, же шүгүр кыла тургандар үчүн күн менен түндү алмашып тура турган кылды.

63. Рахмандын жер бетинде ашыкпай тынч жүргөн кулдары бар. Аларга наадандар орой сүйлөшсө деле алар айтышат: «Саламат бол!»

64. Алар Эгесине сажда кылып, тик туруп түндү өткөрүшөт.

65. Алар айтышат: «Эгебиз! Бизден тозоктун азабын кайтар. Анын түгөнбөгөн азабы бар.

66. Ал эң жаман турак жай!»

67. Алар (Алланын жолуна) каржы кылышса ысырап да кылышпайт, сараңдык да кылышпайт. Ушул (чектин) ортосун кармап турушат.

68. Алар Алланы таштап башка кудайга да сыйынышпайт. Акыйкат үчүн болбосо Алла тыюу салган бир да жанды өлтүрүшпөйт. Алар зына да кылышпайт. Ким ушул иштерди жасаса жазасын алат.

69. Кыямат күнү анын азабы дагы көбөйөт. Анда ал кор болуп түбөлүк калат.

70. Булардан башка (Аллага) тобо кылгандар, ыйманга киргендер, жакшы иштерди жасагандар бар. Алла булардын жамандыктарын жакшылыктарга алмаштырат. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

71. Ким тобо кылса, жакшы иш кылса, анда ал Аллага тобо кылышы керек.

72. Жалганга күбөлүк бербегендер бар. Алар ушак сөздүн жанынан сый-урматы менен өтүп кете беришет.

73. Аларга (залимдерге) Эгесинин аяттары эскертилип жатса да сокур болуп, дүлөй болуп ага ийилишкен жок.

74. Алар (ыймандуу пенделер) айтып жатышат: «Эгебиз! Бизге көзүбүздү кубанткан жубайларды да, урпактарды да бер. Бизди такыбалар үчүн үлгү кыл».

75. Булар сабыр кылгандары үчүн (Бейиштин) мыкты үйлөрүнө ээ болушат. Аларды анда (периштелер) салам айтып, куттуктап тосуп чыгышат.

76. Анда түбөлүк калышат. Кандай сонун тура турган турак жай!

77. Айт: «Эгер дубаңар болбосо Эгем силерге карабайт болчу. Жалганчы дегендериңердин жазасы да жакын».

26. ШУАРА СҮРӨӨСҮ[1]

АКЫНДАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Та, Син, Мим.

2. Бул – түшүнүктүү Жазуунун аяттары.

3. Балким, сен алардын ыйманга кирбей жатканы үчүн өзүңдү өлтүргүң келип жатса керек.

4. Эгер Биз каалаган болсок аларга асмандан бир аят түшүрөт элек. Алардын ага моюндары ийилет болчу.

5. Рахмандан аларга кандай жаңы эскертүү келгенинине карабай алар андан жүз буруп жатышат.

6. Алар аны (Куранды) толук жалганга чыгарышты. Жакында аларга аны кандай шылдың кылышкан болсо кабары да келет.

7. Алар Биздин Жер бетинде нечендеген ар кандай керемет өсүмдүктөрдү жубу менен өндүргөнүбүздү көрүшпөдүбү?

8. Мында бир аят да бар. Алардын көпчүлүгү ишенбей жатышат.

9. Сенин Эгең Улук, Ырайымдуу Кудай!

10. ...Бир убакта сенин Эгең Мусаны чакырды: «Залим калайыкка бар.

11. Фараондун калкына. Алар коркушпайбы?

12. (Муса) айтты: «Эгем! Мени жалганчы кылабы деп коркуп жатам.

13. (Ушундан) көкүрөгүм сыгылып жатат. Тилим да байланып калат. Харунга (кабар) жибер.

14. Алар үчүн менин күнөөм да бар. Алардан мени өлтүрүп коюшат деп коркуп жатам».

15. Ал (Алла) айтты: «Жок! Экөөң Биздин аяттарыбыз менен баргыла. Биз силер менен бирге угуп туралы.

16. Экөөң Фараонго баргыла да, айткыла: «Биз ааламдардын Эгесинин элчи-пайгамбарыбыз.

17. Биз менен бирге Исраил урпактарын жөнөт!»

18. (Фараон) айтты: «Биз сени жаш бала экениңде тарбия кылган жок белек? Өмүрүңдүн бир топ жылдарын биздин арабызда калып өткөрбөдүңбү?

19. Кыла турганыңды кылгансың. Сен ишеничтен кеткендердин бирисиң!

20. (Муса) айтты: «Мен аны жолдон адашып жүргөнүмдө кылдым.

21. Кийин силерден корктум да, качтым. Мага Эгем даанышмандыкты берди. Мени элчи-пайгамбар да кылды.

22. А сен мага ошондогу дөөлөтүңдү колко кылып жатсаң, сен да Исраил урпактарын кул кылып келе жатасың».

23. Фараон айтты: «Ааламдардын Эгеси дегениң кандай?»

24. (Муса) айтты: «Эгер ишенсеңер, Ал (жети кат) асман менен жердин жана алардын арасындагылардын Эгеси».

25. (Фараон) айланасындагы (жан-жөкөрлөрүнө) айтты: «Силер укпай жатасыңарбы?»

26. (Муса) айтты: «Ал силердин да, силердин мурдагы ата-бабаларыңардын да Эгеси».

27. (Фараон айланасындагы жан-жөкөрлөрүнө дагы) айтты: «Силерге жөнөтүлгөн элчи-пайгамбарыңар жинди экен!»

28. (Муса) айтты: «Эгер акыл жүгүртсөңөр, Ал чыгыштын да, батыштын да, алардын арасындагылардын да Эгеси».

29. (Фараон) айтты: «Эгер сен менден башка кудайга ишенип жатсаң, анда мен сени камайм».

30. (Муса) айтты: «А эгер мен сага бир (аятты) ачык келтирген болсомчу?»

31. (Фараон) айтты: «Эгер айтканың чын болсо алып кел».

32. Ал аса таягын таштаганда анысы даана жыланга айланды.

33. Ал колун жеңинен чыгарды эле, карап тургандарга аппак болуп көрүндү.

34. (Фараон) айланасындагы жан-жөкөрлөрүнө айтты: «Бул илимдүү сыйкырчы экен.

35. Ал силерди сыйкырлап жериңерден чыгарып жибериште каалап жатат. (Ага) кандай буйрук кыласыңар?»

36. Алар айтышты: «(Буга) да, агасына да мөөнөт бер. Шаарларга жыйноочуларды жөнөт.

37. Алар сага (буларга каршы) ар кандай билимдүү сыйкырчыларды алып келет».

38. Белгиленген күндүн убактысы жеткенде сыйкырчылар да жыйылышты.

39. Калайыкка айтылды: «Силер жыйналдыңарбы?

40. Балким, сыйкырчылар жеңишке жетишсе, биз аларды ээрчисек керек?»

41. Сыйкырчылар келишкенде Фараонго айтышты: «Биз жеңсек бизге ылайык сыйлык да болобу?»

42. (Фараон) айтты: «Ооба да! Андай болсо силер (мага) жакындардан болосуңар!»

43. Муса (сыйкырчыларга) айтты: «Силер таштай турганыңарды таштагыла!»

44. Алар аркандары менен менен таяктарын ташташты. Алар айтып жатышты: «Фараондун урматы менен биз жеңип чыгабыз!»

45. Муса да аса таягын таштады. Ошондо ал (жыланга айланып) алардын жалгандан көрсөткөндөрүн жута берди.

46. Сыйкырчылар (муну көрүшкөндө) саждага жыгылышты.

47. Алар айтып жатышты: «Ааламдардын Эгесине ишендик!

48. Муса менен Харундун Эгесине!»

49. (Фараон сыйкырчыларга) айтты: «Менин силерге уруксат беришимден мурун эле ишенип жатасыңарбы? Ал (Муса) деле силерге сыйкыр үйрөткөн чоңуңар экен. Тез арада (муну) билесиңер. Мен силердин колу-бутуңарды кайчылаштырып кесем. Баарыңарды асып таштайм!»

50. (Сыйкырчылар Фараонго) айтышты: «Эч нерсе эмес! Эгебизге кайрылып барат экенбиз.

51. Биз Эгебизден биринчи болуп ыйманга кирип жатканыбыз үчүн ката кетирген күнөөлөрүбүздү кечиришин үмүт кылабыз».

52. Биз Мусага жашыруун кабар бердик: «Менин кулдарым менен түндө жолго чык. (Фараон) силерди куугунтукка алат».

53. Фараон шаарларга (аскер) жыйнагандарды жөнөттү (да, айтты):

54. «Алар аз эле калк.

55. Биздин каарыбызды келтирди.

56. Биз топтолуп даяр болушубуз керек!»

57. Биз аларды (Фараонду аскери менен) бак-дарагы, булагы көп (жеринен) чыгардык.

58. Казына байлыктары менен гүлдөгөн мекенин (калтырдык).

59. Ушинтип, Биз аны (Фараондун байлыктарын) Исраил урпактарына мурас кылып бердик.

60. Күн чыгарда аларды кууп жөнөштү.

61. Ошондо эки топ (бирин бири) көрдү. Мусанын калкы айтты: «Бизди кууп жетти!»

62. (Муса аларга) айтты: «Жок! Менин Эгем мени менен бирге! Ал мени Туура жолго салат!»

63. Биз Мусага жашыруун кабар бердик: «Аса таягың менен деңизди чап!» Ал (экиге) бөлүндү. Ар бир бөлүгү аскар тоодой болчу.

64. Андан кийин башкаларды (Фараонду аскери менен эки бөлүнгөн деңизге) жакындаттык.

65. Биз Муса менен бирге болгондордун баарысын куткардык.

66. Андан кийин башкаларды (Фараонду аскери менен) чөктүрүп жибердик.
67. Мында бир аят да бар. Алардын көпчүлүгү ыймансыз болчу.
68. Улук да, Ырайымдуу да Эгең Өзү!
69. ...Аларга Ибрахимдин кабарын оку.
70. Бир убакта ал атасы менен калкына айтты: «Силер кимге кулдук кыласыңар?»
71. Алар айтышты: «Биз буркандарга кулдук кылабыз, аларды дайым урмат кылабыз».
72. (Ибрахим) айтты: «Аларды чакырсаңар силерди угушабы?
73. Же силерге пайда жеткиреби, же зыян кылабы?»
74. Алар айтышты: «Жок! Биз муну аталарыбыздын кылган салтынан таптык».
75. (Ибрахим) айтты: «А силер эмнеге кулдук кылып жатканыңарды карап көрдүңөрбү?
76. Өзүңөрдү да, илгерки ата-бабаларыңарды да.
77. Ааламдардын Эгесинен башка (Кудай жок). Буларыңар (буркандарыңар) менин душманым.
78. Ал (Алла) мени жараткан, Ал мени Туура жолго салат.
79. Ал мага тамак да ичирет, суу да ичирет.
80. А эгер ооруп калсам шыпаа берет. Ал мени өлтүрөт, андан кийин тирилтет.
82. Ал кыямат күнү менин каталарымды кечирет деп үмүт кылам.
83. (Ибрахим Алладан тиледи): «Эгем! Мага даанышмандык (илимин) бер. Мени жакшыларга жанаштыр.
84. Мени акыркы (калайыктын) ичинде тилимди туура сүйлөй турган кыл.
85. Мени Наим (Бак-таалай) Бейишин мекендегендерден кыл.
86. Менин атамды кечир. Ал адашкандардын бири болду.
87. Кайра тирилчү күнү мени шерменде кылба.
88. Ал күнү бала-чакадан да, байлыктан да пайда жетпейт.
89. Аллага ким таза жүрөгү менен келбесе эч бир пайда да жок.
90. (Ал күнү) такыбаларга Бейиш жакын келет.
91. Жолдон азгандарга Тозок көрсөтүлөт.
92. (Аларга) айтылат: «Силердин кулдук кылгандарыңар кайда?
93. Алланын ордуна (сыйынганыңар) силерге жардам беришеби, же өздөрүнө жардам беришеби?»
94. Алар ага (Тозокко) жүз төмөндөпташталат. Алар да, адаштырган жол башчылары да.
95. Иблистин аскери да, бүт баарысы!
96. Алар анда (бири бирине) доо коюп айтышат:

97. «Алага касам! Биз ачык адашкан экенбиз!
98. Биз (силерди) Ааламдардын Эгесине теңдештирген экенбиз!
99. Бизди (бу) күнөөкөрлөр эле адаштырды.
100. Эми бизди бир да куткаруучу жок.
101. Бизге күйгөн дос да жок.
102. Эгер дагы бир жолу (дүйнөгө) кайткан болсок, анда ыймандуу пенде болот элек!»
103. Мында бир аят да бар. Алардын көпчүлүгү ыймансыз болчу.
104. Улук да, Ырайымдуу да Эгең Өзү!
105. ...Нухтун калкы элчи-пайгамбарларды жалганчы кылышты.
106. Бир убакта аларга алардын бир тууганы Нух айтты: «Силер (Алладан) коркпойсуңарбы?
107. Мен силерге ишеничтүү элчи-пайгамбармын.
108. Алладан корккула! Мага баш ийгиле!
109. Мен силерден буга акы сурабайм. Менин акым Ааламдардын Эгесинин Өзүндө.
110. Алладан корккула! Мага баш ийгиле!»
111. Алар айтышты: «Биз сага ишенелиби? Сени (жалаң эле) кор болгондор ээрчишиптир».
112. (Нух) айтты: «Менин алардын эмне кылгандарынан маалыматым да жок.
113. Эгер билгиңер келсе, алардын (кылган ишинин) эсеби Аллада.
114. Мен ыймандуу пенделерди куубайм.
115. Мен болгону ачык эскертүүчүмүн».
116. Алар айтышты: «Эй, Нух! Эгер сен (бизге эскерте бергениңди) токтотпосоң, анда биз сен ташбараңга алабыз».
117. (Нух) айтты: «Эгем! Менин калкым мени жалганчы кылды.
118. Мени менен алардын арасын бир жолу ачык кыл! Сени да, мени менен бирге болгон ыймандуу пенделерди да куткар».
119. Биз аны да, аны менен бирге кемеге салынгандарды да куткардык.
120. Андан кийин Биз (кемеге чыкпай) калгандарды сууга чөктүрүп жибердик.
121. Мында бир аят да бар. Алардын көпчүлүгү ыймансыз болчу.
122. Улук да, Ырайымдуу да Эгең Өзү!
123. ...Ад (калкы) элчи-пайгамбарларды жалганчы кылышты.
124. Бир убакта аларга алардын бир тууганы Худ айтты: «Силер (Алладан) коркпойсуңарбы?
125. Мен силерге ишеничтүү элчи-пайгамбармын.
126. Алладан корккула! Мага баш ийгиле!
127. Мен силерден буга акы сурабайм. Менин акым Ааламдардын Эгесинин Өзүндө.

128. Алладан корккула! Мага баш ийгиле!»

128. Ар кандай бийик жерлерге эле өзүңөрдүн даңкыңарды белгилеп мактаныш үчүн (имараттарды) кура бересиңерби?

129. Түбөлүк кала тургансып ордо сарайларды салып алып жатасыңар.

130. (Кимдир бирөөлөрдү) жазаласаңар мыкаачылык менен жазалайсыңар.

131. Алладан корккула! Мага баш ийгиле!

132. Силерге жардам берген (Эгеңерден) корккула. Муну өзүңөр билесиңер.

133. Ал силерге мал да, бала-чака да берди.

134. Бактар менен булактарды.

135. Мен силерге (келе турган) улук күндүн азабынан корком».

136. Алар айтышты: «Сен бизге эскертсең да, эскертпесең да баары бир.

137. Бул – мурдагылардын салты.

138. Бизге азап деле жок».

139. Алар аны жалганчы кылышты. Биз аларды кыйраттык. Мында бир аят да бар. Алардын көпчүлүгү ыймансыз болчу.

140. Улук да, Ырайымдуу да Эгең Өзү!

141. ...Самуд калкы элчи-пайгамбарларды жалганчы кылышты.

142. Бир убакта аларга бир тууганы Салих айтты: «Силер (Алладан) коркпойсуңарбы?

143. Мен силерге ишеничтүү элчи-пайгамбармын.

144. Алладан корккула, мага баш ийгиле!

145. Силерден мен бул үчүн акы сурабайм, менин акым ааламдардын Эгесинин Өзүндө!

146. Силер бул жерде аман-эсен тура беребиз дейсиңерби?

147. Бактар менен булактардын арасында,

148. Эгиндер менен эзилип бышкан курмалардын арасында.

149. Тоолорду кыркып, ашыгып үй куруп жатасыңар».

150. Алладан корккула, мага баш ийгиле!

151. Бузукулардын буйругуна баш ийбегиле.

152. Алар Жер бетине жамандыкты таратып жатышат, жакшы иштерди кылбай жатышат».

153. Алар айтышты: «Сен көк мээ болуп калыпсың.

154. Сен бизге окшош эле кишисиң. Эгер чын айтып жатсаң бизге бир аят келтир».

155. Ал айтты: «Бул – инген төө. Буга да, силер үчүн да суунун кезеги белгиленди.

156. Силерге улук күндүн азабы жетпесин десеңер, анда ага жаман-дык кыла көрбөгүлө».

157. Алар ингенди мууздашты. Таң заарда кайгыга кабылышты.

158. Аларга азап жетти. Мында бир аят да бар. Алардын көпчүлүгү ыймансыз болчу.

159. Улук да, Ырайымдуу да Эгең Өзү!»

160. ...Луттун калкы элчи-пайгамбарларды жалганчы кылышты.

161. Бир убакта аларга бир тууганы Лут айтты: «Силер (Алладан) коркпойсуңарбы?

162. Мен силерге ишеничтүү элчи-пайгамбармын.

163. Алладан корккула, мага баш ийгиле!

164. Силерден мен бул үчүн акы сурабайм, менин акым ааламдардын Эгесинин Өзүндө!

165. Силер аалам (кезип келген) кишилерге бара бересиңерби?

166. Эгеңердин силер үчүн жараткан аялдарыңарды таштап коёсуңарбы? Жок! Силер чектен ашкан калайык экенсиңер!»

167. Алар айтышты: «Эй, Лут! Эгер сен (мунуңду) токтотпосуң, анда кууп чыгарыласың».

168. Ал айтты: «Мен силердин ишиңерди жек көрөм!

169. Эгем! Мени да, менин үй-бүлөмдү да булардын кылган ишинен куткар!»

170. Биз аны да, анын үй-бүлөсүн да, баарысын куткардык.

171. Кары аялынан башкасын. Ал аял калгандардын арасында калып калды.

172. Андан кийин башкаларды тыптыйпыл кыйраттык.

173. Аларга (кесек таштардан) жамгыр жаадырдык. Эскертилгендерге жамгыр жаман болду!

174. Мында бир аят да бар. Алардын көпчүлүгү ыймансыз болчу.

175. Улук да, Ырайымдуу да Эгең Өзү!

176. ...Аль-Айканын тургундары элчи-пайгамбарларды жалганчы кылышты.

177. Бир убакта аларга Шуайб айтты: «Силер (Алладан) коркпойсуңарбы?

178. Мен силерге ишеничтүү элчи-пайгамбармын.

179. Алладан корккула, мага баш ийгиле!

180. Силерден мен бул үчүн акы сурабайм, менин акым ааламдардын Эгесинин Өзүндө!

181. Туура тартып ченегиле. Тартканда кемитип койбогула.

182. Туура ченеген тараза менен тарткыла.

183. Калайыктын буюм-тайымдарынан кымтып, уурдап албагыла. Жер бетинде бузукулук таратпагыла.

184. Силерди да, силерден мурдагы муундарды да жараткан (Эгеңерден) корккула».

185. Алар айтышты: «Сен сыйкырланып калгандардын бири экенсиң.

186. Сен бизге окшош эле адамсың. Биз сени жалганчылардын бири экенсиң деп да ойлоп жатабыз.

187. Эгер чын айтып жатсаң, анда сен бизге асмандан бир бөлүк таш[2] түшүр!»

188. Ал айтты: «Силердин эмне кылып жатканыңарды Эгем жакшы билет».

189. Алар аны жалганчы кылышты. Аларга көлөкө түшкөн күндүн азабы жетти. Бул улук күндүн азабы болчу!

190. Мында бир аят да бар. Алардын көпчүлүгү ыймансыз болчу.

191. Улук да, Ырайымдуу да Эгең Өзү!

192. Бул (Куран) – ааламдардын Эгесинен түшкөн.

193. Аны менен бирге Рух аль-Амин (Жабраил периште) түштү.

194. Сенин жүрөгүңө. Сен (калайыкты) эскертишиң керек болчу.

195. Түшүнүктүү араб тилинде.

196. Ал (Куран) мурдагы Жазууларда да бар болчу.

197. Алар үчүн анда (Куранда) Исраил урпактарындагы аалымдары билген бир да аят жок бекен?

198. А эгер Биз аны башка (тилдеги) бирөөгө түшүргөн болсок,

199. Ал аны аларга окуган болсо, анда алар ага ишенишпейт болчу.

200. Биз аны (Куранды) күнөөкөрлөрдүн жүрөгүнө ушинтип киргиздик.

201. Алар оор азапты көрмөйүнчө ага ишенишпейт.

202. Ал аларга капыстан келет. Алар аны сезбей да калышат.

203. (Ошондо) алар айтышат: «Бизге мөөнөт берилбейби?»

204. Биздин азабыбызды (талап кылып) шаштырып жатышабы?

205. Көрдүңбү? Биз аларга көп жылдарды пайдаланышка бердик.

206. Андан кийин аларга убада кылынган (азап) келет.

207. Ошондо алган пайдалары да аларды (азаптан) куткара албайт.

208. Биз бир дагы калааны ага эскертүүчү жибербей туруп кыйраткан эмеспиз.

209. Эскертүү (болгон). Биз залимдик кылган жокпуз.

210. Аны (Куран) менен шайтандар кошо түшкөн эмес.

211. Алардын каалаганы бул эмес. Алардын буга чамасы да жетпейт.

212. Алар аны угуштан четтетилген.

213. Азап тарткандардан болбошуң үчүн Алланы таштап башка кудайга сыйынба.

214. Жакын тууганарыңды да эскерт.

215. Сени ыймандуу пенделерден кимиси ээрчисе канатыңды жай.

216. А эгер сага моюн толгосо, анда айт: «Менин силердин кылган ишиңерге катышым жок».

217. Ырайымдуу Улук (Эгеңе) тобокел кыл!

218. Ал сени тик турганыңда да көрүп турат.

219. Сажда кылуучулардын арасында бурулганыңды да.

220. Угуучу да, Билүүчү да Ал Өзү!

221. Шайтандардын кимге түшүп келишин айтайынбы?

222. Алар ар бир жалганчы күнөөкөргө түшүп келишет.

223. Алар укканын таратышат. Алардын көпчүлүгү эле жалганчылар.

224. Акындар аларды ээрчишет да, жолдон адашат.

225. Алардын өрөөндөрдү кезип жүргөнүн көрбөй жатасыңбы?

226. Алар кылбаган ишти (кылгандай) айтышат.

227. Алардан башка ыйманга киргендер, жакшы иштерди жасагандар, Алланы эстеп көп зикир кылгандар, зулумдук көргөндөн кийин да жеңишке жеткендер бар. Жакында залимдер кайда кайрылып барышын билишет.

27. НАМЛ СҮРӨӨСҮ[1]

КУМУРСКА

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Та, Син. Бул – Курандын жана түшүнүктүү Жазуунун аяттары.

2. (Анда) ыймануу пенделер үчүн Туура жол да, сүйүнүчтүү кабар да бар.

3. Алар намазды аткарышат, зекетти беришет. Алар акыретке бекем ишенишет.

4. Акыретке ишенбегендердин кылган иштерин өздөрүнө ажайып кооз көрсөттүк. Алар темселеп жүрө беришет.

5. Буларга жаман азап бар. Булар акыретте кусур ургандардан болушат.

6. Сен Куранды Билүүчү, Даанышман (Эгеңден) алып жатасың.

7. ...Бир убакта Муса үй-бүлөсүнө айтты: «Мен отту байкадым. Мен андан бир кабар алып келейин. Же, балким, силерге күйгөн чычала алып келсем жылынаарсыңар».

8. Ага жакындап келгенде кыйкырган добуш келди: «Оттун алдындагыга да, жанындагыга да (Алланын) берекеси болсун! Ааламдардын Эгеси Алла Айыпсыз!

9. «Эй, Муса, Мен – Улук, Даанышман Алламын.

10. Аса таягыңды ташта!» Ошондо ал анын жыландай сойлоп бара жатканын көрдү. Ал (коркконунан) аркасына бурулду. Аркасына кылчайып караган да жок. (Добуш келди): «Эй, Муса, коркпо! Менин элчилерим коркушкан эмес.

11. А эгер кимдир-бирөө залимдик кылса, андан кийин аны жакшылыкка алмаштырса, анда Мен – Кечирүүчү, Ырайымдуу Кудаймын!

12. Колуңду колтугуңа кат. Ал сак-саламат, аппак болуп чыга келет. (Ушуну менен бирге) Фараон менен анын калкына тогуз аят (көрсөтүлөт). Алар ыпылас калайык болуп кетти».

13. Биздин аяттарыбыз аларга келгенде көрүшкөн болсо да, айтышты: «Бул даана сыйкыр экен!»

14. Алардын чындыгын көңүлдөрү тастык кылган болсо да, текеберлик менен залимдик кылып четке кагышты. Бузукулардын акыбети кандай болгонуна кара!

15. ...Биз Дауд менен Сулайманга илим да, даанышмандык да бергенбиз. Ал экөөсү айтты: «Аллага шүгүр! Ал Өзүнүн ыймандуу кулдарынын ичинен бизге көп артыкчылык берди!»

16. Дауддан Сулайманга мурас калды. Ал айтты: «Эй, калайык: «Биз куштардын тилин үйрөндүк. Бизге ар кандай (байлык да) берилди. Бул (бизге берилген) ачык артыкчылык болду!»

17. Сулайманга адамдардан да, жиндерден да, канаттуулардан да аскери жыйылды. Алар сап тартып даяр турушчу.

18. Алар Кумурска өрөөнүнө жетип келишкенде бир ургаачы кумурска айтты: «Эй, кумурскалар! Уюгуңарга киргиле! Сулайман да, анын аскери да силерди байкабай тебелеп басып кетпесин».

19. (Сулайман) анын сөзүнө жылмайып күлдү да, айтты: «Эгем! Мага жана ата-энеме берген бак-таалайыңа мени шүгүр кылып, жакшы иш жасаган пендеңден кыл. Өз рахматың менен мени жакшы пенделериңдин арасына кош!»

20. Ал канаттуу аскерине карап туруп айтты: «Эмнеге мен үпүптү көрбөй жатам? Же жоголуп кеткенби?

21. Мен ага катуу азап берем, же мууздап таштайм! Же ал мага ачык бир далил менен келиши керек».

22. Ал (үпүп) көпкө келбей туруп калган жок. (Келгенде Сулайманга) айтты: «Мен сен билбегенди билдим. Сага Сабадан аныкбир кабар менен келдим.

23. Аны башкарып жаткан бир аял экенин көрдүм. Ага ар кандай (байлыктардан) берилиптир. Анын бир улук тактысы да бар экен.

24. Дагы ал аялдын да, анын калкынын да Алланын ордуна Күнгө сажда кылып жатышканын көрдүм. Алардын кылган иштерин өздөрүнө шайтан ажайып кооз көрсөтүп салыптыр. Алар Туура жолду таппай жүрүшөт.

25. Алар (жети кат) асман менен жердин жашыруун (казыналарын) чыгарган жана силердин жашырганыңарды да, ашкере (кылганыңарды) да билип турган Аллага сажда кылышпай жатышат.

26. Алладан башка Кудай жок. Ал – Улук Арштын Эгеси!»

27. (Сулайман үпүпкө) айтты: «Биз (муну) карап көрөлү! Чын айттыңбы, же жалганчылардын бирисиңби.

28. Бул катты алып жөнө! Аларга аны (жеткирип) ташта. Андан кийин алардан кайт да, карап тур. Алар эмне (чечимге) кайтышат».

29. (Падыша аял) айтты: «Эй, улук (билермандар)! Мага бир ардактуу кат түштү.

30. Ал Сулаймандан экен. Анда (ушундай дейт): «Бисмиллахиррахманиррахим.

31. Мага бой көтөрбөгүлө! Мусулман болуп менин алдыма келгиле!»

32. (Падыша аял) айтты: «Эй, улук (билермандар)! Менин ишим боюнча мага чечимиңерди бергиле! Мен силерди катыштырып күбө кылбай туруп бир ишти чечкен эмесмин».

33. Алар айтышты: «Биздин күч-кубатыбыз бар. Катуу каарыбыз да бар. Буйрук сенде. Карап көр. Эмне буйрук бересиң?

34. (Падыша аял) айтты: «Падышалар калаага кирип келишсе, аны кыйратып бузушат. Анын калкынын ичиндеги улуктарын кор кылышат. Алар ушундай кылышат.

35. Мен аларга белек жиберейин. Карап көрөйүн. Элчилер эмне (кабар) менен кайтып келишер экен».

36. (Элчилер) Сулайманга келгенде, аларга айтты: «Силер мага байлык менен жардам бересиңерби? Алла мага силердикинен да жакшысын берген. Мейли, белектериңер менен өзүңөр сүйүнө бергиле!»

37. (Сулайман элчинин улугуна айтты): «Аларга кайтып бар! Биз аларга аскерлер менен кирип барабыз. Аларга каршы тура алышпайт. Аларды андан бактысыз кылып чыгарабыз. Алар кор болот».

38. (Сулайман жан-жөкөрлөрүнө) айтты: «Эй, улук (билермандар)! Алар мага моюн сунуп келгиче кимиңер ал аялдын тактысын мага алып келе аласыңар?»

39. Ифрит деген жин айтты: «Мен аны сен ордуңдан тургуча эле алып келем. Менин буга күчүм жетишине бекем ишенем».

40. Жазуудан илими бар дагы бирөө айтты: «Мен аны сага көзүңдү ачып-жумгуча келтирип коём». (Сулайман) аны (тактыны) көз алдында көргөндө айтты: «Бул Эгемдин мага кылган ырайымы болду. Ал мени шүгүр кылабы, же шүгүр кылбайбы деп сынап жатат. Ким Эгесине шүгүр кылса, анда ал өзү үчүн шүгүр кылат. А ким шүгүр кылбаса, байлыктын да, урматтын да ээси Эгем Өзү!»

41. (Сулайман) айтты: «Ал аялга тактысын өзгөртүп койгула. Көрөлү. Ал Туура жолду табабы? Же туура эмес жолдогулар менен болор бекен».

42. Ал аял келгенде ага айтылды: «Сенин тактың ушулбу?» Ал аял айтты: «Ошол эле окшойт». (Сулайман айтты): «Бизге ал аялга чейин эле илим берилген. Биз мусулман болуп калганбыз.

43. Ал аялды Алланын ордуна кулдук кылганы жолун тосуп койгон экен. Ал капыр калайыктын ичинен бири экен».

44. Ал аялга айтылды: «Ордо сарайга кир!» Ал анын (майданын) көргөндө көлмө экен деп ойлоду. (Кечип өтмөкчү болуп) бут кийимин чечти. (Сулайман) айтты: «Бул тунук айнектен тептегиз жасалган ордо сарай-

дын (майданы) эмеспи!» Ал аял (тобо келтирип) айтты: «Эгем! Мен өзүмө залимдик кылган экенмин! Сулайман менен бирге ааламдардын Эгеси Аллага моюн сундум!»

45. ...Биз Самуддарга бир тууганы Салихти жөнөттүк: «Аллага кулдук кылгыла!» Ошол убакта алар эки топ болуп каршылашып жатышкан.

46. Ал айтты: «Эй калкым! Эмне үчүн жамандыкты жакшылыктан алдын тездетип жатасыңар? Эмнеге Алладан кечирим тилебейсиңер? Балким, ырайымын табат элеңер.

47. Алар айтышты: «Биз сени менен бирге ким болсо да, сенден да жакшылыкты көрбөй жатабыз». Ал айтты: «Жакшылыгыңарды Алладан (сурагыла). Силер (азыр) сыноо учурунда турган калайыксыңар».

48. Шаарда тогуз киши бар болчу. Алар Жер бетине бузукулукту таратышат эле. Жакшы иштерди жасашчу эмес.

49. Алар айтышты: «Бири-бириңерге Алланы айтып ант бергиле! Түн ичинде ага да, анын үй-бүлөсүнө да кол салабыз. Андан кийин анын добогерине айтабыз: «Анын үй-бүлөсү кайда өлгөнүн деле билбейбиз. Биз туурасын айтып жатабыз».

50. Алар куулук кылып жатышты. Биз дагы куулук кылдык. Алар муну сезишкен жок.

51. Алардын куулук кылганынын акыры кандай болгонун кара! Биз аларды тыптыйпыл кыйраттык. Дагы алардын калкынын бүт баарысын кыйраттык.

52. Залим болуп кетишкенинен улам мына бул үйлөрү кыйраган. Мында билгиси келген калайыкка бир аят да бар[2].

53. Биз такыбалык кылган ыймандуу пенделерди куткардык.

54. ...Лутту (жөнөттүк). Ал калкына айтты: «Көрүп турсаңар деле ыпыластык кыла бересиңерби?

55. Силер аялдарды таштап эркектерге кумарыңар артып бара бересиңерби? Жок! Силер наадан калайык болуп кеткен экенсиңер».

56. Калкынын айткан жообу (мындан) башка болгон жок. Алар айтышты: «Луттун үй-бүлөсүн калааңардан чыгарып жибергиле. Алар тазалыкты жактырышкан адамдар экен».

57. Биз аны да, аялынан башка үй-бүлөсүн да куткардык. Ал аял (кутулбай) калгандардын бири болду. Биз ага кыйрагандар менен кала турган тагдыр буйрудук.

58. Биз аларга (кесек таштан) жамгыр жаадырдык. Эскертилгендерге жамгыр кандай жаман болду!

59. Айт: «Аллага шүгүр! Анын тандап алган кулдарына саламатчылык болсун! Алла жакшыбы же силердин Ага кошкон шериктериңер жакшыбы?

60. Же, (жети кат) асман менен жерди жараткан, асмандан силерге сууну түшүргөн жакшы эмеспи? Биз аны менен кооз бак – даректарды

өстүрдүк. Силер даректарды өстүрө албайт болчусуңар. Алла менен бирге башка Кудай да барбы? Жок! Алар чектен чыккан калайык болуп жатат.

61. Же, жерди тура турган мекен кылган, анын араларында дарыяларды (агызып) койгон, анда бекем турган (тоолорду) орноткон, эки деңизди (бири бирине кошпой) тосуп койгон (Алла) жакшы эмеспи? Алладан башка да Кудай барбы? Алардын көпчүлүгү (муну) билишпейт.

62. Же, кыйналган бечаралар дуба кылганда жооп берген, жамандыкты кайтарган, силерди Жер бетине орунбасар кыла турган (Алла) жакшы эмеспи? Алладан башка да Кудай барбы? Муну аз эстеп жатасыңар.

63. Же, кургактык менен деңиздеги караңгылыктарда туура жолго салган, шамалдарды Өз ырайымы менен сүйүнүчтүү кабар кылып жиберген (Алла) жакшы эмеспи? Алладан башка да Кудай барбы? Алардын кошуп жаткан шериктеринен Алла бийик!

64. Же, оболу баштап жараткан, кайра аны (тирилтип) кайтарган, силерге асман менен жерден ырыскы берип жаткан (Алла) жакшы эмеспи? Алладан башка да Кудай барбы?» Айт: «Эгер чын айтып жатсаңар далилиңерди келтиргиле!»

65. Айт: «Асмандагылардан да, жердегилерден да ким болбосун, кайып сырларды бирөө да билбейт. Качан тирилишээрин да билишпейт!»

66. Жок! Аларга акырет туурасында билим (кыяматта) жетет. Жок! Алардын мындан шеги бар. Жок! Алар андан (кабарсыз) көр болуп калышкан!

67. Капырлар айтып жатышат: «Биз деле, ата-бабаларыбыз деле топуракка айлансак, кайра тирилип чыгабызбы?

68. Бул (тууралуу) бизге да, биздин мурдагы ата-бабаларыбызга да убада кылынган имиш. Бул илгеркилердин эле жомогу экен!»

69. Айт: «Жер бетин кыдыргыла. Күнөөкөрлөрдүн акыбети кандай болгонун карап көргүлө!»

70. Алар үчүн кайгырба! Алардын кылып жаткан куулугуна да сыгылба.

71. Алар айтып жатышат: «Чын айткандардан болсоң, бул убада качан (ишке ашат)?

72. Айт: «Балким, силердин шаштырганыңардан кайсы бири аркаңардан келип да калды».

73. Калайыкка ырайым кылган сенин Эгең. Бирок, алардын көпчүлүгү эле шүгүр кылышпайт.

74. Сенин Эгең алардын көкүрөктөрүндө бекиткендерин да, ачыкка чыгаргандарын да билип турат!

75. Асмандарда да, жерде да (Түпкү) Жазууда жазылбай калган эч нерсе жок.

76. Бул Куран Исраил урпактарынын көпчүлүгүнө талаш-тартыш кылгандарын (түшүндүрүп) айтып берет.

77. Ал (Куран) – Туура жол, ыймандуу пенделер үчүн (Алланын) рахматы.

78. Эгең алардын ортосундагы талаш-тартыштар боюнча өкүмүн ишке ашырат. Улук да, Билимдүү да Ал Өзү!

79. Аллага тобокел кыл. Сен даана акыйкатка (карай жүр).

80. Сен өлүккө да, дүлөйгө да терс бурулуп аркасына кетип жатышса чакырып угуза албайсың.

81. Сен алардан адашкан сокурларды жолго сала албайсың. Сен Биздин аяттарыбызга ким ишенсе, ага гана угуза аласың. (Анткени), алар - мусулмандар.

82. Аларга (азапты убада кылган) сөздүн убактысы жеткенде Биз бир жаныбарды жерден чыгарабыз. Ал аларга сүйлөйт[3]. (Анткени), Биздин аяттарыбызга калайыктын ишеничи бекем болгон эмес.

83. Биз ал күнү Биздин аяттарыбызды жалганга чыгаргандарды топ-топ кылып жыйнайбыз. Алар топ-топко бөлүнүп турушат.

84. Алар келгенде (Алла) айтат: «Силер Менин аяттарымды илим деп билгиңер келбей жалганга чыгардыңарбы? Же, (аларды) эмне кылдыңар эле?»

85. Аларга залимдик кылгандары үчүн (азапты убада кылган) сөздүн убактысы да жетти. Алар сүйлөй да алышпайт.

86. Алар Биздин түндү тынч алыш үчүн, а күндүздү көрүш үчүн жаратканыбызды көрүшпөдүбү? Мында ыймандуу калайыктар үчүн аяттар бар.

87. Ал күнү сурнай тартылат. Ошондо (жети кат) асман менен жердегилерден ким болбосун, Алла каалабагандардан башкасы катуу коркунучка түшөт. Бүт баарысы Ага айласы куруп келишет.

88. Сен тоолорду көрүп турасың. Аларды кыймылсыз турат деп эсептейсиң. Алар булут жылгандай жылып баратышат. Алла ар бир нерсени жасаганда абдан мыкты жасаган! Ал силердин кылган ишиңерден Кабардар.

89. Ким жакшылык менен келсе, андан ага жакшылык бар. Алар ал күнү коркунучтан аман болушат.

90. Ким жамандык менен келсе, алар Тозок отуна башын ийип киришет. (Аларга айтылат): «Силер кылганыңарга жараша жаза алдыңарбы?»

91. «Мен бул шаардын Эгесине кулдук кылышка буйрук алдым. Ал анда (күнөө кылышты) тыюу салды. Бардык нерселер Аныкы. Мен мусулман болушка буйрук алдым.

92. Куран окушка да. Ким Туура жолго жүрсө, ал өзү үчүн Туура жолду табат. Ким адашса, анда айт: Мен болгону эскертүүчүмүн».

93. Айт: «Аллага шүгүр! Жакында Ал силерге Өзүнүн аяттарын көрсөтөт. Силер аларды (ошондо) билесиңер. Эгеңер силердин кылып жаткан иштериңерден кабарсыз эмес!»

28. КАСАС СҮРӨӨСҮ[1]

КЫССА

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Та, Син, Мим.

2. Бул – түшүнүктүү Жазуунун аяттары.

3. Биз сага да, ыймандуу пенделер үчүн да Муса менен Фараондун акыйкат кабарын окуйбуз.

4. Фараон өз жеринде текеберлик кылды. Андагы элди бөлүп, алардан бир бөлүгүн начарлатты. Алардын (туулган) балдарын мууздайт эле да, аялдарын тирүү калтырчу. Ал бузукулук тараткандардын бири болчу.

5. Биз ал жердеги начарлап кеткендерге ырайым кылышты каалайбыз. Аларды жол башчылардан кылабыз. Аларды мураскор да кылабыз.

6. Аларды ал жерге бекем жайгаштырабыз. Фараонго да, Хаманга да, ал экөөсүнүн аскерлерине да алардын (коркуп) сактангандарын көрсөтөбүз.

7. Биз Мусанын энесине жашыруун кабар бердик: «Аны эмизе бер. Андан корксоң, аны дарыяга таштап жибер. Корпо, кайгырба. Биз аны сага кайтарабыз. Аны элчи-пайгамбарлардын бири кылабыз».

8. Аны Фараондун үй-бүлөсүндөгүлөр (дарыядан) тартып алды. Ал алар үчүн кайгы да, душман да болуш керек болчу. Фараон да, Хаман да, экөөсүнүн аскерлери да күнөөкөрлөр эле.

9. Фараондун аялы (ага) айтты: «Бул сага да, мага да көзгө басар (балабыз болсун)! Аны өлтүрбөгүлө. Балким, анын бизге пайдасы тийер, же бала кылып алабыз». Алар (аны) билишкен жок.

10. Мусанын энесинин көңүлү бошоп, таң да атты. Эгер Биз анын жүрөгүнө кайрат бербесек, аны ыймандуу аял кылбасак, муну ачыкка чыгарышка жакын калган болчу.

11. Ал аял (Мусанын) эжесине айтты: «Аны күзөтүп бар!» Ал аны сырттан карап турду. Алар (муну) билишкен жок.

12. Биз ага (Мусага) мурун эле (башка) эмизүүчү аялды арам кылганбыз. Ал (Мусанын эжеси Фараондун үй-бүлөсүнө) айтты: «Мен силерге бир үй ээлерин көрсөтөйүнбү? Алар аны жакшы карап багышат. Ага камкордук кылышат».

13. Биз аны (Мусаны) энесинин көзү көрүп тынч алсын деп өзүнө кайтарып бердик. Ал (энеси) кайгырбай, Алланын убадасы ак экенин билиши керек болчу. Бирок, алардын көпчүлүгү (муну) билишпейт.

14. Ал (Муса) баралына жеткенде, (буга кошо акылы да) тең келип толгондо, Биз ага даанышмандыкты да, илимди да бердик. Жакшылык кылгандардын акыбетин ушинтип беребиз.

15. Ал (Муса) шаарга тургундары капылет калган бир учурда кирип барды. Анда эки кишини көрдү. Экөө мушташып жатат: мунусу – өзүнүн элинен (жөөт), аркысы – душман тараптан экен. Өз элинен болгон душмандан жардам кылышын андан суранды. Ал (Муса) аны бир урду. Анын ишин бүтүрдү. Ал (Муса) айтты: «Бул шайтандын ишинен болду. Ал даана жолдон чыгарган душман».

16. Ал (Муса) айтты: «Эгем! Мен өзүмө залимдик кылдым. Мени кечир!» (Алла) аны кечирди. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Ал Өзү!

17. (Ошондон кийин Муса) айтты: «Эгем! Мага бак-таалай бергениң үчүн эч качан (мындан ары) мен күнөөкөрлөргө жардам кылбайм!»

18. Эртеси ал дагы коркуп, шаар ичине көз кырын салып жүрдү. Бир маалда андан кечээ күнкү жардам сураган дагы ага (кыйкырып) жардам сурай баштады. Муса ага айтты: «Сен даана обу жок экенсиң!»

19. Ошондо ал экөөнө (карай чуркап) душманды катуу качырып кармашты каалады. (Анда мени кармайбы деп Мусанын айбатынан коркуп кеткен берки жөөт) айтты: «Эй, Муса! Сен кечээ бирөөнү өлтүргөндөй мени да өлтүрөсүңбү? Эгер муну кааласаң жер бетинде мыкаачы болуп, жакшы иш кылгандардан болбойсуң».

20. Бир киши Алыскы Шаардан[2] шашылып келди да, айтты: «Эй, Муса! Сени (Фараондун) жан-жөкөрлөрү өлтүрүш тууралуу кеңеш кылып жатышат. Чыгып кет! Мен сага жакшы насаатчымын!»

21. Ал андан коркуп, айланасына көз кырын салып чыкты. Ал (Муса) айтты: «Эгем! Мени залим калайыктан куткар!»

22. Мадйан тарапка багыт алганда ал (Муса) айтты: «Балким, Эгем мени Туура жолго өзү түз салар!»

23. Ал (Муса) Мадйан суусуна жетип келгенде малдарын сугарып жаткан бир топ кишилерди көрдү. Алардын жанында башка эки кыз да (койлорун) айдашып жүрөт. (Муса ал экөөнө) айтты: «Силердин (мында) эмне ишиңер бар эле?» Ал экөөсү айтты: «Биз малчылар (малдарын сугарышып) кетишмейинче сугара албайбыз. А биздин атабыз (келе албайт), карып калган киши».

24. Ал (Муса) экөөнүн (койлорун) сугарды. Андан кийин (даректын) көлөкөсүнө кайтты да, айтты: «Эгем! Мендей бакырга эмне жиберсең да жакшы!»

25. Ага эки кыздын бири басып келди да, уялып жатып айтты: «Атам сени (биздин малыбызды) сугарып бергениң үчүн акыңды бермек болуп чакырып жатат». Ал ага келгенде (өз башынан) өткөн окуяны ага айтып берди. Ал (кары киши) айтты: «Коркпо, сен залим калайыктан кутулдуң!»

26. Эки кыздын бири айтты: «Эй, атаке! Сен аны (малчылыкка) жалдап ал. Андан башка ишеничтүү да, күчтүү да кимди жалдап алмак элең».

27. (Кыздын атасы Мусага) айтты: «Мен сага бул эки кызымдын бирин никелеп бериштi каалап турам. (Мунун) акысына сен мага сегиз жыл

(малымды кайтарып беришиң) керек. А эгер он жыл менен бүтүргүң келсе, анда бул сенин ыктыярыңда болсун. Мен сени кыйнагым да келбейт. Эгер Алла кааласа, менин айтканымды туура көрөөрсүң».

28. Ал (Муса) айтты: «Бул мага да, сага да ортодогу (келишим болсун). Эки мөөнөттүн кайсынысын аткарсам деле мага кыйын эмес. Биздин айткандарыбызга Алланын Өзү Күбө!».

29. Муса өзүнүн мөөнөтүн аткарып бүткөндө үй-бүлөсү менен сапар тартты. Ал тоонун бир тарабынан отту байкаган болчу. Ал үй-бүлөсүнө айтты: «Силер мында тургула. Мен отту байкадым. Балким, мен андан бир кабар билип келээрмин, же силерге жылыныш үчүн күйгөн чычала ала келем».

30. Ал ага келгенде Ыйык өрөөндүн[3] оң тарабындагы бадалдардан ага добуш келди: «Эй, Муса! Мен – Алламын, ааламдардын Эгесимин!

31. Аса таягыңды ташта!» Ал анын жыландай сойлогонун көргөндө качмак болуп бурулду. Аркасына кылчайган жок. (Добуш келди): «Эй, Муса, кайт! Коркпо! Сен аманчылык тапкандардын бири болдуң!

32. Колуңду колтугуңа кат. Сак-саламат аппак болуп чыга келет. Канатыңды (эки колуңду) коркпой кыса бер. Сенин Эгеңден сага Фараон менен анын жан-жөкөрлөрүнө (көрсөтүш үчүн) ушул эки далил (берилди). Алар ыпылас калайык болуп кетишти».

33. (Муса) айтты: «Эгем! Мен алардын бир (кишисин) өлтүргөм. Алар-га (барсам) мени өлтүрөбү деп корком.

34. Бир тууганым Харун менден так сүйлөйт. Аны караан кылып мени менен бирге жөнөт. Ал менин (айткандарымды) тастыктап турат болчу. Алар мени жалганчы кылат деп коркуп жатам».

35. (Алла) айтты: «Биз сенин кубатыңды бир тууганың менен бекемдейбиз. Экөөңөргө Биз бийлик да беребиз. Алар силерге жетип тийе албайт. Биздин аяттарыбыз менен экөөң тең, экөөңөрдү ээрчигендер да жеңип чыгышат».

36. Муса аларга Биздин далилдүү аяттарыбыз менен келгенде айтышты: «Бул ойлоп табылган сыйкырдан башка нерсе эмес экен. Мындайды мурдагы ата-бабаларыбыздан деле укkан эмес экенбиз».

37. Муса (Фараонго) айтты: «Өзүнүн алдынан ким акыйкат менен келгенин жана (акырет) жайдын акыбети кимдики экенин Эгем жакшы билет. Залимдер бак таба албайт!»

38. Фараон айтты: «Эй, улук (билермандар)! Силерге менден башка Кудай бар экенин мен билбедим. Эй, Хаман! Мага кирпич бышырып мунчылардын бири деп ойлоп жатам».

39. Ал да, анын аскери да жер бетинде ак жүрбөй текеберлик кылды. Алар Бизге кайтып келишпечүдөй ойлоду.

40. Биз аны да, аскерин да кармадык. Деңизге ыргыттык. Залимдердин акыры кандай болгонун кара!

41. Биз аларды Тозок отуна чакыра турган жол башчылардан кылдык. Кыямат күнү аларга жардам берилбейт.

42. Биз аларды бул дүйнөдө каргышка ээрчигендерден кылдык. Кыямат күнү кор болуп куулгандардан болот.

43. Биз Мусага оболку муундарды кыйраткандан кийин Жазууну (Тооратты) бергенбиз. Ал калайыкка ачык көрүнүп турган (жазылган) Туура жол да, рахмат да болчу. Балким, алар эстеп жүрүшөөр.

44. Сен Мусанын ишин Биз чечип жатканда күн батыш тарапта[4] катышып турган эмес элең.

45. Бирок, Биз (андан кийин) муундарды өстүрдүк. Аларга узак жашоону бердик. Аларга сен Биздин аяттарыбызды окугудай Мадйан калкынын арасында турган эмессиң. А бирок Биз (алардын кабарын) жөнөтүп жатабыз.

46. Биз (Мусаны) чакырып жатканда сен тоонун жанында[5] эмес элең. Бирок, Эгеңдин ырайымы менен эскертүүчү келбеген калайыкка эскертишиң керек болду. Балким, алар эстеп жүрүшөөр.

47. А эгер алардын өз колдору менен даярдаган балээлери өздөрүнө жеткен болсо айтышар эле: «Эгебиз! Эгер Сен бизге элчи-пайгамбар жиберген болсоң, анда биз Сенин аяттарыңа ээрчийт элек, ыймандуу пенделерден болот болчубуз!»

48. Аларга Бизден акыйкат келгенде айтышты: «Мусага берилгендей ага эмнеге берилген жок?» Буга чейин эле Мусага берилгенге ишенбей каршы болушкан жок беле? Алар айтышты: «Эки сыйкыр экен. Бири бирине жардам берип жатат». Алар (дагы) айтышты: «Биз эч бирине ишенбейбиз!»

49. Айт: «Эгер чын айтып жатсаңар, анда Алладан ал экөөсүнөн да туура Жазуу келтиргиле. Мен аны ээрчийин!»

50. А эгер алар сага жооп бербей жатышса, анда билип ал, алар куру кыялдарына ээрчип жүрүшөт. Алладан Туура жолго ээ болбой жатып куру кыялына ээрчигенден да залим ким бар? Алла залим калайыкты Туура жолго салбайт.

51. Биз аларга Сөздү жеткирдик. Балким, алар эстеп жүрүшөөр.

52. Бизден ага (Куранга) чейин Жазууну алгандар бар. Алар ага ишенишет.

53. А эгер аларга (Куран) окулса айтышат: «Биз ага (Куранга) ишендик. Ал Эгебизден келген акыйкат экен. Биз ага чейин деле мусулман болчубуз».

54. Буларга сабыр кылгандары үчүн акысы эки эсе көп берилет. Алар жакшылык менен жамандыкты кайтарышат. Биз берген ырыскылардан да каржы кылышат.

55. Алар бейчеки сөздү угушса, андан жүз буруп кетишет да, айтышат: «Биздин кылган ишибиз өзүбүзгө, силердин кылган ишиңер өзүңөргө. Салам алэйкум! Биз наадандык кылгыбыз келбейт!»

56. Сен кимди жактырсаң эле Туура жолго сала албайсың. А бирок, Алла кимди кааласа Туура жолго салат. Туура жолдогуларды Ал Өзү жакшы билет.

57. Алар айтышты: «Эгер биз сени менен Туура жолго бирге ээрчисек, жерибизден кармалып айдалабыз». Аларды тыюу салынган тынч жерге Биз жайгаштырган эмеспизби? Ага Бизден ар кандай жемиштер ырыскы болуп жыйылып келип жатат. Бирок, алардын көпчүлүгү (муну) билишпейт.

58. Биз жашоо тиричилиги ашып-ташып кеткен нечендеген калааларды кыйраттык. Мына, алардын турак жайлары! Алардан кийин бир аз эле болбосо, эч ким да жашабайт. Биз (баарысын кыйратып) ээлейбиз!

59. Сенин Эгең алардын баш калааларындагыларга Биздин аяттарыбызды окуган элчи-пайгамбарды жибермейинче кыйраткан эмес. Калаалардын калкы залимдик кылбаса кыйраткан эмеспиз.

60. Силерге берилгендердин баарысы дүнүйөлүк жашоонун эле көркөм жасалгасы менен пайдасы. Эң жакшысы да, түбөлүктүүсү да Алланын алдында. Акыл жүгүртпөйсүңөрбү?

61. Биз кимге жакшы убада берген болсок, ал аны (Бейишти) көрөт. Кимдир бирөөгө дүнүйөлүк жашоонун пайдасын берген болсок, андан кийин аны кыямат күнү (Тозокко) айдашып жатса, буга (Бейишке киргенге) ал окшойбу?

62. Ал (Алла) кыямат күнү аларды чакырып айтат: «Силер ойлогон Менин шериктерим кайда?»

63. (Тозокко киришине Алланын) Сөзү ак болгондор айтышат: «Эгебиз! Буларды биз азгырдык. Биз аларды өзүбүз азгырылгандай азгырдык. Биз Сенин алдыңда алардан айрылдык. Алар бизге кулдук кылышкан эмес».

64. Аларга айтылат: «Мага кошкон шериктериңерди чакыргыла!» Аларды чакырышат. Алардан жооп келбейт. Алар азапты көрүшөт. Алар Туура жолду тапкан болсочу!

65. Ал күнү Ал (Алла) аларды чакырат да, айтат: «Элчи-пайгамбарларга эмне жооп кайтаргансыңар?»

66. Аларга кабарлар да жок, кайгы каптайт. Бири биринен да сурай алышпайт.

67. Ал эми ким тобо кылса, ыйманга кирсе, жакшы иш жасаса, анда ал бак табышы да мүмкүн.

68. Сенин Эгең эмнени кааласа жаратат, ыктыяр кылат. Алардын ыктыяры жок. Субханалла! Ал алардын кошкон шериктеринен Бийик!

69. Сенин Эгең алардын көкүрөктөрү эмнени жашырып жатканын да, эмнени ашкере кылганын да билет.

70. Алладан башка Кудай жок. Биринчи жашоодо да, акыретте да Ага гана шүгүр (айтылат). Анын гана өкүмү (ишке ашат). Ага кайрылып барышыңар бар.

71. Айт: «Карап көрдүңөрбү? Эгер Алла силерге кыяматка чейин такай түн кылып койсо, анда Алладан башка кайсы Кудай силерге жарык берет эле? Укпайсыңарбы?»

72. Айт: «Карап көрдүңөрбү? Эгер Алла силерге кыяматка чейин такай күндүз кылып койсо, анда Алладан башка кайсы Кудай силерге тынч эс ала турган түндү берет эле? (Муну) көрбөй жатасыңарбы?»

73. Ал Өз ырайымы менен силер үчүн күн менен түндү жаратты. Анткени, силер (түн ичинде) эс алышыңар жана (күндүзү) Анын ырайымы менен (иштеп ырыскы) табышыңар керек болчу. Балким, силер шүгүр кылаарсыңар.

74. Ал (Алла) кыямат күнү аларды чакырып айтат: «Силер ойлогон Менин шериктерим кайда?»

75. (Кыямат күнү) Биз ар бир үмөттөн бир күбөнү алып чыгабыз да, айтабыз: «Далилиңерди келтиргиле!» Алар акыйкат Аллада экенин билишти. Алардын ойлоп тапкандары да жоголду.

76. Карун[6] Мусанын калкынан болчу. Аларга залимдик кылды. Биз ага казына байлыктарды бердик. Алардын ачкычтары бир топ күч-кубаттуу кишилер үчүн да оордук кылчу. Бир убакта калкы ага айтты: «Сүйүнбө! Алла сүйүнгөндөрдү сүйбөйт!

77. Алланын сага берген (байлыгы) менен акырет жайына аракет кыл. Бул дүйнөдөгү насибиңди да унутпа. Алла сага жакшылык кылгандай сен да (башкаларга) жакшылык кыл. Жер бетинде бузукулук кылышка аракет кылба. Алла бузукуларды сүйбөйт!»

78. (Карун) айтты: «Менин ээ болгон (байлыгым) менин билимим менен (келген)». Ал (Карун) андан да кубаттуу, андан да (байлыкты көп) жыйган ага чейинки муундарды Алланын кыйратканын билген жокпу? Күнөөкөрлөр кылган күнөөлөрүнөн суралып эле кала бербейт, (Тозокко ташталат).

79. Ал [Карун] салтанатын арттырып калкына чыгып келгенде дүнүйөлүк жашоону каалагандар айтышты: «Оо, бизге да Карунга берилгендей (байлык) берилген болсочу! Анын бактысы бийик экен!»

80. Илим берилгендер айтышты: «Силерге өкүнүч! Ким ыйманга кирсе, жакшы иш кылган болсо, Алланын энчиси жакшы эмеспи! Ага сабыр кылгандар гана жетет».

81. Биз аны (Карунду) да, анын турак жайларын да жерге жуттуруп жибердик. Ага Алладан башка жардам кыла турган колу да болбоду. Өзүнө жардам бере турганды ал тапкан жок.

82. Эртең менен кечээ эле анын (Карундун) ордунда болушту эңсегендер айтып жатышты: «Оо, катыгүн! Алла кулдарынын ичинен кимге кааласа ырыскыны кенен-кесир берет экен! Ченеп да коёт экен! Эгер Алла бизге ырайым кылбаса, анда бизди жер да жутуп кетет экен го! Оо, катыгүн! Капырлар бак таппайт экен!»

83. Акырет жайы ушундай! Биз аны Жер бетинде текеберлик кылбагандар үчүн, бузукулук кылбагандар үчүн жараттык. Такыбалардын акыбетине!

84. Ким жакшылык менен келсе, ага андан да жакшысы бар. А ким жамандык менен келсе, аларга кылган жамандыктарынан артыкча жаза берилбейт.

85. Куранды сага парз кылган (Алла) сени кайта турган жайыңа кайтарат. Айт: «Кимдин Туура жолдо жүргөнүн да, кимдин даана адашканын да Эгем жакшы билет!»

86. Сага Эгеңдин ырайымы болбогон болсо, Жазуунун берилишин сен үмүт кылган да эмессиң. Капырларга жардам бербе!

87. Алланын аяттары сага түшүрүлгөндөн кийин капырлар сени андан тосуп коюшпасын. (Калайыкты) Эгеңе чакыр. Мүшүрүктөрдөн болбо!

88. Алла менен бирге башка кудайга сыйынба! Андан башка Кудай жок! Бардык нерсе жоголот. Анын Өзү гана калат. Анын гана Өкүмү (ишке ашат). Ага кайрылып барасыңар.

29. АНКАБУТ СҮРӨӨСҮ[1]

ЖӨРГӨМҮШ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алиф, Лам, Мим.

2. Адамдар «Биз ишендик» дешсе эле сыноодон өтпөй кала беребиз деп санашабы?

3. Биз аларга чейинкилерди да сынаганбыз. Алла туура жүргөндөрдү да, жалган айткандарды да билет.

4. Же жаман иштерди жасап жаткандар Бизден алдыга озуп кутулуп кетебиз деп эсептешеби? Алардын кылган чечимдери кандай жаман!

5. Ким Алла менен жолугушту үмүт кылган болсо, Алланын койгон мөөнөтү да келет. Угуучу да, Билүүчү да Ал Өзү!

6. Ким жихат кылган болсо, ал өз жаны үчүн жихат кылат. Алла ааламдарга муктаж да эмес.

7. Биз ыйманга киргендердин, жакшы иштерди жасагандардын жамандыктарын кетирип салабыз. Алардын акысын кылган иштеринен да жакшы кылып беребиз.

8. Биз инсанга ата-энесине жакшылык кылышын осуят кылдык: «А эгер алар сени Мага шерик кошушуңа аракет кылышса, сенин бул туурасында билимиң болбосо да аларга баш ийбе. Мага кайрылып келишиңер бар. Мен силерге кылган ишиңердин кабарын берем.

9. Ыйманга киргендерди, жакшы иштерди кылгандарды жакшылардын арасына киргизебиз».

10. Калайыктын ичинде «Биз Аллага ишендик» дегендер да бар. Аларга Алла жолунда кыйынчылык жетсе, ал сыноо адамдардан жеткен болсо деле Алланын азабына окшош кабыл алышат. А эгер сенин Эгеңден жеңиш келген болсо, анда «Биз силер менен бирге болдук эле» дешет. Алла ааламдагылардын көкүрөк сырларын билбейби?

11. Алла ыймандуу пенделерди да билет, мунапыктарды да билет.

12. Капырлар ыймандуу пенделерге айтып жатышат: «Биздин жолубузду ээрчигиле. Силердин күнөөлөрүңөрдү биз көтөрөлү». Алардын күнөөлөрүн алар эч качан көтөрүшпөйт! Алар жалган айтып жатышат!

13. Алар өз күнөөлөрүнүн жүгүн да, өздөрү менен бирге болгондордун жүгүн да көтөрүшөт. Кыямат күнү алар ойлоп тапкан жалгандарына сурак да беришет.

14. ...Биз Нухту калкына жибердик. Ал алардын арасында элүү жылы кем миң жыл[2] турганда топон суу жетти. Алар залим калайык болчу.

15. Биз аны да, кемеге түшкөндөрдү да куткардык. Аны ааламдар үчүн бир аят кылдык.

16. ...Ибрахимди да (жөнөттүк). Бир убакта ал калкына айтты: «Аллага кулдук кылгыла! Андан корккула! Эгер билгиңер келсе, бул силер үчүн жакшы.

17. Силер Алланы таштап (өзүңөр) жасап алган буркан таштарыңарга кулдук кылып жатасыңар. Силердин жаратканыңар жалган. Алланы таштап кулдук кылып жатканыңар силерге ырыскы беришке бийлиги да жок. Ырыскыңарды Алладан тилегиле. Ага кулдук кылгыла. Ага шүгүр кылгыла! Ага кайрылып барасыңар!»

18. Силер муну жалган десеңер, силерге чейинки калайыктар да жалган дешкен болчу. Элчи-пайгамбар кабарды жеткириш керек.

19. Алар Алланын оболу кантип жаратканын көрбөй жатышабы? Андан кийин аны (суракка) кайтарат. Бул Аллага жеңил.

20. Айт: «Жер бетин кезип Алланын жаратып баштаганын көргүлө! Кийин дагы Ал жараткандарын кайра тирилтет. Алла бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

21. Ал кимге кааласа азап берет, кимге кааласа ырайым кылат. Силер Ага кайтып барасыңар.

22. Силер Ага жерде да, асманда да эч бир зыян жеткире албайсыңар. Алладан башка силерге жардам берүүчү да, куткаруучу да жок!»

23. Алланын аяттарына жана (акыретте) Аны менен жолукканга ишенбегендер бар. Алар Менин ырайымымдан (куру калып) өкүнүшөт. Алар үчүн оор азап бар.

24. Анын калкынын жооп кылып айтканы ушул болду: «Өлтүргүлө, же отко жаккыла!» Алла аны оттон сактады. Мында ыймандуу пенделер үчүн аяттар бар.

25. Ал айтты: «Силер бири бириңерди бу дүйнөлүк жашоодо жакшы көрүп, Алланын ордуна буркан таштарды кудай кылып алдыңар. Кийин кыямат күнү бири бириңерге каршы болуп, бири бириңерди каргайсыңар. Силердин жайыңар Тозок оту болот. Силерге жардам берүүчү да болбойт!»

26. Анын алдында Лут ыйманга кирип айтты: «Мен Алланын тарабына өттүм. Улук да, Даанышман да Ал Өзү!»

27. Биз ага Исхак менен Йакубду бердик. Анын урпактарына пайгамбарлыкты да, Жазууну да тапшырдык. Бу дүйнөдө да (жакшылыгынын) акыбетин бердик. Акыретте да ал жакшы пенделердин бири болду.

28. ...Лутту да (жөнөттүк). Бир убакта ал калкына айтты: «Силер ыпыластык кылып жатасыңар. Ааламдагылардан муну силерден аша чаап эч ким жасаган эмес.

29. Силер эркектерге бара бересиңерби? Жолду да (каректап) тососуңар. Жыйыныңарда да кылбай турган ишти жасайсыңар?» Калкынын айткан жообу ушул болду: «Эгер чын айтып жатсаң, анда бизге Алланын азабын келтир».

30. Ал айтты: «Эгем! Бузукулук тараткан калайыкка каршы мага жардам бер!»

31. Биздин элчилерибиз (периштелерибиз) Ибрахимге сүйүнчү кабар менен келишкенде айтышты: «Биз бу калаанын калкын кыйратабыз. Анын калкы залим болуп кетиптир!»

32. (Ибрахим) айтты: «Анда Лут бар эмеспи». (Периштелер) айтышты: «Анда ким бар экенин биз жакшы билебиз. Биз аны да, үй-бүлөсүн да куткарабыз. Аялынан башкасын. Ал аял (азапка) калгандардын арасында (калат)».

33. Биздин элчилерибиз Лутка келишкенде ал аларды (көрүп) кайгырган. Алар үчүн алдан тайып сыгылган болчу. (Периштелер) айтышты: «Коркпо, кайгырба. Биз сени да, үй-бүлөңдү да куткарабыз. Аялыңдан башкасын. Ал аял (азапка) калгандардын арасында (калат).

34. Биз бул калаага ыпылас болуп кеткени үчүн асмандан кырсык түшүрөбүз».

35. Биз андан акыл жүгүрткөн калайыкка ачык бир аят да калтырдык.

36. ...Мадйанга алардын бир тууганы Шуайбды (жөнөттүк). Ал айтты: «Эй, калкым! Аллага кулдук кылгыла! Акыреттен үмүт үзбөгүлө. Жер бетинде бузукулук таратып жүрө бербегиле!»

37. Алар аны жалганчы кылышты. Аларга бир жолу (жер) силкинди. Таң зааpда үйлөрүндө катып калышты.

38. ...Ад (калкы) менен Самуд (калкын) да (кыйраттык). Силерге алардын турак жайлары ачык айтылды. Алардын кылган иштерин (өздөрүнө) шайтан ажайып кооз көрсөттү. Алардын эс-акылы болгонуна карабай (Алланын) жолунан тосту.

39. ...Карунду да, Фараонду да, Хаманды да (кыйраттык). Аларга Муса ачык далилдер менен келди. Алар жер бетинде текеберлик кылышкан болчу. Алдыга озуп кетишкен жок.

40. Биз ар бирин күнөөсү үчүн кармадык. Алардан кээ бирине бороонду жибердик. Алардан кээ бирине бир чаңырык жетти. Алардан кээ бирин жерге жуттуруп жибердик. Алардан кээ бирин сууга чөктүрдүк. Аларга Алланын зулумдук кылгысы келген жок. Бирок, алар өздөрүнө өздөрү зулумдук кылышкан болчу!

41. Алланын ордуна башка колдоочуларды алгандар өзүнө үй курган жөргөмүштүн мисалына окшойт. Эгер алар билгиси келсе, үйлөрдүн эң начары – жөргөмүштүн үйү.

42. Алла Өзүнөн башкага сыйынгандардын эч бир (пайда таппаганын) билет. Улук да, Даанышман да Ал Өзү!

43. Калайыкка ушундай мисалдарды келтирип жатабыз. Аларга аалымдар гана акыл жүгүртө алышат.

44. Алланын асмандар менен жерди жаратканы ак. Мында ыймандуу пенделер үчүн аят да бар.

45. Жазуудан сага берилген жашыруун кабарды оку. Намазды аткар. Намаз ыпыластыктан да, күнөөгө ылайык иштерден да кайтарат. Алланы эстеп зикир кылыш улук ибадат. Алла жасап жаткан ишиңерди билип турат.

46. Жазуу ээлеринин ичинен залимдик кылбагандары менен жакшы сүйлөшкүлө, талаш-тартыш кылбагыла. Айткыла: «Биз өзүбүзгө түшүрүлгөнгө да, силерге түшүрүлгөнгө да ишендик. Силердин кудайыңар да, биздин кудайыбыз да бир эле Кудай. Биз Ага моюн сунабыз».

47. Ошентип, Биз сага Жазууну түшүрдүк. Биз аларга да Жазууну түшүргөнбүз. Алар ага ишенип жатышат. Булардан да ага (Куранга) ишенгени бар. Биздин аяттарыбызды капырлар эле четке кагат!

48. Ага (Куранга) чейин сен Жазуудан окуган да эмес элең, колуң менен жазган да эмес элең. Андай болбосо жалганчылар шек кылышар эле.

49. Жок! Бул (Куран) илим берилгендердин көкүрөктөрүнө сакталган далилдүү аяттар болчу. Биздин аяттарыбызды залимдер четке кагышат.

50. Алар айтышты: «Эгер ага Эгесинен бир аят түшкөн болсочу?» Айт: «Аяттар Алланын ыктыярында. Мен ачык айткан эскертүүчүмүн».

51. Биздин сага Жазууну түшүргөнүбүз жана аларга анын окулуп жатканы жетиштүү эмеспи? Мында ыймандуу калайыкка рахмат да, эскертүү да бар.

52. Айт: «Силер менен менин ортомо Алла Өзү жетиштүү Күбө! Ал (жети кат) асмандагыларды да, жердегилерди да билет. Жалганга (буркандарга) ишенгендер Аллага капыр болушту. Алар – кусур ургандар».

53. Алар сенден азапты шаштырып жатышат. Эгер белгиленген мөөнөт болбосо, анда аларга азап келет болчу. Аларга ал капысынан келет. Алар (муну) сезбей деле калышат.

54. Алар сенден азапты шаштырып жатышат. (Ал келгенде) капырларды Тозок курчайт.

55. Ал күнү азап алардын төбөсүнөн буттарынын тамандарына чейин чырмайт. Ал (Алла) айтат: «Кылган ишиңерди тарткыла!»

56. Эй, Менин ыйманга кирген кулдарым! Менин жерим кең. Менин Өзүмө кулдук кылгыла.

57. Ар бир жан өлүмдүн (даамын) татат. Андан кийин Бизге кайрылып келесиңер.

58. Ыйманга киргендерди, жакшы иштерди жасагандарды Бейиштин мыкты үйлөрүнө жайгаштырабыз. Алардын алдында дарыялар агып турат. Анда түбөлүк калышат. Мээнет кылгандардын акыбети кандай жакшы!

59. Алар сабыр кылышкан болчу. Алар Эгесине тобокел кылышат эле.

60. Ырыскысын көтөрүп жүрбөгөн нечендеген жаныбарлар бар. Аларга да, силерге да Алла ырыскы берип жатат. Угуучу да, Билүүчү да Алла Өзү!

61. Эгер сен алардан: «(Жети кат) Асман менен жерди ким жаратты жана Күн менен Айды ким баш ийдирди?» – деп сурасаң: «Алла», – деп айтышат. Анда кантип баш тартып жатышат?

62. Алла кулдарынан кимге кааласа кенен-кесир ырыскы берет. Аны ченеп да коёт. Бардык нерсени Билүүчү Алла Өзү.

63. Эгер сен алардан: «Асмандан сууну ким түшүрдү жана куураган жерге ким жандуу тиричилик берди?» деп сурасаң: «Алла», – деп айтышат. Айт: «Аллага шүгүр!» Бирок, алардын көпчүлүгү (буга) акыл жүгүртүшпөйт.

64. Бул дүнүйөлүк жашоо оюн-күлкү, башка эмес. Эгер алар билгиси келсе, жашоо деген акырет жайда.

65. Алар кемеге минишкенде гана (коркконунан) чын ыкыласы менен Аллага дуба кылыша башташат. Качан Ал аларды кургактыкка чыгарып куткарып койсо, алар Ага шерик кошо баштайт.

66. Анткени, алар Биздин берген (ырайымыбызга) шүгүр кылбашы керек болчу. Дүнүйөлүк пайданы эле алышы керек болчу. Жакында алар (мунун жазасын) билишет!

67. Алар (Меккени) Биздин тыюу салган тынчтык жайы кылганыбызды көрүшпедүбү? Алардын айланасындагы калайыктар колго түшпөй жатабы? Алар жалганга ишенишеби? Алланын берген бак-таалайына ишенбей коюшабы?

68. Аллага жалганды ойлоп тапкандан, же акыйкат келсе аны жалганга чыгаргандан да залим ким бар? (Андай болсо), капырлардын жайы Тозокто эмес дегенге болобу?

69. Биз үчүн жихат кылгандарды Өзүбүздүн жолдорубузга адаштырбай салабыз. Алла жакшылык кылгандар менен бирге!

30. РУМ СҮРӨӨСҮ[1]

РУМ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алиф, Лам, Мим.
2. Рум жеңилди[2].
3. Эң теменкү жерде. Алар жеңишке жетишкенден кийин да жакында кайра жеңилишет.
4. Бир нече жылда. Бута чейин да, кийин да Алланын буйругу болот. Ал күнү ыймандуу пенделер сүйүнүшөт.
5. (Анткени аларга) Алланын жардамы бар. Ал кимге кааласа жардам берет. Улуу да, Ырайымдуу да Ал Өзү!
6. Алланын убадасы ак! Алла убадасын бузбайт. Бирок, калайыктан көпчүлүгү (муну) билишпейт.
7. Алар дүнүйөлүк жашоодо ачык көргөнүн эле билишет. Алар акыреттен кабарсыз жүрө беришет.
8. Алар өздөрү тууралуу пикир кылышпадыбы? Алланын (жети кат) асманды да, жерди да, анын арасындагыларды да белгилүү бир мөөнөткө жаратканы ак. Калайыктан көпчүлүгү эле Эгесине жолугушка ишенбейт.
9. Алар жер бетин кыдырышкан жокпу? Алардан мурдагылардын акыры кандай болгонун көрүшпедүбү? Алар булардан да абдан күч-кубаттуу болчу. Жер бетинде алардын изи (курулуштары) да калды. Алар анда (жер бетинде) өмүр сүргөндө да булардан көп өмүр сүрүштү Аларга элчи-пайгамбарлары ачык далилдер менен келишти. Алла аларга зулумдук кылган жок. Бирок, алар өздөрүнө өздөрү зулумдук кылышты.

10. Ошондон кийин Алланын аяттарын шылдың кылышып жалганга чыгарышкандарынан улам алардын кылган жамандыктарынын акыры да жамандык менен аяктады.

11. Алла жаратып баштайт да кайра аны (тирүүлүккө) кайтарат. Андан кийин Ага кайтарылып барасыңар.

12. Саат келген күнү күнөөкөрлөрдүн үмүтү өчөт.

13. Аларга шерик кылган буркандарынан колдоо болбойт. Алар буркандарына ишеништен баш тартышат.

14. Саат келген күнү (калайыктар бири биринен) бөлүнүшөт.

15. Ал эми ыйманга киргендер менен жакшы иштерди жасагандар Бейиш бактарында жыргашат.

16. Ал эми Биздин аяттарыбыз менен акыреттик жолугушууну жалганга чыгарган капырлар Тозок азабына салынат.

17. Силер таң атса да, кеч кирсе да «Субханалла!» (дегиле).

18. (Жети кат) Асманда да, жерде да, түндө да, таң атканда да Ага тасбих айткандар бар.

19. Ал тирүүнү өлүктөн чыгарат, өлүктү тирүүдөн чыгарат. Соолуп кууругандан кийин да жерди жандандырат. Ушинтип силер да тирилип чыгасыңар.

20. Силерди топуректан жаратышы Анын аяттарынын бири. Ошондон кийин адам болуп таралып жатасыңар.

21. Анын аяттарынын бири: силердин өзүңөрдөн силерге жубайларды жаратып, алардан тынчтык табышыңар үчүн ортоңорго сүйүү менен рахматты жаратты. Мында пикир кылган калайык үчүн аяттар бар.

22. (Жети кат) Асман менен жерди жаратышы да, өңү-түсүңөр менен тилиңердин ар кыл болушу да Анын аяттарынын бири. Мында аалымдар үчүн аяттар бар.

23. Силердин түн ичинде укташыңар да, Анын ырайымы менен күндүзү аракет кылган максатыңар да Анын аяттарынын бири. Мында уга турган калайык үчүн аяттар бар.

24. Анын аяттарынын бири: Ал силерге коркутуп жана үмүт пайда кылган чагылганды көрсөтүп жатат, (жети кат) асмандан сууну түшүрүп жатат, андан кийин соолуп куураган жерди жандандырып жатат. Мында акыл жүгүрткөн калайык үчүн аяттар бар.

25. Анын буйругу менен асман менен жердин турушу да Анын аяттарынын бири. Кийин Ал силерди бир жолу чакырат. Силер жерден (тирилип) чыгасыңар.

26. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Аныкы. Баарысы Ага баш ийет.

27. Ал жаратып баштайт. Андан кийин аны (тирүүлүккө) кайтарат. Бул Ага жеңил. (Жети кат) Асманда да, жерде да Анын улук мисалдары бар. Улук да, Даанышман да Ал Өзү!

28. Ал силерге өзүңөрдөн да мисал келтирди. Биздин силерге берген ырыскыбызга силер кол алдыңардагылар (кулдарыңар, күңдөрүңөр) менен барабар шерик болосуңарбы? Силер алардан өзүңөрдөй (башы эркин адамдардан) корккондой коркосуңарбы? Аяттарды ушинтип акыл жүгүрткөн калайыкка бөлүп-бөлүп түшүндүрүп берип жатабыз.

29. Жок! Залимдер билими жок эле куру кыялдарына ээрчип кетишти. Алла адаштырганды ким Туура жолго сала алат? Аларга жардам берүүчү да жок!

30. Динге жүзүңдү ханифтердей бур. Алла адамдарды Өзү каалаган түзүлүштө жараткан. Алланын жаратканын өзгөртүш мүмкүн эмес. Туруктуу дин[3] – ушул. Бирок, калайыктын көпчүлүгү (муну) билишпейт.

31. Ага тобо кылып, Андан корккула! Намазды аткаргыла! Мүшүрүктөрдөн болбогула!

32. Динин бөлүп-жарып топ-топко бөлүнгөндөрдөн болбогула! Ар бир топ өз алдынча (бөлүнгөнүнө) сүйүнүп жүрөт.

33. Калайыкка бир кырсык жетсе Эгесине дуба кылып жалбарат. Ага тобо кыла баштайт. Ошондон кийин да аларга Андан ырайым келсе, бир маалда эле алардан бир бөлүгү Эгесине шерик кошо баштайт.

34. Биздин бергенибизге (шүгүр кылбай) капырлык кыла беришсин! Жакында (анын азабын) билесиңер!

35. Же Биз аларга кандайдыр бир бийлик түшүрдүк беле? Ага шерик кошушту аларга ал (бийлик) айтып жатабы?

36. Биз калайыкка ырайым кылсак, алар ага сүйүнө баштайт. А эгер аларга өз колдору менен даярдаган (иштеринен улам) кырсык жетсе, андай болгондо үмүттөрүн үзүшөт.

37. Алла кимге кааласа кенен-кесир ырыскы бергенин көрүшпөдүбү? (Ырыскыны Алла) ченейт. Мында ыймандуу калайыкка аяттар бар.

38. Жакын туугандарга да, жардыларга да, жолоочуларга да акысын бер. Аллага жолугушту каалагандар үчүн ушул жакшы. Булар – бак тапкандар.

39. Адамдардын байлыгын көбөйтүш үчүн кошуп бергениңер Алланын алдында көбөйбөйт. Алланын ыраазылыгы үчүн берген зекеттериңер болсо, анда алар көбөйөт.

40. Алла силерди жаратты. Андан кийин ырыскы берди. Андан кийин силерди өлтүрөт. Андан кийин силерди кайра тирилтет. Силердин Аллага кошкон шериктериңерден бири ушундан бирин жасай алабы? Субхана! Ал (Алла) алардын кошкон шериктеринен Бийик!

41. Калайыктын кургактыкта да, деңизде да өз колу менен жасаган кээ бир иштери үчүн (азабын) жегизе турган бузукулугу да ачыкка чыкты. Балким, алар (бузукулуктан) кайра тартышаар.

42. Айт: «Жер жүзүн кыдыргыла! Мурункулардын акыбети кандай болгонун көргүлө. Алардын көпчүлүгү мүшүрүктөр болчу».

43. Кайтарылбай турган күн келгенге чейин жүзүңдү Туруктуу динге бур. Аны Алладан артка кайтарышка мүмкүн эмес. Ал күнү алар бөлүнүшөт.

44. Ким капыр болсо, капырлыгы – өзүнө! Ким жакшы иш жасаган болсо, анда ал өзү үчүн (Бейиштен) ордун даярдайт.

45. Анткени, ыйманга киргендерге, жакшы иштерди жасагандарга Алла Өз ырайымы менен энчисин бериши керек болчу. Ал (Алла) капырларды сүйбөйт.

46. Сүйүнүчтүү кабар кылып шамалдарды жибериши да, силерге ырайымын тартуулаш үчүн Өз буйругу менен кемелерди жүргүзгөнү да Анын аяттарынын бири. Анткени, Анын жакшылыгы менен (ырыскы) издешиңер керек болчу. Балким, (Аллага) шүгүр кыларсыңар.

47. Сенден мурун да алардын калкына элчи-пайгамбарларды жибергенбиз. Аларга ачык далилдер менен келишкен. Күнөө кылгандарынан өч алдык. Ыймандуу пенделерге Биздин жардам бергенибиз ак.

48. Алла шамалдарды жиберет. Ал булуттарды айдайт. Аны Өзү каалагандай асманга жаят да, бөлүп-бөлүп таратат. Ошондо алардын арасынан жамгырдын куюлуп чыкканын көрөсүң. Ал жамгырды кулдарынан каалаганына жеткирет. Ошол учурда алар сүйүнүшөт.

49. Алардын жамгыр жааганга чейин үмүттөрү да үзүлгөн болчу.

50. Алланын ырайымынын тийгизген таасирине кара. Солуп кууragандан кийин да жерди кандай жандандырды! Ал ушинтип өлгөндөрдү да тирилтет. Ал бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

51. Эгер Биз шамалды жиберген болсок деле, алар (эгиндеринин) саргайганын көрсө деле капыр болуп жатышат.

52. Сен өлүктөргө угуза албайсың. Аркасына моюн толгоп бурулуп кетип жаткан дүлөйгө да чакырыкты угуза албайсың.

53. Сокурду да адашкан жолунан Туура жолго сала албайсың. Ким Биздин аяттарыбызга ишенген болсо, анда ал угат. (Анткени), булар – мусулмандар.

54. Алла – силерди алсыз кылып жаратты. Алсыздыктан кийин кубаттуу кылды. Кубаттуу кылгандан кийин да алсыз кылып карытат. Ал каалагандай жаратат. Кабардар да, Кудуреттүү да Ал Өзү!

55. Кыяматтын сааты келет. Күнөөкөрлөр «бир саат да турганыбыз жок» деп касам иче башташат. Алар (дүнүйөлүк жашоосунда да) ушинтип жалган айтышат эле.

56. Билим менен ыйманга ээ болгондор айтышат: «Алланын Жазуусундагы тириле турган күнгө чейин турдуңар. Тириле турган күн ушул болчу. Бирок, силер (аны) билбейт элеңер».

57. Ал күнү залимдерге үзүр-мазыры да пайда бербейт. Алардан тобо да талап кылынбайт.

58. Биз бул Куранда калайыкка ар кыл мисалдарды келтирдик. Алар-га бир аят келтирилген болсоң, анда капырлар айтышат: «Силер жалганчы-сыңар!»

59. Ушинтип, билимсиздердин жүрөктөрүн Алла бекитип жаап салат.

60. Сабыр кыл. Алланын убадасы ак! Бекем ишенички жоктор сени жеңил ойлуу экен дешпесин!

31. ЛУКМАН СҮРӨӨСҮ[1]

ЛУКМАН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алиф, Лам, Мим.

2. Бул – даанышман Жазуунун аяттары.

3. Жакшылык жасагандарга анда Туура жол да, рахмат да бар.

4. Алар намазды аткарышат, зекетти беришет. Алар акыретке да бекем ишенишет.

5. Булар – Эгесинин Туура жолунда (жүргөндөр). Бак тапкандар да ушулар.

6. Калайыктан айрым бир билимсиздери Алланын жолунан адаштырыш үчүн болбогон имиш сөзду сатып алат да, аны (Алланын сөздөрүн) шылдыңдай баштайт. Буларга кор кылган азап бар.

7. Ага Биздин аяттарыбыз окулса, кулагы дүлөй сыяктуу аны укпагандай, текеберлик кылып аркасына бурулат. Ага оор азап бар экенин сүйүнчүлө!

8. Ыймanга киргендер менен жакшы иштерди жасагандар үчүн Наим (Бак-таалай) Бейиши бар.

9. Анда түбөлүк калышат. Алланын убадасы ак! Улук да, Даанышман да Ал Өзү!

10. Алланын (жети кат) асман менен жерди тирөөчсүз жаратканын көрүп турасыңар. Жер бетинде силер менен (бирге башка макулуктар да) чайпалып кетпес үчүн (тоолорду) бекем орнотту. Анда ар кыл жаныбарларды (жаратып) таратты. Биз асмандан сууну түшүрдүк. Анда ар кыл ажайып сонун өсүмдүктөрдү жубу менен өстүрдүк.

11. Булар – Алланын жараткандары. Мага Андан башка кимдир бирөөнүн жаратканын көрсөткүлөчү! Жок! Залимдер аныk адашып жүрүшөт.

12. Мурда эле Биз Лукманга даанышмандыкты бергенбиз. (Биз ага айттык): «Аллага шүгүр кыл! Ким Аллага шүгүр кылса, ал өзү үчүн шүгүр кылат. Ким шүгүр кылбаса... Даңктуу да, чексиз байлык Ээси да Алла Өзү!»

13. ...Бир убакта Лукман уулуна насаат кылып айтты: «Эй, уулум! Аллага шерик кошпо. Бутпарастык – зулумдуктун эң чоңу».

14. Биз инсандын ата-энесине (ушундай) осуят кылганбыз: «Энеси аны (курсагында) көтөрөт, кыйынчылык үстүнө кыйынчылык тартып жүрүп (төрөйт). Эки жылда (эмчектен) чыгарат. (Ошону үчүн) Мага шүгүр кыл! Ата-энеңди (ыраазы кыл)! Мага кайрылып келишиң бар.

15. А эгер алар сени билимсиз экениңде (бутпарас болуп) мага шерик кошконго түртсө да, ал экөөнө баш ийбе. (Ошого карабай) аларды бул дүйнөдө таштабай карай бер. Мага тобо кылгандарга ээрчи. Кийин мага кайрылып келесиңер. Ошондо кылган ишиңердин кабарын берем».

16. «Эй, уулум! Эгер сары кычынын данындай (жакшылык-жамандыгың) болсо да, аскада болобу, же (жети кат) асман менен жерде болобу, аны Алла келтирет. Кабардар да, Урмат кылуучу да Алла Өзү!

17. Эй, уулум! Намазды аткар! Жакшылыкка буйру, жамандыктан кайтар. Сага жеткен кыйынчылыкка сабыр кыл. Максат кылган иштерде ушуларды (унутпа).

18. Калайыктын алдында (чиренип) моюн толгобо. Жер үстүндө көңүл ачып жүрө бербе. Алла ар кандай көөп кеткен мактанчактарды сүйбөйт!

19. Басканыңда түз жүр, үнүңдү төмөнүрөөк чыгар. Эң жаман үн – эшектин үнү».

20. Алланын силерге (жети кат) асман менен жердегилерди баш ийдиргенин жана силерге жашыруун да, ачык да бак-таалайын кондургенин көрбөдүңөрбү? Калайыктын ичинде Алла туурасында билими жок, (тапкан) Туура жолу да жок, (жарык) нур чачкан Жазуусу да жок эле талаш-тартыш кылгандар бар.

21. Аларга «Алла силерге түшүргөнгө ээрчигиле» десе, айтышат: «Жок! Биз ата-бабаларыбыздын тапкан (жолуна) ээрчийбиз». Шайтан аларды тозок азабына чакырып жаткан болсочу?

22. Ким жүзүн Аллага буруп, жакшы иштерди кылса, ал – жакшы пенде. Ал бекем байланышты[2] кармайт. Жасалган иштердин акыбети Аллаанын (өкүмүнө кайтат).

23. Ким капыр болуп кетсе, анын капырлыгына кайгырба. Алардын Бизге кайтып келиши бар. Биз аларга эмне кылганын кабар беребиз. Алла көкүрөктөгү сырларды билет.

24. Биз аларга (дүнүйөлүк жашоонун) бир азыраак пайдасын беребиз. Андан кийин оор азапка салабыз.

25. Эгер сен алардан «(Жети кат) Асман менен жерди ким жараткан? – деп сурасаң: «Алла», – деп айтышат. Айт: «Аллага шүгүр!» Бирок, алардын көпчүлүгү (муну) билишпейт.

26. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Алланыкы. Даңктуу да, чексиз байлыктын Ээси да Алла Өзү!

27. Эгер жер үстүндөгү даректардын баарысы калем болсо, ага бир деңиз кошулса, ага дагы жети деңиз кошулуп (сыя болсо) да Алланын сөздөрү түгөнбөйт болчу! Улук да, Даанышман да Алла Өзү!

28. Силердин жаралганыңар да, тирилгениңер да бир эле жанга окшош. Угуучу да, Көрүүчү да Алла Өзү!

29. Алланын түндү күнгө киргизгенин жана күндү түнгө киргизгенин, Күн менен Айды баш ийдиргенин көрбөдүңбү? Ар бири белгиленген мөөнөткө чейин жылып бара берет. Силердин эмне кылып жатканыңардан Алла Кабардар.

30. Ушундай! Алла – Ак! Андан башкага сыйынып жаткандардыкы жалган. Бийик да, Улуу да Алла Өзү!

31. Силерге Алла Өзүнүн берген бир дөөлөтүн аят кылып көрсөтүш үчүн кемени деңизде жүргүзүп жатканын көрбөдүңбү? Мында ар бир сабыр кылган шүгүр кылуучуга аяттар бар.

32. Аларды көлөкөдөй (каптап тоскон) толкундар каптай баштаганда чын ыкыластары менен Аллага гана жалынышат. Качан Ал аларды куткарып кургакка чыгарып койсо, алардан кээ бирлери жалкоолонуп калышат. Биздин аяттарыбызды шүгүр кылбай кыянат кылгандар эле четке калышат.

33. Эй, калайык! Эгеңерден корккула! Атасы баласына бере албаган, баласы да атасына эч нерсени бере албай турган күндөн корккула. Алланын убадасы ак! Дүнүйөлүк жашоо силерди азгырып кетпесин. Силерди Алладан адаштыргандар азгырып кетпесин.

34. Сааттын (кыяматтын келиш) маалыматын Алла эле билет. Ал жамгырды жаадырат, жатындагыларды да билет. Бир да жан эртең эмне кылышын билбейт. Бир да жан кайсы жерде өлүшүн билбейт. Билүүчү да, Кабардар да Алла Өзү!

32. САЖДА СҮРӨӨСҮ[1]

САЖДА

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алиф, Лам, Мим.

2. Ааламдардын Эгесинен түшкөн (бул) Жазууда шек жок.

3. Же аны (Куранды) ойлоп таап айтып жатат дешип жатабы? Жок! Мунун Эгеңден (түшкөнү) ак! Сенден мурун эскертүүчү келбеген калайыкка эскертиши керек болчу. Балким, алар Туура жолго киришээр.

4. Алла (жети кат) асман менен жерди жана ал экөөнүн арасындагыларды алты күндө жаратты. Андан кийин (аларды) Аршка жайгарды. Силердин Андан башка колдоочуңар да, коргоочуңар да жок. Силер (муну) эсиңерге албайсыңарбы?

5. Ал асмандан жерге чейинки иштерди башкарып турат. Андан кийин силердин эсебиңер боюнча миң жылга барабар[2] бир күндө ал иштер Ага көтөрүлүп чыгып барат.

6. Ушундай! Ырайымдуу да, Кечиримдүү да, жашыруун менен ашкерени Билүүчү да Ал Өзү!

7. Ал бардык нерселердин жаратылышын эң сонун кылып жараткан. Ал инсанды алды менен чоподон жаратып баштады.

8. Андан кийин анын урук-тукумун жийиркеничтүү суудан жаратты.

9. Андан кийин аны теңдештирди да, Өз рухунан ага үйлөп киргизди. Силерди уга турган, көрө турган, туюп сезе турган кылып жаратты. Силер буга аз шүгүр кыласыңар.

10. Алар айтышты: «Биз жерге (көмүлүп) чирип кетсек деле кайра жаңыдан жаралыш барбы?» Ырас! Алар Эгеси менен жолугушка ишенбей жатышат!

11. Айт: «Силерге атайын дайындалган жан алгыч периште жаныңарды алат. Андан кийин Эгеңерге кайтарыласыңар».

12. А эгер сен күнөөкөрлөрдү Эгесинин алдында баш ийип турганын көргөн болсоңчу! (Алар айтышат): «Эгебиз! Биз көрдүк, уктук. Бизди (дүнүйөгө кайра) кайтар. Жакшы иш кылабыз. Биз (эми) бекем ишенебиз!».

13. А эгер Биз кааласак ар бир жанга Туура жолду берет болчубуз. Бирок, Менин сөзүм акыйкатына чыкты: «Мен Тозокту жиндер менен адамдардан жыйнап толтурам!

14. Биз менен жолугуша турган бул күнүңөрдү унутканыңар үчүн азабыңарды жегиле! Биз да силерди унуттук. Кылган ишиңер үчүн түбөлүк азабыңарды жегиле!»

15. Биздин аяттарыбызга эскерилген учурда төмөн ийилип сажда кылгандар, Эгесин даңктап тасбих айткандар гана ишенет. Алар текеберлик да кылышпайт.

16. Алар жамбаштап жаткан жеринен тура калышып, Эгесинен коркуп, үмүт менен дуба кылышат. Биз берген ырыскыдан да каржы кылышат.

17. Бир да жан кылган ишинин жашыруун энчисин көз алдына (элестетип) биле албайт.

18. Ыймандуу пенде ыпылас пендеге окшойбу? Алар (бири бирине) барабар эмес.

19. Ал эми ыйманга киргендер, жакшы иштерди жасагандар үчүн Ордо Бейиши бар. Кылган иштери үчүн (ушул Бейишке) жай алышат.

20. Ал эми ыпыластык кылгандар үчүн Ордо Тозогу бар. Ар дайым андан чыгышты каалашса, кайра ага кайтарышып айтышат: «Жалганга чыгарганыңар үчүн Тозок отунун азабын жегиле!»

21. Аларга (акыреттин) улук азабы (келе элек) болсо да жакындагы (дүнүйөлүк жашоосундагы) азабын жедиребиз. Балким, (күнөөдөн) кайтышаар.

22. Эгесинин аяттары эскерилгенден кийин да (андан) баш тартуучудан кандай артык залим бар? Биз күнөөкөрлөрдөн өч алабыз.

23. Биз Мусага мурун эле Жазууну бергенбиз. Сен анын (Тооратты колуна алып) көргөнүнө күмөндөр болбо. Биз аны Исраил урпактарына Туура жол кылдык.

24. Биз алардан Биздин буйругубуз менен сабыр кылып Туура жолго баштаган жол башчыларды да чыгарганбыз. Алар Биздин аяттарыбызга бекем ишенишет эле.

25. Сенин Эгең кыямат күнү алардын ортосундагы талаштарын ажыратып өкүмүн чыгарат.

26. Аларга Туура жол аян болбодубу? Биз аларга чейин нечендеген муундарды кыйраткан жокпузбу? Алардын жашаган жерлеринде басып жүрүшөт го! Мында аяттар бар эмеспи! Алар (муну) уккусу келбейби?

27. Алар Биздин куураган жерге сууну айдаганыбызды көрүшпөдүбү? Аны менен эгинди өстүрүп чыгарып жатабыз. Андан өзүңөр да, малдарыңар да жеп жатат. Алар (муну) көрүшпөй жатабы?

28. Алар айтып жатышат: «Эгер чын айтып жатсаңар, анда бу (айтылып жаткан кыямат) качан ачыкка чыгат?»

29. Айт: «Ачылыш күнү капырларга ыйманы пайда бербейт. Аларга мөөнөт да берилбейт».

30. Алардан артка кайт да, күтүп тур. Алар да күтө беришет.

33. АХЗАБ СҮРӨӨСҮ[1]

АСКЕР ТОПТОРУ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Эй, Пайгамбар! Алладан корк. Капырлар менен мунапыктарга баш ийбе. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

2. Эгеңден сага келген жашыруун кабарга ээрчи. Алла эмне кылып жатканыңардан Кабардар.

3. Аллага тобокел кыл. Ал Өзү жетиштүү Колдоочу!

4. Алла эч бир адамдын ичинде эки жүрөк жараткан эмес. Аялдарыңардан өз энеңерге окшоштурган аялдарыңарды эч качан силерге эне кылган эмес. Асыранды балдарыңар да силердин өз балдарыңар болбойт. Бул сөзүңөр силердин оозеки сөзүңөр. Алла акыйкатты айтат, Туура жолго жолдойт.

5. Аларды өз аталарынын аты менен чакыргыла. Алланын алдында адилеттүүсү ушул. Эгер алардын аталарын билбесеңер деле (алар силердин) дин жагынан бир туугандарыңар, жакындарыңар да болуп калат. Аларды (жаңылыш чакырып) ката кетиргениңер күнөө эмес. Бирок, жүрөктөрүңөр менен ниет кылып (чакырбашыңар керек). Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

6. Пайгамбар ыймандуу кишилерге алардын өздөрүнөн да, аялдарынан да, энелеринен да жакын. Тууган-туушкандар бири-бирине өздөрүнөн башка ыймандуу пенделер менен мухажирлерге караганда да жакын. Бирок, башка жакын санаалаштарыңарга жакшылык кылганыңар да жакшы. Жазууда ушундай чийилген.

7. Бир убакта Биз пайгамбарлардан да, сенден да, Нухтан да, Ибрахимден да, Мусадан да, Марйам уулу Исадан да бекем ант алдык.

8. Анткени, Ал чын сүйлөгөндөрдүн чындыгын (билиш үчүн) сураш керек болчу. Капырларга Ал оор азапты даярдап койгон.

9. Эй, ыймандуу пенделер! Алланын силерге берген бак-таалайын эстегиле. Бир убакта силерге аскерлер (согуш кылып) келгенде, Биз да аларга (каршы) шамалды да, аскерди[2] да жөнөттүк. Силер аларды көргөн жоксуңар. Алла силердин кылган ишиңерди көрүп турат!

10. Алар силерге силердин жогору жагыңардан да, силердин төмөн жагыңардан да келген болчу. Ошондо көзүңөрдү ала качтыңар. Жүрөктөрүңөр алкымыңарга тыгылды. Алла туурасында да ар кыл ойду ойлодуңар.

11. Ошол жерде ыймандуу пенделер сындан өттү. Алар катуу титиреширип титиреширкен болчу.

12. Ошондо мунапыктар менен жүрөктөрүндө арамдыгы барлар айтып жатышты: «Бизге Алла да, Анын элчи-пайгамбары да куру убада бергэн экен!»

13. Алардан бир тайпасы айтып жатты: «Эй, Йасриб (Медина) тургундары! Силерге (бу жерде) орун жок! Кайткыла!» Алардан дагы бир тайпа пайгамбардан (кайтып кетишке) уруксат сурашты. Алар айтып жатышты: «Биздин үйлөрүбүз кароосуз ачык калды». Алары ачык калган эмес болчу. Алар (согуштан шылтоо таап) качышты каалашкан эле.

14. А эгер аларга (Мединага) туш табынан (душман) кирип келсе, ошондон кийин алар кысмакка алынып суракка алынса, анда алар (диндэн кайтканга) барышат болчу. Муну бир азыраагынан башкасы кечиктирмек да эмес.

15. Буга чейин алар артка кайтпайбыз деп Аллага ант да беришкен. Аллага берген ант үчүн сурак бар.

16. Айт: «Силерге качканыңардын деле пайдасы тийбейт. Өлүмдөн качкан болсоңор да, өлтүрүлүштөн качкан болсоңор да! Андай болсо, силер (качкан күндө деле) аз эле пайда көрүп жашайсыңар».

17. Айт: «Эгер Ал силерге жамандыкты каалаган болсо, же рахматты каалаган болсо, анда силерди Алладан ким коргоп калат? Аларга Алладан башка колдоочу да, жардам берүүчү да жок.

18. Алла силердин арааңардагы бир туугандарын «Бизге келгиле!» деп (жихаттан) токтотуп жаткандардын айткандарын да жакшы билет. Алар кичине эле эрдик көрсөтүмүш болот.

19. Силерге кызганычы бар. А эгер коркунуч келсе, өлүм жетип келгенде көздөрү аңтарылып жаткан адамга окшоп сени карап турганын көрөсүң. Ал эми коркунуч өтүп кеткенде жакшылыкты (олжону) кызганышып, силерди тикендей тилдери менен сайып сүйлөшөт. Булар ыйманга киришкен жок. Алла булардын жасаган иштерин жокко чыгарды. Аллага бул жеңил!

20. Алар аскер топтору кетишкен жок деп эсептешти. А эгер аскер топтору келе турган болсо, силердин кабарыңарды сурамжылап бедөө арабдардын арасына (көчүп) барып турушту каалап жатышкан. А эгер силердин арааңарда болсо, анда бир аз согушкан болот эле.

21. Силерден кимдин Алладан үмүтү болгон болсо, акыретти үмүт кылып Алланы көп эстеп зикир кылган болсо, ага Алланын элчи-пайгамбарынан жакшы үлгү да болду.

22. Ыймандуу пенделер аскер топторун көрүшкөндө айтышты: «Алла менен Анын элчи-пайгамбары бизге убада кылган (сыноо) ушул. Алла да, Анын элчи-пайгамбары да туура айткан экен!» Алардын ыйманы да, ыкыласы да күч алды.

23. Ыймандуу пенделердин арасында Аллага берген антына тура турган кишилер бар. Алардан (шейит болуп) антын аткарып кеткендери да, күтүп жаткандары да бар. Алар аны (антын) эч бир бузуп өзгөртүшкөн жок.

24. Анткени, Алла (антына) тура тургандардын тууралыгы үчүн энчисин бериш керек болчу. А мунапыктарга кааласа азап бериши, же тоболорун кабыл кылышы керек болчу. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

25. Алла капырларды күйүт менен кайтарды. Алар жакшылыкка ээ болушкан жок. Алла ыймандуу пенделерге согушту жеткирбеди. Күчтүү да, Улук да Алла Өзү!

26. Ал (Алла) Жазуу ээлеринен аларга жардам бергендерди бекем турак жайынан чыгарды. Алардын жүрөктөрүнө коркунуч да салды. Алардын бир бөлүгүн өлтүрөсүңөр, бир бөлүгүн туткунга аласыңар.

27. Ал (Алла) алардын жерин да, турак жайларын да, мал-мүлкүн да, (алиге дейре) бутуңар басып жете элек (башка) жерди да силерге мурас кылып берди. Алла бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

28. Эй, пайгамбар! Аялдарыңа айт: «Эгер силер дүнүйөлүк жашоону жана анын салтанат көркүн кааласаңар, анда келгиле! Мен силерге пайдалана турган мүлк берейин да, силерди жакшылыкча коё берейин.

29. А эгер силер Алла менен Анын элчи-пайгамбарынын (ыраазылыгын) жана акырет жайын кааласаңар, анда силерден жакшылык иштерди кылгандарга Алланын даярдаган улук энчиси бар».

30. Эй, пайгамбардын аялдары! Эгер силерден кимиңер (эскертилип) дайын болгон ыпыластыкты кыла турган болсо, анда силер үчүн азап эки эсе көбөйөт. Аллага бул жеңил эле!

31. А эгер силерден кимиңер Алла менен Анын пайгамбарына моюн сунуп жакшы иш кылган болсо, анда ага энчисин эки эсе кылып беребиз. Ал үчүн сый-урматтуу ырыскыны да даяр кылганбыз.

32. Эй, пайгамбардын аялдары! Силер катардагы аялдардын бири эмессиңер. Эгер такыбалык кылсаңар, анда назик үн менен сүйлөбөгүлө. Жүрөгүндө арамы барлар (мындан) үмүт кылат. Жакшы сөз сүйлөгүлө.

33. Үйүңөрдө болгула. Оболку наадандык доордо жасанып жүргөндөй жасанбагыла. Намазды аткаргыла, зекетти бергиле. Алла менен Анын элчисине баш ийгиле. Алла силердин үй-бүлөңөрдөн балээни кетирип, толук тазалагысы келет.

34. Силердин үйүңөрдө Алланын аяттары менен даанышмандык (илими) окулуп жатканын эстегиле. Кабардар да, Күйөрман да Алла Өзү!

35. Мусулман эркектерге да, мусулман аялдарга да, ыймандуу эркектерге да, ыймандуу аялдарга да, туура жүргөн эркектерге да, туура жүргөн аялдарга да, сабырдуу эркектерге да, сабырдуу аялдарга да, кичипейил эркектерге да, кичипейил аялдарга да, садака берген эркектерге да, садака берген аялдарга да, орозо кармаган эркектерге да, орозо кармаган аялдарга да, жыныстык мүчөсүн (зынадан) сактаган эркектер менен аялдарга да, Алланы көп-көп эстеп зикир кылган эркектер менен аялдарга да Алла кечирими менен бирге улук энчисин даярдады.

36. Эгер Алла менен Анын элчи-пайгамбары ыймандуу эркекке да, ыймандуу аялга да бир ишти аткарышка буйрук берген болсо, анда алардын өз иштеринде ыктыярдуу (чечими) калбайт. Ким Алла менен Анын элчи-пайгамбарын укпай койсо, анда ал анык адашат.

37. Бир убакта сен Алла жакшылык берген бирөөгө сен да жакшылык кылдың. Ага айттың: «Аялыңды өзүң менен (ажырашпай) кармап тур, Алладан корк!» Сен Алла ачыкка чыгара турганды калайыктан коркуп көөнүңдө сактадың. Акыйкаты Алладан коркушуң керек болчу. Зайд[3] аялына каалаган ишин бүтүргөндөн (ажырашкандан) кийин Биз сага ал аялды никеледик. Анткени, ыймандуу кишилерге асыранды балдары аялдарына каалаган ишин аткаргандан (ажырашкандан) кийин (аларга үйлөнүшкө) оорчулук болбошу керек болчу. Алланын буйругу аткарылат!

38. Алланын парз кылган буйругунда пайгамбарга күнөө жок. Алланын мыйзамы мурдагыларга деле ушундай болчу. Алланын буйругу – тагдырдын жазмышы.

39. Алланын кабарларын жеткиргендер (пайгамбарлар) Андан коркушкан. Алар Алладан башка эч бирөөдөн коркушкан эмес. Алла толук эсептейт.

40. Мухаммед силердин араңардагы кишилердин биринин дагы атасы эмес. Ал – Алланын элчиси, пайгамбарлардын эң акыркысы. Бардык нерсени Билүүчү да Алла Өзү!

41. Эй, ыймандуу пенделер! Алланы эстеп көп зикир кылгыла!

42. Ага эртели-кеч тасбих айткыла!

43. Силерге Ал да, периштелер да караңгылыктардан (жарык) нурга чыгышыңарга салаватты каалайт. Ал ыймандуу пенделерге Ырайымдуу Кудай.

44. Аларды кыямат күнү Ага жолукканда алар (периштелер) «Салам!» деп куттукташат. Анын аларга даярдаган сый-урматтуу энчиси да бар.

45. Эй, пайгамбар! Биз сени күбө кылып да, сүйүнчү кабар жеткирүүчү кылып да, эскертүүчү кылып да жөнөттүк.

46. Аллага чакыруучу кылып, Анын уруксаты менен сени нур чачкан чырак кылдык.

47. Алланын ыймандуу пенделерге улук артыкчылыктарды беришин сүйүнчүлө.

48. Мунапыктар менен капырларга баш ийбе! Алардын жеткирген ызасын жөн кой. Аллага тобокел кыл. Алла Өзү жетиштүү Колдоочу!

49. Эй, ыймандуу пенделер! Эгер силер ыймандуу аялдарды никелеп алган болсоңор, андан кийин аларга тийбей туруп талак кылган болсоңор, анда алар силер үчүн мөөнөт күндү санашка милдеттүү эмес. Аларга белегин бергиле да, жакшылык менен аларды узаткыла.

50. Эй, пайгамбар! Биз сага акысын (калыңын) берген аялдарыңды, Алла (олжодон) сенин колуңа берген күңдөрүңдү, сени менен бирге хижрат кылган абаларыңдын кыздарын, атаңдын эже-карындаштарынын кыздарын, таякелериңдин кыздарын, таяжелериңдин кыздарын (никелеп алышка) адал кылдык. Эгер пайгамбарга өзүн багыштаган ыймандуу аял болуп, аны пайгамбар да никесине алышты каалаган болсо, (мындай никени) башка ыймандуу пенделерге эмес, калыстык менен бир гана сага (адал кылдык). Ыймандуу эркектерге аялдары жана күңдөрү туурасында эмнелерди парз кылганыбызды Өзүбүз билебиз. (Буларды) сага никеде оорчулук болбосун деп (түшүндүрүп жатабыз). Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

51. Сен алардан (аялдарыңдан) кимисин кааласаң (түн ичинде төшөгүнө жатпай) калтыра аласың. Кимисин кааласаң, ага кирип жай алсаң болот. А (эгер) калтыргандарыңдын ар кимисине (киришти) кааласаң деле сага күнөө эмес. Бул (адилеттүүлүккө) абдан жакын. (Анткени), алардын көздөрү сүйүнүп кайгырбай, сенин берген (рахатыңдан) алардын ар бири ыраазы болот. Алла жүрөгүңөрдөгүнү билип турат. Билүүчү да, Күйөрман да Алла Өзү!

52. Сага ушундан кийин колуңдагы күңдөрүңдөн башка аялдардын сулуулугу жакканына карабай (өзүңдүн аялдарыңдын үстүнө) башка аялдарды никелеп алыш да, өзүңдүн аялдарыңды (талак кылып) алмаштырыш да адал болбойт. Алла ар бир ишти көзөмөлдөйт.

53. Эй, ыймандуу пенделер! Пайгамбардын үйлөрүнө силерге уруксат бермейинче кирбегиле. Тамактын бышышын да күтпөгүлө. А бирок, чакырылган болсоңор киргиле да, тамак жеп бүткөнүңөрдө тарап кеткиле. Достук сукбатты улантып отура бербегиле. Мындай (кылсаңар) аны жүдөтөсүңөр. Ал силерден уялат. Алла акыйкатты (айтыштан) уялбайт. Анын аялдарынан кандайдыр бир буюм сурасаңар, анда парданын артынан туруп сурагыла. Ушундай (кылганыңар) силердин жүрөгүңөр үчүн да, алардын жүрөктөрү үчүн да эң жакшы тазалык болот. Алланын элчи-пайгамбарын ыза кылбашыңар керек. Анын аялдарын андан кийин эч качан никелеп албагыла! Бул силер үчүн Алланын алдында абдан чоң күнөө болот.

54. Эгер силер бир нерсени бекитсеңер деле, купуя сактасаңар деле, Алла ар бир нерсени билип турат.

55. Аларга (пайгамбардын аялдарына) аталарынын алдында, балдарынын алдында, бир тууган ага-инилеринин алдында, бир тууган ага-инилеринин балдарынын алдында, бир тууган эже-сиңдилеринин балдарынын алдында, (пайгамбардын башка) аялдарынын алдында, анын күңдөрүнүн алдында бети-колун ачып жүрсө күнөө эмес. Алладан коркула. Алла ар бир несеге Өзү Күбө!

56. Алла да, Анын периштелери да пайгамбарга салаватты каалайт. Эй, ыймандуу пенделер! Пайгамбарга салават айткыла. Ага тынчтык каалап, салам бергиле!

57. Алла менен Анын элчи-пайгамбарын нааразы кылгандар болсо, аларды Алла бул дүйнөдө да, акыретте да каргайт. Алар үчүн кор кыла турган азапты даярдап койгон.

58. Ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдарды жасабаган иштери үчүн ыза кылгандар өздөрүнө доомatты да, күнөөнү да ачык көтөрүшөт.

59. Эй, пайгамбар! Өзүңдүн аялдарыңа да, кыздарыңа да, ыймандуу аялдарга да айт: «Алар өздөрүнө оромолдорун жакын тартып жаап алышсын. Бул алардын (күң кызматчылардан айырмаланып) ыза көрбөй таанылышы үчүн жакшы. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!»

60. Эгер мунапыктар, жүрөгүндө арамдыгы барлар, Мединадагы ушак таратуучулар (бузукулугун) токтотушпаса, анда Биз сени аларга (каршы) жүрүшкө чыгарабыз. Ошондон кийин алар анда (Мединада) сага аз эле (убакыт) коңшу болуп тура алышат.

61. Каргышка калышат. Андан кийин алар кайда болсо да колго түшүшөт, өлүмгө кабылып өлтүрүлүшөт.

62. Алланын мыйзамы мурдагыларга деле (ушундай) болгон. Сен Алланын мыйзамы өзгөргөнүн эч качан таба албайсың!

63. Калайык сенден сааттын келишин сурап жатат. Айт: «Анын маалыматы Алланын Өзүндө». Сен аны кайдан билмек элең. Балким, саат жакындыр.

64. Алла капырларды каргады. Алар үчүн тозокту даярдап койду.

65. Алар анда түбөлүк калышат. Алар (анда) колдоочуну да, жардам берүүчүнү да таба алышпайт.

66. Ал күнү алардын жүзү Тозок отуна каратылат. Алар (ошондо) айтышат: «Оо, аттиң! Аллага баш ийсекчи! Элчи-пайгамбарга баш ийсекчи!»

67. Алар (дагы) айтышат: «Эгебиз! Биз жол башчыларыбыз менен улуктарыбызга баш ийгенбиз. Бизди алар жолдон адаштырды.

68. Эгебиз! Аларга эки эсе азап бер! Аларды улуу каргышка калгандардан кыл!»

69. Эй, ыймандуу пенделер! Мусаны ыза кылгандардай болбогула. Алла аны урматтуу (пайгамбар) кылды. Алла аны алардын айтканындай кылган жок.

70. Эй, ыймандуу пенделер! Алладан корккула! Бекем чындыкты айткыла!

71. Ал (ушундай кылсаңар) ишиңерди оңдойт, күнөөңөрдү да кечирет. Ким Алла менен Анын элчи-пайгамбарына баш ийсе, анда ал улуу жеңишке жетет.

72. Биз (жети кат) асманга да, жерге да, тоолорго да бир аманатты[1] сунуш кылдык. Алар анын (милдетин) көтөрүштөн коркушту да, баш тартышты. А бирок, аны инсан көтөрмөй болду. (Анткени) ал залим да, наадан да болчу.

73. (Муну менен) Алла мунапык эркектерди да, мунапык аялдарды да, мүшүрүк эркектерди да, мүшүрүк аялдарды да азапка салыш керек болчу. (Муну менен) Алла ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдардын тобосун кабыл кылышы керек эле. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

34. САБА СҮРӨӨСҮ[1]

САБА

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Аллага шүгүр! (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Аныкы. Акыретте да Ага шүгүр. Даанышман да, Кабардар да Ал Өзү!

2. Ал жердин ичине киргенди[2] да, андан чыкканды да, асмандан түшкөндү да, ага көтөрүлгөндү да билет. Ырайымдуу да, Кечиримдүү да Ал Өзү!

3. Капырлар айтышты: «Биз үчүн саат келбейт!» Айт: «Жок! Кайып сырларды билген Эгеме касам ичем! Силерге ал келет!». Андан (жети) асманда болсун, жерде болсун, чаңдын кыпынындай, мейли андан чоң, же кичине болсун, жашырына албайт. (Мунун баарысы) Түпкү Жазууда бар.

4. (Анткени), Ал ыйманга киргендер менен жакшы иштерди кылгандарга энчисин бериши керек. Буларга Анын кечирими да, сый-урматтуу ырыскысы да бар.

5. Биздин аяттарыбыздын күчүн кетиришке аракет кылгандар бар. Булар үчүн кыйнай турган оор азап бар.

6. Илим берилгендер Эгеңден сага түшүрүлгөн (Курандын) акыйкат экенин көрүшөт. Ал Даңктуу Улук (Эгеңдин) жолуна жетелейт.

7. Капырлар айтышты: «Силерге биз бир кишини көрсөтөлүбү? Ал силерди өлүп жок болуп кетсеңер деле кайра жаңыдан жараласыңар деп кабар берип жаткан имиш.

8. Ал Аллага жалганды ойлоп таап айттыбы, же анда жин барбы?» Жок! Акыретке ишенбегендер катуу адашып, азапта кала беришет.

9. Алар алды-аркасын асман менен жер (курчап) турганын көрүшпөдүбү? Эгер Биз кааласак аларды жер жутат же асмандан аларга бир бөлүк ташты атабыз. Мында ар бир тобо кылган кулга аят бар.

10. ...Биз Даудка артыкчылык бердик. (Айттык): «Эй, тоолор! Аны менен бирге Мага тасбих айткыла! Канаттууларга да (муну айтканбыз). Биз анын колунда темирди жумшарттык.

11. «Узун соотторду өлчөп жаса. Жакшы иштерди жасагыла. Мен силердин кылган ишиңерди көрүп турам».

12. Биз Сулайманга шамалды баш ийдирдик. Анын эртели-кеч жүргөн жолу бир айга барабар болчу. Биз ага эриген жезди булактай агыздык. Эгесинин уруксаты менен анын кол алдында жиндер иштечү. Алардан кимиси Биздин буйругубуздан четтесе, Аны Тозоктун азабын жей турган кылдык.

13. Алар ага каалаганындай ордо сарайды, айкелдерди, чуңкур оюлган жердей идиштерди, бекем орнотулган казандарды жасашат эле. (Биз аларга айттык): «Шүгүр кылып Дауддун үй-бүлөсүнө жасай бергиле!» Менин кулдарымдан Мага шүгүр кылгандары аз!

14. Биз аны өлтүргөндө, анын таягын кемирип жеген жердеги курттан башка эч бирөө анын өлгөнүн көрсөтө алган жок. Ал кулап түшкөндө гана жиндер ачык билди. Эгер алар кайып сырларды билген болсо, анда азаптуу иште жүрүшмөк да эмес.

15. Сабанын[3] калкына бир аят болду. Анда оң тарапта бир бак, сол тарапта бир бак бар болчу. (Биз аларга айттык): «Эгеңердин берген ырыскысынан жей бергиле. Ага шүгүр кылгыла! Шаарыңар да берекелүү. Кудай – Кечиримдүү!

16. Алар (акыйкаттан) жүз үйрүштү. Биз аларга кыяндаган селди жөнөттүк. Алардын эки багын мөмөсү ачуу, анчалык көп эмес бадалдардан турган эки бакка айландырдык.

17. Капыр болуп кеткендери үчүн аларга ушундай жаза бердик. Алар капыр болбосо Биз ушундай жаза берет белек?

18. Алар менен тиги Биз береке берген көрүнүктүү калаалардын ортосунда жүрүш үчүн чектештирип байланыштырган жолдорду да кылганбыз. «Күнү-түнү аман-эсен каттай бергиле!» (дегенбиз).

19. Алар айтышты: «Эгебиз! Биздин сапарыбызды узарт!» (Муну менен) өздөрүнө зулумдук кылышты. Биз аларды өткөн уламышка айлантык. Тентитип таратып жибергенбиз. Мында ар бир сабыр кылган шүгүр кылуучуга аяттар да бар.

20. Алар Иблисти туура айтып жатат деп ойлошту да, ага ыйманга кирген бир бөлүгүнөн башкалары ээрчип кетишкен.

21. Аларга анын бийлиги деле жок эле. Тескерисинче, алардан кимиси акыретке ишенгенин жана кимиси ага шек кылганын Биз билишибиз керек болчу. Ар бир нерсени Сактоочу сенин Эгең.

22. Айт: «Алланын ордуна ойлоп тапканыңарды чакыргыла!». Алар-ңар (жети кат) асманда да, жерде да кыпындай нерсеге бийлик кыла албайт. Алардын анда (Анын бийлигине) шериктиги да жок, Ага жардамчы да эмес.

23. Кимге Анын уруксаты болбосо, ага эч бирөөнүн колдоосу пайда бербейт. Алардын жүрөктөрүнөн коркунуч кеткенде алар (периштелер бири бирине) айтышат: «Эгеңер эмне деди?» Алар айтышат: «Акыйкатты (айтты). Бийик да, Улук да Ал Өзү!»

24. Айт: «(Жети кат) Асман менен жерден силерге ким ырыскы берип жатат?» Айт: «Алла». (Алар айтып жатышат): «Балким, биз, же силер Туура жолдо, же (баарыбыз эле) ачык адашып жүргөн болушубуз да мүмкүн».

25. Айт: «Биздин кылган күнөөбүз үчүн силер сурак бербейсиңер. Силердин кылган ишиңер үчүн биз да сурак бербейбиз».

26. Айт: «Эгебиз биз менен силерди бирге жыйнайт. Андан кийин ортобузга акыйкат өкүмүн чыгарат. Билүүчү да, Ачыкка чыгаруучу да Ал Өзү!»

27. Айт: «Ага кошкон шериктериңерди мага көрсөткүлөчү!» Жок! Улук Даанышман Алла Өзү!

28. Биз сени бүткүл калайыкка кабарчы жана эскертүүчү кылып жөнөттүк. Бирок, (муну) калайыктын көпчүлүгү эле билбей жатат.

29. Алар айтып жатышат: «Эгер чын айтып жатсаңар бул убада качан аткарылат?»

30. Айт: «Силерге убада кылынган күн бар. Силер аны бир саат алдыга жылдыра да, аркага кечиктире да албайсыңар».

31. Капырлар айтышты: «Биз бул Куранга да, ага чейин түшкөн (Жазууларга) да ишенбейбиз!» Эгер сен бул залимдерди (кыямат күнү) Эгесинин алдына келип турганын көрсөң эле! Алар бирине бири кайрылышат. Алсыздары текеберлик кылган жол башчыларына айтышат: «Эгер силер болбосоңор биз ыймандуу пенделерден болот элек!»

32. Текеберлик кылган жол башчылары алсыздарына айтышат: «Биз силерге Туура жол келгенден кийин да тостук беле? Жок! Силер өзүңөр күнөөкөр болчусуңар!»

33. Алсыздары текеберлик кылган жол башчыларына айтышат: «Жок! Күнү-түнү куулук менен бизди Аллага ишенбешке, Ага буркандарды теңешке силер буйруйт элеңер!» Алар азапты көргөндө ичтеринен өкүнүшөт. Биз капырлардын мойнуна кишен салабыз. Кылган иштерине жазаланбай калмак беле?

34. Биз эскертүүчүнү кайсы калаага жибербейли, андагы дөөлөтүнө чиренгендери «Сен эмнеге жөнөтүлүп келген болсоң деле биз ишенбейбиз!» деп айтпай койгон эмес.

35. Алар айтышкан: «Биздин байлыгыбыз да, балдарыбыз да көп. Биз азап деле тартпайбыз».

36. Айт: «Эгем кимге кааласа кенен-кесир ырыскы бере берет. Чектеп да коёт. Бирок, калайыктын көбү эле (муну) билбейт».

37. Силерди байлыгыңар да, балдарыңар да Бизге жакындаштыра албайт. Ким ыйманга кирсе, жакшы иштерди жасаса, булардын кылган ишине эселеп акыбетин беребиз. Алар (Бейиштин) жакшы турак жайларында аман-эсен кала беришет.

38. Биздин аяттарыбыздын күчүн кетиришке аракет кылгандар Тозок азабына ташталат.

39. Айт: «Эгем кулдарынан кимге кааласа ырыскысын кенен-кесир берет. Ага чени менен да берип коёт. Эмнени каржы кылган болсоңор, Ал аны өзүңөргө кайтарат. Жакшы ырыскы берүүчү да Ал Өзү!»

40. Ал алардын баарысын (кыямат) күнү топтойт. Андан кийин Ал периштелерге айтат: «Силерге булар кулдук кылышкан беле?»

41. Алар айтышат: «Субханака! Биздин Колдоочубуз Сенсиң, алар эмес! Жок! Алар жиндерге кулдук кылышат эле. Алардын көпчүлүгү эле аларга ишенишкен!»

42. Бүгүн бириңерге бириңердин пайда кылышка да, зыян кылышка да бийлигиңер жок. Биз залимдерге айтабыз: «Тозок отун жалганга чыгарганыңар үчүн анын азабын жегиле!»

43. Аларга Биздин аяттарыбыз окулганда айтышкан: «Бул киши ата-бабаларыңар кулдук кылгандан силерди тосушту каалайт экен». Алар айтышты: «Бул (Куран) ойлоп табылган жалган экен!» Капырларга акыйкат келгенде айтышты: «Бул даана сыйкыр экен!»

44. Биз аларга окуп билгидей (буга чейинки кайсы бир) Жазуулардан жиберген эмеспиз. Сага чейин эскертүүчү да жиберген жокпуз.

45. Аларга чейинкилер да жалганга чыгарышкан. Биздин аларга берген дерибиздин ондон бири деле буларга берилген жок. Алар Менин эл-

чи-пайгамбарларымды жалганчы кылышкан. Ишенбегендердин акыры кандай болду!

46. Айт: «Мен силерге бир гана насаат берейин. Силер Аллага бирден, же экиден болуп алып, андан кийин пикир кылгыла. Силердин жолдошуңар жинди эмес. Ал бар болгону катуу азаптын алдынан келген эле эскертүүчү.

47. Айт: «Мен (буга) силерден акы сурабайм. Бул силерге керек. Менин акым Алланын Өзүндө. Бардык нерсеге Ал Өзү Күбө!»

48. Айт: «Кайып сырларды билүүчү Эгем (жалганды) акыйкат менен жокко чыгарат!»

49. Айт: «Акыйкат келди! (Эми) жалган көрүнө да албайт, кайрылып да келе албайт!»

50. Айт: «Эгер мен адашсам, өзүм үчүн адашам. А эгер мен Туура жолду тапсам, (муну) Эгемдин мага берген жашыруун кабары менен табам. Угуучу да, Жакын кылуучу да Ал Өзү!»

51. Эгер сен алардын коркуп чочугандарын көрсөң эле! Качар жери жок! Өздөрүнө жакын эле жерден (колго түшүп) кармалып жатышат!

52. Алар (азапты көргөндө) айтып жатышат: «Биз Ага ишендик!» Кантип алар узак жайдан жетишмек эле?

53. Буга чейин алар Ага ишенишкен эмес. Алар кайып ааламдарды (Бейиш менен Тозокту) узак жайда (дүнүйөлүк жашоодо) туруп четке кагышат эле.

54. Алар менен (эми) алар ойлогон (кайра жашоого кайтсак деген) өтүнүчтөрдүн ортосу да алардан мурдагы муундардыкына окшоп тосулду. Алардын (баарысы эле ишенбей) күмөн кылышып шек кылышкан болчу!

35. ФААТИР СҮРӨӨСҮ[1]

ЖАРАТУУЧУ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. (Жети кат) Асман менен жерди жараткан, периштелерди эки, үч жана төрт канаттуу кылып жаратып элчи кылган Аллага шүгүр! Ал каалагандай жаратып көбөйтө берет. Алла ар бир нерсеге Кудуреттүү Кудай!

2. Алла калайыкка ырайымын ачык берип жатат. Аны тосуучу да жок, аны бирөө да тосо албайт. Андан кийин Жөнөтүүчү да жок. Бийик да, Даанышман да Ал Өзү!

3. Эй, калайык! Алланын силерге берген бак-таалайын эстеп жүргүлө. Алладан башка Жаратуучу барбы? Ал силерге асман менен жерден ырыс-

кы берип жатат. Андан башка Кудай жок. Кантип силер баш тартып жатасыңар?

4. Эгер алар сени жалганчы кылып жатышса, сага чейинки элчи-пайгамбарларды да (мурункулар) жалганга чыгарышкан. Бардык иштер Аллага кайтарылып барат.

5. Эй, калайык! Алланын убадасы ак. Дүнүйөлүк жашоого азгырылып кетпегиле. Азгыруучулар силерди Алладан (адаштырып) азгырып кетпесин.

6. Шайтан силердин анык душманыңар. Аны душман деп кабыл алгыла. Ал өзүн (ээрчиген) топту Тозокулардан болуш үчүн чакырат.

7. Капырлар үчүн катуу азап бар. Ыйманга киргендерге, жакшы иштерди жасагандарга кечирим да, улук энчи да бар.

8. Кимге кылган жаман иши ажайып кооз көрсөтүлсө, ал аны жакшы экен деп көрөбү? Алла кимди кааласа жолдон адаштырат, кимди кааласа Туура жолго салат. Сенин жаның алар үчүн кайгы тартпасын. Алардын эмне жасаганын Билүүчү Алла Өзү!

9. Алла шамалдарды жиберет. Алар булуттарды көтөрөт. Биз аларды куурап солуган аймактарга айдадык. Куурап солугандан кийин да жерди жандандырдык. Кайра тирилиш да ушундай.

10. Ким улук болушту кааласа, улуулуктун баарысына Алла ээ экенин (билсин)! Жакшы сөз Аллага көтөрүлүп жетет. Жакшы жасалган ишти Ал Өзү көтөрүп алат. Куулук кылып жамандыкты жасагандар үчүн катуу азап бар. Алардын куулугу текке кетет.

11. Алла силерди топурактан жараткан. Андан кийин бир тамчыдан (жаратып), андан кийин жуп кылды. Ургаачынын боюна бүтүшү да, туурып да кетпейт. Жазууда чийилгенден өзгөрбөйт. Бул Аллага жеңил!

12. Эки деңиз бирдей эмес: мунусу жагымдуу, ичкенге ширин, суусу таза; тигиниси – тузу ачуу. Ар биринен жаңы-жаңы эттерди алып жеп жатасыңар. Тагына турган кооз табылгаларды да чыгарып алып жатасыңар. Анын ырайымы менен ырыскы издешиңер үчүн анда жиреген кемени көрүп жатасың. Балким, силер шүгүр кыларсыңар.

13. Ал түндү күнгө киргизет, күндү түнгө киргизет. Ал Күн менен Айды баш ийдирди. Ар бири белгиленген мөөнөткө чейин жылып бара берет. Силердин Эгеңер Алла ушундай: бийлик Аныкы. Силердин Андан башкага сыйынгандарыңар (буркандарыңар) курма данегинин кабыгынча да бийликке ээ эмес.

14. Эгер силер дуба кылсаңар деле силердин дубаңарды алар уга алышпайт. Эгер алар уга турган болсо, анда алар силерге жооп кайтарат болчу. Кыямат күнү аларды (Аллага) шерик кылганыңар үчүн алар силерге каршы турат. Сага Кабардар Алла кабар бергендей эч ким кабар бербейт.

15. Эй, калайык! Силер Аллага муктаж пенделерсиңер. Даңктуу да, чексиз байлыктын Ээси да Алла Өзү!

16. Эгер Ал кааласа силерди кетирип жоготот да жаңы жараткан калкын келтирет.

17. Аллага бул оор деле эмес.

18. (Кыямат күнү) бирөө башка бирөөнүн (кылган күнөөсүнүн) жүгүн көтөрбөйт. А эгер ал башка бирөөнү көтөрүшкө чакырса, ким болбосун, анын жакын тууганы болсо да ага жеңилдик бере албайт. Сен өз Эгесин көрбөй туруп корккондорду, намазды аткарып жаткандарды эле эскерте аласың. А ким (күнөөсүнөн) тазаланып жатса, ал өзүн тазалап жатат. Аллага кайтып барыш бар.

19. Сокур менен көзү көргөн тең эмес.

20. Караңгылыктар менен (жарык) нур тең эмес.

21. Көлөкө менен ысык тең эмес.

22. Тирүүлөр менен өлгөндөр тең эмес. Алла кимди кааласа уга турган кылат. Сен кабырдагыларды уга турган кыла албайсың.

23. Сен бар болгону эскертүүчүсүң.

24. Биздин сени эскертүүчү жана кабарчы кылып жибергенибиз ак! Эскертүүчү келбеген бир да үмөт болгон эмес.

25. Эгер сени жалганчыга чыгарып жатышса, сенден мурдагылар деле (элчи-пайгамбарларды) жалганга чыгарышкан. Аларга элчи-пайгамбарлары ачык далилдер менен да, (алардын келечек жолуна) нур чачып (жарык кылган) Жазуулар менен да келишкен болчу.

26. Ошондон кийин Мен капырларды кармадым. Ишенбегендердин акыры кандай болду!

27. Алланын асмандан сууну түшүргөнүн көрбөдүңбү? Биз аны менен ар кыл түстөгү жер-жемиштерди өстүрүп чыгардык. Тоолордо ак жана ар кандай кызыл түскө да, каргадай капкара түскө да ээ жолдор бар[2].

28. Ушундай эле калайыктардын да, жаныбарлардын да, малдын да ар кыл түстөгүсү бар. Кулдарынын ичинен Алладан корккон аалымдар да бар. Улук да, Кечиримдүү да Алла Өзү!

29. Алланын Жазуусун окушкандар, намазды аткаргандар, Биздин аларга берген ырыскыбыздан купуя да, ашкере да каржы кылып жаткандар бар. Алар эч качан күйбөй турган (кирешелүү) сооданы үмүт кылышат.

30. Анткени, Ал (Алла) алардын акысын Өз ырайымы менен көбөйтүп берет. Кечиримдүү да, Шүгүрдү кабыл алуучу да Ал Өзү!

31. Биз сага Жазууну жашыруун кабар бердик. Анын өзүнө чейинки (түшкөн Жазуулардын) чындыгын тастыктап жатканы да ак! Кулдарынан Кабардар да, Көрүүчү да Алла Өзү!

32. Кийин биз Жазууну тандап алган кулдарыбызга мурас кылып бергенбиз. Алардан өздөрүнө зулумдук кылгандары да, алардан бир

калыпта (аны) карманып келе жаткандары да, Алланын уруксаты менен жакшылык иштерде алдыга озуп кеткендери да бар. Бул (Алланын Жазуусу) – улук ырайым!

33. Алар Адну Бейишинин бактарына киришет. Анда жакут менен кооздолгон алтын билериктерди тагынышат. Алардын кийимдери жибектен болот.

34. Алар айтышат: «Аллага шүгүр! Ал бизден кайгы-капаны жок кылды. Шүгүрлөрдү кабыл кылуучу да, Кечиримдүү да Эгебиз Өзү!

35. Ал Өз ырайымы менен бизди түбөлүк турук жайга жайгаштырды. Мында чарчоо да жок экен, алдан тайыш да жок экен!»

36. Капырлар үчүн Тозоктун оту бар. Аларга кутулуп кеткидей өлүмгө да өкүм болбойт. Алардын азабы да (түбөлүк) жеңилдебейт. Ар бир капырды ушинтип жазалайбыз!

37. Алар анда туруп чаңырышат: «Эгебиз! Бизди (Тозоктон) чыгар! Жакшы иштерди (эми) кылалы. Биз мурда кыла албаган экенбиз!» (Алла аларга айтат): «Кимдер (силерден) эстегиси келсе, Биз эстей турган жашоону силерге берген жокпузбу? Силерге эскертүүчү да келген болчу! Залимдер үчүн эч кандай жардам жок, азабыңарды жегиле!»

38. (Жети кат) Асмандагы да, жердеги да кайып сырларды Билүүчү Алла Өзү! Ал көкүрөктөгүлөрдү да билет.

39. Ал силерди Жер жүзүн мекендеген орун басар кылды. Ким капыр болсо, капырлыгы анын өзүнө. Капырлардын капырлыгы аларга карата Алланын каарын эле күч алдырат. Капырлардын капырлыгы өздөрүнө эле кусур алып келет!

40. Айт: «Аллага шерик кылып сыйынган буркандарыңарга карап көрдүңөрбү? Мага көрсөткүлөчү? Алар жердин кайсы бөлүгүн жараткан? Же алардын асмандарда да (Аллага) шериктештиги барбы? Же Биз аларга ачык далилдери бар Жазуудан бердикпи? Жок! Залимдер бири-бирине куру убаданы берип жатышат.

41. Асмандар менен жерди жок кылбай Алла гана кармап турат. А эгер ал экөөсү жоголо турган болсо, анда ал экөөсүн андан кийин Андан башка эч ким кармап да тура албайт болчу. Кечиримдүү да, Күйөрман да Ал Өзү!

42. Алар өздөрүнө эгер бир эскертүүчү келе турган болсо, анда Туура жолду кармаган үмөт болобуз дешип Аллага бекем касам да беришкен болчу. Ошентип аларга эскертүүчү келгенде, алардын баш тартып четтегени эле күч алып жатты.

43. Жер бетинде текеберлик кылып, куулук менен жамандыкты көздөштү. Куулук кылган жамандыктары өз баштарына тийет. Алар мурдагылардын жолунан башканы күтүп жатышабы? Алланын жолунан эч качан өзгөрүүнү таппайсың!

44. Алар Жер бетин кезип, өздөрүнөн мурдагылардын акыры кандай болгонун көрүшкөн жокпу? Алар булардан да күч-кубаттуу болчу. Алланы алсырата турган (жети кат) асманда да, жерде да эч бир нерсе жок. Билүүчү да, Кудуреттүү да Алла Өзү!

45. А эгер Алла калайыкты кылган иштерине карап жазалай турган болсо, анда Жер үстүндө бир да жаныбар калбайт болчу! Бирок, Ал аларга белгиленген бир мөөнөттү берет! Алардын мөөнөтү жетип келсе, Алла кулдарын карап көрөт.

36. ЙАСИН СҮРӨӨСҮ[1]

ЙАСИН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Йа, Син.
2. Даанышман Куранды (күбө кылып) касам берем!
3. Сен элчи-пайгамбарлардын бирисиң.
4. Туруктуу жолго баштаган.
5. (Бул Куран) Ырайымдуу, Улук Эгеңден түшүп (жатат).
6. Сен аталарына эскертүү келбеген калайыкты эскертишиң керек. Алар бейкапар жүрүшөт.
7. Алардын көпчүлүгүнө акыйкат сөз жеткен болчу. Алар ишенишпейт эле.
8. Биз алардын мойнуна кишен салдык. Ал ээктерине чейин жетет. (Ошону үчүн) алар башын тик көтөрүп турушат.
9. Биз аларды алды тарабынан да, арка тарабынан да жаап тосуп койгонбуз. Алар көрө алышпайт.
10. Аларга эскертсең да, эскертпесең да баары бир. Алар ыйманга киришпейт.
11. Сен ким Зикирге ээрчиген болсо, Рахманды көрбөй туруп коркkон болсо, ага гана эскерте аласың. Ал үчүн сый-урматтуу акы да, кечирим да бар экенин сүйүнчүлө!
12. Биз өлгөндөрдү тирилтебиз. Алардын мурда жасаган иштерин да, (жүргөн-турган) издерин да жазып коёбуз. Ар кандай нерсени Биз Түпкү Жазууда эсебин тактап койгонбуз.
13. Аларга калаа тургундарынын мисалын айтып бер. Бир убакта аларга элчи-пайгамбарлар келишти.
14. Ошентип Биз аларга экөөсүн жөнөттүк. Ал экөөнү жалганчы кылышты. Үчүнчүсү[2] менен бекемдедик. Алар айтышты: «Биз силерге (келген) элчи-пайгамбарларбыз».

15. (Калаанын тургундары) айтышты: «Силер бизге окшош эле адамсыңар. Рахман эч нерсе жиберген эмес. Силер жалган айтып жатасыңар!»
16. (Пайгамбарлар) айтышты: «Биздин силерге келген элчи-пайгамбарлар экенибизди Эгебиз билет.
17. Биз кабарды ачык жеткиришибиз керек».
18. (Калаанын тургундары) айтышты: «Биз силерден жамандыктын жышаанасын көрүп жатабыз. Эгер силер токтотпосоңор биз силерди таш бараңга алабыз. Бизден силерге оор азап жетет».
19. (Пайгамбарлар) айтышты: «Жамандыктын жышаанасы өзүңөрдө турат. А силер эскертилип жатсаңарчы? Жок! Силер чектен чыгып кеткен калайык экенсиңер!»
20. Алыскы Шаардан бир киши[3] шашылып жетип келди да, айтты: «Эй, калайык! Элчи-пайгамбарларды ээрчигиле!
21. Силерден акы сурабагандарга ээрчигиле. Алар – Туура жолдо жүргөндөр».
22. Эмне үчүн мени жаратканга мен кулдук кылбашым керек? Ага кайрылып барасыңар.
23. Мен Анын ордуна башка кудайларга ишенишим керекпи? Эгер Рахман мага бир жамандыкты кааласа, мага алардын эч бир колдоосу болбойт. Мени алар куткара да алышпайт.
24. Мен анык адашкан жолдо болом.
25. Мен силердин Эгеңерге ишендим. Мени уккула».
26. (Аны өлтүрүштү)[4]. Ага айтылды: «Бейишке кир!» Ал айтты: «Оо, аттиң! Менин калкым (ушуну) билсечи!
27. Мени Эгем кечирди! Мени сый-урматтуулардын бири кылбадыбы!»
28. Ушундан кийин Биз анын калкына асмандан аскерди түшүргөн жокпуз. Түшүрүүчү да эмеспиз!
29. Бир эле чаңырык болду! Ошондо алар боо түшүп калышты![5]
30. Ох, кулдарга өкүнүч! Аларга (эми) шылдың кыла турган бир да элчи – пайгамбар келбейт.
31. Биздин аларга чейин да нечендеген муундарды кыйратканыбызды көрүшпөдүбү? Аларга алар кайрылып келишкен жок эле го.
32. Бүт баарысы (кыямат күнү) бизге чогулат.
33. Алар үчүн өлүп куураган жер да бир аят. Биз аны жандандырдык. Андан эгинди өстүрүп чыгардык. Алар андан жеп жатышат.
34. Биз анда курма менен жүзүм бактарын да өстүрдүк. Анда булактарды да агызып койдук.
35. Аларга жеш үчүн анын жемиштерин да чыгардык. Алар аны колдору менен жасаган жок. Алар (буга) шүгүр кылышпайбы?

36. Субхана! Ал жер өндүрүп чыгаргандардын ар бирин, алардын өздөрүн да, алар билбеген башка нерселерди да жуп-жубу менен жаратты.

37. Түн да алар үчүн бир аят. Биз андан күндүздү алып салганыбызда алар караңгыда калып жатышат.

38. Күн да өзүнүн белгиленген ордуна чейин жылып бара берет. Билүүчү Улук (Алланын) өлчөөсү ушундай.

39. Биз Айды дагы эски курманын (ийилген) бутагындай кайра (жаңырып чыгып) келгенге чейин ар бир тура турган орундарын өлчөп койдук.

40. Күн Айды кууп жетпейт. Түн да күндөн алдыга озуп кетпейт. Ар бири мейкиндикте сүзүп жүрөт.

41. Биз алардын урпактарын (Нухтун учурунда) жүгү толо кемеге салганбыз. Бул да алар үчүн бир аят.

42. Алар үчүн ага (кемеге) окшогондорду да жараттык. Аларды минип жүрүшөт.

43. А эгер Биз кааласак аларды деле чөктүрүп жиберебиз. Аларга жардамчы да жок, алар кутула да алышпайт.

44. Аларга Биздин рахматыбыз болсо гана бир мезгилге чейин (дүнүйөлүк жашоонун) пайдасын көрө алышат.

45. Аларга бир учурда айтылды: «Келечегиңерден (кыяматтан) да, өткөнүңөрдөн (кылган күнөө ишиңерден) да корккула. Балким, ырайым табаарсыңар».

46. Аларга Эгесинин аяттарынан бир да аят келбейт. Келсе эле алар баш тартып жатышты.

47. Аларга «Алла силерге берген ырыскыдан каржы кылгыла!» деп айтылса, ыймандуу пенделерге капырлар айтышат: «Биз тамак бересизби? Алла кимисине кааласа тамак берип коёр. Силер анык адашып жүрөсүңөр».

48. Алар айтып жатышат: «Эгер чын айтып жатсаңар, бул убада качан келет?»

49. Алар аны күтүшпөйт. Алар (дүнүйөлүк жашоонун) талаш-тартышы менен жүрүшкөндө бир эле чаңырык жетет.

50. Алар осуят калтырышка да үлгүрүшпөйт. Үй-бүлөсүнө да кайтып жете алышпайт.

51. Сурнай тартылганда алар мүрзөлөрүнөн (тирилип чыгышып) Эгесине карай шашылышат.

52. Алар айтышат: «Оо, аттиң бизге! Бизди (өлүп) жаткан жайыбыздан ким тирилтти? (Аларга айтылат): «Рахман убада кылган күн ушул. Элчи-пайгамбарлар туура айткан болчу!»

53. Бир эле чаңырыктан башка эч нерсе болгон жок. Ошондо алардын баарысы Биздин алдыбызда чогулуп турушат.

54. Бүгүн ар бир жанга эч кандай зулумдук кылынбайт. Эмне жасаган болсоңор ошонун гана жазасын аласыңар.

55. Бейиш ээлери бүгүн жыргалга батат.

56. Алар жубайлары менен бактардын көлөкүндөгү сөөрүлөрдө сүйөнүп отурушат.

57. Алар үчүн анда жемиштер да, эмне кааласа баарысы бар.

58. (Аларга) Ырайымдуу Эгесинен «Салам!» деген сөз (айтылат).

59. (Тозокуларга айтылат): «Эй, күнөөкөрлөр! Бүгүн бөлүнгүлө!

60. Эй, Адам перзенттери! Мен силерге шайтанга кулдук кылбагыла деп осуят кылбадымбы? Ал силердин анык душманыңар эле го!

61. Мага гана кулдук кылгыла! Ушул Туруктуу жол дебедимби?

62. Ал силердин ичиңерден көп калайыктарды азгырыптыр. Акыл жүгүртпөн жоксуңарбы?

63. Мына, силерге убада кылынган Тозок ушул!

64. Бүгүндөн тартып капыр болгонуңар үчүн анда күйө бергиле!»

65. Бүгүн алардын ооздорун да жаап салабыз. Бизге алардын кылган иштерин өздөрүнүн колдору айтып берет. Буттары күбө болушат.

66. А эгер Биз кааласак, алардын көздөрүн деле жок кылар элек. Алар жарышып жолго чуркашат болчу. А бирок, көрүшпөй жатса кантет?

67. А эгер Биз кааласак, анда алардын турган жерин деле алмаштырып салар элек. Алар алдыга да кете албай, аркасына да кайта алышпайт болчу.

68. Биз кимге узун өмүр берген болсок, аны (карыганда) тулку боюн эңкейтебиз. Алар (буга) акыл жүгүртүшпөйбү?

69. Биз ага (пайгамбарга) ыр үйрөткөн жокпуз. Анын ага кереги да жок. Бул – эскертүү, түшүнүктүү Куран.

70. Ким тирүү болсо, ага ал (Куран) эскертүү болушу керек болчу. Капырларга ак сөз жетиш керек эле.

71. Алар үчүн Биздин Өз колубуз менен малдарды жаратканыбызды көрүшпөдүбү? Аларга ээ болушкан жокпу?

72. Аларды Биз аларга баш ийдиргенбиз. Алардын кээ бирин минишип, кээ бирин жеп жатышат.

73. Алардын алар үчүн (көп-көп) пайдасы да, иче турган (сүтү) да бар. Алар (буга) шүгүр кылышпайбы?

74. Алар Алланын ордуна башка кудайларга ишенип алышты. Балким, алардан жардам да күтүшсө керек.

75. Алардын даяр аскери болгондо деле аларга жардам кыла албайт болчу.

76. Алардын айткандары сени кайгыртпай эле койсун. Биз алардын ачык (айткандарын) да, жашыргандарын да билебиз.

77. Инсан көргөн жокпу? Биз аны бир тамчыдан жараткан жок белек? Бир кезде эле ал ачык талаш жүргүзүп кирет.

78. Ал Бизге мисал да келтирет. Өзүнүн (кантип) жаралганын да унутту. Ал айтат: «Чириген сөөктөрдү ким тирилтмек эле?»

79. Айт: «Аларды биринчи жолу ким жаратса, Ошол Өзү тирилтет. Ал ар бир (жаралган) макулукту билет.

80. Ал жашарып турган даракты деле силерге (күйө турган) от кылды. Силер аны отун кылып жагып жатасыңар».

81. Ал (жети кат) асман менен жерди жараткан эмеспи! Силерге окшогондорду жарата албайбы? Ырас! Жаратуучу да, Билүүчү да Ал Өзү!

82. Ал бир нерсени (жаратышты) кааласа буйрук кылып «Бол!» десе, (заматта) болот.

83. Субхана! Бүткүл нерсенин бийлиги Анын колунда. Ага кайрылып барасыңар!

37. САФФАТ СҮРӨӨСҮ[1]

САП ТУРГАНДАР

Бисмиллахиррахманирахим

1. Сап-сап тартып тургандарды (күбө кылып) касам берем!

2. Кууп айдап жаткандарды (күбө кылып) касам берем!

3. Эскертүүнү окуп жаткандарды (күбө кылып) касам берем!

4. Силердин бир гана Кудайыңар бар.

5. Ал асмандагылардын да, жердегилердин да, ал экөөнүн арасындагылардын да, чыгыштардын да Эгеси.

6. Биз Төмөнкү асманды жылдыздар менен кооздодук.

7. Аны ар кандай козголоң чыгарган шайтандан сактап турабыз.

8. Алар Улук Жамааттын[2] (сөзүн) уга алышпайт. Ар тараптан алар куугунтук жейт.

9. Куулгандан кийин аларга такай азап да бар.

10. Эгер алардан кимиси угуп (качкан болсо), аны жаркырап күйгөн таш[3] кууп жетет.

11. Аларга суроо бер. Алар жасаган (буркандарбы) же Биз жараткандар күчтүү бекен? Биз аларды жабышчаак ылайдан жараттык.

12. Сен таң калып турасың. Алар (сени) шылдың кылып жатышат.

13. Аларга эскертилип жатса деле эстегилери келбей жатат.

14. А эгер бир аят көрүшсө деле ага күлүп коюшат.

15. Алар айтып жатышат: «Бул даана сыйкыр экен.

16. Биз өлүп топуракка айлансак, сөөгүбүз (калган болсо деле), тирилебизби?

17. Же биздин оболку ата-бабаларыбыз да тирилеби?»

18. Айт: «Ооба! Силер (кыямат күнү) кор болосуңар!»

19. Ал – бир эле добуш. Алар ошондо (тирилип) карап турушат.

20. Алар айтышат: «Аттиң, бизге өкүнүч! Бул – жаза күнү!».

21. (Аларга айтылат): «Бул – айрыла турган күн. Муну силер жалганга чыгаргансыңар!»

22. (Алла периштелерге айтат): «Залимдерди да, алардын жоро-жолдошторун да, алардын сыйынган кудайларын да жыйнагыла!

23. Алланын ордуна сыйынгандарын! Аларды Тозоктун жолуна баштап баргыла.

24. Аларды анда токтотуп тургула. Алар суракка алынат.

25. (Аларга айтылат): «Силерге эмне болду? Бири бириңерге жардам кыла албай калдыңарбы?»

26. Жок! Алар бүгүн (Аллага) баш ийип турушат!

27. Алар бири-бирине келип өз ара суроо беришет.

28. Алар (жол башчыларына) айтышат: «Силер бизге оң тараптан келчү элеңер».

29. (Жол башчылары) айтышат: «Жок! Силер өзүңөр эле ыйманга кирбей койгонсуңар.

30. Биздин силердин үстүңөрдөн бийлигибиз да болгон эмес. Силер өзүңөр күнөө кылган калайык болчусуңар.

31. Эгебиздин сөзү бизге ак болуп чыкты. Биз (эми азабыбызды) жейбиз!

32. Силерди биз жолдон бурганыбыз жок. Биз өзүбүз деле (силерге чейин) жолдон адашкан экенбиз».

33. Ал күнү алар азапка бирге шерик болушат.

34. Биз күнөөкөрлөрдү ушундай кылабыз!

35. Аларга бир убакта айтылган эле: «Алладан башка Кудай жок!» Алар текеберлик кылыша берди.

36. Алар айтышат эле: «Биз жинди болгон акындын сөзү менен кудайларыбызды таштап коёбузбу?»

37. Жок! Ал акыйкатты да, элчи-пайгамбарларды да тастыктап келген болчу.

38. Силер (эми) оор азапты жейсиңер!

39. Кылган ишиңерге ылайык жазаланасыңар.

40. Алланын тандалган кулдарына (азап жок).

41. Аларга белгиленген энчилери бар.

42. Ар кыл жемиштерден (ырыскылары бар). Алар сый-урматтуу пенделер.

43. Наим (Бак-Таалай) Бейишинде,

44. Сөөрүлөрдө бири-бирине бет маңдай карап отурушат.

45. Аларга (Бейиш кызматкерлери) булак суусу куюлган кеселерди сунуп айланып турушат.

46. Аппак суусундуктар ичкендер үчүн абдан жагымдуу.

47. Анын эч бир зыяны жок, аларды маст да кылбайт.

48. Алардын жанында бакырайган сулуу кездерүн сактаган үр кыздары да бар.

49. Алар (этият) сакталган жумурткага окшойт.

50. Алар бири-бирине (жер бетиндеги жашоодон) суроо узатып жатышат.

51. Алардан бири айтып жатат: «Менин бир жолдошум бар болчу.

52. Ал айтат эле: «Сен (өлгөндөн кийин тирилишти) тастык кыласыңбы?

53. Биз өлүп топурака айлансак, сөөктөрүбүз (эле калса, ошондон кийин да тирилип) сурак беребизби?»

54. Ал (Бейиштегилерге) айтып жатат: «Аны азыр көргүңөр келеби?»

55. Аны караса тозоктун чок ортосунда экен!

56. Ал (жолдошуна) айтып жатат: «Аллага касам! Сен мени да жайламак экенсиң!

57. Эгер мага Эгемдин берген бак-таалайы болбосо, мен дагы (Тозокко) ташталгандардан болмок экем».

58. (Ал Бейиштегилерге айтып жатат): «Биз эми өлбөйбүзбү?

59. Бир өлүмдөн башка өлүм жокпу? (Ага Бейиштегилер жооп кайтарышат): «Бизге эми азап жок!».

60. (Анда ал айтып жатат): «Улуу жеңиш деген ушул!»

61. Ушундай (улуу жеңишти дүнүйөлүк жашоодо) жасагысы келгендер жасай беришсин.

62. Ушундай (бейиштин жыргал жайы) жакшыбы же заккум дарагыбы?

63. Биз аны (заккум дарагын) залимдер үчүн сыноо кылдык.

64. Ал Тозоктун түбүнөн өсүп чыккан дарак.

65. Анын мөмөсү шайтандардын башына окшойт.

66. Алар андан жешип курсактарын тойгузушат.

67. Андан кийин аларга ар кыл кошулмалардан кайнатылган ичимдиктер да берилет.

68. Андан кийин да аларды Тозокко кайрадан кайтарышат.

69. Алар анда өздөрүнүн адашкан ата-бабаларын да табышат.

70. Алар мурда эле алардын изи менен кетишке шашылышат эле.

71. Мурункулардын көпчүлүгү аларга (сенин калкыңа) чейин эле адашышкан болчу.

72. Биз аларга (учурунда) эскертүүчүлөрдү жөнөткөнбүз.

73. Эскертилгендердин акыры кандай болгонуна кара.

74. Алланын калыс кулдарынан башкалары!

75. ...Бир убакта Нух Бизге дуба кылып жалбарды. Биз ага жакшы жооп кайтардык.

76. Биз аны да, анын үй-бүлөсүн да чоң кайгыдан куткардык.

77. Анын урпактарын (аман) калып калгандардан кылдык.

78. Аны Биз акыркы муундун ичине калтырып койдук.

79. «Ааламдарда Нухка саламатчылык болсун!»

80. Жакшылык кылгандарга Биз ушундай жаза беребиз!

81. Ал Биздин ыймандуу кулдарыбыздын бири болчу!

82. Андан кийин Биз башкаларды чөктүрүп жибергенбиз.

83. ...Ибрахим анын калкынан болчу.

84. Бир убакта ал Эгесине чын жүрөгү менен келди.

85. Ошондо ал атасы менен анын калкына айтты: «Силер кимге кулдук кылып жатасыңар?

86. Силер Алланы таштап жалган кудайларды кааладыңарбы?

87. Ааламдардын Эгеси тууралуу эмне деп ойлойсуңар?»

88. Ал жылдызга бир карады да,

89. Айтты: «Мен өзүмдү начар сезип турам».

90. Алар андан аркасына бурулуп кайтышты.

91. Ал алардын кудайларына (буркандарына) өтүп барды да, айтты: «Силер тамак жебейсиңерби?

92. Силерге эмне болду? Сүйлөй албайсыңарбы?»

93. Аларга өтүп барды да, оң колу менен урду.

94. Алар шашылыш ага жетип келишти.

95. Ал айтты: «Силер өз колуңар менен (таштан) чеккен (буркандарыңарга) кулдук кыласыңарбы?

96. Силерди да, силердин жасаганыңарды да Алла жараткан».

97. Алар айтышты: «Ал үчүн бир курулуш кургула. (Ичине от жагып туруп) аны отко ыргытып жибергиле!»

98. Алар ага каршы куулук кылышты каалашты. Биз алардын ишин төмөн түшүрдүк.

99. Ал айтты: «Мен Эгеме карай кеттим. Ал мени Туура жолго салат».

100. (Ал дуба кылды): «Эгем! Мага жакшы (перзенттерди) бер!»

101. Биз ага боорукер уулду (Исмаилди) сүйүнчүлөдүк.

102. Ал (Исмаил) аны менен бирге басып калган куракка келгенде ал айтты: «Эй, уулум! Мен түшүмдө сени курман чалып жатканымды көрдүм. Муну карап көрчү». Ал айтты: «Эй, атаке! Сага буйрук болгон ишти кыл. Алла кааласа, менин сабыр кылганымды да көрөсүң».

103. Экөөсү тең Алланын буйругуна моюн сунду. Ал аны (мууздаш үчүн) маңдайын эңкейтип жерге жыккан кезде,

104. Биз кыйкырдык: «Оо, Ибрахим!

105. Сен түшүңдү чындыкка чыгардың». Биз жакшылык кылгандарга ушинтип ырайым кылабыз!

106. Бул аныкы сыноо болчу.

107. Биз анын (Исмаилдин) ордуна улук курмандыкты садага кылдык.

108. Аны акыркы калайыктын ичинде калтырдык.
109. «Ибрахимге саламатчылык болсун!»
110. Биз жакшылык кылгандардын акыбетин ушинтип беребиз!
111. Ал Биздин ыймандуу кулдарыбыздын бири болчу!
112. Биз ага жакшылардын бири болгон Исхак пайгамбарды сүйүнчүлөдүк.
113. Биз ага да, Исхакка да береке бердик. Анын эки перзентинен (урпактар таралды): алардан жакшысы да, өздөрүнө ачык эле залимдик кылгандары да бар.
114. ...Биз Муса менен Харунга да ырайым кылганбыз.
115. Ал экөөнү калкы менен бирге чоң кырсыктан куткардык.
116. Биз аларга жардам бердик. Алар жеңип чыгышты.
117. Ал экөөнө Биз түшүнүктүү Жазууну да бердик.
118. Ал экөөсүн Туруктуу жолго баштадык.
119. Биз ал экөөсүн акыркы калайыктын ичинде калтырдык.
120. «Муса менен Харунга саламатчылык болсун!»
121. Биз жакшылык кылгандардын акыбетин ушинтип беребиз!
122. Экөөсү тең Биздин ыймандуу кулдарыбыздан болчу!
123. ...Илйас да Биздин элчи-пайгамбарларыбыздын бири эле.
124. Бир убакта ал калкына айтты: «Силер (Алладан) коркпойсуңарбы?
125. Силер Баалга сыйынасыңарбы? Өзүңөрдүн Сүйүктүү Жараткан Эгеңерди таштап коёсуңарбы?
126. Өзүңөрдүн Эгеңер Алланы, оболку ата-бабаларыңардын Эгесин таштайсыңарбы?»
127. Алар аны жалганчы кылышты. Алар (кыямат күнү) чогулушат.
128. Алардан башка калыс кулдарыбыз да бар болчу.
129. Биз аларды акыркы калайыктын ичинде калтырдык.
130. «Илйаска саламатчылык болсун!»
131. Биз жакшылык кылгандардын акыбетин ушинтип беребиз!
132. Ал Биздин ыймандуу кулдарыбыздын бири болчу!
133. ...Лут да Биздин элчи-пайгамбарларыбыздын бири эле.
134. Бир убакта Биз аны, анын бардык үй-бүлөсүн куткардык.
135. Анын картаң аялы гана кутулбай артта калды.
136. Ошондон кийин Биз аларды тегиз кыйраттык.
137. Силер күндүзү алардын (калаасынын) жанынан өтүп жүрөсүңөр.
138. Түндө деле өтөсүңөр. Акыл жүгүртпөйсүңөрбү?
139. ...Йунус да Биздин элчи-пайгамбарларыбыздын бири эле.
140. Бир убакта ал (калкына ачууланып) жүк тарткан кемеге түшүп качкан.
141. Төлгө салганда ал жеңилди.

142. Ал жемеге калганда (деңизге боюн таштап), кит аны жутуп кетти.
143. Ал тасбих айткандардан болбосо,
144. Анда кайра тирилген (кыямат күнгө) чейин анын курсагында калат эле.
145. Биз аны такыр жерге сүрүп чыгардык. Ооруп да калган болчу.
146. Ага Биз көлөкө түшүргөн йактын дарагын өстүргөнбүз.
147. Биз аны жүз миңден ашык калайыкка жөнөткөн элек.
148. Алар ыйманга киришти. Биз алардын (жашоо тиричилигинин) пайдасын бир мезгилге чейин узарттык.
149. Алардан сура: «Силердин эгеңердин кыздары барбы? Тигилердики уулбу?»
150. Биз периштелерди ургаачы кылып жараттык беле? Алар буга күбө болуп туруштубу?
151. Жок! Алар жалганды эле ойлоп айтып жатышат:
152. «Алланын деле баласы бар экен!» Алар жалган айтып жатышат.
153. (Алла) Өзүнө балдардын ордуна кыздарды тандаган бекен?
154. Силерге эмне болгон? Кандай өкүм кылып жатасыңар?
155. Эсиңерге келбейсиңерби?
156. Же силердин буга далилиңер барбы?
157. Эгер чын айтып жатсаңар Жазууңарды алып келгиле!
158. Алар Аны (Алла) менен жиндерди да тууган кылып жатышат. А жиндер болсо өздөрүнүн азапка даярдалганын да билишет.
159. Субханалла! Ал алар сыпаттагандан да бийик!
160. Алардан башка Алланын калыс кулдары да бар.
161. «Силер да, силер кулдук кылып жаткандар (буркандар) да,
162. Ага каршы тура албайсыңар.
163. Тозокко күйө тургандарды гана азгыра аласыңар.
164. (Периштелер айтышты): «Биздин ар биребиздин белгилүү орудубуз бар.
165. Биз сап тартып турабыз.
166. Биз тынбай тасбих айтып турабыз».
167. Алар айтып жатышат:
168. «Эгер бизге оболдон эскертилип келген болсо,
169. Анда биз Алланын калыс кулдары болот элек».
170. Алар ага (Куранга) ишенбей коюшту. Жакында билишет.
171. Биздин Сөзүбүз жиберилген кулдарыбыз аркылуу мурда эле жеткен болчу.
172. Аларга жардам да (учурунда) берилген.
173. Аларды жеңе турган Биздин аскерибиз да бар.
174. Аларды бир мезгилге чейин таштап кайт.
175. Аларга карап тур. Жакында алар да көрүшөт!

176. Алар Биздин азабыбыздын келишин шаштырышып жатабы?

177. А эгер ал алардын аймагына түшчү болсо, анда эскертилгендерге таң заарда жаман болот!

178. Аларды бир мезгилге чейин таштап кайт.

179. Карап тур. Алар (муну) көрүшөт!

180. Субханалла! Ал алар сыпаттагандан да бийик!

181. Элчи-пайгамбарларга саламатчылык болсун!

182. Аламдардын Эгеси Аллага шүгүр!

38. САД СҮРӨӨСҮ[1]

САД

Бисиллахиррахманиррахим

1. Сад. Куранды (күбө кылып), андагы эскертүүлөрдү (күбө кылып) касам берем!

2. Ырас! Капырлар текеберлик кылып да, бөлүнүшүп да жатышат.

3. Аларга чейин Биз нечендеген муундарды кыйратпадыкпы! Алар тобо кылышты. Бирок, кача турган жер да, убакыт да жок эле.

4. Өздөрүнөн аларга бир эскертүүчү келсе таң калышты. Капырлар айтышты: «Бул сыйкырчы да, жалганчы да экен!

5. Кудайлардын баарысын бир эле Кудай кылып салабы? Бу кызык иш болду!»

6. Алардан улуктары тарап жатканда айтышты: «Бара бергиле! Кудайларыңарга (бекем туруп) сабыр кылгыла! Ал бир нерсени каалап жатат.

7. Биз мындайды кийинки акыркы динден (христианчылыктан) деле укпаптырбыз. Бул – куру ой, башка эмес.

8. Биздин ичибизден ага эле эскертүү түштүбү?» Жок! Алар Менин эскертүүмө шек кылышып жатат. Алар али Менин азабымды жей элек!

9. Же алар сенин Улук Берешен Эгеңдин рахмат казынасына ээ болуштубу?

10. Же алардын (жети кат) асман менен жерге, алардын арасындагыларга (өкүм кылгыдай) бийлиги барбы? Алар аркан менен чыгып да көрүшсүн!

11. Алар ошол жерде жеңилген аскерлерден калган кошуундар болчу.

12. Аларга чейин Нухтун калкы да, Ад (калкы) да, казыктар ээси Фараон да жалганга чыгарган.

13. Самуд (калкы) да, Луттун калкы да, Ал-Айканын тургундары да жалганга чыгарган. Булардын баарысы кошуундар болчу.

14. Алардын ар бири элчи-пайгамбарларды жалганчы кылышты. Аларга Менин азабым ачык жетти!

15. Алар бир чаңырыктан башканы күтпөй жатышат. Аны кайтарганга да болбойт!

16. Алар айтышты: «Эгебиз! Эсептешер күнгө калтырбай эле Биздин (азабыбызды) тез бере бер!»

17. Алар эмне десе да күтө бер. ...Биздин күч-кубаттуу кулубуз Даудду эскер. Ал тобо кылган болчу.

18. Биз ага тоолорду баш ийдирдик. Аны менен бирге эртели-кеч тасбих айтышат эле.

19. Канаттууларды да (ага баш ийдирдик). Баарысы ага кайрылышчу.

20. Биз ага бекем бийликти да, даанышмандыкты да, сөз өкүмүн да бердик.

21. Талаш-тартыш менен келгендердин кабары сага жеттиби? Алар дубалдан ашып мээрепке жетишти.

22. Ошентип Даудка кирип келишти. Ал алардан чоочуп да кетти. Алар айтышты: «Коркпо! Биз талаш-тартыштагы эки кишибиз. Бири бирибизге дооматыбыз бар. Биздин ортобузга акыйкат өкүм чыгар. Адилетсиздик кылба. Бизди түз жолго сал.

23. (Алардын бири айтты): «Бул – менин иним. Анын токсон тогуз соолук коюу бар, мени бирөө эле. Ал айтып жатат: «Аны да мага өткөрүп бер! Анын сөзү менден бийик келди».

24. (Дауд) айтты: «Сенин иниң сенин коюңду койлоруна (кошуп алыш үчүн) сурап залимдик кылган экен. Көп эле жоро-жолдоштор бири-бирине кара ниеттик кылышат. Ыйманга киргендер менен жакшы иштерди жасагандар эле мындай эмес. Бирок, андайлар аз». Биздин сынап жатканыбыз Дауддун оюна түштү. Эгесинен кечирим тилеп жалбарды. Ийилип сажда кылды. Тобо кылган болчу.

25. Биз анын ошол (ишин) кечирдик. Бизге анын жакындыгы бар. Кайра келчү (акырет жайы да) жакшы.

26. Эй, Дауд! Биз сени жер бетиндеги (жашооңдо) өкүмдар кылдык. Калайыктын арасында акыйкат өкүм жүргүз. Көңүл азгырыгына ээрчибе. Андай болсоң Алланын жолунан адашасың! Жолдон адашкандарга эсеп берчү күндү унутушкандары үчүн катуу азап бар!

27. Биз (жети кат) асман менен жерди, ал экөөнүн арасындагыларды капырлар ойлогондой бекер жараткан эмеспиз. Капырларга даярдалган Тозоктун оту өкүнүч!

28. Ыйманга киргендерди, жакшы иш кылгандарды жер бетинде бузукулук тараткандардай кылабызбы? Же такыбаларды ыпыластардай кылабызбы?

29. Биз сага Ыйык Жазууну түшүрдүк. Анын аяттарына ой жүгүртүшсүн. Акыл ээлери эстеп жүрүшсүн.

30. Биз Даудка Сулайманды бердик. Ал (Аллага) тобо кылган абдан жакшы кул!

31. Бир убакта кечке маал ага туйлаган аргымактар көрсөтүлдү.

32. Ал айтты: «Мен Эгемди эстегендин ордуна жакшы (аргымактарга) кызыгып кеткен экем да! Күн да батып кетиптир!

33. Аларды мага кайтарып алып келгиле!» Ал алардын моюндарынан, буттарынан сылай баштады.

34. Биз Сулайманды сынадык. Анын тактысына (бир) денени таштадык. Ошондон кийин ал тобо кылды.

35. Ал айтты: «Эгем! Мени кечир! Мага менден кийин эч бирөөгө берилбеген бийлик (салтанатынын бир үлгүсүн) бер. Сен тилекти Берүүчү Кудайсың!»

36. Биз ага шамалды баш ийдирдик. Ал анын буйругуна баш ийип, анын каалаган жагына карай жумшак согот эле.

37. Шайтандардын да ар кандай курулушчулары менен суучулдарын (ага баш ийдиргенбиз).

38. Алардан башка да ээн баш (жин-шайтандардын мойнуна) кишен салып (баш ийдирдик).

39. Биздин ага бергенибиз (ушундай) болчу. (Сага берилген) эсепсиз байлыкты (каалагандарыңа) бер, же өзүң карма (дегенбиз).

40. Бизге анын жакындыгы бар. Кайра келчү (акырет жайы да) жакшы.

41. ...Биздин кулубуз Аййубду да эскер. Бир убакта ал Эгесине жалбарды: «Мени кыйнаган азапка салып шайтан тооруду!»

42. (Биз ага жооп бердик): «Бутуң менен жерди теп! Бул (сенин дартыңдын шыпаасы үчүн) иче турган, жууна турган муздак суу.

43. Биз ага Өз ырайымыбыз менен акыл ээлери эстеп жүрө тургандай (сабак) болсун үчүн үй-бүлөсүн да, алардын мисалындай кылып дагы да кошуп бердик.

44. (Биз ага айттык): «Колуңа бир тутам (чөптү) ал. Аны менен аялыңды ур. (Берген антыңды) бузба!» Биз анын сабырдуу экенине күбө болдук. Ал (Аллага) тобо кылган жакшы кул болчу!

45. Биздин кулдарыбыздан Ибрахимди да, Исхакты да, Йакубду да эскер. (Алар) эркн бекем, зирек (пенделер) эле.

46. Биз аларды (акырет) жайын калыс эскерген калыс пенделерден кылдык.

47. Алар – Биздин тандап алган эң жакшыларыбыз.

48. ... Исмаилди да, Аль-Йасаны да, Зул-Кифлди да эскер. Баарысы эле жакшы болчу.

49. Бул (Куран) – (сага келген) эскертүү. Такыбалардын кайтып барчу жайы абдан жакшы.

50. Аларга (кыямат күнү) Адну Бейишинин эшиктери ачылат.

51. (Сөөрүлөрдө) сүйөнүп отурушат. Алар ар кыл көптөгөн жемиштер менен суусундуктардан сурап (иче беришет).

52. Алардын анда көздөрүн бекем сактаган курдаш үр кыздары да бар.

53. Эсеп күнүндө силер үчүн ушулар убада кылынган.

54. Биздин бул ырыскыларыбыз эч качан түгөнбөйт!

55. Ушундай! А күнөөкөрлөр үчүн кайтып барчу жайы абдан жаман.

56. Жайы Тозок! Алар анда отко күйүшөт. Ал орун кандай жаман!

57. Ушундай! (Алар анда) азабын жей беришсин! Аларга кайнаган ириңден ичимдиктер бар.

58. Башка да ушуга окшогон түр-түрү бар.

59. (Тозоктогулар бири-бирине өз ара айтышат): «Бул топ силер менен киргендер». (Аларга алдыңкы киргендер жооп айтат): «Аларга (мында) куш келипсиңер дей тургандар жок. Алар отко күйүшөт!»

60. Алар айтышат: «Жок! Тескеричинче, силерге куш келипсиңер дей тургандар жок! Бизди (Тозокко) силер даярдагансыңар! Бул жер абдан жаман жай экен!»

61. Алар (дагы) айтышат: «Эгебиз! Бизди буга түрткөндөрдүн оттогу азабын дагы көбөйт!»

62. (Беркилер) айтышат: «Бизге эмне болгон? Начар деп эсептеген кишилерди (бечара-кембагалдарды мында) көрбөй жатабыз.

63. Биз аларга эмнеге күлдүк экен? Же аларды (мында) көрбөй жатабызбы?»

64. Акыйкаты ушундай. Тозокулар бири-бири менен жаңжал кылышат.

65. Айт: «Мен (бар болгону) эскертүүчүмүн. Алладан башка бир да Кудай жок. Жалгыз Кудай да, Каардуу да Ал Өзү!

66. Кечиримдүү да, Улук да, (жети кат) асман менен жердин да, ал экөөсүнүн арасындагылардын Эгеси да Ал Өзү!»

67. Айт: «Бул (Куран) – улуу кабар.

69. Алар талашып жатканда менде Улук Жамаат[2] тууралуу билим деле жок болчу.

70. Мага (Алладан) жашыруун кабар келип жатат. Мен аны ачык эскертип (жеткирип) жатам».

71. ...Бир убакта сенин Эгең периштелерге айтты: «Мен адамды топурактан жаратам.

72. Мен аны теңдештиргенимде рухумду (жанды) үйлөп киргизем. Ошондон кийин ага сажда кыласыңар».

73. Периштелердин баарысы сажда кылышты.

74. Иблистен башкасы. Ал текеберлик кылды. Капырлардын бири болду.

75. Ал (Алла) айтты: «Эй, Иблис! Өз колум менен Менин жаратканыма сенин сажда кылбашыңа эмне тоскоол болду? Текеберлик кылдыңбы? Же өзүңдү бийик көрдүңбү?»

76. (Иблис) айтты: «Мен андан жакшымын. Сен мени оттон жараттың. Аны ылайдан жараттың».

77. (Алла) айтты: «Андан чык! Сен ташбараңга калдың.

78. Менин сага кыямат күнгө чейин каргышым болсун!».

79. (Иблис) айтты: «Эгем! Алар тирилген күнгө чейин мага мөөнөт бер».

80. (Алла) айтты: «Сен мөөнөт алгандардын бирисиң.

81. Убактысы белгиленген күнгө чейин».

82. (Иблис) айтты: «Сенин Улуктугуң менен ант берем! Мен алардын баарысын азгырам.

83. Сенин калыс кулдарыңдан башкасын!»

84. (Алла) айтты: «Акыйкатты, ак сөздү айтам!

85. Мен тозокту сени (баш кылып), сени ээрчигендердин баарысын жыйып толтурам!»

86. Айт: «Мен силерден буга акы сурабайм. Мен бирөөлөргө кепил да боло албайм».

87. Бул (Куран) – ааламдар үчүн эскертүү.

88. Бир мезгилден кийин силер анын кабарын да билесиңер».

39. ЗУМАР СҮРӨӨСҮ[1]

КЫЯМАТ КҮНКҮ КАЛАЙЫКТАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. (Бул) Улук, Даанышман Алладан түшкөн Жазуу.

2. Биздин сага Жазууну түшүргөнүбүз ак. Аллага кулдук кыл. Анын динине калыс (кир).

3. Ырас! Алланын дини калыс! Андан башканы колдоочу кылып алгандар (айтып жатышат): «Биз аларга бизди Аллага жакын кылсын деп кулдук кылып жатабыз». Алла алардын ортосундагы талаш-тартыштардын өкүмүн чыгарат. Алла жалганчы капырды Туура жолго салбайт.

4. Эгер Алла Өзүнө бала алышты кааласа, анда Ал Өзү каалагандай жаратып тандап алар эле. Субхана! Алла Өзү Каардуу Жалгыз Кудай!

5. Анын (жети кат) асман менен жерди жаратканы – ак! Ал түндү күнгө оодарат, күндү түнгө оодарат. Ал Күн менен Айды баш ийдирди. Ар бири белгиленген мөөнөткө чейин жылып бара берет. Улук да, Кечиримдүү да Ал Өзү!

6. Ал силерди бир жандан[2] жаратты. Андан кийин анын жубайын[3] жаратты. Ал силерге жуп болгон сегиз туяк мал[4] берди. Ал силерди жараткандан кийин да энелериңердин жатынында үч караңгылыкта жаратат. Силердин Эгеңер Алла ушундай. Бийлик Аныкы. Андан башка Кудай жок. Кантип силер баш тартып жатасыңар?

7. Силер ишенбесеңер деле Алла буга муктаж эмес. Кулдарынын капырлыгына Ал ыраазы болбойт. А эгер силер Ага шүгүр кылсаңар, анда Ал силерге ыраазы болот. Бирөө башка бирөөнүн жүгүн (күнөөсүн) көтөрбөйт. Кийин Эгеңерге кайтышыңар да бар. Ал силерге жасаган ишиңердин кабарын берет. Ал көкүрөктөгүлөрдү да билет.

8. Инсанга бир кырсык жетсе, тобо кылып Эгесине жалбара баштайт. Андан кийин Ал ага бак-таалай берсе, ал мурда жалбарып кылган тобосун да унутат. Аллага да (буркандарды) теңдештирип, Анын жолунан (башкаларды да) адаштыра баштайт. (Инсанга) айт: «Капырлыгыңды аз да болсо пайдаланып кал. Сен Тозок тургундарынын бирисиң!»

9. (Ушундай капыр жакшыбы), же (Аллага) моюн сунуп түн ичинде сажда кылган, тик туруп (намаз окуган), акыреттин (азабынан) сактанган, Эгесинин ырайымын үмүт кылган пендеби? Айт: «Билгендер менен билбегендер тең боло алабы? Акыл ээлери гана (муну) эстешет.

10. (Алланын айтканын) айт: «Эй, Менин ыймандуу кулдарым! Алланын (азабынан) сактангыла! Бул дүнүйөдө жакшылык кылгандарга жакшылык болот. Алланын жери кенен. Сабыр кылгандарга акысы эсепсиз берилет!»

11. Айт: «Мен Аллага кулдук кылышка, Анын динине калыс киришке буйрук алдым.

12. Мен биринчи мусулман болушка да буйрук алдым».

13. Айт: «Мен эгер Эгемди укпай койсом, (анда мага жетчү) улуу күндүн азабынан корком».

14. Айт: «Мен Аллага гана кулдук кылам. Динимде ага калысмын.

15. Силер Аны таштасаңар каалаганыңарга кулдук кыла бергиле!» Айт: «Кыямат күнү кусур кылгандардын кусуру өздөрүн да, үй-бүлөсүн да урат. Мына ушул ачык кусур эмеспи!

16. Алар үчүн оттон үстүнө жамынчысы, алдына төшөнчүсү бар. Алла кулдарына ушуну (эскертип) коркутуп жатат: «Эй, Менин кулдарым! Менин азабымдан сактангыла!»

17. Буркандарга кулдук кылыштан баш тартып Аллага тобо кылгандар үчүн сүйүнүчтүү кабар бар. Кулдарыма сүйүнчүлө.

18. Алар сөздү угуп жатышат, анын эң жакшысына ээрчип жатышат. Аларды Алла Туура жолго салды. Алар акыл-эстүү пенделерден болду.

19. Кимдир бирөөгө азабы тууралуу акыйкат сөз айтылган болсочу? Сен Тозок отундагыны куткара аласыңбы?

20. Эгесинен коркондор үчүн (Бейиште) кабат-кабат бөлмөлүү үйлөр бар. Алардын алдыларынан дарыялар агып турат. (Буга) Алланын убадасы бар. Алла убадасын бузбайт!

37. Алла кимди Туура жолго салса, аны адаштыруучу да жок. Алла Өч алуучу, Улук Кудай эмеспи?

38. А эгер сен алардан «(Жети кат) Асман менен жерди ким жараткан?» – деп сурасаң, алар: «Алла», – деп айтышат. Айт: «Алланын ордуна сыйынганыңарды карап көрдүңөрбү? Эгер Алла мага бир кырсыкты кааласа, алар мени ал кырсыктан куткара алабы? Же Ал мага бир рахматын кааласа, алар аны токтотуп коюша алабы?» Айт: «Мага Алла – кепил. Тобокел кылгандар Ага тобокел кылышсын!»

39. Айт: «Эй, калкым! Мүмкүнчүлүгүңөргө жараша амалыңарды кыла бергиле! Мен да ишимди кыла берем! Жакында силер билесиңер.

40. Кор кылган азап кимге келет. Туруктуу азап кимге келет».

41. Биздин сага (жалпы) калайык үчүн Жазууну түшүргөнүбүз ак! Ким Туура жолдо кетсе өзүнө, а ким адашса, анын адашканы өзүнө; сен аларга жоопкер эмессиң.

42. Алла алардын жанын өлөр учурунда (чыгарып) алып кетет. Ал эми өлө электериникин уйкусунда алат. Өлүмгө өкүм болгондорун кайра кайтарбастан алып кетет. Башкаларыныкын ажалы жеткенге чейин (кайтарып) жиберип турат. Мында акыл жүгүрткөндөр үчүн аяттар бар!

43. Алар Алланын ордуна башка колдоочуларды алыштыбы? Айт: «Аларынын бийлиги болбосо делеби? Акылдары болбосо делеби?»

44. Айт: «Баарысын Алла эле колдойт. (Жети кат) Асман менен жердин бийлиги Аныкы. Кийин Ага кайрылып барасыңар».

45. Эгер бир эле Алланын аты зикир кылынса, анда акыретке ишенбегендердин жүрөктөрү сыгыла баштайт. А эгер Анын ордуна башка (буркандарга) зикир кылынса, анда алар сүйүнүп кетишет.

46. Айт: «Оо, Алла Таала! Кайып сырларды да, ашкерени да Билүүчү, асман-жерди Жараткан! Кулдарыңдын ортосундагы талаш-тартыштарга Сен Өзүң өкүм чыгарасың».

47. Эгер залимдерде жер бетиндеги (байлыктын) баарысы болуп, анын үстүнө дагы ошончо (болсо), кыямат күнү азаптын жамандыгынан (кутулуш үчүн) аларды төлөм катары бергиси келет эле. Алладан алар үчүн ойлоруна келбеген азап ачыкка чыгат.

48. Алардын кылган жаман иштери да ачыкка чыгып келет. Алардын шылдың кылгандары өздөрүнө жетти.

49. Инсанга бир кырсык жетсе, ал Бизге жалбарат. А эгер Биз анысын бак-таалайга алмаштырсак, анда ал айтат: «Бул мага билимимден улам берилди». Жок! Ал (деле ага) бир сыноо. Бирок алардын көпчүлүгү эле (муну) билишпейт.

50. Мындайды алардан мурдагылар да айтышкан. Алардын кылган иштери аларды куткарган жок.

51. Алардын жасаган жаман иштери өздөрүнө тийди. Алардын ичиндеги залимдеринин жасаган жаман иштери да жакында өзүлөрүнө тийет. Алар андан кутулуп кете алышпайт.

52. Алар Алла кимге кааласа ырыскыны кенен-кесир беришин билишпейби? (Кааласа) чени менен берет. Мында ыймандуу пенделерге аяттар да бар.

53. (Алла айтты деп) айт: «Эй, Менин өздөрүнө ашыкча ысырапкерчилик кылган кулдарым! Алланын ырайымынан үмүт үзбөгүлө! Алла бардык күнөөлөрдү кечирет. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Ал Өзү!

54. Эгеңерге тобо кылгыла. Ага азап келе электе мурун моюн сунгула. Андан кийин жардам берилбейт.

55. Эгеңерден силерге түшүрүлгөн (Курандагы) жакшы (насааттарга) силерге азап капыстан жетип келгенге чейин ээрчигиле. Силер (анын келгенин да) сезбей каласыңар.

56. Анткени, ар бир жан «Оо, катыгүн! Мен Алланы нааразы кылган экенмин! Мен маскара кылып күлгөн экенмин» – деп калбашы керек.

57. Же, (дагы бири) «Эгер Алла мени Туура жолго салса, такыбалардын бири болот элем да» – деп калбашы керек.

58. Же, (дагы бири) азапты көргөн учурда «Эгер кайра (жашоого) кайтсам жакшы иш кылар элем!» деп калбашы керек».

59. Жок! Сага менин аяттарым келген болчу. Сен аларды жалганга чыгардың, текеберлик кылдың. (Ошентип), капырлардын бири болдуң.

60. Кыямат күнү Аллага жалган сүйлөгөндөрдүн жүзү карайып кеткенин көрөсүң. Текеберлик кылгандардын жайы Тозокто эмеспи?

61. Алла такыбалык кылгандарды жеңишке жеткирип (азаптан) куткарат. Аларга жамандык жетпейт. Алар кайгыга да калбайт.

62. Бардык нерсени Жаратуучу Алла Өзү. Баарысын Колдоочу да Ал Өзү.

63. (Жети кат) Асман менен жердин ачкычтары (сырлары) Анын Өзүндө. Алланын аяттарына ишенбегендер бар. Алар – кусур ургандар.

64. Айт: «Эй, наадандар! Алладан башкага кулдук кылышты буйруп жатасыңарбы?»

65. Сага да, сага чейинки (элчи-пайгамбарларга) да (ушундай) жашыруун кабар берилген болчу: «Эгер сен (Аллага) шерик кошо турган болсоң, анда кылган иштериңдин (акыбети) текке кетет. Анда кусур ургандардын бири болосуң».

66. Жок! Сен Аллага кулдук кыл! Шүгүр кылгандардан бол!

67. Алар Алланы чындап кадырлай алышкан жок. Кыямат күнү бүткүл жер Алланын алаканында болот. (Жети кат) Асман да түрүлүп Анын колунда болот. Субхана! Ал алардын кошкон шериктеринен Улук.

68. Сурнай тартылат. Асмандагылар менен жердегилерден Алла каалабагандардын (баарысы чагылган ургандай көз ачып жумгуча) өлөт. Андан кийин дагы бир жолу сурнай тартылганда (баарысы) тик туруп күтүп турушат.

69. (Кыямат күнү) Эгеңдин нуру Жерди жарык кылат. Жазуу (алардын алдына) коюлат. Пайгамбарлар менен күбөлөр келтирилет. Алардын ортосундагы өкүмдүн акыйкаты чыгат. Аларга зулумдук кылынбайт.

70. Ар бир жанга жасаган ишине ылайык жаза берилет. Ал (Алла) алардын эмне кылганын жакшы билет.

71. (Кыямат күнкү калайыктардан) капырлары топ-тобу менен Тозокко айдалат. Алар жетип келишкенде аларга Тозоктун эшиктери ачылат. Аларга анын сакчылары айтышат: «Силерге Эгеңердин аяттарын окуп берген элчи-пайгамбарларыңар келген жок беле? Алар силерге бул жолугуша турган күнүңөрдү эскертишти беле?» Алар айтышат: «Ооба, (эскертишкен)». Ырас болду! Капырларга азап тууралуу айтылган сөз акыйкатына чыкты.

72. Аларга айтылат: «Тозоктун эшиктеринен киргиле! Анда түбөлүк каласыңар». Текеберлик кылгандардын жайы кандай жаман!

73. (Кыямат күнкү калайыктардан) Эгесинен корккон такыбалар топ-тобу менен Бейишке карай айдалат. Алар ага келишкенде алардын эшиктери ачылат. Анын сакчылары айтышат: «Салам алэйкум! Силер тазаландыңар! Мында түбөлүк калыш үчүн киргиле!»

74. Алар айтышат: «Аллага шүгүр! Анын бизге берген убадасы чын экен. Бизди Бейиш жерине каалаганыбыздай жайгаштырып мураскор кылды». Кылган иштеринин акыбети кандай жакшы болду!

75. (Ошондо) Аршты курчап турган периштелердин Эгесин даңктап тасбих айтып турганын көрөсүң. Аларга (сурак бергендерге) акыйкат өкүм чыгат. (Ыймандуу пенделер) айтышат: «Ааламдардын Эгеси Аллага шүгүр!»

40. МУМИН СҮРӨӨСҮ[1]

ЫЙМАНДУУ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Ха, Мим.

2. (Бул) Билүүчү, Улук Алладан түшкөн Жазуу.

3. (Ал) – күнөөлөрдү Кечирүүчү, тоболорду Кабыл кылуучу, азабы катуу, берекеси чексиз Кудай. Андан башка Кудай жок. Ага кайтып барыш бар.

4. Алланын аяттары тууралсында капырлар эле талаш-тартыш кылышат. Шаарларды кезип жүргөндөр сени азгырып кетпесин.

5. Аларга чейинки Нухтун калкы да, алардан кийинки калайыктар да (Биздин аяттарыбызды) жалганга чыгарышкан болчу. Ар бир калайык өз пайгамбарын кармап (жазалашты) ойлогон. Алар акыйкатты жалган

деп бурмалап жаңжал кылышчу. (Ошондо) Мен аларды кармадым. Менин азабым аларга кандай болду!

6. Ошентип, Эгеңдин сөзү алар үчүн акыйкатка чыккан. Алар Тозок отунун тургундары болчу!

7. Аршты көтөргөн периштелер да, аны айланта курчаган периштелер да Эгесин даңктап тасбих айтып турушат. Алар Ага бекем ишенишет. Алар ыймандуу пенделерге да (ушинтип) кечирим тилешет: «Эгебиз! Сенин рахматың да, илимиң да бүт баарысына толук жетет. Тобо кылгандарды жана Сенин жолуңа зэрчигендерди кечир! Аларды Тозок азабынан сакта!

8. Эгебиз! Сен аларды Адну Бейишине киргиз. Сен аны аларга, алардын ата-бабалары менен урпактарынан кимиси жакшы иштерди жасаган болсо убада кылгансың. Улук да, Даанышман да Сен Өзүңсүң!

9. Аларды жаман иштерден сакта. Сен кимди жаман иштерден сактасаң, ага кыямат күнү сөзсүз ырайым кыласың. (Алар үчүн) улуу жеңиш ушул!»

10. Капырларга (периштелер) кыйкырышат: «Силердин өзүңөрдү өзүңөр жек көргөнүңөрдөн да Алланын силерди жек көргөнү аябай чоң. Анткени, силерди ыйманга чакырса да болбой капыр болуп кеткенсиңер!»

11. Алар айтышат: «Эгебиз! Сен бизди эки жолу өлүк кылдың, эки жолу тирилттиң. Биз күнөөлөрүбүздү мойнубузга алдык. (Мындан) чыга турган жол барбы?»

12. Силердин (азабыңардын себеби) ушундай: Алланын бир Өзүнө (кулдук кылышка) чакыруу болгондо капыр болуп кеттиңер. А эгер Ага шерик кошкон болсо ишендиңер. (Эми мунун) өкүмү Бийик Алланын, Улук Алланын Өзүндө.

13. Ал силерге Өзүнүн аяттарын көрсөтүп жатат. Силерге асмандан ырыскы түшүрүп жатат. (Муну) тобо кылгандар эле эстешет.

14. Мүшүрүктөрдүн жек көргөнүнө карабай Аллага сыйынгыла. Анын динине калыс киргиле.

15. Даражаларды көтөрүүчү (Алла) – АрштынЭэси. Ал Өз буйругу менен Рухту кимге кааласа түшүрөт. Анткени, ал (пайгамбар) жолугуша турган күндү (калайыкка) эскертиши керек.

16. Ал күнү алар (тирилип) чыгып келишет. Аллага алардын эч бир нерсеси купуя калбайт. (Аларга айтат): «Бүгүн бийлик кимдики? Жалгыз Каардуу Алланыкы!»

17. Бүгүн ар бир жан жасаган ишине жараша (адилет) жазаланат. Бүгүн зулумдук жок. Алланын эсеби тез!

18. Аларга келер күндү эскерт. Ал учурда ачуусу тыйылгандардын жүректеру алкымына тыгылат. Залимдердин досу да, ийилген колдоочусу да болбойт.

19. Ал (Алла) кыянатчы көздөрдү да, көкүрөктөгү сырларды да билет.

20. Алла акыйкат өкүм чыгарат. Алардын Анын ордуна сыйынгандары эч нерсени чече албайт. Угуучу да, Көрүүчү да Алла Өзү!

21. Алардан мурункулардын акыбети кандай болгонун алар Жер бетин кыдырып көрүшкөн жокпу? Алар алардан да күч-кубаттуу, Жер бетинде калтырган издери да алардан артык болчу. Алла аларды күнөөсүнөн улам кармады. Алладан сактап кала турган коргоочусу да болбоду.

22. Анткени, аларга элчи-пайгамбарлары ачык далилдер менен келишип жатса деле капырлык кыла беришти. Аларды Алла (ушундан улам) кармады. Ал азабы катуу Күчтүү Кудай.

23. ...Биз Мусаны аяттарыбыз менен бирге ачык бийлик берип жөнөттүк.

24. (Аны) Фараонго, Хаманга жана Карунга (жөнөткөнбүз). Алар айтышты: «(Бул) алдамчы сыйкырчы экен!»

25. Ал аларга барганда Биздин акыйкатты келтирген болсо да, айтышты: «Ага ишенгендердин балдарын өлтүргүлө да, аялдарын тирүү калтыргыла!» Капырларды амалкөйлүгү адаштырат.

26. Фараон (жан-жөкөрлөрүнө) айтты: «Мени жөн койгула. Мен Мусаны өлтүрөм. Эгесин чакырсын! Аны диниңерди өзгөртөбү деп, же жер бетине бузукулук таратабы деп коркуп турам!»

27. Муса айтты: «Мен өзүмдүн жана силердин Эгеңерге кыямат күндүн эсебине ишенбеген ар кандай текеберден мени коргошун тилейм!»

28. Фараондун туугандарынан ыйманын жашырып жүргөн бир ыймандуу киши айтты: «Силер менин Эгем Алла деген кишини эле өлтүрөсүңөрбү? Ал силердин Эгеңерден ачык далилдер менен келбедиби? Эгер ал жалганчы болсо жалганы өзүнө болсун; а эгер ал туура айтуучу болсо, анда силерге анын (айткан) убадасы жетпей койбойт. Алла чектен чыккан жалганчыны Туура жолго салбайт!

29. Эй, калкым! Бүгүн силердин жер бетинде (башкалардын) үстүнөн да бийлигиңер бар. А эгер Алладан бир кырсык келсе бизге ким жардам берет?» Фараон айтты: «Мен эмнени (туура) көрсөм аны силерге да көрсөтөм. Мен силерди туура жолго баштайм».

30. Ыймандуу киши (дагы) айтты: «Эй, калкым! Мен силерди мурдагы калайыктарга окшойсуңарбы деп коркуп турам.

31. Нухтун калкына жана Ад (калкы) менен Самуд (калкына), алардан кийинкилердин ишине окшош. Алла кулдарына зулумдукту каалабайт.

32. Эй, калкым! Мен силердин бири биринерди чакырган күндөн корком.

33. Ал күнү артыңарга бурулуп качасыңар. Силерди Алладан эч бир коргоп калуучу да болбойт. Алла кимди адаштырса, аны Туура жолго салуучу да жок.

34. Мурда эле силерге Йусуф ачык далилдер менен келген болчу. Ал эмне менен силерге келсе, силер андан тайып күмөн кыла бердиңер. Ал өлгөндө да айткансыңар: «Алла андан кийин бир да элчи-пайгамбар жиберет!

бербейт!» Ким чектен ашып күмөн кылчу болсо, Алла ушинтип адаштырып салат!

35. Алар Алланын аяттары туурасында эч бир бийлиги жок эле талаш-тартыш кылып жатышат. Алланын да, ыймандуу пенделердин да (мындай талаш-тартыштарга) жийиркеничи бар. Алла ар бир мыкаачы текебердин жүрөгүн жаап бекитип таштайт!»

36. Фараон айтты: «Эй, Хаман, мага бир мунара кур. Балким, мен жолду таап жетем.

37. Асмандардын жолдоруна (жетип барып) Мусанын кудайын карап көрөйүн. Мен аны жалганчы деп ойлоп жатам». Фараонго кылган иши ажайып кооз көрсөтүлгөн болчу. Анын жолу тосулду. Фараондун айла-амалы кыйрагандан башка пайда да берген жок.

38. Ыймандуу киши (дагы) айтты: «Эй, калкым! Мени ээрчигиле! Мен силерди Туура жолго баштайм.

39. Эй, калкым! Бул дүнүйөлүк жашоонун (убактылуу эле) пайдасы бар. Акырет гана тура турган (түбөлүк) жай.

40. Ким жаман иш жасаса, жазасы да ошондой. А ким жакшылык иштин жасаса, эркек болобу, аял болобу, ал анда ыймандуу пенде. Булар Бейишке киришет. Аларга эсепсиз ырыскылар да берилет.

41. Эй, калкым! Мен силерди кутулушка чакырып жатам. Силер мени (тозок) отуна чакырып жатасыңарбы?

42. Силер мени Аллага капыр болушка, Ага шерик кошушка чакырып жатасыңар. Менде мындай илим да жок. Мен силерди Кечиримдүү, Улук Кудайга чакырып жатам.

43. Силердин мени чакырып жатканыңардын (буркандарыңардын) дүнүйөдө да, акыретте да чакырыгы жок экенине эч бир күмөн жок. Биз үчүн Аллага кайтып барыш бар. Чектен чыккандар – Тозок отунун тургундары!

44. Мен эмне айтсам жакында эстейсиңер. Мен ишимди Аллага тапшырдым. Кулдарын Көрүүчү да Алла Өзү!»

45. Алла аны алардын кылган айла-амалдарынын жамандыктарынан сактады. Фараондун жек-жааттарын кылган жамандыктарынын азабы жайлады.

46. Аларды отко эрте менен да, кечинде да бетме-бет алып келишет. А кыяматтын сааты келгенде (айтылат): «Фараондун жек-жааттарын катуу азапка алып киргиле!»

47. Ошондо алар Тозок отунда талаш-тартыш кылышат. (Аларды ээрчиген) алсыздары текеберлик кылгандарга айтат: «Биз силерге ээрчиген элек. Силер бизди Тозок отунун бир бөлүгүн алып куткара аласыңарбы?»

48. Текеберлик кылгандар айтышат: «Биз баарыбыз эле анда (Тозокто) турабыз. Алла кулдарынын ортосундагы өкүмдү чыгарып бүттү!»

49. Отто тургандар Тозоктун сакчыларына айтат: «Эгеңерди чакыргыла. Ал бизге бир күн болсо да азаптан жеңилдик берсин».

50. (Сакчылар) айтышат: «Силерге элчи-пайгамбарларыңар ачык далилдер менен келишкен эмес беле?» Алар айтышат: «Ооба, (келишкен болчу)». (Сакчылар) айтышат: «Өзүңөр чакыргыла!» Капырлардын чакырыгы адашуудан башка эмес!

51. Биз элчи-пайгамбарлар менен ыймандуу пенделерге дүнүйөлүк жашоосунда да, кыямат күнү күбөлөр турганда да жардам беребиз.

52. Ал күнү залимдерге үзүр-мазыры да жардам бербейт. Алар үчүн каргыш менен жаман турак жай бар.

53. Биз Мусага Туура жолду бердик. Исраил урпактарына Жазууну мураска калтырдык.

54. Акыл ээлерине Туура жол да, эскертүү да (кылдык).

55. Сабыр кыл. Алланын убадасы ак. Күнөөң үчүн кечирим тиле. Эгеңди даңктап эртең менен да, кечинде да тасбих айт.

56. Алар эч кандай бийликке ээ болбой эле Алланын аяттары тууралуу сында талаш-тартыш кылып жатышат. Алардын көкүрөгүндө текеберлик бар. Алар (ийгиликке) жетпейт. Аллага сыйынып сактан. Угуучу да, Көрүүчү да Алла Өзү!

57. Калайыкты жараткандан да (жети кат) асман менен жерди жаратуу улук иш. Калайыктын көпчүлүгү эле (муну) билбейт.

58. Сокур менен көзү көргөн тең эмес. Ыйманга киргендер жана жакшылык жасагандар менен жамандык жасагандар да тең эмес. Силер (муну) аз эстейсиңер.

59. Саат (кыямат) да келет! Буга күмөн жок. Калайыктын көпчүлүгү эле (буга) ишенишпейт.

60. Силердин Эгеңер айтты: «Мени чакыргыла, Мен силерге жооп кайтарам. Мага кулдук кылыштан текеберлик кылгандар жакында кор болушуп Тозокко киришет!»

61. Алла силерге түндү эс ала турган, а күндүздү көрө турган кылды. Алланын калайыкка ырайымы бар. Бирок калайыктын көпчүлүгү эле (буга) шүгүр кылбайт.

62. Силердин Эгеңер Алла ушундай: бардык нерсени Жараткан Ал Өзү. Андан башка Кудай жок. Кантип силер баш тартып жатасыңар?

63. Ушинтип, баш тарткандар Алланын аяттарын четке кагып жатышат.

64. Алла силерге жерди мекен кылды. Асманды тиреп койду. Силердин келбетиңерди жакшы кылып жасады. Силерге таза ырыскы да берди. Силердин Эгеңер Алла ушундай. Берекелүү Алла – ааламдардын Эгеси!

65. Ал – Тирүү, Андан башка Кудай жок. Анын динине калыс кирип, Ага сыйынгыла. Ааламдардын Эгеси Аллага шүгүр!

66. Айт: «Мага Алланын ордуна кулдук кылып жаткандарыңарга кулдук кылышка тыюу салынды. Мага Эгемден ачык далилдер келди. Мен ааламдардын Эгесине моюн сунушка буйрук алдым.

67. Ал (Алла) силерди топурактан, андан кийин бир тамчыдан, андан кийин уюган кандан жаратты. Андан кийин силерди ымыркай кылып чыгарат. Андан кийин балакатка жетишиңер керек болчу. Андан кийин улгайышыңар керек эле. Силерден (буга жетпей) мурдараак жан бергендериңер да бар. Анткени, белгиленген ажалдын мөөнөтүнө жетишиңер керек. Балким, силер акыл жүгүртөөрсүңөр.

68. Ал (Алла) тирилтет, өлтүрөт. Ал бир ишти кылгысы келсе «Бол!» дейт, заматта болот.

69. Алланын аяттары туурасында талаш-тартыш кылып жаткандарды көрбөдүңбү? Алар кантип баш тартып жатышат?

70. Жазууну да, элчи-пайгамбарларды эмнеге жөнөткөнүбүздү да жалганга чыгаргандар бар. Алар жакында (муну) билишет.

71. Алардын моюндарына чынжырлап кишендер салынат. Аларга суусундук ичирилет.

72. Кайнак суу! Андан кийин аларды отко жагышат.

73. Андан кийин аларга айтышат: «Силердин шерик кылган буркандарыңар кайда?

74. Алладан башкасы». Алар айтышат: «Алар бизден адашты. Жок! Биз мурда (болбогон эле) нерсеге сыйынган экенбиз». Капырларды Алла ушинтип адаштырат!

75. (Аларга айтылат): «Силерге жер бетинде ак жүрбөй сайрандап көөп жүрө бергениңер үчүн ушундай болду.

76. Тозокто түбөлүк калыш үчүн эшиктеринен киргиле! Текеберлердин жайы кандай жаман!

77. Сабыр кыл. Алланын убадасы ак. Биз сага аларга берген убадабыздын кээ бирлерин көрсөтөбүз. Же (кээ бирлерин көрө элегиңде) жаныңды алабыз. (Баары бир) алар Бизге кайрылып келишет.

78. Биз сага чейин да элчи-пайгамбарларды жибергенбиз. Алардан сага айткандарыбыз да бар, алардан сага айтпагандарыбыз да бар. Элчи-пайгамбар Алланын уруксаты менен гана аят келтирет. Алланын буйругу келсе акыйкат чечилет. Анда жалганга чыгаргандарды кусур урат.

79. Алла силерге (кээ бир) малдарды миниш үчүн берди. Алардын кээ бирин жеп жатасыңар.

80. Алардан силерге пайдалар да бар. Аларды минип алып көөнүңөр каалаган жактардагы кажатыңарга жетесиңер. Аларды да, кемелерди да минип жүрөсүңөр.

81. Силерге Ал Өзүнүн аяттарын көрсөтүп жатат. Алланын кайсы аяттарын жокко чыгара аласыңар?

82. Алар Жер бетин кыдырышкан жокпу? Аларга чейинкилердин акыбети кандай болгонун көрүшпөдүбү? Алардын саны да көп, күч-кубаты да, жер бетинде калтырган изи да алардан артык болчу. Алардын кылган иштери аларды куткара алган жок!

83. Бир убакта аларга элчи-пайгамбарлары ачык далилдер менен келишкен. Алар өздөрүнүн билгенине эле сүйүнүшкөн болчу. Аларга шылдың кылгандары өз баштарына жетти.

84. Алар Биздин (жиберген) кырсыгыбызды көргөндө айтышты: «Биз Алланын бир Өзүнө ишендик! Мүшүрүк болгонубуздан баш тарттык!»

85. Аларга Биздин кырсыгыбызды көргөн учурда ыймандары пайда берген жок. Алланын мыйзамы мурун деле кулдарына ушундай эле болгон. Ошондо капырларды кусур урган!

41. ФУССИЛАТ СҮРӨӨСҮ[1]

ИРЕТТЕЛГЕН АЯТТАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Ха, Мим.

2. (Бул) Ырайымдуу, Мээримдүү (Алладан) түшкөн Жазуу.

3. Жазуу (иреттелген) аяттарга бөлүндү. Билгиси келген калайык үчүн араб тилиндеги Куран болду.

4. Эскертүүчү да, кабар берүүчү да болду. Алардын көпчүлүгү эле андан баш тартышты. Алар укпай жатышат.

5. Алар айтышты: «Сен чакырган (ыйманга) биздин жүрөгүбүз жабык экен. Кулагыбыз да дүлөй болуптур. Сени менен биздин ортобуз да парда менен тосулуптур». Сен да аракет кыл, биз да аракет кыла беребиз!

6. Айт: «Мен деле силердей адаммын. Мага жашыруун кабар келип турат. Силердин кудайыңар бир эле Кудай. Ага бекем тургула. Андан кечирим тилегиле. Мүшүрүктөргө өкүнүч!

7. Алар зекет да беришпейт, акыретке да ишенишпейт».

8. Ыйманга киргендер менен жакшылык иштерди жасагандардын акысы түгөнбөйт!

9. Айт: «Силер эки күндө Жерди жаратканга ишенбейсиңерби? Ага (буркандарды) теңештирип жатасыңарбы? Ааламдардын Эгеси ушундай!

10. Ал анын үстүнө бекем турган (тоолорду) жаратты. Ага береке берди. Андагы сурагандардын ырыскысын төрт күнгө барабар кылып өлчөп койду.

11. Андан кийин (аны) асманга жайгаштырды. Ал түтүн болчу. Ал аны (Асман) менен Жерге айтты: «Бизге ыктыярыңар менен же мажбур болуп келгиле!» Алар айтышты: «Биз ыктыярдуу келебиз».

12. Ал аларды (асмандарды) эки күндө Жети Асман кылды. Ар бир асмандын ишин өзүнө (дайындап) кабар берди. Биз Төмөнкү Асманды (шайтандардан) сактап чырактар (жылдыздар) менен кооздодук. Билүүчү, Улук (Алланын) өлчөгөнү ушундай.

13. Эгер алар баш тартып жатса, айт: «Мен силерге Ад (калкы менен) Самуд (калкына) чагылгандай чарт этип[2] (жетип келген кырсыкты) эскерттим».

14. Алардын мурдагы да, кийинки (муундарына да) элчи-пайгамбарлары келишти (да, айтышты): «Алладан башкага кулдук кылбагыла!» Алар айтышты: «Эгер Эгебиз кааласа, анда периштелерди жиберет болчу. Силер эмнеге жөнөтүлүп келсеңер деле биз силерге ишенбейбиз».

15. Ад (калкы ошентип) ак жүрбөй текеберлик кылышты да, айтышты: «Бизден күч-кубаттуу ким бар?» Аларды Алла жаратканын көрүшпөдүбү? Ал алардан күчтүү эмеспи? Алар Биздин аяттарыбызды четке кагышты.

16. Биз аларга бактысы тайган күнү ызгырган суук шамалды жибердик. Алар дүнүйөлүк жашоосунда эле шерменде болуп, азабын жеши керек болчу. (Аларга) акыретте да шермендечилик бар. Аларга жардам да берилбейт!

17. Самуд (калкын) Биз Туура жолго салганбыз. Алар (ошого да карабай) Туура жолдун ордуна сокурлукту жактырышты. Кылган иштери үчүн аларга кор кылган азап чагылгандай бир сокку менен жетти!

18. Биз такыбалык кылган ыймандуу пенделерди гана куткардык.

19. (Кыямат) күнү Алланын душмандары Тозок отуна чогулганда, алар тозокулардын сабында турушат.

20. Алар Ага келишкенде кылган иштери тууралуу аларга каршы өздөрүнүн укkан (кулактары) да, көргөн (көздөрү) да, терилери да күбөлүк беришет.

21. Алар өздөрүнүн терилерине айтышат: «Эмнеге (бизге каршы) күбөлүк берип жатасыңар?» Алары айтышат: «Ар кандай нерсеге тил берген Алла бизге да тил берди». Ал (Алла) оболу силерди жараткан. (Андан кийин) Ага кайрылып барасыңар.

22. Силерге (күнөө кылып жатканда) укkан (кулактарыңар да), көргөн (көздөрүңөр да), терилериңер да күбө болуп турганынан бекине алган эмес болчусуңар. Бирок, Алланы да кылып жатканыңардын көбүн эле билбейт деп ойлогонсуңар.

23. Силерди Эгеңер тууралуу ойлогон ушундай ойлоруңар өлтүрдү. Ошентип кусур ургандардан болдуңар.

24. Эгер алар чыдай ала турган болсо, алар үчүн жай ала турган Тозок оту бар. А эгер алар (Алланын) ырайымын тилешсе, аларга (Алланын) ырайымы да болбойт.

25. Биз аларга жакын досторду (жин-шайтандардан) жандаштырганбыз. Алар алардын алдынан да, аркасынан да (кылган иштерин) ажайып кооз көрсөтүшкөн. Аларга (айтылган) сөз алардан мурда өткөн калайык менен жиндерге акыйкатына чыккандай чыкты. Алар (мурункулар) деле кусур ургандар болчу.

26. Капырлар айтышты: «Бул Куранды укпагыла. Аны болбогон сөз дегиле. Балким, жеңип чыгарсыңар!»

27. Биз капырларга катуу азап жедиребиз. Кылган иштеринен эң жаманынын жазасын беребиз.

28. Алланын душмандарынын жазасы Тозок оту болот. Ушундай! Биздин аяттарыбызды четке каккандары үчүн аларга түбөлүк тозок жайы бар.

29. Капырлар (Тозокто) айтышат: «Эгебиз! Бизди адаштырган жиндер менен адамдарды бизге көрсөт. Алардын эң төмөнкүлөрдөн болушу үчүн биз аларды таманыбыздын алдына басып алалы!»

30. Алар айтышты: «Алла – Биздин Эгебиз!» Ушундан кийин да бекем турушкандар бар. Аларга периштелер түшүп келишет (да айтышат): «Коркпогула, кайгырбагыла. Силерге Бейиштин убада кылынганына сүйүнгүлө!

31. Биз дүнүйөлүк жашоодо да, акыреттик жашоодо да силерге доспуз. Силерге анда (Бейиште) эмне кааласаңар, эмне сураган болсоңор баарысы бар.

32. Кечиримдүү, Ырайымдуу (Алланын) сыйы бар».

33. Аллага чакырган, жакшы иш кылгандан да жакшы сөз айткан ким бар? Ал айтып жатат: «Мен (Аллага) баш ийген мусулмандардын биримин!»

34. Жакшылык менен жамандык теңби? Жакшылыктын эң жакшысын (алдыга) түрт. Ошондо ортодогу душмандык да сага жакын достукка айланат.

35. Буга сабыр кылгандар гана ээ болот. Буга улуу бакытты көздөгөндөр гана жетет.

36. А эгер сени шайтан аздыргысы келип жатса, анда Аллага сакта деп сыйын. Угуучуда, Билүүчү да Ал Өзү!

37. Күндүз менен түн, Күн менен Ай Анын аяттарынан бири. Аллага гана кулдук кыла турган болсоңор Күнгө да, Айга да сажда кылбагыла. Аларды Ал жараткан.

38. А эгер алар текеберлик кылышып жатса деле сенин Эгеңе күнүтүнү тасбих айтышып жаткандар бар. Алар мындан жадашпайт.

39. Тынч турган жерди Анын бир аяты экенин көрүп турасың. Биз ага сууну түшүрсөк, ал кыймылга келет да, көөп чыгат. Аны өлүктөрдү Тирилтүүчү тирилтип жатат. Ал бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

40. Биздин аяттарыбыздан баш тарткандар Бизден купуя кала албайт. Кимиси жакшы? Кыямат күнү Тозок отуна ташталгандар жакшыбы, же андан аман калгандарбы? Каалаганыңарды жасай бергиле! Алла кылган ишиңерди көрүп турат.

41. Аларга эскертүү (Куран) келсе да ишенбей капыр болгондор бар. Бул (Куран) – Улук Жазуу!

42. Анын алдынан да, аркасынан эч бир жалганы чыкпайт. Аны Даңктуу, Даанышман (Алла) түшүргөн.

43. Алар деле сага мурдагы элчи-пайгамбарларга айтылганга окшош (сөздү) эле айтып жатышат. Сенин Эгеңдин кечирими да, катуу азабы да бар!

44. А эгер Биз аны (Куранды) башка тилде кылган болсок айтышар эле: «Анын аяттары түшүнүктүү болсочу!» (Аларга айт): «Башка тилдеби, араб тилинде эмеспи?» Айт: «Ал (Куран) ыймандуу пенделер үчүн Туура жол, шыпаасы да бар. Ал эми ишенбегендердин кулагын дүлөй кылып, аларды көр кылат. Алар (үнү жетпей эле) узак жайдан чакыра беришет».

45. Биз Мусага Жазууну бергенбиз. Ал туурасында талаш-тартыш кылышты. А эгер Эгеңден мурда айтылып өткөн (убада) сөз болбосо, анда алардын ортосундагы өкүм чечилет болчу. Алар буга (Куранга) шектенип күмөн кылып жүрүшөт.

46. Ким жакшы иш жасаган болсо, анысы өзүнө. А ким жамандык кылган болсо, анысы да өзүнө. Сенин Эгең кулдарына залим эмес.

47. Сааттын (кыяматтын) илими Ага кайтарылат. (Алланын каалоосу болбой) жемиш берген даректар өз алдынча эч качан мөмө бере албайт. (Алланын каалоосу болбой) эч бир ургаачы өз алдынча туюй да албайт. Мунун илими Аллада. (Кыямат) күнү Ал чакырып айтат: «Менин шериктерим кайда?» (Мүшүрүктөр) айтышат: «Биз Сага кабар беребиз. Бизден буга бир да күбө жок!»

48. Алардын мурдагы чакыргандары алардан адашты. Алар кутула албашын да ойлошту.

49. Инсан жакшылыкты тилеп дуба кыла берет. А эгер ага бир жамандык жетсе, анда ал үмүтүн үзөт.

50. Эгер Биз ага ырайымыбызды берсек, андан кийин ага бир кырсык жетсе, айтат: «Мага ушундай болду. Мен кыямат келет деп деле ойлобойм. А эгер мен Эгеме барып калсам, Анын мага жакшылыгы бар». Биз капырларга кылган иштеринин кабарын беребиз. Аларга оор азап жегизебиз.

51. А эгер Биз инсанга бак-таалай берген болсок, ал Бизден баш тартат, көөп кетет. А эгер ага кырсык жетсе, анда ал көп-көп дуба кыла баштайт.

52. Айт: «Силер (Курандын) Алладан (түшүрүлгөнүн) көрбөдүңөрбү? Андан кийин ага ишенбей капыр болуп кеттиңер. Акыйкаттан айрылып узактагандан да катуу адашкан ким бар?»

53. Жакында Биз аларга мунун (Курандын) акыйкат экенин (далилдеп), Өзүбүздүн аяттарыбызды бардык жерде, алардын өздөрүнөн да көрсөтө беребиз. Сенин Эгең бардык нерсеге жетиштүү Күбө эмеспи?

54. Жок! Алардын Эгесине жолугушка күмөнү бар. Ырас! Ал бардык нерсени баш ийдирет!

42. ШУРА СҮРӨӨСҮ[1]

КЕҢЕШ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Ха, Мим.

2. Айн, Син, Каф.

3. Сага да, сенден мурдагы (пайгамбарларга) да Улук, Даанышман Алла ушундай жашыруун кабар берген.

4. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Аныкы. Бийик да, Улуу да Ал Өзү!

5. Алардын үстүндө турган асмандар жарылып кеткиси келет. Периштелер Эгесин даңктап, жердегилерге кечирим тилеп тасбих айтып турушат. Ырас! Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

6. Аны (таштап) башкаларды колдоочу кылып алгандар бар. Алла алардын (күнөөсүн) тазалабай сактап коёт. Аларга сен өкүл да эмессиң.

7. Ушинтип Биз сага (Куранды) араб тилинде жашыруун кабар бердик. Сен Баш калааны жана анын айлана-тегерегиндегилерге чогула тур-гүн Бейиште, бир бөлүгү Тозокто калат.

8. А эгер Алла кааласа, аларды Ал бир эле үмөт кылат болчу. Ал кимди кааласа Өз ырайымына киргизет. Залимдерге колдоочу да, жардам берүүчү да жок.

9. Алар Андан (Алладан) башкаларды колдоочу кылып алыштыбы? Колдоочу бир гана Алла! Ал өлгөндөрдү тирилтет. Ал бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

10. Кандай нерселерди талашсаңар деле анын өкүмү Аллага барат. Менин Эгем Алла ушундай. Мен Ага тобокел кылдым.

11. (Жети кат) Асман менен жердин Жаратуучусу силерге да өзүңөрдөн жубайларды кылды. Малды да жуп (эркек-ургаачы) кылды. Ал силерди өстүрүп (көбөйтүп) жатат. Ага эч нерсе окшош эмес. Угуучу да, Көрүүчү да Ал Өзү!

12. (Жети кат) Асман менен жердин ачкычтары (сырлары) Анын Өзүндө. Ал кимге кааласа ырыскыны кенен-кесир берет. (Ырыскыны) Өзү ченейт. Бардык нерсени Билүүчү да Ал Өзү!

13. (Алла) Нухка осуят[2] кылган динден силерге да жол-жобо (шарият) кылды. (Эй, Мухаммед) Аны сага жашыруун кабар кылдык. Аны Ибрахимге да, Мусага да, Исага да осуят кылганбыз: «Динди туура коюп бөлүнбөгүлө! Сенин ага (динге) чакырганың мүшүрүктөр үчүн өтө оор болду. Алла кимди кааласа Өзүнө тандап алат, ким Ага тобо кылса Туура жолго салат.

14. Аларга билим келгенден кийин да өз ара бири-бири менен душман болушуп бөлүнүп кетишкен. А эгер Эгеңден белгиленген мөөнөткө (убада) сөз айтылып өтпөгөн болсо, алардын иши чечилет болчу. Алардан кийин Жазууну мурас кылып алгандар күмөн кыла башташты.

15. Ошону үчүн сен (ыйманга) чакыр. Өзүңө болгон буйрукка бекем тур. Алардын көңүл азгырыгына ээрчибе. Айт: «Мен Алла түшүргөн Жазууга ишендим. Мен силердин араңарда адилет турушка буйрук алдым! Алла биздин да Эгебиз, силердин да Эгеңер. Биздин кылган иштерибиз өзүбүзгө, силердин кылган иштериңер өзүңөргө. Силер менен биздин ортобузга эч кандай деле далилдин кереги жок. Алла биздин баарыбызды (кыямат күнү) топтойт. Ага кайрылып барыш бар!»

16. Ага (Аллага) жооп кылышып (динине киргенден) кийин да Алла туурасында талаш кылгандардын далили Эгесинин алдында туура эмес. Аларга (Анын) каары да бар, катуу азабы да бар!

17. Алланын Жазуу менен таразаны[3] түшүргөнү ак. Кайдан билесиң, балким, саат жакындыр!

18. Ага ишенбеген ыймансыздар аны шаштырып жатышат. Ыйманду пенделер андан коркушат. Анын ак экенин билишет. Ырас! Саатка (кыяматка) шек кылгандар (акыйкаттан) узактап адашат.

19. Алла кулдарына Боорукер. Ал кимге кааласа ырыскы берет. Күчтүү да, Улук да Ал Өзү!

20. Ким акыреттин түшүмүн кааласа, Биз анын түшүмүн көбөйтөбүз. А ким бул дүнүйөнүн түшүмүн кааласа, ага да аны беребиз. Бирок, ага акыретте эч кандай энчи жок.

21. Же алардын шериктери (буркандары) Алла уруксат бербесе деле аларга динден бир жол-жобо (шарият) бердиби? Эгер (Алладан) бөлүнүш тууралуу сөз айтылып өткөн болбосо, алардын иши чечилет болчу. Залимдер үчүн оор азап бар.

22. Залимдерди (кыямат күнү) кылган иштеринен коркуп турганын көрөсүң. Аларга (кылган иштеринин азабы) жетет. Ал эми ыйманга киргендер менен жакшы иштерди жасагандар Бейиш бактарында жүрүшөт. Эгесинин алдында алар үчүн каалагандарынын баарысы бар. (Алланын) улук ырайымы ушундай!

23. Ыйманга киргендер менен жакшы иштерди жасаган кулдарына Алла ушундай сүйүнүчтүү кабар берип жатат. Айт: «Мен силерден буга

ортобуздагы туугандык жакшылыктан башка акы да албайм. Ким жакшылык кылса, Биз анын жакшылыгын көбөйтөбүз». Кечирүүчү да, Жакшылык кылуучу да Алла Өзү!

24. Же алар айтып жатышат: «Ал Аллага жалганды ойлоп таап жатат!» Эгер Алла каалаган болсо, Ал сенин жүрөгүңдү жаап бекитип салат болчу. Алла жалганды өчүрөт. Акыйкатты Өзүнүн сөзү менен акыйкатка чыгарат. Ал көкүрөктөгү сырларды да билет.

25. Ал тобо кылган кулдарынын тобосун кабыл кылат, жамандыктарды кечирет. Ал эмне кылганыңарды билип турат.

26. Ыйманга киргендер, жакшы иштерди жасагандар (Эгесине) жооп берип жатышат. Ал да аларга ырайымын арттырып жатат. А капырлар үчүн катуу азап бар.

27. Эгер Алла кулдарына ырыскысын кенен-кесир бере берсе, анда алар (бири бирине) душмандык кылышар эле. Бирок, Ал канча кааласа чени менен түшүрүп турат. Кулдарынан Кабардар да, Көрүүчү да Ал Өзү!

28. Ал алардын үмүтү үзүлгөндө жамгырды да жаадырып турат. Ал Өз рахматын тегиз таратат. Колдоочу да, Даңктуу да Ал Өзү!

29. (Жети кат) Асман менен жерди жаратышы жана ал экөөндө жаныбарларды таратышы Анын аяттарынан бири. Ал качан кааласа аларды жыйнашка кудурети жетет!

30. Силерге жеткен кыйынчылыкты силер өз колуңар менен жасагансыңар. Ал алардын көбүн кечирип да жатат.

31. Силер Аны жер бетинде эч качан начарлата албайсыңар. Силерге Алладан башка Колдоочу да, Жардам берүүчү да жок!

32. Тоодой (толкундарды аралап кемелердин) сүзүшү да Анын аяттарынын бири.

33. Эгер Ал кааласа шамалды да токтотуп коёт. Алар (кемелер) анда тынч туруп калышат. Мында сабыр кылып шүгүр кылгандарга аяттар да бар.

34. Же, Ал кылган иштери үчүн аларды кыйратат. Ал алардын көбүн кечирип да жатат.

35. Биздин аяттарыбыз туурасында талаш-тартыш кылып жаткандар эч качан кутулуп кете албашын билип коюшу керек.

36. Силерге берилген нерселер дүнүйөлүк жашоонун эле пайдасы. А Алланын алдындагы ыймандуу пенделерге жана Аллага тобокел кылгандарга (багышталган) жакшылыктар түбөлүккө (берилет).

37. (Анткени), алар чоң күнөөлөрдөн, ыпылас иштерден сактанышат. Алар ачуусун тыйышып, кечирим кылышат.

38. Алар Эгесине жооп кайтарышкан, намаздарын да аткарышкан. Алар ортодогу иштерин кеңешип жасашкан. Биз берген ырыскылардан каржы кылышат эле.

39. Аларга зулумдук жеткен болсо деле алар аны (сабыр кылып) жеңип чыгышат.

40. Жамандыктын жазасына да ошондой эле жамандык бар. Ким аны кечирсе, (ортодогу бузулган ишти) оңдосо, Ага Алла акыбетин берет. Ал залимдерди сүйбөйт.

41. Кимге зулумдук кылынса, ал (зулумдук кылганды) жеңип чыкса, андайларды (күнөөлөшкө) жол жок.

42. Жер бетинде калайыкка зулумдук кылгандар менен акыйкатсыз жабыр жеткиргендерди (күнөөлөп жазалашка) жол бар. Алар үчүн (акыретте) да оор азап бар.

43. Ким сабыр кылса жана кечирсе, бул – улук иштердин бири.

44. Алла кимди адаштырган болсо, ошондон кийин ага колдоочу да жок. Залимдердин азапты көргөндө «Кайра жашоого бир кайтышка жол бар бекен?» деп айтып жаткандарын көрөт элең.

45. Сен алардын ага (Тозокко) моюн сунуп кор болуп келтирилгенин көрөсүң. Алар ага көздөрүнүн кыйыгы менен карашат. Ыймандуу пенделер айтышат: «Кусур ургандардын өздөрүн да, үй-бүлөсүн да кыямат күнү кусур урду! Ырас болду! Залимдер туруктуу азапта калды!»

46. Аларга Алладан башка жардам бере турган колдоочулары да жок. Алла кимди адаштырса, аны (куткара турган) жол жок.

47. Кыямат күн келгиче Эгеңерге жооп кайтаргыла! Аны Алладан кайтарыш мүмкүн эмес. Ал күнү силерге сактанып калар жер жок. Силер үчүн (күнөөңөрдү да) таныш жок.

48. Эгер баш тартып жатышса (кайгырба). Аларга Биз сени сактоочу кылган эмеспиз. Сенин жеткиргениң эле керек. Биз инсанга Өзүбүздүн ырайымыбызды берген болсок, ал ага сүйүнөт. А эгер ага өз колу менен даярдаган жамандыгын жеткирсек, анда инсан (буга) шүгүр кылбайт.

49. (Жети кат) Асман менен жердин бийлиги Алланыкы. Ал каалаганын жаратат. Ал кимге кааласа кыз берет, кимге кааласа уул берет.

50. Же Ал уулдарды да, кыздарды да берет. Кимди кааласа тукумсуз да кылат. Билүүчү да, Кудуреттүү да Ал Өзү!

51. Алла адам менен сүйлөшкөн эмес. Бирок, жашыруун кабар, же парданын аркасынан кабар берген. Же элчи-пайгамбарды жөнөткөн. Өз уруксаты менен ага каалаган жашыруун кабарын берген. Улуу Даанышман Ал Өзү!

52. Ушинтип, Биз сага жашыруун кабар бердик. Буйругубуз менен (сага) Рухту (Жабраилди жибердик). Сен Жазуу эмне, ыйман эмне, билген эмес элең. Биз аны сага (жарык) нур кылдык. Кулдарыбыздан кимисин кааласак, аны менен Туура жолго салабыз. Сен Туруктуу жолго баштайсың.

53. Алланын жолуна! (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Аныкы. Ырас! Бардык иштер Аллага кайрылып барат.

43. ЗУХРУФ СҮРӨӨСҮ[1]

ЖАСАЛГА

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Ха, Мим.

2. Түшүнүктүү Жазууну (Куранды күбөгө тартып) касам берем!

3. Биз аны араб тилинде кылдык. Балким, силер акыл жүгүртөөрсүңөр.

4. Ал Биздин улук даанышмандыкка ээ Түпкү Жазуубузда (сакталган болчу).

5. Силер чектен чыккан калайык болсоңор эле Биз силерге эскертүүнү айтпай коёбузбу?

6. Оболку муундарга нечендеген пайгамбарларды жибербедикпи!

7. Аларга пайгамбар келсе эле шылдың кылышат эле.

8. Биз алардан да күч-кубаттууларды катуу кыйратканбыз. Оболку муундар (буга) мисал болуп өттү.

9. А эгер сен алардан «(Жети кат) Асман менен жерди ким жараткан?» деп сурасаң, алар айтышат: «Аларды Улук да, Билүүчү да (Алла Өзү) жараткан».

10. Ал силерге Жерди бешик кылды. Анда силер үчүн жолдорду да кылды. Балким, Туура жолго жүрөөрсүңөр.

11. Ал чени менен асмандан сууну түшүрдү. Аны менен солуган калааларды жандандырдык. Ушинтип силер да тирилип чыгасыңар.

12. Ал ар кандай (макулукту) жуп кылып жаратты. Силерге кемелер менен малдарды мине турган кылды.

13. Алардын үстүнө (минип) жай алганыңардан кийин Эгеңердин берген бак-таалайын эстеп айтышыңар керек эле: «Субхана! Ал бизге муну баш ийдирди!

14. Биз Эгебизге кайрылып барабыз!»

15. Алар Анын кулдарынан кээ бирин Анын бир мүчөсү (балдары, шериктери) кылып жатышат. Инсан ачык эле капыр болду!

16. Ал Өзүнүн жараткандарынан кыздарды алдыбы? А силерге балдарды берип урмат кылдыбы?

17. А эгер алардын бирине Рахманды мисал кылып (кыз туулганы тууралуу) сүйүнчү айтылса, ачуусу келип жүзү карайып кетет.

18. Алар талаш-тартыш сөзгө жарабаган, (жаңы туулуп) бапестеп бага турган (кызды Аллага) багышташабы?

19. Алар Рахмандын кулдары болгон периштелерди (Анын) аялдары кылышты. Аларды Ал жаратып жатканда алар күбө болуп турушту беле? Алардын берген күбөлүгү жазылып жатат. Алар (буга) сурак беришет.

20. Алар айтышты: «Эгер Рахман каалаган болсо, биз аларга кулдук кылбайт элек». Алардын бул туурасында илими жок. Алар жалган айтып жатышат!

21. Биз аларга буга (Куранга) чейин Жазуу бердик беле? Алар аны-сын карманышып келе жатышабы?

22. Жок! Алар айтышты: «Биз (муну) аталарыбыздын жолунан таптык. Биз алардын туура жолунун изи менен кетип жатабыз».

23. Биз сенден мурун да (кайсы бир) калаага эскертүүчүнү жибербей койгон эмеспиз. (Ошондо андагы) дөөлөтүнө чиренгендер айтышкан: «Биз аталарыбыздын динин таап алганбыз. Биз алардын изи менен кетебиз».

24. (Пайгамбар) айткан: «А мен силерге аталарыңар тапкандан да артык Туура жол менен келген болсомчу?» Алар айтышкан: «Сен эмнеге жиберилген болсоң деле биз ага ишенбейбиз».

25. Биз алардан өч алдык. Кара! Жалганга чыгаргандардын акыбети кандай болду?»

26. ...Бир убакта Ибрахим атасы менен калкына айтты: «Мен силердин кулдук кылгандарыңарга кошулбайм.

27. Мени жараткандан башкаларга кулдук кылбайм. Ал гана мени Туура жолго салат!»

28. Ал бу сөздү урпактарына бекем (осуят кылып) калтырды. Балким, алар (Туура динге) кайтышаар.

29. Ырас! Мен булардын ата-бабаларына акыйкат келгиче, анык элчи-пайгамбар келгиче жашоонун пайдасын бердим.

30. Аларга акыйкат келгенде айтышты: «Бул – сыйкыр экен! Биз буга ишенбейбиз».

31. Алар (дагы) айтышты: «Бул Куран эмне үчүн (бу) эки улук калаадагы[2] (белгилүү) кишилердин бирине түшкөн жок?»

32. Алар сенин Эгеңдин рахматын бөлүштүргүсү келип жатабы? Алардын өз ара дүнүйөлүк жашоосундагы тиричилигин Биз бөлүштүргөнбүз. Алардын кээ бирлеринен кээ биринин даражаларын жогору көтөрдүк. Алардын кээ бирлери башка биринин (пайдалуу) кызматын алыш керек болчу. Эгеңдин рахматы алардын жыйган-тергенинен жакшы!

33. Эгер калайык бир эле үмөт болсо, анда кимиси Рахманга ишенбесе, Биз алардын үйлөрүн шыбына чейин, чатырына көтөрүлүп чыга турган шатыларынан бери күмүштөн кылат элек.

34. Үйлөрүнүн эшиктерин да, сүйөнүп отура турган сөөрүлөрүн да.

35. Башка жасалгаларды да! Мунун баарысы дүнүйөлүк жашоонун буюмдары. Сенин Эгеңден такыбаларга акырет (Бейиш) бар.

36. Ким Рахмандын эскертүүсүнөн (Курандан) баш тартса, Биз ага шайтанды жиберебиз. Ал анын жакын жолдошу болот.

37. Алар (шайтандар) алардын жолун тосушат. Алар болсо Туура жолдо бара жатабыз деп ойлошот.

38. (Кыямат күнү) ал Бизге келгенде (шайтанга) айтат: «Аттиң! Мен сенден эки күн чыгыш аралыгынча алыс болсомчу! Сен кандай жаман жолдошсуң!»

39. (Аларга айтылат): «Бүгүн силерге эч кандай пайда жетпейт. Силер залимдик кылгансыңар. (Эми) силер азапта да бирге шерик болосуңар».

40. Сен дүлөйгө угуза аласыңбы? Же сокур менен даана адашканды Туура жолго сала аласыңбы?

41. А эгер Биз сени (бул дүнүйөдөн) алып кетсек, анда булардан өч алабыз.

42. Же Биз аларга кылган убадабызды көрсөтөбүз. Аларга Биздин кудуретибиз жетет!

43. Сага берилген жашыруун кабарга бекем тур. Сен Туруктуу жолдосуң.

44. Бул (Куран) сага да, сенин калкыңа да эскертүү. Жакында сурак бересиңер.

45. Биздин сага чейин жиберген элчи-пайгамбарларыбыздан сура: «Рахмандан башка кудайларга кулдук кылгыла дегенбизби?»

46. ...Биз Мусаны Өзүбүздүн аяттарыбыз менен Фараонго жана анын жан-жөкөрлөрүнө жибергенбиз. Ал айтты: «Мен – ааламдардын Эгесинин элчи-пайгамбарымын».

47. Ал биздин аяттарыбыз менен аларга келгенде, алар ага күлө башташты.

48. Биз аларга уламдан улам улук аяттарыбызды көрсөтүп жаттык. Биз аларга азап да бердик. Балким, (Туура жолго) кайтышаар.

49. Алар айтышты: «Эй, сыйкырчы! Сен биз үчүн Эгеңе дуба кыл. (Бизге жиберген азабын жок кылсын). (Ошондо) биз Туура жолго киребиз!»

50. Биз алардан азапты алганыбызда эле алар (убадасынан) кайтышты.

51. Фараон калкына чакырык менен кайрылып айтты: «Мисирдин бийлиги меники эмеспи? Бу дарыя (мага кызмат кылып) менин алдымдан агып өтпөй жатабы! (Муну) көрбөй жатасыңарбы?

52. Мен бир (кекечтенип) дурус сүйлөй албаган байкуштан жакшы эмесминби?

53. Эгер буга алтындан билерик берилген болсо да мейли эле. Же, аны менен бирге жолдош болуп периштелер келген болсочу».

54. Ал калкын жеңил ойго жетеледи. Алар ага баш ийишти. Алар ыпылас калайык болчу.

55. Алар Биздин каарыбызды келтиргенде Биз алардан өч алдык. Алардын баарысын (деңизге) чөктүрдүк.

56. Биз аларды өткөн (калайыктардын бири) кылдык. Кийинкилерге мисал кылдык.

57. ...Марйамдын уулу (Иса) мисал келтирилчү болсо сенин калкың шат болуп сүйүнөт.

58. Алар айтышты: «Биздин кудайларыбыз жакшыбы же албы (Исабы)?» Алар муну сага талаш кылышты көздөп эле айтып жатышат.

59. Ал (Иса) Биздин кулубуз болчу. Биз ага бак-таалай бердик да, аны Исраил калкына мисал кылдык.

60. А эгер Биз каалаган болсок, жер бетин силердин ордуңарга периштелерди мекендегенге берет элек.

61. Ал (Исанын кайра келиши) – сааттын (кыяматтын бир) белгиси. (Айт): «Мени ээрчигиле! (Силерге) Туруктуу жол ушул.

62. Шайтан жолуңарды тосуп албасын. Ал силердин даана душманыңар».

63. Бир убакта Иса ачык далилдер менен келди да, айтты: «Мен силерге кээ бир талаш-тартышыңарды ачык түшүндүрүш үчүн даанышмандык (билим) менен келдим. Алладан корккула да, мага ээрчигиле.

64. Алла менин да Эгем, силердин да Эгеңер. Ага кулдук кылгыла. Ушул – Туруктуу жол».

65. Алар өз ара бир нече топторго бөлүнүп кетишти. Залимдерге кыямат күнкү оор азаптан өкүнүч бар.

66. Алар капылеттен аларга жетип келе турган кыяматты күтүп жатышабы? Алар (анын келгенин) сезбей да калышат.

67. Такыбалардан башка өз ара дос болгондор ал күнү бири-бирине душман болот.

68. (Такыбаларга айтылат): «Эй, Менин кулдарым! Силерге бүгүн коркунуч жок. Силер кайгырбайсыңар.

69. Биздин аяттарыбызга ишенип мусулман болгондорго (айтылат):

70. «Силер үй-бүлөңөр менен Бейишке киргиле. (Анда) жыргайсыңар!»

71. Аларга (анда) алтын табактар менен кеселерди сунуп айланып кызмат кылышат. Анда көңүл каалаган, көздөр курсант боло тургандын баарысы бар. Силер анда түбөлүк каласыңар!

72. Бул Бейишти кылган ишиңер үчүн ээлейсиңер.

73. Силер үчүн анда жей турган ар кыл жемиштер көп. Алардан жей бересиңер.

74. Күнөөкөрлөр Тозоктун азабында түбөлүк калышат.

75. Аларга жеңилдик берилбейт. Алардын үмүтү өчөт.

76. Биз аларга зулумдук кылбадык. Бирок, алар өздөрүнө өздөрү зулумдук кылышты.

77. Алар (Тозокто) чакырышты: «Эй, Малик! Сенин Эгең биздин иштин чечсин!» Ал айтты: «Силер (ушинтип түбөлүк) турасыңар».

78. (Аларга Алладан жооп келет): «Биз силерге акыйкатты алып келгенбиз. Бирок, көпчүлүгүңөр акыйкатты жек көргөнсүңөр».

79. Алар (акыйкатка каршы) бир иш кыла алыштыбы? (Аларга каршы ишти) Биз кылабыз.

80. Бизди алардын сырын, жашыруун сүйлөшкөндөрүн укпайт деп ойлоштубу? Жок! Биздин элчилер (периштелер) алардын жанында (туруп) жазып турушат.

81. Айт: «Эгер Рахмандын баласы бар болсо, анда мен (ага) биринчи кулдук кылат элем».

82. Субхана! Асмандар менен жердин жана Улук Арштын Эгеси алар сыпаттагандардан Бийик!

83. Аларга убада кылынган күн келип Ага жолугушканга чейин куру сөз менен кыялга баткандарды ташта.

84. (Жети кат) Асмандын Кудайы да, жердин Кудайы да Ал Өзү. Даанышман да, Билүүчү да Ал Өзү.

85. Анын берекеси болсун! Асмандарга да, жердегилерге да, ал экөөсүнүн арасындагыларга да Анын бийлиги бар. Кыяматтын маалыматын да Ал (билет). Силер Ага кайрылып барасыңар.

86. Алардын Анын ордуна сыйынгандары колдоо көрсөтүп бийлик кыла албайт. Ким акыйкатка күбөлүк берсе (гана колдоо табат). Алар (муну) билишет.

87. А эгер сен алардан аларды ким жаратканын сурасаң «Алла» деп айтышат. Кантип алар баш тартып жатышат!

88. (Пайгамбардан) Ага айтылды: «О, Эгем! Бул калайык ыйманга кирбей жатат!»

89. Алардан кайт да, айт: «Салам!» Алар жакында билишет.

44. ДУХАН СҮРӨӨСҮ[1]

ТҮТҮН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Ха, Мим.

2. Түшүнүктүү Жазууну (күбө кылып) касам берем!

3. Биз аны Кадыр түндө түшүрдүк. Биз эскертип жатабыз.

4. Анда даанышмандык менен чечилген иштер бөлүнөт.

5. Ал Бизден (буйрук болгон) иштер. (Элчи периштелерди) биз жөнөтүп турабыз.

6. (Алар) сенин Эгеңдин рахматы менен (түшүшөт). Угуучу да, Билүүчү да Ал Өзү.

7. Эгер силер бекем ишенсеңер, Ал (жети кат) асман менен жердин да, ал экөөнүн арасындагылардын да Эгеси.

8. Андан башка Кудай жок. Ал тирилтет, өлтүрөт. Ал силердин да Эгеңер, оболку аталарыңардын да Эгеси.

9. Жок! Алар [бүгө] шектенишип оюн кылып жатышат.

10. Асманды [каптаган] ачык түтүн чыгарган күн келгиче күтүп тур.

11. Ал калайыкты каптайт. Бул – оор азап!

12. [Калайык айтат]: «Эгебиз! Бизден азапты кайтар, биз [Сага] ишенебиз!»

13. Кантип? Алар үчүн эскертүү [болгон]. Аларга элчи-пайгамбар да ачык эле келген.

14. Ошондон кийин да алар андан жүз бурушкан. Айтышкан: «Үйрөтүлгөн жинди экен!»

15. Биз азапты бир аз га [кечиктирип] кайтардык. Силер кайра эле [күнөөгө] кайттыңар.

16. Биз ал күнү чоң азапка салабыз. Биз өч алабыз!

17. ...Мурда эле Биз Фараондун калкын сынаганбыз. Аларга шарапаттуу элчи-пайгамбар келген.

18. [Ал ошондо айткан]: «Мага Алланын кулдарын өткөрүп бергиле! Мен силерге ишеничтүү элчи-пайгамбармын.

19. Аллага текеберлик кылбагыла. Мен силерге ачык далилдер менен келдим.

20. Силерди мени ташбараң кылбасын деп, мени менен силерди [жараткан] Эгеме сыйынып келдим.

21. А эгер силер мага ишенбесеңер, анда менден бөлүнгүлө».

22. Ал [Муса] Эгесине дуба кылды: «Булар күнөөкөр калайык экен!»

23. [Алла айтты]: «Менин кулдарым менен түн жамынып акырын чык. Силерди куугандар келет.

24. Деңизди тынч кой. Ага аскерлер чөгөт».

25. Алар нечендеген бак-даректары менен булактарын калтырышты.

26. Эгинзарларын да, салтанаттуу [ордо-сарай] турак жайларын да.

27. Жыргал сүргөн бак-таалайын да!

28. Ушундай болгон! Биз аларды башка калайыкка мурас кылып бердик.

29. Алар үчүн асман да, жер да ыйлаган жок. Аларга [узартылган] мөөнөт да берилген эмес!

30. Биз Исраил урпактарын кор кылган азаптан куткардык.

31. Фараондон. Ал чектен ашкан текебер болчу.

32. Биз [Исраил урпактарынан] өзүбүз билгендей ааламдарга [пайгамбарларды] тандап алдык.

33. Биз аларга [далилдүү] аяттарыбызды келтирдик. Анын ичинде [алар үчүн] ачык сыноолор да бар болчу.

34. Булар айтып жатышат:

35. «Ушул [жашоо эле] бар. Бир жолу өлүшүбүз бар, кайра тирилбейбиз!

36. Эгер туура айтып жатсаңар, анда биздин [өлүп кеткен] ата-бабаларыбызды алып келгиле!»

37. Алар жакшыбы же алардан мурдагы Тубба калкыбы? Биз аларды кыйратканбыз. Алар күнөөкөр калайык болчу.

38. Биз [жети кат] асман менен жерди, ал экөөнүн арасындагыларды ойноп жараткан эмеспиз.

39. Биздин ал экөөнү жаратканыбыз ак! Бирок, алардын көпчүлүгү эле [муну] билишпейт.

40. Айрылыш күн алардын баарысы үчүн [белгиленген бир] мөөнөт.

41. Ал күнү достун доско эч бир пайдасы тийбейт. Аларга жардам да берилбейт.

42. Алла кимге ырайым кылса, [ошол гана кутулат]. Улук да, Ырайымдуу да Алла Өзү.

43. Заккум деген дарак бар.

44. [Анын жемиши] – күнөөкөрдүн тамагы.

45. [Ичкендердин] курсагында эритилген жездей кайнайт.

46. Суу кайнап жаткандай!

47. [Периштелерге айтылат]: «Кармагыла! Ар бирин Тозоктун чок ортосуна ыргыткыла!

48. Андан кийин да башынан төмөн карай кайнаган «азап суусунан» куйгула».

49. [Капырларга айтылат]: «Же, [азабыңды]! Сен улуу урматтуу элең!

50. Ишенбегениңер үчүн [жазаңар] ушундай».

51. Такыбалар сак-саламат жайда.

52. Бактар менен булактардын арасында турушат.

53. Алар жука жашыл жибектен кийинишет, бири-бирине бет маңдай отурушат.

54. Ушундай! Биз аларды бакырайган кара көз үр кыздарга да үйлөндүрөбүз.

55. Алар анда аман-эсен, ар кыл жемиштерди сурап жей беришет.

56. Алар анда биринчи өлгөндөн башка [мурдагыдай] өлүмдүн даамын да татпайт. [Анткени], Ал аларды Тозоктун азабынан куткарды.

57. Эгеңдин ырайымы менен! Бул деген улуу жеңиш!

58. Биз аны [Куранды] сенин тилиңе жеңил кылдык. Балким, алар эстеп жүрүшөөр.

59. Күтүп тур. Алар да күтүп турушат.

45. ЖААСИА СҮРӨӨСҮ[1]

ТИЗЕ БҮККӨНДӨР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Ха, Мим.

2. (Бул) – Улук, Даанышман Алладан түшкөн Жазуу.

3. Ыймандуу пенделер үчүн (жети кат) асманда да, жерде да аяттар бар.

4. Анын силерди жаратканында да, жан жаныбарларды (жер бетине) тараткандыгында да бекем ишенген калайык үчүн аяттар бар.

5. Түн менен күндүн алмашышында, Алланын ырыскы кылып асмандан сууну түшүргөнү, аны менен солугандан кийин да жерди жандандырганы жана булуттарды айдаганында акыл жүгүрткөн калайык үчүн аяттар бар.

6. Бул – Алланын аяттары. Аларды Биздин сага окуп жаткандыгыз ак. Алар Алланын сөзү менен аяттарынан кийин да (башка) эмнеге ишенишет?

7. Ар бир жалганчы күнөөкөргө өкүнүч!

8. Ал ага окулган Алланын аяттарын угат да, андан кийин да укпагандай текеберлик кылып өз оюнан кайтпайт. Ага оор азаптын бар экенин сүйүнчүлө!

9. А эгер Биздин аяттарыбыздан маалымат алган болсо, анда аны шылдыңдап күлөт. Буларды кор кыла турган азап бар.

10. Алардын келечегинде Тозок турат. Аларды кылган ишинен эч бир нерсе, Алланын ордуна куткаруучу кылып алгандары да куткара албайт. Алар үчүн улук азап бар.

11. Бул (Куран) – Туура жол. Эгесинин аяттарына ишенбей капыр болгондорду кыйнай турган оор азап бар.

12. Алла силерге кемелер менен сүзүп, анын ырайымы менен (ырыскыңарды) издешиңер үчүн деңизди баш ийдирди. Балким, силер (буга) шүгүр кыларсыңар.

13. Ал силерге асмандагыларды да, жердегилерди да, бүт баарысын баш ийдирди. Мында пикир жүргүзгөн калайык үчүн аяттар бар.

14. Ыймандуу пенделерге айт. Алар Алланын күнүнөн (жакшылыкты) үмүт кылбагандарды кечирип коё беришсин. Анткени, Ал (мындай) калайыкты кылганына жараша жазасын бериши керек болчу.

15. Ким жакшылык кылса, анысы – өзүнө. А ким жамандык кылса, анысы – анын өзүнө. Кийин Эгеңерге кайрылып барасыңар.

16. Биз Исраил урпактарына Жазууну да, даанышмандыкты да, пайгамбарчылыкты да бердик. Жакшы ырыскылардан да бердик. Биз аларга ааламдагылардан артыкчылыкты да бергенбиз.

17. Биз алардын (кыла турган) ишине ачык далилдерди да келтирдик. Аларга илим келгенден кийин да өз ара бири-бири менен кас болушуп бөлүнүп кетишкен. Сенин Эгең алардын ортосундагы талашты кыямат күнү чечет.

18. Андан кийин Биз сени шарият ишин жолго коюшка буйрудук. Сен ага ээрчи. Билбегендердин көңүл азгырыгына ээрчибе.

19. Алар сени Алладан эч нерсе кылып куткара алышпайт. Залимдер бири бирине дос. Алла – такыбалардын Колдоочусу.

20. Бул (Куран) – калайык үчүн көрүнүп турган (аят), Туура жол. Бекем ишенген калайык үчүн (Алланын) рахматы.

21. Же жаман иштерди жасагандар (ушинтип) ойлоштубу? Биз аларды ыймандуу пенделер менен жакшы иштерди жасагандарга окшош кылдыкпы? Алар өздөрүнүн жашоосу менен өлүмүн (алардыкы менен) бирдей деп жатышабы? Кандай жаман чечим чыгарып жатышат!

22. Алланын (жети кат) асман менен жерди жаратканы ак. Анткени, ар бир жан кылган ишинин жазасын алышы керек болчу. Аларга зулумдук кылынбайт.

23. Сен өзүнүн куру кыялын Кудай кылып алганды көрдүңбү? Алла аны билимге (жеткирбей) адаштырып салды. Анын уга турган (кулагын) да, жүрөгүн да бекитип жаап салды. Анын көрө турган (көздөрүнө) да парда тартып жапты. Алла (ушундай кылгандан) кийин аны ким Туура жолго сала алат? Эсиңерге келбейсиңерби?

24. Алар айтышты: «Дүнүйөлүк жашообуз эле бар, башка жашоо жок. Биз жашайбыз, өлөбүз. Бизди убакыт өлтүрөт». Алардын мындан башка билгени да жок. Алар болжол кыла беришет.

25. А эгер аларга Биздин ачык далилдүү аяттарыбыз окулса, алар далил таппай (ушинтип) айтышат: «Эгер туура айтып жатсаңар, анда (өлүп калган) аталарыбызды алып келгиле!»

26. Айт: «Силерди Алла тирилтет, андан кийин өлтүрөт. Андан кийин Кыямат күнү (тирилтип) жыйнайт. Буга эч бир күмөн жок. Бирок, калайыктын көпчүлүгү эле (буга) ишенбейт».

27. (Жети кат) Асмандын да, жердин да бийлиги Алланыкы. Кыямат күнү сааттын (убактысы) келет. Ал күнү жалганчыларды кусур урат!

28. Сен (ошондо) ар бир үмөттүн тизе бүгүп ийилип турганын көрөсүң. Ар бир үмөт өзүнүн китебине чакырылат: «Эмне иш жасаган болсоңор, бүгүн (ошого жараша) жазаланасыңар.

29. Биздин бул китебибиз силерге каршы акыйкатты айтат. Силер эмне иш жасаган болсоңор, Биз аны жазып койгонбуз».

30. Ал эми ыйманга киргендерди, жакшы иштерди жасагандарды Эгеси Өзүнүн рахматына (Бейишке) киргизет. Бул – даана жеңиш!

31. Ал эми капырларга (айтылат): «Силерге Менин аяттарым окулганда текебердик кылган эмес белеңер? Андан кийин да күнөөкөр калайык болуп кеткенсиңер».

32. Бир убакта (силерге) айтылган: «Алланын убадасы ак. Сааттын келишине шек жок». Силер айткансыңар: «Саат деген эмне экенин биз билбейбиз. Биз (келсе келер) деп ойлоп коёбуз. Биз (буга) бекем ишеничте эмеспиз».

33. Алардын жасаган жаман иштери ачыкка чыгып көрүндү. Алардын шылдыңдап күлгөндөрү да (азап болуп) өз баштарына жетти.

34. (Капырларга) айтылат: «Бүгүнкү жолугуша турган күнүңөрдү унутканыңардай Биз да силерди бүгүн унутабыз. Силердин жайыңар Тозок оту! Силерге (эми) жардам берүүчү да жок!

35. Алланын аяттарын шылдың кылганыңар үчүн ушундай болдуңар. Силерди дүнүйөлүк жашоо азгырып кеткен». Алар андан чыгарылбайт. Аларга ырайым да кылынбайт.

36. (Жети кат) Асман менен жердин Эгеси, ааламдардын Эгеси Аллага шүгүр!

37. (Жети кат) Асманда да, жерде да Ал Улук (Кудай)! Улук да, Даанышман да Ал Өзү!

46. АХКАФ СҮРӨӨСҮ[1]

КУМ ДӨБӨЛӨР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Ха, Мим.

2. (Бул) Улук, Даанышман Алладан түшкөн Жазуу.

3. Биздин (жети кат) асман менен жерди да, ал экөөнүн арасындагыларды да белгилүү бир мөөнөткө жаратканыбыз ак. Капырларга мындан эскертүү болсо деле баш тартып жатышат.

4. Айт: «Силер Алланын ордуна сыйынгандарыңарды карап көрдүңөрбү? Алардын жерде жараткандарын, же асмандардын бийлигине шериктештиги бар экенин мага көрсөткүлөчү? Эгер туура айтып жатсаңар, анда буга (Куранга) чейинки Жазуудан же калган илимден мага алып келгиле!

5. Алланы таштап, кыяматка чейин эч бир жооп кайтара албагандарга сыйынгандан да адашкан ким бар? Алары болсо, алардын дубасын деле аңдабайт.

6. Аларга калайык жыйылган (кыямат күнү) алар душман болот. Алардын кылган кулдугуна каршы турушат.

7. Аларга Биздин далилдүү аяттарыбыз окулса да, капырлар өздөрүнө келген акыйкатка (карата) айтышты: «Бул (Куран) – даана сыйкыр экен».

8. Же, аны оюнан чыгарып айтып жатат деп жатышабы? Айт: «Эгер мен аны ойлоп чыгарган болсом, анда силер мени Алладан эч бир кутказа албайт болчусуңар. Ал силердин бейчеки сөзүңөрдү жакшы билет. Силер менен менин ортомо Ал жетиштүү Күбө! Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Ал Өзү!»

9. Айт: «Мен элчи-пайгамбарлардын (биринчи келген) жаңысы да эмесмин. Мени менен силерди (Алланын) эмне кылышын да билбейм. Мен мага келген жашыруун кабарга гана ээрчийм. Мен – ачык эскертүүчүмүн».

10. Айт: «Эгер ал (Куран) Алладан (түшкөн) болсо), өзүңөрдүн ага ишенбей каршы болуп жатканыңарды карап көрдүңөрбү? Исраил урпактары деле ага окшош (Жазууга) күбө болуп күбөлүк беришкен. Алар ишенди, силер текеберлик кылып жатасыңар. Алла залим калайыкты Туура жолго салбайт!

11. Капырлар ыймандуу пенделерге айтышты: «Эгер ал (ислам) жакшы болсо, алар бизден озуп ага (кирбеген болор эле)». Качан алар Туура жолду таппай калышса айтып жатышат: «Бул – эски жалган экен!»

12. Ага (Куранга) чейин Мусанын Жазуусу жол башчы да, рахмат да болчу. А бул болсо, залимдерди эскертиш жана жакшылык кылгандарга куш кабар жеткириш үчүн араб тилинде тастык кылуучу Жазуу (Куран) болду.

13. «Алла – Биздин Эгебиз» дегендер бар. Алар ошондон кийин да бекем турушса, анда аларга коркунуч жок. Аларга кайгы да жетпейт.

14. Булар – Бейиштин тургундары. Анда жасаган иштеринин акыбетинен улам түбөлүк калышат.

15. Биз инсанга ата-энесине жакшылык кылышын осуят кылдык. Энеси аны кыйналып көтөргөн, кыйналып жатып төрөгөн; көтөргөнү менен (эмчектен) чыгарганы отуз ай болчу. Ал балакатка толуп, (андан кийин) кийин кырк жашка жетсе айтат: «Эгем! Мени Өзүңө ыкылас менен шүгүр кылгандардан кыл. Анткени, Сен мага да, менин ата-энеме да бак-таалай бердиң. Мени Өзүң ыраазы болгудай жакшы иш жасагандардан кыл. Мага да, менин урпактарыма да жакшылыкты насип кыл. Мен сага тобо кылдым. Мен сага баш ийгендердин биримин».

16. Булардын жасаган жакшылык иштерин кабыл кылабыз. Алардын Бейиштин тургундары кылып, жамандыктарын кечирип жиберебиз. Аларга берилген убада чын болчу.

17. Ата-энелерине (ушинтип) айткандар бар: «Түү, экөөңөргө! Мени (өлгөндөн кийин да) кайра (тирилип) чыгышымды убада кылып жатасыңарбы? Мага чейин да канча муундар өттү го!» Экөөсү Алладан жардам сурашат (да, айтышат): «Сага өкүнүч! Ыйманга кир! Алланын убадасы ак!» Ал (ата-энесине) айтат: «Бу (сөзүңөр) илгеркилердин эле жомогу экен!»

18. Мындайларга буларга чейин өткөн инсан менен жин калкына (айтылган) сөздүн акыйкаты чыгат. Аларды кусур урган болчу!

19. Ар кимдин кылган ишине жараша даражалары да бар. Анткени, Ал (Алла) алардын кылган иштеринин акыбетин бериши керек болчу. Аларга зулумдук кылынбайт.

20. Ал күнү (периштелер) капырларды Тозок отуна алып келишет. (Аларга айтылат): «Силер дүнүйөлүк жашоодогу жакшы (турмушуңарды) өткөрүп жибердиңер. Анын пайдасын көрдүңөр. Бүгүн кордук (берген) азап менен жазаланасыңар. (Анткени), Жер бетинде ак жүрбөй текеберлик кылгансыңар. Силер ыпыластык кылгансыңар!

21. ...Ад (калкынын) бир тууганын (Худду) эскер. Бир убакта ал Ахкафтагы калкын эскертти. Аларга ага чейин да, кийин да эскерткендер болуп өткөн. (Худ айтты): «Алладан башкага кулдук кылбагыла! Мен силерге (келчү) улуу күндүн азабынан корком!»

22. Алар айтышты: «Сен биздин кудайларыбызды жалганга чыгарып келдиңби? Эгер сен чын айтып жаткандардан болсоң, анда бизге берген убадаңды келтир».

23. (Худ) айтты: «(Кыяматтын) маалыматы Аллада. Мен силерге жөнөтүлгөн (ишим менен) келдим. (Аны) силерге жеткирип жатам. А бирок, мен силердин наадан калайык экениңерди да көрүп турам».

24. Алар өздөрүнүн өрөөнүнө карай келе жаткан булутту көрүшкөндө айтышты: «Бул булут бизге жамгыр жаадырат экен». (Худ айтты): «Жок! Силер шаштырган нерсе ушул. Анда оор азап бар.

25. Ал Эгесинин буйругу менен ар кандай нерсени кыйратып жок кылат». Таң атты. Жашаган турак жайларынан башка эч нерсе көрүнбөйт. Биз күнөөкөр калкты ушинтип жазалайбыз!

26. Биз аларды жер бетинде силерге караганда да бекем жайгаштырганбыз. Аларга уга турган (кулакты) да, көрө турган (көздү) да, жүрөктү да бергенбиз. Аларды уга турган (кулагы) да, көрө турган (көзү) да, жүрөгү да куткара алган жок. Анткени, Биздин аяттарыбызды четке кагышат эле. Шылдың кылып күлгөндөрү өз баштарына жетти.

27. Биз силердин айлана-тегерегиңердеги (калаалардын бүт баарысын) кыйраттык. Биз аларга аяттарды бөлүп-бөлүп түшүндүргөнбүз. Балким, алар (ыйманга) кайтышаар.

28. Алланын ордуна (Аллага) жакындаштырат деп сыйынган кудайлары аларга жардам берген болсочу! Жок! Алардан алар адашты. Алардын ойлоп тапкан жалгандары ушундай болду!

29. Бир убакта Биз сага Куранды угуш үчүн бир топ жиндерди жөнөттүк. Алар ага жетип келишкенде (бири бирине) айтышты: «Жым тургула!» Качан окулуп бүткөндө (кайтып келип) өздөрүнүн калкына эскертмекчи болушту.

30. Алар айтышты: «Эй, калкыбыз! Биз мурдагы (Жазууларды) тастык кылган, Мусадан кийин түшүрүлгөн Жазууну уктук. Ал акыйкатка да, Туруктуу жолго да баштайт экен.

31. Эй, калкыбыз! Аллага чакыруучуга жооп кайтаргыла. Ага ишенгиле. (Ошондо) Ал (Алла) да силерди кечирет. Оор азаптан да силерди сактайт экен.

32. А ким Аллага чакыруучуга жооп кайтарбаса, ал Жер бетинде (Алланын бийлигин) алсырата албайт. Ага Андан башка колдой тургандар деле болбойт. Мындайлар даана адашкан (жолдо кала беришет)!»

33. Алар Алланын асмандар менен жерди жаратканын көрүшпөдүбү? Аларды кыйналбай жаратканын көрүшпөдүбү? Ал өлгөндөрдү тирилтишке күчү жетпейби? Жок! Ал бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

34. Ал күнү капырларды Тозок отуна алып келишет. (Аларга суроо берилет): «Бул акыйкат эмес бекен?» Алар айтышат: «Эгебизге касам! Ырас экен!» Ал (Алла) айтат: «Ишенбегениңердин азабын жегиле!»

35. Бекем турган элчи-пайгамбарлар сабыр кылгандай сабыр кыл. Аларды шаштырба. Ал күнү алар убада кылынган (азапты) көрүшөт. Алар бир күндүн бир саатынча эле тургандай болушат. (Бу кабар аларга) жеткен болчу. Ыпылас калайыктан башкалар да кыйрачу беле?

47. МУХАММАД СҮРӨӨСҮ[1]

МУХАММАД

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алланын жолунан тоскон капырларды (Алла) кылган иштеринен адаштырды.

2. Ыйманга киргендер, жакшы иштерди жасагандар, Мухаммадга түшүрүлгөнгө ишенгендер бар. Анын (ага) Эгесинен (түшкөнү) ак. Ал алардын жамандыктарын өчүрдү. Алардын иштерин оңдоду.

3. Анткени, капырлар жалганга ээрчишкен. А ыйманга киргендер Эгесинен келген акыйкатка ээрчишкен болчу. Алла калайыкка ушинтип алардын мисалдарын келтирип жатат.

4. Эгер (силерге согуш кылып келген) капырларды жолуктурсаңар, аларды кылыч менен моюндарына чабышыңар керек. А эгер аларды басып алсаңар, анда бекем кишендеп (туткунга алышыңар керек). Андан кийин же ырайым бересиңер, же төлөм алып бошотосуңар. Согуштун аягына чейинки жүгү ушундай. А эгер Алла кааласа, Ал Өзү деле өч алат болчу. Бирок, Ал силерди бири бириңер менен сынагысы келет. Ал эми Алланын жолунда өлтүрүлгөндөрдүн жасаган иштерин Ал эч качан текке кетирбейт.

5. Аларды Туура жолго салат. Жасаган иштерин оңдойт.

6. Аларды (мурда эле) билген Бейишке киргизет.

7. Эй, ыймандуу пенделер! Эгер силер Алланын жолуна жардам берсеңер, анда Ал да силерге жардам берет. Кадамыңарды бекем кылат.

8. А капырларды жок кылып, кылган иштеринен да адаштырат.

9. Анткени, алар Алла түшүргөн (Куранды) жек көрүшкөн болчу. Ал алардын жасаган иштерин да текке кетирет.

10. Алар Жер бетин кыдырышып, аларга чейинкилердин акыры кандай болгонун көрүшпөдүбү? Аларды Алла кыйраткан. Капырларга да алардын мисалы келет.

11. Анткени, ыймандуу пенделердин Колдоочусу Алла болчу. Капырлар үчүн колдоочу да жок.

12. Алла ыйманга киргендер менен жакшылык иштерди жасагандарды алдынан дарыялар агып турган Бейиш бактарына киргизет. А капырлар бул дүйнөнүн пайдасын көрүшөт. Малга окшоп тамак жешет. Алардын турар жери Тозок оту.

13. Биз сени чыгарган калааңдан да бекем күч-кубатка ээ нечендеген калааларды кыйраттык. Аларга жардам берүүчү да болгон жок!

14. Кимдир бирөө ачык далилге ээ болсо, анда ал (жасаган) жаман иши өзүнө ажайып кооз көрсөтүлгөн бирөөгө окшойбу? Алар көңүл азгырыгына ээрчип кетишти.

15. Такыбалар үчүн убада кылынган Бейиштин мисалы (ушундай): анда (даамы, жыты, түсү) бузулбаган дарыя да, даамы бузулбаган сүттөн болгон дарыя да, ичкендерге жагымдуу шараптан болгон дарыя да, таза балдан болгон дарыя да бар. Алар үчүн анда ар кыл жемиштер да бар. Аларга Эгесинин кечирими бар. (Булар) түбөлүк Тозок отунда калып, кайнак суу ичип ичегилери үзүлгөндөргө окшойбу?

16. Алардын арасында сени угуп жатышкандары да бар. Алар сенин алдыңдан чыгышкандан кийин билим берилгендерге айтышты: «Азыр ал эмне деди?» Алла булардын жүрөктөрүн бекем жапты. Алар көңүл азгырыктарына ээрчип кетишти.

17. Ал (Алла) Туура жолдо жүргөндөрдүн Туура жолун улай берет. Аларга такыбалыкты да берди.

18. Алар сааттан башканы күтүп жатышабы? Ал аларга капыстан келет. Анын бир топ белгилери келип да калды. А саат келип калган болсо, аларга эскертүүнүн кандай пайдасы бар?

19. Бил! Алладан башка Кудай жок. Күнөөң үчүн да, ыймандуу пенделер үчүн да, ыймандуу аялдар үчүн да кечирим тиле. Алла силердин жүргөн жериңерди да, токтогон жериңерди да билип турат.

20. Ыймандуу пенделер айтып жатышат: «Бир сүрөө түшсө болот эле!» А эгер согуш тууралуу өкүм болуп эскертилген сүрөө түшсө, анда

жүрөгүндө арамы барлардын өлүмдөн коркуп, жалдырап сени карап турушканын көрөсүң. Алар үчүн ылайыгы (ушул) эле!

21. Моюн сунушу, жакшы сөзү (керек болчу)! А эгер иш бекем чечилген болсо, Алланын (буйругун) тастык кылса өздөрүнө жакшы болор эле.

22. А мүмкүн, жер бетинде бузукулук кылып, туугандык байланышыңарды да үзүп аркаңарга кайтасыңарбы?

23. Мындайларды Алла каргайт. Аларды дүлөй кылат. Аларды көрбөй турган да кылат.

24. Алар Куран жөнүндө ой жүгүртүшпөйбү? Же алардын жүрөктөрү жабыкпы?

25. Аларга Туура жол ачык баян кылынгандан кийин да аркасына кайтып кеткендер бар. Аларды шайтан арбады. Алардын үмүтүн улады.

26. Анткени, Алла түшүргөндү жек көргөндөр айтышты: «Биз кээ бир иште гана силерге баш ийебиз». Алла алардын сырларын билет.

27. Алардын жанын алып жатканда периштелер беттери менен жондоруна чапканда кандай болот?

28. Анткени, алар Алланын каары келген (ишке) ээрчип кетишкен. Анын ыраазылыгын жек көрүшкөн. Алардын жасаган иштерин (Алла) текке кетирди.

29. Же жүрөгү арамдар ичиндеги душмандыгын Алла чыгарбайт дешип ойлодубу?

30. А эгер Биз кааласак аларды сага көрсөтөт элек. Сен алардын белгисинен эле билет болчусуң. Күбүр-шыбыр сөздөрүнөн деле билмексиң. Алла кылып жаткан иштериңерди билип турат.

31. Биз силерди сынайбыз. Анткени, жихат кылгандар менен сабыр кылгандарды билишибиз керек болчу. Силердин айткан кабарларыңарды да сынайбыз.

32. Туура жол ачык баян болгондон кийин да Алланын жолунан тоскон, элчи пайгамбардан жүз үйүрүп бөлүнгөндөр бар. Алар Аллага эч бир зыян кыла алышпайт. Ал алардын жасаган иштерин текке кетирет.

33. Эй, ыймандуу пенделер! Аллага да баш ийгиле, элчи-пайгамбарга да баш ийгиле! Жасаган иштериңерди жокко чыгарбагыла.

34. Капыр болгондор жана Алланын жолунан тоскондор бар. Алар ушундан кийин өлүшкөн болушса, анда булар – капырлар. Алла аларды эч качан кечирбейт!

35. Эч качан (капырларга каршы согушта кайратыңардан жазып) алдан тайбагыла. Силер бийик келип турганыңарда тынчтык келишимге чакырбагыла. Алла силер менен бирге! Ал силердин ишиңерди өксүтпөйт.

36. Дүнүйө жашоосу оюн-күлкү, арбаган азгырык. Эгер силер ыймандуулукка кирсеңер, такыбалык кылсаңар, анда (Алла) жасаган ишиңердин акысын берет. Силерден мал-мүлкүңөрдүн да сурагын албайт.

37. Эгер Ал (мал-мүлкүңөрдөн) сураган болсо, силерден (бир ишти) талап кылган болсо, анда силер сараңдык кыла баштайсыңар. Ал силердин (көкүрөгүңөрдө жашырган) ачууңарды да (ачыкка) чыгарып коёт.

38. Мына, силерге Алла жолуна каржы кылыш үчүн чакырык болду. Ичиңерде сараңдык кылгандар бар. Ким сараңдык кылса, анда ал өзүнө сараңдык кылат. Алла – чексиз байлыктын Ээси. Силер – жардысыңар. А эгер силер баш тартсаңар, анда Ал силерди башка калайыкка алмаштырып деле коёт. Кийинкилер силерге окшобойт.

48. ФАТХ СҮРӨӨСҮ[1]

ЖЕҢИШ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Биз сага анык жеңиш бердик.

2. Анткени, Алла сенин мурдагы кылган күнөөңдү да, кийинки кыла турган күнөөңдү да кечирип, сага Өзүнүн бак-таалайын толук бериш менен бирге сени Туура жол менен Туруктуу жолго салышы керек болчу.

3. Сага улуу жардамын да бериши керек эле.

4. Ал (Алла) ыймандуу пенделердин жүрөгүнө сакинаны[2] түшүрдү. Анткени, ыймынынын үстүнө дагы ыймаы күч алышы керек болчу. Алланын (жети кат) асманда да, жерде да аскерлери бар. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

5. Ал алдынан дарыялары агып турган Бейиш бактарына ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдарды түбөлүк жашоого киргизип, алардын жамандыктарын да жок кылышы керек эле. Бул Алладан берилген улуу жеңиш!

6. Ал Алла туурасында жаман ойлогон мунапык эркектер менен мунапык аялдарды, мүшүрүк эркектер менен мүшүрүк аялдарды азапка салышы керек болчу. Аларга каршы кайрылып келчү жамандык бар. Алланын аларга каары келди. Аларды каргады. Аларга Тозокту даярдады. Ал кандай жаман турак жай!

7. Алланын (жети кат) асманда да, жерде да аскерлери бар. Алла Улук, Даанышман Кудай!

8. Биз сени күбө пайгамбар, кабарчы пайгамбар жана эскертүүчү пайгамбар кылып жибердик.

9. Анткени, силер Алла менен анын элчи-пайгамбарына ишенишиңер жана ага жардам беришиңер керек болчу. Аны (Алланы) улуктап тасбих айтышыңар керек эле.

10. Сага ант бергендер Аллага ант берип жатышат. Алланын колу алардын берген колуна күбө. Ким антын бузса, ал өзүнө каршы (иш кылып)

бузган болот. А ким (антына) турган болсо, ал өзү үчүн турган болот. Ким Аллага берген антынан кайтпай турса, анда ага улук энчиси да бар.

11. Сени менен (чыкпай) аркада калган арабдар айтып жатышат: «Биз үй-бүлөбүз менен мал-мүлкүбүзгө кармалып байландык. Бизге (Алладан) кечирим тиле». Алар жүрөгү менен эмес, тили менен айтып жатышат. Айт: «Силерге Алладан башка ким бийлик кылат? Эгер Ал кааласа силерге зыян кылат, же силерге пайда кылат». Жок! Алла силердин жасаган ишиңерден Кабардар!

12. Жок! Силер элчи-пайгамбарды да, ыймандуу пенделерди да эч качан үйлөрүнө (аман) кайтып келбейт деп ойлогонсуңар. Силердин ушундай жаман оюңар жүрөгүңөрдү ажайып кооз жай кылды. Арам ойлуу калк болдуңар.

13. Ким Алла менен анын элчи-пайгамбарына ишенбесе, (андай) капырлар үчүн Тозок отун даярдадык.

14. (Жети кат) Асман менен жердин бийлиги Алланыкы. Ал кимди кааласа кечирет, кимди кааласа азапка салат. Кечирүүчү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

15. Силер (убада кылынган) байлыкка карай кеткениңерде (согушка барбай) артта калгандар айтып жатышат: «Бизге да калтыргыла. Биз силерди ээрчийбиз!» Алар Алланын сөзүн бурмалагысы келип жатышат. (Аларга) айт: «Силер эч качан бизди ээрчий албайсыңар! Силер жөнүндө Алла мурун эле ушундай (кабар) айткан. Алар жакында (сага дагы) айтышат: «Жок! Силер бизге көрө албастык кылып жатасыңар!» Жок! Алардын түшүнүгү аз.

16. (Согушка барбай) артта калып калган арабдарга айт: «Силер жакында бир кубаттуу калайык менен согушушка чакырыласыңар. Силер аларга согуш кыласыңар, же алар (согушпай эле) баш ийишет. Эгер силер (Аллага) баш ийсеңер, анда Алла силерге жакшы акы берет. А эгер мурда баш тарткандай баш тартсаңар, анда Ал силерге оор азап берет».

17. (Согушка бара албаган) сокурга да күнөө жок, аксакка да күнөө жок, ооруга да күнөө жок. Ким Алла менен Анын элчи-пайгамбарына баш ийсе, Ал аны алдынан дарыялары агып турган Бейиш бактарына киргизет. А ким баш тартып кетсе, анда ага Ал оор азап берет.

18. Ыймандуу пенделер сага даректын алдында ант беришкенде Алла (алардан) ыраазы болду. Ал алардын жүрөгүндөгүнү билди. Аларга сакинаны түшүрдү. Алар жете турган жеңиш да жакын.

19. Алар көп байлыктарды (олжолоп) алышат. Улук да, Даанышман да Алла Өзү!

20. Алла силерге көп (олжо ала турган) байлыктарды убада кылды. Аларды аласыңар. Муну Ал силерге тездетти. Калайыктын колун силерден тосту. Силер үчүн бул бир аят болуш керек болчу. Ал силерди Туура жол менен Туруктуу жолго салыш керек болчу.

21. Дагы силер күч менен ала албай тургандарды да (берет). Алла аларды (силерге жеткирбей) тосуп курчады. Алла бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

22. А эгер ал капырлар силер менен согуш кылчу болсо, анда аркасына качышат болчу. Ошондон кийин алар өздөрүнө куткаруучу да, жардамчы да таба алмак эмес.

23. Алланын (мындай) жол-жобосу мурда деле болуп өткөн. Сен Алланын жол-жобосунан эч качан өзгөрүүнү таба да албайсың!

24. Ал силерден Меккенин ичинде да алардын колун (силерге жеткирбей) тосту. Ошондон кийин силер аларды жеңдиңер. Алла силердин эмне кылып жатканыңарды көрүп турат.

25. Капырлар силерди Харам Мечитине өткөрбөй, курмандыкты да жайына жетишинен тосту. Силер (Меккедеги) ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдарды билген жоксуңар. Муну билбей аларды басып кирип зыян кылсаңар силерге күнөө болот эле. (Алла буга жол берген жок), анткени Алла кимди кааласа ырайымына алышы керек болчу. А эгер (Меккедеги ыймандуу пенделер капырлардан) айрылып чыгып кеткен болгондо, (анда) андагы капырларга оор азап берген болор элек.

26. Ошондо капырлар жүрөгүнө каардуу – жайылдыктын каарын салганда, Алла Өзүнүн сакинасын элчи-пайгамбарга да, ыймандуу пенделерге да түшүрдү. Аларга такыбалыктын келмесин ажырагыс кылды. Алар мунун толук ээси болду. Алла бардык нерсени билет.

27. Алла Өзүнүн элчи-пайгамбарына көргөн (түшүн) тастыктады. «Силер Алла кааласа Харам Мечитине башыңардан чачыңарды кыскарта алдырып, аман-эсен киресиңер! Алла силер билбегенди билген болчу. Мындан башка жеңишти да жакын кылды».

28. Ал (Алла) Өзүнүн элчи-пайгамбарын Туура жолду жана Ак динди[3] бардык диндин үстүнөн бийик коюш үчүн жиберди. Алланын Өзү (буга) толук Күбө!

29. Мухаммад – Алланын элчи-пайгамбары. Аны менен бирге жүргөндөрдүн капырларга каары катуу. Өз ара бири-бири менен ырайымдуу. Алардын Алланын ырайымы менен ыраазылыгын тилеп рүкү-сажда кылганын көрөсүң. Алардын сажда кылгандарынын белгиси беттеринде да бар. Алардын ушундай (айтылган) мисалы Тооратта да бар болчу. Алардын белгиси (кабары) Инжилде да өсүп чыккан данга окшош, сабагы кубат менен бекем жай алып кулач кере өсүп, үрөн сепкендерди таң калтыргандай, муну менен капырлардын жинин келтиргидей болчу деп (айтылган) эле. Алла алардан ыйманга киргендерге да, жакшы иштерди жасагандарга да кечирим менен бирге улук акысын убада кылды.

49. ХУЖУРАТ СҮРӨӨСҮ[1]

ҮЖҮРӨЛӨР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Эй, ыймандуу пенделер! Алладан да, Анын элчи-пайгамбарынан да (чечим чыгарганда) алдыга озуп кетпегиле. Алладан корккула. Угуучу да, Билүүчү да Алла Өзү!

2. Эй, ыймандуу пенделер! Үнүңөрдү пайгамбардын үнүнөн бийик көтөрбөгүлө. Жасаган иштериңер текке кетпеш үчүн ага (сүйлөгөндө) бири бириңерге сүйлөгөндөй катуу үн менен сүйлөбөгүлө. Силер (муну) сезбей жатасыңар.

3. Алланын элчи-пайгамбарынын алдында үнүн акырын чыгарып сүйлөгөндөр бар. Алла булардын жүрөктөрүн сыноодон өткөрдү. Такыбалыкка (даярдады). Буларга кечирим да, улук энчиси да бар.

4. Сени алар үжүрөлөрдүн аркасынан (катуу үн менен) чакырып жатышат. Алардын көпчүлүгү эле акыл жүгүртө алышпайт.

5. А эгер аларга сен чыкканга чейин сабыр кылышса, алардын өздөрү үчүн жакшы болор эле. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

6. Эй, ыймандуу пенделер! Эгер бир ыпылас адам силерге бир кабар менен келсе, анда (анын чындыгын) тактагыла. Анткени, калайыкка жаңылыш жеткирип, кылган ишиңерге өкүнүп калбашыңар керек.

7. Силердин арааңарда Алланын элчи-пайгамбары бар экенин билгиле. Эгер ал силердин көп ишиңерге (көнүп) ээрчий берген болсо, анда силер кыйналып калмаксыңар. Бирок, Алла силер үчүн ыйманды сүйүктүү кылды. Аны менен жүрөгүңөргө ажайып көрк берди. Силерге капырлыкты да, ыпыластыкты да, укпай моюн толгогонду да жек көрсөттү. Булар түз жол менен кете беришет.

8. Алланын (берген) ырайымы, бак-таалайы менен! Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

9. Эгер ыймандуу калайыктан эки топ (бири-бирине каршы) согушуп жатса, анда алардын арасын жараштырып оңдогула. А эгер алардан бири жатса, анда алардын арасын жараштырып оңдогула. Калыс болгула. Алла адилеттүүлүк менен аларды жараштырып оңдогула. Калыс болгула. Алла калыстык кылгандарды сүйөт!

10. Ыймандуу пенделер бири-бирине бир тууган. Бир туугандарыңардын арасын жараштырып оңдогула. Алладан корккула. Балким, ырайым табаарсыңар.

11. Эй, ыймандуу пенделер! Бир эл (башка) бир элди маскара кылбасын. Мүмкүн, ал андан жакшыдыр. Аялдар (башка) аялдарды (маскара кылбасын). Мүмкүн, алар булардан жакшыдыр. Бири бириңерди өз ара

акаарат кылбагыла. Бири бириңерге (кемсинтип) шылдыңдаган ат койбогула. Ыймандын аркасынан «ыпылас» атка конгон кандай жаман! Кимдер тобо кылбаса, анда алар – залим пенделер!

12. Эй, ыймандуу пенделер! Көп ойлордон сак болгула. Кээ бир ойдо күнөө бар. Бири бириңерди аңдыбагыла. Бири бириңерди ушактабагыла. Силерден бириңер өлүп калган бир тууганынын этин жегенди жакшы көрөбү? Андан жийиркенет болчусуңар. Алладан корккула! Тобону кабыл кылуучу да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

13. Эй, калайык! Биз силерди бир эркек менен бир аялдан жараттык. Бири бириңерди билишиңер үчүн эл кылдык, уруу кылдык. Алланын алдында эң жакшыларыңар – мыкты такыбалык кылганыңар. Билүүчү да, Кабардар да Алла Өзү!

14. Бедөө арабдар айтып жатышат: «Биз ыйманга кирдик!» Айт: «Силер ыйманга кирген жоксуңар. Бирок, моюн сундук дей бергиле. А эгер Аллага, Анын элчи-пайгамбарына баш ийсеңер, анда Ал жасаган ишиңерден эч нерсесин кемитпейт». Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

15. Ыймандуу пенделер деген (алды менен) Аллага жана Анын элчи-пайгамбарына ишенген, андан кийин күмөн кылбаган, мал-мүлкү менен да, жаны менен да Алла жолунда жихат кылган пенделер! Булар - туура жүргөндөр.

16. Айт: «Аллага диниңерди билдиргиңер келеби? Алла (жети кат) асмандагыларды да, жердегилерди да билет. Алла бардык нерсени Билүүчү Кудай!».

17. (Бедөө арабдар) исламга киришкенин сага кылган жакшылыгы деп санашат. Айт: «Исламга киргениңерди мага кылган жакшылыгыңар дебегиле. Эгер туурасын билгиңер келсе, силерге Алла жакшылык кылды. Ал силерди Туура жолго салды. Ыйманга (киргизди)».

18. Алла (жети кат) асман менен жердин жашыруун сырларын билет. Эмне кылып жатканыңарды Көрүүчү да Алла Өзү!

50. КАФ СҮРӨӨСҮ[1]

КАФ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Каф. Улук Куранды (күбө кылып) касам берем!

2. Ырас! Аларга өздөрүнөн бир эскертүүчү келсе таң калышты. Капырлар айтышты: «Бул кызык нерсе экен!

3. Биз өлсөк, топуракка айлансакчы? Кайра тирилиш да узак экен!»

4. Биз алардын жерге жемирилгенин да билебиз. Бизде (баарысы жазылып) сакталган китеп да бар.

5. Жок! Алар өздөрүнө келген акыйкатты жалганга чыгарышты. Алар башы айланып жүрүшөт.

6. Алар үстүндөгү асманга карашкан жокпу? Биз аны кантип жараттык? Аны (жылдыздар менен) көрк бердик. Анда бир да жылчык жок.

7. Биз жерди жайганбыз. Анда бекем турган (тоолорду) орнотконбуз. Анда ар кыл кооз (өсүмдүктөрдү) жубу менен өндүрдүк.

8. (Буларды Алланы) эстеп тобо кылган ар бир кулга (аят кылдык).

9. Биз асмандан берекелүү сууну түшүрдүк. Аны менен ар кыл бакдарактарды, дан эгиндерди өстүрдүк.

10. Бийик (көтөрүлгөн) курмаларды (өстүрдүк). Алардын катар-катар тизилген мөмөсү бар.

11. Кулдарга ырыскы (кылдык). Биз аны (суу) менен солуган аймакты жандандырдык. Тирилип чыгыш да ушундай!

12. ...Алардан мурун да жалганга чыгарышкан: Нухтун калкы да, Ар-Рассанын тургундары да, Самуд (калкы) да,

13. Ад (калкы) да, Фараон да, Луттун бир туугандары да,

14. Ал-Айканын тургундары да, Тубба калкы да, – бүт баарысы элчи-пайгамбарларды жалганчы кылышты. Ошондо Менин коркунучум акыйкатына чыккан.

15. Биз биринчи жаратканда алдан тайдыкпы? Ырас! Алар кайра баштан жаратышыбызга күмөн кылышат.

16. Биз инсанды жаратканбыз. Биз анын напсиси аны азгырып жаткандын да билебиз. Биз ага күрөө тамырынан да жакынбыз.

17. Мына, оң жагында да, сол жагында да отурган эки каттоочу (периште күнөө-сообун) жазып жатат.

18. Эмне сөз сүйлөсө анын жанында (жаза турган) күзөтүүчү дайым даяр.

19. (Акыл-эсти жоготкон) өлүм мастыгы келери ак. Сен ушундан качтың эле!

20. (Мына)! Сурнай да тартылды. Убада болгон күн ушул!

21. (Мына)! Ар бир жан да келди. Аны менен бирге айдоочу да, күбө да бар:

22. «Сен мындан капылет жүрдүң эле. Биз сенден (тосуп турган) парданы алып салдык. Бүгүн сенин көзүң курч!»

23. Анын бир жолдошу (периште) айтат: «Мына, менде даяр (жазуу) бар».

24. (Периштелерге буйрук болот): «Ар бир моюн толгогон капырды Тозокко таштагыла!

25. Жакшылыкты тосконду! Күмөн кылып чектен чыкканды!

26. Ал Алланын ордуна башка кудайды жасаган! Аны катуу азапка таштагыла!»

27. Анын дагы бир жолдошу айтат: «Эгебиз! Мен аны азгырбадым. Ал өзү эле катуу адашып жүргөн болчу!»

28. (Алла) айтат: «Мага талаш-тартышыңарды айтпагыла. Мен силерди мурда эле коркутуп эскерткем.

29. Менин сөзүм эч качан өзгөрбөйт. Мен кулдарга залимдик кылуучу да эмесмин!»

30. Ал күнү Биз Тозокко айтабыз: «Сен толдуңбу?» Ал айтат: «Кошула турган (дагы) барбы?»

31. Бейиш да такыбалардан алыстабай жакын келди.

32. (Такыбаларга айтылат): «Силердей ар бир (ыймандуу) сактоочуга, (тобого) кайтуучуга убада кылынган (Бейиш) ушул.

33. Ким Рахмандан көрбөсө да корккон болсо, чын жүрөктөн тобо кылып келген болсо,

34. Ага тынчтык менен киргиле! Түбөлүк күн ушул!»

35. Аларга анда каалаганынын (баарысы) бар. Аларга Биздин да кошумчабыз бар.

36. ...Биз аларга чейин да нечендеген муундарды кыйратканбыз. Алар булардан да күч-кубаттуу болчу. (Кутула албай) шаарларды кезишти. Сактай турган жай барбы?!

37. Мында кимдин жүрөгү болсо, кулак салып укса, күбө болсо эскертүү бар.

38. Биз (жети кат) асман менен жерди жана ал экөөнүн арасындагыларды алты күндө жараттык. Биз чарчаган да жокпуз.

39. Алар эмне айтып жатышса да сабыр кыл. Эгеңди даңктап күн чыкканга чейин да, батканга чейин да тасбих айт.

40. Түндүн бир мезгилинде да, саждадан кийин да тасбих айт.

41. Ук! Ал күнү чакыруучу жакын жерден чакырат.

42. Ал күнү алардын бир чаңырык угушары ак! Тирилип чыгар күн ушул!

43. Биз тирилтебиз, өлтүрөбүз. Бизге кайрылып келиш бар.

44. Ал күнү жерлер жарылат. Андан шашыла (чыгып) жөнөшөт. Чогулар күн ушул. Бизге чогултуш оңой.

45. Алардын эмне айтып жатканын Биз жакшы билебиз. Сен аларга жабыр кылуучу эмессиң. Менин коркунучумдан (Тозогумдан) ким корксо, ага Куранды эскерт!

51. ЗААРИАТ СҮРӨӨСҮ[1]

ТАРКАТУУЧУЛАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. (Шамалдарды) таркатуучуларды (күбө кылып) касам берем!

2. Жүк тарткан (булуттарды күбө кылып) касам берем!

3. (Деңизде) жеңил сүзгөн (кемелерди күбө кылып) касам берем!

4. Буйруктарга бөлүнгөн (периштелерди күбө кылып) касам берем!

5. Силерге берилген убада чын.

6. Жаза күнү – боло турган окуя.

7. Жолдору бар асманды (күбө кылып) касам берем!

8. Силер (Куран туурасында) талаш-тартыш сөздү айттыңар.

9. Ким жүз үйүргөн болсо, андан ал жүзүн үйрүйт.

10. Жалганчылар өлүп кетсин!

11. Мейли, алар азаптын каарынан кабарсыз кала берсин.

12. Алар сенден сурап жатышат: «Жаза күнү качан келет?»

13. Ал күнү алар тозок отунда сыналат:

14. «Сынооңор (ушул болчу)! (Азабыңарды) жегиле! Силер так ушуну шаштыргансыңар!»

15. Такыбалар Бейиштеги бактар менен булактардын арасында жүрүшөт.

16. Алланын берген бак-таалайына ээ болушат. Анткени, буга чейин алар жакшылыкты жасашкан.

17. Түн ичинде алар аз укташкан.

18. Таң алдында алар кечирим тилешкен.

19. Алардын мал-мүлкүндө сурагандар үчүн да, жокчулук тарткандар үчүн да акысы бар болчу.

20. Жер бетинде бекем ишенгендер үчүн аяттар бар.

21. Силердин өзүңөрдө да бар. (Муну) көрбөй жатасыңарбы?

22. Асманда силердин ырыскыңар да, силерге берилген убада да бар.

23. (Жети кат) Асман менен жердин Эгесин (күбө кылып) касам берем! Ал (убада) ак! Силер айтып жаткандай эмес.

24. ...Сага Ибрахимдин сыйлуу конокторунун окуясы жеттиби?

25. Бир убакта алар (периштелер) келишти да, салам айтышты. Ибрахим да салам айтты: «Бейтааныш адамдар экенсиңер!»

26. Үйүнө кирди. Андан кийин (куурулган) торпоктун этин алып келди.

27. Аларга аны жакын жылдырды. Айтты: «Жебей жатасыңар го?»

28. Ал алардан коркунучту сезди. Алар айтышты: «Коркпо». Алар ага билимдүү баланы сүйүнчүлөштү.

29. Анын аялы кейип-кепчип жетип келди да, бетин чаап айтты: «Төрөттөн калган кемпир!»

30. (Периштелер) айтышты: «Ушундай! (Муну) сенин Эгең айтты. Билүүчү да, Даанышман да Ал Өзү!»

31. (Ибрахим) айтты: «Эй, элчилер! Силердин (дагы) кандай ишиңер бар?»

32. (Периштелер) айтышты: «Биз күнөөкөр калайыкка жөнөтүлдүк.

33. Аларга кесек таштарды атышыбыз керек.

34. Эгеңдин алдында чектен чыкканы үчүн (ар биринде) белгиси да бар».

35. Биз андан кимдин ыйманы болсо (куткарып) чыгардык.

36. Биз анда мусулман болгон бир үйдөн башканы да таппадык.

37. Биз анда оор азаптан корккондор үчүн аят да калтырдык.

38. ...(Эми), Муса жөнүндө. Бир убакта Биз аны ачык бийлик менен Фараонго жөнөттүк.

39. Ал бекем тырышып баш тартты да, айтты: «Сыйкырчы, же жинди экен!»

40. Биз аны да, анын аскерин да кармадык. Аларды деңиздин түбүнө таштадык. Ал (Фараон) жемеге татыктуу!

41. ...(Эми), Ад калкы жөнүндө. Бир убакта Биз аларга кыйратуучу бороонду жибердик.

42. Эмне туш болсо да, ал аны күлгө айландырып таштабай койбойт болчу.

43. ...(Эми), Самуд калкы жөнүндө. Бир убакта аларга айтылды: «Бир мезгилге чейин пайдалана тургула».

44. Алар Эгесинин буйругуна баш бербей кетишти. Аларга бир сокку жетти. Алар (муну) карап турушкан эле.

45. Алардын тике турушка да алы келбеди. Аларга жардам берүүчүлөр да болбоду.

46. ...Буга чейин Нухтун калкын (кыйратканбыз). Алар ыпылас калайык болчу.

47. Асманды колубуз менен тургуздук. Биз аны тынымсыз кеңейтип турабыз.[2]

48. Жерди жайып төшөдүк. Биз кандай жакшы төшөдүк!

49. Биз ар бир нерсени жуп жараттык. Балким, эстеп жүрөөрсүңөр.

50. (Айт): «Аллага карай жүргүлө. Мен Андан (силерге жиберилген) ачык эскертүүчүмүн.

51. Алладан башка Кудайга сыйынбагыла. Мен Андан (силерге жиберилген) ачык эскертүүчүмүн».

52. Алардан мурдагыларга да элчи-пайгамбар ушинтип келген. Алар деле айтышкан: «Сыйкырчы, же жинди экен!»

53. Алар бири-бирине насаат кылышты беле? Жок! Алар чектен чыккан калайык болчу!

54. Алардан артка кайт. (Ошондо) сен жемеге калбайсың.

55. Зикир кыл! Зикир ыймандуу пенделерге пайда берет.

56. Мен жин менен инсанды Мага кулдук кылсын деп жараттым.

57. Алардын Мага ырыскы беришин да каалабайм. Алардын Мага тамак беришин да каалабайм.

58. Ырыскы Берүүчү Алла Өзү! Чексиз күч Ээси да Ал Өзү!

59. Залимдердин күнөөсү күнөөгө шерик досторунун күнөөсүнчө болот. Мени шаштырбай турушсун.

60. Капырлар үчүн аларга убада кылынган күнү өкүнүч бар!

52. ТУР СҮРӨӨСҮ[1]

ТОО

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Тоону (күбө кылып) касам берем![2]

2. Жазылган Китепти (күбө кылып) касам берем![3]

3. Жазылган ыйык Баракты (күбө кылып) касам берем![4]

4. Курулган Үйдү (күбө кылып) касам берем![5]

5. Көтөрүлгөн Үйдүн чатырын (күбө кылып) касам берем![6]

6. Созулган Деңизди (күбө кылып) касам берем![7]

7. Сенин Эгеңдин азабы болот.

8. Аны тосуп кайтаруучу да жок.

9. Ал күнү асман титирейт.

10. Тоолор жылып кыймылдайт.

11. Ал күнү жалганга чыгаргандарга өкүнүч бар.

12. Алар (муну) оюнга айландырып шылдың кылышчу.

13. Ал күнү алар Тозок отуна түртүп киргизилет.

14. (Аларга айтылат): «Тозок оту ушул! Муну жалган дегенсиңер!

15. Бул сыйкыр бекен? Же көрбөй жатасыңарбы?

16. Күйө бергиле! Силер (эми), сабыр кылгыла, же сабыр кылбагыла, баары бир! Эмнени кылган болсоңор, анын жазасын алдыңар».

17. Такыбалар (ал күнү) бакыт коштоп Бейиш бактарында жүрүшөт.

18. Алар Эгеси бергендердин жыргалына батышат. (Анткени), аларды Эгеси Тозоктун азабынан куткарды.

19. Кылган ишиңер үчүн жыргап-куунап жегиле, ичкиле!

20. Сөөрүлөрдө катар-катар сүйөнүп отурушат. Биз аларды бакырайган кара көз үр кыздарга үйлөндүрөбүз.

21. Ыймануу пенделерди аларга зэрчиген ыймандуу урпактары менен кошобуз. Алардын кылган иштеринен эч нерсесин кемитпейбиз. Ар бир адам жасаган иши үчүн күрөөдө турат.

22. Биз аларга жегиси келген жемиштер менен эттерди кошуп беребиз.

23. Алар бири-бирине кеселерди сунушат. Анда бейчеки сөз да, күнөө да жок.

24. Аларга (кымбат) сакталган берметтей жаш жигиттер айланып кызмат кылып жүрүшөт.

25. Алар бири-бирине келишип өз ара суроо да беришет.

26. Алар айтышат: «Мурда биз үйүбүздө коркот элек.

27. Бирок, Алла Бизге ырайым кылды. Ал бизди алоолонгон оттон сактады.

28. Биз мурдатан эле Ага сыйынат элек. Ал – Ырайымдуу, Жакшы Кудай!»

29. Эгеңдин берген бак-таалайы менен эскерт! Сен бакшы да, жинди да эмессиң.

30. Же болбосо, алар (сен жөнүндө дагы) айтып жатышат: «Акын экен! Анын тагдыры алмашкыча күтөбүз».

31. Айт: «Күткүлө! Мен да силер менен бирге күтөйүн!»

32. Же аларды буга акылы буйрук берип жатабы? Же алар жолдон азган калайыкпы?

33. Же болбосо, алар (сен жөнүндө дагы) айтып жатышат: «Ал аны (Куранды) оюнан чыгарып айтты». Жок! Алар ишенбей жатышат!

34. Эгер алар чын сүйлөшсө, анда алар ушундай сөздү (таап) алып келишсин!

35. Же, алар бир нерседен жаралышкан эмеспи? Же, алар өздөрү жаратуучуларбы?

36. Же, (жети кат) асман менен жерди алар жаратыштыбы? Жок! Алар бекем ишенбей жатышат.

37. Же, аларда сенин Эгеңдин казыналары барбы? Же алар өкүмдарбы?

38. Же, алардын шатылары барбы? Аны менен (чыгып барып) угуп жатышабы? Алардан укканы ачык далилдерди келтирсин!

39. Алланыкы кыздар бекен? Силердики уулдарбы?

40. Же, сен алардан акы сурадыңбы? Алар карыздан оор абалга түштүбү?

41. Же, алар кайып сырларды билеби? Аны жазып жатышабы?

42. Же, алар куулук кылышты каалайбы? Капырлардын куулугу өздөрүнө кайтат!

43. Же, алардын Алладан башка да кудайы барбы? Субханалла! Алланын шериги жок!

44. Эгер алар асмандан бир бөлүк таштын түшүп келе жатканын көрүшсө деле айтышат эле: «Уюлгуган булут экен».

45. Аларды (чагылгандай) ура турган күнү келгиче ташта!

46. Ал күнү алардын куулугу аларды эч бир куткара албайт. Аларга жардам да кылынбайт.

47. Зулумдук кылгандарга мындан башка да азап бар. Бирок, алардын көпчүлүгү (муну) билишпейт.

48. Эгеңдин өкүмүнө сабыр кыл. Сен Биздин көз алдыбыздасың. Турган учуруңда да Эгеңди даңктап тасбих айт.

49. Түндүн бир бөлүгүндө да, жылдыздар кайып болорго (жакын) да тасбих айт.

53. НАЖМ СҮРӨӨСҮ[1]

ЖЫЛДЫЗ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Батып бараткан жылдызды[2] (күбө кылып) касам берем!

2. Силердин жолдошуңар адашкан жок. Жаңылып, жазган жок.

3. Ал кыял сүрүп бир нерсени сүйлөбөйт.

4. Бул (Куран) жашыруун кабар болуп берилип жатат.

5. Аны ага бекем күчтүн ээси (Жабраил) таалим берди.

6. Күч ээси (Жабраил келгенде Куран Мухаммед пайгамбардын жүрөгүнө) жай алды.

7. ...(Ал асмандын акыркы) улук чегинде турду[3].

8. Андан кийин (пайгамбарга) жакындады да, түшүп келди.

9. Ал эки жаа бою же андан да жакын болду.

10. Ал (Алла) кулуна кандай жашыруун кабарды (кааласа, аны) жашыруун кабар берди[4].

11. Аны эмне көргөнү жүрөгү алдаган жок.

12. Силер аны менен эмне көргөнүн талаш кыласыңарбы?

13. Ал (пайгамбар) дагы бир башка (периштенин) түшкөнүн көрдү.

14. Сидрат аль-Мунтахада[5] (турганда).

15. Ал (периште) Аль-Мава (Ордо) Бейишинин[6] алдында (экен).

16. Бир маалда Сидрат аль-Мунтаханы тосту, тосуп жаап калды.

17. (Пайгамбардын) көзү чектен ашык кете алган жок.

18. Ал Эгесинин улук аяттарын көрдү.

19. Силер Лат[7] менен Уззаны[8] көрдүңөрбү?

20. Башкасын да, үчүнчүсү – Манатты?[9]

21. Силердики эркекпи, Аныкы ургаачыбы?
22. Ушундай болсо, адилетсиз бөлүнгөн экен.
23. Алардын аттарын аталарыңар эле, силер өзүңөр эле атап койгонсуңар. Алла аларга бийлик да түшүргөн эмес. Алар көөнүн азгырган күрү ойго эле ээрчип жүрүшөт. Аларга Эгесинен Туура жол да келди.
24. Же инсанга кандай кааласа боло береби?
25. Акырет да, биринчи (жашоо) да Алланын бийлигинде.
26. Кимдир бирөөнү Алланын уруксаты болбой, каалоосу болбой, ыраазылыгы болбой, (жети кат) асмандагы нечендеген периштелердин колдоосу (болсо да) эч бир нерседен куткара албайт.
27. Алар акыретке ишенбей жатышат. Периштелерди ургаачылардын аты менен атап жатышат.
28. Алардын буга билими да жок. Алар ойго эле ээрчип жүрө беришет. Ой – акыйкаттан эч нерсени куткара да албайт!
29. Ким Биздин Зикирибизден (Курандан) баш тартса, дүнүйөлүк жашоодон башканы каалабаса, (анда сен да) алардан бурулуп кайт!
30. Алардын билимден жеткен чеги ушул эле. Сенин Эгең Өзүнүн жолунан кимдин адашканын абдан жакшы билет. Ал кимдин Туура жолдо кеткенин да абдан жакшы билет.
31. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Алланыкы. Ал жаман иштерди жасагандардын жазасын бергиси келет. Ал жакшы иштерди жакшылап жасагандардын да жазасын бергиси келет.
32. Майда-барат күнөөлөрдөн башка чоң күнөөлөр менен ыпыластыктардан сактангандардын да (ылайыктуу жазасы бар). Сенин Эгең чексиз кечиримдүү Кудай. Ал силерди жерден жараткандан бери да, энеңердин ичинде түйүлдүк экениңерден бери да абдан жакшы билет. Өзүңөрдү таза көрсөтө бербегиле. Ал кимдин такыба экенин да абдан жакшы билет.
33. Сен жүз буруп кеткенди көрдүңбү?
34. (Садака) берсе да, аз берди, (сараңдык кылып) кемитти.
35. Же анын кайып сырларды көрүп турган илими барбы?
36. Же ага Мусанын Ыйык Барагындагы кабар жетпедиби?
37. А Ибрахим (келген кабарды) толук аткарды эле го.
38. Бирөө башка бирөөнүн жүгүн (күнөөсүн) көтөрбөйт.
39. Инсанга кылган аракетинен башка жаза деле жок.
40. Анын кылган аракети жакында көрүнөт.
41. Андан кийин ага ылайыктуу жазасы берилет.
42. (Баарысы кыяматта) сенин Эгеңе барып токтойт.
43. Күлдүргөн да, ыйлаткан да Ал Өзү.
44. Өлтүргөн да, тирилткен да Ал Өзү.
45. Ал эркек менен аялды жуп кылып жаратты.
46. Бир тамчыдан. (Жатынга) төгүлгөн учурда.
47. Кайра жаратыш (тирилтиш) да Анын иши.

48. Байыткан да, ээ кылган да Ал Өзү.
49. Сириустун Ээси да Ал Өзү.
50. Ал оболку Ад калкын кыйратты.
51. Самуд калкын калтырган жок.
52. Мурда эле Нухтун калкын (кыйраткан). Алар ашкан залим, артыкча чектен чыккан болчу.
53. Оодарылган калааны[10] (көтөрүп жер алдына) атты.
54. Каптай турган нерсе аны каптады.
55. Эгеңдин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасың?
56. Бул эскертүүчү (элчи-пайгамбар) деле оболку эскертүүчү (элчи-пайгамбарлардын) бири.
57. (Кыямат) жакындашып жакын калды.
58. Алладан башка аны токтотуучу да жок.
59. Бул сөзгө таң калышып жатабы?
60. (Буга) күлүп жатасыңар, ыйлабай жатасыңар,
61. Силер (буга) көңүл бурбайсыңарбы?
62. Аллага сажда кылгыла! Кулдук кылгыла!

54. КАМАР СҮРӨӨСҮ[1]

АЙ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Саат (кыямат) жакындады. Ай (экиге) бөлүндү.
2. Эгер алар бир аят көрүшсө деле жүз бурушат да, айтып жатышат: «Узакка созулган сыйкыр экен».
3. Алар аны жалганга чыгарышты. Өздөрүнүн көңүл азгырыгына ээрчип кетишти. Ар бир иштин убактысы (орду да) бар.
4. Аларга кабарлар келди. Анда (каапырлыкты) токтотуш (керек деп айтылды).
5. Толук даанышмандык да бар болчу. (Аларга) эскертүү пайда бербеди.
6. Алардан бурулуп кайт. Ал күнү чакыруучу жаман нерсеге чакырат.
7. Алар мүрзөлөрүнөн жайнаган чегирткедей, көздөрү жалдырап чыгышат.
8. Чакыруучуга карай ынтылышат. Капырлар айтат: «Бул – оор күн!»
9. Аларга чейин Нухтун калкы жалганга чыгарышкан. Кулубузду жалганчы кылышты. Алар аны «Жиндисиң!» дешкен. Чакырыгын токтотушкан.
10. Ал Эгесине жалбарып дуба кылды: «Мен жеңилдим! Жардам бер!»
11. Биз нөшөр төккөн асман эшиктерин ачтык.

12. Жерден булактарды атырылтып чыгардык. Суу чечилип бүткөн буйрукка ылайык (бири-бирине) кошулду.

13. Аны тактайлардан мыктап (жасалган кемеге) салдык.

14. Биздин көз алдыбызда четке кагылган адамдын энчиси болуп сүзүп баратты.

15. Биз аны бир аят кылдык. Эстеген барбы?

16. (Аларга) эскерткенимден кийин азабым кандай болду!

17. Биз Куранды эстегенге жеңил кылдык. Эстеген барбы?

18. ...Ад калкы (аяттарбызды) жалганга чыгарды. (Аларга) эскерткенимден кийин азабым кандай болду!

19. Биз аларга каргашалуу күнү көпкө чейин ышкырган бороонду жибердик.

20. Ал калайыкты курманын сөңгөгү омкорулгандай жулуп алып жатты.

21. (Аларга) эскерткенимден кийин азабым кандай болду!

22. Биз Куранды эстегенге жеңил кылдык. Эстеген барбы?

23. ...Самуд калкы эскертүүнү жалганга чыгарды.

24. Ошондо айтышты: «Арабыздагы эле бир кишини ээрчийбизби? Андай болсо акылдан тайып адашабыз!

25. Арабыздагы эле бирөөгө кантип эскертүү келди? Жок, ал текебер жалганчы».

26. Ким текебер жалганчы экенин жакында билишет!

27. «Биз ингенди аларга сыноо кылып жиберебиз. Аларды күзөтүп тур, сабыр кыл!

28. Аларга суунун бөлүнгөнүн кабар кыл. Ар бири өз учурунда ичкени келиши керек».

29. Алар өздөрүнүн шеригин чакырышты. Ал келди да аны мууздап салды.

30. (Аларга) эскерткенимден кийин азабым кандай болду!

31. Биз аларга бир чаңырык жибердик. Ошондо самандай сапырылып жатып калышты.

32. Биз Куранды эстегенге жеңил кылдык. Эстеген барбы?

33. ...Луттун калкы эскертүүнү жалганга чыгарышты.

34. Биз Луттун үй-бүлөсүнөн башкаларына таш учурган шамалды жибердик. Биз аны үй-бүлөсүн таң алдында куткардык.

35. Өзүбүз ырайым кылып. Ким шүгүр кылса, ушинтип сыйлайбыз.

36. Ал Биздин каарыбызды аларга эскерткен. Эскертүүгө алар күмөн санашты.

37. Аны анын коногорунан алагды кылышты. Биз алардын көзүн сокур кылдык. (Айттык): «Менин эскерткен азабымды жегиле!»

38. Таң заарда аларга туруктуу азап жетти.

39. (Айттык): «Менин эскерткен азабымды жегиле!»

40. Биз Куранды эстегенге жеңил кылдык. Аны эстеген бирөө барбы?

41. ...Фараондун жек-жааттарына да эскертүү келди.

42. Алар Биздин бардык аяттарыбызды жалганга чыгарышты. Биз аларды бекем күч-кубат менен бекем кармадык.

43. Силердин капырларыңар (кыйраган) тигилериңерден да жакшыбы? Же силер үчүн Жазууларда (чийилген) жакшылык барбы?

44. Же алар: «Биз жеңилбес жамаатпыз!» – деп жатышабы?

45. Жакында (ал) жамаат качат. Аркасына да карап бурулбайт.

46. Жок! Кыямат алар үчүн убада. Кыямат – чоң коркунуч, катуу азап!

47. Күнөөкөрлөрдө акыл да жок, адашып кете беришет.

48. Кыямат күнү алардын жүздөрүн Тозок отуна каратып сүйрөп келишет. (Аларга айтылат): «Сакарда жатып азабыңарды жегиле!»

49. Биз ар бир нерсени чени менен жараттык.

50. Биздин буйругубуз бир көз ирмемге окшойт.

51. Биз силердин көп калкыңарды кыйраттык. (Муну) эстеген бирөө барбы?

52. Алардын жасаган ар бир ишин (периштелер) китептерге (жазды).

53. Кичинеси да, чоңу да жазылды.

54. Такыбалар Бейиштин бактары менен дарыяларында.

55. Чындык орногон Кудуреттүү Падышанын алдында (жүрүшөт).

55. РАХМАН СҮРӨӨСҮ[1]

РАХМАН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Рахман.[2]

2. Куранды[3] таалим берди.

3. Инсанды[4] жаратты.

4. Ага Баянды[5] таалим берди.

5. Күн дагы, Ай дагы[6] эсеп менен.

6. Жылдыз дагы, Дарак[7] дагы сажда кылат.

7. Ал Асманды көтөрдү. Таразаны койду.[8]

8. Таразада[9] чектен чыкпашыңар керек.

9. Өлчөгөндө адилеттүүлүк менен туура тарткыла. Таразада кемчилик кетирбегиле.

10. Жерди Ал жандуу макулуктар үчүн койду.

11. Анда жемиштер да, чанактуу курмалар да бар.

12. Көгөргөн өсүмдүктөр да, жыттуу чөптөр да бар.

13. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?[10]

14. Инсанды ийленип кургаган ылайдан жаратты.

15. Жиндерди дуулдаган оттон жаратты.

16. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

17. Ал эки чыгыштын да, эки батыштын да Эгеси.

18. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

19. Ал эки деңизди кошту[11]. Бири бирине кошулуп турат.

20. Экөөнүн арасында тосмо да бар. Бири бирине аралашпайт.

21. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

22. Ал экөөсүнөн бермет менен маржан чыгат.

23. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

24. Анын деңизде тоодой болгон (бири-бирине) жакын бийик көтөрүлгөн (толкундары) бар.

25. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

26. Ким болбосун анда дайым турбайт.

27. Чексиз даңкка жана урматка ээ сенин Эгеңдин Өзү гана түбөлүк турат.

28. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

29. (Жети кат) Асман менен жерде ким болбосун андан (ырыскы, жардам) сурайт. Ар бир күнкү ишти Ал Өзү чечет.

30. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

31. Эй, оор (күндү күткөн) эки макулук! Биз жакында силерден кутулабыз.

32. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

33. Эй, инсан менен жин жамааты! Асман менен жердин чегинен өтүшкө чамаңар жетсе өткүлө. Биз бийлик бербесек өтө албайсыңар.

34. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

35. Силерге жалындаган от да, коюу түтүн да жиберилет. Бири бириңерге жардам кыла албайсыңар.

36. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

37. Асман жарылганда майга түшүп саргайган кызыл гүлдөй болот.

38. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

39. Ал күнү инсан менен жиндин күнөөсү бири биринен суралбайт.

40. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

41. Күнөөкөрлөр белгисинен билинип турат. Алар көкүлдөрү менен буттарынан кармалып сүйрөлөт.

42. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

43. Тозок деген ушул! Аны күнөөкөрлөр жалганга чыгарышат эле.

44. Алар анда кайнак суунун арасында айланып жүрүшөт.

45. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

46. Ким Эгесинин алдына туруштан корккон болсо, (алар үчүн) эки бак бар.

47. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

48. Ал эки бактын бутактарында (ар дайым мөмөсү бышып турат).

49. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

50. Ал эки бакта эки булак да агып турат.

51. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

52. Ал эки бакта жубу менен ар түркүн жемиштерден бар.

53. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

54. Алар сөөрүлөрдө жибек жаздыктарда сүйөнүп отурушат. Эки бактын мөмөсү үзүп алышка жакын турат.

55. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

56. Анда көздөрүн бекем сактаган, инсан да, жин да эч бирөө кармабаган үр кыздар бар.

57. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

58. Алар жакут менен маржанга окшойт.

59. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

60. Жакшылыкка жакшылыктан башка да жаза барбы?

61. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

62. Ал эки бактан башка дагы эки бак бар.

63. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

64. Жапжашыл эки бак бар.

65. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

66. Ал экөөндө да атырылып агып турган эки булак бар.

67. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

68. Ал экөөндө ар кыл жемиштер, анар менен курмалар бар.

69. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

70. Анда көңүлгө жаккан көп жакшылыктар бар.

71. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

72. Чатырларда кол тийбеген кара көз үр кыздар бар.

73. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

74. Буга чейин аларды инсан да, жин да түк кармаган эмес.

75. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

76. Алар кооз килемдердин үстүндө жашыл жаздыктарга сүйөнүп отурушат.

77. Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?

78. Чексиз даңкка жана урматка ээ Эгеңдин аты улук!

56. ВААКИА СҮРӨӨСҮ[1]

ОКУЯ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Келе турган бир окуя болот.

2. Ал окуяны жалганга чыгаруучу да жок.

3. (Ал окуя бирөөлөрдү төмөндөтүп) кор кылат, (бирөөлөрдү бийик кылып) көтөрөт.

4. Жер титиреп термелген кезде,

5. Тоо бузулуп күбүлгөн кезде,

6. Чаңга айланып учкан кезде,

7. Силер үч топ болосуңар:

8. Оң канаттын ээлери. Кимдер алар – оң канаттын ээлери?

9. Сол канаттын ээлери. Кимдер алар – сол канаттын ээлери?

10. Озуп кеткендер озуп кетишет.

11. Булар – жакын болгондор.

12. Булар (Наим) Бак-Таалай Бейишинин бактарында болушат.

13. Көбүрөөгү Алгачкы калайыктардан,

14. Азыраагы Акыркы калайыктардан болушат.

15. Жасалгалуу сөөрүлөрдүн үстүндө,

16. Сүйөнүшүп бири-бирине маңдай-тескей отурушат.

17. Аларга түбөлүк жаш жигиттер айланып кызмат кылышат.

18. Кеселерде, көөкөрлөрдө, чөйчөктөрдө (куюлган) булак суусунан (шараптардан сунуп турушат).

19. Андан алардын башы да оорубайт, мас да болбойт.

20. (Аларга) жактырышкан жемиштерден,

21. Каалаган куштардын этинен (берилет).

22. (Жубайлары) бакырайган кара көз үр кыздар (болот).

23. Алар сакталган берметке окшойт.

24. Жасаган иштеринин (акыбетине) жазасы (ушундай болот).

25. Алар анда бейчеки күнөө сөздөрдү угушпайт.

26. «Салам, салам!» дегенден башканы (угушпайт).

27. Оң канат ээлери: оң канат ээлери кимдер?

28. (Булар) тикенсиз Сидр дарагынын арасында,

29. Мөмөлөрү (мончоктой) тизилген банандардын арасында,

30. Жайылган көлөкөлөрдүн арасында,

31. Аккан суулардын арасында (жүрүшөт).

32. Ар кыл жемиштерден (жешет).

33. (Бул жемиштер эч качан) түгөнбөйт, (эч качан) кемибейт.

34. Төшөлгөн килемдердин үстүндө (жүрүшөт).

35. Биз (алар үчүн) үр кыздарды атайын жараттык.

36. Кыздыгы (эч качан жоголбой) турган кылдык.

37. Аларды сүйө турган курдаш кылдык.

38. Оң канатта,

39. Алгачкы калайыктардан да көп.

40. Акыркы калайыктардан да көп.

41. Сол канат ээлери: сол канат ээлери кимдер?

42. Булар ысык шамал менен кайнак суунун,

43. Кара түтүндүн көлөкөсүндө (жүрүшөт).

44. (Алар үчүн) салкыны да, жыргалы да жок.

45. Буга чейин алар дөөлөтүнө чиренип жүрүшкөн.

46. Баш бербей чоң күнөөлөрдү жасашат эле.

47. Алар айтышат эле: «Өлүп топуракка айлансак, сөөгүбүз калса деле кайра биз тирилебизби?

48. Ата-бабаларыбыз дагыбы?»

49. Айт: «Алгачкы (калайыктар) да, акыркы (калайыктар) да (тирилишет).
50. Белгилүү убада кылынган күнгө чогулушат.
51. Андан кийин, эй, адашкандар, жалганга чыгаргандар,
52. Заккум дарагынын (жемишинен) жейсиңер.
53. Аны менен курсагыңарды толтурасыңар.
54. Анын аркасынан кайнак суудан ичесиңер.
55. Катуу суусагандай ичесиңер».
56. Алардын жаза күнү түшөр жери ушундай.
57. Силерди Биз жаратканбыз. Эгер силер (муну) тастык кылган болсоңорчу?
58. Силер агызган уругуңарды көрбөдүңөрбү?
59. Аны силер жараттыңарбы, же Биз жараттыкпы?
60. Биз силердин ар бириңерге өлүмдүн (мөөнөтүн) ченеп койдук. Бизден озуп кете албайсыңар.
61. Биз силерди мисал кылып өзгөртүп жараткыбыз келсе, (муну) силер билбей да каласыңар.
62. Силер биринчи жаралышты билдиңер. Эмнеге муну ойлоп эстебей жатасыңар?
63. Эккен эгиниңерди көрбөдүңөрбү?
64. Аны силер өндүрүп жатасыңарбы же Биз өндүрүп жатабызбы?
65. Эгер Биз аны кааласак, кууратып салар элек. Силер таң калмаксыңар.
66. (Айтат болчусуңар): «Биз карызга (зыянга) баттык.
67. Жок! Биз куржалак калдык!»
68. Ичип жаткан сууңарды карап көрбөдүңөрбү?
69. Аны булуттан силер түшүрдүңөрбү же Биз түшүрүп жатабызбы?
70. Эгер Биз кааласак, аны шор кылып салар элек. Эмнеге силер шүгүр кылбай жатасыңар?
71. (Даректан отун кылып) кыркып жаккан отуңарды көрбөдүңөрбү?
72. (Анда күйүп жаткан) даракты Биз өстүрдүкпү же силер өстүрдүңөрбү?
73. Биз аны эстегенге (мисал кыылп), жолоочуларга пайда берген (таяк) кылдык.
74. Эгеңдин Улук аты менен тасбих айт.
75. Жок! Мен жылдыздардын батып кеткен ордун (күбө кылып) касам берем!
76. Эгер билгиңер келсе, бул – улук касам!
77. Бул – Ыйык Куран!
78. Түпкү Жазууда бар.
79. Аны (Куранды) таза адамдар гана кармай алышат.
80. (Ал) ааламдардын Эгесинен түшкөн.

81. Силер бул сөздү да кабыл кылбайсыңарбы?
82. Өзүңөрдүн ырыскыңарды жалганга чыгарасыңарбы?
83. Эгер (бирөөнүн жаны) алкымына келген болсо,
84. ошондо (колуңардан эч нерсе келбей) карап туруп каласыңар.
85. Силерден ага Биз жакынбыз. Бирок, (муну) көрбөй жатасыңар.
86. Эгер силер сурак бербейбиз десеңер,
87. Чын эле туура айтып жатсаңар, анда аны (алкымга келген жанын) кайтарат болчусуңар.
88. А эгер ал (Аллага) жакын болгон пенде болсо,
89. (Ага) ырайым да, жыпар чачкан Бак-Таалай (Наим) Бейиши да бар.
90. А эгер ал оң канаттын ээсинен (бири) болсо,
91. «Сага тынчтык болсун! Оң канаттын ээсинен экенсиң!» – деп айтылат.
92. А эгер ал адашкан жалганчылардын бири болсо,
93. Сыйы – кайнак суу!
94. Күйөр жери Тозокто!
95. Бул – аныk акыйкат!
96. Эгеңдин улук аты менен тасбих айт.

57. ХАДИД СҮРӨӨСҮ[1]

ТЕМИР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Аллага (жети кат) асмандагылар да, жердегилер да тасбих айтышты. Даанышман да, Улук да Ал Өзү!
2. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Аныкы. Ал тирилтет, өлтүрөт. Ал бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!
3. Биринчи да, Акыркы да, Ачыкка чыгаруучу да, Жашыруучу да Ал Өзү! Бардык нерсени Билүүчү да Ал Өзү!
4. Ал (жети кат) асман менен жерди алты күндө жаратты. Андан кийин (аларды) Аршка жайгарды. Ал жердин ичине киргенди[2] да, андан чыкканды да, асмандан түшкөндү да, ага көтөрүлүп чыкканды да билип турат. Силер кайда болсоңор деле Ал силер менен бирге. Алла силердин эмне кылганыңарды көрүп турат.
5. (Жети кат) Асмандын да, жердин да бийлиги Аныкы. Иштер Аллага кайрылып барат.
6. Ал түндү күнгө киргизет, күндү түнгө киргизет. Ал көкүрөктөгүлөрдү да билет.

7. Аллага да, Анын элчи-пайгамбарына да ишенгиле. Ал силерге эз кылган (мүлктөн) каржы кылгыла. Силерден ыйманга киргендерге жана каржы кылгандарга улук акысы бар.

8. Силерге эмне болду? Ыйманга кирбей жатасыңар. Элчи-пайгамбар силерди Эгеңерге ишенишиңер үчүн (ыйманга) чакырып жатат. Эгер силер ыймандуу пенделерден болсоңор, Ал силердин антыңарды да алды.

9. Ал силерди караңгылыктардан (жарык) нурга чыгарыш үчүн Өзүнүн кулуна далилдүү аяттарын түшүрүп жатат. Силер үчүн Боорукер жана, Ырайымдуу да Алла Өзү!

10. Силерге эмне болду? Алла жолуна каржы кылбай жатасыңар. (Жети кат) Асман менен жердин мурасы (байлыгы) да Алланыкы. Силер менен жеңишке жана согушканга чейин каржы кылгандар тең эмес. Булардын даражасы (жеңиштен) жана согушкандан кийин каржы кылгандардан улук. Булардын ар бирине Алла жакшылыкты убада кылды. Алла кылып жаткан ишиңерден Кабардар.

11. Ким Аллага жакшы карыз берсе, Ал аны ага көбөйтүп кайтарат. Анын сый-урматтуу акысы да бар.

12. Ал күнү ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдардын нуру алдынан да, оң жагынан да (чачырап) чыгып турганын көрөсүң. (Аларга айтылат): «Бүгүн силерге сүйүнчү кабар!» (Алар үчүн) алдыларынан дарыялары агып турган Бейиш бактары бар. Бул – улук жеңиш!

13. Ал күнү мунапык эркектер менен мунапык аялдар ыймандуу пенделерге айтышат: «Бизге токтой тургула! Бизге силердин нуруңардан алышыбыз керек болду». Аларга айтылат: «Аркаңарга кайткыла! (Өзүңөрдүн) нуруңарды издегиле!» Алардын ортосунда эшиги менен курулган дубал бар. Анын ичинде рахмат, а сырткы тарабында азап бар.

14. (Мунапыктар) аларга кыйкырышат: «Биз силер менен бирге эмес белек?» Алар айтышат: «Ооба! Бирок силер өзүңөрдү өзүңөр азгырдыңар. (Ыйманга кирбей) күтүп туруп алдыңар. (Акыретке) күмөн кылдыңар. Алланын буйругу келгиче куру кыялыңар силерди азгырды. Силерди Аллага (ишендирбей) азгыруучу азгырып кетти.

15. Бүгүн силерден төлөм алынбайт. Капырлардан да алынбайт. Силердин жайыңар Тозок оту! Ал – силердин жайыңар. Кайрылып бара турган ал турак жай кандай жаман!»

16. Ыймандуу пенделерге жүрөктөрү коркуп Алланы да, түшкөн акыйкатты да эстеп зикир кыла турган учур келбедиби? Аларга мурдагы Жазуу берилгендерге окшобошу керек болду. Аларга убактысы созулган эле. (Бирок) жүрөктөрү катып калды. Алардын көпчүлүгү эле ыпылас болуп кетти.

17. Билип жүргүлө. Алла соолуган жерди да жандандырат. Силерге аяттар ачык баян болду. Балким, акыл жүгүртөөрсүңөр.

18. Садака берген эркектерге да, садака берген аялдарга да, Алланы карыз кылып жакшы карыз бергендерге да Алла аны көбөйтүп кайтарат. Аларга сый-урматтуу акысы да бар.

19. Аллага да, Анын элчи пайгамбарларына да ишенгендер бар. Булар – туура жүргөн пенделер. Булар – эгесинин алдында күбө берүүчүлөр болушат. Алар үчүн акысы да, нуру да бар. Капырлар да, Биздин аяттарыбызды жалганга чыгаргандар да бар. Булар – Тозоктун тургундары.

20. Билип жүргүлө. Дүнүйөлүк жашоо (деген ушул): оюн-күлкү, жасалга, бири бириңерге мактануу, байлык менен бала-чаканы көбөйтүү. Жамгырдан улам өскөн өсүмдүктөн капырлар таң калгандай... андан кийин ал куурайт. Анын саргайганын көрөсүң; андан кийин ал саман-топонго айланат. Акыретте катуу азап бар. Алланын кечирими да, Анын ыраазылыгы да бар. Дүнүйөлүк жашоонун азгырган пайдасы эле бар.

21. Эгеңердин кечиримин (табышка) эни асман менен жердин энин-дей Бейишке (киришке) аракет кылгыла. Ал Алла менен Анын элчи-пайгамбарларына ишенгендер үчүн даярдалган. Алла ушундай ырайымын кимге кааласа берет. Алла – улук ырайымдын Ээси.

22. Жер бетине кандай кырсык жеткен болсун, же силердин өзүңөргө жеткен болсун, Биз (аларды) жарата элегибизде эле ал тууралуу Жазууда бар болчу. Бул Аллага жеңил.

23. Ошондуктан, өтүп кеткен (кыйынчылыкка) кайгырбашыңар керек. Андан силерге келген (жакшылыктарга) да сүйүнүп кетпешиңер керек. Алла ар кандай бой көтөргөн мактанчаакты сүйбөйт.

24. Алар сараңдык кылышат. Калайыкка да сараңдыкты буйрушат. Ким (садака бербей) баш тартса деле Алла чексиз байлыктын Ээси, Даңктуу Кудай!

25. Биз элчи-пайгамбарларды ачык далилдер менен жибердик. Аларга Жазуу менен Таразаны да түшүрдүк. Анткени, калайык адилеттүүлүктү кармаш керек болчу. Биз темирди да түшүрдүк. Анда катуу зыян да, калайыкка көп пайда да бар. Анткени, Алла Өзүнө да, жана Анын элчи-пайгамбарларына да көрбөй туруп кимдердин жардам бергендерин билиши керек болчу. Күчтүү да, Улук да Алла Өзү!

26. Биз Нухту да, Ибрахимди да жибергенбиз. Урпактарына Жазууну да, пайгамбарлыкты да бергенбиз. Алардын (урпактарынан) Туура жолдо кеткендери да бар. Көпчүлүгү ыпылас болуп кетишкен.

27. Андан кийин Биз элчи-пайгамбарларыбызды биринин аркасынан бирин жөнөттүк. Алардын аркасынан Иса Марйам уулун жөнөттүк. Ага Инжилди бердик. Ага ээрчигендердин жүрөгүнө рахматты да, боорукерликти да салдык. Кечилдикти алар өздөрү ойлоп таап киргизип алышты. Биз аны аларга жазган эмеспиз. (Муну менен) Алланын ыраазылыгын табышты каалашкан. Бирок, аны акыйкат сактап өтөсүнө чыга алышкан

жок. Биз алардан ыйманга киргендерине акысын да бергенбиз. Алардын көпчүлүгү эле ыпылас болчу.

28. Эй, ыймандуу пенделер! Алладан корккула! Анын элчи-пайгамбарына ишенгиле. (Мындай кылсаңар) Ал силерге эки эсе ырайымын да берет. Туура жолдо кетишиңер үчүн нурун да берет. Силерге кечирим да кылат. Ырайымдуу да, Кечиримдүү да Алла Өзү!

29. Анткени, Жазуу ээлери Алланын ырайымына ээ эмес экенин билиши керек болчу. Ырайым Алланын колунда. Ал аны кимге кааласа берет. Алла улук ырайымдын Ээси.

58. МУЖААДАЛА СҮРӨӨСҮ[1]

ТАЛАШ-ТАРТЫШ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Өзүнүн эри тууралуу сени менен талаш-тартыш кылган аялдын сөзүн Алла укту. Ал аял Аллага арыз кылып жатат. Алла да силердин сөзүңөрдү угуп жатат. Көрүүчү да, Угуучу да Алла Өзү!

2. Силерден өздөрүнүн аялдарын энелерине окшоштуруп атап айткандар бар. Алардын аялдары алардын энелери эмес. Алардын энелери – аларды тууган аялдар. Алар тыюу салынган, сандырак сөздү айтып жатышат. Кечиримдүү да, Кечирүүчү да Алла Өзү!

3. Өздөрүнүн аялдарын энелерине окшоштуруп атагандар болуп, андан кийин алар айткан сөзүнөн кайтышканда, анда ал экөө (эри менен аялы) бири бири менен (жакындашып) кармашканга чейин бир кул азат кылышы керек. Силерге ушундай насаат берилет. Алла силердин жасаган ишиңерден Кабардар.

4. Ким (кудду) таап (азат кыла) албаса, анда ал экөө бири бири менен (жакындашып) кармашканга чейин үзгүлтүксүз эки ай орозо кармашы керек. Ким эки ай орозо кармаганга да чамасы жетпесе, анда алтымыш кембагалга тамак бериши керек. Алла менен Анын элчи-пайгамбарына ишенгениңер ушундай кылышыңар керек. Алланын белгилеген чектери ушундай. Каапырлар үчүн оор азап бар.

5. Алла менен Анын элчи-пайгамбарына каршы тургандар алардан мурдагылар кор болгондой кор болушат. Биз далилдүү аяттарды түшүрдүк. Каапырлар үчүн жан кыйнаган азап бар.

6. Ал күнү бүт баарысын Алла тирилтип жыйнайт. Аларга эмне жасагандарынын кабарын берет. Алла мунун эсебин чыгарып койгон. Алар муну унутушкан болчу. Бардык нерсеге Алла Өзү Күбө!

7. (Жети кат) Асмандагыларды да, жердегини да Алланын билип турганын көрбөдүңбү? Үч киши жашырынып сүйлөшсө да алардын төртүнчүсү

Ал Өзү болот. Бешөө болсо, алтынчысы Ал Өзү болот. Мындан аз же көп болсун, кайда болушпасын, Ал алар менен бирге болот. Кийин кыямат күнү Ал алардын кылган иштеринен кабар берет. Алла бардык нерсени билет.

8. Жашыруун сүйлөшкөнгө тыюу салынгандарды көрбөдүңбү? Кийин деле алар тыюу салынганына карабай кайра ага кайтып жатышат. Алар өз ара бири бири менен күнөөнү да, душмандыкты да, элчи-пайгамбарга баш ийбеш тууралуу да жашырынып сүйлөшүп жатышат. А эгер алар сага келип салам айтышса, Алла салам айт дегендей салам айтышпайт. Ичтеринен айтышат: «Биз айткан болсок деле эмнеге Алла бизге азап бербей жатат?» Аларга Тозок жетиштүү (жаза). Анда күйө беришет. Ал кандай жаман турак жай!

9. Эй, ыймандуу пенделер! Эгер жашырынып сүйлөшсөңөр, күнөөнү да, душмандыкты да, элчи-пайгамбарга баш ийбеш тууралуу да жашырынып сүйлөшпөгүлө. (Сүйлөшсөңөр) жакшылыкты, такыбалыкты кеңешкиле. Алладан корккула. Ага кайрылып барасыңар.

10. Жашыруун сүйлөшмөй шайтандын (иши). Ал ыймандуу пенделерди кайгыга салгысы келет. Алла каалабаса, ал эч бир зыян кыла албайт. Ыймандуу пенделер Аллага тобокел кылышсын!

11. Эй, ыймандуу пенделер! Силерге жыйында «тегиз батышып отургула!» десе, батышып отургула. Алла да силерди батырат. А эгер «орудуңардан тургула!» деп айтылса, туруп кеткиле. Алла силерден ыйманга киргендердин да, илим берилгендердин да даражаларын көтөрөт. Алла кылып жаткан ишиңерден Кабардар.

12. Эй, ыймандуу пенделер! Элчи-пайгамбар менен жашыруун сүйлөшмөкчү болсоңор, анда сүйлөшкөнгө чейин (жардыларга) садака бергиле. Бул силер үчүн ары жакшы, ары таза иш. А эгер (садака) таба албасаңар (күнөө эмес). Ырайымдуу да, Кечиримдүү да Алла Өзү!

13. Жашыруун сүйлөшүштөн мурда садака бериштен коркуп жатасыңарбы? Бербесеңер деле Алла (кааласа) силердин тобоңорду кабыл кылат. Намазды аткаргыла, зекетти бергиле. Аллага да, Анын элчи-пайгамбарына да баш ийгиле. Алла кылып жаткан ишиңерден Кабардар.

14. Сен Алланын каары келген калайык менен дос болуп кеткендерди көрбөдүңбү? Алар силерден да эмес, алардан да эмес. Алар билип туруп эле жалгандан ант бере беришет.

15. Алла аларга катуу азапты даярдап койду. Алардын кылган иштери кандай жаман!

16. Алар берген анттарын өздөрүнө калкан кылып алышты. Алланын жолунан (башкаларды да) тосушту. Алар үчүн жан кыйнаган азап бар.

17. Аларды байлыгы да, балдары да Алладан эч бир куткара албайт. Булар – Тозок отунун тургундары. Алар анда түбөлүк калышат.

18. Алла алардын баарысын ал күнү тирилтет. Алар ал күнү Ага да силерге ант бергендей ант ичишет. Муну өздөрүнө бир пайдасы болот деп ойлошот. Жок! Алар – жалганчылар!

19. Аларды шайтан жеңип алган болчу. Аларды Алланы эстегенди да унуттурган эле. Булар – шайтандын тобу. Ырас болду! Шайтандын тобу - кусур ургандар!

20. Алла менен Анын элчи-пайгамбарына каршы тургандар бар. Булар кор болгондордун катарында турушат.

21. Алла жазды: «Мени менен бирге элчи-пайгамбарларым жеңишке жетет!» Күчтүү да, Улук да Алла Өзү!

22. Сен калайыктын ичинен Аллага жана акыретке ишенгендерден эч кимисинин Алла менен Анын элчи-пайгамбарына каршы турганды жактырганын таба албайсың. Мейли, алар алардын аталары, же балдары, же бир туугандары, же тууган-туушкандары болсун. (Алла) булардын жүрөгүнө ыйманды жазган, Өзүнүн руху менен бекем колдоо берип койгон. Ал аларды алдынан дарыялар агып турган Бейиш бактарына киргизет. Алар анда түбөлүк калышат. Алла алардан ыраазы болду. Алар да Андан (ыраазы болот). Булар – Алланын тобу. Алланын тобу бак-таалайга жетет!

59. ХАШР СҮРӨӨСҮ[1]

СҮРГҮН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Аллага тасбих айтты. Улук да, Даанышман да Ал Өзү!

2. Ал Жазуу ээлеринен капыр болгондорду биринчи жыйналганда эле журттарынан сүргүн кылды.[2] Силер алардын чыгып кетишин ойлогон эмессиңер. Алар бекем чептерин Алладан коргоп калат деп ойлошту. Алла аларга ойлобогон жактан келди да, жүрөктөрүнө коркунуч салды. Алар үйлөрүн өз колдору менен да, ыймандуу пенделердин колдору менен да бузуп жатышат. Эй, көздүү – каректуулар! (Мындан) ибрет алгыла!

3. Эгер Алла аларга көчүрүп чыгарышты жазбаган болсо, дүнүйөдө аларга катуу азап берет болчу. Алар үчүн акыретте Тозок отунун азабы бар.

4. Анткени, алар Алладан да, Анын элчи-пайгамбарынан да айрылышкан болчу. Ким Алладан айрылса, Алланын (ага) катуу азабы бар.

5. Силердин (алардын) курма бактарын жулуп салганыңар, же ордунда турганынча калтырганыңар Алланын уруксаты менен болду. Анткени, ыпыластар кайгырышы керек болчу.

6. Алланын Өзүнүн элчи-пайгамбарына алардан олжо кылып бергенине силер таскактатып ат чаап, төө минип барган жоксуңар. А бирок, Алла элчи-пайгамбарларына кимдин үстүнөн кааласа бийлик берет. Алла бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

7. Алланын элчи-пайгамбары үчүн калаалардын тургундарынан алып берген олжолорунда Алланын, элчи-пайгамбардын, (анын) жакын туугандарынын, жетимдердин, жарды-жалчылардын, жолдо калган мусапырлардын (үлүшү) бар. Анткени, (мындай олжо) силердин байларыңарга бөлүнгөн байлык болбошу керек болчу. Силерге элчи-пайгамбар эмне берген болсо, аны алгыла. А эмнени ал тыюу салса, андан кайткыла. Алла азабы катуу Кудай!

8. (Мындай олжодон) өз журттарынан чыгарылган кембагал мухажирлердин да (үлүшү бар). (Анткени) алар жакшылык тилеп, байлыгы менен да Алланын ыраазычылыгын каалашат. Алла менен Анын элчи-пайгамбарына жардам берип жатышат. Булар – туура жүргөн пенделер.

9. Аларга чейин да (Мединада) отурукташкан жана ыйманга (кириишкендер) бар. Аларга көчүп келген (мухажирлерди) алар сүйүшөт. (Олжодон мухажирлерге) берилгенге көкүрөктөрү тарып, муктаждыкка орун беришпейт. Өздөрүндө жетишсиз экенине карабай (мухажирлерди) өздөрүнөн жогору коюшат. Кимдер өзүн зыкымдыктан аман алып калса, анда булар – бак тапкан пенделер.

10. Алардан кийинкилер айтышат: «Эгебиз! Бизди да, бизден мурунку ыйман менен өткөн бир туугандарыбызды да кечир! Ыймандуу пенделерге карата биздин жүрөгүбүзгө кыянатчылыкты салба. Эгебиз! Ыраймдуу да, Боорукер да Сен Өзүңсүң!

11. Сен мунапыктарды көрбөдүңбү? Алар Жазуу ээлеринен капыр болуп кетишкен бир туугандарына айтып жатышат: «Эгер силер (журтуңардан куулуп) чыгарылсаңар, биз да силер менен бирге чыгабыз. Силер менен бирге эч качан бирөөгө баш ийбейбиз! А эгер силерге каршы согуш болсо, биз силерге сөзсүз жардам беребиз». Алардын жалган айтып жатканына Алла Өзү күбө болот.

12. Эгер алар (куулуп) чыгарылган болсо деле, алар менен бирге чыгышпайт эле. А эгер согуш болсо деле аларга жардам бербейт болчу. А эгер жардам бериш керек болсо, анда алар аркасына карай качышар эле. Андан кийин деле аларга жардам берилбейт.

13. Алар ичинде Аллага караганда да силерден катуу коркушат. Анткени, аларда түшүнүк жок.

14. Алар тынч турган калааларында, же коргондорунун аркасында эле (турушпаса), силерге каршы баарысы согуша албайт. Анткени, өз ара ортолорунда катуу (душмандыктары) бар. Сен (аларды биримдиктүү) жамаат деп ойлойсуң. Алардын жүрөктөрү ыдырап бөлүнүп кеткен. Анткени, алар түшүнүгү жок калайык.

15. Алар өздөрүнө чейин жакында эле өткөндөргө окшойт. Аларды өздөрүнүн кылган иши жеген. Алар үчүн оор азап да бар.

16. Алар шайтанга окшойт. Бир убакта ал инсанга айтты: «Капыр бол!» Качан ал капыр болгондо айтты: «Мен сенден бездим! Мен аалам-дардын Эгеси Алладан корком!»

17. Экөөнүн тең акыбети (ушул): экөөсү тең Тозок отунда болот. Анда түбөлүк калышат. Залимдердин жазасы ушундай!

18. Эй, ыймандуу пенделер! Алладан корккула! Ар бир жан эртеңкисине даярдаганын карасын. Алладан корккула! Алла кылып жатканыңардан Кабардар!

19. Алланы унуткандарга окшобогула. (Андай болсо) алар өздөрүн унутат. Булар – ыпылас пенделер.

20. Тозоктун тургундары менен Бейиштин тургундары тең боло албайт. Бейиштин тургундары – жеңишке жеткен пенделер.

21. Эгер Биз бул Куранды тоого түшүргөн болсок, анын Аллага моюн сунуп коркконунан улам талкаланып кеткенин көрөт болчусуң. Бул мисалдарды Биз пикир жүргүзгөн калайыкка келтирип жатабыз.

22. Алладан башка Кудай жок. Кайып сырларды да, ашкерени Билүүчү да Ал Өзү! Ырайымдуу да, Мээримдүү да Ал Өзү!

23. Алладан башка Кудай жок. Падыша да, Урматтуу да, Салам да, Ишеничтүү да, Коргоочу да, Улук да, Жазалоочу да, Улуу да Ал Өзү! Субхана! Алардын кошкон шериктеринен Алла – Бийик.

24. Жаратуучу да, Жасоочу да, Келбет берүүчү да Ал Өзү! Анын эң сонун аттары бар! (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Ага тасбих айтып турушат. Улуу да, Даанышман да Ал Өзү!

60. МУМТАХАНА СҮРӨӨСҮ[1]

СЫНООДОГУ АЯЛ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Эй, ыймандуу пенделер! Менин душманымды да, өзүңөрдүн душманыңарды да дос кылып албагыла. Силер аларга сүйкүм менен кайрылып жатасыңар. Силерге акыйкат келгенде эле алар капыр болуп кетишкен болчу. Алар элчи-пайгамбарды да, силерди да Эгеңер Аллага ишенгениңер үчүн куулп чыгарып жатышат. Силер Менин жолумду, Менин ыраазычылыгымды издеп жихатка чыкканыңарда да аларга болгон сүйүүнөрдү сыр кылып жашырып жатасыңар. Мен силердин купуя сактаганыңарды да, ашкере кылганыңарды да жакшы билем. Силерден ким муну кылса, анда ал түз жолдон адашат.

2. Эгер алар силерди жолуктуруп калса душмандык кылат. Силерге жамандык менен колун сунат, тилин да (кайрайт). Алар силердин капыр болушуңарды каалашар эле.

3. Силерге кыямат күнү бир туугандарыңар да, балдарыңар да пайда жеткире албайт. Ал силердин араңарды бөлүп ажыратат. Алла кылып жатканыңарды көрүп турат.

4. Силерге Ибрахим жана аны менен бирге болгондор туурасында жакшы мисал болду. Бир убакта алар калкына айтышты: «Биз силердин Алланы ордуна кулдук кылгандарыңарга катышыбыз жок. Биз силерге ишенбейбиз. Силер бир гана Алланын Өзүнө ишенбегениңерге чейин силер менен биздин ортобузда ар дайым душмандык да, кастык да баштала берет». Ибрахимдин мындан башка атасына айткан (ушундай сөзү бар): «Сага кечирим тилейм. Мен сен үчүн Алладан эч бир нерсеге бийлигим да жок. Эгебиз! Биз сага тобокел кылдык. Биз сага тобо кылдык. Биздин сага кайрылып барышыбыз бар.

5. Эгебиз! Бизди капырлардын айынан сыноого алба. Эгебиз! Бизди кечир! Даанышман да, Улук да Сен Өзүңсүң!»

6. Булар туурасында силер үчүн да жана ким Алладан, акыреттен үмүт кылган болсо, жакшы мисал болду. Ким баш тартса... Даңктуу да, чексиз байлык Ээси да Алла Өзү!

7. Балким, Алла силердин ортоңорго жана силерге душмандык кылгандар менен силердин ортоңорго сүйүү берер. Алла Кудуретүү Кудай! Ырайымдуу да,Кечиримдүү да Алла Өзү!

8. Алла силер менен дин туурасында согуш кылбагандарга жана журтуңардан силерди кууп чыкпагандарга жакшылык менен адилеттүүлүк кылышыңарды тыюу салбайт. Алла адилеттүүлүк кылгандарды сүйөт.

9. Алла дин туурасында силерге согуш кылгандарга, силерди журтуңардан кууп чыккандарга, силерди кууп чыккандарга жардам кылгандарга дос болушуңарды тыюу салат. Ким буларды дос кылса, анда алар – залим пенделер.

10. Эй, ыймандуу пенделер! Силерге көчүп келген ыймандуу аялдар болсо, аларды сынагыла. Алардын ыйманын Алла жакшы билет. А эгер алардын ыймандуу аялдар экенин билсеңер, анда аларды капырларга кайтарып жибербегиле. Ал аялдар силер үчүн адал. Тиги капырлар бул аялдарга адал болбойт. Бул аялдарга (үйлөнсөңөр) каржы бергиле. Бул аялдарга акысын берип никелеп алсаңар силерге күнөө эмес. Капыр аялдарды кармап тура бербегиле. Аларга берген каржыңарды сурагыла. (Тиги капырлар да силерге келген аялдардан) берген каржысын сурасын. Алланын өкүмү силерге ушундай. Ал силердин ортоңордогу өкүмдү чыгарып жатат. Даанышман да, Билүүчү да Алла Өзү!

11. А эгер силердин аялдарыңардан капырларга кеткени болсо, (кийин) силердин кезегиңер келсе, анда аялдары кетип калган эркектерге

(ал аялдарга) берген каржысынча каржысын бергиле. Өзүңөр ишенген Алладан корккула!

12. Эй, пайгамбар! Эгер сага ыймандуу аялдар Аллага шерик кошпошуна, уурулук кылбашына, зына кылбашына, балдарын өлтүрбөшүнө, колдору менен буттарынын арасынан жалгандарды ойлоп таап айтпашына, сен айткан жакшылыкка баш ийбей койбошуна ант берип келишкен болсо, анда алардын антын кабыл кыл. Алар үчүн Алладан кечирим тиле. Ырайымдуу да, Кечиримдүү да Алла Өзү!

13. Эй, ыймандуу пенделер! Алланын каары келген калайыкты дос тутпагыла. Алар мүрзөлөрдү ээлеп үмүтү үзүлгөн капырлардай акыреттен үмүттөрүн үзүшкөн.

61. САФ СҮРӨӨСҮ[1]

САП

Бисмиллахиррахманиррахим

1. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Аллага тасбих айтты. Улук да, Даанышман да Алла Өзү!

2. Эй, ыймандуу пенделер! Эмнеге кылбаган ишиңерди айтып жатасыңар?

3. Айтканыңарды жасабаганыңарга Алланын чоң жек көрүүсү бар.

4. Алла Өзүнүн жолунда катар турган үйлөрдөй сап тартып согуш кылгандарды сүйөт.

5. ...Бир убакта Муса калкына айтты: «Эй, калкым! Менин Алланын элчи-пайгамбары экенимди билип туруп деле эмнеге капа кыла бересиңер?» Алар бурула бергенде, Алла да алардын жүрөктөрүн буруп салды. Ыпылас калайыкты Алла Туура жолго салбайт.

6. ...Бир убакта Марйам уулу Иса айтты: «Эй, Исраил урактары! Мен силерге мага чейин түшкөн Тооратты тастыкташ үчүн да, менден кийин келе турган Ахмад аттуу элчи-пайгамбарды сүйүнчүлөш үчүн да келген элчи-пайгамбармын». Качан ал (Мухаммед пайгамбар) аларга ачык далилдер менен келгенде, алар айтышты: «Бул – даана сыйкыр экен!»

7. Исламга чакырылган учурда Аллага жалганды ойлоп тапкандан артык да кандай залим бар? Алла залим калайыкты Туура жолго салбайт.

8. Алар Алланын нурун ооздору менен (айтып эле) өчүрүштү каалашат. Алла капырлардын жек көргөнүнө карабай Өзүнүн нурун толук жеткирет.

9. Ал (Алла) Өзүнүн элчи-пайгамбарын мүшүрүктөрдүн жек көргөнүнө карабай Туура жолду жана Ак динди бардык диндин үстүнөн бийик коюш үчүн жиберди.

10. Эй, ыймандуу пенделер! Мен силерге оор азаптан куткара турган сооданы көрсөтөйүнбү?

11. Аллага жана Анын элчи-пайгамбарына ишенесиңер. Алланын жолуна байлыгыңар менен да, жаныңар менен да жихат кыласыңар. Эгер билгиңер келсе, мына ушул (сооданар) силер үчүн жакшы.

12. (Бул иштерди кылсаңар, анда Алла) силердин күнөөңөрдү кечирет. Силерди алдынан дарыялары агып турган Бейиш бактарына киргизет. Адну Бейишинде жакшы турак жайлар бар. Бул – улуу жеңиш!

13. Силердин дагы бир жакшы көргөнүңөр бар. Алланын жардамы менен (силерге) жакында жеңиш бар. Ыймандуу пенделерге (муну) сүйүнчүлө!

14. Эй, ыймандуу пенделер! Марйам уулу «Шакирттерге ким Алланын (динине) жардам берүүчүлөрдөн болот?» дегендей Алланын (динине) жардам берүүчүлөрдөн болгула. Шакирттер айтышкан: «Биз Алланын (динине) жардам берүүчүлөрдөн болобуз». Исраил урпактарынан бир тайпасы ыйманга кирген болчу. Бир тайпасы капыр болду. Биз ыймандарга киргендерди душмандарына (каршы турушка) колдоо бердик. Алар жеңип чыгышты.

62. ЖУМА СҮРӨӨСҮ[1]

ЖУМА

Бисмиллахиррахманиррахим

1. (Жети кат) Асмандагылар да, жердегилер да Урматтуу Улук Падыша, Даанышман Аллага тасбих айтып турушат.

2. Ал карапайым калайыкка Өзүнүн элчи-пайгамбарын алардын өздөрүнөн жиберди. Ал аларга Анын аяттарын окуп берип тазалап (билим берип агартып) жатат. Буга чейин алар аныk адашкан болсо да, аларга Жазууну да, даанышмандыкты да таалим берип жатат.

3. Аларга али кошула элек башкалар да бар. Даанышман да, Улук да Ал Өзү!

4. Алланын ырайымы ушундай! Аны кимге кааласа берет. Алла улук ырайымдын Ээси!

5. Тооратты (милдети) жүктөлгөндөрдүн мисалы (ушундай): кийинчерээк алар анын (милдеттүү) жүгүн көтөрбөй, китептерди көтөрүп жүргөн эшектерге окшоп калды. Алланын аяттарын жалганга чыгарган

калайыктын мисалы кандай жаман! Алла залим калайыкты Туура жолго салбайт.

6. Айт: «Эй, жөөттөр! Эгер силер чын айтып жатсаңар, Аллага башка калайыктар эмес, биз жакынбыз деп ойлосоңор, анда өзүңөргө өлүм тилегиле!»

7. Алар өз колдору менен эмнени даярдаганын (билишкени) үчүн аны эч качан тилешпейт. Алла залимдерди билет!

8. Айт: «Силер өлүмдөн качып жатасыңар. Ал силерге жолугат. Андан кийин жашыруун жана ашкере (күнөөлөрдү) Билүүчү (Аллага) кайрылып барасыңар. (Ошондо) Ал силерге эмне кылганыңардын кабарын берет».

9. Эй, ыймандуу пенделер! Жума күнү намазга азан чакырылса, Алланы зикир кылышка шашылгыла. Сооданы (намаз бүткүчө) токтоткула. Эгер билсеңер, ушунуңар силерге жакшы.

10. Намаз бүтсө, Алланын ырайымын тилеп тарай бергиле. Алланы эстеп көп зикир кылгыла! Балким, бак табаарсыңар.

11. Алар сооданы, же оюн-тамашаны көрүшкөндө ага карай кетишти да, сени турган абалыңда калтырышты. Айт: «Алладагы бар нерсе сооодан да, оюн-тамашадан да жакшы. Ырыскы берүүчүлөрдүн жакшысы да Алла Өзү!»

63. МУНАФИКУН СҮРӨӨСҮ[1]

МУНАПЫКТАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Мунапыктар сага келишсе, айтышат: «Күбөлүк беребиз! Сен Алланын элчи-пайгамбарысың». Алла сени Өзүнүн элчи-пайгамбары экениңди билет. Алла мунапыктардын жалганчы экенине да күбөлүк берет.

2. Алар өздөрүнүн анттарын калкан кылышты да Алланын жолунан (башкаларды) тосушту. Алардын кылган иштери кандай жаман болду!

3. Анткени, алар ыйманга кириштн да кайра капыр болушту. Жүрөктөрү жабылып бекитилди. Алар (муну) түшүнүшпөйт.

4. Аларды карасаң, алардын тулку-бою да сени таң калтырат. Алар сүйлөшсө сен алардын сөзүн угуп жатасың. Алар тиреп турган түркүктөй. Алар ар бир кыйкырыкты өздөрүнө (каршылык аракет катары) эсепке алышат. Алар – (сенин) душмандарың. Алардан этият бол! Аларды Алла жоготсун! Кантип баш тартып жатышат?!

5. Аларга «Келгиле, силерге Алланын элчи-пайгамбары кечирим тилесин» деп айтылса да баштарын чайкап бурулуп кетишет. Сен алардын (башкаларды) тосконун да, текеберлик кылып жатканын да көрүп турасың.

6. Аларга кечирим сурасаң да, алар үчүн сурабасаң да баары эле бир. Аларды Алла эч качан кечирбейт! Алла ыпылас калайыкты Туура жолго салбайт.

7. Алар айтып жатышат: «Алланын элчи-пайгамбарынын жанындагылар аны таштап кетмейинче аларга каржы бербегиле!» (Жети кат) Асман менен жердин казынасы Алланыкы. Бирок, мунапыктар (муну) түшүнбөй жатышат.

8. Алар айтып жатышат: «Эгер биз шаарга (Мединага) кайтсак, андагы улуктар байкуштарды андан айдап чыгарышат». Улуулук – Аллага, Анын элчи-пайгамбарына жана ыймандуу пенделерге ылайык. Бирок, мунапыктар (муну) билбей жатышат.

9. Эй, ыймандуу пенделер! Байлыгыңар менен балдарыңар силерди Алланы эстеп зикир кылыштан алаксытып койбосун. Ким мындай кылса, анда алар кусурга калат.

10. Силерден ар кимиңерге өлүм келгенге чейин Биз берген ырыскыдан каржы кылсын. (Ошондо) ал (өкүнүп) айтат: «Эгем! Мага аз да болсо мөөнөт берсең, мен садака да бермекмин, туура жүргөндөрдөн да болот элем!»

11. Ар бир жандын ажалы жеткен болсо, Алла аны эч качан кечиктирбейт. Алла кылып жаткан ишиңерден Кабардар!

64. ТАГАБУН СҮРӨӨСҮ[1]

ЖАЛГАНГА ЧЫГАРЫЛГАН КҮН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Аллага (жети кат) асмандагылар да, жердегилер да тасбих айтып турушат. Бийлик Аныкы. Ага шүгүр! Ал бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

2. Ал силерди жаратты: силерден капыр пендеси да, силерден ыймандуу пендеси да бар. Алла силердин кылган ишиңерди көрүп турат.

3. Анын (жети кат) асман менен жерди жаратканы ак! Ал силердин келбетиңерди жасады. Келбетиңерди абдан жакшы жасады. Ага кайрылып барыш бар.

4. Ал (жети кат) асмандагыларды да, жердегилерди да билет. Ал сыр кылып жашырганыңарды да, ашкереңерди да билет. Алла көкүрөктөгү сырларды да билет.

5. Силерге мурдагы капырлардын кабары келдиби? Алар кылган иштеринин (азабын) жешти. Алар үчүн оор азап да бар.

6. Анткени, элчи-пайгамбарлары келишкенде айтышат эле: «Бизди Туура жолго адам салабы?» Алар (ошентип) капыр болушкан, баш тар-

тышкан. Алла буга муктаж эмес болчу. Даңктуу да, чексиз байлыктын Ээси да Алла Өзү!

7. Капырлар эч качан тирилбейбиз деп ойлошту. Айт: «Жок! Эгем силерди тирилтет. Андан кийин силерге эмне кылганыңардын кабарын берет. Аллага бул жеңил эле».

8. Аллага да, Анын элчи-пайгамбарына да, Биз түшүргөн (жарык) нурга да ишенгиле. Алла кылып жаткан ишиңерден Кабардар!

9. Ал күнү силерди Ал жыйналыш күнгө жыйнайт. Жалганга чыгарылган күн ушул. Ким Аллага ишенген болсо, жакшы иш жасаган болсо, Ал анын жамандыгын (кечип күнөөсүнөн) тазалайт. Аны алдынан дарыялары агып турган Бейиш бактарына киргизет. Ал анда түбөлүк калат. Бул – улуу жеңиш!

10. Биздин аяттарыбызды жалганга чыгарышкан капырлар бар. Булар – Тозок отунун тургундары. Анда түбөлүк калышат. Ал кандай бара турган жаман жай!

11. Ар кандай кыйынчылык Алланын уруксаты менен гана жетет. Ким Аллага ишенсе, Ал анын жүрөгүн Туура жолго салат. Алла бардык нерсени билет.

12. Аллага баш ийгиле. Анын элчи-пайгамбарына да баш ийгиле. А эгер баш тартып кетсеңер деле Биздин элчи-пайгамбарыбыздын жеткиришке эле (милдети) бар.

13. Алладан башка Кудай жок. Ыймандуу пенделер Аллага тобокел кылышсын!

14. Эй, ыймандуу пенделер! Силердин аялдарыңардан да, балдарыңардан да душманыңар бар. Алардан этият болгула. А эгер аларды кечирсеңер, аларга айкөлдүк кылсаңар, кечиримдүү болсоңор... Ырайымдуу да, Кечиримдүү да Алла Өзү!

15. Байлыгыңар да, балдарыңар да силер үчүн сыноо. Алланын улук акысы бар.

16. Алладан корккула! Чамаңардын жетишинче Аны уккула, Ага баш ийгиле! Өзүңөр үчүн жакшылап каржы кылгыла. Кимдер өзүнүн зыкымдыгынан айрылса, анда булар бак табышат.

17. Эгер силер Аллага жакшылап карыз берсеңер, Ал аны силерге эселеп кайтарат, силерди кечирет. Күйөрман да, Шүгүрдү кабыл алуучу да Алла Өзү!

18. Кайып сырлар менен ашкерени Билүүчү да, Улук да, Даанышман да Ал Өзү!

65. ТАЛАК СҮРӨӨСҮ[1]

ТАЛАК

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Эй, пайгамбар! Аялдарыңарды талак кылсаңар, аларды күн эсеби менен талак кылгыла. Күн эсебин санагыла. Эгеңер Алладан корккула. Аларды үйлөрүнөн куup чыгарбагыла. Алар да эгер ачык ыпыластык кылышпаса (үйлөрүнөн) чыгышпасын. Алланын белгилеген чектери ушундай. Ким Алланын белгилеген чектеринен чыгып кетсе, анда ал өзүнө зулумдук кылат. Сен билбейсиң, балким, Алла ушундан кийин да бир ишти жүзөгө чыгарат.

2. Эгер (талак кылынган) аялдардын мөөнөтү (акырына) жетсе, анда аларды жакшылык менен алып калгыла же алар менен жакшылыкча ажырашкыла. Буга өзүңөрдөн эки адилеттүү кишини күбө кылгыла. Алла үчүн күбөлүктү туура бергиле! Аллага жана акырет күнүнө ишенгендериңер үчүн насаат ушундай. Ким Алладан корксо, анын жолу ачык.

3. Ал ага ойлобогон жактан ырыскы берет. Ким Аллага тобокел кылса, буга Алла Өзү жетиштүү. Алла Өз ишин (акырына) жеткирет. Алла ар бир нерсенин ченин койгон.

4. Аялдарыңардан айыз көрүштөн үмүтсүз калгандары болсо, буга силер күмөн кылсаңар, анда алардын эсеп күнү үч ай болот. Айыз көрбөгөндөр (жаш аялдар) үчүн да ушундай. Боюнда бар аялдардын мөөнөтү төрөгөнгө чейин уланат. Ким Алладан корксо, Ал анын ишин жеңил кылат.

5. Алланын буйругу ушундай. Ал аны силерге түшүрүп жатат. Ким Алладан корксо, Ал анын жаман иштерин өчүрөт. Ага акысын да чоң кылып берет.

6. Аларга мүмкүнчүлүк таап өзүңөр жашаган үйдөн жай бергиле. Аларды батырбай кысып, зыян жеткирбегиле. А эгер алардын боюнда бар болсо, анда төрөгөнгө чейин аларга каржысын бергиле. А эгер алар силердин балаңарды эмизип жатса, алардын (эмизген) акысын төлөгүлө. Муну өз ара жакшылык менен макулдашкыла. А эгер өз ара (макул болбой) кыйналсаңар, анда ал баланы (атасы акысын төлөп) башка аял эмизиши керек.

7. Бай киши (талактын мөөнөтүндөгү аялдарын) кенен-кесир каржыласын. Кимдин (аш оокат) ырыскысы чектелүү болсо, Алланын берген насибине жараша каржыласын. Алла ар бир жанга Өзү бергенинен артыкча (милдет) артпайт. Алла оорчулуктан кийин жеңилдик берет.

8. Нечендеген калаалар Эгесинин буйругуна, Анын элчи-пайгамбарларына (моюн сунбай) бой көтөрүштү. Биз алардын эсебин абдан катуу эсеп кылдык. Аларга катуу кыйнаган азапты да бердик.

9. Алар өздөрүнүн кылган ишинин азабын жешти. Кылган иштеринин акыбети кусур болду.

10. Алла аларга катуу азапты даярдаган болчу. Эй, акыл эзлери, ыймандуу пенделер! Алладан корккула! Алла силерге Зикирди түшүрдү.

11. Элчи-пайгамбарды (жиберди). Ал силерге Алланын далилдүү аяттарын окуп берип жатат. Анткени, ыйманга киргендер менен жакшылык иштерди жасагандарды караңгылыктардан (жарык) нурга чыгарышы керек болчу. Ким Аллага ишенсе, жакшы иш кылса, аны Ал алдыларынан дарыялар агып турган Бейиш бактарына киргизет. Алар анда түбөлүк калышат. Алла ага абдан жакшы ырыскы да берет!

12. Жети асманды, жерди дагы ошолордун мисалындай[2] кылып Алла Өзү жаратты. Алланын бардык нерсеге күчү жетишин, бардыгын ар тараптан билип турганын билишиңер үчүн алардын арасына буйругу да келип турат. Алла бардык нерсеге Кудуеттүү Кудай! Алланын илими бардык нерсеге толук жетет.

66. ТАХРИМ СҮРӨӨСҮ[1]

АРАМ КЫЛУУ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Эй, пайгамбар! Алла сага адал кылган нерсени эмнеге өзүңө арам кылып жатасың? Аялдарыңдын ыраазылыгын каалап жатасыңбы? Ырайымдуу да, Кечиримдүү да Алла Өзү!

2. Алла силердин берген антыңарды чечишти жолго койду. Алла – силердин Эгеңер. Билүүчү да, Даанышман да Ал Өзү!

3. Пайгамбар аялдарынын бирине сыр кылып бир сөздү айтты. Ал аял анын кабарын (пайгамбардын башка бир аялына) билдиргенде, Алла аны ага (пайгамбарга) ачыгын чыгарды. Ал (пайгамбар) анын кээ бирин билдирди, кээ биринен (айтпай) баш тартты. Ал аны ал аялга айтып жатканда, ал аял айтты: «Муну сага ким кабар берди?» (Пайгамбар) айтты: «Мага Билүүчү да, Кабардар да (Алла) кабар берди».

4. Эгер (эки аял) экөөңөр тең Аллага тобо кылсаңар (өзүңөргө жакшы). (Анткени) экөөңөрдүн тең жүрөгүңөр тарыды. А эгер бири бириңе жардам кылып ага (пайгамбарга) каршы болсоңор, (анда анын тарабында) анын Эгеси Алла да, Жибриил (Жабраил) да, жакшы ыймандуу пенделер да бар. Мындан башка жардам берүүчү периштелер да бар.

5. Эгер ал силерди талак кылып жиберсе, анын Эгеси ага силерден да жакшы мусулман аялдардан, ыймандуу аялдардан, бекем моюн сунган аялдардан, тобо кылган аялдардан, такыба аялдардан, орозо кармаган аялдардан, жесир аялдардан, кыздардан деле алмаштырып бериши мүмкүн.

6. Эй, ыймандуу пенделер! Өзүңөрдү да, үй-бүлөңөрдү да Тозок отунан сактагыла. Анын отуну – адамдар менен таштар. Анда Алланын буйругун аткарбай койбогон, берилген буйрукту аткарган каары катуу периштелер бар.

7. Эй, капырлар! Бүгүн үзүр-мазыр сурабагыла! Кылган ишиңердин жазасын аласыңар.

8. Эй, ыймандуу пенделер! Аллага чын көңүлдөн тобо кылгыла. Ал силердин жамандыгыңарды өчүрүшү мүмкүн. Алдыларынан дарыялары агып турган Бейиш бактарына киргизиши мүмкүн. Ал күнү Алла пайгамбарды да, аны менен бирге ыйманга киргендерди да шерменде кылбайт. Алардын нуру алдын да, оң жактарын да жарык кылып турат. Алар айтышат: «Эгебиз! Биздин нурубузду толук кыл! Бизди кечир! Сен бардык нерсеге Кудуреттүү Кудайсың!»

9. Эй, пайгамбар! Капырларга да, мунапыктарга да бекем жихат кыл! Алардын турак жайы Тозок! Ал бара турган жаман жай!

10. Алла капырларга Нухтун аялы менен Луттун аялын бир мисал кылып келтирди. Экөөсү тең Биздин жакшы эки кулубуздун алдында болчу. Алар ал экөөнө кыянатчылык кылышкан. Ал эки аял Алладан эч бир кутула алган жок. (Ал эки аялга) айтылды: «Экөөң тең Тозок отуна киргендер менен бирге киргиле!»

11. Алла ыймандуу пенделерге Фараондун аялын бир мисал кылып келтирди. Бир убакта ал (аял) айтты: «Эгем! Мага Өзүңдүн Бейишиңде үй тургуз. Мени Фараондон да, анын ишинен да жана залим калайыктан да куткар».

12. Имрандын кызы Марйам жыныстык мүчөсүн таза сактады. Биз ага рухубуздан үйлөдүк. Ал (кыз) Эгесинин сөздөрүн да, Жазууларын да тастык кылды. Ал бекем моюн сунгандардан болчу.

67. МУЛК СҮРӨӨСҮ[1]

БИЙЛИК

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Колунда берекелүү бийлиги бар (Алла) бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай!

2. Ал силерди сынаш үчүн өлүм менен өмүрдү жаратты. Силерден кимиңер жакшы иш кыласыңар? Кечиримдүү да, Улук да Ал Өзү!

3. Ал жети кат асмандарды жаратты[2]. Сен Рахмандын (аларды) жаратканынан бири биринен айырмасын көрө да албайсың. Кайра дагы кара. Бир аз жылчык көрүп жатасыңбы?

4. Андан кийин кайра дагы эки жолу кара. Көзүң чарчап кыйналып, кайра өзүңө кайтат.

5. Биз Төмөнкү Асманды[3] гана чыraктар (жылдыздар) менен кооздодук. Биз анда шайтандарды таш[4] менен ура турган кылдык. Биз аларга Тозокту да даярдап койгонбуз.

6. Эгесине капыр болгондорго Тозоктун азабы бар. Ал бара турган жаман жай!

7. Аларды ага ыргытып ташташса, анда (чаңырган) өкүрүктү угушат. Ал (Тозок) кайнап турат.

8. Ал (Тозок) каарданып жарылгысы келип турат. Ар дайым ага топ-тобу менен ыргытылып жатканда анын сакчылары аларга суроо берет: «Силерге эскертүүчү келген жок беле?»

9. Алар айтышат: «Ооба! Бизге эскертүүчү келген болчу. Биз аны жалганчы кылганбыз. Алла эч кандай (кабар) түшүргөн жок. Силер өзүңөр чоң жаңылышта жүрөсүңөр (дегенбиз)».

10. Алар (дагы) айтышат: «Эгер биз укkан болсок же акыл жүгүрткөн болсок, анда Тозоктун тургундары болмок эмеспиз».

11. Алар өздөрүнүн күнөөлөрүн билип мойнуна алышты. Тозоктун тургундары (Алланын ырайымынан) алыс!

12. Көрбөй туруп Эгесинен коркkондорго кечирим да, чоң акысы да бар.

13. Сөзүңөрдү сыр кылып жашырсаңар да, жарыя айтсаңар да, Ал көкүрөктөгүлөрдү билип турат.

14. Ким жараткан болсо, Ал Өзү билбей калмак беле? Күйөрман да, Кабардар да Ал Өзү!

15. Ал силер үчүн жерди турук жай кылды. Анын ар тарабында басып жүрөсүңөр. Анын ырыскысынан жегиле. Ага кайрылып барыш бар.

16. Ал силерге асмандан жерге карай (таш) атып жиберсе деле аман кала бересиңерби? Ал (Жер) жылып баратат.

17. Же Ал силерге асмандан (таш учурган) бороонду жиберсе деле аман кала бересиңерби? Жакында Менин эскертүүм кандай экенин билесиңер.

18. Аларга чейинкилер да жалганга чыгарышкан. Менин эскертүүм кандай болду?!

19. Алар үстүндөгү канаттарын жайып, кайра жыйрыган куштардын (учуп жүргөнүн) көрүшкөн жокпу? Аларды (ободо) Рахмандан башка эч ким кармап турбайт. Ал бардык нерсени көрүп турат.

20. Же ушундай аскер силерге (каршы келсе), Рахмандан башка силерге ким жардам бере алат? Капырлар азгырган кыял менен жүрө беришет!

21. Же силердин ушул (жеп жаткан) ырыскыңарды Ал токтотуп койсо ким берет? Жок! Алар душмандык менен моюн бербей көгөрүп калышты.

22. Туура жолго жүзүн төмөн салып бара жаткан туура жүрөбү же түз түрүп Туруктуу жолго бара жатканбы?

23. Айт: «Силерди Ал (Алла) жаратты. Силерге уга турган (кулакты) да, көрө турган (көздү) да, жүрөктү да берди. Силер аз шүгүр кылып жатасыңар!»

24. Айт: «Жер бетине силерди Ал таратты. Ага чогулуп барасыңар».

25. Алар айтып жатышат: «Эгер чын айткан болсоңор, анда бул убада (кыямат) качан болот?»

26. Айт: «Анын илими Алланын Өзүндө. Мен (бар болгону) ачык эскертүүчүмүн».

27. Алар аны жакын жерден көргөндө, капырлардын жүздөрү карайып кетет. Аларга айтылат: «Силер талап кылган (күн) ушул!»

28. Айт: «Карап көрбөдүңөрбү? Алла мени жана мени менен бирге болгондорду өлтүрсө... Же бизге ырайым кылат. Ошондо капырларды оор азаптан ким сактайт?»

29. Айт: «Ал – Мээримдүү Кудай. Биз Ага ишендик, биз Ага тобокел кылдык. Жакында силер ким адашып жүргөнүн даана билесиңер!»

30. Айт: «Карап көрдүңөрбү? Эгер (ичкен) сууңар төмөн кирип кетсе, силерге булак сууну ким берет?»

68. КАЛАМ СҮРӨӨСҮ[1]

КАЛЕМ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Нун. Калемди жана анын чийгендерин (күбө кылып) касам берем!

2. Сен Эгеңдин бак-таалайына ээ болуп туруп жинди эмессиң.

3. Сен үчүн түгөнбөгөн энчи бар.

4. Сен бийик адеп-ахлактын ээсисиң.

5. Сен жакында көрөсүң, алар да көрүшөт.

6. Кимиңерге кандай сыноо бар?

7. Сенин Эгең Өзүнүн жолунан кимдин адашканын абдан жакшы билет. Ал Туура жолдо жүргөндөрдү да абдан жакшы билет.

8. Жалганга чыгаруучуларга баш ийбе.

9. Аларга сенин жасакерленип ыктаганың жагар эле. (Ошондон кийин) алар да сага жасакерленип ыкташат болчу.
10. Сен ар кандай жийиркеничтүү касамкорго баш ийбе:
11. Желип-жортуп ушак тараткан чагымчыга,
12. Жакшылыкты тоскон, чектен чыккан күнөөкөргө,
13. Орой мүнөз, ошондой эле теги бузукка,
14. Колунда бар мал-мүлкүнө, балдарына чиренгенге.
15. Ага Биздин аяттарыбыз окулса айтат: «Илгеркилердин жомогу экен!»
16. Жакында Биз анын маңдайына тамга басабыз!
17. Жакында Биз аларды бактын ээлерин сынагандай сынадык. Бир убакта алар таң аткыча бактын түшүмүн терип алышка касам ичишкен.
18. Алар шүгүрчүлүк келтиришкен жок.
19. Алар уктап жатканда сенин Эгеңден (жиберилген) бир айлануучу аны айланып өттү.
20. Таң атканда ал кара түндөй (күйүндүгө айланды).
21. Алар таң атарда бирин бири чакырышты:
22. «Тере турган болсоңор багыңарга жүргүлө!»
23. Чыгып жөнөштү. Өз ара шыбырашып жатышат:
24. «Бүгүн силерге жарды-жалчылардан кирип келгендер болбосун».
25. Таң ата башкаларга жол бербей кайрат менен жөнөшкөн.
26. Алар аны көргөндө айтышты: «Биз адашкан экенбиз!
27. Жок! Биз куржалак калган экенбиз!»
28. Алардын ортосунда турган (калыс) бирөөсү айтты: «Мен силерге тасбих айтпайсыңарбы деген жок белем?»
29. Алар айтышты: Субхана! Эгебиз! Биз залим болгон экенбиз!»
30. Алар бири бирин карашып айыптап жатышты.
31. Алар айтып жатышат: «Бизге өкүнүч! Биз чектен чыккан экенбиз!
32. Мүмкүн Эгебиз бизге мындан да жакшысын алмаштырып берер. Биз Эгебизге кайталы!»
33. Азап ушундай! Эгер алардын билгиси келсе, акыреттин азабы абдан чоң!
34. Такыбаларга Эгесинин алдында Бак-таалай (Наим) Бейиш бактары бар.
35. Биз мусулмандарды күнөөкөрлөрдөй кылабызбы?
36. Силерге эмне болду? Кандай өкүм чыгарасыңар?
37. Силердин дарс алып окуп жаткан Жазууңар барбы?
38. Анда силер тандай турган (жол-жоболор) бар бекен?
39. Же силердин Бизге кыямат күнгө чейин жете турган антыңар барбы?[2] Өзүңөр (мунун) өкүмүн чыгарып көргүлө.
40. Алардан сура. Алардан кимиси буга кепил болот экен?

41. Же алардын шериктери барбы? Эгер чын айтып жатышса, шериктери менен келишсин!
42. Кыямат күнү шыйрак ачылат. Алар сажда кылганга чакырылат. (Ошондо жыла албай) тынч туруп калышат.
43. Көздөрү (алактап) коркуп, кордукка батып турушат.
44. Кимдер бул сөздү жалганга чыгарып жатса, анда аларды Мага ташта! Биз аларды жакында төмөн түшүрөбүз. Алар (муну) билбей да калышат.
45. Мен аларга мөөнөт берип жатам. Менин куулугум абдан күч.
46. Же сен алардан акы сурап жатасыңбы? Алар оор карызга баттыбы?
47. Же аларда кайып (сырлардын илими) барбы? Алар аны жазып жатышабы?
48. Эгеңдин өкүмүнө сабыр кыл. Киттин жолдошуна[3] окшобо. Бир убакта ал каары кайнаганда (Бизге) жалбарган.
49. Эгер ага Эгең бак-таалай берип (ишин) оңдобосо, такыр жерге ташталат болчу. Жемеге да калат эле.
50. Эгеси аны (пайгамбар кылып) тандап алды. Аны жакшылардын бири кылды.
51. Капырлар Зикирди (Куранды) угуп жатканда сени көздөрү менен жыга атып салгысы келишет. Алар айтып жатышат: «Ал жинди болуп калган экен!»
52. Ал (Куран) ааламдар үчүн эскертүүдөн башка эмес!

69. ХАККА СҮРӨӨСҮ[1]

АКЫЙКАТ КҮН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Акыйкат күн!
2. Акыйкат күн деген эмне?
3. Сен акыйкат күн деген эмне экенин билдиңби?
4. Самуд калкы да, Ад калкы да оор күндү жалганга чыгарышты.
5. Самуд калкы чектен чыкканы үчүн кыйроого кабылды.
6. Ал эми Ад калкы ышкырган суук шамалдан кыйроого кабылды.
7. Ал (Алла) ага катары менен жети түн жана сегиз күндү баш ийдирди. Сен анда калайыктын омкорулган курманын сөңгөктөрүндөй кыйрап жатканын көрөт элең.
8. Сен алардан калып калганын көрүп жатасыңбы?

9. Фараон да, андан мурдагылар да, Оодарылган калаа да күнөө менен келди.
10. Алар Эгесинин элчи-пайгамбарын укпай коюшкан. Ошондо кармай турган (азап) катуу кармаган.
11. Суу чегинен ашканда Биз силерди сүзө турган (кемеге) салдык.
12. Анткени, силерге эскертүү болуп, кулакка илип аңдап жүрүшүңөр керек болчу.
13. Качан бир жолу сурнай тартылган кезде...
14. Жер менен бирге тоолор көтөрүлсө... бир жолу чаңга айланат.
15. Ошол күнү Окуя жүзөгө чыгат.
16. Асман талкаланат. Ал күнү ал алдан таят.
17. Периштелер анын жээктеринде турушат. Ал күнү сегиз (периште) Эгеңдин Аршын жогору көтөрүп турат.
18. Ал күнү силер да турасыңар. Силердин эч нерсеңер жашыруун калбайт.
19. Кимдин китеби оң колуна берилсе, ал айтат: «Мына менин китебим! Аны окуп көргүлө!
20. Мен эсебимди (берчү күнгө) жолугушту ойлогон болчумун».
21. Ал өзү ыраазы болгон жашоодо,
22. Улук Бейиште болот.
23. Анын жемиштери да жакын турат.
24. (Аларга айтылат): «Өткөн күнүңөрдө кылганыңар үчүн жыргап-куунап жегиле, ичкиле!»
25. Ал эми кимдин китеби сол колуна берилсе, ал айтат: «О, аттиң! Мага китебим берилбей калса кана!
26. Эсебимди билбей калсамчы!
27. О, аттиң! (Өлүмүм менен) бүткөн болсочу!
28. Мени байлыгым да куткарбады.
29. Бийлигим да жок болду!»
30. (Периштелерге буйрук болот): «Аны кармагыла да, кишендегиле!
31. Андан кийин аны Тозокто күйгүзгүлө!
32. Андан кийин жетимиш чыканак чынжырдан өткөргүлө!
33. Ал Улук Аллага ишенген эмес!
34. Жарды-жалчыны тамакка чакырган эмес.
35. Анын бүгүн жакыны да жок.
36. Ириңден башка тамагы да жок.
37. Аны күнөөкөрлөрдөн башка эч ким жебейт».
38. Жок! Мен силер көрүп тургандарды (күбө кылып) касам берем!
39. Силер көрбөгөндөрдү (күбө кылып) касам берем!
40. Бул урматтуу элчи-пайгамбардын сөзү.
41. Бул акындын сөзү эмес. Силер аз ишенип жатасыңар!
42. Бул бакшынын сөзү эмес. Силер аз эстеп жатасыңар.

43. (Куран) – Ааламдардын Эгесинен түшкөн.
44. А эгер ал (пайгамбар Куранга алымча-кошумча киргизип) Бизге оозуна келген кээ бир сөздөрдү айтчу болсо,
45. Анда Биз аны оң колунан кармайт элек.
46. Андан кийин анын жүрөк тамырын жулуп алмакпыз.
47. Силерден бирөө да андан (бул азапты) токтото алмак эмес.
48. Ал (Куран) такыбалар үчүн эскертүү.
49. Силерден аны жалганга чыгарып жаткандарды Биз билебиз.
50. Капырларды анын кусуру урат.
51. Ал (Куран) – акыйкат чындык.
52. Улук Эгеңдин аты менен тасбих айт!

70. МААРИЖ СҮРӨӨСҮ[1]

БАСКЫЧТАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Боло турган азапты бир суроочу сурады.
2. Капырларга, аны артка кайтаруучу жок.
3. Баскычтардын[2] Ээси Алладан.
4. Ага периштелер менен Рух (Жабраил) элүү миң жылга барабар бир күндө[3] көтөрүлүп чыгышат.
5. Жакшы сабыр кылып сабыр кыл.
6. Алар муну узак көрүшөт.
7. А Биз аны жакын көрөбүз.
8. Ал күнү асман эриген жездей (кайнайт).
9. Тоолор сабалган жүндөй...
10. Дос досту сурабайт.
11. Аларды (бири бирине) көрсөтүшөт. Ал күндүн азабынан күнөөкөр өз балдарын төлөм үчүн берип (кутулушту) каалар эле.
12. Аялын да, бир тууганын да,
13. Аны калкалаган тууган-туушкандарын да,
14. Жана да жер бетинде ким болбосун, бүт баарысын, андан кийин аны куткарса болду эле.
15. Жок! Ал – Тозоктун жалыны.
16. Так чокусунан баштап куйкалайт.
17. Ал чакырат ким болбосун, аркасына кайтканды, жүз бурганды.
18. (Байлык топтоп) жыйнаганды, катканды.
19. Инсан тынчы жок жаралган.
20. Эгер ага кырсык жетсе чыдай албайт.
21. Эгер ага дөөлөт жетсе колун ачпайт.

22. Намазды окугандар мындай эмес.
23. Алар ар дайым намаздарын калтырышпайт.
24. Алардын байлыгында белгиленген акы да бар,
25. Сураганга да, ач-жылаңач калганга да.
26. Алар жаза күндү тастык кылышат.
27. Алар Эгесинин азабынан коркушат.
28. Алардын Эгесинин азабынан, (ким болбосун) сыртта аман калган да эмес!
29. Алар жыныстык мүчөлөрүн (зынадан) сакташат.
30. Өздөрүнүн никесиндеги аялдары менен колундагы күңдөрүнөн башкалардан; алар жемеге да калбайт.
31. Ким мунун (зынанын) аркасынан аракет кылса, анда алар – чектен чыккандар.
32. Алар өз мойнундагы аманаттарды да, келишимдерди да сактап аткарышат.
33. Алар берген күбөлүктөрүнө да бекем турушат.
34. Алар намаздарын да сакташат.
35. Булар Бейиште урмат менен сый көрүшөт.
36. Капырлар эмнеге эле сенин алдыңа карай умтулуп жатышат?
37. Оң жактан да, сол жактан да топ-топ болуп.
38. Алардан ар бир киши Бак-Таалай (Наим) Бейишине киргизилгенге үмүт кылабы?
39. Жок! Аларды биз жаратканбыз. Эмнеден экенин алар билишет.
40. Жок! Чыгыштардын Эгеси, батыштардын Эгеси менен касам берем! Биздин күчүбүз жетет.
41. Биз алардан да жакшысын (Жер бетине) алмаштырып коё алабыз. Бизден (алдыга) өтүп кете алышпайт.
42. Аларды ташта. Убада кылынган жолугар күнүнө чейин оюн-күлкүгө чөмүлүп жүрө турушсун.
43. Ал күнү алар мүрзөлөрүнөн чыгышат да, курман чалган жайга шашылгандай ашыгышат.
44. Көздөрү (алактап) коркуп, кордукка батып турушат. Аларга убада кылынган күн ушул болчу!

71. НУХ СҮРӨӨСҮ[1]

НУХ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Биз Нухту калкына жөнөттүк. (Ага айттык): «Калкыңа оор азаптын келишинен алдын эскерт!»

2. Ал айтты: «Эй, калкым! Мен силерге ачык эскертүүчүмүн.
3. Аллага кулдук кылгыла! Андан корккула! Мага баш ийгиле.
4. Ал силердин күнөөңөрдү да кечет. Силерге бир мезгилге чейин да мөөнөтүңөрдү узартат. Эгер билгиңер келсе, Алланын берген мөөнөтү келсе, ал кечиктирилбейт!»
5. (Нух) айтты: «Эгем! Мен калкымды күнү-түнү чакырдым.
6. Менин чакырыгым алардын качканын эле күчөттү.
7. Аларга Сенин кечиримиң болсун деп мен канча чакырсам деле алар (укпай) кулактарын манжалары менен бекитишти. Кийимдерин жаап чүмкөнүштү. Көгөрүп туруп алышты. Бой көтөрүп текеберлик кылышты.
8. Андан кийин мен аларды кыйкырып да чакырдым.
9. Андан кийин да мен алар менен ачык сүйлөштүм, жашырынып да сүйлөштүм.
10. (Аларга) айттым: «Эгеңерден кечирим тилегиле. Ал кечиримдүү Кудай.
11. Ал силерге асмандан нөшөрлөгөн (жамгыр) жиберет.
12. Ал силерге байлык да, бала-чака да берип колдойт. Силер үчүн бак-даректарды өстүрөт, дарыяларды агызат.
13. Силерге эмне болду? Алланы урмат кылып үмүт кылбайсыңар.
14. Ал силерди доорлорго бөлүп жараткан.
15. Алланын жети кат асмандарды кандай кылып жаратканын көрбөдүңөрбү?
16. Анда Айды нур чача турган кылды, Күндү чырак кылды.
17. Алла силер үчүн жерден өсүмдүктөрдү өндүрүп чыгарды.
18. Кийин силерди ага кайтарат. Силерди (андан кайра тирилтип) чыгарат.
19. Алла силерге жерди (жайып) килем кылды.
20. Анткени, силер анда кенен-кесир жол басып жүрүшүңөр керек эле».
21. Нух айтты: «Эгем! Алар мени укпай коюшту. Алар зыяндан башканы көбөйтпөгөн, байлыктары менен балдары көптөрдү ээрчип кетишти».
22. Алар катуу айла менен айлакердик кылышты.
23. Алар айтышты: «Кудайларыңарды таштабагыла! Вадданы да, Суваны да, Йагусту да, Йаукту да, Насрды[2] да таштабагыла!»
24. Алар көпчүлүктү жолдон азгырышты. (Нух айтты): «Залимдерге адашуудан башканы көбөйтпө!»
25. Алар күнөөлөрүнөн улам (сууга) чөктү. Аларга Алладан башка жардам бере тургандар да табылган жок.
26. Нух айтты: «Эгем! Жер бетинде турук кылган бир да капырды калтырба.
27. Эгер сен аларды калтырсаң, алар Сенин кулдарыңды жолдон адаштырат. Алар ыпылас капырлардан башканы да туушпайт.

28. Эгем! Менин ата-энемди да, менин үйүмө кирген ыймандуу пендени да, ыймандуу эркектерди да, ыймандуу аялдарды да кечир! Залимдерге кыйроодон башканы көбөйтпө!»

72. ЖИН СҮРӨӨСҮ[1]

ЖИН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Айт: «Мага жашыруун кабар болду». Аны бир топ жиндер угуп турушту да, айтышты: «Биз (таң каларлык) ажайып Куранды уктук.

2. Ал Туура жолго салат экен. Биз ага ишендик. Эгебизге эми эч бир шерик кошпойбуз!

3. Ал биздин Бийик, Улуу Эгебиз! Анын шериги да, баласы да болгон эмес.

4. Бизден бир келесоо Аллага ашыкча сөздү айтып жатат.

5. Биз адамдар да, жиндер да Аллага эч бир жалганды айтпайт деп ойлогонбуз.

6. Инсан тукумундагы кээ бир кишилер жин тукумундагы кээ бир кишилерден жардам сурап жатышат. Алар аларга коркунучту көбөйтүштү.

7. Алар деле силердин ойлогонуңарга окшош Алла эч качан (кайра) тирилтпейт деп ойлошту.

8. Биз асманга жеттик. Анда жаркыраган (жылдыздардын) да, кубаттуу сакчылардын да толо экенин көрдүк.

9. Биз анда угуш үчүн отура турган жерге отурганбыз. Азыр ким уга турган болсо, анда аны күзөтүп турган жарык (жылдыз)[2] куул жетет.

10. Биз жердегилерге жакшылык кааланганбы, же аларга Эгеси туура жолду каалаганбы билбей жатабыз.

11. Бизден жакшыларыбыз да бар, андай эместерибиз да бар. Биз ар башка жолдордо болчубуз.

12. Биз жер бетинде эч качан Алланы алсырата албашыбызды да, Андан качып кутула албашыбызды да ойлодук.

13. Биз Туура жолду (Курандан) укканда ага ишендик. Ким Эгесине ишенсе, өкүнүчтөн да, акылсыз болуштан да коркпойт экен.

14. Бизден мусулмандарыбыз да бар, бизден (адилеттүүлүктөн) тайгандар да бар. Ким (Аллага) баш ийсе, анда булар туура жолго багыт алат.

15. А (адилеттүүлүктөн) тайгандар Тозокко отунда болушат экен».

16. Эгер алар жолдо туруктуу турган болсо, Биз аларга сууну да кенен-кесир ичирет элек.

17. Анткени, аларды Биз муну менен да сынашыбыз керек болчу. Ким Эгесин эстеп зикир кылыштан баш тартса, анда аны Ал оор азаптын жолуна салат.

18. Аллага сажда кыла турган жерлерде Алла менен бирге эч нерсеге сыйынбагыла!

19. Алланын кулу Ага дуба кылып ордунан турганда, алар (жиндер) анын айланасында топурап турушту.

20. Айт: «Мен Эгеме чакырам. Ага эч бир шерик кошпойм!»

21. Айт: «Менин силерге зыян кылышка да, жолго салышка да бийлигим жок».

22. Айт: «Мени Алладан эч бирөө коргоп кала албайт. Мен Андан башка жай бере турганды да таба албайм».

23. Алланын кабарларын жеткириштен башка (милдетим жок). Ким Алла менен Анын элчи-пайгамбарын укпай койсо, ал үчүн Тозок оту бар. Алар анда түбөлүк калышат.

24. Алар убада болгонду көрүшкөнгө чейин (угушпайт). Жакында алар кимдин жардам берүүчүсү алсыз, саны да аз экенин билишет.

25. Айт: «Мен силерге убада кылынган нерсе жакынбы, же Эгем аны узартабы, билбейм».

26. Кайып сырларды Билүүчү да Өзү! Ал мунун сырын эч бирөөгө ачпайт.

27. Бирок, Ал Өзү ыраазы болгон элчи-пайгамбардан (кээ бир сырды жашырбайт). Анда Ал анын алдынан да, аркасынан да күзөтүүчүнү жолдош кылат.

28. Анткени, ал Эгесинин кабарларын (мурдагы элчи-пайгамбарлардын) жеткиришкенин билиши керек болчу. Ал (Алла) алардын айлана тегерегин тегиз курчап салган. Ал бардык нерсенин эсебин да чыгарып койгон».

73. МУЗЗАММИЛ СҮРӨӨСҮ[1]

ЧҮМКӨНҮҮЧҮ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Эй, чүмкөнүүчү!

2. Түндүн бир аз бөлүгүнөн башкасында тур.

3. Жарымынча же андан азыраак кемит.

4. Же ага бир аз кош. Куранды кырааты менен (шашпай) оку.

5. Жакында Биз сага салмактуу сөздү таштайбыз.

6. Түн ичинде туруп окуган намаздын таасири күч, сөзү да бек.

7. Күн бою сен сүзгөндөй тынбайсың[2].

8. Эгеңдин атын зикир кыл. Өзүңдү Ага толук багышта.
9. Ал – чыгыш менен батыштын Эгеси. Андан башка Кудай жок. Аны өзүңө Колдоочу кыл!
10. Алардын айткандарына сабыр кыл. Алардан жакшылыкча басып кет.
11. Мени дөөлөттүү жалганчылар менен жөн кой. Аларга бир аз мөөнөт бер.
12. Бизде (алар үчүн) кишендер да, Тозок да бар.
13. Кекиртегин бууган тамак да, оор азап да бар.
14. Ал күнү жер менен бирге тоолор да титирейт. Тоолор кумга айланып дөбө болот!
15. Биз Фараонго элчи-пайгамбарды жибергендей силерге да күбө болчу элчи-пайгамбарды жибердик.
16. Фараон элчи-пайгамбарды укпады. Биз аны каарыбызга алып кармадык.
17. Эгер капыр болуп кетсеңер, жаш балдардын чачы агарып кете турган күндөн кантип сактанасыңар?
18. Ошондо асман талкаланат. Анын убадасы аткарылат.
19. Бул – (силерге) эскертүү. Ким кааласа Эгесине карай жол алат.
20. Эгең сенин түндүн үчтөн эки бөлүгүнөн да азыраак, анын жарымынча жана сени менен бирге болгондор менен үчтөн биринче (намазда) турганыңды билет. Түн менен күндү Алла ченейт. Ал силердин муну эсептебей жатканыңарды да билет. Ал силердин тобоңорду кабыл кылды. Курандан өзүңөргө жеңил болгонун окугула. Ал силерден ооруп калганыңарды да, башкаларыңардын жер бетин кезип Алланын ырайымы менен (ырыскы) издегениңерди да, (дагы) башкаларыңардын Алланын жолунда согуш кылып жүргөнүңөрдү да билет. Андан өзүңөргө жеңил болгонун окугула. Намазды окугула, зекетти бергиле. Аллага жакшылап карыз бергиле. Жакшылыктан эмнени өзүңөр үчүн даярдаган болсоңор, аны Алланын алдынан жакшы экенин да, чоң экенин да табасыңар. Алладан кечирим тилегиле. Ырайымдуу да, Кечиримдүү да Алла Өзү!

74. МУДДАССИР СҮРӨӨСҮ[1]

ОРОНУУЧУ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Эй, оронуучу!
2. Тур да, эскерт!
3. Эгеңди улукта!
4. Кийимиңди тазала!
5. Ыпылас (иштерден) четке чык!

6. Көбөйтүштү каалап жакшылык кылба!
7. Эгеңе сабыр кыл!
8. Качан сурнай тартылса,
9. Так ушул күн оор күн.
10. Капырларга ал жеңил эмес.
11. Кимди Мен жеке Өзүм жаратсам, аны Мага ташта.
12. Мен ага түгөнбөгөн байлык бердим.
13. Көз алдында турган балдарын да.
14. Мен аны камсыз кылдым.
15. Ушундан кийин да Менин көбөйтүшүмдү эңсей берет.
16. Жок! Ал Биздин аяттарыбызды четке какты.
17. Жакында Мен ага оор азапты жүктөйм.
18. Ал өзүнчө пикир кылды, өзүнчө эсеп-кысап кылды.
19. Өзү кандай эсеп-кысап кылса, (так ошондой) өлтүрүлдү.
20. Андан кийин да өзү кандай эсеп-кысап кылса, (так ошондой) өлтүрүлдү.
21. Андан кийин ал карап көрдү.
22. Андан кийин ал кабагын салды да, түнөрдү.
23. Андан кийин ал аркасына кайтты да, текеберлик кылды.
24. Ал айтты: «Бул (Куран) сыйкыр экен! (Илгертен) айтылып келе жатат!
25. Бул адамдын эле сөзү экен!»
26. Жакында Мен аны Сакарда күйдүрөм!
27. Ал сага эмнени билдирди? Сакар деген эмне?
28. Ал эч нерсени (денесинен күйдүрбөй) калтырбайт, таштап койбойт.
29. Адамдын терисин күйдүрүүчү.
30. Анда он тогуз (периште) бар.
31. Тозоктун кызматчыларын он тогуз периште кылдык. Биз алардын санын капырларга сыноо кылдык. Анткени Жазуу берилгендер бекем ишеничке ээ болушу керек болчу. Ыймандуу пенделердин ыйманы күч алышы керек болчу. Жазуу берилгендер да, ыймандуу пенделер да күмөн кылбашы керек болчу. Жүрөгүндө арамы барлар да, капырлар да айтышы керек эле: «Бу мисал менен Алла эмнени каалады болду экен?» Алла ушинтип кимди кааласа адаштырат, кимди кааласа Туура жолго салат. Эгеңдин аскерин Өзүнөн башка эч ким билбейт. Бул ар бир адамга эскертүүдөн башка (сөз) эмес.
32. Жок! Айды (күбө кылып) касам берем!
33. Өткөн түндү (күбө кылып) касам берем!
34. Аткан таңды (күбө кылып) касам берем!
35. Ал (Сакар) – чоң (азаптын) бири.
36. Ар бир адамга (аны) эскертип (койдук).

37. Силерден ким болбосун алдыга умтулат, же артта калат.
38. Ар бир жан кылган ишине туткун.
39. Оң канатта тургандардан башкасы.
40. Бейиш бактарындагылар суроо узатышат.
41. Күнөөкөрлөргө:
42. «Сакарга кантип кирип калдыңар?»
43. Алар айтышат: «Биз намаз окуган эмес экенбиз.
44. Жарды-жалчыга тамак бербептирбиз.
45. Оюн-күлкүдө жүргөндөр менен ойноп-күлүп жүрө бериптирбиз.
46. Жаза күндү жалган дегенбиз.
47. Чындык бизге келгиче».
48. Аларга колдоочулардын колдоосу да пайда бербейт.
49. Аларга эмне болду? Эскертүүдөн баш тартып жатышат.
50. Үркүп кеткен эшектердей.
51. Арстандардан (качкандай) качышты.
52. Ырас! Алардын ар бир кишиси өзү үчүн ачылган Ыйык Баракта-рдын түшүшүн каалайт.
53. Жок-жок! Алар акыреттен коркпой жатышат!
54. Жок! Бул деген эскертүү.
55. Ким кааласа аны эстеп жүрөт.
56. Алла каалабаса аны эскерип да жүрө алышпайт. Ал такыбалардын да, кечиримге ээ боло тургандардын да Эгеси!



75. КЫЯМАТ СҮРӨӨСҮ[1]

КЫЯМАТ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Жок, Мен кыямат күндүн келишине касам берем!
2. Жемеге калчу ар бир жанды (күбө кылып) касам берем!
3. Биз сөөктөрүнөн бери чогултуп тирилтишибизди инсан ойлобой жатабы?
4. Ырас! Анын манжаларынын учуна чейин тикелешке Биздин күчүбүз бар.
5. А бирок, инсан келечегин (ойлобогону) үчүн ыпыластык кылат.
6. Ал сурап жатат: «Кыямат күн качан (келет)?»
7. Көз (чагылган ургандай) жарк эткен кезде,
8. Ай (нурун чачпай) тутулган кезде,
9. Күн менен Ай биригип кошулган кезде...
10. Ал күнү инсан сурайт: «Качып барар жер кайда?»
11. Жок! Баш калакалаар жай жок!

12. Ал күнү Эгеңде гана жай бар!
13. Ал күнү инсанга эмне даярдаганы менен (кылбай) калтырганы кабар берилет.
14. Ал күнү инсан өзүнө өзү күбө.
15. Эгер ал үзүр-мазырын айтса деле...
16. Тилиңди сен аны (окуйм деп, кайра-кайра) шашылып, күбүрөнбө.
17. Аны толук жыйнап (сакташ) да, окуш да Бизге.
18. Биз аны окуп жатканда сен Бизге ээрчи.
19. Андан кийин аны түшүндүрүп бериш да Бизге.
20. Жок-жок! Силер тез өтө турган (жалган дүйнөнү) сүйөсүңөр.
21. Акыретти таштап коёсуңар.
22. Жүздөр ал күнү жаркырайт.
23. Эгесине карап турат.
24. Жүздөр ал күнү түнөрөт.
25. Омурткасын сынабы деп ойлошот.
26. Жок! Жаны алкымга жеткен кезде,
27. Ага айтылган: «Ким дем салат?»
28. Ошондо ал ойлогон. «Айрылуу!» (бул дүйнөдөн ушул экен).
29. Эки буту кошоктолуп оролгон.
30. Ошол күнү Эгеңе айдалыш бар.
31. Ал тастык кылган эмес, намазды да окуган жок.
32. А бирок ал (Куранды) да жалган деген. Аркасына кайтып кеткен.
33. Андан кийин керсейип үй-бүлөсүнө кеткен.
34. Сага өкүнүч, дагы өкүнүч!
35. Андан кийин сага өкүнүч, дагы өкүнүч!
36. Инсан өзүн жөн калат деп ойлоп жатабы?
37. Ал атылып чыккан бир тамчы суу эмес беле?
38. Андан кийин коюу кан болчу. Андан кийин Ал аны жаратты. Теңдештирди.
39. Андан кийин жуп кылды: эркек-ургаачы.
40. (Ушундан кийин да) Ал өлгөндү тирилте албайбы?

76. ИНСАН СҮРӨӨСҮ[1]

ИНСАН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Инсан эскериле турган макулук болгонго чейин да доор өтпөдүбү?
2. Биз инсанды сынаш үчүн бир тамчы аралашма суудан жараттык. Аны уга турган, көрө турган кылдык.

3. Биз аны Туура жолго салдык. Эми ал шүгүр кылуучу же капыр болот.

4. Биз капырлар үчүн чынжырлар менен кишендерди жана Тозок отун даярдап койдук.

5. Жакшы пенделер чөйчөктөрдө «кафур»[2] кошулган ичимдиктерди ичишет.

6. Ал булак болуп, Алланын кулдары аны (каалаган жерге) оргуштата агыздырып иче беришет.

7. Алар назрларын аткарышат эле. Алар жамандыгы тегиз каптай турган (кыямат) күндөн коркушкан болчу.

8. Алар сүйгөн тамагын да жарды-жалчы, жетимге, туткунга да жегизишер эле.

9. (Алар айтышкан): «Биз силерге Алланы урмат кылып тамак жедирип жатабыз. Биз силерден акы да, ыраазычылык да каалаганыбыз жок.

10. Биз Эгебизден кайгылуу күндүн каарынан коркобуз».

11. Алла аларды бул күндүн жамандыгынан сактады. Аларды жарыктыкка, сүйүнүчкө жеткирди.

12. Аларга сабыр кылганы үчүн (Бейиштин) бактары менен жибек (кийимдерин) тартуу кылды.

13. Алар анда сөөрүлөрдө сүйөнүшүп отуруп, (ысык) күндү да, катуу суукту да көрүшпөйт.

14. Аларга (Бейиш бактарынын) көлөкөсү да жакын. Жемиштери да төмөн карай ийилген.

15. Аларга күмүш идиштер менен айнектей жаркыраган чөйчөктөрдү (Бейиш жигиттери) айландырып сунушат.

16. Айнектей жаркыраган күмүш (идиштерден) чени менен ченелип куюлган (ичимдиктерди ичишет).

17. Анда имбир кошулган ичимдиктер да чөйчөктөр менен ичирилет.

18. Ал булак анда «Сальсабиль» деп аталат.

19. Аларга (Бейиштин) түбөлүк жапжаш жигиттери айланып кызмат кылышат. Аларды көрсөң чачылып жаткан берметтей экен деп ойлойт элең.

20. Ал жерди (Бейишти) көрсөң, бак-таалайды, улуу бийликти көрөт болчусуң.

21. Алардын кийимдери түсү жашыл, жука жибектен болот. Алар күмүш билериктерди тагынышат. Эгеси аларга таза шарапты ичирет.

22. (Аларга айтылат): «Бул силерге акыңар үчүн болду. Силердин аракетиңерге (берилген) ыраазычылык болду!»

23. Биз сага Куранды бөлүп-бөлүп түшүрдүк.

24. Эгеңдин өкүмүнө сабыр кыл. Алардын капырына да, күнөөкөрүнө да баш ийбе.

25. Эгеңдин атын эртели-кеч эстеп зикир кыл.

26. Түндө да Ага сажда кыл. Узун түндө да тасбих айт.

27. А тигилер тез өтө турган (жалган дүйнөнү) сүйүшөт. Оор күндү аркасына таштап (унутуп) жатышат.

28. Аларды Биз жаратканбыз. Алардын (дени-жанын) бир бүтүн кылып кубат бергенбиз. А эгер Биз кааласак, (алардын ордуна) аларга окшош (калайыкты) алмаштырып да коёт болчубуз.

29. Ким Алланын жолун кармаса, бул (сүрөө) ага эскертүү болду.

30. Алла кааламайынча, силер каалай албайсыңар. Даанышман да, Билүүчү да Алла Өзү!

31. Ал кимди кааласа, аны ырайымына киргизет. Залимдер үчүн оор азапты даярдап койду.

77. МУРСАЛАТ СҮРӨӨСҮ[1]

ЖИБЕРИЛГЕНДЕР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Удаа жиберилген (шамалдарды күбө кылып) касам берем!
2. Куюндаган катуу (шамалдарды күбө кылып) касам берем!
3. Туш тарапка таратуучуларды (күбө кылып) касам берем!
4. Күч менен ажыратуучуларды (күбө кылып) касам берем!
5. Зикирди жеткиргендерди (күбө кылып) касам берем!
6. Үзүр-мазыр, же кечирим...
7. Силерге берилген убада жүзөгө чыгат.
8. Жылдыздар өчкөн кезде,
9. Асман жарылган кезде,
10. Тоолор сапырылган кезде,
11. Элчи-пайгамбарларга мөөнөт берилген кезде...
12. Кайсы күнгө мөөнөт берилген?
13. Айрылыш күнгө!
14. Айрылыш күн деген эмне? Ал сага эмнени билдирди?
15. Ал күнү өкүнүч!
16. Биз оболку (калайыктарды) кыйраткан жок белек?
17. Андан кийин аларга удаа акыркы (калайыктарды) жөнөтүп жатабыз.
18. Биз күнөөкөрлөрдү ушундай кылабыз.
19. Жалганга чыгаргандар үчүн ал күн өкүнүч!
20. Биз силерди жийиркеничтүү суудан жараткан жок белек?
21. Аны бекем орунга жайгаштырдык.
22. Маалым болгон бир мезгилге.

23. Биз (аны) чектедик. Биз кандай жакшы чектейбиз!
24. Жалганга чыгаргандар үчүн ал күн өкүнүч!
25. Биз жерди майдан кылган жок белек?
26. Тирүүлөргө да, өлгөндөргө да.
27. Анда бекем турган аскар (тоолорду) жараттык. Силерге таза суу-ну ичирдик.
28. Жалганга чыгаргандар үчүн ал күн өкүнүч!
29. (Аларга айтылат): «Жалган дегениңер (Тозокко) жөнөгүлө!
30. Үч башка көлөкөгө жөнөгүлө!
31. Көлөкө да жок. Жалындаган оттон ал (өзүн) куткара албайт!»
32. Ал үйдөй болгон учкундарды атат.
33. Түсү сары төөлөргө окшойт.
34. Жалганга чыгаргандар үчүн ал күн өкүнүч!
35. Бул күнү алар сүйлөй албайт.
36. Аларга үзүр-мазыр айтышка да уруксат берилбейт.
37. Жалганга чыгаргандар үчүн ал күн өкүнүч!
38. Бул – айрылыш күн. Биз силерди да, оболку калайыктарды да жыйнадык.
39. Эгер силердин Мага куулугуңар болсо, анда Мага каршы куулук кыла бергиле!
40. Жалганга чыгаргандар үчүн ал күн өкүнүч!
41. Такыбалар (бактардын) көлөкөсүндө, булактардын (арасында),
42. Каалаган жемиштерди (жеп жүрүшөт).
43. Кылган ишиңердин (акыбети) үчүн жегиле, ичкиле!
44. Жакшылык кылгандарга акысын Биз ушинтип беребиз!
45. Жалганга чыгаргандар үчүн ал күн өкүнүч!
46. «Жегиле, (бул дүйнөнүн) бир аз пайдасын көргүлө! Силер - күнөөкөрлөрсүңөр».
47. Жалганга чыгаргандар үчүн ал күн өкүнүч!
48. Аларга «руку кылгыла!» деп айтылса да, руку кыла алышпайт.
49. Жалганга чыгаргандар үчүн ал күн өкүнүч!
50. Алар андан кийин да кандай сөзгө ишенишет?

78. НАБА СҮРӨӨСҮ[1]

КАБАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алар бири биринен эмне жөнүндө сурап жатышат?
2. Улуу кабар жөнүндө.

3. Алар ал жөнүндө талашып жатышат.
4. Жок! Жакында алар (аны) билишет.
5. Жок-жок! Жакында алар (аны) билишет.
6. Биз жерди жайып төшөбөдүкпү?
7. Тоолорду казык кылып.
8. Биз силерди жуп кылып жараттык.
9. Силерге уйкуңарды эс ала турган кылдык.
10. Түндү силерди каптай турган кылдык.
11. Күндү тиричилик үчүн кылдык.
12. Силердин үстүңөрдө катуу жети катты[2] жараттык.
13. (Анда) жаркыраган чыракты койдук.
14. (Булуттан) сызылып аккан сууну түшүрдүк.
15. Биз аны менен эгин менен өсүмдүктөрдү өстүрүп чыгарышыбыз керек болчу.
16. Жыш өскөн бак-даректарды да.
17. Айрылыш күн белгиленген убакыт болду.
18. Ал күнү сурнай тартылат. Силер топ-топ болуп келесиңер.
19. Асман ачылат, эшиктер пайда болот.
20. Тоолор жылып кыймылга кирет. Закымдаган элес болот.
21. Тозок деген күтүп жаткан буктурма болду.
22. Чектен чыккандарга кайрылып барчу жайы болду.
23. Алар анда кылымдап (түбөлүк) кала беришет.
24. Анда салкын да эмес. Суусундук да ичишпейт,
25. Ириң менен кайнак суудан башканы.
26. Туура келген жазасы (ушул).
27. Алар эсеп беришти үмүт кылган эмес.
28. Биздин аяттарыбызды жалган деп жалганга чыгарышкан.
29. Биз ар бир нерсени эсептеп жазып койгонбуз.
30. (Азабыңарды) жегиле! Биз силерге азаптан башканы көбөйтпөйбүз!
31. Такыбалар үчүн жеңишке жетер жери бар.
32. Бактар менен жүзүмзарлар...
33. (эмчектери) көөп чыккан секелек куректагы (үр кыздар)...
34. Шарап толо чөйчөктөр...
35. Алар анда бейчеки сөздү да, жалган-жашыкты да угушпайт.
36. Эгеңдин эсебинде бере турган (ушундай) энчиси бар.
37. Рахман – (Жети кат) Асман менен жердин жана ал экөөнүн ара-сындагылардын Эгеси. Алар (кыямат күнү) Андан уруксат болбой сүйлөй алышпайт.
38. Ал күнү Рух (Жабираил) менен бирге периштелер сап тартып ту-рушат. Рахман кимдерге уруксат берген болсо, алар гана сүйлөй алышат. Туурасын Ал Өзү айтат.

39. Ушул күн ак! Ким Эгесине, (акыркы) барар жайына (бекем ишеничин) кармаса...

40. Биз силерге жакын (калган) азапты эскерттик. Ал күнү (ар бир) адам эки колуна (кармаган китебинен) эмне даярдаганын карап көрөт. Капырлар айтышат: «Аттиң! Мен топурак бойдон калсамчы!»

79. НААЗИАТ СҮРӨӨСҮ[1]

КҮЧ МЕНЕН СУУРУГАНДАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Күч менен сууругандарды (күбө кылып) касам берем!
2. Жеңил сууругандарды (күбө кылып) касам берем!
3. Сүзгөндөй учкандарды (күбө кылып) касам берем!
4. Жарышкандай учкандарды (күбө кылып) касам берем!
5. Ар кандай буйрукту аткаргандарды (күбө кылып) касам берем!
6. Титирөөчү титиреген күндө,
7. Ага дагы улануучу уланат.
8. Ал күнү жүрөктөр түрсүлдөйт.
9. Аны көздөр (көргөндө) баш ийет.
10. Алар айтышат: «Биз мурдагыдай (жашообузга) кайттыкпы?
11. Сөөгүбүз сөпөт болуп чирисек делеби?»
12. Алар (дагы) айтышат: «Андай болсо, кайра ушул тирилиш кусур экен!»
13. Ал – бир силкиниш!
14. Ошондо алар тегиз жерде турушат.
15. ...Сага Мусанын кабары жеттиби?
16. Бир убакта Эгеси аны Ыйык Тува[2] өрөөнүндө чакырды:
17. «Фараонго бар. Ал чектен чыкты.
18. (Ага) айт: «Сен (күнөөдөн) тазалангың келеби?
19. Мен сени Эгеңдин Туура жолуна баштайм. Сен (Андан) коркушуң керек».
20. (Эгеси) ага улук аяттарды көрсөттү.
21. Ал (аны) жалганга чыгарды, (моюн толгоп) укпады.
22. Андан кийин да (каршы) аракет кылып аркасына кайтып жатты.
23. Ал (калайыкты) жыйнады да, жарыя кылды.
24. Айтты: «Мен – силердин улук эгеңермин!»
25. Алла аны биринчи (дүнүйөлүк жашоосунда) да, акыретте да катуу (азапка) кармады.
26. Корккондорго мында ибрет бар!
27. Силерди жаратыш кыйынбы же асмандыбы? Аны Ал тургузду.

28. Ал аны бийик көтөрдү да, теңдештирди.
29. Анда түнөргөн түндү кылды, андан жарык таңды чыгарды.
30. Ошондон кийин Жерди жайды.
31. Андан суу менен жайытты чыгарды.
32. Тоолорду бекем орнотту.
33. Малыңарга да, силерге да пайдасы бар.
34. Улуу кырсык келгенде,
35. Ошол күнү инсан эмнеге аракет кылганын эстейт.
36. Тозок даана көрсөтүлөт. Ар ким (аны) көрөт.
37. Ким чектен чыккан болсо,
38. (Анткени), ал дүнүйөлүк жашоону артык көргөн.
39. Тозок анын турар жайы!
40. А ким Эгесине барып турушунан корккон болсо, куру кыялынан өзүн тыйган болсо,
41. Бейиш анын турар жайы!
42. Алар сенден саатты сурап жатышат: «Анын келиши качан?»
43. Аны эмнеден эстедиң?
44. Анын толук (маалыматы) сенин Эгеңде.
45. Сен аны (кыяматтан) корккондорго гана эскертүүчүсүң.
46. Алар аны (бир күндүн ичинде) кечке чейин же түшкө чейин эле тургандай көрүшөт.

80. АБАСА СҮРӨӨСҮ[1]

КАБАК БҮРКӨДҮ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Ал кабак бүркөдү да, жүзүн бурду.
2. Ага сокур келген болчу.
3. Кайдан билесиң? Балким, ал тазаланар.
4. Же ал эскертүүгө көңүл коёр. Ага эскертүү пайда берер.
5. Ал эми байып алган бирөөгө,
6. Сен ага кайрылып көңүл бөлдүң.
7. Анын тазаланбай жүргөнү сага (жоопкерчилик деле) эмес болчу.
8. Ал эми ким, шашылып сага келген,
9. Коркуп жатат ал (Эгесинен),
10. Көңүл бөлбөдүң го ага сен.
11. Жок! Бул деген эскертүү.
12. Ким кааласа, аны (Куранды) эстейт.
13. Бар болчу ал Ыйык Баректарда да,

14. Көтөрүлгөн (асманда), таптаза,
15. Колу менен (периштелердин) жазып турган,
16. Касиеттүү, урматтуу.
17. (Эгесине) капыр инсан өлүп кетсин!
18. Ал аны кандай нерседен жаратты эле?
19. Бир тамчыдан жаратты аны. Андан кийин ченеп койду (баарын) ага.
20. Кийин деле жеңил кылды жолду ага.
21. Андан кийин өлтүрдү аны. Андан кийин кабырга көмдүрдү аны.
22. Андан кийин кааласа аны тирилтет.
23. Жок! Анын берген буйругун ал аткарбады.
24. Инсан жеген тамагына назар кылсын.
25. Биз сууну шорголотуп (асмандан) жаадырдык.
26. Андан кийин жерди жарып (чыгардык).
27. Анда эгинди өндүрдүк.
28. Жүзүм менен чөптү,
29. Зейтун менен курманы,
30. Жыш өскөн даректарды,
31. Жер-жемиштер менен өсүмдүктөрдү.
32. Силер үчүн да, малыңар үчүн да болсун пайдасы.
33. Качан кулак жарган бир чаңырык жетип келсе,
34. Ошол күнү (ар бир) адам бир тууганынан качат.
35. Атасынан да, энесинен да,
36. Өмүр шериги (аялынан) да, балдарынан да.
37. Ар бир адамды ал күнү түйшүк чырмайт.
38. Жүздөр ал күнү жарык чачат,
39. Күлүп турат, сүйүнөт.
40. Жүздөр ал күнү чаңда калат,
41. Аларды чаң каптап турат.
42. Булар – ыпылас капырлар.

81. ТАКВИР СҮРӨӨСҮ[1]

ОРОЛУУ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Бир убакта Күн оролот.
2. Бир убакта жылдыздар да чачылат.
3. Бир убакта тоолор да жылып кыймылдайт.
4. Бир убакта курсагында он айлык баласы бар төө да кароосуз калат.

5. Бир убакта айбанаттар да чогулат.
6. Бир убакта деңиздер да толуп-ташат.
7. Бир убакта жандар да (денесине) жуп болуп кошулат.
8. Бир убакта тирүүлөй көмүлгөн нариste кыз да суралат.
9. Кайсы күнөөсүнө өлтүрүлгөн.
10. Бир убакта Баракtар да жайылат.
11. Бир убакта асман да сыйрылат.
12. Бир убакта Тозок да (катуу) жагылат.
13. Бир убакта Бейиш да жакындайт.
14. Ар бир жан эмне даярдаганын билет.
15. Жок! Чегинип кеткендерди (күбө кылып) касам берем!
16. Сүзгөндөрдү да, жашынгандарды да (күбө кылып) касам берем!
17. Каптап келген түндү (күбө кылып) касам берем!
18. Дем берген таңды (күбө кылып) касам берем!
19. Бул урматтуу элчинин (жеткирген) сөзү.
20. Кудуреттүү Арш Ээсинен (алып келген).
21. Анда да ишеничтүү баш ийген (периштелер) бар.
22. Силердин жолдошуңар жинди эмес.
23. Ал аны соңку чекте даана көрдү.[2]
24. Ал (пайгамбар) жашыруун кабарга кызганычы жок.
25. Бул (Куран) ташбараңга калган шайтандын сөзү эмес.
26. Кайда кетип жатасыңар?
27. Бул (Куран) ааламдарга эскертүү.
28. Силерден кимиңер туура жүрүштү каалайсыңар?
29. Ааламдардын Эгеси Алла каалабаса, силер (муну) каалай албайсыңар.

82. ИНФИТАР СҮРӨӨСҮ[1]

ЖАРЫЛУУ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Бир убакта асман жарылат.
2. Бир убакта жылдыздар чачылат.
3. Бир убакта деңиздер ашып-ташып агат.
4. Бир убакта мүрзөлөр оодарылат.
5. (Ошондо) ар бир жан эмнени даярдаганын да, калтырганын да билет.
6. Эй, инсан! Сени Урматтуу Эгеңден эмне адаштырды?
7. Ал сени жараткан, сени теңдештирген. Сени түздөгөн.

8. Сени Өзү каалагандай келбетте кураштырып жасаган.
9. Жок-жок! Силер динди жалганга чыгарып жатасыңар.
10. Силердин үстүңөрдө күзөтүүчү (периштелер) бар.
11. Урматтуу (периштелер) жазып турушат.
12. Алар эмне кылганыңарды билип турушат.
13. Жакшы пенделер Наим (Бак-таалай) Бейишинде болушат.
14. Ыпылас (күнөөкөрлөр) Тозокто болушат.
15. Алар анда жаза күнү күйүшөт.
16. Алар андан жашына албайт.
17. Жаза күнү деген эмне? Ал сага эмнени билдирди?
18. Дагы! Жаза күнү деген эмне? Ал сага эмнени билдирди?
19. Ал күнү бир жан бир жанга эч кандай бийлик кыла албайт. Бийлик ал күнү Алланын Өзүндө.

83. МУТАФФИФИН СҮРӨӨСҮ[1]

ТАРАЗАДАН АЛДАГАНДАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Таразадан (кемитип) алдагандарга өкүнүч!
2. Алар калайыктан өздөрүнө ченеп алса, толук алышат.
3. Аларга ченеп беришсе, же тартып беришсе кемитишет.
4. Алар тирилишин ойлошпой жатышабы?
5. Улуу күнгө.
6. Ал күнү калайыктар Ааламдардын Эгесине (сурак бергени) турушат.
7. Жок! Күнөөкөрлөрдүн жазуусу Сижжинде жазылган.
8. Сижжин деген эмне? Ал сага эмнени билдирди?
9. Эсеп-кысап жазылган китеп.
10. Ал күнү жалганга чыгаргандарга өкүнүч.
11. Алар жаза күндү жалганга чыгарышат эле!
12. Аны ар бир чектен чыккан күнөөкөр гана жалганга чыгарат.
13. Ага биздин аяттарыбыз окулса айтат: «Илгеркилердин жомогу экен!»
14. Жок! Алардын жасаган иштеринен улам жүрөктөрү карайып жабылып калган.
15. Жок! Алар ал күнү тосулуп бөлүнөт.
16. Ошондон кийин алар Тозокто күйөт.
17. Андан кийин аларга айтылат: «Бул силерге жалган дегениңер үчүн болду!»
18. Жок! Жакшы пенделердин жазуусу Иллиййунда жазылган.
19. Иллиййун деген эмне? Ал сага эмнени билдирди?

20. Эсеп-кысап жазылган китеп.
21. Ага жакын болгондор (периштелер) күбөлүк да беришет.
22. Жакшы пенделер Бак-таалай (Наим) Бейишинде болушат.
23. Сөөрүлөрдө назар салып турушат.
24. Сен аларды бактысы жанып турган жүздөрүнөн таанып билесиң.
25. Аларга бекем жабылган шараптан ичиришет.
26. Ал мускус[2] менен жабылган. Ушуга атаандашып жарышкандар жарыша беришсин!
27. Анын таснимден[3] да аралашмасы бар.
28. (Ал) булактан (Аллага) жакындар гана ичишет.
29. Күнөөкөрлөр ыймандуу пенделерге күлүшкөн эле.
30. Алардын жанынан өткөндө өз ара бири-бирине көз кысып келе-келешчү.
31. А үй-бүлөсүнө кайтканда курсант болуп кайтышар эле.
32. Аларды көрүп калса, айтышчу: «Булар адашып жүрүшөт!»
33. Биз аларды аларга корукчу деле кылган эмес элек.
34. Ал күнү ыймандуу пенделер капырларга күлүшөт.
35. Сөөрүлөрдө назар салып турушат.
36. Капырлар жасаган иштеринин сообун алышмак беле?

84. ИНШИКАК СҮРӨӨСҮ[1]

ЖАРЫЛУУ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Бир убакта асман жарылат!
2. Эгесине ал моюн сунду. Акыйкат анык болду.
3. Бир убакта жер тептегиз жайылат!
4. Эмне болсо өзүндө ал таштады, бошоп калды.
5. Эгесине ал моюн сунду. Акыйкат анык болду.
6. Эй, инсан! Сен Эгеңе чымырканып жетсем дейсиң. Сен Ага жолугасың.
7. Кимдин китеби оң колуна берилсе,
8. Ал эсеп-кысабын жеңил берет.
9. Үй-бүлөсүнө ал кубанып кайтып келет.
10. А кимдин китеби аркасынан берилсе,
11. Ал өзүнө өлүм тилейт.
12. Тозокто күйөт.
13. Ал үйүндө куунак жүрчү.
14. Эч качан ал (акыретке) кайтпачудай ойлогон.
15. Жок! Эгеси аны (ар дайым) көрүп турган.
16. Жок! Кечки акшамды (күбө кылып) касам берем!

17. Жыйып келген түндү (күбө кылып) касам берем!
18. Айдын толук (эсебин күбө кылып) касам берем!
19. Силер кабаттан кабатка өтөсүңөр![2]
20. Аларга эмне болду, ыйманга кирбей жатышат?
21. Аларга Куран окулса деле сажда кылышпай жатышабы?
22. Жок! Капырлар жалганга чыгара беришет!
23. Алардын (көкүрөгүндө) жашырганын Алла абдан жакшы билет.
24. Аларга оор азапты сүйүнчүлө!
25. Ыйманга киргендер менен жакшы иштерди жасагандардан башкаларга.

85. БУРУЖ СҮРӨӨСҮ[1]

МУНАРАЛАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Мунараларга[2] ээ асманды (күбө кылып) касам берем!
2. Убада күндү (күбө кылып) касам берем!
3. Күбөлүк берүүчүнү да, күбөлүк берилгенди да (күбө кылып) касам берем!
4. Аң казгандар өлсүн.
5. Отун толо от (жагылган).
6. Бир убакта алар анын жээгинде отурушкан.
7. Алар ыймандуу пенделерге кылгандарына өздөрү күбө.
8. Алар Даңктуу, Улук Аллага ишенген үчүн алардан өч алышты.
9. (Жети кат) Асман менен жердин бийлиги Аныкы. Алла ар бир нерсеге Күбө!
10. Ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдарды сыноого алгандар бар. Андан кийин алар тобо кылышпаса, алар үчүн Тозоктун азабы бар. Аларга күйдүрө турган оттун азабы бар.
11. Ыйманга киргендер менен жакшы иштерди жасагандар бар. Алар үчүн алдынан дарыялары агып турган Бейиш бактары бар. Бул – улуу жеңиш!
12. Сенин Эгеңдин кармап (азапка) салышы да катуу!
13. Ал (жаратып) баштайт, кайра кайтарат.
14. Кечиримдүү да, Сүйүүчү да Ал Өзү!
15. Даңктуу Арштын Ээси!
16. Каалаганын Жасоочу Өзү!
17. Сага аскерлердин окуясы жеттиби?
18. Фараон менен Самуддардын...
19. Жок! Капырлар жалган десе...

20. Аркасынан аларды Алла курчайт.
21. Жок! Ал – Улук Куран!
22. Жазуу Тактасында сакталган.[3]

86. ТААРИК СҮРӨӨСҮ[1]

ТҮНКҮ ЖОЛООЧУ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Асманды да, Түнкү жолоочуну да (күбө кылып) касам берем!
2. Түнкү жолоочу деген эмне? Ал сага эмнени билдирди?
3. Ал тез учкан жылдыз.
4. Ар бир жандын төбөсүндө коргоочу бар.
5. Инсан өзүнө назар кылсын. Ал эмнеден жаралган?
6. Ал атылып чыккан суудан жаралган.
7. Ал сегиз көчүк менен көкүрөк сөөктөрдөн чыгат.
8. Ал аны кайтарып (тирилтишке) күчү да бар.
9. Ал күнү (бардык) сырлар (ачылып) сындан өтөт.
10. Ошондо анын кубаты жок, ага жардам берүүчү да жок.
11. Жыйрылуучу асманды (күбө кылып) касам берем!
12. Жарылуучу жерди да (күбө кылып) касам берем!
13. Бул (ырааты менен айтылган) сөз.
14. Бул азил-тамаша да эмес!
15. Алар куулукту (ойлоп) куулук кылып жатышат.
16. Мен дагы куулук менен куулук кылам.
17. Капырларга мөөнөт бер. Аларга бир азыраак мөөнөт бер.

87. ААЛА СҮРӨӨСҮ[1]

УЛУК

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Улук Эгеңдин атын айтып зикир кыл.
2. Жараткан да Өзү, теңдештирген да Өзү.
3. Тагдыр бүткөн да Өзү, Туура жолго салган да Өзү.
4. Жайыттарга чөп чыгарган Өзү.
5. Кийин аны карайтып, кууратып таштайт.
6. Биз сени окутабыз. Унутпай каласың.
7. Алла эмнени каалаган болсо... Ал ашкерени да , купуяны да билет!
8. Биз сага жеңил болуш үчүн жеңил кылабыз.

9. Зикир кылган пайда берсе, зикир кыл.
10. Ким (Алладан) корксо, зикир кылат.
11. Бактысы жок мындан качат.
12. Ал анда Улуу отто күйөт.
13. Кийин ал өлүп да калбайт, тирүү да турбайт.
14. Ким тазаланса бакыт табат.
15. Эгесинин атын айтып зикир кылган, намазды да окуган.
16. Жок! Силер дүнүйөлүк жашоону жактайсыңар.
17. Түбөлүк, жакшы жашоо акыретте.
18. Алгачкы Ыйык Баракта так ушундай,
19. Ибрахим менен Мусанын Ыйык Баракта да (так ушундай жазылган)![2]

88. ГААШИА СҮРӨӨСҮ[1]

КАБЫЛААР КҮН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Кабылаар күндүн сага кабары жеттиби?
2. Ал күнү жүздөр төмөн карайт.
3. (Өз ишинен) мээнет чырмагандар, чарчагандар...
4. Жалын бүркөн отто күйөт.
5. Аларга кайнап турган булактан суу ичирилет.
6. Дариден[2] башка аларда тамак да жок.
7. (Андан) семирбейт, (жесе деле) ачкалыктан кутулбайт.
8. Ал күндө бактылуу жүздөр бар.
9. Ыраазы болуп эмгегине,
10. Улук Бейиште болушат.
11. Бейчеки сөз анда (такыр) укпайсың.
12. Анда агып турган булак да бар.
13. Анда бийик көтөрүлгөн сөөрүлөр,
14. Катар-катар коюлган чөйчөктөр,
15. Катар-катар тизилген жаздыктар,
16. Төшөлгөн килемдер бар.
17. Алар төөнүн кантип жаралганына назар салбай жатышабы?
18. Асман кантип көтөрүлгөн?
19. Тоолор кантип орнотулган?
20. Жер кантип төшөлгөн?
21. Эскерт! Сен бар болгону эскертүүчүсүң!
22. Сен аларга өкүмдар эмессиң.
23. Ким баш тартса, ал капырдан башка эмес.

24. Анда аны Алла чоң азапка салып азабын берет!
25. Алардын Бизге кайрылып келиши бар.
26. Ошондон кийин да алардын Бизге эсеп-кысап бериши бар.

89. ФАЖР СҮРӨӨСҮ[1]

ТАҢ ЖАРЫГЫ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Таң жарыгын (күбө кылып) касам берем!
2. Жана да он түндү (күбө кылып) касам берем![2]
3. (Булардын) жуп жана так (болуп өтүшүн күбө кылып) касам берем!
4. Жана да жылып келген түндү (күбө кылып) касам берем!
5. Аңдаганга бу касам жетишпейби?
6. Көрбөдүңбү? Сенин Эгең Ад калкын кандай кылды?
7. Түркүктүү Ирамды!
8. Өлкөлөрдө ага окшош бир да шаар курулбады.
9. Өрөөндөрдө аскалардан таш кыркышкан Самуддарды.
10. Казыктардын[3] ээси болгон Фараонду.
11. Алар чектен ашты. Шаарларда (ар кайсы),
12. Көбөйтүшкөн анда алар, бузукулук, жамандыкты.
13. Сенин Эгең аларга ар кыл азап жаадырды.
14. Сени Эгең (көрүнбөстөн) көзөмөлдөп (көрүп турат).
15. Инсан деген Эгеси аны сынаса, аны урмат кылса, бак-таалай берсе, анда айтат: «Эгем мени урмат кылды!»
16. А эгер аны сынаса, ырыскысын чактуу кылса, анда айтат: «Эгем мени кемсинтти!»
17. Жок! Силер жетимди урмат кылбайсыңар.
18. Жарды-жалчыга тамак бериште үндөбөйсүңөр.
19. Мурасты (өзүңөргө көбөйтүп) кошуп алып жейсиңер.
20. Байлыкка ышкы коюп жыйнаганды сүйөсүңөр.
21. Жок! Качан жер талкаланып талкаланса,
22. Келет Эгең жана дагы сап-сап тарткан периштелер.
23. Ал күнү Тозок дагы келтирилет. Ал күнү (эскертүүнү) инсан эстейт. Бирок ага эскертүүдөн кандай пайда?
24. Ал айтат: «Аттиң мага! Даярдасамчы өзүм үчүн жашоомо!»
25. Ал күнү Анын (Алланын) азабындай эч ким азап бере албайт.
26. Ал байлагандай эч ким чынжырлап байлай да албайт.
27. Эй, тынч алган жан!
28. Эгеңе кайт! Ыраазы кылып, ыраазы болуп!
29. Менин кулдарыма (кошулуп) кир.
30. Менин Бейишиме кир!

90. БАЛАД СҮРӨӨСҮ[1]

ШААР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Жок! Бул шаарды[2] (күбө кылып) касам берем!
2. Сен бу шаардын тургунусуң.
3. Туудурганды да, тууй турганды да (күбө кылып) касам берем!
4. Биз инсанды түйшүккө жаратканбыз.
5. Ал өзүнө эч кимдин күчү жетпейт деп ойлодубу?
6. Ал айтып жатат: «Мен эсепсиз байлыкты короттум!»
7. Ал өзүн эч ким көргөн жок деп ойлодубу?
8. Биз ага эки көз кылбадыкпы?
9. Тил менен эки эриндичи?
10. Аны эки бийиктикке карай (кеткен) жолду[3] көрсөтпөдүкпү?
11. Ал кыйын жолду басып өтүп кете албады!
12. Кыйын жол деген эмне? Ал сага эмнени билдирди?
13. (Ал ушундай): кул азат кылыш керек болчу.
14. Же каатчылык күндөрү тамак бериш керек болчу.
15. Туугандардан жетим-жесирге,
16. Же азган-тозгон кедейге!
17. Кийин деле ал ыйманга киргендерден, сабыр кылышты осуят кылгандардан, ырайым кылышты осуят кылгандардан болгон эле.
18. Булар – оң канаттын ээлери.
19. Биздин аяттарыбызга ишенбеген капырлар бар. Булар – сол канаттын ээлери.
20. Аларга каптай турган Тозок оту бар.

91. ШАМС СҮРӨӨСҮ[1]

КҮН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Күндү да, анын жарыгын да (күбө кылып) касам берем!
2. Аркасынан аны ээрчиген Айды дагы (күбө кылып) касам берем!
3. Тийген Күндү жарык чачкан (күбө кылып) касам берем!
4. Кара түндү каптап келген (күбө кылып) касам берем!
5. Асманды да, аны тургузган Эгесин да (күбө кылып) касам берем!
6. Жерди дагы, аны жайган Эгесин да (күбө кылып) касам берем!
7. Ар бир жанды, аны теңдештирген Эгесин да (күбө кылып) касам берем!

8. Ал ага ыпыластыгын да, такыбалыгын да илхам менен кабар берди.
9. Ким өз жанын тазаласа, бакты табат.
10. Ким арамзалык кылса, өзүн алдайт.
11. Самуддар чектен чыгып жалганга чыгарды.
12. Бир убакта бактысызы алардан туруп келди.
13. Алланын элчи-пайгамбары аларга айтты: «Алланын ингени суу ичип турсун!»
14. Алар аны жалганчы кылышты да, ингенди союшту. Эгеси аларды күнөөсү үчүн ойрон кылды. (Жер менен жексен кылып) тегиздеди.
15. Мунун акыбетинен корккон да жок.

92. ЛАЙЛ СҮРӨӨСҮ[1]

ТҮН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Кара түндү каптап келген (күбө кылып) касам берем!
2. Тийген Күндү жарык чачкан (күбө кылып) касам берем!
3. Эркек менен ургаачыны Жаратканды (күбө кылып) касам берем!
4. Силердин аракетиңер да ар кыл болду.
5. Ким берген болсо, такыбалык кылган болсо,
6. Жана да жакшылыкты тастык кылса,
7. Биз жеңил кылып, жеңилдикти беребиз.
8. А ким сараңдык кылса, байып кетсе,
9. Жана да жакшылыкты жалган десе,
10. Биз ага оорчулукту оңой эле беребиз.
11. Жыгылганда куткара албайт байлыгы.
12. Туура жол Бизге, (Биз салабыз).
13. Акырет да, оболку (дүнүйөлүк) жашоо да Бизде.
14. Мен эскерттим жалындаган Тозок отун силерге.
15. Анда күйөт бактысы жок (капыр пенде).
16. Ал жалган деген, аркасына кайтып кеткен,
17. Андан четтетилет такыба пенде.
18. Ал байлыгын берет эле, тазаланат эле.
19. Эч кимде жок андагы, бакты-таалай насибе.
20. Аракети болгон эле, бир гана Улук Эгесине.
21. Жакында ал ыраазы болот.

93. ДУХА СҮРӨӨСҮ[1]

ЖАРЫК

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Жарыкты[2] (күбө кылып) касам берем!
2. Мемиреген түндү (күбө кылып) касам берем!
3. Эгең сени таштаган жок. Сени жек көргөн да жок.
4. Сага оболку (жашоодон) акырет жакшы.
5. Сенин Эгең жакында сага берет. Сен (бергенине) ыраазы болосуң.
6. Ал сени жетим экениңде таап, туруктуу жай бербедиби?
7. Ал сени адашканыңда таап, Туура жолго салбадыбы?
8. Ал сени жарды экениңде таап байытпадыбы?
9. Эми сен да жетимди кысымга алба,
10. Сураганды (колунда жок), кууп чыкпа.
11. Эми сен Эгеңдин (берген) бак-таалайын айт.

94. ИНШИРАХ[1]

КӨКҮРӨГҮН АЧУУ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Биз сенин көкүрөгүңдү ачпадыкпы?
2. Биз сенден жүктү алып салдык.
3. Ал сени белиңден басып турган.
4. Биз сенин эс тутумуңду бийик көтөрдүк.
5. Оорчулук менен бирге жеңилдик да бар.
6. Оорчулук менен бирге жеңилдик да бар!
7. Бошоп калсаң (чымырканып) аракет кыл.
8. Эгеңе (ашыгып) умтул.

95. ТИН СҮРӨӨСҮ[1]

АНЖИР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Анжир менен зейтунду[2] (күбө кылып) касам берем!
2. Синиин тоосун[3] (күбө кылып) касам берем!
3. Ушул Салamat Шаарды[4] (күбө кылып) касам берем!
4. Биз Инсанды[5] эң жакшы түзүлүштө жараттык.

5. Ошондон кийин Биз аны төмөндөн да төмөн (даражага түшүрүп) кайтардык.
6. Ыйманга киргендер менен жакшылык иштерди жасагандар үчүн түгөнбөгөн акысы бар!
7. Ушундан кийин да динди сага кантип жалган деп айтышат?
8. Алла өкүмдарлардын (эң жакшы) Өкүмдары эмеспи?

96. АЛАК СҮРӨӨСҮ[1]

УЮГАН КАН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Оку! Сени жараткан Эгеңдин аты менен!
2. Ал инсанды уюган кандан жаратты.
3. Оку! Сенин Эгең Улук.
4. Ал калем менен таалим берди.
5. Инсанга билбегенин таалим берди.
6. Жок! Инсан (буга) каршы турат.
7. Байлыгын ал көрүп турса...
8. Сенин Эгеңе кайрылыш бар.
9. Каршы турганын көрдүңбү?
10. Бир кул намаз окуп жатса...
11. Анын Туура жолдо экенин көрдүңбү?
12. Же такыбалыкка буйрудубу?
13. Жалган деп жүз үйүрдү, көрбөдүңбү?
14. Алланын көрүп турганын билбедиби?
15. Жок! Эгер ал (каршылыгын) токтотпосо, анда биз да анын көкүлүнөн тартабыз!
16. Күнөөкөр, жалганчы көкүлүнөн.
17. Ал дагы өзүнүн тобун чакырсын!
18. Биз дагы сакчыларды чакырабыз.
19. Жок! Ага баш ийбе! (Эгеңе) сажда кыл, жакын бол.

97. КАДР СҮРӨӨСҮ[1]

КАДЫР ТҮН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Биз аны (Куранды) Кадыр түндө түшүрдүк.[2]
2. Кадыр түн деген эмне? Ал сага эмнени билдирди?
3. Кадыр түн миң айдан жакшы.
4. Эгесинин уруксаты менен периштелер да, Рух (Жабираил) да ал (түндө) ар кандай буйруктар менен түшүп келишет.
5. Ал (түндө) таң аткыча тынчтык болот!

98. БАЙЙИНА СҮРӨӨСҮ[1]

АЧЫК ДАЛИЛ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Жазуу эзелеринен да, мүшүрүктөрдөн да аларга ачык далил келгенге чейин бөлүнүшүп капыр болушкан жок.
2. Алланын элчи-пайгамбары (аларга) Ыйык Баракталарды окуп берип жатат.
3. Анда Туруктуу Жазуулар бар.
4. Жазуу берилгендер ачык далил аларга келгенден кийин (ыдырап) бөлүнүп кетишкен болчу.
5. (Аларга) Аллага кулдук кылышка, ханифтердей Анын динине калыс киришке, намазды аткарышка, зекетти беришке буйрук болгон. Ушул – Туруктуу дин![2]
6. Жазуу берилгендер менен мүшүрүктөрдөн капыр болгондору Тозок отунда болушат. Анда түбөлүк калышат. Булар – жаман макулуктар.
7. Ыйманга киргендер менен жакшы иштерди жасагандар бар. Булар – жакшы макулуктар.
8. Эгесинин алдында алардын энчиси бар. Алдынан дарыялары агып турган Адну Бейиши бар. Алла алардан ыраазы болду. Алар да Андан ыраазы болушту. Ким Эгесинен корксо, (акырети) ушундай!

99. ЗИЛЗАЛА СҮРӨӨСҮ[1]

ЗИЛЗАЛА

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Бир убакта Жер титиреп, титиресе,
2. Жер өзүнүн оор жүктөрүн (сыртына) чыгарса,
3. (Ошондо) инсан айтат: «Ага эмне болду?»
4. Ал күнү ал (Жер) кабарларын айтып берет.
5. Анткени, Эгең ага жашыруун кабар берген эле.
6. Ал күнү калайык топ-топ болуп чыгат. Анткени, алардын кылган иштери көрсөтүлүшү керек болчу.
7. Ким кыпындын салмагындай жакшылык кылган болсо, көрөт аны.
8. Ким кыпындын салмагындай жамандык кылган болсо, көрөт аны.

100. ААДИАТ СҮРӨӨСҮ[1]

КҮЛҮК АТТАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Демиккен күлүк аттарды (күбө кылып) касам берем!
2. (Туягынан) чагылган учкундарды (күбө кылып) касам берем!
3. Таң зааада бастырып киргендерди (күбө кылып) касам берем!
4. Алар анда (таскакташып) чаң ызгытты.
5. Муну менен топ-топ болуп (майданга) сүрүштү...
6. Инсан Эгесинин жакшылыгын билбейт.
7. Буга Ал Өзү Күбө!
8. Ал өзүнө жакшылыктын (болушуна) сүйүүсү күч!
9. Мүрзөдөгүлөр чыгарылса кандай болушун ал билбей жатабы?
10. Көкүрөктөгүлөр ачыкка чыгарылат.
11. Алардын Эгеси ал күнү алардан Кабардар!

101. КООРИА СҮРӨӨСҮ[1]

КЫРСЫК КҮН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Кырсык күн!
2. Кырсык күн деген эмне?
3. Кырсык күн деген эмне? Ал сага эмнени билдирди?
4. Ал күнү калайык жайылып жайнаган көпөлөктөргө окшойт.

5. Тоолор тытылган жүндөй болот.
6. Кимдин таразасы оор болсо,
7. Анда ал ыраазы болгон жашоодо болот.
8. Кимдин таразасы жеңил болсо,
9. Анда анын энеси түбү жок ор.
10. Ал эмне? Ал сага эмнени билдирди?
11. Ысык от!

102. ТАКААСУР СҮРӨӨСҮ[1]

БАЙЛЫК ЫШКЫСЫ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Силерди (байлыкты) көбөйтүштүн ышкысы алаксытты.
2. Мүрзөлөргө киргенге чейин...
3. Жок! Жакында билесиңер!
4. Дагы да жок! Жакында билесиңер!
5. Жок! Эгерде силер «аныk илимди» билген болсоңорчу!
6. Силер Тозокту көрөсүңөр!
7. Кийин өз көзүңөр менен анын аныгын көрөсүңөр!
8. Ал күнү силерге (берилген) бак-таалайдын сурагын бересиңер.

103. АСР СҮРӨӨСҮ[1]

КЫЛЫМ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Кылымды[2] (күбө кылып) касам берем!
2. Инсан кусурга (калганы турат).
3. Ыйманга киргендерди, жакшы иштерди жасагандарды, акыйкатты бири-бирине осуят кылгандарды, сабыр кылышты бири-бирине осуят кылгандарды кусур урбайт.

104. ХУМАЗА СҮРӨӨСҮ[1]

ЧАГЫМ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Ар бир чагым айтып шылдың кылуучуга өкүнүч бар.
2. Ал байлык жыйды. Аны эсептеди.

3. Аны байлыгы түбөлүк сактайт деп ойлоп жатат.
4. Жок! Ал талкаланышка ыргытылат.
5. Талкаланыш деген эмне? Ал сага эмнени билдирди?
6. Алланын жаккан оту.
7. Ал (күйгүзүп отуруп) жүрөктөргө чейин жетет!
8. Ал аларды үстүнөн каптайт.
9. Алар кадаларда керилип турушат.

105. ФИЛ СҮРӨӨСҮ[1]

ПИЛ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Көрбөдүңбү? Сенин Эгең пил аскерлерин кандай кылды?
2. Алардын кылган айласын адаштырып салбадыбы?
3. Ал аларга канаттуулар тобун жиберди.
4. Аларга (учуп келип) кесек таштар менен атып жатты.
5. Ошондо Ал аларды самандай сапырып таштады».

106. КУРАЙШ СҮРӨӨСҮ[1]

КУРАЙШ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Курайштын биримдиги үчүн,
2. Алардын кыш менен жайдагы биргелешкен сапары үчүн...
3. Алар бул Үйдүн Эгесине кулдук кылышсын.
4. Ал каатчылыктан кийин аларга токчулук берди. Коркунучтан кийин да аларга аманчылык берди.

107. МААУН СҮРӨӨСҮ[1]

ҮЙ БУЮМДАРЫ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Көрбөдүңбү? Ал динди жалганга чыгарып жатат.
2. Ал – ушундай! Жетимди да кууп жатат.
3. Жардыларга тамак бериштиди да үндөп айтпайт.

4. Намаз окугандарга да өкүнүч бар.
5. Алар намаздарын да сактабай коюшат.
6. Алар кылгандарын (мактанып) көрсөтө да беришет.
7. Майда-барат (буюм-тайымдарын) да (сурасаң) бербей коюшат.

108. КАУСАР СҮРӨӨСҮ[1]

КАУСАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Биз сага Каусарды[2] бердик.
2. Эгеңе намаз оку, курмандык чал.
3. Сени жек көрүүчү өзү тукумсуз.[3]

109. КААФИРУН СҮРӨӨСҮ[1]

КАПЫРЛАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Айт: «Эй, капырлар!
2. Силердин кулдук кылганыңарга мен кулдук кылбайм.
3. Силер дагы мен кулдук кылганга кулдук кылбайсыңар.
4. Силердин кулдук кылганыңарга мен да кулдук кылбайм.
5. Силер дагы мен кулдук кылганга кулдук кылбайсыңар.
6. Силердин диниңер – өзүңөргө, менин диним – өзүмө!»

110. НАСР СҮРӨӨСҮ[1]

ЖАРДАМ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Алланын жардамы менен жеңиш келсе,
2. Калайыктын Алланын динине топ-топ болуп кирип жатканын көрөсүң.
3. Эгеңди даңктап тасбих айт. Андан кечирим тиле. Тобону кабыл кылуучу да Ал Өзү!

111. МАСАД СҮРӨӨСҮ[1]

АРКАН

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Абу Лахабдын[2] эки колу куурасын! Өзү да куурады!
2. Аны байлыгы да, кылган иши да куткара албады.
3. Жакында ал жалындаган Тозок отунда күйөт.
4. Отун ташыган аялы да.
5. Ал аялдын мойнунда курма буласынан эшилген аркан бар.

112. ИХЛАС СҮРӨӨСҮ[1]

ЫКЫЛАС

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Айт: «Ал – Жалгыз Алла.
2. Алла – Түбөлүк бар.
3. Ал тууган да эмес, туулган да эмес,
4. Анын эч бир теңи жок!»

113. ФАЛАК СҮРӨӨСҮ[1]

ТАҢ ШООЛАСЫ

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Айт: «Таң шооласынын Эгесине сыйынам.
2. Ал жараткан жамандыктан:
3. Каптап келген (түн) караңгысынын жамандыгынан,
4. түйүндөргө дем салгандардын жамандыгынан,
5. сугун артса, сугун арткандардын жамандыгынан!»

114. НАС СҮРӨӨСҮ[1]

АДАМДАР

Бисмиллахиррахманиррахим

1. Айт: «Адамдардын Эгесине сыйынам,
2. адамдардын Падышасына,
3. адамдардын Кудайына,
4. жашыруун азгыргандын жамандыгынан.
5. Ал адамдардын көңүлдөрүн азгырат.
6. Жиндерден да, адамдардан да (ушундайлар) бар!»

ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

1. Фатиха

1. Меккеде түшкөн. 7 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 5.

2. Ар ким тийиштүү жазасын ала турган күн. Бул күн – кыямат күн.

3. «Туруктуу жол» Алла Тааланын Иблиске (шайтанга) каршы койгон жолу *(кара. С.15, а.28-46)*. Бул жолду ар дайым Алланын калыс кулдары – ханифтер карманып келишкен. Ханифтер Туруктуу диндин өкүлдөрү катары эч качан Жер бетинен үзүлгөн эмес *(кара. С.98, а.4-5)*. «Туруктуу жол», «Туруктуу дин» деген Курандын терминдери алиге дейре изилдене элек.*(кара. С.6, а.87, С. 16, а.121)*.

4. Пайгамбарлардын жолу.

2. Бакара

1. Мединада түшкөн. 286 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 87.

2. Куранда 29 сүрөө ушундай кыскартылган тамгалар менен башталат. Бул тамгаларда Курандын улуу сырлары бар. Мунун сыры бир Алладан башка эч кимге маалым эмес.

3. Курандагы «Китаб» (китеп) деген сөздү «Жазуу» деп которуп жатабыз. Анткени, Мухаммед пайгамбар Куран аяттарын баракгары жана беттери бар китептен окуган эмес. Куран китеп катары үчүнчү халиф Усман ибн Аффандын (644–656 ж.ж.) учурунан бери карай жазыла баштаган. Ушул себептен «Жазуу» дегенибиз туура болот.

4. Кудайдан корккондор деген мааниде.

5. Туура жол Алла Тааладан элчи-пайгамбарларга берилген жол. Ар бир элчи-пайгамбар өзүнө түшкөн Жазуу менен калайыкты Туруктуу жолго баштаган. Бирок, пайгамбарлардын көзү өтүп кеткенден кийин калайык Туура жолду улантпай жолдон чыга беришкен. Мындай учурда Туура жолду карманган аз сандагы ханифтер эле калышкан. Анткени, ханифтер Туруктуу жолду кармагандары үчүн адашышкан эмес. Мунун бир мисалы катары Куранда Ибрахим пайгамбар эскерилет.

6. Бейиш, Тозок, Ааараф, Арш, Жети асман кайып ааламдарга кирет.

7. Бул жерде намаздын диний ибадат катары эреже-мыйзамдарынын (кыраат, кыям, руку, каада, тасбих, салават ж.б.) туура аткарылышы тууралсында айтылып жатат.

8. Куранда адамдын ыйманы (ишеними) азайышы да, көбөйүшү да айтылат *(кара. С.48, а.4)*. «Бекем ишеним» (*йакын*) адамдын жүрөгүнө бекем орногон, эч качан кемибеген, бузулбаган ыйман *(кара. С.15,а.99)*.

9. Аятта *зулумат* деген сөз көптүк сан менен айтылган. Болжолу, адашуунун көп түрлөрү (мисалы, капырлык, залимдик, мүшүркүтүк, мунапык ж.б.) туурасында айтылып жатса керек.

10. Түштүк диалектиде күндүн күркүрөгөнүн «мамакалдырак» деп коюшат. Чындыгында күн эмес, ысык аба менен муздак аба кагышып күркүрөйт. Демек, «мамакалдырак» деген сөз бул кубулушту так атап жатат.

11. «Алла айыпсыз» деген мааниде. Мусулман калкында «Субханалла» деген Курандын келмеси тасбих катары такай айтылат. Ошондуктан муну которуштун деле зарылчылыгы жок.

12. Иблис жин тукумуна кирген шайтандын энчилүү аты (Кахф сүрөөсүнүн 50-аятын караңыз).

13. Адам Ата менен Обо Эне жашаган бак тууралуу «Анжир» сүрөөсүнүн түшүндүрмөсүн караңыз.

14. Адам Атага түшкөн Ыйык Баракгар туурасында айтылууда.

15. Ыйык Китептердин бир аталышы; бул жерде Тооратгын ар кайсы диний ибадаттар жана жол-жоболор боюнча, мисалы, намаз, орозо, мурас, кун тууралуу бөлүп-бөлүп түшүндүргөн Жазуу экени тууралуу айтылууда.

16. Асмандан түшүрүлгөн нан. Буурчак сыңары жааган. Жөөттөр биринчи жолу аны көрүшкөндө «Ал эмне ?» («Ман ху», ушундан улам «манна» деп аталып калган) деп сурашкан. Аларга Муса пайгамбар «Бул – нан. Кудай силерге аны тамак кылып берди» деп жооп кайтарган.

17. Египет.

18. Сабийлер – жылдызга сыйынгандар. Бул жерде жылдызга сыйынгандардын жөөттөр жана христиандар менен бирге ыйманга киргендери тууралуу айтылып жатат.

19. Улук периштелердин бири.

20. Вавилон.

21. Араб тилинде «Роийна» деген сөз «бизге кара» дегенди билдирсе да, жөөттөрдүн тилинде ушуга жакын айтылган сөз уяттуу сөздү билдиргени үчүн, алар атайылап «мусулмандар пайгамбарына уят сөз менен кайрылышат» деген ушакты таратышка аракет кылышкан. Ошондо Алла Таала пайгамбарга «Унзурна» (Бизге назар кыл) деп кайрылышты буйрук кылып ушул аятты түшүргөн.

22. «Парбардигер» (Барбардигер) деген байыркы кыргыз сөзү «бардык жерде бар» деген мааниде болуп, Кудайдын бир атын билдирет.

23. «Акиф» деген сөз белгилүү бир мезгилге чейин жалгыздыкта Кудайга ибадат кылып турган адамды билдирет. Мындай адамдар негизинен мечитте турушат. Аятта Ибрахим пайгамбардын учурунда Каабага келип бир нече күн ибадат кылып тургандар тууралуу айтылып жатат.

24. Бул жерде Алланын ыраазылыгы деген мааниде айтылууда.

[25] Милдеттүү төлөм.

[26] Бир нече күн мечитте ибадат кылышты ниет кылып туруу.

[27] Тыюу салынган айларга төмөндөгү төрт ай кирет: зулкаада, зулхиджа, мухаррам жана ражаб.

[28] Бул жерде Зулхиджанын 11–12–13-күндөрү айтылып жатат.

[29] Аср (дигер) намазы.

[30] Жеңиш сүрөөсүндөгү 4-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

[31] Бул аят, же болбосо Аят аль-Курси Курандагы эң улук аяттардын бири болуп, бул боюнча жазылган маалыматтар көп. Бирок бул улук аят Курандын космологиясы боюнча эң негизги аяттардын бири экенин эске алсак, анда бул аяттын маанисине кеңири токтолушка туура келет. Анткени, Курандын космологиясы ушул күнгө чейин таптакыр эле изилденбей келе жатат. Андай болгондо бул улук аят менен бирге башка да аяттарды карашыбыз керек болот. Ансыз Курандын космологиясы бизге түшүнүксүз калат.

Курандын космологиясы дегенибиз асман жөнүндөгү окуу. Бирок, асман деген түшүнүк бир топ эле татаал, ушул күнгө чейин аны окуп үйрөнүү такыр жолго коюла элек. Ошондуктан биринчиден өзүбүзгө жеңил болуш үчүн азыркы физиканын аалам жөнүндөгү маалыматтарына токтоло кетишибиз керек.

XX кылымдын башында эле жылдыздар топ-топ болуп Галактиканы түзөрү аныкталган болчу. Андан кийин галактикалар да топ-топ болуп жогорку түзүлүшкө ээ болгон галактикалык топторду түзүшү белгилүү болуп, ушундай иерархия мүмкүн болушунча узарып кете берет экен. Байкоого алынып жаткан ааламдын чектери *космологиялык горизонт* деп аталат. Галактикалардын саны 500 миллиарддан ашат. Ааламдын азыркы астрономиялык байкоого алынган бөлүгү *Метагалактика* деп аталат. Ааламдын байкоого алынган бөлүгү борбордон туруп караган байкоочуга шарды элестетет. Азыркы астрофизикадагы айрым бир маалыматтар боюнча Метагалактиканын диаметри 93 миллиард жарык жылына барабар шарды элестетет. Анын көлөмү $3,5x10^{80}$ куб метрге чамалайт. 2013-жылы 28-октябрда Жерден байкоого алынган эң алыстагы объект – галактика z8_GND_5296 болжол менен 30 миллиард жарык жылына барабар аралыкта турат.

Эми, Курандагы космологияга байланышкан аяттарга токтололу. Асмандар тууралуу Куранда ушундай деп айтылат.

«Ал жети кат асмандарды жаратты. Сен Рахмандын (аларды) жаратканынан бири биринен айырмасын көрө да албайсың. Кайра дагы кара. Бир аз жылчык көрүп жатасыңбы?

Андан кийин кайра дагы эки жолу кара. Көзүң чарчап кыйналып кайра өзүңө кайтат.

Биз Төмөнкү Асманды гана чыraктар (жылдыздар) менен кооздодук. Биз анда шайтандарды таш менен ура турган кылдык. Биз аларга Тозокту даярдап койгонбуз».

(Мүлк сүрөөсү, 3–5-аяттары)

1

«... Ал (Алла) жети кат Асмандарды жаратты...»

«(С.67, а. 3)

«...Биз Төмөнкү Асманды гана чыraктар (жылдыздар) менен кооздодук...»

(С.67, а.5)

Буга чейин Куранда «жети кат» асмандардын бар экени айтылган деп келгенбиз. Андай эмес экен. Жогорудагы биринчи аятта «жети кат» асмандардын бар экени өз алдынча , ал эми экинчи аятта алардан башка да жылдыздар жай алган «Төмөнкү Асмандын» бар экени да өз алдынча айтылганын окуп жатабыз. «Төмөнкү» деген сөздөн жылдыздар жай алган асман борбордон жай алып, анын сыртынан «жети кат» асмандар курчап турганын билсек болот. Муну салыштырып карасак, Жер шарын сыртынан жети катмар атмосфера курчап тургандай элестетишибиз керек.

2

«Асманды Өз колубуз менен тургуздук. Биз аны тынымсыз кеңейтирип турабыз».

(С.51, а.47)

Бул аяттын мааниси XX кылымдын башында гана түшүнүктүү болду. Адамзат кылымдар бою жылдыздарды кыймылдабай бир эле ордунда турат деп келишкен. Акыркы мезгилде гана «кыймылсыз» жылдыздар чындыгында өтө жогорку ылдамдыкта өз орбитасында учушу аныкталды. XX кылымда адамзат дагы бир таң каларлык фактыга күбө болду: бири бири менен тартылуу күчүнө байланышы болбогон галактикалардын өз ара аралыктары тынымсыз алыстайт экен. Мындан галактикалардын бири бирине өз ара эч бир таасири жок эле бүтүндөй Ааламдын өзү тынымсыз кеңейип жатканы маалым болду! Бул болсо XX кылымдагы илимдин тарыхында эң зор ачылыш болуп калды деп эсептешет окумуштуулар.

Советтик математик Александр Александрович Фридман XX кылымдын башында Аалам стационардуу эмес экенин далилдеп, анын кеңейиши жана жыйрылышы боюнча айткан. Анын теориясы (теңдемеси) бүгүн деле өзүнүн актуалдуулугун жоготкон жок. Учурунда буга айрым бир окумуштуулар анча ишеним көрсөткөн эмес. Ошондой болсо да, бир канча убакыт өтпөй эле америкалык астроном Эдвин Хаббл 1929-жылы Ааламдын көрүнүп турган бөлүгүнө байкоолорду жүргүзүп муну аныктады. Ал Доплер эффектисин колдонгон болчу. Спектрдеги кыймылдуу булактын линиясына галактикалар алыстап же жакындап жаткан ылдамдыгынын пропорциялуу чоңдугуна карата өткөн. Ошондуктан галактиканын ылдамдыгын качан да болсо анын өзгөргөн абалындагы спектралдык линиясына карап аныктаса

болот экен. Мындан башка да XX кылымдын башында америкалык астроном Весто Слайфер бир нече галактикалардын спектрлерин изилдеп, алардын көпчүлүгүнүн эле линиясы кызыл түскө өтүп жатканын байкаган эле. Бул болсо алардын биздин Галактикадан секундасына жүздөгөн километр ылдамдык менен алыстап жатканын билдирди.

Хаббл анчалык көп эмес галактикалардын аралыгы менен ылдамдыктарын аныктаган. Анын байкоолору боюнча галактика бизден канчалык узак турса, ал ошончолук тез ылдамдык менен алыстайт экен. Ошондон кийин алыстаган ылдамдыктын аралыкка пропорционалдуулугунун закону «Хабблдын закону» деп аталды.

Бул кубулуш биздин Галактика кеңейүүнүн борборунда турат дегенди айтабы? Астрономдордун пикири боюнча бул мүмкүн эмес. Байкоочу Аалам-дын кайсы чекитинде турса деле ал ушул кубулушту көрөт. Бардык эле галактикалар өздөрүнүн аралыгына пропорционалдуу кызыл түскө аралаша бермек. Мындан мейкиндиктин өзү кеңейип жатканы эле билинет. Эгер аба толтурулган шардын бетине галактикалардын сүрөтүн түшүрүп, ошондон кийин үйлөп баштасак, анда алар бири биринен алыстайт болчу. Мындай учурда бири биринен узак жай алгандары жакын тургандарына салыштырмалуу тездик менен алыстайт. Мындай мисалдагы бир айырма, шар чоңойгон сайын галактикалардын көлөмү да чоңоё баштайт. А муну реалдуу алып карасак, жылдыздар системасы Ааламдын бардык жеринде эле өздөрүнүн көлөмүн сактайт. Бул болсо анын бардык жериндеги жылдыздар өз ара гравитациялык күч менен байланышы бар дегенди түшүндүрөт.

Ааламдын тынымсыз кеңейиш фактысы так аныкталды. А бирок Ааламдын тынымсыз кеңейишин эске алсак, анда биз аны мурдагы өткөн учурундагыдай көрүп жатканыбыз жок. Миллиард жыл мурун галактикалар бири-бирине абдан жакын болчу. Ал эми андан да мурун алар жок эле. А кеңейүүнүн алгачкы учурунда жылдыздар да жок болчу. Бул доор – Ааламдын кеңейишинин башталышы – бизден 12–15 миллиард жыл мурун болгон. Ошол учурда Ааламдагы материянын тыгыздыгы элестетишке мүмкүн болбогондой өтө тыгыз болчу. Азыркы физиканын Аалам жөнүндөгү түшүнүгү ушундай.

Ошентип, жетинчи кылымдын башында эле Ааламдын кеңейиши тууралуу Куранда айтылган жогорудагы аяттын мааниси жыйырманчы кылымдын башында гана окумуштуулар тарабынан ачыкка чыкты.

3

«Каапырлар көрүшкөн жокпу? Асмандар менен жер биригип турган болчу. Биз аларды ажыратып бөлдүк. Суудан бардык жандууларды жараттык. Алар ишенишпей жатабы?»

(С.21, а.30)

Жогоруда биз Аалам стационардуу эмес экенин айттык. Бул болсо анда такай эле эволюциялык процесс жүрө турганын билдирет. Демек ал процес-

стин башталышы да болбой коюшу мүмкүн эмес. Муну физика «сингулярдуулук» дейт. Аяттын *«асмандар менен жер бирге кошулуп турган...»* деген сөзүнөн качандыр бир узак өткөн мезгилде бүткүл Аалам бир эле бүтүндүктө, азыркы физиканын тили менен айтканда «сингулярдуулук» абалында турганын көрөбүз. Ал эми *«Биз аларды ажыраттык...»* деген сөздөн «Асман» физикалык талаа (эфир) сымал – континуалдуу (тынымсыз) дүйнө, а жер болсо материалдуу (дискреттүү) дүйнө катары ажыралганын байкайбыз. Ошондон кийин убакыттын өтүшү менен бирге жер сыяктуу материалдык телолор (жылдыздар, планеталар, ж.б.) пайда болгон.

4

«Алланын эсебинде, (Жети кат) Асман менен жерди жараткан күндөгү Алланын Жазуусунда, – он эки ай бар. Алардан төртөөсү – тыюу салынган айлар. Туруктуу диндин (эсебинде да) ушундай».

(С.9, а.36)

Бул аятта асмандар менен жердин алгачкы учурурунан бери эле «12 айдан» турган «жыл» эсеби бар экени айтылып жатат. Бүгүнкү күндө Күн системасынын жашы болжол менен 5,5 миллиард жыл деп белгиленет. Албетте, асмандын жашы мындан да көп. Андай болсо, Күн, Ай жана Жер жарала элек учурдагы «жыл» жана «ай» деген убакыттын бирдиктерин эмне деп түшүнөбүз? Бул табышмактуу суроолор алды менен Курандагы «жыл», «ай» жана «күн» деген түшүнүктөр эмнени билдиришин карап көрүшүбүздү талап кылат.

5

«Ал Күндү жарык (чача турган), Айды нур (төгө турган) кылды. Жылдын эсебин билишиңер үчүн анын (айдын) орундарын да өлчөп койду. Алланын ушундай жаратканы ак. Ал билгиси келген калайыкка аяттарды ирети менен түшүндүрүп жатат».

(С.10, а.5)

Бул аяттын мааниси ушундай: Ай (Жер менен бирге) Күнгө болжол менен секундасына 30км/секунд ылдамдык менен бир «жылда» бир жолу айланып чыгат. Эгер анын 360° айланып басып өткөн жолун «жыл» деп кабыл алсак, анда «жыл» дегенибиз анын мейкиндикте басып өткөн эле (бир өлчөмдүү) бир жылдык жолун билдирет. Анда «ай» дегенибиз анын басып өткөн жолунун 12 ден бир бөлүгүн – 30° ту (360°:12=30°), а «күн» дегенибиз ал жолдун 360 тан бир бөлүгүн (1° ту) билдирет. Андай болсо «жыл» дегенибиз 360° асман сферасынын чоң алкагын, «ай» дегенибиз жогоруда белгилегенибиздей (чоң алкактын) 12 ден бир бөлүгүн (30°ту), а «күн» болсо (чоң алкактын) 360 тан бир бөлүгүн (1° ту) билдирет десек болот. Бул жерде дагы бир маанилүү нерсени белгилей кетишибиз керек. Бир «күн» убакыт боюнча алып караганда 86400 секундага барабар болсо, анда жыл - 31104000 секун-

дага (86400×360=31104000) барабар. Ошентип, бир жылда өткөн секундаанын санын 30 км ге (Айдын Жер менен бирге Күнгө айланган ылдамдыгына) көбөйтсөк, анда биздин жылдын (мейкиндиктеги бир өлчөмдүү) сандык маанисин аныктайбыз. Көбөйтөбүз:

31 104 000сек.х 30км= 933 120 000 км;

Күндөн Айга чейинки аралык 150 000 000 км ге барабар. 933 120 000 км ди 150 000 000 км ге бөлүп (чоң алкактан радиусту, же болбосо) коэффицентти аныктайбыз.

933 120 000 км : 150 000 000 км = 6,2208;

Эми, негизги суроо: Алгачкы «асман жылын» кантип билебиз?

6

«Айт: «Силер эки күндө Жерди жаратканга ишенбейсиңерби? Ага (буркандарды) теңештирип жатасыңарбы? Аламдардын Эгеси ушундай!

Ал анын үстүнө бекем турган (тоолорду) жаратты. Ага береке берди. Андагы сурагандардын ырыскысын төрт күнгө барабар кылып өлчөп койду».

(С.41, а.9-10)

Аяттын «береке берди» деген сөзү «жандуу тиричилик берди» деген мааниде. Азыркы илим Жер бетинде жандуу тиричилик мындан болжол менен 3,6 – 3,8 миллиард жыл мурун пайда болгонун аныктады. Анда жогорудагы аятта айтылган «эки күн» жана «төрт күн» деген убакытты «эки миллиард жыл», «төрт миллиард жыл» деп эсептешке туура келет.

Бул аяттын маалыматынан эки нерсени билдик десек болот. Биринчиси, жандуу тиричиликтин Жер бетинде кыяматка чейин коюлган мөөнөтү «төрт күн» – (Жердин убактысы менен) төрт миллиард жыл экен. Мындан 3,6–3,8 миллиард жыл өткөн болсо, анда кыяматка чейин келечекте дагы болжол менен 200–400 миллион жыл бар болот. (Кыяматка чейин 300 миллион жылдан ашык убакыт бар. (кара.С.22, а.47). Экинчиси, Куранда «жандуу тиричиликтин» Жер бетиндеги мөөнөтү 360 миллиард жылга барабар болгон эң оболдогу «асман жылынын» күнү менен белгиленип жатканын көрүшүбүз кыйын деле эмес. Илгериде мына ушул «асман жылын» бирдик катары колдонуп, асмандардын убакыт – мейкиндик өлчөмдөрүн эсептейбиз. Бирок, асман жылынын (чоң алкагынын) бир калыпта турбай (тынымсыз кеңейе бергени үчүн) чоңоюп кете беришин унутпашыбыз керек.

Жогоруда биз «жыл»деген шар формасындагы асман мейкиндигинин чоң алкагы деп белгиледик. Андай болсо, биз «асман жылын» (360 миллиард жылды) узундук өлчөмү катары да аныктап алышыбыз керек. Бул болсо Куранда аралыктын космологиялык өлчөмү катары эмне колдонулушу белгиленгенин да такташыбызды талап кылат.

7

«Жарыкты (күбө кылып) касам берем!»

(С.93, а.1)

Куранда сексенге жакын касам аяттары бар. Бул аяттар туурасында Алла Таала ушундай дейт:

«Же силердин Бизге кыямат күнгө чейин жете турган касамыңар барбы?»

(С.68, а.39)

Демек, Алла Таала кайсы бир маалыматты (окуя же кубулуш туурасында) айтса, анын чындыгы үчүн жаратылыштагы кайсы бир предметти күбөгө тартат экен. Алар ушундай милдетти аткарып турушат. Мисалы, касам аяттарындагы Асман, Жер, Жылдыз, Күн, Ай, күн менен түн сыяктуу предметтер (кубулуштар) кыяматка чейин жок болбой тура бере турган Кудайдын күбөлөрү десек болот. *Демек, жарык Курандын космологиясында асмандардын узундук чен бирдигин аткара турган милдетке ээ экен.*

Азыр биз жарыктын секундасына 300 000 км/сек. ылдамдык менен учушун (бир жылда $9,46\times10^{12}$км) билебиз. Эгер 360 миллиард жылдын ичинде басып өткөн жарыктын жолун эсептесек, анда сингулярдуулук моменттеги бүткүл асман мейкиндигинин чоң алкагын эсептей алабыз. Эсептейбиз:

$3,6\cdot10^{11}$ лет × $9,46\cdot10^{12}$км =$3,4\cdot10^{24}$км.

Алдын ала асман мейкиндиги кеңейишин да айтып кетишибиз керек. Бул болсо асмандын чоң алкагы секундасына 300 миң км узарат дегенди да билдирет.

8

«Биздин асмандар менен жерди да, ал экөөнүн арасындагыларды да белгилүү бир мөөнөткө жаратканыбыз ак. Капырларга мындан эскертүү болсо деле баш тартып жатышат».

(С.46, а.3)

Бул аятта качандыр бир келечек мезгилде (Жети кат) Асмандын да, Жердин да Кудай тарабынан белгиленген мөөнөтү бүтүп кыйрашы айтылган. Бул болсо кыяматтын учурун да аныктайт. (Жети кат) Асман менен Жер оболку жаралган мезгилинен акыркы саатына чейин канча убакыт жашайт?

9

«Алла (жети кат) асман менен жерди жана ал экөөсүнүн арасындагыларды алты күндө жаратты. Андан кийин (алар) Аршка жай алды...»

(С.32, а.4)

Бул аятта асмандар менен жердин обол учурунан кыяматка чейин жашай турган убактысы «алты күнгө» барабар экени белгиленген. «Алардын ичиндегилерди» деген сөздөн мисал катары айта турган болсок, Жер бетине адамзат баш болуп туулуп келе турган ар кандай жаныбарлар, өсө турган өсүмдүктөр тууралуу да айтылып жатканын көрбөй коё албайбыз. Алла Таала кыяматтын сааты келгенче Жер бетинде жан-жаныбарларды жарата берет. Өсүмдүктөрдү өстүрүп чыгара берет. Эми, бул «алты күндү» такташыбыз керек.

10

«Ал (жети кат) асман менен жерди алты күндө жаратты. Анын Аршы суунун үстүндө болчу...»

(С.11, а.7)

Бул аяттын маалыматынан (жети кат) асман менен жер жаралганга чейин эле Арштын бар экени айтылып жатат. Демек, «алты күн» Арштын күнү менен белгиленип жаткан экен. Мындан ары космологиялык убакыттын абсолюттук бирдиги катары «Арштын күнүн» колдонобуз. Муну «асман жылы» менен чаташтырып албашыбыз керек. Эми, Арш деген аалам жөнүндө толугураак айта кетишке туура келет.

11

«Алладан башка Кудай жок. Ал – Түбөлүк Бар, Түбөлүк Тирүү. Аны уйку да албайт, үргүлөбөйт. Асмандагылар да, жердегилер да Аныкы. Анын уруксаты болбой ким коргой алат? Ал аларга чейинкини да, алардан кийинкини да билет. Алар Анын билгендеринен аларга каалаганын гана биле алышат. Анын Күрсүсү (жети кат) асман менен жерди чүмкөп турат. Ал экөөсүн сактагандан Ага эч бир оорчулук жетпейт. Улуу да, Бийик да Ал Өзү!»

(С.2, а.255)

Аяттын *«Анын Күрсүсү асмандар менен жерди чүмкөп турат»* деген сөзү Арштын шар формасындагы аалам экени менен бирге асмандар менен жерди сыртынан чүмкөп турган зор аалам экенинен кабар берип жатат. Андай болсо, борбордо «Төмөнкү Асман» (Жылдыздар Асманы) жай алып, анын сыртынан Биринчи Асман курчап, анын сыртынан Экинчи Асман... ушул тартипте Жетинчи Асман курчап, булардын бүт баарысын Арш курчап (чүмкөп) турат экен. Демек, асмандар дегенибиз элестетип карасак, алар бирин бири шардын сыртынан шар курчаганга окшош кат-кат мейкиндиктер (ааламдар) десек болот. Сегиз асман дегенибиз асман дүйнөлөрүнүн сегиз матрицасы, өз ара параллель дүйнөлөр дегенди да элестетет. Алардан биринчиси Жетинчи Асман болуп, ал бүткүл асмандарды кармап турат. Ошондуктан асмандарда өтүп жаткан ар кандай кубулуштар (маалыматтар) Жетинчи Асман үчүн жашыруун эмес. Мунун тескерисинче Жетинчи Асманда өткөн кубулуштар башка асмандар үчүн белгисиз кала берет.

Дагы белгилей кетчү нерсе, Арш (Так) кээ бир аятта «Курси» (күрсү, отургуч) деп да айтылат. Булардын түшүнүктөрү ушундай. «Курси» дегенибизде ал чындыгында эле отура турган «күрсүнү» элестетет. Ачыгыраак айта турган болсок, Куранда айтылган түбөлүк ааламдар – Бейиш, Тозок жана Ааараф деген ааламдар Арштын ичинде эмес, сыртында болгон үчүн, алар үчүн Арш ядро сымал борбордо туруп, алар чын эле ага минип отургандай болот. Бейиште турган киши аны ушундай абалда көрөт. Мунун тескерисинче, асмандарда турган кимдир-бирөө, мейли ал адам болсун, мейли периште болсун, Аршты ал сыртынан чүмкөп турган шар аалам катары эле көрө алат.

Куранда Арш менен Асмандардын убакыт-мейкиндик өлчөмдөрү тууралуу маалыматтар берилген. Буга салыштырмалуу түбөлүк ааламдардын (Бейиш, Тозок жана Ааараф) убакыт-мейкиндик өлчөмдөрү тууралуу эч бир маалымат айтылган эмес. Ошондуктан биз Арш менен (Жети кат) Асмандын убакыт-мейкиндик өлчөмдөрүн эле карайбыз.

12

«Боло турган азапты бир суроочу сурады.
Капырларга, аны артка кайтаруучу жок.
Баскычтардын Ээси Алладан.
Ага периштелер менен Рух (Жабраил) элүү миң жылга барабар бир күндө көтөрүлүп чыгышат».

(С.70.а, 1-4)

Келтирилген аятта бүткүл асман мейкиндиги тынымсыз кеңейип отуруп, анын чоң алкагынын бир күнү (тагыраагы бир градусу!) сингулярдуулук моментиндеги (эң оболдогу) бир жылына (тагыраагы чоң алкагына!) салыштырмалуу 50 000 эсе чоңойгондо, (анын бир жылы) Арштын бир күнүнө барабар болушу айтылып жатат! Демек, бул учурдагы «асман жылы» (тагыраагы Жетинчи Асмандын жылы – чоң алкагы!) Арштын бир күнүнө барабар болот экен! Аяттын түшүнүгүндө ушул нерсе айтылган.

Анда 360 миллиард жылды 50 000 ге көбөйтүп, андан кийин дагы 360 күнгө көбөйтүп Арштын бир күнүн биле алабыз. Көбөйтөбүз:

$3{,}6 \cdot 10^{11}$ жарык жылы × 50 000 = $1{,}8 \cdot 10^{16}$ жарык жылы;

$1{,}8 \cdot 10^{16}$ жарык жылы × 360 = $6{,}48 \cdot 10^{18}$ жарык жылы;

Жогоруда биз асмандар сингулярдуулук учурдагы кыяматтын учуруна чейин Арштын күнү менен «алты күн» эле жашайт дегенбиз. Анда $6{,}48 \cdot 10^{18}$ жылды алты күнгө көбөйтүп, сингулярдуулук учурдагы кыяматтын учуруна чейин жашай турган асмандардын мөөнөтүн эсептей алабыз. Эсептейбиз:

$6{,}48 \cdot 10^{18}$ жыл × 6 күн = $3{,}888 \cdot 10^{19}$ жыл.

Аяттагы «Кабаттардын Ээси» деген сөз асмандардын жети кабат экени, муну менен бирге Жылдыздар асманы (Төмөнкү Асман) да бир нече каттардан турушун белгилеп жатат. Эми, Арштын жана кыяматтын учуру жеткен учурдагы бүтүндөй асмандардын (тагыраагы Жетинчи Асмандын)

убакыт-мейкиндик өлчөмүн так эсептеп чыгарсак болот. Муну төмөндөгү таблицадан карап билебиз.

1. Арштын чоң алкагынын узундугу: $6,48 \cdot 10^{18} \times 360 = 2,3328 \cdot 10^{21}$ жарык жылы;
2. Радиусу: $2,3328 \cdot 10^{21} : 6,2208 = 3,75 \cdot 10^{20}$ жарык жылы;
3. Көлөмү : $1,875 \cdot 10^{101}$ км^3;

* * *

1. Жетинчи Асмандын (кыяматтын учуру жеткен моменттеги) чоң алкагынын узундугу : - $3,888 \cdot 10^{19}$ жарык жылы;
2. Радиусу: $3,888 \cdot 10^{19}$ жарык жылы : 6.2208 = $6,25 \cdot 10^{18}$ жарык жылы;
3. Көлөмү: $8,7 \cdot 10^{95}$ км^3;

Арш көлөмү боюнча кыяматтын учуру жеткен моменттеги Жетинчи Асмандын көлөмүнө салыштырмалуу так айта турган болсок 216 миң эсеге чоң.

$1,875 \cdot 10^{101}$ км^3:$8,7 \cdot 10^{95}$ км^3= 216 000.

Ушундан улам Арштын ичинде жети кат асман сымал жаратылган башка ааламдар да барбы деген пикир көңүлгө келбей койбойт. Бирок бул тууралсында Куранда эч бир маалымат жок. Демек, мындай пикирдин өзү да биз үчүн таптакыр эле туура эмес.

«Ал асмандан жерге чейинки иштерди башкарып турат. Андан кийин силердин эсебиңер боюнча миң жылга барабар бир күндө ал иштер Ага көтөрүлүп чыгып барат».

(С.32, а.5)

Бул аяттын маанисин ушундай түшүнүшүбүз керек. Алла Тааланын асмандан кийин жерге тараган буйрук иштеринин кыяматка чейинки мөөнөтү «миң жыл» экен. «Ошондон эсептейсиңер» деген сөздө биз жашаган Жер таандык болгон Жылдыздар Асманынын (Төмөнкү Асмандын) убакыт-мейкиндик өлчөмү буга чейин айтылган «элүү миң» жылдын «миң жылына» эле барабар болуп, ошондон эсептешибиз керек экенин айтып жатат. Бул болсо бүткүл асмандын убакыт-мейкиндик өлчөмүнө салыштырмалуу Жылдыздар Асманынын убакыт-мейкиндик өлчөмү анын элүүдөн бир бөлүгүнчө эле бар дегенди билдирет. Демек, жогоруда эсептелген бүткүл асман мейкиндигине таандык, же тагыраак айтсак кыяматтын сааты жеткен учурдагы Жетинчи Асмандын чоң алкагына ($3,888 \cdot 10^{19}$ жарык жылына) салыштырмалуу Жылдыздар Асманынын чоң алкагы анын элүүдөн бир үлүшүнө эле туура келет экен! Эсептейбиз:

$3,888 \cdot 10^{19}$ ж.жылы : 50 = $7,776 \cdot 10^{17}$ ж.жылы.

Башка асмандардыкын кантип билебиз? Бул туурасында Алла Таала ушундай дейт:

«Ал силер үчүн Жер бетинде баарысын жаратты. Андан кийин (аны) асманга жайгаштырды. Аларды (жети кат) асман кылып барабар койгон болчу. Ал баарысын Билүүчү (Кудай)».

(С.2,а.29)

Демек, жети асмандын убакыт-мейкиндик өлчөмдөрү өз ара бирибирине салыштырмалуу айырмачылыкка ээ болбой бирдей барабар болуш керек экен. Андай болсо бул аятты ушундай түшүнүшүбүз керек. Буга чейин эле жогоруда айтылган «элүү миң» жылга салыштырмалуу «миң жылы» Жылдыздар Асманынын кыяматтын сааты жеткен учурдагы чоң алкагынын чени деп эсептедик. Азыр болсо, аяттын сөзүнө карата Жылдыздар Асманына таандык «миң жылды» Жетинчи Асманга таандык «элүү миң» жылдан кемитебиз да, калган 49 000 жылды жети асманга («айырмачылыксыз») тең бөлүп эсептешибиз керек экен. Бул деген 49 000 жылды «жети асманга» тең үлүш менен бөлүш керек дегенди да айтып жатат. Андай кылганыбызда Жылдыздар Асманынын чоң алкагы мурда айтканыбыздай ($3,888 \cdot 10^{19}$ жылдын) 50 дөн 1 үлүшүнө, Биринчи Асмандын чоң алкагы 50 дөн 8 үлүшүнө, Экинчи Асмандын чоң алкагы 50 дөн 15 үлүшүнө, Үчүнчү Асмандын чоң алкагы 50 дөн 22 үлүшүнө, Төртүнчү Асмандын чоң алкагы 50 дөн 29 үлүшүнө, Бешинчи Асмандын чоң алкагы 50 дөн 36 үлүшүнө, Алтынчы Асмандын чоң алкагы 50 дөн 43 үлүшүнө, ал эми Жетинчи Асмандын чоң алкагы толук 50 үлүшкө ээ болот. Ушундай жол менен жети асмандын убакыт-мейкиндик өлчөмүн эсептеп чыгарсак болот. Муну төмөндөгү таблицадан билебиз.

Асмандардын кыяматтын учуру жеткен кездеги убакыт-мейкиндик өлчөмдөрү

№	Асмандар	Жердин жылы менен (чоң алкагы жарык жылы менен)	Асман жылы менен	Арштын күнү менен	Радиусу (жарык жылы менен)
1	Жетинчи асман	$3,888 \cdot 10^{19}$	108 000 000	6	$6,25 \cdot 10^{18}$
2	Алтынчы асман	$3,34368 \cdot 10^{19}$	92 880 000	5,16	$5,375 \cdot 10^{18}$
3	Бешинчи асман	$2,79936 \cdot 10^{19}$	77 760 000	4,32	$4,5 \cdot 10^{18}$
4	Төртүнчү асман	$2,25504 \cdot 10^{19}$	62 640 000	3,48	$3,625 \cdot 10^{18}$
5	Үчүнчү асман	$1,71072 \cdot 10^{19}$	47 520 000	2,64	$2,75 \cdot 10^{18}$
6	Экинчи асман	$1,1664 \cdot 10^{19}$	32 400 000	1,8	$1,875 \cdot 10^{18}$
7	Биринчи асман	$6,2208 \cdot 10^{18}$	17 280 000	0,96	10^{18}
8	Жылдыздар асманы	$7,776 \cdot 10^{17}$	2 160 000	0,12	$1,25 \cdot 10^{17}$

14

«Жети кат асманды, жерди дагы ошолордун мисалындай кылып Алла Өзү жаратты. Алланын бардык нерсеге күчү жетишин, бардыгын ар тараптан билип турганын билишиңер үчүн алардын арасына буйругу да келип турат. Алла бардык нерсеге Кудуреттүү Кудай! Алланын илими бардык нерсеге толук жетет».

(С.65,а.12)

«Силердин үстүңөрдө катуу жети катты жараттык.
(Анда) жаркыраган чыракты (жылдыздарды) койдук».

(С.78,а.12-13)

Биринчи аятта Жылдыздар асманы деле башка асмандардай жети каттан турушу айтылып жатат. Ал эми экинчи аяттагы *«...силердин үстүңөрдө катуу (телолордон турган) жети кат жылдыздарды)... койдук...»* деген маалыматтан Жылдыздар Асманы жалпысынан канча кабаттан турат деген суроону пайда кылат. Муну билишибиз үчүн Жылдыздар асманына таандык $7,776 \cdot 10^{17}$ жылды (асмандардын убакыт-мейкиндик өлчөмдөрүн эсептегендей эле) 50 гө бөлөбүз. Бөлүнгөндөн кийин чыккан санды да бир «асман жылына» (360 миллиард жылга) жетпеген калдык калганга чейин бөлүп бара беребиз. Эмнеге дегенде «асман жылы» дегенибиз да Курандагы космологиялык бирдик экенин унутпашыбыз керек. Ушундай жол менен Жылдыздар Асманы канча кабат экенин эсептесек болот.Эсептейбиз:

1. $7,776 \cdot 10^{17}$ жарык жылы : 50 = $1,5552 \cdot 10^{16}$жарык жылы;
2. $1,5552 \cdot 10^{17}$жарык жылы : 50 = $311,04 \cdot 10^{12}$ жарык жылы;
3. $3,1104 \cdot 10^{14}$жарык жылы : 50 = $62,208 \cdot 10^{12}$жарык жылы;
4. $6,2208 \cdot 10^{13}$жарык жылы : 50 = $1,24416 \cdot 10^{11}$ жарык жылы;

Эми ар бир жолу 50 гө бөлгөнүбүздөн кийин чыккан жылды жогоруда $3,888 \cdot 10^{19}$ жылдан сегиз асманга кандай үлүш менен бөлгөн болсок, ошондой кылып бөлүшүбүз керек. Ошондон Жылдыздар асманынын да ар бир кабатынын кыяматтын учуру жеткен учурдагы убакыт-мейкиндик өлчөмүн чыгарып билсек болот. Муну чыгарганыбызда Жылдыздар Асманы 29 каттан туруп, ар бир жети кабаты (жети асманга окшош) бир *Табакага* таандык экенин көрөбүз. Муну төмөндөгү таблицада бердик.

Жылдыздар Асманынын кыяматтын учуру жеткен кездеги убакыт-мейкиндик өлчөмдөрү

№	Кабаттар	Бешинчи Табака (Радиусу жарык жылы менен)	Төртүнчү Табака (Радиусу жарык жылы менен)	Үчүнчү Табака (Радиусу жарык жылы менен)	Экинчи Табака (Радиусу жарык жылы менен)	Биринчи Табака (Радиусу жарык жылы менен)
1	Жетинчи кабат	$1,25 \cdot 10^{17}$	$2,5 \cdot 10^{15}$	$5 \cdot 10^{13}$	10^{12}	-
2	Алтынчы кабат	$1,075 \cdot 10^{17}$	$2,15 \cdot 10^{15}$	$4,3 \cdot 10^{13}$	$8,6 \cdot 10^{11}$	-
3	Бешинчи кабат	$9 \cdot 10^{16}$	$1,8 \cdot 10^{15}$	$3,6 \cdot 10^{13}$	$7,2 \cdot 10^{11}$	-
4	Төртүнчү кабат	$7,25 \cdot 10^{16}$	$1,45 \cdot 10^{15}$	$2,9 \cdot 10^{13}$	$5,8 \cdot 10^{11}$	-
5	Үчүнчү Кабат	$5,5 \cdot 10^{16}$	$1,1 \cdot 10^{15}$	$2,2 \cdot 10^{13}$	$4,4 \cdot 10^{11}$	-
6	Экинчи кабат	$3,75 \cdot 10^{16}$	$7,5 \cdot 10^{14}$	$1,5 \cdot 10^{13}$	$3 \cdot 10^{11}$	-
7	Биринчи кабат	$2 \cdot 10^{16}$	$4 \cdot 10^{14}$	$8 \cdot 10^{12}$	$1,6 \cdot 10^{11}$	$2 \cdot 10^{11}$

15

«Ал күнү Биз асманды жазылган баракгарды түрмөктөгөндөй түрмөктөйбүз. Оболу жаратып баштагандай, Биз аны убадабызга ылайык кайталайбыз. Биз (муну) кылабыз!»

(С.21, а.104)

Кыяматтын учуру жеткенде жети кат асман да, Жылдыздар Асманы да *«жазып жаткан адам баракты түрмөктөгөндөй»* жыйрылат. Муну азыркы физика Улуу жыйрылыш деп атайт. Ошондо бүткүл аалам (асмандар) оболку сингулярдуулук абалындагыдай бир бүтүндүккө (коллапска) жыйрылып топтолот. *«Убадабызга ылайык оболку жаратканыбызга окшош кайра кайталайбыз»* деген аяттын сөзү ушул мааниде айтылып жатат.

[32] Ант, убада.

2. АЛ ИМРАН

[1] Мединада түшкөн. 200 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 89.

[2] Күбө пайгамбарлар тууралуу илгериде ушул Али Имран сүрөөсүнүн 83-аятынын түшүндүрмөсүн караңыз.

[3] Бүткүл пайгамбарлар ислам динин таратып келишкени тууралуу айтылып жатат.

4. Бул аятта акыркы пайгамбар болгон Мухаммед пайгамбарга бүткүл пайгамбарлар ишенип, ага жардам беришке макул болуп Аллага ант бергендери айтылып жатат. Демек, пайгамбарлардын баарысы эле бир динди, буга чейин эле айтылгандай исламды таратып келишкен болуп, акыркы пайгамбар келген учурда ага жардам да беришке ант беришкенин окуп жатабыз. А бирок, Мухаммед пайгамбар туулуп келгенде андан алдыңкы пайгамбарлар жүздөгөн жылдар мурун, миңдеген жылдар мурун эле бу дүйнөдөн өтүп көз жумушкан болчу! Андай болсо алар кантип жардам беришмек эле?!

Аяттын акыркы сөзүндө Алла Таала *«Күбө болгула! Мен да силер менен бирге Күбөмүн!»* деп жатат. А күбө болгон адам кайсы бир ишке, же окуяга толук акыл-эси (көзү менен көрүп, кулагы менен угуп, жүрөгү менен сезип) жана да физикалык денеси менен тирүү катышып турушу керек! Демек, бул аятта бир улуу сыр жатат! Бул сүрөөнүн 18-аятында Мухаммед пайгамбардын мурунку өткөн пайгамбарлар менен жолугушканы да айтылат. Анда ушундай деп айтылып жатат:

«Алла да, периштелер да, такай адилет турган илим ээлери да күбө болду: «Алладан башка Кудай жок, Андан башка Бийик да, Даанышман да Кудай жок!»

(С.3, а.18)

Бу аяттын маалыматында мурунтан болгон келишимге (антка ылайык) Алланын Өзү да, илим ээлери – пайгамбарлар да, аларга кошулуп периштелер да күбө болушканы айтылып жатат. Демек, кайсы бир жерде жолугушуу болгону эскерилип жатат. Бул жолугушууга кайсы пайгамбарлар катышкан? Кайсы периштелер катышкан? Кандай маселе каралган? Дагы бир кызыгы, бул аят күбө катары өлбөй тирүү калган пайгамбарлардын да бар экенинен маалымат берип жатат! Демек, Идрис пайгамбар, Кыдыр пайгамбар, Илйас пайгамбар жана Иса пайгамбар тирүү деген сөз бекер сөз эмес. Болжолу, Мухаммед пайгамбар ушул тирүү калган күбө пайгамбарлар менен жолуккан болуш керек. Бирок, качан, кайсы жерде? Бул туурасында Исра сүрөөсүнүн биринчи аятынын жана Тин сүрөөсүндөгү аяттардын түшүндүрмөсүн окуңуз.

5. Куранда Меккенин аты бир жолу «Мекке» деп, бир жолу «Бэккэт» деп эскерилет. Бул туурасындагы аяттарды окуйлу.

1. «Ал силерден Меккенин ичинде да алардын колун (силерге жеткирбей) тосту. Ошондон кийин силер аларды жеңдиңер. Алла силердин эмне кылып жатканыңарды көрүп турат».

(Жеңиш сүрөөсү, 24-аяты)

2. «Калайык үчүн биринчи Ыйык Үй Бэккэтте курулду. Ал аалам-дагылар үчүн Туура жолдун да (ордосу) болду».

(Ал Имран сүрөөсү, 96-аяты)

Биринчи аятта Меккенин аты Мухаммед пайгамбардын учурундагы мезгилде аталган аты менен эскерилип жатканына талаш жок. Экинчи аятта болжолу, Ибрахим пайгамбардын учурундагы аталышы менен аталып жатса керек. Анткени, Меккеде биринчи жолу Каабаны – *Биринчи Ыйык Үйдү* негиздеген Ибрахим пайгамбар менен анын уулу Исмаил пайгамбар болгонун жакшы билебиз. Эми, «Бэккэт» деген сөздүн этимологиясына кайрылсак, Ибрахим пайгамбардын мезгилине сүңгүп кирбесек да болбойт.

Байыркы доордо эле Сирия менен Йемендин ортосундагы соода жолу Мекке аркылуу өтпөсө болбойт эле. Анткени, ал аймакта бир гана Каабадагы Замзам кудугунан башка жерде такыр суу жок болчу. Ошондуктан эки тараптан жүргөн кербен Меккеде токтоп, түнөбөй койбогон. Бир сөз менен айтсак, Мекке байыркы доордо эле кербендер токтой турган бекеттин милдетин аткарган. Болжолу, «Бэккэт» деген сөз «бек» жана «кет» деген эки сөздөн куралган сөз болуш керек. Кийинчерээк бул сөз бизде кыскарып бекет болуп кеткен сыяктанат. Эгер мындай болсо, Куран бекет деген сөздүн түпкү аталышын бузбай так эскерип жатат! Эгер бул чындыкка туура келсе, байыркы тарыхтын изи – көзү менен карасак, анда Ибрахим пайгамбардын өзү да байыркы Алтайданбы, же Ала -Тоодонбу, алты – жети миң жылдай мурун шумерлерге кеткен түрк тилдүү (кыргыз?) адам болушу да мүмкүнбү деген суроо туулат. Шумер тили түрк тилдеринин ичинен кыргыз тилине өтө жакын экенин да бекем эстеп коюшубуз керек.

Белгилүү хадис жыйнагы «Сахих аль-Бухариде» (кара. Хадис № 1351) Мухаммед пайгамбар Исмаил пайгамбар тууралуу ушундай дейт: *«...Ошондо алар ал жерге (Замзам кудугунун жанына) токтоп, үй-бүлөлөрүн алдырып келишти. Алардын айрымдары ал жерде (арабдардагы журхум уруусу) такай жашап калышты. Бала (Исмаил) чоңоюп алардан араб тилин үйрөндү, алар болсо (анын жакшы сапаттарына) суктанышып, жогору баалашкан. Ал балакатка жеткенде аны өздөрүнүн кыздарынын бирине үйлөндүрүштү...».* Бул хадистен Исмаил пайгамбардын жашында араб тилинде сүйлөбөгөнүн окуп жатабыз. Андай болсо ал кайсы тилде сүйлөгөн, улуту ким болгон?

6. 624-жылы курайш капырлары менен мусулмандардын ортосунда болгон согуш тууралуу айтылууда.

4. АЯЛДАР

1. Мединада түшкөн. 176 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 92.

2. Адамдын диний ибадаттарды аткарышка дене-бою таза болбой, гусул кылыш парз болгон абалы.

3. Буркан таштын аты.

4. Буркан таштын аты.

5. МАИДА

1. Мединада түшкөн. 120 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 112.

2. Ажы кылуучуга тыюу салынган иштер. Мисалы, аң уулоо, аял менен жакындык кылуу,ж.б.

3. Мүшүрүктөр сүтүн ичиш арам дешип кулагын кесишип, буркандарга багышталган ургаачы төө.

4. Мүшүрүктөр миниш арам дешип, буркандарга багышталган ургаачы төө.

5. Кайра-кайра ургаачы тууй берген төө. Мүшүрүктөр мындай төөлөрдү да буркандарга багышташкан.

6. Буркандарга багышталган эркек төө. Мындай төөнү да минишкен эмес, бош коё беришкен.

6. АНАМ

1. Мединада түшкөн. 165 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 55.

2. Адам Атага жашоо тиричилик үчүн берилген үй айбандары.

7. АРАФ

1. Меккеде түшкөн. 206 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 39.

2. Бейиш менен Тозоктун ортосундагы аалам. Ааараф деген сөз «тосмо» деген мааниде.

3. Куранда оболдон акыры кыяматка чейин Жер бетинде жашай турган калайыктар уч улук пайгамбардын дооруна бөлүнгөн: *1. Адам атанын доору; 2. Нух пайгамбардын доору; 3. Ибрахим пайгамбардын доору.* Маалыматы: *«Ал силерди дооpлорго бөлүп жаратты» (С.71,а.14). «Алла Адамды, Нухту, Ибрахимдин урпактарын тандап алды...» (С.3,а.33).*

Куран жер бетинде оболдон акыр кыяматка чейин жашай турган жалпы калайыкты эки топко бөлөт: *Алгачкы калайыктар жана Кийинки калайыктар.* Жер бетинде Адам Атадан бери карай Нух пайгамбардын учурунда өткөн Топон сууга чейинки жашаган жалпы калайыктардын баарысы *Алгачкы калайыктарга* кирет. Булардын акыры Топон сууда чөгүп, тегиз кырылып жок болгон.

Топон суудан кийин кыяматтын учуруна чейин Жер бетине келип жашай турган калайыктардын баарысы *Кийинки калайыктарга* кирет. Маалыматы: *«Биз алгачкы калайыктарды кыйратпадыкпы? Андан кийин Биз кийинкилерин жөнөтүп жатабыз».*

(С.77,а.16-17)

Куран Адам Атанын доорунан Топон сууга чейинки өткөн бүткүл калайыктарды «Нухтун калкы» деп атайт. Анткени, Нух пайгамбар Адам Атанын доору аяктап, Топон суу болордон алдын келген пайгамбар болчу. Ошондон улам Куранда Алла Таала *«...Биз Нухту калкына жөнөттүк»* деп кайра-кайра эскерет. Адам Атанын доору 342 миллион жылга созулган. (*Бул туурасында Хаж сүрөөсүнүн 47-аятына жазылган түшүндүрмөнү караңыз*).

4. Топон суудан кийин Нух пайгамбардын доорунда бүткүл Жер бетин мекендеген Ад калкы (расасы) алп адамдар болушкан.

Булар туурасында башка бир аяттарда Алла Таала ушундай дейт:

«Ад калкы болсо ышкырган катуу бороондон кырылышты.

Ал ага катары менен жети түн, сегиз күн бийлик берген. Омкорулган курманын сөңгөктөрүндөй (боо түшүп) жыгылган калайыкты көрөт элең.

Алардан бир нерсенин калганын көрдүңбү?» (Ал-Хакка сүрөөсү, 6–8-аяттары).

Жогорудагы аяттардын мазмунунан эки нерсени көрөбүз.

1. Курма дарагынын узундугу 50–60 метрге чейин жетет. Бул болсо Ад калкынын бою 50-60 метр болгонунан кабар берип жатат.

2. *«Омкорулган курманын сөңгөктөрүндөй»* деген сөздөн Ад калкына келген бороондун кубаты 50–60 метрге жеткен курма дарагын жулуп омкоргонго жеткидей күчкө ээ экенин көрбөй коё албайбыз.

Качандыр бир мезгилде алп адамдардын жашаганы азыркы илимде да аныкталды. 2007-жылы дүйнөлүк бир катар ири басылмаларда сенсациялуу маалымат жарык көргөн. Индиянын түндүгүндө 18 метрге жеткен адамдын скелети табылды! Илим дүйнөсү буга таң калган. Байыркы мифтерде айтылган алп адамдар чындык экен го! Бир заманда Жер үстүндө алп адамдар жашаган экен да! Чын эле ушундай болду бекен? Көп сандаган археологиялык табылгалар качандыр бир кезде Жер бетинде алп жаныбарлардын жашаганын ырастады. Алп жаныбарлардын калдыктары Мексикада, Перуда, Тунисте, Пенсильваниде, Техаста, Филиппинде, Сирияда, Мароккодо, Австралияда, Испанияда, Грузияда, Түштүк-Чыгыш Азияда, Океания аралдарында табылган. Азыркы илимге эң чоң динозаврлардын (завроподдор) салмагы 80 тонна, ал эми узундугу 50 метрге жеткени белгилүү! Адам деле жаратылыштын бир мүчөсү. Анын деле эволюциялык өнүгүүсүндө физикалык параметри өзгөрбөй койгон эмес. А эгер алп жаныбарлар жашаган болсо, анда алар менен жанаша жашаган адамдар эмне үчүн алп болбошу керек? Буга Жер шарынын айрым бир районунда сакталып калган байыркы гигант курулуштардын калдыгы ачык эле мисал болуп жатат. Мисалы, Ливандагы Баальбек. Алла Таала Куранда ушундай дейт:

«Сенин Эгең Ад калкын кандай кылганын көрбөдүңбү? Түркүктүү Ирамды... Ага окшош курулган (имарат) дүнүйөдө жок эле» (Фажр сүрөөсү, 6–8-аяттары). *«Ар бир маалыматтын орду бар, аны билесиңер»* (Мал сүрөөсү, 67-аяты).

Көөнө тарых бизге көп эле табышмактарды калтырып кеткен. Ошондой табышмактардын бири – Ливандагы Баальбек комплекси. Бул тарыхый комплекс өзүнүн чоңдугу менен кимди да болсо таң калтырбай койбойт. Анын калдыктарын аралап жүргөндө өзүңдү алптардын өлкөсүндө жүргөн Гулливердей сезесиң. Муну башкача айтып түшүндүргөнгө болбойт. Баальбек комплекси миңдеген жылдар бою адамзатка чоң табышмак бойдон сыры ачылбай келе жатат. Бул комплекстин пайдубалына коюлган миң тонналык чегилген чулу таш блокторду кимдер чегип, кимдер көтөрүп келип койгон! Юпитер храмынын курулушу бүгүнкү цивилизациянын көзү менен караганда да ары түшүнүксүз, ары таң калычтуу таасир калтырат. Анын пайдубалы тогуз катар блок таштан көтөрүлүп, андагы ар бир блоктун салмагы 300 тоннага чамалайт. Пайдубалдын түштүк-батыш тарабында Трилитон деген, же болбосо

Үч алп таш деген бар. Ал үч блоктун ар бири өлчөөсүз чоң экенине карабай, көрүнүп турган пайдубалдын алтынчы катарына көтөрүлүп коюлган. Алардын ар биринин узундугу 21,3 метрге, калыңдыгы 4,8 метрге жетип, салмагы миң тоннадан ашат. Алардын кынтыксыз чегилип, 2 км жерден алынып келгенден кийин да 7-8 метр бийиктикке көтөрүлүп коюлганына акыл жетпейт. Алар укмуштай бекем кыналып, адам акылы ишене албай тургандай эч бир жылчыксыз уланган экен. Алар ушунчалык мыкты кыналгандыктан аралары-на ийне да кирбейт! Жөнөкөй шаймандардын жардамы менен ондогон жана жүздөгөн метр квадрат таштын бетин абдан тегиз кылып жылмалаштын өзү эле эч бир акылга сыйбайт. Бул блоктордун жасалганы да, алынып келингени да толгон токой суроолорду жаратпай койбойт. Ошентсе да бул операциянын жасалганы көз алдыда ачык көрүнүп турат.

Эң белгилүү таш – *Төртүнчү таш* - блоктор кесилип алынган жерден жылбай кала берген... Дүнүйөдөгү кол менен чегилген таштардын эң чоңу деп саналган бул таш Баальбекке жете бербей, акрополдун элүү метрдей түштүк тарабында жатат. Аны илгертен эле «Түштүк Ташы» деп атап келишкен. Бул монолиттин эмнеге ылайыкталып жасалганы да белгисиз. Ал трилитондон да чоң: узундугу 21,72 м, түштүктү карап жаткан башынын кесилиш өлчөмү 4,25х4,35м, ал эми түндүктү караган башыныкы 5,35х5,35 м. «Түштүк Ташынын» көлөмү 433 кубометрге, а салмагы болсо 1000 тоннадан (айрым бир эсептөөлөр боюнча 2000 тоннага жакын!) ашыгыраак бар. Мындай массага ээ нерсени көтөрө турган гигант крандар жакында эле пайда болду. Инженер О. Коломийчуктун эсептөөсү боюнча бул таш блокту бир эле учурда ордунан жылдырыш үчүн 60 миң кишинин күчү керек. Албетте, муну иш жүзүнө ашырыш деги эле мүмкүн эмес! Кесип алынган жеринде жаткан миң тоннадан ашык мындай зор чулу ташты курулуп жаткан имаратка киргип алып келиштин сырын билиш таптакыр эле мүмкүн эмес. Муну кимдер жасашкан? Буга Куран ушундай жооп берет.

«Алардан мурдагылардын акыры кандай болгонун алар Жер бетин кыдырып көрүшпөдүбү?

Алардын күч-кубаты да, Жер бетинде калтырган изи да буларга караганда абдан артык болчу. Ошондо Алла күнөөсүнө ылайык аларды жазалады. Аларды Алланын (жазасынан) эч ким куткара албады.

Мунун себеби, аларга пайгамбарлары ачык далилдер менен келгенине карабай капыр болуп кетишкен эле. Ошондо Алла аларды жазалады. Ал азабы катуу, Кудуретүү Кудай!» (Муминун сүрөөсү, 21-22-аятары)

[5] Аяттын *«А биздин аяттарыбызга ишенишпей жалганга чыгаргандардын эң акыркысына чейин кырып жоготтук!»* деген сөзү Жер бетиндеги катылайыктын тегиз кыйраганынан кабар берип, бул катаклизм (кыйроо) планетардык масштабка ээ болгонун айтып жатат. Курандын башка дагы бир аяттарында бул кыйроонун бирден бир себеби астероиддин Жерге келип урунганынан болгону да айтылат.

«Эгер моюн толгоп жатышса айт: «Мен силерге Ад (калкы менен) Самуд (калкына) чагылгандай (жетип келген кырсыктан) эскерип жатам».

Алардын алдынан да, аркасынан да элчи-пайгамбарлары келишкен болчу. (Алар айтышкан): «Алладан башкага кулдук кылбагыла!» Алар айтышты: «Эгебиз каалаган болсо периштелерди жиберет эле да! Биз силердин элчи болуп келгениңерге ишенбейбиз». (Фуссилат сүрөөсү, 13–14-аяттары).

«Аларга чейин да, кийин да Асман менен Жерден келе тургандыкөрүшпөдүбү? Эгер Биз кааласак аларды Жер жутат, же Асмандан бир бөлүк (ташты) атабыз. Мында ар бир тобо кылган кулга аят бар».

(Саба сүрөөсү, 9-аяты).

Ад калкын (расасын) кыйраткан астероид жөнүндө биз акыркы мезгилде эле билдик. Ал Мексикага түшкөн экен.

Азыр бизге Ад калкынын (алп расанын) качан кыйрап жок болгону ачык маалым болду. Европа, Канада, Мексика, АКШ жана Япония өлкөлөрүнөн топтолгон 41 окумуштуу 20 жыл бою изилдөөлөрдү жүргүзгөндөн кийин, мындан 65 миллион жыл мурун Жерге түшкөн гигант астероиддин таасиринен улам алп динозаврлардын кырылганын толук моюнга алышты. Бул изилдөөгө палеонтологдор, геохимиктер, геофизиктер, климатты изилдөөчү адистер катышкан. Окумуштуулар жаныбарлар менен өсүмдүктөр тез аранын ичинде эле кыйроого учураганын да белгилешкен. Мунун бирден бир себеби гигант астероиддин Мексикага түшкөн таасиринен болгонуна азыр эч бир талаш жок.

Окумуштуулардын пикири боюнча глобалдуу мүнөзгө ээ катаклизмдердин негизги себеби болжол менен 100 миллион жылда бир жолу келип Жерге урунган астероиддер менен метеориттерден улам болот экен. Акыркы болгон (мындан 65 миллион жыл мурдагы) катаклизмдин себеби Мексикадагы Юкатан жарым аралына түшкөн астероидден улам болгону үчүн, 1980-жылы америкалык окумуштуулар андагы жашы 65 миллион жылдык асканын породасын изилдеп көрүшкөндө, анын составындагы иридиум андан мурдагы жана кийинки породоларга салыштырмалуу 25 эсеге көп экени аныкталды. А иридиум болсо негизинен космостон келген телолордон гана пайда болушу мүмкүн болчу.

65 миллион жыл мурун «динозаврлар кырылган» учурдагы калган кратердин диаметри 200 км ге жетет. 1990-жылдын башында Мексикадагы Чиксулуб кыштагынан анчалык узак эмес жерде бул чоң кырсыктын белгиси катары астероид келип тийген учурдагы «оюлган чуңкур» табылган эле. Алп жаныбарларды кыйраткан астероиддин болжол менен эни 15 километрге жеткен. Жерге келип тийген мындай астероиддерден улам катастрофа пайда болуп, андан кийин ушундай сценарий жүзөгө чыгат.

Катуу келип урунган космос телосунун таасиринен миллиондогон тонна топурак (кумдай майдаланган асканын күкүмдөрү, муну менен бирге астероид, же метеориттин майдаланган күкүмдөрү да) Жер кыртышынан

атмосферага чачылып тараганда Күндүн жарыгы тосулат. Абанын температурасы кескин төмөндөп, суук бир нече айга созулат. Катуу соккудан улам жер титиреп, вулкандар атылып чыгат. Ушундан кийин өтө көп өлчөмдө жер алдынан вулкандын таасири менен абага көтөрүлүп чыккан метандан чагылган түшкөндөй алай-дүлөй болуп, планетардык масштабда дүйнөнү өрт да каптайт.

Мунун натыйжасында Жер бетинин климаты катуу сууктан ысыкка өтүп, бул болсо анда жашаган жандуунун баарысын кыйроого түртөт. Ушундай катастрофадан кийин Жер үстүндө бир нече миң жыл катуу ысык өкүм сүрөт.

Окумуштуулардын пикирлерине караганда кичинекей көлөмдөгү астероиддер менен метеориттер биздин планетага 1000–10 000 жылда бир жолу келиши күтүлөт. Андайда шаарлар кыйрашы, же цунами болушу мүмкүн. Мисалы, эни 55 метрге араң жеткен Тунгус метеорити Жерге жетпей эле 5 км бийиктикте жарылганына карабай Сибирдеги тайганын 3108 квадрат километр аянтын кыйраткан болчу!

Азыр окумуштуулар мындай коркунучтуу астероиддер менен кометалардын каталогун түзүп жатышат. Миңге жакын болуш керек деген божомол бар. Азырынча алардын саны 400 экени гана белгилүү.

Геофизиктер мындан 65 миллион жыл мурда болгон катуу катастрофаны баштан-аяк сүрөттөгөнгө жетишишти. Профессор Джоанна Морган (Англия) менен Наталья Артемьева (Россия) мурдагы аныкталган далилдерге таянып бир топ кошумча тактыктарды киргизишти. Астероид азыркы Мексика булуңуна түшүп, ошондон кратер калган. Баш айланткан бул катастрофадан калган калдыктардан улам окумуштуулар көпкө чейин кандай кубулуш болгонун изилдешкен. Ал Жер бетиндеги жан-жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн төрттөн үч бөлүгүнөн да көбүрөөгүн кыйратып жок кылыптыр. Динозаврлардын баарысы эле өлүп, айрымдары гана чымчык түрүндө жашап калган. Бирок астероид түшкөндөн кийин да айрым бир жаныбарлардын түрлөрү өлбөй жашап калганын так аныкташ өтө эле оор маселе бойдон калып келе келе жатат. Ал эми динозаврлардын кыйрашы биринчи жолу 1980-жылы айтылган болсо да, буга көпчүлүк окумуштуулар ишеним менен карашкан эмес болчу. Ошондон көп өтпөй эле 1991-жылы геологдор Мексикадагы Юкатан жарым аралына түшкөн астереоддин ордунда диаметри 180 км пайда болгон кратерди табышты. Кратерге ага жакын турган Чиксулубдун атын беришкен эле. Кратер жердин алдында калганы үчүн аны табыш да кыйын болду. Түндүк бөлүгү океандын жээгинен 600 метр төмөндө көмүлгөн болчу. 2016-жылы окумуштуулар анын калдыгынан 3 метр узундукта кыркып алыш үчүн бир километрге чейин казышкан. Бир группа окумуштуулар ага ар кандай анализ жүргүзүшүшү керек болчу.

Жакында эле окумуштуулар ал жерди тешип изилдөө жүргүзүштү. Джоанна Морган бул изилдөөгө катышып, ушул маалымат ошондо ачыкка чыкты.

Астероиддин диаметри 15 километр болгон. Ал Жер менен кагыша турган учурда саатына 60 миң км ылдамдык менен биздин планетага 60 градус бурчтук менен келип тийген. Ал Жердин үстүңкү кыртышынан 30 км тереңдикке чейин тешип кириптир. Ал тийгенде эле кратер 120 километрге жайылган. Ошондон көп өтпөй эле анын диаметри 200 км ге өсүп жеткен. Азыр болсо ал жер алдында катылып жатат. Аны изилдеп көргөндө ушундай жыйынтык чыкты: астероид гипс чыккан жерге түшкөн экен. Жарылуу болгондо вулкандын таасири менен абага миллиарддаган тонна сульфат чаңы жана алтын күкүрт газы чачырап таралган. Мындан астероид өлчөөсүз зор күч менен келгени көрүнүп турат. Мурдагы эсептөөлөрдөгүдөй эле Жер үстүнө күл болуп көтөрүлүп чыккан күкүрт 100 миллиард тоннаны түзөт. Компьютердин жардамы менен бул кубулуштун моделин түзгөндө күкүрттүн өлчөмү мындан да жогору, 450 миллиард тоннага чейин болушу мүмкүн экени да күмөн калтырган жок. Албетте, бул динозаврларга да, анын замандаштарына да жакшылык тартуулаган эмес. Окумуштуулар динозаврларды астероидден чыккан жарылуу эмес, ошонун таасиринен пайда болгон ар кандай кубулуштар кыйраткан деп эсептешет. Жерге түшкөн 100 миллиард тонна күкүрттүн таасиринен температура 26 градус төмөн түшкөндүктөн, ошондон кийин суук дагы күч алып, мунун натыйжасында жаныбарлар менен өсүмдүктөр тегиз эле кыйроого учураган.

Профессор Джоанна Моргандын пикири боюнча астероид гипс чыккан жерге түшпөсө, анда динозаврлар биздин учурда деле андан-мындан бир көрүнүп, бизди чоочутуп жашай бериши мүмкүн экен. Эгер астероид эки секунд эрте, же кеч учуп келген болсо, анда ал терең океанга түшүп, андан чачырап толкуган суудан климат анчалык өзгөрмөк эмес, мынчалык чоң катастрофа да болмок эмес.

Ошентип, мындан 65 миллион жыл мурун Жерге келип урунган астероиддан улам динозаврлардын кыйрап жок болгонун баарысы эле азыр билишет. Бирок андан кийинки жагдай бир топ эле табышмактуу. Майда бадалдардан бийик көтөрүлүп өскөн зор даректардын күйүп калган сөңгөктөрү эле сакталган. Ызылдаган чымын-чиркейлер менен өкүргөн динозаврлардын үнү бир демде токтоп, улуган эле шамал калган болчу. Дүйнөнү кара туман каптап, жарык күндүн алдында так секирип ойногонордун баарысы күйүп өлгөн. Мындан 65 миллион жыл мурунку түшкөн астероиддин учурунда ушундай жагдай түзүлгөн эле. Изилдөөлөр уланып жатат...

Палеоботаник Кирк Джонсон айтат:

«Ар кандай геологиялык процесстерден айырмаланып, астероиддин түшүшү көз ачып жумгуча өтөт. А бул болсо, жүздөгөн же ондогон миллион жылдарга созулбайт. Мунун баарысы көз ачып-жумгуча болуп жатат. Биз астероид урган учурдагы кратерде катып калган катмарлардагы табылгаларга карап, андан төмөндө же жогоруда турганына карап көрүп, ага чейин жана кийин болгон окуяны билип алабыз. Бул эсептөөлөр жан үрөп эсептешти талап кылды. Мындан силер ошол доордогу акыркы секундда болгон сүрөттөрдөгү, саатнарийди көз алдыга элестетип, ошол учурдан кийинки мүнөттөрдөгү,

тардагы, айлардагы жана жылдардагы окуяларды көрсөңөр да болот. А чындыгында бул диаметри 10 километрге жеткен ок болчу. Ишенишке да мүмкүн эмес физикалык кубулуш болуп жатат! Ишенишке болбой турган жарылуу, ишенишке болбой турган цунами, ишенишке болбой турган жер титирөө болуп, мунун менен бирге радиусу бир нече жүздөгөн километр аралыкта үйдөй таштар да асмандан жаап турган».

Планетолог Даниел Дурда айтат:

«Бир нече мүнөт же сааттан кийин кайнап жаткан жандуу дүйнөнүн тиричилиги соолуп жымжырттык өкүм сүргөн. Өзгөчө астероид түшкөн жердин миңдеген километр квадратка созулган аймагы тыптыйпыл эле кыйрап соолуган. Бүгүнкүгө караганда да дүйнөнүн биологиясы ар түркүн жандуу тиричиликтин өкүлдөрүнө бай экенин көрөт болчубуз. А кийинчерээк болсо, өзгөчө астероид түшкөн жердин айланасы Айдыкына окшоп купкуу чөл болуп, эч нерсе өспөй калган».

Геофизик Шон Галик айтат:

«Астероид келип тийген жердеги эпицентрден көз ачып-жумгуча эле океанда жандуу тиричилик токтогон экен. Балким, андан кийин кайрадан башталган жандуу тиричиликти да көрүшүбүз мүмкүнбү? Жандуу тиричиликтин кайра башталганы боюнча эки сурооого жооп алышыбыз мүмкүн болсо керек. Биринчи болуп ким кайткан? Бул кайсы түр болду экен?»

Айрым бир нерселерди кратерди казып отурбай деле көрүшкө болот. Мисалы, окумуштуулар кратердин өлчөмүнө карашып туруп эле астероид келип урунганда канча энергия бөлүнүп чыкканын эсептешти. Бул информацияны пайдаланышып, Техастагы Ай жана планета институтунда астероиддин келип урунгандагы моделин так түзүп көрүшкөн болчу. Ошондон кийинки реакциянын жүрүшүн окумуштуулар прогноз катары мүмкүн болушунча так эсептеп айтканга жетише алышты. Бул изилдөөлөр катастрофанын тарыхын айтып берди.

Астероид асмандан үндүн ылдамдыгына салыштырмалуу 40 эсе тездик менен Жер кыртышына келип тийген. Мунун натыйжасында 100 триллион тонна тротил эквивалентине ээ жарылуу пайда болуп, же болбосо анын кубаты Хиросимага таштанган бомбага салыштырмалуу 7 миллиард эсеге көп экен! Жерге тийгенден кийин анын толкуну ар тарапка таралган. Мексика булуңунда цунаминин бийиктиги 300 метрге көтөрүлгөн. Он баллга жеткен жер титирөө жээктегилердин баарысын тыптыйпыл кыйратып, радиусу миң километр аймакка чейинки даректарды түп тамырынан бери жок кылган. Ошондон кийин да асмандан тонналаган таштар жаап, бүтүндөй аман калган жандуу тиричиликти кыйратып көмүп таштаган.

Оболдо бул регионалдуу болуп жаткан кырсыктан глобалдуу масштабда массалык кырылуу болгон эмес. Астероид түшкөн учурда ал жер кыртышынан бир чоң кесекти күлгө айландырып асманга учурган. Ал асманга жалын болуп көтөрүлгөн. Ал жалын чоңоюп отуруп чыгыш менен батышка жайылып, бүтүндөй Жерди каптаган. Ошондон кийин планетанын гравитациясына байланыштуу кайра төмөн карай жөнөгөн. Ал муздай баштаганда 4 миллиметр айнектей триллиондогон тамчыларга айланган. Алар болсо өтө чоң ылдамдык менен Жерге карай бет алып, мунун таасиринен атмосферанын айрым бир жердеги жогорку катмары катуу ысыгандыктан жер бетин өрт каптаган. Өрттөн күйүп көтөрүлгөн түтүн астероиддин урган таасиринен пайда болгон чаң менен аралашып, мындан Күндүн жарыгы тосулган, Жерди узак мезгилге чейин кара туман каптаган түн курчаган. Ошондон кийин бир нече айлар бою бүтүндөй планетага астероиддин чаңы жааган. Азыркы учурда деле палеонтологдор мунун калдыгын көрүп жатышат. Бул болсо, биздин планетанын тарыхындагы мел-палеогендик доордун чегиндеги бурулуштун учуру болчу.

2015-жылы Кирк Джонсон Түндүк Дакотадан 200 километр аралыкты мел-палеоген доорундагы катып калган катмарды изилдөө максаты менен басып өткөн эле. Бул катып калган катмардан Түндүк Америкада Чиксулубга астероид түшкөнгө чейин коюу токойлор өсүп, дарыялар да агып турганын, ошондой эле папоротниктерден турган токойлор менен гүлдөгөн бадалдардын, сууда өскөн өсүмдүктөрдүн бар экенинин көрсөттү. Ал учурда климат азыркыга караганда да жылуу болуп турган экен. Уюлдарды муз каптабаганы үчүн айрым бир динозаврлар Аляскадан түндүгүнөн тартып түштүктө Антарктиданын Сеймур аралдарына чейин кезип жүрүшүптүр.

Окумуштуулар дүйнөнүн ар кайсы райондорунан мел-палеогендик доордун катмарын чагылдырган 300 жердин ордун табышты. Астероид түшкөн жердеги жаныбарлар менен өсүмдүктөр кокусунан болгон ысыктанбы, алай-дүлөй каптаган куюнданбы, жер титирөөдөнбү, цунамиденби, же болбосо асмандан жааган таштарданбы кырылышкан. Бул кырсыктан уланган реакциянын таасири менен, болжолу, Күндүн жарыгы тосулгандан кийин планетанын каршы тарабындагылары да өлө беришкен. Жандуу тиричилик кыйрабаган жердегилери өрттүн таасиринен да, алардын жей турган азыктарынын күйүп жок болгонунан улам да, ал эми кислотага айланган жамгыр бүтүндөй суунун запасын жок кылганы үчүн да кырыла беришкен.

Атмосфераны тегиз каптаган чаң капкара түндү пайда кылып, бул болсо Жер бетинде эле эмес, фотосинтездин жоктугунан үңкүрдө жашаган жаныбарлардан бери карай бүт кырылышына себеп болгон. Бир сөз менен айтканда азыктардын ууланып же таптакыр эле калбаганынан улам массалык кыргын ишке ашкан. Ташка айланган жаныбарлар менен өсүмдүктөрдү карап көргөндө енотгон башка эч нерсе калбаганын ачыкка чыгарды. Аз гана жаныбарлар, балким алар узак мезгилде тамак жегенине байланыштуу, же болбосо адаптация болгону үчүн гана аман калса керек эле. Ошентип, кургактыкта да, океанда да массалык кыргын өкүм сүргөн.

Массалык кырылуу бир таяктын эки үчүн элестетет. Жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн кайсынысы калып, кайсынысы өлүш керек? Экосистеманын кайра калыбына келишине жүздөгөн, миңдеген жылдар керек болчу. Оку-

муштуулар органикалык дүйнөнүн кайра нормалдуу пайда болушу үчүн океандарга үч миллион жыл керек болчу деп санашат.

Динозаврлардын жоголушу жаңы экологиянын эшигин ачты. Бул боюнча изилдөөлөр уланып жатат...

Ад калкына (расасына) Нух пайгамбарга окшоп эң акыркы келген элчи-пайгамбар Худ пайгамбар болчу. Булар Жер бетин 47 миллион жылга жакын мекендешкен. (*Бул тууралында Хаж сүрөөсүнүн 47-аятына жазылган түшүндүрмөнү караңыз*).

[6.] Ад калкынан кийин Жер бетин мекендеген Самуд калкына (расасына) Худ пайгамбарга окшоп эң акыркы элчи-пайгамбар болуп Салих пайгамбар келген. Ошондон улам булар тууралында Куранда *«Анын силерди Ад калкынан кийин Жер жүзүнө орун басар кылганын жана жайгаштырганын эстегиле!»* деп айтылып жатат.

[7.] *«Тоолорду үйдөй кылып кыркып жатасыңар»* деген аяттын сөзүн кантип түшүнсөк болот? Бул тууралында азыр илим дүйнөсүндө эмне сөз болуп жатканын төмөнкү саптардан окуп көрөлү.

Окумуштуулар Тибеттеги Кайлас тоосунан улам бул тоо кимдир бирөөлөр тарабынан жасалган пирамида деген бир пикирге келишти. Анткени Кайластын ар бир тарабы дүйнөнүн төрт тарабына туура келип, пирамида экени ачык эле байкалат. Муну кимдер жасашкан?

1999-жылы профессор Э.Р. Мулдашевдин жетекчилиги менен россиялык окумуштуулардын илимий экспедициясы Тибетке барышып, алар дүйнөдөгү эң чоң пирамидалардын комплексин табышты. Андагы 100 дөн ашык пирамидалардын ортосунда ыйык деп саналган Кайлас тоосу турат экен. Буга чейин алар кадимкидей эле тоолор катары каралып келишкен. Анткени, Тибетке көбүнчө эле Кайлас тоосун ыйык деп санаган зыяратчылар менен туристер эле барышчу. Атайын илимий максатта барышкан окумуштуулар алардан айрымаланып, андагы тоолор байыркы бир мезгилде пирамидалар экенине көңүл бурушту. Ал тоолордун абдан бузулуп кеткенине карабай аларга кылдат назар салып караганда алардан ар кыл пирамидалардын контурлары көрүнөт. Ошондой болсо да жаңылыштык болбосун деген максат менен окумуштуулар тартылып алынган сүрөттөрдү компьютерге киргизишкен эле. Мунун жыйынтыгынан алардын кайсылары пирамида, кайсылары табигый тоолор экени аныкталышы керек болчу. Изилдөөлдөрдүн жыйынтыгы ар кандай монументтеги 100 дөн ашык пирамидалар дүйнөнүн төрт тарабына туура ориентация алышып турушун көрсөттү. Алардын ичинен Кайлас тоосу – дүйнөнүн эң чоң пирамидасы деңиз деңгээлинен 6700 метрге жакын бийиктикте башка пирамидалардын ортосунда турат. Орто эсеп менен алганда калган пирамидалардын бийиктиги 100–1800 м ге жетет (буларга салыштырмалуу Хеопс пирамидасы – 146м).

2003–2004-жылдардагы Мюнхен университетинин профессору К.Фигельман (Нобель сыйлыгынын лауреаты) жетектеп Тибетке барган эл аралык илимий экспедиция да пирамидалардын бирдиктүү дүйнөлүк система-

сы бар экенин ачышкан. Ал экспедициянын дүйнөлүк пирамидалар боюнча тактаган маалыматтары ушундай бир маалыматты ачыкка чыгарды.

Тибеттин негизги пирамидасы – Кайлас тоосунун бийиктиги 6666 метр; Кайластан Түндүк уюлга чейин 6666метр; Кайластан Стоунхенджке чейин 6666 метр: Стоунхенджден Бермуд үч бурчтугунун ортосуна чейин 6666 метр. Кайластын негизги «күзгүсү» Египеттин пирамидаларына, мындан башка экөөсү Мексиканын пирамидаларына карап турат. Сфинксдин жүзү да Кайлас тоосун карап турат.

Азырынча пирамидалардын мындай так эсеп менен курулушунун сыры эмнеде экенин эч ким так айта элек. Алардын эмне максат менен курулганын да билбейбиз. Муну кимдер жасашкан? Буга азырынча так жооп айтылбаса да, Куранда (Жер бетин 65 миллион жыл мекендеген) самуддар тууралуу *«Тоолорду үйдөй кылып кыркып жатасыңар»* деп кыска жана так маалымат берилген. Жер бетиндеги пирамидалар самуд калкы тарабынан курулуп, алардын айрымдарынын урандылары азыр да турат.

[8.] *«Алар үчүн бир жолу (жер) силкинди»* деген аяттын сөзү дагы деле Жер бетине келип урунган астероидди айтып жатат. Жогоруда эскерилген аяттарды дагы бир жолу эстесек ашыкча болбойт.

«Эгер моюн толгоп жатышса айт: «Мен силерге Ад (калкы менен) Самуд (калкына) чагылгандай (жетип келген кырсыктан) эскерип жатам».

Алардын алдынан да, аркасынан да элчи-пайгамбарлары келишкен болчу. (Алар айтышкан): «Алладан башкага кулдук кылбагыла!» Алар айтышты: «Эгебиз каалаган болсо периштелерди жиберет эле да! Биз силердин элчи болуп келгениңерге ишенбейбиз». (Фуссилат сүрөөсү, 13–14-аяттары).

«Аларга чейин да, кийин да Асман менен Жерден келе турганды көрүшпөдүбү? Эгер Биз кааласак аларды Жер жутат, же Асмандан бир бөлүк (ташты) атабыз. Мында ар бир тобо кылган кулга аят бар».

(Саба сүрөөсү, 9-аяты).

[9.] Демек, астероид *«таң атар»* мезгилде келип Жерге урунган. Ошондо көз ачып-жумгуча Худ пайгамбардын учурундагыдай эле окуя жүзөгө чыккан. Бул тууралында америкалык окумуштуу Девид Льюис ушундай деп жазат: *«Тарыхка чейинки жакынкы мезгилде, болжолу, биздин заманга чейин 9500 жыл мурун (Платондун Атлантиданын океандын түбүнө төккөнүн белгилеген датасы боюнча) Жер чоң кыйроонун таасирине туш болгон. Бул окуя узакта болуп өткөн космостук жарылуудан улам вулкандар атылып чыгып, тегиз каптаган жер титирөөлөр, катастрофалык суу ташкындар жана жаңы тоо кыркаларынын пайда болушун жараткан. Балким, Жер өз огунан жантайган, же болбосо үстүңкү катмары болуп көрбөгөндөй жылышып кеткен. Континенттер суу түбүнө да кеткен, көтөрүлүп да чыккан. Массалык түрдө жаныбарлар менен өсүмдүктөр кыйраган, ошондой эле дүйнөнү караңгылык каптаган коркунуч да пайда болгон. Изилдөөчүлөрдүн эсептөөлөрүнө караганда катастрофа көз ачып жумгуча болгон!*

...Окумуштуулар бул катастрофага күбө катары 19–20-кылымда жыйналган материалдарды «муз доорунун теориясы» менен түшүндүргөнгө аракет кылышкан. Бирок, бул теориянын азыр таптакыр эле туура эмес экени ачык болду. А катастрофаны болсо окумуштуулар азыр деле жеткиликтүү түшүндүрүп бере албай жатышат».

Жакынкы эле жылдардагы илимий ачылыштар бир кызык мааламытты ачыкка чыгарды. Астероид Гренландияга түшкөн экен.

Окумуштуулардын 2016–2017-жылкы изилдөөлөрүнүн алгачкы жыйынтыктары боюнча Дания, Голландия, Германия, Канада, Швейцария, Великобритания жана Америкадан атайын бул изилдөөнү колго алган 23 окумуштуунун жарыя кылган материалдары жакында эле жарык көргөн болчу. Анда кыскача айта турган болсок ушундай деп айтылат. Гренландиянын түндүк - батыш тарабындагы 800 метр калыңдыктагы Гаявата мөңгүсүндөгү кратердин айланта алкагынын диаметри 31 километрге жетет. Окумуштуулар астероиддин компьютерде жасалган модели боюнча эсептеп көрүшкөндө ал секундасына 20 километр ылдамдык менен учуп келип Жерге урунган. Астероид 7 километр тереңдикке чейин жерди оюп кирип кеткен. Көз ачып жумгуча жерге келип урунган астероидден диаметри 20 километрдей аймак тыптыйпыл кыйраган. Астероиддин салмагы 12 миллиард тоннага чамалайт. Андан пайда болгон жарылуунун кубаты Хиросимага ташталган бомбадан 47 миллион эсеге көптүк кылат. Андан көтөрүлгөн топурак азыркы Канаданын территориясына чейин жеткен. Окумуштуулар астероид мындан 12 миң жылдай мурун Жерге келип урунган деп жатышат. Бул болсо так эле Салих пайгамбардын учуруна туура келет! Изилдөөлөр уланып жатат...

Бул кыйроону Куран ушундай деп эскерет.

«Самуд калкы эскертүүнү жалганга чыгарды.

Ошондо айтышты: «Арабыздагы эле бир кишини ээрчийбизби? Андай болсо акылдан тайып адашабыз!

Арабыздагы эле бирөөгө кантип эскертүү келди? Жок, ал текебер жалганчы».

Ким текебер жалганчы экенин жакында билишет!

«Биз ингенди аларга сыноо кылып жиберебиз. Аларды күзөтүп тур, сабыр кыл!

Аларга суунун бөлүнгөнүн кабар кыл. Ар бири өз учурунда ичкени келиши керек».

Алар өздөрүнүн шеригин чакырышты. Ал келди да аны мууздап салды.

(Аларга) эскерткенимден кийин азабым кандай болду!

Биз аларга бир чаңырык жибердик. Ошондо самандай сапырылып жатып калышты.

Биз Куранды эстегенге жеңил кылдык. Аны эстеген бирөө барбы?»

(Камар сүрөөсү, 23–32-аяттары)

Эң акыркы аяттан алдыңкы аяттагы *«Биз аларга бир чаңырык жибердик. Ошондо самандай сапырылып жатып калышты»* деген аяттын сөзүн азыркы окумуштуулар да ырастап жатышат. Изилдөөлөр уланып жатат...

Төмөндөгү Куран аяттарын окуганыбызда мындан он эки миң жылдай мурун Салих пайгамбардын учурунда өткөн катаклизм (кыйроо) планетардык масштабда болгону эч кимибизди күмөн калтырбайт.

«...Бир убакта аларга бир тууганы Салих айтты: «Силер (Алладан) коркпойсуңарбы?

Мен силерге ишеничтүү элчи-пайгамбармын.

Алладан корккула, мага баш ийгиле!

Силерден мен бул үчүн акы сурабайм, менин акым ааламдардын Эгесинин өзүндө!

Силер бул жерде аман-эсен тура беребиз дейсиңерби?

Бактар менен булактардын арасында,

Эгиндер менен эзилип бышкан курмалардын арасында.

Тоолорду кыркып, ашыгып үй куруп жатасыңар.

Алладан корккула, мага баш ийгиле!

Бузукулардын буйругуна баш ийбегиле.

Алар Жер бетине жамандыкты таратып жатышат, жакшы иштерди кылбай жатышат».

Алар айтышты: «Сен көк мээ болуп калыпсың.

Сен бизге окшош эле кишисиң. Эгер чын айтып жатсаң бизге бир аят келтир».

Ал айтты: «Бул – инген төө. Буга да, силер үчүн да суунун кезеги белгиленди.

Силерге улук күндүн азабы жетпесин десеңер, анда ага жамандык кыла көрбөгүлө».

Алар ингенди мууздашты. Таң заарда кайгыга кабылышты.

Аларга азап жетти. Мында бир аят да бар. Алардын көпчүлүгү ыймансыз болчу».

(Шуара сүрөөсү, 142–158-аяттары)

Жогорудагы аяттардан (149-аят) *«Тоолорду кыркып, ашыгып үй куруп жатасыңар»* деген аятты окуганыбызда сөз Түштүк Америкадагы (Перу, Боливия) байыркы мегалитикалык курулуштар жөнүндө болуп жатканына күбө болобуз! *«Мында бир аят да бар»* деген аяттын сөзү муну далил катары дагы бекемдеп жатат. Бул тоодогу үйлөр бизге аят катары али деле сакталып турат. Мухаммед пайгамбар жашаган Аравияда тоолордун башында таштардан кыркылып салынган мегалитикалык курулуштар деле жок. Анын үстүнө Мухаммед пайгамбар жашаган жетинчи кылымдын башында Америка континентин да эч ким билбейт эле! Куран аны бизге жетинчи кылымда эле *«...мына бул (турган) үйлөрү кыйраган. Мында билгиси келген калайыкка бир аят да бар»* деп, башка бир аяттарда таамай сүрөттөйт.

«Биз Самуддарга бир тууганы Салихти жөнөттүк: «Аллага кулдук кылгыла!» Ошол убакта алар эки топ болуп каршылашып жатышкан.

Ал айтты: «Эй калкым! Эмне үчүн жамандыкты жакшылыктан мурда тездетип жатасыңар? Эмнеге Алладан кечирим тилебейсиңер? Балким, ырайымын табат элеңер».

Алар айтышты: «Биз сени менен бирге ким болсо да, сенден да жакшылыкты көрбөй жатабыз». Ал айтты: «Жакшылыгыңарды Алладан (сурагыла). Силер (азыр) сыноо учурунда турган калайыксыңар».

Шаарда тогуз киши бар болчу. Алар Жер бетине бузукулукту таратышат эле. Жакшы иштерди жасашчу эмес.

Алар айтышты: «Бири бириңерге Алланы айтып ант бергиле! Түн ичинде ага да, анын үй-бүлөсүнө да кол салабыз. Андан кийин анын добогерине айтабыз: «Анын үй-бүлөсү кайда өлгөнүн деле билбейбиз. Биз туурасын айтып жатабыз».

Алар куулук кылып жатышты. Биз дагы куулук кылдык. Алар муну сезишкен жок.

Алардын куулук кылганынын акыры кандай болгонун кара! Биз аларды тыптыйпыл кыйраттык. Дагы алардын калкынын бүт баарысын кыйраттык.

Залим болуп кетишкенинен улам мына бул (турган) үйлөрү кыйраган. Мында билгиси келген калайыкка бир аят да бар».

(Кумурска сүрөөсү, 45–52-аяттары)

Перудагы Мачу-Пикчу жана Ольянтайтамбо деген таштан курулган комплекстер чыны менен эле тоолордон кыркылган таштардан курулган. Окумуштуулар алиге чейин эле алардын кимдер тарабынан курулганын билбей жатышат. Андай курулушту кура турган технология азыр деле бизде жок. Бул туурасында А. Скляров өзүнүн «Перу и Боливия. Задолго до инков» деген китебинде таң калуу менен ушундай деп жазат:

«Мачу-Пикчудагы Күн Храмы асканын башына курулуп, анын табигый уландысындай уланып кеткен. Андагы бир-эки тоннадан ондогон тоннага чейинки таш блоктордун өтө чебердик менен кыналышы кимди да болсо таң калтырбай койбойт. Аскага мындай таш блокторду жогорку чеберчиликте кынап коюш үчүн таш блокторду эле эмес, асканын өзүнүн да айрым бир жерлери керектүү өлчөмдө тегизделип кыркылып алынып салынышы керек болгон. Байыркы усталар бул жумушту катардагы эле жумушту жасашкандай кыйналбай жасашыптыр! Мындай чеберчилик менен курулган имарат жер титиреген учурда аска көчүп кетип эле кыйрабаса, ал андан ажырабай тура бериши эсепке алынган».

10. Лут пайгамбар Содом жана Гоморра шаарына жиберилген. Бул шаарлар Куранда «оодарылган» калаа деп да эскерилет.

11. Шуайб пайгамбар Кызыл деңиз жээгиндеги Аль-Айка деген калаага жиберилген. *(Кара. Шуара сүрөөсү, 176-аяты)*

8. АНФАЛ

1. Мединада түшкөн. 75 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 88.

2. Көчүү. Меккеден Мединага карай көчкөн мусулмандар тууралуу айтылып жатат.

9. ТОБО

1. Меккеде түшкөн. 129 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 113.

2. Жихат (жихад) деген сөз тырышып аракет кылуу, күрөшүү деген мааниде.

3. Мекке менен Таифтин жолундагы өрөөн. 630-жылы болгон бул согушта мусулмандар жеңишке жетишкен.

4. Фатх сүрөөсүндөгү 4-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

5. Фатх сүрөөсүндөгү 28-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

6. Жан салыгы. Жан салыгы мусулмандардын жеринде жашаган жөөт жана христиан эркектерден алынган. Алардын аялдары, балдары жана кулдарынан алынган эмес. Мындай жан салыгынын алынышынын себеби, жөөт менен христиандар мусулмандар менен бирге согушка барышка милдеттүү болушкан эмес. Ушул эле учурда мусулмандар өз жеринде алардын да тынчтыгын коргоп жатканы үчүн алардан жан салыгын алган.

7. Фатх сүрөөсүндөгү 28-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

8. Шура сүрөөсүндөгү 13-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

9. Фатх сүрөөсүндөгү 4-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

10. Содом жана Гоморра шаары.

11. Меккеден Мединага көчүп барган мусулмандар.

12. Мединалык мусулмандар.

10. ЙУНУС

1. Меккеде түшкөн. 109 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 51.

2. Бейишке киргендердин Бейиште Алла Таалага жана бири бирине айткан расмий куттуктоолорун которбой берип жатабыз. «Субханака Аллахумма!» – «Алла, Сен айыпсызсың!» , ал эми «Алхамду лиллахи раббил ааламин!» – Ааламдардын Эгеси Аллага шүгүр!» деген мааниде.

3. Франция тарыхый эстеликтер менен археологиялык табылгаларга абдан көп көңүл бөлгөн өлкөлөрдүн бири экени кеңири белгилүү. Ушул себептен өткөн кылымдын акырында Франциянын өкмөтү археологиялык изилдөө жана илимий тажырыйба жүргүзүш үчүн Египет Араб Республикасынан фараондун мумиясын суранган. Хирургдардын жетекчилигине жана изилдөөнүн жоопкерчилик милдетине прфессор Морис Бюкай дайындалган болчу. Медиктердин негизги милдети мумиянын денесин изилдеш экенине карабай алардын жетекчисинин (Морис Бюкайдын) түпкү максаты башка да эле. Аны фараондун өлүмүнө себеп болгон нерсе кызыктырды. Түн бир оокумда анализдердин эң акыркы жыйынтыгы чыгып, фараондун деңизге

чөгүп өлгөнү денесинде калган деңиз тузунун калдыгынан улам аныкталды. Анын сөөгү ошондон кийин тез алынып чыгарылып кетип сакталган экен.

Морис Бюкай изилдөөлөрдүн акыркы жыйынтыгы менен бирге өзүнүн илимий ачылышын жазмак болгон учурда анын досторунун бири жекеме жеке сүйлөшүп отуруп, ага шашылбай турушу менен бирге бул туурасында мусулмандар эчак эле билишерин да эскертет. Ал досунун сөзүнө ишенген жок. Анткени азыркы илимдин жетишкендиктери менен жогорку тактыкта эсептей турган жаңы компьютердик технологиялардын жардамы болбой туруп муну эсептөөгө таптакыр эле мүмкүн эмес деп эсептеген. А досу болсо ага фараондун деңизде өлгөнү да, ошого карабай сакталып калганы да Куранда айтылганын айтып берет. Бул жаңылык аны мурдагыдан да таң калтырат. Анткени мумия бар болгону мындан жүз жылдай мурун, 1898-жылы табылып жатса, а Куранга болсо 1400 жыл болду! Фараондордун денесин египеттиктер чирибей турган кылып сакташып калтырганын адамзат жакында эле билип жатат! Бул акылга сыя турган иш эмес!

Морис Бюкай фараондун денесине түнү бою көз салып, Куранда фараон деңизге чөккөндөн кийин да анын денеси сакталып калган деп айтылган маалымат бар деген сөзгө таң калбай коё алган жок.Көңүлүндө ал өзүнө өзү суроо берип отурду. Деңизге чөгүп өлгөн фараондун денеси кантип сакталып калды? Мухаммед пайгамбар муну миң жылдар мурун кантип билген?

Мумия изилденгенден кийин Франция аны Египетке кайтарды. А Морис болсо мусулмандардын фараондун денеси сакталып калган деген маалыматынан тынч ала албай жүргөн. Ушул арада аны Сауд Арабстанына медициналык конференцияга да чакырышкан . Ал мусулман медиктери менен сүйлөшүп отурганда фараондун деңизде чөгүп өлгөнүнө карабай анын денеси сакталып калганы тууралуу өзүнүн ачылышын айтат. Ошондо сүйлөшүп отурган медиктердин бири Куранды ачып, ага Йунус сүрөөсүндөгү төмөнкү аяттарды окуйт.

«Исраил урпактарын деңизден өткөрдүк. Ошондо фараон душмандык өчү менен алардын артынан куугунтукка түшкөн. Ал (фараон) чөгүп жаткан кезде айтты: «Мен да Исраил урпактары ишенген Кудайга ишендим. Андан башка Кудай жок! Мен да мусулмандардын биримин!»

Азырбы?! Буга дейре моюн толгоп жүрдүң, бузукулукту да тараттың.

Бүгүн сенин денеңди сенден кийинки (муундарга) аят болсун үчүн (сактап) куткарып коёбуз.

Калайыктан көпчүлүгү эле Биздин аяттарыбыздан капылет калышкан».

(С.10, а.90-92)

Бул аяттар Морис Бюкайдын акылын шаштырат. Ошентип Морис Бюкай Францияга таптакыр эле башка адам болуп кайтып келет да, он жыл бою Куранды азыркы илимдин көзү менен изилдегенге киришет. Балким анда илим менен туура келбеген карама-каршылыктар болду бекен деген ойго да келбей койбойт.

Анын изилдөөлөрү төмөндөгү аяттын сөзүнө дал келип тура берет.

«...Бул – Улуу Жазуу! Буга алдынан да, аркасынан да эч бир жалган илешпейт. (Бул) – Даңктуу Даанышман (Кудайдын) түшүргөн Жазуусу».

(С.41.а.42)

Морис Бюкай өзүнүн эмгегин ушундай саптар менен бүтүргөн: *«Мухаммеддин учурундагы билимдин деңгээли эске алынганда эле, Куранда айтылган азыркы илимдин кээ бир аспектилери кайсы бир адамдын эмгеги деген ишеничти четке кагат. Ушундан улам, Куранды Кудайдын Жазуусу дегенибиз толук негиздүү да, мыйзамдуу да деп эле калбай, ага таптакыр эле өзгөчө орун берилиши керек. Куран буга эч кандай шексиз толук акылуу, муну менен бирге андагы илимий маалыматтар бүгүндөн баштап келечекте окуп үйрөнүлгөндө, ал жөнүндө биз жаңы сапаттагы түшүнүккө да ээ болобуз. Курандагы мындай маселелерден улам феномен катары аны адам акылы түшүндүрүп да бере албай жатат».*

Китеп миллиондогон тираж менен кайра-кайра басылып, дүйнөнүн бир топ тилдерине которулган болчу.

[4] Ниневия шаарынын тургундары. Ниневия шаары биздин заманга чейин 7–8-кылымдагы Ассирия мамлекетинин борбору болгон. Тигр дарыясынын (Ирак) сол жак жээгиндеги (Куюндук дөбөлөрүндө курулган) шаар.

11. ХУД

[1] Меккеде түшкөн. 123 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 52.

[2] Буруж сүрөөсүндөгү 22-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

[3] Бир тандырдан (таннур) кайнап чыккан суудан бүтүндөй Жер бетин каптаган Топон суунун болушу биздин күндөргө чейин табышмагы чечилбей келе жатат. Окумуштуулар азырга чейин эле дүйнөнү каптаган Топон суу болгон болсо, мынчалык көлөмдөгү суу кайдан пайда болгонуна жооп таба албай келишүүдө. *«Биздин буйругубуз келгенде тандыр (кайнап) суу атылып чыгат»* деген аяттын сөзүн 20-кылымда гана түшүнүшкө мүмкүнчүлүк болду. Көрсө, Топон суунун учурундагы Жер бетин тегиз каптаган суу Жер алдындагы дүйнөдөн сыртка атылып чыккан океандын суусунан пайда болгон экен!

1968-жылы америкалык метеорологиялык спутник «Эсса-7» Жерге Түндүк уюлдун таң каларлык сүрөтүн жиберген. Түндүк уюлду таптакыр булут каптабаган учурда, же болбосо мындай учур өтө сейрек учураган маалда тартылган сүрөттө, Уюлдагы зор көңдөй тешик даана көрүнүп турат. Сүрөт жасалма эмес, бир топ экспертизадан өткөн. Эмне үчүн бул көңдөй тешикти уюлду изилдегендер да, учкучтар да көрүшкөн эмес деп ойлогонго толук негиз бар. Албетте, адмирал Бёрддон башкалары.Самолёттор Түндүк уюлдун так үстүнөн учуп өтө алышпайт. Анткени, Жер алдына кирчү көңдөйгө жакындаганда магниттик линия жантайып ийилет. Мунун таасиринен компас түндүктү көрсөткөндөй болгонуна карабай самолет көңдөйдүн бир жак капталынан учуп өтүп кетет.

_1947-жылы белгилүү америкалык учкуч Э.Бёрд Түндүк уюлга карай учуп жөнөгөндө бул сапардан өзүнүн дүйнөгө көз карашы таптакыр эле өзгөрүшүнө күмөн кылган эмес. Адегенде приборлор башаламан иштей баштады. Мындай нерсе Түндүк уюлдагы магниттик зонада болчу кадимки эле кубулуш болгону үчүн учкуч бута анча деле маани берген жок. Андан кийин кызык бир көрүнүш: ал уюлдагы муз каптаган деңиз үстүнөн учуп өтүп тоо массивин көрдү. Андан кийин жашыл өрөөн пайда болду. Адмирал өз көзү менен көргөн нерсеге ишенген жок: «Бир пил жүрөт окшойт! ЖОК!!! Мамонтко окшоп жатат! Ишенип болбойт! Баары бир ал төмөндө турат!»

Учкуч өзүнүн Жердин ичине карай учуп бара жатканына күмөнү калган жок. Бул кокустук деле эмес болчу. Хиросима менен Нагасаки окуясынан 18 ай өткөн эле. Жер астында жашаган адамзат анын үстүндө жашагандардын жоопкерчиликтүү өкүлдөрү менен байланышка чыгып эскертип коюшту каалашат экен. Биздин Жер чулу уюган телодой эмес, ал бир нече жүздөгөн километр кабыгы эле бар көндөй шар катары Ааламда учуп жүрөөрүн өзүбүз үчүн билип коюшубуз керек. Мунун калыңдыгын такташ боюнча компетентүү адамдар тарабынан айтылган цифралардан эң азы 250 км, көп болгондо 1280 км деп азыр талаш маселе жүрүп жатат. Чындыкка жакын саналган калыңдыгы 300-600 км сыяктанат.

Кайтып келгенден кийин адмирал Э.Бёрд Пентагондо бир нече сааттар бою сурак берип, көргөн сырын ачыкка чыгарбашка тил кат жазып беришке аргасыз болгон. Ал 9 жылдан кийин Түштүк уюлдан да учуп өткөн. Бул туурасында 1956-жылдын 5-февралында газеталар ушундай деп жазышкан: «13-январда америкалык экспедициянын мүчөлөрү Түштүк уюлдун батыш тарабындагы өздөрүнүн базасы турган Мак-Мердо булуңунан 2700 миль аралыкты учуп өтүштү. Алар уюлдун ары тарабына карай 2300 миль аралыкка сүңгүп кире алышты». Көп нерсеге ишене бербеген америкалыктар ошондо радиодон уюлга учкан адмирал Бёрддун анда жашыл аймактын бар экени менен бирге созулуп жаткан токойлуу өрөөндүн чоң-чоң дарыялары, биздин тропиктегидей эле жашаган жаныбарлардын да, дагы деле болсо мамонт деп айткыдай, же болбосо пил сымал алп жаныбарлардын бар экенин ачылыш катары тике айткан репортажынан угушкан эле.

Адмирал Бёрд Түштүк уюлдан кайтып келгенден кийин деле бул туурасында ачык айталбай, түбөлүк сыр болуп асманга чагылган континентти жаңы бир чоң территория катары гана айткан. Ал жер алдындагы дүйнөнүн уюлдагы тешиктин оозу аркылуу асманда «уюлдук жарык» катары чагылып көрүнүшүн мисал кылган эле.

Бёрд 1957-жылы өлдү. Анын жээни Эндрю Бёрд да Түндүк уюлга учуп, Жер алдындагы дүйнөгө учушту план кылган. Пентагондо бир топ мезгилге чейин жашыруун катылган адмирал Бёрддун күндөлүгү анын туугандарына бекем сыр катары таралбасын деп тапшырылган болсо да, акыры ал маалымат дүйнөгө ачылды.

АДМИРАЛ РИЧАРД БЁРДДУН КҮНДӨЛҮГҮ.

(Ричард Бёрддун Жер алдына барган сапары тууралуу жазганы).

Мен бул күндөлүктү баарысын жакшы түшүнүп туруп эле жашыруун жазып жатам. Ал менин 1947-жылы 19-февралдагы Арктикага учканыма тиешеси бар. Учуру жеткенде карандай чындык акыл-эстен да артык. Бул документ жазылып жаткан учурда аны ачыкка чыгарышка менин укугум жок... Балким, ал жалпы коомчулукка эч качан ачылбай калышы мүмкүн болсо деле, ошого карабай бир учурда окулат деп, муну толук жазууну милдетим деп эсептедим.

Борттун журналы:Арктика базасы, 19/02/1947

6:00 Түндүккө карай уча турган бардык даярдыктар бүтүп бакка толо күйүүчү май куюлгандан кийин 6:10 до жерден көтөрүлүп жөнөдүк.

6:20 Күйүүчү май менен абанын аралашуусу оң жактагы кыймылдаткычта өтө көбөйүп кеткенинен улам аны жөнгө келтиргенибизде кыймылдаткычтар жакшы иштеп жатат.

7:30 База менен радиобайланыш. Баарысы жайында, радиосигнал да жакшы.

7:40 Оң жактагы кыймылдаткычка күйүүчү майдын бир аз азыраак келгенин байкаган болсом да, индикатор күйүүчү майдын басымы нормада экенин көрсөтүп жатат.

8:00 Чыгыш тараптан 2321 фут бийиктикте анчалык көп эмес турбуленттүүлүк байкалганынан улам 1700 фут төмөнгө түшкөнүбүздө турбуленттүүлүк жоголуп, ошондо деле куйрук тарапта шамал күчтүү болуп жатат. Дросселди бир аз жөнгө келтиргенибизде самолётту башкаруу абдан жеңил болуп калды.

8:15 База менен радиобайланыштын баарысы эле жайында.

8:30 Кайрадан турбуленттүүлүк башталып 2900 фут көтөрүлгөнүбүздө тынч болуп калды.

9:10 Төмөн жакта чеги жок муз менен карды сары түс каптаган аймактар байкалып жатат. Бул аймактарды жакшылап таанышып чыгыш үчүн курсту өзгөрткөнүбүздө кызарган жана чок кызыл аймактарды байкап жатабыз. Бул аймактарды эки ирет айланып чыгып кайрадан курсту улантык. База менен радиобайланышка чыгып турган ордубузду текшергенден кийин биздин алдыбызда түскө боёлгон кар менен муздун жатканы тууралуу информация берип жатабыз.

9:10 Магниттик компас да, гирокомпас да бир ордунда турбай ары-бери кыймылдап, приборлор менен курсту кармай албай жатабыз. Күн компасынын жардамы менен гана курсту кармап кетип жатабыз. Самолёттун сыртына муз тоңгону байкалбаса деле бир топ эле оорчулук менен башкарып жатабыз.

9:15 Узакта тоо сыяктуу бир нерсе тургансыйт.

9:49 29 мүнөт өткөндөн кийин чын эле тоо экенине ишендик. Бул кичинекей тоо кыркасын мен эч качан мурда көрбөптүрмүн!

10:00 Али деле курс боюнча түндүккө карай анчалык бийик эмес тоо кыркасынын үстү менен учуп бара жатабыз. Тоо кыркасынан башка да чоң эмес талаада аккан дарыяны, же болбосо агын сууну көрүп жатабыз. Биздин алдыбызда жашыл талаа болушу керек эмес эле! Бул жерде мындай болуш керек эмес болчу! Биз кар менен муздун үстүндө болушубуз керек эле да! Сол тарапта тоонун боорунда өскөн токойду көрүп жатабыз. Биздин навигациялык куралдарыбыз али деле ары-бери чайпалып, гироскоп бир ордунда турбай өйдө-төмөн кыймылдап жатат.

10:05 Мен биздин алдыбыздагы талааны карап көрүш үчүн самолётту кескин буруп жантайтып, бийиктикти 1400 футка түшүрдүм. Ал жыш өскөн шалбаа же чөптөй жапжашыл экен. Бул жерде түс да башкача сезилет. Күндү да көрө албай калдым. Биз дагы сол тараптан бир тегеренип учуп чоң жаныбарга окшош бир нерсени көрүп жатабыз. Пилге окшойт экен. ЖОК!!! Мамонтко көбүрөөк окшойт. Ишенип болбойт! Бирок ушундай болуп жатпайбы! Биз дагы 1000 фут төмөн түшүп жаныбарларды жакшылап карап көрүш үчүн дүрбүнү колума алып жатам. Эми мен чын эле булар мамонтко окшогон жаныбарлар экенине ишендим. Муну базага билдирип жатабыз.

10:30 Көптөгөн жашыл дөбөлөрдү көрүп жатабыз. Сырттагы температура Фарангейт боюнча 74 градус (Цельсия боюнча 23 градус) экенин индикатор көрсөтүп жатат. Түндүктү карай кетип жатабыз. Навигациялык куралдар азыр нормалдуу иштеп жатат. Мен алардын иштеп жатканына айран калып турам. База менен радиобайланышка чыгалы деп жатабыз. Радио функциясын аткарбай жатат!

11:30 Биздин алдыбызда (эгер аны айтыш керек болсо) созулган тегиз дегидей жер созулуп жатат. Алды тарапта шаарга окшош бир нерсени көрүп жатабыз!!! Ишенип болбойт! Самолёттун жеңил сезилгени да кызык. Өз алдынча эле башкаруусуз кетип жатат! Оо Кудай! Капталдагы канаттар тарапта кызыктай учуучу апараттар жүрүшөт. Алар тездик менен жакындап учуп келе жатышат. Алардын сырткы көрүнүшү диск формасында өтө кооз экен. Азыр алар өтө эле жакын келип калышканынан алардын маркировкасын көрүшкө да мүмкүн болуп калды. Свастика экен!!! Фантастика. Биз кайдабыз? Эмне болду? Мен өзүмө карай штурвалды тартсам деле эч бир баш ийбей жатат!!! Биз кандайдыр бир кысымга алынып кармалгандай болуп жатабыз!

11:35 Биздин радиобуз кыйчылдап андан англисче бир азыраак скандинавия, же болбосо немис акцентинде сүйлөнгөн үн чыга баштады. «Адмирал, биздин территорияга куш келипсиз. Биз Сизди туура 7 мүнөттөн кийин кондурабыз. Адмирал, кабатыр болбоңуз, Сиз ишеничтүү колдо турасыз». Мен биздин самолёттун мотору өчкөнүн көрүп турам! Самолёт азыр кандайдыр бир түшүнүксүз өз алдынча башкаруу менен эле өзү бурулуп жатат. Аны башкарыштын деле кереги жок болуп калды.

11:40 Дагы бир радио маалымат алынды: «Биз конуу процессин баштап жатабыз». Бир аз убактан кийин эле самолёт анча-мынча титиреп, көзгө

көрүнбөй көтөрүп турган курал менен төмөн түшүрүлүп жаткандай болуп жатат. Биз абдан жеңил калкып түшүп, билинер-билинбес жерге урундук.

11:45 Мен борттун журналына акыркы болгон окуяны шашылыш жазып жатам. Бир нече эркек киши бизге карай жөө келе жатышат. Чачтары жылтылдаган узун бойлуу адамдар экен. Узактан асан-үсөн жарык чачып кулпургандай чоң шаар жаркырап көрүнүп турат. Азыр эмне болот билбей турам, а бирок келе жаткандардын эч кандай деле курал-жарагы жок. Менин атымды айтып самолёттун куйрук тарабындагы эшикти ачышымды өтүнгөндөрүн угуп жатам. Мен ачканга кириштим. ***(Журналдын акыры)***

...Ушул учурдан баштап калган окуянын баарысын эсимде сактаганым боюнча жазып жатам. Эгер мунун баарысы болбогон окуя болсо, анда кыялда элестеген эле жалган нерсе болот болчу.

Радист менен мени самолёттон чыгарышып, бизге абдан жылуу сый мамиле жасашты. Андан ары биз кандайдыр бир платформага окшош дөңгөлөгү жок эле транспортко түштүк. Ал бизди жаркыраган шаарга өтө тездик менен жеткирди. Жакын барганыбызда шаар бизге хрустальдан жасалгандай таасир калтырды. Биз тез эле мен өмүрү көрбөгөн ажайып бир чоң имаратка жетип бардык. Архитектурасы боюнча ал белгилүү америкалык архитектор Френк Ллойд Райттын чийгениндей (эск., адаттагыдай эмес Фаллингватер же Соломон музейи) же дагы Бак Роджерстин фантастикалык новелласындагыдай (эск., америкалык фантастикалык новеллалардын каарманы) болчу! Бизге кандайдыр бир мен мурда ичип көрбөгөн жылуу суусундук бериште. Абдан сонун! Болжол менен он мүнөттөн кийин бизди жөн эле эмес атайын коштой турган адамдар келишип, менин алар менен бирге барыш керек экенимди айтышты. Мага макул болуштан башка чара жок болчу. Бир аз убакыттан кийин радистимди калтырып, биз лифтке окшогонго кирдик. Төмөн түшкөнүбүздөн бир аздан кийин эле кабина токтогондо эч бир добуш чыкпай эшиги жогору карай көтөрүлдү! Андан ары розанын түсүндөй жарык чачкан коридор менен жүрдүк. Болжолу жарык дубалдан чачырап чыгат окшойт. Келип бир чоң эшиктин алдына токтодук. Эшикке мен түшүнбөгөн кандайдыр бир белгилер жазылып турат. Чоң эшик эч бир добуш чыгарбай эле ачылып, мени киргенге уруксат бериште. Коштогондордон бири айтып калды: «Адмирал, коркпоңуз, Сизди Өкүмдар кабыл алат». Мен ичкери кирип бара жатып адаттагыдай эмес тунук жарык баары жакты жарык кылып турганын көрүп жатам. Көзүм жарыкка көнгөндө эле айлана тегерегимди курчагандардын баарысын байкадым. Мен көргөндөрдүн баарысы эле өмүрү мен көрбөгөн укмуш нерселер эле. Мен сүрөттөп айтчу болсом алардын баарысы эле өтө укмуш болчу. Алар өтө назик, мыкты тандалган нерселер. Аларды туура сүрөттөп чын өзүндөй кылып айтып беришке сөз да жетпейт! Менин ойлорумду акырын жылуу мээрим менен чыккан үн токтотту: «Адмирал, Сиздин биздин жерге келгениңизди куттуктайм». Анча эле жашка кирген жагымдуу жүзү бар адамды көрүп турам. Ал чоң столдун ары жагында отурат. Мени стулдардын бирине отурушумду ишарат кылды. Мен отургандан

кийин ал колдорун бири-бирине коюп күлүмсүрөп турду да, мага төмөндөгүлөрдү жагымдуу үнү менен айтып жатты:

«Адмирал, биздин Сизге бул жакка келгенге уруксат бергенибиз, Сиз жакшы адам катары Жердин үстүндөгүлөргө кеңири белгилүү адамсыз». «Жердин үстүндө!», менин демим кысылып кетти! «Ооба», – деди Өкүмдар жылмайып. «Сиз Жер алдындагы дүйнөнүн Арианна деген жериндесиз. Биз Сиздин миссияңызга тийиштүү убактыңыздан эч канча деле албай, кайра эле аман-эсен Жер үстүнө бир топко чейин узатып чыгарып коёбуз. Адмирал, мен Сизге эмне үчүн бул жерде экениңизди түшүндүрүп берем. Биз Силердин Расаңарды биринчи жолу Японияда атом бомбасын Хиросима менен Нагасакиде жардырган учурдан баштап эле күзөтүп баштадык. Мына ушул коогалаңдуу учурда эле биз биринчи болуп жогору жакта Силердин дүйнөңөрдө эмне болду экен деп билишти максат кылып өзүбүздүн учуучу аппараттарыбызды Flugelrad жөнөткөнбүз. Албетте, урматтуу адмирал, мунун баары азыр өтүп кетсе да мен сөздү улантып айтып коюшум керек. Билсеңиз, биз Силердин расаңардын терс иштери менен согуштарына аралашкан эмес элек. Азыр болсо, милдеттүүбүз, анткени Силер адамга кереги жок бир күчкө, ядердик энергияны окуп үйрөнүшкө көңүл коюп калганыңарды айтып жатам. Биздин элчилер Силердин дүйнөңөрдөгү державаларга маалыматтарды жеткирген болсо да, алар азырынча угушкан жок. Бүгүн Сиз тандалып алынып чын эле биздин дүйнөнүн бар экенине күбө болуп отурасыз. Адмирал, көрүп турасыз, биздин илим менен маданиятыбыз Сиздин дүйнөңүздөн көптөгөн миң жылдарга озуп кеткен. «Сер, мунун мени менен кандай байланышы болушу мүмкүн?» деп сөздү бөлдүм. Өкүмдардын көз карашы менин акыл-эсиме терең сүңгүп киргендей көрүнүп, бир аз унчукпай тургандан кийин сөзүн улады. «Силердин Расаңар кайтпай турган чекке жетти. Анткени, силердин араңарда бүтүндөй Силердин дүйнөңөрдү кыйратып жиберишин билип туруп деле, ошол күч-кубатынан кайра тартпай жатышат. Мен башымды ийкедим, Өкүмдар сөзүн улады. «1945-жылы, андан кийин деле биз силердин Расаңар менен байланыш жасаганга аракет кылсак да, биздин аракетибиз душмандай кабыл алынып, (учуучу аппараттарыбыз) Flugelrab аткыланган эле. Аларды кыйратыш максатта Силердин истребителдериңер сая кууп да жатышты. Ошондуктан азыр, уулум, Силердин дүйнөңөрдү каары күч капкара бороон бир топ жылдардан кийин каптаганы турганын билдирип коюшум керек. Силердин куралыңардын жообу жок, силердин илимиңер силерди коргой албай жатат. Бороон бүтүндөй адамзатты чеги жок башаламандыкка түртүп жексен кылышы мүмкүн болуп, силердин маданиятыңардын ар бир тал гүлү кыйраганы турат. Силердин акыркы согушуңар бар болгону Силердин Расаңар басып өтчү жолдун прелюдиясы эле болуп жатат. Биз аны бул жерде ар бир саат сайын көрүп турабыз. Сиз мени жаңылыш айтып жатат деп эсептейсизби? «Жок», дедим мен, «мындай Кара кылым мурун да болуп, ал беш жүз жылга созулган». «Ооба уулум», деди Өкүмдар, «азыр келчү Кара кылым Жерди капкара кылып каптайт. А

бирок, мен Силердин Расаңардан айрымдары бул бороондон аман калып калышына ишенем. Башка эч нерсе деп айта албайм. Узактан биз силердин урандыларыңардан кийин жоголгон легендарлуу казынаны издеп жаткан жаңы бир дүйнөнү көрүп жатабыз. Уулум, алар ушул жерде, бизде сакталат. Качан ал мезгил келгенде биз кайрадан силерге жардам бериш үчүн, Силердин Расаңар менен маданиятыңарды көтөрүш үчүн чыгып барабыз. Балким силер ал мезгилге чейин согуш менен жарыша куралдануунун пайдасы жок экенин түшүнүп калаарсыңар... балким ошондон кийин Силердин маданиятыңар менен илимиңердин бир бөлүгү силерге бүт баарысын жаңыдан башташ үчүн кайтарылып берилиши да мүмкүн. Сага, уулум, Жер үстүндөгү Дүйнөгө муну кабар беришиң үчүн кайра кетишиң керек...»

Ушул сөздөр менен биздин жолугушуу акырына чыккандай болду. Мен бир саамга чейин түшүмдөгүдөй турдум... муну менен бирге бул реалдуу көрүнүш экенин деле билип туруп, же урмат кылдымбы, же чындыкка баш ийдимби, айтор таң каларлык бир себеп менен эмне экенин да түшүнбөй акырын гана таазим кылдым. Күтүүсүздөн эле мен кайрадан бизди коштоп келген экөөнүн жанымда турганын байкадым. «Жүрүңүз, адмирал», деди алардын бири. Жөнөй турган болгондо Өкүмдарга дагы бир ирет карадым. Анын даанышман жүзү жылмайган калыбында «Кош бол,уулум!» деп колун аманчылык каалоонун белгиси катары жаңсап, ушуну менен жолугушуу да соңуна чыкты.

Биз Өкүмдар отурган жайдын чоң эшигинен тез эле чыгып кайрадан лифтке кирдик. Эшиги акырын төмөн түшүп жабылды да ошол замат эле жогору көтөрүлдүк. Бизди коштогондордун бири айтып калды: «Эми биз шашылбасак болбойт, адмирал. Өкүмдар мындан артык Сизди кармагысы келбейт. Сиз бул маалымат менен Өзүңүздүн Расаңызга кайтып барышыңыз керек». Мен үндөбөдүм. Мунун баарысы таптакыр ишеничсиздей болуп, биз жетип келип токтогондо менин оюм бөлүндү. Мен бөлмөгө кирип кайрадан радисттин катарында болдум. Анын түйшүк тартканы жүзүндө турат. Мен ага келип «баарысы жайында, Хоун, баарысы жайында!» дедим. Эки коштоочу бизди түшүүчү транспортко узатып келип, андан кийин тез эле келип өзүбүздүн самолёттун жанында болдук. Анын мотору иштей баштап, биз тез эле бортко кирдик. Айлана теребел өтө тез кетишибизди сездирип турду. Аркадагы жүк жүктөлчү эшик жабылганда эле самолёт көрүнбөгөн күчтүн таасири менен абага көтөрүлүп 2700 фут бийиктикке чейин чыга келди. Эки учуучу аппарат эки тараптан коштоп келе жатат. Бул жерде ылдамдыкты көрсөткөн индикатор көрсөтпөй жатканын байкаганыма карабай биз өтө эле катуу ылдамдык менен кетип жатабыз.

14:15 Радиомаалымат келди: «Адмирал, биз азыр сизден айрылабыз. Сизде башкаруу системасы иштей баштайт, Auf Wiedersehen!!!» Биз бир азга дейре көгүлтүр мейкиндикте Flugelradды көргөнүбүз эле болбосо алар заматта көздөн кайым болушту. Самолёт күтүүсүздөн аба чуңкуруна түшкөндөй силкинди. Биз самолётту тез эле жөнгө салдык. Ар биребиз өз алдыбызча ойго чөмүлдүк...

БОРТ ЖУРНАЛЫНЫН ЖАЗУУСУ УЛАНА БАШТАДЫ...

14:20 Биз кайрадан базадан 27 минуталык аралыкта кар менен муз текши каптаган аймактабыз.

Базадагылар менен радиобайланышка чыгып жатабыз. Баарысы нормалдуу эле... нормалдуу эле деп маалымат берип жатабыз. База биздин кайрадан байланышка чыкканыбыздан жеңилдеп маалымат берип жатат.

15:00 Биз базага акырын келип кондук. Менде миссия бар...

(Борт журналы жазуусунун акыры)

1947-жылдын 11-марты. *Мен азыр эле Пентагондун кызматкерлеринин кеңешмесине катыштым. Мен толук өзүмдүн ачылышым менен бирге Өкүмдардын маалыматын да баян кылдым. Баарысы талапка ылайык жазылган болчу. Бул туурасында Президентке билдиришти. Азыр мени бир нече сааттан бери күзөтүп жатышат (эгер туура болсо саат 6 дан 29 мүнөт өттү). Мени Коопсуздук Кызматынын кызматкерлери да, врачтар тобу да кылдат суракка алышты. Бул сыноо болду! Мени АКШнын Улуттук Коопсуздук Кызматынын катуу текшерүүсүнө киргизип коюшту! МАГА БИЛГЕНДЕРИМДИН БААРЫСЫН АЙТУУГА ТЫЮУ САЛЫШТЫ! Ишенип болбойт! Менин аскер адамы экенимди айтышып буйрукка моюн сунушумду эскертишти.*

1956-жылдын 30-декабры, акыркы жазуу: *1947-жылдан бери карай акыркы бир топ жыл жеңил болгон жок... Азыр мен бул күндөлүккө акыркы жазууну жазганы жатам. Бул сырды мен акыркы жылдары ишеничтүү сактап жүрдүм. Бул менин каалаганыма жана баалуу санаган ишиме каршылык болгондон улам болду. Азыр менин жашоо күнүм саналуу калганын сезип турсам да, бул сыр мени менен кошо көргө кетпейт, эртели-кеч ар кандай чындык ачыкка чыгып жайылат.*

Адамзаттын жалгыз үмүтү ушул болуп кала берет. Мен чындыкты көрдүм, ал менин рухума күч берди да мени боштондукка чыгарды! Мен шумдуктуу согуштук өндүрүш комплексине күч-кубатымды бердим. Азыр узакка созулчу түн келе жатканы менен бул бүттү дегенге жатпайт. Узакка созулган арктика түнү бүткөндө эле акыйкаттын көз жоосун алган бриллианты чыга келип, караңгыда калгандар анын жарыгына чөгүп кетет... АНТКЕНИ УЮЛДУН АРЫ ЖАГЫНДАГЫ ЖЕРДЕ БЕЛГИЛҮҮ БОЛО ЭЛЕК УЛУУ БОРБОРДУ МЕН КӨРДҮМ.

Адмирал Ричард Э. Бёрд.
Америка Кошмо Штаты. 24-декабрь, 1956

«МЕН КӨҢДӨЙДҮ КӨРДҮМ!»

– Доктор Стрейнжез, сиз адмирал Бёрд менен тикеден тике таанышгыңыз бар беле?

Стрейнжез: – Жок. Мен анын жээни доктор Херли Эндрюну мен жетектеген NICUFO организациясынын мүчөсү болгону үчүн тааныйм. Ал таякеси Ричард Э. Бёрддун сапары боюнча тез-тез доклад жасайт.

– Ал өзүнүн таякесинин жолун жолдоп Жердин ичине карай саякат кылышты тилек кылдыбы?

– Ал 1995-жылы аракет кылып көрдү. Мындай экспедиция үчүн спонсорлор керек. Бул жумуш өтө кымбатка турат.

– Сиз өзүңүз кайсы бир учурда уюлда болдуңуз беле?

– Мен үйрөнчүк реактивдүү самолёт менен Түндүк уюлда да, Түштүк уюлда да учкам. Мен көңдөйдү көрүш бактысына ээ болдум.

Чын элеби?

Билесизби, самолёттор Түндүк уюлдун так үстүнөн учуп өтө алышпайт. Алар көңгөйдүн, же болбосо магниттик уюлдун бир жак четинен гана учуп өтүшөт. Эгер самолёт Түндүк уюлдун же Түштүк уюлдун так үстүнөн учуп өтмөк болчу болсо, пффф! – анда мотору иштен чыгат.

– Магниттик талаанын өтө күчтүүлүгүнөн уламбы?

– Ооба, магниттик куюндан улам. Мен учкан самолёт үйрөнчүк реактивдүү самолёт болуп, а менин учкучум абдан акылдуу адам болчу. Ал мага айтты: «Мен көңдөйгө карай бир нече градуска гана кирем, сен коркпо, биз кайра баштан моторду жандырабыз». Биз көңдөйгө беш градус киргенде эле эки мотор тең заматта өчтү. Бирок... бул өтө эле коркунучтуу да... Билесизби, мен деле учкучмун. Самолётту пропеллер менен башкарганында мотор өчкөн болсо, сен аны анча-мынча башкарганга чамаң болот, анткени ал аздан гана төмөндөй баштайт. Ал эми реактивдүү самолётто мындай болбойт. Ал таш кулагандай төмөн карай жөнөйт. (Күлөт). Менин учкучум өзүн жоготпой эле самолётту көңдөйдүн бир жак тарабына бура салды да моторду жандырды. Экөөсү тең эле иштеп баштады.

– Көңдөйдүн болжолдуу өлчөмү канча?

– Адмирал Бёрддун эсеби боюнча көңдөйдүн диаметри 1400 милге (2250 км) жакын.

– Сиз Жердин ичинде болдуңуз беле?

– Жок. Эгер Жердин ичиндеги адамдардан чакыруу болбосо көңдөйгө учуп киргенге болбойт.

– Бул сөз Жердин ичиндеги адамдар чакырылбаган коноктор үчүн каршы өткөрбөй турган тосмо сыяктуу нерсеге ээ болушкан дегенди билдиреби?

– Ооба. Алар көрүнбөгөн энергетикалык тосмо жасашкан. Аларда, Жердин ичиндеги жашаган тургундарынын сөзү менен айта турган болсом, ширеңкенин талындай абдан ичке жарык нурдун жардамы менен эле самолётту көңдөйдүн ичине алып кирип кондура алышат. Бул учурда самолёттун мотору да өчөт.

– Биз туура түшүндүкпү? «Жердин ичинде жашаган тургундардын сөзү менен айта турган болсом» дединизби?

– Ооба, Жердин ичинде мурдагы доордогулар жашашат. Биз киши кийик деп атап жүргөндөрдүн сабына киргендер да бар. Алар Түндүк уюлдагы көңдөйгө өтө эле жакын жашашат. Аларды Монголиядан ары да, Кытайдын түндүгүнөн да көрүшкөн. Жердин ичинде бир топ миңдеген жылдар бою жашаган башка расалардан да бар.

– Физикалык табияты бизге эле окшошпу?

– Бардыгы эле биздей. Белгилүү бир расадагылар чогуу жашаганга аракет кылышат. Алар Жердин ичиндеги ар кайсы аймактарды ээлешет. Жердин ичинде Борбордо турган күнү бар. Жердин ичиндегилер күйүп кетпеши үчүн аны дайыма булут каптап турат.

Дүйнөнүн бардык жеринде эле Жердин ичиндеги дүйнөгө байланыштыра турган өткөөл-үңкүрлөр бар. Андай өткөөл-үңкүрлөрдүн бири Швейцариядагы Берн шаарына жакын Альпы тоолорунун аймагында. Бул өткөөл аркылуу адамдар кайда барышын күмөн кылбай эле Жердин ичине карай кирип барышкан. Алар уламдан улам күндү көргөнгө чейин төмөн түшүп жүрүп отурушкан. Ал жерде адамдарды, дарыяларды, деңиздерди, тоолорду, калың өскөн өсүмдүктөрдү, жемиштерди, жашылчаларды көрүшкөн... Планетанын ичинде бейиштегидей молчулук.

– Швейцариялыктар Жердин ичине качан барышкан эле?

– 1945-жылы. Алар үңкүрлөрдүн биринде мындай өткөөл бар экенин күмөн кылып ойлогон да, эч качан бул туурасында угушкан деле эмес. Компас түшүнүксүз иштегени үчүн кайсы тарапка кетип жаткандарын билишкен да эмес болчу. Кийин гана жарыкты көрүшкөн. Ал ичкеридеги Күндүн жарыгы эле.

– Сиз ал жарыкты сүрөттөп айта аласызбы?

– Ал Күндүн жарыгына эле окшош. Болгону алардын күнүн айланасындагылардын баарысын күйдүрүп жибербеш үчүн аны такай булут каптап турат.

– Жердин ичине өткөөлү бар үңкүр кайсы жерде экенин билиштин мүмкүнчүлүгү барбы?

– Мен аны билбейм. Менин бар билгеним эле ал үңкүр Бернден узак эмес Альпы тоо кыркаларында. Ар кыл себептер менен аны изилдегенге, Жердин ичине карай түшкөнгө рекомендация берилбейт.

– Спутник аркылуу алынып НАСАга берилген сүрөттө уюлдун көңдөйү даана көрүнүп турат. Бул сүрөт сизде барбы? Сизге бул сүрөт кантип тийди?

– Бул жөнүндө менден сурабай эле койбойсуңарбы. (Күлөт). Бир топ жыл мурун мен америкалык Sekret Servise кызматында иштедим. Ал кызматта президентти коргоо жана шпионаж менен бирге улуттук коопсуздукту күзөтүү да бар. Менин Вашингтондогу досторум айрым бир убактарда мага информацияларды жиберип турушат. Ошол булактардын ичинде бул сүрөттөр да бар.

– Сизге жашыруун сүрөттөрдү жарыялоо коркунучтуу эмеспи?

– Мурда коркунучтуу болчу. Эми жок. Азыр мага мурдагыдай эмес, менде коргой турган күч бар.

– Кандай күч?

– Кудай берген күч. (Доктор Стрейнжез күн сайын руханий «жалын алкагы» менен сактанаарын айтат. Ошол мезгилден бери карай аны мурдагыдай эч нерсе коркутпайт да, зыян да кылбайт экен).

– Кайрадан Жер алдындагы дүйнөгө кайрылалы. Жердин ичине биринчи жолу учуп барган адмирал Бёрд болдубу?

– Ооба, биринчи жолу самолёту менен учуп барган ал болду.

– Бул туурасында ал өзүнүн докладында Пентагонго билдирдиби?

– Ооба. Бёрд өзүнүн докладында бул маалыматты айтканда Пентагон абдан шашып калды. Ошол учурдагы АКШнын президенти (Гарри Трумен – ред.)айткан: «Биз муну ооз ачпай жашыруун сакташыбыз керек». Анын Вашингтондогу кээ бир аскер кызматы менен экономика жаатындагы кеңешчилери планетанын ичинде жашоо турмуш болуп, анда тынч өмүр сүргөн калайык, укмуштай сонун жер бар экени билинсе, сырттагы адамдардын Жердин ичине карай барышкандыгынан коркушкан. Анда бул жерде ким калат, кимдер налог төлөйт. (Күлөт). Кандай наадандык?

– Жердин ичиндеги жашоо тууралуу айтып бере аласызбы?

– Мен кимдер жөнүндө айтып жатканымды «алар» деп эле коёюн. Планетанын ичинде Ааламдан келгендери да, ошондой эле топон суудан берки адамзат расасынан калгандар да мекендейт. Биз аларды алп адамдар деп коёбуз. Ал алп адамдар биздин эсебибиз боюнча жөнөкөй эле жашашат:алар күнүнө төрт саат эле иштешип, калган убактысын көңүл ачыш менен окушка жумшайт.

– Сиз өзүңүз кайсы бир учурда анда болдуңузбу?

– Мен азыр антип айтышка акым жок.

– Ичкеридеги күн эмнеден турарын айтып бере аласызбы?

– Биздин Күн кандай энергия менен субстанциядан турса, ал деле ошондой эле энергия менен субстанциядан турат. Тынымсыз интенсивдүү энергия бөлүп чыгарат. Бар болгону алардыкын такай эле булут каптап турат. Биздин күнгө окшош ал деле альфа, бета жана гамма нурларынан турат. Гамма нуру кыйратат. Альфа жана бета нурлары бизге азык да, шыпаа да берет.

– Жердин ичиндеги адамдар канча өмүр сүрүшөт?

– Абдан, абдан эле көп. Жүздөгөн жылдар. Карылыгы да билинбейт. Качандыр бир кезде Жерден баргандар да ошондой. Алар болжол менен 35 жашка жеткенден кийин карыбайт деле.

– Сиз өзүңүздүн маалымат булактарыңыздан биздин планетабыздын абалын биле алдыңызбы?

– Аба ырайын күзөткүлө. Дүйнөнүн бардык жеринде эле аномалдуу метеорологиялык кубулуштар болуп жатат.

– Эч качан жер титирөөлөр болбогон жерде жер титиреген байкалып жатат. Себеби планета кыймылда. Анчалык чоң эмес жылышуу бүтүндөй планетанын пульсун өзгөртүп жиберет. Атмосфера, стратосфера – баарысы акырындык менен өзгөрүлүп жатат.

– Биз жердин огу акырындык менен түздөлүп жатканын угуп калдык.

– Ушундай. Бул өтө эле жай процесс. Андай болбосо, планетанын кыйрап кетүү коркунучу башталат.

– Адамзаттын туура эмес иштери катаклизмдердин же уюлдардын жылып кетишине себеп болушу мүмкүнбү?

– Жок. Азыр деле, кийинки узак мезгилде деле болбойт. Келечек узакка созулат.

– Жаңы кургактык көтөрүлүп чыгабы?

– Ооба. Атлантика океанынын Флорида менен Бермуд аралдарынын жээктеринде. Алар байыркы Атлантиданы кайрадан чыгарганга аракет кылып жатышат. Азыркы учурда бул өтө эле жай козголуп жатат. Америкалык географиялык коому өзгөрүү өзүнөн өзү ишке ашат деп белгилеген.

– Сиз келечекти бүгүнкүгө салыштырмалуу жаман дейсизби, же жакшы дейсизби?

– Мен жеке өзүм жакшы болот деп эсептейм. Мунун бирден бир себеби дүйнөнүн бардык жеринде пайда болуп жаткан руханий группалардын бул дүйнөнү өзгөртүү жоопкерчилигин өздөрүнүн милдетине алганы болуп жатат.

– «Алтын кылымдын» башталышы дегендей...

– Алтын кылымдын руханий мүмкүнчүлүктөрү. Мен муну ушундай деп атайм. Адамдар руханий билим аркылуу жардам берчү кез келет. Бирок бул чиркөө тарабынан ишке ашпайт. Өзгөрүү чиркөө, саясий системалар, илим аркылуу эмес, өз алдынча ишке ашат. Жалпы адамзат массасына жардам бере турган руханий көрөгөчтүккө ээ «аз гана» адамдар келет.

– Мисалы дейли, илим Жердин ичиндеги жашоо турмуштун бар экенин билип, анын чын экенин мойндаса кандай болот эле деп ойлойсуз?

– Илим калайыктан чындыкты жашырганга мүмкүн эмес экенин түшүнөбүз. Калайык баары бир чындыкты билет. Мен бул нерселер тууралуу илим чындыкты айтып баштаса алдыга карай өтө чоң секирик жасайт деп ойлойм. Окумуштуулар балким ойлоп жатышат: «калайык баары бир биле турган болсо, анда биз муну жок дегенде илимий көз карашка ылайык чындыкка туура келгидей чара көрүшүбүз керек». Бүгүнкү күндө биздин көптөгөн университетте окуган студенттер чындыкты билгилери келип жатышат. Окуп үйрөнүүдөгү эң оор маселе – ак менен каранын бөлүнүшү. Эгер жаштар дүйнөдөгү өкмөт бийликтеринин эки жүздүүлүгүн билишсе, анда алар айтышат: «Бизге мунун жалган экени белгилүү. Биз чындыкты талап кылабыз. Эгер силер бизге чындыкты илип катары жаап-жашырып бекитге берсеңер, анда биз аны өзүбүз таап чыкмайынча изилдей беребиз».

– Айтмакчы, өкмөт байлыгынын жалганы тууралуу Аффидавит Бёрд өзүнүн башынан өткөндөрү тууралуу айткандан кийин эмне болду?

– Өкмөт бийлиги аның күнделүгүн алып жаап салды. Албетте, ал каршы болду: «Силердин бүга үсүгүнөр жок. Ал менин жеке өзүмө таандык жазуларым!» Адар аны тартып алышкан болчу. Анда Бёрд ушундай чечимге келди: «Мен өзүмдүн кабинетиме келип аны кайра-дагы казышым керек». Ал ушундай кылды. Жазды-дагы бекитип койду. Он жыл өткөндөн кийин өкметке кирип өзүнүн күнделүгүн кайрып беришин талап кылган. Ага жооп кайтарышкан: «Тилекке каршы биз аны таба албай жатабыз». «Мейли, жакшы болуптур», – дейт да үйүнө келгенден кийин бекитип койгон күнделүгүн алып аз гана нерсе үчүн бастырып чыгарып, киберет. Көп жылдар боо аның күнделүгүн планетада аз гана адамдар окуду. Күнделүгүн көчүрмесүн бирнече жыл мурун эле алышка мүмкүн болду. Күнделүк баштан-аяк тартип менен

абдан жакшы жазылган. Менин досторумдун бири аны жарыялап жиберди эле, ошондон кийин ал бүткүл дүйнөгө жайылып кетти».

(Доктор Френк Е. Стрейнжез белгилүү НЛО изилдөөчү «Зайтен шрифт» журналынан, 2006/1)

ЖЕРДИН КӨҢДӨЙ ЭКЕНИ ТУУРАСЫНДА ЫЙЫК КУРАН ЭМНЕ ДЕЙТ?

Жердин көңдөй экени – бул жер алдындагы дүйнө дегенди билдирет.

Жердин көңдөй экени тууралуу маалымат бир аятта ушундай айтылган.

«Ал (Алла) Жердин ичине киргенди да, андан чыкканды да, Асмандан түшкөндү да, ага чыгып кеткенди да билип турат. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Ал Өзү!»

(С.34,а.2)

Аяттын *«Жердин ичине киргенди да, андан чыкканды да»* деген сөзү ачык эле, биринчиден, Жердин көңдөй экенин айтып жатат. Экинчиден, анда жашагандар кирип-чыгып турушат экен. *«Асмандан түшкөндү да, ага чыгып кеткенди да»* дегени периштелерге карата айтылган.

Курандын башка дагы бир маалыматында, тактап айтсак «Рахман» сүрөөсүндө ушундай деп айтылганын окуйбуз.

«Жерди жандуу макулуктар үчүн койду.
Анда жемиштер да, чанактуу курмалар да бар.
Көгөргөн өсүмдүктөр да, жыттуу чөптөр да бар.
Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?»

(С.55,а.10-13)

Бул сүрөөдөгү тез-тез кайталанган «Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?» деген аятта Алла Таала тикеден тике эле Жер үстүндөгү жана Жер астындагы ***«жер жемиштерди,чанактуу пальмалардын мөмөсүн жеген»*** эки калайыкка бирдей кайрылган. Кап! Курандын мейли кыргызча болсун, мейли орусча болсун, бардык эле котормолорунда араб тилиндеги *эки(лик сан* туура көрсөтүлүп которулган эмес!!! Ушундан улам бүтүндөй бир дүйнөнүн адамзаты жоголуп айтылбай жатат!

«Эки күн чыгыштын Эгеси, эки күн батыштын Эгеси.
Силер экөөңөр Эгеңердин кайсы жакшылыгын жалганга чыгарасыңар?
Ал кошулбаган эки деңизди кошту.
Арасында ал экөөсүн кошпой турган тосмо бар болчу».

(С.55,а.17-20)

Бул аяттардагы *«Эки күн чыгыш менен Эки күн батыш»* эки күндүн бар экенин, Жер үстүндөгү жана Жер алдындагы дүйнөнүн күнү жөнүндө так маалымат берип жатат. Акыркы эки аятта Жер алдындагы жана Жер үстүндөгү эки океандын кийинчерээк кошулганы тууралуу айтылган. Аларды

Жердин кабыгы (болжол менен 300-600 км) тосуп бөлүп турат. Бул эки океан качан кошулган?

Бул туурасында Курандын маалыматын жогоруда эле окудук. Аны дагы бир жолу окуп койсок ашыкча болбойт.

«Биз (Нух пайгамбарга) жашыруун кабар бердик: «Биздин көз алдыбызда жашыруун кабарыбызга ылайык кеме жаса! Биздин буйругубуз келгенде тандыр кайнап (суу атып) чыгат. *Ошондо айтылган сөзгө ишенбегендерден башкаларды, үй-бүлөңдү, дагы ар бир жаныбардан бир жупту анын ичине сал! Залим болуп кеткендер туурасында Менден сураба! Алар сууга чөгөт!»*

(С.23,а.27)

Аятта Нух пайгамбардын учурундагы топон сууда ичкеридеги океан сыртка атылып чыгып, ошондон улам топон суу жүргөнү айтылып жатат. Ал «тандырдан» атылып чыккан экен. Салыштырып карасак, 1968-жылы америкалык метеорологиялык спутник «Эсса-7» тарабынан тартылган Түндүк уюлдун сүрөтүндө Жер алдына кире турган көңдөй так эле тандырдын оозун элестетет! Чыгыш элдеринде нан бышырып келген тандыр жумурткa сымал тоголок формада жасалып, анын тегерек көңдөй оозу бар экенин баарыбыз эле билебиз. *Эми, Түндүк уюлдагыдай эле Түштүк уюлдагы көңдөй тешик тууралуу да айта кетишибиз керек.*

Уюлдук жаркыроо жердин ичинен чыгабы? «Бекем ишеничке ээ энтузиастардын Жердин ичи көңдөй деп далилдешке аракет кылгандарына бир кылымдан да ашып калды. Мындай гипотезанын тарапкерлери планетанын ичине кире турган тешик Түндүк уюлда бар дешип аныкташат. Демек, логика боюнча дагы бир тешик Түштүк уюлда да бар болушу керек? Алар, бар деп айтышат. Буга да азыр далил бар. Көңүл бөлө турган болсоңор НАСАнын спутниги аркылуу алынган видеоматериал буга аргумент катары колдонулуп келе жатат.

Уюлдук жаркыроо – бул космостон атмосферага кирген протондор менен электрондордун таасири аркылуу сейрек аба катмарынынын жаркыроосу экени ар кимге белгилүү. Жогортон, космостон төмөн карай көңүл бөлүп карап көргүлө: элементардык бөлүкчөлөр атмосферанын жогорку бөлүгүнө кирип, аларды көрүнө турган жарык чыгарышка мажбурлайт. Бул кооз кубулушту көбүнчө жогорку кеңдиктерден байкашып, поэтиканын тили менен Түндүк аврорасы деп коюшат. Латынча аталышы – aurora borealis (аврора борealис). А Түштүк уюлдагы жаркыроону aurora australis (аврора австралис) дешет. Азыр болсо түштүктөгү жаркыроону да Жердин көңдөй экенине байланыштырып карай башташты.

НАСАнын сервериндеги видеожазуусунан алынган клиптеги уюлдук жаркыроо Антарктика континентиндеги тешиктен чыгып жатканы даана көрүнүп турат. Албетте, бул Жердин магниттик талаасынын таасиринен улам күн шамалынын таасири аркылуу 90 км ден 1000 км ге чейинки бийиктикте туура келбейт.

Айтмакчы, Арктиканы алгачкы изилдеген Нансен жана башкалардын аврораны (!) баштан-аяк так сүрөттөп жазгандары боюнча жарык чачкан шооланын горизонттон жогору карай көтөрүлүп чыгып жатканына эч ким деле өзгөчө көңүл бөлүп карай элек. Эми болсо космостон тартылып алынган тасмадан бул процессти жеңил эле баштан-аяк карап көрүшкө болот. Ошол тартылып алынган видеожазуудан уюлдук жаркыроо Антарктиданын кайсы жеринен чыгып жатканы ачык көрүнүп турат. Radarsat сайтынын авторлору сунуш кылган НАСАнын сенсациялуу материалындагы тешик тегиз жаткан горизонталдуу аймакта эмес, төмөн карай тике кирип кеткен тешик экен. Чындыгында Антарктидадагы тешик биз кум саатынан көрүп турганыбыздай төмөн карай кирип кеткенин байкасак да болот. Бизге татаал болгону эле жогору жактан тартылган пейзаж тегиз жердей көрүнгөнсүп турат. Ошондуктан ал тешиктин тегиз жерде жай алганындай көрүнүшү да бекеринен эмес. Антарктидадагы төмөн карай кеткен тешик Түштүк уюлдагы америкалык Мак-Мердо базасы менен россиялык «Восток» станциясынын ортосунда жай алган. Видеокадрларда тешиктен чыккан уюлдук жарык интенсивдүү болуп, аны болсо күн шамалы бир тарапка карай айдап, ошондон кийин ал акырындык менен чоң аймакка таралып жатканы байкалат. Аны караганыбызда аврора австралис бир чекиттен чыгып таралып жатканы ачык көрүнөт!

Ошентип, НАСАнын видеотасмасын анализ кылган авторлор уюлдук жаркыроо Жердин ичинен чыгып жатканын факт катары далилдешти. Ал болсо Түндүк жана Түштүк уюлдагы тешиктин айлана-тегерегин жарык кылып, буга азыр мурдагыдай эмес ачык эле ишеничтүү далил бар болуп калды.

Бринсли Ле Пур Тренч россиялык станция «Восток» Антарктиданын «жетишке мүмкүн болбогон зонасынын» чегине жакын жай алган болуп, а тешик болсо «Восток» менен Түштүк уюлдун» ортосунда турат дейт.

Плазмозаврлар. Азырынча бир гана Антарктидада табышмактуу өлүм жеткирген кубулушту америкалык изилдөөчүлөр «плазмозаврлар» деп атап коюшту. Кандайдыр бир энергетикалык күчкө ээ шар түрүндө формага уюган энергия (болжолдуу сүрөттөлсө плазмалык табияты бар дегидей) укмуштуудай бир монстр түспөлүнө айланып адамдарды өлтүрүп кетет. Ошондон кийин ал башка бир формага айланып жогору көтөрүлөт да, жок болуп кайым болот. Бул шумдук окуя планетанын Түштүк уюлуна жакын магниттик зонада өтөт. Болжолу, бул энергоплазмалык табиятка ээ нерсе атмосферанын жогорку катмарында жашап, кимдир-бирөө бул аномалдуу зонага кирип барса, тездик менен жерге карай түшүп келип бүт баарысын кырып салат. Плазмозаврлардын табияты тууралуу маселеге так жооп жок, ал азырынча ачык бойдон калып отурат.

Өткөн окуя. Америкалык уюлду изилдөөчү Роберт Пири биринчи болуп Түндүк уюлга жетсе да, Түштүк уюлга жетише албады. Андан мурун норвегиялык Рональд Амундсен барган экен. Пири өзүнүн атаандашы тарабынан

бир жума мурун эле ал максат койгон чекке калтырган вымпелди тапты. Кайтканда ал Амундсендин маршруту менен жүргүсү келбей, Уюлдагы магниттик аймак аркылуу кайтып келе жатып өлгөн. Жарым кылымдан кийин Антарктидада жай алган Мирный станциясындагы советтик экспедиция алты кишиден турган изилдөөчү группаны Түштүк уюлдагы магниттик зонага жөнөтүп, андан экөөсү эле аман кайтып келген эле. Расмий версия боюнча трагедиянын себеби катуу суукта болгон кубаттуу бороондон улам вездеходдун мотору иштен чыккан деп айтылат. Түштүк уюлга кийинки барган изилдөөчүлөрдүн группасы америкалык Midway станциясынан болчу. Бул 1962-жылы болгон. Америкалыктар деле советтик коллегаларындай кайгылуу тажрыйбаны баштарынан кечиришти. Экспедициядагылар мыкты жарак-жабдыктарды алышып, ага 17 адам үч жол тандабас менен кетишкен. Алар менен такай радиобайланыш болуп, бул экспедицияда эч ким өлгөн эмес. А бирок кишилердин баарысы бир эле жол тандабас менен кайтышып, такыр эле алактап калышкан экен. Бүт баарысын тездик менен өлкөсүнө эвакуация кылышкан. Бу экспедицияда эмне окуя болгону тууралуу эч бир маалымат деле жок. Бар болгону бир нече газетада жана эки илимий журналда учкай гана, информация деле эмес, сенсация дегидей эле статьялар бар. Ошондон кийин Түштүк уюлдагы магниттик зонага эч бир экспедиция жөнөтүлгөн жок.

Советтик экспедициянын жүрүшү. Түштүк уюлдагы магниттик зонага барган советтик экспедициянын Юрий Ефремович Коршунов деген бир мүчөсү жакынкы мезгилде эле Санкт-Петербурда жашаган. Бир репортерго качанкы бир экспедицияда болгон окуя тууралуу сүйлөшкөнгө насип кылган экен. Репортер уюлду изилдөөчүнүн аңгемесин жазып алса да, жарыялай алган эмес. Бул мезгилде Коршунов көз жумду. Жакында эле Юрий Ефремовичтин баштан-аяк болгон окуя боюнча айткандары америкалык басма сөздө жарык көрдү. Анын англисчесинен которулганын беребиз.

«Уюлдагы биз кетип жаткан күндөгү аба ырайы эң сонун болчу. Термометр бар болгону -30°С көрсөтүп, шамал да жок эле. Антарктида үчүн бул абдан эле сейрек көрүнүш. Биз үч жума бою бир мүнөт да машинины оңдогонго убакыт коротпой маршрут боюнча жүрдүк.Жалпысынан баарысы эле жакшы болду. Алгачкы жаман көрүнүш биздин Түштүк уюлдагы магниттик зонаны так өлчөп аныктаган чектин дал өзүндө болду. Баарыбыз чарчаган үчүн эрте эле жатсак да, уктай албадык. Кандайдыр бир түшүнүксүз түйшөлүүдөн улам мен чатырдан сыртка чыксам, биздин вездеходдун жанынан 300 метрдей ары тарапта жаркыраган бир шарды көрдүм! Ал футбол тобундай болуп секирип жатат. Болгону анын чоңдугу андан жүз эсе бар. Мен кыйкырдым. Баарысы сыртка чыгып келишти. Шар секиргенин токтотуп, акырын бизди карай жылды. Келе жатканда колбаса сымал формага айланды. Түсү өзгөрүп карая түштү да, алдыңкы бөлүгү көзү жок эле түрү суук шумдукка айланды да калды. Ошентсе да оозуна окшогон тешиги турат. Кар болсо «колбасанын» алдында отто эригендей бышылдап жатат. Тигинин

оозу мага карап кыймылдап, Кудай сактай көр, «колбаса» бир нерсени сүйлөп жаткандай түрү бар. Группанын жетекчиси Андрей Скобелевдин кыйкырганына карабай экспедициянын фотографы Саша Городецкий камерасы менен алдыга жөнөдү. «Колбасанын» алдына барбай ордунда кыймылдабай турушун эскертсе да укпан жок! Саша болсо затворун даяр кармап бара берди. А тиги нерсе... Ал ичке лентадай созулуп формасын көз ачып жумгуча өзгөрттү. Сашаны айланта ыйыктардын башын орогон нур сымал жарык курчады. Анын аппараты колунан түшүп кетип кыйкырганы али да эсимде турат... Ушул учурда эки ок атылды. Скобелев менен менден оң тарапта турган биздин врач Рома Кустов атыптыр... Мага ок менен аткандай эмес, бомба жарылгандай болду. Чыккан үн ушундай болчу. Жаркыраган лента заматта жарк эткен чагылгандай туш тарапка учкун болуп чачырады. Саша болсо бүрүшүп жатат... Мен ага шып эле жеттим. Ал көмкөрөсүнөн жыгылыптыр... өлгөн экен! Мойну да, алаканы да, бели да ийилип, уюлда кийилчү атайын костюму тамтыгы чыгып бүтүптүр. Биз Мирныйдагы станциябыз менен радиобайланышка чыгышка аракет кылдык, эч байланыш болбоду. Эфирде улуган ышкырыктан башка эч нерсе угулбайт. Мен эч качан мындай болгон магниттик куюнду көргөн эмесмин! Ал үч күнгө созулуп туруп алды. Фотокамера болсо чагылган тийгендей эрип кеткен экен. Кар менен муз лента кыймылдап турган жерде тереңдиги жарым метрдей, эни эки метрдей арабанын баскан салмагынан төмөн чөккөн сыңары... бууланып кетиптир. Биз Сашаны уюлда көмдүк. Эки суткадан кийин Кустов менен Борисов, андан кийин Андрей Скобелев өлдү. Биринен кийин бири...Биз кайгы тартып сыртта иштедик. Сашанын мүрзөсү калган дөбө азыр да көз алдымда турат. Адегенде Сашанын мүрзөсү турган дөбөдө бир шар, андан бир мүнөттөн кийин эле дагы эки шар пайда болгон. Ошол учурда биз баарыбыз эле аларды даана көргөнбүз: шарлар болжол менен жүз метр бийиктиктеги абадан уюгансып, ошондон кийин акырын түшүп келип жатышты. Жерге жетпей асылып тургандай абалда кандайдыр бир татаал траектория менен биз жакты карай кыймылдап жөнөшкөн.

Андрей Скобелев сүрөткө тартып, мен болсо электромагниттик жана спектралдык өлчөөлөрүн алып турдум. Приборлорду машинадан жүз метрдей узагыраак орноткон элек. Кустов менен Борисов катарыбызда карабиндери менен даяр турушкан болчу. Алар болсо шарлар жаңы эле «колбасадай» чоюла баштаганда аткылап жиберишкен. А биз эсибиз учуп нес тартып турганда шарлар кайып болгон экен. Абада катуу мөндүрдөн кийинкиге окшоп озондун жыты калыптыр. Кустов болсо Борисов менен кардын үстүндө жатат. Биз дароо эле аларга чуркадык. Кандайдыр бир жардам кылышты ойлодук. Андан кийин Скобелевге карасак, алакандарын көзүнө басып турат. Фотокамерасы беш метр ары жакта муздун үстүндө жатыптыр. Ал тирүү калганы менен эч нерсе көрө да албай, эстей да албай калыптыр. Ал... муну азыр деле эстеген коркунучтуу... жаш эле бала. Кечирип кой, өзү менен өзү. Тамак жей албай суюк ичкен болот деле түкүрөт. Балким ага упчу менен тамак бериш керек болчу. Бирок, өзүңөр билесиңер, бизде упчу жок. Кустов менен Борисовду биз көмө да

алган жокпуз. Алдан тайып бүткөн экенбиз. Көңүлдө бир гана нерсе, тез кетиш керек!А Скобелев болсо такай эле наалып ыйлап, шилекейи ага берди... Жолдо кайтып келе жатканбызда ал өлдү. Мирныйда медиктер анын суукка тоңуп, жүрөгүндө илдет пайда болгонун аныкташты. Бирок анчалык эмес, кандай болгондо да өлө турган абалга жеткен эмес экен. Акыры биз чындыкты айтпасак болбойт деп чечтик. Анткени, болгон окуядан жүдөп бүткөн элек. Мен бизге ишенгендерине таң калдым. Башка айта турган ишеничтүү деле далил жок болчу. Уюлга кайрадан жаңы программа менен экспедиция жөнөтүшкө мүмкүнчүлүк да, керектүү жарак-жабдык да жок эле.

Мен 1962-жылы америкалыктарга деле бизге болгон көрүнүш болгонун түшүндүм. Эми, сиз түшүндүңүзбү, эмне үчүн ал жакка эч ким баргысы келбейт. Качандыр бир мезгилде ал жакка дагы барышса керек. Бирок, жакын ортодо деп айта албайм. Анткени, абдан бекем коргой турган ишеничтүү жарак-жабдыктар керек. А мындай жарак-жабдык миллион доллар турат. Америкалыктар деле бай эмес. Алар деле антарктидалык станциясынан кайтып жатышканы маалым болуп калды. Бүгүн болсо озон тешиги деген гана негизги кызыкчылык бар. Эгер аны такай күзөөтүүнүн зарылчылыгы болбосо, ал жакта киши деле калбаса керек эле».

Француз экспедициясынын жортуулу. Плазмозаврлардан өлгөндөрдүн акыры 1991-жылкы француз экспедициясынын катышуучулары болду. Түштүк уюлдагы магниттик зонага жакын жерге француз экспедициясына кезек жетип, конушун курду. Капыстан эле кар баскан дөбөнүн аркасынан көгүлтүр чоң шар учуп чыкты. Экспедициянын оператору шашылып эле камерасын алып шарды тосуп чыга берди. Оттой жанган кереметти тартып сенсациялуу кадр алгысы бар. Калганы советтик фотограф Городецкий кандай болсо, так эле ошондой болду. Анчалык чоң эмес грузовиктин көлөмүндөй келген шар формасынан ал узундан узун көзү жок жыландай созулган «кебетеси» менен «оозу» бар воронка сымал формага өттү. Ээлигип алган Жак Баланс алдыга жүрдү. Тиги шумдуктуу нерсе ойт берип жогору көтөрүлө берип, кайра көз ачып-жумгуча шуңгуй түшүп адамды чарпып өттү. Бир нече секунддан кийин ал шумдук нерсе кайрадан шар формасына айланды да асманга көтөрүлүп, абага сиңип кете берди. Кардын үстүндө капкара күйгөн оператордун денеси түтөп кала берген эле».

Бул боюнча айта турган болсок, кээ бир Жер бетинде учураган аномалдуу кубулуштар Куранда эскерилген периштелердин иши экенин, тагыраак айтсак *сакчы периштелердин* бар экени тууралуу айта кетишибиз керек. Алар белгилүү бир кызматка дайындалган периштелер болуп, Жер бетиндеги айрым бир аймактар алар тарабынан бекем күзөтүлөт. Бул боюнча Куранда айтылат:

«Силердин үстүңөрдө сакчылар бар.
Жазып туруучу ыйык (периштелер бар).
Алар силердин эмне кылып жатканыңарды билип турушат».

(С.82,а.10-12)

«Ал – Өзүнүн кулдарына Бийлик кылуучу Кудай. Силердин үстүңөрдөн сакчыларды жиберип турат...»

(С.6, а.61)

Жогоруда эскерилип жаткан «жаркыраган шар» – периште экенин билип коюшубуз керек. Пайгамбар «периштелер жарыктан (нурдан) жаралган» деген.

«Ыймандуу мусулман пенделердин энеси Аишанын (Алланын ага ыраазычылыгы болсун) сөзү боюнча Мухаммед пайгамбар (алэй салам) айткан экен: «Периштелер жарыктан жаратылган. Жиндер оттун жалынынан, а Адам болсо силерге айтылгандай эле (ылайдан) жаратылган».

«Сахих Муслим» (№2996)

4. Ааараф сүрөөсүндөгү 69-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.
5. Ааараф сүрөөсүндөгү 74-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

12. ЙУСУФ

1. Мекеде түшкөн. 111 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 53.

13. МАМАКАЛДЫРАК

1. Мекеде түшкөн. 43 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 96.
2. Көбүнчө түштүк диалектиде күндүн күркүрөгөнүн «мамакалдырак» деп коюшат. Чындыгында бул кубулуш күн эмес, ысык аба менен менен муздак аба кагылышкан учурда пайда болот. Ошондуктан мамакалдырак дегенибизде бул кубулуштун аты так аталат.

14. ИБРАХИМ

1. Мекеде түшкөн. 52 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 72.
2. Кыямат күн.
3. Мекке.

15. ХИЖР

1. Мекеде түшкөн. 99 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 54.
2. Асман сакчыларынын (сакчы периштелеринин) ордосу. Муну «топ жылдыз» деп атаганыбыз туура эмес болуп калат. «Буруж» деген сөз мунара дегенди билдирет. Улук периштелер асман мейкиндигин (жылдыздар ааламын) такай ушул мунараларда туруп күзөтүшөт. Белгилегенген чектен учуп өтүшкө аракет кылган жин калкын сакчы периштелер таш (метеорит) менен урушат.
3. Эч качан бузулбаган дин жолу. Ханифтер ушул жолду карманышкан. Ар бир элчи-пайгамбар учурунда калайыкты Туура жол менен Туруктуу жолго баштайт.
4. Соода жолу.
5. Шуайб пайгамбардын калкы жашаган Кызыл деңиздин жээгиндеги калаа.

[6] Салих пайгамбардын калкы жашаган калаа. Хижр деген сөз аска таштарды билдирет. Түштүк Америкадагы мегалитикалык курулуштарды кургандар тууралуу айтылып жатат. (Кара. Ааараф сүрөөсү, түшүндүрмө – 7).

[7] Эч качан кемибеген бекем ыйман.

16. НАХЛ

[1] Мекеде түшкөн. 128 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 70.

[2] «Силерге саламатчылык болсун!»

[3] Малдын ичеги-карынындагы ыпылас нерселер.

17. ИСРА

[1] Мекеде түшкөн. 111 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 50.

[2] Мухаммед пайгамбардын мераж түнү Саламат Шаарга (Шамбалага), Ар-Раким зэлерине (Жер алдындагы дүйнөгө) жана Үңкүр зэлерине (Сомати – үңкүргө) барганы тууралуу айтылып жатат.

[3] Түнкү (куптан) намаздан кийин бир уктап ойгонгондо эртең мененки багымдат намазына чейин ыктыярдуу окулган (сүннөт) намаз. Эки рекеттен 8–12 рекетке чейин окулат.

18. КАХФ

[1] Мекеде түшкөн. 110 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 69.

[2] Ыйык Курандын кыяматка чейин тура турган эң акыркы Туруктуу Жазуу экени белгиленип жатат.

[3] Бул аяттарда бир нече жаш жигиттердин үңкүргө кирип кетип көп жылдар бою уктап, ошондон кийин да ойгонуп сыртка чыгышканы, андан кийин да кайрадан үңкүргө кирип уктап калышканын тууралуу айтылат. Булар кандай жигиттер? Азыр Тибеттин тоолорундагы сомати-үңкүрлөрдө байыркы доордо кирип кеткен адамдардын миллиондогон жылдардан бери эле медитация абалында бир калыпта отурганы белгилүү болду. Бул жөнүндө Бүткүл Россиялык көз жана пластикалык хирургия борборунун директору (Уфа шаары), медицина илимдеринин доктору, профессор Эрнест Рифгатович Мулдашев 1996-жылдан баштап Тибет, Индия жана Непалга илимий экспедицияларды уюштуруп, ал ошондой сомати-үңкүрлөрдүн бар экени тууралуу китеп да жазды. Аны ал жердеги жергиликтүү адамдар ага баштап барышкан. Алар үчүн бул жаңылык деле эмес экен. А илим дүйнөсү үчүн бул өтө чоң жаңылык болду. А Куранда болсо бул тууралуу 7-кылымдын башында эле айтылганын окуп жатабыз. Э.Мулдашевдин илимий экспедициясынын кыскача жыйынтыгы ушундай:

1. «Сомати-үңкүрлөр» анык бар.

2. «Сомати- үңкүрлөрдө» сырткы келбети боюнча ар кандай (болжолу, ар кайсы доордогу цивилизациялардан калган) адамдар сомати абалында отурушат.

3. «Сомати- үңкүрлөр» психоэнергетикалык барьер менен корголгон. Ал барган адамга катуу коркунуч сезимди, алсыздыкты, баш оорууну жана көңүл чөгөргөн кайгыны пайда кылат. Мындай психоэнергетикалык барьерди жеңип өтүш кыйын.

4. Азырынча «сомати-үңкүрдөгүлөрдү» толук сүрөттөп айтышка да мүмкүн эмес.

[4] «Раким» деген сөз сан, коюлган дата дегенди билдирет. Ага ар кайсы доордогу өткөн катаклизмден пайгамбарлар менен бирге аман калган ыймандуу пенделер (Жер алдындагы дүйнөгө) кирип кетишип аман калышкан. Бул туурасында Худ сүрөөсүндөгү 40-аяттын түшүндүрмөсүнө караңыз.

[5] Топон сууга чейинки жана андан кийинки калк.

[6] Бул аяттын «*...Силерди тизелеген ишиңерге даярдайт*» деген сөзү күнү бүгүнгө чейин туура которула элек, ага туура түшүнүк да берилбей келе жатат. Анткени, жогоруда айтылгандай, сомати-үңкүрлөрдүн бар экени тууралуу бүгүнкү адамзат россиялык окумуштуу, профессор Эрнест Рифгатович Мулдашевдин 1996-жылдан баштап Тибет, Индия жана Непалга барган илимий экспедицияларынын жыйынтыгынан кийин гана анча – мынча маалыматка ээ болду. Окумуштууну андай сомати-үңкүрлөрдүн бирине биринчи жолу 1996-жылы медитациялык практиканы мыкты өздөштүргөн жогорку диний чөйрөдөгү «өзгөчө адамдардын» бири баштап барган. Андай «өзгөчө адамдар» сомати-үңкүрлөргө бир айда бир жолу, айдын толгон мезгилинде, же болбосо 11–12-күнүнөн кийин гана ошол сомати-үңкүрлөрдө эзелден бери медитацияда отурган «улуктардын» уруксаты менен гана киришет экен. Ал үңкүрлөр бийик аскалардан боорунан орун алып, аларды чанда гана адамдар («өзгөчө адамдар») билет. Катардагы адам билген күндө деле кире албайт! Бул туурасында Э. Мулдашев ушундай дейт: «Өзгөчө адамдардын» маалыматы боюнча үңкүрдө медитацияда отурган абдан көп адамдар бар. Үңкүрдөгү адамдардын кээ бирлеринин баштары абдан чоң тоголок формада болуп, башка бир топторунуку мунара сыяктуу, калгандары кадимкидей эле, азыркы адамдардыкынан айрымасы жок. Баштары чоң кишилердин тулку бою да чоң, кулактары да чоң, алп адамдар. Алардын мурундары ар кыл, чоңу да бар, кичинеси да бар. Алп адамдардын мурундары абдан эле кичине. Баарысынын эле көздөрү үргүлөгөн адамдыкындай жумулуп турат. Айрымдарынын көздөрү абдан чоң болсо, калгандарыныкы кадимкидей, чоң да эмес, кичине да эмес. Баарысынын ооздору жабык, алакандары жумулган абалда отурушат. Денелери момдун түсүнө окшойт. Үңкүрлөрдө ар кайсы доордогу адамдар бар. Кээ бир гана үңкүрлөрдө биздин цивилизацияга таандык, ал эми башка бир үңкүрлөрдө мурдагы цивилизациянын бирине таандык адамдар бар».

Экспедициянын мүчөлөрүнөн бир эле Э. Мулдашев үңкүргө кирген. Ал аны ушундай деп сүрөттөйт: «Үңкүрдүн оозу калк жашабаган асканын боорунда экен. Ага чыйыр менен барышка туура келет. Бирок аскада чыйырлар абдан көп болгондуктан билген адам эле баштап барбаса, атайын үңкүргө баштап

бара турган чыйыр жок. Үңкүрдүн ичине кирип тар коридор менен 25–30 метрдей жүргөндө капкараңгы болуп, анда жабылган эшик көрүнөт. Эшиги таш менен урулуп оңдолуптур. Болжолу, «өзгөчө адамдар» оңдогон болуш керек. Ал эшиктен кийин эни эки метрдей келген чоң зал башталат экен.

Э. Мулдашевге ушул жерден коргоочу психологиялык барьер сезилип башталган. Ал ушундай дейт: «Мен туризм спорту боюнча мастер катары СССРдин үч жолку чемпионумун. Тоодо биринчи жолу болуп жатканым жок. Алгач бир аз коркунуч сезим пайда болуп, андан кийин ал күч алды. Кандайдыр бир көңүл коштук болуп, сыртка карай кетким келди. Башым да ооруп чыкты. Колум менен фонарикти сунган абалда токтодум... тердеп чыктым. Суук үңкүрдө эмнеге тердегенимди да биле алганым жок. Фонариктин бүлбүлдөгөн жарыгы залдын бир топ жерине чейин араң зорго жарык кылган болду. Ооруруга эптеп чыдап, таптакыр эле көңүл чөккөн абалда залга көз чаптырган болдум... Бүлбүлдөгөн фонариктин жарыгы кандайдыр бир таштарды жана полдон жогору карай көтөрүлүп чыгып турган фигураларды жарык кылды. Бул эмне? Сомати – үңкүрдө отурган адамдардын фигуралары? Ооба, адамдардын фигуралары сыяктанат. Бүлбүлдөгөн фонариктин жарыгынан алар мага аябай эле чоң көрүнгөндөй болду... Бул моментте мен айтышка акым болбогон нерселер да бар. Мен бар болгону психоэнергетикалык барьерди үч жолу текшергенимди гана айта алам. Азыр мен көп нерсени билдим. Мен мурдагы цивилизациянын адамдарын көрө алганым жок, аларга кийлигишке эч кимдин акысы жок... Сырттан келген адамдын алардын жандүйнөсүнө кийлигишүүсү сомати абалында отурган адамдын денесинин күн мурунтан жанданышына, же ага зыян жеткиришине себеп болушу да мүмкүн. Бул өлчөөсүз чоң күнөө... Ушундан кийин бир топ күнгө чейин башым ооруп жүрдү. Кайтып келгенден кийин кылдат медициналык текшерүүдөн өттүм, баарысы эле жайында экен».

Кийинки экспедицияда окумуштуу дагы бир башка сомати-үңкүргө барган. Анын узундугу 10–20 километрге созулуп, андан сыртка чыга турган үч жолу бар экенинен да маалымат алган. Ага бул үңкүрдө 66 миң лемуриялыктар (Ад расасынан калгандар) менен атланттардын (Самуд расасынан калган адамдар) бар экенин айтышкан. Бул экинчи үңкүрдүн психоэнергетикалык барьери мурдагы үңкүрдүкүнө салыштырмалуу абдан эле күчтүү. Болжолу, бу нерсе ал үңкүрдүн ичинде сомати абалында отурган адамдардын көптүгүнөн болсо керек. Э. Мулдашев жолдоштору менен бу үңкүргө да киришке аракет кылган. «Бизге анда жашаган тургундар бу үңкүрдүн ичине кире турган эки эшигине жакындагандардын катуу коркунучту баштан кечире турганын айтышты. Ошондуктан биз үчүнчү эшигине бардык» дейт Э. Мулдашев. Окумуштуунун айтышы боюнча, үңкүргө карай 40–50 м кирип барганда жабылган эшик бар. Аны тосуп коюшкан экен. Бир аз гана жери ачык. Үңкүрдү кайтарган монахтар адамдар өлүмгө дуушар болбосун деп тосулганын айтышты. Биз үңкүрдүн тосулган жеринде эки саат туруп, экспедициянын бардык мүчөлөрүнүн жана эки монахтын да аурасын текшердик.

Прибор менен алынган маалымат адамдын биоталаасы ал жерде кемигенин, же болбосо «желингенин» көрсөттү. Йогдор адамдын аурасынын бузулушу денесиз жандардын, же болбосо «асурлардын» таасири менен болот деп түшүндүрүштү. Биз өзүбүздү абдан начар сезип жаттык. Үңкүрдүн башка эки эшигине барышка күчүбүз да калбады. Эртеси дагы барып текшердик, жыйынтык дагы деле ошондой. Күмөнүбүз калбады: үңкүр адамдын энергиясын соруп алат экен... Биздин аурабыз акырындык менен калыбына келди. Монахтар менен йогдор «муну сырдуу Шамбала кылат» деп түшүндүрүштү дейт окумуштуу.

Ушул экспедициядан улам, азыр илим дүйнөсүндө «адамзаттын генефонду» деген түшүнүк да пайда болду. Окумуштуулар Жер бетинде бир нече жүз миңдеген, же миллиондогон жылдарда өтчү катаклизмдерден кээ бир адамдар ушундай үңкүрлөргө кирип, сомати абалына медитациянын жардамы менен кирип аман калышкан деп эсептешет.

Медитация демекчи, медитация кылган адамдар оболу малдаш токунуп отурганды үйрөнүшөт. Йогада муну «падмасана» дешет. Падмасанага жаңы отурган адам алды менен эки тизесин бири бирине айкаштыра отурушка көндүрүшү керек. Буга киришкен адам бир топ эле кыйналат, тизелери чыдатпай уюп ооруйт. Ушуну Алла Таала Куранда «...*Силерди тизелеген ишиңерге даярдайт*» деп маалымат берип жатат. Буга чейин туура которулбай, туура түшүнүгү айтылбай келе жаткан аят сөзүнүн мааниси ушундай.

[7] Хаж сүрөөсүндөгү 47-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

[8] Кыдыр пайгамбар тууралуу айтылып жатат. Кыдыр алэй салам Жер үстүндөгү калайыкты кыяматка чейин күбө пайгамбар катары күзөтөт.

[9] Куранга түшүндүрмө жазышкан аалымдар Зул-Карнайн (алэй салам) тууралуу ар кандай пикирлерди жазышкан. Жүздөгөн жылдардан бери карай ал тууралуу ар кандай пикирлер айтылып, айрымдар аны Александр Македонский дешсе, башка бирөөлөрү Йемен падышаларынын бири болгон деп санашат. Ал Персиянын Кир деген улуу падышасы болгон экен дегендери да бар. Мунун баарысы туура эмес.

«Зул-Карнайн» деген араб сөзү «эки мүйүздүү» дегенди билдирет деп айткандар да жаңылышат. «*Зул – карн – айн*» деген сөздү (зул-ээси, карн-муун, айн-экилик сан) «эки муундун ээси» деп түшүнсөк, бул пайгамбарды туура тааныган болобуз. Анткени, Зул-Карнайн пайгамбар Топон суудан алдыңкы аман калган жана андан кийинки Худ жана Салих пайгамбарлардын учурундагы аман калган муундарды, тагыраак айтсак Жер алдындагы дүйнөнү (кыяматка чейин) күзөтүүчү Күбө Пайгамбар десек болот.

Жогорудагы Курандын маалыматында Зул-Карнайн пайгамбардын күн чыгышка да, күн батышка да жеткени айтылып жатат. Топон суугa чейинки Жер бетинин географиялык түзүлүшүн биле албасак да, ага чейин бир эле материк болгон болсо керек деп ойлогонго болот. Анткени Зул-Карнайн пайгамбардын күн чыгышка да, күн батышка да жеткени айтылып, буга салыштырмалуу деңиздерден өткөнү айтылбай жатат. Ушундан улам Топон

сууга чейин Жер бетинде бир эле материк болсо керек деген пикир да чындыкка көбүрөөк жакындагансыйт.

Яжуж менен Мажуж тууралуу бир гана нерсени, алардын Жер алдындагы дүйнөгө таандык жырткыч калк экенин чындык катары айтсак болот. Анткени алардын «Үңкүр» деген сүрөөдө Жер алдындагы дүйнөгө таандык «Ар-Ракимде» жашаган калктын, ошондой эле алар менен бирге сомати - үңкүрдө уктап жаткан жигиттердин бирге эскерилип жатканы да бекеринен эмес. А үңкүр деген жер алдына таандык мекен дегенге жакын.

Болжолу, Зул-Карнайн пайгамбардын заманында технология абдан бийик деңгээлге өсүп жетип, бул пайгамбар Яжуж менен Мажуждү жер алдына камагандан кийин алардын чыгып келе турган жолуна темир эритип куюп жатат. Эгер Зул-Карнайн пайгамбардын күн чыгыш менен күн батышка барганын эске алсак, анда ал же түндүк тарапка, же түштүк тарапка да барыш керек болчу. Андай болсо, бул жырткыч калайык планетанын Түндүк уюлуна, же Түштүк уюлуна жакын жерде Жер алдына камалганын гана айта алабыз.

19.МАРЙАМ

1. Меккеде түшкөн. 98 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 44.
2. Закарийя пайгамбар өзүнөн кийин динди уланта турган пайгамбардын болбогонуна өкүнүп жатат.
3. Мечиттин (диний храмдын) намаздын учурунда имам тура турган эң алдыңкы жайы.
4. Тин сүрөөсүндөгү аяттардын түшүндүрмөсүнө караңыз.

20. ТАХА

1. Меккеде түшкөн. 135 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 45.
2. Бакара сүрөөсүндөгү 255-аяттын түшүндүрмөсүнө караңыз.
3. Муминун сүрөөсүндөгү 29-аяттын түшүндүрмөсүнө караңыз.

21. АНБИА

1. Меккеде түшкөн. 78 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 73.
2. Йунус пайгамбар.
3. Бакара сүрөөсүндөгү 255-аяттын түшүндүрмөсүнө караңыз.

22. ХАЖ

1. Мединада түшкөн. 112 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 103.
2. Бул аяттын жардамы менен адамзаттын өткөн үч доорун (Адам Ата, Нух жана Ибрахим пайгамбарлардын доорун) эсептесек болот. Муну ушундай кылып эсептешибиз керек.

«...Биз Нухту калкына жибердик. Ал алардын арасында элүү жылы кем ***миң жыл*** *турганда топон суу жетти. Алар залим калайык болчу.*

Биз аны да, кемеге түшкөндөрдү да куткардык. Аны дүйнөгө бир аят кылдык».

(Жөргөмүш сүрөөсү, 14–15-аяттары)

Бул эки аятта Адам Атанын мезгилинен топон сууга чейинки өткөн доордун жыл эсеби айтылган. Бирок бир нерсеге өзгөчө көңүл бөлүшүбүз керек. Эмне үчүн бу эки аятта тике эле 950 жыл деп айтылбай «элүү жылы кем **миң жыл**» деп айтылып жатат? Миң жылга өзгөчө басым жасалыптыр! Негизги табышмак ушунда жатат. Мунун табышмагы башка бир аяттарда ушундай чечмеленет.

«Эгер алар сени жалганчы кылып жатышса, анда аларга чейин эле Нухтун калкы да, Ад (калкы) да,Самуд (калкы) да, Ибрахимдин калкы да, Луттун калкы да, Мадйандын тургундары да элчи пайгамбарларды жалганга чыгарышкан; Муса да жалганчы болгон. Мен капырларга мөөнөт бердим да, андан кийин кармадым. Күмөн кылгандар кандай болду! Аларга азабым кандай болду!

Калкы залим болуп кеткен нечендеген калааларды кыйраттык! Алар орду түбү менен кыйрады! Нечендеген кудуктар соолуп, курулган сарайлар урады!

Алар сезе турган жүрөгү менен, же уга турган кулагы менен Жер бетин кезип акылга келишкен жокпу? Алар көр болбосо да көкүрөгүндөгү жүрөктөрү сезбей калган. Алар сени шаштырса да, Алла Өзүнүн убадасын бузбайт. Сенин Эгеңдин эсебинде бир күн силер эсептеген миң жылга барабар».

(Ажы сүрөөсү, 42–47-аяттары)

Жогоруда келтирилген аяттарда Жер үстүндө жашап өткөн калайыктар ирети менен айтылыптыр. Оболу, топон сууга чейин Нух пайгамбардын калкы өткөн. Нух пайгамбар Адам Ата доорунун эң акырында келген элчи пайгамбар болуп, топон суунун келиш кабарын айткан акыркы пайгамбар болуп жатат. Ушул себептен Куранда топон сууга чейинки калайык «Нухтун калкы» деп эскерилип, бул доордогу пайгамбарчылыктын мөөнөтү да Нух пайгамбар менен соңуна чыккан. Ошондон улам *«Ал алардын арасында элүү жылы кем миң жыл турганда топон суу жетти»* деп айтылып жатат. Муну Нух пайгамбардын жашы экен деп жаңылбашыбыз керек. Куранда эч бир пайгамбардын жашы эскерилген эмес. Буга зарылчылык жок. Куран санжыра эмес.

Андан кийинки калайыктар Куранда топон суудан кийин келген калайыктар катары эскерилген. Эми жогорудагы аяттын *«Сенин Эгеңдин эсебинде бир күн силер эсептеген миң жылга барабар»* деген сөзүнө ылайык 950 жылды ар бир күнүн миң жылга айландырсак, анда Адам Атанын учурунан тодун топон сууга чейин канча жыл өткөнүн биле алабыз. Ыңгайлуу болуш үчүн бир айды 30 күн, бир жылды 360 күн деп санайлы. Эсептейбиз:

950 x 360 = 342 000 күн;

342 000 x 1000 = 342 000 000 жыл;

Демек, Адам Атанын доору 342 миллион жылга созулган. Эми, топон сууданан Ибрахим пайгамбарга чейин канча өткөнүн эсептейбиз. Муну төмөндөгү аяттардын маанисинен билебиз.

«...Сен Үңкүр ээлери менен ар-Раким ээлерин Биздин ажайып аяттарыбыз катары санайсыңбы?

Бир убакта жигиттер үңкүргө бекиништи да, айтышты: «Эгебиз! Өзүң бизге ырайым кыл, ишибизди туура жолго кой».

Үңкүрдүн ичинде Биз алардын кулактарын бир топ жылга укпай турган кылып койдук.

Биз ошондон кийин алардын (үңкүрдүн ичинде) канча болгонун бул эки топтун кайсынысы жакшы эсептешин билишибиз үчүн тирилткенбиз.

Биз сага алардын акыйкат кабарын айтып жатабыз. Алар Өз Эгесине ишенишкен жигиттер болчу. Алардын туура жолун узакка создук.

Биз алардын жүрөгүнө кубат бердик. Алар (ойгонуп) турушкан учурда айтышты: «Биздин Эгебиз – асмандар менен жердин Эгеси. Эч качан Андан башка кудайга сыйынбайбыз! Андай болсо биз чектен чыккан болобуз».

Биздин калкыбыз Анын ордуна башка кудайларды кабыл алышты. Алары ачык бийлиги менен деле келишкен жок. Аллага жалган айткандан да залим ким бар?

Алладан башкага кулдук кылгандардан бөлүнгөн болсоңор, анда үңкүргө бекингиле. Эгеңер силерге ырайым жеткирет, силердин ишиңерге көмөк көрсөтөт.

Күн чыкканда алардын үңкүрүнөн оң жакка жантайганын, (ошондой эле) батканда сол жакта калганын көрөт элең. Алар болсо кеңири жерде жай алышкан болчу. Бул – Алланын аяттарынын бири. Алла кимди туура жолго баштаса, ал туура жол табат. Кимди адаштырган болсо, анда аны куткара турганды эч качан таба албайсың.

Сен аларды ойгоо деп ойлойсуң. Алар уктап жатышат. Биз аларды оң жагына да, сол жагына да оодарып турабыз. Алардын ити эки алдыңкы бутун астанага сунуп жатат. Эгер сен аларды көрчү болсоң катуу коркуп качып чыгат болчусуң.

Ошентип, Биз аларды өз ара бири биринен сурашсын деп тирилттик. Алардын бири айтты: «Канча убакыт болдуңар?» Алар айтышты: «Бир күн, же жарым күн болдук». Алар (өз ара) айтышты: «Канча болгонуңарды Эгеңер жакшы билет. Бириңерди бу тыйыныңар менен шаарга жибергиле. Ал (барып) карап көрсүн. Кайсы тамак адал болсо, (ошондон) тамак үчүн силерге (сатып) алып келсин. Сак болсун. Силер жөнүндө эч бирөөгө (шек алдырып) сездирбесин.

Эгер алар силерди тапчу болсо ташбараңга алат, силерди өздөрүнүн динине кайтарат. Андай болсо силер эч качан бак таба албайсыңар».

Ошентип Биз Алланын убадасы ак экенин, кыямат шексиз экенин билиши үчүн аларга (шаар калкына) билдирдик. Алар болсо алардын иши тууралуу талаш-тартышка түшүп айтышты: «Алардын (турган жеринин) үстүнө имарат куруп салгыла. Алар жөнүндө алардын Эгеси жакшы билет». Алардын иши тууралуу сөзү бийик келгендер айтышты: «Алардын (турган жерине) мечит курабыз!»

Алар айтып жатышат: «Алар – үчөө эле, төртүнчүсү ит болчу!» Башкалары айтып жатышат: «Бешөө болчу, алтынчысы ит болчу». Айт: «Алардын санын Эгем жакшы билет. Аны аз гана адамдар билет».

Алар менен ачык-айкын талаш кылба. Алардын эч кимисинен алар тууралуу сураба.

Эч бир жумушту «эртең кылам деп айтпа».

Анткени Алланын эмне каалап жатканын билбейсиң. Унутуп калсаң Эгеңди эсте да, айт: «Балким, Эгем мени мындан да туура жолго салар».

Алар өздөрүнүн үңкүрүндө үч жүз жыл калышкан. Дагы тогуз жыл кошулду.

(Үңкүр сүрөөсү, 16–27-аяттары)

Бир нече жаш жигиттердин үңкүргө кирип кетип көп жылдар бою уктап, ошондон кийин да ойгонуп сыртка чыгышканы, андан кийин да кайрадан үңкүргө кирип уктап калышканын окуп жатабыз. Булар кандай жигиттер? Азыр Тибеттин тоолорундагы сомати-үңкүрлөрдө байыркы доордо кирип кеткен адамдардын миллиондогон жылдардан бери эле медитация абалында бир калыпта отурганы белгилүү болду. *(Бул жөнүндө Кахф сүрөөсүндөгү 9-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз).*

Эми, жогорудагы 19 аяттын катарында турган 6-аяттагы *«алардын канча болгонун бул эки топтун кайсынысы жакшы эсептейт»* деген сөзүнөн, бул жигиттер топон суудан алдыңкы элге, ал эми азык алыш үчүн шаарга барган учурда аларды көргөн шаардыктар топон суудан кийинки калайыктан экенин көрүшүбүз кыйын деле эмес. Демек, бул жигиттер топон суу учурунда үңкүргө кирген болуп, ошондон 300 жылдан кийин ойгонушкан. Эсептейбиз:

300 жыл х 360 күн = 108 000 күн;

108 000 күн х 1000 жыл = 108 000 000 жыл;

Бул 108 000 000 жыл эмнени билдирет? Маалыматта убакыттын чен бирдиги катары Күн айтылып жатат. Бул болсо, асмандагы Күн 108 миллион жылда өз орбитасында Галактиканын борборуна бир жолу айланып чыгат дегенди да айтып жатат. Демек, бул – Күндүн бир жылы. Соматинин бир мөөнөтү 108 миллион жыл экен!

309 жыл эмнени билдирет? Мунун жообу ушул. Үңкүрдөгү жигиттер 300 жыл өтүп ойгонгондон кийин кайра сомати абалына киришкен. Ошондон 9 жыл өткөндөн кийин Нух пайгамбардын доору бүтүп (Самуддар Жер бетинен кыйрап), адамзаттын акыркы доору – Ибрахим пайгамбардын доору башталды. Эсептейбиз:

309 жыл х 360 күн = 111240 күн;

111 240 күн х 1000 жыл = 111 240 000 жыл;

Эки доордун (Адам Ата менен Нух пайгамбар доорун) жылдарын кошуп, Адам Атадан Ибрахим пайгамбарга чейин өткөн жыл эсебин билсек болот. Эсептейбиз:

342 000 000 жыл + 111 240 000 жыл = 453 240 000 жыл;

Ибрахим пайгамбардан Кыяматтын учуру келгенге чейин канча жыл бар? Мунун жообун «Муминун» сүрөөсүнүн 17-аятынан билебиз. Анда ушундай деп айтылат:

*«Биз силердин үстүңөрдө **жети жолду** жараттык. Жараткандарыбыздан бейкабар эмеспиз».*

(С.23, а.17)

Күндүн тынымсыз өз орбитасында жол жүрөрүн билебиз. Бул аяттагы «жети жол» деген сөз Адам Ата Жер бетинде жаралган күндөн кыямат күнгө чейин Күн өз орбитасында Галактиканын борборуна «жети жолу» айланып чыгышын айтып жатат. Эсептейбиз:

108 000 000 жыл х 7 = 756 000 000 жыл;

Ажы учурунда Каабаны 7 жолу айланыш да ушундан чыкканын көрбөй коё албайбыз. Демек, адамзат баарысы болуп Жер бетинде Күн жылы менен эсептесек 7 жыл эле жашайт экен. Эми оболку эки доордун (Адам Ата менен Нух пайгамбар) жылын 756 000 000 жылдан кемитсек, анда Ибрахим пайгамбардан Кыяматтын учуру келгенге чейин канча жыл бар экенин билебиз. Эсептейбиз:

Пайгамбарчылыктын хронологиясы
(756 000 000 жыл)

Доору	Мөөнөтү	Калайыктар
1. Адам Атанын доору	342 000 000 жыл	Алгачкы калайыктар
2. Нух пайгамбардын доору	111 240 000 жыл	Акыркы калайыктар
3. Ибрахим пайгамбардын доору	302 760 000 жыл	Акыркы калайыктар

756 000 000 жыл – 453 240 000 жыл = 302 760 000 жыл;

Ибрахим пайгамбардан бери канча жыл өткөнүн так билбейбиз. Болжол менен 5–6 миң жылдай мезгил өткөн деп жүрөбүз. Эгер мындай болсо, анда келечектеги адамзат кыяматтын болор учурунан миң жылдай же ары, же бери жаңылбай койбойт. А миң жыл деген аз убакыт эмес. Ушундан улам Куранда кыяматтын качан болушун эч ким билбейт деп айтылат.

...1999-жылы 21-июлда башкыр окумуштуусу Александр Чувыров Чандар кыштагынан узундугу 148 см, эни 106 см, калыңдыгы 16 см таш плита тапты. Байыркы мезгилде эле Урал регионунун рельефи түшүрүлгөн картасы экени кызык. Карта мындан 120 миллион жылдай мурун жасалыптыр! Курандагы маалыматтар менен салыштырсак, анда аны Топон суудан алдыңкы адамдар жасаганын көрөбүз. Эң кызыгы мындай картаны жасаш үчүн суперкубаттуу компьютерлер менен космостон тартылып алынган сүрөттөр болмоюнча такыр эле мүмкүн эмес экен! Бул болсо 120 миллион жыл мурда Жер бетинде өтө бийик деңгээлге өсүп жеткен цивилизациянын болгонуна күбө. Карта дүйнөлүк окумуштуулар тарабынан изилденип жатат...

Таш плитанын үстүн карганда эки үлүл табылган. Алардын бири – Gyrodeidae тукумуна киргени – Navicopsina munitus – 50 миллион жылга, а экинчисиники – Ecculiomphalus princeps – Ecculiomphalinae уругуна киргени – 120 миллион жылга барат. Дал ушул мезгил плитанын жасалган убактысы катары кабыл алынды.

– Плитанын жасалган учуру болжол менен Жердин магниттик полюсу азыркы Франц-Иосиф жери турган райондо болсо керек. А бул болсо чын эле 120 миллион жылдай мурун болчу, – дейт профессор Чувыров.

– Биздин көз алдыбызда турган предмет адамзат жөнүндөгү кабыл алынган элестөөлөрдөн сыртка чыгып кетип, ага аргасыз көнүшкө туура келди. Ошентип, биз да өзүбүздүн кереметтүү табылгабызга көндүк. Адегенде плитага 3000 жылдай болсо керек деп ойлодук. Акырындык менен анын жашы улам ары жылып, ага жабыштырылган үлүлдөн дайын боло баштады. А раковинаны ага жандуу учурунда жабыштырылган эмес деп ким четке кага алат? Мунун тескерисинче, картаны жасагандар үлүлдүн ташка айланганын жабыштырган болушу да мүмкүн. Мындай болчу болсо, анда плитанын жашы дагы ары карай илгерилейт.

23. МУМИНУН

1. Меккеде түшкөн. 112 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 78.

2. Бул сүрөөнүн 12-аятынан 52-аятына чейинкий 41 аят үч пайгамбардын (Адам, Нух, Ибрахим) жана эки калайыктын (алгачкы жана кийинки) маалыматын ашык – кеми жок так 19 аят менен кабар берет. (19 аят тууралуу Аала сүрөөсүнүн түшүндүрмөсүн караңыз). Муну ушундай кылып 19 аятка бөлүп эсептесеңиз болот.

41 аяттын оболку 19 аятында (12–30-аяттарда) бизге зарыл болгон Адам Атанын доорундагы маалыматтар (муну менен бирге жалпы адамзатка таандык маалыматтар да) баяндалган. Бул маалыматта Топон суу менен бирге Алгачкы калайыктардын (Адам Атанын) доору бүткөнүн да көрүп жатабыз.

41 аяттын катарындагы 12–30-аяттарда, (сүрөөнүн 23–41-аяттарында) Топон суу менен бирге Адам Атанын доору аяктап, андан кийин Нух пайгамбардын доорунда жашаган калайыктар тууралуу айтылып, булар Жер бетинде чагылгандай «бир чаңырык» менен тыптыйпыл кыйрап жок болгону айтылган. Муну менен Нух пайгамбардын доору аяктаганын да көрүп жатабыз.

41 аяттын катарындагы 12–19-аяттарда (сүрөөнүн 23–30-аяттарында) Топон суу менен бирге Адам Атанын доору аяктаганы айтылып, буга 31–41-аяттарды улап окусак (сүрөөнүн 42–52-аяттары) Ибрахим пайгамбардын доору тууралуу маалымат алабыз.

3. Бул жерде Адам Атадан акыры кыяматка чейин Жер бетине келип жашай турган жалпы адамзаттын жашоосунун мөөнөтү Галактиканын борборуна Күндүн жети жолу айланып чыккан мезгилинче созулаары айтылып

жатат. Бул тууралында Хаж сүрөөсүндөгү 47 – аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

4. Күнү бүгүнгө чейин бул аяттагы Сайна тоосу боюнча Синай тоосу болуш керек деген жаңылыш пикир айтылып келе жатат. Курандын текстинде Сайна деп жазылып турат. Анда Синай деген тоо эч бир жерде айтылган эмес. Бул тоого кылдат назар салсак, Адам Атанын доорундагы тоо экенин көрбөй коё албайбыз. Анткени, бул 19 аятта Адам Атанын дооруна таандык гана маалыматтар эскерилип жатканын эске алсак, анда Адам Ата ушул тоодо жашаганын да унутпашыбыз керек. Муну адамзат билиши керек экен! Куран ушундан улам бул тоону өз аты менен эскерип жатат. Илгериде бу тоону тактайбыз.

5. Худ сүрөөсүндөгү 40-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

6. Аяттагы «Ыйык Журт» жогоруда эскерилген Сайна тоосуна жакын болуш керек. Анткени, Адам Атанын доорундагы калайык ажы ибадатын өткөрө турган «Ыйык Журт» Нух пайгамбардын учурундагы дүйнөнү капырлык баскан мезгилде унутулган болуп, Нух пайгамбар ушул «Ыйык Журту» азыркы Каабаны учурунда Ибрахим пайгамбар калыбына келтиргендей калыбына келтириш керек болчу. Топон суудан кийинки калайык ал жерге ажы ибадаты үчүн барышка милдеттүү эле. Бул Ыйык Журт кайда турат? Куранда бул Ыйык Журт тууралында эки жолу эскерилет. Анда мындай деп айтылат:

«Сага Мусанын окуясы жеттиби?

Бир убакта ал отту көргөндө үй-бүлөсүнө айтты: «Мен отту көрдүм, мени күткүлө. Балким мен андан чычала да алып келээрмин, же оттун жанынан туура жол тапсам керек». Ал оттун жанына жетип келгенде авоз келди: «Эй, Муса! Мен сенин Эгеңмин. Бут кийимиңди чеч!

*Сен **Ыйык Тува өрөөнүндөсүң».***

(С.20,а.9-13)

«Сага Мусанын окуясы жеттиби?

*Бир убакта аны **Эгеси Ыйык Тува өрөөнүндө чакырып айтты:***

«Фараонго бар, ал жолдон азды».

(С.79,а.15-17)

Демек, Муса пайгамбар Тува өрөөнүнө (Россия, Тува АССР) барган болуп жатат. Анда Сайна тоосу деле Тувадагы Саян тоосу экенин көрөбүз. Адам Ата Саян тоосун жердеген экен!

Орто кылымдагы Куранга түшүндүрмө жазган аалымдардын көпчүлүгү эле Аравия аймагында жашагандыктан алар Азиянын бардык райондорун жакшы билишкен эмес. Ошондон улам алар Тооратттагы маалыматка карап, Сайна тоосун Муса пайгамбар чыккан Синай тоосу болуш керек деп божомол кылышкан. А Муса пайгамбар болсо Фараондон качкандан кийин Египет тарапка такыр баргысы келген эмес. Анткени, ал Фараондун өлтүрүп коюшунан корккон болчу. Алла Таала ага Ыйык Тува өрөөнүндө пайгамбарлык даража берип, Фараонго барышка буйрук кылганда да ал айтып жатат:

«Ал айтты: «Эгем, мен алардан бирөөсүн өлтүргөм. Алардын мени өлтүрүп коюшунан коркуп жатам».

(С.28,а.12)

Ошентип, Муса пайгамбар Египетке эмес, Ыйык Тувага билбей эле барып алганын көрүп жатабыз. Саян тоо демекчи, үч Саян тоосу бар: Улуу Саян, Чыгыш Саян жана Батыш Саян. Адам Атанын учурундагы ажы ибадаты өтө турган Ыйык Журт кайсы Саян тоосуна жакын турат?

Алла Таала Мухаммед пайгамбарга айтып жатат:

«(Эй, Мухаммед) Сен Мусанын ишин Биз чечип жатканда күн батыш тарапта катышып турган эмес элең».

(С.28,а.44)

Жогорудагы аяттын маанисинен Адам Атанын учурундагы ажы кыла турган Ыйык Журт Батыш Саянга жакын турганын окуп жатабыз.

7. Топон суудан бизге аят катары Түндүк жана Түштүк уюлдагы Жер алдындагы дүйнөгө кире турган эки көңдөй тешик калган. Худ сүрөөсүндөгү 40–аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

8. Ааараф сүрөөсүндөгү 78-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

9. Тосмо (парда) деген мааниде.

24. НУР

1. Мединада түшкөн. 64 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 102.

2. Келечекте планетардык масштабда боло турган катаклизм тууралуу айтылып жатат.

25. ФУРКАН

1. Меккеде түшкөн. 77 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 42.

2. Франциянын белгилүү океанограф окумуштуусу Жак Ив Кусто дүйнөгө кеңири белгилүү окумуштуулардын бири. Ал «Жандуу деңиз» деген телеберүү сериалынан коомчулукка океандагы кызык бир кубулушту ачыкка чыгарды. Окумуштуу Гибралтар кысыгында суу мейкиндигин изилдеп жатып эки башка суу катмарынын, же болбосо Жер Ортолук деңизи менен Атлантика океанынын суулары миң жылдар бою бири-бирине кошулганы менен ортолоруна жука парда тартып тосулгандай таптакыр аралашып кетпегенин аныктады. Алардын ар биринин температурасы да, туздуулугунун составы да бири биринен айырмаланып, өздөрүнө гана таандык жандуу тиричилик дүйнөсү бар. Мунун себебин азыркы илим түшүндүрө албайт экен! Ушундай эле кубулуш Инд океаны менен Кызыл деңиз кошулган Аден булуңунда бар экени 1962-жылы немис окумуштуулары тарабынан да аныкталган. Бул болсо мурун эле Куранда айтылган экен.

3. Хижр сүрөөсүндөгү 16-аяттын жана Саффат сүрөөсүндөгү 7-аяттын түшүндүрмөсүнө караңыз.

26. ШУАРА

1. Меккеде түшкөн. 227 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 47.
2. Астероид.

27. НАМЛ

1. Меккеде түшкөн. 93 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 48.
2. Ааараф сүрөөсүндөгү 78-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.
3. Кыяматтын жакын калган бир белгиси катары жер алдынан чыгып адамдарга сүйлөй турган жаныбар.

28. КАСАС

1. Меккеде түшкөн. 88 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 49.
2. Алыскы шаар – Саламат Шаар. Бул шаардан келген киши Кыдыр пайгамбар болуп жатат. Ал болочок пайгамбар Мусага жардам бериш үчүн шашылыш келип жатат. Бул туурасында толугураак Тин сүрөөсүндөгү аяттардын түшүндүрмөсүн да караңыз.
3. Ыйык Тува өрөөнү. Муминун сүрөөсүндөгү 20-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.
4. Муминун сүрөөсүндөгү 20-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.
5. Муминун сүрөөсүндөгү 20-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.
6. Карун Фараондун жакын адамдарынын бири болсо да, ээлеген кызмат орду маалым эмес.

29. АНКАБУТ

1. Меккеде түшкөн. 69 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 85.
2. Хаж сүрөөсүндөгү 47-аяттын түшүндүрмөсүнө караңыз.

30. РУМ

1. Меккеде түшкөн. 60 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 84.
2. 602-608-жылдардын аралыгында болгон Иран менен Византиянын ортосундагы согуш тууралуу айтылып жатат. Оболдо ирандыктар жеңишке жетишкен болсо да, кийинчерээк экөөсү тең мусулман аскерлери тарабынан жеңилген. Муну Куран алдын ала кабар берген.
3. Шура сүрөөсүндөгү 13-аяттын түшүндүрмөсүнө караңыз.

31. ЛУКМАН

1. Мекеде түшкөн. 34 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 57.

32. САЖДА

1. Меккеде түшкөн. 30 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 75.
2. Бакара сүрөөсүндөгү 7-аяттын жана Хаж сүрөөсүндөгү 47-аяттын түшүндүрмөсүнө караңыз.

33. АХЗАБ

1. Мединада түшкөн. 73 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 90.
2. 627-жылы (Мединага) мусулмандарга каршы согуш ачып кирип келген Бану Надир, Гатафан жана Курайш уруулары тууралуу айтылууда.
3. Пайгамбардын бакма баласы Зайд ибн Харис тууралуу айтылууда.

34. САБА

1. Меккеде түшкөн. 54 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 58.
2. Худ сүрөөсүндөгү 40-аяттын түшүндүрмөсүнө караңыз.

35. ФААТИР

1. Меккеде түшкөн. 45 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 43.
2. Табигый жолдор ак, кара жана кызыл түстө болбойт. Бул жерде атайын ар кыл түстө кимдир бирөөлөр тарабынан курулган жолдор туурасында айтылып жатат.

Поляк изилдөөчүсү Ян Паенк жер алдындагы тоннелдер дүйнөнүн бардык континенттерине жөргөмүштүн желеси сымал таралып кеткенин айтат. Бул тоннелдер өтө жогорку технологиянын жардамы менен курулуп, ага азыркы адамдардын акылы да жетпей жатат. Алар жалаң эле кургак жерде эмес, деңиздер менен океандардын алдынан да өтөт. Ал тоннелдер жөн эле казылбай, алардын беттери айнектей тегиз абдан бекем материал менен да капталган. Бул тоннелдердин байыркысы мындан 30 миллион жылдай мурун, эң акыркылары бир миллиондой жыл мурда курулганы белгилүү болду.

Академик Евгений Воробьев (Россия) бул боюнча ушундай деп жазат: «2003-жылы Подмосковьеде (Солнечногорск шаарына жакын) табышмактуу окуя болду. Верешенский айыл өкмөтүнүн айдоочусу Владимир Сайченко тарабынан Бездонное көлүнөн АКШнын «Коул» эсминецинде кызмат өтөгөн матрос Сэм Беловскинин коргоочу күрмөсү табылган. Ал күрмөдө анын аты жазылып, ал матрос болсо 2000-жылы 12-октябрда эле террористтер тарабынан өлгөн болчу. Анда 4 матрос өлүп, 10 матрос дайынсыз жоголгон. Текшерип көргөндө чын эле коргоочу күрмө матрос Сэм Беловскиники экени анык болду.

Бул коргоочу күрмө Инд океанынан 4000 км аралыкта Россиянын төрүндө турган көлгө кандайча жетип келди? Кайсы жол менен келди? Демек, кандайдыр бир бизге белгисиз, Жер бетиндеги материктердин эң алыскы чектерине чейин бири-бирине байланыштырып турган жолдор, жер алдындагы тоннелдер бар. А бирок,алар качан жана кимдер тарабынан эмне максатта курулган? Ар кандай изилдөөчүлөр тарабынан ар башка континенттерде метро сымал курулган тоннелдер, бункерлер, шахталар бар экени аныкталып, булар атайын жер алдында адамзаттын мурдагы цивилизациясы тарабынан казылып жасалганы маалым болду. Алардын ичинде бизге белгисиз технологиянын жардамы менен жасалгандары да бар. XXI кылымдын башында ар кайсы континенттерден табылган мындай табылгалар көбөйө баштады.

Байыркы тоннелдерге окшош жер алдында тоннель куруш оңой иш эмес. Ал жер алдында иштей турган жумуштун техникасын, жер кыртышын трансформация кыла турган механизмдерди чар тараптуу өздөштүргөн билимге толук ээ болушту талап кылат. Бул ишти байыркы дүйнөдөлөгүлөр азыркы курулган тоннелдерге салыштырмалуу өтө эле жогорку деңгээлде иштешип, алардын дубалдардын беттерин укмуштай таң каларлык даражада эритип куйгандай тептегиз кылып жасашканына акыл да жетпейт. Албетте, ал тоннелдердин баарысы эле бир учурда жасалган эмес. Байыркы дүйнөдө курулган тоннелдердин реалдуу маалыматтарына карап көрөлү.

Крымда деңиз деңгээлинен 900 м бийиктикте Чатыр-Даг тоо массивинде жайгашкан Мраморная деген белгилүү үңкүр бар. Үңкүрдүн кире беришине баргандардын баарысы эле чени 20 метрдей трубага окшогон чоң залды көрүшөт. Азыр анын жарымына ар кандай жер титирөөлөрдүн таасиринен урап түшкөн гипс сымал породалар ташка айланып катып толуп калган. Анын жаракасынан төмөн карай асылган сталактиттер саландап, аларга карай созулган сталагмиттер көңүлдү өзүнө тартып турат.

Мурун ал дубалдар абдан тептегиз тоннель болуп, тоо массивинен төмөн карай деңиз жакка кеткенине эч ким деле көңүл бөлбөйт. Анын дубалдары жакшы сакталып, эрозияга учураган эмес. Же болбосо биздин алдыбызда Кара деңиздин деңгээлинен 1 км бийиктиктен башталып кайдадыр бир тарапка төмөн карай кеткен тоннелдин бир бөлүгү турат. Кара деңиз чуңкуру эоцен жана олигоцен (30 млн. жылдай мурун) доорунда чоң астероиддин Крым тоо кыркасына түшүп талкалагандан кийин пайда болгонун эске алсак, анда Мраморная үңкүрү байыркы тоннелдин кичинекей эле бир фрагменти болуп, анын негизги бөлүгү 30 млн. жыл мурун астероид тарабынан талкаланган тоо массивинде жайгашкан болчу деп ойлогонго толук негиз бар.

Спелеологдордун акыркы маалыматтары боюнча Ай-Петри массивинин алдында да чоң көндөй бар экени белгилүү болду. Мындан башка Крым менен Кавказды туташтырып турган тоннель да табылган.

Кавказ регионунун уфологдору бир экспедициянын учурунда Арус тоосунун каршысында жайгашкан Уваров тоо кыркасынын алдындагы тоннелдердин бири Крым жарым аралына карай, башка бири болсо Краснодар, Ейск жана Ростов-на-Дон шаарларынан өтүп Поволжьеге чейин созулуп барышын аныкташты. Тилекке каршы, экспедициянын катышуучулары муну ийне-жибине чейин такташып бүтө элек.

А Поволжьеде болсо 1997-жылдан бери карай «Космопоиск» экспедициясы тарабынан жакшы изилденген белгилүү Медведицкая тоо кыркасы турат. Андан табылып ондогон километр туш тарапка тарам-тарам болуп кеткен тоннелдер жакшы изилденип картага түшүрүлгөн.

Тоннелдердин айланта диаметри 7 метрден 20 метрге чейин жетип, ушундай туруктуу эни боюнча жер алды менен 6-30 м терендикте туш тарапка таралат. Медведицкая тоо кыркасына жогорулап жакындаган сайын тоннелдердин диаметри 22 метрден 35 метрге чейин өсүп, андан ары 80, ал

эми анын чокусуна жакын барганда көңгөйдүн диаметри 120 метрге жетип чоң залга айланат. Бул жерде ар кайсы бурчтан 7 метрлик үч тоннель ар кайсы тарапка кетет. Мындан Медведицкая тоо кыркасы түйүн экени түшүнүктүү болуп, башка тараптан келген тоннелдер да бу жерде туташышат. Буга Кавказдыкы да кошулат. Бу жерден бир эле Крымга эмес, Россиянын түндүгүнө да, Жаңы Жерге да, андан ары карай Түндүк Америка континентине барууга да болот. Кээ бирөөлөр бул тоннелдер азыр деле колдонулуп, алар менен НЛО аппараттары жүрөт деп эсептешет. Бирок бул тоннелдер алар тарабынан курулган эмес дешет. П. Мироничонконун «Легенда об ЛСП» деген китебинде биздин өлкөбүздө, Крым, Алтай, Урал, Сибирь жана Ыраакы Чыгышка чейин желе сымал байланышып турган тоннелдер бар дегени таң каларлык деле эмес. Алардын жайгашкан жерин эле таап чыгып калбаса, көбүнчө кокусунан эле табылып калып жатат. Воронеж областындагы Селявное айылында жашаган Евгений Чесноков көк майсаң жайыкта чуңкурга түшүп кетип караса, андан ар тарапка кеткен тоннелдер бар экен. Дубалдарында ар кандай символикалык сүрөттөр тартылыптыр.

Кавказдагы Геленджик капчыгайында илгертен эле найзадай түптүз типтик кеткен шахта бар. Анын диаметри бир жарым метр, терендиги 100 метрден ашат. Мындан башка анын дагы бир өзгөчөлүгү, дубалы эритилип куйгандай тептегиз. Аны изилдеп көргөндө дубал бир эле учурда механикалык да, термикалык да аракет менен жасалып, анын бетине 1-1,5 мм абдан катуу калыңдыктагы материал менен капталган. Андайды бүгүнкү өнүккөн техника менен да жасаш мүмкүн эмес, а дубалдын эритилип куйгандай жасалышы техногендик иштин жыйынтыгынан чыкканына ачык күбө. Анын үстүнө шахтада интенсивдүү радиациалык фон да бар. Демек, бул (шахта) Поволжьеге, Медведицкая тоо кыркасына кеткен горизонталдуу тоннелдерге бул аймактан тике ылдый түшүп байланыштырган кызматты аткарган.

Согуштан кийинки жылдары (1950-ж) СССР дин жашыруун чечими менен Татар кысыгы аркылуу материкти Сахалин аралына кошо турган тоннель куруп темир жол жүргүзгөнгө чечим чыкканы белгилүү. Кийин бул сырды анда иштеген физика-механикалык илимдердин доктору Л. С. Берман 1991-жылы ачыкка чыгарып, Воронеждеги «Мемориал» бөлүмүндөгү эскерүүсүндө, аны азыркы куруучулар курбай эле эң байыркы бир заманда курулган тоннелди эле алар кайра калыбына келтирип жатканын айткан болчу. Байыркы тарытылган тоннель өтө чоң билим менен кысыктын геологиялык чоо-жайын да эсепке алган экен. Ал тоннелде ар кандай түшүнүксүз механизмдер менен муташка айланып калган жаныбарлардын да табылганы эскерилген болчу. Мунун баарысы атайын кызматттын жашыруун базасында жоголду. Ошентип, П. Мирошниченконун биздин өлкө менен Ыраакы Чыгыш тоннелдер менен байланышып турат деп айткандарынын толук негизи бар. А бул пайдаланылган тоннелдин Сахалин аралынан Японияга өтүп кетиши да аныk.

Эми, **Батыш Европанын райондоруна**, Татра Бескида тоо массивиндеги Словения менен Польшанын чегине өтөлү. Бул жерде «Бескида ханышасы» –

1725 м бийиктикте турган Бабья тоосу бар. Байыркы мезгилден бери эле бул аймакка жакын жашагандар менен бул тоого байланышкан сыр сактылып келе жатат. Анда жашаган тургундардан Винсент деген бирөө атасынын сунушу менен ага кошулуп айылдан Бабья тоосуна барганын айткан. 600 м бийиктикте ал атасы менен бир тараптагы уркуйган аскага барса, анда тарткан арабасы ат кирсе боло тургандай эшик бар экен. Ачык турган тоннель балык жон тартып түптүз найзадай узун да, бийик да болуп, ага бүтүндөй эле поезд да батат. Тептегиз болуп жаркыраган дубалы айнек менен капталгандай көрүнөт (дагы деле Жерден башка жактагы цивилизациянын ыкыбы?). Ичи купкургак. Эңкейиш кеткен тоннель бир топтон кийин аларды эбегейсиз зор бочка сымал залга алып барган. Анда бир топ тоннелдер болуп, алардын айрымдары балык жон тарткан тегерек, айрымдары үч бурчтук болуп туташышат. Винсенттин атасынын айтканы боюнча бул тоннелдер аркылуу ар кайсы өлкөлөр менен ар кайсы континенттерге барса да болот. Сол жактагы тоннель Германияга, андан кийин Англияга өтүп, андан ары Америка континентине кетет. Оң жактагы тоннель Россиядан өтүп барып Кавказга, андан ары Кытай менен Японияга, андан кийин Америкага барып сол жактагысына барып кошулат. Америкага башка тоннелдер менен деле, Жер шарынын Түндүк жана Түштүк уюлдарына тартылган тоннелдер менен барса да болот экен. Ар бир тоннелдин жолунда ушуга окшош эле «түйүн станциялар» да бар. Анын айтуусуна караганда бул тоннелдер азыр деле колдонулуп, алар менен НЛО аппараттары жүрөт.

Англиядан алынган маалымат боюнча, шахтерлор тоннелдин өткөн жерине жакын өздөрүнүн жумуштары боюнча жүргөндө андан иштеп жаткан механизмдин добушу келип жатканын угушкан. Ал эми калың ташты тешип караганда кудукка карай алып бара турган лестницаны көрүшүп, ага жакындаган сайын иштеп жаткан механизмдин добушу бийиктей баштаган болчу. Ошондон кийин эч кандай маалыматтар айтылбай калды. Балким алар Германиядан кеткен тоннелге алып бара турган тике ылдый түшүүчү шахтаны кокусунан табышкан болушу да мүмкүн. А келип жаткан үн болсо ал тоннелдин иштеп жатканына күбө болуп турган.

Америка континенти да байыркы тоннелдер жайгашкан аймактар боюнча маалыматка бай.Белгилүү изилдөөчү Эндрю Томас Америкада жер алдындагы горизонталдуу да, вертикалдуу да байыркы тоннелдердин дагы деле дубалдары эритип куюлгандай тегиз, айрымдары болсо эң сонун сакталганын бекем ишенич менен айтат. Найзадай түз кеткен тоннелдер бүтүндөй континентке таралган. Алардын бир түйүнү Калифорниядагы Шаста тоосунда. Анда ага алып бара турган бир нече шахта да бар. Андан кеткен жолдор Калифорния менен Нью-Мексикага барат.

Буга Калифорниядагы анчалык чоң эмес Бишоп деген шаарчадагы жубайлар Айрис менен Ник Маршалл экөөсүнүн Казо Дьябло деген тоолуу жердеги үңүргө кирген учурдагы окуясы далил болду. Үңкүрдүн дубалы менен полу айнектей жаркырап, абдан таң каларлыктай тегиз экен. Дубалдын

беттери менен шыбына кызыктай иероглиф жазуулар чийилиптир. Бир дубалдын бетиндеги анчалык чоң эмес тешиктен бүлбүлдөгөн жарык чачырап турат. Андан кийин алар жер алдынан чыккан кызыктай добушту укканда шашылып эле качып чыгышкан. Болжолу алар кокусунан эле жер астындагы кадимкидей иштеп жаткан тоннелдердин бирине кире турган жерге туш болушса керек.

1980-жылы дагы деле болсо **Калифорниянын** жээгинен континенттин астын карай бир нече жүздөгөн метр терең кирип кеткен чоң көңдөй мейкиндик табылган. Бул чын эле жер алдындагы тоннелдердин түйүнүнүн бири экенине шек жок.

Тоннелдердин бар экенине штат Невададагы белгилүү полигондо абдан терең жерде ядердик сыноо өткөрүлгөн учурдагы күтүлбөгөн эффектин ушундай фактысы далил болду. Эки сааттан кийин эле Невададагы полигондон 2000 км аралыкта турган Канаданын согуштук базаларынын биринде радиациянын деңгээли нормадан 20 эсе жогору көтөрүлүп кеткен. Бул кандайча болушу мүмкүн? Көрсө, базанын жанында континенттин үңкүрлөрү менен тоннелдеринин чоң системасынын бир бөлүгүнө кирген зор бир үңкүр бар экен. 1963-жылы тоннелге өтө турган жерде чоң эшик табылган эле. Андан ары мрамор тепкич менен төмөн карай түшкөнгө болот экен. Болжолу, бул дагы тоннелдердин системасына карай кире турган бир жери болуш керек. Тилекке каршы бул кайсы жерде экени так маалым болбой калды.

Штат Айдаходо антрополог Джеймс Маккин бир чоң үңкүрдү изилдеп, таш менен курулган кеңири тоннель менен бир нече жүздөгөн метрге барганда чыдап болбой турган күкүрттүн жыты келгенде токтогонго аргасыз болгон. Анда коркунуч туудурган адамдардын сөөгү, түпкүрдөн чыгып жаткан үн да угулган. Ошондон улам изилдөөнү токтотушка туура келген. Мексиканын территориясындагы адам аз жашаган чөлдөрүнүн биринде Сатано де лас Голондринас үңкүрүнүн тереңдиги бир километрден ашык, эни болсо бир нече метрге жетет. Анын дубалдары баштан-аяк абдан тегиз. А ичинде болсо ар кандай «бөлмөлөр», ар кандай «өткөөл жолдор» болуп, «ар тарапка кетткен тоннелдерден» баш айланат. Континент аралык тоннелдердин бир түйүнүбү?

Түштүк Америка Түндүгүнөн тоннелдер боюнча кем калышпайт. Жакында эле профессор Э. Фон Деникен Наска чөлүнүн астын изилдеп жатып бир нече километрге созулган тоннелди тапкан болчу. Анда азырга чейин таза суу да агып турат экен.

1965-жылы Эквадордо аргентиналык изилдөөчү Хуан Мориц тарабынан Морона-Сантьяго провинциясындагы Галаквиза – Сан-Антонио – Йопи шаарларынын аймагынан эч кимге белгисиз болгон жер алдындагы тоннелдер менен желдеткич шахталардын жалпысынан жүздөгөн километрге созулган белгилүү бир системасы табылып картага да түшүрүлгөн болчу.

Тоннель системасына кире турган жердеги аскада складдын эшигинче жери абдан тыкандык менен кесилип жасалганы көрүнүп турат. Горизонтал-

дуу платформадан акырындап төмөн карай 230 метрге барганга болот. Анда 90 градуска карай бурулган тик бурчтуу кесилишкен тоннель бар. Дубалдары глазурь менен капталгандай тептегиз. Ар кайсы жеринде 70 см ге жакын бирдей аралыкта жай алган желдеткич шахталары да бар. Анын борбордук бөлүгүндө пластик сымал белгисиз материалдан жасалган стол менен бирге жети «такта» да бар. Ал жети «тактанын» жанында пилдердин, кескелдириктердин, крокодилдердин, төөлөрдүн, бизондордун, арстандардын, аюулардын, маймылдардын, карышкырлардын, ягуарлардын жана краб (деңиз таш бакасы) менен курттардын алтындан куюлуп жасалган чоң-чоң фигуралары бар экен.

Ушул эле залда бир нече миң 96х48 см өлчөмүндө кандайдыр бир белгилер оюлуп, металлдан жасалган пластиналар жайгашкан «китепкана» бар. Ар бир пластинага өзгөчө мөөр басылыптыр. Х. Мориц ошондой эле глобуска түшүрүлгөн адамдын фигурасы бар «тумар» (11х6 см) да тапкан.

Тоннелдер менен залдарда ар кандай сүрөттөр менен символдор тартылып, моюнга асып жүрө турган (дисктер, пластиналар, чоң-чоң «мончок-тор») нерселер көп болчу. Дубалдарга оюп түшүрүлгөн динозаврлардын сүрөттөрү да бар. Пластиналарда блок менен курулган пирамидалардын сүрөттөрү да учурайт. А пирамиданын символу катары асманда учуп жүргөн (сойлоп жүргөн эмес!) жыландар кошо турат. Мындай сүрөттөр жүздөп санаат. Айрым бир пластинкаларда астрономиялык түшүнүктөр да тартылып, космоско карай саякаттардын идеясы да чагылдырылган.

Х.Мориц тарабынан жасалган бул ачылыш кандайдыр бир деңгээлде тоннелди кимдер курганы жана алардын билим деңгээли менен бирге болжолдуу доорун иликтегенге (алар динозаврларды көргөн болуп жатат) да жардам беришине эч бир күмөн жок.

1976-жылы англиялык-эквадордук биргелешкен экспедиция **Перу менен Эквадордун чегиндеги Лос-Тайос районунда** жайланышкан тоннелди изилдеген болчу. Андагы залда да белгисиз материалдан жасалган, белдиги эки метрдей стулдар курчаган бир стол табылган. Башка бир жеринен ортосунда кууш өткөөлү бар зал да табылган болчу. Дубалдарында китеп коё турган текчелери болуп, анда ар бири 400 беттен турган чоң көлөмдөгү байыркы китептер бар экен. Ал китептердин баракчарындагы түшүнүксүз тоголо жазуулар чылк алтын тамгалар менен жазылыптыр. Албетте, тоннелдер менен залды кургандар жалаң эле жол катары эмес, баалуу маалыматтарды узак мезгилге чейин сакташ үчүн кургандары да көрүнүп турат. Азыр болсо ал жайлардын колдонулбаганы түшүнүктүү.

1971-жылы окумуштуу спеолологдор **Перунун территориясында үңкүрлөрдү** табышса, алардын кире беришин асканын блоктору тосуп жаткан экен. Изилдөөчүлөр 100 м тереңдикке жетишкенде чоң залга жетишкен. Анын полуна атайын рельеф менен блоктор терилиптир. Мунун деле тептегиз дубалдарында иероглифтерге окшогон жазуулары бар. Андан ар кайсы тарапка кеткен тоннелдер да көп. Алардан айрымдары деңиз тара-

ты карай кетип, суу асты менен уланып кете берет. Ошентип, биз дагы бир станциянын түйүнүнө туш болдук окшойт.

Башка бир тарапта Ла-Помадан Кайафтеге (Аргентина)чейинки тегиз аймакта турган Качо шаарынан анчалык узак эмес жерде азыр деле жер кыртышы жогорку деңгээлдеги радиоактивдүүлүккө жана электризацияга, вибрация менен микротолкундун таркалышына эө экени Равн биофизикалык институтунун окумуштуулары Омар Хосе менен Хорхе Диллетайндын 2003-жылдагы жүргүзгөн изилдөөлөрү боюнча аныкталды.

Алар бул кубулуштун техногендик мүнөзгө ээ жана бир нече километр тереңдикте жер алдындагы кандайдыр бир техникалык түзүлүштөрдүн (машиналардын) иштеп жатканынан улам болуп жатат деп эсептешет. Болжолу, бул азыркы эле учурда жер алдында жумуш аткарып иштеп жаткан ишкана болуш керек.

Чилиден келген маалымат да таң каларлык болду. 1972-жылы Чили өкмөтүнөн С. Альенденин чакыруусу менен советтик экспедициянын тоокызматы боюнча иштеген адистер тобу Николай Попов жана Ефим Чубариндин жетекчилиги менен эски шахта рудасын изилдөө жана кайрадан жезди республиканын керектөөсү үчүн өндүрүп чыгарууну ишке ашырыш үчүн барышкан эле. Адистер Чичуан шаарынан 40 км узакта мурунтан унутулуп кеткен кен чыкчу жерге жөнөшкөн. Шахтанын оозун тазалашкандан кийин Попов менен Чубарин бир нече ондогон метр жүрүшкөндө 10 градус бурчтук менен төмөн карай кете турган өтмөктү табышкан. Өтмөктүн диаметри бир жарым метр болуп, толкун сымал кетет экен. Биздин адистер ал өтмөктү изилдемек болушуп 80 метр төмөн түшүшкөндө ал горизонталдуу абалга өтүп, жездин арбын өндүрүлүп чыгарылган тилкеси экени маалым болду. Ал жүз метрге жакын созулуп жатыптыр.

А бирок аны качан эле жогорку технологиялык жол менен иштетип алышкан экен. Иштетилген порода эч кандай таштанды болбой эле таза эле бойдон жатат. Бир аз ары жактан адистер формасы менен өлчөмү төө куштун жумурткасындай уютулган жездин бири биринен 25–30 кадам аралыкта 40–50 даанадан үйүлүп жатканын көрүштү. Андан кийин алар жылан кейпине окшош механизмди – диаметри бир метрге, узундугу 5–6 метрге жакын комбайнды көрүшкөн эле. Ал жез чыккан тилкеде жатып, тоннелдин дубалынан жезди соруп алат экен. Аны көпкө карап турушка мүмкүн болгон жок. Анткени, кичинекей көлөмдөгү – диаметри 20 см, узундугу 1,5 – 2 м жылан кейпиндеги жаңы механизм көрүнүп, алар болсо чоң механизмдер жетпеген жерге жылып бара алышат экен. Муну менен бирге чакырылбаган коноктордун келишине каршы аткара турган милдеттерди да аткарышат.

А эми болсо, НЛОнун химиялык составын эсибизге ала турган болсок, алар 90 процент жезден турат. Демек, биздин адистер кокусунан эле НЛО нун өкүлдөрү иштеткен жез кенине кабылышкан. Алар өздөрүнүн ремонту үчүн жезди ошол жерден алышат. Демек, алардын жаңы типтеги НЛО аппараттарын жасай турган базасы Түштүк Американын тоолорунда турат. А бул

болсо кандай жол менен чоң өлчөмдгү тептегиз мыкты тоннелдердин жасалышы тууралуу түшүнүк боюнча да мүмкүнчүлүк берип жатат.

Ошентип, Түштүк Америкада жер астынан туш тарапка тарам-тарам кеткен тоннелдер бар деген легенда куру сөз эмес. Алтын менен кымбат баалуу буюмдарды издегенге конкистадорлор бир эле кылым убакыт кетиришкен эмес. Инктер болсо аларды Анд тоо кыркасынын астындагы тоннелдерге сакташкан. Алардын байыркы борбору Кустодо болуп, бир нече жүздөгөн километрге Перунун территориясында эле эмес, Экваторго, Чилиге жана Боливияга чейин созулган. Ага кире турган жерлерди инктердин императорунун аялы бекиттирген болчу. Ошентип, байыркы менен анчалык узак эмес жакындагы эле окуялар бири-бирине чырмалышып жатат.

Түштүк – Чыгыш Азия да байыркы тоннелдерден куру эмес. Шооратты жайылган Шамбала Тибетте көп сандаган бири-бирине өткөөл жолдору жана тоннелдери менен байланышкан үңкүрлөрү, анда малдаш токунуп «сомати» абалында (өлүк да, тирик да эмес) отурган даанышмандары менен эзелтен бери карай жай алып турат. Иштеп жаткан тоннелдер башка бир максатта – Жердин генофондун жана негизги баалуулуктарын сактоо үчүн да колдонулуп келген. Көзү ачык даанышмандар тарабынан «сомати» абалындагыларга барууга, анда адаттагыдай эмес ташый турган траспорттун, ошондой эле дубалдары тептегиз тоннелдердин бар экени тууралуу айтылган сөздөрү аз эмес.

Кытайдын Хунань провинциясындагы Дунтинху көлүнүн түштүк жээгинде, Ухань шаарынын түштүк–батыш тарабындагы тегерек пирамидалардын катарынан археологдор жабылып калган өтмөктү табышкан. Ал аларды жер алдындагы лабиринтке алып барган. Анын таш дубалдары абдан мыкты жасалып тептегиз экен. Окумуштуулар анын табигый эмес, адам колунан жаралганын көрүштү. Симметриялуу жасалган өтмөктөрдүн бири археологдорду жер астындагы чоң бир залга алып барган болчу. Анын дубалдары менен шыбына көп сүрөттөр чегилиптир. Ал сүрөттөрдүн биринде аңчылык боюнча тартылып, сүрөттүн жогору тарабында «азыркы учурдагыдай кийимчен», НЛО аппаратына абдан окшош тегерек кораблде бирөө отурат. Кишилер жаныбарды найза менен кубалашып, ал эми алардын үстүндө учуп жүргөн «урматтуусу» жаныбарга карай мылтыгын мээлеп жатат.

Башка бир сүрөттө Күн системасын эске салып бири биринен бирдей аралыкта борборду айланта жай алган 10 шар турат. Ошол эле учурда үчүнчү шар (Жер) менен төртүнчү шар (Марс) өз ара топчу сымал линия аркылуу кошулган экен. Бул болсо Жер менен Марстын кандайдыр бир байланышын айтып тургандай болуп жатат. Катар турган пирамидалардын жашын окумуштуулар 45 000 жыл экенин аныкташты. А бирок тоннелдер алардан бир топ мезгил мурун курулуп, Жерде жашагандар адарды кийинчерээк колдонушкан.

Түштүк-Батыш Кытайдын калк аз жашаган провинциясы болгон Цинхайда, Тибеттеги Их-Цайдам шаарынан узак эмес жерде Байгонг тоосу тездуу жана тузсуз көлдөрү менен жай алган.

Суусу тездуу Тосон көлүнүн түштүк жээгинде 60 метр бийиктикте үңкүрлөрү менен жалгыз турган аска көтөрүлүп турат.

Алардын биринде табигый эмес тептегиз жасалган дубалдарынын жогору тарабынан диаметри 40 см дат басып ийилген труба чыгып турат. Башка бир труба жер астына карай кирет. Ал эми үңкүрдүн кире беришинде диаметри 10 см ден 40 см ге чейинки 12 труба бири-бирине уланып ичкери карай кирип кеткен. Алар бири-бири менен параллель жайгашкан. Көлдүн жака белиндеги аскалар менен кумдан да чыгыштан батышка карай диаметри 2–4,5 см бир топ чыгып турган трубаларды көрүүгө болот. Бар болгону бир нече миллиметр келген майда трубалар да болуп, алардын бири да дат баскан эмес. Аларды изилдеп көргөндө 30 проценти темир окисинен, калган көпчүлүгү кремний менен кальцийдин окисинен тургандыгы маалым болду. Алардын составы өтө узак мезгилден бери карай темир окисинен турганы аныкталып, бул трубалардын байыркы мезгилге таандык экени да ачык болду.

Мунун баарысы – үңкүрлөр да, трубалар да имараттын калдыгы, а балким, ракета жана космостук кораблдин старт ала турган аянты болуп, жерге таандык эмес цивилизациянын өкүлдөрү тарабынан курулганы, муну менен бирге бүткүл дүйнөгө жер алдындагы тоннелдерди кургандар ушулар болуш керек дегенди да айткансыйт. Булар кандайдыр бир себептер менен (мисалы, старт майданындагы комплекс кыйрап) Жерди таштап кетише алган эмес.

Египеттин Гиза платосундагы пирамидалар менен байыркы храмдардын урандылары жалпыга белгилүү. А бирок, анын астында эмне бар экени анча деле белгилүү эмес. Окумуштуулардын акыркы изилдөөлөрүнө караганда пирамидалардын алдындагы платолордун ичинде алиге дейре изилдене элек зор имараттар бар. Окумуштуулар андан таралган тоннелдер желе сымал ондогон километрге созулуп Кызыл деңизге, ошондой эле Атлантика океанынын жээгине барат деп болжолдошот. Эми Түштүк Америкада изилденген тоннелдердин Атлантика океанынын түбүнө карай кеткенин эске алалы... Болжолу булар бири бирине карай бет алса керек.

Жакынкы Чыгышта Сириянын Алеппо шаарынын аймагындагы илимге анчалык белгилүү боло элек жергиликтүү тургундар тарабынан аталган «көчүп түшкөн жерди» биз изилдегенбиз. Бул дөбө-дөбө болуп турган кургак жердеги дөбөлөрдүн бирине келгенибизде анын жогору башынан төмөн карай тереңдиги 70 метр, диаметри 120 метр дубалы бар зор көңдөйдү көргөнүбүздө абдан таң калдык. Тегиз жерде мындай кантип болсун? Тургундардын айтканына караганда бул байыркы заманда көз ачып-жумгуча эле пайда болуптур. Кийинчерээк топурак түшүп толо бергенинен улам көңдөйдүн диаметри 10 метрдей эле болуп калган. Ага түшкөн топурактын көлөмүн карап көрө турган болсок, көңдөйдүн ичине 1,6 млн. Куб. м топурак түшкөнүн көрүүгө болот. Анткени топурак жумшарганда жок дегенде эки эсеге көбөйөт. Эми бизге белгилүү болгон жер алдында курулган залдардын принциптерин эстей турган болсок, башка жактагылардан – Медведицкая тоо кыркасында, Бабья тоосунда, Андыдагы жер алдында залдар бар. Алар-

дын баарысы эле тоолордун же бийик дөбөлөрдүн ичинде курулган. Болжолу, бу жерде да жер алдындагы тоннелдердин бир «түйүнү» болгон окшойт.

Ливан тоолорунун Сирия тарапты караган жээктеринде да ушундай бир нече «көчүп түшкөн жерлери» бар экени белгилүү. Жер титиреген учурда жогортон баскан басымга туруштук бере албай урап түшкөн.

Жер шарына желе болуп таралган тоннелдердин айрымдары сууга чөгүп, айрымдары кургак жерде кыйрап, айрымдарын НЛО аппараттары жашыруун пайдаланып жатканын билип туруп, Подмосковьедеги Бездонное көлүнө Аден кысыгынан Беловскинин жилети кантип жетип келгенин элестетсек болот. Бул үчүн жер алдында түндүккө карай агымга ээ суу менен толгон тоннелдердин желеси болуш керек болчу.

Болжолу, ошол жерден башталган тоннель Аравия жарым аралынан өтүп Сирия аркылуу Каспийге жеткенде Краснодардан келген тоннелдер менен кошулуп, андан ары Ростовго барганда Воронеж областына карай бутактап бөлүнүп, Бездонное көлүнө жеткенден кийин Татрдан келип Поволжьеге кетчү тоннелдерге кошулат.

Бул тоннелдердин курулушу ар кайсы мезгилге тийиштүү: эң байыркылары (30 миллион жылдан мурункулары) болуп, өткөн катаклизмдерден улам бузулуп, кээ бирлерине чөгүп кеткенден кийин да топурак толгон. Буга салыштырмалуу 1 миллион жыл мурунку курулгандары жакшы сакталып, айрымдары өтө мыкты сакталып иштеп жатканы үчүн НЛО аппараттары аны колдонуп жатышат. Бул тоннелдер дубалдарындагы жөнөкөй адамдар менен бирге жогорку дегээлге жеткен «улук» адамдар менен бирге аралаш кызматташып жаткан сүрөттөрүнө караганда (Анд тоолорундагы), болжолу, бизге чейин да инктер эскергенин көңүлгө алсак, анда булар адамзаттын алгачкы стадиясында эле курулган болуш керек. Кандай болгон күндө да алар космостон келгендер эмес, бийик деңгээлге өсүп жеткен технологияга ээ болуп, аябагандай узак аралыкка созулуп жеткен ушундай инженердик курулуштарды салгандар жогорку цивилизациялык деңгээлге өсүп жеткен төрт расанын эле бири болуш керек.

Же болбосо космостон келгендер болсо биздин планетада боло турган катаклизм учурунда жер алдына тоннеллдерди куруп отурбай эле өз мекенделине учуп кетишип, Жерде болуп жаткан окуяларга тынч эле узактан байкоо салып тура беришет болчу.

Биз Жер шарында ар бир 200 миллион жылда бир жолу глобалдуу масштабда катаклизм болуп, мындан 80 процент флора менен фауна жоголушун билебиз. Мындай катаклизмдин акыркысы мындан 30 миллион жылдай мурун эоцендин доорунда астероиддердин келип түшкөнүнөн болгон. Жер бетине келип түшкөн кичинекей астероиддердин таасиринен улам болгон анчалык чоң эмес кыйроолор – жер титирөөлөр, суу ташкындары, вулкандардын атылып чыгышы 100, 41 жана 21 миң жыл мурун болуп өткөн. Болжолу, байыркы цивилизациянын өкүлдөрү ушундай циклдерди билгени үчүн мындан аман калыш максат менен бүтүндөй Жер шарына жер асты

менен кеткен желе сымал тоннелдерди жана жер астындагы курулуштарды сыртта болуп жаткан апааттардан сактаныш үчүн курган болуш керек».

36. ЙАСИН

1. Меккеде түшкөн. 83 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 41.
2. Салих пайгамбар.
3. Касас сүрөөсүндөгү 20-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз. Демек, Кыдыр пайгамбардын Салих пайгамбардын учурунда эле бар экенин да көрбөй коё албайбыз. Бул тууралуу толугураак Тин сүрөөсүндөгү аяттардын түшүндүрмөсүн да караңыз.
4. Болжолу, мурунку келген эки пайгамбардын бирин өлтүрүшкөнү тууралуу айтылып жатат.
5. Ааараф сүрөөсүндөгү 78-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

37. САФФАТ

1. Меккеде түшкөн. 182 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 56.
2. Асман сакчылары (Жылдыздар Асманын күзөткөн сакчы периштелердин Улук Жамааты) жай алган мунаралар тууралуу айтылып жатат. Бул болсо Курандагы «буруж» деген түшүнүктү (сөздү) топ жылдыз деп түшүнүштү да жокко чыгарып жатат. Жер бетинде мындай Улук Жамаат Саламат шаарда (Шамбалада) сегиз пайгамбардан турат. Бул тууралуу толугураак маалыматты Тин сүрөөсүндөгү аяттардын түшүндүрмөсүн караңыз.
3. Метеорит.

38. САД

1. Меккеде түшкөн. 88 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 38.
2. Бул тууралуу толугураак маалыматты Тин сүрөөсүндөгү аяттардын түшүндүрмөсүн караңыз.

39. ЗУМАР

1. Меккеде түшкөн. 75 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 59.
2. Адам Ата
3. Обо Эне
4. Анам сүрөөсүндөгү 143-аяттын түшүндүрмөсүнө караңыз.

40. МУМИН

1. Мединада түшкөн. 200 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 89.

41. ФУССИЛАТ

1. Меккеде түшкөн. 54 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 61.
2. Бул тууралуу Ааараф сүрөөсүндөгү (72, 78) аяттардын түшүндүрмөсүн караңыз.

Куранда Ак дин туурасында эскерилген (С9,а29, С9,а33,С61,а9) төрт аят бар. Жогорудагы аят алардын бири. «Дин» деген сөз Кудайдын осуяты дегенди билдирет экен деп айтып өттүк.

Демек, Курандагы «Ак дин» деген түшүнүктү Кудайдан келген «Ак осуят» деп билишибиз керек экен.

Мунун окыркысы да Ыйык Курандын өзү болуп жатат.

Учурунда кээ бир элчи пайгамбарларга Кудайдан келген осуяттар «Ыйык Китеп» катары жазылган. Буга Муса (Моисей) пайгамбарга түшкөн «Тоорат», Дөөт (Давид) пайгамбарга түшкөн Забур, Иса (Иисус) пайгамбарга түшкөн Инжил деген Ыйык Китептер кирет. Бул аты аталган Ыйык Китептер биздин учурга канчалык деңгээлде бурмаланбай жетип келди? Бул өз алдынча карала турган маселе. Куран ушундай Ыйык Китептердин эң акыркысы болуп, ал Мухаммед пайгамбарга түшкөн учурда кандай окулган болсо, ошол үлгүсүндө анын бир сөзү да, бир тамгасы да эч бир өзгөрүүсүз окулуп келе жатат. Буга салыштырмалуу мурдагы Ыйык Китептер биздин учурга түп нускасында сакталып жетип келе да алган жок. Андай Ыйык Китептер адамзатка Нух пайгамбардын учурунан бери карай эле тынымсыз түшкөн болсо да, биз алардын жогоруда аталгандарынан башкасын билбей калдык. Анткени, Нух пайгамбардын учурунан бери карай узак мезгил өтүп, мындай узак доордун аралыгында жүздөгөн муундар Жер бетинде тыптыйпыл кыйраган болчу. Азыркы муун мындан таптакыр эле кабарсыз калып, бул туурасында азыр эч бир маалымат деле жок. Мурунку өткөн муундар туурасында Куранда ушундай деп кабар берилген.

«Биз Нух менен Ибрахимди жибердик. Алардын урпактарына Пайгамбарлыкты да, Жазууну да (үзгүлтүксүз) берип турганбыз. Алардан Туура жол менен жүргөндөрү да, бузулуп кеткендери да бар».

(С.57,а.27)

«Биз (кайсы бир) токчулукка зэ болгон калааны кыйрата турган болсок, алар анда күнөөгө батып кеткен болсо, анда Биз буйрук бергенбиз. Ошондо сөз да акыйкатына чыккан эле. Биз аны орду түбү менен тыптыйпыл кыйратканбыз!

Биз Нухтан кийин нечендеген муундарды кыйраттык! Күнөөкөр кулдарын Көрүүчү да, Билүүчү да Эгең Өзү!»

(С.17,а.16-17)

«Элчи-пайгамбарларды Нухтун калкы жалганчы кылышканда сууга чөктүрүп жибергенбиз. Аларды калайык үчүн бир аят кылдык. (Мындай) залимдерге жан ооруткан азапты да даяр кылып койгонбуз».

(Нухтан кийинки) Ад калкы да, Самуд калкы да, ар-Рассанын тургундары да, булардын арасында өткөн көптөгөн муундар да (залим болчу).

Биз алардын баарысына мисал кетирдик. Бүт баарысын кыйратып өлтүрдүк».

(С.25,а.37-39)

Текст (рис. 1)

(1) 

(2) 

Транскрипциясы

(1) Сіз аlіма кунчу^ума о^ланыма будунума СІзІма алтмыш ^ашымда (адырылтым).

(2) Атым Аl Ту^ан тутук бан та^рі аlмка аlчІ артІm, алты ба^ будунка баг артІм.

Орусча котормосу

(1) От вас, мое государство, мои госпожи (принцессы), мои сыновья, мой народ, от вас моих в шестьдесят лет (я отделился, т. е. умер).

(2) Мое имя Эль Туган тутук. Я был посланником (эльчи) у божественного моего государства. Я был князем (бег) шестисоставному народу (народу шести отделов – алты ба^).

Орусчага текст анча-мынча туура эмес которулуптур. *«Я был посланником (Эльчи) у божественного моего государства»* эмес, *«Я был посланником Тенгри моего народа»* болуп туура которулушу керек болчу. Бул тексттин *«Теңирдин элине элчи элем»* деген сөзүнүн маанисинен Эл Туган Тутук деген адам Теңирдин элчиси – элчи-пайгамбары болгонун көрүп жатабыз. Демек, Эл Туган Тутук Алтай аймагына жиберилген элчи-пайгамбарлардын эле бири экен. Ушундан улам кыргыз эли эзелден Бир Кудайды таанып бутпарас болбой, Ак динден тайыбай, ошондон улам Ак дин түшүнүгү бекеринен Маназа айтылбаганына эч бир күмөн да калбайт.

Куранда аты айтылбаган пайгамбарлар да бар. Бул туурасында мындай деп айтылган:

«Биз Нухка жашыруун кабар бергендей, андан кийинки Ибрахимге да, Исмаилге да, Исхакка да, Йакубка да, (алардын) неберелерине да, Исага да, Аййубка да, Йунуска да, Харунга да, Сулайманга да жашыруун кабар бергендей, сага да жашыруун кабар бердик. Даудка Забурду бердик.

Биздин сага мурдагы пайгамбарлардан айткандарыбыз да бар, алардан сага айтпагандарыбыз да бар. Алла Мусаны да сөзгө тартып сүйлөшкөн».

(С.4.а.163-164)

Бул аяттын мазмунунан Куранда аты аталган элчи пайгамбарлардын жалаң эле Палестина менен Египет тарапта өткөнүн байкасак, анда Алтай менен Ала-Тоо аймагында өткөн пайгамбарлардын айтылбаганын оңой эле көрөбүз. Бул жакта өткөн пайгамбарларды алардын билиши зарыл деле көрөбүз. А балким, Ибрахим пайгамбарга чейин ал аймакта пайгамбар деле болгон эмес болуш керек.

Акыркы мезгилде түрк элдери өзөлдөн Теңирге сыйынган, ошондуктан «Теңир+чилик» эң байыркы окуу, эң байыркы дин деген темада жазылган китептер менен макалалар көбөйүп, «теңир+чилик» деген жаңы лексика да пайда болду. «Теңир» деген Кудайдын аты өзөлдөн бар экенине эч бир талаш жок. Өзөлдөн ата-бабаларыбыз «Теңир колдосун!», «Теңир жалгасын!» деп тилек да кылышкан, бата да беришкен, аны бир Кудай деп таанып келишкен. Бута салыштырмалуу «теңир+чилик» деген сөз демократия келгенге чейин эч бир айтылган да, жазылган да эмес. Мисалы, Манасты баш кылып бүткүл эпостору, макал-лакаптары, бүтүндөй фольклордук материалдарын баарысын топтосок деле «Теңир» деген сөз учурайт, «Теңир+чилик» деген сөз бир да жерде, мейли оозеки болсун, мейли жазма түрүндө болсун учурабайт. Мисалы, онунчу кылымда жашаган Жусуп Баласагын өзүнүн «Кутуу билим» деген белгилүү дастанында жазат:

«Да бири теңдеши жок Фарук болду
Сөзүн бек, ишке тыкан асыл айлуу.
Арттырып Ак динди үчүн сунган колун,
Кеңейтти шариаттын ыйык жолун».

Онунчу кылымда жазылган бул маалымат деле элибизде «Ак дин» деген түшүнүк такай эле болгонуна күбө болуп жатат.

Теңирчилик деген сөз Батыштан келди окшойт. Батыш окумуштуулары түрк тилдүү элдердин маданиятын окуп үйрөнүүгө киришкенде, алардын Теңирге ишенээрин билишти да, дининин атын билише албай коюшту. Окумуштуулар үчүн шарттуу түрдө болсо да бир термин керек. Ушундай зарылдыктан улам Теңирге сыйынган элдердин динин айласызданып (илимге зарылдыктан улам) «тенгрианство» деп батыштын көп бир окумуштуулар жыйырманчы кылымда жаза коюшуп, орусчаны эне тилиндей мыкты билген айрым бир түрк тилдүү окумуштуулар алеки саатта эле аны «теңир+чилик» деп которушуп алышты.

Бул туурасында Р.Н. Бекертинов өзүнүн «Тенгрианство – религия тюрков и монголов» деген китебинин башында ушундай деп жазат: «Еще до принятия буддизма, христианство, ислама тюрки имели свою, более древнюю и самобытную религию. Она была основана на культе космической божества Тэнгре. Представление о Тэнгре, восходящее своими корнями к V–IV тысячелетию до н.э., как о главном божестве было характерно для всех тюрков и монголов Великой Степи, что дало повод французскому религий Жан-Поль Ру назвать его обобщающим термином «тенгризм». Тенгризм, по сути, не расходится с русским эквивалентом «тенгрианство». В научной литературе они оба широко используются».

Бул цитатанын маанисинен ушуну эле анык көрөбүз. Бизден заманга чейин 5 миң жылдай мурун жашаган жалпы түрк менен монгол калкы Теңирге ишенип келишкенин белгилүү болуп, муну XX кылымда байкап койгон француздун Жан-Поль Ру деген бир дин изилдөөчүсү (чындыгында ал дин изилдөөчү эмес, бар болгону искусство таануучу эле болчу) жалпылоочу термин катары «тенгризм» дегенди ойлоп таба койгон. Анан ал француз окумуштуунун (тенгризм) «тенгрианство» деген термини алеки саатта «теңир+чилик» болду да калды. Акыркы жыйырма беш жылдай мезгилдин ичинде бизге кирип келген орду жок терминдин тарыхы ушундай. Илимдин тарыхында жаңылыш теориялар менен божомол көз караштар боло берет. Бул айып эмес, бар болгону жаңылыштык. Эми, учуру келип Манастан чыгып жаткан «Ак динди» жасалма «теңир+чиликтин» ордуна колдонсок, анда «Ак» деген түшүнүктү системалуу дүйнөтааным катары окуп үйрөнсөк да болот. Ошондо туура багыт алат элек. Бул эми, келечектин иши, келечектин чоң жоопкерчилиги.

Түбөлүк дин (Дин ал каййима). Жаратылышта ары кызык, ары таң калыштуу бузулбаган бир мыйзам бар. Мисалы, күн менен түн кезек менен такай алмашат. Дайыма эрте менен эрте чыгыш тараптан Күн чыгат. Ушундай эле ай сайын бир айдын толук цикли өтүп кайрадан башталат. Бир жыл ичинде төрт мезгил кезек менен алмашат. Өсүмдүктөр өсүп чыгып акыры куурайт. Адам деле, жаныбарлар деле туулуп келет да, акыр аягында өлөт. Ушул сыяктуу толгон-токой мисалдар көп. Бир сөз менен айтканда жаратылышта таптакыр бузулбаган ушундай бир мыйзам бар, ушул мыйзам менен ал жашап, өнүгө берет. Бул мыйзамды Куран «Дин ал каййима» – Туруктуу дин дейт. Куранда бул туурасында ушундай маалымат берилген.

*«Өзүң ханифтер сыяктуу динде түз тур! Пенделерди Алла (Өзү каалагандай) жаратылышта жараткан. Алланын берген жаратылышында (эч бир) өзгөрүү жок. Бул – **Туруктуу дин**. Бирок (калайыктын) көпчүлүгү эле (буга) ишенбейт».*

(С.30, а.30)

Аяттын мазмунунда жаратылышка Кудай тарабынан (берилген осуят) коюлган мыйзам Түбөлүк дин болуп, ал эч качан өзгөрбөй тура берээри, бузулбай аткарыла бериши айтылып жатат. Демек, адам баласына Кудайдан осуят айтылгандай эле бүткүл жаратылышка да Кудайдын осуяты айтылып, ал түбөлүккө бузулбай аткарыла берет экен! Бул туурасында айтылган Курандагы аяттар анын белгилүү бир бөлүгүн түзүп, бул болсо Ак диндин (Ак осуяттын) бир бөлүгү – Түбөлүк дин дегенди да түшүндүрөт. Демек, Түбөлүк дин дегенди Ыйык Китептин жаратылыш жөнүндөгү илими экенин да белдин дегенди Ыйык Китептин жаратылыш жөнүндөгү илими экенин да белгилеп коюшубуз керек. Айрым бир Куран аяттарынын бүгүнкү илим тарабынан ачылган сыры мунун толук бир далили экенине токтолуп кетели.

1). Франциянын белгилүү океанограф окумуштуусу Жак Ив Кусто дүйнөгө кеңири белгилүү окумуштуулардын бири. Ал «Жандуу деңиз» деген телеберүү сериалынан коомчулукка океандагы кызык бир кубулушту ачыкка чыгарды. Окумуштуу Гибралтар кысыгында суу мейкиндигин изилдеп жатып эки башка суу катмарынын, же болбосо Жер Ортолук деңизи менен Атлантика океанынын суулары миң жылдар бою бири-бирине кошулганы менен ортолоруна жука парда тартып тосулгандай таптакыр аралашып кетпегенин аныктады. Алардын ар биринин температурасы да, туздуулугунун составы да бири би-

ринен айрымаланып, өздөрүнө гана таандык жандуу тиричилик дүйнөсү бар. Мунун себебин азыркы илим түшүндүрө албайт экен! Ушундай эле кубулуш Инд океаны менен Кызыл деңиз кошулган Аден булуңунда бар экени 1962-жылы немис окумуштуулары тарабынан да аныкталган. Бул болсо мурун эле Куранда айтылган болчу. Анда ушундай деп айтылган:

«Ал эки деңизди кошту. Мунусу – даамы таза, а тигиниси – туздуу, шор. Экөөсүнүн ортосун кошпой ажыратып турган бекем тосмо койдук».

(С.25, а.53)

2). Жыйырманчы кылымдын башында советтик математик окумуштуу Александр Александрович Фридман Ааламдын эволюциясы тууралуу анын стационардуу эмес экенин, анын кеңейиши жана жыйрылышы тууралуу пикирин айткан. Окумуштуунун бул пикири оболдо реалдуу деп кабыл алынбаса да, кийинчерээк 1929-жылы америкалык астроном Эдвин Хаббл телескоптун жардамы менен Ааламдын, же болбосо галактикалардын өз ара бири биринен тынымсыз узактап кеңейип бара жатканын аныктады. Азыр буга талаш жок. Бул кубулуш Куранда жетинчи кылымдын башында эле айтылып, анда бул туурасында ушундай деп айтылат:

«Биз Асманды кудуретибиз менен жараттык. Аны тынымсыз кеңейтип турабыз».

(С.51, а.47)

Бул кубулуш аныкталгандан кийин окумуштуулар: Аалам түбөлүккө тынымсыз кеңейип кете бериби, же келечек бир мезгилде кайра аркасына жыйрылабы деген суроого да жооп издешти. Алардын ичинен түбөлүк кеңейип кете берет дегендери да, тескерисинче бир мезгилде кайра аркасына жыйрылат дегендери да бар. Бул маселе азыр физикада көңүлдүн борборунда турган эң чоң негизги маселе катары турат. Куранда буга ушундай жооп айтылган:

«Бир күнү Биз Асманды жазуучу барактарын түрмөктөгөндөй түрмөктөйбүз. Обол башта жаратканыбыздай эле убаддабызга ылайык аны кайра кайталайбыз. Биз аракеттебиз».

(С.21, а.104)

Бул аяттын маанисинен улам, Аалам бир мезгилде кайра аркасына жыйрылышын көрүп жатабыз. Ал *«барактарды түрмөктөгөнүбүздөй»* жыйрылат экен. Бул кубулуш – Кыямат. Үбөлүк менен Мейкиндиктин же болбосо бүтүндөй ааламдын жашоосунун бүтүшү дегенди билдирет. Жогоруда айтылгандардан ушундай түшүнүк келип чыгат:

Демек, Түбөлүк дин – бул Аалам Жаратылышка (Аалам-га) берилген Мыйзам – Осуят (Мыйзам).

Төмөндө Түбөлүк дин боюнча айтылган кээ бир аяттарга мисал катары берейин:

«Силер үчүн өлүк жер да бир аят. Биз ага жан берип, андан силер жей турган эгинди да өстүрүп чыгардык.

Биз анда курма менен жүзүм бактарын өстүрүп, булактарды да чыгардык.

Өз колдору менен тигишпеген болсо да, алардын мөмөлөрүнөн жешсин! Алар буга шүгүр кылышпайбы?!

Алардын өздөрүн да, жерден өсүп чыккандардын да баарысын жубу менен кылып, алар билбегендерди жаратканына да шүгүр (дегиле)!

Алар үчүн түн да бир аят. Биз андан жарыкты (күндүздү) бөлүп алып койгонубузда караңгыда калып жатышат.

Күн дагы өз ордуна карай жылып бара жатат. Бул Улук Даанышман Кудайдын мыйзамы!

Айдын дагы тура турган орундарын эски пальманын бутагына окшош кайтып келгидей кылып өлчөп койгонбуз.

Күн Айды кууп жетпейт, түн дагы күндөн ашып өтүп кетпейт. Ар бири мейкиндикте сүзүп жүрөт».

(С.36, а.33-40)

Жыйынтыктап айтсак, Курандагы жаратылышка таандык аяттарды «Туруктуу динге» тийиштүү аяттар деп түшүнүшүбүз керек.

Калыс дин (Ад дин ал Ханиф). Калыс дин (Ад дин ал Ханиф) тууралуу Куранда ушундай айтылган:

«Биздин сага Жазууну түшүргөнүбүз ак Аллага кулдук кыл! Анын динине калыс (кир)! Калыс дин – Алла үчүн!»

(С.39, а.2-3)

«Калыс дин» деген ар бир жеке адамдын өз эркиндиги менен Кудайдын осуятын чын пейилден кабыл алышы, же болбосо, ар кандай ыпыластык менен напс азгырыгынан ыктыярдуу баш тартып, чын жүрөктөн Бир Кудайдын жолуна түшкөн абалын билдирген түшүнүк. Түбүндө бул сөз бир нече миңдеген жылдар мурун эле кыргыз тилинде сүйлөнгөн «калас» деген эле сөз. Мисалы, кыргыз эли өзөлдөн эле арча түтөтүшүп, «Алас, алас, ар балээ-ден калас» деп ар кандай ооруу сыркоолордон, жаман энергетикалык илдеттерден газаланып келишкен. Бул сөз миңдан алты – жети миң жылдай мурун Месопотамияда (азыркы Иракта) жашаган түрк тилдүү байыркы шумерлер арыш-луу сезилиттик тилине өтүп, ошондон улам араб тилине өтөнүп-түмөн-кылууга болбойт. Келечекте илимий кызыкчылык үчүн Курандагы сөз бир соодердүн этнолотиясын дагы терең окуп үйрөнүшүбүз керек. Бул өзүнчө карала турган маселе.

Курандагы ар бир адам үчүн айтылган осуяттар да бар. Мындай аяттар анын белгилүү бир абалдагы түрүнө Мисалы:

«Айт! Ал – Жалгыз Алла,
Алла – Түбөлүк (бар).
Туткан адамсоо, туткан адамсоо,
Ага теңдеш эч ким жоксоо». *((С.112, а.1-4))*

дүйнөдө) эскертилгениңе карабай кор болуп, (акыретте) тозокко ташталасың!»

(С.17, а. 21-39)

Демек, Калыс дин – бул ар бир адамга карата айтылган Алла Тааланын Осуяты. Ал осуяттар Ыйык Жазуунун бир бөлүгүн түзөт.

Куран Калыс диндин өкүлдөрүн «ханифтер» деп атайт. Төмөндөгү аяттан муну ачык эле көрөбүз.

«Аларга ханифтердей Калыс динде туруп Аллага кулдук кылышка, намазды аткарышка, зекетти беришке буйрук болгон. Бул – Туруктуу дин».

(С.98, а.5)

Бул аяттагы айтылган «намаз менен зекеттин» Туруктуу динге кандай байланышы бар экенин карашыбыздын зарылдыгы бар.

Намаз. Бизге ислам орто кылымда Аравиядан Иран аркылуу жетип келди. Ошондон улам кээ бир диний сөздөр араб тилинен да, фарсы тилинен да бизге өткөн. «Намаз» деген сөз фарсы тилинен бизге өтүп, алар Курандагы «салят» деген сөздү өздөрүнө «намаз» деп которуп алышкан. Биз болсо, «намаз» деген сөздүн түпкү түшүнүгүн алиге дейре так билбейбиз, аткарылышын эле билебиз.

Фарсы тили байыркы индустар сүйлөгөн санскрит тилинин бир бутагына кирет. Индустар азыр деле бири-бири менен учурашканда «намасте» деп саламдашышат. Демек, «намаз» деген *учурашуу* деген мааниде. Ушундан улам, намаздагы адамды Кудай менен учурашып жаткандай эле түшүнүшүбүз керек. Эми, намаздын Туруктуу динге байланышын карай турган болсок, бул туурасында Куранда ушундай маалымат берилген.

«Сен көрбөдүңбү? Асмандагылар да, жердегилер да, Күн да, Ай да, жылдыздар да, тоолор да, даректар да, жаныбарлар да Аллага сажда кылышат...»

(С.22. а.18)

Жогорудагы аятта (жети кат) асмандагылардын да, жердегилердин да бүт баарысы эле Кудайга кулдук кылып сажда кылышы айтылып жатат. Сажда кылыш намаздын негизги белгиси. Демек, намазды аткарбаган эч нерсе деле жок. Аяттагы Күн менен Айдын жана жылдыздардын намазынан алардын өз орбитасында так кыймыл менен айланып жатканын көрөбүз. Жердин орбитасында айланган кыймылы менен бирге тоолор деле, жаныбарлар деле, адамдар деле Жердин намазына кошулуп жатканын көрбөй коё албайбыз. Ажы учурунда ажыга баргандардын Каабаны айланышы деле ушунун бир мисалы. Буга чейин Жаратылыштагы мыйзам Туруктуу диндин эле мыйзамы деп айтканбыз. Анда намаз дегенибиз деле Туруктуу диндин бир мыйзамы, башка эмес.

Биздин Ибрахимге, анын калкына карата берген далилдеribиз ушундай. Биз кимдерге кааласак, алардын даражаларын көтөрөбүз. Билүүчү да, Даанышман да сенин Эгең Өзү!»

(С.6, а.74-83)

Ислам дини. Элчи-пайгамбарлар калайык жолдон адашкан белгилүү бир мезгилдерде гана келишкен. Алар алды менен өзү барган элге Кудайдын Ак динин (Ак осуятын, Ыйык Жазууну) билим катары жеткиришкен. Бул туурасында Куранда ушундай маалымат бар.

«Ал (Алла) Өзүнүн элчи (пайгамбарын) Туура жол менен Ак динди (Дин ал хакк) мүшүрүктөрдүн (бутпарастардын) жек көргөнүнө карабай бардык диндердин үстүнөн бийик көрсөтүш үчүн жиберди».

(с.9, а.33)

«Ал карапайым калктын ичинен (аларга) бир элчини жиберди. Аларга мурда адашып жүргөндөрүнө карабай ал Анын аяттарын (аларга) окуп берет. Жазуу менен Даанышмандыктын илимин үйрөтүп, аларды агартат.

Арасында буларга мурунтан кошулбаган башкалары да бар. Даңктуу да, Даанышман да Ал Өзү!»

(С.62, а.2-3)

Эгер элчи-пайгамбар келген эл динди кабыл алып, ал жерде Кудайдын осуятына ылайык жол-жобо менен калк жашап жатса, анда алар мусулман (бир Кудайга баш ийген калк) аталып, Куранда булар ислам дининде жашаган калк катары эскерилет. Анда мындай элди Ислам дининдеги калк, же болбосо мусулмандар дейбиз. Демек, ислам дини деген түшүнүк *коомдук дин* дегенди эле түшүндүрүп, бул болсо Ыйык Жазуунун бир бөлүгү Ислам динине таандык осуяттарды камтыйт дегенди да билдирет. Бул деген элчи-пайгамбарлардын баарысы эле бир киши үчүн эмес, өзү жиберилген коомдун ар бир мүчөсүнө динди жеткириш үчүн келишкен дегенди түшүндүрөт. Эгер биз Куранга кылдат назар салсак, анда акыркы пайгамбар Мухаммед пайгамбар деле мурдагы пайгамбарлардай эле Ак динди таратканын эле көрөбүз. Буга ушундай маалымат бар.

«Ал (Алла) Өзүнүн элчи (пайгамбарын) Туура жол менен Ак динди (Дин ал хакк) мүшүрүктөрдүн (бутпарастардын) жек көргөнүнө карабай бардык диндердин үстүнөн бийик көрсөтүш үчүн жиберди. Алла Өзү буга жетиштүү Күбө!

Мухаммед – Алланын элчи-пайгамбары. Аны менен бирге жүргөндөр капырларга катаал (болсо да), өз ара бири-бирине ырайымдуу...»

(С.48, а.29)

Ислам акыркы пайгамбарга чейин эле бар болчу. Бул туурасында Куранда ушундай маалыматтар берилген.

«Аларга Нух (пайгамбардын) кабарын оку! Бир убакта ал калкына айтты: «Эй, калкым! Менин силердин арааңарда туруп Алланын аяттарын эскертким оорчулук келтирип жатса, анда мен Аллага тобокел кылдым. Өзүңөрдүн сыйынган буркан таштарыңарды жыйнай бергиле, ишиңерди жасай бергиле!

эле. (Анда) Калайыктан коркпогула! Менден корккула! Менин аяттарымды арзыбаган баага сатпагыла! Ким Алла түшүргөн (Жазууга) ылайык өкүм жүргүзбөсө, анда алар – капыр пенделер (дегенбиз)!

Биз анда жазганбыз: жанга – жан, көзгө – көз, мурунга – мурун, кулаккакулак, тишке – тиш; ар кандай жаракатка жараша өч алынат. Ким (жеке жабырлануучу ала турган өчтү) кечип жиберсе, анда анын күнөөлөрү өчүрүлөт. Ким Алла түшүргөн (Жазууга) ылайык өкүм жүргүзбөсө, анда алар – залим пенделер!

Алардын кол алдындагы Тооратты тастык кылыш үчүн мурунку пайгамбарлардын изи менен Марйам уулу Исаны жөнөттүк. Ага Инжилди бергенбиз. Анда туура жол да, жарык нур да бар болчу. Ал алардын кол алдындагы Тооратты туура жол жана такыбалар үчүн насаат экенин да тастыктаган эле.

Инжил ээлери (христиандар) андагы түшкөн (аяттарга) ылайык өкүм жүргүзүшсүн! Ким Алла түшүргөн (Жазууга) ылайык өкүм жүргүзбөсө, анда алар – ыпылас пенделер!

Алардын кол алдындагы Жазууну тастыкташ жана аны коргош үчүн сага да Жазууну түшүрүп жатканыбыз ак! Алардын ортосунда Алла түшүргөн Жазууга ылайык өкүм жүргүз! Өзүңө келген акыйкаттан (тайып) алардын көңүл азгырыгына ээрчип кетпе! Силердин ар бириңерге (өз алдынча) бир жол-жобо (шарият) кылдык. Эгер Алла кааласа, Ал силердин баарыңарды бир эле үмөт кылат болчу. Мындай (кылбаган себеби), Ал силерди Өзүнүн берген жол-жобосуна ылайык сынагысы келет. Жакшылык амалдарды жарышып жасагыла! Баарыңар үчүн Аллага кайтыш бар. Ошондо Ал талашыңардын кабарын силерге билдирет.

Алардын ортосунда Алла түшүргөн Жазууга ылайык өкүм жүргүз! Алардын көңүл азгырыгына ээрчип кетпе! Алланын сага түшүргөн (өкүмдөрүнөн) сени азгырып кетишинен сак бол! Эгер алар баш тартып кетишсе, анда айрым бир күнөөлөрү үчүн аларга Алла кыйынчылыкты каалап жатат деп бил. Калайыктын көпчүлүгү эле ыпылас пенделер».

(С.5, а.44-49)

Жогорудагы аяттардын маалыматынан улам Ибрахим пайгамбарга кайрылсак, анын «ханиф» экени тууралуу түшүнүк анын белгилүү бир коомдогу жеке абалына тиешелүү түшүнүк экенин көрүп жатабыз. Ибрахим пайгамбар Месопатамияда (Иракта) экенинде анын калкы исламды кабыл кылган жок. Анын жеке өзүнөн башка адам динди кабыл кылбай, ал жалгыз эле өзү мусулман болуп, динди орното албады. Демек, ислам орнобогон жерде жашаган бир мусулманды Куран «ханиф» деп атайт. Демек, ханифтер Калыс диндин эле өкүлдөрү болушкан. Ханифтер жер бетинде эч качан үзүлгөн эмес экенин жогоруда эле айттык..

Мухаммед пайгамбар исламдын дин катары ыйман, намаз, орозо, зекет жана ажыдан турушун белгилеген. Ислам орногон жерде ыйманга кирген калайык жамаат менен намаз окушуп, орозо тутушуп, бири-бирине зекет беришип, топ-топ болуп ажыга да барышат. Мындай болгон жерде дин коомдук

көрүнүшкө айланат. Ушундай ибадаттардын көпчүлүк калайык тарабынан аткарылып жатканынын өзү эле ислам деген коомдук дин деген түшүнүк экенине толук далил. Мындай жерде адамдар бири-бири менен мусулман катары мамиле кылышат. Буга салыштырмалуу «ханиф» деген түшүнүк тегиз капырчылык өкүм сүргөн калайыктын арасындагы бирин-экин мусулманга гана тиешелүү түшүнүк. Бул болсо, ал жерде ислам жок дегенди да түшүндүрөт. Мисалы, Лут пайгамбар Содом менен Гоморрага барып исламды орното алган жок. Бир да киши ал жерде аны эзрчиген жок, динди кабыл кылбады.

Демек, мусулман жана ханиф деген түшүнүктөр коомдук жагдайдагы абалына карата бир эле ыймандуу кишиге карата айтылган түшүнүк десек да болот.

Куранда Алла Тааланын үч түрдүү жандуу макулук жаратканы эскерилет. Аларга *периште*, *жин* жана *инсан* кирет. Ушул эле учурда Куран инсан атпайды Кудайга болгон диний ишенимине карата *мусулман* жана *капыр* деп, жынысына карата *эркек* жана *аял* деп бөлөт. Муну эске алсак, анда эзелден эле кыргыз мусулман экенин да көрөбүз.

Ибрахим пайгамбар Месопатамияда ханиф болгон болсо, Палестинага келгенде мусулман катары белгилүү болду. Ал жеткирген дин Палестина менен Хижазда (Аравияда) коомдук дин катары таралды.

Демек, Ислам – белгилүү бир доордо элчи-пайгамбар аркылуу жалпы калайыкка келген Алла Тааланын Осуяты.

Төмөндөгү Куран аяттары буга мисал катары берилди.

«Силерге жазылды: Силерден кимдир бирөөңөргө өлүм жакын келип, жакшылык менен ал (дүнүйө мүлкүн мураска) калтыргысы келсе, анда ал аны так белгилеп ата-энесине, жакын туугандарына осуят (кылсын)! Бул такыба пенделер үчүн ак милдет.

(Осуятты) укkандан кийин ким өзгөртсө, анда анын күнөөсү өзгөртүүчүлөргө болду. Угуучу да, Билүүчү да Алла Өзү!

(Күбөлөрдүн) кимдир бирөөсү осуят кылуу үчүн жаңылыштык же күнөө кылышынан коркуп, алардын арасын (осуят кылуучу менен мураскорлордун) оңдоп койсо, анда ага күнөө эмес. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

Эй ыймандуу пенделер! Силерден мурдагыларга жазылганга окшош силерге да орозо жазылды. Балким силер коркоорсуңар!

(Орозо) так эсептелген күндөрдөн (турат). Силерден (бул күндөрдүн ичинде) ким ооруп калса же сапарда жүрсө, анда (мунун) эсебин башка күндөрү (орозо кармап толтурсун)! Кыйналып орозо кармай тургандар (карылыктан же алсыздыктан) кедейге пидийа кылып тамак берсин. Ким өз эркименен жакшылык кылса, мунусу өзүнө жакшы. Эгер билгиңер келсе, орозо кармаганыңар силер үчүн жакшы.

Рамазан айында калайык үчүн туура жол, туура жолдун ачык далилдери жана ажырымы болуп Куран түшүрүлдү. Силерден ким бул айга насиби кошулса орозо кармасын! Ким ооруп калса же сапарда жүрсө, анда (мунун) эсебин башка күндөрү (орозо кармап толтурсун)! Алла силерге жеңилдикти каалайт, кыйынчылыкты силерге каалабайт.(Орозонун күн) эсебин толук жеткиргиле! Силерди туура жолго салган Алланы улуктагыла! Балким силер шүгүр кылгандардан болоорсуңар!»

(С.2, а.181-185)

«Ажыны да, умраны да Алла үчүн толук аткаргыла! Эгер кыйналып (жолдо кармалып) жатсаңар, анда курмандыктан эмне жеңил болсо... (жөнөтсөңөр болот). Курмандык жайына жетип баргынча башыңарды кырдырбагыла! Силерден кимдир бирөө ооруп калса, же башынан жапа чегип жатса (ошондон улам чачын алдырса), анда ал же орозо кармап, же садака берип, же мал союп пидийа төлөсүн. (Жолдогу кармалган кыйынчылыктан) кутулсаңар, ажыга чейин Умрага үлгүрсөңөр, анда курмандыктан эмне жеңил болсо... (кылсанар болот). Ким (курмандык) таба албаса, анда үч күн ажыда, кайткандан кийин жети күн – (жалпы эсеби) толук он күн орозо (кармасын). Бул – үй-бүлөсү Харам Мечитинде болбогондорго тийиштүү (өкүм). Алладан корккула! Билип койгула! Алла Жазасы катуу Кудай!

Ажынын белгиленген айлары бар. Ким ошол айлардын ичинде парз болгон ажыны өтөп жаткан болсо, ага ажынын учурунда (аялына) кошулууга, (ар кандай) күнөө кылууга, (калайык менен) талашып-тартышууга болбойт. Эмне жакшылык жасап жатканыңарды Алла билип турат. Азыгыңарды (жолго) камдап алгыла! Азыктын жакшысы – такыбалык. Эй, акыл ээлери, Менден корккула!

Эгеңерден мээримин издеп жатканыңар үчүн (ажыда) силерге күнөө жок. Арафаттан түшүп Машъар ал-Харамга келгенде Алланы зикир менен эстегиле! Аны силердин буга чейин адашып жүргөнүңөргө карабай туура жолго салганын эстегиле!

Андан кийин калайык түшкөн жактан түшкүлө да, Алладан кечирим тилегиле! Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

(Ажынын) жол-жобосун бүтүрсөңөр, Алланы атаңарды эскергендей, же андан да бекем эскерүү менен эстегиле! Калайыктан ким: «Эгебиз, бизге бул дүйнөдө бер!» – десе, ага акыреттин энчисинен эч нерсе жок».

(С.2, а.196-200)

«Эй, калайык! Эгеңерден корккула! Ал силерди бир жандан жаратты. Анын өзүнөн жубайын жаратты. (Андан кийин) ал экөөнөн көп эркектер менен аялдарды жаратты. Бири бириңер менен сурашканда (атын айткан) Алладан жана туугандар (арасында араздашуудан) корккула! Силерди Күзөтүүчү Алла Өзү!

Жетимдердин мал-мүлкүн өзүнө бергиле! Ыпыласты тазага (арамды адалга) алмаштырбагыла! Алардын мал-мүлкүн өзүңөрдүн мал-мүлкүңөргө кошуп жебегиле! Бул – өтө чоң күнөө!

Эгер силер жетим кыздарга (үйлөнүп, алардын ортосунда) адилетсиздик кылыштан корксоңор, анда өзүңөргө жаккан аялдардан экөөнү, үчөөнү, төртөөнө чейин никелеп алгыла! А эгер (алардын ортосунда адилеттүүлүктү туура сакташтан) корксоңор, анда бирөөнү гана, же кол алдыңардагы (күңдөрүңөрдөн никелеп алгыла). Ушундай (кылсаңар) адилетсиздикке жакын болбойсуңар.

Аялдардын махрын (калыңын чын көңүлдөн) алардын өздөрүнө бергиле! А эгер алар анын (айрым бир) бөлүгүн силерге жакшылык менен өздөрү берсе, анда аны адал ырыскы деп жей бергиле.

Алла силерге насип кылган мал-мүлкүңөрдү (кол алдыңардагы) акылсыздарга бербегиле! Аларга андан ырыскы бергиле, кийиндиргиле! Аларга жакшы сөз сүйлөгүлө!

Жетимдерди никелеше турган курагына жеткенге чейин сыноо менен (күзөтүп) тургула! Алардын үйлөнө турган баралына жеткенин байкасаңар, (силердеги) мал-мүлкүн өздөрүнө тапшыргыла! Алардын мал-мүлкүн (эсепсиз) ысырап кылып, (чоңоюшунан чоочуп) шашылыш жеп жибербегиле! Ким бай болсо, анда (жетимдин мал-мүлкүн жегенден) өзүн кармасын! А ким кедей болсо, анда (нысап кылып) жакшылык менен жесин! Качан (алар жетилип), силер алардын мал-мүлкүн өздөрүнө тапшырып жатсаңар, анда күбөлөрдү катыштыргыла! Алла (мунун)эсебин толук алат!

Эркектерге ата-энеси жана туугандары калтырган (мурастан) үлүш бар. Аялдарга да ата-энеси жана туугандары калтырган (мурастан) үлүш бар. Калтырылган (мурастан) аз болсо да, көп болсо да (мурас алуучуга тийиштүү, берилиши) парз болгон үлүш бар.

(Мурасты) бөлүп жатканда, (алысыраак) туугандарынан, жетимдерден, кедейлерден болсо, алар үчүн да андан бөлүштүрүп бергиле, аларга жакшы сөз сүйлөгүлө!

(Мурас калтыруучу) артында али жаш, жетиле элек бала-чакасынан коркуп калтырып жаткандай алардан да (кол алдындагы жетимдер үчүн да) корксун! Алар Алладан корксун! Сөзүн бекем (дайындап) айтып кетсин!

Жетимдердин мал-мүлкүн зулумдук кылып жеп жаткандардын курсагына жегени от болот. Алар жакында алоолонгон жалынга күйкаланышат!

Алла силердин балдарыңардын (мурасы) боюнча осуят кылат: бир уул баланын үлүшү эки кыздыкына барабар (берилсин). Эгер (мураскор) аялдар (кыздар)экиден ашык болсо, анда калтырылган мурастан аларга үчтөн экиси (берилсин); а эгер (мураскор) бир эле аял (кыз) болсо, анда ага (калтырылган мурастын) жарымы (берилсин). Эгер (мурас калтыруучу маркумдун) баласы болсо, анда анын ата-энесинин ар бирине (атасына да, энесине да бөлөк-бөлөк) калтырылган мурастан алтыдан бир үлүш, (а калганы) баласына (берилсин). А эгер (мурас калтыруучу маркумдун) баласы болбосо, анда ага ата-энеси мураскор болуп, анын энесине (калтырылган мурастын) үчтөн бир үлүшү, (берилсин). А эгер (мурас калтыруучу маркумдун) бир туганы болсо,

анда (маркумдун) айткан осуятынан кийин, же (дагы) карызы болуп, (анысы төлөнгөндөн кийин), анын энесине алтыдан бир үлүш (берилсин). Ата-энеңер менен балдарыңардын кайсы бирлеринин силерге жакын пайдасы бар экенин силер билбейсиңер. (Ошондуктан) Алла (силерге мурасты) парз кылды. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

Силерге жубайларыңар (аялдарыңар) калтырган мурастан, эгерде алардын баласы болбосо, жарымы (берилет). А эгер алардын баласы болсо, анда (маркум аялдарыңардын) айткан осуятынан кийин, же (дагы) карызы болуп, (анысы төлөнгөндөн кийин), алар калтырган (мурастан) силерге төрттөн бир үлүшү (берилет). Аларга да (жесир калган аялдарыңарга) силердин калтырган (мурасыңардан) эгер балаңар болбосо, төрттөн бир үлүшү (берилет). А эгер силердин балаңар болсо, анда силер калтырган (мурастан), силердин айткан осуяатыңардан кийин, же (дагы) карызыңар болуп, (аныңар төлөнгөндөн кийин), аларга сегизден бир үлүшү (берилет). Эгерде эркектин да, аялдын да мураскору (ата-энеси, балдары) болбосо, а бирок бир кыз, же бир эркек бир тууганы (агасы, иниси, карындашы, эжеси, сиңдиси) болсо, анда бул экөөнүн ар бирине (мурастын) алтыдан бир үлүшү (берилет). А эгер алар мындан көп болсо, анда (мурас калтыруучу маркумдун) айткан осуятынан кийин, же (дагы) карызы болуп, (анысы төлөнгөндөн кийин), алар (мурастын) үчтөн бирине Алланын насаатына ылайык (бири бирине) зын жеткирбей (баарысы) шерик (болушат). Кечиримдүү да, Күйөрман да Алла Өзү!

Алланын (белгилеген) чектери ушундай. Ким Аллага жана анын элчи-пайгамбарына баш ийсе, Ал аны алдынан дарыялары агып турган Бейиш бактарына киргизет. Алар анда түбөлүк калышат. Бул – улук дөөлөт.

Ким Аллага жана анын элчи-пайгамбарына баш ийбесе, Анын (белгилеген) чектерин бузса, анда Ал аны Тозок отуна киргизет. Ал анда түбөлүк калат. Ал үчүн (анда) кор кылуучу азап бар.

Сойкулук (зына) кылган аялдарыңарга өзүңөрдөн төрт (эркек) күбөнү алар үчүн күбөлүккө тарткыла. Эгер алар (чындыгын аныктап) күбөлүккө өтүшсө, анда аларга (ал аялдарга) өлүм жеткиче же Алла алардын бир жолун (ачык) кылгыча үйдө кармагыла.

Силерден муну (зынаны) кылган эки эркекке (уруп-согуп) жаза бергиле! Эгер алар тобо кылышса, түзөлүшсө, анда ал экөөсүнүн (жазаны токтотуп) баш тарткыла. Тобону кабыл кылуучу да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

Аллага гана тобо кылынат. Өздөрүнүн (наадан) билимсиздигинен улам жаман иштерди кылышып, андан кийин тез арада тобо кылгандар бар. Мындайлардын тобосун Алла кабыл кылат. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

Жаман иштерди токтотпой жасай беришкендер бар. Алардын бирине өлүм келген учурда айтат: «Мен азыр тобо кылдым!» Мунусу тобо деле эмес! (Ушинтип) капыр өлүп кеткендер бар. Буларга Биз оор азапты даярдап койдук.

Эй, ыймандуу пенделер! Аялдарды зордук менен мураска алышыңар силер үчүн адал эмес. Алар ачыктан ачык ыпыластык кылышпаган жагдайда, аларга берген калыңыңардын бир бөлүгүн алып кетишине тоскоолдук кылба-

гыла! Алар менен жакшы мамиледе жашагыла. Эгер аларды жек көрсөңөр да (сабыр кыла бергиле). Мүмкүн силерге жек көрүнгөн нерсеге (сабыр кылсаңар) Алла көп жакшылыктарды кылат.

Эгер силер бир аялдын ордуна башкасын алмаштырып (үйлөнгөнү) жатсаңар, алардын бирине (мурунтан) калың үчүн байлык берип койгон болсоңор, (ушундай жагдайда деле) андан эч нерсе (кайтарып) албагыла! Ага жалган айтып, ачык күнөө кылып деле (кайтарып) ала бересиңерби?

Кантип аны аласыңар? Бири бириңерге (жакындык кылып) кошулдуңар эле. Алар силердин бекем антыңарды да алды эле го!

Атаңар үйлөнгөн аялдарды никеңерге албагыла! Мындай нерсе (исламга чейин, мурда) болгон. Бул ыпылас, жийиркеничтүү жаман жол болчу!

Силердин никеңерге арам болду: энеңер, кыздарыңар, эже-карындаштарыңар, ата жана эне тарабынан кошулган эже-карындаштарыңар, бир тууган ага-иниңердин кыздары, бир тууган эже-карындаштарыңардын кыздары, эмчек эмизген энеңер, эмчектеш эже-карындаштарыңар, аялдарыңардын энелери, жыныстык катнашка кирген аялдарыңардан (ээрчинди болуп) силердин тарбияңарга өткөн өгөй кыздарыңар; а эгер алардын энелерине кирбеген болсоңор (же кирбей туруп талак берип, ошондон кийин никеңерге алып калган болсоңор), анда күнөө эмес; дагы (силердин никеңерге арам болду): өзүңөрдүн каныңардан бүткөн балдарыңардын аялдары (келиндериңер); бир тууган эже-сиңдини кошуп (бирөөсүн талак кылбай туруп, бир эле мезгилде экөө тең) никеңерде алып турушуңар; мындай нерсе (исламга чейин, мурда) болгон. Ырайымдуу да, Кечиримдүү да Алла Өзү!

Күйөөсү бар аялдар (силердин никеңерге арам болду). Колуңардагы өзүңөр эзлик кылган күңдөрүңөр силерге адал болду. Силер үчүн Алланын Жазуусунда ушундай. Мына ушулардан башка (аялдарга) дене кумарын кандыруучулардан болбой, арзууңар менен абийир сактап, мал-мүлкүңөрдөн (калыңын берип никелешкениңер) адал болду. Аларга (никелешип) пайдасын көрө баштаганыңарда, силер үчүн (белгиленип) парз болгон алардын акыларын (калыңын) бергиле! А эгер (белгиленип) парз болгон калыңдын (аз же көп экенине) өз ара ыраазычылык кылсаңар, анда силерге күнөө эмес. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!

Силердин ыймандуу башы азат аялдардан никелеп алганга алыңар жетпесе, анда кол алдыңардагы ыймандуу күңдөрүңөрдөн (никелеп алсаңар болот). Силердин ыйманыңарды Алла билет. (Түпкүлүгүндө) бириңерден бириңер (туулуп келгенсиңер). Алардан (күңдөрүңөрдөн) абийирин сактап сойкулук кылбай, көңүлдөш-ойноштору болбогондоруна үй-бүлөсүнүн уруксаты менен никелеп алгыла. Акысын жакшылап бергиле. А эгер алар (күңдөр) турмушка чыгышса, (ошондон кийин да) сойкулук кылса, анда аларга азап (жаза) башы азат аялдардын (жазасынын) жарымынча берилет. Силердин ичиңерден кимиңерге (зына кылышка) чоң коркунуч болсо, мындайда (күңдөрдөн никелеп алганыңар жакшы). Силерге сабыр кылганыңар да жакшы. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла Өзү!

Алла силерге ачык баян кылышты да, силерди силерден мурунку Туура жолдо кеткендердин жолуна салышты да, тобоңорду кабыл кылышты да каалайт. Билүүчү да, Даанышман да Алла Өзү!»

(С.4, а.1-26)

«Талак кылынган аялдар өздөрүнүн үч айыз мезгилинин өтүшүн күтүшөт. Ал аялдар Аллага жана акырет күнүнө ишенишсе, алар үчүн (бул убакыттын ичинде) жатынындагы Алланын жараткан нерсесин жашырып коюшу адал болбойт. Алардын эрлери (никени) түзөтүүнү каалашса, мунун ичинде аларды (талактан) кайтарууга укуктуу. Эркектердикине окшош аялдардын да белгиленген укугу бар. Эркектердин аялдардан бир даража (бийик артыкчылыгы) бар. Ызаттуу да, Даанышман да Алла Өзү!

(Кайтууга мүмкүн болгон талак) эки мертебе: андан кийин (аялды) белгиленген чекке ылайык кармап туруш керек, же жакшылык менен ажырашып узатыш керек. Алланын (белгилеген) чегинин бузулуш коркунучу эки тарапта тең (эр менен аялда) жок болсо, анда силер үчүн аялдарга бергениңерден (махрдан) бир нерсе алып калуу адал болбойт. А эгер Алланын (белгилеген) чегинин бузулушунан эки тарап тең коркуп жаткан болсоңор, анда (башын азат кылыш үчүн) аялдын эркекке берген төлөмүндө күнөө жок. Алланын (белгилеген) чектери ушулар. Мындан чыгып кетпегиле! Ким Алланын (белгилеген) чектерин бузса, алар – залимдер.

Эгер эркек (аялды үчүнчү ирет) талак кылса, анда аял башка эркектин никесине кирмейинче (жана андан талак болмоюнча) бул эркекке адал болбойт. А эгер аялды кийинки эркек талак кылса, мындай учурда экөөнүн Алланын (белгилеген) чектерин сактоо ниети менен кайра никеге кайтышы күнөө эмес. Алланын (белгилеген) чектери ушулар. Муну Ал калайык билиш үчүн түшүндүрүп берип жатат.

Аялдарды талак кылсаңар, алардын мөөнөтү жеткен болсо, (бул мезгилдин ичинде) аларды белгиленген (чек) боюнча кармап тургула, же белгиленген (чек) боюнча ажырашып узаткыла. Чектен чыгып аларга зыян жеткирген абалда кармабагыла! Ким мындай кылса, ал өзүнө толук зулумдук кылды. Алланын аяттарын тамаша кылып албагыла! Силерге берилген Алланын бак-таалайын жана Анын Жазуудан, Даанышмандыктан силер үчүн түшүргөнүн, аларды силерге насаат кылып жатканын эстеп жүргүлө! Алладан коргокула! Билип койгула! Алла бардык нерсени Билүүчү Кудай!

Аялдарды талак кылсаңар, алардын мөөнөтү жеткен болсо, (бул мезгилдин ичинде) алардын эркектер менен өз ара белгиленген (чек) боюнча ыраазычылык менен никелешүүсүнө каршы турбагыла! Силерден ким Аллага жана акырет күнүнө ишенсе, бул насыят ага багышталды. Силерге ушундай (кылганыңар) таза жана туура болот.(Силер үчүн жакшы-жаманды бир гана) Алла билет, силер билбейсиңер.

Балдарын толук акырына чейин эмизүүнү каалаган энелер толук эки жыл эмизишет. Энелердин кийим-кечеси менен тамак-ашы белгиленген чек боюнча баланын атасынын милдети. Ар бирине чамасы жетпеген милдет

44. ДУХАН

1. Меккеде түшкөн. 59 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 64.

45. ЖААСИА

1. Меккеде түшкөн. 37 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 65.

46. АХКАФ

1. Меккеде түшкөн. 35 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 66.

47. МУХАММАД

1. Мединада түшкөн. 38 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 95.

48. ФАТХ

1. Меккеде түшкөн. 29 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 111.
2. Сакина деген сөз тынчтык деген мааниде. Курандын бул термини айтылган аяттардын баарысында жеңиш алып келе турган периштелердин түшүшү тууралу айтылат. Болжолу жеңиш алып келе турган, колдоп жардам бере турган периштелер тууралуу айтылып жатса керек. (Кара. С.2, а.248, С.9, а.26, С.9, а.40, С.48, а.26, С.3, а.125-126).
3. Шура сүрөөсүндөгү 13-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

49. ХУЖУРАТ

1. Мединада түшкөн. 18 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 106.

50. КАФ

1. Меккеде түшкөн. 45 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 34.

51. ЗААРИЯТ

1. Меккеде түшкөн. 60 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 67.
2. Бакара сүрөөсүндөгү 255-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

52. ТУР

1. Меккеде түшкөн. 49 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 76.
2. Тин сүрөөсүнүн түшүндүрмөсүн караңыз.
3. Тин сүрөөсүнүн түшүндүрмөсүн караңыз.
4. Тин сүрөөсүнүн түшүндүрмөсүн караңыз.
5. Тин сүрөөсүнүн түшүндүрмөсүн караңыз.
6. Тин сүрөөсүнүн түшүндүрмөсүн караңыз.
7. Тин сүрөөсүнүн түшүндүрмөсүн караңыз.

53. НАЖМ

1. Меккеде түшкөн. 62 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 23.

[2] «Батып бара жаткан жылдыз» деп бул жерде пайгамбардын асманга көтөрүлгөндө «Жылдыздар Асманынын» акыркы чегинен ары карай өтүп, же болбосо *биринчи космологиялык горизонттун* бүткөн чегинен ары көздөй жети кат асмандарга карай кеткени айтылып жатат. Бул саякатка пайгамбарды «бекем күчтүн ээси» (элчи периште) Жабраил периште алып чыккан. Анда ал адашкан да, акыл-эсинен ажыраган да эмес.

[3] Бул жерде Жетинчи Асмандын акыркы чегине – Улуу Чекке жеткенде же болбосо *экинчи космологиялык горизонттун* бүткөн чегинде Жабраил периште пайгамбарга бир мертебе өзүнүн толук келбетин көрсөткөнү тууралуу айтылып жатат. Хадисте анын алты жүз канаты бар экени боюнча маалымат бар. Ошондон кийин ал кайра мурдагы көрүнүшүндөй абалга келип, пайгамбардын жанында бир-эки жебе аралыгында коштоп жүргөн.

[4] Бул саякат учурунда да пайгамбарга Алла Тааладан ар кандай жашыруун кабарлар келип турган. Ага көп нерселер көрсөтүлгөн болчу.

[5] Пайгамбар Жетинчи Асмандан ары Аршка карай кеткенде аны «Сидрат аль-Мунтахада», же болбосо *үчүнчү космологиялык горизонттун* бүткөн чегинде, Арштын (Лотостун) акыркы чегинде турган башка бир периште *«түшүп келип»* алып кеткен. Анткени, Жабраил периште Жетинчи Асмандан ары карай өтө албайт.

[6] Аршта турган улук периште жай алган жерде бир бейиштин – *«Жаннат аль-Маванын»* эшиги бар болчу. Периште пайгамбарга анын эшигин ачып көргөзгөн. Пайгамбар болсо бейиштин акырына чейин көрө алган жок. Ал чексиз болчу. А бирок ал ыймандуу пенделер жашай турган түбөлүктүү бейиш ааламдарынын бирин өз көзү менен күбө пайгамбар катары көрдү. Бул болсо, ага көрсөтүлгөн *«эң улук аяттардын»* бири болду.

Эми, «лотос» жөнүндө да бир аз түшүнүк берип кетели. Сегиз бейиш бар деп айтылат. Алар асмандарды өз ичине алып турган зор шар ааламдын, – Арштын сыртында турат. Арш болсо шар формасындагы аалам. Андан ар бир бейишке карай кете турган (же болбосо ар бир 45 градустук аралыкта) бир эшик бар. Эгер алардын баарысы тең ачыла турган болсо, анда ал сыртынан караган адамга «Лотос» сыяктуу көрүнөт. А пайгамбарга болсо ошол эшиктин бири ачылып, *«Жаннат аль-Мава»* көрсөтүлгөн.

[7] Таиф шаарындагы буркан таш.

[8] Мүшүрүктөр Уззаны ургаачы Кудай деп сыйынышкан.

[9] Мүшүрүктөр Манатка жазмыш тагдырдын кудайы деп сыйынышкан.

[10] Содом жана Гоморра шаары.

54. КАМАР

[1] Меккеде түшкөн. 55 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 37.

55. РАХМАН

[1] Меккеде түшкөн. 78 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 97.

[2] Бүткүл пайгамбарлар алды менен Кудайды Рахман аспектисинде таанышкан. Калайыкка муну таалим беришкен. (кара. С. 19, а.58).

[3] Куран деген сөз «окуу» деген мааниде. Тагыраагы Кудайдан пайгамбарларга келген окуу дегенди билдирет. (кара. С. 26, а. 192–196).

[4] Адам Ата тууралуу айтылып жатат.

[5] Курандын бардык нерсени баяндаган окуу (билим) экени айтылууда. Муну биринчилерден болуп Адам Ата окуган.

[6] Курандын Күн системасы жөнүндөгү окуу экени айтылууда.

[7] Курандын жандуу тиричилик жөнүндөгү окуу (Дарак мунун бир мисалы) экени айтылууда.

[8] Курандын аалам жана анын гармониясы тууралуу окуу экени айтылууда.

[9] Курандын коомдук турмуштун гармониясы (Тараза мунун бир мисалы) тууралуу окуу экени айтылууда.

[10] Жер үстүндөгү жана Жер алдындагы дүйнөнүн адамзаты тууралуу айтылып жатат. Бул боюнча Худ сүрөөсүндөгү 40-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

[11] Худ сүрөөсүндөгү 40-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

56. ВААКИА

[1] Меккеде түшкөн. 96 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 46.

57. ХАДИД

[1] Мединада түшкөн. 29 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 94.

[2] Худ сүрөөсүндөгү 40-аяттын түшүндүрмөсүнө караңыз.

58. МУЖААДАЛА

[1] Мединада түшкөн. 22 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 105.

59. ХАШР

[1] Мединада түшкөн. 24 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 101.

[2] Жөөттөрдөн Бану Надир уруусунун Мединадан чыгарылганы тууралуу айтылып жатат.

60. МУМТАХАНА

[1] Мединада түшкөн. 13 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 91.

61. САФФ

[1] Мединада түшкөн. 14 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 109.

62. ЖУМА

[1] Мединада түшкөн. 11 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 110.

63. МУНАФИКУН

[1] Мединада түшкөн. 11 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 104.

64. ТАГААБУН

1. Мединада түшкөн. 18 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 108.

65. ТАЛАК

1. Мединада түшкөн. 12 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 99.
2. Бакара сүрөөсүндөгү 255-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

66. ТАХРИМ

1. Мединада түшкөн. 12 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 107.

67. МУЛК

1. Меккеде түшкөн. 30 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 77.
2. Бакара сүрөөсүндөгү 255-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.
3. Бакара сүрөөсүндөгү 255-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.
4. Метеорит.

68. КАЛАМ

1. Мекеде түшкөн. 52 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 2.
2. Касам аяттары туурасында айтылып жатат.

69. ХАККА

1. Мекеде түшкөн. 52 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 78.

70. МААРИЖ

1. Меккеде түшкөн. 44 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 79.
2. Жылдыздар Асманынын 29 кабаты жана Жети асман тууралуу айтылып жатат. Бул боюнча Бакара сүрөөсүндөгү 255-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.
3. Бакара сүрөөсүндөгү 255-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

71. НУХ

1. Меккеде түшкөн. 28 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 71.
2. Буркан таштардын аттары.

72. ЖИН

1. Меккеде түшкөн. 28 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 40.
2. Метеорит.

73. МУЗЗАММИЛ

1. Меккеде түшкөн. 20 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 3.
2. Калайыкты динге чакырып тынбай айланасың деген мааниде.

74. МУДДАССИР

1. Мекеде түшкөн. 56 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 4.

75. КЫЯМАТ

1. Меккеде түшкөн. 40 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 31.

76. ИНСАН

1. Мединада түшкөн. 31 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 98.
2. Ичимдиктерге кошула турган жагымдуу жыты бар кошулма тууралуу айтылууда.

77. МУРСАЛАТ

1. Меккеде түшкөн. 50 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 33.

78. НАБА

1. Меккеде түшкөн. 40 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 80.
2. Жылдыздар Асманынын жети кат катуу телолордон (жылдыздар, планеталар, ж.б.) турушу айтылып жатат. Бакара сүрөөсүндөгү 255-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

79. НААЗИАТ

1. Меккеде түшкөн. 46 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 81.
2. Муминун сүрөөсүндөгү 29-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

80. АБАСА

1. Меккеде түшкөн. 42 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 24.

81. ТАКВИР

1. Меккеде түшкөн. 29 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 7.
2. Нажм сүрөөсүндөгү 7-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

82. ИНФИТАР

1. Меккеде түшкөн. 19 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 82.

83. МУТАФФИФИН

1. Мекеде түшкөн. 36 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 86.
2. Жыпар жыт.
3. Өзгөчө жагымдуу булак.

84. ИНШИКАК

1. Меккеде түшкөн. 25 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 83.
2. Алла Тааланын периштелерге *«Мен Жер үстүндө бир орунбасар (халиф) жаратамын» (С.2, а.30)* деген сөзүнөн Адам Атага чейин Жер үстүн ким-дир-бирөөлөр мекендеп, «кан төгүп, бузукулук кылган» макулуктар жашагандыгынын көрүшүбүз кыйын эмес. Периштелер жаңы жаратыла турган макулуктарга салыштырышкан. Адам Атага чейин Жер бетинде «кан төгүп, бузукулук кылган» макулуктар жашагандыгы тууралуу ошолорго салыштырышкан.

зукулук кылышып» кимдер жашашкан? Башка бир аяттарда буга ушундай жооп айтылган:

«Биз үн чыгарган ылайдан Инсандын денесин жараттык.
Андан мурун дуулдаган оттон жиндерди жаратканбыз».

(С.15, а.26–27)

Демек, жин тукуму Жер бетинде бири биринин «канын төгүп», чектен чыккан «бузукулукту» кыла беришкенде аларга Кудайдын каары келип, алардан Жер жүзүнүн бийлиги алынып адам баласына берилген. Ошондон кийин адам баласы Жер бетине орунбасар болуп келе жатат.

Бирок, планетардык масштабда өткөн катастрофа Нух пайгамбардын доорундагы Топон сууда болуп, бул мезгилде адамзаттын ичиндеги ыймандуу пенделерди куткарууга үч пайгамбар – Идрис, Зулкарнайн жана Нух пайгамбар кызмат кылган. Жер үстүндө мейли адам болсун, жан-жаныбар болсун, өсүмдүктөр болсун тирүү калышка мүмкүн эмес болчу. Нух пайгамбар кеме менен куткаруу кызматын аркалаган. Эгер Нух пайгамбар Адам Атанын доорундагы эң акыркы пайгамбар экенин эске алсак, анда Зулкарнайн пайгамбар андан алдыңкы пайгамбарлардан бири экенин айтпасак да түшүнүктүү. Буга чейин эле Топон суунун алдында бир нече жигиттер сомати-үңкүрлөргө кирип аман калганын айттык. Мындай үңкүрлөр Жер бетинде аз эмес. Андай үңкүрлөр ким тарабынан казылып даярдалган? Мындай үңкүрлөрдү даярдаш үчүн жетишээрлик деңгээлде билим да, технология да керек. Бул болсо Жердин алдыңкы катмарын мыкты билиштти талап кылат дегенге жатат. Кыямат жакын калган заманга чейин Яжуж менен Мажуждү чыга албай турган кылып Жер алдына камаштын өзү канчалык күч менен билимди талап кылат? Ушундай зор милдетти аткарган пайгамбар албетте чоң илим-билимди билбей, технологияны өздөштүрбөй туруп жасай албайт эле. Демек, Зулкарнайн пайгамбар Топон суудан мурда эле адамзаттын келечегине зарыл болгон иштерди Жер алдында жасаган пайгамбар болуп, анын Шамбаладагы бирден бир кызматы ушул десек болот. Ал эми «Зулкарнайн» деген анын атынын «Эки муундун ээси» дегенди билдириши да, ар дайым Жер үстүндө катастрофа болгондо ыймандуу пенделерди Жер алдындагы дүйнөгө, сомати-үңкүрлөргө кирип аман калышына көмөк көрсөтүүчү пайгамбар экенин айтып турат. Шамбаладагы пайгамбарлар кыяматка чейин тирүү турушат.

Ошентип, адамзаттын биринчи доору кандай болгон күндө да Шайтандын жеңиши менен аяктады. Калайык Топон сууга чөгүп өлдү.

Бирок, бул доордун башында эле Саламат Шаардын (Шамбаланын) негизделиши, анда Идрис пайгамбардын Адам Атанын (халифтин) ордунда (Дүйнөнүн падышасы болуп) туруп калышы адамзаттын келечеги үчүн чоң жеңиш болду деп айтсак болот. Халифтин миссиясы ушундай болчу:

«Биз асмандарга да, жерге да, тоолорго да бир аманатты сунуш кылдык. Алар болсо анын милдетин көтөрүштөн коркуп кабыл алышкан жок. Анын милдетин инсан көтөрмөкчү болду. Ал наадан, залим болчу.

Анткени, Алла эки жүздүү эркектер менен аялдарга азап бериши, ыймандуу эркектер менен аялдардын тобосун кабыл кылышы керек болчу. Кечиримдүү да, Ырайымдуу да Алла болчу!»

(С.33, а.72–73)

Бул аяттагы «аманат» эзелтен бери Адам Атанын доорунан бери карай бүткүл пайгамбарлар күч жумшап таратып келе жаткан ислам миссиясы болчу. Бирок ал оболку эки доордо (Адам Ата менен Нух пайгамбардын доорунда) толук миссиясын аткарганга жетише алган жок. Анткени, 29 кабат Жылдыздар Асманына таралып кеткен жин тукумуна пайгамбарлардын колу жеткен жок. Алардын көпчүлүгү эле жолдон азган капырлар экени Куранда айтылат. Адамзат өзү да Иблистин (Шайтандын) айлакердигинен толук бошонуп чыга албай келе жатат. Дагы бир айта кетчү нерсе, 29 кабат Жылдыздар Асманын жин тукумунан башка да сакчы периштелер мекендейт. Алар бул асмандагы тартипти көзөмөлгө алат. Андай болбосо жин тукуму адамзат жашаган жерди эчак эле жок кылат эле. Ислам миссиясын аманат катары мойнуна милдет кылып алган адамзат менен бул сакчы периштелердин ортосунда алиге дейре өз ара жардам көрсөтүү боюнча келишим да түзүлө элек болчу. Мухаммед пайгамбар мэраж түнү дал ушул келишимди түзүш үчүн Халифтин турган ордосуна – Саламат Шаарга (Шамбалага) барган! А бул келишим болсо куткаруучу Иса пайгамбар келечек бир заманда кайра адамзатка кайрылып келгенден кийин күчүнө кире турган болгон. Эмне үчүн? Алла Таалла Куранда ушундай дейт:

«Сириустун Эгеси да Ал Өзү.
Ал оболу Ад калкын кыйратты.
Самуд калкы да калган жок.
(Булардан) алдын Нухтун калкын (кыйраткан). Алар абдан залим, жеткен митайым болчу.
Шаарларды төңкөрүп жексен кылды.
Алардын дайынын чыгарбай жаап салды.
Эгеңердин кайсы жакшылыгына күмөн кылып жатасыңар?
Бул – оболку эскерүүлөрдөн бир эскерүү».

(С.53, а.49-56)

Жогорудагы аяттарда катары менен Топон сууга чейинки Нух пайгамбардын калкы, андан кийинки келишкен Ад калкы менен Самуд калкы, булардын эң акырында (Ибрахим пайгамбардын доорунда) Лут пайгамбардын Содом менен Гоморра шаарындагы астын-үстүн болуп «оодарылган» калкы айтылып жатат. Чындыгында бул калайыктар өз учурунда бири да калбай тыптыйпыл кыйраган болчу. Бул эскерилген калайыктардын оболунда Сириус жылдызы биринчи турганын көрүп жатабыз. Мында эмне сыр бар? Сириусту (Сириуска таандык планетаны) жин тукуму мекендейт. Келечек заманда алар Сириустан жин тукуму Жерге карай согуш кылып келишет. Дал ушул учурда Саламат Шаардан куткаруучу Иса пайгамбар келип, адамзат менен жин тукумунун ортосундагы чечүүчү согуш башталат. Бул болсо

адамзат үчүн жин тукумуна каршы согуш кылыштын мезгили жетти, же болбосо «жылдыздар дүйнөсүнүн согушу» дегенди да билдирет. Мунун акыры Сириустан келген жин тукумунун кыйрашы менен бүтөт.

Ошентип, келечек бир заманда адамзат биринчи жолу Жылдыздар Асманынан Сириусту баш ийдирип, анда (Сириустагы планетада) мекендеп жашай башташат. Ошондон кийин кыяматтын учуру келгенге чейин (302 миллиондон ашык мезгилдин ичинде) адамзат бүтүндөй 29 кабаттан турган Жылдыздар Асманын акырындык менен баш ийдирип, жин тукумун исламга киргизип кете берет. Саламат Шаардагы пайгамбарлар мына ушундай миссиянын башында турушат. Аларга Жылдыздар Асманындагы сакчы периштелер жардам беришет. Бир сөз менен айтканда адамзаттын келечегинде улуу жеңиштери бар. Бул туурасында Куранда ушундай деп айтылат:

«Алла жазды: «Мени менен бирге Менин пайгамбарларым жеңишке жетишет! Кубаттуу да, Күчтүү да Алла Өзү!»

(С.58, а.21)

«Ал силерге асмандагыларды да, жердегини да, андан чыккандардын да бүт баарысын баш ийдирди. Мында акылдуулар үчүн аяттар бар!»

(С.45, а.13)

Пайгамбар мэражга чейин Шамбала (Саламат шаар) тууралуу да, анда «Улук Жамаат» бар экенин да билген эмес. Муну Куран адамзат үчүн «Улуу кабар» катары белгилейт.

«Айт: «Бул – Улуу кабар.
Силер андан жүз үйүрүп жатасыңар.
*Менин **Улук Жамаат** тууралуу маалыматым жок болчу. Мына, алар (бул туурасында) талаш-тартыш кылып жатышат».*

(С.38, а.67-69)

Бул Улук Жамаатка кирген 8 пайгамбардын ичинен Кыдыр, Шуайб, Иляс жана Иса пайгамбар тууралуу сөз кыла элекпиз. Эми, алар жөнүндө да айта кетишибиз керек.

Кыдыр (Хидр) пайгамбар. Кыдыр алэй салам Куранда Салих пайгамбардын учурунда эле бар экени тууралуу «Алыскы Шаардан келген киши» катары эскерилет. Саламат Шаар (Шамбала) чын эле Жер бетиндеги шаарлардын баарысынын байыркысы. Бул тууралуу ушундай маалымат берилген.

«Аларга калаа тургундарынын мисалын баян кыл! Бир убакта ал калаага элчилер келишти. Бир убакта аларга эки элчи пайгамбарды жибергенбиз. Ошондо ал экөөсүн жалганчы кылышты. Үчүнчүсүн (жиберип) бекемдедик. Ошондо айтышты: «Биз силерге жиберилген пайгамбарбыз».

Тигилер айтышты: «Силер бизге окшош эле кишилер экенсиңер. Рахман эч кандай кабар түшүргөн жок. Силер жалган айтып жатасыңар!»

Алар айтышты: «Эгебиз билет, биз силерге жиберилген пайгамбарбыз.

Биз ачык кабар жеткиришке эле милдеттүүбүз».

Алар айтышты: «Биз силерден жамандыкты көрүп жатабыз! Эгер силер (бул ишиңерди) токтотпой турган болсоңор, (анда) биз силерди ташбараңга алабыз. Бизден силерге кыйнаган азап жетет».

Тигилер (пайгамбарлар) айтышты: «Жамандык силерге жеткени турат. Силерге эскертүү болуп жатса... Силер чектен чыгып кеткен турбайсыңарбы!»

(Ошол учурда) Алыскы Шаардан бир киши шашып келди да, айтты: «Эй, калайык! Пайгамбарларды ээрчигиле!

Силерден акы сурабагандарга ээрчигиле! Алар туура жолдогу пайгамбарлар!»

(С.36, а.13-21)

Бул маалыматта эскерилип жаткан, Алыскы Шаардан шашылып жетип келген киши Кыдыр алэй салам болчу. Ал билип жатат. Калайык азыр бул пайгамбарларды ээрчибесе, анда чоң апаат болгону турат. Калайык анын да сөзүн кабыл кылган жок. Ошондо (Салих пайгамбардын учурунда) эмне болгону тууралуу бул маалыматтын акырында ушундай деп айтылат.

«Бир эле чаңырык болду. Алар кыйрап жатып калды». (С.36,а.29).

Бир чаңырык менен мындан 12 миң жылдай мурун Самуд калкы (расасы) Жер бетинен тегиз кыйраганын буга чейин эле айтканбыз.

Кыдыр алэй саламдын бир убакта Муса пайгамбарды Фараон өлүмгө өкүм кыларда качып кетип калышына жардам бериш үчүн келгени да Куранда айтылат.

«Алыскы Шаардан бир киши шашылып келип айтты: «Эй, Муса! Ордо бектери сени өлтүрөлү деп кеңешип жатышат. Чыгып кет, мен сага туура кеңеш берип жатам!»

(С.28, а.20)

Кыдыр алэй саламды жөнөкөй калктын ичинен да көп адамдар көрүшөт. Бул туурасында эл арасында көп эле маалыматтар бар.

Шуайб пайгамбар. Шуайб пайгамбар Лут пайгамбардан кийин, Муса пайгамбардан мурда Кызыл деңиздин жээгинде жашаган калайыкка жиберилген пайгамбар болчу. Теги жагынан Исмаил пайгамбардын урпактары болуп кетет. Анын калкы соода жолунун жээгинде жашаган үчүн көпчүлүгү эле каракчылык кылышат эле. Шуайб пайгамбардын айтканын четке кагышып, акыры Салих пайгамбардын учурундагыдай тыптыйпыл кыйрашкан. Айырмасы эле Салих пайгамбардын учурундагы алаамат планетардык масштабда өткөн болсо, ал эми Шуайб пайгамбардын учурунда (жана Лут пайгамбардын учурунда) өткөн алаамат жергиликтүү эле мүнөзгө ээ болгон. Мындай алааматтан Жер бетинде эч ким тирүү калбайт. Андай болсо, мындай алааматтан пайгамбарларды ээрчиген ыймандуу пенделер кантип аман калышкан? Алар деле алааматтан өткөн аймакта жашашкан эмеспи деген суроо туулат. Алар мындай учурларда өз пайгамбарлары менен Жер алдындагы дүйнөгө (ага баштап кирип бара турган тоннелдер аркылуу) кирип кетишип, анда жашап кала беришет. Топон суудан аман калган кээ бир адамдар, Худ, Салих жана Шуайб пайгамбарлардын учурундагы аман калган ыймандуу пенделердин урпактары азыр деле Жер алдындагы дүйнөдө жашашат.

«Качан биздин буйругубуз келген учурда, Биз Шуайбды да, аны менен бирге болгондорду да Өзүбүз ырайым кылып куткардык. Залимдерге тың зоарда бир чаңырык жетти. Үйлөрүндө жаткан бойдон кыйрап калышты.

Мурда анда жашашпагандай... Ырас болду! Эчак өткөн Самуд калкына окшоп Мадйандыктар да (Алланын ырайымынан) алыс калды!» (С.11, а.84-95).

Жогорудагы Курандын маалыматында Шуайб пайгамбар калкына айтып жатат:

«Эй, калкым! Менин (силерден) бөлүнүшүм силер үчүн күнөө эмес. Силерге Нухтун калкына, же Худдун калкына, же Салихтин калкына жеткенге окшош (апааттар) жетип жүрбөсүн деп жатам. Луттун калкы да силерден узак эмес (жерде турчу)».

Бул аяттан Шуайб пайгамбар Нух, Худ, Салих жана Лут пайгамбарлардын учурундагы бир да адам Жер бетинде тирүү калбаган алаамат кырсыктан калкына кабар берип жатканын окуп жатабыз. Анын калкы буга ишенген жок, бир демде тегиз кыйрады. Салих пайгамбардын учурундагыдай... Бул болсо, адамзаттын тарыхындагы эң акыркы (жергиликтүү) алаамат болуп калды. Мындай алааматты башынан өткөргөн пайгамбарлар Саламат шаардын кызматына кетишет. Анткени, алардын Жер бетиндеги калкынан бирөө деле тирүү калбайт.

Иляс пайгамбар. Иляс пайгамбар Муса пайгамбардан кийин келген пайгамбарлардын бири болуп, Ливандагы (Баальбектеги) мүшүрүктөргө каршы чыккан. Кийинчерээк асмандан бир араба (космостук корабль болуш керек) түшүп келип, аны алып кеткени Библияда айтылат. Болжолу, Шамбаладан жиберилген корабль болуш керек.

Иса пайгамбар. Келечекте «Куткаруучу» пайгамбар катары кайра Жер бетине келе турган пайгамбар. Иса пайгамбар тууралуу маалыматтар көп. Аларды кайталап отуруштун деле кереги жок.

Эми сакчы периштелер менен жин тукуму жөнүндө да айтып кетпесек болбойт. Жин тукуму Куранда Жылдыздар асманына тегиз таралган макулук катары эскерилет. Алла Таала айтат:

«Биз Төмөнкү Асманды жылдыздар менен кооздодук.

Козголоң чыгарган шайтандардан коргош үчүн.

Алар Улук Жамааттын сөзүн уга алышпайт. Бардык тараптан куулуп качышат.

Куугунтук жегендерине оор азап бар.

Качып кеткендерин жарык чачкан шоола кууйт».

(С.37, а.6-10)

Жин тукуму куранда «шайтандар» деп эскерилгени да бекер эмес. Алардын көпчүлүгү эле Жылдыздар Асманында козголоң чыгарышып, айрымдары башка жылдыздарга да өткөнгө аракет кылышат. Ушул учурда аларды сакчы периштелер «жарык чачкан» метеориттер менен урат. Ушундан эле жин тукуму менен сакчы периштелердин канчалык күчкө ээ экенин көрсөк болот.

67-сүрөөнүн 5-аятында *«Төмөнкү Асманды чырактар менен кооздодук. Аны шайтандарды ташбараңга ала турган жай кылдык»* деп айтылат. Түн ичинде

учкан метеориттерди ар бирибиз эле көрөбүз. Демек, Жылдыздар Асманы биз элестеткендей романтика эмес. Кээде айрым бир метеориттер Жерге чейин да жетип келет. Мисалы, эни 55 метрге араң жеткен Тунгус метеорити Жерге жетпей эле 5 км бийиктикте жарылганына карабай, Сибирдеги тайганын 3108 квадрат километр аянтын кыйраткан болчу! Адамзат келечек бир заманда мына ушундай күчкө ээ жин тукумуна каршы согуш кылары жогоруда эле айтылды. Бул согуш туурасында Куранда ушундай дагы бир маалымат бар.

«Бир убакта Биз периштелерге айттык: «Адамга сажда кылгыла!» Иблистен башкасы сажда кылышты. Ал айтты: «Мен ылайдан жаратканыңа эмнеге сажда кылмак элем?»

Ал(дагы) айтты: «Көрдүңбү, сен аны менден да урматтуу кылдыңбы? Эгер Сен мени кыяматка чейин калтырсаң, мен анын урпактарынан бир азынан башкасын жолдон азгырат элем».

Ал айтты: «Кет! Сени ким ээрчисе, алардын толгон-токой жазасы бар Тозок болду!

Алардан кимисине күчүң жетсе үнүң менен да, атчан аскериң менен да, жөө аскериң менен да азгыра бер. Алардын балдары менен байлыгына аралашып убадаңды бере бер! Шайтан курулай убада бере берет.

Менин кулдарыма сенин бийлигиң өтпөйт. Буга сенин Эгең Өзү кепил!»

(С.17, а.61–65)

Иблистин «атчан аскери» деп бир жылдыздан башка бир жылдызга өтүшкө мүмкүнчүлүгү бар жин тукумдары айтылып жатат. Буларды технологиясы алдыга өсүп кеткен, космостук кораблдердин ар кыл түрүн жасаганга жетишкендери катары түшүнсөк болот. Ал эми «жөө аскери» деп, өздөрү жашаган планетадан башка жылдыз дүйнөсүнө өтүшкө чамасы жетпегендери тууралуу айтылып жатат.

85. БУРУУЖ

1. Меккеде түшкөн. 22 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 27.
2. Хижр сүрөөсүндөгү 16-аяттын жана Саффат сүрөөсүндөгү 7-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.
3. Алла Таала аалам (Асмандар менен жер) жарала электен мурун боло турган бардык окуя – кубулуштарды Жазуу Тактасына жазышка Калемге буйрук берген. Курандын айрым бир аяттарында бул Түпкү Жазуу деп да эскерилет.

86. ТААРИК

1. Меккеде түшкөн. 17 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 36.

87. ААЛА

1. Меккеде түшкөн. 19 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 8.
2. Айрым бир элчи-пайгамбарларга эзелден эле «Ыйык Баракта» да түшүп турган. Жогорудагы «Аала» сүрөөсүнүн 18–19-аяттарындагы «Алгач-

кы Ыйык Баракгарда да, Ибрахим менен Мусанын Ыйык Баракгарында да так ушундай (жазылган)!» деген аяттарда эмне сыр бар? Мунун сыры ушундай. Куранга чейин түшкөн Ыйык Баракгарда деле (же Ыйык Баракгардын бир бетиндеги маалыматтар, *кыссалар*) пайгамбарлар жана калайыктар туурасында айтылган маалыматтар ашык-кеми жок туура 19 аяттан турган экен! Бул болсо, Куран мурдагы пайгамбарларга түшкөн Ыйык Баракгардын усул-тартибин бекем сактайт дегенди да билдирет. Анда кайсы бир маалымат 19 аятка жеткенде ал толук акырына жетип, андан кийин анын уландысы башталат же таптакыр эле башка маалымат башталат. Андай 19 аяттан турган маалыматтар Куранда жүздөн да ашып кетет. Алар бир же эки-үч сүрөөдөн орун алып, мазмуну боюнча бири-бири менен системалуу байланышат. Куранды окуп үйрөнө турган ар бир адам муну бекем эске албаса, андагы маалыматтар башаламан болуп, алардын бирдиктүү системасын аңдай албай кыйнала берет. Куранды ушундай усул менен изилдеп окуп үйрөнгөнүбүздө гана жалпы адамзаттын эволюциясын ирети менен окуп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк пайда болот.

88. ГААШИА

1. Меккеде түшкөн. 26 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 68.
2. Тикенектүү кургак чөпкө окшогон тамак.

89. ФАЖР

1. Меккеде түшкөн. 30 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 68.
2. Зулхиджанын биринчи он күнү. Ушул күндөрү Ад менен Самуд калкы жана Фараон аскери менен кыйраган.
3. Мамы түркүктөн турган курулуштардын ээси.

90. БАЛАД

1. Меккеде түшкөн. 20 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 35.
2. Мекке шаары.
3. Акыл менен сезим.

91. ШАМС

1. Меккеде түшкөн. 8 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 26.

92. ЛАЙЛ

1. Меккеде түшкөн. 21 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 9.

93. ДУХА

1. Меккеде түшкөн. 11 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 11.
2. Бакара сүрөөсүндөгү 255-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

94. ИНШИРАХ

1. Меккеде түшкөн. 8 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 12.

95. ТИН

1. Меккеде түшкөн. 19 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 28.
2. Кандайдыр бир нерсеге Алла Таала али бизге белгисиз бир жерде такай өсүп турган анжир менен зейтунду кыяматка чейин күбө кылып касам берип жатат.
3. Бул аяттан анжир менен зейтун Синиин тоосунда өсүп турганын билсек болот. Демек бул тоо да алар менен бирге күбө болуп жатат. Эмнеге күбө болуп жатат? Болжолу, бул тоонун аты Синиин эмес, Синуун болуш керек. Анткени, касам аяттарында тилге алынган предметтер араб тилинде кыйыр жөндөмдө айтылат. Көптүк санда айтылып жатканына караганда бир эле тоо эмес, көп тоо экенин да билип коюшубуз керек.
4. Саламат Шаар деген сөздөн Жер бетинде кыяматка дейре эч бир кыйроого учурабай турган бир гана ушул шаар бар экен деп билишибиз керек. Бул кайсы шаар?
5. Адам Атаны Алла Таала ушул Саламат Шаарда жаратканын айтып жатат. Кээде Адам Ата Куранда Инсан деп да эскерилет. Мисалы:

Муминун сүрөөсүнүн 12-аятында Алла Таала *«Биз Инсанды ийленген ылайдан жараттык»* дейт. Адам Атадан башкалардын топурактан эмес, ата-энеден туулуп жаралышын эске алсак, анда бул аяттагы Инсан деген сөз Адам атага карата айтылганы эч бир талаш жаратпайт. Ошентип, аяттардын маалыматынан Адам Ата жаралган жер Синиин тоолорунда жай алган Саламат Шаарда экенин окуп жатабыз. Анда такай анжир менен зейтун да өсүп турат экен. Жогорудагы касам аяттарынын маанiси ушундай суроону пайда кылат. Бул кайсы тоо, кайсы шаар? Кайда турат? Байыркы Чыгыш элдери муну Шамбала деп аташат. Шамбала тууралуу азыр эмне сөз болуп жатканына көңүл буралы.

Шамбала деген кереметтүү журт тууралуу миңдеген жылдар бою Чыгыш элдеринде байма-бай эле айтылып келе жаткан ар кыл уламыштар бар. Ал тууралуу акыркы кылымдарда Елена Блаватскаянын, Алиса Бейлинин, Чарлз Ледбитердин, Чогьям Трунгпанын, Бронислав Кузнецовдун жана Лев Гумилёвдун эмгектеринде эскерилет. Шамбала жөнүндөгү биринчи маалымат байыркы Индиянын «Махабхарата» деген эпикалык эпосунда ажайып калаа катары (Араньякапарве, үчүнчү китеп, 188-глава, «Маркандеинин аңгемеси») мындайча айтылат:

«Мезгили жетет. Ошондо дүнүйөнүн куткаруучусу эбегейсиз зор күч жана акыл-эске ээ болуп, Вишнуяшас деген ат менен экинчи жолу туулуп чыга келет. Ал Самбхала калаасында кадыр-барктуу брахмандын үй-бүлөсүндө туулат. Рухтун күчү аркылуу соот-калкандардан баштап бардык согуш куралдарды менен бирге ар кыл керек-жарак жабдыктарга чейин толук даяр кылат. Бул падыша жеңиштин мыйзамы (дхарма) менен бийликти ээлеп, чирип бара

жаткан дүйнөгө тынчтыкты орнотот. Асыл ойлору менен жарык чачкан брахмандын келиши (дүйнөлүк) кыйроону токтотот. Ошентип бул (куткаруучунун дүйнөнү) багындырган согушунан кийин жаңы доор (юга) башталат. Бул кайра туулган куткаруучу брахмандар менен бирге туш тарапка качкан бактысыз ыймансыздарды («млеччха») талкалап жок кылат».

Кийинчерээк даанышман Маркандеи тарабынан айтылган бул «риваят» буддизмге өтүп, анда ал тек гана керемет калаа катары эмес, өз алдынча укмуштуудай гүлдөгөн ыйыктардын өлкөсү катары сүрөттөлөт.

А.Костюшко буддизмдин булактарындагы Шамбаланын сүрөттөлүшү ушундай экенин жазат: «Шамбала сырттан караганда окуунун символикасына окшош (кап ортосунан туш тарапка ууктар салаалап тарагандай) тегерек аянты бар өлкө катары сүрөттөлөт. Өлкөнүн сыртынан бүтүндөй айланта тоолор курчап, ал эми өлкөнүн борборунда турган Калапа шаарын айланта да кичирээк шаарлар курчап турат. Эгер борбордон түштүккө карай жүрсөк, анда сандал даректары өскөн парк, эни 12 йоджан (бир йоджан 14,8 км) шаар да бар. Бул парктын борборунда кымбат материалдардан жасалган Будда Калачакранын мандаласы бар. Аны Будда Шакьямуниден бул окууну алган падыша Сучандра орноткон. Борбордон чыгыш тарапта Кичи Манас көлүн, батыш тарапта Ак Лотос көлүн учуратабыз. Эки айланта курчаган алкактын (тоолор менен шаарлардын) ортосунда миллиондогон кыштактары менен 96 княздык орун алган. Падышанын сарайы шоола чачып жаркырап, ал түндө да өчпөйт. Каалаган учурда өкүмдар атайын жасалган линзалардын (телескоп?) жардамы менен башка планеталарда жашагандардын жашоосуна да көз чаптыра алат. Анын кызматында ошондой эле «кереметтүү парда» (компьютер же телевизор?) да болуп, ал андан өзү каалаган жакынкы объектерди да көрө алат. 96 князь бири-бирине көз ачып жумгуча сыйкырдуу таякчалардын жардамы менен (мобилдүү телефон?) маалыматтарды жибере алышат. Өлкөдө тынчтык менен гармония орногон, оор жазага тартылган эч ким жок. Бул өлкөдө жашагандардын баарысы эле руханий өнүгүүнүн жогорку деңгээли тууралуу сөз кылышат».

Шамбала керемет өлкө катары миңдеген жылдар бою табышмак болуп, далайлардын акылын айран кылып келе жатат! Бүгүнкү күнгө чейин Шамбаланын тегерегинде айтылып келген сөздөргө кылдат саресеп салып, С.Волков баштан-аяк ушундай дейт: «Азиядагы сырдуу Шамбала грек даанышманы Платондун диалогундагы Атлантидага окшоп окумуштуулар менен окурмандардын арасында көп талаш-тартыш пикирлерди жаратты. XV–XVI кылымдардан бери карай аны буддист ламалары менен кечилдери, иезуит миссионерлери, кытай философтору табышка аракет кылышты. Легендарлуу Шамбаланы Гималай менен Афганистандын тоолорунан жана Гоби чөлүнөн издешкен. XX кылымдын башында аны ар кайсы өлкөлөрдүн илимий экспедициялары, анын ичинде Рерихтин Борбордук Азияга сапар тарткан белгилүү экспедициясы да бар. Шамбаланы издөөгө Тибетке карай

мамлекеттик деңгээлде каржыланып уюштурулган Россиянын НКВДсы менен Германиянын улутчул экспедициясы да жөнөтүлгөн эле.

...Ошондон бери карай дүйнөдө бул тема боюнча көп сандаган китептер менен статьялар жарык көрсө да, Шамбаланын сырын ачкан эч бир маалыматты бере алышкан жок. А Шамбала болсо, Атлантида жөнүндөгү миф катары Борбордук Азиядагы табышмактардын классикалык мисалынын бири катары болду да калды. Көп сандаган тарыхый жазмалардын күбөлүгү бар экенине карабай, Шамбала өзүнүн 96 провинциясы менен Пресвитер Иоанндын мифке айланган азиялык өлкөсүнө окшоп, Азиянын чексиз мейкиндигине жана кылымдардын карацгы дооруна дайынсыз сүңгүп кирип кете берди.

Көп сандаган саякатчылар менен экспедицияга баргандардын бирөөсү да мурунтан келе жаткан Шамбаланын бар экени тууралуу эч бир далил таба алышкан жок. XIV–XV кылымдарга чейинки тарыхый жазмаларда чийилип, Гималайда реалдуу орун алган Индиянын түндүгүндөгү Шамбала өлкөсүнүн жер бетинде эч бир изи табылган жок. Шамбала жөнүндөгү эскерүүлөр Калачакра-тантра менен тибеттик уламыштарда эле айтылып келе жатат. Бул мифтин туруктуу негизи болуп Мессиянын (куткаруучунун) Шамбаладан келери гана айтылат. Убакыттын өтүшү менен бирге буддизмдин тантра окуусунда Шамбала «ыйык журтка» айланып, буддизмдин чыныгы тарапкерлери анда кайрадан туулгусу келишет.

Шамбаланы башка бир реалдуу дүйнөдө, башка бир деңгээлге айланып кеткен журт катары, аны руханий өсүп жетилген адамдар гана көрүшкө мүмкүн деп да айтыша баштады.

Шамбаланын руханий табияты жөнүндөгү окуу тибеттик жашыруун Калачакра доктринасынын негизги өзөгү болуп калды. Шамбаланын руханий табиятын издөө (рухтун өзгөчө касиетин) Калачакранын бардык окуучулакрынын түпкү максатына айланып, алар ага өтө татаал медитациялык практика менен жандын жаркырап тазарган абалына жеткен учурдагы абалында гана жеткенге мүмкүнчүлүк болот деп санашат.

Азыркы учурда кайрадан айтыла баштаган Азиянын байыркы уламыштары боюнча, Шамбалада эзотерикалык билимди сактап жүргөн даанышмандар жашап, ал болсо адамга дүйнөнүн үстүнөн толук бийлик жүргүзгөнгө мүмкүнчүлүк берет деп айтылат. Ким Шамбала менен келишим түзсө, анда ал дүйнөнү башкарат. Шамбалага тандалгандар гана кабыл алынат. Гималай тоолорунан изделген Шамбала эч нерсе берген жок. Ошондуктан Шамбала азыркы учурда көзгө көрүнбөй башка бир дүйнөгө көчүп кеткен. Ошого карабай Шамбаладагы даанышмандар али деле болсо мурдагыдай эле адамзаттан тандалып алынган өкүлдөр менен байланышып турушат деп эсептеше башташты. Дагы деле байыркы тибеттик пайгамбарчылыктын айтуусу боюнча: «Шамбаланын аскерлери келечекте адамзатка жардам бериш үчүн келип, Жер бетиндеги Ак менен Каранын акыркы согушунда жеңишке жетет имиш» деген сөз бар.

Индияда байыркы мезгилден бери карай эле тоолордогу үнкүрлөрдө кечилдик менен турмуш өткөргөн гималайлык даанышман Махатмалардын бар экени тууралуу таралган бекем ишенич бар. Индустар бул сөз менен руханий бийик даражага жеткен кишилерди аташат. ...Буддистердин Рухий Шамбаласы XX кылымдын башында Европада кеңири белгилүү болду. Өткөн кылымдын башталышындагы илимий дүйнөтааным азыркы учурдагыдан кескин айырмаланган адамдарда Атлантидага, Жер алдындагы дүйнөгө, теософия менен оккультизмдин идеяларына карата илим менен бирдей барабар турган ишенич бар болчу. Европалык теософтордун, оккультистердин жана мистиктердин эмгектеринде тибеттик Шамбаланын образы өздөрүнүн жеке теорияларын тастыкташ үчүн жагып, андан ары анын жаңы европалык өнүкөн вариантын пайда кылды. Бүгүн болсо Тибет жөнүндөгү жазылган бир да китепте мистикалык Шамбала менен гималайлык Махатмалар тууралуу кайра баштан айтылып өтпөй койбойт. Белгилүү англиялык жазуучу, «Селестин пайгамбарчылыгы» жана «Онунчу пайгамбарчылык» деген бестселлерлердин автору «Шамбаланын сыры» деген (2003 ж.) эзотерикалык эмгегинде Шамбаланын маалыматын ушундай баян кылат: «Тибеттиктерде физикалык, материалдык дүйнөнүн чегинен ары да кандайдыр бир башкача, бизге көрүнбөгөн рухий реалдуулук – Шамбала бар деген ишеним бар. Ал ушул биздин Жерде эле туруп, бизге көрүнбөгөн рухий реалдуулукта жашайт. Шамбала чыны менен бар. Анда сиз менен бизге окшогон эле адамдар жашашат. Алар кайра баштан мына ушул ыйык жерде туулушуп, өнүгүүнүн бийик дегээлине жетип алышкан. Алар энергияны жаратканга жардам беришет, биздин дүйнөнү толугу менен аңдай алышат. ...Шамбаланын тургундары өнүгүүнүн жогорку даражасына өсүп жеткендерден тандалып алынган өзгөчө бир жамаатты түзүшкөн. Алар жашоо турмуш түзүлүштүн үлгүсүн орнотушуп, дүйнөдөгү башка жашагандар үчүн али да болсо аларга жетип барышты басып өтүшү керек».

«...Биз бул билимди сыр кылып сактап турушубуз керек, же болбосо Шамбала өзүн дүйнөгө жарыя кылып бардык адамдар билгенге чейин күтө турабыз. Анткени (биздин) Шамбала көптөгөн легендалардын, ошондой эле адамзаттын тарыхында көп жолу өткөн пайгамбарчылыктын булагы болуп жатат. Биз башка маданияттагылардын рухий информацияларга ээ болушуна жардам беребиз. Ошондой эле бардык адамдардын бизди ачык көрө алаторган мүмкүнчүлүккө жетиши да убакыттын иши экенин билебиз.

...Анткени, Шамбала – бул бүткүл адамзат келечегинин модели».

Шамбала темасы боюнча токтобой жарыяланып жаткан жаңы эмгектер окурмандарга суроо туудурат. Мындай эмгектерде чын эле рухий Шамбаланын жакын ортодо ачыкка чыгышы интуициялык сезим менен адамзатка туура боолголонуп жазылып жатабы же авторлордун өзөгүндө эч бир чындыгы жок жалгандан эле ойлоп жазып жатышкан адабий чыгармаларыбы?

Азыркы мезгилде планетанын эч бир белгисиз жери калган жок: Жер бетинин үстү картага чийилди, илимий экспедициялар менен саякатчылар

тарабынан сүрөттөлүп жазылды. Легендарлуу өлкөнү табышка көп саякатчылар аракет кылышты. XIX кылымдан баштап Борбордук Азиянын изилдене элек аймактарына Н.М.Пржевальскийдин, Г.Н.Потаниндин, П.К.Козловдун, Н.К.Рерихтин экспедициялары биринин артынан бири барышкан болчу. Саякатчылардын күндөлүктөрүндө барышка тыюу салынган жерлер катары маалыматтар көп жазылып, алар эзелки замандан бери эле даанышмандардын жашыруун борбору болуп, аны Гоби чөлү бөлүп кайтарып турат деген жергиликтүү монгол калкынын ишенимдерине шайкеш жазылган. Улуу монгол талаасын изилдөөчүлөрдүн «Хангай менен Гобинин чегиндеги тыюу салынган жерлерге» жол баштоочулардын экспедицияны баштап барганга караманча каршы болгондорун жазган эскерүүлөрү бар. Кылымдар бою эле Борбордук Азиянын түпкүрүндөгү жашыруун жер, Түбөлүк Көк асманга сыйынуу ишеними, асманда жашаган устаттардын жерге түшүп келип, алардын Азиянын борборунда жетип барууга мүмкүн болбой турган ыйык жерди мекендешип тураары тууралуу айтылып келе жаткан байыркы мифтер бизге чейин жетип келип отурат. Көчмөн маданият мындай жашыруун борбордун чексиз талаалардын кайсы бир жеринде бар экенине эч бир талашсыз далил болуп күбө боло турган хрониканы муундарга жазып калтырган эмес. Таң каларлыктай сакталып калган оозеки эле айрым сөздөр бар. Жыйынтыгында Шамбала менен асмандан түшкөндөр тууралуу кайра кайталанып айтылган бул мифтер башка элдер менен өлкөлөрдөгү кызыктуу маалыматтар менен кошул-ташыл жуурулушуп да кеткен. Шамбала боюнча айтылган алгачкы маалыматтарга ар кандай көп кошумчалар да кире берген. Ошентип Шамбала тууралуу мифке Библиядагы Граалдын сюжети, дагы Пресвитер Иоанндын жомоктогудай өлкөсү, легендарлуу Гэсэр, Азиянын түндүгүндөгү аттардын Пири менен аскерлердин Падышасы, Ак Аралдагы адамзаттын түпкү мекени кирип кеткен. XX кылымда Шамбала менен Жер алдындагы Агарти жөнүндөгү мифти, Беловодьени жана ыйык Махатмаларды байланыштырышты. Көбүнчө бир эле жазылып калган маалыматтарга ар кайсы авторлор шилтеме беришкен, өздөрүнүн жеке пикирлери менен окугандарына таянышып эле Шамбаланын турган орду менен табиятына карама-каршы келген тыянактарды да чыгара беришкен.

Азыр деле чыгыш таануучу окумуштуулардын арасында Шамбала реалдуу жашаган байыркы Гималайдагы өлкө дегендери бар. Диний мистиктер окумуштуулардын гипотезасына караманча каршы турушуп, Шамбаланы жетишке такыр мүмкүн болбогон, мейкиндиктин башка бир өлчөмүндө турат деп санашат. Чын эле андай болсо, «бүткүл дүйнөнүн жашыруун борбору» жана «жалпы адамзаттын көрүнбөгөн өкмөтү» деген Азиянын бул мифинде эмне сыр жатат? Шамбала – уламышпы, же тарыхый чындыкпы? Шамбалага күбөлүк берип чыгып жаткан басылмалардын саны ушунчалык көп, жазуучулардын фантазиясы тарыхый фактылар менен кошулуп кетип, азыр болсо алар чыныгы тарых катары кабылданып жатат. ...Окумуштуулардын кийинки изилдөөлөрү Шамбаланын сырын тактап ачышы мүмкүн.

А бирок, Атлантидага окшоп азырынча ал легендарлуу өлкө катары турат, ал шаардын урандысы таптакыр эле табылган жок. Аны издеш үчүн жаңы экспедициялар Гималайга карай улам эле жөнөп жатышат».

Жогорудагы саптарды окуган окурман Шамбала деген (азырынча) чындыкка дал келбеген миф экенине макул болбой коё албайт. Акындын ушул ыры эске түшөт.

«Жашоо эмне? – Ачайын деп капкагын,
Жылдап ойлоп, кирпигимди какпадым.
Көп нерсеге көзүм жетет деп жүрсөм,
Акылымдан эч нерсени таппадым».

(Омор Хаям)

«Миң уккандан бир көргөн артык» деген элде сөз бар. Азырынча Шамбаланы өз көзү менен көрүп келген бир да адам жок. Ошондой болсо да...

«Окумуштуу археолог Лаодзин теософиялык, же болбосо кандайдыр бир эзотерикалык окууларга да, коомдорго да катышы бар окуучулардан эмес болчу. Бул кишиге Гималайдын жашыруун тургундары менен бирге туруш бактысы туш болду. Өзүнүн көргөндөрүн ал биринчи дүйнөлүк согуштан кийин жазып, ал «Шанхай Таймс» газетасында жарык көргөндө дүйнөнүн бардык өлкөлөрү буга абдан катуу кызыгышкан. Лаодзиндин макаласын европалык жана америкалык көп гезиттер басып жарыялашкан.

Лаодзин өзүнүн макаласында жөнөкөй адамдар жете албай турган «Өмүр Храмы»деп атаган журтка барган сапары тууралуу баштан-аяк баяндаган болчу. Кытай окумуштуусу бул табышмактуу журт Тибеттеги басып өтүшкө абдан кыйын болгон анчалык белгилүү эмес Кунь-Лун тоолорунда экенин жазган. Лаодзинди «Өмүр Храмына» бир жолу өмүрүн сактап калганы үчүн непалдык йог эзэрчитип барыптыр. Бул кылган жакшылыгы үчүн ал ыйык кишилерден алардын турук кылган журтун окумуштууга көрсөтүп коюшун өтүнгөн экен. Лаодзиндин сөзү боюнча, йог калган өмүрүн ушул таберик жүртта өткөргүсү келиптир. Окумуштуу менен ага жол баштаган йогдун Тибеттеги сапары жеңил болгон эмес. Өзүнүн сапары тууралуу жазган макаласында Лаодзин ушундай дейт: *«Гоби чөлү менен эки ай жол жүргөндөн кийин да басып өтүшкө абдан кыйын болгон Түндүк Тибет тоо кыркасы менен акыры деңиз дегээлинен 15 миң фут бийикте турган кандайдыр бир кар баскан тоолорго жеттик. Капыстан эле бизден төмөн тарапта алыста турган жапжашыл өрөөндү көргөндө биз аябай таң калдык. Биз баскан кумдуу талаалар менен кар баскан тоолордон тиги жылуу жана түшүмдүү өрөөн шумдуктуудай кескин айырмаланып турду. Бул өрөөндөгү өз алдынча архитектурасы кооз көп имараттарды көргөнүбүздө ажайып таң калдык.*

Өрөөндүн бир тарабында даректардын учунан ашып бийик көтөрүлүп турган бир топ кооз имараттарды көрдүк. Кийинчерээк дал ушул жерде (байыркы халдейлер курган имараттардын каршысында) китепкана, астрологиялык мунара, лабораториялар, башка дагы курулуштар менен бирдикте

мурунтан эскерилген «Өмүр Храмы» жай алганын билдим. Кара базальт менен күрөң граниттен курулган бул имараттар азыр деле Чынгысхандын убагында тургандай эле турат. Алар Улуу Кытай сепилинен да, эң байыркы индиялык храмдардан да, балким, Египеттин пирамидаларынан да мурун курулган...» Доктор Лаодзиндин күбөлүгү боюнча, Шамбала (жамааты) Тибеттин түндүк тарабында өтүп барышка мүмкүн болбогон тоолор менен курчалып, береке чачкан түшүмдүү өрөөндө турат. Ал андагы базальт менен граниттен курулган имараттарда жашаган жыйырмадай улуттан эки жүзгө жакын даанышмандарды жана алардын шакирттерин көргөн. Алардын ичинде тибеттиктер, индиялыктар жана кытайлыктар көбүрөөк болуп, ошондой эле алты орус, бир нече ирандыктар менен немистер, бир француз, бир бельгиялык жана бир голландиялык да бар. Лаодзин бул жердеги тургундар өздөрүнүн мекенинин сырын ыйык сактап жашырышка ант беришкенин жазган. Ошондуктан окумуштуу бул табышмактуу журт биздин күнгө чейин жашыруун калган дүйнөнүн эң улуу сырларынын бири экенин кошумчалайт.

«Бул ыйык журтка кокусунан жетип баргандар же ал жерде түбөлүккө калышкан, же болбосо жолдун кыйынчылыгынан кайра кайтып келе жатканда өлүшкөн. Анча-мынча кайткандар көргөн-билгендерин айтпаска ант беришкен», деп белгилеген Лаодзин. Кытай окумуштуусу аны ээрчитип барып йог көрсөткөн «Өмүр Храмынын» максаты адам рухунун мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө экенин да жазган. Лаодзиндин макаласында *«Балким, бул журт Жер бетиндеги ар кандай диний ишенимдердеги адамдардын адамзаттын жыргалдуу келечегине тийиштүү мүшкүл маселелерди мүмкүн болушунча биргеликте чечүүгө бардык күчтү топтоп чогулган бир эле жер»*, – деп айтылат.

Кытай археологу бул керемет өрөөндүн тургундары башка дүйнөдөн таптакыр эле өз алдынча көз карандысыз экенин да белгилеген. Алар жашоо үчүн зарыл болгон керек-жарак жабдыктарды да, кыла турган жумуштарды да өз мээнеттери менен жолго коюп алышкан. Лаодзиндин сөзү боюнча, кечилдер өздөрүнүн шакирттери менен бирге жерди иштетишип, жер-жемиш жашылчалардын баарысын өздөрү өстүрүшөт. Өндүрүш үчүн зарыл болгон кийимдерди да өздөрү тигишет. Алар жалаң гана өсүмдүктөрдөн алынган азыктар менен тамактанышат.

Жер алдындагы ысык суулардын сыртка агып чыгышынын шарапатынан өрөөндө дайым жылуу болуп турат. Анын жери абдан түшүмдүү. Бир нече жүздөгөн адамдын жан багышына толук жарайт.

Ал жердегилердин эң чоң баалуу байлыгы болуп көп сандаган кол жазмалары бар китепканасы, ошондой эле карталары жана ар кандай илимий изилдөө иштерине колдоно турган түрдүү куралдары эсептелет.

Доктор Лаодзинге Шамбала өрөөнүндө үч ай жашаганга уруксат берилген экен. Бул мезгилдин ичинде ал адаттагыдай эмес психоэнергетикалык феномендерге күбө болгон. Боордоштордун китеп сакталуучу имараттарынын биринде болгондо андан ал дүйнөнүн эң байыркы тилдеринде жазылган уникалдуу манускриптерди көргөн. Ал кытай, монгол жана орус тилин

эле билгени үчүн андагы көп сандаган кол жазмалар менен тааныша алган эмес. Кытай окумуштуусуна муну менен бирге таң каларлык түрдүү приборлору менен инструменттери бар ар кандай лабораторияларды да көрсөтүшкөн. Ал Шамбалада болушкан башка авторлор тарабынан жазылган обсерватория менен белгилүү мунарага да кириптир.

Лаодзин өзүнүн алган таасирлери боюнча негизинен сырткы гана майда-барат көрүнүштөргө токтолуп, ар кандай руханий феномендерге күбө болгонуна гана кайрылганы болбосо, андан башкаларын айтууга ага уруксат берилген эмес. Окумуштуу кыска гана андагы кызмат өтөгөндөргө мүнөздүү болгон телепатия жана башка жогорку жөндөмдүлүккө таандык паранормалдуу рухий-психикалык мүмкүнчүлүктөрдү эскерүү менен эле чектелип, ошондой нерселерди көрүшкө гана уруксат алган экен. Ушундай эксперименттердин биринде ал шакирттердин абага эркин көтөрүлүп эле учуп кала беришпей, көзгө көрүнбөй калганын да өз көзү менен көргөн. Лаодзин муну менен бирге керемет өрөөндү мекендеген шакирттер орто жаштагы адамдай көрүнүшкөнү менен бир нече жүздөгөн жашка кирип калганын да эскерет...

Синиин тоосун да, Синай тоосун да Куранга түшүндүрмө жазган кээ бир аалымдар Синай тоосу деп жазып келишкен. А чындыгында Сайна тоосу да, Синиин тоосу да Синай тоосу эмес. Синай деген тоо Куранда эч бир жерде эскерилбегенин буга чейин эле айттык.

«Синиин» деген тоо аточ жөндөмөсүндө «Синуун» деп айтылса керек. Мисалы, араб тилинде атооч жөндөмөсүндөгү көптүк санда айтылган «муслимуун» (мусулмандар) деген сөз башка (кыйыр) жөндөмөлөрдө «муслиминн» деп өзгөргөндөй. Ал эми «Саламат Шаар» жөнүндө айта турган болсок, бул шаар эзелтен кыйроого учурабаган шаар болуп жатат. Эми, Саламат Шаар туурасында жакшы маалыматка ээ болуш үчүн Тур сүрөөсүндөгү оболку алты аятты карап көрөлү.

1. «Тоону (күбө кылып) касам берем!»

Доктор Лаодзин айтып жатат: *«Гоби чөлү менен эки ай жол жүргөндөн кийин да басып өтүшкө абдан кыйын болгон Түндүк Тибет тоо кыркасы менен акыры деңиз дегээлинен 15 миң фут бийикте турган кандайдыр бир кар баскан тоолорго жеттик. Капыстан эле бизден төмөн тарапта узакта турган жапжашыл өрөөндү көргөндө биз аябай таң калдык. Биз баскан кумдуу таалаар менен кар баскан тоолордон тиги жылуу жана түшүмдүү өрөөн шумдуктуудай кескин айырмаланып турду».* Саламат Шаар Кытай окумуштуусу айткандай, Тибеттеги басып өтүшкө абдан кыйын болгон анчалык белгилүү эмес Кунь-Лун тоолорунда турат.

Буга чейин илимде Гималай тоолорунун пайда болушуна 55 миллион жыл деп айтылып келген. Бирок, андай эмес экен. Аризона университетинин окумуштуулары Джордж Герельстин жетекчилиги менен изилдөө жүргүзгөндө Гималай тоолорунун жашы 55 миллион жыл эмес, 500 миллион жылды көрсөттү! Буга чейин эле биз Адам Атадан бери карай Ибрахим пайгамбарга чейин 453 240 000 жыл өткөнүн эсептеп чыгарганбыз. Демек, Шам-

бала турган тоо дүнүйөдө өткөн нечендеген алааматтарда кыйраган эмес, анда курулган шаар да кыйроого учураган эмес. Ушул себептен Алла Таала ал шаарды «Саламат Шаар» деп атап жатат.

Андагы үйлөрдү өз көзү менен көргөн Лаодзин айтып жатат: *«Бул өрөөндөгү өз алдынча архитектурасы кооз көп имараттарды көргөнүбүздө ажайып таң калдык. Өрөөндүн бир тарабында даректардын учунан ашып бийик көтөрүлүп турган бир топ кооз имараттарды көрдүк. Кийинчерээк дал ушул жерде (байыркы халдейлер курган имараттардын каршысында) китепкана, астрологиялык мунара, лабораториялар, башка дагы курулуштар менен бирдикте мурунтан эскерилген «Өмүр Храмы» жай алганын билдим. Кара базальт менен күрөң граниттен курулган бул имараттар азыр деле Чынгысхандын убагында тургандай эле турат. Алар Улуу Кытай сепилинен да, эң байыркы индиялык храмдардан да, балким, Египеттин пирамидаларынан да мурун курулган...»*

2. «Жазылган Китепти (күбө кылып) касам берем!

3. Түрмөктөлгөн Ыйык Баракты (күбө кылып) касам берем!»

Саламат Шаардын китепканасында эзелтен бери карай пайгамбарларга түшкөн Ыйык Китептердин жана Ыйык Баракталардын түп нускалары сакталат.

Лаодзин айтып жатат: *«Ал жердегилердин эң чоң баалуу байлыгы болуп көп сандаган кол жазмалары бар китепканасы, ошондой эле карталары жана ар кандай илимий изилдөө иштерине колдоно турган түрдүү куралдары эсептелет».*

«Доктор Лаодзинге Шамбала өрөөнүндө үч ай жашаганга уруксат берилген экен. ...Боордоштордун китеп сакталуучу имараттарынын биринде болгондо андан ал дүйнөнүн эң байыркы тилдеринде жазылган уникалдуу манускриптерди көргөн. Ал кытай, монгол жана орус тилин эле билгени үчүн андагы көп сандаган кол жазмалар менен тааныша алган эмес».

4. «Курулган Үйдү (күбө кылып) касам берем!

5. (Анын) көтөрүлгөн Мунарасын (күбө кылып) касам берем!»

Саламат Шаардын «Мунарасы» – обсерваториясы бар.

Лаодзин айтып жатат: *«Өрөөндүн бир тарабында даректардын учунан ашып бийик көтөрүлүп турган бир топ кооз имараттарды көрдүк. Кийинчерээк дал ушул жерде (байыркы халдейлер курган имараттардын каршысында) китепкана, астрологиялык мунара, лабораториялар, башка дагы курулуштар менен бирдикте мурунтан эскерилген «Өмүр Храмы» жай алганын билдим».*

Мында айтылган *«Өмүр Храмы»* – Куранда айтылган *«Курулган Үй»*, ал эми *«(Анын) көтөрүлгөн Мунарасы»* анын үстүнкү кабатына курулган обсерватория болуп жатат. *«Ал (Лаодзин) Шамбалада болушкан башка авторлор тарабынан жазылган обсерватория менен белгилүү мунарага да кириптир».*

6. «Деңиздин созулган (булуңун күбө кылып) касам берем!»

Саламат Шаарды дүйнөлүк океан менен туташтырып турган (жер алдында) булуң да бар.

Алла Таала Адам Атаны азыркы Саламат Шаар турган жерде: *«Мен жер үстүндө бир орунбасар (халиф) жаратамын»* деп жараткан. Периштелер ага ошол жерде сажда кылышкан. Бул болсо анын улук даражанын ээси, Жер бетине падыша болгонунан да кабар берет. Бирок, Адам Ата Алла Таалага берген убадасына тура албай Иблиске (Шайтанга) алданып калды, күнөө жасады. Ошондо андан куулуп Саян тоосуна (Тувага) келген. Бул туурасында айттык. Бирок, халифтин орду бош калды. Бош калбашы керек болчу. Эмне үчүн? Анткени, Иблис Алла Тааладан кыяматка чейин жашай турган мөөнөт сурады. Ушул мезгилдин ичинде адамзатты жолдон аздырмай болду. Алла Таала муну кабыл кылды. А Иблиске каршы да Алла Таала адамзаттан бир пайгамбарды кыяматка чейин (халифтин ордунда) тирүү калтырды. Ал – Идрис пайгамбар. Ал бул орунга Жер жүзүнүн падышасы болуп барып жай алды. Ошондон улам Куранда айтылат:

«Жазуудан Идристи да эскер. Ал туура жүргөн пайгамбар болчу.
Биз аны Улук Орунга көтөрүп кеттик».

(Марйам сүрөөсү, 56–57-аяттары)

Айрым бир мусулман аалымдары Идрис пайгамбар «бейишке кирип кеткен», а «Адам Ата болсо бейиштен күнөө кылып куулуп чыккан» деп жазышкан. Бул – туура эмес. Бейиш күнөө кыла турган, Иблис кире турган жай эмес. Бейишке кыямат болбой, эсеп-сурак берилген күн келбей эч ким кире да албайт. Куранга түшүндүрмө жазышкан аалымдардын кээ бири Мухаммед пайгамбар мэражга чыккан учурда Идрис пайгамбарды баш кылып бир топ пайгамбарларды асманда көргөнүн жазышат. Сахих аль-Бухари хадис жыйнагында *(хадис №349, Намаз китеби)* пайгамбар алардын рухтарын, муну менен бирге бардык эле туулуп келе турган адамдардын рухтарын асманда көргөнү тууралуу ачык баян кылынган. Чыгыштын эзотерикалык окуурында бул астралдык тело (жан, рух) дегенге туура келет. Идрис пайгамбар – Шамбалада (Саламат шаарда). Анда баарысы болуп 8 тирүү күбө пайгамбар бар. Адам Атанын доорундагы пайгамбарлардан Идрис менен Зулкарнайн, Нух пайгамбардын доорундагы пайгамбарлардан Худ, Салих жана Кыдыр (Хидр), ал эми Ибрахим пайгамбардын доорундагы пайгамбарлардан Шуайб, Иляс жана Иса пайгамбар Саламат Шаарда өз кызматтары менен күбө пайгамбарлар катары турушат.

Ушуну бекем эске алышыбыз керек. Ар бир элчи-пайгамбардын адамзат коомуна келишинде бир чоң миссия бар. Эгер калайык элчи-пайгамбарды кабыл кылса, анча-мынча алардан аны ээрчип динди кабыл кылса, анда Алла Таала ал пайгамбардын калкына мөөнөттүү узартат, кыйроо болбойт. Жок, мунун тескерисинче калайык пайгамбарга караманча каршы туруп аны өлтүрсө же бир да адам динди кабыл кылбай пайгамбарды кууп чыкса, анда Алла Таала мындай калайыкка мөөнөт бербейт, аларды тегиз кырып таштайт. Мисалы, Лут пайгамбардын калкын (Содом менен Гоморранын калкын), Шуайб пайгамбардын калкын (Мадйан калкын), Муса пайгамбар-

ды куугунтукка алган Фараонду жана анын аскерлерин, булардан мурда өткөн Худ жана Салих пайгамбардын калкын Алла Таала тегиз кырып салган.

Ыйык Куран негизинен Ибрахим пайгамбардан берки пайгамбарларды эле эскерет. Эгер Идрис, Зулкарнайн, Худ, Салих жана Кыдыр пайгамбарлар күбө пайгамбарлар болбосо, анда эскерилбейт деле болчу. Адам Ата менен Нух пайгамбардын доорунда булардан башка да миңдеген пайгамбарлар өткөн болсо да, Куран алар тууралуу эскербейт. Буга зарылчылык деле жок.

96. АЛАК

1. Меккеде түшкөн. 19 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 1.

97. КАДР

1. Мекеде түшкөн. 5 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 25.
2. Рамазан айынын үчүнчү он күнүнүн биринде Куран аяттарынын түшүп башталганы тууралуу айтылып жатат.

98. БАЙЙИНА

1. Мединада түшкөн. 8 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 100.
2. Шура сүрөөсүндөгү 13-аяттын түшүндүрмөсүн караңыз.

99. ЗИЛЗАЛА

1. Мединада түшкөн. 8 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 93.

100. ААДИАТ

1. Меккеде түшкөн. 11 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 14.

101. КООРИА

1. Меккеде түшкөн. 11 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 30.

102. ТАКААСУР

1. Меккеде түшкөн. 8 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 16.

103. АСР

1. Меккеде түшкөн. 3 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 13.
2. Жүз жылда (бир кылымда) жок дегенде Жер бетинде бир калаа (шаар) тыптыйпыл толук кыйрайт, кусур урат. (Кара. С.17, а.16, 58).

104. ХУМАЗА

1. Меккеде түшкөн. 19 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 32.

105. ФИЛ

1. Меккеде түшкөн. 5 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 19.

106. КУРАЙШ

1. Меккеде түшкөн. 4 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 29.

107. МААУН

1. Меккеде түшкөн. 7 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 17.

108. КАУСАР

1. Меккеде түшкөн. 3 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 15.
2. Бейиштеги бир дарыя же көл катары эскерилип жатат.
3. Пайгамбарга ишин уланта турган эркек баласы жок деп айткан капырга (Аас ибн Ваилге) карата жооп катары келген аят.

109. КААФИРИН

1. Меккеде түшкөн. 6 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 18.

110. НАСР

1. Мединада түшкөн. 3 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 2.

111. МАСАД

1. Меккеде түшкөн. 5 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 6.
2. Абу Лахаб пайгамбардын жакын абалары болсо да, ага аялы (Умму Жамил) экөө көп каршылык көрсөтүшкөн. Аларга берилген азап тууралуу маалымат берилип жатат.

112. ИХЛАС

1. Меккеде түшкөн. 4 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 112.

113. ФАЛАК

1. Меккеде түшкөн. 5 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 20.

114. НАС

1. Меккеде түшкөн. 6 аяттан турат. Хронологиялык тартиби – 21.

КЭЭ БИР СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

АВРАТ – денедеги жабыла турган (уяттуу) жерлер; буга аялдардын колунун манжалары (алаканы) менен жүзүнөн башка бардык жерлери, эркектердин тизесинен бел курчоосуна чейинки денеси кирет.

БУРКАН – Мүшүрүктөр сыйына турган айкел (идол).

ВАХИЙ – жашыруун кабар; элчи – пайгамбарларга Кудайдан элчи периште Жабраил аркылуу келген жашыруун кабар.

ЖИЗИЯ – жан салыгы; мусулман өлкөсүндө жашаган башка диндин өкүлдөрүнөн алынган салык. Бул салык, биринчиден, башка диндегилерден мусулман өлкөсү өз жеринде аларды ар кандай душмандардан коргоого алып сактап турганы үчүн, экинчиден, алар мусулмандар менен согушка барышка милдеттүү болбогону үчүн алынган. Мындай салык аялдар, кары-картаңдар, наристелер, жардылар, кулдар, майыптар жана кечилдерден алынган эмес.

ЖУНУБ – кир, булганыч; адамдын диний ибадаттарды (мисалы, намаз окуу, куран окуу, ажы кылуу, ж.б.) аткарууга булганыч болгон абалы. Эркек менен аял жыныстык катнаш кылган учурдан баштап бүткөн бойду гусул кылып толук жууганга чейин жунуб абалда болушат.

ЗЫНА – бири бири менен никеде жок аял менен эркек тарабынан болгон жыныстык катнаш.

ИБРЕТ – үлгү, таалим.

КАСАП – каарына алуу.

КЕПЕРЕТ – күнөөнү жууш үчүн бериле турган садага.

КЫСАС – өч, жазалоо; атайылап кастык менен өлтүрүлгөн адамдын добогери (мураскору, жакын тууганы) өлтүрүүчүнүн (кун төлөгөнүнө же аны кечирүүгө макулдугу болбой), өч алыш ниети менен падышанын акыйкат өкүмүн алып, аны калайык күбө болуп чогулган жерде өлтүрүшү.

КЫССА – аңгеме, баян; болгон окуянын баяндалышы.

КУСУЛ (ГУСУЛ) – дене бойду баштан-аяк толук жууш.

МАСХ – сыйпоо, сүйкөө.

МАХР – калың; эркек менен аял никелешүүгө келишим кылган учурда эркектен аялга (кызга) бериле турган акчалай, же башка мүлк менен бериле турган акы.

МУНАПЫК – эки жүздүү.

МҮШҮРҮК – шерик кошуучу; көп кудайга ишенген бутпарас адам.

ПИДИЯ – төлөп куткарып алуу; кээ бир диний милдеттерди (мисалы, орозо) өз учурунда үзүрлүү себептер менен аткара албаган учурда бериле турган милдеттүү төлөм.

РЕКЕТ – жүгүнүү; намаздын маңдайды жерге тийгизип кайра турганга чейинки бир бөлүгү.

РУКУ – тизе таянып эңкейүү (намаздагы парздардын бири).

САЖДА – маңдайды жерге тийгизип жүгүнүү (намаздагы парздардын бири).

ТАЙАММУМ – топурак (чаң, тозоң) менен масх тартып даарат алуу; суу табылбаган учурда же катуу суукта суу менен даарат кылганда ооруп калуу коркунучу болгондо таяммум кылынат.

ТИРКЕМЕЛЕР

ТОПОН СУУДАН КАЛГАН АЯТТАР

Түндүк уюлдагы көңдөй тешик



Жер алдындагы дүйнөгө кире турган Түндүк уюлдагы көңдөй тешик мындан он төрт кылым мурун Куранда кабар берилгендей так эле тандырды элестетет.

1968-жылы америкалык метеорологиялык спутник «Эсса-7» Жерге Түндүк уюлдун тең каларлык сүрөтүн жиберген. Түндүк уюлду таптакыр булут каптабаган учурда, же болбосо мындай учур өтө сейрек учураган маалда тартылган сүрөттө, Уюлдагы зор көңдөй тешик даана көрүнүп турат. Сүрөт жасалма эмес, бир топ экспертизадан өткөн. Эмне үчүн бул көңдөй тешикти уюлду изилдегендер да, учкучтар да көрүшкөн эмес деп ойлогонго толук негиз бар. Албетте, адмирал Бёрддон башкалары. Самолёттор Түндүк уюлдун так үстүнөн учүп өтө алышпайт. Анткени, Жер алдына кирчү көңдөйгө жакындаганда магниттик линия жантайып ийилет. Мунун таасиринен компас түндүктү көрсөткөндөй болгонуна карабай самолет көңдөйдүн бир жак капталынан учуп өтүп кетет.

Уюлдук жаркыроо



НАСАнын сервериндеги видеожазуусунан алынган клиптеги уюлдук жаркыроо Антарктика континентиндеги тешиктен чыгып жатканы даана көрүнүп турат. Албетте, бул Жердин магниттик талаасынын таасиринен улам Күн шамалынын таасири аркылуу 90 км ден 1000 км ге чейинки бийиктиктен уюлга жаркырап түшүп жатат деген жалпы кабыл алынган түшүнүккө туура келбейт.

Байыркы Урал регионунун рельефи түшүрүлгөн карта



...1999-жылы 21-июлда башкыр окумуштуусу Александр Чувыров Чандар кыштагынан узундугу 148 см, эни 106 см, калыңдыгы 16 см таш плита тапты. Байыркы мезгилде эле Урал регионунун рельефи түшүрүлгөн картасы экени кызык. Карта мындан 120 миллион жылдай мурун жасалыптыр! Курандагы маалыматтар менен салыштырсак, анда аны Топон суудан алдыңкы адамдар жасаганын көрөбүз. Эң кызыгы мындай картаны жасаш үчүн суперкубаттуу компьютерлер менен космостон тартылып алынган сүрөттөр болмоюнча такыр эле мүмкүн эмес экен! Бул болсо 120 миллион жыл мурда Жер бетинде өтө бийик деңгээлге өсүп жеткен цивилизациянын болгонуна күбө. Карта дүйнөлүк окумуштуулар тарабынан изилденип жатат...

Ад калкынан калган аяттар



Астероиддин түшкөн орду (Мексика)



Чиксулуб кратери

Юпитер храмынын пайдубалынын калдыгы (Баальбек)



Ливандагы Баальбек комплекси өзүнүн чоңдугу менен кимди да болсо таң калтырбай койбойт. Анын калдыктарын аралап жүргөндө өзүңдү алптардын өлкөсүндө жүргөн Гулливердей сезесиң. Муну башкача айтып түшүндүргөнгө болбойт. Баальбек комплекси миңдеген жылдар бою адамзатка чоң табышмак бойдон сыры ачылбай келе жатат. Бул комплекстин пайдубалына коюлган миң тонналык чегилген чулу таш блокторду кимдер чегип, кимдер көтөрүп келип койгон! Юпитер храмынын курулушу бүгүнкү цивилизациянын көзү менен караганда да ары түшүнүксүз, ары таң калычтуу таасир калтырат. Анын пайдубалы тогуз катар блок таштан көтөрүлүп, андагы ар бир блоктун салмагы 300 тоннага чамалайт. Пайдубалдын түштүк-батыш тарабында Трилитон деген, же болбосо Үч алп таш деген бар. Ал үч блоктун ар бири өлчөөсүз чоң экенине карабай көрүнүп турган пайдубалдын алтынчы катарына көтөрүлүп коюлган. Алардын ар биринин узундугу 21,3 метрге, калыңдыгы 4,8 метрге жетип, салмагы миң тоннадан ашат. Алардын кынтыксыз чегилип, 2 км жерден алынып келгенден кийин да 7–8 метр бийиктикке көтөрүлүп коюлганына акыл жетпейт. Алар укмуштай бекем кыналып, адам акылы ишене албай тургандай эч бир жылчыксыз уланган экен. Алар ушунчалык мыкты кыналгандыктан араларына ийне да кирбейт! Жөнөкөй шаймандардын жардамы менен ондогон жана жүздөгөн метр квадрат таштын бетин абдан тегиз кылып жылмалаштын өзү эле эч бир акылга сыйбайт. Бул блоктордун жасалганы да, алынып келингени да толгон-токой суроолорду жаратпай койбойт. Ошентсе да бул кереметтин жасалганы көз алдыда ачык көрүнүп турат.

Түштүк ташы (Баальбек)



Эң белгилүү таш Төртүнчү таш – блоктор кесилип алынган жерден жылбай кала берген... Дүнүйөдөгү кол менен чегилген таштардын эң чоңу деп саналган бул таш Баальбекке жете бербей, акрополдун элүү метрдей түштүк тарабында жатат. Аны илгертен эле «Түштүк Ташы» деп атап келишкен. Бул монолиттин эмнеге ылайыкталып жасалганы да белгисиз. Ал трилитондон да чоң: узундугу 21,72 м, түштүктү карап жаткан башынын кесилиш өлчөмү 4,25х4,35м, ал эми түндүктү караган башыныкы 5,35х5,35 м. «Түштүк Ташынын» көлөмү 433 кубометрге, а салмагы болсо 1000 тоннадан (айрым бир эсептөөлөр боюнча 2000 тоннага жакын) ашыгыраак бар. Мындай массага ээ нерсени көтөрө турган гигант крандар жакында эле пайда болду. Инженер О. Коломийчуктун эсептөөсү боюнча бул таш блокту бир эле учурда ордунан жылдырыш үчүн 60 миң кишинин күчү керек. Албетте, муну иш жүзүнө ашырыш деги эле мүмкүн эмес! Кесип алынган жеринде жаткан миң тоннадан ашык мындай зор чулу ташты курулуп жаткан имаратка кантип алып келиштин сырын билиш таптакыр эле мүмкүн эмес.

Моáи — Тынч океандагы аралда турган монолит таш мололор

Пасха аралы Чилиден 4000 км аралыкта Тынч океанында турат. Ага коңшу турган Питкэрн аралынын жашоочулары алардан 2000 км бери жакта жашашат. Ал голландиялык деңиз саякатчысы тарабынан 1772-жылы 5-апрелде пасха майрамы күнү эртең менен табылганына байланыштуу Пасха аралы деп аталып калган. Аралдын пейзажы өчкөн вулкандар, тоолор жана көгөргөн жайыктардан турат. Анда дарыя жок, вулкан кратерлеринде топтолгон жамгыр суулары эле бар. Пасхалыктар өздөрүнүн аралын «Жердин Киндиги» (Те-Пи-те-хенуа) деп аташат. Дүйнөдөн бөлүнүп өз алдынча калып калган бул арал окумуштууларды да, мистиктерди да, табышмактуу сырларга кызыккандарды да ар дайым өзүнө тартып турат. Пасха аралы эң алды менен алп адамдардын таштан жасалган баштарынын статуялары менен кеңири белгилүү болду. Алар «моаи» деп аталат. Белинен жогору карай адам кейпинде 12 метр бийиктикте жасалган 200 тонналык моло таштар үн-сөзү жок океанды карап жымжырт турушат. Алардын жалпы саны – 997.

Моаилердин баарысы чылкташтан жасалган монолиттер. Бул моло таштарды тоонун боорунан кыркып алып жасагандан кийин да алып келип орнотуштун өзү көп күч кубатты талап кылганы көрүнүп турат. Анда жашагандардын «моло таштар өздөрү басып келген» деген легендасы да бар.

САМУД КАЛКЫНАН КАЛГАН АЯТТАР

Гренландияга түшкөн астероидден калган кратер



Жакынкы эле жылдардагы илимий ачылыштар бир кызык мааламытты ачыкка чыгарды. Астероид Гренландияга түшкөн экен.

Окумуштуулардын 2016–2017-жылкы изилдөөлөрүнүн алгачкы жыйынтыктары боюнча Дания, Голландия, Германия, Канада, Швейцария, Великобритания жана Америкадан атайын бул изилдөөнү колго алган 23 окумуштуунун жарыя кылган материалдары жакында эле жарык көргөн болчу. Анда кыскача айта турган болсок ушундай деп айтылат. Гренландиянын түндүк-батыш тарабындагы 800 метр калыңдыктагы Гаявата мөңгүсүндөгү кратердин айланта алкагынын диаметри 31 километрге жетет. Окумуштуулар астероиддин компьютерде жасалган модели боюнча эсептеп көрүшкөндө ал секундасына 20 километр ылдамдык менен учуп келип Жерге урунган. Астероид 7 километр тереңдикке чейин жерди оюп кирип кеткен. Көз ачып жумгуча жерге келип урунган астероидден диаметри 20 километрдей аймак тыптыйпыл кыйраган. Астероиддин салмагы 12 миллиард тоннага чамалайт. Андан пайда болгон жарылуунун кубаты Хиросимага ташталган бомбадан 47 миллион эсеге көптүк кылат. Андан көтөрүлгөн топурак азыркы Канаданын территориясына чейин жеткен. Окумуштуулар астероид мындан 12 миң жылдай мурун Жерге келип урунган деп жатышат. Бул болсо так эле Салих пайгамбардын учуруна туура келет! Изилдөөлөр уланып жатат...

Мачу-Пикчу (Перу)

Жетинчи кылымдын башында, же болбосо акыркы пайгамбарга Куран аяттары түшүп жатканда Америка континентин эч ким билген эмес. Ошого карабай ушул күнгө чейин Америка континентинде тоолордун башында таштан кесилип курулган имараттар тууралуу Куран (26/149) ушундай деп маалымат берип жатат:

«Жандалбастап тоолорду кыркып үй куруп жатасыңар».

Мухаммед пайгамбар жашаган Аравиянын айлана-тегерегиндеги тоолордун башында таштан курулган имараттар деле жок.

21 кылымдын башында массалык маалымат каражаттатары тарабынан «Дүйнөнүн жети керемети» боюнча добуш берүү жарыяланып, мунун тизмесине Перудагы археологиялык эстелик – Мачу-Пикчу да кирген. Ал буга чейин эле 1983-жылы ЮНЕСКО тарабынан «Жалпы адамзаттын маданий мурасы» катары белгиленген болчу.

Мачу-Пикчудагы «Күн Храмы» (Перу)



«Күн Храмы» асканын башына курулуп, анын табигый уландысындай уланып кеткен. Андагы бир-эки тоннадан ондогон тоннага чейинки таш блоктордун өтө чебердик менен кыналышы кимди да болсо таң калтырбай койбойт. Аскага мындай таш блокторду жогорку чеберчиликте кынап коюш үчүн таш блокторду эле эмес, асканын өзүнүн да айрым бир жерлери керектүү өлчөмдө тегизделип кыркылып алынып салынышы керек болгон. Байыркы усталар бул жумушту катардагы эле жумушту жасашкандай кыйналбай жасашыптыр! Мындай чеберчилик менен курулган имарат жер титиреген учурда аска көчүп кетип эле кыйрабаса, ал андан ажырабай тура бериши эсепке алынган.

Ольянтайтамбо чеби (Перу)

Байыркы дүйнөдөн калган табышмактуу эстеликтердин бирине Перудагы Ольянтайтамбо комплекси кирет. Ал Кускодон 40 километр аралыкта деңиз дегээлинен 3500 метр бийиктикте турат. Тоодон агып түшкөн Урубамба дарыясынын баш жагынан жай алган бул комплекс жогорку технологияга жетишкен байыркы цивилизациядан калганы кимди да болсо таң калтырбай койбойт.

Бермуд үч бурчтугундагы мегаполис

Акыркы жылдары Атлантикада суу түбүнө чөккөн байыркы шаарлар (Кариб деңизинин жээгинде, Бермуд аралдарында), бул эле эмес мындай деңизге чөгүп кеткен шаарлар Тынч океанында Японияга жакын Йонагуна жана Окинава аралдарынын жээктеринде да табылды. Бул шаарлар эң бери болгондо он миң жылдай мурун чөккөн экен. Демек, алаамат планетардык масштабда өткөнү ачык эле көрүнүп жатат.

Кубанын жээгиндеги океанды изилдегенде Бермуд үч бурчтугунда мегаполис болгону аныкталды.

Хеопс пирамидасы жана Сфинкс



Байыркы дүйнөдөн калган абдан табышмактуу кереметтердин бири Египеттеги Хеопс пирамидасы экени белгилүү. Бир топ кылымдардан бери карай бул Улуу Пирамиданы окумуштуулар таң калып изилдеп келе жатышат. Пирамиданын алгачкы учурдагы бийиктиги 147 м болгонуна карабай, акырындык менен чөгүп отуруп, он метрдей төмөндөгөн. Ал эң бийик имарат катары азыр да турат. Анын негизи квадрат формасында болуп, ар бир тарабы 147 метрге ээ. Бул зор имарат үчүн орточо эсеп менен 2,5 тонна салмактагы 2 300 000 блок керек болгон. Анын жанындагы аскадан чегилген Сфинкстин бийиктиги 21 метрге, а узундугу 73 метрге жетет.

Кайлас



Окумуштуулар Тибеттеги Кайлас тоосунан улам бул тоо кимдир бирөөлөр тарабынан жасалган пирамида деген бир пикирге келишти. Анткени Кайластын ар бир тарабы дүйнөнүн төрт тарабына туура келип, пирамида экени ачык эле байкалат. Муну кимдер жасашкан? Буга азырынча так жооп айтылбаса да, Куранда самуддар тууралуу *«Тоолорду үйдөй кылып кыркып жатасыңар»* деп кыска жана так маалымат берилген.

Жер бетиндеги пирамидалар самуд калкы тарабынан курулуп, алардын айрымдарынын урандылары азыр да турат.

Байыркы кыйраган цивилизациялар тарабынан курулган континент аралык тоннелдердин бири



ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

1. Платон, Диалоги (Тимей, Критий), Москва, 1991.
2. Журнал «Зайтен шрифт» (Германия) 2006/1
3. Перу и Боливия. Задолго до инков, Ю.А. Скляров, Москва, 2007.
4. Запрещенная история (под редакцией Д.Кеньона), Москва, 2011.
5. Шамбала – это не миф (автор-составитель Н. Ковалева),Москва, 2004.
6. Таинственная Шамбала Азии, С. Волков, Москва, 2008.
7. Эзотерические вопросы Священного Корана, Т. Кунашов, Бишкек, 2016.
8. Священный Коран: три периода человечества, Т. Кунашов, Бишкек, 2018.
9. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү,Фрунзе, 1984.
10. Кыргыз тилинин сөздүгү, Бишкек, 2011.
11. Өздөштүрүлгөн сөздөр, Х. Карасаев, Фрунзе, 1986.

ИНТЕРНЕТТЕН АЛЫНГАН МААЛЫМАТТАР

1. Зловещие плазмозавры Антарктиды, Александар Дремин.
2. Межконтинентальные подземные тоннели исчезнувщих цивилизаций, Е. Воробьев.
3. Карта Чувырова. Сенсационная находка.
4. Таинственные сомати – пещеры.
5. Кратер Чиксулуб (гибели динозавров).

Көркөм дизайнер Гулжан Иреш
Орнаменттер «Саймалуу-Таш» көркөм галлереясынын жеке топтомунан алынды.

МАЗМУНУ

Редактордон 3

Алланын Туруктуу жолунда, Туура жолунда бирге бололу! 15

ЫЙЫК КУРАН

1. Фатиха 51
2. Бакара 51
3. Ал Имран 77
4. Ниса 93
5. Маида 110
6. Анам 122
7. Ааараф 136
8. Анфал 152
9. Тауба 157
10. Йунус 169
11. Худ 177
12. Йусуф 186
13. Раад 194
14. Ибрахим 198
15. Хижр 202
16. Нахл 206
17. Исра 215
18. Кахф 222
19. Марйам 229
20. Таха 234
21. Анбийа 241
22. Хаж 247
23. Муминун 253
24. Нур 258
25. Фуркан 264
26. Шуара 269
27. Намл 277
28. Касас 283
29. Анкабут 289
30. Рум 294
31. Лукман 298
32. Сажда 300
33. Ахзаб 302
34. Саба 308
35. Фаатир 312
36. Йасин 316
37. Саффат 320
38. Сад 326
39. Зумар 330
40. Мумин 335
41. Фуссилат 341
42. Шура 345
43. Зухруф 349
44. Духан 353
45. Жаасийа 356
46. Ахкаф 358
47. Мухаммад 361
48. Фатх 364
49. Хужурат 367
50. Каф 368
51. Заариат 371
52. Тур 373
53. Нажм 375
54. Камар 377
55. Рахман 379
56. Ваакиа 382
57. Хадид 385
58. Мужаадала 388
59. Хашр 390
60. Мумтахана 392
61. Саф 394
62. Жума 395
63. Мунафикун 396
64. Тагабун 397
65. Талак 399
66. Тахрим 400
67. Мулк 401
68. Калам 403
69. Хакка 405
70. Маариж 407
71. Нух 408
72. Жин 410
73. Муззаммил 411
74. Муддассир 412
75. Кыямат 414
76. Инсан 415
77. Мурсалат 417
78. Наба 418
79. Наазият 420
80. Абаса 421
81. Таквир 422
82. Инфитар 423
83. Мутаффифин 424
84. Иншикак 425
85. Буруж 426
86. Таарик 427
87. Аала 427
88. Гаашиа 428
89. Фажр 429
90. Балад 430
91. Шамс 430
92. Лайл 431
93. Духа 432
94. Инширах 432
95. Тин 432
96. Алак 433
97. Кадр 434
98. Баййина 434
99. Зилзала 435
100. Аадиат 435
101. Кориа 435
102. Такаасур 436
103. Аср 436
104. Хумаза 436
105. Фил 437
106. Курайш 437
107. Маун 437
108. Каусар 438
109. Каафирун 438
110. Наср 438
111. Масад 439
112. Ихлас 439
113. Фалак 439
114. Нас 439

Түшүндүрмөлөр 440

Кээ бир сөздөрдүн түшүндүрмөсү 559

Тиркемелер 560

Пайдаланылган адабияттар 574

Интернеттен алынган маалыматтар 574

ЫЙЫК КУРАН

Араб тилинен которулган
Илимий популярдуу басылма

Которгон Кунашов Темиралы

Бишкек, «Турар» басмасы

(Кыргыз тилинде)

Редактору *А. Молдоканов*
Корректору *А. Сардарбекова*
Дизайн *Гүлжан Иреш*
Көркөмдөгөн *Ж. Кудабаев*

Басууга 16.11.2020-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 70x100$^{1}/_{16}$.
Көлөмү 36 б.т. Нускасы 1000. Заказ № 2061.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, М.Горький көчөсү, 1.